Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү
Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ

Оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы

Түзгөндөр: Осмонова Ж., Конкобаев К., Жапаров Ш.

Бишкек - 2015

УДК 811.51
ББК 81.2-4
К 97

Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж., 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж., 6-апрель, №151-б) негизинде жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши басмага сунуш кылган.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

«Сөздүктүн» жалпы редакциясын филология илимдеринин доктору,
профессор Жүзөкан Осмонова жасаган.

Редколлегия:
Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.С.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.С.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

Редактор: Эгембердиев Р., филология илимдеринин доктору, профессор

Пикир айткандар: Токтоналиев К.Т., филология илимдеринин доктору, профессор
Сагынбаева Б.С., филология илимдеринин доктору, доцент

К 97 **Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү** / Түзг.: Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. - Б.: «Имак Офсет», 2015. - 800 б.

ISBN 978-9967-12-531-5

Үчүнчү жолу басылып жаткан бул «Сөздүктө» кыргыз тилинин фразеологиялык айкалыштарынын түрлөрү, варианттары мүмкүн болушунча толук камтылды. Алардын түшүндүрмөлөрү адабий чыгармалардан, мезгилдүү басма сөздөн, саясий, илимий ж.б. адабияттардан, оозеки кептен алынган мисалдар менен бекемделди.

Толукталып оңдолуп жаңыдан даярдалган бул «Сөздүк» мектеп мугалимдерине, университеттердин студенттерине, окутуучуларына, аспиранттарга, окумуштууларга, басма сөз өкүлдөрүнө, мамлекеттик кызматчыларга, жалпы эле окурмандардын калың катмарына сөз байлыгын кеңейтиш үчүн көмөкчү боло алат.

К 4602030000-15

ISBN 978-9967-12-531-5

УДК 811.51
ББК 81.2-4

© КР УИА, 2015
© «Имак Офсет», 2015

СӨЗ БАШЫ

Жалпы тил илиминде лексикалык ар түрдүү катмарларга көңүл бурулуп, аларды жалпы мүнөздөгү котормо же түшүндүрмө сөздүктөрдөн атайын бөлүп алып, өзүнчө изилдөө, лексикографиялык аспектиде иликтөө иштери кийинки мезгилдерде кеңири жүргүзүлө баштады. Буга фразеологизмдердин, синонимдердин, антонимдердин, омонимдердин өз-өзүнчө сөздүк болуп жарыкка чыгышы далил боло алат. Аталган сөздүктөрдүн катарында 1980-жылы жана 2001-жылы жарык көргөн фразеологиялык сөздүктөр бар. Бул сөздүктөр өз кезегинде лексикография багытында илимий-практикалык мааниси бар эмгек катары коомдук турмушубузда өз милдетин аткарып келди. Ошондой болсо да, илимий-техникалык прогресстин дүркүрөп өскөндүгүнө байланыштуу сөздүктүн жаңыланып, такталып, толукталып басылып чыгышы актуалдуу маселелерден экендиги талашсыз. Ушундай жагдайлардан улам мезгил талабына ылайык муктаждыктардын келип чыгып отургандыгы да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан сөздүктүн үчүнчү басылышы даярдалды.

Сөздүктүн бул басылышында жалпы тил илиминдеги, ошондой эле кыргыз тил илиминдеги мурдагы негизги принциптер негизге алынды.

Сөздүккө фразеологизмдин негизги типтери, тагыраак айтканда, **фразеологиялык ширешме, фразеологиялык биримдик** жана **фразеологиялык тизмек** камтылды.

1. Фразеологиялык ширешмелер: *колтугуна суу бүркүү, керки-балтасы колунда, чычканга кебек алдырбаган ж.б.*

2. Фразеологиялык биримдиктер: *кекиртеги талга илинүү, сары майдай сактоо, ат тезегин кургатпай ж.б.*

3. Фразеологиялык тизмектер: *кыпча бел, кыпча тон, куурай сан, ак жуумал ж.б.*

Фразеологиялык айкалыштар боюнча эске алынуучу маселе

Түркологиялык адабияттарда, анын ичинде кыргыз тил илиминде сөздүн эркин мааниси менен фразеологиялык байланыштуу маанинин айырмачылыгы маселеси да терең чечиле элек. Лексикалык маанинин типтерин белгилөөдөгү мындай абал фразеологиялык тизмектин өзгөчөлүктөрүн аныктоону бир кыйла кыйындатат. Ошол себептен, тилдик мындай көрүнүштөр кыргыз тил илиминде **фразеологиялык тизмек** деп каралып келе жаткандыгы чындык.

Фразеологиялык байланыштуу маанини түзгөн компонент жеке өз алдынча турганда толук түшүнүктүү боло албайт. Эркин мааниден айырмаланып, башка сөздөр менен байланышар-байланышпасы анын предметтик-логикалык катышы менен гана эмес, таза тилдик факторлор менен

да аныкталып, лексикалык айкалышуу мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелген. Мындай маани аталган нерселер менен тике байланышпастан, кыйыр байланышат. Тагыраак айтканда, сөздүн мындай мааниси тике маанидеги синонимдерди пайдалануу, катар коюу аркылуу билинет. Мисалы, кыргыз тилинде *кыпча* деген сөз бар. Мунун кайсы мааниде экендигин дал ушул абалында (жеке турганда) аныктоо кыйын. Бирок, *кыпча бел* деген туруктуу сөз тизмегинин составында *көрктүү, ичке* деген сөздөргө синоним болот. Ал эми *кыпча тон* (К.К. Юдахин) деген тизмек *жарашыктуу, көрктүү* деген сөздөргө туура келет. Бул сөз (*кыпча*) башка сөздөр менен дээрлик айкалыша албайт. Ошондуктан *кыпча бел, кыпча тон* деген сөздөр фразеологиялык тизмекке жатат.

Жогоруда белгилеп кеткенибиздей, фразеологиялык тизмектин курамындагы сөздүн эркин мааниси менен фразеологиялык маанисин ажыратуу маселеси чечилди деп айтууга болбойт. Ал эми өтмө маани менен фразеологиялык байланыштуу маанинин карым-катышы жөнүндө бизге белгилүү болгон эмгектердин эч жеринде айтылбайт. Ушундан улам бир эле сөз тизмектери **фразеологиялык тизмек** да, **татаал сөз** да деп аталып жүргөн учурлар көп. Алардагы сөздөр фразеологиялык тизмектин составында бир нече сөзгө айкалышкан, андан алыстап кете албаган абалда турат жана тилдин лексикалык курамындагы башка сөздөр менен эркин айкалышып, пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Алсак, мындай тизмектердин катарына *өнө бою, жер менен жексен кылуу, атагы таш жаруу, сары майдай сактоо, көкөйүнө көк талкандай тийүү, ийиктей имерилүү, үшкүрүгү таш жаруу, сүттөй ак* ж.у.с. бирдиктерди киргизүүгө болот.

Татаал сөздөр жана фразеологиялык бирдиктер

Татаал сөздөр менен фразеологиялык бирдиктерди бири-биринен бөлүп кароо көп кыйынчылыктарды туудурат. Анткени аларды айырмалап турган белгилерди аныктоо сын-ченемдери (критерийлери) иштелип чыкпай, түрк тилдериндеги татаал сөздөрдүн орфографиясы жөнүндөгү маселе да башкача жол менен чечилип жүрөт. Көпчүлүк адабияттарда татаал сөз менен фразеологизмдердин айырмасы алардын бирге же ар башка жазылышына ылайык аныкталат. Себеби андай тилдерде (орус, француз) татаал сөздөрдүн компоненттери бирге жазылат. Ошондуктан кээ бир окумуштуулар мындай деп жазышат: «Сөздү жана бирге же жарым-жартылай бирге жазылышы адат болуп калган фразеологизмдерди ажыратуу маселеси андан да татаал болуп эсептелет» (Телия 1966, 31). Же дагы бир пикир – «Жөнөкөй сөздөрдөн фразеологизмдер маани берүүчү жана кызматчы элементтердин өзүнчө жазылышы менен гана айырмаланат, болгондо да көп учурда орфографиялык жактан бөлүнгөндүгү гана мындай бирдиктердин бүтүн сөздөр катарына өтүүсүнө жолтоо болот» (Левит 1963, 49). Бирок бул белги кыргыз тил

илимине толугу менен туура келе бербейт. Кыргыз тили башка түрк тилдери сыяктуу эле татаал сөздөргө абдан бай. Ошондой болсо да, алардын (татаал сөздөрдүн) көпчүлүгү сөздүктөрдө өзүнчө сөз катары көрсөтүлбөй, ар кайсы компоненттердин, тактап айтканда, ошол айкалыштагы маанини түзүүгө негиз болуп турган сөздөрдүн уясына берилип, мунун натыйжасында татаал сөздөрдүн саны эске алынбай, жөнөкөй сөздөр гана көрсөтүлүп келе жаткандыгы баарыбызга маалым.

Сөздүктүн бул басылышында жогоруда айтылган татаал маселелер, ошондой эле мурунку чыгарылышына карата айтылган сын пикирлер эске алынып, сөздүктүн айрым талаш жана жаңылыш макалалары бул чыгарылышка киргизилген жок.

Азыркы мезгилде фразеологизмдер сөздүктөрдө төмөнкүдөй принциптердин негазинде жайгаштырылып жүрөт.

1). Фразеологазмдерди ар бир компонентине ылайык жайгаштыруу принциби. Мындай учурда фразеологазмдер канча компоненттен турса, ошончо жерге жайгашат. Эгер ушундай принципти колдонсок, анда, маселен, «көздүн жоосун алуу» деген фразеологизм «көз», «жоо», «ал» деген үч сөздүн алфавипик тартибине карата үч жерге жайгашууга тийиш.

Фразеологазмдерди мына ушул сыяктуу кылып ар бир компоненти боюнча жайгаштыруу принциби маселени бир кыйла татаалдаштырат; фразеологазмдердин түшүндүрмөсүн кайсы жерге берүү керек экендигин атайын иштеп чыгууну талап кылат. Мына ошондо гана фразеологазмдерди канча сөздөн турса, ошончо жерге жайгаштырууга, бирок түшүндүрмөнү бир гана жерге берип, калгандарын ошого шилтөөгө болот. Ансыз түшүндүрмөнү кайсы жерге берүү керек экендиги бир тартипке салынбай калат.

2). Компоненттердин бирөөнү маани жактан негизги өзөк (доминант) катары эсептеп, фразеологизмдерди ошого ылайык жайгаштыруу принциби. Мындай принцип фразеологизмдердин сөздүгүн түзүү үчүн ылайыксыз, анткени, фразеологизмдин курамында кайсы сөз маани жактан көбүрөөк роль ойнорун бардык учурда эле так, таамай айтуу мүмкүн эмес. *Бити-битине батпоо, алчы таасын жеген, бет тырмарлык кылуу, жесирин жерге салуу, котур ташы койнунда, кудайдан жөө качкан, мурду балта кеспөө, орой көз чарай, эки тизгин бир чылбыр* сыяктуу толуп жаткан фразеологизмдердин кайсы сөзү маани жактан негизги ролду ойнорун так айтууга болбойт. Анткени, булардын ар бир компоненти өз алдынча тургандагы тике, түз мааниси алда канча күнүрттөнүп, бүт бойдон ширелишип кеткен. Ошондуктан, мындай принцип фразеологизмдердин ширелишкен бир бүтүндүгүн жокко чыгарып, жасалма түрдө талдоо жүргүзүүгө алып келет.

3). Фразеологизмдерди алфавит тартибине ылайык жайгаштыруу принциби. Мындай учурда фразеологизмдердин биринчи компоненттерине

көбүрөөк көңүл бурулуп, ошол компоненттердин кайсынысы алфавит боюнча мурда келсе, ошонусу мурда жайгаштырылат. Мисалы: *колтугуна суу бүркүү, жер карама, алчы таасын жеген, кежигеси кер тартуу, ичкен ашын жерге коюу* фразеологизмдери алгачкы компоненттеринин биринчи тамгалары боюнча айырмалангандыктан, булардын жайгашуу тартиби айырмаланган ошол тамгалардын алфавиттеги ордуна ылайык төмөнкүчө болот:

АЛЧЫ - ТААСЫН ЖЕГЕН
ЖЕР КАРАМА,
ИЧКЕН АШЫН ЖЕРГЕ КОЮУ,
КЕЖИГЕСИ КЕР ТАРТУУ,
КОЛТУГУНА СУУ БҮРКҮҮ

Фразеологизмдер биринчи компоненттеринин алгачкы тамгалары боюнча айырмаланбаса, анда экинчи тамгаларынын алфавиттеги ордуна ылайык жайгашат. *Ошондуктан ай баткандай кылуу, азат бою тик туруу, ажыдаардын куйругун басуу, аарынын уюгуна тийүү, алакандын отундай* фразеологизмдери төмөнкүдөй берилет:

ААРЫНЫН УЮГУНА ТИЙҮҮ,
АЖЫДААРДЫН КУЙРУГУН БАСУУ,
АЗАТ БОЮ ТИК ТУРУУ,
АЙ БАТКАНДАЙ КЫЛУУ,
АЛАКАНДЫН ОТУНДАЙ.

Фразеологизмдер биринчи компоненти боюнча айырмаланбаса, анын экинчи компонентиндеги тамгаларга карата алфавит тартибине келтирилет. Маселен: *жел таман, жел өпкө, башы шишүү, башы ачык* сыяктуу фразеологизмдер экинчи сөзүнүн өзгөчөлүтүнө ылайык төмөнкүдөй тартипте берилет:

БАШЫ АЧЫК,
БАШЫ ШИШҮҮ,
ЖЕЛ ӨПКӨ,
ЖЕЛ ТАМАН.

Бул принцип фразеологизмдердин өз ара айырмаланган тамгаларына чейин эске алынат (мейли андай айырмаланган тамгалар биринчи компоненттеби, же акыркы компоненттеби, андан маселенин маңызы өзгөрбөйт).

Фразеологизмдерди алфавит тартибине салып мындайча жайгаштыруунун оң жагы да, терс жагы да бар. Фразеологизмдерге арналган сөздүктөрдүн бир кыйласында бул принцип негизги принцип катары колдонулса (караңыз: А.М. Бабкин, Лексикографическая разработка русской фразеологии, Изд-во «Наука», М. —Л, 1964, Ш.Рахматуллаев.

Узбек тилининг кискача фразеологик лугати, Т., 1964.), кээ бирлери экинчи даражадагы принцип катары пайдаланылып жүргөндүгү (Фразеологический словарь русского языка, Изд-во «Советская энциклопедия», М., 1967) да мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Алфавиттештирүү принцибинин оң жагы каалаган фразеологизмдерди тез таап алууга мүмкүнчүлүк бергендигинде. Ал эми терс жагы болсо фразеологизмдердин варианттарын, факультатиңдүү компоненттерин ар башка жерге жайгаштырууга, аларды ар башка фразеологизмдер катары эсептөөгө жол бергендигинде жана фразеологизмдерди өз ара топтоштууга, алардын системалуу мүнөзүн аныктоого мүмкүнчүлүк бербегендигинде.

Бул сөздүктө негизги принцип катары алфавиттештирүү принциби колдонулду. Бирок, айрым учурда уялаштыруу принциби да пайдаланылды. Анткени, мына ушул принцип аркылуу фразеологизмдердин варианттары, алардын системалуулугун белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Фразеологиялык сөздүктөрдүн сапатын жакшыртуу үчүн баарыдан мурда, фразеологизмдердин варианттары менен синонимдерин айырмалай билүү зарыл, анткени, фразеологиялык синонимдердин ар бири өз алдынча фразеологизм болсо, фразеологиялык варианттар бир эле фразеологизмдин ар түрдүүчө өзгөрүлүп айтылган түрлөрү болот. Ошол себептен фразеологиялык синонимдер алфавит тартибине ылайык реестрде берилет да, ар бири өз алдынча түшүндүрүлөт жана тиешелүү материалдар менен жабдылат. Маселен: *аарынын уюгуна тийүү, ажыдаардын куйругун басуу, терисин тескери сыйруу, жонунан кайыш алуу, кырды бычак, ит арка, жети өмүрү жерге кирүү, бетинен оту чыгуу, өлбөгөн төрт шыйрагы калуу, иттин кара капталынан чач этектен ж.б.* фразеологизмдер өз ич ара бири-бири менен синонимдик катышта турат. Булар «Сөздүктө» алфавит тартибине ылайык тийиштүү орундарда жайгаштырылды.

Фразеологизмдердин варианттары маанилери жана синтаксистик касиети боюнча айырмаланбастан, лексикалык составы жагынан жарым-жартылай айырмаланат, же составындагы сөздөрдүн формасы, алган орду боюнча өзгөчөлөнөт (булардын жайгаштырылышы «Сөздүктүн курулушу жөнүндө» деген бөлүмдө берилди).

Фразеологизмдердин варианттарынын төмөнкүдөй түрлөрү бар.

1. Лексикалык вариант, — маанилери, тыбыштык түзүлүшү жана грамматикалык касиети боюнча айырмаланбастан, лексикалык составы жагынан, б.а. составындагы айрым сөздөрдүн ордуна башка бир сөздүн колдонулуп калышы аркылуу айырмаланат. М: *жүнү тирүү — эти тирүү; жүрүп кетүү — үзүлүп кетүү; ичек-боору катуу — ичек-боору эзилүү; куйругун толгоо — куйругун буроо; кайырмакка саяр эти жок — шишке саяр эти жок ж.б.*

Фразеологизмдердин составындагы сөздөрдүн бирөө гана эмес, бир нечеси өзгөрүлмөлүү компонент болушу да мүмкүн. Мисалы: *көздүн кареги менен тең айлануу* фразеологизми төмөнкүдөй варианттарда колдонула берет: *көздүн агы менен тең айлануу — көздүн карасы менен кошо тегеренүү — көздүн кареги менен кошо айлануу ж.б.*

2. Фонетикалык вариант — маанилери, грамматикалык касиети жана лексикалык составы боюнча айырмаланбастан, кээ бир сөздөрүнүн тыбыштык түзүлүшү боюнча гана анча-мынча айырмаланган варианттар. Мындай варианттар лексикалык варианттарга салыштыра караганда сейрек учурайт. Мисалдар: *канды моюн — кандуу моюн, ыманы ысык — ыйманы ысык ж.б.*

3. Квантитативдик вариант — фразеологизмдердин бир катары сүйлөмдө өзүнүн тутумундагы бир же бир нече сөздүн башка сөздөр менен алмашылышына, болбосо ал сөздөрдүн тыбыштык түзүлүшүнө гана жол берүү менен чектелбейт. Алар кээде тутумундагы компоненттердин сан жагынан өзгөрүшүнө жол берет. Мындай фразеологизмдердин компоненттери кээде толук колдонулса, кээде толук айтылбайт. Мисалы: *терисин сыйруу — терисин тескери сыйруу, колун мурдуна катуу — эки колун мурдуна катуу ж.б.*

Ошентип, квантитативдик вариант дегенибиз тутумундагы сыңарларынын толук же толук эмес колдонулушу боюнча гана айырмаланган варианттар болуп саналат.

Квантитативдик вариантты жогоркудай өзгөчөлүтүнө ылайык эки топко бөлүштүрүүгө болот: *а)* **толук вариант:** *терисин тескери сыйруу, чарк көпөлөк айлануу, эки колун мурдуна катуу, кактабай канын соруу; б)* **толук эмес вариант:** *терисин сыйруу, чарк айлануу, колун мурдуна катуу, канын соруу;*

4. Грамматикалык вариант - тутумундагы сөздөрдүн морфологиялык же синтаксистик түзүлүшү, орун тартиби боюнча айырмаланган варианттар грамматикалык вариант деп аталат. Мисалы: *мурду балта кеспейт* деген фразеологизмдин 1-компоненти *мурду+н* болуп да колдонула берет.

Бир катар фразеологизмдер айрым компоненттеринин орун-тартибинин алмашып түшүшүнө да жол берет: *оозу бош — бош ооз, кара жүрөк — жүрөгү кара, бети кара — кара бет ж.б.*

Бул «Сөздүк» түшүндүрмө сөздүктөрдүн тибине жата турган филологиялык справочник болгондуктан, мунун негизги милдети «Сөздүккө» камтылган бардык фразеологизмдердин маанисин лексикографиялык планда талдап түшүндүрүү болуп саналат. Демек, ар бир фразеологизмге берилген түшүндүрмө жана келтирилген мисалдар ушул максатка ылайык келүүгө тийиш.

Фразеологизмдердин маанiси эркин сөз айкаштарын же айрым сөздөрдү колдонуп сыпаттоо, мүмкүн болгон учурларда ошол фразеологизмдин синонимдерин келтирүү аркылуу түшүндүрүлдү. «Сөздүктү» түзүүдө мындай ыкмалардын өз ара айкалыштырылып колдонулгандыгын төмөнкү мисалдардан ачык көрүүгө болот:

КАИТЫШ БОЛУУ. Өлүү, көз жумуу.

КӨЗҮ ТҮЗ. Мамилеси жакшы, ниети таза, арам ою жок.

КӨЗ ИРМЕМГЕ КЕЛБЕЙ. Бир заматта, көз ачып жумганча, өтө тез.

ЖЕЛКЕСИ ТЫРЫШУУ. Тырчый түшүү.

КОЙ ООЗУНАН ЧӨП АЛБАГАН. Жоош, момун.

ЖАНЫ ЖОК. Абдан коркок, суу жүрөк.

Фразеологизмдердин варианттары ар бири өзүнчө түшүндүрүлүп отурулбастан бирөөнө гана түшүндүрмө берилип, калгандарын ошол түшүндүрмө берилген формасына карай шилтеп коюуга туура келди.

Фразеологизмдер бир маанилүү же көп маанилүү болушу мүмкүн. Эгерде фразеологизмдердин бир нече маанiси болсо, анын ар бири өзүнчө түшүндүрүлдү.

Фразеологизмдер зат атоочтук, сын атоочтук, этиштик ж.б. мааниде колдонулуп, ар кандай сөз түркүмдөрү менен маанилик катышта боло тургандыгы ар бир фразеологиялык айкалышты түшүндүргөн учурда эске алынууга тийиш. Тактап айтканда, заттык маанидеги фразеологизмдердин түшүндүрмөсү кандайдыр бир көрүнүштү, нерсени, абалды элестетип, анын заттык маанисин көрсөтүп туруш керек. Мындай типтеги фразеологизмдер заттык маанини билгизгендиктен, түшүндүрмөдөгү акыркы тирек сөз да заттык мааниде болот:

ИТ АРКА. Бир пикирге келишпегендик, ыйкы-тыйкы, чыр-чатак. *Биз алар менен ит арка болуп кирип-чыгышпай калдык* («Чалкан»).

ИТ ООРУ. Көндүм болгон жаман адат, өнөкөт. — *Сен баягы ит ооруңду карматканы турган экенсиң го, үйүмдөн даам сызып олтуруп* (Баялинов).

ОҢ КӨЗҮ. Ишенген кишиси. *Ал кечээ гана Турдалы болуштун оң көзү эмес беле* (Мияшов).

ЭКИ ТИЗГИН, БИР ЧЫЛБЫР. Толук бийлик. *Алар эки тизгин, бир чылбырды колдон түшүрөт бейм* (Сыдыкбеков).

Сын атоочтук фразеологизмдер заттардын, көрүнүштөрдүн кандайдыр бир белгисин билгизгет. Ошондуктан мындай фразеологизмдерге берилген гүшүндүрмөлөр да кандайдыр бир белгини билгизе алгыдай болуу керек.

ЖЕЛ ТАМАН. 1. Бир жерге жай алып тура албаган, аягы сай таппаган, басаанак. *Жел таман желип-жортуп айылдап жүр, Жээлигип өзүн-өзү дайындап жүр* (Тоголок Молдо).

2. Жеңил мүнөз, туруксуз, шайкелең. *Анын эмнесине аза күтөсүң. Андай жел тамандар фронтовиктен айлансын!* (Абдукаимов). *Ал жел таман ойсоктогон мүнөздөрүнө жараша эң болбогондо көз жашы кылып тынуу керек* («Чалкан»).

ТЕРИСИ ТАР. Сөз көтөрүмү жок, бир нерсеге бат тырчыган, ачуусу чукул *Териси тар болсо, бая эле кырс этип кабагын салып калат эле* (Сыдыкбеков).

КОЁН ЖҮРӨК. Өтө эле коркок, өтүмү жок, кайратсыз. *Сен тим эле коркуптурсуң, коён жүрөк турбайсыңбы* (Аалы).

АЛЧЫ-ТААСЫН ЖЕГЕН. Абдан куу, митаам, тапан. *Төлөнбай алчы-таасын жеген миң башылардын бири* (Абдукаримов).

Тактоочтук фразеологизмдер кыймыл-аракеттин ал-абалын, кандайдыр бир белгинин өзгөчөлүктөрүн (жалпыланган сан-өлчөмүн, мезгилин, ордун ж.б.) билгизет. Ошондуктан бул типтеги фразеологизмдердин түшүндүрмөсүндөгү негизги сөз да ушул өзгөчөлүктү туура чагылдырышы керек. Бул үчүн негизги сөз катары баарыдан мурда тактоочтор, зарыл болсо чакчылдар, сын атоочтор да пайдаланылат:

ИТТИН КАРА КАПТАЛЫНАН. Абдан көп, арбын, мол. *Акчасы иттин кара капталынан.*

ЧАЧ ЭТЕКТЕН. Өтө көп, абдан көп. *Алардын дүнүйө-мүлкү чач этектен.*

ОРТОН КОЛДОЙ. Эң сонун, мыкты, жарамдуу. *Уулу эң мурун мусулманча окуудан көзүн ачса, анан орустан окуп, ортон колдой киши болмок* (Каимов).

Фразеологизмдердин ичинен сан жагынан өтө көбү этиштик фразеологизмдер болуп эсептелет. Мындай фразеологизмдердин көбүнчө адамдарга мүнөздүү болгон карым-катышты, кыймыл-аракетти, психикалык абалды билгизе тургандыгы эске алынып, алардын түшүндүрмөсү да кыймыл-аракет формасында болууга тийиш:

ТИШИНИН КИРИН СОРУУ. Кезерип ачка жүрүү, наар албоо, оозуна алар тамак таппоо. *Бул заман болбосо тиштин кирин соруп, көрүнгөндүн тепкисинде жүрөт элек* («Ала-Тоо»).

ӨПКӨСҮН КАЛБЫР КЫЛУУ. Аябай жалынып-жалбара берүү, өпкө-жүрөгүн чабуу. *Өпкөсүн калбыр кылып жалынды.*

КАНЫ ИЧИНЕ ТАРТУУ. Ачуусу келүү, каардануу, кубарып-кумсаруу, кыжыры кайноо. *Каныбектин каны ичине тартып, тиштери качырап, жаак эттери түйүлө баштады* (Жантөшев).

Сүйлөөдө дээрлик өзгөрүүгө учурабаган, бир гана формада колдонулган фразеологизмдердин түшүндүрмөсү да, мүмкүн болушунча, алардын кайсы формада колдонулгандыгына ылайык түшүндүрүлдү. Мисалы:

КӨЗҮ КАТКАН. Бир нерсеге абдан муктаж болгон, зар болгон. *Жалгыз кыздан башка балдары токтобой, баладан көзү каткан ата-эне Берметтин таалайы жөнүндө көп ойлоно турган* (Абдукаимов).

ТИШ КАККАН. Токтолгон, бир нерсеге кадик болгон, дасыган. *Тиш какан немелер өзүлөрүн токтоо кармап, олуттуу маселелер жөнүндө гана сүйлөшөт* (Бейшеналиев).

Эскертүү. Акыркы компоненти алгачкы учурларда этишке тиешелүү болсо да, фразеологизмдерге айлануунун натыйжасында ал сапатынан ажырап, башка сөз түркүмүнүн маанисинде колдонулган айкалыштар ошол кийинки өзгөчөлүгүнө ылайык түшүндүрүлдү. Маселен:

КУДАЙДАН ЖӨӨ КАЧКАН. Өтө шум, ашкан митайым, куу. *Кудайдан жөө качкан неме экен* («Ала-Тоо»). *Ал бирди эки кылган, кудайдан жөө качкан неме* («Чалкан»).

Айрым тилек, каалоо, алкыш же каргыш, наалат айтуу маанисинде колдонулуп, көтөрүңкү интонация, күчтүү сезим менен коштолгон туруктуу сөз айкалыштарынын тилдик формалары толук сакталып, кандай учурда кандай мааниде колдонула тургандыгы көрсөтүлүп, ар бирин кыскача түшүндүрүү менен фразеологизмдердин катарына берилди.

УЧУҢ УЗАРСЫН! Ишин илгерилесин, укум-тукумуң өссүн деген мааниде айтылуучу алкыш. *Учуң узарсын, кагылайын!* (Жантөшев).

ҮНҮҢ ӨЧКҮР! Кулак-мээни жеп, кыйкырып-өкүрүп, катуу дабыш салып, тажатып жиберген адамга карата кыжырлануу маанисинде колдонулат. *— И-и үнүң өчкүр десе! — деп Тоозак эки кулагын алаканы менен баса койду* (Абдукаримов).

«Сөздүктө» фразеологизмдердин тийиштүү маанилерин ачуу негизинен түшүндүрмө аркылуу берилди, ошол маанилерди далилдеш, аны дагы толугураак элестетиш үчүн алар ылайыктуу иллюстрациялык материалдар менен бекемделди. Булар ар түрдүү адабий, саясий, илимий ж.б. чыгармалардан, газета, журналдардан, лексикология жана лексикография бөлүмүндөгү «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү», «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» үчүн жыйналган картотекалардан, «Кыргызча-орусча сөздүктөн» алынды. Айрым учурларда түзүүчүлөр тарабынан да жазылды.

«Сөздүккө» кирген фразеологизмдер кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык жазылды. Айрым активдүү колдонула баштаган диалектилик фразеологизмдер да камтылган учурлар болду. Өтө одоно, орой маанидеги фразеологизмдер «Сөздүккө» киргизилген жок.

«Сөздүктүн» А, З, И, Й, К (Каабына калуу — кокуй күн), М, Н бөлүмдөрүн ф.и.д., профессор Ш.Жапаров; Д, К (күйбөгөн жери күл болуу - кээсин чыгаруу), Л, О, Ө, П, Р, С, Т бөлүмдөрүн проф. др. К.Конкобаев; Б, Ж,

К (кол алдында - куюшканы тайкы), У, Ү, Ч, Ш, Ы, Э бөлүмдөрүн филология илимдеринин доктору, проф. Ж.Осмонова жазды.

«Сөздүктүн» жобосу жана жалпы редакциясы Ж.Осмонова тарабынан аткарылды. «Сөздүктү» редакциялоодо мурда кирбей калган айрым фразеологизмдер жана алардын варианттары авторлор тарабынан кошулду, тийиштүү цитаталар, сөз айкалыштары менен толукталды, айрым маанилер такталды.

Албетте, ар кандай эле сөздүктүн телегейи тегиз, мыкты боло калышы дароо мүмкүн эмес. Бул «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» да келечекте көп жолу толукталып, кайра жаңыртылып турушу керек. Ошондуктан «Сөздүк» боюнча каалоо, пикирлерди авторлор ыраазычылык менен кабыл алышат.

Филология илимдеринин доктору, проф. Ж. Осмонова

СӨЗДҮКТҮН КУРУЛУШУ ЖӨНҮНДӨ

1. Сөздүккө камтылган бардык фразеологизмдер алфавит тартибинде берилди. Андан кийин ар бир фразеологизмдин макаласын түзүүчү материалдар (фразеологизмдердин маанилеринин түшүндүрмөсү, стилистикалык белгилер, иллюстрациялык материалдар) жайгаштырылды.

2. Фразеологизмдердин варианттары төмөнкүдөй тартипте жайгаштырылды:

а) фразеологиялык варианттар тутумундагы айрым сөздөрү боюнча айырмаланса, анда алардын тилде көбүрөөк, активдүүрөөк колдонулган негизги вариантына түшүндүрмө берилип, калган варианттар ушул негизги деп эсептелген варианттын уясына В.: (вариант) деген белгиден кийин берилип, бирок түшүндүрмө берилбестен, иллюстрациялык материалдар (мисалдар) менен гана жабдылды. Мисалы:

АЛЧЫ-ТААСЫН ЖЕГЕН. Түшүнүк жана мисал.

В.: Алчы-таасын мүлжүгөн. Мисал.

ТАЛПАГЫН ТАШКА ЖАЮУ. Түшүнүк жана мисал.

В.: Талпагын ташка керүү. Мисал.

Талапагын ташка илүү. Мисал.

Эгерде фразеологиялык варианттар биринчи компоненти боюнча айырмаланбаса (биринчи сөзү толук окшошуп турса), анда алар алфавит тартибине ылайык сөздүктүн белгилүү бир жерине катар жайгашууга тийиш. Ошондуктан мындай фразеологиялык варианттар төмөнкүдөй жайгаштырылды:

ЖОНУНАН КАЙЫШ АЛУУ. Түшүнүк жана мисал.

В.: Жонунан кайыш тилүү. Мисал.

ИЧИ БУЗУК. Түшүнүк жана мисал.

В.: Ичи кара. Мисал.

Ушул сыяктуу формада жайгаштырылышы булардын бири бирине вариантташ экендигин да жана алфавит тартиби боюнча алганда бири биринен алыстабай, катар жайгашып турганын да көрсөтө алат.

б) Бардык эле фразеологиялык варианттардын биринчи компоненттери окшош боло бербейт. Мындай варианттар алфавит тартиби боюнча сөздүктүн ар кайсы жерине жайгаштырылат да, түшүндүрмө бирөөнө гана берилет. Калгандарына түшүндүрмө берилбестен, ошол негизги вариантына карата **кара** деген белги аркылуу шилтенет. Мисалы:

КИШИ КОЛДУУ БОЛУУ. Түшүнүк жана мисал.

В.: Душман колдуу болуу. Мисал.

ДУШМАН КОЛДУУ БОЛУУ. к. Киши колдуу болуу.

СӨЗГӨ САРАҢ. Түшүнүк жана мисал.

В.: Кепке сараң. Мисал.

КЕПКЕ САРАҢ. к. Сөзгө сараң.

в) Толук эмес варианттар толук варианттын уясында жайгаштырылып, иллюстрациялык материалдар менен жабдылды. Мисалы:

САРЫ ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ. Түшүнүк жана мисал.

В.: Изине чөп салуу. Мисал.

ЫРГЫТКАН ТАШЫ ӨРГӨ КУЛОО. Түшүнүк жана чисал.

В.: Ташы өргө кулоо. Мисал.

Ташы өйдө кулоо. Мисал.

г) Эгерде фразеологиялык варианттар негизги маанисинен тышкары турган дагы башка мааниде колдонулса, «Сөздүктө» ал маани өзүнчө түшүндүрүлдү. Мисалы:

КОЛ КӨТӨРҮҮ. 1. **к. Кол кайруу.**

2. Багынуу, баш ийүү. *Дүшман кол көтөрүп астыга түштү.*

3. Көп маанилүү фразеологизмдердин биринчи маанисинин түшүндүрмөсү ошол фразеологизмге удаа берилип, калган маанилери абзацтан башталып, ар бири номерленип жайгаштырылды. Мисалы:

ЖАНЫ КӨЗҮНӨ КӨРҮНҮҮ. 1. Жаны кейүү, кыйналуу (оорудан).

2. Абдан коркуу, аябай коркуу.

ИТИРКЕЙИ КЕЛҮҮ. 1. Денеси дүркүрөгөн жагымсыз сезимде болуу.

2. Кыжыры келип туталануу, ачуусу келүү.

ИЧИ КҮЙҮҮ. 1. Өкүнүү, кейүү, кайгыруу.

2. Ардануу, ызалануу.

3. көрө албоо, ичи тардык кылуу.

4. «Сөздүктө» омоним фразеологизмдердин ар бири өзүнчө макала катары берилип, рим цифрасы аркылуу ажыратылды. Мисалы:

БЕТИ АЧЫЛУУ. I. Айыбы, кылмышы ашкереленүү, элге белгилүү болуу.

БЕТИ АЧЫЛУУ. II. 1. Ызаат кылып сыйлабай кер-мур айтышуута өтүү.

2. Тамаша айтып, теңтуштарча мамиле жасоо, тең ата болуу.

5. Фразеологизмдер реестрде ар түрдүү формада — кайсы сөз түркүмүнөн экендигине ылайык жайгаштырылды.

а) Атооч сөз түркүмдөрүнө тиешелүү фразеологизмдер тилде кандай формада айтылса, «Сөздүктө» ошол формасы сакталды. Мисалы:

БЕТИ АЧЫК.

БИР ИЧЕГИ.

ЖААСЫ КАТУУ.

ЖАН КУЛАКТЫН УЧУНДА.

ЖЫЛАН СЫЙПАГАНДАЙ.

б) Зат атоочтон болгон компоненти үч жактын бирине таандык болуп айтыла берүүчү фразеологизмдер үчүнчү жакка таандык формада жайгаштырылды. Иллюстрашвдик фактыларда үч жактын бардык түрү колдонула берет. Мисалы:

ИЧИ ЭЗИЛҮҮ. (ичим, ичиң, ичи).

КЕЛМЕСИ ООЗУҢАН ТҮШҮҮ. (*Келмем оозуман түштү, келмең оозуңан түштү, келмеси оозуңан түштү*).

в) Фразеологизмдердин тутумундагы этиштен болгон акыркы компоненттер кыймыл атооч формасында жайгаштырылды. Мисалы:

КОЛ ИЙРИСИНЕ ТАРТУУ. (мисалында тартат, тартты, тарткан ж.б. формалар колдонула берет).

г) Акыркы компоненти этиштин -ган, -дай формалары менен келген фразеологизмдер «Сөздүктө» ошол калыбында жайгашты. Мисалы:

БЕЗГЕ САЙГАНДАЙ.

КУЛАК-МУРУН КЕСКЕНДЕЙ.

ЧЫЧКАНГА КЕБЕК АЛДЫРБАГАН.

6. Стилистикалык жактан мүнөздөөгө тийиш болгон фразеологизмдер үчүн «Сөздүктө» атайын шарттуу белгилер колдонулду. Мисалы: *сүйл.* — сүйлөшүү же оозеки кепте колдонулуучу фразеологизмдер үчүн алынган белги; *эск.* — эскирген фразеологизмдер үчүн алынган белги; *диал.* — диалектилик фразеологизмдер үчүн алынган белги; *тар.* — тарыхый мааниде колдонулуучу фразеологизмдер үчүн алынган белги ж.б.

Журналдар менен газеталардын наамдары толук бойдон берилди. Авторлору же адабияттардын аты аталбаган иллюстрациялык материалдар жана «Сөздүктө» фольклордон, жомоктордон деген белги менен берилген мисалдар «Кыргыз-орусча сөздүктөн» алынды.

-А-

ААЛАМДАН АШКАН. Абдан мыкты, чыгаан, дуйнөдө жок, өзүнө теңдеши жок. *Аккочкор бала шер - деди, Ааламдан ашкан эр - деди* (Тоголок Молдо). *Ааламдан ашкан ырчы экен.*

ААЛАМДЫ БУЗУУ. Чаң-тополоң чыгаруу, уйгу-туйгу, будуң-чаң кылуу. *Атаңдын көрү, Сыргак ай, Ааламды бузган чунак ай* («Манас»).

ААРЫНЫН УЮГУНА ТИЙҮҮ. Каарына калуу, чатак ишке кабылуу. *Бабаевдин кылмыштуу кылыктарын газетага жазып коебуз деп кабарчылар аарынын уюгуна тийип алышкан экен* («Советтик Кыргызстан»). - *Кокуй! Өлтүрүп алба! Аарынын уюгуна тийбединби*? (Үмөталиев).

В.: Аарынын уюгуна катылуу. *Бул аарынын уюгуна көп катылбай жүр, балам* (Абдукаримов).

Жыландын уюгуна тийиүү. *Мен силерге дайыма этият болгула, жыландын уюгуна тийбегиле! - деп келатам* (Абдукаримов).

ААРЫНЫН УЮГУНДАЙ. **1.** Абдан уу-дуу болгондой, ызы-чуусу, кыжы-кужусу көп. *Залдын ичи аарынын уюгундай кыжылдайт* (Баялинов).

2. Баш аламан, иретсиз, бөөт-чөөт. *Аарынын уюгундай болгон үйлөр.*

АБИЙИРИ ЖАБЫЛУУ. Жаман кылык-жоругу билинбей калуу, уяты чыкпоо. *Абаке,- деди Курман мени карап, - абаке, атыбыз чыгып, абийирибиз жабылды* (Баялинов).

АБИЙИРИ ТӨГҮЛҮҮ. Катуу уят болуу, бедели түшүү. *Ырыскулбектин балдары эл алдында ырчынын кебине уугуп, абийири төгүлүп, бирок күлтүйгөн пристав төрөнүн сүрүнөн өтүнө алышпай кайсактап турушат* (Касымбеков). *Абийриң минтип төгүлүп жүргөндөн көрө, каныңды ичсеңчи!* (Жусупов).

В.: Абийири айрандай төгүлүү. *Жаки күдүк жеринен сураса, осолдугу мындай турсун, абийири айрандай төгүлмөк экен* (Бейшеналиев). *Сыйыңар менен*

көзүмө көрүнбөй азыр жоголгула, а болмоюнча, чачыңар жулунуп, бетиңер тытылып, абийириңер айрандай төгүлөт! (Борбиев).

Абийири аштай төгүлүү. *Элге-журтка абийирлери аштай төгүлүп, шерменделери чыкмак болду* (Бөлөкбаев).

Абийири күлдөй төгүлүү. *Ушунча жүрттан менин жалгыз келиниме асылгандыгы үчүн, анын абийири күлдөй төгүлөт, - деп Зулайка ызырынды* (Медетов).

АБИЙИРИН САТУУ. Атак-даңкты, ызаат, ынсап кылгандыкты эске албай ар кандай жаман жоруктарга баруу. *Антип абийирди сатып, акындыкты кордоп мокоткончо, төбөлөшүп өткөнүм өйдө* (Бейшеналиев).

А-БУ ДЕГЕНЧЕ. Бат эле, тез эле, ары-бери караганча. *А-бу дегенче жайкы каникул башталып, ар кимиси бет-бетинен таркашты* (Борбиев). *Аламга жарык күйүп, элдин көзү ачылганда, экөөбүз а-бу дегенче, карылыктын кирип келгенин көр, өтүп бара жатабыз* (Егиналиев).

А-БУ ДЕ. 1. Көңүл үчүн, сый үчүн тийиштүү кеп айтканга жароо, жөн-жайды баян этип, бирдеме деп айтуу. *Жанында тургандардын бирөө да а-бу дегенге жараган жок* (Бейшеналиев).

2. Кой-ай деп коюу, койдуруу, жөнгө келтирүү үчүн бирдеме деп айткан болуу. *Тигинин өпкөсүн көптүрбөй а-бу деп койсоңорчу* («Ала-Тоо»). *Асылкан аны эптеп алдап-соолоп алып кетүүгө аракеттенейин деди, а-бу деп айткандары анын кулагына кирбесине көзү жетип тим болду* (Өмүрбаев).

А-бу дешип калуу. Жаман-жакшы айтышып калуу, өйдө-төмөн тартыша кетүү. *Жеңем экөөбүз а-бу дешип калдык. Болор-болбос жерден а-бу дешип, таарынышып жүрөбүз* ("Бишкек Шамы").

АБЫГЕР ЧЕГҮҮ. Азап тартуу, кыйналуу, капа болуу, түйшүк тартуу. *Адыл аганын өзү айткандай, бирөөнүн кабагы бүркөлө калса, баары абыгер чегип, ошонун үстүнө түшө калышат* (Убукеев).

В.: Абигер чегүү. *Ал ак кызматы үчүн алкыш алуунун ордуна запкы тартып, абигер чеге баштады* (Медетов).

АГА ЭМНЕ ЖОК. «Анын эмне тиешеси бар, өзүнө тиешеси жок ишке эмне кийлигишет» - деген маанилерде колдонулат. *Ага эмне жок, кыпчылбай тынч отура бербейби* («Чалкан»).

АДАЛДАН ТҮГҮ ЖОК. Колунда малы жок, жоксуз кедей, жарды. *Беш чилдей баланы асыроо түйшүгү адалдан түгү жок томаяк үчүн жеңил да эмес эле* (Сасыкбаев). *Үйүндө адалдан түгү жок жигитке орточу түшкөн киши чекеси ысыбасы белгилүү* (Каимов). *Адалдан түгү жок кембагал неме эле* (Жантөшев).

АДАЛДАН ТҮК КОЙБОО. Мал аттуудан эч нерсе калтырбай бардыгын жок кылуу. *Опол башкарган элден адалдан түк койбой алып, итке мингизери жөнүндө макулдашат* (Осмоналиев).

АДАМ БОЛУУ. 1. Эр жетүү, эс тартып, киши катарына кошулуу. *Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет деген ырас тура, баягы жаманы бой жетип, адам болуп, азыр баарын баккан ошол* («Кыргызстан маданияты»).

2. Оорудан айыгуу, жакшы болуу, баш көтөрүү. *Апамдын адам болор-болбосуна көзүм жетпейт. Оорусу күчөп бараатат! - дедим* («Ала-Тоо»).

В.: Киши болуу. *Жаман чүрпөсү киши болуп калды.*

Мал болуу. *Ажал жетпегенге айла жок экен, алты ай төшөктө жатып, мына, эми мал болуп калды* («Чалкан»).

АДАМ КАТАРЫНА КОШУЛУУ. 1. к. Адам болуу. 1.,2.

2. Жашоо-тиричилиги, турмушу жакшыруу, ойдөлөө, оңолуп элге аралаша баштоо. *Эмне гана күндү көрбөдүк! Өлгөндөн калган эл жерине кайтып, ушу керемет таңдын, ажайып күндүн деми менен адам катарына кошулдук* (Өмүрбаев).

АДАМ ООЗУНА АЛГЫС. 1. Өтө одоно-орой, уят, ыплас кеп, сөз ж.б. деген мааниде. *Адам оозуна алгыс сөздөр менен ашата сөгүп, сиздин үй жакка бара жатканын Үпөл көрүптүр* (Бердикеев).

2. Жегенге жараксыз, өтө начар, бузулуп кеткен (тамакка карата).

АДЕБИН КОЛУНА БЕРҮҮ. Кандайдыр бир кылмышы, күнөөсү, жаңылыштыгы үчүн катуу жазалоо, көргүлүктү көрсөтүү, теске салуу, акесин таанытуу. *О, кайран жеңем, ишке жарайт! Биздин айылдын катындарынын адебин колуна берип, акесин таанытат* (Борбиев). *Аманат жаным соо болсо, Адебин колго беремин* («Эр Табылды»).

В.: Адебин берүү. *Бардык күнөө кыздын өзүндө адебин келтире бериш керек* (Осмоналиев).

Азабын колуна берүү. *Аттанабыз черүүгө, сандаалатып калмактын Азабын колго берүүгө* («Курманбек»).

Азабын берүү. *Элсиз-жерсиз көпкөн кул, Азабыңды беремин* (Бөкөнбаев).

Жазасын колуна берүү. *Мен бул иттин жазасын колуна берем* (Каипов).

Жазасын берүү. *Байлардын жазасын берүүгө элди үйрөтүп жүргөндөр да ошолор* (Баялинов).

Сазайын колуна берүү. *Тагай Алымкулдун сазайын колуна бермейинче мооку канбайт* (Абдукаримов).

Сазайын берүү. *Бас, сенин сазайыңды Мырзабай берет! - деп, Айдаралы Култайды жакадан алды* (Абдукаримов).

«А» ДЕДИРБЕЙ. Ооз ачырбай, илгиртпей, ооздон кеп чыга электе. *Илбериңкилигин айт! Келери менен чечинип ийип, а дедирбей казан-аякка аралашып чимирилип жүрдү* (Өмүрбаев).

А ДЕП. Эң алды менен, биринчи иретте, ириде. *А деп көргөндөгүдөн алда канча өзгөрүп калыптыр* («Ала-Тоо»). *А деп эле Абазга нан, майлуу чөбөгө бир келтирди* (Таштемиров).

«А» ДЕСЕ, «Б» ДЕЙТ. Такыр эч нерсе түшүнбөйт, оң айтса, тескери айтат, колунан эч нерсе келбейт.

А ДҮЙНӨ. Диний ишеним боюнча: адам өлгөндөн кийин жашоочу экинчи дүйнө, өлгөн адамдын түбөлүк жайы. *А дүйнө кеткен атакең, Мекен кылган жай ошол* («Манас»). *Айрыкча бугу урууусунан кадырлуу кары а дүйнө кетсе, анын кара ашы,*

чоң ашынын кызматы Момундун мойнунда (Айтматов).

В.: О дүйнө. *О дүйнө сөзүң козгойсуң* (фольк.).

Тиги дүйнө. *Тиги дүйнө жөнүндө сөз болсо, Корчунун жообу бирөө эле: «Бара көрөбүз»* (Аалы).

Чын дүйнө. *Кыяматты тозокту көрбөй калдым, жан кайним, Барган жан келгис чын дүйнө Барбай келдим, жан кайним* («Сейтек»).

«А» ДЭЭРГЕ АЛЫ КЕЛБӨӨ. **1.** Абдан чарчап-чаалыгуу, шайы кетүү, дарманы калбоо. *Кече эле а дээрге алың келбей, Улуу-Каганга качып барган сен эмес белең?* (Көчкөнбаев).

2. Абдан сүйүнгөн, ыкшып катуу күлгөн же солуктап аябай ыйлаган абалда болуу. *Куйручуктун жоругун көрүп тургандар «а» дээрге алдары келишпей бооролорун тытып күлүшөт* (Бектенов). *«А» дээрге алы келбей солуктайт* («Чалкан»).

В.: «А» дээрге алы калбоо. *«А» дээрге алы калган жок, Азыр өлсө, арман көп* («Эр Төштүк»).

АЖАЛ АЙДОО. Өлө турган учурга өзү келип урунуу, өлүмгө өзү дуушар болуу. *Ажал айдап бул жерге, Келдик деген мындан көп* («Сейтек»).

АЖАЛДЫ ООЗУНА ТИШТӨӨ. Бир нерсеге абдан белсене киришүү, тобокелге салуу, өлүмгө башын байлоо. *Мекенди коргоодо далай эр-азаматтарыбыз ажалды ооузуна тиштеп, тайманбастан жоого каршы аттанышты* («Ала-Тоо»).

АЖАЛДЫН ООЗУНА ТҮШҮҮ. Кыйынчылыкка кабылуу, катаал учурга туш келүү. *Ажалдын ооузуна түшүп көрсүн, анан аман кайтканын көрөйүн* (Укаев).

В.: Ажалдын ооузуна кирүү. *Адылбек канча жолу ажалдын ооузуна кирип барып, канча жолу ажалдан аман калды* (Өмүрбаев).

АЖАЛДЫ УУЧТОО. Өлүм алдыда болуу, өтө кыйналуу. *- Сени күтүп, үч күндөн бери ажалды уучтап олтурам, - керээзимди өзүңө айтып калайын деп* (Осмоналиев).

АЖАЛ ЖЕТҮҮ. Өлүү, дүйнөдөн кайтуу, ичер суусу

түгөнүү. *Ажал жетсе амалсыз, Биз да бир күн өтөбүз* (Токтогул).

В.: Ажал жетип, күн бүтүү. *Ажал жетип, күн бүтсө, Көр азабын көрөбүз* («Манас»).

АЖАЛЫ ЖОК. Өлбөй аман калгандык, тирүү жүргөндүк. *Айдалып жүрдүм Сибирде Азаптуу жаман турмушта. Ажалым жок өлбөстөн, аман келгем кыргызга* (Токтогул).

АЖАП ЭМЕС. Таң каларлык эмес, боло бериши мүмкүн, таң калгандай эчтемеси жок. *Ажап эмес, ал ашта, көбү адашып жоголсо* («Манас»). *Ажап эмес, сен да мендей карырсың* (Аалы).

АЖАТ АЧУУ. 1. Бирөөнүн өтүнүчүн, тилегин орундатуу, муктаждыктан куткаруу, керегине жароо. *Ажат ач, мырза Букарбай, айлабыз кыйын жукарды ай* (Бейшеналиев). *Көптүн намысына жарап, ажат ачкыла* (Бейшеналиев). *Ажатын ачтың мундагы Ата-менен эненин* (Калык).

2. Эки ортодогу чатакты, чырлуу ишти чечүү, жөнгө салуу. *Сиз да ошентип жүрбөңүз, биздин ажатыбызды ачып, тыныштырып кетиңиз* («Чалкан»). *Далай-далай талаш маселелердин ажатын ача билген бу киши ушул азыр саал кападар* (Эралиев). Бир ажат ачтыңыз, ыракмат (Айтматов).

В.: Ажаттан чыгаруу. - *Улукбек мырза, сага кадыр салып келип турам, мени бир ажаттан чыгар* (Жигитов).

АЖЫДААРДЫН КУЙРУГУН БАСУУ. Каарына калуу, кыйгына калуу, кырсыктуу, чатак ишке туш болуу. *Сооронбай манаптын туушкандарынын кызына таанышканда ажыдаардын куйругун басып, азапка чырмалмак турбайбы* (Бейшеналиев). *Ажыдаардын куйругун басып алыпмын. Аргам түгөнүп, айлам кетип турат* (*Сыдыкбеков*). *Аны чакырбасак бир балекет чыгарат, кеңешке албаганыбыз ажыдаардын куйругун баскан менен тең эмеспи? - деди Чаки* (Ш.Үмөталиев).

В.: Жыландын куйругун басуу. *Байкабастан жыландын куйругун басып алып, анык балээге калган экенмин* («Ала-Тоо»).

АЖЫСЫ КАБЫЛ БОЛУУ. *дин.* **1.** Диний түшүнүк боюнча:

пайгамбардын отурган-турган жерин (б.а.ислам динининборбору болгон Меке шаарын) көрүп келүү. *- Кудайга шүгүр.. ажым кабыл болот экен... - деди кыңылдап, ушул сөздөн ыраазы болуу да, өкүнүч, арман да чыкты* (Касымбеков).

2. Мекеге бара жатканда же Мекеден келе жатканда, болбосо Мекеге барганда каза болуу, өлүү.

АЗА БОЮ ДҮРКҮРӨӨ к. Азат боюу тик туруу.

В.: Аза боюу муздоо. *Бастырманын түбүнөн мүйүздүү маралдын башын көргөндө бала селт этип кетти, аза боюу муздап дүркүрөдү* (Айтматов).

Аза боюу дүр этүү. *Бирок ойлой коюп, аза боюм дүр этти* (Айтматов)

АЗАБЫН БЕРҮҮ к. Адебин колуна берүү.

АЗАБЫН КОЛГО БЕРҮҮ к. Адебин колуна берүү.

АЗАБЫН ТАРТУУ. 1. Керектүү нерсенин же бирөөнүн жок болушунан катуу кыйналуу, жапа чегүү. *Азабын тарттым баланын, Көрбөдүм алтын жамалын* (Токтогул). *Бир мингичтин азабын тартты.*

2. Башка бирөөнүн кесепеттүү, кырсыктуу ишинен, жүрүш-турушунан ж.б. оор абалга дуушар болуу, кыйналуу. *Эси жок бүлөнүн азабын тартып жүрүп, чачым агарды* («Ала-Тоо»).

В.: Азабы өтүү. *Чайдын азабы өтүү. Ай, ушулардын азабы өттү.*

АЗАРМАНДАН-БЕЗЕРМАН БОЛУУ. Кандайдыр бир кылмыштуу иштен өзүн ала качуу, актануу маанисинде безеленүү, жанын сабоо, өзүнө жакын жуутпай жаа боюу качуу. *Ал жөнүндө уккум да келбейт деп, Бурма азармандан-безерман болду* (Каимов). **-** *Чехтерге барып, мылтыгымды оңдотуп, оюмду айтып келем, - деп аттанганда аялы азармандан-безерман болгон* (Ашымбаев).

В.:Азар-безер болуу. *Ак суу ичемин десем, чоң энем азар-безер болуп... эркиме койбоду* («Ала-Тоо»).

АЗАР ТҮМӨН. Сансыз көп, сан жеткис, абдан көп. *Азар түмөн*

көпчүлүк, Арбын балбан салбады («Манас»). *Зарып кылдым азыкка Азар түмөк малымды* («Сейтек»).

АЗАТ БОЮ ДҮРКҮРӨӨ к. Азат бою тик туруу.

АЗАТ БОЮ КАЛТААРУУ к. Азат бою тик туруу.

АЗАТ БОЮ ТИК ТУРУУ. Капысынан, күтүлбөгөн жерден катуу коркунучка дуушар болуп, калтырак басуу, катуу дүүлүккөн абалга келүү. *Бул кыз Нина экендигинен эч кандай күмөн санабаган Осмондун азат бою тик туруп, аз жерден кыйкырып жибере жаздады* (Саатов). *Мына ошондо анын кебете-кешпири ачык көрүнүп, Макмалдын азат бою тик турду* («Советтик Кыргызстан»). *Кечээ эле Нуруйланын колтугунан чыкпай жүрүп, эми минтип аны табалап жатканына азат боюм тик турду* (Бердикеев).

В.: Азат бою дүркүрөө. *Тикбайдын азат бою дүркүрөп, мунун тузун эки эсе татыта албасам... атым өчсүн дейт* (Осмоналиев). *Канчоро көк камандай күркүрөп, көрүп турган пенденин Азат бою дүркүрөп* (Сейтек).

Азат бою калтааруу. *Көзү ымыр-чымыр болуп, заматта азат бою калтаарып чыкты* (Даникеев).

Азат бою калтылдоо. Айбатын көргөн адамдын, Азат боюн калтылдап (фольк).

АЗБАС АЗЫК, ТОЗБОС ТОН. Ар дайым, такай керегине жарай турган, пайдалана турган кенч деген сыяктуу мааниде. *Букаралар чынында эле зулумдардын, анын жан жөкөрлөрүнүн гана эмес, ак падышанын да азбас азыгы, тозбос тону* (Бейшеналиев).

АЗ ЖЕРДЕН. Анча-мынча, кичине эле, күтүүсүздөн, кокусунан, болор-болбостон. *Кирпиктерим нымдалышып, ыйлап жибере жаздап, аз жерден калдым* (Мырзаев).

АЗУУСУУ КАНДУУ. Адамга жакшылык кылбаган, зулум, мыкаачы. *Өзүңдүн калпандай азуусу кандуу зулумдар четинен кармала, айдала баштады* (Бейшеналиев).

АЗУУСУН АЙГА БҮЛӨГӨН к. Азуусун айга жаныган.

АЗУУСУН АЙГА ЖАНЫГАН. 1. Каарын төккөн, жаалданган, заарын чачкан. *Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка жакты* (Бейшеналиев). *Кезинде азуусун айга жаныган Арстанаалы кылычынын курчтугун байкаш үчүн адамдын башын алдырган экен* (Сыдыкбеков).

2. Кайраттуу, эч нерседен кайра тартпаган, өткүр, өктөм. *Азуусун айга жаныган эр-азаматтарыбыз мелдеште жеңип чыгышты* (Осмоналиев).

В.: Азуусун асманга кайраган. Назгүл Сейнепти азуусун асманга кайраган таш боор, тажаал го деп ойлогон. (Бейшеналиев).

Азуусун айга бүлөгөн. *Азуусун айга бүлөгөн канкордун тукуму астыртан эл ичин бүлдүрүүгө аракеттене баштады* (Каимов).

АЗУУСУНАН ЧАЛУУ. Карый баштоо, жашы өтө түшүү, карылыкка моюн сунуу. Оозунда бүтүн тиш калбай, Азуусунан чалыптыр (Токтогул).

АЗУУСУН КАЙРОО. Кекенүү, кек сактоо, каршыгып калуу. *Ички тышкы душмандар жаш бийликке азуусун кайрап... жаткан кез* (Сасыкбаев).

АЗУУСУН ЧАГУУ. Көргүлүктү көрсөтүү, акесин таанытүү, адебин колуна берүү. *«Ээн жердин камандарын» Жалий мырза көкүтүп, парага туйтунуп жүрсө, Ысагың экөөң, кантип азуусун чагасыңар*? (Бейшеналиев). *Канча жыл кармашып, Келдибек уулунун азуусун чаккан Касымбек бир акындын айласын табаар* («Ала-Тоо»).

АЙ АЙЛАНЫП, ЖЫЛ ТЕГЕРЕНБЕЙ. Анча көп убакыт өтпөй, тез эле, аз эле убакыттын ичинде. *Ай айланып, жыл тегеренбей эле ушинтип отурса, бизди сыйлаганы кайсы*? («Ала-Тоо»).

АЙ АСМАНГА ТҮЙҮЛҮҮ к. Асман айга түйүлүү.

АЙ БАТКАНДАЙ БОЛУУ. 1. Катуу кайгыга, оор кырсыкка учуроо, мүңкүрөгөн абалга жетүү. *Чал-кемпир Эңкейип калган кезде жалгыз баласынан ажырап, ай баткандай болуп мөгдөп калышты* (Каимов).

2. Жок болуу, өлүү. *Бечара ай баткандай болуп, жаштайынан соолду* («Чалкан»).

АЙ БАТКАНДАЙ КЫЛУУ. Өлтүрүү, жок кылуу. *Ашыктай болгон жалгыздын алмадай башын алайын, Ай баткандай кылайын* (фольк). *Алмадай башын алайын, Ай баткандай кылайын* («Эр Табылды»).

АЙГА КОЛУ ЖЕТКЕНДЕЙ. Телегейи тегиз болгондой, болуп-толуп тургандай, бардыгына мүмкүнчүлүгү бардай. *Койкоюшуп жүрүшчү, Айга колу жеткендей* (Маликов). *Бул эмне эле айга колу жеткендей керилип калган?*

В.: Асманга колу жеткендей. *Кудайбергендин асманга колу жеткендей болуп турганда, букаралардын эсириши жаман белги эле* (Каимов).

АЙДАН АЧЫК. Түшүнүктүү, белгилүү, так, даана, анык. *Кимдин ким экени Жылдызканга айдан ачык болду* (Байтемиров). *Колго түшкөн олжо көп адамдарга таандык экени айдан ачык* (Осмоналиев). *Албетте, эрегиштен эр өлүп, эрши бузулары эки тарапка тең айдан ачык* (Сыдыкбеков).

В.: Айдан ак. *Алар тез мантыгып, акчага карк болору айдан ак* (Ашымбаев).

АЙДАРЫН ТИГҮҮ. Жамандык ойлоо, абдан каршыгуу, жамандык кылууга ниеттенүү, артынан түшүү. *Айтарын айтып, айдарын тикти* (Бейшеналиев). *Мага айдарын тигип турбайбы.*

В.: Кастарын тигүү. *Жутаке менен Түнкатар молдонун тукуругу боюнча мага кастарыңды тигип калганыңды билем* (Жантөшев).

АЙ ДЕСЕ-АРКЫ ЖОК, КҮН ДЕСЕ-КӨРКҮ ЖОК. Абдан сулуу, ашкан сулуу, теңдеши жок. *Ай десе-аркы жок, күн десе-көркү жок, бир перизатка жолуктум* («Кыргыз эл жомоктору»).

В.: Ай десе-ай, күн десе-күн. *Мына, ай десең-ай, күн десең-күн, баягы мен айткан апа!* (Тойбаев). *Мергенчи эртесинде ошол көлгө кызынын бетин жуудурса, жомоктогудай ай десе-ай, күн десе-күн боло чыга келет* (Жусупов).

АЙДЫН ОН БЕШИ КАРА, ОН БЕШИ АК. Дайыма бирдей болуп турбайт, оош-кыйыш боло

берет, жакшысы да, жаманы да болот. *Ээ, балам, айдын он беши кара, он беши ак, ага капа болбо, сенин да ишиң оңолор - деп, чоң энем мага көп акылдуу, нускалуу сөздөрүн айтар эле* (Өмүрбаев).

«АЙ» ДЭЭР АЖА, «КОЙ» ДЭЭР КОЖО ЖОК. Акыл айтып башкарар, «кой, ай» деп теске салар, жол көрсөтүп, тарбиялар кишиси жок. «*Ай дээр ажа, «кой» дээр кожо жок болсо, балдардын кылары ошол да* («Ала-Тоо»).

В.: «Ай» дээр ана, «кой» дээр кожо жок. *Адам, ээй, бул кандай? «Ай» дечү ана, «кой» дечү кожо жокпу бу айылда? - дешип редакциядагылар таң калып жатышкан* (Егиналиев).

«Ай» дээр адам, «кой» дээр коңшу жок. *Айла канча «ай» дээр адам, «кой» дээр коңшу жок* (Бөлөкбаев).

АЙ ЖАМАЛДУУ. Сулуу, абдан сулуу, сулуулугу суктандырган, ажарлуу, келишимдүү. *Ай жамалдуу бото көз* (фольк.).

В.: Ай чырайлуу. *Ай чырайлуу кыз.*

АЙ-КҮНҮНӨ ЖЕТҮҮ. Төрөй турган мезгили келүү, төрөрүнө жакын калуу. *Ай-күнүнө жетип турган келинчеги Айганыш, тигине, кыз-келиндердин катарында тамылжып отурат* (Сыдыкбеков). *Ошол тапта Асылкандын ай-күнүнө жетип калган учуру эле* (Өмүрбаев).

Айдап отко салуу. Арыдан бери жок кылуу, жоготуу, түгөтүү. *Сага эмне түтөт, азыр алсаң, азыр жок. Заматта айдап отко саласың - деп аялым жемелей баштады* («Кыргызстан Маданияты»).

АЙЛАДА ЖОК. Эң эле, өтө эле, эч мүмкүн болбой турган. *Айлада жок жаман. Айлада жок начар.*

АЙЛАН КӨЧӨК БОЛУУ. Башы айланып, жер тегеренип, астын-үстү болгонсуп көрүнүү. *Көзүм тунарып, жер айлан көчөк болуп кетти* («Ала-Тоо») *Түгөлдүн көзү тунарып, башы айлан көчөк болуп кетти* (Бейшеналиев).

В.: Айлан көчөк атуу. *Башым айлан көчөк атып, жыгылып кеттим* («Жаш ленинчи»).

АЙЛАСЫ АЛТЫ КЕТҮҮ к. Айласы кетүү.

АЙЛАСЫ КЕТҮҮ. Эч амалын таба албоо, аргасы түгөнүү, кыйын абалда калуу,эмне кыларын билбей абдан кыжалат болуу. *Жетип айдоого жол жок, айлалары кетиптир* (Убукеев). *Ырас, балам Искендер, журттан айла кетти* (Турусбеков). *Капа болуп турганда бирөө менен сырдашкым келди, айлам кетти* (Бердикеев).

В.: Айласы куруу. *Буга да бардыгы бир ооз, Шералинин айласы куруп кетти* (Касымбеков). *Эми ыраса айлам куруду* (Касымбеков).

Айласы түгөнүү. *Эмне кылуу керек? Айлам түгөнө баштады* (Каимов). *Айла түгөнсө, ошолорду... көтөрүп баргыла* (Бейшеналиев).

АЙЛАСЫН КЕТИРҮҮ. Өтө кыйын, абдан ыңгайсыз абалга калтыруу. *Достун ыйык сезимин булгай берсе болобу? - дешип туш-туштан чыгышып, Жайдарбектин айласын алты жерден кетиришиптир* (Медетов).

АЙЛЫК ЖОЛ. Өтө узак, алыс жол. *Арымсыз айлык жолун күндүк кылып, Автобус буркуратты даңгыр жолду* (Элебаев).

АЙПАП-ЖАЙПАП КЕТҮҮ. Жайылып каптап кетүү, ашып-ташып кетүү (суу, дарыя жөнүндө). *Суу киргенде жээгинен ашып, айпап-жайпап кетет.*

АЙРЫП АЛГЫС. Коендой окшош, абдан окшош, куюп койгондой окшоштугу бар. *Экөө тең эгиз болсун айрып алгыс* (Шимеев).

АЙРЫ ТӨШ. Адам, киши. *Мен ушул күнгө чейин айры төштүн алдында калганым жок* (Аалы).

АЙСАЛ-БАЙСАЛ КЫЛБАСТАН. Баш-аягын жыйдырбай, арыдан бери, заматта, бир паста, бат эле. *Айсал-байсал кылбастан, Алып кеттиң кегиңди* (Тоголок Молдо).

АЙТА-БУЙТА ДЕГИЧЕ. Бир заматта, көз ачып жумганча, дароо, өтө тез, арыдан бери. *Айта-буйта дегиче, Эр бакайдын жанына Чаап чыгып барышты* («Манас»). *Айта-буйта дегиче, Ачып көздү жумганча, Алып жетип барайын* («Эр Төштүк»). *Айта-буйта дегиче, Антаңдап шашып Карачач, Айчүрөккө барды эле* («Сейтек»).

В.: Ана-мына дегиче. *Ана-мына дегиче, Ачып көздү жумганча, Айлына жетип келгени* («Эр Төштүк»).

Андай-мындай дегиче. *Андай-мындай дегиче, Кумурска жайнап кетти эле* («Эр Төштүк»).

Андай-мындай дегиче, ачып көздү жумганча. *Андай-мындай дегиче, ачып-көздү жумганча мерчемдүү жерге барыптыр, айтылган Жаман-Аскада аркарлар туруп калыптыр* (Медетов).

«АЙТ» ДЕГЕНДЕ, «КЫЙТ» ДЕП. Өтө элпектик менен, илгиртпей. *«Айт» дегенде, «кыйт» деп кайненеңдин кызматын кылып турсаң, күйөө катары сен соопко калбайсыңбы?* (Үмөталиев). *«Айт» дегенде, «кыйт» деп турбаска чарам не?* (Ш.Үмөталиев).

АЙТ ДЕГЕНЧЕ. Дароо, көз ачып-жумганча, бир заматта.

В.: Айт дегиче. *Айт дегиче болбой көздөн кайым болду.*

АЙТКАНЫ АЙТКАН, ДЕГЕНИ ДЕГЕН. Бардыгы ал айткандай болот, эч өзгөрүлбөйт деген мааниде. *Ошондуктан буларга Жылдыздын айтканы айткан, дегени деген* («Кыргызстан маданияты»).

АЙТКАНЫНАН КАЙТПОО. Өз билгенин бербөө, айтканын айткандай аткаруу, көздөгөнүнөн баш тартпоо. *Ал эми манаптар Токтогулдун айтканынан кайтпас көктүгүнө көздөрү жетип чындап өчөгүштү* (Бейшеналиев). *Айтканынан кайтпаган Акыл жигит жакшы экен* (Барпы). *Айтканы айткан, дегени деген, мени гана туура дейт да турат* (Айтматов).

АЙТКАНЫНАН ЧЫКПОО. Сөзүн эки кылбоо, ою менен болуу. *Айтканынан чыкпаган, кийлигишпеген мындай жоош жумушчуну кайдан табат?* (Айтматов).

АЙТКАНЫ ЭКИ БОЛБОО. Айтканы айткандай болуу, убададан тайбоо, дегени аткарылбай калбоо.

АЙТКАНЫН ЭКИ ДЕБӨӨ. Айтканды айткандай аткаруу, эч каршылык көрсөтпөө, ою менен болуу. *Айтканынды эки дебей, эпилдеп турган кичинекей кагелес жигит* (Укаев). *Аны сестра, санитаркалар сыйлашып,*

айтканын эки дешпейт (Сыдыгалиев).

В.: Айтканын эки кылбоо. *Атасынын айтканын эки кылбаган он бирдеги кызы менен тогуздагы уулу* (Жигитов). *Эл кадырлайт, этегиңди өбөт, «ажы аке» деп айтканыңды эки кылбайт! - деп Карасакал өзү да кубанычын жашыра албай, уурту тартыла жымыйып, эки көзү жайнады* (Касымбеков). *Өз ишин жакшы билет, айтканын эки кылбайт* (Эралиев).

АЙТПАГАНДЫ АЙТУУ. Оозго алгыс сөздөр менен сөгүү, жаман айтып тилдөө, көнүл калтырарлык кептерди айтуу. *Айтпаганды айтып урушуу.*

АЙТСА-АЙТПАСА ТӨГҮНБҮ. Туптуура, чындык, дал ушундай. *Айтса-айтпаса төгүнбү? Алар бөйрөктөн шыйрак чыгарышты* (Абдукаимов). - *И, ушуну укмасыңар, айтса-айтпаса төгүнбү, булар келгенде бир койдун мойну үзүлмөйүн болбойт - деди Сулайман* (Абдукаимов). *Айтса-айтпаса төгүнбү? Кетип бара жаткандардын баары али быша элек* (Абдукаимов).

АЙТЫП БОЛГУС. Өтө укмуш, көп, айта берсе түгөнгүс, сөз менен айтып жеткире алгыс. *Өнөрү бар айтып болгус.*

В. Айтып түгөткүс. *Айтып түгөткүс жоругу бар* ("Ленинчил жаш").

АЙТЫП ООЗУН ЖЫЙГЫЧА. Сөзүн бүтө электе, дароо, ошол замат. *Амандашып тургуча, Андай-мындай дегиче, Айтып оозун жыйгыча* («Эр Төштүк»).

АЙ ЧАПЧУУ. Күчү ташып, болуп-толуп туруу. *Ай чапчып суудай толкунган Артымда калкым турганда* (Бөкөнбаев). *Азыр Кудайменде болуштун көккө сермеген укуругу ай чапчып турган кези* (Укаев).

АЙЫ ОҢУНАН ТУУ. Иши оңолуу, ойлогон ою оңунан чыгуу, жолу болуу. *Булутту кууп жарк этип, Ай туугансып оңунан* (Жантөшев). *Быйыл алардын айы оңунан тууду.*

АКАРАТ КЫЛУУ. Бирөөгө катуу сөз айтуу, тил тийгизүү. *Акарат кылып бирөөнү Сөкпөгүлө балдар ай* (Барпы).

АК БАТА, КЫЗЫЛ КАН. Биргелешип макулдашылган убада, айтышкан шерт. *Сизди ак бата, кызыл канга коебуз. Айтышкан ак бата, кызыл кан үчүн Асантай тараптын болбоско аргаң жок, баатыр* (Сыдыкбеков).

АК БОЛОТ МИЗИН ЖАЛАШУУ. Катуу убадалашуу, антташуу, шерттешүү. *Ак болот мизин жалаштым, Намысын бирге талаштым* («Манас»).

АК ДА, КӨК ДА ДЕБӨӨ. Эч сөз айтпоо эч нерсе дебөө, унчукпоо. *Баласы өлгөн Эдиге жак тынч: ак да дебейт,көк да дебейт* (Осмоналиев).

АКЕСИН ТААНЫТУУ. Эсине келгидей кылып катуу жазалоо, ийге келтирүү, көргүлүктү көрсөтүү, теске салуу. *О, кайран жеңем, ишке жарайт! Биздин айылдын катындарынын адебин колуна берип, акесин таанытат* (Борбиев). *Тапанчасын кара иттин! Ошонусу болбогондо, акесин таанытмак элем* (Байтемиров). *Ошо тапта не бир көпкөн манаптардын акесин таанытып,... журт алдында шылдың кылды* (Өмүрбаев).

В.: Акесин көзүнө көрсөтүү. *Ачуусу боюнан тарай элек Дөөт кол шилтеди: - Мен анын акесин көзүнө көрсөтөм!* (Осмоналиев).

Атасын таанытуу. *Токто, атаңды таанытам! Эргештин өңү кубулуп, тишине тишин коюп жете келди* (Мияшов). *- Чык быякка, салпаяк, эмесе атаңды таанытам* («Советтик Кыргызстан»). *- Атын байлап койгула. Айыбы үчүн союп алабыз. Мындан ары атасын тааный жүрсүн* (Каимов).

Атасын көзүнө көрсөтүү. *Алар болбогондо атасын көзүнө көрсөтпөйт белек* (Баялинов).

Жети атасын таанытуу. *Кандай болот экен! Жети атаңды таанытам! Мына сага. Көзүнөн чаары чыккан Оросул Эсирди басып калды* (Осмоналиев).

Жети атасын көзүнө көрсөтүү. *Уятсыз макоо! Кемпир жети атамды көзүмө көрсөттү дегиң келбейт экен да!* («Ала-Тоо»).

Чоң атасын таанытуу. *Айткан тилиңди албаса, чоң атасын таанытпай жаның жокпу?* («Чалкан»).

Бабасын таанытуу. *Сенин бабаңды таанытам мен азыр* («Чалкан»).

АК ЖАЛГАСЫН! *этн.* Кокусунан кийимге же жерге айран, сүт, кымыз төгүлүп кеткен учурда кесир болбосун, жакшылыкка болсун деген мааниде айтылат.

АК ЖЕРДЕН. Эч кандай күнөөсүз, кылмышы жок, жалган жерден. *Ал балким чын эле ак жерден күйгөндүр, ким билет* («Ала-Тоо»). *Мени ак жерден өлтүрсөң, өлтүр.*

АК ЖОЛ. Эч тоскоолу жок, ийгиликтүү сапар жөнүндөгү ой, тилек, каалоо. *Андан уруксат сурап, ак жол сурап турду*: - *А көрө батаңды бер. Ак батаңды бер, энекебай?!* (Өмүрбаев).

АК ЖОЛДОН АДАШТЫРУУ. Азгыруу, тескери жакка буруу. *Ак жолдон адаштырган андан да өкүнүчтүү* (Бердикеев).

АК ЖОЛТОЙ. Жолдуу, жолу жакшы, кандайдыр бир кубанычтуу кабар алып келүүчү, жакшы жышаналуу. *Өнөрлүү жигит, ак жолтой болгуң бардыр* (Бейшеналиев). *Сен ак жолтой жигит көрүнөсүң* («Ала-Тоо»). *Ак жолтой экен, жаныбарым, ак жолтой!* (Жигитов).

АК ЖОЛУ АЧЫЛУУ. 1. Сапары ийгиликтүү болуу, жолу шыдыр болуу. *Ак жолуң ачылып, аман-эсен жет* (Ашымбаев). *Ак жолуң ачылып, аман-эсен жетсең болду* («Ленинчил жаш»).

2. Көздөгөн максатына жетүү, иши оңолуу. *Бул бечаранын ак жолу ачылып, иши оңоло баштаган экен* (Сасыкбаев). *Ак жолум ачылса, чоң шаарда окуп калам* (Сыдыкбеков).

АК ЖОЛУҢ АЧЫЛСЫН! Ишиң оңолсун, сапарың ийгиликтүү болсун, көздөгөн максатыңа жеткин деген сыяктуу алкоо, ак тилегин билдирүү, бата берүү маанисинде айтылат. *Ак жолуң ачылсын! Сапарың байсалдуу болсун, Курман Карасартов* (Бейшеналиев). *Коммунисттик эмгектин колхозу деген ыйык атка жеткиле, ак жолуңар ачылсын! - деди Балгын чоң эне* (Жантөшев).

В.: Жолуң ачылсын! *Жолуң ачылсын, чырагым! - деп чал бата берди* («Чалкан»).

АК ЖООЛУК. Аял, зайып. *Биринчи байлык - ден соолук,*

экинчи байлык - ак жоолук (макал). *...Ак жоолук аттуунун көбү ушул менин акеме моймолжуп кылгыра караганын көп байкар элем* (Сыдыкбеков).

В.: Ак элечек. *Тирүү жанга оокат өткүдөй эмес, үйгө ак элечек кийирдим* (Бейшеналиев).

АК ЖООЛУГУҢ БАШЫҢДАН ТҮШПӨСҮН! «Абийирдуу, ырыс- кешиктүү бол», «алганың менен тең кары» деген мааниде келиндерге берилүүчү бата, алкоо. **-** *Кем болбо, балам! Ак жоолугуң башыңан түшпөй, бактылуу бол! - дешип, катындар чуулдап алкашты* (Жантөшев).

В.: Ак элечегиң башыңдан түшпөсүн! *Ак элечегиң башыңан түшпөсүн, балам, өмүрлүү бол!* («Ала-Тоо»).

АК ЖУУМАЛ. Куба, кубакай, ак куба, агыш тарткан, акчыл. *Керилген мурут, ак жуумал Келбети көркөм эр экен* (Бөкөнбаев). *Азим орто бойлуу келген, ак жуумал, жылдызы жарык аял экен* («Ала-Тоо»).

АК ЖҮРӨК. Чынчыл, бирөөгө кара санабаган, жамандык ою жок, адилет, ак ниет. *Ак иштеген, ак жүрөк, Ачык көнүл шат жүрөт* (Осмонов). *Сен ошондо ак жүрөк болумуш болуп кетип калдың* (Абдукаимов). *Ким жакшы, ким жаман, ким ак жүрөк, ким алдамчы экенин ал эми гана билди* (Баялинов).

АКИДЕЙ АСЫЛУУ к. Ач кенедей асылуу.

АККА МОЙНУН СУНУУ. Өлүү, дүйнөдөн кайтуу, жарык дуйнө менен коштошуу, өлүмгө моюн сунуу. *Чоң энем ошол күнү эсим барда керезимди айтып калайын деп, бардыгыбызды чакыртып коштошуп, кечке жуук акка мойнун сунду* («Ала-Тоо»).

АК КАПТАЛ. 1. Дасыккан, көптү көргөн, башы бышкан. *Ал мындайдын далайын көргөн ак каптал.*

2. Жеткен тапан, жалкоо, кыйык. *Кээ адам «ак каптал» деп атак алган, бир ишке жумшай салып жата калган* (Тоголок Молдо). *Жүйөөлөшө келсе, бир көрүшкөндө эле ак каптал Төлөгөн экөөнүн көңүлдөрү жараша калат* («Советтик Кыргызстан»).

АК-КАРАНЫ АЖЫРАТУУ. 1. Анча-мынча окуганды, жазганды билүү, бир аз кат тааануу. *Эптеп ак-караны ажыратып, кат таанысак көзүбүз ачылат* («Ала-Тоо»).

2. Жаман-жакшыны ажырата билүү, бир нерсенин тууралыгына көзү жетүү, түшүнүү. *Жылдызкан ак-караны ажыратууга умтулат* (Байтемиров).

В.: Ак-караны айруу. *Ак-караны айырган көзү ачык киши туш тарабын кеңири баамдайт* («Кыргызстан маданияты»).

АК-КАРАНЫ ТААНЫГАН. Бир нерсенин тууралыгына көзү жеткен, калыстыгы бар, түшүнүктүү. *Социал-демократ партиясы доклад, лекциялар уюштура калганда, ага да барып жүр, көзүң ачылат, ак-караны тааныган адамдар бар* (Баялинов).

АК КОЙДОН АҢКОО, БОЗ КОЙДОН МОМУН. Эч нерсени көрбөгөн, билбеген, билүүгө кызыкпаган, билсе да билмексенге салган, куу, митаам. *Асан бизге ак койдон аңкоо, боз койдон момун болуп көрүнгөн эле* («Кыргызстан маданияты»). *Жылдырмасын жылдырып коет да, ак койдон аңкоо, боз койдон момун болуп жүрө берет* («Чалкан»).

АК КОЛ. Оор ишке кол тийгизбеген, кара жумуш кылып көнбөгөн, андай иштен кача турган жалкоо, жан бакты. *Алар ак кол болуп жаман уйрөнүп кетишти* (Сыдыкбеков). *Ак кол болуп үйрөнбөсүн деп акырындык менен өздөрүн-өздөрү тейлөөгө өткөрдүк* («Ала-Тоо»). *Ак кол менен жумушчу кол учурашты, бирин-бири кыса кармашты* (Борбугулов).

АК КӨҢҮЛ. Көңүлүндө кири жок, арамдыгы жок, кишинин көңүлүн калтырбаган, оюна кек албаган, кекчил эмес. *Зайыбы үй-тиричилигине тың, эскини эптеген, жаныга жалгаган, ак көңүл аял эле* (Борбиев). *Жердиги ак көңүл Өмүрзак, бий инисинин эркелеткенине эрий жайкаңдады* (Бейшеналиев).

АК КӨРПӨ ЖАЙЫЛ. 1. Бардык жагынан жетик, билерман, абдан алымдуу. *Ак көрпө жайыл, Аты элге дайын* (фольк.).

2. Кең пейил, берешен, март. *Демейде коңшуга чык татырбас Букендин мынчалык ак көрпө*

жайыл болушун Зууракан: «Ак байбиче дагы түш көргөн го, кудай?» - деп, алдыртан таңданып койду (Сыдыкбеков). *Ыйса ак көрпө жайыл боло аттан түштү* (Осмоналиев). *Эгер тагдыр ушундай жылдызы жарык, ак көрпө жайыл келинден бактысын аяса...* (Айтматов)

АК КҮП. Көбүнчө кызылча, чечек оорусу менен ооруган адамдын жарасы айыгып, карты түшүп, анын астынан теридеги ак какачтардын күбүлүп турган кези. *Улуу тумоо чыгып айыгып, ак күп болуп калыптыр.*

2. Териси чыңалып, ак шишик алган көрүнүш. *Мынча эмне ак күп болуп калгансың?*

3. Балапандын денесин үлпүлдөгөн майда сары жүн басып келе жаткан учуру. *Ак күп болгон балапан чыйпылдап, энесинин оозунан жем талашат* («Советтик Кыргызстан»).

АК КЫЛУУ. Балага тескери бата берүү, балалыктан кечүү. *Ак кылдым, жогол! Бетиң карайсың, ата безери, бетиңди карабаймын, жогол көзүмө көрүнбөй!* (Касымбеков). *Кечтим сенин балалыгыңдан! Ак кылдым! Ак кылдым! Жогол!* (Касымбеков).

АКМА КУЛАК. Унутчаак, укканын, уккан сөзүн бат унутуп коймо. *Акма кулакка айтсаң - агып калат, куйма кулакка айтсаң - куюп калат* (макал).

АК МОЛДО. *сүйл.* Арак, ичкилик. *«Ак молдо» деп айтпай жүрчү аракты, Арак качан «молдомун» деп сага айтты* (Сарногоев). *Ак молдодон ичели* («Ала-Тоо»).

АК ӨПКӨ БОЛУУ. Абдан катуу күйүгүү, зоругуу, күшүлдөө. *Чүлүк тагып мурдуна Ак өпкө болуп куруду* (Токтогул).

В.: Ак өпкө кылуу. *Арзандын шорпосу татыбайт болуп, көрүнгөнү жоргосуна кызыгып чапкылап, күйүктүрүп ак өпкө кылды бекен* (Касымбеков).

АК САКАЛ, КӨК САКАЛДАР. Улу-кичүү болуп бүт бардыгы, чогүү. *Ак сакал, көк сакалдардын айткандарына караганда олуя-заабалар батыштан чыгышка, чыгыштан батышка өткөндө конуп-түнөшөт, өргүшөт* (Кыдырмышев). *Адил карыяны*

айылдагы ак сакал, көк сакалдар баштап урматтап ардакташат (Абакиров).

АК САРЫ БАШЫЛ. *этн.* Кокустуктан, катуу кырсыктан аман-эсен калганда кудайга жалынып, мал атап өткөрүлүүчү түлөө, курмандык. *Эки жыл ооруп айыкты, Жалгыз эркек балабыз, Ак сары башыл айткамын, Азыр барып чалабыз* (фольк.). *Берекетти аракет менен таба турган дыйкан эле, кыбыланы карап, кудай жолуна ак сары башыл атап союшуп, кудайдан ырайым тилешип, шак кыркын басып киришти* (Касымбеков).

АК СӨЗ. Чындык, чындык кеп, жалган эмес, туура. *Аныңыз ак сөз, а бирок мал-мал деп жүрүп, көп нерсени билбеппиз* (Тойбаев). *Ак сөз, бүгүн биз да жылуу сөздү чачыладай чачсакпы дейбиз* («Кыргызстан маданияты»). - *Ак сөз, - деди Нусупбек жагалданып, чырпыктынын жигити табына келген шумкардай өткүр болуш керек* (Сыдыгалиев).

АК СӨӨК. Ата-бабасы тектүү киши. *Ошолордун тукумдары, ошол ак сөөк, тектүүлөрдүн жээн-таякелери* (Осмоналиев). *Ал дамбылдага алакалаш ар улуттун ак сөөктөрүн көрбөдү беле* (Бейшеналиев).

2. Өтө назик, абдан сыпайы, сөөгү таза. *Чынынын сыныгындай болгон ак сөөк кыз экен.*

АК СҮЙЛӨӨ. Чындыкты айтуу, калп айтпоо, болгонду болгондой баяндоо. - *Кагылайын, ачык айтып ак сүйлөчү, абалы кандай, киши болчудайбы?* (Бердикеев).

АК СҮТҮН АКТОО. Энеси ыраазы болгондой кызмат өтөө. *Апаке, ак сүтүңдү бир кездерде актар мезгил да келер* (Бектенов).

АК СҮТҮН КЕЧҮҮ. Баласына энелик ыраазылыгын билдирүү. *Ак сүтүңдү кечкеймин, ботом, Тилегиңе жеткейсиң, ботом* (Тоголок Молдо). *Арманыңды чеч, эне, Ак сүтүңдү кеч, эне* (Токтогул). *Алтын апа, кор кызыңдан Ак сүтүңдү кече көр* (Аалы).

В.: Сүтүн кечүү. *Сүтүмдөн кечтим, балам, - деп эне уулунун маңдайынан сылады* («Ала-Тоо»).

Эне сүтүн кечүү. *Эне сүтүңдөн кеч, апа* («Ала-Тоо»).

АК СҮТҮНӨ КОЮУ. *этн.* Балалыктан кечем, балам деп эсептебейм деген мааниде баласына нараазычылыгын билдирүү. *Жаркын байбиче уулуна каарын салып, ак сүтүнө коюп туруп айтты* (Сыдыкбеков).

АК ТАҢДАЙ. Ашкан акын, мыкты ырчы, чечен, сөзмөр. *Ак таңдай акын Токомдон Армандуу далай сыр өттү* (Нурканал). *Ак таңдай калды сайраган Акындар калды каламдаш* (Маликов). *Арийне, кексе Айылчы ак таңдай ырчы, жез тырмак комузчу* (Бейшеналиев).

В.: Жез таңдай. *Алтын жаак, жез таңдай Ардагым Токон аманбы?* (Эшмамбет). *Жез таңдай акыным, жол болсун!* («Чалкан»).

АК ТӨӨНҮН КАРДЫ ЖАРЫЛГАН. Токчулук болуп, берекеси ашып-ташып, жайнап турган, бышыкчылык, кененчилик болгон. *Ак төөнүн карды жарылган тоюңар күнү эгин сурап келип отурам* (Жантөшев). *Кой үстүнө торгой жумурткалап, ак төөнүн карды жарылган заман ушул* (Бөкөнбаев). *Ак төөнүн карды жарылып, күз болуп турган кезинде Жалал-Абаддагы Кара-Алма деген токойдун көркү бир шумдуктай болот* (Байтемиров).

АКТЫ КАРА КЫЛУУ. Чындыкты төгүнө чыгаруу, бурмалоо, барды жокко айландыруу. *Акты кара кылган неме экен, чээнден чыккан!* (Ш.Үмөталиев).

АК УРУУ. 1. Дубаначылык, тилемчилик кылуу, кайыр-садага жыйноо. *Ыса кургур жан айласы үчүн кайырчылык кылып, ар айылды кыдырып, ак уруп дубанага айланат* (Бейшеналиев). *Ак уруп тыйын чогулткан дубанадан кем эмес* (Бердикеев).

2. Закир чалып, көчө кыдырып жүрүү (бакшыларга карата). *Өзү ак уруп жүрүптүр.*

АК ЧӨП БАШТА. Оюндун эрежесинен же сүйлөп жаткан сөзүнөн жаңылып кеткен учурда өзүнүн жаңылганын сезе коюп, «жаңылыштык кечиримдүү болсун» деп өтүнүү маанисинде колдонулат. - *Байке, ак чөп башымда, мен сырды сактай албай айтып коюптурмун* (Аалы). *Ак чөп башта! Молдо дос, сайрайт* (Бейшеналиев).

АК ЧҮЧ. 1. Чүчкүргөн кишиге (көбүнчө балдарга карата) соо

бол, саламатта бол, жакшылыкка болсун деген каалоо маанисинде айтылат. *Ысак катуу чүчкүрүп жиберди эле, «ак чүч!» деген үн чыкты* (Абдукаримов). *«Ак чүч!» садагасы, дениң соо болсун* («Кыргызстан пионери»).

2. Ак кол, эч нерсеге колу тийбеген, иштебеген, оор иш кылбаган. *Бул ак чүчкө кайдан жолуктук?* («Чалкан»).

АКЫБЕТИ КАЙТУУ. Эмгегинин, кылган мээнетинин үзүрүн көрүү, иштеген ишинен баар табуу. *Ошол сарайга бир короо койду баксак, акыбетибиз небак кайтмак* (Бердикеев). *Бала үчүн далалатым текке кетпеди, акыбетим кайтты* (Бейшеналиев). *Сиздин ак эмгегиңиздин акыбетин кайтарып, чындыкты баалаган биздин теңчил замана* (Бейшеналиев).

АКЫЛГА ДЫЙКАН. Акылга бай, даанышман, акылдуу. *Толубай сынчы өзү-акылга дыйкан, билгич, кыраакы адам* (Бейшеналиев). *Тоголок Молдонун акылга дыйкан экендигине күлдүк уруп багынуу ылайык* (Бейшеналиев).

АКЫЛГА СЫЯРЛЫК. Акыл жеткис, таптакыр түшүнүксүз, чындыкка окшобогон, ишенүүгө болбой турган. *Жок дегенде акылга сыярлык иш кылсаңарчы. «Карышкырды койсүзүп качырсын» деген кеп - алмустактан бери акылга сыярлык иш эмес экендиги белгилүү.*

АКЫЛГА ШЕРИК. Эстүү-баштуу, мыкты, туура кеңеш берүүчү. *Акылга шерик аксакалдарыбыз бар* (Медетов).

АКЫЛДАН АДАШУУ. Шашылыштан жаңылыштык кетирүү, алдастан калуу, апкаарып калуу. *Акылдан адашып, Аптыкпагын бириңер* («Эр Табылды»). *Акылыңардан адашпагыла журт* (Турусбеков).

В.: Акылдан шашуу. *Жаш бала кечкен дайрадан кечпеймин деп качканың - Акылыңдан шашканың.* («Семетей»).

АКЫЛГА САЛУУ. Ойлонуп көрүү, абдан ойлонуу, аркы-берки жактарын байкаштыруу. *Сабырлык менен акылга салып иш кылуу керек* (Жантөшев).

В.: Акылга келүү. *Шашпай бир акылга келели.*

Акыл кошуу. Кеп-кеңешин айтуу, ой бөлүшүү, жол көрсөтүү. *Кыйынчылыкка туруштук берет, акыл кошот, тилимди алат* (Бердикеев).

АКЫЛ САЛУУ. Бирөөдөн кеңеш суроо, акылдашуу. *Күмүш үндүү күн жүздүү Күркүрөгөн шер абам Барып акыл салайын* («Семетей»).

АКЫЛ ТОКТОТУУ. Эсин жыюу, сабырдуулук менен ойлонуп иш кылуу. *Акыл токтоткон жөн, бирөөнүн бүлөсү бирөөгө бүлө болбойт* (Абакиров). *Акыл токтотуп ойлоп көрсөңүз, буга да кыйын* (Мырзаев).

АКЫЛ АЙРАН ТАҢ БОЛУУ. к. Акылы айран болуу.

АКЫЛЫ АЙРАН БОЛУУ. Эмне кыларын биле албай, эмне экенине түшүнө албай, башы маң болгон абалда болуу. *Ушинтип башына нечен суроолор келип, акылы айран болуп, түйшөлүп жатып, таңга маал көзү илинди* (Саатов).

В.: Акылы айран таң болуу. *Айтор, көзү көргөн окуяга Сагындын акылы айран таң болду* (Осмоналиев). *Кечиресиз, эмне болуп жатканына акылым айран таң болуп турат* (Борбиев).

АКЫЛЫ ЖЕТПӨӨ. Эмне экенин, жөн-жайын түшүнө бербөө, биле албоо. *Ошол тырмактай балдар жасаган буюмдарга менин да акылым жетпейт* («Ала-Тоо»). *Кантип булар мени таштап кетмек эле? Мүмкүн эмес, буга менин акылым жетпейт* (Абдукаимов).

АКЫЛЫ ЖЕТҮҮ. Жөн-жайын түшүнүү, билүү. *Ырас, колхоз жумушуна маниилүү, керектүү экенине акылым жетип турат* (Айтматов).

АКЫЛЫНА КЕЛҮҮ. Ойлонуу, терең ойлонуу, түшүнүү. *Акылыңа кел, Калыйпа, дагы терең ойлонуп көрчү* (Бердикеев).

АКЫЛЫ ТУНУК. Өтө эстүү, көптү түшүнгөн, түшүнүктүү. *Акылы тунук болбосо да арман кылышка болор эле* (Медетов). *Жамалдын акылы тунук* (Сыдыгалиев). *Акылың тунук жигит көрүнөсүң* (Кыдырмышев).

АКЫЛЫ ЧОЛОК к. Чолок акыл.

АКЫЛ-ЭСИН ЖЫЮУ. Эсине келуу, мурдагы өзүнүн абалында болуу (көбүнчө эсинен танып, эс-үчүн билбей калган учурларга карата). *Түнкү салкын абага сергий түшкөн Бүкөн акыл-эсин жыйып, боолголоп айлана-чөйрөсүнө көз жүгүрттү* (Абакиров).

АКЫЛ-ЭСИНЕ КИРҮҮ. Чоңоюп, торолуп, ар нерсе, бир нерселерге түшүнө баштоо. *Өзүң айткандай, акыл-эсиңе кире элексиң да* (Абдукаимов).

АКЫЛ-ЭСИН ТОКТОТУУ к. Акыл токтотуу.

АКЫЛ-ЭСТЕН ТАНУУ. Эч нерсени сезбей, өзүн жоготуп коюу, эс-үчүн жоготуу. *Бирок ал бул суроолорго жооп издеген жок, тек гана акыл-эстен танган немедей өзүнчө кобурай берди* (Исмаилов).

АКЫЛ-ЭСИ ОРДУНДА. Соо, таптаза. *Акыл-эси ордунда адам ушундай ишке кантип барсын* (Бердикеев). *Анын акыл-эси деле ордунда, көзү баарына эле жетет* (Борбиев).

АКЫРЕТКЕ КЕТҮҮ. Өлүү, каза табуу, о дүйнө кетүү. *Осокеңдин акыретке кеткенине быйыл төрт жыл болду* («Чалкан»).

В.:Акыретке жөнөө. *Кесел болуп нечен күн Акыретке жөнөдү* (Тоголок Молдо).

АКЫР ЗАМАН. 1. Диний түшүнүк боюнча: жер жүзүндө жашоонүн токтолушу, жашоотиричилик кылууга мүмкүн болбой калган мезгил. *Ал акыр замандын болорун күн мурун уккан имиш* («Ала-Тоо»).

2. Катуу кыйынчылык, оорчулук, өтө оор, кыйын-кыстоо абал. *Акыр заман салдың го Айбан да болсо сырдашым* («Эр Төштүк»). *Акыр заман башына сала турган болдуң го* («Манас»).

В.: Заман акыр. *Заман акыр, жер такыр.*

АКЫСЫН ЖЕДИРБӨӨ к. Жемин жедирбөө.

АК ЭЛЕЧЕК к. Ак жоолук.

АК ЭТКЕНДЕН ТАК ЭТҮҮ. Бирөөгө же бир нерсеге жетүүгө өтө ынтызар болуу, эңсөө, аябай дегдөө, самоо. *Бир ылайыктуу жерге берип, тындырсам дегенде*

ак эткенден так этет (Кушубеков). *Койсун элге аралашсам дегенде ак эткенден так эткен* (Медетов). *Так эле ушул күнү эчен жылдардан бери бала дегенде ак эткенден так этип жүрүшкөн эрди-катын уулдуу болушат, атын Зарлык коюшат* (Борбиев).

АК ЭТТҮҮ. Тез арыктап кетпеген, этин бир калыпта сактаган, чыдамкай, бышык (жылкыга карата). *Ак эттүү мал.*

АЛА БАРМАН. Алды-артын карабаган шашма. *Ала барман адамга Акыл айтсаң тыңшабайт* (Калык).

АЛА ДӨҢ. Илебин кайтарып жутуп жиберүү үчүн ылайыкталган, суу кошулган сорпо. *Эттен кийин бир чыныдан ала дөң ичтик* («Ала-Тоо»).

АЛА ЖИПТИ АТТАБАГАН Бирөөгө кара санабаган, жамандык ишке барбаган, бирөөнүн бир нерсесин албаган, арамдык кылбаган. *Менин апам өмүрүндө ала жипти аттабаган саакы киши эле* (Каимов). *Ала жипти аттабаган, арам иштерди жасабаган кишилер экенин ырдады* (Осмоналиев). *Элкин келгенин, жолуң элкин. Актыгыңа, ала жипти аттабаганыңа бакибиз кепилбиз* (Абакиров).

АЛА КАНАТ. Туруксуз, жеңил мүнөз, мактанчаак, шайкелең. *Ала канат жигитке Кылтыңдаган кыз жакшы* (фольк.). *Өмүрзактын «токто, кой» дегенине Сатылган ала канат кылчайып койбойт* (Бейшеналиев).

АЛАКАНГА КӨТӨРҮҮ. Ардактап, эч нерседен кем кылбай, алпештеп асыроо, аябай көзүн карап өстүрүү. *Айтпадым беле мен сени алаканыма көтөрүп багам деп* (Байтемиров). - *Аны мен алаканыма көтөрөм - деди Акунжан* (Байтемиров).

В.: Алаканга салуу. *Ал дагы бирөөнүн алаканга салып ардактаган жалгызы* («Ала-Тоо»). *Жашынан карысына чейин алаканына салып бөпөлөп отурушат* (Осмоналиев).

АЛАКАНГА САЛГАНДАЙ. Дапдаана, ачык-айкын, белгилүү. *Ошол үйүнүн эшигинде туруп алып алаканга салгандай көрүнгөн Ош шаарын суктана карачу* (Борбиев). *Бул жерден Ысык-Көл, өз колхозу, өз айылы алаканга салгандай бүт*

көрүндү (Абдукаимов). *Кыргыз филармониясынын элүү жылдык өмүрү көз алдымда алаканга салгандай чубуруп өтүүдө* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Алаканда тургандай. *Алардын бардыгы мен үчүн алаканда тургандай. Чочулаба иш жайында болот* («Чалкан»).

АЛАКАНДЫН ОТУНДАЙ. Кичинекей, кенедей. *Аңгыча бир алакандын отундай, күн желесиндей түркүн түстүү, көз жоосун алган калкан көпөлөк алардан нарыраак калды* (Абакиров). *Алакандын отундай сары баректар* (Жусупов). *Туш тарап далай жерлерге чейин алакандын отундай көрүнөт* (Айтматов).

АЛА КАЧМА. 1. Баш бербей, тизгин тарттырбай ээлигип кете берме (минилүүчү унаага карата). *Ала качкы ат. Ала качкы ат минип бастырар алың барбы?* («Ала-Тоо»).

2. Сөздү ооздон жулуп алып сүйлөмө, туура болсо-болбосо деле сөз бербей жулунуп сүйлөй берме, сөздү башка жакка буруп кетме. *Ала качкы адатыңа салбай айтканды жөндөп угуп тур* («Чалкан»).

Ала качуу. 1. Баш бербей, тизгин тарттырбай, ээлигип алып жүрүп кетүү. *Аты бута атым жерге ала качып барып араң токтоду* (Бейшеналиев).

АЛА КОЙДУ БӨЛӨ КЫРКУУ. Бардыгына бирдей, тең болбой бөлүп-жарып мамиле жасоо, калыстык кылбоо, тең карабоо. *Ала койду бөлө кыркпай, элге тегиз кара. Бирок дале болсо ала койду бөлө кыркып жатабыз* (Сыдыкбеков).

АЛА КОЛ. Адилетсиз, бардыгына бирдей тең карабаган, өң карама. *Ала колдордун арасында жашаган экен* («Чалкан»).

АЛА КОЛДОО. Адилетсиз мамиле кылуу, өң улап мамиле жасоо, тең санабоо, бирдей карабоо. *Ала колдоп кетти - деп, Артымдан күбүр калбасын* (фольк.).

АЛА КӨӨДӨН. 1. Барбалактаган ак көнүл, оюнда арамдыгы жок. *Бүгүн бекер теңге, буюмга марыган менен эртең, он эселеп очорулаарын билбеген ала*

көөдөн элде азбы? (Бейшеналиев). *Ала көөдөн күрсүлдөп Анжыяндык айры сакал Санжыбек* («Манас»).

2. Мактанчаак, курулай күүлөнгөн, жеңил мүнөз. *Ала көөдөн адамдар, куру дүрмөт мылтыктай* (Үсөнбаев). *Кээ бир ала көөдөндөргө окшоп курулай мактанып, көкүрөк кербеген жигит* (Абдукаримов).

В.: Ала көөдөк. *Ала көөдөк эмес беле, шордуу*? (Жусупов). *Адам баласынын арасындагы нээти акты аябаган анык ала көөдөк акмактар ушундай топко жатат* (Осмоналиев).

Ала өпкө. *Апырылтып калп айтып, Ала өпкө болот ары жок* (Токтогул). *Атаң Корум эр эле, Эр көкүрөк, ала өпкө* («Курманбек»).

АЛА-КУЛА КӨРҮҮ. Тең санабоо, бирдей мамиле кылбоо, баарына тегиз карабоо. *Өз балдарыңды өзүң ала-кула көргөнүң, тарбия ишиң жакшы түшүнбөгөндүгүңдүн белгиси* («Мугалимдер газетасы»).

АЛА КҮҮ. Чала мас, кызымтал, анча-мынча кызуу, өтө мас эмес. *Ишине да демейдегисиндей ала күү болуп барды* (Саатов). *Сагын ала күү бойдон Бакир менен жолго чыкты* (Осмоналиев).

В.: Ала буурул. *Атам бир аз ала буурул өңдөнөт* («Чалкан»).

АЛА КЫЛДЫ АТТАБАГАН. **к. Ала жипти аттабаган.**

АЛА ӨПКӨ к. Ала көөдөн 2.

АЛАМ СААТТА. Дароо, тезинен, арыдан бери, көз ачып жумганча. *Түпкүлүгүндө ар бир адамга тигил же бул түшүнүк калыптанары бышык, бирок ал алам саатта эле боло койбойт* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Алеки саатта. *Күлүк кыял Абазды тоонун үстүнө алеки саатта жеткирди* («Ала-Тоо»). *Асылкандын өнү алеки сааттын ортосунда бозоро түштү* (Бектенов).

АЛАПАЙЫН ТАППОО. Эмне кыларын билбей айласы кетүү, шаштысы кетүү, алдастоо, далбасалоо. *Алапайын таба албай, элеман эми ыйлады, өлүгө жанын кыйбады* («Эр Төштүк»). *Бошкой Байымбеттен канткендө өч алуунун алапайын таппай*

ызырынганы чексиз (Бейшеналиев). *Көргөн көзүнө ишенбей эси чыгып, алапайын таппай далбастап калмак* (Айтматов).

АЛАП-ЖЕЛЕП БОЛУУ. Кандайдыр бир кубанычтан, сүйүнүчтөн көңүлү эргүү, жүрөгү алып учуу, толкунданып токтоно албоо. *Бала катты окуп алып, алап-желеп болуп сүйүндү* (Бөкөнбаев).

АЛА ТУЯК. Бөлөк, бөтөн, уурдалып келинген. *Ала туяк мал.*

АЛБАРДАН ТАЙГАН. Жүдөгөн, кейпи кеткен, салбырап самсаалап турган. *Арып-ачып, сакалдары өсүп, албардан тайган Казактын көрүнүшү аянычтуу эле* (Сыдыкбеков).

АЛДА-ЖАЛДА МЕНЕН. Араңдан зорго, араң дегенде, эптеп-септеп, өтө кыйындык менен. *Ошондо экөө тең колхоз жетекчилерине ыйлап-сыктап барып жүрүшүп, алда-жалда менен жоопко тартылбай аман калышкан* (Исмаилов).

АЛДА НЕМЕДЕЙ. 1. Жакшынакай, татынакай. *Чай ууртап отурган ак куба аялдын көзүнө Зарылбүбү алда немедей көрүндү* (Өмүрбаев). *Бул өзүн алда немедей алып жүрдү* (Тойбаев).

2. Кандайдыр бир башкача, бөтөнчө, өзгөчө. *Алда немедей шумдуктарды көрдүм. Эсим ооп түштү* (Өмүрбаев).

В.: Алда эмнедей. *Алда эмнедей шумдукту көз алдыма элестетип, чочуп кеттим* (Сыдыкбеков). *Сен бүгүн алда эмнедей көрүнүп турасың* (Тойбаев). *Мыскал кемпирдин көзүнө алда эмнедей жылдыздуу көрүнүп кетти* (Сыдыкбеков).

АЛДАС УРУУ. 1. Шашуу, карбаластап, алек-чалек болуу, тынчы кетүү, өтө кыйналуу, шашкалактоо. *Ага жетип-жетпей алдас уруп, биртике көзү илинет да, эртең менен уйпаланып, жүдөп турат* (Өмүрбаев). *Душмандар кирерге көр, качарга жер таппай алдас уруп туш-тарапка качып, жан соогалап жатышты* (Бөлөкбаев).

2. Күрпүлдөө, атырылуу, оргуштоо, буркан-шаркан түшүү. *Агын суулар алдас уруп чамынды* (Бөкөнбаев).

АЛДАСЫ ООЗУНАН ТҮШҮҮ. Катуу коркуп, эмне кыларын билбей калтаарыган абалда болуу, шалдайып калуу. *Чоң энемдин алдасы оозунан түштү көрүнөт, муундары калчылдап, алда эмнелер оюн бөлдү* (Сыдыкбеков).

В.: Алдасы оозунан учуу. *Байымбеттин ыры түгүл алдасы оозунан учуп селейди* (Бейшеналиев).

Келмеси оозунан түштү. *Молдонун келмеси оозунан түшүп, өнү кумсара түштү* (Жантөшев).

АЛДЫ-АЛДЫНАН КЕТҮҮ. Туш-тушка тароо, ар ким өз билген жагына жөнөө. *Бир аз кечигип калгандыктан, алды-алдынан кеткен элди көрүп гана тим болду* («Ленинчил жаш»).

АЛДЫ-АРТЫНА КАРАБАЙ. Түпкүлүгүн ойлобой, эч нерсени байкабай, абайлабай, анчалык назар салбай. *Көпкөнүм ошол да, өлөмүн деп санабай, алды-артымды карабай Кулубек байдын токолуна тикеден тике ошол ырымды ырдабадымбы* (Медетов). *Ал алды-артын карабаган аңгүдүк неме го* (Жигитов).

В.: Алды-артын ойлобой. *Көрсө, бир жылдары ошондой алды-артын ойлоп иш кылбаган алаңгазар немелер бир чарбага кокустан актип болуп тандалгандай чогула калган окшобойбу* (Медетов).

АЛДЫ КАТКАН. Шору арылбаган, бактысыз, байкуш, бейтаалай. *Алды каткан Канчоро, Көк бөрүнү минди дейт* («Семетей»). *Алды каткан байкуштар Алды-алдынан кетиптир* (фольк.).

АЛДЫ МЕНЕН. Башкалардан мурда, а дегенде, ириде, эң биринчи. *Оюн-зоок болордо Адылбектин өзүнө жетелетип алып алды менен ошол кемпир келет да балдардын ыр-күүсүнө ыракаттанат* (Өмүрбаев).

АЛДЫН АЛА. Күн мурун, мурунтадан, боло электе, алдын тосуп, утурлап. *Кожо келсе кой союп, Алдын ала нан коюп, Сыйлагандан эмесмин* (Токтогул). *Алдын ала көрүлүүчү чаралар* («Кыргызстан аялдары»). *Жаңы үй-бүлө айылдаштары үчүн адаттан тышкары окуя эмес экендигин, ушундай болорун алдын ала билишкен* (Каимов).

АЛДЫН АЛУУ. 1. Кандайдыр бир кырсыкты, ооруну ж.б. болтурбай коюунун же күчөтүп жибербөөнүн аракетин кылуу, эртерээк кам көрүү, чара колдонуу. *Ырыс өткөн жолу балдардын жайкы ич өткөгүнүн алдын алуучу чараларды түшүндүргөн* («Кыргызстан аялдары»). *Оорунун алдын алуу аракеттери.*

АЛДЫНА АТ САЛДЫРБАГАН. Мыкты, тың, чыгаан, башкаларга салыштырмалуу бышык. *Алдына ат салдырбаган - Кара Молдо, Молдобасан Кыргыз мамлекеттик филармониясынын пайдубалын алгачкы түптөөчүлөрдөн болгон экен* («Советтик Кыргызстан»).

АЛДЫНА ЖЫГЫЛУУ к. Бутуна жыгылуу.

АЛДЫНА МИҢ ЖЫЛКЫ САЛУУ. Мас болуу, кызып калуу. *Курман алдына миң жылкы салып, дүйнөнү тепсеп келе жаткан* (Сыдыкбеков).

В.: Астына миң жылкы салуу. *Күүлдөгөн Ыманбай астына миң жылкы салып... теминип отурду* (Сыдыкбеков).

Астына миң кой айдоо. *Орозбектин кенжеси болсо керек, астына миң кой айдап, өзүнчө эле жыргап көрүнгөндүн колтугунда жүрөт* («Кыргызстан маданияты»).

АЛДЫНАН КЫЯ ӨТПӨӨ. Абдан сыйлоо, урматтоо, өйдө карабоо. *Ал ушул күнгө чейин кайын агасына өйдө карамак түгүл, алдынан кыя өтпөгөн* (Бердикеев). *Келиндер алдынан кыя өтпөй сыйлап турушчу* (Бердикеев). *Мен эми силердин алдыңардан кыя өтпөй калайын* (Саатов).

АЛДЫНАН ӨТҮҮ. 1. Кечирим суроо маанисинде жөн-жайын айтып түшүндүрүү, күнөөсүн мойнуна алуу. *Бул иштин тээ акырындагы татаалдашып чаташчу нугун өлчөп көргөндө шаасы жетпей турганына көзү жетип, анын алдынан өтүүнү туура тапкан* (Өгөбаев).

2. Кандайдыр бир ишти аткаруудан мурда ал жөнүндө тиешелүү адамдарга билдирип, алардын кеңешин, уруксатын суроо. *Адат боюнча жаңы туугандар болуш үчүн аягы менен сенделип келгендер, эң мурда бийлик-суулугу бар жүрт ээсинин алдынан өтүшү абзел* (Ш.Үмөталиев).

В.: Астынан өтүү. *Орозбай ардактуу кудасы Асылдын астынан өтүп, балдар балалык кылып жатышпасын, алардын келечегин, капкалуу калаасын сактап калалы деп барат* (Өгөбаев).

АЛДЫНА ТҮШҮҮ. Айыбын, күнөөсүн мойнуна алуу маанисинде бир нерсе берүү, тартуулоо жолу менен кечирим суроо, өтүнүү. *Айыбыбызды тарталы, айтканын кылалы, алдыңа түшөлү* (Абакиров). *Эсен барып калышса жалпы тууганга дарман кылып, тойчук берип, андан соң «акылман төрө ынагы» калың мал айдап, камчысын мойнуна салып, булардын алдына түшөр* (Касымбеков).

В.: Астына түшүү. *Сейитмураттын кудалары астына түшөлү деп макулдашып жатканын Шор-Булактагы Байзактар туюп калышат* («Кыргызстан маданияты»). *Астыбызга түшсүн. Түшүрө албасаң, сага эки дүйнөдө ыраазы эмеспиз* (Тойбаев).

АЛДЫНА ЧЫКПОО. Эч ким, эч бир жан тең келе албоо, теңдеше албоо. *Бирок аял затын сыйлаганы келгенде Шамбеттин алдына эркек чыкпас* (Бердикеев).

АЛДЫРАРДА ЖАЗДЫРАР. Кандайдыр бир кырсыктын, кокүстуктун болоруна оңдой берди болуп, эбепке-себеп болгон кырсыкка кошумча шарт. *Алдырарда жаздырар болуп, эч нерсе ойдо жокто ушинтип отурабыз* («Ала-Тоо»). - *Көрбөйсүзбү алдырарда жаздырар болуп, сүйлөр сөзүмдү унутуп калсам болобу* («Ленинчил жаш»). *Ошентип, алдырарда жаздырар дегендей, белгилүү бадалдарга жеткенибизде да кашайып байкабай калыптырмын* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Алдырар күнү жаздырар. *Алдырар күнү жаздырар болуп Саалы шаарга кеткен* (Сыдыгалиев). *Алдырар күнү жазгырар... Мен кара жерге кирейин* (Тойбаев). *Алдырар күнү жаздырар болуп, иштин минтип жатканын кара* (Тойбаев).

АЛДЫРЫП ЖИБЕРҮҮ. Жеңдирип коюу, баш ийип калуу, туруштук бере албоо (оору, санаа ж.б. карата). *Жалакай, Асан кайгы адам дартка бат чалдыгат да, бат эле алдырып жиберет* (Бердикеев).

АСТЫ-ҮСТҮ КЫЛУУ. Чаң-тополоң түшүрүү, будуңчаң кылуу. *Бирок алар жөн гана кетпей, айылдагылардын заманасын кууруп, асты-үстү кылды* (Жантөшев).

АЛДЫ-ҮСТҮНӨ ТҮШҮҮ. к. Асты-үстүнө түшүү.

АЛЕК-ЧАЛЕК КЫЛУУ. Айласын кетирүү, жан бүдөгө түшүрүү, чак-челекейин чыгаруу. *Ичип келген күнү үй-бүлөнү алек-чалек кылам. Корккон балдарым чыркырап энесине жармашат* (Өмүрбаев).

АЛЕТТЕН КЕТҮҮ к. Өңалеттен кетүү.

АЛЕКИ САТТА к. Алам саатта.

АЛЕКИ САТТЫК. Анчалык алыс эмес, узакка созулбаган. *Автобуска отурса, алеки сааттык жол* (Кыдырмышев).

АЛКА-ШАЛКА ТҮШҮҮ. Көл-шал болуп тердөө, кара терге түшүү, кыйналып-кысталуу. *Журтбек ызага мууну, алка-шалка түштү* (Бейшеналиев).

АЛКЫ АЧЫЛУУ. 1. Жепичкен жагына баш коюу, алдым-жуттум боло баштоо, арааны ачылуу. *Акча десе алкы ачылган эргүлдар үчүн адамдардын азап тартып баратканы түккө турбады* («Чалкан»).

2. Аппетити ачылуу, тамакка үзүлүп түшүү. *Кечке чейин тынбай иштегендиктен, отургандардын ар кимисинин алкы ачылып, тамакты жакшы жеп жатат* (Байтемиров).

В.: Алкы бузулуу. *Аткаминген жакшылардын алкы бузулду, бейбечаралардын дартын уккан эч ким жок* (Сыдыкбеков).

АЛКЫ БУЗУК. *А*Алдым-жуттум, ач көз, жегич-ичкич нысабы жок. *Бай-манаптын алкы бузук, Мал ордуна киши жейт* (Токтогул). *Бул алма чыккан жерди тепсетпейбиз, Акшыйган алкы бузук ач көз жоого* (Ш.Үмөталиев).

2. Соргок, тамакты көп ичкен, тамакка үзүлүп түшкөн. *Алкы бузук киши.*

В.: Алкы ачылган. *Нусуп биринчи жолу мындай алкы ачыл гандарга жолугуп жаткан жери жок* («Советтик Кыргызстан»).

Алкы кеткен. *Алкы кеткен сен белең* (фольк.).

АЛКЫМЫНАН СЫГЫП АЛУУ. Бербеген оюна койбой зордоп өндүрүп алуу, күч менен алуу. *Чолпонбектин маңдай терин Алыбектер алкымынан сыгып алышып, анысы аз келгенсип бөлөсүнүн уюн өлтүрүптүр* («Чалкан»).

В.: Кекиртегинен сыгып алуу: *Ичкен-жегенин кекиртегинен сыгып алды.*

Тамагынан сыгып алуу. *Эр болсо бербей көрсүн, тамагынан сыгып алам - деп күпүлдөдү* («Ленинчил жаш»).

АЛКЫМЫН МАЙЛОО. Пара берүү, паралап коюу. *Алкымын майлап туруп, макулдугун алып койгон да. Кызмат кылып бербейби, Майлап койсом алкымын* (Осмонкул).

В.: Тамагын майлоо. *Тамагын майлап колго түшүрсө керек* («Чалкан»).

Кекиртегин майлоо. *Таштемир Сатыбалдынын кекиртегин майлап, үйүнө бир чоң челек кымыз, баглан козунун этин жеткирип бериптир* («Советтик Кыргызстан»).

Кулкунун майлоо. *Унчукпай калганына караганда кулкунун майлаган окшойт* («Чалкан»).

АЛМА БЫШ, ООЗУМА ТҮШ. Кыйналып эмгек кылбаган, даяр оокатка көнгөн,жатып ичер адамдарга карата. *Булардын деги башы иштеген немелерби же алма быш, оозума түш дегендердин өзүбү?* (Медетов). *Алма быш, оозума түш деп отура бересиң* (Айтматов).

АЛМУСТАКТАН БЕРИ. Байыртадан, атам замандан, илгертеден, мурунтан эле. *Алмустактан бери келе жаткан ата наркыбыз ага жол бербейт* (Абакиров). *Байымбет тээ алмустактан берки кыргыздардын түп жаралышынан эсептеген* (Бейшеналиев). *Бул жер, кайда, алмустактан бери оорукана* (Жусупов).

АЛ ПЕЙИМ. Ак көңүл, мүнөзү жөнөкөй, кичи пейил. *Кандын үнү дагы эле жумшак, дагы эле ал пейим* (Осмоналиев). *Сиздин ал пейим болгондугуңузга кара башым тартуу* (Осмоналиев).

АЛП ООЗ. Оозуна келген сөздү тергебей, ылгабай сүйлөй берген, оозу менен оттоп коймо. *Алп ооз Чоюбек дагы кеп кыстарды* (Бейшеналиев). *Бирок болыневиктер шаарга келди деген ушакты буржуазиянын алп ооздору небак таратып бүткөн* (Ашымбаев).

АЛП УРУШУУ. Бир нерсеге катуу аракет кылып, убаралана берүү. *Ал бадылдап сүйлөп, каткыра күлүп, мастер көрсөткөн жумуштар менен алп урушуп жатат* (Сасыкбаев). *Баатыр дыйкан билек түрүп, Алп урушат жер менен* (Аалы).

АЛТЫН ЖААК ЖЕЗ ТАҢДАЙ. Мыкты сөзмөр, чечен, акындыгы жетик. *Алтын жаак, жез таңдай, Акындар чыгат пендеден* (Токтогул). *Бул баатырдын, чечендин жана алтын жаак, жез таңдай акындын конушу - деп белгилүү адамдарды санап чыкты* (Каимов).

АЛТЫН ШИЛЕКЕЙИН ЧАЧЫРАТУУ. Укмуштуу, жагымду сөз айтуу, жакшы кабар айтуу. *Кана, карыялар, алтын шилекейиңерди чачыратып, менин суроомо жооп бергиле* (Баялинов). *Алтын шилекейимди чачыратайынбы, алгырларым, же...* (Бейшеналиев).

АЛТЫ САН. 1. Адамдын бардык дене мүчөлөрү, бүт организм. *Алты санын, ушул күчүң, кубатың барында эмгек кылгандан эринбе* («Ала-Тоо»). *Алты саныңар аман болсо ат арытып, сапар карытып, алыска-алыска барасыңар* (Абакиров). *Мейли эми, кантсе да ошол жол менен алты саны аман, көзгө бир көрүнсөчү деп тилечүбүз* (Жусупов).

2. Жалпысы, бүт баары, бардыгы деген мааниде. *Алты сан жыйын чогулса, Артыкча булбул көркү элең* (Бөкөнбаев). *Ырды акынга бергин ырдасын, Алты сан журтум жыргасын* (Шүкүрбеков).

АЛТЫ САНЫ АМАН. Дени сак, ооруу-сыркоосу жок, күүлү-күчтүү, алдуу-күчтүү. *Алты саны аман кишиге бекер жүрүү уят* (Убукеев). *Алты саны аман дыңылдап басып жүргөн убагы* (Абдукаимов). *Ошол азаптуу күндөрдө алты саны аман кишилерден кем калбай жөө басты* (Сыдыкбеков). *Алты саным аманында мен алардын*

колуна түшүп бергим келбейт (Абдыраманов).

АЛЧЫ-ТААСЫНАН ЖАЗБАГАН. Абдан машыккан, эч жаңылбаган, өтө так, иштин же айланын бардык ыкмасын билген. *Кенжебек Жуматаев райондогу иштерди оперативдүүлүк менен башкаруу жагынан алчы-таасынан жазбайт* (Жантөшев).

В.: Алчысынан жазбаган. *Алчысынан жазбаган адам.*

АЛЧЫ-ТААСЫН АҢТАРУУ. Ийне-жибине чейин териштирүү, майда-чүйдөсүнөн бери иликтөө, изилдөө. *Менин ырларымдын жана аңгемелеримдин алчы-таасын аңтарып, аягында мындай деди...* («Кыргызстан маданияты»).

АЛЧЫ-ТААСЫН ЖЕГЕН. Ар нерсеге өтө эпчилдик кылган, абдан тапан, өтө куу, ашкан митаам. - *Ээ, үке! Чылым менен ичкилик жана да алчы-таасын жеген куулук, мойну жар бербеген жалкоолук, арамзаалык эр адамдын аталык касиетин качырат* («Ленинчил жаш»). *Мындай шылдыңдын далайына какталып, алчы-таасын жеген кыйды таз - Муратаалы* (Бейшеналиев).

В.: Алчы-таасын мүлжүгөн. *Ал баягы алчы-таасын мүлжүгөн айтылуу Карабай старчын экен* (Элебаев).

Алчы-таасын кемирген. *Алчы-таасын кемирген шумпай өңдөнөт* («Ала-Тоо»). *Алчы-таасын кемирген, Челектей болуп семирген* («Чалкан»).

АЛЫ-ЖАНЫ КАЛБОО к. Жан-алы калбоо.

АЛЫП САТАР. Кызыл кулак, соодагер, чайкоочу. *Алып сатарлардын арманы* («Чалкан»).

АМАЛ КАНЧА к. Айла барбы.

АМАЛЫ ТҮГӨНҮҮ. Бир нерсе кылууга же бир нерсеге каршылык көрсөтүүгө күдүрети жетпөө, аргасыз абалда калуу. *Амалы түгөнгөн Тополоң төшүн дагдайтып, төрдү баштанып жатты* (Осмоналиев).

АНА БАШЫ. Кандайдыр бир иштин, аракеттин эң биринчи баштоочусу, демилгечиси. - *Аа, мына, мына, үгүтчүнүн ана башы, кана айтчы, бизди чачылтып-чабылтканда не пайда таптың?*

(Ашымбаев). *Уурунун ана башы ошол. Бул ушакты ырбаткандын ана башы береги тегирменчинин какылдагы* (Сыдыкбеков).

АНА-МЫНА ДЕГИЧЕ. к. Айта-буйта дегиче.

АНДАЙ АТТУУ КҮН КАЙДА. Ойдогудай, ошондой болсо эмне, болуп калса кана, деген сыяктуу самоо, эңсөө маанисин де айтылат. - *Түңкү он экидеги рейске салып жибересем болобу? - Андай аттуу күн кайда*? *Кете беремин* (Бердикеев).

АНДАЙ-МЫНДАЙ ДЕГИЧЕ к. Айта-Буйта дегиче.

АНТ ИЧКЕНДЕЙ. Өңү ооруган адамдыкындай кер сары, кубарыңкы өңүнөн азган, арыктап купкуу болгон. *Үпөл ант ичкендей кубарып, сунган ачкычты кайра чөнтөгүнө салып, жыла басып чыгып кетти* (Бердикеев). *Ажарлуу, сүрдүү иреңи, Ант ичкендей кубарды* (Бөкөнбаев).

АНТ УРУУ. Сөзгө, убадага турбагандыгы үчүн жамандыкка, кырсыкка учуроо. *Ушулардын тузуна кара санасаң, сени ант урат* («Ала-Тоо»).

АНЫН БЕТИН АРЫ КЫЛСЫН. «Андайдан сактасын», «андайды көрбөйлү», «андайга кабылтпасын» деген сыяктуу сактануу, чочулоо маанисинде колдонулат. *Мунун кылыгын көргөндө,... а, анын бетин ары кылсын деген* (Жусупов). *О-о, анын бетин кудай ары кылсын, андай болгонун бир жолу* кырдан *дүрбү салып олтуруп, капыстан көрүп калгам* (Медетов).

В.: Анын жүзүн ары кылсын. *Аның окумуштуу болуп мурдун көтөрүп кетсе, о-о анын жүзүн ары кылсын* (Бердикеев). *О-о, анын жүзүн ары кылсын! Түшүнбөгөндөр көчкү десе, карлар жылып келип....* (Медетов).

АҢГЕМЕ ДҮКӨН КУРУУ. Маектешип сүйлөшүү, кепке алуу. *Аңгеме дүкөн курады, Элемандын Сарыбай Ал-Абалын сурады* («Эр Табылды»).

АҢГЕКТЕН КАЧСАҢ, ДӨҢГӨККӨ. Бир түйшүктөн экинчи түйшүккө дуушар болуу, кабылуу. *Аңгектен качсаң, дөңгөккө, Шору бар эрдин багы экен* (Турусбеков).

АҢДЫ-ДӨҢДҮ КАРАБОО. Эч нерсени байкабоо, сактануу, абайлоо дегенди билбөө, ойлонуп иш кылбоо. *Же ушинтип аңды-дөңдү карабай, үжөттүү иш кылбай жүрө бересиңби?* (Каралаев). *Мурун айткандын сөзүн ээрчип, шилтеп койсо аңды-дөңдү карабай бир тиет* (Ашимбаев).

АҢКИЛДЕК АТУУ. Андан-мындан бир тийип куланууу, томолонуу. *Казандай болгон кара таш, Аңкилдек атып секирди* («Жазгыч акындар»). *Кайло уурчукка тийип, көмүр шагылына урунуп аңкилдек атты* (Сасыкбаев).

АПКӨЙ ТИЛ. Бал тилге салып, куулук көрсөтүүнүн, алдоонун амалы. *Байымбет бу саам апкөй тил, азем мамиленин түпкүрү көк иримдүү экенине көзү жете камсыкты* (Бейшеналиев). - *Эх, митайым, тоголонгон молдом, апкөй тилиңдин мээри бар* (Бейшеналиев).

АПКӨЙ ТИЛГЕ САЛУУ. Бал тилге салып алдоо, азгыруу, муютуу. *Мамбет мырзанын жигиттеринин өпкөй тилге салып шыбыштап сурангандарына ишенбеди* (Бейшеналиев). *Амалдуу ата апкөй тилге салып, көбүн көндүрүп, азын жеңилдетип, айланы түгөтөт* (Бейшеналиев).

АРААНЫ АЧЫЛУУ. Алкы бузулуу, алдым-жуттум жагына оой баштоо, ач көздүк кылуу, нысабы кетүү. *Бирок калпанын арааны, кулкуну опсуз ачылууда* (Бейшеналиев). *Ырыскы-насипке шүгүрчүлүк келтирүүнүн ордуна, күн санап арааны ачылып баратат* (Укаев). *Арааны ачылып, байманасы ташыган жаш манаптын чолоосу тийбейт* (Бейшеналиев).

В.: Арааның агытуу. *Адам арааның агытканда ынсап дегенди таптакыр унутуп салат экен да* (Сыдыкбеков). *Күндө той болуп, арааның агыта баштады* («Советтик Кыргызстан»).

АРААНЫ ЖҮРҮҮ. Иши оңолуу, жолу болуу, иши көңүлдөгүдөй, ойдогудай болуу, бийлиги жүрүп, талабы ишке ашып туруу. *Адамдын арааны жүрүп турганда гана ага көрүнгөн жолдош, дос, туугan чыгат* (Бектенов). *Мына ошентип сайранга таманы кызып, арааны жүрө баштаганда минтип,*

жаканын аптабына капталды (Бейшеналиев).

АРААНЫН АГЫТУУ к. Арааны ачылуу.

АРАГА ТҮШҮҮ. Араздашкан, таарынышкан, урушкан адамдарды жараштыруу, элдештирүү, кепке-сөзгө келтирип, жакындаштыруу милдетин аткаруу. *Асыл Бакай кабылан Арага түшүп калыптыр* («Манас»).

АРАДАЙ ЖЕРГЕ ЧАРАДАЙ ЖЫЙЫН КЫЛУУ. Кичинекей эле нерсени чоң көрсөтүп дуулдатып, күчөтүп жиберүү. *Бул эмне кылганыңар? Арадай жерге чарадай жыйын кылып?* («Чалкан»). *Арадай жерге чарадай жыйын кылып, ишти буза тургандардын жазасын берүү керек* («Чалкан»).

АРА ЖОЛДО. Же ары, же бери эмес белгисиздикте, олку-солкуукта болгон абал, көздөгөн максатына жетпей калган көрүнүш. *Өлүү эмес же тирүү эмес, ара жолдо турам* (Жантөшев). *Ара жолдо турган мага келишет* (Осмоналиев).

АРАЙ КӨЗ ЧАРАЙ к. Орой көз чарай.

АРАМ КАН. Өз тукуму эмес, каны башка.

АРАМ КЫЯЛ. Терс кыялдуу, тескери ойлуу. *Акмалап, арам кыял издесең да, Кир тамчы ылай кылбайт тунук көлдү* (*Аалы*).

АРАМ ОЙЛУУ. Нээти бузук, кытмырлыгы, кыянатчылыгы бар. *Мен анын арам оюлуу экенин билбеймда, чай ичем деп агабыздын жоргосун уурдатып жибердим* (Эсенканов). *Алардын арам ойлуу экенин билсек, биз да карап жатпаспыз* (Баялинов).

АРАМ ӨЛҮҮ. 1. Ишеничи, үмүтү ордунан чыкпай калуу. *Сага ишенген киши арам өлөт тура - деп Дөөтү кекете кобурады* (*Осмоналиев*).

2. Көзү өтөрдө жанында эч ким болбой, киши көрбөй, ыйман айтылбай өлүү (адамга карата), мууздалбай калуу (малга карата). *Алиги арам өлгүрлөр кайда*? *Мамат аке, аларды мага көрсөтүңүз!!!* («Ала-Тоо»). *Арам өлүп, тарп болуп Ай талаада каламбы?* (фольк.).

АРАМ САНОО. Бир нерседен шектенгендей ишенбөөчүлүк ойдо болуу, терс пикирде жүрүү. *Арам саноо-сиздин негизги позицияңыз болгон* («Чалкан»).

АРАМ СИЙДИК. Никесиз төрөлгөн бала. *Акыр заман иш кылды Арам сийдик Бокмурун* («Манас»).

АРАМ ТАМАК. Жан бакты, жатып ичер, жалкоо, даяр оокатка көнгөн, эч иш кылбаган, чөп башын сындырбаган. *Мындай арам тамактардын жүзүн көргүм келбей, эч жерден кымыз ичпей калганыма көп болгон* («Советтик Кыргызстан»). *Кырчындай жаштык мезгилинде арам тамакка берилип, уурулук менен жан багып жүрдү* («Советтик Кыргызстан»).

АРАМ ТЕР. Куру убаракерчилик, текке кеткен аракет, бөөдө убара, бекер эмгек. *Акылды көп жыл таба албай, Арам тер болдук адашып* (Элебаев). *Айчүрөктү алам деп, сени кыстап турат арам тер* (Семетей).

АРАҢ ЖАН. Өтө начар, алсыз, жаны эле бар, чабал. *Сатылган араң жан үнү менен саал козголуп койду* (*Аалы*). *Мунуң өтө эле араң жан экен го.*

АРАСЫНАН КЫЛ ӨТПӨӨ. Өтө жакын, абдан ысык татуу, ынты мактуу мамиледе болуу, бири-бирин жакшы көрүү. *Дамира менен Динара эгиз кыздай болуп, ээрчишип жүрөт. Булардын арасынан кыл өтпөйт* («Ала-Тоо»). *Азыр алардын арасынан кыл өтпөйт.*

АРАСЫНА ОТ ЖАГУУ. Араздаштыруу, бирин бирине жаман көргөзүү, кайраштыруу. *Баарыбызды кагыштырып, арабызга, от жагып ийбесин деп чочуладым* (Жигитов).

В.: Ортосуна от жагуу. *Алардын ортосуна от жагууга далай аракет кылды, бирок эч нерсе чыккан жок* («Чалкан»).

Ортосуна чок салуу. *Энеси менен кызынын, атасы менен уулунун ортосуна чок салган ким?* («Чалкан»).

АРБАГЫ КӨТӨРҮЛҮҮ. Атак-даңкка ээ болуу, атак-даңкы чыгуу, даражасы көтөрүлүү. *Журттун арбагы көтөрүлсө эле болду. Сыртынан сыр бербей,*

кебелбей, ичинен балкып, жамыраган көп көзүнчө арбагы көтөрүлүп, терисине батпай баратты (Касымбеков).

АРБАГЫН КӨТӨРҮҮ. Мактоо, атагың чыгаруу, көтөрмөлөп коюу. *Токтогул Тоголок Молдонун арбагын көтөрө ыр менен учурашкан соң, Байымбет балкып жеңил алга серпилди* Бейшеналиев). *Арбагымды көтөрдүңөр, тагаларым* (Бейшеналиев).

АРБАК КОНГОН. Иши илгерилеген, иши оңунда болгон. *Арбак конгон жигит тура, бат эле оңолуп кетти* («Чалкан»).

АР ЖАГЫНА АЙЫЛ КОНУУ. Курсагына бир нерсе барып, бир аз алымсынып, ток пейил тартып калуу. *Ар жагына айыл конуп калган го, тамакты карабай калыптыр.*

АР КАЙСЫНЫН БАШЫН ЧАТУУ. Ирети жок, бирдемелерди сүйлөө, түшүнүксүз нерселерди айта берүү. *Тыңгылыктуу деле эч нерсе айта алган жок. Ар кайсынын башын чатып тим болду* («Жаштык жарчысы»).

В.: Ар нерсенин башын айтуу. *Ар нерсенин башын айтып, ошону менен тым болушту* (Үмөталиев).

АРКАН БОЮ. Бир аз гана, саал, анча-мынча (көбүнчө өлчөмгө карата). *Күн тиги кырдан аркан бою көтөрүлө бергенде булар көпүрөнү бүтүштү* (Жантөшев). *Ай батарына аркан бою калганча, арча түбүнө отура беришти* (Жусупов).

АРКАСЫ АЧЫЛБАГАН. к. Жону ачылбаган.

АРКАСЫН САЛУУ. Жактырбаган, көргүсү келбеген мүнөздө кош көңүл мамиле жасоо, кыртышы сүйбөө. *Анан кала берсе, балыктан чарчап кайткан күйөөсүн күтүп албай аркасын сала турган болду* (Укаев).

В.: Сыртын салуу. *Биздин ошондой эле сиздин кеңсе башчыңыз сыртын салып, басып кетиптир* («Чалкан»).

АРКАСЫ ТИЙҮҮ. Жардамдашуу, каралашуу, көмөк көрсөтүү, пайдасы тийүү. *Ага Карелдин бир туугандан артык аркасы тийди* (Ашимбаев). *Таякесинин «сенин аркаң элге*

тийгиси бардыр» деген кеби Ашырбекти түркүн ойго салды (Ашымбаев). *Башында экөөбүзгө аркасы тийген ынак байбичеси Айымкандын да колунан эч нерсе келбеди* (Бейшеналиев).

АР КАЧАНДАН БИР КАЧАН. Ар дайым, дайыма, такай. *Ар качандан бир качан «менин врачтык стажым сенин жашың менен тең» деп элдин көзүнчө кагып-силкет* (Бердикеев). *Инстикторлор ар качандан бир качан кысталышта келет* (Айтматов).

АРКЫ-БЕРКИНИ ТҮШҮНГӨН. Ар нерсени билген, көптү көргөн, тажрыйбасы бар. *Эгерде биз чыныгы өндүрүшкө кызыккан, аркы-беркини түшүнгөн кишини издесек, анда мен жолдош Эралиевди ошондой киши деймин* («Ленинчил жаш»).

В.: Аркы-беркини билген. *Аркы-беркини билген адам.*

АРМАНЫ КАЛБОО. Ыраазы болуу, көңүлүнө толуу. *Алайга барып конгондо, Кишинин калбайт арманы* (Барпы)

АРПАҢДЫ КАМ ОРДУКПУ Сага бир жамандык кылдыкпы? Бир нерсеңден жаздыкпы? Чекилик кетирдикпи? *Мынча неге коркутасың, арпаңды кам ордукпу?* («Чалкан»).

В.: Арпаңды чийки ордукпу? *Эмне коркутасың, арпаңды чийки ордукпу?* («Чалкан»).

Аштыгың кам ордукпу? *Ороңдойсуң эмне эле, мен аштыгыңды кам оргонсуп* («Советтик Кыргызстан»).

Аштыгың чийки ордукпу? *Эмне үчүн тигилдиң аштыгың чийки ордумбу?* (Бөкөнбаев).

Эгиниң кам ордукпу? *Эңкейгенде зор Бакай, Эгиниң кам ордукпу?* (Сейтек).

Эгиниң чийки ордукпу? *Кастарыңды тиккендей, Эгиниң чийки ордукпу?* (фольк.).

АРПАСЫН КАМ ОРГОНСУУ. Бирөө күнөө кылгансып бир жеринен жазып, жамандык же бир чекилик келтиргенсип туталануу, түнөрүү. *Арпасын кам оргонсуп, араң дегенде ачуусун токтоткон Мыякан зорго кеп козгоду* («Ала-Тоо»).

В.: Аштыгын кам оргонсуу. *Күндөн күнгө анын да аштыгын кам оргонсуп, кабагы салына берди* (Касымбеков).

АРТЫ КАЙЫРЛУУ БОЛСУН. Көбүнчө каза болгон адамдын үй-бүлөсүнө, туугандарына мындан кийин жамандык болбосун, түпкүлүгү түз болсун деген мааниде көнүл айтүү, кайрат айтуу, көнүлүн жубатуу иретинде колдонулат. - *Кантем. Арты кайырлуу болсун, мындан өзгө көңүл төтөгү барбы? - деди* (Касымбеков).

АРТЫНА КАЛБЫР БАЙЛОО. Бирөөнүн үстүнөн жалган ушак таратуу, жаманатты кылуу. *Ак ниет кызматчылардын артына калбыр байлашка уста* (Сыдыкбеков). *Аялдар күбүң-шыбың болуп, Мариянын артына калбыр байлап жүргөн учур - август айы эле* (Ашымбаев).

В.: Куйругуна калбыр байлоо. *Мустапанын куйругуна калбыр байлаган - Эрназаров* («Чалкан»).

АРТЫНАН САЯ ТҮШҮҮ. 1. Бирөөгө жамандык кылуу, анын ишин оңунан чыгарбоо, тилегин катырып өч алуу максатында катуу аңдып калуу, кастарын тигүү. *Бирөө калыс сөздү айтып, туура сүйлөп койдубу, ал аны каяша деп түшүнүп, бечараны он жыл бою кектеп, артынан сая түшүп алар эле* («Советтик Кыргызстан»). *Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү* (Өмүрбаев). *Биздин бул жерде экенибизди билген отрядчылар бүгүн болсо бүгүн, эртең болсо эртең артыбыздан сая түшөт* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсеге өтө кунт коюп катуу киришүү, көздөгөн ишинин акырына чыгууга чымырканып аракеттенүү. *Көр дүйнөнүн артынан сая түшүп көпкөн жаман* (Бердикеев). *Анткен менен Улукбек акенин жээни илимдин артынан сая түшкөн неме* (Жигитов).

В.: АРТЫНАН ТҮШҮҮ. *Эсир артынан түшкөндөргө мамиле менен жагып, кутулуп жүрдү* (Осмоналиев). *Билимдин жок зарпынан, Окуунун түшүп артынан* (Турусбеков).

Артынан сүрө түшүү. *Ушул кезде артынан сүрө түшкөн аскерлер да жакын калган* (Элебаев).

АРТЫНАН ТОПУРАК ЧАЧУУ. Экинчи кайрылбасын, экинчи көрбөйлү, экинчи жүздөшпөйлү деп тилөө. *Шамбеттердин артынан топурак чачкан* (Сыдыкбеков).

Топурак чачуу. *Сага кошуп Алымдын топурагын дарбаза алдына чача чыкканмын* (Жантөшев).

АРТЫН БЕРСИН! Кандайдыр бир жамандык иш, өлүм болгон учурда мындан кийин жакшылык болсун, жамандык болбосун деп тилек кылып, кайрат айтуу, көнүл айтуу маанисинде колдонулат. *Артын берсин! Көп капа болбогула* («Чалкан»).

АРТЫН КАЧЫРУУ. Ийменүү, тартынуу, сактануу маанисинде жалтактап тике кеп айта албоо. *Эчен оозу күйүп, жалкотой болгон кургур, калыс сөзүн айта албай, артын качырды* (Кыдырмышев).

АРЫ БАРЫП, БЕРИ КЕЛҮҮ. Катуу оорудан сакайып кетүү, аман калуу. *Андан кийин уулуң ары барып, бери келди* (Сасыкбаев). *Балам тим эле ары барып, бери келди* (Саатов).

АРЫДАН БЕРИ. Өтө тез, ылдам, бир заматта. *Арыдан бери бүтүрө салды.*

В.: Ары-бери караганча. *Таежеси жүйүртө басып отура калып, ал айрыкты ары-бери караганча тиге салды* (Эшмамбетов).

АРЫ ЖОК. 1. Уятсыз, намызсыз. *Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу* (макал).

2. Колунан келбесе да жулуна берген, көйрөң. *Айылды өзүң билесиң, Ары жок кандай немесиң* («Эр Табылды»).

АРЫ КАРАП ЫЙЛАП, БЕРИ КАРАП КҮЛҮП. Өтө кыйалып, өзүн мажбурлап, араңдан зорго өзүн көндүрүп, бирок анысын эч билгизбей, шек алдырбай деген мааниде. *Алып келе бер! Агеркеч ары карап ыйлап, бери карап күлдү* (Үмөталиев). *Орто чарбалуулар ары карап ыйлап, бери карап күлүп... байлап берип кутулууда* (Бейшеналиев).

АРЫ КАЛЧАП, БЕРИ КАЛЧАП. Нечен алакеттен өткөрүп, абдан сынап, текшерип. *Ал баланы ары калчап, бери калчап*

үгүттөөдө (Бейшеналиев). *Азыр да айлап ичине батырып, ары калчап, бери калчап эми араң ачылып отурбайбы* («Кыргызстан маданияты»).

АРЫ КЕТИП, БЕРИ КЕТИП. Макул болбой, өтө кыйынчылык менен, айнып жатып, өйдө-ылдый болуп жатып, араңдан зорго. *Ары кетип, бери кетип жатып акыры түшүнүк жазып берген* (Егиналиев).

АРЫ ТОЛГОНУП, БЕРИ ТОЛГОНУУ. Көпкө ойлонуу, абдан ойлонуу. *Түндүн бир оокуму. Балдар кызык уйкуда. Бу маалда ары толгонуп, бери толгонуп көзү умачтай ачык жаткан бир гана Адылбек* (Өмүрбаев).

АРЫСЫ-БЕРИСИ КАЙСЫ. Эч айырмасы жок, баары бир. *Анын арысы-бериси кайсы, макулдашкан күндө эле баралы* («Ленинчил жаш»).

АСАН КАЙГЫ. Болбогон бир майда-барат нерселерге кайгыра берме, кейий берме, абдан убайымчыл, сары санаачыл. *Жалакай, Асан кайгы адам дартка бат чалдыгат да, бат эле алдырып жиберет* (Бердикеев). *Атам абдан Асан кайгы адам эле* («Ала-Тоо»).

АСКА БЕЛ. Тирек, жөлөк, таяныч. *Кулаптыр аска белибиз, Сууган белем демибиз* («Сейтек»).

АСКАР ТОО. Эң бийик аска тоо, абдан бийик залкар тоо.

АСМАН-АЙГА ТҮЙҮЛҮҮ. Айтылган кепке, сунушка макул болбоо, четке кагуу, уккусу да келбөө, так секирүү. *Шыгайдын өзүн кампачы кылууну айтканда Сагынбек асман-айга түйүлүп койгонун айтты* (Жантөшев). *Сапар ого бетер асман-айга түйүлдү* (Бейшеналиев).

В.: Асман-айдан түйүлүү. *Силер асман-айдан түйүлүп жеригидей Болотбектин кайсы жери кем?* («Ала-Тоо»).

Асман бою түйүлүү. *Энем ооруп калыптыр, доктур чакырталы десем, асман бою түйүлүп, болбой койду* («Ленинчил жаш»). *Тообай кармоого аракет кылды, бирок азоо кара кер асман бою түйүлөт* (Абдумомунов).

АСМАНГА КОЛУ ЖЕТКЕНДЕЙ к. Айга колу жеткендей.

АСМАНДАН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ. 1. Элден бөтөнчө болуп, өзгөчөлөнүп тургандай, өзгөчө болуп көрүнгөндөй. *Кыз болсо түн ичинде асмандан түшө калгандай кең дүйнөнүн ушул кооздугунун эркин падышасына окшоду* (Жусупов). *Ким болду экен бул экөө, Асмандан түшө калгандай?* (Жантөшев).

2. Жок жерден, күтүлбөгөн жерден пайда боло калгандай. - *Эй, Сабо, сен сыйкырчы болуп кеткенсиң го, асмандан түшө калгандай болуп кайдан чыга калдың?* (Ашымбаев).

АСМАН-ЖЕРДИ ЖАҢЫРТУУ. Өтө катуу үн чыгаруу. *Асман-жерди жаңыртып, ырдай турган чак ушул* (Абакиров).

АСМАН МЕЛЖИГЕН. Абдан бийик, көз жеткис. *Тээ ырааkта асман мелжиген тоолор* (Осмоналиев). *Малга жайлуу жашыл өрөөндөрдүң тутумдаган аралыктары окчун асман мелжиген айтылуу дабандар* (Бейшеналиев).

АСМАНЫҢДЫ ТАШТАП ЖИБЕР. Колуңдан келген жаманчылыгыңды, кастыгыңды жасай бер, такыр аянба деген мааниде колдонулат. *Сооронбай болушуңа салам айта бар: бизге деген асманын таштап жиберсин, - деди да, Каныбек ордунан туруп четке карап басты* (Жантөшев).

В.: Тиреген асманыңды таштап жибер. *Тиреген асманың болсо таштап жибер, мага баары бир* (Байтемиров).

АСТАЙДИЛ КҮЙҮҮ. Чындап берилүү, бүткүл дили менен жакшы көрүп калуу, жан-дили менен жактыруу. *Астайдил саңа мен күйдүм, досум, Айылга келсең кетпейсиң, досум* (Барпы).

АСТЫНА ЖЫГЫЛУУ. к. Бутуна жыгылуу.

АСТЫНАН КЫЯ БАСПОО. Абдан сыйлоо, ызаат кылуу, урмат көрсөтүү. *Кыя баспай астыңдан, Кол куушуруп турайын* (Жантөшев).

В.: Астынан кыя өтпөө. *Эрке кыз астыңдан кыя өтпөйт ко, апа деп делбиреп турат ко* (Байтемиров).

АСТЫНА ОЛПОК, ҮСТҮНӨ ҮПЧҮ БОЛУУ. Эпилдеп өтө эле

жылуу мамиле жасоо, көзүнүн агы менен тең айлануу. *Желмогуз кемпир Кундуздун сенин алдыңа олпок, үстүңө үпчү болгонунун себеби ушул* (Жантөшев).

АСТЫНАН ӨТҮҮ. к. Алдынан өтүү.

АСТЫНА ТҮШҮҮ. к. Алдынан өтүү.

АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУУ. Чакчелекейи чыгуу, чаң-тополоң түшүү, будуң-чаң болуу. *Кечээ дүнүйө астын-үстүн болгондогу ала сапыраңда бир аз аман калгандары бар* (Укаев). *Кара түтүн каптап, эчтеме көрүнбөй, жер титиреткен күркүрөк-шаркырактан эчтеме угулбай, жер астын-үстүн болуп турган* (Абдукаримов).

АСТЫН-ҮСТҮН КЫЛУУ. Таш-талканын чыгаруу, кыйратуу, талкалоо, чакчелекейин чыгаруу, чаң-тополоң түшүрүү. *Астын-үстүн кыламын, Ой, тоо, түзүңдү* («Мендирман»).

АСТЫ-ҮСТҮНӨ ТҮШҮҮ. Эпилдеп-жепилдеп абдан кичи пейил мамиле жасоо, жалынып-жалбарып суранган же жасакерленип жагынууга аракет кылган мамиледе болуу. *Батма чоң апамдын асты-үстүнө түшүп атып, анын түшкөн кебетесин жазып жиберди* (Бердикеев). *Үйдө иниси ьолсо, Акмат анын отурган жагына чыгып: «Кебенжан!» - деп асты-үстүнө түшөт* (Укаев). *Бул кабарды билген соң, мени ала бар деп жалынып, асты-үстүнө түшүп, асыла кеттим* (Элебаев). *Кайра-кайра кечирим сурап койсо болмок байкелеп, асты-үстүнө түшүп* (Бердикеев).

В.: Алды-үстүнө түшүү. *Мына эми, алды-үстүнө түшө калып, Не десе, Керим чалга биз даярбыз* (Шамшиев).

АТ ЖЫГАЧТАЙ. Өтө арык, катиңки. *Ат жыгачтай болгон бечара.*

АТА АРБАГЫ ЖАР БОЛУУ. Жардам берүү, колдоо. *Кудаяр качанкы кеткен ооматы кайра келип, ата арбагы жар болуп, иши агынан кайра тактыга миниптир* (Касымбеков).

АТА-БАЛАДАЙ БОЛУУ. Бири-бири менен мамилеси жакын, өтө татуу, ынтымактуу болуу, ынак болуу. *Ары тууган, ата-баладай*

болуп калдык эле (Жантөшев). *Мындан кийин Токтогул менен кабарлашып ата-баладай болуп жүрдүк* (Тоголок Молдо). *Ата-баладай болуп, колунан даам татып жакшылыгын көргөн адамдарга учурашуу дурус жышаан го* (Бейшеналиев).

АТА БЕЗЕР. Эч кимге баш ийбеген, өтө ээн баш. *Жалгыз бала деп көзүн карап жүрүп, ошондой ата безер болуп калбадыбы* («Ала-Тоо»).

АТАГЫ ЖЕР ЖАРУУ. Элге катуу таанылуу, атагы чыгуу, аябай белгилүү болуу (жакшы же жаман жактары менен). *Атагы жер жарган нечен мыкты чеберлерибиз, баатырларыбыз бар* («Ленинчил жаш»). *Самогон «оорусуна» жипсиз байланышып, атагы жер жарып отурат* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Атагы таш жаруу. *Менин элге таанылып, атагым таш жарар мезгил келген экен го* (Каимов). *Атаганат ошо киши чоң билим алган болсо, анда атагы таш жарган жазуучу чыкпайт беле, чиркин дүйнө* (Жигитов).

Даңкы жер жаруу. *Сиздин даңкыңыз кезегинде жер жарган* (Сыдыкбеков).

Даңкы таш жаруу. *Райондо май талкандуу кызматта иштеп дуулдап, доор сүрүп, даңкым таш жарып турган кезде ушул шаарга далай жолу келгенмин* («Ала-Тоо»).

АТА-ЖОТОСУНА ЖЕТҮҮ. Жер-жеберине жетип, абдан катуу тилдөө. *Төрөбектин адамдардын ата-жотосуна жетип, сай сөөгүн сыздатканы дале басылар күнү көрүнбөйт* («Чалкан»).

АТАМ ЗАМАНДАН БЕРИ. Небак мурда, илгертеден, башынан эле, көп мезгил мурун. *Кара ниеттик менен ак ниеттик атам замандан бери кармашып келе жатыптыр* (Бердикеев). *Сен атам замандан бери адам менен жан-жаныбарлардын шоруна чыйкан болуп чыктың го* (Жигитов). *Атам замандан бери кыргыз эли көлдү баарлап, көл боюнда жашап келе жатат* («Жаштык жырчысы»).

В.: Жер заманда. *Алар жер замандагы адамдар. Жер заманда болгон иш.*

Атам замандан. *Ошол Ак-Белге келип такалган мелтилдеген боз атам замандан соко тиши тие элек* (Өмүрбаев).

АТАНЫ АРМАН. Өкүнгөндү, кейигенди билдирүү маанисинде айтылат. *Атаны арман карылык, Алтымыш жашап карыдык* (Токтогул). *Атаны арман ай, Азабы аз эмес ар иштин Ар кандай* (Осмонкул).

В.: Атаны кокуй. *Атаны кокуй жашчылык.*

АТАНЫН АРБАГЫНА КОЕМ. Диний түшүнүк боюнча: «ата-бабанын арбагы өзү талдап, калыстыгын айтсын, өзү күнөө койсун» деген мааниде. *Чоңуң эмес, балаң союл көтөрбөсөң, атанын арбагына коем!* («Ала-Тоо»).

АТАНЫН БАЛАСЫ. Атаны сөзгө калтырбай турган, колунан иш келген, намыска жараган, өнөрлүү, өтүмдүү жигит. *Атанын баласы экенсиң, Баке, сага миң мертебе ыракмат* (Байтемиров).

В.: Атанын уулу. *О-о, бул атанын уулу тура!*

АТАҢДЫН КӨРҮ! Абдан өкүнүү, нааразы болуу, жактырбоо маанисинде колдонулат. - *Атаңдын көрү! эл деген тууган-уругу менен бириге калып тамды алеки-саатта бүтүп ала коюп жатышат* («Ала-Тоо»). -*Атаңдын көрү! - деп кош колдоп өз санын өзү аткып-аткып алып, шалдырап олтура кетти* (Медетов).

АТ АРЫТУУ. Абдан алыс жол жүрүү, узак сапар тартуу. *Ат арытуу-арзан, журт арытмак-кымбат* (макал). *Алыска ат арытып кабар жиберишкенди тыйышсын* (Бердикеев). *Анын ага- тууганларын алыстыгына карабастан, ат арытып атайын сүйүнчүлөп чаптырган* (Бейшеналиев).

В.: Ат арытып, жол карытуу. *Атайын ат арытып, жол карытып келгенинде кеп бар экен* (Бейшеналиев).

АТА САКАЛ ЭЭГИНЕ БҮТҮҮ. Жаштык-мастык куракта өтүп токтолгон куракка жетүү. *Алар ата сакал ээгине бүтүп калган адамдар болучу* («Ленинчил жаш»). *Эми ушул ата сакалы ээгиңерге бүткүчө жаңжалдашып жүргөнүңөр*

жакшы эмес (Бердикеев). *Бала, баланын иши чала, мына, ата сакалы ээгине бүтүп, азамат болот деген уулдарыбыздын кылганы* (Абакиров).

АТА САЛТЫ. к. Ата наркы.

АТАСЫН КӨЗҮНӨ КӨРСӨТҮҮ к. Акесин таанытуу.

АТАСЫН ОКУТУУ. к. Акесин таанытуу.

АТАСЫН ТААНЫТУУ. к. Акесин таанытуу.

АТАСЫНЫН АКЫСЫ КАЛБОО. Армансыз болуу, доомат кылар, талап коер жагдайы болбоо. *Атаңдын акысы да калбады окшойт, өмүрүң өткүчө ушу тоолорду армансыз кыдырдың* (Борбиев).

АТАСЫНЫН КУНУН АЛУУ. Баасынан ашырып алуу, өтө кымбатка түшүрүү.

АТА ТАЯГЫН КАРМОО. Ата-бабанын салтын улантуу, ата жолун жолдоо. *Ата таягын бала кармады, ата кечкен сууну бала кечти* (Осмоналиев).

АТ БОРОЮН СЫДЫРУУ. Ат арытып узак жол жүрүү, эч нерсесин калтырбай жер кыдыруу. *Ат бороюн сыдырып, Дүйнө жүзүн чалчу элек* («Манас»). *Ат бороюн сыдырып, Жердин баарын кыдырып* («Эр Төштүк»). *Ат бороюн сыдырып, Ай-ааламдын баарысын, Айланып жүрүп кыдырып* («Манас»).

АТ ЖАЛЫНА КАЗАН АСУУ. Жол жүрүп бара жатканда ала жүргөн азыгынан ат үстүндө тамактанүү, өзөк жалгоо. - *Ат жалына казан ас, балам, - деди Жээренче чечен* («Кыргыз эл жомоктору»). *Тоолуктар ат жалына казан аскан эр жүрөк жоокер экенсиңер* (Бейшеналиев).

АТ ЖАЛЫНАН. к. Ат үстүнөн.

АТ ЖАЛЫНАН ТАБУУ. Өзү мээнет кылбай оңой-олтоң, жеңил- желпи жан багуу, көбүнчө бирөөлөрдүн эсебинен пайда көрүү, жан кыйнабоо. *Ат жалынан тапканга башынан көнүп калган Ыбыке Кытай жерине келгенде да жөн жатпай, Көк-Терек өрөөнүндөгү Эркесары тукумуна чыгым салыптыр* (Элебаев).

В.: Ат үстүнөн табуу. *Ал дайыма ат үстүнөн табат.*

АТ ЖАЛЫН ТАРТУУ. Чоңоюп, эр жетүү, бойго жетүү. *Жылматай ат жалын тарткандан кудайдын кудуретине сыйынууну калтыра элек* (Осмоналиев). *Эс тартып, ат жалын тарткандан бери кара жанын карч уруп, иштеп келе жатат* (Саатов). *Мен багам, кор кылбайм, - дейт ат жалын тартып элге аралашкан Үрбүлүм* (Бейшеналиев).

В.: Ат жалын тартып минүү. *Ат жалын тартып минип, эл арасындагы окуяларга аралашып, жигит күтөт* (Осмоналиев). *Айланып элге жеткирип, Ат жалын тартып мингизген* («Семетей») *Сиз экөөбүз бири-бирибизди ат жалын тартып мингенден бери билишебиз* (Каимов).

АТКА ЖЕҢИЛ, ТАЙГА ЧАК. **1.** Жеңил желпи, эптүү, элпек, тил алчаак. *Эргешбай элпек, атка жеңил. тайга чак* (Борбиев). *Атка жеңил, тайга чак Күлүктүгү бар экен* («Эр Тоштүк»).

2. Бат эле кепке алына коймо, баркы жок, жеңил баа. *Мени атка жеңил, тайга чак кыла бересиңерби?*

АТ КАРА ТИЛ БОЛГОНДО. Жай келип, жылкы көккө тойгондо. *Ат кара тил болгондо, Бетеге өсүп толгондо, Күлчорону көрүп ал* («Сейтек»). *Эң акыркы зыяпатын да ошол угузган маалында, ат кара тил болгондо аш аты кылып ошол жерде өткөрүштү* (Касымбеков).

АТКА МИНГЕНДЕ ЭЛЕ КЫЙШЫК ЭЛЕ. А дегенде, баштаганда, башынан иши оң эмес эле, мурунтан кыйчалыш эле. *Атка мингенде эле кыйшык эле, көп узай алган жок* («Ала-Тоо»).

В.: Аттанганда эле көчүгү кыйшык эле. *Бул бечаранын аттанганда эле көчүгү кыйшык эле, иши оңолбой калган тура* («Чалкан»).

АТКА МИНЕР. 1. Советтик курулуштун активисти сыяктанып көрүнгөнү менен, иш жүзүндө ага ылайык келбеген, тескери иштерди жасаган киши. *«Кошчу» уюму атка минер арамза куулар менен күрөшүп жатат* («Эркин Тоо»). *Анткени мурунку ячейканы атка минер шылуундун баласы деп ячейкалыгынан түшүрүп койгонбуз* (Жантөшев). *Элет оторлоруна салынган оор салык атка минерлердин короктоп ак*

падышанын атынан опузалап демитүүсү, зордугу менен аткарылууда (Бейшеналиев).

2. Эл ичинде бийликке аралашкандар. *Башка уруулардын атка минерлери чыгым салышып, букара менен лекторду ич ара кайраштыра бериштиш* (Ш.Үмөталиев). *Казанчы өз уруусунан чыккан атка минер-билермандарынын белен, бекер азыгы* (Аалы). *Мен эмне силерге окшоп атка минер, жатып ичер белем?* (Абдукаимов).

АТКАН ОКТОЙ. Тез, ылдам, бат. *Аткан октой машинаң, Зуулдап кетип бараттат* («Ала-Тоо»).

АТ КЕСЕРДЕН. Аттын омуроосунан. *Түздүн чөптөрү ат кесерден болуп калган мезгилде кайрылсын дептир* («Кыргызстан маданияты»).

АТ КОШЧУ. Жол жүргөн кишинин атын багып, өзү жөнүндө кам көрүп, кошо жүргөн адам, жигит. *Бугимовго ат кошчу болуп Максүт ууру жөнөдү* (Сыдыкбеков).

АТ КОЮУ. 1. Аттын оозун кое берүү, чаап жөнөө. *Айылга жакындаганда ат койдук* (Элебаев). *Ат коюп шаарга кирип бардык* (Каралаев).

2. Чабуул жасоо, качырып сала берүү. *Таң кулан оок болгондо жоону карай ат коюшту* («Ала-Тоо»).

АТ МАЙЫ. Аттын күчүн убактылуу алуу, убактылуу пайдалануу деген мааниде. *Пейли жаман кишиден, Аттын майын сурасаң, «Эртең кел» деп саалытат* (Осмонкул). *Ат майына бир жылкы сурап, бирөөнүн мыкты атын минип, арттан жөнөйт* (Осмоналиев).

АТ САЛЫШУУ. Мелдешүү, күч сынашуу, атаандашуу. *Ал мени менен ат салышкандай абалга келе элек, тынч жүрсүн* («Чалкан»).

АТ СООРУСУН САЛУУ. Артын карай качуу, чегинүү. *Ат соорусун салышып, Арыстандын кырк чоро, Кайра тартып жарышып* («Манас»).

АТ ӨЛТҮРӨ КЕЛҮҮ. Өлөр-тирилерине карабай тез жүрүү. *Тергөөчүлөр райондон жөнөгөндө*

Маатынын досу Ашыр деген ат өлтүрө келип, Маатыга кабар кылат (Жантөшев).

АТТАНАР АЯК. *этн.* Жол тартарда, жолго чыгарда же кетип баратканда берилүүчү ичкилик, суусундук же башка тамак. *Аттанар аякты эртең силерге, жакын досторума беремин* («Ала-Тоо»).

АТТАН ООП ТҮШҮҮ. Абдан көңүлдөнүп, өтө берилип, ынтызарланып. *Ал кымыз дегенде аттан оop түшөт* («Ала-Тоо»).

АТТАН-ТӨӨДӨН ТҮШКӨНДӨЙ. Орой, олдоксон, осол, эпсиз. *Улуу-кичүү алдында бирдемени аттан-төөдөн түшкөндөй дүңк эткизе айтып салчу жигит айбыгып отурабы* (Укаев).

АТТАНЫП ТҮШҮҮ. Иштин жөнүн жакшы билүү, колунан келүү, аткара алуу, мыкты адистигин көрсөтүү. *Мен сизге айтпадым беле, Тооке, андай ишке мен аттанып түшөмүн, профессионалмын деп* (Кыдырмышев). *Өңгөсүн билбейм, малдын оорусуна аттанып түшөт* (Байтемиров). *Бирок сынган тектикти дал өзүндөй жөндөшкө аттанып түштү* (Ашымбаев).

В.: Түшүп аттануу. *Ал мындайларга түшүп аттанат.*

АТ ТЕЗЕГИН КУРГАТПАЙ. Арадан анчалык убакыт өткөрбөй, тез-тез, тынымсыз, дайыма. *Ошонун шарапатынан Кашгары ат тезегин кургатпай апта сайын келмейи парз* (Бейшеналиев). *Ат тезегин кургатпай Кейитип сени ыйлатпай Келип турам бу жайга* («Олжобай менен Кишимжан»). *Борборго ат тезегин кургатпай чакырыласыз* (Бейшеналиев).

АТ ТЕРДЕТПЕЙ. Жан кейитпей, анчалык кыйналбай. - *Хах-ха-ха! Анда ат тердетпей үйдө жатып жан бага берет турбаймынбы!* (Касымбеков).

АТ ТЕРИ КАЙТПОО. Эмгеги текке кетүү, куру убара болуу. *Атайы келгенге жараша ат тери кайтпай жаман болду.*

АТ ТЕРИ КЫЛУУ. Бир аз гана, анча-мынча дыбыратып өтүү (жамгырга карата). - *Мына, - деди кубана, - биртке ат тери кылып өттү жайлоонун эрке булуту* (Касымбеков).

АТ ТОКУУР. Эркек бала. *Эмне төрөдү? Ат токурбу же кырк жылкыбы?*

АТТЫН КАШКАСЫНДАЙ. Дапдаана, ачык,өтө таанымал, таасын. *Анын сыры аттын кашкасындай шаңкайып турат* (Борбиев). *Зор эмгек сиңирип, жумурай-журтка аттын кашкасындай таанылган* («Советтик Кыргызстан»).

АТТЫН КУЛАГЫ МЕНЕН ТЕҢ ОЙНОО. Ат үстүндө абдан шамдагай, эркин жүрүү, атка мыкты жүрүү. *Кыргыз элинин жигиттери болсо, аттын кулагы менен тең ойноп, шамдагай, шайыр өскөн* («Советтик Кыргызстан»). *Аттын кулагы менен тең ойноор элек, азыркы балдар негедир бошоң* (Абдыраманов). *Жалий Турсундун кыз кезинен аттын кулагы менен тең ойноп чыйрак өскөнүн сезе аргасыз кытылдады* (Бейшеналиев).

АТ ҮСТҮНДӨ. Кара жумушка колу тийбеген, актив чалыш, кызматкер деген мааниде. *Ал дайыма ат үстүндө жүргөн неме* (Кыдырмышев). *Ал өлөр өлгүчө ат үстүндө жүрдү.*

В.: Ат үстүнөн түшпөө. *Ошол үчүн көрпөсү көгөрүп, жамбашы жерге тийгенче ат үстүнөн түшкөн жок* (Бердикеев).

АТ ҮСТҮНӨН. Анчалык көңүл бөлбөй, эптеп-септеп, иши кылып, үстүртөн, кайдыгер гана. *Деги түрүнө караганда ат үстүнөн иштеп жүргөн жигит көрүнөт* («Кыргызстан маданияты»). *Мындай учурда алар тек гана кабыл алууга түшкөн арызды ат үстүнөн карашат* («Советтик Кыргызстан»). *Бардыгына ат үстүнөн мамиле жасай баштадым* (Бердикеев).

АТ ҮСТҮНӨН ТАБУУ к. Ат жалынан табуу.

АТ ҮСТҮНӨН ТҮШПӨӨ. к. Ат үстүндө.

АТ ЧАБЫМ. 1. Ат чабылчу жердей аралык (алыстыкты билдирүүдө колдонулат). *Айылдан узап бай Жакып, Ат чабым жерге барыптыр* («Манас»). *Алар бизди ат чабым жердеги Бишкек эмес, алыскы Мекеге узатчу кишидей камданып жатышкан экен* (Эшмамбетов). *Ат чабым жерден дүңгүрөгөн жашыл токойду айлана суу жээктей*

сугатчыларды кезиктирүүгө болот (Бейшеналиев).

АТЫН ЧЫГАРУУ. Кадыр-баркын, авторитетин, жогорулатуу. *Сиздин атыңызды чыгарып, керекке жароочу тукумуңуз ушул* (Осмоналиев).

АТЫҢ ӨЧКҮР! Бирөөнүн атын эстен чакырганда: «такыр унутуп калыптырмын, оюма түшпөй жатат» деген мааниде же жек көрүү маанисинде айтылат. *Кара тоголок милиционер ким эле, атың өчкүр ай, унутуп калыптырмын* (Бердикеев).

АТЫ ӨЧҮҮ. Ал жөнүндө такыр сөз болбой калуу, унутулуп калуу. *Дале болсо бирөөдөн бирөөлөргө айтылып, оозго алынып, аты өчпөсүн дешкен* (Осмоналиев). *Чала казакты чыга чаппасам, атым өчсүн!* (Айтматов).

АТЫП ТУРУУ. Өтө тездик менен ордунан ыргып туруу, отурган жеринен секирип козголуу. *Ал оозгу үйгө башбагар замат Жамшит экөөбүз ордубуздан атып турдук* (Жигитов). *Калича атып туруп сыртка ашыкты* (Абакиров). *Аны көрө койгон Тоймат ордунан атып туруп, адатынча бир дар этип ага кучак жайды* (Өмүрбаев).

В.: Атып чыгуу. *Дарбаза тарапта, уясында жаткан итмени көрүп атып чыкты* (Исмаилов). *Конгуроо кагылар саам класстан атып чыга жабыла чуркачубуз* (Жусупов). *Сыртка кантип атып чыкканымды билбейм* (Мырзаев). *Ал сыртты көздөй атып чыгып, ошол тейден топко кошулбаганын сезди* (Ашымбаев).

АТЫ ЫРГАЙДАЙ, ӨЗҮ ТОРГОЙДОЙ. Өтө жүдөгөн, абдан арыктаган, азып-тозгон абалда.

АЧ АЙКЫРЫК, КУУ СҮРӨӨН. Абдан катуу, сүрдүү, айбаттуу чыккан ачуу үн, кулак-мээни жарган ызы-чуу. *Ач айкыырык, куу сүрөөн, Атса мылтык өтпөгөн* («Манас»). *Асмандан түшкөн эмедей, Ач кыйкырык, куу сүрөөн, Алмамбеттей Күлчоро, Айкырыкты салды дейт* («Манас»).

В.: Ач айкырык. *Мындан ары чыдоого мүмкүн эместигин туйгузуп, ач айкырык салып,*

кырчылдаша талап койду (Бейшеналиев). *Аалам чаап дуу болуп, Ач айкырык чуу болуп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жети асаба туу алып, Жеткен жердин баарына, ач айкырык чуу салып* («Манас»).

Ач кыйкырык. *Адамдын чынбы же калппы деген эки ача ою ач кыйкырыкты чыгарбай торгоп турду* (Жусупов). *Адамдар да темирге окшоп алга сойлошту: ач кыйкырык, чан, түтүн уюду* (Жусупов).

АЧ БЕЛ, КУУ ЖОН. Эч айла табылбаган катаал шарт, жер шартынын катаалдыгы, кыйынчылык, азап-тозок. *Башың баш, багалчагың кара таш! Ач бел, куу жондо өл!* (Айтматов). *Ажың кабылдабай эрме чөлдө сөөгүң сөпөт, ач бел, куу жондо калсаң эмне?!* (Бейшеналиев). *Тукумуңду жерибе, ач бел, куу жонго таштаба, агыны катуу суудан сакта, ниети бузук жоодон сакта* (Айтматов).

В.: Ач бел, куу жол. - *Ач бел, куу жолдо калат деген ушубу?* («Кыргызстан маданияты»). *Сендей пейли тарлар ач бел, куу жолдо калып, өлгөн эшектин кулагын бышырып жейт! - деди Куйручук* (Бектенов).

Ач бел. *Адам жүрбөс ач белде, кузгун учпас куу көлдө, Сен экөөбүз тең өлдүк* («Эр Төштүк»).

АЧ БОЛОТ. Жалаңдаган курч кылыч. *Ак буудай нанын чайнашты, өлүп кетер ант кылып, Ач болот мизин жалашты* («Манас»).

АЧ БОЛСО - АЗЫК, ТОК БОЛСО - КАЗЫК. Дайыма жанга күйөр, арка-тирек болор. *«Ач болсо - азыгыңмын, ток болсо - казыгыңмын» деп толгонуп турдум!* (Ш.Үмөталиев).

АЧКАН КӨЗҮН ЖУМГАНЧА к. Көз ачып-жумганча.

АЧ КЕНЕДЕЙ АСЫЛУУ. Ой-боюна койбоо, жабышып, суранып артынан калбоо, асыла берүү. *Келин ач кенедей асылып жатып Күлүканга катты алдырган болчу* («Ала-Тоо»).

В.: Ач кенедей жабышуу. *Качууга аракет кылсам дагы, ач кенедей жабышып тургандардан көз жазгыра албадым* (Жантөшев).

Акидей асылуу. *Жакшылап үйрөнөм деп акидей асылганынан огу жок мылтыгымды да бергем* (Тойбаев). *Дем алыш күнү келген Үпөл акидей асылып жатып Калыйпаны конокко чакырып кетет* (Бердикеев). *Көрөөр замат акидей асылдым: - Мырзаке, эптеп кызымдын тушоосун кесип бербесең болбойт* («Ала-Тоо»).

Ач күзөндөй асылуу. *Ошону алып бер деп, ач күзөндөй асылды* («Ленинчил жаш»).

Чап кенедей жармашуу. *Ага чап кенедей жармашты.*

АЧ КӨЗ. Сугалак, дүнүйөкор, нысапсыз, көзү тойбогон, бир нерсеге көз артканын койбогон. *Ач көз атасын аябай дал келтире кордоп, өчүмдү алып бердиң* (Бейшеналиев). *Менин колумдан келсе, мына бу дүнүйөкор, ач көздөн бечара дунганды бошотуп алууга даяр элем* (Элебаев). *Эч нерсеге тойбогон ач көз мына, Чокко түшкөн чычкандай куйкаланган* (Т.Үмүталиев).

АЧ КӨЗДҮК. Нысабы жоктук, сараңдык, дүнүйөкорлук, сугалактык. *Алар акчанын, ач көздүктүн кулу, жылдан жылга кымыздын баасын өйдөлөтүшкөнү аз келгенсип, адамдын ден соолугуна зыяндуу көбүрмө-жабырма заттарды кошуп ийүүдөн да тартынышпайт* («Советтик Кыргызстан»). *Куттуу жерин тытып-тоноп Гитлердин ач көздүгү ашынды* (Өмүрбаев). *Ал жөн эле турган жок, айланасына ач көздүк менен көз жүгүртүп турат* (Жантөшев).

АЧ КУЛАКТАН ТЫНЧ КУЛАК. Кандайдыр бир иштин убаракерчилигин, түйшүгүн, азап-тозогун тарткандан көрө, ага аралашпай, кийлигишпей, жолобой коюу керек деген мааниде колдонулат. *Базардагы ишибиз ал болсо, аяк жерге тийбей, тил оозго батпай турганда ач кулактан тынч кулак* (Тойбаев). *Ач кулактан тынч кулак деп байлап берип кутулгандар..* (Бейшеналиев). *Ажыбек айткандай, ач кулактан тынч кулак, жоопкерчиликти алып кереги эмне* (Кушубеков). - *Ач кулактан тынч кулак, андан көрө аяз жамынып ак кар, көк муз жазданып, ремонтту бүтүргөнүбүз эле оң - дешет* («Чалкан»).

АЧ КҮЗӨНДӨЙ. Бетинде кан-сөлү жок, кубарып-кумсарган, арык, начар. *Анын ач күзөндөй*

түрү көз алдыман кетпей койду (Сыдыкбеков).

АЧ КҮЗӨНДӨЙ АСЫЛУУ к. Ач кенедей асылуу.

АЧ ӨЗӨК. Сугалак, ачкорок, ач көз. *Толгон-токой айыл чарба жумуштарына катышканы менен алардын үзүрлүү эмгегине ырымдап тыйын-тыпыр төлөнөт да калганы ач өзөк жетекчилердин жемсөөсүнө кирет* («Кыргызстан туусу»).

АЧ ТЫРМАК. Мыкаачы, зулум, таш боор. *«Бир атанын» ач тырмак жырткычтарына, Токомдун үндөөсү менен жем болбой калдык* (Бейшеналиев).

АЧКАН ЭШИК, АТТАГАН БОСОГО. Биринчи келип түшкөн жери (көбүнчө келиндерге карата алкгачкы келин болуп келген үйүң деген мааниде). *Ачкан эшик, аттаган босогоң, ушул жерден агарып-көгөрөрүңө жакшы, тынч отуруп бер, балам - дешип, сакалдуу байбичелер кызды жоошутуп жатышты* («Ленинчил жаш»).

АЧУУ БАСАР. *этн.* Кыз качып кеткенде кызды алган жак анын ата-энесинен кечирим суроо, алдынан өтүү, таанышуу максатында тийиштүү жолжобосу менен келүү салты. *Кыз барган айылдагы ичерман активисттерден беш-алтоо ачуу басарга жетип келишет экен* («Чалкан»). *Турсун куда ачуу басарына бир тай, бир кой, эки миң сом акча, эки ящик алып келет* («Советтик Кыргызстан»).

АЧУУГА АЛДЫРУУ. Өзүнөзү кармай албай, токтоно албай жеңилип кетүү, сабырдуулук кыла албоо. *Өкүмсүнгөн неменин ачууга алдырып тарс жарылганына, чабалдыгын билдирип үстөлдү сындыра муштаганына табам канды* (Жигитов).

В.: Ачууга жеңдирүү. *Ачууга жеңдирип, ушундай жерди таштап кетип бараткандыгы үчүн, эс алуусун өксүткөндүгү үчүн ал өкүнүч сезимине кабылды* («Ала-Тоо»). - *Антүүгө жарабайт, паңсат аке. Сиз ачууга жеңдирип жатасыз* (Касымбеков).

АЧУУ ЖАШ. Өтө жан кейиткен кайгы-муңдан, азаптан чыккан жаш. *Өткөн-кеткенди көз алдыга келтирген Батийнанын негедир ачуу жашы кылгырат* (Сыдыкбеков). *Эрксизден ачуу*

жашы чертиле түшкөн сайын Батийна ээн жолдо өзүнүн жападан жалгыз жол тартып келе жатканын бая эле унутуп салган (Сыдыкбеков).

АЧУУСУ БЕТИНЕ ЧЫГУУ. Каарданып, түктөйүп өңү бузулуу. *Аны көрөр замат кабагы карыш салынып, ачуусу бетине чыкты* (Жигитов). *-Болду! - деп Даадый какпаса, ачуусу бетине чыгып, кан-сөлү кеткен Зуураке сүйлөнө бермек* (Егиналиев).

АЧУУСУ КАЙНОО. Аябай жинденүү, өтө катуу ачууланууу. *Кантсе да эттери ооруксунуп, ачуулары кайнап, чындап буулугушту* (Бейшеналиев).

В.: Ачуусу шакардай кайноо. *Шакардай кайнап чыккан эмелеки ачуусун жаңы келининен ыйбаа кылуусу токтотуп турду* (Абакиров).

АЧУУСУ МУРДУНУН УЧУНДА. Ачуусу чукул, бат ачууланма, болор-болбоско териге түшмө. *Болор-болбоско кыжырланып, ачуусу мурдунун учуна тез чыгып, чыргоолоно баштады* (Жигитов). *Анын ачуусу мурдунун учунда эле* («Ала-Тоо»).

АЧЫК АЙТЫП, АК СҮЙЛӨӨ. 1. Чынын, туурасын айтуу, болгонун болгондой баяндоо. *Азамат болсоң боз балдар, Ачык айтып, ак сүйлө* (Токтогул). *- Кана, молдоке, ачык айтып, ак сүйлөңүз* (Бейшеналиев).

2. Кандайдыр бир жакшылык кабар, сүйүнтө турган кеп угууну үмүт кылып, кимдир бирөөгө кайрылууда колдонулат. *Эми ачык айтып ак сүйлөнүз, селки мени жерисең өз эркиң, бирок ырчы деп жерий албайсың* (Айтматов). *Ачык айтып, ак сүйлө, жеңе, абысының ымалага келгидейби?* (Бердикеев).

АЧЫК КОЛ. к. Колу ачык.

АЧЫК ООЗ. Укканын ичине сактап тура албаган, билген-көргөнүн айта берген бош ооз. *Анан эмнегедир ушул ачык ооз, орой, жек көрүндү адамдар байкемди араларына кошуп алганына ичим күйөт* (Жусупов). *Ачык ооз жигит көрүнөт, бажылдап эле сүйлөй берет экен* (Бердикеев). *Акиш, сен ачык ооз элең, «бээ сойдук» деп эч кимге айтпа* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Оозу ачык. *Оозу ачыктардын бири мен, сиз*

мени абайлаңыз («Кыргызстан маданияты»). - *Оозу ачыктын бири мен эмесмин, - деди Надя* (Байтемиров).

Оозу бош. *Оозу бош немеге балдарды кантип «кой дешке» эрки жетет? - Өзүңүз ойлоңузчу* («Ленинчил жаш»).

АЧЫК ООЗДУК. Ичине эч нерсе сактап тура албагандык, уккан-билгенин айта бергендик. *Ай ушунун ачык ооздугу түпкө жетмек болду го! - деп чал кейий баштады* («Ала-Тоо»). *Андай ачык ооздук Акбилек айымдан болбосо, башкаларыбыз кулпулаган таш эмеспизби, - деди Жутаке миң башы* (Жантөшев).

АЧЫНА АЙЛАНЫП, ТОГУНА ТОЛГОНУУ. Жакшылык, жаманчылыгына бирдей мамиле кылуу, бирдей күйүү, бардыгын көтөрүү, бардыгына чыдоо. *Төрт баланын ачына айланып, тогуна толгонуп жүрө бердим* («Чалкан»).

АЧЫП КӨЗДҮ ЖУМГАНЧА.
к. Көз ачып жумганча.

АША КЕЧҮҮ. Бардыгына кол шилтөө, мейлиге салуу. *Баарынан аша кечип, кайда барат деги?!* (Ашымбаев). *Эмнеликтен аша кечип жүрөсүң, Акбар иним?!* (Убукеев). *Акырын каалгышып жүгүнчү эле, Турмуштан туталанып аша кечип* (Турусбеков).

АША ЧАБУУ. Чектен чыгуу, өтө ашыкча кетүү. *Анча мактанбаңыздар, өтө аша чаап кетпеңиздер - деди* (Бердикеев). *Кадыке, кантесиң, кээде эле ушинтип аша чаап кетмейиң бар* (Бердикеев). *Бул сөздөрүңдүн айрымдарына кошулсам болот эле, бирок аша чаап кеттиң?* (Медетов). *Аша чапкан жерим жок, Сукентай, өз керт башымдан өткөргөн үчүн айтып жатам* (Бердикеев).

АША ЧАПКАНДЫК. Ченден чыккандык, өтө ашыкча кеткендик. *Атасы кулак деле эмес экен, андай орто чарба кишилердин кээ бирин жаңылыштан, аша чапкандыктан айдаган каталык ачылып, кайра бошоткондо жолдо келатып, үйүнө жетпей каза болгон экен* (Айтматов).

АШ БЫШЫМ. Асылган тамак бышканчалык, бышып даяр болгончолук убакыт. *Анан Төлөмүш*

кенен аш бышым сүйлөшүп, Жумандын жанында отуруптур (Бердикеев). *Ашыкпастан энеңе, Аш бышымда жетем деп* (Тоголок Молдо).

В.: Эт бышым. *Эси эңгиреп Табылды, Эт бышымдай жатты эми* («Эр Табылды»).

АШКА АРАЛАШУУ. Бир нерсеге колу жетип, ичкен-жегенге жетишип калуу, аздыр-көптүр катарга кошулуп, алынышып, кадыр-баркка ээ боло баштоо. *Биз дагы эл-жерге аман-эсен келип, ашка аралашып калдык* («Ала-Тоо»). *Биз адам катары ашка аралашып калдык.*

АШКАБАК БАШ. Акылсыз, мээси жок, дөдөй. - *Барбайлы деп, канча айттым, аш кабак баштар! - деп сөгүнүп баратат* (Осмоналиев).

АШКА ЖҮК, БАШКА ЖҮК. Өзүнчө эмгектенбей, бирөөгө салмагын салып, анын эсебинен жан баккан, жатып ичер, аяк бошотор, жалкоо. - *Кайын журтуна алгач кадырлуу мейман болор, анан эч ишке жарабаган, ашка жүк, башка жүк күч күйөөлүккө чыдай алмакпы* (Айтматов). *Ашка жүк, башка жүк кылбай, мунуңу кетирсеңчи! Чын эмеспи, балдар чыгат осол, Ата-эненин ашына жүк, башына жүк* (Борбугулов).

АШ КАТЫК. «Азыраак, болор-болбос бирдеме» же «көптүн арасында жалгыз гана» деген мааниде айтылат. *Тобокелди сүйөлү, бешигине баш катып, Алты кыздын ичинде айланайын аш катык.*

АШ-ПАШ ДЕГИЧЕ, КЕМПИР НАНЫН ЖЕГИЧЕ. **д.** Бат, тез, дароо, заматтын ортосунда. *Аш-паш дегиче, кемпир нанын жегиче Салам палбан көтөрүп урду.* («Алга»).

АШТЫГЫҢ ЧИЙКИ ОРДУКПУ. к. Арпаңды кам ордукпу?

АШЫГЫ АЛЧЫ ТУРУУ. Иши оңолуу, тилеги орундалуу, максатына жетүү. *Эгиндүүлөрдүн ашыгы алчы туруп, өтө кылдаттык менен туйтуна башташтыы* (Абдукаримов).

В.: Ашыгы айкүр туруу. *Мелис менен Асанбектин ашыгы айкүр туруп, таң эртең менен алыскы сапарга жол тартып*

бара жаткан («Кыргызстан маданияты»).

Ашыгы алчы конуу. *Азыр алардын ашыгы алчы конуп турган кези* («Ленинчил жаш»).

АШЫК АТТЫРУУ. Жыргатуу, кенемтесин берүү, көңүл куунатуу. *Атасынын күнүмдүк олжосу-ашык аттырчу* (Ашымбаев). *Топ-топко бөлүнүп иштеп жаткандарды тымызын атаандаштырып койгону-ашык аттырды* (Ашыкбаев).

АЯГЫ АСМАНГА ЧЫГУУ. 1. Бети ачылуу, маскара болуу. *Тапкан бирөө милицияга тапшырат... ошентип, аягыбыз асманга чыгат* (Осмоналиев). *Анын Сабыржан экенин эл билсе, экөөнүн тең аягы асманга чыгып, талпактары ташка жайылмак* (Жантөшев). *Эртең болуш шайланганда аягың асманга чыкканы турат* (Укаев).

2. Талкалануу, кыйроо, ойрон болуу. *Жер дүңгүрөткөн кызылдар отряды жетип келди, басмачылардын аягы асманга чыкты* (Осмоналиев). *Алар кылт коюп башка бирөөгө кошулуп кетишсе, биздин аягыбыз асманга чыгат* (Жантөшев).

АЯГЫ ЖЕҢИЛ БОЛУУ. «Тез сакайып кет», «тезирээк баш көтөр» деген мааниде, көбүнчө оорулу адамды көргөнү баргандар тарабынан айтыла турган каалоо. *Болуптур, биз кетелик, аягыбыз жеңил болсун!*

АЯГЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ. 1. Эпилдеп, абдан элпек кыймылда болуу. *Улан-кыздар аягы жерге тийбей кызмат кылып жүрүшөт* («Жаш ленинчи»).

2. Жаны жай алып, бир жерге тынчып тура албоо, ары-бери жүгүрө берүү. *Ачейке карыя Жолбуновдун аягы жерге тийбей калышынан шек алып, сыртынан көзөмөлдөп калган экен* (Убукеев). *Аяк жерге тийбей, тил оозго батпай турганда... ач кулактан тынч кулак* (Тойбаев). *Кубанычымдан аягым жерге тийбеди* (Айтматов).

АЯГЫ МЕНЕН ТИК ТУРУУ. Бирөөгө жан аянбай кызмат кылуу, жан дили менен берилип иштөө. *Эркекыз карыса да кубаттанып, аягы менен тик туруп кызмат кылды* (Байтемиров). *Андан кийин келим-кетимди күтүп, аягы менен тик турду* (Абдукаимов).

В.: Тикесинен тик туруу. *Баса, атам мени менен сени дегенде тикесинен тик турат* («Ала-Тоо»). *Төл убактысында, жалаң койчулар эмес, сакманчылар да тикесинен тик турбаса болбойт* («Кыргызстан маданияты»).

АЯГЫНА ЖЫГЫЛУУ. к. Бутуна жыгылуу.

АЯГЫНАН ЧАҢ ЧЫККАН. Тың, бышык, өтө чыйрак. *Көрсө аягынан чаң чыккан бышык киши экен* (Осмоналиев).

АЯГЫНА ЧЫГУУ. Жок кылуу, түгөтүү, сарптоо. *Карабек тобокел деп акчасына кийим алат, ошентип, торпоктун акчасынын аягына чыгат* (Каимов).

АЯГЫ ООРДОО. Баса албай кыйналуу, кадам шилтөөсү кыйындоо, араң басуу. *Ай-күнүнө жакындаган сайын аягы оордой берет эмеспи* (Укаев). *Элеман аялынын аягы оордогондон бери күндө эрте ойгонуп, үйдүн бардык чарбасын тындырып кетет* (Укаев).

АЯГЫ САЙ ТАППОО. Бир жерге байыр алып тура албай, тентиреп кыдырып жүрө берүү. *Алар бирде анда, бирде мында, деле аяктары сай таппайт* (Бектенов). *Кара башы каржалып, аягы сай таппай нечен жыл каңгыбадыбы* (Бейшеналиев). *Сөзүнө турбай, мени жаш балача алдап, аягы сай таппаган селсаяк, терс аяк ырчыны кызыңа күйөөлөтүп...* (Бейшеналиев).

АЯГЫ СУЮК. Жүрүш-турушу начар, жүрдөөк, туруксуз, жеңил мүнөз. *Биринчиден, бул аялдын аягы суюк, Кармыштын көзүнө чөп гана эмес, дөңгөчтү тобу менен салып жүрөт* (Эшимбеков). *Бирок хандын аялынын аягы суюк болуптур* («Ала-Тоо»). *Аягы суюк зайыпка, Кыйшаңдуу айткан сөз жакшы* («Мендирман»).

АЯГЫ СУЮЛУУ. Азаюу, сейректөө, бирин-серин боло баштоо. *Орозбай болсо бул иштин аягы суюлуп кетти деп ичинен жымыйып калган* (Өгөбаев). *Анан калса ушундай кишилердин аягы суюлбай чыга бергенин кантесиң* (Айтматов). *Соодагер жасакерлердин* аягы суюла түшкөн күндүн биринде Байымбет Дүргө зыярат жасады (Бейшеналиев).

АЯГЫ ТЫЙЫЛУУ. Токтолуу, болбой калуу, жок болуу. *Колхоздо ээн-эркин көчө таптап жүргөндөрдүн аягы тыйылды* (Медетов).

В.: Аягы үзүлүү. *Апасы менен туушкан таякелери эне-атасынын көзү өтө элкете каттап калышчу эле, эми алардын да аягы үзүлдү* (Өгөбаев). *Бирок аркайган аска-зоолор күндөп-түндөп карышкыр туун жаткансып аягы үзүлбөйт* («Ала-Тоо»).

АЯК АЛЫП ИЧЕР УЛУУ. Жаш жагынан анча-мынча, бир аз гана улуулугу бар. *Жапар менден аяк алып ичер улуу* («Ленинчил жаш»).

АЯК АСТЫ КЫЛУУ. Кордоо, басынтуу, басмарлоо. *Кантип эле мына ушунун баарын аяк асты кылат?* (Абдукаимов).

АЯК АСТЫНАН. Тымызын, астыртан, билгизбей, билмексен болуп. *Мээлей издеген болуп аяк астынан үйдүн ичине көз салды* (Укаев).

АЯК БАСУУ. Белгилүү бир жашты, мезгилди, мөөнөттү өтүү. *Алтымыш ашып, жетимишке Аяк баскан кезим бул* («Эр Табылды»).

АЯК-БАШЫН ЖЫЙНОО. Ойлонуу, аркы-беркини байкаштыруу. *Кабарчы келет, аяк башыңды жыйна, айтар сөзүңдү камда* (Егиналиев).

АЯК-БАШЫН ТАППОО. Эмне болуп кеткенин билбей чаташып калуу, жаңылышып калуу. *Өлчөм уйкаштарына келгенде ырдын аяк-башын таппай калды* (Абдукаимов).

АЯК БОШОТОР. 1. Жатып ичер, жан бакты, бекер оокатка көнгөн, жалкоо. - *Э, аш ичип, аяк бошотор болдук дечи* (Укаев). *Кыйратып ийдиң беле?.. уйку, тамак,... Ох аяк бошотор* (Осмоналиев).

2. Эмгек кылууга жарабаган (жашы жете электигине же кары-картындыгына карата). *Сокурмун, элге пайдасызмын, аяк бошотормун* (Жусупов). *Өзүнөн башкасы али аяк бошотор* (Өмүрбаев).

АЯК СЕРППӨӨ. Эч кыймылга келбөө, сулк жатуу. *Качан темирдин курч мизи маңдайына бата түшкөндө каңк этип, аяк серппей сулады* (Осмоналиев).

АЯК ЫЛОО. Жөө жүргөнчө эптеп минип жүргөнгө жарагыдай начарыраак унаа, мингич. *Ат тапканча аяк ылоо деп,айыл-апага бара калганда илкитип мине калат* (Баялинов). *Башка адамдан аяк ылоо алып, Ак-Талааны карай ооган* (Осмоналиев).

АЯЛ-БУЯЛГА КЕЛБЕЙ. Баш-аягын жыйдырбай, арыдан бери шаштырып. *Мунун аял-буялга келбей атанганына караганда каарду окуя бардай* (Бейшеналиев).

АЯН БЕРҮҮ. Алдын ала белги берүү, күн мурун сезилүү, боло тургандыгы жөнүндө шек-шыбаа болуу. *Түшүнө аян бергенби же башка себеби барбы? (Осмоналиев).*

-Б-

БАА ЖЕТКИС. Эң мыкты, абдан маанилүү, зор мааниси бар, баалуу. *Алдыңкы тажрыйбаны пропагандалоо баа жеткис роль ойноого тийиш* («Коммунист»). *Аскар өмүрдүн эртеңинде баа жеткис сонун табылга таап, өзүн да, кишилерди да кубантчудай сезди* (Сыдыкбеков). *Улуу акындын бул эмгеги да баа жеткис эмгек* (Бөкөнбаев).

БААРЫ БИР. Эч кандай айырмасы жок, бирдей, окшош. *Мага баары бир. Бар деген жагына бара берем* (Сыдыкбеков).

БААСЫ КЕТҮҮ. Кадыр-баркы төмөндөө, кадыр-барктан кетүү, мурдагыдай болбой калуу. *Тоголок Молдодон акыры жалтайлап өзү чегинип, баасы кете түшкөн болушка Жалий нааразылыгын түйгуза чакырайды* (Бейшеналиев).

БААТЫР СҮЙЛӨӨ. Тайманбай, тартынбай чоң сүйлөө, өкүм сүйлөө, ооз көптүрүп, көтөрүлүп сүйлөө. *Жүрөгү курч жаш балдар ошентип баатыр сүйлөйт да* («Ленинчил жаш»).

БАБАСЫН ТААНЫТУУ. Эсине келтирүү, теске салуу максатында катуу жазалоо, бирди көрсөтүү. *Мен төө болсом, башымды иемби сага. Бабаңды тааныtam, Көзүңдү чоңураак ачып кара* (Борбугулов).

БАГАЛЧАГЫ КАТУУ. Бойго жетүү, чоңоюу, эр азамат курагына келүү. *Багалчагы катып балтыры өскөндө кегин кетирбес* (Жантөшев). *Боконосу болкоюп, Болуп калган көрүнөт. Багалчак катып балтайып, Толуп калган көрүнөт* (Сейтек).

БАГАЛЧАГЫ МАЙЫШУУ. Бир нерсеге туруштук бере албоочудай абалда абдан кыйналуу, кабыргасы кайышуу. *Же багалчагым майышып, Балбандын күчүн көрбөдүм* («Эр Табылды»). *Астындагы Чалкуйрук багалчагы майышты, Бели, ийилип ошондо, сөөктөр бүтүн кайышты* («Эр Табылды»).

БАГАЛЧАГЫ СЫЙБОО. к. Башы батып багалчагы сыйбоо.

БАГАЛЧАГЫ БАТУУ. к. Башы батуу.

БАГАЛЧАГЫН ЧАГУУ. Жазалоо, бирди көрсөтүү. *Багалчагын чаккыла Барлык сырын уккула* («Эр Табылды»).

БАГЫ БАЙЛАНУУ. Ойлогон оюна, максатына жете албоо, иши оңунан чыкпоо. *Курсакта жаткан кезимден эле багымдын байланганын уктуң го* (Сыдыкбеков). *Байланган беле багыбыз, Сынган беле шагыбыз* («Сейтек»).

БАГЫН БАЙЛОО. Мүмкүнчүлүк бербөө, келечегине жолтоо болуу, бөгөт болуу, жолун тосуу. *Багымды датка байлады Мээнетим бекер сайлады* (Тоголок Молдо). *О, мен малга кызыгып, баламдын багын байлаган ата эмес элем* (Сыдыкбеков). *Эгер менин ата-энем душманга алдатпаса, мүмкүн бул иш болбойт эле. Кантейин, түшүнбөстүк эки жаштын багын байлап, өмүрүн кести* (Жантөшев).

БАГЫҢ БАЙЛАНГЫР. Жакшылык көрбөгүр, ишиң оңунан чыкпагыр, тилегиңе жетпегир деген маанидеги каргыш. *Бүтүн ак жоолуктун наамын булгады э, багың байлангыр!* («Ала-Тоо»).

БАЗАР КӨРГӨН. Башынан жаман-жакшыны өткөргөн, бир аз кагылган, турмушка түшүнүп калган. *Базар көргөн байкушсуң Маа жарабайт айтышың* («Манас»).

БАЗАР КӨТӨРБӨГӨН. Өтпөгөн, эчтекеге арзыбаган, эч ким сурабаган, өтүмү жок, начар (көбүнчө сатыла турган мал же буюм-тайымга карата). *Базар көтөрбөгөн мал. Мунуң базар көтөрбөйт го,түйтөйүп эң жүдөө көрүнөт.*

БАЗАРЫ АЧЫЛУУ. к. Базары көтөрүлүү.

БАЗАРЫ БАЙЛАНУУ. к. Базары тануу.

БАЗАРЫ ЖҮРБӨЙ КАЛУУ. Маниси кетүү, иши оңунда болбоо, иши оңолбоо, начарлай баштоо. *Үч фашист - эки солдат, бир лейтенант, Базары жүрбөй калган соодагердей* (Үмөталиев).

БАЗАРЫ КӨТӨРҮЛҮҮ. Бактаалайы ачылуу, иши оңоло баштоо, иши илгерилөө. *Санамбүбүнүн базары көтөрүлүп, мына ушул Токбайга туш келди* (Жантөшев).

В.: Базары ачылуу. *Ачылар бекен базарым Мен ушуга капамын* (фольк.).

Базары жүрүү. *Базары жүрүп турганда кимдин көзү ала чакмактабайт* (Осмоналиев).

БАЗАРЫ ТАРОО. Убагы, учуру, мезгили өтүп кетүү. *Оттой ойноо, желдей тентек жаш кыздар жетпесе, биздей уул-кыздын энеси болуп калган, базары тараган катынга атаңар эми ыраазы беле, катыгүн* (Сыдыкбеков).

В.: Базары өтүү. *Башынан базары өткөн кишинин эмдиги калган тиричиликтен эч кандай кызыкчылык күтпөй турганы белгилүү* (Укаев).

БАЗАРЫ ТАРУУ. Иши оңунан чыкпоо, максатына жетпөө, иши кыйчалыштоо. *Кантем-м? Базарым тарыды ээ, көктөйүмдөн багым байландың э-э?* (Сыдыкбеков).

В.:Базары эңиштөө. *Эңиштеди базарым, эстегенде капамын* (Токтогул).

Базары байлануу. *Жаштайынан базары байланып, зордук менен көп аялдын үстүнө тийген токолдордун башын ачабыз* (Бейшеналиев).

БАЙ БОЛГУР. 1. Жетиштүү бол, мал-мүлктүү бол деген мааниде бирөөгө карата айтылган каалоо, тилек.

2. Бирөөгө нааразы болгондо, нааразылыгын билдиргенде колдонулат. *Бай болгур, бир аз сабыр этип, сөз угузчу, жарылдабай.*

БАЙГАМБАР ЖАШЫНДА. Улгайып, токтолуп, калган, кадыр-баркка ээ болгон, жашап калган учур деген мааниде. *Байгамбар жашына келген киши. Байгамбар жашында ушинтип калжаңдап жүрөсүң - деп кемпири жемелей баштады* («Ала-Тоо»).

БАЙМАНАСЫ ТАШУУ. Дүйнөсү, байлыгы өтө көп болуу, ашыкча болуу. *Жердин жети түбүнөн Баяке экөөбүз байманабыз ташыганынан келди дейсиздерби* (Бейшеналиев). *Арааны ачылып, байманасы ташыган жаш манаптын чолосу тийбейт* (Бейшеналиев).

БАЙПАГЫ МАКМАЛ БОЛУУ. Оокат-тиричилиги өтө жетиштүү болуу, ашып-ташкан

кененчиликте, мыкты турмушта жашоо. *Анда сенин байпагың макмал болот деди* (Бектенов).

В.: Байпагы манат болуу. *Элдин байпагы манат болуп, ак нанды туурасынан чайнаган мезгил* («Советтик Кыргызстан»).

БАК ДААРЫГАН. Зор байлык, бакыт келсин, зоболоң көтөрүлсүн, даражаң артсын деген сыяктуу мааниде колдонулуучу алкыш. *Оозуңа май, догдурум! Мындан да зоболоң көтөрүлүп, бак даарысын! Мен макулмун кагылайын!* (Саатов).

БАК КОНУУ. Иши илгерилөө, даражасы, мартабасы көтөрүлүү, атак-даңкы чыгуу. *Бак конгон жигит. Акылсызга бак консо, Башын чулгуйт ойдолоп* (Осмонкул). *Ою эргип акылы толобу да, элине эмгеги сиңип бак конобу?* (Жантөшев).

В.: Башына бак конуу. *Дүр мырзанын башына бак конуп, ташы өөдө кулап турган чагы* (Бейшеналиев).

БАКА МАНДАБАЙ, ЖЫЛАН ЖЫТТАБАЙ КАЛУУ. Эч ким кирбей, эч бир жан каттабай, барбай калуу, жым-жырт болуп бош калуу, ээн калуу. *Биринчи күнү эки саат күтсөк да, дарбазаны бирөө ачмак тургай бака мандап, жылан жыттаган жок* (Саатов).

БАКАН ООЗ. Тыңчы, ушакчы. *Бул бакан ооз. Төртүнчүлөргө кеп ташыгандыгы үчүн кармалып отурушат* (Тойбаев).

БАКТЫГА ЖАРАША. Оңдой берди болуп, иши оңунан чыгып. *Бактыга жараша ушуларга туш келип калганыбызды кара. Бактыга жараша, телефондун ичке зымы бир дагы жолу үзүлбөй, бардыгыбызды бириктирген чыныгы көпүрөөгө айланды* («Жаш ленинчи»). *Бактыга жараша табигат мээримин төгүп турду.* («Ленинчил жаш»).

БАКТЫСЫН КАЧЫРУУ. к. Бактысын тебүү.

БАКТЫСЫ АЧЫЛУУ. к. Багы ачылуу.

БАКТЫСЫН ТЕБҮҮ. Өзүнө-өзү кедерги болуу, өзүнө келген бак-таалайды, жакшылыкты сезбей, баалай албай, жаңылыштык кетирүү. *Эмнесин айтасың. Акылы болсо ушуга барат беле? Жыргап*

турган жеринен бактысын тепти («Ала-Тоо»).

В.: Таалайын тебүү. *Төрөп эле берсең болду. Башкасынын кереги жок. Таалайыңды теппе, Шарапат, жаным* («Ленинчил жаш»).

Бактысын качыруу. *Ал бактыны баштан качырды.*

БАКШЫ ОЙНОГОНДОЙ БОЛУУ. Бака-шака опур-топур, ызы-чуу болгондой тынчы жок абалда болуу. *Буларың соо эмес, бакшы ойногондой болуп үйдүн ичин үч көтөрдү* («Кыргызстан маданияты»).

БАЛ ТИЛ. Адамды өзүнө тарта, кызыктыра жылмалап айтылган, ынандырып көйүткөн өтө чебер, жылма, сылык сөз. *Ырас, бай-манаптардын бал тилине алданып, ошолордун союлун чабышып жүргөн кедейлер да жок эмес* (Жантөшев). *Чоңмурун аны колтукка басып, бал тилин салып, Фрунзеге алып кетүү жөнүндө сөз козгоду* (Баялинов). *Карабек кызылдардын чоңун бал тилге салып жанына аралжы тапчудай Каныбектин маңдайына барып тура калды* (Жантөшев).

БАЛА БАСТЫ БОЛУУ. Удаа-удаа, жүйүр-жүйүр төрөй берип бала-бакырадан чыга албай калуу, ээн, эркин боло албай калуу. *Жеңем жашынан эле бала басты болуп, отуруп калды* («Кыргызстан аялдары»). *Чүкүй бала басты болуп чүнчүгөн да жок* (Өмүрбаев).

БАЛА БОЛУП БАШЫНА ЖҮН ЧЫККАНЫ. Туулганы, төрөлгөнү, жарык дүйнөгө келгени, жаралганы, өмүрүндө. *Бала болуп башыма жүн чыкканы мындай кепти уккан эмесмин* (Токобаев).

В.: Башына жүн чыкканы. *Башына жүн чыкканы бакырганы ушул болуу керек, Орозкулга туталана ачууланды* (Айтматов).

БАЛА ЖАНДУУ. Балдарды абдан жакшы көргөн, балага үзүлүп түшкөн, өзгөчө боорукер. *Жаш туруп бала жандуусун кантесиң* («Кыргызстан аялдары»).

БАЛА САЛУУ. Туур маалына жетпей, төлү эртерээк өлүү түшүү. *Мал арык болсо, бала салып төлү чыгымдуу болушу мүмкүн* («Ленинчил жаш»).

В.:Бала таштоо. *Былтыр бала таштап койгон.*

БАЛАКЕТ БАСУУ. Кырсык чалуу, кырсыктоо. *И... унчукпай калды... бизди балакет басып, шерменде болгон экенбиз го деп ойлоду* (Жантөшев).

БАЛАКЕТ БАСКЫР! Кырсык чалгыр, жакшылык көрбөгүр, жаманчылыкка дуушар болгур деген сыяктуу наалат айтуу, каргоо маанисинде колдонулат. *О, балакет баскыр десе! - Алкы бузулган манаптар, атаң бербесе деле торпокту алат эле да! - деп Сурма терең үшкүрдү* (Жантөшев). *«Мындайга көз да тийбейт, балакет баскыр», - деп ойлоду Кылычбек* (Жакыпбеков).

БАЛАКЕТИМДИ АЛ. *Мага асылба, тийишпе, мага келүүчү кырсык, кыйынчылык сага келсин, менден айлан деген маанидеги наалат айтуу, каргоо. Менин балакетимди албай жөн жүр. Көрсө, менин балакетимди алып жүргөн ошол экен да* («Чалкан»).

БАЛАКЕТИҢДИ АЛАЙЫН! Бирөөгө (көбүнчө балага, өзүнөн кичүүлерге) жалынып-жалбаруу, жакшы көрүү маанисинде колдонулат. - *Балакетиңди алайын, оорукчан элең, - деп уулуна айтып тиги кемпир көзүнө жаш алды* (Мидин). *Балакетиңди алайын, туура кылыпсың ошону* (Жусупов). *Балакетиңди алайын, ал сенин атаңды катуу кадырлайт* (Тойбаев).

В.: Мээнетиңди алайын. - *Мээнетиңди алайындар! Чоңойдуңарбы? Бөбөктөрүнөр чоңоюп жатабы? дешип Сурма менен Кадыр неберелерин өбүшүп,... тозуп келген машинага түшүп шаар ичине карай жүрүп калышты* (Жантөшев).

БАЛАКЕТКЕ КАЛУУ. Кандайдыр бир коогалуу, жаман ишке кабылуу, кырсыктуу ишке дуушар болуу. - *Сак бол, жолдош Белек. Бир балакетке калба. Ар бир ишти өзүң байкап турбасаң, кай бир кишилер сыртынан сатып жибериши да ыктымаал* (Жантөшев).

БАЛАКЕТТЕЙ БИЛЕТ. Ал абдан укмуш, кыйын, анын билбегени жок. *Ал андайларды балакеттей билет, жөн эле ошентип жатса керек. Ал эсеп-кысапты балакеттей билет, алдыра койбос* («Чалкан»).

БАЛАЛЫГЫҢ БАШЫҢДАН ЧОҢ. Түшүнбөстүгүң, билбестигиң көп, кагыла электигиң көрүнүп

турат деген сыяктуу анча-мынча жеме оодаруу маанисинде. *Бизге кеңешпей туруп ушундай иш кыласыңбы? Балалыгың башыңдан чоң. Эми ойлонушалы, эптеп айласын табуу керек* («Ленинчил жаш»).

БАЛАЛЫК КЫЛУУ. Билбестик, түшүнбөстүк менен кемчилик кетирүү, туура эмес иш жасоо. - *Бекер кылыпсың, балам. Балалык кылыпсың. «Жолоочуну ээрчип ит өлөт», - дейт* (Бейшеналиев).

БАЛАНЫН СӨЗҮ. Болбогон, орундалбай турган, ордунан чыкпай турган анча ишенимдуу болбогон. *Ой, кокуй оой, баланын сөзүн сүйлөйсүң да* («Ала-Тоо»). - *А сен, үч жылдык түшүмүн да ала келесиңби?! Таза баланын сөзү, - деди Өтөгөн өз сөзүндө көшөрүп* (Абакиров). - *Э, баланын сөзүн сүйлөйсүң да* (Мырзаев).

БАЛАНЫН ҮЙҮ, БАПАНЫН АЛАЧЫГЫ. Тартипсиздик, ээнбаштык кылуучу жай. *Бул баланын үйү бапанын алачыгы эмес, уяттуу кишинин үйү, тарагыла, - деп байкем бизди кууй баштады* («Ала-Тоо»).

БАЛАПАН ЖҮНҮ БАТА ЭЛЕК. Чоңое элек, өсүп жетиле элек, турмуштун ачуу-таттуусун башынан өткөрө элек, өтө жаш. *Байымбет балапан жүнү бата электе, жаштайынан жетимдиктин үстөкө-босток соккусунан жилкини түгөнүп.. маанайы пас жүргөн...* (Бейшеналиев).

В.: Балапан түгү түшө элек. *Сурма бетинен балапан түгү түшө элек, ак жуумал, уяң көз, бир мүнөздүү он беш жашар кыз* (Бейшеналиев).

Чырымтал жүнү түшө элек. *Чырымтал жүнү түшө элек, Оозунан сүтү кете элек* (фольк.).

БАЛДЫРКАН ЖҮНҮ КАТА ЭЛЕК. Өсүп жетиле элек, күчкө толо элек. *Балапан жүнү бата элек, Балдыркан жүнү ката элек* (фольк.).

БАЛЖА-БУЛЖА КЫЛУУ. Майда-майда бөлүктөргө бөлүү, ажыратуу, барча-барча кылып талкалап жиберүү. *Бат эле балжа-булжа кылып ийишти.*

БАЛТА-КЕРКИСИ КОЛУНДА. к. Керки-балтасы колунда.

БАЛТА ЧАБАР. Шилтеген жакка бара берген, колунан бир нерсе келип, ишке жарай турган. *Момундарды дүрбөткөн чыр башы, алардын балта чабары Мамбет. Мырза чындап анын көзүн тазалоого ызырынды* (Бейшеналиев).

БАЛТАСЫН ЧАБУУ. к. Камчысын чабуу.

БАЛТЫР БЕШИК. 1. Баланын 6-7 айлык болуп талпынып, торолуп калган учуру. *Балтыр бешик неберемди жыттасам пейлим тоюп, топуктанам* (Бейшеналиев). *Жеңишбектин балтыр бешик кези* (Сыдыкбеков).

2. Жаш, өсүп жетиле элек, эч нерсени түшүнө элек, мадыра баш. *Пайгамбар жашына келип калсак да, балтыр бешик балдарга алдырып койгон кез, дос* (Бөлөкбаев).

БАЛТЫР ЭТИ КАТА ЭЛЕК. Жаш, баралына келе элек, акылы толо элек. *Батыр эти толо элек бала чагымда ошондой эстүү-баштуу, окуган билим болбосо да, көкүрөгү дилгир адамдарга үзөңгүлөш кылган тагдырыма ыраазы болом* (Айтматов).

БАЛТЫР ЭТИ ТОЛУУ. Эрезеге жетүү, бой тартып чоңоюу, эр жетип, баралына келүү, күчкө толуу. *Эхе-е, балтыр этиң толуп, бакыйган жигит болуп келген турбайсыңбы!* (Тойбаев). *Балтыр эти толо электигине, каруу эти ката элегине карабай, айылдагы жеңилди жерден, оорду колдон алды* (Абакиров). *Балтыр эти толо элек, Балбан чагы боло элек* («Манас»).

В.: Балтыры катуу. Эзилген кедей эс алып, Балтыры катып торолгон («Жазгыч акындар»).

БАЛТЫРЫ БАТУУ. Бир жерге байырлап туруп калуу, алынышып, үйүр алышып кетүү. *Байымбет балтыры бата электе күндөлүк көнүмүш милдетин аткарбай кечиккенине туталанды* (Бейшеналиев).

В.: Балтыры сыюу. *Бөтөн эл, бөтөн жерге байырлап, балтырым сыяр бекен деп көп ойлоно турган* («Ала-Тоо»).

БАЛЫК КӨЗ. Сорпонун үстүңкү бетинен кичинекей тегерек-тегерек болуп анда-санда көрүнгөн майга карата айтылат.

БАЛЫК ЭТ. Адамдардын, айбандардын кыр аркасынын эки жагына бойлото кеткен же булчуңдарындагы сулп эт. *Эки арканын балык эт, Туу коендун жонундай* («Мендирман»). *Таңуунун алдындагы балык эт көгүлтүр тартып, терилери түлөп.. жанды чыгара кычышат* (Осмоналиев).

БАЛЫККА ТИЛ, ДӨҢГӨЧКӨ ЖАН КИРГИЗҮҮ. Өтө эпчилдигин көргөзүү, ар кандай айла, амалдар менен аракеттенүү. *Анын кайсы амалын билебиз. Балыкка тил, дөңгөчкө жан киргизип жиберчүдөй болгон бир шуулдак өңдөнөт* («Кыргызстан маданияты»).

БАР БОЛГОНУ. Бардыгы, турганы. *Тоого чейин жапжакын, бар болгону жарым чакырымдай болучу* (Өмүркулов).

БАРАР ЖЕР, БАСАР ТООСУ ЖОК. Үмүт кылар, бел байлар, ишенер эч нерсе жок. *Канчалык ойлонсом да жолум туюк... Барар жер, басар тоом жок, менин көзүмө эч нерсе көрүнбөйт* (Жантөшев). - *Кагылайын Батийна, өзүм алсыз экем, барар жер, басар тоо жок, айлам кетип турат, маа капа болбо, садага?* (Сыдыкбеков).

В.: Барар жер, батар ийин жок. - *Ненин акылы. Барар жер, батар ийин жок калды го, менде* (Бейшеналиев). *Барар жерим, батар ийиним жок* («Ала-Тоо»).

БАРБАГАН ЖЕР, БАСПАГАН ТООСУ ЖОК. Көп жерди кыдырган, көп жерге барган. *Анын барбаган жери, баспаган тоосу жок. Барбаган жерим, баспаган тоом калган жок. Эч дарек билинбейт* (Жантөшев).

БАРМАГЫ МЕНЕН МАЛ ТАПКАН. Өнөрлүү, өтө чебер, колунан бардык иш келген, абдан устат. *Балкасы менен зар чапкан, Бармагы менен мал тапкан* (Тоголок Молдо).

В.: Бармагынан бал тамган. Өтөгөн деген өз өнөрү менен, өз мээнети менен бармагынан бал тамган, өрөөнгө белгилүү багбан (Абакиров).

БАРМАГЫН ТИШТӨӨ. Өткөн ишке өкүнүү, арман кылуу, өкүттө калуу (көбүнчө ойлогон ою орундалбай, иши оңунан чыкпай калган учурда). *Көбүрөөк чыгат го деген үмүтү ойрондогондо Айылчы бармагын тиштей мыкыйды* (Бейшеналиев). *Тирүүсүндө сыйлап*

жүрө албагандыгына өкүнүп, ошондо бармагын тиштеди (Абдукаимов). *Барпы жаштыгын, аял ала электигин эстеп бармагын тиштеди* (Байтемиров). *Үйү жок, жайы жок тентиген неме да! Мейли, өз убалы өзүнө тим кой өкүнүп бармагын тиштесин* (Айтматов). *Кетирилген чекилигимди эстеп, бармагымды тиштедим* (Айтматов).

В.: Бармагын кесе тиштөө. *Бармагын кесе тиштеп, тим болбоско арга жок* (Осмоналиев).

БАРМАК БАСТЫ, КӨЗ КЫСТЫ. Башкаларга билгизбей, астыртан, тымызын бүтүрө салмай амал, амалкөйлүк деген мааниде айтылат. *Ташкенден келген өкүл Кызылбаш менен «бармак басты көз кысты» кылганын эл да укту* (Каимов). *Көп учурда «бармак басты, көз кысты» кылышып акы төлөшпөй малайларын айдап жиберишкен куулар четтен чыгат* («Ала-Тоо»). *Бармак басты, көз кыстылар жоюлуп, Эмгектенген колхозчуга берилсин* (Осмонкул).

БАРМАК БАСЫМ. Кичинекей, кенедей, бармактын ордундай. *Оң далынын үстүнөн бармак басым жери ооруп турганын айтты* («Ала-Тоо»). *Бармак басым жери көгөрүп калыптыр.*

БАРМАККА БАСЫП, ТЫРМАККА КЫСЫП. Кысынып, эптештирип, абдан үнөмдөп (оокат кылуу, жашоо ж.б.). *Ал кездин эмнесин айтасың? Бармакка басып, тырмакка кысып эптеп күн өткөрүп келдик* («Ала-Тоо»). *Бармакка басып, тырмакка кысып биздин тырмалап жыйнаганыбыз ушул, балам, таарынба - деп энеси кичинекей бетаачыга түйүлгөн немени уулуна берди* («Ленинчил жаш»).

БАРСА КЕЛБЕС. Барыш-келиши өтө кыйын, татаал, жолу катаал. *Барса келбес жер.*

БАРЫНАН ЖОГУ. Мындай болгондон көрө болбой койгону түзүк, тирүү жүргөнүнөн жүрбөгөнү, болбогону оң. *Кара башын калкалаган жатып ичерлердин барынан жогу* («Чалкан»).

БАРЫП ТУРГАН. Жеткен, аябаган, абдан, чектен чыккан деген мааниде кандайдыр бир сапатты көрсөтүүдө колдонулат.

Барып турган куу. Барып турган жалкоо. Барып турган шалакы.

БАСА ЖАТУУ. Бир жерде көбүрөөк болуп, конуп-түнөп калуу, узагыраак, көбүрөөк болуу. *Келген конок баса жатты.*

БАСА КАЛУУ. 1. Өтө муктаж болгон, абдан керектүү нерсени көргөндө эт-бетинен кетүү, үзүлүп түшүү, башы менен кирип кетүү. *Ал дегениң дүкөнгө турабы, азыр. Кырылышып, баса калып талап албайбы, турса* (Абакиров). *Өңгөчө аялдар баса калат базардан, таза болсо, дандуу, ири болсо, тим эле жерге тийгизбей талап кетет* (Абакиров).

2. Колдон келет кылуу, басмырлай берүү, өкүмдүгүн, зордугун көрсөтүү. *Дөөт балбан баштаган, каардуу Калпа ажынын жасоолдору бейкут жаткан айылдарды аралап, бейкүнөө бечаларды баса кылып, кыңк эткен бирөөң болбосун! Белиңер омкорулат - деп күпүлдөштү* (Бейшеналиев).

БАСА КӨКТӨӨ. Эч нерсеге карабай, өз билгендей, уруксатсыз иштөө, зордоп, өкүм мамиле жасоо. *Жол бербегендерди сүрүп ташап, баса көктөп келе берди* («Ала-Тоо»). *Мал айдатып бара жаткан бир купец, баса көктөп, айыл үстүнө малын каптатып жиберет* (Баялинов). *Кален эки жолдошун баштап улук үстүнө баса көктөп кирип барды* («Кыргызстан маданияты»).

БАСА КУЮУ. Толтурарак, көбүрөөк, көп-көптөн берүү. *Чоңураак идишке баса куюп бер. Суусаган неменин көзү ачыла түшсүн* («Ала-Тоо»). *Чайды баса куй.*

БАС ЖААГЫҢДЫ. к. Жаагыңды бас.

БАСКАН ЖОЛУНА ТОПОН САЛУУ. Кедерги болуу, жолун тосуу, тосколдук кылуу. *Баскан жолума топон салган, аа, боорүңду гана жеген Алымбай* (Жоошпаев).

БАСКАН ИЗИМ АРТЫМДА КАЛСЫН. Актыгын, күнөөлүү эмес экендигин ишендирүү, ынандыруу маанисинде каргануу иретинде колдонулат. *Эгер мен ушуну калп айткан болсом, баскан изим артымда калсын, аке, - деп бала безилдей баштады* («Ала-Тоо»).

БАСКАН ИЗИН БЫЧАКТОО. Кастарын тигүү, абдан өчүгүп калуу, каршыгып артынан сая түнүү. *Баскан изин бычактап, Тегиз букар чогулуп, Жеңекемди ушактап* («Манас»). *Карачечекей хан агасынан айрылган Касымбек, .. Келдибек тукумунун баскан изин бычактап, Турдубай канкорду кунга жыгып, катуу жазалоого бар күчүн жумшайт* (Бейшеналиев).

В.: Баскан изин кетмендөө. *Койчубектин баскан изин кетмендеп чаап таштаса болот* (Бейшеналиев). *Андай кер аяктардын баскан изин кетмендөө керек дейт* («Ала-Тоо»).

БАСКАН ИЗИН ЧЕНӨӨ. Катуу куугунтукка алып аңдып калуу, артынан түшүү.

БАСКАН ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ. к. Сары изине чоп салуу.

БАСКАН ИЗИНЕ ЧӨП ЧЫКПОО. Жөн жүрбөй, жүргөн жерин бүлүнтүп, былтыгып жиберүү, куулук-шумдугу ашынуу. - *Эк-кинчи көзүм көрбөсүн сага окшогон жып-жылма азыткы түлкүнү! Сенин баскан изиңе чөп чыкпайт! Жогол, ушунчаңда!* (Бейшеналиев).

БАСМАЙЫЛЫ ЧЕЧИЛҮҮ. Иши начарлоо, кедери кетүү, шайы кетүү. *Ишинин басмайылы чечилип калган.*

БАССА-ТУРСА ДА. Дайыма, ар дайым, такай. *О, садага болоюндун үнү ай! ... Бассам-турсам да кадимкидей кулагыма угулуп турат* (Жантөшев). *Бассак-турсак да эске алып, жүрөк өйүдү.*

БАСЫГЫ БУЗУК. Жүрүш-турушу начар, туругу жок, жеңил мүнөз, түзүк эмес. *Басыгы бузук киши. Басыгы бузук жигит.*

БАСЫП АЙТУУ. Өзгөчө көрсөтүү, далилдеп айтуу. *Жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөр чарбанын артта калгандыгын басып айтты* («Советтик Кыргызстан»).

БАСЫП БЕРҮҮ. Бирөөнүн алдында кемсинтүү, корсунтуу, сындыруу. *Тилмечиңди чымын тийгизбес чилтендей коргойсуң. Аныңа бизди төбөлөп басып бердиң* (Бейшеналиев).

БАСЫП КОЮУ. Жашырып-жаап коюу же тыйып коюу. *Кандуу айыгышты басып коюш, Шабданга бекер жүктөлбөптүр* (Бейшеналиев).

БАТА КЫЛУУ. 1. Өлгөн адамга багыштап куран окутуп, жакындарына көңүл айтуу. *Өпкөлөбөй карала бийди өзүлөрү коюшсун. Кийин кол бошогондо бата кылабыз, - деп кара өзгөй жардыгын айттырды* (Бейшеналиев). *Айлына баралбадык. Агасына ушерден чогуу-чаран бата кылалык* (Бейшеналиев).

2. Баталашуу, убадалашуу. *Антты-шертти айтышып, бата кылдык* («Ала-Тоо»).

БАТАНЫ БУЗУУ. Айтылган анттан таюу, убаданы унутуу. *Айнектей баламды боздотпоюн, батаны бузбайын деп, убалынан коркконуман силердин тилиңерден чыкпадым* (Бейшеналиев).

БАШ АДАШУУ. Өтө көп же татаал нерсенин учу-кыйрын таба албай калуу. *Окшош үйлөрдүн көбүн айтпа, кайсы экенин билбей баш адашат* («Ленинчил жаш»). *Кең төрлөр, Эркинче жайылган калың мал, чынын айтсам, башым адашты* («Советтик Кыргызстан»). *Ал гүлдөрдүн улам бирине учуп-конгон эң сонун кооз көпөлөктөрдөн башың адашат* (Мидин).

БАШ АЙЛАНУУ. 1. Көңүлү карангылоо, өзүн начар сезүү, башы тегеренүү, алсырап кетүү. *Башым айланып, бүткөн боюм жанчылгандай, тырп этерге каруум жоктой сезилет* (Жантөшев). *Ышкынаалы көчөгө жеткенде башы айланып, кетчүдөй сендиректей барып токтоду* (Бейшеналиев). - *Туруп олтуруп сүйлөшсөм болот эле башым айланып кетет* (Осмоналиев).

2. Кандайдыр бир ишти аткарууда, маселени чечүүдө ж.б. учурда көпкө чейин ойлонуп, эмне кыларын билбей ыргылжын болуу, өзүнчө бир чечимге келе албай башы маң болуу. *Капыстан бул маселе алдына коюлуп капыстан бул маселе торго чалып алды да, Абылкасым буйдалып, башы айланып, бир топко бул тордон чыга албай турду* (Абдукаимов).

БАШ АЙЛАНМА. Чечилиши, орундалышы өтө кыйын, татаал, эмне кыларды билбей катуу ойлондуруп, туюкка алып келе турган. *Баш айланма башталганын эми көр* (Каимов).

БАШ АЙЛАНТКЫЧ. Азезил, азгырма. *Ошондой баш айланткычтардан алыс боло көр.*

БАШ АЛАМАН. Иретсиз, тартипсиз, чакчелекей, чаржайыт. *Бул жерде тартип да жок баш аламан, Куш көргөн каргалардан болдук жаман* (Аалы). *Үй ичи күү-күү болуп, баш аламан сөздөр айтылат* (Байтемиров). *Андан ары баш аламан боло түштү, Ушунум түш болсо экен деп тиледи* (Жусупов).

БАШ АЛУУ. Жаңы бүлөлүү болуу, келиндүү болуу. *Баш алмак оңой иш эмес, абдан ойлон, балам, - деди апам* («Ала-Тоо»). *Баш алган жерден аянбай калалы. Алган бүлөбүз ийгиликтүү болсо эле болду* («Ленинчил жаш»).

БАШ-АЯГЫ ЖОК. Баш аламан, тартипсиз, иретсиз, иреттелбеген, чаржайыт, чачкын. *Айтайын деген оюнун баш-аягы жок. Үй ээси тың болбосо, ошентип кармаган оокатынын баш-аягы жок болот* («Ала-Тоо»). *Баш-аягы жок аңгеме.*

БАШ-АЯГЫН ЖЫЮУ. 1. Жыйынып-теринип иреттелип алуу, тартипке келүү, жыйынчактуу абалга келүү. *Туш келди батырабай баш-аягы жыйнап, ичте да, сыртта да тартип бир кыйла бекемделип калган* («Ала-Тоо»).

2. Эсине келүү, өзүнө келүү, мурдагы калыбына келүү. *Баягыдай эмес, бир аз баш-аягын жыйып кайраттанып калыптыр. Болуш жылкынын артынан куугунчу жөнөтө албай бөгөлүп жатканда кара тамандар баш-аягын жыйып алышты* («Ала-Тоо»).

БАШ-АЯГЫНА КАРАБАЙ. Эч ойлонбой, алды-кийинин ойлонбостон эле, мейлиге салып. *Баш-аягына карабай качты. Куугунчулардан кутулган экөө баш-аягына карабай жаналакетке түшүп, чаап барышканда «күр-р» эткен доош чыгат* (Осмоналиев).

БАШ БААНА. к. Баш маанек.

БАШ БАЙЛОО. Кызга куда түшүп, кудалашып коюу же жесир аялды бирөөгө алып берүү, никелештирип коюу. *Кыйыр туганы Төлөмүшкө чапма ника кыйып, баш байлаган соң, ал жесирдин үстүнө кирет* (Бейшеналиев). *Аталаш агабыз - Акинге баш байлап койсок кантет? - Сага айтайын деп оозум батпай жүрбөйбү* (Осмоналиев). *Эгерде сен Сарыгул менен баш байласаң да менден жашырбооң керек эле* (Абдукаимов).

БАШ БАКПОО. Жолобоо, келбөө, жакындабоо, кирбөө. *Акбаланын үйүнөн башка бир да үйгө баш бакпады* (Укаев). *А Болот мойнун кессе да меймандар үстүнө баш бакпайт* (Бейшеналиев).

В.: Баш катпоо. *Ошондон кийин алардыкына баш катпай калды* («Ленинчил жаш»).

БАШ БЕРБӨӨ. Тил албоо, айтканга көнбөө, моюн сунбоо, өз билгенин иштөө. *Калпа ажынын миң жылкысын ... жылкычыларына баш бербей, он эки семизин тандап бөлүп союп жешет* (Бейшеналиев). *Касымбек таянганы бар үчүн баш бербей, коругун комсоолонтту* (Бейшеналиев). *Томаяктарды ашарга чогултуп тамын салдырып.. өзүнчө эле дүңкүлдөп баш бербеген неме дейт* (Бейшеналиев).

В.: Баш койбоо. *Ар элде бийлик жүргүзүп турган балдары бири-бирине баш койбой, ар кимиси ар жакка чоюп.. бөлүнүп кетти* (Касымбеков).

Бой бербөө. *Бу жолу да энем кайнилерине бой бербейт* (Сыдыкбеков). *Төрт гана адам бууракандаган толкундарга бой бербей жакын сүзүп бара жатышат* («Советтик Кыргызстан»).

БАШ БИЛГИ. 1. Билерман, мыкты, баштоочу, башкаруучу. *Бирок экөөң тең түпкүрдөгү тоо элинин таасирдүү баш билгиси катары таанылысыңар* (Бейшеналиев). *Бойлошту баш кылып Тынымсеит уруусунан дагы беш-алты баш билгисин жиберди* («Ала-Тоо»).

2. Үйрөтүлгөн, элпек (малга карата). *Баш билги мал. Баш билги торпок.*

БАШ БОЛУУ. Башкаруу, башчылык кылуу, баштоо. *Бөтөнчө ага умтулган Касымбек. Анын максаты Коңорчок, Тогуз-Торого чейинки элге баш болуп келген Келдибек тукумунун жолун торгоо* (Бейшеналиев). *Кара баркут кемселчен Саякбай акенин директор баш болгон бир топ мугалимдер ээрчитип келди* (Осмоналиев).

БАШ БУЛГАБОО. Айткан-дегенинен чыкпоо, макул болуу, тил алуу, моюн сунуу. *Баккоргон баш булгай албады* (Осмоналиев). *Оозунан чыгып кеткен сөзүнүн*

айыбын тартып баш булгай албай калат да, Кайрак тору бээсин берип кутулат (Осмоналиев). *Бирөө бир орундуу сөз айта калса, башкалары баш булгабай көнө калышат* (Жантөшев).

БАШ ЖАЗУУ. Ичкиликке чактырып, кыйналган, бүткөн бою салмактанып, башы ооруган абалды жакшыртуу максатында эртесинде кайрадан ичкилик ичүү. *Ой, эң кур дегенде баш жазууга да эчтеке калбаптырбы - деди начальник* (Бөлөкбаев).

БАШ ИЙҮҮ. Моюн сунуу, багынуу, айтканына, талабына макул болуу, көнүү. *Бул өмүрүмдө эч кимге баш ийбедим* (Жантөшев). *Чындап баш ийгенин байката, бутун солбуй чөгөлөй комдонду* (Бейшеналиев). - *Байым башынан мыйзамга баш ийген адам* (Сыдыкбеков).

БАШ КАЛКАЛОО. Бир жерге баш маана кылуу, байыр алып, эптеп күн көрүү, кимдир бирөөнүн кароосунда болуу, аны кара тутуп, жан сактоо. *Нусуке Аталуу башкарган элде баш калкалап туруп калат* (Осмоналиев). *Курткадан куугунтук жеп, баш калкалап качып кеткен мен деле,... жерсинип сиңишип калдым* (Бейшеналиев). *Кайын атасы - кастарлуу карыянын калкасында үч баласын багып баш калкалаган Коңур жесир* (Бейшеналиев).

БАШ КАНЖЫГАНДА, КАН КӨӨКӨРДӨ. Өлүм коркунучу башына келген өтө оор абалда, жоокерчилик шартта, кыйын кезең учурда. *Азыр жай жаткан эч ким жок, баш канжыгада, кан көөкөрдө* (Абдукаримов). *Жигиттер, баш канжыгада, кан көөкөрдө* (Турусбеков).

В.: Баш канжыгада. *Ушинтип биздин тагдыр таймашта. Баш канжыгада, Жан өчүгүштө* (Бейшеналиев).

БАШ КАТЫРМА. Оңой-олтоң биле койгудай эмес, өтө татаал, табышмактуу. *Жаңыдан гана кадам шилтеген өмүрүмдө ушунчалык баш катырмаларга кездешүүдөмүн* (Бейшеналиев).

БАШ КАТЫРУУ. Көп ойлонуу, абдан ойлонуу. *Атам барда мынчалык камыгып, турмуш жөнүндө баш катыруу кайда дейсиң* (Абдукаримов). *Бурулча баласы бой тартып калганына кубанып, көптөн бери бир ойго баш катырат* (Байтемиров).

БАШ КЕСЕР. Киши өлтүргүч, кан ичкич, мыкаачы. *Байманаптын тушунда Айдалып жүрүп куурадым, Баш кесерлер жоголуп Кубанып жүргөн убагым* (Токтогул). *Нурхан келери менен баш кесерлер өздөрүнүн карасанатай ойлорун ишке ашыруу үчүн чогулуп сүйлөштү* («Кыргызстан маданияты»).

БАШ КОЙ. 1. Баш ийүү, моюн сунуу. *Бара-бара карылыкка баш коюп, бойдон кубат тайды* (Каимов).

2. Кириштүү, өтүү. *Түн ортосунда гана Эрмек экөөбүз уйкуга баш койдук* («Ден соолук»). *Аюу бекем жасалган үйүнө кирип, узак уйкуга баш койду* (Каимов).

БАШ КОШУУ. 1. Бирге болуу, чогулуу, биригүү, бир тилектеш, мамилелеш болуу. *Улуу-кичүү дебей баарыбыз баш кошуп, аракет кылсак, колдон келбей турган эч нерсе жок, жолдоштор!* («Ленинчил жаш»). *Баатырлар баш кошуп, сап-сап болуп жөнөштү* («Семетей»). *Кээде аталары баш кошуп, минтип баарлашып отуруп чер жазчу* (Кыдырмышев).

2. Үйлөнүү, турмуш куруу. *Экөөнүн көнүлү жакын болуп, кат жазышса, баш кошкону жүргөндүр* (Абдукаимов). *Менин жүрөгүм таза эле. Жапаш менен баш кошуп, бирге өмүр сүрүп, эл үчүн эмгек сиңирсем дечү элем* (Жантөшев).

БАШ КОШТУР. 1. Чогултуу, бириктирүү, жыйноо. *Карыларды баш коштуруп, акыл сурады* («Ала-Тоо»).

2. Үйлөндүрүп, турмуш курдуруп коюу. *Ата-энелери кеңешип туруп, экөөнү баш коштуруп койду.*

БАШ-КӨЗ БОЛУУ. Башчылык кылуу, башкаруу, көз кырын салуу, каралашуу, жардамдашуу. *Агалары жоокерчиликке аттанып, ... ал жакадагы жалчы-койчуга баш-көз болуп калат* (Абакиров) - *Кой, сен үй-жайга, тегирмениңе баш-көз бол* (Бейшеналиев). *Мындай жигиттер кантип бизге баш-көз болбосун* (Саатов).

БАШ КӨТӨРБӨӨ. 1. Бир нерсеге өтө берилип иштөө, бүт мүмкүнчүлүгү, бардык күчү менен аракеттенүү, катуу киришүү. *Каламиңди койкоңдотуп кечке бирдемени шилтегенсип, такыр баш көтөрбөйсүң* (Бейшеналиев).

Кедейлердин .. баш көтөрбөй термелеген мээнетчилдиги кайра өзүлөрүнүн шорун кайнатууда (Бейшеналиев). *Биз күнү-түнү баш көтөрбөй иштедик* («Кыргызстан аялдары»).

2. Каршылык көрсөтө албоо, өзүнүн алсыз экендиги көрүнүү. *Ай, алдуунун таманы алдында баш көтөрө албай тебеленген алсыздык күн ай!* (Осмоналиев). *Жармач тууганларың жер чукушуп, баш көтөрө алышпай калышпадыбы? - деди Асанбайга тууганлары* (Сыдыкбеков).

3. Катуу сынып калуу, уят болуп калуу. *Эл алдында баш көтөрө албай, журттан обочолоп калышты* (Каимов). Уялганыман кечке баш көтөрө албадым (Мырзаев).

БАШ КӨТӨРӨР. Колунан иш келер, бир нерсеге жарар, кол кабыш кылар. *Үйдө кайненем экөөбүздөн башка баш көтөрөр жан калган жок* (Элебаев). *Баш көтөрөр үй-бүлөнүн баары майданда жүрсө, силерге кайрылбаганда, силерден кол кабыш күтпөгөндө, анан эмне кылабыз?* (Абдукаимов).

БАШ КӨТӨРТПӨӨ. Эч мүмкүнчүлүк бербөө, буямасын, чактысын келтирбөө, көз ачырбай үстөмдүк кылуу. *Баш көтөртпөй иштетти* («Ала-Тоо»). *Баш көтөртпөй жетимди, Молдо кылып аламын* (фольк.). *Байлар жарды-жалчыларды баш көтөртпөй, алардын ар кандай аракетин .. ырайымсыздык менен басып турду* (Абдукаримов). *Ушул кездегидей билимим анда болсо, бай-манаптарды баш көтөртөт белем? - деп ошол кездеги билимсиздигине арман кылды* (Жантөшев).

БАШ КӨТӨРҮҮ. 1. Катуу оорудан айыга баштоо, сакайып, оңолуп, жакшы болуп кетүү. *Жаңы эле баш көтөрдүң, онтоону тилебечи* (Сыдыкбеков). *Ошол жылкы улуу тумоодон бирин-серин киши гана баш көтөрдү* (Элебаев). *Мен баш көтөрүп отуруп калдым* (Сыдыкбеков).

2. Жандануу, каршылык көрсөтө баштоо, такоол бергидей кудурети болуу. *..Кедейлерди баш көтөрүүгө, зулумдардан өч алууга үндөй жүр* (Бейшеналиев). *Жаңыдан баш көтөргөн кедей, кембагалдар бириге баштады* (Сасыкбаев).

БАШ КӨТӨРТҮҮ. Жөлөптаео, дем берүү, жардамдашуу. *Мүңкүрөп чөккөнүндө ошол мүдөөсү жетелеп баш көтөртпөдүбү* (Бейшеналиев).

БАШ МААНЕК. 1. Баш калкалай турган жай. - *Э, Кашкарым, алдастабай жайыңды айтчы. Сопоюп жалгыз кайтканыңа, энтелегениңе караганда бизге баш маанек табылган эмес го* (Бейшеналиев).

2. Караан. *Үйгө баш маанек болсун үчүн гана бирөөнү ала качып келүүгө болбойт* (Каимов)... баш-көз болбосо да, баш маанек болуп берсе кана («Чалкан»).

В.: Баш баана. *Же баш баана кылар жериң жок, ушинтип жүргөндөн уялсаң боло - дешип туугандарым ортого алышты* («Ала-Тоо»). *Кыскасы кыйлага чейин баш баана болду* (Убукеев).

БАШ ООГАН ЖАККА КЕТҮҮ. Белгисиз жакка кете берүү, кайыл болуу. *Кайда барарымды өзүм билбейм, баш оогон жакка кетейин* (Айтматов).

БАШ ООРУТУУ. Ойлонуу, сары санаа болуу, тынчсыздануу. *- Ой,... андагыны ойлоп башыңды оорутпачы, - деп койду эжекем* (Сыдыкбеков). *Кудай алсын, кайсы чечилбей койчу баш ооруткан талаш иштер бар эле!* (Осмоналиев). *Бай антип башын оорутуп көргөн жан эмес* (Каимов).

БАШ-ОТУ МЕНЕН. Биротоло, такыр, бүт бойдон, бир жолу. *Атасы баш-оту менен бийликти берген соң.. күчүнө чиренген манап эч нерседен күмөн санабады* (Бейшеналиев). *Кары кадырын сыйлабагандар, ичкиликке баш-оту менен кирип кеткендер ... деги кайдан чыгып жатат?* («Ленинчил жаш»). - *Алиги мендеги аласадан баш-оту менен кечтиңиздер* (Бейшеналиев). *Ошондон тартып коомдук иштерге да баш-оту менен киришип кетти* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Башы менен. *Бул китебиңиздин күчүн гана тургай, башы менен берээриңизге ишенем* (Бейшеналиев).

БАШ ТАРТУУ. Макул болбоо, айтканынан кайра кайтуу, айнуу, макулдугун бербей тайсалдап качып калуу. *Султаналы күчкө*

салып, Кудайберген менен кудалашып койду эле, Атай андан баш тартты (Каимов). *Табылды деген эр жүрөк азаматтын башчылыгы менен ыгым-чыгымдан баш тартып, кедейлер кол кураштыы* (Бейшеналиев). *Базарбек анын кекээрлүү сөзүн жактырбаса да, болгон ишти айтуудан баш тарткан жок* (Каимов). *Аткаруучулуктан, айтуучулуктан небак баш тарткам* (Бейшеналиев).

БАШ ТЕРИСИ БУЗУК. Кара ниет, жаман ойлуу, көңүлү туз эмес, начар. *Байымбет булардын баш териси бузук экенин, соо тегерек-тебегенин байкап, эптеп жумшартып кутулууга жан далбасалады* (Бейшеналиев).

БАШ ТЕРИСИНЕН КӨРҮНҮП ТУРАТ. Анын кандай адам экендиги, ким экендиги түрүнөн, сырткы кебетесинен эле байкалып турат деген мааниде көбүнчө бирөөнү мүнөздөөгө карата колдонулат.

БАШ ТЕРИСИ ОҢ. Жүргөн-турганы, жасаган иштери, кишиге жасаган мамилеси, ж.б. түзүк, жакшы, начар эмес. *Келиндин отуруп-турганын, кыймылын астыртан байкап отурган кемпир: «баш териси оң көрүнөт, түзүк эле киши болор» - деп ойлоп ичинен күңгүрөнүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

БАШ ТЕРИСИ ТЫРЫШУУ. Ачуусу келүү, кыжырлануу. *Баш териси тырышып, ... алагар көзү жырткычтыкындай тикирейген Касымбек Тоголок Молдодон суук айланчыктай кайпыды* (Бейшеналиев). *Бул сөздү укканда бектин баш териси тырышты* (Каимов).

БАШ ТЕРИСИН БАЙКОО. Жөн-жайын байкаштырып, сынап көрүү. *Ушинтип туруп Тообай чет-жакасын чыгарып, мунун баш терисин байкап көрөйүн деген кыязданды* (Кыдырмышев).

БАШ ТОГОЛОТУУ. Үйрөтүү, жол көрсөтүү, баштоо. *Томаяктарга баш тоголотуп азгырып жүргөн ошол Элеман, - деп болуш кыжына баштады* (Укаев). *Чолок ооз шайтан баш тоголотуп, аларды өзүнө союл кылып алды* (Сыдыкбеков).

БАШ УРУУ. Багынуу, моюн сунуу. *Кабарын уккан көп душман Жыгылып бизге баш*

урган (Барпы).*Күрөшкөндө күч да, кан да чачылмак, Күрөшконгө кыйындыктар баш урмак* (Аалы). *Жалдырадың жан талаштың баш урдуң* (Маликов). - *Чоке, кулдугум бар! Биз жыгылдык! Айыбын тартып, алдыңарга баш уралык* (Үмөталиев).

БАШ-УЧУН ЖЫЮУ. Иреттелүү, тартипке келүү, баш аламандыктан кутулуу, даярдануу. *Өзгөрүштү жүргүзгөн жаңы өкмөт баш үчүн жыйып толук иреттеле электиги да чын* (Бейшеналиев). *Баш-учуңду жыйып шаарга кел* (Бейшеналиев).

БАШ ЧАЙКОО. Бир нерсеге абдан өкүнүп, кайгырып же таң калып туруу деген мааниде колдонулат. *Карап турган эл журтуң Башын чайкашып зарлады* («Курманбек»). *Илгерилеп келе жаткан ишти кайра кетенчиктетет, бүлдүрөт, - деп кары башын чайкады* (Убукеев).

БАШ ЫЛДЫЙ. Бүт баарын, баардыгын, тегиз. *Оезной өзү аскер кураштырып, бунт чыгарган элди баш ылдый кырып кириптир деген айың чагылгандай тез тарады* (Сыдыкбеков).

БАШ ЫРГЫТУУ. Жаңы үй салып устунун көтөргөндө же боз үй жасап чамгарак көтөргөндө кой союп эл чакырып тамак бүрүү ырым-жырымы. *Баласына үй жасап, чамгарак көтөрүп, баш ыргытты* («Ала-Тоо»).

БАШКА БАШ КОШУЛУУ. Жаңы бүлөлүү болуу, жаңы бүлө кошулуу (көбүнчө келин алгандарга карата). *Албетте, жаңы келаткан келин кайдан, кимдин кызы болбосун ошол таптагы сүйүнчүлүү дүрбөлөң, кантсе да башка баш кошулганы, үйгө баш киргени турат* («Ленинчил жаш»).

БАШКА КЕЛҮҮ. Кокусунан кандайдыр бир нерсеге (көбүнчө кырсыкка, оор абалга, кыйынчылыкка ж.б.) дуушар болуу. *Башка келгенди көз көрөт* (макал). *Башка келсе көтөрбөскө чара жок.*

В.: Башка түшүү. *Карыпчылык абал башка түшүп, мүңкүрөп отурган кишилердин көңүлүн көтөргүсү келди окшойт* («Ала-Тоо»). *Айдан улам кыргыздар күн эсебин, аба ырайын, жылдын оор-жеңилин, башка түшөр жамандык-жакшылыкты болжогон* (Жусупов). *Жапаа жеке*

эле биздин башка түшүптүрбү (Бейшеналиев).

БАШКА САДАГА. к. Баштан садага.

БАШКА ТҮК ЧЫККАНДАН БЕРИ. Жаралгандан, жарык дүйнөгө келгенден, төрөлгөндөн. *Бала болуп башыма түк чыккандан бери так мына ушундай шартта жашап келатам* (Кыдырмышев).

БАШКА ТҮШҮҮ. к. Башка келүү.

БАШКА ЧАПКАНДАЙ. Заматта, тез, күтүлбөгөн жерден бир кокустук боло калгандай, бир нерсе катуу таасир эткендей деген мааниде. *Башка чапкандай кайра тартып, караандарды көздөй жүгүрдү* (Осмоналиев). *Сагыналы башка чапкандай шарт бурулуп далиске чыкты* («Кыргызстан маданияты»). *Чагыр башка чапкандай бир бозоруп, бир кызарды* (Осмоналиев).

БАШКА ЧАПСА БЫЛК ЭТКИС. Кебелбеген, эч нерсени тоотпогон, абдан калың, олбурлуу, көтөрүмдүү. *Жарыктык бабам олуя экен. Башка чапса былк эткис кара күчтү маа, ак колдукту саа жоруучу. Айтканы келди жарыктыктын* (Бейшеналиев).

БАШКА ЧУКАК. Баласы жок, тукуму аз, кемчил, жетишсиз. *Башка чукак кадеми каткырлардын тукуму уланып, бала төрөлгөнү жакшы жышаан* (Бейшеналиев). *Биз деле башка чукакбыз.*

БАШКА ЧЫГУУ. Үстөмдүк кылуу, бийлеп алуу, күч алып кетүү. *Башкарма, башкарма деп койсо, башка чыгып баратасың* (Абакиров). *Кутуруп башка чыгып баратышкан букараларды эсине келтирүү үчүн атайлап иштеген* (Каимов). *Келинди өзгөчө бөпөлөп кеттиң, башыңа чыгарып алба - деп бетине айтканы кайда* («Ала-Тоо»).

В.: Башына чыгуу. Өмүрүндө каяша сүйлөбөгөн Султаналы башына чыкты (Каимов).

БАШТАН АЯК. Бүт бардыгы, тегиз, түгөл, толугу менен. *Деле сүрүштүрүп тыяк-быяк, ата-жотолорубузду баштан аяк бүт билишет экен* (Бейшеналиев).

БАШТАН КЕЧҮҮ. Бирөөнөн кутула жадоо, андан кутулуу аракетин жасоо, баш тартуу.

Баштан кечкен кесир болот, ойлон! («Кыргызстан аялдары»).

БАШТАН ӨТКӨРҮҮ. Турмуштун көп нерселерине (чоң кырсыкка, оор кайгыга же жыргалчылыкка ж.б.) дуушар болду деген мааниде. *Оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев). *Көрдүк бейм баштан өткөрүп, Кесирлүү жаат урушун* (Тоголок Молдо).

В.: Баштан кечирүү. *Акындын жаштыгы катмар тоолордун ар жагындагы көрүнбөс дүнүйөдөй баштан кечирген кууралы, жыргалы менен алыстап далдоого сорулду* (Бейшеналиев).

БАШТАН САДАГА. Баш аман калса болду, башканын кереги жок, кечтим, калганы эч нерсе эмес деген сыяктуу бирөөлөрдүн көнүлүн улоо же өзүн-өзү сооротуу маанисинде. *Бир токол башыңдан садага, унчукпай тын дедиң. Тындым* (Бейшеналиев). - *Башыңыздан садага, бай, шумкардын канаты сыныптыр, араң эле жаны бар, - деди Кыяз* (Эшмамбетов).

В.: Баштан кулак садага. - *Сурабай ал атымдын жалкуйругун алтындап алып келсе да албаймын. Баштан кулак садага!* (Сыдыкбеков).

Башы-көздөн садага. *Жоголсо мейли, баштан-көздөн садага - деп, анын көнүлүн улап койду* (Тойбаев).

Башка садага. *Мейли мал башка садага* («Кыргызстан маданияты»).

БАШТЫ БАЙЛОО. Бир нерсеге белсенип киришүү, тобокел кылуу, өлүмгө даяр туруу, кайра тартпоо. *Ансыз да кыйынчылыкка башты байлап бара жаткан жигиттин алдында өзүн кармоого тырышып көрдү* («Ала-Тоо»). *Эл ичиндеги эр азаматтар башты байлап, батышты карай майданга аттанышты* (Бейшеналиев).

БАШТЫ ООРУТУУ. Болбогон бир нерселерди айта берип мазени алуу, тажатуу. *Көрүнгөн шылтоолорду айтып башты оорутту* («Ленинчил жаш»). *Эшик тындырбаган кардалар кулактын кужурун алып, башты оорутушту* (Бейшеналиев).

БАШТЫ ЧИРИТҮҮ. *Мындайда минтиш керек дегендер башты чиритишет ко*

(Кыдырмышев). *Башты чиритип, баламды азыткыдый имерип, акыры артына качса анысын билдирсин* (Бейшеналиев).

БАШЫ АЧЫК. 1. Эч кимге менчиктелбеген, эч ким ээ болбогон, эч кимдин тиешеси жок. *Башы ачык оокат. Башы ачык буюм.*

2. Кудалашкан, сүйлөшүп макулдашкан жери жок (кызга карата), башка күйөөгө чыгууга, кетип калууга мүмкүнчүлүгү бар, кылчактай турган, кармала турган эч нерсеси жок (күйөөдөн чыккан же жесир калган аялдарга карата). *Арзыган теңине жете албай зарыгып башы ачык кыз тургай, күнү үстүнө барган токолдор, кайындаган күйөөсүн чанган кыздар да сүйгөнүнө баш кошо баштады* (Сыдыкбеков). - *Кантип?! Менин башым ачык эмес да?* (Бейшеналиев). *Өнөрлүү келиндин башы ачык экендигин айтсам, акын токтоосуз учасың* (Бейшеналиев).

В.: Башы бош. *Эмне үчүн «башым бош эмес» дединг, башы бош да кыз болобу?* (Убукеев).

БАШЫ АЧЫЛУУ. Эркиндигин алуу, өз алдынча болуу мүмкүнчүлүгүнө жетүү. *Үрпүкан энеси менен жеңесине сыр бөлүшсө, алары башы ачылмайынча антташкан жигитин айыл четине жолотпоосун айтып безилдешти* (Бейшеналиев). *Жакында гана башы ачылып, эс-учун жыя баштаптыр* («Ала-Тоо»).

БАШЫ БАЙЛАНУУ. I. Бирөөгө менчиликтеп, ыйгарылып калуу, башы ачык эмес болуу, бирөөгө башы байлануу, турмушка чыгуу укугу жок болуу (көбүнчө бирөөгө кудалап койгон кызга карата). *Ал кезде кыз бечаралар жаңыдан көзү ачылып келатканда бирөөгө башы байланып, күтүлбөгөн окуяга кез болушчу* (Каимов). *Жазыксыз наристе бирөөгө бармактайынан башы байланып, колукту болгону менен иши эмне?!* (Каимов). *Бармандын эрке кызы Айнагүл Асантайдын «торпогуна» башы байланганы жатат* (Сыдыкбеков).

БАШЫ БАЙЛАНУУ. II. Өз башына өзү ээ боло албоо, кимдир бирөөгө көз каранды болуу, бирөөнүн эркине баш ийүү. - *Атаа, ушул баланы эптеп үйлөндүрүп койсок, башы түбөлүк байланып, бизден кете албай калат эле* (Баялинов). *Байга башы байланган жакыр.*

2. Кандайдыр бир ишке жоопкер, милдеткер болуу. *Анын башы байлануу да. Ишин таштап басып кете албайт, антүүгө да жарабайт* («Кыргызстан маданияты»).

БАШЫ БАПАН, АЯГЫ САПАН. Бытыранды, чачыранды, баш аламан, ар кайсы жакка андаалап, самсыган, азып-тозгон. *Катын бала, мал-мүлк менен эч кимдин жумушу жок, дүрдүккөн элдин башы бапан, аягы сапан* («Ала-Тоо»). *Эми андагы элдин көргөн күнүн айтпа, башы бапан, аягы сапан* (Элебаев).

БАШЫ БАР. Бир нерсенин жөн-жайын жакшы билген, ар нерсени түшүнгөн, түшүнүгү жакшы. *Башы бар чымчык сага карматпас* (Осмоналиев). *Аны көрүп-билип турган башы бар киши кайдан... көк бөрүгө түшсүн* (Кыдырмышев).

БАШЫ БАТУУ. Эптеп бир жерге орундашып, байыр алып, жайланышып калуу, акырындан аралашуу. *Минтип араң башы батып отурганда бир мертебе кадыр түн күткөнгө жарабай уйкуга көмөлөнгөнү уят* (Бейшеналиев). *Айылчы абасы «тентиреп Жумгалда жүргөндө көчүрө келип, оозуңа аш, үстүңө үй тигип, башың батып тыңыганда, менин эмгегимди кайтарбай таштап каччу сенсиңби» - деп кине койсо, төрт айласы түгөнөр* (Бейшеналиев).

В.: Багалчагы батуу. Чу дегенде багалчагы батып, чоочун элге бышыгып кең-кесири аралаша торолсунчу (Бейшеналиев).

БАШЫ БАТЫП, БАГАЛЧАГЫ СЫЙБОО. Сыйышып кете ала тургандай, ылайыктуу, ыңгайлуу жай таба албоо, бир жерге байыр алып, туруктуу жай таап аралашып кете албоо. *Же башым батып, багалчагым сыйбай кетип калабы?* («Ала-Тоо»). *Башы батып, багалчагы сыйбай көрүнгөн жерде жүргөндө хан күйөөнүн аркасы менен оозу ашка, буту төргө жетип отурат* (Көчкөнов).

В.: Башы батып, балтыры сыйбоо. *Башы батып, балтыры сыйбай жатып кылган ишин кара!* («Чалкан»).

Багалчагы сыйбоо. *Бул жерге да багалчагым сыйбай кетип каламбы деп коркот* («Ленинчил жаш»).

БАШЫ БАШ, БАГАЛЧАГЫ КАРА ТАШ. «Эмне болсоң ошо бол, өз убалың өзүңө, өз милдетиң өзүңдө» деген мааниде көбүнчө тил албай, кежирлик кылган кишиге карата колдонулат. *Жок, атасын тартпай калды бул уул. Мейли, башы баш, багалчагы кара таш* (Айтматов). *Бирок баласы анысынан баш тартпаган соң «менден калган бир тукум экенсиң да, башың баш, багалчагың кара таш» дегендей нааразы* (Медетов). *Башың баш, багалчагың кара таш! Ач бел, куу жондо өл!* (Айтматов).

БАШЫ БУЛУТКА ЖЕТСЕ ДА. Абдан жетишип, колунан бардыгы келип, болуп-толуп турса да деген мааниде. *Залимдердин башы бүгүн булутка жетсе да, келечеги сенин арбайың алыс учат* (Бейшеналиев).

БАШЫ БҮТҮН. БООРУ ЭСЕН. Убайымсыз, кайгысыз, эч кемтиги жок, телегейи тегиз. *Тирүүчүлүктө башы бүтүн боору эсен киши аз, кулундарым, чынарым куласа, чырпыгым бар, - деп Музооке баба* «Мундуу күүсүн» зыңылдата күңгүрөндү (Бейшеналиев).

В.: Боору бүтүн, башы эсен. *Бул күндөрдө боору бүтүн башы эсен ток пейил пдамдардын башына да ой түшкөн* (Каимов).

Боору бүтүн. *Э, кызым, азыр кайда барсаң Мамайдын көрү. Боору бүтүн киши калбайт окшойт* (Абдукаимов).

БАШЫ БЫША ЭЛЕК. Бир нерсенин жөн-жайын абдан биле элек, түшүнө элек, абдан дасыгып кагыла элек, али жаш. *Башы быша элек Айымкан да үйдө эмне байлык бар, эмне жок жана өзү эмне бүтүрүп жүргөнүн күйөөсүнө айтчу эмес* (Каимов). *Чарбанын көп жагдайына түшүнө албай жаштык кылып жатат. Башы быша элек да* («Кыргызстан Туусу»).

БАШЫ БЫШКАН. Бир нерсеге абдан такшалаган, дасыган, жакшы-жаманды башынан көп өткөрүп бышыккан, кадик болгон, кагылган. *Көптү көрүп башы бышкан алардын жүрөгү кандайдыр мандем иштин болгонун туят* (Мырзаев). *Кандим болуп башы бышкан адамдай жигиттин жапылдаганын Айылчы жактыра ... мулуйду* (Бейшеналиев). *Бирок азыр башы*

бышкан Ал кездеги мен эмес. Мен жетим, Жетилдим, эч кимиңден Эми бала кем эмес (Элебаев).

БАШЫ ЖАЗДЫКТА, БЕЛИ ОТТУКТА ЭМЕС. Дени-карды соо, алдан-күчтөн тая элек, карылыгы жете элек, тың, колунан иш келет. *Башым жаздыкта, белим оттукта эмес ко, кудая шүгүр* (Үмөталиев). *Мусанын азыр башы жаздыкта, бели оттукта эмес. Аялы экөө тең куландан соо* («Чалкан»).

БАШЫ ЖАШ. Көп нерсеге түшүнө элек, такшала элек, башынан жакшы-жаманды өткөрө элек. - Эх, тиркич моюнум. Башың жаш. Муңайба. Мен мындайдын далайын көрбөдүмбү (Бейшеналиев).

БАШЫ ЖЕР САЮУ. Иши оңунан чыкпай бүлгүнгө учуроо, ойрону чыгуу, бедели түшүү. *«Э, бүт уруунун шагын сындырган катынбаакы Серкебайдын башы жер сайса экен» - дешип, кычуусу канып, Тазабекти жактай олтурушту* (Сыдыкбеков).

БАШЫ ЖЕРГЕ КИРҮҮ. **1.** Өлүү, каза табуу, көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу. - *Мен калган өмүрүмө ыракат тилеп отурганым жок, башым жерге кирсе о дүйнөдөн ыйман берсин деп, ошону тилеп отурам* (Укаев). *Сен менин элдешпес душманымсың. Мен аны башым жерге киргенде да унутпайм* (Осмоналиев).

2. Бирөөнүн алдында өзүн кылмыштуудай сезип тике карай албоо, баш көтөрө албоо, оңтойсуз абалда калуу, катуу уят болуу. *- И-и, бу киши жазуучу экен го? - деп палатадагылар күбүр-шыбыр болуп сүйлөшүп калышты, Качыкенин башы жерге кирип кетти.* (Абдукаимов). *Баятан бери Жапардын көзүнө көп илинбеске аракет кылып, Жашырынып бурчта отурган Зейнептин башы жерге кире түштү* (Баялинов).

БАШЫ ЖЕРГЕ КИРГЕНЧЕ. **к. Башы көргө киргенче.**

БАШЫ ЖЕТПӨӨ. Акылы жетпөө, аягына чейин толук жеткире түшүнө албоо. *Төрөңөрдүн шаан-шөкөт менен узатылганына башым жетпеди* (Осмоналиев). - *Макоом. Ушуга да сенин башың жетпейт. Айла жок...* (Бейшеналиев).

В.: Мээси жетпөө. *Мындай кыйма-чийме тетиктерине биздин мээбиз жетмек беле?* («Жаш ленинчи»).

БАШЫ ЖОК. Акыл-эси жок, начар, бир нерсенин жөнүн түшүнө албаган. *Сенин башы жок балдарың үчүн мектепке чакырылып жүрүп, чачым агарды. Карыттың! - деп урушчу элең* (Осмоналиев). *Эч жерде иштебесе же үй-бүлөсү болбосо, ошентип жүргөнү жүргөн да андай башы жок ургандын* («Ала-Тоо»).

БАШЫ ЖОК БАКА, КӨЗҮ ЖОК КӨГӨН. Жөн билгилик, акыл-эстүүлүк менен башкаргыдай, жетекчилик кылгыдай эч кимиси жок, ар кимиси өз билгенин иштей берүү деген мааниде. *Бизди чала уламаларга кор кылбай, бизди башы жок бака, көзү жок көгөн окшотпой, ата болуңуз* (Касымбеков).

В.: Көзү жок көгөн, башы жок бака. *Бизди көзү жок көгөн, башы жок бака деп кемсинтпеңиз* (*“Ала-Тоо”*).

БАШЫ ИШТӨӨ. Бир нерсени жакшы түшүнүү, колунан келүү, жаман-жакшыны ажырата алуу, түшүнө билүү. *Жапжаш жигит, аспирант, башы иштейт* (Борбиев). *Кеп анда эмес, - кеп мунун башы иштегенинде, жакшы окууга жарайт* (Тойбаев). - *Макул, менин башым иштебесин, ал эми каландар да акылынан айнып калдыбы.* (Ашимбаев).

БАШЫ КАҢГУУ. Эмне кыларын билбей айласы кетүү, аргасы түгөнүү, дендароо болуу. - *Өзүм тентиреп, башым кангыган жанда не нуска калмак* (Бейшеналиев). *Кийинки запкыдан башым каңгып, көөдөнүм какшыды бейм* (Бейшеналиев).

БАШЫ КАРА, БУТУ АЙРЫ. Эптеп адам сөлөкөтү бар, адам аты бар. *Башы кара, буту айры чалга кетип баратам* (Тоголок Молдо).

БАШЫ КАТУУ. Кандайдыр бир нерсе менен болуп көпкө ойлонуу, бир чечимге, бир пикирге келе албоо, эч тыянак чыгара албай убараланууу, айласы кетүү. - *Ох-х... Башым катып калды, көрбөгөн жерибиз болсо, ... Жол алыс, кантип барып келер экенбиз* (Саякбаев). *Бул аялдын чын айтканына же тим эле кекээрлеп жатканына түшүнбөй Балтабайдын башы катты*

(«Чалкан»). *Аны кандай кылып дарылоону билбей башы катты* (Кыдырмышев). *Мына ушинтип Алымкул нечен түрдүү ой-санаага батып, башы катып отурду* (Абдукаримов).

В.: Башы ооруу. *Башы ооруган ушундай мезгилде: кула жоргосунун жоголушу, колго түшкөн ууруну айлына батынып кирип, бошотуп кетиши жаман жөрөлгө* (Осмоналиев).

БАШЫ КАТУУ. Айласы түгөнүү, кетүү, эмне кыларын билбөө. Эмне кылышты билбей менин да башым катып турат (Айтматов).

БАШЫ КЕҢГИРӨӨ. 1. Башы ооруган сыяктанып, өзүн начар сезүү, эч нерсеге көңүлү келбөө. *Анын кулагы чуулдап, башы кеңгирип, көзүнө эч нерсе көрүнбөй калды* («Ала-Тоо»).

2. Өзүнчө бир чечимге келе албай ыргылжын болуу. *Каякка басарын билбей, башы кеңгирип турду* (Укаев).

БАШЫ-КӨЗДӨН САДАГА. **к. Баштан садага.**

БАШЫ КӨККӨ ЖЕТҮҮ. Жогорулоо, даражасы көтөрүлүү. *Апсамат да башы көккө жетти дегендердин бириби деп ойлойм* (Абдукаимов).

БАШЫ КӨРГӨ КИРГЕНЧЕ. Өлөр-өлгөнчө, өмүрү бүткөнчө. *Башым көргө киргенче чыдамакмынбы?* (Бердикеев).

В.: Башы жерге киргенче. *Бул жакшылыгыңды башым жерге киргенче унутпасмын, Чаке!* (Бейшеналиев).

БАШЫ МАЛЫНУУ. Дуушар болуу, кез болуу. *Абаң менен алдыга Кете бергин деп айтып, Бактыга башы малынат* («Семетей»).

БАШЫ МАҢ БОЛУУ. Айласы кетүү, эмне кыларын биле албай башы катуу. *Бул байланышты эч кандай алдамчылык менен кыянатчылык буза алмак эмес, кандайча болуп кетти, билбейм, башым маң болот да калат* (Абдукаимов). *Байымбет кайсынысына ишенерин билбей башы маң болду* (Бейшеналиев). *Эмне үчүн мындай экенин биле албай башы маң болду* (Байтемиров).

БАШЫ МЕНЕН. 1. к. Баш оту менен.

2. Улуулугуна же кандайдыр адамдык сапатына карабастан деген мааниде көбүнчө туура эмес иш кылган адамдарга карата нааразылыгын билдирип уяткарууда колдонулат. *Сакалдуу башың менен ушундай да ищ кыласыңбы? Колго түшкөн карышкырды эркек башың менен куткарып жибергениң уят эмеспи? Ичет, катын башы менен* (Жусупов). *Экинчиден, Серкебай, Серкебай башы менен эшигине келаткан мартабасына сыймыктанды* (Осмоналиев). *Эркек башы менен жерге көмөлөнүп өзү маскараланды* (Бейшеналиев).

БАШЫ МЕНЕН ЖАТУУ. Көндүм болгон, өнөкөт болуп калган адат калбайт, аны өлмөйүнчө таштабайт. - *Болушуңду актабай эле кой. Анын мындай опуртмалуулугу башы менен жатат* (Бейшеналиев). *Сенин мындай катаал, кырс кыялың башың менен жатат го! Жалгыз балаңа ийикпесең, кимге жакшылык кыласың - деп кемпир чалын жемелей баштады* («Ала-Тоо»).

БАШЫ МЕНЕН ЖЕР КАЗСА ДА. Бүт мүмкүнчүлүгүн жумшаса да, бардык күчү менен катуу аракеттенсе да, өлүп-тирилип иштесе да. *Кимдин кабыргасын кайыштырган кандай кайгысы бар экенин билсең, сүйлөшө алсаң, эл башы менен жер казса да бүтүрүп берет* (Абдукаимов). *Ансыз деле эчтемесин аябаган немелер дагы эле аябайт, башы менен жер казса да берет* («Кыргызстан маданияты»). *Башым менен жер казсам, Бай карабайт убалга* (Осмонкул).

В.: Төбөсү менен жер казса да. *Төбөм менен жер казсам да жакшылыкты билбедиң* («Чалкан»).

Башы менен бай тиксе да. *Башым менен бай тиксем да, бул иштин акырына чыгам* («Ала-Тоо»).

БАШЫ МЕНЕН КИРИП КЕТҮҮ. Эч тартынбай, аянбай, бүт мүмкүнчүлүгү, бардык далалаты кан-жаны менен абдан берилип аракеттенүү. *Эрдигине бел байлап, ынтымагыңа башым менен кирип кеткем, Ыркың бузба, баатырым, ырыс алды - ынтымак* (Тойбаев).

БАШЫ МЕНЕН ЖООП БЕРҮҮ. Иштин ошондой (адатта жаман) абалда калышына тикеден-тике жооп берүү, кандай жаза болсо да жеке өзү көтөрүү. *Көзүң кашайгыр, азыр таппасаң башың менен жооп бересиң!* (Тойбаев).

БАШЫ ООГОН ЖАККА КЕТҮҮ. Беталды кете берүү, максатсыз туш келди баса берүү, оюна эмне түшө калса, ошону иштөө. *Көчкөндөр башы оогон жакка илкип кетип жатышты* (Сыдыкбеков). *Ага катуулаганда мурдатан көндүм селсаяк... башы оогон жакка бастырары бышык* (Бейшеналиев). *Башым оогон жакка бурулуп баса бердим, кете бердим* (Борбиев).

БАШЫ ОРДУНДА ЭМЕС. Акылынан айныган, бир нерсени жеткире ойлонбогон деген мааниде. - *Ой, деги башың ордунда эмес го, сенин?! - Катынды ээрчип кеткенди кайдан уктуң эле сен?! Бөтөн бирөө укпасын!* (Өмүрбаев).

БАШЫ ООР. 1. Кебелбеген, абдан салмактуу, токтоо, оор басырык. *Унчукпас, башы оор шофврдун бурк эткени угулду* (Өмүрбаев).

2. Бир нерсени анча этибар албаган, оңой менен жылбаган. *Жаш туруп мынча башы оор болорбу? Кайнене өз алдынча кобуранып жатты* («Кыргызстан маданияты»).

БАШЫ СЫНУУ. Башы абдан катуу ооруп, чыдоого мүмкүн болбогондой абалды билдирүүдө колдонулат. *Башым сынып турат.*

БАШЫ ЧЕЛЕК БОЛДУ. к. Башы шишүү. 1.

БАШЫ ЧЫКПОО. Бир нерсеге иришип алып андан кутула албоо, бошобоо, мүмкүнчүлүгү боло албоо. *Дээрлик көбү ичкенден башы чыкпай шишип-көөп, көчөдө калганын далилдер менен баяндайт* (Осмоналиев). *Буюрса, самоор кайнаткандан башың чыкпайт. Ага ашыкпа* (Абакиров). *Карыздан башы чыкпайт.*

БАШЫ ШИШҮҮ. 1. Бир нерсени көпкө олонуп абдан алек болуу, аябай чаташуу, кыйналуу, маң болуу. *Ойлой берип башым шишиди, эч нерсе чыга турган эмес* («Чалкан»).

2. Акыл-эстен ажыроо, мээси иштебей калуу (мындай

учурда көбүнчө тануу же суроо маанисиндеги сөздөр, мүчөлөр менен айкашып колдонулат). *Мында башы иштеген киши барбы?* (Сыдыкбеков). *Башым шишиптирби?*

В.: Мээси шишүү. *Мээм шишип кетти.*

БАШЫ ШЫЛК ДЕЙ ТҮШҮҮ. Күнөөсү, айыбы ачылып, уяты чыгып, эч тана албай, тайсалдай албай мойнуна коюлуп аргасыз абалда калган учурларга карата колдонулат. *Күрүчбек эч сөз кайтара албай башы шылк дей түштү* (Осмоналиев).

БАШЫ ЭКӨӨ ЭМЕС. Жөнү жок ишти иштей албайт, жоопкерчилигин мойнуна ала албайт, жаман ишке бара албайт. *Башым экөө эмес... Бузукуларды мен да калкалай албайм, аяй да албайм* (Сыдыкбеков).

БАШЫМ ТАРТУУ. Айтканына көнүү, дегенине макул болуу (көбүнчө кандайдыр бир өтүнүчүн аткарган кишиге карата). *Бул жакшылыгыныз үчүн башым тартуу* («Ленинчил жаш»). - *Анда бөрү жүрбөс катмарлар менен кайкыйбыз. Башым тартуу* (Бейшеналиев). *Малы, мүлкү курусун, башым тартуу кылайын* (Жантөшев).

БАШЫМА ЖҮН ЧЫККАНЫ. к. Бала болуп башыма жүн чыкканы.

БАШЫМДЫ КЕССЕ ДА. Эмне кылса да, өлтүрсө да, кандай жазаласа да (эч качан макул болбойм деген мааниде). *Абылкасым! Башымды кессең да Салкынайдын торпогуна күбө боло албайм* (Абдукаимов). *Жасоолдукка башымды кессе да көнбөйм* (Бейшеналиев).

БАШЫН АЙЛАНДЫРУУ. Ар нерсени айтып кызыктырып, алдап-соолап азгыра берүү, өзүнө тартуунун амалын жасоо, дегенине көндүрүү аракетинде болуу. *Бирок менин башымды айландырган Абдраим корбашы болду* (Мияшев). *Өлчөөсү кургурлар кийин кичүү кызым Галинанын башын айландырып өз чөйрөсүнө тартыптыр* («Советтик Кыргызстан»). *Ошентип Жамий мырза бир заматта Кашгарынын башын айландырып салды* (Бейшеналиев).

БАШЫН АЛА КАЧУУ. Кандайдыр бир коркунучтан, кырсыктан, кыйын абалдан кутулуу

аракетинде болуу, жан далбасалоо. *Не бир түркүн жигиттер, өлүмдөн башын ала качам менен андан күчтүү кордукка жолугат* (Осмоналиев). *Жүзүңдү жашырып башыңды ала качып, шагыңдан алыс түшпөпсүң* (Бейшеналиев).

В.: Башын арачалоо. *Малмүлк менен эч кимдин жумушу болгон жок. Ар ким өз башын арачалады* («Ала-Тоо»).

БАШЫН АЛБОО. Бир нерсеге абдан кунт коюп, берилип катуу киришүү. *Зулумдун аялынын колкосу, өтүнүчү боюнча акын дептерден башын албай, шыктанып гана жазуу үстүндө* (Бейшеналиев).

БАШЫН АЛУУ. Өлтүрүү, жок кылуу, көзүн тазалоо. *Түндө Саматтын башын алып кетиптир* («Ала-Тоо»). *Анын башын алуу керек! - деди береги кумсарган жигит* (Касымбеков).

БАШЫН АРАЧАЛОО. к. Башын ала качуу.

БАШЫН АТТОО. 1. Күйөөсүн теңсибей чанып кетүү, жактырбай таштап кетүү, башка бирөөгө ооп кетүү. *Албоочудай болдуң башымды аттап, эр издедим* (Осмоналиев). - *Менин гана башымды аттайт э, томаяктын кызы* (Сыдыкбеков). *Эрке токолу башын аттап кетти деген сөзгө калбайын деп чочуду* (Көчкөнов).

2. Тийиштүү адамга айтпай, билдирбей, анын макулдугун укпай туруп өзүнчө, өз билгениңдей иштей берүү. *Башымды аттап, сөзүмдү таштап Бекназардан калка күтүп кеткен экен деп каарына алса кантти?* (Касымбеков). *Эрез талашкан коңшу манап калпа ажынын ага кеңешип-таңашпай башын аттап.. ажыдаардай оп тартып тереңдеп баратканына Касымбек терикти* (Бейшеналиев). *Көзүмдүн тирүүсүндө дөө да, шаа да башымды аттай албайт* (Сыдыкбеков).

БАШЫН АЧУУ. 1. Бирөөгө кудалап койгон кыздын, күйөөсү менен ажырашкан же күйөөсү өлгөн жесир аялдын башка бирөөгө чыгуу мүмкүнчүлүгүн чечүү, өз алдынча болууга эркиндик берүү. *Кашгарыңызга Чоюбек болуштун токолун көндүрүп, башын ачкан менмин* (Бейшеналиев). *Эгер сен да менчилеп балдардын тилегин орундатууга даяр болсоң, кызымдын башын ачып ал*

(Каимов). *Кээси ага-туугандарын, кээси байлардын чогуу жүргөн көнүлдөш жигиттерин ээрчитип келип, баштарын ачып,... күбөлүк наме алып кетип жатышат* (Бейшеналиев). *Салт ушундай, төркүндөрүн чакыртып, Айзаданын карасын алып, кааласа башын ачып, руксат кылышы ыктымал* (Касымбеков).

2. Жалпы эле талаш-тартыш, түшүнүксүз маселенин жөнүн ажыратуу, эмне экендигин айкындап чечип алуу. *Ырас келдиң, баягы иштердин башын ачып кетпесең болчудай эмес* («Ала-Тоо»). *Ал эми ууру машинанын башын ачышар, ал жагына көп тереңдебейм* («Чалкан»).

БАШЫН БАЙЛОО. 1. Өз эркинче боло албоо, бирөөгө көз каранды болуу, бирөөлөрдүн бийлигинде, кол алдында болуу. *Башымды байлап коюп, мени да, аялымды да кул, күң ордуна жумшайт экен* (Баялинов). *Башын байлап коюп күң урунууну билбейсиңби, эси жок эселек* (Турусбеков).

2. Тобокелге салуу, эч нерседен кайра тартпай белсене киришүү, өлүмгө да даяр туруу. *Сен айткан жыргал заман үчүн мен башымды өлүмгө байлап койгомун* (Жантөшев). *Мен эл-жер үчүн, силер үчүн деп башымды байлап коюп, күн-түн дебей жер кезип жүрөм* («Ала-Тоо»). *Тобок «туулдум, өлдүм» тобокелге башын байлап, элдин намысы үчүн макулдайт* (Бейшеналиев).

БАШЫН БИЙИК КӨТӨРҮҮ. Маанайы жакшы болуу, көңүлү көтөрүңкү. *Жамийла, менин алтын Жамийлам, сен кеткенде башыңды бийик көтөрүп, кылчактабай, тайманбай кең талаа менен кеткениң* (Айтматов).

БАШЫН БИРИКТИРҮҮ. Бир жерге жыйноо, чогултуу, топтоо (көбүнчө ынтымакка келтирүү, биргелешип кеңеш куруу же сый көрсөтүү, коноктоо маанисинде). *Сен болсоң жигиттердин башын бириктирип жатасың* («Ала-Тоо»). *Элдин башын бириктирди* (Жусупов).

В.: Башын кошуу. Балыкчылардын айлынын башын кошуп, бириктирип отурган уюткусундай эле (Укаев). *Райдын бошонуп келген шылтоосу менен Акбала ушул айылдын сыйлуу кишилеринин башын кошуп, коноктоп жибермек болду* («Ала-Тоо»).

БАШЫН БОШОТУУ. Эркиндик берүү, азаттыкка чыгаруу. *Бирок башымды бошотуңуз, өмүр бою жакшылыгыңызды унутпаймын* (Абдукаимов).

БАШЫН ЖЕДИ. 1. Жок кылды, жоготту, көзүн тазалады, өлтүрдү, өмүрүн кыркты. *Кандуу согуш далайдын башын жеди* («Кыргызстан маданияты»). - *Кул-кутан, жарды-жалчыдан канчасынын башын жеди. - Өзгөнү коелу.. баатыр Шеримбектин эле куну канчага турат?* (Бейшеналиев).

2. Өзүнө өзү зыян келтирди, өзүн кырсыкка, өлүмгө дуушар кылды. *Ал ошентип тил албай жүрүп, башын жеди.*

В.: Башын жутуу. Кек кууган Эсир акыры Оросулдун башын жутту (Осмоналиев). *Тартипсиздикти баштагандар керт башын жутарына түшүнүштү* (Бектенов). *Айкаш абдан катуу болуп, эки тараптан тең миңдеген адамдардын башын жутту* (Үмөталиев).

БАШЫН ЖЕРГЕ САЛУУ. **1.** Тике карай албоо (көбүнчө бир нерседен тартынып уялган же өзүн күнөөлүүдөй сезип кысылган абалга карата). *Асан айбыгып башын жерге салды* («Ала-Тоо»). *Ошондо гана үйдөгүлөр жапырт башын жерге салып кызарып кеткен Асылбекти ... карап калышты* (Абакиров).

2. Капа болгон, көңүлү чөккөн, сабыры суз абалда шылкыйып төмөн кароо, баш көтөрбөө. *Кибиреп ушул да капаны сезгенсип, башын жерге салыптыр* (Жусупов). *Анын үшкүрүгү отургандарга муздак шамалдай бир тийип, баары башын жерге салып калышты* (Абдукаимов). *Салый менен Эсир башын жерге салып, түнөрүп үйгө кириишти* (Осмоналиев).

В.: Башын салаңдатуу. *Башын саландаткан бойдон менин жанымдан акырын өтүп кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Энесинин өлгөндүгүнө бир жыл болгондугун эстеп, баятан бери Бүкөш башын салаңдатып отурат* («Ала-Тоо»).

Башын салуу. *Бир кедей басып барды башын салып, Далайга оозу барбай зааркапып* (Маликов).

БАШЫН ЖЕРДЕН АЛБОО. **1.** Бир нерсеге абдан берилип,

жан дили менен киришүү, баш көтөрбөй, тыным албай катуу аракеттенүү. *Зулумдун аялынын колкосу, өтүнүчү боюнча башым жерден албай иштөөдө* (Бейшеналиев).

2. К. Башын жерге салуу 1,2. *Мамбеткул атасынын каарына калып, айыптуу болгон баладай башын жерден албай, анын соңунан ээрчип отурду* (Каимов).

БАШЫН ЖУТУУ. к. Башын жеди.

БАШЫН ИЙНИНЕ КАТУУ. к. Башын катуу.

БАШЫН КАНЖЫГАГА БАЙЛОО. Жоокерчилик учурда душманга каршы чыгуу, эч тартынбай өлүмдү бет алуу, тобокелге салып белсене киришүү. *Эми алар маңдайга жазганды көрдүк дешип, баштарын канжыгага байлап салышты* (Садыбакасов). *Же анын башын канжыгага байлап чыккан суук түрүн байкадыбы, айтор айылга кире алган жок* (Укаев).

БАШЫН КАТУУ. Жашырынуу, изин жашыруу, бир нерсеге аралашпоо, көрүнбөө, андан өзүн алыс кармоо аракетинде болуу. *Кедей тууганды атына өтүп, башымды катып жашырган түбүмдү чукуп, абтарыйкатымды ойрондотуп жүрбөсүн* (Бейшеналиев). *Байманаптар өзгөрүштү кабылдабай, мал-мүлкүн жашырып, башын катып, тоо таш жамынып четтен күч издешүүдө* (Бейшеналиев).

В.: Башын калкалоо. *Көрсө ал сот өзүнүн чыныгы жүзүн жашырып, башын калкалап жүргөн бир улутчул жана Бийаалы, Түркмөндөр менен байланышкан сот экен* (Жантөшев).

Башын ийнине катуу. *Апсамат эрксизден башын ийнине ката койду* (Жакыпбеков).

БАШЫН КАТЫРУУ. Болбогон бир нерселер жөнүндө айта берип катуу ойлонтуу, мазесин алуу, алек кылуу, башын маң кылуу. - *Сатканынын бизге кереги эмне! - Башымды катырбачы менин* (Осмоналиев).

В.: Башын кычытуу. Экөө эки жагынан чыгып, анын башын кычытып баса берди (Осмоналиев).

Башын оорутуу. *Орунсуз сөздү айтып, Түлөбердинин башын оорутчу эмес* (Жантөшев).

БАШЫН КОШУУ. к. Башын бириктирүү.

БАШЫН КӨТӨРӨ АЛБОО. Бир нерсеге катуу санааркап, көнүлү чөгүү, басынуу, абдан мүңгүрөгөн абалда болуу. *Байымбет кейиштен башын көтөрө албай турган учурда Букарбайдын кылчактап, кое турайын дегени ыраазы кылды* (Бейшеналиев). *Момун адам дагы да башын жерден көтөрө албай калды* (Укаев).

БАШЫН КУТТУКТОО. Кандайдыр бир жагымсыз начар иштен (катуу оорудан, чоң кырсыктан, узак жолдон ж.б.) аман калган адамга сый көрсөтүү иретинде кийим-кече кийгизүү же бир нерсе тартуулоо. *Ой, айтмакчы, сен, Максүт акенин башын куттуктоого камын* (Турусбеков). *Иниң өзү келгенде башын куттуктап ат мингизейин* (Жантөшев). *Куру кол кантип барасыз. Башын куттуктаганга не ылайык?!* (Бейшеналиев).

БАШЫН МАҢ КЫЛУУ. Эмне кыларын билбей айласы кеткен абалга калтыруу, башын катыруу. *Агыштын уулу Кыязды Айла менен үркүтүп, Амал менен коркутуп Сөз салып башын маң кылды* («Сейтек»). *Ал эмең ошол туюк кемегени көрсөтүп, элдин башын маң кылып, азгырып, кандуу коогага дүүлүктүрүп жатат* (Касымбеков).

БАШЫН ООРУТУУ. к. Башын катыруу.

БАШЫН САЛАНДАТУУ. к. Башын жерге салуу.

БАШЫН САЛУУ. к. Башын жерге салуу.

БАШЫН САЮУ. Өлүмдөн кайра тартпоо, эч тартынбай, тайманбай белсене киришүү, тобокелге салуу. - *Жалгыз аттан ажырап, боорум менен жылгыча, азуулуулар үчүн сайдым башымды* (Бейшеналиев). *Башын сайып, мал-мүлкүн чачса да пенде чыдагыс өч алат* («Кыргызстан маданияты»). *Өзүңдүн таежең экөөбүздү калкалаары чын болсо, башымды сайдым* (Бейшеналиев).

В.: Башын тигүү. *Далай жылдар бою башын тигип күрөшкөндөгү көксөгөн максаты*

ушул күн эле го (Бектенов). *Мына ушул силердин бактылуу турмушуңар үчүн башын тигип өмүрүн кыйган баатыр аталарыңарды эстен чыгара көрбөгүлө, айланайындар* (Өмүрбаев).

БАШЫН ТАШКА КОЙГУЛАСА ДА. Эмне кылса да, канчалык аракеттенсе да (көбүнчө эч мүмкүн эмес, аткарууга болбойт, иш жүзүнө ашпайт деген мааниде). *Мен башымды ташка койгуласам да бир учурган кушум кайрылып келип колума конбойт* (Абдукаимов). *Башымды ташка койгуласам да толулуу аяк толугу менен колго тийбей турганына түшүндүм* (Каимов).

В.: Башын ташка урса да. *Ушул азыр башымды ташка урсам да эчтеке чыкпасына көзүм жетип эле турат* (Абдукаримов).

БАШЫН ТЕГЕРЕТҮҮ. 1. Азгыруу, өзүнө тартуу, айла-амал менен бир нерсеге макулдатуу. *Эртең жанагы тоголонгон семиз энесинин башын тегеретип кел* («Кыргызстан маданияты»). *Үзүлүп-түшүп, айланып-кагылып, өпкө-жүрөгүн чаап, башыңызды заматта тегеретип таштайт* (Борбиев). *Осмондун башын тегеретип көрдү* (Саатов).

2. *дин.* Сыйкырдап сүйдүрүү, тартуу деген мааниде. *Анын башын тегеретип алса керек. Мончоктой болгон балдарына да карабай ээрчип кете берди* («Чалкан»).

БАШЫН ТИГҮҮ. к. Башын саюу.

БАШЫНА БАК КОНУУ. Иши оңолуу, мансабы, мартабасы, зоболосу көтөрүлүү. *Башыңа бак консун, ырыс этегиңден жалгасын* (Сыдыкбеков). *Эми жаңы өкматтын аркасында башына бак конгон мына бул кайниңдин аркасы да* (Сыдыкбеков). *Майданда жүргөн жеринде, Бак консун сенин башыңа* (фольк.).

В.: Башына куш конуу. *Бактыбектин башына куш конуп, болуп-толуп турган кези* («Ала-Тоо»). *Бак кушу конуп башына Жаш кошкондой жашына* (Үмөталиев).

Башына кут конуу. *Анын башына кут конду. Башына кут конгон киши.*

БАШЫНА БУЛУТ АЙЛАНУУ. Кыйын-кыстоо ишке

дуушар болуу, мусапырлык башына келүү, айласы кетип, кыйналган абалда болуу. *Башыбызга булут айланып, жүлүнүбүз үзүлүп, жүрөгүбүз жараланып турат* (Ш.Үмөталиев).

В.: Башына булут ойноо. Нөкөндүн ыйманы учуп, башына булут ойноп кеткендей болду (Ш.Үмөталиев).

Башына кара булут айлануу. *Кеткениң байкалып, башыңа кара булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө сыйпаласаң таппайсың...* (Касымбеков).

БАШЫНА ЖАҢГАК ЧАГУУ. к. Башына май кайнатуу.

БАШЫНА ЖЕТҮҮ. Өзү кылган иштин кесепетинен кырсыкка учуроо, кыйынчылыкка дуушар болуу. *Көргөн-билгендер өзүнүн кылганы өз башына жетти дегендей болсун* (Турусбеков). *Өз мойнуна кара чаар жылан болуп оролгону - өзүң кылган жаман жорук өз башыңа жеткени* (Касымбеков).

БАШЫНА ЖҮН ЧЫККАНЫ. к. Бала болуп башына жүн чыкканы.

БАШЫНА ИШ ТҮШҮҮ. Кирептер болуу, кыйын-кыстоо абалда калуу. *Жездем экөөңдүн башыңа иш түштүбү?* (Тойбаев). *Башыңа иш түшкөндө акылдуу кишилер, булдуу кишилер белдүү келет, билип кой* (Касымбеков).

В.: Башына мүшкүл иш түшүү. *Чыныгы адам гана башыңа мүшкүл иш түшкөндө колунан келген жардамын аябайт тура* («Ленинчил жаш»).

БАШЫНА КАМЧЫ ОЙНОТУУ. Камчыга алуу, камчы менен катуу сабоо, камчылап жазалоо. *Акындын башына камчы ойнотуп, колу жеткендери күрсүлдөтө муш шилтешип, былчылдата тепкилеп сүйрөштү* (Бейшеналиев).

БАШЫНА КАРАН КҮН ТҮШҮҮ. Оор кайгыга, чоң жоготууга учуроо, кырсыкка дуушар болуу. *Башына каран күн түшкөн Сансыздын алачыгы күндөгүсүнөн беш бетер шүмүрөйгөнсүп турат* (Жантөшев).

В.: Башына каран түн түшүү. *Дөөлөттүүбү, жакырбы, деги адам баласынын башына каран*

түн түшпөсүнчү (Бейшеналиев). *Мен Сагындык байда малай болуп азап тартып жүргөндө Карындашым Зууранын башына түн түшүптүр* («Кыргызстан аялдары»).

Башына күн түшүү. Алымдын башына күн түшүп турган убагы (Жантөшев). *Эл башына күн түшүп турган соң үйдө жата албадым* (Укаев). *Адам башына оор күн түшкөндө өмүрүндөгү жакшылык кылган, ынак адамдарды эстейт экенсиң* (Жусупов).

Башына түн түшүү. - *ЫИмыртта жолун жарык кылган эски каухарынын билигин өзү тепсеп өчүрсө, анын эмнесине күйүнөбүз, бу кагандын өз башына түн түшкөнү* (Касымбеков).

БАШЫНА КЕЛҮҮ. 1. Кандайдыр бир ой пайда болуу. *Аяк-быякты ойлоп көрсөм, акыры бир акыл башыма келди* (Жигитов). **2.** ойдо жок ишке дуушар болу. *Долой адамга сынтакчу элем, кантейин, өз башыма да келди* (*“Ала-Тоо”*).

БАШЫНА КИРБӨӨ. 1. Түшүнбөө, түшүнө албоо. *Ушинтип молдолор тарабынан өмүрдө укпаган сөздөр сүйлөнүп жатты. Алардын бири да менин башыма кирген жок* (Элебаев).

2. Эч ойлобоо, оюна да келбөө. *Арзыматты сүйүү деген ой башыма да кирген эмес* (Жантөшев).

БАШЫНА КӨТӨРҮҮ. 1. Абдан ардактоо, урматтоо, сыйлоо, кадырлоо. *Эли-журтуң сени башына көөтөрөт. - Сен бүткүл элдикисиң* (Бейшеналиев).

2. Ызы-чуу, уу-чуу салуу, тынчтыкты бузуп дүрбөлөң түшүрүү. *Тамды башына көтөрүп кыйкырат дейсиң, тим эле үйдөн безип чыгып кеткиң келет* (Мырзаев). *Айылдагы кыз-келиндерге чаң салып, бүт айылды башыма көтөрчүмүн* (Абдукаимов).

БАШЫНА КУТ КОНУУ. к. Башына бак конуу.

БАШЫНА КУШ КОНУУ. к. Башына бак конуу.

БАШЫНА КҮН ТУУГАНДАЙ. Издегени табылып, иши оңолуп, төбөсү көккө жете түшкөндөй. *Эл арасында*

Кумарбек да жүрөт. Акинайды көрдү. Башына күн тууганда сүйүндү (Осмоналиев).

В.: Башына күн, аягына ай тууганда. *Башына күн, аягына ай тууганда же эшек түшөгөндөй түштөрдүн өзү* (Кыдырмышев).

БАШЫНА КҮН ТҮШҮҮ. к. Башына каран күн түшүү.

БАШЫНА КҮЧ КЕЛҮҮ. Бир нерсенин оорчулугун тартып кыйналып туруу. *Карып башка күч келди.*

БАШЫНА КЫЛЫЧ КАРМАСА ДА. Зордосо да, кыйнаса да, аргасыз кылып коркутса да. *Башына кылыч кармаса да мындан эч нерсе чыгар эмес. Билбейм дегенден башканы айткан жок* («Ала-Тоо»).

БАШЫНА КЫЛЫЧ ОЙНОТУУ. Кыргын салуу, кылычташып чабышуу, катуу кармашуу. *Башына кылыч ойнотуп, Каарданып кирди эле* («Манас»). *Алысыраак балбанды, Айза менен сойлотту, Андан жакын келгенин Башына кылыч ойнотту* («Сейтек»). *Топ арасы улам суюлуп, каардуу душмандын башына кылыч ойнотуп жатты* (Абдукаримов).

БАШЫНА МАЙ КАЙНАТУУ. Бирди көрсөтүү, сазайын окутуу, кыйноо салып катуу жазалоо. *Шашпа колума тийсең башыңа май кайнатармын - деди Карачал* («Ала-Тоо»). *Башыңарга май кайнатып жиберейин.*

В.: Башына чай кайнатуу. - *Эми оңбой калдың. Сендей ууру иттей шимшиген селсаяктын башына чай кайнатуу керек* (Бейшеналиев).

Башына жаңгак чагуу. - *Эмне, Арапбай башыңарга жаңгак чагып жатабы?* («Ала-Тоо»). *Сендей иттин башына жаңгак чагамын* («Кыргызстан маданияты»).

Мээсине май кайнатуу. *Айдарбек датка баштаган чоң муштумдардын мээсине май кайнатайын* (Жантөшев).

Мээсине чай кайнатуу. *Кыскасы бай-манаптардын мээсине чай кайнатып, жүрөгүн ала баштадык* (Жантөшев).

Чокусуна чай кайнатуу. *Анын колуна тийсең чокуна чай кайнайт* («Ала-Тоо»).

БАШЫНА СОЮЛ ТИЙГЕНДЕЙ. Заматта, күтүлбөгөн жерден бир нерсе катуу таасир эткендей. *Жаш өкүл башына союл тийгендей чукул бурулуп, башкарма Балтабайды карай ызырына жөнөптүр* («Кыргызстан маданияты»).

БАШЫНА СУУ КУЮУ. Жок кылуу, аягына чыгуу, бүтүрүү. *Эмне болсо ошо болсун, түндө туура жүз сомдун башына суу куюп аттаныпмын* (Сыдыкбеков).

БАШЫНА ТҮН ТҮШҮҮ. к. Башына каран түн түшүү.

БАШЫНА УРУУ. Кереги деле жок, эмне кылат эле, эмне кереги бар эле деген мааниде. *Башыңа урасыңбы? Аны мен башыма урмак белем.*

БАШЫНА ЧАЙ КАЙНАТУУ. к. Башына май кайнатуу.

БАШЫНА ЧӨП СЫНДЫРУУ. Күтүлбөгөн окуя боло калганына же таң каларлык ишти белгилөө да тамаша иретинде айтуу. *О, балдар, жаңылык, башкарма келди. Башына чөп сындыралы! - деп Өмүрбек күлө басып келди* (Жусупов). *Күмүштүн башына чөп сындырып койгула, биринчи биздин үйүбүзгө бут басып олтурушу, - деди Күлапия* («Ленинчил жаш»).

БАШЫНА ЧЫРАК ЖАГУУ. Жыргатуу, чеке жылытуу, жакшылык көрсөтүү. *Карабек жакшылык ойлоп, биздин башыбызга чырак жакканы келе жатат дейсиңби?* (Жантөшев). *Орозахун менен Азимакундун баштарына чырак жагып, төрт тараптарын кыбыла кылды* (Жантөшев).

БАШЫНАН АШТЫ. Кылган кылмышы, күнөөсү жетишерлик болду, ашынып кетти. *Канкор Калпанын кылдан кыйкым тапкан аксымдыгы, карамүртөздүгү башынан ашты* (Бейшеналиев).

БАШЫНАН БАКЫТ КАЧУУ. Иши кыйшаңдоо, кыйчалыштоо, дөөлөтү кетүү, даражасы төмөндөө, начарлоо. *Башыңдан бактың качкан соң, Адам эмес, жаш бала коркпойт заарыңдан* (Токтогул).

В.: Башынан бак таюу. *Жыл өткөн сайын Күрүчбектин курчу кетилип, мизи мокоп, башынан бак таюда* (Осмоналиев).

Башынан бак кушу учуу. *Башынан бак кушу уча баштаган бай, манаптардын каршылыгы күчөй баштады* (Жантөшев).

БАШЫНАН КУШ УЧУРБОО. Ардактап, бөпөлөп асыроо. *Байкуш ата-эне жалгыз кыз деп, көзүн карап, башынан куш учурбай бакты* («Ала-Тоо»).

БАШЫНАН МАЙ АГУУ. Ашып-ташкан кененчиликте, жыргалдын үстүндө жашоо. *Эзүүчүлөрдүн оокатында жүргөндө... жинкиндери түгөнүп шорлогон кургурлар, өзүнө-өзү ээлик болгон, башынан май аккан жыргал турмушка жеткенине ыраазы* (Бейшеналиев).

БАШЫНАН ТАЯК КЕТПӨӨ. Катуу токмок жеп кордук көрүү. *Асылкандын башынан таяк кетпейт. Аны жашырат. Баарын ичине сактап уугуп бараттат* (Өмүрбаев).

БАШЫҢА КӨРҮНГҮР! Болгон кырсык бардык балээ сага болсун, өз башың менен кетсин деген сыяктуу жек көрүү маанисиндеги каргыш. *О, ыймансыз каапыр! Башыңа көрүнгүр! Уятың болсо чынында айт* (Тойбаев).

В.: Кара башыңа көрүнгүр! *Кара башыңа көрүнгүр! Эмне эле таң атпай шаңшып калган. Бул бала-бакыранын жанын койбойт ко* (Укаев).

БЕЗБЕЛДЕКТЕЙ БЕЗЕНҮҮ. Жаагы тынбай безилдеп, какшап суйлөй берүү, кайра-кайра айта берүү. *Кагылайын эл журт, жалгызымды жалдыратпагыла деп безбелдектей безенди* (Борбиев).

БЕЗГЕ САЙГАНДАЙ БОЛУУ. Күтүлбөгөн жерден, кокусунан болгон окуяга катуу чочуп уккусу келбей так секирүү. *Бүкөндүн мындай ачуу үнүн угуп көрбөгөн Селтер безге сайгандай болуп ойт бере тиктей калды* (Абакиров). *Сөзүн ичинде туура деп отурган Өтөгөн безге сайгандай болуп кетти* (Абакиров). *Тергөөчү безге сайгандай болуп секирип кетти* («Чалкан»). *Берен безге сайгандай каардана сүйлөдү* (Касымбеков).

БЕЗИНЕ ТИЙҮҮ. Кычыгына тийүү, кыжырына тийүү, ачуусун келтирүү. *Жалий безине тийип, омуроосу талкаланганда аргасыз Абдыкалыкты кекээрлей жымыйды* (Бейшеналиев). *Безине тийип алдың окшойт, тигинин таноосу кыпчылып, өңү бузулуп барып көптө оңолду - деп, жолдошум мага шыбырап калды* («Чалкан»). *Дүйнөгө устун болом деп жүрөсүңбү, йе, кокуй! - деп калчылдай баштаган кожонун безине ансайын тийди* (Касымбеков).

В.: Жарасына тийүү. *Кайдан да сүйлөй койдум эле. Жарасына тийип алган экем ээ - деп өкүндү Мурат ичинен* (Жапаров).

БЕЙГАМ БОЛУУ. *диал.* Кооптонбоо, кам санабоо, чочулабоо, жектенбөө, кабатыр болбоо. *Болоттун Барпы деген ырчы иниси бар, ал ырдап жүрүп өкүматтарга ийлайт. Андан да бейгам болбогула* (Барпы).

БЕЙИШИ БОЛГУР! Өлгөн адамды эскерүүдө, ал жөнүндө кеп кылганда аны урматтоо, сыйлоо маанисинде колдонулат. *Атам бейиши болгур, тирүү кезинде ушул жайлоону жайлачу экен* («Ала-Тоо»). *Сырдакана, татуу адамдар болчу экөө тең, бейиши болгурлар* (Эралиев). *Бейиши болгур, Казанкап атанын жатар жери ошол* (Айтматов).

БЕКЕР ООЗ. Чындыкка туура келбеген орунсуз сөздөрдү сүйлөй берме, оюна келгенди айта салма, оозуна келгенди оттой берме. - *Чырагым, бекер ооз сүйлөбөй жүр* (Осмоналиев). *Мыскалдын келинин бекер ооз аялдар ушундай эрмектешти* (Сыдыкбеков).

БЕКЕР СӨЗ. Болбой турган, чындыкка туура келбеген, ишке ашпай турган жалган сөз. *Эй, ыймансыз! Чыныңды айтсаң боло, бул бекер сөз* (Тойбаев).

БЕКИНӨӨ ЖЕРГЕ ЖӨНӨӨ. *диал.* Көзү өтүү, өлүү, дүйнө салуу. *Бейпарбай атаң келгиче, Бекинөө жерге жөнөдүң* (Барпы).

БЕК УУЛУНА ТЕҢ. *диал.* Мыкты, курч, тайманбас. *Бели каттык эр элең, Бек уулуга (уулуна) тең элең* (Барпы).

БЕЛ АЛДЫ БОЛУУ. Бир нерседен кооптонгондой сары санаа жүрөк заада боло берүү. *Эч нерсеге түшүнбөй, ...*

шалкысы бош, бел алды болуп, .. сенделип, илкип, кайра кайтты (Бейшеналиев). *Бел алды болбой сүйлөш.*

БЕЛ АЛДЫРУУ. Моюн сунуу, баш ийүү. *Кийинки күндөрдө карылыкка бел алдырып койдумбу дейм, өз оюмда* (Убукеев). *Күн мурун эле бел алдырып мүнкүрөп каласыңбы?* (Убукеев). *Жашык болуш жаман адам белгиси, Күйпүл жүдөп, күйүткө бел алдырган* (Алыбаев).

БЕЛ АЛДЫРБОО. Сыр алдырбоо, шек бербөө, багынбоо, басынбоо. *Душманга бел алдырба. Жактырганыңды алып оку деди. Минтип оңуна салбаспы. Шарафуддин молдого бел алдырбай жанараак оңтойлотқондоруна көзүн жалдыратты* (Бейшеналиев). *Акбала айтканынан кайтпай тигилерге бел алдырбоого тырышты* (Укаев).

БЕЛ БАЙЛОО. 1. Кайраттануу, өзүнө-өзү дем берүү, чымыркануу. *Башкасын койсом да мен атама ушуну айтууга акым бар экенин ойлоп бел байладым* («Кыргызстан маданияты»). *Тыныбек .. алардын кайгысына буркулдап жаш төгүп, кайра бел байлаганда томсоро сурданат* (Бейшеналиев). *Муратты кандай да, бул азаптан куткарууга, калаага алып барып бир мектепке киргизүүгө бел байлады* (Баялинов).

2. Кимдир бирөөгө таянуу, ишенүү, аны эш тутуу, медер кылуу. *Ушуга бел байлап, жолго каражат жыйып быйыл жериме кайтамбы деп жүрчү* (Элебаев). *Сизге бел байлап гана ушул катты жаздым* («Чалкан»). *Байкагыч саякатчы тээ батыштын түпкүрүнөн эңсеп, бел байлап чыккан крайдын мерчемдүү жерине жетти* (Осмоналиев). *Өлбөсө келер бекен деп, Курсактагы куу жолтой Жетимчеге бел байлайм* («Сейтек»).

В.: Бел кылуу. *Эми сенден башка бел кылар кишиси жок - деп, кандайдыр капалуу өнү менен Алымкулга карады* (Абдукаримов). *Небересин бооруна кысып, ага таянып аны бел кылат* (Борбиев).

Бел тутуу. *Аймактагы эл Жанкечтини бел тутуп, жапырт көчүшүптүр* (Осмоналиев). *Кайран киши анын сенден башка бел тутары жок* (Бейшеналиев).

БЕЛ БОЛУУ. Арка-тирек болуу, жөлөк болуу. *Бербесе бел, албаса арка болуп калган экенсиң* (Бейшеналиев). *Асыл досум тилимди ал, Бараан болгун, бел болгун* (фольк.). *Аман болсо Карадөө Жедигер саа бел болор* («Сейтек»).

БЕЛ БУУ. к. Белди бекем буу.

БЕЛ БҮКПӨӨ. Баш ийбөө, моюн сунбоо, жеңилбөө. *Төбөлдөрдүн башына ойноочу ур токмогум - сөзүм, ырым. Мен эч качан аларга бел бүкпөйм. Бүгүн тебелеткен намысымды эртең, бүрсүгүнү эки эселеп алам* (Бейшеналиев). *Андрей мындай менменсинип, теңсинбей туруучулукка бел бүгүп, ура алган жок* (Сасыкбаев).

БЕЛ КУДА БОЛУУ. Балдары төрөлө электе, боюнда барда, курсакта экенинде убадалашып, кудалашып коюу. *Сатылган менен Абдыраман кол алышып бел куда болуштук дешип бата айтышканы ырас* (Сыдыкбеков). *Акун-хан менен Манас бел куда болушкан* («Семетей»). *Бел куда болгон атаңыз, Берметтин пейли сүйгөн курбалы* («Саринжи-Бөкөй»).

БЕЛ КЫЛУУ. к. Бел байлоо.

БЕЛ ТУТУУ. к. Бел байлоо.

БЕЛ ЧЕЧПӨӨ. Тыным албоо, тынбай аракеттенүү, күндүр-түндүр иш үстүндө же жоо бетинде болуу. *Чырым ушул учурда күнү-түнү бел чечпей иштеди* (Каимов). *Чүй районундагы «Ак-Бешим» совхозунун чабаны Бейшебаев бел чечпей эмгектенүүдө* («Советтик Кыргызстан») - *Эл үчүн, өлкө үчүн төрт жылы бел чечпей кармашып келдик* (Касымбеков).

БЕЛГЕ ТАҢУУ. Таяныч, тирек, ишенимдүү жөлөк. *Артык балбан Карадөө Айласын таппай жүрүүчү Белге таңуу Чоронун Берендигин билүүчү* («Сейтек»). *Арбын кыргыз биригип Белге таңуу беренди Чокмор кылып алалы* («Сейтек»). *Бир уруудан хан шайлап, белге таңуу кылып, бир жакадан баш чыгарышыбыз керек* (Көчкөнов).

БЕЛДЕН БАСУУ. Баш көтөртпөө, мүңгүрөтүү, өйдөлөтпөө. Сөөгүмөн сөзүн өткөрүп Арамдар басат белимден («Семетей»). *Жокчулук белден басты* («Ала-Тоо»).

БЕЛДИ БЕКЕМ БУУ. Кайрат кылуу, Өзүңө-өзү дем берүү, кайраттануу, чымырканууу, белсене киришүү. *Энди, Теңирберди аке күйүткө алдырбай белди бекем бууганыңыз жакшы* (Касымбеков). *Андан көрө белди бекем бууп, шартылдап жүрө бер* (Абдукаимов). *Байымбет калган өмүрүн ашырбай да кемитпей да ишкер пайдаланууга белди бекем бууду* (Бейшеналиев).

В.: Бел буу. *Безеленип жамандыкка белди бууп эрте тотуккан курагым эле* (Бейшеналиев). *Үйдүн тун уулу катары белди бууп, эрте жаздан атасынын кетменин көтөргөн* (Бейшеналиев). *Азабы менен жыргалына белди бууп ташташтыы* (Осмоналиев).

БЕЛИ КАЙЫШУУ. к. Бели майышуу.

БЕЛИ КАТУУ. Эр жетүү, чоңоюу, баралына келүү. *Томомдун бели катканда үстүмдөн жүгүм түшөр - деп ойлоп коюп жүрөр эле атасы* (Сыдыкбеков). *Бели ката электе эле чоңдор сыяктуу колхоздун оор жумуштарын аткарууга киришиптир* (Саатов).

БЕЛИ МАЙЫШУУ. Кыйынчылык, оорчулук келүү, өтө оор абалда калуу, кыйынчылык, оорчулукту көтөрө албай кыйналуу. *Аттиң ай, Алымкулдун атасы мезгилсиз кеткенге жигиттин бели майышып турбайбы* (Абдукаримов). *Бел майыша турган нерсе - бул өзүбүздө күчтүн жетишпегени болуп турат* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Бели кайышуу. *Кызыл таздан таяк жеп, бели кайышып, кыйноо тарткан мен карыпты демдентип, жашартчу өзүңсүң жаркыным* (Бейшеналиев).

БЕЛИ МЕРТИНҮҮ к. Бели сынуу.

БЕЛИ СЫНУУ. Оор кырсыкка учуроо, башына күн түшүү, бедели түшүү. *Бул жердеги бай, манаптын бели Бийаалы менен Түркмөн камалганда бир сынса, Абыкка келин алып бергенде экинчи сынды* (Жантөшев). *Тоголок Молдонун... Кеңеш өкмөтүнүн көрөр көз ишмерине айланганы бели сынып, кансыраган зулумдарды кекентип. кыжыртууда* (Бейшеналиев).

В.: Белин сындыруу. *Белимди душман сындырды* (Барпы).

БЕЛИН ОМУРУУ. Баш ийдирүү, багынтуу, беделин түшүрүү. *Бир айылдын белин омуруп, дегенин орундатып кызын тартып келген Жылматай* (Осмоналиев).

БЕЛЧЕСИНЕН БАТУУ. Аябай терең малынуу, чыккыс, кутула алгыс болуу, абдан аралашып калуу. *Карызга белчесинен батты. Ушинтип, сары убайымга белчебизден батып, баш көтөрө албай отурабыз - деп төрдөгү улгайган аял шуу үшкүрүп койду* («Ала-Тоо»).

БЕРБЕСТИН АШЫ БЫШПАС. Берем дегенин бербей создуктурган, күттүрө берип тажатып жиберген абалга карата айтылат. *Бербестин ашы бышпас кылып, сиз анча тайсалдабаңыз* («Чалкан»). *Мурат ичинен «Бербестин ашы бышпас» деди да оор үшкүрдү* (Элебаев).

БЕРЕКЕ ТАППАГЫР. Оңолбогур, жарыбагыр деген маанидеги каргыш. - *Атаа бечара ай-э! Алиги аракеч ит, береке таппагыр, жедеп эле жүрөгүн түшүрүп салган тура!* (Өмүрбаев).

БЕРИ БОЛГОНДО. Эң жок дегенде, болбой калды дегенде. *Бери болгондо өз кунунан эки эсе ашып түшмөк, бекер кылгансың* («Ала-Тоо»).

БЕРИ КАРАП КҮЛҮП, АРЫ КАРАП ЫЙЛАП. Кыйылып, араңдан - зорго, амалсыздан, аргасыздан, араң дегенде. *Бери карап күлүп, ары карап ыйлап жатып берди - деп ыйлап жиберди* («Ала-Тоо»).

БЕРИ КАРОО. Сакаюу, оорудан баш көтөрүү, айыгуу. *Оору алсыратып, дароо көз жанары өчүп кетти, кемпир эми бери карабасын билди* («Ала-Тоо»).

В.: Бери багуу. *Сестралар өз ара сүйлөшкөндө,.. оорусу узарып кетти, бери багар эмес, - дешет* (Жусупов). *Мырза чөлгө келгенде Көчкөрбай ажынын оорусу күчөп, бери бакпай турган болду* (Аалы).

БЕТ АЛДЫ. Туш келди, баш аламан, белгилүү бир багытта эмес, чачкын. *Ушундан кийин шыкалышкан калың көч, жөө-жалаң самсыган эл бет алды кетип жатты* (Сыдыкбеков). *Бала түш оогончо бет алды кыдыра берип, аябай чарчады* (Каимов). *Бет алдыда алды бастыра бериштн.*

В.: Бет келди. *Жонунда жабышкан балээ түшүп калар эмес, анда жорго атырылып бет келди чапты* (Айтматов).

БЕТ АЛГАНЫНАН КАЙТПАГАН. Туруктуу, айткан-дегенинен, көздөгөн максатынан кайра тартпаган. *Ал эми Зарыл Түндүк муз океанын, .. ач талааларды күйүп жаткан чөлдөрдү багынткан, бет алганынан кайтпаган жаш адамдардын .. жүрөк титиреткен зрдигин баяндады* (Өмүрбаев). *Ушу силердин бактылуу күнүгөр үчүн башын сайган, бет алганынан кайтпаган .. баатыр аталарыңарды эстен чыгара көрбөгүлө, айланайындар!* («Ала-Тоо»).

БЕТ АЛДЫРБОО. к. Бет бактырбоо.

БЕТ АЧАР. Кандайдыр бир иштин башталышы, алгачкы башталмасы. *Окуучуларга биз сунуш кылган бул татынакай аңгемелер жаш талапкердин бет ачары* («Ала-Тоо»). Менин айтып отурганым бул китепке бет ачар өндүү гана (Бөкөнбаев).

БЕТ БАГА АЛБОО. Даап карай албоо, батына албоо, түз барууга кудурети жетпөө, тике карай албоо. *Капилеттен кармалган күнөкөрдөй бет бага албай башын эңилтип, .. жазасын тартууну күттү* (Бейшеналиев). *Кары ата-энесине Бөбөк бет багып карай албай отурган* (Укаев). *Жоонун колу бет бага албай качышкан* (Турусбеков). *Ойго жеңдирип, ички сырын чечип айтышка бет бага албай сөзгө мокоду* («Ала-Тоо»).

БЕТ БАКТЫРБОО. 1. Айтканга көнбөө, моюн сунбоо, чендетпөө, жолотпоо. - *Койгула, аралашпагыла! - деп Кален бет бактырбай тыйып салды* (Укаев). *Алкынган албуут катын тажаалданып, Алмакемди Бет бактырбайт* (Сыдыкбеков).

2. Бет алдыдан ургулап катуу тосколдук кылуу, баш көтөртпөө (көбүнчө бороон-чапкын, жамгыр, карга карата). *Түн эле, Кар чапкындап элеп турду, Борошо бет бактырбай демеп турду* (Аалы). *Бет бактырбай турган бороон.*

В.: Бет алдырбоо. *Көкөнү балдар үйүнө жиберели деп, бир мугалим келген. Бирок Шекер аны бет алдырбай койду* (Касымбеков).

БЕТ КАТ БОЛУУ. Кандайдыр бир жагымсыз иши, начар мамилеси, кылык-жоругу үчүн өзүн күнөөлүү сезип, ачык мамиле кыла албай оңтойсуз, ыйңгайсыз абалда калуу. *Кашкары бет кат болуп, устасын жооткотуунун ылайыгын таппай өз абалынан долурады* (Бейшеналиев).

БЕТ ТЫРМАРЛЫК КЫЛУУ. Өзүнүн кылмышын, айыбын, күнөөсүн мойнуна албай актанууга аракеттенүү, бирөөгө жала жаба акчылануу. *Жан талашып бет тырмарлык да кылып көрдү. Сен Култай бирөөнүн мэкесин тебелеп-тепсетип алып, анан мага арызданып бет тырмарлык кыласыңбы? - деди Мырзабай* (Абдукаримов). *Бет тырмарлык кылып, сенден эптеп ажырашканда да чындыкты жашырып .. качкан болчумун* (Абдукаимов).

БЕТИ АЧЫК. Ийменгенди, тартынганды билбеген, уяты жок, кашка. *Азыркы балдардын бети ачык, Кээде алардын алдында сүйлөгөндөн өзүң ийменесиң* (Мырзаев). *Бети ачык келин.*

БЕТИ АЧЫЛУУ. 1. Айыбы, кылган кылмышы ашкереленип элге дайын болуу, билинүү. *Борборубузда «Кыял» бирикмесинде текшерүүнүн жүрүшүндө бети ачылган орчундуу кемчиликтердин өзөгү эмнеде болгон?* («Советтик Кыргызстан») *Кийин бети ачылганда кайдан алдың эле? - деп сурашса, «Кудаларга деп Алма-Атадан алып келгем» - деп жооп берет* («Ленинчил жаш»). *Кийинки мезгилде .. бир катар наркомандардын кылмыш бети ачылды* («Советтик Кыргызстан»).

2. Эч нерседен тартынбай, уялбай, тике, таамай сүйлөй турган болуу, ошондой абалга жетүү. *Турсун .. топто сүйлөп бети ачылганы, кандайдыр көңүлүн сергилеңдетип, башкача, пайдалуу адамга айланып бараткансыды* (Бейшеналиев). *Мурунчарак Бермет уялган болуп жүрдү, кийин кызара түшмөйүн таштап бети ачылып кетти* («Ала-Тоо»). *Бети ачылып аздыр-көптүр чогулган топту самап, чакырык күткөнүчү* (Бейшеналиев).

БЕТИ БОЗОРБОО. *Чиркин, бети бозоруп койсо боло* («Чалкан»). *И-и-й, бети бозорбой туруп кантип айтты* (Жантөшев).

БЕТИ ДУУЛДОО. Абдан уялып, өтө ыңгайсыз абалда калуудан улам бети-башы кызарып, аябай ысып чыккандай сезилүү. *Уялганымдан бетим дуулап, кулагым чуулдап, жаратылыш жөнүндө берилген суроолорго да оңдуу жооп бере албадым* («Кыргызстан маданиаты»).

БЕТИ ЖАРЫК. к. Жүзү жарык.

БЕТИ ЖОК. Уятсыз. абийирсиз. *Бети жоктун айтканын кара! Күнүгө эле көрүшүп, учурашып жүрбөйсүзбү?* (Баялинов). *Бети жок, акмак, сугалак, Бастыра албай тоо-ташка Калгандыр аты буралып* (Тоголок Молдо). *Мариянын сүрөтүн уурдап кетип, Прагадан чоңойттуруп, ал бети жок мага алпарган экен* (Ашымбаев).

БЕТИ КАЙТУУ. Бир нерседен жалкып, жалтайлап, тартына түшкөндөй болуу, мурдагыдай батына албай калуу, басырыла түшүү. *Бирок алигидей эмес, бети кайтып калган* (Укаев).

БЕТИ КАЛБОО. Аябай уялуу, өтө ыңгайсыз абалда калуу. *Аннанын тынчы кетип, .. коммунадан чыгарып койсо, кайра кайсы бетибиз менен барабыз, элге эмне бетибиз калат деп санааркайт* (Ашымбаев). *Шашылыш колхоз иши үчүн келе жатып, балача адашып жүрсөк бет калабы* (Кыдырмышев).

БЕТИ КАЛЫҢ. Уялганды билбеген, уялбаган, эч нерсени тоотпогон, кенебеген. *Көзү тик, бети калың, кашка болбосо, жинди болгон кыз качабы?* (Жантөшев). *Күйгөн-бышкан калың эл, Бети калың зулумдан* (Барпы).

БЕТИ КАРА. Уяты жок, адамкерчилиги, адамдык сапаты жок, уят-сыйытты билбеген маскара. *А Мырзакул бери карабайт, көзүн ала качат, демек, бети кара, ниети кара* (Касымбеков). *Бети каралар эми өздөрү качып кетишкен экен* (Токобаев). *Ой, бети кара о-ой, оозу-мурдуң кыйшайбай туруп кантип айттың ушуну* (Байтемиров).

В.: Жүзү кара. *Жүзү кара! Даана ит турбайсыңбы, нагыз тыңчы экен го ...* (Ашымбаев).

Кара бет. *Кара жолтой, кара бет болдуң, .. эшиктен үйгө*

кире электе эриңди жалмадың (Жантөшев). *Мени гана чанат ээ, томаяктын кызы. Кергиле кара бетти* (Сыдыкбеков).

БЕТИ КАРАРУУ. Катуу уят болуу, маскара болуу, шермендеси чыгуу. *Ланичек эл алдында бети карарып, бир бозоруп, бир кызарып олтурду* (Ашымбаев).

БЕТИ КУРУСУН. Өтө жагымсыз, начар ишти, абдан коркунучтуу же жийиркеничтүү абалды, жамандыкты билдирүүдө бирөөгө наалат айтуу маанисинде колдонулат. - *Бети курусун ... биз го баш-учунда болгонубуз жок, уккандар айтат* (Касымбеков). *Эсим оой түштү. Экөөнүн колун боорума басып турам. О-о, ал күндүн бети курусун. Өпкө-боорум куушурулуп, ичим куйкаланып баратат* (Өмүрбаев).

В.: Жүзү курусун. *Эне-атасы катар өлтүрүлгөн коркунучтуу түн. О-о, ал түндүн жүзү курусун* (Өмүрбаев).

БЕТИ КҮЙҮҮ. Бирөөнүн алдында өзүн айыптуудай, күнөөлүүдөй сезип катуу уялуу, тике карай албоо өтө ыңгайсыз абалда болуу. *Шарафуддин байбичеси, бала-бакырасы менен сапардан кайтканда бетим күйүп кымырылганымчы* (Бейшеналиев). *Байдын жесири да, Чырым да беттери күйүп, ага саламдашууга батына албай жүрүшкөн* (Каимов).

БЕТИ КЫЗАРУУ. Уялып калуу, уялганынан кызарып кетүү. *Ошондо анын бети кызарып, эч сөз айта албай жер караган* («Ленинчил жаш»).

БЕТИ ТҮГӨНҮҮ. Катуу уят болуу, маскара болуу, уяты чыгып эмне кыларын билбей калуу. *Беттин түгөнгөнүн мен сезбей коюптурмунбу?* (Сыдыкбеков).

В.: Бети тултуюу. *Кирерге жер таппай бетим тултуйду* («Чалкан»). *Езефтин бети тултуюп, башы жерге кирип кетти* (Ашымбаев).

Бети чымыроо. *Ал ошондо гана кыздын эмне максат менен келгендигине түшүнүп, кирерге жер таппай бети чымырады* (Саатов). *Үйдөгү адамдар орундарынан турбай беттери чымырап үңкүйүштү* (Осмоналиев).

БЕТИ ЧЫДАБОО. Даай албоо, жолой албоо. *Мен мурун сени менен жолушканга бетим чыдабай жүрдү* (Абдукаимов).

БЕТИ ЧЫМЫРАБОО. Эч сезбөө, уялып да койбоо. *Мен кирсем, бутун учкаштырып орундукта чылым чегип отуруптур, деле улуу келдиби, кичүү келдиби деп бети чымырабайт, келтейип да койбойт* («Советтик Кыргызстан»).

БЕТИ ЧЫМЫРОО. к. Бети түгөнүү.

БЕТИМДИН БЕШ ТЕРИСИ. Абдан уят, жеткен маскарачылык деген сыяктуу жек көрүү маанисинде колдонулат. *И-и, бетимдин беш териси, кудай ошондой кылгылык кылбасын* (Байтемиров).

БЕТИН АЙМАНДАЙ КЫЛУУ. Күнөөсүн бетине басып катуу уялтуу, маскара кылуу, жер каратуу. *Өзүн сыйлабаган өзгөнүн бетин аймандай кылат* (макал).

БЕТИН АРЫ КЫЛСЫН. Кандайдыр кырсыктуу оор иш же начар кылык-жорук жөнүндө сөз болгондо андайды көрбөйлү, мындайга кабылтпасын, андан алыс бололу деген мааниде колдонулат. *Ооба, андайдын бетин ары кылсын* (Жантөшев). *Сенден орун талашайын деген ниетим жок, анын бетин ары кылсын* (Абдукаимов). *Көпкөк чырпык кезиңерде, анын бетин ары кылсын кокуй!* (Өмүрбаев).

В.: Жүзүн ары кылсын. *А кулагандын жүзүн ары кылсын* (Өмүрбаев). *Асты биз тарткан азаптын четин ушуларга көргөзбөсүн! Анын жүзүн ары кылсын! Бу баш, көз жашка жуунуп, көкүрөк дартка муунду го!* .. (Өмүрбаев).

Бетин көрсөтпөсүн. *Акбаевдин көзүнө ошо согуш күндөрүндөгү жаралуу жер көрүндү. Оо, эми анын бетин көрсөтпөсүн! Дароо ошол жерде курман болгон жолдоштору көз алдына элестеди* (Өмүрбаев).

Бетин кудай көрсөтпөсүн. *Ал жолдордун бетин кудай көрсөтпөсүн* (Айтматов).

БЕТИН АЧУУ. 1. Бирөөнүн кылмышын, жаман кылык-жоругун ашкерелөө, элге дайын кылуу. *Тоголок Молдо*..

мыкаачылыктын бетин ачып, кайраттуулукка чакырган ыр, казалдарды жаратууну зарыл милдети катары түшүндү (Бейшеналиев). *Муну чыныгы комсомолдор, жаштар бетиңизди ачып жазып отурат* (Абакиров). - *Ээн баштык! Сен болсо досуңду калкалап калгың бар . Биз бетин ачып койдук* (Айтматов).

2. Бир нерсени айтууга, сүйлөөгө батына албай уялып, тартынып жүргөн кишини аралашып, тартынбай, уялбай сүйлөй тургандай кылып коюу. *Айылчы иничегин сөзгө аралаштырып, бетин ачууга ниеттенди* (Бейшеналиев). *Бир жагы эртеби-кечпи эл алдына чыгар деген ниет менен эрендерин эл аралатып, бетин ачып коюуну ойлоду* (Осмоналиев). - *Оо, Алаке, бу.. мурду барбайган баланы мага бер, эл аралатып бетин ачайын, канатын жазайын* («Советтик Кыргызстан»).

БЕТИН КӨРСӨТПӨСҮН. **к. Бетин ары кылсын.**

БЕТИН ЧИЕДЕЙ КЫЛУУ. Катуу уят кылуу, айыбын ачып маскаралоо. *Өзүн аябаган өзгөнүн бетин чиедей кылат* (макал).

БЕТИНДЕ КЫЗЫЛЫ БАР. Уяттуу, ыймандуу, абийри бар, ызаат сактаган. *Бетинде кызылы бар болсо, отуз эки мүдөөнү жер чийдирип эле келер* (Жантөшев). *Бечара, бетинде кызылы бар тура, мындан түңүлүүгө болбойт.*

БЕТИНДЕ КЫЗЫЛЫ ЖОК. Уяты жок, уялганды, ызаат кылганды билбеген. *Аягынан азып, томугунан тозуп, тентип жүргөн бетинде кызылы жок бир шуркуянын айынан Нөкөн атыңды кирдеттиң го, жарыгым!* (Үмөталиев).

БЕТИНЕ БАСУУ. Кылмышын, күнөөсүн, начар кылык-жоруктарын эч буйтагыс, кыймылдагыс кылып мойнуна коюу, далилдеп берүү. - *Сарбагыш деген зордукчу зулум атаңдан Абайуп аталганына таңмын - деп Турсун бетине басты. Жалий турган жеринде катып көзү чакчайды* (Бейшеналиев).

БЕТИНЕ КАН ЖҮГҮРҮҮ. **к. Бетине кызыл жүгүрүү.**

БЕТИНЕ КАРАБОО. Кылчактабай, жан тартпай, тартынбай тике айтуу. *Бир маалда Агыргай .. эч кимдин бетине*

карабай бөйрөгүн таяна, уламдан улам алдыга жүткүнө берип: - Каргышың журтта калган как башыңа жетсин! .. Агыргайдан айланып кетсин! - деди да Нөкөн жакка түкүрүнүп-түкүрүнүп алды (Ш.Үмөталиев).

БЕТИНЕ КАРМОО. Кандайдыр бир ишке себеп, негиз кылуу үчүн бир нерсени шылтоолоп, ага таянып бүтүрүү аракетинде болуу. *Акын бу кырчаңгы таздын Бошкойду бетине кармап тийишкенин да түшүндү* (Бейшеналиев). *Баланын хан атына далдаланып, аны бетине кармап, мени менин эрез талашкысы келип жүргөн кишилер бар эле* (Касымбеков). - Жантай баатыр, улуу башыңды кичик кылып, .. жалпы саяктын тоодой кадырмандарын бетиңе кармап келсең мен чанмак белем (Бейшеналиев).

БЕТИНЕ КӨӨ ЖАБУУ. Бирөөнүн уяттуу ишин ашкерелеп уятын чыгаруу айыбын ачып эл алдына дайын кылуу, маскаралоо. *Эгер сен намыссыз болбосоң, райондук кызматчылардын алдында менин бетиме көө жаап, душманды калкалап каласыңбы?* (Жантөшев). *Жалган жеринен бетине көө жаап, ал камакка алынды* (Эшмамбетов). *Арыдыкарыды эми сөөлөт күтөр десе муну карабайсыңбы, бүт Баракбай тукумунун бетине көө жапты* (Айтматов).

В.: Бетине көө жагуу. *Гүлбүбүнүн бетине көө жагышты* (Сыдыкбеков). *Жанагы элден чыккан шерменденин көзүн тазалап, катындарыбыздын абийирин сактап калбасак, эми жамы эркектин бетине көө жагар* (Сыдыкбеков).

Бетине көө сүртүү. *Кызыңды тыйып ал деп бетиме көө сүрткөн кишини эмне дейм* (Каимов).

Бетине көө сыйпоо. *Жакшылык кылган адамынын алдында кимдир бирөө бетине көө сыйпап салгансыйт* (Осмоналиев).

Жүзүнө көө жабуу. *Анын бул иттигин койбосо, бүт элдин жүзүнө көө жабатко* (“*Ала-Тоо*”).

БЕТИНЕ КӨӨ ЖАБЫЛУУ. Эл алдында катуу уят болуу, маскара болуу, шермендеси чыгуу. *Баарыбыздын бетибизге жабылган көө болбодубу?* (Тойбаев). *Караланган адамдарыбыз акталды, бетибизге*

көө жабылбай куландан соо калдык деп түшүнсөк, анда жаңылышып калабыз (Жантөшев).

В.: Бетине көө сыйпалуу. *Айыпсыз жерден бетине көө сыйпалып, кадыр-барктан ажырай жаздап отурган жакшынакай эле адамдарды көрүп отуруп чыдай албадым* («Ленинчил жаш»).

БЕТИНЕ КӨШӨГӨ ТАРТУУ. Кимдир бирөөнү калкалоо, күнөөсүн, айыбын жаап-жашыруу. *Эгер сен намыссыз болбосоң, душмандын бетине көшөгө тартып калкалап каласыңбы?* (Жантөшев).

БЕТИНЕ КЫЗЫЛ ЖҮГҮРҮҮ. Нурдануу, тамылжып өңүнө кирүү, өңдөнүп кызара баштоо (кандайдыр кубаныч менен толкундаган же өтө начар абалдан өйдөлөп, оңоло баштаган учурларга карата). *Осмондун бетине кызыл жүгүрүп, жылмайып турду* (Саатов). *Чала ачылган түндүктөн кызга күндүн шооласы тийип, кыздын купкуу бетине кызыл жүгүрдү* (Абдукаимов).

В.: Бетине кан жүгүрүү. Анын бетине кан жүгүрүп, жандана түштү (Кыдырмышев).

БЕТИНЕ ТАМГА БОЛУУ. Качандыр бир мурда болуп өткөн кылмышы, күнөөсү ашкереленүү, далилденүү, аныкталуу. *Анын эмнесин сурайсың, баягылары бетине тамга болбодубу* («Ала-Тоо»). *Атасын жашырып жүргөнү бетине тамга болуп, Жалий турган жеринде ката көзү чакчайды* (Бейшеналиев). *Жалий Турсунду амал, алдоо жолу менен имерем деп, абийрин ачтырып, жашырган изи бетине тамга болуп акмагы чыкканда акыркы күчүн, тапанчасын колдонду* (Бейшеналиев).

БЕТИНЕ ТҮКҮРҮҮ. Бетин ачуу, абийириин кетирүү, ачыкка чыгаруу. *Алым келсе, ушул Осмондун бетине түкүрүп айтаар элем* (Айтматов).

БЕТКЕ ЧИРКӨӨ. Катташууга, мамилелешүүгө жолто болгон себеп. *Элеман бирдеме айтайын десе Теңирберген менен Акбаланын ортосу бетине чиркөө болуп, тили күрмөлүп турат* (Укаев). *Ошол кат бетибизге чиркөө болду деп жиберди* (Ашымбаев). *Андай кылсаң эл наалат айтат, бетиңе чиркөө болот* (Бердикеев).

БЕТИНЕ ЧЫГАРУУ. Тең тайлаштыруу, тең ата кылуу. *Кыязды бетиме чыгарып, төбөмө камчысын үйүртүп отурасың* (Бейшеналиев).

БЕТИНЕ ЧЫГУУ. Эч тартынбай, тайманбай тике айтуу, бети ачылып тең тайлашуу, тең ата болуу. *Экинчиден өз душманы Орозбайдын бетине чыгып ага карата наалатын эл алдында айтмак* (Өгөбаев). *Андай экен күндө алкылдап бетиңерге чыгып турса эмне кылмак элеңер?* (Өгөбаев). *Кечээги ата-бабабыздын кол астындагы букараңдын кайсынысы бетине чыга алчу эле* (Укаев).

БЕТИНЕН КАНЫ КАЧУУ. Кубарып-кумсарып өңү бузула түшүү, купкуу болуп өң-алеттен кетүү (ачууланып, каарданып же бир нерседен катуу корккон абалга карата). *Акматтын бетинен каны качып, жоош чоң көзү чарасынан чыккан* (Осмоналиев). *Ошого карабай манаптын бетинен каны качып, кызуулана балтыр этин эзе кармап, олчойгон бутун солбуй, кеги кетпөөчүдөй көшөрдү* (Бейшеналиев).

В.: Бетинен кан-сөлү качуу. *Чакырылгандар жөөлөшүп, ызырынып, .. беттеринен кан-сөлү качып, чакчаңдаша көздөрү чанагынан чыгып Касымбектин үстүнө жулунуп киришип, опурулуп чуруллдоодо* (Бейшеналиев).

БЕТИНЕН КАНЫ ТАМГАН. Кыпкызыл болуп нурданган, булкуюп толук көрүнгөн. *Ал бетинен каны тамган, чокчо сакал, чоң чулу киши* (Бердикеев). *Бетинен каны тамган кара тору жигит домбура чертти* (Укаев). *Айылчы .. карыса да бетинен каны тамган, көгала сакал, азуулуу айбандын сырттаны кейиптенген үй ээси карыяга күрсүндү* (Бейшеналиев).

БЕТИНЕН КАРА ТҮК ЧЫГУУ. к. Бетинен түгү чыгуу.

БЕТИНЕН ОТУ ЧЫГУУ. Катуу уялуу, абдан уят болуп абийри ачылуу. *Таякеңдин колу жер алдында эмес, туугандарга барса бир кой бөксөлөп келбейт беле, - деп бетинен оту чыга чебеленди* (Ашымбаев). - *Сен эмне үчүн чоң атама барбайсың, ата? - Минтип ... - деп атасы көз айнегин алып, бир аз кызарып, бетинен оту чыгып, онтойсуздана түштү, - кол бошобой эле ...* (Жусупов).

БЕТИНЕН ТҮГҮ ТҮШӨ ЭЛЕК. Жаш, өсүп жетиле элек, баралына жете элек. *Бул жолу өңкөй он сегиз, он тогуздагы бетинен түгү түшө элек балдар жөнөп жатты* (Айтматов).

БЕТИНЕН ТҮГҮ ЧЫГУУ. **1.** Ачуусу келүү, сурдануу, жаалы келүү, каардануу .. *Дүйшөңдү кармап тура албаганыма арданып, байкемдин түгү чыккан бетине дит багып карай албадым* (Жусупов). *Абил бий .. ар кимисин бир теше тиктеп, бетинен түгү чыгып отурду* (Касымбеков). *Кудаймендинин бетинен түгү чыгып түктүйүп отурду* (Укаев).

2. Корккон, чочулаган, бир нерседен сестенген абалда болуу. *Ээр үстүндө үрпөйүп, бетинен түгү чыккан балага күлүктү мингизди* («Ала-Тоо»).

В.: Бетинен түгү көрүнүү. *- Эмне, бирок, - деди ал бетинен түгү көрүнүп* (Бердикеев).

Бетинен кара түк чыгуу. *Чынаркандын бетинен кара түк чыгып, балбылдаган чоң көздөрү эчтемени көрбөй тунарып, ичи күйүп, алапайын таппай баратты* (Абдукаимов).

БЕТИНЕН ЧААРЫ ЧЫГУУ. Абдан ачуусу келүү, жаалдануу, кыжалат болуу. *Баятан бери бетинен чаары чыгып турган Айдаркандын бутун кучактай жыгылды* (Токобаев). *Көзүңдөн от, бетиңден чаарың чыгып турат* (Токобаев). *Күрүчбектин бетинен чаары чыгып түнөрүүдө* (Осмоналиев).

БЕТИНИН КЫЗЫЛЫ КАЧУУ. *Кубарып-кумсарып, купкуу болуп өңү өзгөрүлүү. Ушул учурда ички үйдүн эшиги акырын ачылып, бетинин кызылы качкан Бермет* (Абдукаимов).

БЕТИНИН ЧҮКӨСҮ ЧЫГУУ. Жаагы шимилип, абдан арыктаган, шапайган көрүнүштө болуу. *Жаагы шимилип, бетинин чүкөсү чыгып, өнү шапайды* (Өмүрбаев). - *Чөп-чар жеп жүрүп, бетиңдин чүкөсү чыгып, чегирткедей кылжыйып бүтүпсүң, - деди ал мени адатынча каруумду бекем кармап ..* (Жусупов).

В.: Бетинин сөөгү чыгуу. *Бает акем баягыдай эмес, жаагы шимилип, бетинин сөөгү чыгып турат* (Өмүрбаев).

БЕТИҢ БАРБЫ? Уялсаң боло, бул кылганың туура эмес, туура эмес иш кылгансың, уяласыңбы? деген сыяктуу жемелөө маанисинде колдонулат. *Бетиң барбы? Кантип калп айттың.*

БЕТИҢ КҮЙГҮР! Күнөө кылган кишиге карата уятсыз, абийри жок деп жек көрүү, наалат айтуу, тилдөө маанисинде колдонулат. *Эми өлбөгөндө эмнең калды? Бетиң күйгүр! деди Мөлтөй Нөкөндү табалай берип* (Ш.Үмөталиев).

В.: Бетиң тилингир. *Нөкөн .. көйнөк, дамбалчан калыбында кара кунастай тарбаланданып, Агыргайды качырды: - Тилиңе тибиртке, бетиң тилингир! Тилиңе тибиртке!* (Ш.Үмөталиев).

БЕТКЕ АЙТУУ. Эч тартынбай, жалтактабай болгон чындыкты өз көзүнө тике айтуу, тайсалдабай түз айтуу. *Кең көйнөктүн этек-жеңин делбиретип-далбыратып колду көтөрө салган Батийна баягы элеттиктин тартынбай бетке айтар өкүмдүгүнө салды* (Сыдыкбеков). *Кыздын ийкемдүү, ак жүрөк, бетке айтар жагын ойлоп гана кичине ынанат* (Бердикеев).

В.: Бетке басып айтуу. *Жалтанбай бетине басып айт.*

БЕТКЕ КАРМАГАН. Түзүгүрөөк, жакшыраак деп эсептеген, ишенген. *Бул айылдын бетке кармаган кыз-келиндеринен бөтөнчө кийингенин ушак кылышты* (Укаев). *Даадайдын бетке кармаган эки илеси бар эле* (Эралиев).

БЕТКЕ ЧАБАР. Бирөөнүн көнүлүнө, көзүнө карабай болгонун болгондой тике айтып салма, эч тартынбай, оройлонуп, кемчилигин түз айтма. *Уяң келинге жээнинин кыялы кызыктай өңдөнүп, бетке чабар, жада калса кыймылынан өйдө осол көрүндү* (Ашымбаев). *Минтип орой да болсо чындыкты айткан, бетке чабар .. Жаркынбай гана айта алат* (Бейшеналиев). - *Өмүрзак көзүнүн чаарын чыгара бетке чабар мүнөзүнө жеңдирип .. дүңгүл сакалын түйдөктөнтө бакылдады* (Бейшеналиев).

БЕТКЕ ЧАБУУ. Өтө катуу айтуу, тике айтуу. *А мен болсом, орой, бетке чаап тийишип сүйлөйт экем* (Байтемиров). *Өтө бетке чаппай кичине сүйлөй салдырдым* (Бейшеналиев). *Бетке чаап сүйлөп, бирок сөз жебеген - кер ооз, бакан*

ооз адамдарга эми кадимкидей эле күрөш ачпасак болбой калды көрүнөт («Кыргызстан маданияты»).

БЕТТЕН АЛУУ. Бирөөнүн койгон айыбын мойнуна албай, кепке-сөзгө келбей, жулунуп-жулкунуп, кайра өзүнө асылуу, сүйлөтпөө, айтканын төгүнчө чыгарууга аракет кылуу. *Эмне деп отурасың деп, Шуудур Акмат капканга түшкөн ачкүсөндөй шаңк этип, Мөңкөнү беттен алды* (Укаев). *Калыйча да жалтанбай беттен алат* (Осмоналиев). *Арийне ар деп беттен албай, минткени жетекчинин тереңдигинен, өзүн да, сени да сыйлаган дыгынан* (Бейшеналиев).

БЕШ БАРМАГЫНДАЙ БИЛҮҮ к. Беш колдой билүү.

БЕШ БЕТЕР. Ансайын, андан да көбүрөөк, ого бетер, андан да кыйынраак. *Сөзсүз, үйрөнгөнчө сага кыйын. А мага андан да беш бетер* (Осмоналиев). *Тыныбек ага мурдагыдан беш бетер жакын, ыйык учурады* (Бейшеналиев). *Азыноолак шаңдануугa өзүнөн беш бетер пейилденип кайын сиңдисинин тымызын ныкыганын сезип, күлмүңдөдү* (Бейшеналиев).

БЕШ КОЛ ТЕҢ ЭМЕС. Бардыгы бирдей боло бербейт, арасында өйдө-ылдыйы бар, түрдүүсү чыгат деген мааниде колдонулат. *Беш кол тең эмес экенин жакшы билесиз го, булардын ичинде да мөртөй-шөртөйлөрү бар деди чарбанын жетекчиси бизге карап* («Советтик Кыргызстан»). *Беш кол тең эмес, сарым. Жаман болбосо, жакшыны кайдан билет элек - деди чоң ата* (Жусупов).

В.: Беш кол бирдей эмес. *Беш кол бирдей эмес, арада ар нерселер боло берет - деди Супатай* (Бөлөкбаев). *Беш кол бирдей эмес, кызым* (Медетов).

БЕШ КОЛУНДАЙ БИЛҮҮ. Абдан жакшы билүү, бардыгын толук билүү, жат билүү. *Областын чарбаларын беш колундай билген киши* (Эралиев). *Силердин сырыңарды беш колумдай билем го, койсоңор боло! - деди Бейшебаев* («Ала-Тоо»). *Буерде жашагандарды салаалап санаса болот, бири-бирибизди беш колдой билебиз* (Айтматов). *Ал колхоздогу киреше, чыгашанын бардыгын беш колундай билет* («Ала-Тоо»).

В.: Беш бармагындай билүү. *Мен аларды беш бармагымдай билем.*

БЕШ КОЛУН САЛУУ. Коомдук мүлккө же башка бирөөгө тиешелүү нерсеге ж.б. ач көздүк, сугалактык кылып ичип-жешке аракет кылүү, башы менен кирип кетүү. *Коомдук мүлккө беш колун салып жиберген бүлдүргүчтүрдүн бети ачылды* («Чалкан»). *Май талканга кирдим деп, барары менен беш колун салып ийип, ал жерден да жыдып калыптыр* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Беш бармагын салуу. *Эл байлыгына беш бармагымды бирдей салдым. Натыйжада кызматтан айдалдым* («Ала-Тоо»).

БЕШ КӨКҮЛ. Эс тартып, бойго жетип калган, турмушка чыга элек кыз. *Мадыра баш балдар, беш көкүл кыздар чымын-куюн болуп жетип келишти* (Абакиров). *Анда менин беш көкүл кезим* («Ала-Тоо»).

БЕШ МАНЧА ТЕҢ ЭМЕС.
к. Беш кол тең эмес.

БЕШ МАНЧАДАЙ БИЛҮҮ.
к. Беш колдой билүү.

БЕШ ӨРДӨГҮН УЧУРУУ. Калп айтуу, жалган айтуу, капкайдагы калпты айтуу. - *Жок, апатай... Алар беш өрдөгүн учуруп жатышат* (Жусупов). *Беш өрдөгүн учуруп жатабы дегендей болуп, бардыгыбыз дымып калдык* («Кыргызстан маданияты»). *Анда ал беш өрдөгүн учуруп калп айтып, аброюн көрсөтөйүн деген тура* (Абакиров).

БЕШ ТЫЙЫНГА ТУРБАГАН. Эч нерсеге жарабаган, кепке арзыбаган, оозго алынбаган, анча мааниси жок болор-болбос бир нерсе. *Жакында тоюм болордугу, менин сүйлөшкөнүм алар үчүн беш тыйынга турбаган иш экен да* (Тойбаев).

В.: Тыйынга турбаган. *Мурдагы бардык талаш-тартыш, оош-кыйыш пикирлер тыйынга турбаган майда нерселерге айланат* («Кыргызстан маданияты»).

Бир тыйынга турбаган. *Үйдөгүлөр бир тыйынга турбаган кайдагы бир нерселерди айтып, башымды оорутту* («Ленинчил жаш»).

БЕШЕНЕГЕ ЖАЗГАНЫН КӨРҮҮ. Турмуштун жагдайына

баш ийүү, башка салганын көрүү. *Ээ, бешенеге жазганын көрөт да* (Айтматов).

БЕШЕНЕСИ ЖАРЫК. Жылдыздуу, жаркылдаган, жайдары, ачык мүнөз. *Деги өзү бешенеси жарык, жолу ачык, иши шыдыр жигит өңдүү эле* (Кыдырмышев). *Бешенеси жарык, көгала сакал Карала жүйөөчүл окшойт* (Бейшеналиев).

БЕШЕНЕГЕ ЖАЗУУ. Тагдыр буйруу. - *Болушка салам айт: адал кесип мага насип эмес экен. Бешенеме жазбаптыр. Тору аттан күдөр үзсүн* (Укаев).

БЕШЕНЕСИНЕ КҮН КОНУУ. Маңдайы жарылуу, кубануу, телегейи тегиз, болуп-толуп туруу. *Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт энеси* (Айтматов).

БЕШИ КЕТҮҮ. Үрөйү учуу, бир нерседен чочулагандай, корккондой сестейүү, айласы куруу. *Минте берсең Семетей, Беши кеткен бул элди, Бейпайга дагы саласың* («Семетей»). *Тополоңу тоз түшүп, беши кетип кыжаалаттыкка кысылган шордууларга көп жашаган карыялардын сөзү эм болчудай болду* (Бейшеналиев).

БЕШИГИН ТЕРМЕТҮҮ. Көбүнчө кичүү кишилердин өзүнөн улууларга туура эммес мамиле жасагандыгына карата (атынан чакырганда) жактырбоо маанисинде колдонулат. *Сен эмне мени атымдан чакыргандай бешигимди терметтиң беле, кичине ийменсең боло?* («Кыргызстан маданияты»). *Бешигин терметкен сип «сен» деп сүйлөйт* (Эралиев).

БЕШИК БООҢ БЕК БОЛСУН! Жаңы төрөлгөн баланын ата-энесин куттуктоо, балага жакшы тилегин айтуу маанисинде колдонулат. *Бир Карел эмес, биз дагы балалуу болдук. Баарыңардын «бешик бооңор бек болсун»!* (Ашымбаев). *Калыйпа балам бешик бооңор бек болсун, уулуңардын убай, урматын көргүлө* (Бердикеев). *Уулдун бешик боосу бек болсун үчүн* (Кыдырмышев).

БЕШИК КУДА БОЛУУ. Балдары кичинекей, бешиктеги кезинде кудалашып, куда болууга убадалашып коюу. *Мурун үйлөндүрүүнүн кеңири таркатылган формасы «бешик куда» деген болгон.*

БЕШИКТЕН БЕЛИ ЧЫГА ЭЛЕК. Чоңое элек, өсүп жетиле элек, эр-азамат боло элек, али жаш, кичинекей. *Бала дегенди бешиктен бели чыга элек кезинде үйрөтсө, союл тоотпос өрт өсөт* (Сыдыкбеков). *Апаң айткандай бешиктен белиң чыкпай туруп, шумдук сөздөрдү сүйлөп калыпсың* (Абдукаимов). *Бешиктен белиң чыга электе апаң көз жумду, сенин көрбөгөнүң калдыбы* (Осмоналиев). *Бешиктен бели чыга элек балдар күнү-түнү үйгө жолобой калышты* (Айтматов).

БЕШИМДИН КӨЛӨКӨСҮНДӨЙ. Упузун болуп чубалган, сүйрөлгөн деген мааниде. *Алар тигил кер мурут, бешимдин көлөкөсүндөй болуп коркойгон жигиттин арам оюн кайдан туйсун* (Медетов).

БЕШТЕН БЕЛГИЛҮҮ. Түшүнүктүү, ачык, так, дайын. *Өзү даярдатып, өзү жетектеген Тынай элинин акими Дүр мырза экени бештен белгилүү* (Бейшеналиев). *Көп жол жүргөн Ашырбай менен келинчеги кыргыз салтынын ушундай берекесине таң калган жок, эзелтен келе жаткан бештен белгилүү жумуш экенин билишчү* (Үмөталиев). *Мындайда эмне кылуу керек - бештен белгилүү эмеспи* (Айтматов).

БЕШИН АЛУУ. Коркутуу, опузалап жүрөгүнүн үшүн алуу. *Кирелекте бешин алып опурулган улук, кудай жалгап Тоголок Молдону угуп тынчтанганда оюндагы Чоюбек тапшырган акааратты унутуп долдурады* (Бейшеналиев).

БИЛБЕГЕНИ БИТ. Билбегени жок, бардыгын билет, көп нерселерге түшүнөт деген мааниде колдонулат. *Ошентип сыртынан жоош болуп турган менен, анын билбегени бит* («Ленинчил жаш»). *Кичине болбой калсын, сенин көзүңө ошондой көрүнгөнү менен, билбегени бит* («Кыргызстан маданияты»).

БИЛЕГИ ЖООН. к. Жоон билек.

БИР АЙТАСЫҢБЫ, ЭКИ АЙТАСЫҢБЫ. Ошондой болсо гана, андай болсо жакшы болбойт беле, деген сыяктуу бир нерсенин болушун өтө каалоо же болбой калды дегендей өкүнүү маанисинде колдонулат. *Эми аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы ...* (Абдукаимов).

БИР АЧУУҢДУ БЕР. Андай кылба, сабыр кыл, кечирип кой деген сыяктуу кечирим суроо, өтүнүп-сурануу маанисинде колдонулат. - *Эми айланайын, байбатча, бир ачууңду мага бер, айланайын, - деп, эки колу калтырап, үнү каргылданып, Мойдундун тизесин кучактай берди* (Касымбеков). *Балакетиңди алайын, Калыйпа, бир ачууңду мага берчи* (Бердикеев). *Антпе, Шаке, бир ачууңузду мага бериңиз* (Бердикеев).

БИР АЯГЫ КӨКТӨ, БИР АЯГЫ ЖЕРДЕ. Абдан коркунучтуу абалда, өлүм алдында. *Бир аягы көктө, бир аягы жерде болуп турганда, Айганыштын Шамбеттен күткөнү ушул беле* (Сыдыкбеков).

В.: Бир аягы төрдө, бир аягы көрдө. *Кадырлуу мейман баам коюп тиктеп, бир чети таң болуп, ушунчалык аты алыска кеткен адамдын мынчалык бир аягы төрдө, бир аягы көрдө болуп, мүңкүрөп карып калганына чын ыкластан боору ачылды* (Касымбеков).

Бир буту жерде, бир буту көрдө. *Бир бутум жерде, бир бутум көрдө турганда сенден угаарым ушул беле?* (Сыдыкбеков). *Бир буту жерде, бир буту көрдө турат, бечара аман-эсен көз жарып алса болду* («Ала-Тоо»).

Бир буту көрдө, бир буту жерде. *Бир буту көрдө, бир буту жерде экенин Чойбек эми гана түшүндү* (Бейшеналиев).

БИР БАЗАРДАН ӨТКӨН. **1.** Турмушка түшүнүп калган, өмүрдөгү бир мерчемдүү куракты башынан өткөргөн. *Бир базардан өткөн аялдын кылар иши ушубу? - деп эл чуулдады* («Чалкан»).

2. Турмуш курган үй-бүлө күтүп алган. - *Ха, ха! Тоголок Молдо айтпадым беле, топуктуу. Кыздан качат, Бир базардан өткөн жубанга шашат. Мынча болду, Айымкан, сунушуңду ортого сал* (Бейшеналиев).

БИР БАШЫ ЭКИ БОЛУУ. үйлөнүү, турмуш куруу, аял алуу. *Көрүп гана тим эмес, бир башың эки болуп, үйлөнгөнүңөрдөн кийин* (Бейшеналиев).

В.: Жалгыз башы эки болуу. Качанкыга жалгыз башың эки болбой кокоет (Бейшеналиев).

БИР БЕТ. Бирдей, тегиз. *Экөөбүз бир бет турсак эч бир бузуку бизди бузуп-жара албайт* (Байтемиров).

БИР БОЗОРУП, БИР КЫЗАРУУ. Айыбы ачылып, катуу учт болуу, ыза болгон абалда калуу. *Ланичек бир бозоруп, бир кызарып отурду* (Ашымбаев). *Чагыр башка чаптыргандай бир бозоруп, бир кызарды. Колундагы кур түшүп кетти* (Осмоналиев).

В.: Бир кубарып, бир бозоруу. *Бир кубарып, бир бозоруп, эмне кыларын билбей туруп калды* («Ала-Тоо»). *«Кара бет» деген катуу сөздү угуп бир кубарып, бир бозоруп турган Агыргайга тигилердин сөзү эм боло түштү окшойт* (Ш.Үмөталиев).

Бир кызарып, бир бозоруу. *Кыябын таппай купуя термелген карала .. Байымбеттин бир кызарып, бир бозоруп ызаланганын, бирок каяша айтпай сабырдуу улуулугун сыйлаганын баамдады* (Бейшеналиев).

БИР БООР. Жакын, туугандык жакындык жагы бар. Эч кимибиз жамандыкка ыраа көрбөй турган бир боор элек (Жигитов). *Алыска кетпеген ак көңүл, бир боор эл эмеспи* (Осмоналиев). *Канча кылган менен бир боор да.*

БИР БОРООНДУК АЛЫ ЖОК. Өтө алсыз, чабал, бир нерсеге туруштук бере албаган. *Биз каптаганда бир бороондук алы жок тыпырап уйпаланган букараларга ийе тартып, бизди канкор, зулум атап казал жамыратат* (Бейшеналиев).

БИР БУРООСУ ЖЕТПЕЙТ. Бир нерсени толук түшүнбөйт, жеткире ойлой албайт, акыл-эси кем, орунсуз сүйлөйт. *Мунун бир буроосу жетпейт, кылганын карачы, таптакыр тескери.*

В.: Бир шариги жетпөө. *Тигиниң бир шариги жетпеген келесоо өңдөнөт, - деди баш чайкап атасы.*

БИР БУТУ БЫЯКТА, БИР БУТУ ТЫЯКТА. Туругу жок, орунсуз, бир жерге байыр алып турбаган. - *Сен ошол үй-жайы жок, бир буту быякта, бир буту тыякта жүргөн бузукуларды ээрчип жүрөсүңбү?* (Ашымбаев).

БИР ЖАКАДАН БАШ, БИР ЖЕҢДЕН КОЛ ЧЫГАРУУ. Бири-

биринин ыгынан чыкпай, бир оозду болуу, ынтымактуу болуу, бөлүнүп-жарылбоо. *Анын үстүнө бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгара турган кесиптештеримди издедим* («Ленинчил жаш»). *Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарбасак, биз жерибизден, бийлигибизден жакында кол жуун кала турган окшойбуз* (Касымбеков). *Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарсак жакшы болбойбу* (Жантөшев).

В.: Бир жеңден кол чыгаруу. - *Кана, Калайык журт, бир ооздон сөз, бир жеңден кол чыгарып, Дүр мырзага даттануунга даярсыңарбы?* (Бейшеналиев).

БИР ЖАҢСЫЛ БОЛУУ. Бүтүү, аяктоо. *Гүлай дугдулуңдап, беттеген ишин бир жаңсыл кылмайынча тынчу эмес* («Жаш ленинчи»).

БИР ЖЕРГЕ КҮЛ ТӨГҮҮ. Макулдашып, ынтымакташып оокат кылуу. *Бир жерге күл төккөнүбүз жакшы го.*

БИР ИЧЕГИ. Тамакты аз ичкен, анча батыра иче албаган, аз ичип-жеген. *Бир ичеги болуп калыптыр. Бир ичеги мал экен* («Курманбек»).

В.: Бир ичек. *Бир ичек болуп калган тура.*

БИР КАЗАНГА КАЙНОО. Биргелешүү, биригүү. *Ушул эки эл бир казанга кайнай алабы, Кыдырмачы аке?* (Осмоналиев).

БИР КАЙНООСУ ИЧИНДЕ. Чала бышкан, абдан толук быша элек. *Бул тамагыңдын бир кайноосу ичинде калган окшойт.*

БИР КАЛЫПТАН КУЙГАНДАЙ. Абдан окшош, эч айырмасы жок, бирдей. *Сырткы айырмасы эле болбосо, зили да бир, дили да бир, буларды бир калыптан куйгандай* (Үмөталиев).

БИР КАШЫК КАНЫН КЕЧҮҮ. Өмүрүн, жашоосун сактап калуу, ажалдан алып калуу. - *О, хазрати! ... Бечара кулунуңуз акыйкатын сүйлөп койду, бир кашык канын кечип койгойсуз ...* (Касымбеков).

БИР КИШИДЕЙ БАР ЭКЕН. Кадырлоо, сыйлоого татый тургандай, керекке жарагыдай, колунан бир нерсе келе тургандай экен деген мааниде. *Айткан сөздөрүңө, жүргөн турганыңа караганда бир кишидей бар*

экенсиң, балам, - деди карыя мага ыраазы болгондой («Ленинчил жаш»). - *Чоң атама барам деп атама өзүм айттым. - О, берекем! - Бир кишидей бар экенсиң. Чындап киши болгон турбайсыңбы! …* (Жусупов).

В.: Бир кишиче бар эле. *Кериге бүткөн тал элек, Биз дагы бир кишиче бар элек* (фольк.).

БИР КӨЗҮ БИР КӨЗҮНӨ ЖОО. Өтө жакын деген адамдан да бир нерсе чыгышы мүмкүн, бирөөгө ишенүү кыйын деген сыяктуу ишенбөөчүлүк, шек саноочулук маанисинде колдонулат. - *Бекназар аке, - деди каңырыгы түтөгөндөй акырын, - кимге ишенебиз, бир көзүбүз бир көзүбүзгө жоо болуп, кандай күнгө туш келгенбиз* (Касымбеков). *Бир көзүң бир көзүңө жоо болуп турган чакта өзүбүздөн башка кимге ишенебиз* (Касымбеков).

В.: Бир көзү экинчи көзүнө жоо. *Бир көзүң экинчи көзүңө жоо болуп турган мезгилде .. бечара Крибкону кызматтан бошотот* (Осмоналиев).

БИР КӨЗҮНӨН КАН, БИР КӨЗҮНӨН ЖАШ АЛУУ. Катуу жазалоо, көргүлүктү көрсөтүп аябай кыйноо, сазайын окутуу, кордук көрсөтүү. - *Кууланат экен бул бачагар. Бир көзүнөн кан, бир көзүнөн жаш алуу керек. Салгыла кыл чылбырды!* («Ала-Тоо»).

БИР КУБАРЫП, БИР БОЗОРУП к. Бир бозоруп, бир кызаруу.

БИР КЫЗАРЫП, БИР БОЗОРУУ к. Бир бозоруп, бир кызаруу.

БИР КҮНЧӨ КӨРҮНБӨӨ. Кыйынчылык өтүп кеткенден кийин унутулуп, билинбей бардыгы жай-жайында болуп калат деген сыяктуу көңүл жубатуу, көңүл көтөрүү маанисинде колдонулат. - *Курулуштар бүтүп кетсе, кыйналганыбыз бир күнчө көрүнбөйт* (Ашымбаев). *Ооруп турдум, ойноп турдум деп аман-эсен баш көтөрсөң бир күнчө көрүнбөйт* («Ала-Тоо»).

БИР КЫРДЫ АШКАН. Турмушту көргөн, жаман-жакшыны башынан өткөрүп кагылып калган, токтолуп калган. *Бир кырды ашкан адам кантип түшүнбөсүн.*

БИР НОКОТУ ЖЕТПЕЙТ. к. Бир шариги жетпейт.

БИР ООЗ. Кичине, анчамынча, аз гана. *Кыйды абышка аны-муну айтып былжырабай бир ооз суроо менен баарын билмек болгон* (Каимов). *Чунак балдар бир ооз айтып коюшсачы* (Бейшеналиев). *Бир ооз калпы жок, баары чын* (Укаев). *Мөңкөнүн алиги мыскылына карай өзүнүн бир ооз сөз кайтара албаганына иренжип отурду* (Укаев).

БИР ООЗ БОЛУУ. к. Бир ооздуу болуу.

БИР ООЗДОН. Бүт, бардыгы, тегиз бир кишидей болуп. *Мыктылар бир ооздон убада кылышты* (Осмоналиев). *Мугалимдер баштап, пионерлер бир ооздон Ашымдын сунушун кубатташты* (Сыдыкбеков). *Алар бир ооздон «жеке Байымбет аганын өзүнүн гана эмес, баарыбыздын, жаңы кыргыз маданиятынын кубанычы, саамалыгы» - дешти* (Бейшеналиев).

БИР ООЗДУУ. Бардыгынын ою, пикири бирдей болуу, бири-бирин колдоо. *Баарыбыз бир ооздуу болсок, бизге эч ким бата албайт* (Жантөшев). - *Бир ооздуу болсок, Эрмат аке, акыры көпчүлүк жеңет* (Бейшеналиев).

В.: Бир ооз болуу. *Баарың бир ооз болсоңор, жоо батынгыс көпсүңөр* («Мендирман»). *Баары бир ооз болуу.*

БИР ПАСТА. Тез эле, арыдан-бери. *Кыздын шамдагайлыгына таң каласың, Мынча ишти бир паста бүтүрө салат* («Ленинчил жаш»).

БИР СӨЗДҮҮ. Калп айтпаган, сөзүндө турган, ишенимдүү. *Ашым өзү токтоо, бир сөздүү жигит* («Ленинчил жаш»).

БИР СЫРДУУ. Оңой менен чечилбеген, өзүнчө бир мүнөзү бар. *Бир сырдуу жигит. Ороз көп сүйлөбөгөн бир сырдуу жигит* (Эшмамбетов). *Айтолкунга күйөөсүнүн бир сырдуу экендиги жагат* (Каимов).

БИР ТАМАН ЖОЛ. Өтө кууш, ичке жол. *Бир таман жол менен декилдеп шашып келатты* («Ала-Тоо»).

БИР ТЫЙЫНГА ТУРБАГАН к. Беш тыйынга турбаган.

БИР ТЫЙЫНЧА КӨРҮНБӨӨ. Көңүл бөлүнбөө, илүүгө алынбоо, кайдыгер кароо, капарга алынбоо. *Сен баарыбызды укпай, бир тыйынча көрбөй коюп, ишсиз калган мугалимдер улам редакцияга арызданып келе берген* (Эралиев). *Балаң ыйлап атабы, мектебиң өрттөнүп атабы, мага бир тыйынча көрүнбөйт* (Айтматов).

БИР УУЧ. Кичинекей, аз гана, үркөрдөй болгон. *Сен эмне, бир уруч жакыр элдин жалпак эски болушусуң* (Бейшеналиев). *Бийаалы, Түркмөн баштаган бир уруч жүзү каралар экөөңөргө тишин кайрап жүргөнүн өзүң мага айтпадың беле?* (Жантөшев). *Балдардан бир уруч топурак буюрса болду - деп төрдө жаткан байбиче үшкүрүп койду* («Ала-Тоо»).

БИР ҮНҮ КӨКТӨ, БИР ҮНҮ ЖЕРДЕ. Аябай мунканган, зыркырап-сыздаган, өксүгөн, боздогон абалда. *Жалгыз кызынан ажыраган бечара эненин бир үнү жерде, бир үнү көктө* (Сыдыкбеков). *Кыз чыңыргандай болсо жанына киши тура албайт. Бир үнү көктө, бир үнү жерде* («Ала-Тоо»).

БИР ШАРИГИ ЖЕТПЕЙТ. Акыл-эси кем, бир нерсени толук, жеткире түшүнө албайт, дөдөй. *Бул киши көзүмө бир эсе коркунучтуу, бир эсе аянычтуу. Бир шариги жетпейби деп да ойлодум* (Өмүрбаев).

В.: Бир нокоту жетпейт. *Боюң теректей болгону менен бир нокотуң жетпейт экен* («Алга»).

БИР ШОЙКОНДУН ИЧИНЕН ЧЫГУУ. к. Бирдин ичинен чыгуу.

БИР ЭРДИ МЕНЕН КӨКТҮ, БИР ЭРДИ МЕНЕН ЖЕРДИ ШЫПЫРГАН. Жаактууга жай бербеген, ээ-жаа бербей албуттанып сүйлөгөн, сөзгө алдырбаган бейжай, кара жаак. *Бир эрди менен көктү, бир эрди менен жерди шыпырган бу кайсы кара түйрүк? Көзүмө көрсөтпөй алып чыккыла! Буга окшогон бейжай салпаяктар түбүбүзгө чыга баштаса, шыйкыбыздын кеткени го, кудай?! ...* (Ш.Үмөталиев).

БИРДИ БИРГЕ УРУУ. Куулук, амалкөйлүк кылуу, урду-берди- ге салып өтө эпчилдик менен иш кылуу. *Ланичек сымал бирди-бирге уруп жүзүн жашырып*

келген жылмаңдардын сазайын колуна беришкей эле - деп тиледи (Ашымбаев). *Бирди бирге уруп көнгөн куулар далайды алдашып, пулдарын кымбатка баалашып эченди сыздатат* (Бектенов).

БИРДИ КӨРҮҮ. Кырсыкка учуроо, жаман ишке дуушар болуу. *Бул өзүн өзү билет, өтүгүн төргө илет, Улууну урматтабай бирди көргөнү жүрөт* (Тойбаев). *Же, сен бирди көргөнү жүрөсүңбү? - деди Балтабай Асанга* (Баялинов).

БИРДИ КӨРСӨТҮҮ. Катуу жазалоо, адебин берүү. *Мен аларга бирди көрсөтөм, эстеринен чыккыс кылам* (Тойбаев). *Шашпасын, мен ага бирди көрсөтөм* (Мырзаев). *Ичинен көрсөтөм деп саган бирди, Кызыл чок жүрүп кетти туталанып* (Турусбеков).

БИРДИ ЭКИ КЫЛУУ. 1. Апыртуу, олпырыи жиберүү. *Бул айтылгандарды тигилер укпасын, бирди эки кылып жиберет* (“*Ала-Тоо*”) **2.** Өтө эпчилдик менен бир нерседен пайда көрүү, көбөйтүү. *Өзү бирди эки кылган шылуун, өзгөчө жогору жактагылардын ичи-койнуна кирип, ымалалашып кеткен эргул эле* («Советтик Кыргызстан»).

БИРДИН АЙЫНДАЙ ЧОЮЛУУ. Пейил күткөн, келберсиген маанайда болуу, ыңгырануу. *Кечээ бирөөнү чакырсаң, бирдин айындай чоюлуп, деле келмеги азап* («Ала-Тоо»). *Бирдин айындай чоюлбай батыраак эле иштешпейби* (Жантөшев).

БИРДИН ИЧИНЕН ЧЫГУУ. Кандайдыр бир кырсыкка чырчатакка, коогалуу ишке дуушар болуу. - *Айтчы, кокуй, кишини беймаза кылбай. Бирдин ичинен чыккансың го?* (Жантөшев). *Оңой олжого оолуга берип, бирдин ичинен чыгар бекенсиң?* (Ашымбаев). *Жанагы солдойгон ит барбы, ал ошентип бирдин ичинен чыкмак* (Осмоналиев).

В.: Бирдин үстүнөн чыгуу. *Бул тентектигиңди койбосоң бирдин үстүнөн чыгасың* («Жаш ленинчи»).

Бир балээнин ичинен чыгуу. *Бир балээнин ичинен чыгып кала жаздадым ээ..!* (Осмоналиев). *Мен бир балээнин ичинен чыксам, касапчылыктын пайдасын жалгыз өзү ээлеп калмак экен* (Абдукаримов).

Бир шойкондун ичинен чыгуу. *Же муну тыйган киши жок Бир шойкондун ичинен чыкпагай эле* («Ленинчил жаш»).

Далайдын ичинен чыгуу. *Ой, бул шойкондуу бала көрүнөт, далайдын ичинек чыгарбекен.*

БИР-БИРИНЕ ТАШ ЫРГЫТУУ. Касташуу, жоолашуу, абдан каршылашып туруу. *Кыскасы, алар деле ошол кыйын кезендин ырын ырдап, чоорун тартып, ошол жаатташуунун кан жолунда бир-бирине таш ыргытып турган* (Көчкөнов).

БИРИ МЕНЕН БИРИН УРУУ. Өз ич ара кагылыштырып, каршылаштырып, кайраштырып, кас кылып коюу. *Шашпа! Булардын бири менен бирин уруу керек* («Ала-Тоо»).

БИРИ КҮН, БИРИ АЙ. Бири-бирине абдан төп келишкен, татынакай, сындуу, көрктүү. *Алардын эмнесин сурайсың, тим эле адам суктангыдай. Бири күн, бири ай* («Жомоктор»).

БИРИ ӨЛҮП, БИРИ КАЛСЫН. Мейли эмне болсо ошо болсун, өз ара кармаша берсин, мага баары бир, менин тиешем жок деген сыяктуу кайдигерлик кылуу маанисинде. *Бир атанын балдары бири өлүп, бири калсын, бизге эмне* (Эралиев).

БИРИ ҮЙДҮ, БИРИ ЧҮЙДҮ КАРОО. 1. Бири-бирине туура келбөө, коошпоо, окшошпоо. *Бул оюунун айчыктары туура келбей, бири үйдү, бири чүйдү карап калган тура - деп, чоң апам күйкөлөктөп, кейий баштады* («Ала-Тоо»).

2. Араздашуу, каршылашуу, бири-бири менен беттешпөө, сүйлөшпөө. *Байкоодо бири үйдү караса, бири чүйдү карап, дегеле бирин-бири жактырышпайт* (Бердикеев). *Бириң үйдү карап, бириң чүйдү карап, күйөөң экөөң тең эле унчукпайсыңар* (Бердикеев).

БИРИНИН ТЕБЕТЕЙИН БИРИНЕ КИЙГИЗҮҮ. Биринин ордуна экинчисин коюп алмаштыруу, ынгайын таап эптештирүү, өтө эпчилдик, амалкөйлүк менен иш бүтүрүү, будамайлоо. *Ооба, келе жаткан сары атчан Абайылданын өзү. Биринин тебетейин бирине кийгизген шум* (Осмоналиев). *Ал биринин тебетейин бирине*

кийгизип отуруп, өзүнө бүткөн эпчилдик менен соодадан пайда чыгарды (Абдукаримов). *Оңбогон Атабек! Бир чүкөндү үчүлтүк кылып, биринин тебетейин бирине кийиштиресиң* (Жантөшев).

БИРӨӨНҮН ОТУНА ЖЫЛЫНУУ. Бирөөгө көкшөкөрлөнүп, жагынып, анын аркасы менен жеңил жашоого аракеттенүү, эпчилдик кылып бирөөнүн аркасы менен күн көрүү. *Ал бирөөнүн отуна жылынып күн көргөндү жакшы көрөт* (Бейшеналиев).

В.: Бирөөнүн отуна алаканын кактоо... *бир убакта те башка «күн тийген» жакта, башка бирөөнүн күйүп турган отуна алаканын кактап, аны баягы сени мактаган сөз менен мактап, сени ушактап, анын жылуу күнүнө суу канатын жайып курганып, жан багып отурганын көзүң чалат* (Касымбеков).

БИТ СЫГАРГА АЛЫ ЖОК. Абдан алсыз, өтө начар, үлдүрөп араң турган. *Кемпир үлдүрөп бит сыгарга алы жок, үнү кыңылдап сүлдөрү эле калган* (Ш.Үмөталиев).

В.: Бит сыгарга каруу жок. - *Байтак, сен кечээ жакында эле кекиликтей тың элең, бүгүн жүрүшүң андай эмес го. Бит сыгарга карууң жок шалдайып калыпсың* (Ш.Үмөталиев).

БИТ ЧАККАНЧА КӨРБӨӨ. **к. Кабыргасын бит чакканча көрбөө.**

БИТЕ КАРЫН. Колунан эч нерсе чыкпаган, жеткен сараң, зыкым, битир. *Дүнүйөгө көзү тойбогон бите карын байлар, эми кантип жаны калып жатат экен* (Элебаев).

БИТИ-БИТИНЕ БАТПОО. Аябай сүйүнүү, кубануу, чоң кубанычта болуу, кубанычы койнуна батпоо. *Накта Айдана экенине көзүм жеткенде бити-битиме батпай, өзүмдү коерго жер таппай, жадырап турам* («Ала-Тоо»). *Сүйлөшкөн сөздөрүбүздүн баарын ичимден кайталап, бити-битиме батпай, көз алдыма келтирем* («Ала-Тоо»). *Уулунун окууга өткөнүн угуп, Сагын карыя бити-битине батпай сүйүндү* («Ленинчил жаш»).

БИТИН СЫГЫП КАНЫН ЖАЛАГАН. Абдан зыкым, өтө

сараң, колунан эч нерсе чыкпаган битир, ач көз. - *Ушул жерден битин сыгып, канын жалаган байлардан көрө, пас жактан анчамынча бир нерсе табууга мүмкүн экен* (Абдукаримов). *Ал жеткен көр жемечи жана айласыз битир. Мындайча айтканда, битин сыгып канын жалаган сараң* (Алыбаев).

БИТТИН АЧУУСУН СИРКЕДЕН АЛУУ. Алы жетпегендин өчүн алы жеткенден алуу. *Жутуп жиберчүдөй Тананы акырая карап «биттин ачуусун сиркеден алатка» жеңдирип: - Чап! - деп калды* (Үмөталиев).

БИТТИН ИЧЕГИСИНЕ КАН КУЙГАН. Өтө бышык, абдан тың, эң эле эпчил. *Ал биттин ичегисине кан куйган, шуулдаган жигит эле* (Сыдыкбеков).

БОГУНА КУУРАЙ САЯ АЛБОО. Кимдир бирөө менен теңтайлаша албоо катылууга даай албоо, сес көрсөтө албоо, теңтайлашуу колунан келбөө. *Анын богуна курай сая албайт.*

БОЗ АЛА БОЛУУ. Уят болуу, оңтойсуз абалда калуу, ыза болуу. *Атамды мактайт ко деген ойдо турган байдын уулу боз ала болуп туруп калат* (Баялинов). *Бая күнү Тоокем айткандай, боз ала болуп калып калдым* (Кыдырмышев). *Ошентип, Эргеш окуткан окуучуларынын алдында боз ала болуп кала берди* («Чалкан»).

БОЗ АЛА КЫЛУУ. Бирөөнүн шагын сындырып уят кылуу, ыза кылуу. *Айланасындагы бир кочуш кишинин азыноолак бакырларын кубантып, көбүрөөк жакынын боз ала кылып өкүнтүү* (Бейшеналиев).

БОЗ БАЛА. Ар нерсенин жөн жайын анча түшүнө элек, чоңоюп, бой тартып келаткан, жигиттик куракка анча жете элек жаш бала. *Кыз-келин менен өң боз бала көлдүн кылаасына чыгышты* (Сыдыкбеков). *Алардын көзүнө мен боз бала, капарларына илип тоотушпайт* (Бейшеналиев). *Боз бала, жигит аралаш, кыз-келин менен жарышып* («Сейтек»).

БОЗ БАШ. Баралына жете элек, кагылбаган, бир нерсеге көп түшүнө элек, жаш. *Беш жолдошуң бар экен, Бешөө тең боз баш бала экен* («Саринжи-Бөкөй»). *Жакында кулжыгачтан келген бир боз баш бала элчи, дал ушул өзүң олтурган үйдө болуп, килемге чок чачты* (Осмоналиев). *Айтор, мурунтугу*

бош боз баштар мындай турсун, эр ортону көк ала сакалдарга чейин тигил мактоону кулак түрүп угушат (Сыдыкбеков).

БОЗ КОЙДОН МОМУН. к. Ак койдон аңкоо, боз койдон момун.

БОЗ ТОРГОЙ КОЙ ҮСТҮНДӨ ЖУМУРТКАЛОО. к. Кой үстүндө торгой жумурткалоо.

БОЗ УЛАН. Аял ала элек жаш жигит. *Бокен анда боз улан. Мүмкүн ушу кызга биринчи жолу ашык болушудур* (Каимов). *Боз улан кезимде, шаарда окууну бүтөр жылы жатаканаңы таштап кетип калдым* (Жусупов).

БОЙ БЕРБӨӨ. Баш ийбөө, моюн сунбоо, ыркына көнбөө. *Бул жолу да энем кайнилерине бой бербеди* (Сыдыкбеков). *Бой бербей алда нече азгырганга, Бүтүргөн чоң шаардан окуу жайын* (Маликов). *Ал акып-такып, жалынып-жалбарып, кекетип-мокото берди. Бирок мен да бой бербедим* («Ала-Тоо»).

БОЙ ЖЕТҮҮ. Чоңоюу, чоңоюп өспүрүм курагына жетилген куракка келүү. *Паризек бой жеткенде нооту фабрикасына бир аз иштеди* (Ашымбаев). *Мугалим бой жеткен эркек жана кыз балдарын кээ бирөөлөрү менен аңгемелешти* («Мугалимдерге жардам»). *Босого тиреп, бой жетип* (Барпы).

В.: Бой тартуу. *Эки бирдей уулу бой тартып, кол арага жарап жарыша чоңоюда* (Бейшеналиев). *Бой тартып өсүп калган кезинде өзү курдуу балдар менен Крымга, Артекке барганы эсинде* (Сыдыкбеков). *Музооке эр жетип, бой тарткан колуктусун көрүп жактырат* (Бейшеналиев).

БОЙГО ЖЕТҮҮ. Чоңоюу, эс-акылы кирип,токтолуп калуу. *Кыз бойго жетип калган экен деп ойлоду Айсалкын* (Каимов). *Байкуш апаң сенин ушинтип бойго жеткениңди көрбөдү го* (Саатов).

БОЙ КӨТӨРҮҮ. Өзүн башкалардан жогору санап менсинүү, мыктысынуу, кекирейүү. *Кыдырбекти көргөндө Бермет бой көтөрүп, тескери карады* (Абдукаимов). *Ашыра бой көтөрүп, ашыра сын тагып кеткен да болбойт* (Сыдыкбеков). *Баш манаптын көрөр көз тилмечи*

бой көтөрбөй эрине шериктик ыкласын бурганын Сейдеш да баамдоодо (Бейшеналиев).

БОЙ САЛБОО. Көңүлү менен берилбөө, ыгын кошпоо, көңүлүн бербөө, ийикпөө, ымалага келбөө. *Анархан бой салбай койгондуктан, Керимахун эки жолу урган имиш* (Жантөшев). *Баятан тамашага бой салбай отурган ак саргыл кызды Акия чыканагы менен түртүп калды* (Сыдыкбеков).

БОЙ ТАРТУУ. к. Бой жетүү.

БОЙ ТИРЕШҮҮ. Бири-бирине атандашуу, эрегишүү. *Үч бир туугандын балдары бирде сыйлашып, .. бирде жоо болуп бой тирешип жашашты* (Осмоналиев). *Сени менен бой тирешип, кабак бүркөп жүргүм келбейт* (Сыдыкбеков).

БОЙ ТҮЗӨӨ. Ооруп жаткан адам өлөр алдында жакшы болуп калган сыяктанып көрүнүү. *Гүлсүн шашке ченде эсине келди, бирок ал убактылуу гана бой түзөө экен* (Сыдыкбеков). *Оору бой түзөп калды* («Ала-Тоо»). *Сыягы бой түзөп жатат окшойт* (Медетов).

БОК ЖҮРӨК к. Суу жүрөк. *Эр тагайдын жигиттери да силердей бок жүрөк болчубу...* (К. Иманалиев).

БОКОНОСУ КАТА ЭЛЕК. Баралына келе элек, али жаш. *Боорум бекип, боконом катып, өз алдымча оокат кылуу мен үчүн эң бир кыйын болду* (Баялинов). *Бири өзүңдүн боордош жалгыз тууганың, боконосу ката элек жаш жигит* (Укаев). *Балким, боору бекип, боконосу ката электе оор күндү, оор турмушту башынан өткөрүп жайы-кышы дебей жылаңайлак жүргөнү себеп болду бекен?* (Баялинов).

БОКОНОСУ БОЛКУЛДОО. Муун-жүүнү бошоо, жашуу, (капа болгон, корккон же өтө кубанган абалга, учурга карата). *Улгайган акындын боконосу болкулдай, баланы имере кучактап бети-башынан жыттагылады* (Бейшеналиев).

В.: Боконо сөөгү болкулдоо. *Атасынын айткандарына Сейдештин боконо сөөгү болкулдап, көзүнө ысык жаштын толкуну серпилди* (Бейшеналиев). *Боконо сөөгүм болкулдап, коркуп турам солкулдап* («Семетей»).

БОЛБОСОҢ КОЕ КАЛ. Абдан мыкты, укмуштуудай, адам таң каларлык деген сыяктуу мааниде. *Адис болбосоңор кое калгыла, алеки саатта кулунду торпокко айландырып жиберген сыйкырчы турбайсыңарбы* (Чалкан»).

БОЛДУ, БОЛБОДУ. Кантсе да, кандай болбосун, акыры деген сыяктуу божомолдоо маанисинде колдонулат. *Болду, болбоду, ушу Виктор, - деп жүрөгү алып учкан Мүсүрайым жакындап келди* (Саатов). *Болду, болбоду бул Бороштун колунан келди дешти* (Борбуев).

БОЛЖОЛДО ЖОК. Баа жеткис, эч нерсе тең келгис, абдан мыкты. *Анын адамгерчилиги болжолдо жок* («Ала-Тоо»).

БОЛОРУ БОЛУП, БОЕСУ КАНУУ. Иш бүтүп калды, болушунча болду, башкача өзгөртүүгө мүмкүн өмес, башка айла жок деген мааниде. *Болору болуп, боесу канган соң, Сүйгөн кур алаканын жаныды* (Бейшеналиев). *Тезекбайым, болору болуп боесу канды. Колдон келер чара жок* (Бейшеналиев).

В.: Болору болуу. *Ашырбай болору болду деп отурду* (Үмөталиев). - *Мына, болору болду. Эми атама ачык сүйлөшөлү* (Каимов).

БОЛОРУН БОЛТУРУП, БОЕСУН КАНДЫРУУ. Ишти тиешеси бар адамга билгизбей, анын оюндагыдай эмес башкача бүтүрүп коюу, өз билгендей жасоо. *Менин сыртымдан бычып, болорун болтуруп, боесун кандырыпсың* (Бейшеналиев).

БОО ТҮШҮҮ. Тобу менен кырылуу, үстү-үстүнө сулай берүү, катуу кыргынга учуроо, катуу кыйроо. *Бир боорум үчүн деп чапкын, Боо түшүп душман жыгылсын* (Маликов). *Жигиттер урушу жок эле четинен боо түшүп ич өткөктөн кырылып өлүп жатат го?* (Касымбеков). *Айлалап көптүк кылып чуркабасак, Алыстан мылтык тийип түшөбүз боо* (Аалы).

БООР АЧЫРЛЫК. Зээн кейите тургандай, абдан аянычтуу. *Ак куунун боор ачырлык абалын манжаларын тыпырата, кулачын салбырата маалымдады* (Бейшеналиев).

БООР БЕРБӨӨ. Жакындабоо, жолобоо. *Бирок Сүйүнбайдын балдары бөтөн адамдай боор бербей өсүштү* (Өгөбаев). *Сайра карап буртуйду: - Ошолор мага болобу, ошолор мага боор береби?!* (Касымбеков). *Үпөл кишиге жакындамак турсун, оңой менен жээк-жааттарга боор бербейт* («Ала-Тоо»).

БООР БУРАР. Жан тартар, кайрылышар, карашар. *Болгон карып экен деп, Болжосом боор бурар жок* (фольк.). *Ак болсо кантип булгайын Ага да боор бурайын* («Манас»).

БООР ООРУСА, БООРГО ТЕБҮҮ. Жакшылык жасайын десе түшүнбөйт, жакындатпайт, жолотпойт, кайра жаманчылык издейт деген мааниде колдонулат. *Мен сиңдимди таңмак белем, боор ооруса боорго тебет* (Тойбаев). *Мунун боору ооруса, боорго тепкенин көрдүңбү?* («Ала-Тоо»). *Боор ооруганды боорго тепкени кандай? Ченден чыккандык эмеспи* (Ш.Үмөталиев).

В.: Боорго тебүү. *Кайра боорго тээп атпайбы* (Медетов). *Кечээки жырткыч ийри тумшуктун жеми, бүгүн өзүн куш сезип, мени боорго тепти ээ* (Бейшеналиев).

БООР ООРУУ к. Боору ачуу.

БООР ТАРТУУ. Жакынсынуу, ие тартуу, өзүнө жакын саноо, жакындоо. *Ал жигит балыкчыларга боор тарткансып, жылуу жүз көрсөтүп турар эле* (Укаев). *Дүйнөдө жетимге да боор тарткан асыл адамдар бар экен да* (Бейшеналиев). *Ысак, сен өз кишибизсиң, букарадан чыккансың. Ошондуктан сага боор тартып келип отурбайбызбы* .. (Абдукаримов).

БООР ТОЛГОО. Бир нерсеге боор тартып кыйылгандык, аны кыйбастык. *Шволик аларды токтотуп калсак эмне, деген боор толгоосу чекилик экенине көзү жетпеди* (Ашымбаев). *Мен атамды аяп кеттим, бирок атам үчүн деген боор толгоом дагы да күчтүүлүк кылды* («Кыргызстан маданияты»).

БООР ЭТ МЕНЕН ТЕҢ. Өтө жакын, абдан ысык, сүйгүнчүктүү, өтө кымбат. *Чын эле Бала дегениң боор эт менен тең экен* (Сарногоев). *Дир эткен кылынан күү төккөн комуз кыргыз журтунун боор эти менен тең* («Советтик Кыргызстан»). *Мал тоолуктарга боор эт менен*

тең, ансыз күн көрүү кыйын (Бейшеналиев).

БООР ЭТИ ЭЗИЛҮҮ. к. Боору эзилүү.

БООРГО ТАРТУУ. к. Бооруна тартуу.

БООРГО ИМЕРҮҮ. к. Бооруна имерүү.

БООРГО ТЕБҮҮ. к. Боор ооруса, боорго тебүү.

БООРУ АЧУУ. Жан тартуу, абдан аео, зээни кейүү. *Булар да менчилеп турмуштун каабын таркаткан тура, - деп ага боору ачыды* (Ашымбаев). *Байкемдин эки көзү жок экендигине боору ачып, кейийт го* (Жусупов). *Эмнеликтен экенин билбейм, ушундай учурда таятама боорум ачып, тим эле ыйлагым келет дейсиң* (Айтматов). - *Мага бооруңуз ачып жатса керек, - деди* (Айтматов).

В.: Боору ачышуу. *Келиндин абалына боору ачышып, өзү да кемшиңдеп ыйлап бир кемпир бетине суу чачты* (Касымбеков). *Жаш уланга боорум ачышып, түпсүз терең ойго батып, жер тиктеп былк этпестен тура берген экенмин* (Баялинов).

Боору ачынуу. *Ага боору ачынган жумушчулар, курбу-курдаштары менен акылдашып көрдү* (Баялинов). *Алардын боору ачынды.*

БООРУ ООРУУ. Боорукерлик кылуу, жардам берүү, жакшылык жасоо. *Анын томолой жетим экенин укканда Ашырбек боору ооруп, аянычтуу карады* (Ашымбаев). *Андай шоордууларга Байымбеттин боору ооруп сабылганычы* (Бейшеналиев). *Ал тирүүлөй жетим, анан кантип бооруң оорубасын* (Айтматов).

БООРУ БҮТҮН. Аман-эсен, телегейи тегиз, эч убайымсыз, кайгысыз. *Э, кызым, азыр кайда барсаң Мамайдын көрү болбодубу! Боору бүтүн киши калбайт окшойт* (Абдукаимов). *Бул күндөрдө күнүмдүк оокаттын зарын тарткан кембагалдар гана эмес, боору бүтүн, ток пейил адамдардын башына да ой түшкөн* (Каимов).

БООРУ ЖИБҮҮ. Ийигүү, бир нерсеге макул болгондой муюй түшүү, көңүлдөнүү. *Жалынсам боору жибир, жүрөгү ачышар, менин кайгымдын канчалык оор экендигин сезер - деп ойлоду*

(Сайдуллаев). *Ушул учурда Кыдырбектин боору жибип, ата-эненин көз жашынан коркту* (Абдукаимов). *Ылым санап, боорум жибип жооп бергенимди көр* («Кыргызстан маданияты»).

БООРУ КАЛБОО. к. Боору катуу П. 1.

БООРУ КАТА ЭЛЕК. Өсүп жетиле элек, чоңое элек, али жаш. *Азыр бооруңар ката элек балапансыңар* (Бейшеналиев).

БООРУ КАТУУ I. Таш боор, ырайымсыз, бирөөгө жан тартпаган, эч ыракым кылбаган. *Түк карабайт жалчыга, Боору катуу канкорлор* (Осмонов). *Боору катуу киши болбосо да, кайраты менен жүргөндүр* (Абдукаимов).

БООРУ КАТУУ П. 1. Аябай күлүү, күлкүсүн тыя албай ыкшып калуу. *Эмилбектин боору катып борсулдап, Сагындан качып ашкананы карай жөнөйт* (Осмоналиев). *Карап тургандардын баары күлүп, боору катты* (Абдукаимов). *Күлүп атып боорум катып калды* («Ала-Тоо»).

2. Катуу ыйлоо (көбүнчө балага карата). *Аргасыздан ата кетти жүрөгү сыздап, бала калды боору катып, солуп ыйлап* (Касымбеков).

3. Чоңоюу, бой жетүү, баралына келүү. *Өлбөсө булар дагы боору катып адам болор - деп чал күрсүнүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Боору калбоо. Бака-шака түшүп, боору калбай күлүп, топко карай кыйкырды (Эралиев). *Ал боору калбай күлдү* (Абдукаимов).

БООРУ МЕНЕН ЖЫЛЫП КАЛУУ. 1. Өтө алсыз, начар абалда калуу, кыйынчылык тартуу, абдан кедейленүү, жакырлануу. *Боору менен жылып калган карыпка Султанаалынын боору ооруп, үйүнүн жанына көчүрүп алат* (Каимов). *Боору менен жылып кедей болуп калды.*

2. Минер унаасы жок жөө калуу. *Жалгыз аттан ажырап боорум менен жылганча, ошол азуулуулар үчүн сайдым башымды!* (Бейшеналиев).

БООРУ СУУК. Ырайымсыз таш боор. *Боору суук манаптын Жок экен го нысабы?* (Токтогул). *Сен боору суук кара жердин койнунда, түбөлүк уйкуда*

жатасың, апа! - деп боздоп Ажар ыйлады (Баялинов).

БООРУ ТАШ к. Таш боор.

БООРУ ТИТИРӨӨ. к. Жүрөгү титирөө.

БООРУ ТҮТПӨӨ. Чыдай албай жан тартуу, кыйып кете албоо, аяп туруу, имерчиктөө. *Боорум түтпөй .. жесир энең, жетим бөбөктөрүң менен көчүрүп баратам* (Бейшеналиев). Боору түтпөй Төлөмүштөн бир туугандык жакшылык күтүп жүрүшөт (Бердикеев).

В.: Боору толгонуу. *Кемпирдин боору толгонуп, ырайым этип, ырчыны бошоткон экен* (Бейшеналиев). *Устасынын боору толгонуп, жаш баладай кыялга жетелегенин кыйбайт* (Бейшеналиев).

Боору чыдабоо. *Анан айласыздан боору чыдабай жалгыз эчкисин дагы кармата берет* (Алыбаев).

БООРУ ЭЗИЛҮҮ. 1. Абдан жакшы көрүү, элжиреп ичи ысуу (көбүнчө балага карата). *Бает балдарын биринен сала бирин эркелетип, алардын кыял-жоругуна боору эзилип, толкуп-ташып отурган экен* (Өмүрбаев). *Небересин көрүп боору эзилип кетти* (Сыдыкбеков).

2. Абдан капа болуу, ичи күйүү, катуу кайгыруу. *Сатарга чын эле күйүп боору эзилип жаттыбы, айтор, жан дүйнөсү башкача өзгөрүп, деңге мас болуп турду* (Бердикеев). *Элди, жерди сагынганымды айтпа! Ойлосом боорум эзилет* (Аалы). *Ошолорду жоктойм. Сөөгүнөр кайда калды экен деп боорум эзилип боздойм, балам* («Ала-Тоо»).

3. Күлкүсүн токтото албай ыкшып күлүү, аябай ыкшып кыткылыктай берүү. *Тополоң анын дал өзү болуп туурап жатса, көргөндөрдүн боору эзилип, ичегикарды жерге түшчү* (Осмоналиев). *Кыз күлкүсүн тыя албай боору эзилип жатты* (Укаев). *Ал кыткылыктай берип боору эзилип, ичин мыкчый кызарып-татарат* (Жигитов).

4. Көбүнчө эрип-эрчип, көгөрүп-татарып көпкө, узак ыйлап калган кичинекей балага карата айтылат. *Шумүрөйгөн гана албарсты, мына бул баланын*

боору эзилип калса эмне болот ыя! (Исмаилов).

БООРУН БЕРБӨӨ. Жакындабоо, баш ийбөө, моюн сунбоо, жолобоо. *Өзүмө канчалык тартайын десем да, эч боорун бербейт* (Осмоналиев).

БООРУН БЕРҮҮ. Жакын санап өздөй көрүп имерчиктөө, жакындоо. *Өзү бизге боорун берип, бала-ботолук антын актап жүргөн соң, сен үкөм, ага акаарат айтып жектебей .. курдаш болбойсуңбу* (Бейшеналиев).

БООРУН ЖАРЫП ЧЫККАН. Өзү төрөгөн, өз денесинен, ичинен чыккан, кара чечекей. - *О, кудай! Сенден суранарым бирөө гана: боорумду жарып чыккан жалгыз баламдын жанын аман калтыра гөр!* (Каимов).

БООРУН ЖЕРДЕН АЛБОО. Абдан катуу кайгыруу, аябай капа болуп бүк түшүп жатып калуу, өзөлөнүп, өксүп ыйлай берүү. *Күйөөсүнүн бучук экенин билген соң Чынар эжем боорун жерден албай ыйлай берди* (Сыдыкбеков).

В.: Боорун жерге төшөө. *Атасы Какачтын канын ичпесем моокумум канбайт деп, боорун жерге төшөп жатып алат* («Ала-Тоо»).

БООРУН ЖЕШ. Өлтүрүү, жок кылуу, көзүн тазалоо. *Алар Сакадай менен Эркиндин боорун жештен да кайра тартпайт* (Жантөшев).

БООРУН КАТЫРУУ. Аябай күлдүрүү, ыкшытып абдан катуу күлдүрүү. *Шаршендин жоругун туураган адам чыкты. Элдин боорун катырды* (Медетов).

БООРУН КӨТӨРҮҮ. 1. Чоңоюбу, өсүп жетилүү, өз алдынча боло баштоо. *Ушулардын боорун көтөрүп, жүдөбөй, ачкачылыктан өлүп калбай торолуп кетүүсүн самайт* (Осмоналиев). *Биз турмушка боорубузду көтөрө электе кирип, эрте жетилип калдыкпы дейм* (Жусупов).

2. Турмуш-шарты оңолуу, тирденүү. *Уулун колунан жетелеп жүрүп, боорун көтөрүп, эптеп орус мугалиминин жардамы аркасында окууга киргизет* (Бейшеналиев).

В.: Боорун жерден көтөрүү. *Балдар боорун жерден көтөрө*

албай жатып чыркырап ыйлап калабы? (Абдукаимов). *Боорумду жерден көтөрбөй, Кыргыздын кыйрын аралап, Мээримдүү адам болсо деп, Жалдырап эшик сагаалап* (Аалы).

Боорун жерден алуу. *Боорун жерден алгандан тартып, энесинин артынан ээрчип, алынын жетишинче кол кабыш кылууда* (Байтемиров).

Балтырын көтөрүү. *Иниси балтырын көтөрүп, кол арага жараганы анча киши көзүн карабай калды* («Кыргызстан маданияты»).

БОРБУЮН КӨТӨРҮҮ. *Урманбет борбуюн көтөрүп алган соң дайнын таптырбай кетти* (Элебаев). *Ал жетимчелер баягыдай эмес, борбуюн көтөрүп адам болуп калышкан* («Ала-Тоо»).

БООРУН СЫРТЫНА САЛУУ. Өлөр-тирилерине карабай аябай сабоо, абдан кыйноо, катуу тепкилөө. *Боорун сыртына салып тепкилесе, айтпаганын көрөйүн, иттин гана баласы - деп жасоол камчысын бүктөй кармаган калыбында каны ичине тартып аркы-терки басып турду* (Бейшеналиев). *Кара мүртөс эри зайыбын күндө боорун сыртына салып тепкилеп жатса да: «Ой колуңду тарт..» деген бири жок* (Сыдыкбеков).

БООРУН ТЫРМАЛОО. Ыкшып, аябай күлүү, эрип калуу, күлкүсүн токтото албай ыкшып калуу. *Жаш мугалим кыз аябай күлкүчү эле, боорун тырмап эрип калды* (Борбуев). *Кээ бирөө боорун тырмап өбөктөйт* (Осмоналиев).

В.: Боорун тытуу. *Баланын шыбыраганы угулуп, отургандар боорлорун тытышып кыраан каткы* (Казакбаев) *Кээсине кадимкидей жашылданып, кээсине боорубузду тытып калчубуз* («Кыргызстан маданияты»). *Арунга жага бербей калды көрүнөт, ыкшып боорун тытып калды* (Бердикеев).

БООРУН ТЫРМАП КҮЛҮҮ. *«Телибай тентек» казалына баары боорун тырмап күлбөспү* (Бейшеналиев). *Качыке боорун тырмап күлдү* (Абдукаимов).

Боорун эзүү. *Кээде чукугандай сөз тапканын кантесиң түгөттүң. Бооруңду эзет* (Абакиров).

БООРУНА ТАРТУУ. Өзүнө жакындатуу, өзүмсүнтүү, жакынсынып ылым саноо. *Биз муну туугансып боорубузга тартканыбыз менен ал болбойт окшойт* (Медетов). *Эненин сүйүнчү коюн-кончко сыйбады, бечара элбиреп-делбиреп, өз кызындай ардактап, келинди бооруна тартты* (Касымбеков). *Жаманкул баланын жүрөгүндөгүнү козгой, өзүмсүнтүп бооруна тарта кайрылган* (Өгөбаев).

В.: Боюна тартуу. *Жатты жатыркатпай, чоочунду чоочуркатпай боюна тартат* (Бейшеналиев). *Сай сөөгү сыздай түшкөн Батыйна кичинекей сиңдисин боюна тарткансып Канымбүбүгө үйрүлө калып, жашын сүрттү* (Сыдыкбеков).

Боорго тартуу. *Келгиндеримди пайдалуу дейсиң, Макул. Боорго тартып көрөлү* (Бейшеналиев).

Бооруна имерүү. - *Жакшы бүлөнү душман колго алдырбай, өз бооруңарга имересеңер боло* (Байтемиров).

БООРУҢА КЕЛГИР! Жаш балдарга (көбүнчө эркек балдарга) карата тилдөө, каргап-шилөө маанисинде колдонулат. *Бооруңа келгир! Тайманбай айтышып турганын кара, аныk тайбас болот окшойсуң!* («Ала-Тоо»).

В.: Бооруңа чечек чыккыр! - *Тышка кулак түргөн Татыке алкына кетти. - Бооруңа чечек чыккан өлүканаңды көрөйүн ээ!* (Өмүрбаев).

БОРБУЮ КАТУУ. Бойго жетүү, чоңоюп колунан бир нерсе келе баштоо, жетилген куракка келүү. *Борбую катып жетилсе, үй-бүлөнү жер казса да багуучудай* (Бейшеналиев). *Эмичи? Эми анын борбую катып торолгон* («Ала-Тоо»).

В.: Борбуй эти катуу. *Борбуй этим ката электе оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев). *Борбуй эти ката элек туруп, чоң адамдын жумушун жасады* («Ленинчил жаш»).

Борбуй эти толуу. *Боконо сөөгүң боло элек, Балам, сенин борбуй этиң толо элек* («Сейтек»).

БОРБУЮН КӨТӨРҮҮ. к. Боорун көтөрүү.

БОСОГО АТТОО. 1. Башка үйгө келип жашап, туруп калуу, туруктуу бүлө болуп калуу. *Мына быйыл жазда Айсалкын Майлыбайдын босогосун аттаганына он жыл болду* (Каимов). *Мен ушул үйдүн босогосун аттаганы эч жаманчылык көргөн жокмун - деди апам* («Кыргызстан аялдары»).

2. Кандайдыр бир жакка (ишке, кызматка, окууга ж.б.) кирүү. *Алым менен Сабыр мектептин босогосун аттаганда мурдагы кылык-жоруктары акырындап четтей баштады* («Жаш ленинчи»). *Кызыбыз быйыл жогорку окуу жайынын босогосун аттады* («Ленинчил жаш»).

БОСОГОСУН ЖЫРТУУ. к. Эщигин жыртуу.

БОТО МОЙНОК. Анча бийик эмес, кыркалай тарткан дөбөчөлөр.

БОТО КӨЗ. Бадырайган, жоодураган, балбылдаган чоң көз. *Сурмалуу бото көзүң жаркылдаса, Бозойдун жүрөгүнө бербейт маза* (Аалы).

БОТОДОЙ БОЗДОО. Сай-сөөктү сыздатып жан кейиткен мундуу үн менен ыйлоо, муңканган аянычтуу үн чыгарып өксөп, буркурап ыйлоо. - *Атамдын убалына калбай абактан бошоткун! - деди күйөөсүнүн кылмышын сезип калган Зейнеп ботодой боздоп* («Кыргызстан аялдары»). *«Бекташ» деп жүрүп мен да ырыскымдан куру калбайын» деп ботодой боздоп, байкуш келин балам балдарын жетелеп, төркүнүнө басып кетти* (Талканбаев). *Айша атасынын тизесин кучактап, ботодой боздоп ийди* (Мырзаев).

БОТОСУ ӨЛГӨН ИҢГЕНДЕЙ. Абдан аянычтуу, кейштүү ыйлагандай, зыркырап-сыздап муңкангандай. *Абдыракмандын энеси ботосу өлгөн иңгендей букулдап, баласын жоктойт* (Каимов).

БОШ КЕЛБӨӨ. Оңой эмес, жеңил-желпи, жөнөкөй эмес, өтө тың, чыйрак. - *О. о. у, Каруста бош келбейт. - Чегелеп кооздогон экен* (Осмоналиев). - Мейман бош келбей калды. Аны бозонун тамашакөйүбү деп болжогон Абдырыман ыраазылыгын билдирди (Каимов).

БОШ ООЗ. к. Ачык ооз.

БОЮ ЖИБҮҮ. Кандайдыр бир нерсеге ыраазы болгондой эргип дене бою жазыла түшүү, элжирөө, сүйүнүү. *Жылуу достукту билгизүү менен айтылган сөзгө Пашанын бою жибий түштү* («Ден соолук»). *«Макул» деген сөздү укканда Сатардын бою жибип кетти* («Ала-Тоо»). *Комуздан чыккан күү ажайып көрүнүштө көз алдыга тартканда, бою жибий түшкөн оорулуу жигит жылмайды* (Каимов).

БОЙ СЕРГҮҮ. Кандайдыр бир нерседен, оор жүктөн ж.б. кутулгандай көнүлү ачыла жеңилдей түшүү. *Уркуя сөзүнүн аягына чыкканда бир чоң жүгү түшкөндөй бою сергий түштү* (Байтемиров).

БОЮ СУУ. Иренжүү, көңүлү калуу, муздай түшүү. *Ушунчалык тоң мамилеме боюң сууган жокпу, Курманбек?* (Бейшеналиев).

БОЮН ТАШТОО. Муун-жүүнү бошоп шалдая түшүү, шайы кетип алсырагандай сезүү, өзүн кармай албай мууну бошой түшүү. *- Акыл, эсинен адашкан мен байкушту кор кылбай үйдү таап келгениңе ыракмат! - деп, кер жоргонун көкүлүн сылап, үйгө жеттим го дегенсип Атай боюн таштап жиберди* (Каимов). *Айрымдары боюн таштап жиберип, шалдайыңкы турушту* (Ашымбаев).

БОЮНА ЖУУТПОО. Өзүнө жакындатпоо, жолотпоо. *Бирок шыңга бойлуу ак сур кыз бир да жигитти боюна жуутпады* (Укаев).

БОЮНА ТАРТУУ. к. Бооруна тартуу.

БОЮНАН БОШОНУУ. Төрөө, төрөп алуу, көз жаруу. *Жеңем боюнан бошонуп, тыныйын деп калган* («Ала-Тоо»).

БОЮНАН ТҮШҮҮ. Бала төрөлөр убактысына, айына жетпей төрөлүү, ичтен өлүү түшүү. *Камканын боюнан түшүп калышы тууганларын өкүттө калтырды* (Сыдыкбеков). *Келиндин боюнан түшүп калды.*

БӨДӨНӨДӨН КУЙРУК ЧЫГАРУУ. Болбогон нерселерди ойлоп табуу, өтө эпчил, кыйын экендигин көрсөтүү. *Ал ошондой бөдөнөдөн куйрук чыгарат.*

БӨДӨНӨНҮН СҮТҮ. *сүйл.* Ичкилик, ичимдик, арак. - *Кожоюн, - деди Токтогул жай ээсине акырын үн сала, - бөдөнөнүн сүтүнөн жокпу?* (Касымбеков). *Эмесе сиздин келгениңизди угуп, сүйүнгөнүмдөн ошо бөдөнөнүн сүтүнөн кичине кылт этип койгом* (Тойбаев).

БӨЙДӨЙ КУУРУУ. Катуу кааруу, кысым көрсөтүү, каарын төгүп жемелей берүү. *Чоң болуштун корук курдуруудагы калайыкты бөйдөй куурган зомбулугу не ...* (Бейшеналиев). *Шамырбек датка тирүүсүндө элди бөйдөй кууруду* (Жантөшев). *Кызын үйдөн карыш жылдырбай, катын-балдарын бөйдөй кууруп кайтарууга салды* (Бейшеналиев).

В.: Бөй түшүрүү. *Ошондон кийин болуштун залимдиги ого бетер күчөп, элди бөй түшүрөт* (Каимов).

Бөөдөй кууруу. *Балдарынын баарын бөөдөй кууруп үйүнөн куун чыкты* («Чалкан»). *Кыйды манап ишенген Кожосу менен ырчысынын колдорунан эчтеке келбей сокку жеп, жиңкини түгөнгөнүн билип амалын өзү таап, аларын бөөдөй кууруп каарданды* (Бейшеналиев). *Таң аткыча үй-бүлөсүн бөөдөй кууруп, күндүн мурду жерге чачырай электе арыз жазганга отурду* («Чалкан»).

Бөйдөй тийүү. *Ай, кагылайын Совет өкмөтүнүн ошондугу мага берген күчү ай! Бул жердеги бай, манаптарга бөйдөй тийдик* (Жантөшев).

БӨЙРӨГҮ ЧЫГУУ. Тоюнуу, курсагы тоюу. - А-а-а .. балакетиңди алайын, мурда эмненин жыргаганы? Бөйрөгүбүз чыга тамак иччү эмеспиз (Жантөшев).

БӨЙРӨКТӨН ШЫЙРАК ЧЫГАРУУ. 1. Жок нерселерди ойлоп таап, эч негизсиз чыр чыгаруу, атайын кыйлкым табуу, ыксыз күнөөлөө, айыптоо. *Эптеп бирөөнү айыптагысы келгендер бөйрөктөн шыйрак чыгарып, бүргөдөн май сызгырып алгылары келет эмеспи* (Жантөшев). *Кымыз иче берип, жүрөктөрү күйгөндө* «бөйрөктөн шыйрак чыгарып», чоң кызыкты мына ушул жерден башташты (Жантөшев).

2. Болбой турган нерсени тымызын болтуруу, өтө эпчилдик кылуу. *Сага окшоп бөйрөктөн шыйрак чыгарып, бирди экиге*

кошуп чаңдап жүргөн чунак жок бул жерде (Эралиев).

БӨКӨН ЖЕЛИШ. Ылдамдаган тез жүрүш. *Бөкөн желишке салуу.*

В.: Бөкөн жүрүш. *Бөкөн жүрүшкө салып, ылдамдай келет.*

БӨӨДӨ ӨЛҮМ БОЛУУ. Кандайдыр бир кырсыктан, кокусунан, күтүлбөгөн жерден каза табуу, жок болуу. *Жапаш күйүп турган жаш жалын эле, ал бөөдө өлүм болду. Бирок Жапаштын күйүтү алигиче жүрөгүмдө* (Жантөшев).

БӨРК АЛ ДЕСЕ, БАШ АЛУУ. Өтө аша чабуу, ашыкча кетүү. *Жашырын буйруктарын аткарып, бөрк ал десе баш алып жүргөн өтө ишенимдүү аскер башыдан эле* (Касымбеков).

В.: Бөрк ал десе баш кесүү. *Алар бөрк ал десе баш кескен шылуун жигиттер бийдин оң колу да* (Касымбеков).

БӨРКҮ КАЗАНБАКТАЙ БОЛУУ. Көзгө жаман көрүнүү, жек көрүндү болуу. *Мурда эле бөркү казанбактай болуп жүргөн Осмонкул Сүйүнбайдын көзүнө калк бүзар бекер ооздун өзү болуп көрүндү* (Өгөбаев).

БӨРКҮНДӨЙ КӨР. Ишенип кой, ишене бер, сөзсүз болот, кам санаба, аткарылат деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Бөркүңүздөй көрүңүз, мен антпейм, - деди кыз* (Казакбаев). *Биз бейиттен эле кайтабыз, башка эчтеменин кызыгы жок, аны бөркүңдөй көр* (Айтматов).

БӨРҮ ЖЕЛИШ. Акырындап желдирип коюп, өтө таскактатпай, жайыраак, бир калыпта (көбүнчө аттын жүрүшүнө карата). *Силер бөрү желишиңерден жазбай келе бергиле, туугандар. Мен ала кетейин* (Осмоналиев).

БӨРҮНҮН КОЛУНА ТҮШҮҮ. Азапка кабылуу, кыйынчылыкка кабылуу. *Алтын бир толто, ак канжар, досум, Аябай кирди бооруңа, досум, Бөрүнүн түштүң колуна, досум* (Барпы).

БӨРҮ ТОЮТ БОЛУУ. Чала тоюу, анча тое бербей калуу. *Ар кимиси бөрү тоют болгон соң, ныксырап уктап калып, анан тигиндей шылдың болуу, чынында*

эле шылдыңдуу өлүм да ыя?... (Медетов).

БӨРҮ ЭТЕКТЕН, ЖОО ЖАКАДАН АЛГАНДА. Бардык жагынан кысталыш болуп, айла кетип, арга түгөнүп турган учурда, кыйын-кыстоо мезгилде. *Бөрү этектен, жоо жакадан алып турган учурда, сен да бир жагынан кычап калдың го?* («Ала-Тоо»).

БӨРҮГӨ КОЙ КАЙТАРТУУ. к. Карышкырга кой кайтартуу.

БӨТӨЛКӨДӨН БАШЫ ЧЫКПОО. Өтө көп ичүү, ичкиликке берилип кетүү деген мааниде колдонулат. - *Мас да. Мас болбосо ушуну жасамак беле. Кийинки кездерде бөтөлкөдөн башы чыкпай калды* (Талканбаев).

БУ КУЛАГЫНАН КИРИП, ТИГИ КУЛАГЫНАН ЧЫГУУ. Көңүл коюп, назар салып укпоо, уккан сөзүн эсине тутпоо, эсинде сактап калбоо, ошол замат унутуу. *Сөз айтсаң, бул кулагынан кирип, тигил кулагынан чыгып кетет* (Осмоналиев). *Канча айтсаңыз да, менин бул кулагымдан кирип, тиги кулагымдан чыгып кетип жатпайбы* (Тойбаев).

БУГУНУНООЗЧАЙКООСУ. *диал.* Кеч күздө түшкөн, эң биринчи жааган кар.

БУЙДАМГА КЕЛБӨӨ. Бир заматта ары-бери болуу, тез эле бүтүү, бүркүмгө келбөө, тезинен жок болуу. *Кокус кар оор түшүп, катуу бороон баштапса, бул үймөктөр буйдамга келбейт* (Абдумомунов).

БУКА ТООРУШ. Көзүнүн төбөсү же көзүнүн кыйыгы менен карап, астыртан бирин бири аңдып туруу. *Өзү да астыртадан бука тооруш менен карайт* (Байтемиров).

БУЛУТ КАЗЫ. Анча семире албаган, майы текши эмес, ала телек болгон жука казы. *Булут казы чыкты.*

БУРА БАСТЫРБОО. Туткактап кое бербөө, тап жылдырбоо, эки жакка жибербөө. *Адылбекти ата ордуна тутуп калган Бакен да аны бура бастырбайт* (Өмүрбаев). *Үйгө келип калса, балдарым туш-туштан жабылып, бура бастырышпайт* («Ленинчил жаш»). *Ыйлаак көрүнгөн жерде сөзгө алып, Ракыяны*

бура бастырбай убара кылат (Байтемиров).

БУРА СҮЙЛӨӨ. Сөздү күлкүгө, тамашага чалып сүйлөө, күлкүгө, тамашага айландыруу. *Бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы дейт, тамашаны билбейсиңби? - ой жолуң болгур десе* («Чалкан»). *Окус кыйыгына тийсе, улуктардын айнымайы бат экенин башынан билген Жаркынбай бура сүйлөп, жумшарган пейилин дагы жибитип көрүүнү көздөдү* (Бейшеналиев).

БУРАҢ БЕЛ. Ичке бел, кыпча бел (көбүнчө бойго жеткен кыздарга, жаш келиндерге карата колдонулат). *Тетигинде кир жайып, Карап турат бураң бел* (Турусбеков). *Жаркырап күлүп, ойноп чыга келер, Ийилип тал чыбыктай бураң белиң* (Баялинов).

БУРАП КОЮУ. Астыртан айнытып, азгырып салуу, бирөөгө каршы үгүттөө, көкүтүп коюу. *Сени бирөө бурап койсо керек, токточу* («Ала-Тоо»). *Бир түнү Бийаалы менен Түркмөн, Абдыны чакырып алып колтугуна суу бүркүп, бурап коюшат, аны биз билбейбиз* (Жантөшев).

БУТ СЕРППӨӨ. 1. Мүрт кетүү, тез жаны чыгуу. *Бут серпкенге алы келбей жаны чыкты.*

2. Эч кыймылсыз сулк жатып калуу. *Такай атка минип жүрбөгөн Суусар өлөрчө чарчаган экен, таң аткыча бут серппей уктады* (Бердикеев). *Кээде үйүнө келип бут серппей жыгылар эле* (Ашымбаев).

БУТ ТОСУУ. Бирөөгө кыянаттык кылуу, жолтоо болуу, жолун тороо, тоскоолдук кылуу. *Ичибизде душман бар, ал биздин урааңга жамынып, кыябы келген жерден бут тосуп жатат* (Ашымбаев). *Кандай максат менен аларга бут тосуп мүдүрүлткүсү келет?* (Жантөшев). *Мен сенин көңүлүңдү албай жүргөм, бут тоспоюн деп* (Абылкасымова).

БУТА АТЫМДАЙ. Бута коюлган жерге чейинкидей аралык, жаанын огу жеткидей аралык. *Бута атымдай жерге келгенде таанылык* («Ала-Тоо»). *Үйдөн бута атымдай алыс жерде жээгине жашаң чыккан булактуу башат* («Ала-Тоо»).

БУТАГА ТИЙГЕНДЕЙ. Өтө так, таамай, жеткире. *Ал бутага тийгендей сүйлөйт.*

БУТУ-БУТУНА ТИЙБӨӨ. Тыным албоо, жаны жай албай өтө тез, ыкчам кыймылдоо, жеңил, элпек кыймыл-аракетте болуу. *Кристина буту-бутуна тийбей, улам кудуктан суу ташып келип жатты* (Ашымбаев). *Кечээ эле мырза жигит келгенде желдей сызып, буту-бутуна тийбей жүрбөдү беле..?* (Укаев).

В.: Буту жерге тийбөө. *Сенин ал-жайыңды угуп, буту жерге тийбей, бир күлүп, бир ыйлап, эмне кыларын билбей калды* (Абдукаимов). *Үйдүн ээси буту жерге тийбей чуркап, инисинин жолдоштору менен келгенине аябай кубанды* (Абдукаримов).

Буту-колу жерге тийбөө. *Айбадактын буту-колун жерге тийгизбей чакыра турган адамдарына чуркатты* (Жантөшев). *Башка кишилер да дем алып, тынып чыкса, мунун буту-колу жерге тийбейт* (Укаев).

БУТУ-КОЛУ УЗАРУУ. к. Колу узаруу.

БУТУ КҮЙГӨН ТООКТОЙ. Бүжүрөп баса албай калган көрүнүшкө карата колдонулат.

БУТУ МЕНЕН БАСЫП, МУРДУ МЕНЕН ТЫҢГАНДАР. Адам аттуулардын баары, бири калбай, бүт бардыгы. *Кыштак элинин буту менен басып, мурду менен тыңгандары толук келишти* («Чалкан»). *Буту менен басып, мурду менен тыңгандын баары мылтык атып, жаа тартып, ак маралдын артынан сая кубат* (Айтматов). *Жайдын толугунда буту менен басып, мурду менен тынган кыргыз дабанды ашып... төр жайлоого көчүшөт* (Бейшеналиев).

БУТУ ҮЗҮЛГӨНЧӨ ЧУРКОО. Аябай катуу жүгүрүү, өтө ыкчам тез жүгүрүү, өлөр-тирилерине карабай чымын-куюн болуу. *Эч жакты карабай буту үзүлгөнчө чуркап бара жатты* («Ала-Тоо»). *Солдат буту үзүлгөнчө чуркаган бойдон кетти* (Жантөшев).

БУТУН БУТ, КОЛУН КОЛ КЫЛУУ. 1. Бөлөк-бөлөк кылып майдалоо, майда бөлүктөргө бөлүү, ажыратуу. *Жамгыр козунун колун кол, бутун бут, санын сан кылып бүттү* (Касымбеков).

2. Катуу жазалоо, тымтыракайын чыгаруу. *Эми*

түшсөңөр соо калбайсыңар! Бутуңарды бут, колуңарды кол кыламын! (Ш.Үмөталиев).

БУТУН ТАРТА АЛБОО. Аябай чарчоо, суй жыгылуу, шайманы кетүү. *Байкуш апам, кечке жаны төрт чарчы болуп жүрүп, кечинде бутун тарта албай калат* («Ленинчил жаш»).

БУТУНА ЖЕМ ТҮШҮҮ. 1. Көбүнчө таптоодо турган күлүктүн кандайдыр табынан бузулуп, аксап калышына карата айтылат. *Оң бутум бутуна жем түшкөн аттын бутундай дандырактаганын байкаган чыгарсың* (КОС).

2. *сүйл.* Анча-мынча кырсыктан калуу, аксап калуу деген мааниде колдонулат.

БУТУНА ЖЫГЫЛУУ. Жалынып-жалбарып кечирим суроо, кечирип кой деп өтүнүү. *Иштин акыйкатына көзү жеткен Муса Саадаттын бутуна жыгылып, кечирим сурады* (Бердикеев). *Эми тиги берендин бутуна жыгыл, кечке ыйлап* (Осмоналиев). *Ал кезде баары менин бутума жыгылып турушчу* (Бердикеев).

БУТУНА ТУРУУ. Өз алдынча оокат, тиричилик өткөрүү, өзүнчө жашоо мүмкүнчүлүгүнө жетишүү, турмуш-шарты оңолуу. *Менден улуу эжелерим, агаларым жогорку окуу жайларын бүтүшүп, бутуна туруп, өз орундарын таап, кетишти* («Ленинчил жаш»). *Жаркынбайдын турмушу оңолду, бутуна турду* (Бейшеналиев).

БУТУНА ТУРГУЗУУ. Чоңойтуп, өстүрүп өз алдынча жашай ала тургандай абалга жеткизүү, эл катарына кошуу. *Атаганат, уулумду бутуна тургузуп койсом, арманым болбос эле* (Саатов).

БУТУНА ТУРАЛБОО. Өзүн кармай албай, теңселип туруу, аябай мас, ылжыган абалда болуу. *Ылжыраган ит! Бутуна тура албай ыктытып турганын кара!* («Ала-Тоо»).

БУУДАЙ ЖҮЗДҮҮ. Акжуумал, аксаргыл, жакшынакай, өңдүү-түстүү, өңү жүкалоо келген. *Көпчүлүккө Момун чал деп таанылган буудай жүздүү чал менен аш бышым убакыттан бери бир өмүрдүн башаягын иликтейбиз* («Ленинчил жаш»). *Жээрде мурут, ничке каш, буудай*

жүздүү .. датка тактысынан түштү (Осмоналиев).

В.: Буудай өңдүү. *Буудай өңдүү, кер мурут* (фольк.).

БУУРА САН. Булчуңдуу, буруйган чоң, жоон сан. *Жолой жайын сурасаң, бука моюн буура сан* (фольк.).

БУЧКАГЫНА ТЕҢЕБӨӨ. Теңсинбөө, теңине албоо, тоготпоо, жеңил, оңой-олтоң катары эсептөө, кенебөө. *Зың-зың этип кенебей, Алышар баатыр Коңурду, Бучкагына теңебей* («Манас»). *Аларды апамдын бучкагына теңебеймин* («Советтик Кыргызстан»). *Менин айткан сөзүмө болбой койгон кенебей, Боздоп айткан кебимди Бучкагына теңебей* («Сейтек»).

БУЧКАГЫНА ТЕҢ КЕЛБӨӨ. к. Бүрчүгүнө тең келбөө.

БУЯМАСЫ КЕЛБӨӨ. Бир нерсеге жетише албоо, үлгүрө албоо, чаркы жетпөө, мүмкүнчүлүгү болбоо. *Мындай кырсыктуу мүнөттө анын бул кылыгын тескешке буямасы келмек кайда* (Ашымбаев). *Ашырбек үн чыккан жакка карап, алардын ким экенин билишке буямасы келбеди* («Ала-Тоо»).

БҮЙРҮ КЫЗУУ. Бир нерсеге абдан кызыгуу, өзүн токтото албай, козголуп, кызууланып ышкысы келип аралаша кетүү. - *Пай-пай-пай! - деп тамшанып, зоңкойгон Көкөтай бүйрү кызып, чыдай албай көйнөгүнүн жакасын чечип жиберди* (Айтматов). *Тоголок Молдонун өзү сыяктуулардын чыгып жатканынан өйдө пикир алышып бүйүрлөрү кызышты* (Бейшеналиев).

В.: Бүйрөсү кызуу. - *Кийик! - деп эки көзү чакчайып, бакылоочулардын бири бүйрөсү кызый мылтыгын камданып, тизгин буруп калды* (Касымбеков). *Ал андан кийин бүйрөсү кызып, анын апасы жөнүндө айтып келип, анын баарын өздөрүнүн оор тагдырына байланыштырды* (Саатов).

БҮК ТҮШҮҮ. 1. Буттарын бүгүп, көмкөрөсүнөн, бет маңдайынан бүрүшүп жатуу. *Акунжан кеткен күнү Жылдызкан оорудум деп шылтоолоп кечке чейин бүк түшүп, үйүнөн чыкпай жатты* (Байтемиров). *Уркуя*

жоолугунун учу менен бетин басып, полкага үстөмөнүнөн бүк түшүп жыгылды (Байтемиров). *Ар жактан атасы өксүп, кулунум деп, Бүк түшүп жер кучактап жатат чөгүп* (Турусбеков).

2. Карылыгы жетип же кайгыга жеңдирип, күйүткө алдырып, күчтөн тайып мүңкүрөп калуу, чөгүп калуу. *Илгерки заман болсо, мен эбак бүк түшүп калган болор элем. Эми мен карыгым да, өлгүм да келбейт* (Байтемиров). *Курсак кайнап, жан күйүп, Дене бошоп кан күйүп Заман тарып, бүк түшүп, Каңырыгы түтөшүп* («Семетей»).

БҮКӨМБАРА БОЛУУ. Ысырап болуу, майда-чүйда болуп, жок болуу, коромжу болуу. - *Кайсыны айтасың? Анын баары бүкөмбара болуп, жок болбодубу* («Чалкан»). *Ал базарга эртең келе албайт. Ошондуктан сатылбай калганын баары бөөдө бүкөмбара болот* (Каимов).

БҮРГӨДӨЙ СЕКИРҮҮ. Өзүнө жакпаган, күтүлбөгөн кепти уккусу келбей чочуп кетүү, безге сайгандай болуу. *Мен андай жалгыз ат, жайдак тондуу немеге кызымды бербейм - деп Субан бүргөдөй секирди, ары айттым, бери айттым, кулак какпады* (Жантөшев).

В.: Бүргөдөй түйүлүү. *Света кызарып-татарып бүргөдөй түйүлдү: жок-жок албайм... Түк да албайм* (Сактанов).

БҮРКҮМГӨ КЕЛБӨӨ. 1. Өтө аз, жетишсиз болуу, өп-чап болуу, адам арзыгыдай, жарыгыдай болбой калуу. *Чындаса мунуң бир бүркүмгө да келбейт. Ушунча кишиге кантип жеткизебиз* («Чалкан»).

2. Туруштук бере албоо, теңдеше албоо, буйдамга келбөө. Жок, болушпаса, .. ошондо жалпы ат коюп, көңүл букарасын тепсейбиз, алар бүркүмгө келбейт (Ш.Үмөталиев).

БҮРКҮТКӨ ЧЫРГА СҮЙРӨТКӨНДӨЙ КЫЛУУ. Создуктуруу, алаксытуу, алдоо маанисинде. *Ал кубаттуу душманы менен убактысынча болсо да, көңүлүн бүркүтө чырга сүйрөткөндөй кылып алаксыта туруш үчүн да анын башына жалгыз аяк кызыл башты садага чаап коюушу толук ыктымал болучу* (Касымбеков).

БҮРЧҮГҮНӨ ТЕҢ КЕЛБӨӨ. Теңдеше албоо, бирдей даражада боло албоо, тең тайлаша албоо, тең келбөө. *Зууракапга кудай берген, анын бактысы бар, өкмөт өзү көтөрүп жатат, ага теңелүүгө болбойт, эч ким анын бүрчүгүнө тең келбейт* (Жантөшев).

В.: Бучкагына тең келбөө. *Сыдык Айнагүлдүн бучкагына тең келбейт* (Жантөшев).

БҮТКӨН БОЮ ДҮР ДЕЙ ТҮШҮҮ. Капысынан, күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир жагымсыз нерсени көргөндө же жагымсыз начар кабарды укканда чочуп кетип денеси жыйрыла түшүү. *Байкабай отуруп анын жүзүн көргөндө бүткөн боюм дүр дей түштү* («Ала-Тоо»). *Ошенткен сайын бүткөн боюм дүр дей түшүп жатты* (Жоошбаев). *Кубарган эки нерсе кардын үстүндө сойлоп бара жаткансыганда, анын жүрөгү болк этип, бүткөн боюм дүр дей түштү* (Жантөшев).

В.: Бүткөн боюм дүр этүү. *Карышкырдын өлүгүн көргөндө бүткөн боюм дүр этип, тизелери калтырап кетти* (Жигитов). *Ракыя айтар замат бүткөн боюм дүр этип ысый түштү да, кайра, «койчу»! деп алды* (Мидин).

Бүткөн боюм дүркүрөө. *Ошол замат жүрөгү шуу дей түшүп, бүткөн боюм дүркүрөп, жаны оозуна тыгылды* (Жигитов). *Бпла болсом да согуш деген түрү сүүк сөздү укканда бүткөн боюм дүркүрөп кетет* (Бердикеев).

Бүткөн боюм дүрүлдөө. *Ушундан кийин мышыкты көрсөм эле итатайым тутулуп, бүткөн боюм дүрүлдөй түшөт* (Борбуев).

Боюм дүр дей түшүү. *Аны укканда боюм дүр дей түштү* Осмоналиев).

БҮТКӨН БОЮ ОТ МЕНЕН ЖАЛЫН. к. Эти от менен жалын.

БҮТКӨН БОЮ ЫМЫР-ЧЫМЫР БОЛУУ. Өтө коркқондо же сүйүнгөндө денени майда калтырак баскандай кандайдыр жагымсыз сезим пайда болуу, денеси ысып кеткен сыяктанып сезилүү. *Акийманын беттери албырып, көздөрү жайнап, бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, маңдайынан тер чыпылдай түштү* (Жантөшев). *Бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, көзүнө эчтеке көрүнбөй, атына камчы уруп, ылдам жүрүп кетти* (Абдукаимов).

В.:Бүткөн бою чымыроо. *Каттын аягына чыккыча бүткөн бою чымырап, от менен жалын болуп, кара терге түштү* (Абдукаимов). *Ыскактын бүткөн бою чымырап, .. кулагы чуулдап, элейген калыбына таштай катты* («Ала-Тоо»).

БЫКБЫРДАЙ КАЙНОО. Өтө көп болуу, сан жеткис абалда жык-жыйма болуп көрүнүү, толуп, жайнап кетүү. *Быкбырдай кайнаган элден баш адашат* («Кыргызстан маданияты»). *Үйгө шыкалган көпчүлүк тышка жамыраганда .. короосуна батпай быкбырдай кайнайт* (Бейшеналиев).

БЫКЫЙЫ ЧЫГУУ. Жаман кылык-жоругу, кемчилиги билинүү, бети ачылуу. *Зили бузук Садыкжандын быкыйы чыкты* («Ала-Тоо»).

БЫКЫЙЫН ЧУКУУ. Жаман кылык-жоругун, кемчилигин айтып, эл алдында уят кылуу, маскаралоо, шылдыңдоо. *Алардын сасыгын айтып, эл көзүнчө быкыйын чукууга тап коюшчу* (Ш.Үмөталиев).

БЫЛК ЭТПӨӨ. 1. Кебелбөө, тоотпоо, кенеп да койбоо. *Бирок сабырлуу Садык былк эткен жок* (Каимов).

2. Козголбоо, кыймылга келбөө. *Ошол жаткан боюнча таң аткыча былк этпеди* (Мырзаев). *Токойдогу лыжанын изинен башка чыйыр түшө элек, калың кар али былк этпейт* (Абдукаимов).

БЫЛК ЭТКИЗБӨӨ. Өтө катуу кармоо, баштуу кармоо, бардыгын өз орду менен башкаруу, жайында кылуу. *Эркек эмес тышта болсо, үйдү былк эткизбей кармаган, баш-көз болгон аял* (Абдукаимов).

БЫТ-ЧЫТЫН ЧЫГАРУУ. Чакчелекей кылуу, ойронун чыгаруу, биротоло кыйратуу, талкалоо, бүлдүрүү. *Айла болсо, азыр көнүлдөгү болгон кусасынын быт-чытын чыгаргысы келди* (Байтемиров). *Жалаң ушул Фрунзенин деми бизге көп күч берип, басмачылардын быт-чытын чыгардык* (Эсенкожоев).

БЫЧАГЫ ТАШ КЕСИП ТУРГАН. Болуп-толуп, күчүнө келип турган өткүр кези деген мааниде. *Баягы бычагы таш кесип турган күлгүн убагы кайда дейсиң?* (Көчкөнов).

БЫЧАК СЫРТЫ. Аз эле, анча-мынча, бир аз гана, кичине эле. *Былтыркыга караганда быйыл абалы эң кур дегенде бычак сырты өйдөбү?* (Кыдырмышев). *Мен сага караганда аларга бычак сырты жакындык кылам* («Ала-Тоо»).

В.: Бычак мизи. *Караны көтөрө чалып мактап, бычак мизи жакындыгын көргөзүп отурду* (Осмоналиев).

БЫЧАК УЧУ. Бычак акысы (бычактан пайдалангандыгы учу) берилүүчү нерсе.

БЫЧАК МИЗИН ЖАЛАТУУ. Ант берүү, касам ичүү маанисинде. *Бычак мизин жалатып, кызык кылган дүнүйө* (Көчкөнов).

БЫЧАККА ЖАРОО. Союуга, сое тургандай абалга жетип калуу. *Бир кыркар кара козу бычакка жарап калган* (Көчкөнов).

БЫЧАККА ИЛИНЕР. Союуга эптеп жарай тургандай, анча арык эмес, эти түзүгүрөөк. *Бычакка илинери ушул экен* («Ала-Тоо»). *Ошонун ичинен бир бычакка илинери табылбайбы? Күркүрөгөн күздө бычакка илинер малы жок* (Үмөталиев). *Эл тарагыча бычакка илинер малдарынан кол жууду* (Осмоналиев).

БЫЧАККА САП БОЛГУДАЙ. Бир нерсеге, мерчемдүү ишке жарай турган, колунан бир нерсе келе турган, ар нерсеге жөндөмдүү, тың, чыйрак. *Алардын ичинде бычакка сап болгудай эч кимиси жок экен* (Көчкөнов). - *Аке, элде кандай жигиттер бар? Бир бычакка сап болгудайы чыга турганбы? - деп сурады Мусулманкул* (Касымбеков).

В.: Бычакка саптык. *Бычакка саптык уулум жок, Кайгырып жашым төгүлдү* («Эр Табылды»). *Баатырдын тукумунан бычакка саптык бир бала чыкпайбы?* (Сыдыкбеков).

Камчыга саптык. *Ымтыраган иттер, камчыга саптык бири жок! - деп корбашы каарданып жатты* («Ала-Тоо»).

БЫЧАККА ТҮШҮҮ. Өлбөгөн жерде калуу, колуна өлүп берүү, жаны кашайып, өлүүгө да даяр болуу. *Башка бирөө анын ордуна болсо, арданып бычакка түшмөк, Момун капарына алып да койбойт* (Айтматов). *Бир нерсе десе, өзү айткандай бычакка*

түшүүдөн да кайра тартпачудай түрү бар (Медетов).

В.: Бычакка урунуу. Өңалеттен кетип, бычакка уруна албай турган Сайра, баягы кыз кезиндегидей өткүр сүйлөдү (Саатов).

БЫЧАКСЫЗ СОЮУ. Акырын жымсалдап, жылмалатып айткан сөз аркылуу катуу уят кылуу, сөзгө жыгып өчүн алуу. - *Ээ, бу куу Шер бычаксыз сойду го! ыя?!* (Касымбеков).

БЫЧАКТАЙ ТИЙҮҮ. 1. Өтө катуу таасир этүү, жанына батуу, намысына келтирүү. *Бул сөз жеке ал эмес, далайына бычактай тиет* (Ашымбаев). *Тамашага жооткоткону менен алардын айткандары мага бычактай тийди* («Ала-Тоо»).

2. Жакпай калуу, терс таасир этип козгоп коюу (көбүнчө тамак-аштын жагыштуу болбой калышына карата). *Сүрсүгөн эт экен, ашказанга бычактай тийди.*

БЫЧАКТЫН МИЗИНДЕ. Өтө оор абалда, кыйынчылыкта, кысталышта (көбүнчө катуу ооруган, башына чоң кырсык түшкөн мезгилге ж.б. карата). *Бирок аба, иш ооп калды... Мен бычактын мизинде турам* (Жантөшев).

В.: Бычактын учунда. *Өздөрү бычактын учунда турганын сезген жүзү каралар изин башка жакка салышты* (Жантөшев).

БЫЧЫНЫ ЖОК. Кубаты жок, колунан эчнерсе келбеген, даремети жок, начар. - *Шилте! У! Бычыны жок десе!... Шилте-е!...* (Касымбеков).

БЫШ ЭТПӨӨ. Тоотпоо, сезип да койбоо, көңүл бурбоо. *Алымкул салмагы 150 килограммдай капта тирелип турган унду быш этпей ордунан жылдырып көтөргөндө, элдин баары таң калышты* («Ала-Тоо»).

В.: Быш деп койбоо. *Бул эле дейсиңби, андан да катуу шылдың, кордоолорго бышы кулак болгон Жаркынбай ызага тебеленмек турсун, быш деп да койгон жок* (Бейшеналиев).

БЫШКЫРЫК АТУУ. Жакын жолотпоо, бой салбоо, моюн сунбоо, теңине албоо. *А балким, тентиген немеден бышкырык*

атып качаар (Бейшеналиев). *Демейде бышкырык атып кыйгачтаган Ира Шариптин жанына келди* («Ала-Тоо»).

БЫШЫ КУЛАК БОЛУУ. Көндүм болуу, көнүмүш адаттай болуп калуу, эч сезилбөө. *Дөгүрсүгөн манаптардан мындай сөздү мурда да эшитип бышы кулак болгон Тыныбек тырчыган жок* (Бейшеналиев). *Сүйгөн жарынын ач айкырыгына баштатан бышы кулак болуп бүтүп калганбы, деги өйдө карабады* (Касымбеков). *Күйөө баласынын мындай орунсуз сөздөрүнө ал бышы кулак болуп калган* (Айтматов).

БЫШЫРЫП КОЮПТУРБУ. Аякта эмнең бар, сага тиешеси жок, ал жакка барба же келбе деген мааниде колдонулат. *Бул жерде бышырып коюптурбу? Бүтүр сугатынды* (Осмоналиев). *- Силерге аякта бышырып коюптурбу? - деп ачууланды аял* (Жусупов).

БЭЭ ДЕСЕҢ, ТӨӨ ДЕЙТ. Оң айтсаң тескери айтат, айтканды айткандай түшүнө албайт, маңыроо чалыш. *Эч кимиси түшүнбөйт, бээ десең, төө дейт* («Ала-Тоо»). *Ага теңелбечи, бээ десең, төө дейт.*

БЭЭ КӨРДҮҢБҮ - ЖОК, ТӨӨ КӨРДҮҢБҮ - ЖОК. Эч нерсе билбейм, көрсөм да көргөн жокмун, билсем да билген жокмун деген мааниде колдонулат. *Карасаң, алманы жеп алып, бээ көрдүңбү - жок, төө көрдүңбү - жок деп тымпыйганын* (Мырзаев). *Айтпайм. Бээ көрдүңбү - жок, төө көрдүңбү - жок* (Тойбаев).

БЭЭ СААМ. Болжол менен бир жарым саатча убакыт дегенди билдирүү үчүн колдонулат. *Ошол суйдаң көчтөн бээ саам кармалып аттанар замат, кымкап чепкенин жылтылдата чайпала жөнөгөн Айылчы* (Бейшеналиев). Көп чарчабай утуру бээ саам башты сеп алдыруу абзел (Бейшеналиев).

-Д-

ДААМЫН ТАТУУ. Кандайдыр бир нерсенин, иштин кынуусун алуу, анын жакшы, жагымдуу экенин билип кызыгып калуу, кыныгуу. *Андай бекер оокаттын даамын таткан неме ал жерден оңой менен кетпейт* (“Чалкан”).

ДААРАТ СЫНДЫРУУ. Түзгө отуруу, табигый муктаждыктан кутулуу.

В.: Даарат ушатуу. *Молдо калп эле даарат ушатканы ары басты* (Сасыкбаев).

ДАК КАЛУУ. *диал.* Күйүткө түшүү, арманда калуу. *Атам жан кеттиң аттанып, Арманым айтам дак калып* (Барпы)

ДАЙЫНЫ ЖОК. Болбогон, адепсиз, орунсуз, начар. *Дайыны жок адам. Дайыны жок иш. Дайыны жок сөз.*

ДАЛАЙДЫН ИЧИНЕН ЧЫГУУ. к. Бирдин ичинен чыгуу.

ДАЛБАС УРУУ. 1. Катуу аракет кылуу, жан талаша аракеттенүү. *Билим алышсын, окутайын деп далбас урсам... Ушинтип булар* (Осмоналиев). *Мен да сөздү көркүнө чыгарууга далбас урдум* (Осмоналиев).

2. Эмне кыларын билбей калуу, карбаластоо, айласы кетүү, шаштысы кетүү. *Карышкырды биринчи көргөн Чымыр далбас уруп калды* (Жантөшев).

ДАЛ БОЛУУ. 1. Деңдароо болуу, эмне кыларын билбей жалдырап калуу, өзүн жоготуп коюу. *Көсөл эмне деп айтарын билбей, дал болуп калды* (Каимов). *Шерали кирпигин ойсуз кыбыратып, баш көтөрбөй, бул сөздүн кимге айтылып жатканын ажырата албай, дал болуп отура берди* (Касымбеков).

2. Алсыроо, мууну-жүүнү бошоо, далдыроо, жүрбөй калуу. *Бүткөн боюм дал болгон, Кызмат берчү эки кол Былкылдабай шал болгон* (“Манас”).

В.: Дел болуу. *Мубарек эмне кыларын билбей, ордунда каткан казыктай дел болуп көпкө турду* (Казакбаев). *Ордумда бир топко*

дейре каккан казыктай дел болуп, тура берипмин (“Кыргызстан маданияты”).

ДАЛДАЛЫ ЧЫГУУ. Эскилиги жетип айрылып калуу, тамтыгы кетүү, жыртылуу. *Далдалы чыккан көйнөктөн эти кызаңдап келе жатты* (Убукеев).

ДАЛБА-ДАЛБА БОЛУУ. Бөлөк-бөлөк болуп айрылуу, бөлүнүү, самсаалап тамтыгы кетүү, жыртылуу. *Чаргындын этек-жеңи далба-далба болуп кеткен* (Сыдыкбеков).

ДАЛЫСЫН САЛУУ. Жактырбагандай, сүйбөгөндөй, таарынып калгандай кайдыгер мамиле жасоо. *Ичкери кирген соң да керебетте жаткан бала жакка карабай, кырстанып даласын салып отурду* (Укаев). *Аздан кийин агасы Татыбек даласын салып ары карап алды* (Байтемиров). *Кычан далысын салган атасынан жооп күткөндөй суз үңүлөт* (Бейшеналиев).

В.: Сыртын салуу. *Ал эмнегедир сыртын салып калыптыр. Чоң үмүт менен бардык эле, эмнегедир бизге сыртын салып койду* (“Жаштык жарчысы”).

ДАЛЫСЫН ТАПТОО. диал. Мактоо, кубаттоо. *Жылып бир өттүң жаныма, досум, Таптап бир койдуң далыма, досум* (Барпы).

ДАҢКЫ ЖЕР ЖАРУУ. к. Атагы жер жаруу.

ДАҢКЫ ТАШ ЖАРУУ. к. Атагы жер жаруу.

ДАҢАЗАСЫ ТАШ ЖАРУУ. к. Атагы жер жаруу.

ДАҢ САЛУУ. Каалаганындай шаңданып эркинче куунак жүрүү. *Кокуй, аларга эмне, даң салып жыргап жатышат* (Элебаев). *Чатыраш ойноп даң салып, болуп жаткан кезинде* (“Манас”). *Кутулдук калың жоодон деп, Кунан чаап даң салып* (“Манас”).

ДАТ ДЕП ОТУРУП КАЛУУ. Тилеги, ой-максаты ордунан чыкпай, ойлогонуна жете албай өкүнүчтө болуп калуу. *Ордун сыйпалап дат деп отуруп калды* (Жантөшев).

В.: Дат калуу. *Кашымда эркем сен жоксуң, Дат деп калдым, Умсунум* (Барпы).

ДЕЛ БОЛУУ. к. Дал болуу.

ДЕМ БАЙЛОО. Бирөөнү эш тутуу, ага таянуу, аны бел кылуу, колдосууна ээ болуу. *Катын да болсо бейбактын Бир карааны тиер деп, Жүрөмүн Айчүрөккө дем байлап* (“Сейтек”). *Мени министерство билет, көп болсо башка районго которулуп кетермин” - деп, дем байлады да, түшүнүк жазылган баракты сунду* (Осмоналиев).

В.: Дем кылуу. *Сага дем кылып келдим* (“Ала-Тоо”). *Кабылан Манас чырагым, бир өзүңдү дем кылдык* (“Манас”).

ДЕМ БЕРҮҮ. Чыйралтуу, күчтөндүрүү. *Абдыракмандын үнү кыжырын келтиргени менен, экинчиден, Эшматка дем берди* (Байтемиров).

ДЕМИ КАЙТУУ. к. Деси кайтуу.

ДЕМИ СУУ. к. Демин суутуу.

ДЕМИН БАСУУ. Эс алуу, дем алуу, бир аз тыныгуу (көбүнчө күйүгүп же чарчаган учурда). *Албетте, күйүккөн киши эң мурда демин басуу керек* (“Ала-Тоо”).

ДЕМИН ИЧИНЕ АЛУУ. Унчукпоо, сөз чыгарбоо, үн катпоо, билмексенге салып, тымпыйып коюу, сыр сактоо. *Тургандар демдерин ичине алышып, жарданып калышты* (Жусупов). *Тегерегиндеги мыктылар демдерин ичине алып, тым турушту* (Касымбеков). *Базар ичиндегилер адегенде байкемдин ыры кайдан чыкты дегенсип, демдерин ичине алып... ошол жакты тыңшашты* (Жусупов).

В.: Демин ичине катуу. *Чогулган көпчүлүк кээде демин ичине катып, унчукпай, сөз сүйлөбөй да турду* (Айтматов).

Демин ичине тартуу. *Жана элдин дүрдүгүп атка чуркаганда козголбогон кыйды киши азыр тигинин ырайын байкап, чочулап, демин ичине тартты* (Касымбеков).

ДЕМИН СУУТУУ. Көңүлүн калтыруу, назарын сындыруу, мизин кайтаруу. *Таштын суугу демин суутсун деген жеңе мөгдөй ийилип жанында тим турду эми* (Сыдыкбеков). *Кайсы бирөөлөр курбусунун демин суутуп, башка жакка басып кетет* (Бейшеналиев).

В.: Деми суу. *Жамыйланын акырындык менен деми сууй баштайт* (“Ленинчил жаш”). *Илдетти айыктыруудагы бул дарыгердин “сырын” билсем деп дегдеткен демим сууп, туруп калдым* (“Ленинчил жаш”). *Дагы ушинтип берүгө байланган улактай учу кыйырсыз кең талаада жата бере турган болсо, кошундун деми сууйт, таркап кетет* (Касымбеков).

Демин кайтаруу. *...Бирок бу жолу ошол цифра менен да газетанын жана анын авторлорунун демин кайтаргым келет* (“Кыргызстан маданияты”).

Деми кесилүү. *“Бул эмне, биротоло баарынан кол жуун үмүтү үзүлүп, деми кесилип бүтүп келгенби?!” деп, ... жүрөгү дүкүлдөп кетти* (Касымбеков).

Деми кайтуу. *Биз оозубуздан алдырган бөрүдөй демибиз кайтып жолго түштүк* (Элебаев).

ДЕНЕ БОЮ ДҮР ЭТҮҮ. Бир нерседен чочуп же коркуп кеткендей жыйрыла түшүү. *Алдыңкы орунда керилип чоң отуруп баратса, дене боюн дүр этет, зыңкыя катып тура калгың келет* (Айтматов).

ДЕНЕ КУЛ. Эч нерсеге эркы жок, кыңк этпей баш ийген, каалаган буйрукту аткаруучу, өмүр бою бирөө үчүн иштеген адам. *Калың кара журтуңду, Дене кул кылып кетпесин* (“Манас”). *Алардан калган балдарды Дене кул кылып алганы* (“Манас”).

ДЕНИ ӨЛҮҮ. Эмне кыларын билбей далдырап калуу, аябай коркуп кетүү, акыл-эсин жоготуу, эч нерсени сезбей жалдыроо. *Жол бою жеме угуп, камчы жей берип биротоло дени өлгөн шордууну таң атарда айылга алып келди* (Сыдыкбеков). *Надзирателдин дени өлүп калды* (Бектенов).

ДЕНИҢ СООБУ? Акыл-эсиң ордундабы, эмне болгонсуң, соосуңбу деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Өйдө төмөн кепке түшүнбөй оолжуйсуң, деги дениң сообу?* (“Чалкан”).

ДЕҢГЕ МАС БОЛУУ. Акыл-эсин анча жоготпой, элдир-селдир эсине келип турган абалда болуу.

ДЕПКИРИ КАЧУУ. Үрөйү учуп өзүн жоготуп коюу, дайнын таппай калуу.

В.: Депкирин таппоо. *Айгырдын көзү кармалганын*

Чекиров айтканда, Садыкжан алдастап, депкирин таппай калды (Осмоналиев).

ДЕСИ КАЙТУУ. Көңүлү калуу, деми сууй түшүү, шагы сынуу, назары сынуу, баштагыдай болбой басаңдай түшүү. *Улуу кишилердин деси кайтпасын, шагы сынбасын* (Сыдыкбеков).

В.: Деси суу. *Батыйнанын... буту шалдырап, деси сууду* (Сыдыкбеков). *Сөз токтоп, эринен деси сууган келин эндирейт* (Сыдыкбеков).

ДИЛИ АГАРУУ. Көңүлүнө кир албоо, ыраазы болуу, кек сактабоо. *Кулкишинин дили улам агарып баратты* (Касымбеков). *Дили агарып, аларга ыраазылыгын билдирип кетти* (“Ленинчил жаш”).

ДИЛИ БУРУУ. Бөтөн, бөлөк, чоочун, башка. *“Тили буруу, дили буруу бөтөн менен деле биргелешип отурабыз го, ага калганда бу байкуш өзүбүздүн колдо туума кожобуз эмеспи?...” дешти.* (Касымбеков).

ДИЛИ КАРАЮУ. Көңүлү бузулуу, оюна кек алуу, жамандыкка барууну ойлоо, кара ниеттик кылуу. *“Э, балким, чын болсо, эл билген чыгар, эмне сөзгө калдык экен а?...” деп, ирең да карайып, дили да карайып, отуруп калды* (Касымбеков). *Муну иштеген төрө эмес, кудайдын тун баласы болсо да.. катаал өч алыштан аянбай дили карайып отурган* (Касымбеков). *“Ыя, неге эске алышпайт?! Англиси деле! Түркү деле!” деп, кыжыры кайнап, дили карайды* (Касымбеков).

В.: Дили карараруу. *Ал оңой менен муюшар эмес, дили карарып алыптыр* (Осмоналиев).

Дини карараруу. *Дини карарып алыптыр.*

Дини караюу. *Анын дини карайып, түгү сыртына айланып калыптыр* (Жоошбаев). *Кир, жаман ой, кек өзүңдү бузат, диниңди карайтат* (Касымбеков).

ДИЛИ КАТУУ. Катаал, каардуу, мээримсиз, ырайымсыз. *- Эмне кылалы, дили катуу жарым паша муну көрүп туруп, атайылап эле ымалага келбеди* (Касымбеков). *... Эр көкүрөк Акбалбан ушул азыр Камчыбектин туталана кейигенин таназарына алган жок, кайта жеткилең билбей сүйлөй*

берген боз бала сыяктуу аны кага токтотуп, дили каткан абалында болучу (Касымбеков).

ДИЛИН БИЛҮҮ. Сырын сезүү, оюндагысын туюу. - *Силер алардын дилин билесиңер* (Касымбеков).

ДИНГЕ БЕК. Айтканынан кайтпаган, оюндагысын бербеген, абдан көк, өжөр. *Ал ошондой динге бек неме, баары бир макул болбойт* (“Чалкан”).

ДИНИ КАРА. Ниети бузук, арам ойлуу, кара ниет. *Мындай дини кара менен жолдош болбо деп нечен айткам.*

ДИНИ КАРАЮУ. к. Дили караюу.

ДИҢКЕСИ СООЛУУ. Абдан чарчоо, жүрбөй калуу, чарчап-чалыгып ырп этерге алы келбей калуу, шайы кетүү. *Мунун аягына чыгам деп жатып диңкем соолду* (“Ленинчил жаш”).

В.: Диңкеси куруу. *Кечке жанын жанга урган бечаранын диңкеси куруп, бут тартууга да шайманы келбей калат* (“Ала-Тоо”).

ДИТ БАГУУ. Жалтанбай, тайманбай кароо, сүрдөбөй тике кароо. *Итике бул сапар Карачалга дит багып, тике карай албады* (Жоошпаев). *Атагын угуп титиреп, Караша албай дит багып Канчалар качкан бытырап* (“Манас”). *Ал барыдан Айымкандын атасынан уялып дит бага албай отурган* (Өгөбаев).

ДИТИ БАРБОО. Батына албоо, даай албоо. *Барууга өз үйүнө дити барбай, Үй-бүлөм эмне дейт деп, дагы кандай* (Осмонов). *Айтууга дити барбай турду эле, ырас болбодубу* (Медетов). *Чачылып жаткан отунду жыйноого да дити барбады* (Кушбаков). - *Ал дити барбай сүрдөп бир үзүп ооз тийди* (Касымбеков).

Дити даабоо. *Таттуу уйкудагыларды ойготууга Түгөлдүн дити даабады* (Бейшеналиев). *Кыябын таап алжайды сурашууга дити даабайт* (“Ала-Тоо”).

ДИТИН КОЮУ. Бир нерсеге абдан берилүү, чындап көңүлүн салуу. *Дитиңди койсоң кайсыл ишти болбосун жөндөп кетесиң...* (“Ленинчил жаш”). *Батийнанын кебине эми дитин коюп укkan*

Рабийга... ичинен өкүндү да, бирок сыр бербей санын чапты (Сыдыкбеков).

В.: Дитин берүү. *А Марконига болсо өзгөчө дитин берип койгон* (Акматов).

Зээнин коюу. *Кызыңыз окууга зээнин коюп жакшы окуду. Мектепти бүт "5" деген баалар менен, ошондой эле алтын медал менен бүттү* (Өмүрбаев).

Док кылуу. *Мен сенин туганың болбосом эмнеге док кыласың* (Каимов).

ДОҢУЗ АЙБАТ. Кыйратып жибергидей эчтемеси жок, куру кайрат, опуруп-жапыра берме куру опуза. *Эч нерсеге алың жетпегенден кийин доңуз айбаттын кереги не* ("Ала-Тоо").

ДОҢУЗ КОП. Өлүп кет, эмне болсоң ошо бол деген сыяктуу жекирүү, жек көрүү маанисинде колдонулат. *Өкүрмөк тургай өздөрү өлүп, доңуз копсун!* (Токбаев).

ДОҢУЗ СЫРТЫ. Бийик тоолуу жерлерге чыгуучу, тепсеп кетсе да жапырылбоочу чөп. *Доңуз сырты, кереч чөптөрү малга жагымдуулугу менен белгилүү* (Жантөшев).

ДООГО ЖЫГЫЛУУ. Болбогон жерден, бөйдөсүнөн жалаага кабылуу, айып тартуу. *Күндөрдүн биринде Каныбек жалаа менен дооого жыгылды, айып тартты* (Жантөшев). *Уруусу күчтүү болсо, ээси дооого жыгылат* (макал).

ДОО КЕТҮҮ. Терс таасири тийип, зыяндап калуу, шек кетүү. *Муздак сууну көп ичип жиберсе, суук тийип, койдун өпкөсүнө доо кетиши мүмкүн* (Жантөшев). *Жан дүйнөлөрүндөгү бирин-экинчисине бириктирип турган ыйык сезимдерине доо кеткенсиди* (Айтматов).

ДООРОН СҮРҮҮ. 1. Өз эркинче сайрандоо, өмүрүн көңүлдүү өткөрүү, жыргоо. *Он чакты күнү жүрөлүк, ойноп доорон сүрөлүк* ("Семетей").

2. Бийлиги жүрүп дуулдап туруу, арааны жүрүү. *Арабага ат ордуна адам чегип, Жолбундар бийлик кылып, доорон сүргөн* (Маликов).

В.: Доор сүрүү. *Анда мыкачылар өз эркинче доор сүргөн*

(Жоошбаев). *Күндө доор сүрүшүп, Күндө күлүк чабышып* (фольк.)

ДУБАНДА ЖОК. Теңдеши жок, эң мыкты, бирден-бир. *Бул тойдо дубанда жок күлүктөр чабылды* (“Кыргызстан маданияты”).

В.: Дубандан чыккан. *Дубандан чыккан күлүк.*

Дубанды бузган. *Дубанды бузган жорго элем. Топор болдум басыксыз* (Токтогул). *Багыштардын дубанды бузган жоргосу болот* (Көчкөнов).

ДУШМАН КОЛДУУ БОЛУУ. **к. Киши колдуу болуу.**

ДУШМАН КӨЗҮНӨ. к. Эл көзүнө.

ДҮЙНӨ АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУУ. Бырын-чырын болуу, быт-чыты чыгуу, ызы-чуу түшүү. *Дүйшөнкулдун ... көз алдында дүйнө астын-үстүн болот* (Осмоналиев). *Дүйнө астын-үстүн болуп, жер көчүп бараткансып кулак-башы чуулдайт* (Айтматов).

В.: Дүйнө астын-үстүн түшүү. *Мындан башкача болууга да тийиш эмес эле, андай болгондо дүйнө астын-үстүн түшүп, аңтарылып кетмек* (“Советтик Кыргызстан”).

ДҮЙНӨДӨН КАЙТУУ. Өлүү, каза болуу, көз жумуу. *Энең болсо былтыр ушул маалда дүйнөдөн кайткан* (Сасыкбаев). *Ал дүйнөдөн кайткандан бери бул көнүмүш Шааркандын турмушуна жаңыдан пайда болду* (Мавлянов).

В.: Дүйнөдөн жүз үйрүү. *Жазмыш ошол белем, кайран Домбу бул дүйнөдөн жүз үйрүп бизди таштап кетти* (Касымбеков).

Дүйнөдөн өтүү. *Бир элге “датка айым” атанган, токсон алты жыл өмүр сүргөн кадырлуу Курманжан дүйнөдөн өткөнүн айткан биринчи кабар уездин акими Авров төрөгө жөнөтүлдү* (Касымбеков).

ДҮЙНӨДӨН ТАК ӨТҮҮ. **1.** Эч кандай жаман ишке барбай, күнөөлүү иш жасабай таза өтүү.

2. Үйлөнбөй, турмушка чыкпай өмүр сүрүү. *Жашы кыркка чыкса да эмгиче үйлөнбөдү, бул бала дүйнөдөн так өтөм деп жүрөбү* (“Ала-Тоо”). *Чын эле дүйнөдөн так өтөмбү* (Каимов).

В.: Так өтүү. *Өмүрүндө так өткөндөр жок дейсиңби* (“Чалкан”).

ДҮЙНӨСҮ ТАРУУ. Заманасы куурулуу, айласы кетүү, амалын таппоо. *Көзү караңгылап, дүйнөсү тарыды, заманасы куурулду* (Айтматов).

ДҮМ БОЛУУ. Макул болуу, эл тарабынан колдоого алынуу. *Аттанып айкөл кан болуп Айтканы элге дүм болуп* (“Манас”).

ДҮНҮЙӨ КАПАР. Эчтеме менен иши жок, кабагым-кашым дебей жүрө берме. *Сен да бир дүнүйө капар адам экенсиң* (“Ала-Тоо”).*Дүнүйө капар, эгил-тегил алпейим* (Кыдырмышев).

ДҮНҮЙӨСҮ КАРАҢГЫ БОЛУУ. Кайгыга тушугуу, азапка кабылуу. *Дүнүйөм болду караңгы, Кызамактан алдырдым, Чыныдай жалгыз баламды* (Барпы).

ДҮНҮЙӨ ТҮШҮНДӨ ЖОК. Эч капарсыз, эч нерсе оюнда жок. *Анда дүнүйө түшүндө жок, көпөлөк кууп ойноп жүргөн кези эле* (“Кыргызстан маданияты”).

ДҮНҮЙӨ ЧЕКЕСИНЕ БҮТҮҮ. Өтө жакын болуу, бооруна басуу, колдон чыгарбай тырмышуу. *Карган сайын дүнүйө чекеге бүтөт тура, алар катуу болуп бараташ* (“Ала-Тоо”).

ДҮҢК ДЕЙ ТҮШҮҮ. Бат эле жайылып кетүү, тез эле тарап кетүү (кабар, сөз ж.б.). *“Адыл менен Мааты Кашкарга качып кетиптир” деген сөз элдин башынан аягына дүңк дей түштү* (Жантөшев).

ДЫМЫН ЧЫГАРБОО. Эч кимге билгизбөө, дайынын чыгарбай жашырын, тымызын иштөө. *Баягылардын дымын чыгарган жок.*

ДЫМЫ ЧЫКПОО. 1. Ыңжыңы билинбей жок болуу, эч дайыны билинбөө. *Дымы чыкпай жоголуу. Алардын дымы чыкпайт. Мерген ... карагайдан түшүп келсе Жезтумшук дымы чыкпай калыптыр* (Сыдыкбеков).

ДЫҢ ДЕБӨӨ. Эч кандай каршылык көрсөтпөө, каяша кылбай айтканына көнүү, дегениндей болуу, эч сөз кайырбоо. *Айтканына көнөлү, ыгына дың дебестен кирели*

(“Манас”). *Сакалдуулары макул болсо, калгандары дың дебейт. Сен жакшылап сүйлөш, - деп Какач түн катып аттанып кетти* (“Ала-Тоо”). *Дың дебе! Ушундай карап турасың* (Токбаев).

ДЫҢ СУУГАН УБАК. Кеч күз. *Дың сууган убакта мал кыштоого көчүрүлөт* (“Кыргызстан маданияты”).

ДЫР БЕРҮҮ. Шарт качып жөнөө, шарт жүрүп кетүү. *Адырыңдан дыр берип, Аркар-кулжа бөлүнүп* (Каралаев). *Кулжалар дыр берип качышты* (Осмоналиев). *Аз өтпөй чебичтер “жүр кетеличи” деген мааниде туура карай дыр бериштн* (Айтматов).

В.: Дыр коюу. *Бура тартып дыр койду, Сарала менен чү койду* (“Манас”). *Түлкү таштан секирип, дыр койду* (“Ала-Тоо”). *Атынын оозун кое берип, жолду жол дебей, камчы ура кыштакка дыр койду* (Жантөшев).

ДЭЭРИНДЕ ЖОК. Тегинде начар, ар жагында эч нерсеси жок. *Дээринде жок болгондон кийин айткан менен пайдасыз.*

-Ж-

ЖАА БЕРБӨӨ. к. Ээ-жаа бербөө.

ЖАА БОЮ КАЧУУ. Кандайдыр бир иш, сөз боюнча кепке-сөзгө келбөө, өзүнө жакын жуутпоо качуу, уккусу келбөө, андан алые болууга аракет кылуу, баш тартуу. *Арзан азыктарды жасап сатуудан жаа бою качышат* («Советчик Кыргызстан»). *Жалганчылыктан жаа бою качып, чындык, жумшак мүнөзгө чакырган акылман, келечекти кең ойлогон тегиз адам* (Бейшеналиев). *Жолдоштурумдан карызга акча сурайын десем алар мени көргөндө жаа бою качышат* («Ленинчил жаш»).

В.: Жаа бою секирүү. *Чал жаа бою секирип, макулдугун бербей тоонун үстүнө тигилген жаш даректарды аралай басты* (Борбиев). *Кемчилигибизди айтса жаа бою секирмей адатыбыз бар* (Сыдыкбеков).

ЖААГЫ АЧЫЛУУ. 1. Токтолбой жаалданып, ээлигип сүйлөй берүү, жаагын жанып көп сүйлөө. *Батийнанын жаагы ачылып, бажылдап басымдуулук кылып баратканына Анархан ызаланса да жоошуп, тартына түштү* (Сыдыкбеков). *Каракатындын жаагы ачылып шаңшый баштады дегиче, иштин буткену дешип, коңшулары акырын куңкул кылып үйлөрүнө житип жок болушту* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсеге көнүгүп, эргип, улам кызып сүйлөй, же ырдай баштоо. *Сиздин шарапатъщыз менен жаагым ачылып, анчамынча ырчы аталгансыдым* (Бейшеналиев). *Кебин Эркин баштап, ал оюндагысын айткан сайын жаагы ачылды* (Сыдыкбеков).

В.: Оозу ачылуу. 2. *Жеңемдин оозу ачылып, каадасынча албууттана баштаганда байкем ундөбөй эшикке чыгып кетти* (Сыдыкбеков).

ЖААГЫ ЖАП БОЛУУ. 1. Бир нерсеге такоол бере албай, кеп кайрып каяша айта албай, сүйлөй албай, унчукпай калуу (көбүнчө бирөөлөрдөн кагуу жеген, шагы сынган, же коркуп кооптонгон учурларда). *Түлкүбектин жогорку сөзүн угуп*

Ажар менен Каныбектин жаагы жап болгон (Жантөшев). *Ар ким билгендерин айтып, башкарманын кылмыштарын чубай баштаганда, тиги кишинин жаагы жап болду* (Байтемиров). *Бир тууган бөлө деген сөз оозуңардан чыкпасын, - дегенде Шыгай гана эмес, үй-бүлөлөрүнүн да жаактары жап болгон* (Жантөшев).

2. Үнү угулбай басылып калуу, тынчып калуу. *Түнү бою кыйналып күрсүлдөп онтоп чыккан күнөкөрдүн таңга жуук гана жаагы жап болду* (Сасыкбаев). *Бир азга чейин Мураттын жаагы жап болду* (Байтемиров).

ЖААГЫ КАРЫШУУ. Сүйлөй албай, оозун ача албай калуу. *Жаалдуу өкүмдар жаагы карышып курчу кайткандай, түктүү бетин саксаң-саксаң эттирип... өкуттө үнүн чыйылдатты* (Бейшеналиев).

ЖААГЫ КАТУУ. 1. к. Жаасы катуу.

2. Катаал, каардуу, ырайымсыз, таш боор. *Андан жаагы катуу бийиң да ийменет* (Сыдыкбеков).

3. к. Оозу катуу.

ЖААГЫ КАТУУЛОО. Коркутка-ны, кысым көрсөткөнү күчөй баш-тоо. *Пишпектеги уездин начальнигин бузган сенсиң, - деп жаагы катуулап баратканда, из жазгырып быякка жөнөгөнүн айтты Дооронкул* (Осмоналиев).

ЖААГЫН АЙРУУ. 1. Жерине жеткире, каалашынча жеп-ичүү, абдан тоюнуу, карк болуу, ченемден ашык болуу. *Көрсөтүлгөн үйлөргө бөлүнгөн меймандар кымыздын жа -агын айрышты* (Осмоналиев). *Жайы-кышы бирдей жоро бозонун, не шерне, улуштүн жаагын айрышып сыйлашуу, бири-бирин жомоктошуу күчтүү* («Ала-Тоо»).

2. Абдан мыкты билүү, өтө чебер аткаруу, колунан келүү. *Ал ырдын жаагын айрыйт. Жаштар бийдин жаагын айырды.*

3. Катуу жазалоо, бирди көрсөтүү, - *Калыйча Эмилбекке акырайды да, анан Кулуну демитти, - жаагын айрыйсыңбы... мунун, же жокпу?* (Осмоналиев).

ЖААГЫН БАСУУ. 1. Унчукпай, сүйлөбөй калуу, басылып калуу, дым болуу. *Мына, эми мен жаагымды бастым, бастым!* (Абдукаимов). *Неге жаагыңды*

баспайсың - деп чуу эттире алакан тартабы, же сыртка кууп чыгабы (Бейшеналиев).

2. Унчуккус, сүйлөгүс кылып коюу, унчуктурбай салуу. *Жесирин каңкылдатпай жаагын баспайбы* (Сыдыкбеков). *Ал дагы колун акырын көтөрүп, Веранын жаагын басты* (Касымбеков).

В.: Жаагын жабуу. *Күнү-түнү үнүн баспай боздогон шордуу жеден шайы кеткенде жаагын жапты* («Ала-Тоо»). *Анысы куржунга колун салып, эки ууч күмүш акча менен келиндердин жаагын жапты* (Эшмамбетов).

Оозун жабуу. *Акча берип оозун жапты* («Чалкан»).

ЖААГЫН ЖАНУУ. 1. Меселдетип, куюлунггуруп көп сүйлөө, чечен сүйлөө, безеленип тынбай ырдоо, сөзү, ыры тугөнбөө. *Өзү сыпаа айылчы жаагын жанып сүйлөгөнүнө Караганда чечен өңдөнөт* (Бейшеналиев). *Деле мыктыларга жаагын жанып жакты дейт* (Бейшеналиев). *Зулай алды менен аябай кылыктанат, анан жаагын жанып бир ырдайт, тим эле күнү-түнү менен ыр-даса да түгөнбөйт* (Байтемиров). *Ыр-чылар жаагын жанып Манапбайды, Асанбайды макташты* (Сыдыкбеков).

2. Басылбай, тыйылбай көпкө ыйлоо, тынбай ыйлай берүү (көбүнчө кичинекей ыйлаак балдарга карата). *Бешикке коёр элек таңып, какылдап ыйлаар элең жаагыңды жанып* (Шүкүрбеков)

ЖААГЫН ЖАП КЫЛУУ. Сүйлөтпөй, унчуктурбай коюу, тык токтотуу, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Кожон саал жанданайын деди эле, бирок чалбир оозсөзменен, кылыч шилтегендей, анын жаагын жап кылды* (Абдыраманов). *Сыйыртмак салуудан айбыгып, жаагын жап кылуунун ыгын издешүүдө имиш* (Бейшеналиев). *Ошолордун жаагын жап кылабыз десеңер быяктан жумушчулардын делегатын чакырткыла* (Ашымбеков).

В.: Жаагын жап басуу. Кээде мага да тийишип алар эле, мен чукугандай эки-үч ооз сөз менен анын жаагын жап басып, кынына киргизип койчумун (Жигитов).

ЖААГЫН КАРЫШТЫРУУ. Экинчи унчуккус кылып жазалап коюу. *Мунун жаагын*

карыштырбасам элеби, - деп ичинен кекенди («Ленинчил жаш»).

ЖААГЫН ЫСЫТУУ. Жаакка катуу чабуу, жаакка чаап жазалап коюу. *Өзү катылган неменин жаагын ысытып коёюн, - деп ачуусу келе түштү* («Чалкан»). *Анын жаагын ысытып, кичине окутуп кой, ашынып кетти.*

В.: Жаагын түлөтүү. *Андай ээн баш балдардын жаагын түлөтүп коюш керек деп, ачуусу келе түштү* («Ала-Тоо»).

ЖААГЫНАН ТҮГҮ ЧЫГУУ. **1.** Абдан ачууланган, жаалданган, катуу каарданган абалда болуу. *Кар үстүндө отургандай сустайып, жаагынан түк чыгып, булчуң эттери кыймылга келди* (Медетов). *Ак саргыл жузу да көгөрүп, жаактарынан түгү чыгып, миз бакпай отурат* (Борбиев). *Жаагынан тук чыгып, жалындап көздөн от чыгып* («Эр Табылды»).

2. Элтеңдеп чочулагандай, катуу корккондой болуп түктөйүп туруу. *Жаагынан түгү чыгып коркуп турган неме эми берки экөөн тиктеп жалдырады* (Медетов).

ЖААГЫҢ СЫНГЫР! Какшанып көп сүйлөгөн кишите, жаагын жанып ыксыз көп ыйлаган балага карата жактырбоо, тилдөө, тыйып коюу же суук кабар, суук сөз айткан кишини тилдөө, каргоо маанисинде колдонулат. *Тим болбой ага, жаагын, сынгыр!* (Абдыраманов). *-Атаа! Сазайыңды беремин! Эркекке асылганын кара, жаагын, сынгыр, эркекче сөгунуп* («Ала-Тоо»). *Канатым күн чалбаган каркырамды ушактап атасына кандай жаагын, сынгыр айтты экен?* (Үмөталиев).

В.: Жаагың кыйрагыр! *Жаагын, кыйрагыр ушунуку өттү.*

Жаагың карышкыр! - *Оо, жаагын, карышкыр! Сага мен жакынмынбы, же ошолор жакынбы?* (Саатов).

ЖААГЫҢА ЖЫЛАН УЯЛАГЫР! Кандайдыр жагымсыз, өтө суук сөз айткан, тили заар кишите карата каргоо, наалат айтуу, абдан нааразы болуп күйүнүү маанисинде колдонулат. *Жаагыңа жылан уялагыр! Өлө албай жатып мунун тилинин уусун кантесиң, Тарт тилиңди!* (Үмөталиев). - *Кой, кой, жаркыным, жаагына жылан*

уяласын ал шуудуруктын, - деди чоң эне (Укаев).

В.: Жаагыңа жылан жумурткалагыр! *Жаагыңа жылан жумурткалагыр ай! Кандай кара оозуңа кан толгур айтты экен. Жалгызым ак жеринен күйдү го! - деп эне чебеленип боздоп жатты* («Ала-Тоо»).

ЖААГЫҢА ТАШ! Кимдир бирөөнүн кандайдыр бир суук кабар, жагымсыз кеп чыгарып жиберишине карата «андай дебе», «антип айтпа» деген мааниде катуу кагуу, тилдөө иретинде колдонулат. *Ок, жаагыңа таш! Кара жолтой! - деп тилдеп жиберди* (Сасыкбаев).

ЖААГЫҢДЫ БАС. «Сүйлөбө», «унчукпа», «үнүңдү чыгарба» деген сыяктуу кекетүү, тилдөө маанисин де колдонулат. *- Жаагыңды бас! - колундагы ачкычты Чыңгыска сунду* (Осмоналиев).

В.: Жаагыңды жап. *Ал кабагын чытып, жини келип, жаагыңды жап! - деп жиберди* (Бөлөкбаев).

ЖААК БАСАР. 1. Анча-мынча ыраазы болгудай, шам-шум этип өзөк жалгагыдай бир аз тамак. *Эртеден кечке жанын жанга уруп, балдарга кичине жаак басар табуунун аракетинде* («Ала-Тоо»).

2. Жашырын сырды бирөөгө айтып, билгизип койбоо үчүн бериле турган ооз басырык болгудай бир нерсе. *Жаак басар бербесең айтам, берсең унчукпайм.*

ЖААК ӨЧТҮҮЛҮК. Тирешип, бири-биринен тилин тартпай айтыша берүүчүлүк. *Бул экөөнүн жаак өчтүүлүгүн коё кал, атырылып айшыкандай болушса, жанына киши чыдап тура албайт* (Айтматов).

ЖААК ТЕРИСИ ТЫРЫШУУ. Каарданууу, түнөрүп ачуусу келип туруу. *Аскер башы жаак териси тырышып, канталаган көздөрүн акырын ирмегилеп, камчылуу колун чекесине алып, ойго батып тиктеп калды (Касымбеков).*

В.: Жаак эти түйүлүү. *Шволиктин жаак эти түйүлүп, улам-улам улутуна дем алып турду* (Ашымбеков). *Дал ушинтип анын уккан сайын көптөрүнүн жаак эттери түйүлүп турду...* («Кыргызстан ма-данияты»).

ЖААК ЭТИ ШЫЛЫНУУ. Арыктоо, абдан арык болуу. *Кайгыга алдырып бир жылдын ичинде эле жаак эттери шылынып, жүзүнүн кызылы өчүп, жүдөй түштү* (Мырзаев).

ЖААК ЭТИН ЖЕП. Какшанып, жаагын жанып көп сүйлөө, тажата сүйлөө. *Ар күнү жыйын курулуп, чечендер жаак этин жеп, ордонун намысын какшап жатышты* (Касымбеков). *Ал өрттөнүп бир жерге тынчып тура албай, туталанып, ар жоокеринин алдына барып, жаак этин жеп, бут кошунду чабуулга көтөрдү* (Касымбеков).

ЖААККА ЧАПКАНДАЙ. к. Башка чапкандай.

ЖААКТА ЖОК. Теңдешер кишиси жок, жеткен, барып турган, чыгаан (сөзгө, ырга мыкты, абдан чечен, кыйын кошокчу ж.б. карата). - *Балээ-э, мунуң жаакта жок ибилис тура* (Бейшеналиев). *Айнагүлүм жаакта жок чечен, жалтанбас жоокер тура өзү* (Сыдыкбеков).

В.: Жаактууда жок. *Энеси жаактууда жок ырчы, кепкор, саал тартынчаак эле* (Ашымбеков). -*Токо, жаактууда жок деген сөз толук өзүңө ылайык* (Бейшеналиев).

ЖААКТАН БАШТЫ АЙЫРГАНДАЙ КЫЛУУ. Жакын адамдардын ыркын бузуп, бири-биринен алыстатып, ажыратып коюу, бөлүп жиберүү. *Жаактан башты айырып, Жакын эле бүлдүрдү* (Үсөнбаев).

ЖААКТУУГА ЖАЙ БЕРБЕГЕН. Сөзгө алдырбаган, эч кимге сөз бербеген, сөздөн жыгылып көрбөгөн. *Жаактууга жай бербеген, Жеңижок ырчыны кичинекейинде Аксыга куушкан* (Каимов). *Жаактууга жай бербейт, Жайдак атка баш бербейт* (Осмонкул). *Энем ашкан албуут, жаактууга жай бербеген карасур киши эле* (Жантөшев).

ЖААЛЫ БЕТИНЕ ЧЫГУУ. Аябай каардануу, аябай ачуусу келип, жинденүү. *Ачык турган сандыгын көргөндө жаалы бетине чыгып, көзү чамгарактап, маасыны бутунан жулуп алып, Бурма байкушту башка-көзгө сабап кирген экен* (Кушбаков).

В.: Жаалы көзүнө чыгуу. *Жаалы көзүнө чыгып араң*

карманып: бириңерди бириңер сыйлабасаңар да атаңардын арбагын сыйлагыла... - деп жекирип-жекирип салды (Айтматов). *Эл топурап келген себепти угуп, Хандын жаалы чыкты көзүнөн* (Айтматов).

ЖААЛЫ КАТУУ. Аябай ачуулуу, өтө каардуу, ырайымсыз. *Жаалы катуу жаш манаптардын атасы алдап өндүрчү эле* (Бейшеналиев). *Жаалы катуу Карагул Бура тартып алганы Бута бою барганы* («Манас»).

ЖААСЫ КАТУУ. Айтканынан, бет алганынан кайтпаган, өз билгенин бербеген, эпке көнчүдөй түрүжок, талабы катуу, катаал. *Бирок, ошонун баарыпан булардын жаасы катуу экенин Теңир-берген таасын билди* (Укаев). *Жеңемдин жаасы катуу, кой, жылалы* (Бейшеналиев) . *Өңгөсүнөн да Нураимдин жаасы катуу го* (Бейшеналиев).

В.: Жаагы катуу. *Дөбө бийдин жаагы катуу. Тилиңди тарта журбөйсуңбу, кысталак! Тур, жогол! Кайда барсаң анда бар! Үңүрөйгөн, айбан деди* (Үмөталиев).

ЖАБА САЛУУ. Күнөөнү, айыпты бирөөгө оодара салуу, бирөөгө шылтап чыга берүү. *Мунун амалдуусун кара, баарын мага жаба салгысы бар - деп ачуусу келип, тигини жакадан алды* («Ала-Тоо»). *Күнөөнүн баардыгын мага жаба салды.*

ЖАБУУЛУУ КАРА ИНГЕН. Көтөрүмдүү, жакшылык-жамандыкка чыдамдуу, токтоо, текебери жок, баарына бирдей мамиле кыла билген кадырман, элге-журтка алымдуу. *Айымкан ургаачынын жабуулуу кара ингени, болуштун зайыбы болсо да боорукер, алгылыктуу мүнөзү менен элге жаккан наабаттуу байбиче* (Бейшеналиев). *Ыраматылык эжебиз Данакан зайып заттын ырыска шерик жабуулуу кара ингени болгон* (Сыдыкбеков).

ЖАБЫК МҮНӨЗДҮҮ. Түнт, ачык-айрым эмес, оңой менен чечилбеген, мүнөзү оор. *Аның оңой менен сүйлөбөгөн жабык мүнөздүү неме көрүнөт. Жакшы деле сүйлөшө алган жокпуз* («Ала-Тоо»).

ЖАБЫЛУУ АЯК ЖАБУУСУ МЕНЕН КАЛСЫН. Башкаларга билинбеген нерсе, эч

ким билбесин, эч ким туйбасын. *Кой, ачууга жеңдирбе, тил алсаң бул жабылуу аяк жабуусу менен калсын* («Кыргызстан маданияты»). *Айлынан үч адамды сабап жибергендиги жөнүндө райондук газетага фельетон басылган. Бирок жабылуу аяк жабуусу менен калды* («Чалкан»).

В.: Жабылуу аяк жабылуу бойдон калуу. *Тынч туруп калганда текшерүүчүлөр да шекшибей жабылуу аяк жабылуу бойдон калат беле?!* («Чалкан»). *Жабылуу аяк жабылуу бойдон калганы жакшы* (Медетов).

Жабылуу казан жабылуу бойдон калуу. *Бирок, жабылуу казан жабылуу бойдон кала берди* (Жантөшев).

Жабылуу казан жабуусу менен калуу. *Жабылуу казан жабуусу менен калсын, - деп жаап-жашыруу колдон келбей, өзүнүн кадырман байбичеси айгак чыкканга бай абдан ыза* (Сыдыкбеков).

ЖАГА БЕРБЕЙ КАЛУУ. Ойдогудай, каалаганындай болуу, самаганындай боло түшүү. *Кайнаганын минтип жумшаганы айылдан эркин чыга албай турган Батийнага жага бербей калды* (Сыдыкбеков). *Көңүлдүү отуруш Шамбетке жага бербей калат* (Сыдыкбеков). *Серкебайдын минтип эл алдында беделинин түшүшү чоң айылдын аттуу-баштууларына жага бербей калды* (Сыдыкбеков).

ЖАЗА БАСУУ. 1. Жанылуу, жанылыштык кылуу, ката кетирүү. *Урматтуу Алексеевич өзүнүн куйругу үзулбөй келе жаткан кесептери жөнүндө терең ойлонуп, жаза баскандарынын ордун толтурат деген ишенимдебиз* («Советтик Кыргызстан»). *Бечара жаза басып алып, ошондон бери оңоло албай журөт* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсенин кызуу үстүнөн чыкпай, кечигип калуу. *Кап, жаза басып калдым.*

ЖАЗА ТАЮУ. Кандайдыр бир кокустан, күтүлбөгөн жерден кырсыкка учуроо, өлүмгө дуушар болуу. *Ызалуу эл дал азыр үйүлүү жаткан дарыдай, жаза тайып учкун түшсө эле лап этип жанып кетет* (Укаев). *Акжолтоюм жаза тайып бирдеме болуп калса, бул эрбейген медеримдин айласы эмне болот* (Убукеев). *Эгер жаза*

тайып туйдуруп калса да, соңунан кууганга алдырчу эмес («Ала-Тоо»).

ЖАЗАСЫН КОЛУНА БЕРҮҮ. Кылган кылмышы, айыбы, күнөөсү үчүн катуу жазалоо, запкы көрсөтүп, уруп-сабоо, сазайын берүү. *Мен бул иттин жазасын колуна берем* (Ка-имов). *Жазасын колуна бердим, өчүмдү алдым, - деди Айсулуу ба-шын көтөрүп* (Баялинов). - *Ой, шордуу, азыр бекин! - жазаңды гана колуңа беришет* (Каимов).

В.: Жазасын берүү. *Байлардын жазасын берүүгө элди үйрөтүп жүргөндөр да ошолор* (Баялинов). - *Ант ургур. Териңди тескери сыйыртып, жазаңды берейинби* (Бейшеналиев).

Жазасын тарттыруу. - *Кызыталак Тоголок Молдонун бут койдуулаты үчүн жазасын тарттырсакпы* (Бейшеналиев).

ЖАЗДАНА ЖАТУУ. Өчөшкөн, касташкан адамын да кырсыктатып, кегин, өчүн ала жатуу, өзү менен кошо катуу кырсыкка, же өлүмгө учурата кетүү. *Бирок, энемди жаздым кыла турган болсо, жалгыз Керим кербезди эмес, манап агасын баштап, башкаларын да жаздана жатам* (Үмөталиев).

В.: Жаздыгын ала жатуу. *Болду, жетишет! Кадый бийди... тындым кылып, жаздыгымды ала жатам! Качанкыга чейин мунун алдында бөдөнөдөй бөйпөктөйм?* (Үмөталиев).

Өз жаздыгын өзү ала жатуу. *Тургунбек тынч кала бергиси келбей, өз жаздыгын озу ала жатууну көздөп Асанкулга асыла баштады* («Ленинчил жаш»).

ЖАЗДЫГЫН БАСУУ. Арамдык кылуу, көз жазгыруу. *Ал Семетей абамдын жаздыгын бассам оңомбу* («Семетей»).

ЖАИ АЛБОО. к. Жаны жай албоо.

ЖАЙ АЛУУ. к. Жаны жай алуу.

ЖАЙ ТАБАР. Абдан эпчил, эбин таап бир нерсеге аралаша кеткен. *Жай табар, эпчил, жашынма Бүткөн иштин кашында* (Бейшеналиев).

ЖАЙДАК КАЛУУ. Бүт болгонунан, бардыгынан ажыроо, куру кол болуу, кур жалак болуу. *Колдоочумдан айрылып бу жарыкта мен жайдак калгамынбы?* (Акиев).

ЖАЙДАК ТӨШ. 1. Ачык-айрым, даалдаган ак көңүл, ичинде эч нерсеси жок. *Ал ошондой жайдак төш.*

2. Эч нерсеси жок, абдан жупуну, жайсыз. *Бой тумары жок барса, шордуу жакыр кызын жайдак төш узатыптыр дешет* (Сыдыкбеков).

В.: Жалаң төш. *Бир жерге өңчөй жалаң төштөр чогулганы менен, элдин көрүнүшү барандуу* (Каимов).

Жалаң от, жайдак төш. *Жалаң от, жайдак төш койчулар Оргочордон орун ала баштады* («Ала-Тоо»).

ЖАЙЫЛ ДАСТОРКОН. Үйүнөн тамак-ашы үзүлбөгөн, бапырап жайнап турган, казан-аштуу, берешен, меймандос. *Берекеси жайнаган бир жайыл дасторкон өңдөнөт* (Бердикеев). *Силер мени сараң, дейсиңер, байлыгым ашып-ташып турганда мен жайыл дасторконмун* (Жантөшев).

ЖАЙЫН БУЗУУ. Көргүлүктү көрсөтүү, аккесин таанытуу. *Партия билсе тек жатпайт, Жайыңды бузуп түздөтөөр* (Барпы).

ЖАЙЫН ТАБУУ. 1. Жок кылуу, көзүн тазалоо, өлтүрүп коюу. *Айтканыма көнбөсөң, Азыр табам жайыңды* (фольк.).

2. Кандайдыр бир иштин аткарылышынын мүмкүнчүлүгүн, ыгын келтирүү. *Анын жайын өзүбүз табабыз* («Ала-Тоо»). *Ошонун жайын таба албасак, өлгөн экенбиз, - деп Адыл каткыра Мадыны далыга кагып койду* (Жантөшев).

ЖАЙЫНАН ЧЫКПАЙ КАЛУУ. Иш оюндагысындай, ойлогонундай болбоо, начар болуу, орундалбай калуу. *Жаалдуу өкүмдар жаагы нарытый курчу кайткандай, иши жайынан чыкпай калганын сезип, өкүттө үнүн чыйылдатты* (Бейшеналиев).

ЖАЙЫТЫ КЕҢҮҮ. Айланачөйрөсү, канат-бутагы өсүү, этек-

жеңи жайылуу, бейпил, жыргал турмушка жетип кеңеле баштоо. *Жатканың жумшак керебет, Жайытың кеңип жыргадың* (Үсөнбаев).

ЖАКА КОЛДО, ЖАН УЯДА. **к. Жан уяда, жака колдо.**

ЖАКАДАН АЛУУ. 1. Доосун, жеп-ичкенин күч менен доолап алуу, кагуу талап кылып өндүрүп алуу.

2. Сөзгө келбей беттен алуу, катуу тийүү. *Жакадан алганыңды койбойсуңбу?*

ЖАКАСЫН КАРМАНУУ. 1. Бир нерсеге аябай таң калуу, айраң-таң болуу, акылы айран болуу. *Эне сүтү оозунда деген береги баланын... кылган иштерине жака карманышты* (Акматов). *«Ой тобо», дешти аны көргөндөр жакасын карманып, «ушул кызыл кыргын, кара сүргүндөн аман калган бул кишинин колдоочусу бар экен...»* («Кыргызстан аялдары»). *Мунум сыртка чыкпай, ичимден айтылганын кийин билип, жакамы карманып, өзүмө бир ыра-азы болдум* (Казакбаев).

2. Бир нерседен кооптонуп үрөйү учуу, коркуу. *Ачарчылык аз келгенсип, кызылча, келте каптады, - деп жакасын карманып, мөгдүрөп турушту* (Бердикеев). *Кудай өзүң колдой көр, алааматтан сактай көр, - деп кемпир калтаарып, жакасын карманды* (Жантөшев).

ЖАКАСЫНА ЖАРМАШУУ. Бучкактап кое бербөө, асылып алуу. *Жакасына жармашып жүрүп, эптеп аны колго тийгизди* («Кыргызстан маданияты»). *Жакасына жармашып, этегине эрмешип жүрүп, эптеп макулдаттым* («Кыргызстан маданияты»).

ЖАКАСЫНАН КОЛУ КЕТПӨӨ. к. Колу жакасынан кетпөө.

ЖАКШЫ АТТУУ БОЛУУ. Бирөөгө жагынуунун, жакшы көрүнүнүн аракетин жасап, ичи-койнуна кирүү, кошомат кылуу. *Бошкой жакшы аттуу болуу максатында мыктыларын мактай келип, Тоголок Молдону мыскылдай ырдаганда, анын жойпулугу, жасакерлиги мыктыларына жакты* (Бейшеналиев).

ЖАКШЫ ЧЫКМА. Мыкты, акылдуу, ишенимдүү. *Ысымы*

төрө, таяке, - деди Токтогул, - «төрө» десе төрөдөй, бир суу элдин жакшы чыкмасы, ниети ак, кара кылды как жарган калыс баласы (Касымбеков).

ЖАЛАА ЖАБУУ. Бирөөгө жалган жеринен күнөө коюп каралоо, ак жеринен жамандоо, жаман атты кылуу. *Албетте, жок жерден жалаа жаап жатса, кимдин жүрөгү күйбөсүн!* (Байтемиров). *Жаназа, доорон деп баарын, Сен аласың, Жалаасын мага жабасың* (Шүкүрбеков).

ЖАЛААГА ЖЫГЫЛУУ. Доого жыгылуу, сөзгө жыгылуу, доого, айыпка кирептер болуу. *Ак жеринен жалаага жыгылган бечара Саман кулактын таламын ким талашат* (Баялинов).

ЖАЛ-КУЙРУГУ ТӨГҮЛГӨН. Сын-сыпаты келишкен, мыкты, сындуу (жылкыга карата). *Тигил жал-куйругу төгүлгөн кашка жоргону өзүң мин, - дейт* («Ала-Тоо»).

ЖАЛАЯК ООЗ. Өтө жалжайган, эпсиз чоң ооз. *Жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги узун* («Манас»).

ЖАЛАҢ ТОНДУУ, ЖАЙДАК АТТУУ. Эч нерсеси, эч кимиси жок, жалгыз өзү, кара башы, колунда жок, жоксуз. *Жапар сыяктуу жалаң тоңдуу, жайдак аттууга Алтынайды бербейм, - деди Субан* (Жантөшев).

В.: Жалаң тондуу, жалгыз аттуу. Күнүгө жаңыланып сүйлөгөн аңырт сөздөр - жалаң тондуу, жалгыз аттуу кембагалдардын үрөйүн учурат (Осмоналиев).

Жалгыз ат, жалаң тондуу. *Буга окшогон жалгыз ат, жалаң тондуулар төбөгө чыга турган болду, - деп бай купуя кекенип отурду* («Кыргызстан маданияты»). *Башың ооган жакка бастыра бергидей, жалгыз ат, жалаң тондуу дейди эмессиң* (Бейшеналиев).

ЖАЛАҢ ТӨШ. к. Жайдак төш.

ЖАЛГЫЗ АТ, ЖАЛАҢ ТОНДУУ. к. Жалаң тондуу, жалгыз аттуу.

ЖАЛГЫЗ АЯК ЖОЛ. Бир киши гана жүрө турган өтө кууш жол, чубап өтө турган тар жол. *Кеч кирип күүгүмдөп калган, ...жалгыз*

аяк жол менен элтеңдеп, эки жагымды каранып басып келатам («Ала-Тоо»).

ЖАЛГЫЗ БАШЫ ЭКИ БОЛУУ. к. Бир башы эки болуу.

ЖАЛГЫЗ БОЙ. 1. Үй-бүлөсү жок, жалгыз өзү, кара башы, бойдок, өзү эле. *Анын үй-бүлөлүү, же жалгыз бой экенин жана бул жакка эмне үчүн келгенин биле алышпайт* (Каимов). *Жалгыз бойлукка жабыркаган таалимчисин алаксытып, көөнүн жубатуу* (Бейшеналиев).

2. Үй-бүлөсүнө, бала-чакасына, үй-тиричилигине өзүнөн башка каралашар, жардамдашар, кол кабыш кылар киши жок, эч кимиси жок. *Анын үстүнө, жалгыз бой кишинин колу да тийбейт экен* (Бердикеев). *Эми жалгыз бой неменин жөлөгү да ураган турбайбы* (Абдукаимов). *Ал киши жалгыз бой болчу* («Жаш ленинчи»).

ЖАЛДЫРАМА ТИЙГЕНСҮҮ. Бир нерсеге катуу ойлонуп дел болгондой, мелтиреп унчукпай туруп калган абалга карата колдонулат. *Мээркан жалдырап туруп калды. Эмне кылаары оюна келбеди. Жөн эле жалдырама тийгенсиди* (Жусупов). *Ал жалдырама тийгенсип, мени көпкө чейин карап туруп, макул дегендей баш ийкеди* (Бердикеев).

ЖАЛПАК ТИЛ. Адамды өзүнө тартуу максатында жылмалап, жайкап айткан өтө чебер сөз. Алданды жалпак тилге сенин башың, Максатка жеткен тура бузук Касым (Абдыраманов).

ЖАЛПАК ТИЛГЕ САЛУУ. Бирөөнү өзүнө тартуу, алдоо. азгыруу максатында көшүтүп, кепти келтире сүйлөп, эритүү аракетин кылуу, өз кызыкчылыгына көндүрүүтө тырышуу. *Арзыкул жалпак тилге салып, жай баракат түшүндүрмөк болду* (Байтемиров). *Ажы жалпак тилге салып, жайкап сүйлөду* (Байтемиров).

ЖАЛПЫ ТИЛ ТАБЫШУУ. Бири-бирин түшүнүшүп, бир пикирге келүү. *Ары кетип, бери кетип жатып, акырында жалпы тил табышты өңдөнөт* («Жаштык жарчысы»).

ОТКО МАЙ ТАМЫЗУУ. Мактангысы келди окшойт, жүгүрүп келип, жардын башына

ыгдырылып тура калды. Түкөң жалынга май тамызды (Кыргыз жомогу).

ЖАМ КЫЛУУ. Тынчытуу, тындыруу, бүтүрүү, жайлоо. *Имерилип сүйлүшүп, ич пикирди жам кылды* («Ырлар»). *Мени шайлап хан кылсаң, Көңүлүмдү жам кылсаң* (Токтогул).

ЖАМАН АЙТПАЙ, ЖАКШЫ ЖОК. Не бар, не жок, кандай болот «жаман жакшыны аралыштыра айтуу керек, кандайдыр бир кыйынчылык, кырсык, кокустук болуп калабы» деген мааниде алдын ала эскертүү иретинде колдонулат. *Жаман айтпай жакшы жок. Жалккан башка эмнелер гана түшпөйт* (Бейшеналиев). *Жаман айтпай жакшы жок, кийин сызга олтуруп жүрбөйлү* (Ашымбаев). *Жаман айтпай жакшы жок, ээн талаа, караңгы түндө бирдеме болсо, мен бүт Сары-Өзөккө кара бет болуп жүрө албайм* (Айтматов). *- Жок, ата, деп Кожон колдур сүйлөдү, - жаман айтпай жакшы жок, этият болгон жакшы* (Абдыраманов) .

ЖАМАН АПАЗ БАШТАБА. Бир нерсени күн мурун, алдын ала жаман жакка жоруба, жаманчылыкты оозуңа алба, жаманчылыкка ой жоруба. *Жаман апаз баштабай көзүңдүн жашын тый, туруп оокатыңды жаса, - деп кайненем сустайып чыгып кетти* («Ленинчил жаш»). *Жаман апаз баштабай жөн отурчу, - деп аялын тыйган болду* («Чалкан»).

В.: Жаман жоро баштаба. - *Кокуйлаба, арам, жаман жорону баштан, кайсы кырсыкты айтат, бас жаагыңды!* (Бердикеев). *Алда кандай заман болот, - деп жаман жорону баштабай койсоңчу* (Баялинов).

ЖАМАН КАТЫН, ЖАШ БАЛА. Үйүндө баш көтөргөн эр бүлөсү жок, жалаң бала-чака, баш-көз болор кишиси жок. *Согушта баарынын укугу бирдей, баарында жаман катын жаш бала, баарынын ата-энеси, ага-тууганы, ата-журту бар* (Садыбакасов). *Мындан ары өз оокатыңды өзүң кылып, эл оозуна жаман катын, жаш бала дедиртпе* (Абдукаимов).

ЖАМАН КӨЗ. Ичи жаман, кара санатай, көрө албаган, арамдык ойлогон деген мааниде. *...Мүйүздүү Бугу-Эне... Тукумуңду*

жерибе, ... жаман көздөн, кесир сөздөн сакта (Айтматов).

ЖАМАН КӨЗҮ МЕНЕН КАРОО. Жактырбаган, жек көргөндөй мүнөздө, ачууланган кебетеде көзүн акырайта кароо. *Экөө үйгө киргенде койногун жамап отурган кемпир жаман козу менен акшыя бир карап койду да, кайра ишин уланта берди* (Айтматов). *Султанмурат бек оозунан сөзу түшүп, алдыртан жаман көзү менен карап тим болду* (Касымбеков).

В.: Жаман көзү менен тиктөө. *Тигини карасаң, мени жаман көзү менен тиктейт, кепшири суук* (Абдыраманов).

ЖАМАН КӨРГӨНДҮН БӨРКҮ КАЗАНБАКТАЙ. Жакпаган кишинин көрүнүшү суук, кебетеси жагымсыз. *Ээ ... кайсыны айтасың, жаман көргөндүн бөркү казанбактай да, мени көргүсү келбейт, айла канча барар жер жок, басар тоо жок, -деп үшкүрүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

ЖАМАН ООЗ. Ушакчы, бир нерсени ташып, жеткирип баруучу, чыккынчы. *Андай жаман ооздордон сак болуу керек.*

ЖАМАНДЫКТЫ КӨЗҮҢ КӨРБӨСҮН. к. **Көзүң жамандыкты көрбөсүн.**

ЖАМБАШЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ. Эч жеңилген эмес, бирөөдөн жыгылып көргөн эмес (көбүнчө күрөшкөн адамдарга карата). *Ал өмүрү жамбашы жерге тийип көргөн жан эмес.*

ЖАМБАШЫ ЖЕРГЕ ТИЙГЕНЧЕ. Өлөр-өлгөнчө, өмүрүнүн акырына чейин. *Байкуш атам жамбашы жерге тийгенче, балдарым деп жүрүп өттү. Биз анда жаш болуп апамдын эмгегин актай албай калдык, - деп Жамал көзүнүн жашын кылгыртты* («Ала-Тоо»).

ЖАН АЛАКЕТКЕ ТҮШҮҮ. Бир нерсеге катуу киришүү, жан талашып аракет кылуу. *Эл кымкуут болуп, сыртынан суу, кум, топурак чачып жан алакетке түшүп, кайгырып жүрүшөт* (Ашымбаев) *Жан алакетке түшүп кулак байлап жүрүшөт* (Өмүрбаев). *Кыз бирде кучагын жазат, кайра кучактай калып жан алакетке түшүп, энесинин көңүлүн сооротуу аракетинде* (Байтемиров).

В.: Жан алакетке келүү. *Жан алакетке келген эне тез эле жетип келди* (Бердикеев). *Куугунчулардан кутулган экөө жан алакетке келип чаап баратышат* (Осмоналиев).

Жан бүдөгө түшүү. *Аларга жол көрсөткөн мастерлер жан бүдөгө түшүп, иштин көзүн таанытат* (Ашымбаев). *Кийин келгендердин айласы емне болот, - дешип, жан бүдөгө түшүп калган эле* (Ашымбаев).

ЖАН АЛГЫЧ. 1. Диний түшүнүк боюнча: адамдын жанын алуучу, өлтүрүп коюучу периште, жалаңкыч, азирейил. *Арзып сүйүп, алыстан коштоп келген жароокер жары Сейдеши жан алгычтын колуна кетип, Байымбетти түнгө аралаш таштап түнөрттүбү* (Бейшеналиев).

2. Ыймансыз, мыкаачы, таш боор, баш кесер, желдет. *Кыргызды жан алгычтар далай эзген, Заардуу тил ажал огу көкөй кескен* («Ырлар»). *Биз мындай жан алгычтарга кол салуу мындай турсун, тике карай албайбыз, - деди мандикерлердин бири* (Абдукаримов).

ЖАН-АЛЫ КАЛБОО. 1. Аябай шашкалактоо, калдастап, жан талашып өтө тез кыймылдоо. *Ээн көчө менен күн балбылдап батып бараткан тарапка жан - алы калбай жүгүрүп келе жатыптыр* (Борбиев). *Жан-алы калбай тыбырап, мылтыгын кое бербей далбастап, арбаң-тарбаң этип тура качты* (Жигитов). *Жан-алы калбай шашып, өңү кубарып Ирина кирип келди* (Жантөшев).

2. Эпилдеп өтө кичи пейил, жайдары мамиле жасоо, асты-үстүнө түшүп эпилдөө, эгилип-жыгылуу, аябай сүйүнүү. - *Отур, отур кызым, отуруп эс ал, - деп кемпир жан-алы калбай, бөйпөңдөп калды* (Абдукаимов). *Ыракмат тааженe, - деп Ашырбек жан-алы калбай кубанды* (Ашымбаев). *Ал күлүп-жайнап, жан-алы калбай бирдеңкелерди жобурайт* (Ашымбаев).

ЖАН АРГА. *Амал, айла. Жан арга кылып тоого өрдөдү. Мындан айла болгон жок* («Кыргызстан маданияты»).

ЖАН АЧЫР. Боор ооруй турган, күйүшөр, каралашар. *Дүйнөдөгү жалгыз жан ачыр жакының да, тууган-туушканың*

да ушулар (Укаев). *Промсолдогу жан ачырыбыз ушу сары бала эле* («Ала-Тоо»).

ЖАН АЧЫТУУ. Жанга тийүү, жан кейитип тынчсыздандыруу. *Аркы-берки сөздөн кийин жан ачыпжан чындыкты айтты* (Жусупов). *Бул жагдайда биздин жыйырма жылдан көбүрөөк мезгилди камтыган жан ачытар тажрыйбабыз бар* («Кыргызстан маданияты»).

ЖАН АЯБАЙ. Өлөр-тирилерине карабай, бардык күчү, бүт мүмкүнчүлүгү менен, жан талашып. *Кыскасы, манаптар менен жан аябай күрөшө баштадык* (Жантөшев).

ЖАН АЯШПАС. к. Жан кыйышпас.

ЖАН БАГАР. к. Жан бакты.

ЖАН БАГУУ. Керт башынын гана камын ойлоо, эптеп күн көрүү. *Булар кийик көтөруп келет экен, убактылуу болсо да ошолордон экен жан багамын* (Мидин). *Бечара кишилериң жан багууга орус ичи жакшы болот экен, - деди кемпир* (Эле-баев).

ЖАН БАКТЫ. Өз алдынча эмгек кылбай жанынын тынчын ойлогон, бирөөнүн эсебинен жашаганды, кыйналбай жан бакканды жакшы көргөн. - *Сен, - деди хан, -үргүлөгөн жан бакты окшойсуң! Бүгүн никени бүтүргүн! - дейт да чыгып кетет* (Осмоналиев). *Акыйкаттан тайган, ...жан бакты акын бүгүн сыйлуу болушу мүмкүн, бирок эртең көр* (Бейшеналиев). *Үргүлөйт да жатат көлөкөдө. Жан бакты* (Казакбаев).

В.: Жан багар. *Жан багар жалкоо эшек бар, Жашынып жүргөн кесеп бар* (Бейшеналиев). *Эринчээк, жалкоо жан багарларды жаныпай ак жайлапсың* (Бейшеналиев).

ЖАН БЕРҮҮ. 1. Өлүү, каза табуу, көз жумуу. *Калмурза жылдыз толо жан берди* (Бейшеналиев). *Минтип туугандерден куш учуп кете алгыс алыста жан бергени турасың. Сөөгүңдү кайда жашырабыз* (Көчкөнов). *Башы менен асфальтка катуу жыгылган бала ошол жердин өзүндө жан бериптир* (Медетов).

2. Актыгы үчүн касам ичип, ант берип далилдөө шарты. -

Түмөнбай ат уурдады. Ууру эмес десең, балаңдын жанын бер?! - дешти энеме алар (Сыдыкбеков). *- Эми буга тике кара, өкүнбө, балам! Жүргөн бирөө болсоң «жан алмай», «жан бермей» болуп чырылдаша бермексиң* (Касымбеков).

ЖАН БИРГЕ. Бири-бири менен өтө ысык, абдан жакын, ынак, кыйышпас, өтө татуу. *Жан бирге үчүн, мен үчүн Жолборсуна барып бер, Күрөштү ыктап салып бер!* («Эр Төштүк»). *Кызга жан бирге жеңеси кошокейип, кошо сыздайт* (Сыдыкбеков). *Жан биргең жалтанабы күйгөн оттон, Баш тартпайт бет маңдайдан учкан октон* (Маликов).

ЖАН БУРАДАР. Жакын жолдош, курдаш, теңтуш. *Жан бурадар, жаудай дос, Жанга күйбөс кандай дос* (фольк.).

ЖАН БҮТКӨН. Бүт жан-жаныбар, кыймылдаган тирүү жандын бардыгы. *Деги суу жарыктык жан бүткөндүн баарына жашоо берген жаратылыштын ыйык заты турбайбы* (Бердикеев).

ЖАН БЫЧАКТЫН МИЗИНДЕ. Өтө коркунучтуу, кооптуу оор абалда, кыйынчылыкта, өлүм алдында. *Жан бычактын мизинде туруп, кимге ким боор тартмак эле* (Жоошбаев).

В.: Жан кылычтын мизинде. *Минтип жан кылычтын мизинде турганда, сенин кылган жоругуң ушубу* («Ала-Тоо»).

ЖАН ДАЛБАСА КЫЛУУ. Кандайдыр бир коркунучтуу, кысталыш абалдан кутулуунун, аман калуунун аракетин издөө. *Жан далбаса кылган Сабырбек да, аны үстүнөн аңтарып кекиртектен алууга аракеттенди* (Абдыраманов). *Катын-бала жабылып сыртка жамырашат, жан далбаса кылып кайра үйгө киришет* (Осмоналиев).

В.: Жан далбасалоо. *Силерди ач калбасын деп жан далбасалап жүрдүм* (Сыдыкбеков). *Каатчылыкта күнүмдүк көр оокат үчүн жан далбасалап көрөт* (Бейшеналиев). *Анын өмүрүн узартууга жан далбасалагынына тагдырдын анчалык деле жибип кетпеси ачык* (Осмоналиев).

ЖАН ДЕП. Кубанып, сүйүнүп, кым дей түшүп. *Жибердсек барат ээ? - Жан деп барбайбы?* (Байтемиров).

ЖАН-ДИЛИ МЕНЕН. Чын ыкласы менен, абдан берилип, ынтаасын коюп, бүт мүмкүнчүлүгү менен. *Балага жан-дили менен берилип туруп, эми бала төрөгөнсүп эмчеги зыркырап, бүткөн бою ийип кетти* (Абдукаимов). *Коомдук ишти жан-дили менен аткарат* (Ашымбаев). *Данияр кандайдыр бир нерселерди тыңшап, ошого жан-дили менен кулак салып отурган өңдүү туюлат* (Айтматов).

ЖАН ДҮЙНӨ. Ички сезим, ой, кулк-мүнөз, табияты. *Адамдын жандүйнөсүн билүүдөн артык эң кыйын нерсе жок тура бул турмушта* (Мырзаев). *Мындай суук сөз жандүйнөңдү өрттөп кетет экен* (Борбиев).

ЖАН-ЖИГЕРИН ТӨШӨӨ. Бүт мүмкүнчүлүгүн, болгон күч-кубатын жумшоо. *Мактаныч болбосун, иш жагынан эч кимге камчы салдырбай, жан-жигеримди төшөп, ак ниетим менен эмгектенип, чарбанын экономикалык өсүшүнө бир топ салымды кошуп келдим* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАН ЖОК. 1. Абдан коркок, жүрөгү жок, кайратсыз. *Анда жан жок. Сенде жан жок тура, кун мурун эле титирейсиң* (Байтемиров).

2. Бир нерседен корккон, кооптонгон, чочулап жүрөк заада болгон коркунучтуу абалга карата колдонулат. *Ошолорду укkан Майкулак бечарада кээде не болом деп жан жок* (Үмөталиев). *Далай баласын жерге берип, жүрөгү калган энеде жан жок* (Укаев). *Табылды булрайонго башкы врач болуп келгенден бери Төлөмүштө жан жок* (Бердикеев).

3. Эч нерсени тоотпогон, сезбеген, өтө чыдамкай. - *Ай ушунда жан жок, эртеден кечке муз ойгондо бул залкар бир тердебейт* (Укаев).

ЖАН КЕЧТИ. Ар кандай кыйынчылыктан, жамандыктан баш тартпаган өлөрман, өжөр, эмне болсо ошо болсун деп жанын кыйган шум адам. *Куралдуу күзөт турбагандыктан андай жан кечтилер кимден айбыгышмак* (Саатов). *Кыял менен үмүткө*

алданган бир апенди чалышпы, болбосо бүт өмүрүн көксөгөн ишке сайып ийген жан кечти адамбы? (Кушпеков). - *Ушул кагаздын айынан кимдер гана жан кечти болбоду* (Ашымбаев).

ЖАН КИРҮҮ. 1. Тирилүү, өмүр сүрүү, жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу. *Тил-оозу жок сулк жаткан балага жан киреби деген үмүт менен жарданып карап турушту* («Ала-Тоо»). *Болду-болбоду Серекке кайра жан кирди* («Кыргыз маданияты»). *Догдурларың жаңылып калган го чамада... Үрбү ошол арада тигиге жан киргенин көрүп, не кайгырарын, не кубанарын билбей алдастай түштү* («Кыргызстан маданияты»).

2. Жандана баштоо, кызуу абалга өтүү (ишке же кандайдыр бир кыймыл-аракетке карата). *Бири келсе, бири кетип теримчилер, Жан кирет кең кырманга таң атпастан* (Абдыраманов). *Эл көбөйүп, базарга жан кирип калган экен* («Ала-Тоо»).

3. Тыңуу, чыйралуу, бирөөгө каршылык көрсөтө алгыдай абалга келүү деген мааниде. *Эмне кыларын билбей айласы кетип турду эле, алды жактан топ караан көрүнө калганда жан кире түштү* («Ленинчил жаш»).

ЖАН КУЛАКТЫН УЧУНДА. Кандайдыр бир катуу коркунуч алдында, чочулап үрөйү учкан, коркуп санааркаган абалда. *Замана олку-солку болуп, жан кулактын учунда турганда өздөн чыккан жат жаман* (Тойбаев). *Мен жан кулактын учунда болуп, араң жатып жүрдүм бул үйдө* (Медетов). *Ага эч ким серп албады, жан кулактын учунда бараткан ызычууда эч ким байкабады* (Касымбеков).

ЖАН КҮЙГҮЗҮҮ. Аябай ачуусуна тийүү, намысына келтирүү, ызасын жеткирүү. *Туугандарынын жан күйгүзө айтканын Сарала тим олтуруп укту* (Сыдыкбеков). *Ысык-Көлдүн тагдырына көбүрөөк жан күйгүзүп жаткандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү* («Кыргызстан маданияты»).

ЖАН КҮЙӨР. Каралашар, кайрылышар, боор тартар, акыл-насаатын айтар. *Мага көп акылман адамдай, жан күйөр устаттай сезилип кетет* («Кыргызстан маданияты»). *Эгер көзүм өтүп*

кетсе, Чынарды карай турган жан күйөр эч ким жок (Бердикеев). *Изиңди тапсам бир жерден, Сүрткүм келет көзүмө, Жан күйөрүм жөлөгүм* (Барпы).

ЖАН КЫЙЫШПАС. Бири-бири менен абдан ысык, өтө таттуу, эч ажырагыс, ынак. *Чоро менен Даакынын жан кыйышпас дос экендигин айылдагылардын баары билишет* («Ала-Тоо»). *Казынын Нарын шаарында кыйышпас жакын достору бар* (Баялинов). - *Чагыржан! мен мурда кан жолдо кошулган жан кыйышпас тугөйүң элем, эми күйөө балаң болоюн* (Осмоналиев).

В.: Жан кыйбас. *Таарынса да ал эмне кылган менен бирге окуган жан кыйбас жакын, жакшы курбусу эмеспи* (Баялинов).

Жан аяшпас. *Бир кезде экөөбүз жан аяшпас дос элек* («Ала-Тоо»).

ЖАН САКТОО. Оокат-тиричилик кылуу, жашоо. *Андан көрө экөө баш кошуп жан сактабайбы* (Каимов). *Тургун революциядан мурда мергенчилик менен жан сактаган киши эле* (Баялинов).

ЖАН СООГА. Өлүмдөн аман алып калууну суранган өтүнүч, абдан өтүнүү менен суранган сөз. - *Уа-а! - деп келип, Карасакал Амандын бутун кучактап жыгылды. Айланайын, палбан, жан соога* (Касымбеков). *Антпе, Шоке, бир ачууңузду мага бериңиз? Жан соога, баатыр, жан соога* (Бердикеев). *Өгүзгө таңып, чыргайды аралатканда дагы жан соога сураган эмесмин* (Осмоналиев).

ЖАН СООГАЛОО. Кандайдыр бир коркунучтан, өлүмдөн ж.б. кутулууга жан талашуу, катуу аракеттенүү, жан далбасалоо, абдан сурануу. *Айланайындар, жан соогалап койгула, - деп эшикти алая карап, Чыныбек төргө өтө качты* (Жантөшев). *Көз огу менен чыкыйды теше тиктеп, тайманбай тике баскан аял чыйпыйы чыгып, жан соогалап колубутка жыгылды* (Исмаилов).

ЖАН СУРОО. Өмүрүн сактап калууну, аман калууну сурануу, өтүнүү. *Жалбарып, жаның сурадың, Жайыңды көрүп турамын* (фольк.).

ЖАН ТАЛАШУУ. 1. Жан аябай катуу иштөө, жанын үрөп

иштөө. *Дүйнөнү кайра жарата тургансып жан талашып, ойго-тоого урунуп иштеп жүрүп, ден соолуктан ажырап калдык* (Бердикеев). *Жан талашып жакшы иштедим* (Жантөшев). *Жалаң этке жаргак боркок керилип, Жан талашат эки-үч уста берилип* (Аалы).

2. Кандайдыр бир коркунучка, өлүмгө ж.б. каршылык көрсөтүү, андан кутулуу үчүн жан далбаса кылып катуу аракеттенүү, жан аргасын издөө. *Жан талашып үңкүрдүн оозун тырмалашса керек* (Бөкөнбаев). *Чал дирт-дирт этип буту-колун тыбыратып, жан талашып көпкө дейре жерди тырмалай берди* («Ала-Тоо»). *Балдарым сууга кетпесин деп жан талашкан эненин эки колу карышып калган* (Сыдыкбеков). *Шайык да ээр менен кошо сүйрөлсө керек, жан талашып тырмалаганбы, айтор, беш колунун тагы карга түшүп калыптыр* (Эсенканов).

3. Бир нерсеге ишендирүү, ынандыруу, аны далиддөө максатында катуу аракеттенүү, мойнуна албай жанын сабоо. *Ашырбек Карел досун чакырып, калыска тартып, жанагы сөзүн жан талашып кайра айтса да, Шволик тиштенип уга бербеди* (Ашымбаев). *Ал ошондой «суу жукпас» да, жан талашып танып кетти* («Чалкан»). *Ушундай жан талашкан аракети менен Эдиге төрөнү дагы ынандырды* (Осмоналиев).

ЖАН ТАРТУУ. Бирөөгө боoруу ачуу, жакынсып анын таламын талашуу, жардам көрсөтүү, колдоо, жактоо. - *Эй, биз сага жан тартып, жакшылык каалап жатсак, бул эмне дегениң?* (Медетов). *Жетимдин идиректүүлүгүн, ыймандуулугун байкагандыктанбы, жан тартып Байымбетти имерүүдө* (Бейшеналиев). *Байдын аялы... кандайдыр жан тарткансып, эч кимге кордотпостон колдоп турчу* (Эсенкожоев).

ЖАН ТАСЛИМ БОЛУУ. Өлүү, жаны чыгуу, дүйнөдөн кайтуу, көз жумуу. - *Ага жетпей жолдон жан таслим болсомчу? - деп жооп берди оорулуу* («Кыргызстан маданияты»). *Оорубай-сыктабай, бир кун төшөктөн турбай жан таслим болду* (Медетов).

В.: Жан таслим кылуу. *Чогуу олтуруп ыраазылык айтыша албай жан таслим кылганы жатат* (Каимов).

ЖАН ТЕРИ КЕЛҮҮ. Өтө катуу кыйналуу, алдастап жаны кейүү, шайы кетип чабалактоо. *Тирүүлүктү да ойлоого чолосу жетпей жан тери келип, бардык аракети душманды өлтүрүш болуп жатты* (Абдукаимов). *Башымдын какшап ооруганы күчөй берди, жан терим келди* (Бердикеев). *Төлөмүштүн жан тери келип, жети өмүрү жерге кирип, телмирип көпкө турду* (Бердикеев).

В.: Жан терге түшүү. *Тикбай алдастайт. Дөөрүйт. Жан терге түшөт* (Осмоналиев).

ЖАН УЯДА, ЖАКА КОЛДО. Кандайдыр бир нерседен чочулаган, кооптонгон, коркунуч баскан абалда. *Жан уяда, жака колдо турганда, сенин кыларың ушул беле?* («А ла-Тоо»).

ЖАН ЭРИТҮҮ. Адамдын көңүлүн өзүнө тарта тургандай жакшынакай, назик, жагымдуу таасир берүү (көбүнчө жакшы сөз, жагымдуу музыка ж.б.). *Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет* (макал). *Жан эритчүү канаттуу куштардын тили каткан* (Жоошбаев).

ЖАН ЭТИН ЖЕДИ. Катуу кыйноо тартуу, азап чегүү, аябай кыйналуу. - *Чын, таңыркаба, улугум. Жанымдын этин жедим. Жададым... - деди* (Касымбеков). *Жайлата жан этиңди жеп өндүрүп алган кызылыңан чекең жылыйбы?* (Өмүрбаев). *Ордонун бирде төрүнө өтүп, бирде улагасында улактай мууздалып калып, жан этин жеп күн көрөрсүңөр* (Касымбеков).

ЖАН ЭТИН ЖЕДИРҮҮ. Катуу кысым көрсөтүү, аябай кыйноо, азап чектирүү, күн көрсөтпөө. *Таштанбек сыяктуу нечен-нечен чаарыкерлерди жалдап алып, жан этин жедире иштетип, акысын бербей жонунан кайыш тилчү Егор эч убакта мындай болот деп ойлогон эмес* (Саатов). *Бу бейбайга, бу жан этин жедирген тар дүйнө менен коштошууга..., арман күүнү чалың* (Касымбеков).

ЖАНГА БАСУУ. Бирөөнүн мал-мүлкүн, байлыгын ж.б. өзүнө тиешелүү кылып ээлеп алуу, менчиктеп алуу. *Ысмайыл карылыгы жеткен сайын Күрүчбектин салыктарын эмне кыларын билбейт. Аны жанга басууга даабайт* (Осмоналиев).

ЖАНГА БАТУУ. Бир нерсенин запкысын тартып аябай кыйналуу, жан кейиткендей, намысына тийгендей өтө катуу таасир этүү (кандайдыр бир шарт, бирөөнүн кордогону, же суук тил ж.б. карата). *Эми үйдөн тарткан ызасы жанга батып, даттанар кишисин тапкандай ээн тарапка ашыкты* (Исмаилов). *Мен талаадан келген сайын Ашымкандын ыйлап отурганы жанга далай баткан* (Элебаев). *Чыгарманын мындай трагедия менен аяктаганынын өзүндө да жанга баткан ачуу чындык жатат* (Баялинов). *Эртели-кеч гана тигил мөңгүдөн илеп урганы болбосо, жанга баткан суук жок* (Элебаев).

В.: Жанына батуу. *Анна аяктан кам санабаганы менен береги ондон ашык баланын онтогону жанына батты* (Ашымбаев). *Акыры оор жумуш жанына батып, ...курсагы тойбой баратканда, экинчи бир айылга жөнөдү* (Осмоналиев). *Калыймандын кейиштүү сөздөрү жанына батып кетти өңдөнөт* (Жакыпов). *Жамийланы тигилер азыр минтип опоңой эле кучактап, жулмалап ойногондору Даниярдын жанына батып жатты окшойт* (Айтматов).

Жанга тийүү. *Ал жерде таятанын жанга тийген ач көздүгүн... башка нерсенин бардыгын унутасың* («Ала-Тоо»).

Жанына таш батуу. *Атка минерлердин кысымынан жандарына таш батты* (Бейшеналиев). *Ышкынаалынын жанына таш батып кетти* (Байтемиров). *Мээркандын жанына таш батты* (Жусупов).

Жандан өтүү. *Жазгы суук жандан өтөт* (макал). *Анын сөзү жандан жебенин огундай өтөт* (Осмоналиев).

ЖАНГА КУЧ КЕЛҮҮ. к. Жанына куч келуу.

ЖАНГА ТЕҢЕБӨӨ. Бирөөлөрдөн өйдө саноо, жогору саноо, башкалардан артык деп эсептөө. *Гүлмира да, Нурлан да өздөрүн жанга теңешчү эмес* (Борбиев). *Байкуш Калийпа кантсин, Зарылбүбүсүн жанга теңебейт* (Өмүрбаев).

ЖАНГА ТИЙҮҮ. к. Жанга батуу.

ЖАНДА ЖОК. Абдан мыкты, чыгаан. *Келиним, бечара, жанда*

жок жакшы адам (Медетов). *Колуктусуна жанда жок белек берүүнү самаган* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАНДАН АШАКЕЧҮҮ. Өзүн-өзү өлүмгө кыюу, өлүмдөн баш тартпоо, коркконду, сактанганды билбөө (көбүнчө бир нерсеге өтө нааразы болгон, же катуу кыйналган абалга карата). *Азыр эле жандан аша кечип, заманасы куурулуп отурган ЫскакАскардын бул жардамына түшүнбөдү* (Исмаилов). - *Сен жаныңдан аша кечкен эмесиңби?* (Убукеев).

В.: Жандан кечүү. *Эл үчүн жандан кечип, эл бактысын душмандын чеңгелинен алат тартып* (Аалы). *Өлүмгө өлүм менен жооп кайтарып, Эрк үчүн жандан кечти далай эрлер* (Үмөталиев). *Жандан кечип кармашып жатышты* (Касымбеков).

Жандан тоюу. *Байкап көрсөм баарысы, Жандан тойгон жан окшойт* («Манас»).

Жанынан тоюу. - *«Суроо бербе» деп эскертпедимби. Же жаныңан тоюп турасыңбы?* (Медетов).

ЖАНДАН ӨТҮҮ. к. Жанга батуу.

ЖАНДАН ТҮҢҮЛҮҮ. Өлөт экенмин деп ойлоо, жашоодон үмүт үзүү, абдан коркуу. *Баятан бери жандан түңүлүп, дел болуп турган Таабалды жаны ачып кетти* («Ала-Тоо»). *Көчтөгүлөр жандан түңүлүп, эмне кылаарын билбей жатышканда Ысмайыл ошо замбирек жарылган жерге жакын барды* (Сыдыкбеков). *Башкасын билбейм, мен өзүм жанымдан түңүлүп калгамын* (Убукеев).

ЖАНДУУ ДАРТ. Эски диний түшүнүк боюнча кандайдыр сыйкырдуу күч тарабынан пайда болгон, акыл-эси, ойлоо жөндөмдүүлүгү бузулган психикалык мүнөздөгү оору, жин оорусу. *Алтынай эч ким менен сүйлөшпөйт. Тескери карап жатканы жаткан. Айланадагылар мунуку жандуу дарт өңдөнөт деп, айың кыла баштады* (Жантөшев).

В.: Жандуу илдет. *Бул бечаранын жандуу илдетке учураганы кеп болгон экен, оору эскирип кеткен тура, - деди кыздын тамырын кармап көргөн чал* («Ала-Тоо»).

ЖАНДЫ ЖАНГА УРУУ. Бардык күчүн, бүт мүмкүнчүлүгүн жумшап катуу аракеттенүү, тыным албай, баш көтөрбөй иштөө, жанын таштап, жан талашып иштөө. *Таң заардан кызыл күүгүмгө дейре жанды жанга уруп жүрсөк, мындан өткөн тозок барбы* (Ашымбаев). - *Ойлонолу! мөөнөттү кыскартыш үчүн жанга жанды уруу керек* («Ала-Тоо»). - *Бизди багам деп жаныңды жанга уруп жүрөсүң* (Укаев).

В.: Жанын жанга уруу. *Балдарды багам деп жанын жанга уруп жүрүп, апам оорукчан болуп калды* («Ленинчил жаш»). *Бирди эки кылам деп жанын жанга уруп жүрүп өмүрү өтүп келатканын эстеп, ары-коруна келди* (Мырзаев).

ЖАНДЫ КАРЧ УРУУ. к. Кара жанды карч уруу.

ЖАНДЫ ООЗГО ТИШТӨӨ. **1.** Баарына тобокел кылуу, өлөр-тирилерине карабай тобокел деп кирише берүү. *Мындан ары алар жандарын ооздо тиштеп, өмүр менен өлүмдүн таразасында турарын билишти* (Абакиров). *Жеңилиш үчүн эмес, жеңүү үчүн жанын ооздуна тиштеп тайманбайт* («Кыргызстан маданияты»). *Жандарын ооздоруна тиштеп суу кечкен жигиттерди карап туруп кызды калтырак басты* (Абакиров).

2. Абдан коркуу, титиреп жүрөк заада болуу. *Качанка дейре жаныңды оозго тиштеп, эл көзүнө жашырынып сойлоп келесиң?* (Осмоналиев). *Бу жырткычтар кандай иштесе тырп этe албайбыз, азуусун да гана турабыз жаныбызды оозубузга тиштеп* (Касымбеков). *Биз байкуш ал күнү жаныбызды оозубузга тиштеп, тышка түнөп чыктык (*«Чалкан»).

В.: Жанды кылга байлоо. *Балаалуу жаңжал башташтыБайкуш жанды экөө тең, Кылга байлап ташташтыы* («Сейтек»). *Эл үчүн жанын кылга байлаган, журөгүндө оту бар эр-азаматтар сөз менен даңазаланат* («Ленинчил жаш»).

Жанды колго алуу. *Кылыч менен чабышып, Жанды колго алышып* («Манас»).

Жанды колго кармоо. *Корккон байкуштар жанын колго кармап жүрушкөнсүйт* (Жантөшев). *Өзү өлөрүн түк билбей Жанын колго кармаган* («Сейтек»).

ЖАНДЫ СЕП АЛДЫРУУ. Эс алуу, дем алуу, тыныгуу. *Мастерскойдо иштеп жаткандар ошол беш мүнөттүк жанды сеп алдыргандын ортосунда Черновдун сөзүнө кулак түрүштү* (Ашымбаев). *Курган жанды сеп алдырар чак жетти* (Бейшеналиев).

ЖАНТЫГЫНАН ЖАТА КАЛУУ. Өзү кызыккан, абдан каалаган нерсеге аябай берилип, кызыгып аракет кылуу, же өзүнө пайдалуу болуп көрүнгөн нерсенин болушуна кым дей түшүү. *Жазуучулук, кабарчылык дегенде жантыгымдан жата калып, кепке тойбой жүргөн чагым* («Советтик Кыргызстан»). *Ошондон улам атасы Езефтин нары кара жумушка жармачтыгын, оюн-шоок десе жантыгынан жата каларын байкоочу* (Ашымбаев). *Сырдыбай мындайга жантыгынан жата калат эмеспи* (Осмоналиев).

В.: Жантыгынан жатып угуу. *Балам зээндүү, сөзгө ынак. Улуулардын улама кебин жантыгынан жатып угат* (Айтматов).

Жантыгынан жатуу. *Улуулардын улама кебин жантыгынан жатып угат* (Айтматов). *Оо, оюн дегенде булар жантыгынан жатат эмеспи* (Таштемиров).

ЖАНЫ АЛЕК-ЧАЛЕК БОЛУУ. Жаны кейип абдан кыйналуу, жанын коёрго жер таппай алдастоо, чабалактоо, жан алакетке түшүү. *Эмне кыларын билбей Шабдандын жаны алек-чалек болду* (Баялинов).

ЖАНЫ АЛКЫМЫНА КЕЛҮҮ. Аябай коркуу, жүрөгү оозуна тыгылып, бир нерседен кооптоно берүү. *Ошондон бери жаным алкымыма келип, жаман болуп жүрөм* (Медетов).

ЖАНЫ АЧУУ. 1. Бирөөнү аяган, ага жан тартып, боорукерлик кылып кейиген абалда болуу. *Башка түшүп турган каргашага баарынын зээни кейип, баарынын жаны ачыды* (Абдукаимов). *Эми коммунадан алыстаса, аялы таштап кеткен кургур кайда барат деп Ашырбектин ага жаны ачыды* (Ашымбаев). *Аячу элең жаның ачып энеке, Мен кой айдап, Түшкөн кезде адырдан* (Турусбеков).

2. Ызага, кордукка, теңсиздикке жаны кашаюу, абдан ачуусу

келип арданууу, катуу намыстануу. *Ал айылга чыгып аркы-берки кычыткы сөздөрду укканга жаны ачып калган белем* (Байтемиров). *Актыгына жаны ачыган дыйкан жаңжал чыгарса сабатып өлтүрүшкөн* (Бейшеналиев). *Жаны ачыган айбан баланы кежигеден алып тиштеп ыргытса кантет* (Бейшеналиев).

ЖАНЫ АЧЫНУУ. Катуу ызалануу, ичи күйүү, жаны кашаюу, жаны караюу. *Жаны ачынган элге көп сүйкөнө бербе!* (Турусбеков). *Баеттен көз кыйыгын албай анын жаны ачына айтканын жүйөө көрүп, ...зээни кейиди Адылбектин* (Өмүрбаев). *Жарадар болуп жаны ачынган аюу аска таштын сол жагы менен баланы көздөй тарталаңдап жүгүрөт* (Баялинов).

ЖАНЫ БИРГЕ. Бири-бирине өтө жакын, абдан ынак. *Улуулугу деле жоктой тең өскөнбүз. Бир жатып, бир туруп жаныбыз бирге эле* (Өмүрбаев). *Искендер биздин үйгө көп келчү, агам менен жаны бирге эле* (Абдукаимов).

ЖАНЫ ЖАЙ АЛБОО. 1. Дайыма бир нерселер менен алек болуп тынымсыз аракеттене берүү, тынч алып отура албоо, тыным албоо. *Батыйна жаны жай албай жүгүрүп жүрсө да бардык ою, бардык дили тиги телмирип отурган Абышында* (Сыдыкбеков). *Жаны жай албай чарчаган неме ошентип жатып көзү илинип кетиптир* (Саатов). *Шволик улам сыртка чыгып, улам үйгө кирип жаны жай албады* (Ашымбаев).

2. Жаны кейип абдан катуу кыйналуу, тынчы кетип алдастоо. *Бели уюп, эки жоон саны сыздап жаны жай албай араң турган Ракыйма эмнелерди көргөнүн анча эсине тута алган жок* (Сыдыкбеков). *Аларды ойлоп жаны жай албай сыздап жатты* (Бердикеев).

Жаны жай таппоо. 1. *Эртең мененден кеч киргенге чейин жаны жай таппайт, бирде талаага, бирде үйгө жүгүрүп* (Мырзаев). *Кандай жаның жай таппаган кишисиң, - деп айтабы деп ойлоду* (Каимов). *Бирок, азыр жаным жай таппай турган чакта аянбайт болчумун* (айтматов).

2. *Жаны жай таба албай кыйналып, онтоп жатты* (Байлинов).

ЖАНЫ ЖАЙ АЛУУ. к. Жаны сеп алуу.

ЖАНЫ ЖЕР ТАРТУУ. Катуу чарчап, алы кетүү, шайы ооп, талмоорсуган абалда болуу, ымтырап жаткысы келүү. *Денеси талыкшып, жаны жер тартты* (Касымбеков). *Жаны жер тартып, карайлап, астындагы тердигин оңдоно, ээрин жаздана кыйшайгансыды* (Бейшеналиев).

ЖАНЫ КАЛБОО. 1. Жакшы көрүү, эпилдеп жайдары, жакшы мамиле жасоо, сүйүнүү. *Таштанбек жаны калбай чебелектеп кеткенин да унутуп, жарпы жазыла берди* (Саатов). *Өйдө-ылдый өткөндө көрүп калса, жаны калбай ал-жайымды сурай кетчү* («Ала-Тоо»). *Чотур кызынан жакшы кабар алып келгенине жаны калбай аябай сүйүндү* (Абдукаимов).

2. Бир нерседен чочулап, сары санаа болуп абдан коркуп кетүү. *- Өпкөмдү чабайын ай, өпкөмдү чабайын!... Эмне болду экен деп жаным калсачы* (Саякбаев). *- Силер эмне, өрттү оюнчук көрөсүңөрбү? - Жаныбыз калсачы, деги амансыңарбы?* (Ашымбаев). *- Анан кантем! Жаным калган жок* (Каимов). *Ой, жаным калсачы! Сен белең?*

ЖАНЫ КАРАРУУ. Абдан ачуусу келүү, түнөрүү, туталанып эмне кылар айласын таппай катуу ызасы келүү. *Паризектин жаны карарып, каны ичине тартып ойлуу отурат* (Ашымбаев). *Ардуу, намыстуу Зууракан жаны карарбаса, мынчалыкка кайдан барат эле* (Сыдыкбеков). *Алар укумунан тукумуна өтчү чексиз бийликтеринен ажырап калабызбы? - деп, жандары карарды* (Осмоналиев).

В.: Жаны караюу. *Эти ачынып, эми жаны карайды* («Ала-Тоо»). *Таабалдынын жаны карайып, каалганы күрсүлдөтө муштагылады* («Ала-Тоо»).

Жаны кашаюу. *Отордун жаны кашайып, чый-пыйы чыгып, экөөнү тең жеп жибере жаздады* (Эсенкожоев). *Бу кылыгы элпек Момундун жаны кашайып тургандагы каяшасы экенин алар билбеди* (Айтматов). *Бул киши элдин дилин агартмак түгүл, көңүлүн чөгөрүп, көз көрүнөө бузукулук кылып жатканына жаны кашайды* (Ашымбаев).

Жаны күйүү. *Мени келебай кылбагыла, - деп Баяздын жаны куйүп айтты* (Жусупов).

- *Сатар күбө! -деп Медер тигилердин ишенбегенине жаны күйүп, айтканын далилдөөгө аракеттенди* (Жантөшев).

Жаны түтөө. - *Билбейм-этпейм. Аны силер билип корккула! - деп, Баяз жаны түтөйт* (Жусупов).

ЖАНЫ КЕЙҮҮ. 1. Оорудан жапа чегүүдөн ж.б. абдан катуу кыйна-луу. *Баланын көзү китирейип, өңү кумсарып жаны кейип турганы байкалып турду* («Кыргызстан маданияты»). *Төгуп калган курган эне кандан, тенден сызылып чыккан баласы үчүн жаны кейип, жүрөгү мыкчылып жүрчү* (Сыдыкбеков).

2. Боору ооруу, жаны ачуу, аёо. *Василий алдындагы кары адамдын аянычтуу кебетесине жаны кейиди* (Саатов). *Ага кээ бирөөлөрүнүн жаны кейип турду* (Абдукаимов).

ЖАНЫ КИРҮҮ. к. Жаны өз ордуна келүү.

ЖАНЫ КӨЗҮНӨ КӨРҮНҮҮ. 1. Бир жери катуу ооруп абдан кыйналуу, чыдай албай алдастоо, жаны кейүү. *Чучугунан бери зыркырап жаны көзүнө көрүнө калганда Эмилбек: - Апакебай, барайын! - деди* (Осмоналиев). *Аттын кыймылы сайын сөөгү кырчылдап, катуу ооруп, жаны көзүнө көрүндү* (Касымбеков).

2. Аябай коркуу, жүрөгү оозуна тыгылып кооптонуу. *Анда-санда катуурак чыккан Каныбектин үнүн угуп, Эркайымдын бүткөн бою дүрүлдөп, жаны көзүнө көрүнөт* (Жантөшев). *Эми арттан тигилердин дабышын даана уга баштады. Жаны көзүнө көрүндү* («Ала-Тоо»).

В.: Көзүнө жаны көрүнүү. *Семетей сууга чөмүлүп, көзүнө жаны көрүнүп* («Семетей»).

ЖАНЫ КУЛАГЫНЫН УЧУНДА. к. Жан кулактын учунда.

ЖАНЫ КҮЙҮҮ. к. Жаны карауу

ЖАНЫ КЫЛ УЧУНДА. Өтө коркунучтуу абалда, өлүм алдында. *Култай... азыр өз ажалы менен алышып, жаны кыл учунда турат имиш* (Кыдырмышев).

В.: Жаны кыл көпүрөнүн үстүндө. *Тоскондун жаны кыл көпүрөнүн үстүндө турганда жайын угуп, үстүнө алдырып кирген* (Осмоналиев).

ЖАНЫ-МАНЫ КАЛБОО. Алынын бардыгынча, күчүнүн жетишинче, аянбай. *Эрке кыз дагы жаны-маны калбай терсе да арбыта албайт* (Байтемиров).

ЖАНЫ ООЗУНА КАПТАЛУУ. Катуу коркуу, коркконунан апкаарып калуу, үрөйү учуу. *Мындай кишилерди көргөндө ыманың учат, жаның оозуңа капталат* (Абдукаримов). - *Оо, акмак десе, бая эле ошентпейсиңби, жаным оозума капталып калбадыбы* (Медетов).

В.: Жаны оозун кептелүү. *Ошол замат жүрөгүм шуу дей түшүп, бүткөн боюм дүркүрөп, жаным оозума кептелди* (Жигитов)

Жаны оозуна келүү. *Төрөлөрдүн жаны оозуна келип, келмеден башканы айтпай калышты* (Абдукаримов).

Жаны оозуна тыгылуу. *Ала-Арчанын шаркырап аккан суусу кулагыма араң угулуп, ... жаным оозума тыгылып, эмне кылар айламды таппай калдым* (Эсенкожоев). *Эмне дейин? Жаным оозума тыгыла түштү* (Баялинов).

Жаны төбөсүнө чыгуу. *Тигилердин түрүн көрүп, жолоочунун жаны төбөсүнө чыкты* («Ала-Тоо»).

Жаны чокусуна чыгуу. *Кайдан-жайдан экени белгисиз шымаланган үч-төрт жигит тегеректеп калганда жаны чокусуна чыгып, эмне кылар айласын таппай калды* («Кыргызстан маданияты»). *Эми өлөт экенмин деп, жаным так чокума чыга түшүп жаткандай болду* (Абдукаримов).

ЖАНЫ ӨЗ ОРДУНА КЕЛҮҮ. Катуу кыйналганы, ооруганы басылып эс ала түшүү, тынчып, сергип калуу. *Баланын жаны өз ордуна келгендей болуп, көшүлүп уктап кетти* (Бейшеналиев).

2. Катуу коркуудан кийин жүрөгү ылдыйлап, эс алып, көңүлү жайлана түшүү, жеңилдеп калуу. *Өх, жаным өз ордуна келе түшпөдүбү. Караңгыда силерди тааныбай, үнүм да буула түштү* (Кыдырмышев).

В.: Жаны ордуна келүү. *Заманасы куурулуп турган Качикенин жаны ордуна келе түшүп, чынын айтып берди* (Абдукаимов).

Жаны өзүнүкү болуу. *Жараатым кыйнаган күндөр өтүп, эми жаным өзүмдүкү болду* (Өмүрбаев). *Мынакей эми жаным кичине өзүмдүкү болуп жыргап калдым* (Кыдырмышев).

Жаны кирүү. *Ооруган жерим басылып, жаным кире түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Сөздү Езеф алганда Аннанын өзөгү өрттөнүп, «тантырабай бат кеткей эле» - деп ойлогон! Езеф тез эле ордуна отурганда Аннанын жаны кире түштү* (Ашымбаев).

ЖАНЫ СЕП АЛУУ. 1. Жаны өз ордуна келүү.

2. Тыным алуу, тыныгуу, эс алуу, жайбаракаттанып жайлана түшүү. *Жаны сеп алып, коридордогу эски дивангa шалдая кыңкайды* (Жусупов).

В.: Жаны жай алуу. *Касымбек азыноолак тыныгуу, жаны жай алуу керектигин ойлоду* (Бейшеналиев). *Өмүр бою эмгек менен эриш-аркак жашап, күндөлүк машакатты кесип кылып, бекерчиликти билбеген кемпирдин жаны жай алып, колу бошобойт* (Борбуев)

ЖАНЫ ТӨБӨСҮНӨ ЧЫГУУ. к. Жаны оозуна капталуу.

ЖАНЫ ТӨРТ ЧАРЧЫ БОЛУУ. Бир нерсени аткарууга жетише албай катуу кыйналуу, жаны тынбай, тыным албай чарк айлануу. *Еванын жаны төрт чарчы болуп бирде тиги кызды сооротсо, бирде тиги бир жарым жашар балага чуркайт* (Ашымбаев). *Тыным дегенди унутуп, жан төрт чарчы болуп турган убак* (Кыдырмышев). *Суй жыгылып чарчап, жаның төрт чарчы болгуча издесең да буларды дүкөндөрдөн таппайсың* («Чалкан»).

ЖАНЫ ТҮТӨӨ. к. Жаны карауу.

ЖАНЫ ЧОКУСУНА ЧЫГУУ. к. Жаны оозуна капталуу.

ЖАНЫ ЧЫГУУ. 1. Өлүү, көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу.

Жаны чыгып бараткан кишинин көрүнүшү көз алдыма келип, үнү кулагыма угулду (Өмүрбаев). *Кечке эс-учун билбей жатып, күн бата жаны чыкты* («Ала-Тоо»). *Кебетеси жаны чыгарына аз эле калса керек* (Баялинов).

2. Катуу коркуу, бир нерседен кооптонуп үрөйү учуу. *Өх, жаным чыгып кетпедиби баса калат экен деп, - деди Бүкөн ит жакты карап* (Абылкасымова). *Тезек мына ушинтип бир ооз сөз боло электе чочуп, кыпылдап жаны чыгып турду* (Кыдырмышев). *Жинди турбайсыңбы, кызылдай, жаным чыкты, агып өлөт экен деп* (Абылкасымова).

ЖАНЫМ КУРМАН! Көбүнчө балдарга карата жалынып-жалбаруу, мээримдүү мамиле жасоо маанисинде колдонулат. - *Оозуңан секет болоюн, ушул кепти жеткирген оозуңан! Жаным курман!* (Медетов).

ЖАНЫН АЛА КАЧУУ. Башкаларга карабай өзүн, өз керт башын куткаруунун аракетин кылуу. *Кыйынчылык башка түшкөндө жанын ала качып, ...душманга сатылганын карабайсыңбы?* (Ашымбаев). *Сен ушундай белең, өз жаныңды ала качканың кандай? - дегенсип Езеп аны тиктеп турду* (Ашымбаев).

ЖАНЫН АЛУУ. *Өлтүрүү, жок кылуу. - Жаныңды алам, ыймансыз! Далайды алдабадыңбы?* (Жусупов).

ЖАНЫН ЖАЙ АЛДЫРБОО. Тыным алдырбоо, тынчтык бербей, эс алдырбай иштете берүү, тынчын алуу (өзүнө же башка бирөөгө карата). - *Сабырбек, - деди Карасакал орсок тиштерин көрсөтө, жасалма жылмайып, - эмне үчүн мынчалык жан үрөп, жаныңды жай алдырбай күйүгөсүң?* (Абдыраманов). *Өгөй кайнене эртеден кечке Батийнанын жанын жай алдырбайт* (Сыдыкбеков).

В.: Жанын сеп алдырбоо. - *Ыбыке, курган жанды көп эле куруша бербей, сеп алдыралычы* (Бейшеналиев). Жанын сеп алдырбай кечке иштеди («Ала-Тоо»).

ЖАНЫН ЖЕЙТ. 1. Катуу кыйналат, кыйноо тартат, жаны жай албайт. *Демин кыскан кургак жөтөл күндөн-күнгө жанын жеп, уйкусун алып, алын кетирет*

(Бердикеев). *Жанын жеген санаа, жолуккан тагдырлар, ооруп калууга чейин барган өз ахывалы эми алыстады* (Осмоналиев).

2.: Калп айтуу, каратып туруп танып кетүү, эч нерсени мойнуна албоо, кара өзгөйлүк кылуу деген мааниде колдонулат. *Калп, калп! Жанын жейт атаке, Билинбей жүрүп кетеринде үйүнө ала кетиптир* (Тойбаев). *Каран бала жанын жеп атыры, бирок, мейли, айта берсин, бекер отургуча кызык калп экен* (Айтматов). *Жанын жейт! - деди башка бирөө* (Айтматов).

ЖАНЫН КАРЧ УРУУ. к. Кара жанын карч уруу.

ЖАНЫН КАРЫШТОО. Тобокелге салуу, чымырканууу, белсенүү. *Кара жанын жаш Манас Карыштап кетип баратыр* («Манас»). *«Мен жанымы карыштадым, кебим, кадырым өтпөй калса менин күнөөмбү, эл өзү теңшесин», - деп көшөрдү* (Касымбеков).

ЖАНЫН КАШАЙТУУ. Катуу кыйноо, кордук көрсөтүү, жанын кейитип капа кылуу. *Зыңгыраган оор күйүт үстүнөн ныгыра басып, жанын жаман кашайтып жиберди* (Жигитов). *Касымбек кордоп, урдуруп жанын кашайтса,... сен күлкүң, сыйың менен жибит* (Бейшеналиев).

ЖАНЫН КОЙБОО. 1. Тынчтык бербөө, тынчын кетирүү, мазесин алуу. *Кат сеники, сага келиптир, жанымды коёр эмес* (Абдукаимов). *Ошентип, Эшбаевди жакалап, жанын койбой күнүгө он киши союл көтөрүп келишет* («Чалкан»).

2. Ой-боюна койбой асыла берүү (макулдугун алуу, суранып-тиленүү, же бир нерсеге азгыруу максатында). - *Айтып кой, элдин бардыгы күтүп калды, - дешип жанымдагы кыз-келиндер, айрыкча Кундуз деген кемпир баш болуп, жанымды коюшпады* (Жантөшев). *Ошол ревизор жанды койбой сурай берчү, сурай берчү, анын арам оюн мен кайдан билейин* (Айтматов).

ЖАНЫН КОЁРГО ЖЕР ТАППОО. 1. Оорудан катуу кыйналуу, аябай жаны кейип алдастоо, жаны алек-чалек болуу. *Денеси ысып-күйүп чабалактап жанын коёрго жер таппайт* (Бердикеев). *Виктор жанын коёрго*

жер таппай, төшөгүнөн ала салып онтологон сайын, самандай өңү саргайган Мүсүрайым төшөгүн кымтып карбаластайт (Саатов).

2. Бир нерседен тынчсызданууу, жүрөк заада болуу, чебелектөө, айласы кетүү, же катуу коркуп алдастай түшүү, аргасы түгөнүү. *Кошой таңды таң атканча жанын коёрго жер таппай, караңгы аш үйдө тыбырчылап келинди саргара күттү* (Акаев). Ал жанын коёрго жер таппай, жүрөктү селт эттирген коркунучтан чоочуп, сыртта олтурду («Ала-Тоо»). *Муну угуп алып, ичи күйүп, жанын коёрго жер таппай, дагы бир жолу азаттанып алды* (Айтматов).

В.: Жанын коёр жер таппай. *Ою онго, санаасы санга бөлүнүп, ичи бышып кетет да, жанын коёр жер таппай кыйналат* (Айтматов). *Султанмурат жанын коёр жер таппады* (Айтматов)

Жанын катар жер таппоо. *Алардын кой-айларын укпай, сезбей койгондо, «Чалкан» журналынан киши барды эле, алдастап жанын катар жай таппай калды* (Эралиев). *Алты бөлмөлүү үйдөн жанымды катарга жай таппай кыйналдым* (Бердикеев).

ЖАНЫН КӨЗҮНӨ КӨРГӨЗҮҮ. Абдан катуу кыйноо, тыным алдырбоо, катуу коркутуу, бирди көрсөтүү. *Өнөр аземин таанытыча жанын көздөрүнө көргөз* (Бейшеналиев). *Байымбет аттын жанын көзүнө көргөзө, алка-шалка демиккенине карабай шакылдата жүрдү* (Бейшеналиев).

В.: Жанын көзүне көрсөтүү. *Аларды жакшы эле жандарын көзүнө көрсөтө машыктырды* (Абакиров).

Жанын мөөндөн чыгаруу. *Ким экениңди билбей жүрөсүңбү? Азыр жаныңды мөөнүңдөн чыгарайынбы?* (Каимов).

ЖАНЫН КУРМАН КЫЛУУ. Өлүмгө башын байлоо, өлүмгө баруу, өлүмдөн баш тартпоо. *Алардын арасында эл үчүн жанын курман кылууга даяр эрлер бар* (Каимов).

В.: Жанын кыюу. *Көпчүлүк үчүн жан кыйган, Көргүлө мындай баатырды* (Осмонкул). *Кутпага мойнун бурууга, Курган жанды кыюуга Эки көзү төрт болуп* («Сейтек»).

ЖАНЫН КҮЙГҮЗҮҮ. Катуу ызасын келтирүү, жанын кашайтуу, ачуусун келтирүү. *Анатолийди жанына жуутпай, долуланып, жанын күйгүзүп, сөөгүнө бата турган ачуу сөздөрдү айтат* («Ала-Тоо»). *Балким, экөөбүздүн турмушубузга кийин тигилердин көзү түшөр, сен ага терикпе, ыза да болбо, менин да жанымды күйгүзбө* (Абдукаимов).

ЖАНЫН КЫЛГА БАЙЛОО. **к. Жанды оозго тиштөө.**

ЖАНЫН ООЗУНА ТИШТӨӨ. к. Жанды оозго тиштөө.

ЖАНЫН САБОО. 1. Кандайдыр бир максат үчүн тырышып, тыным албай, жан талаша иштөө, катуу киришүү, кара жанын карч уруу. *Алдыга койгон максатыңдын туу чокусуна жетмейинче жаныңды сабап иштегин* (Бердикеев). *Канчалык жанымды сабасам да, бир чоң илимий эмгегимди чүргөп бүтүргөнгө чактым жеткен жок* («Кыргызстан маданияты»). *Ушундай кыйын мезгилде аларды багуу үчүн жанды сабап иштеш гана керек* (Абдукаримов).

2. Бир нерсени далилдөө, же Эч нерсени мойнуна албоо максатында жанталаша катуу аракеттенүү, аябай киришүү. *Кудай-теңир урсун, ошондогу мен көргөн кичинекей кагаз дал ушул болчу, - деп Ашырбек жанын сабайт* (Акаев). *Пудовкин мен эмесмин, - деп жанын сабап актанганына мен абдан өкүнөм* (Бектенов). - *Адам жакшысы деле үч түргө бөлүнөт, - деди Сырбай, Осмонду утуп чыгууга жанын сабап* (Осмоналиев).

В.: Жанын үрөө. Мындай турмушка жетсем деп ак эткенден так этип, жанын урөп жүргөндөр канча («Советтик Кыргызстан») Тоголок Молдо балдардын сабатын ылдам ачууга жанын үрөп камынган далалатынын үзүрүнө толук чыкпай, ара жолдон өксүдү (Бейшеналиев).

ЖАНЫН СУУРУП АЛУУ. 1. Аябай коркутуу, айласын кетирүү, жан талаштыруу. *Кечигип баратса жандарын сууруп албай жанын, жокпу* (Тойбаев). *Акчаңарды төлөгүлө! - деп монтерлорубуз жаныбызды сууруп алат* («Чалкан»).

2. Кайра-кайра асыла берүү, катуу шаштыруу, ой-боюна койбой

жабышып алуу. *Өзүм гана деп турат: мен, мага, мен үчүн деп жаныңды сууруп алат* (Айтматов).

В.: Жанын чыгаруу. *Кокус анын айтканындай болбой калса, бүттү дей бер. Жаныңды чыгарат* («Ала-Тоо»).

ЖАНЫН ТАШТОО. Өлөр-тирилерине карабай абдан берилип, тобокелге салып киришүү, бардык күчү, бүт мүмкүнчүлүгү менен аракет кылуу. *Мурунку согуштарда камоодо калганда Качике жанын таштап согушуп, ротаны камоодон алып чыккан* (Абдукаимов). *Ушундан кийин жаңжал десе жанын таштап жиберчү демейки тубаса эрдигине салды* (Укаев). *Агерим, кокус болсо таенем жанын таштап, сууга бой урарын кудай билет* (Айтматов)

ЖАНЫНА БАТУУ. к. Жанга батуу.

ЖАНЫНА КҮЧ КЕЛҮҮ. Өтө кыйналуу, кыйынчылыкка туш болуп, аргасыз абалда калуу. *Жаныңа күч келгенде алтының агып кетип жатса да карабайт окшойсуң* (Бердикеев). *Бирок, жаныма күч келгенде мен да аянбайм, кээде анын талуу жерине тийип, анча-мынча аптыктырып коём* (Жигитов).

ЖАНЫНАН КЕЧҮҮ. Тобокелге салуу, коркпоо. *Тросс менен басып өтөм деген киши жанынан кечкен адам!* (Айтматов).

ЖАНЫНА ТАШ БАТУУ. к. Жанга батуу.

ЖАНЫНАН ТОЮУ. к. Жандан тоюу.

ЖАНЫНАН ТҮҢҮЛҮҮ. к. Жандан түңүлүү.

ЖАНЫНДАЙ КӨРҮҮ. Абдан жакшы көрүү, өтө ысык көрүү. *Деги ушул уулунузду жаныңыздай көрөсүз ээ, энеке* (Бердикеев). *Анткени, мен дыйканчылыкты жанымдай көргөн адаммын* (Эралиев).

ЖАНЫНЫН БАРДЫГЫНЧА. Алынын келишинче, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча, чаркы жетишинче. *Ал жанынын бардыгынча кыйкырды* («Ала-Тоо»). *Ал. бирди экиге кошуп, Викторду жанын бардыгынча жамандап жатты* (Жигитов).

ЖАНЫҢ ЧЫГЫП БАРАТАБЫ? Эмне болуп баратасың, чыдай турбайсыңбы, эмне шашасын деген сыяктуу мааниде колдонулат. - *Жанын, чыгып баратабы, кыйратып ийдиң беле? -деди ал* (Осмоналиев).

ЖАНЫҢДЫ ЖЕБЕ. Калп айтпа, кара өзгөйлүк кылба, жан таланта деген мааниде коддонулат. *Сени бирөө аңдып туруптурбу? Жаныңды жебе, жашабагыр, өзүң эле жоготтуң* (Жигитов).

ЖАҢЫ КӨЗ. Элге тааныш эмес, мурдатан аралашып жүрбөгөн, кийин келген, же балага карата жаңы төрөлгөн деген мааниде колдонулат. *Аларды туурап жаңы көз булар да тез бооруна тарткан билерман аялды апай, энелешти* (Бейшеналиев). *Календер жаңы көздүн бетин ачып, жылмайып, көңүл менен тиктеп: - Бакбүбү! Э, Бакбүбү! Бакбүбү! ... деп үч жолу чакырып койду* (Касымбеков). *Жакшы, жакшы, дагы бир жаңы көз келген тура, - деп чоң эне ымыркайдын мурдунан чымчып өөп койду* («Ала-Тоо»).

ЖАҢЫ ТИРДИК. Жаңыдан турмуш курган, жаңы эле өз алдынча оокат кыла баштаган, абдан куралып, тирденип кете элек. *Ар жактан жанагы жаңы тирдик жигит жаныма басып келди да ойлонуп туруп калды* (Мырзаев). *Силер жаңы тирдик болуп жатканда, ата-энеңер жардам берсин, - деди Гүлсара* («Кыргызстан аялдары»).

ЖАПА ТЫРМАК. Бут баары, бардыгы, бири калбай жапырт, жалпы. *Буга жаштар эмес, жашы улгайып калгандар да жапа тырмак турушуп, макул болушат* («Ленинчил жаш»). *Бышкан арпа, буудай, тарууларын орууга эркек, аял дебей жапа тырмак киришкен* (Бейшеналиев). *Алар чатырды бир жарым айда жаап бүтөбүз дешип жапа тырмак шерт байлашкан* (Ашымбаев).

ЖАПМА ЧЕЛЕК. Өз үй-бүлөсүнө, же чакан чөйрөдөгү азыраак сандагы жакын кишилерине гана чактап, башкаларга билгизбей, жашыруун жасалган суусундук тамак-аш. Какылдак жапма челегин ачып жиберип бозо сүздү (Сыдыкбеков). *Сен кийинки кездерде жапма челек боло баштадың го? - деп жолдошун тамашалады* («Чалкан»). *Кышы менен жапма челек кылып «кирчиман» жасатып*

ичип, карт кекирип жүрө турган (Саатов).

ЖАР БОЛУУ. Арка-тирек болуп, жардамы тийсин, колдой жүрсүн деген сыяктуу тилек кылуу маанисинде колдонулат. *Жараткан-ай! Жар боло кор, сактай көр. Шордуу жалгыз эле* (Укаев). *Жараткан жар болсун, адилет ажатыңызга* (Бейшеналиев).

ЖАР КАБАК. *Кабагы бийик. Жалаяк ооз, жар кабак, Жалдуу Төштүк уулум бар* («Эр Төштүк»).

ЖАРАКА ТҮШҮҮ. Ынтымагы, ыркы кетүү, арасы ачыла баштоо, араздашуу. *Сүйүнбай менен Асылдын арасына жарака түштү, эми Бөлөбала менен Алапайдын артын көрөбүз деп аңдып калышкан* (Өгөбаев).

ЖАРАЛУУ ЖЕРИНЕ ТИЙҮҮ. Оор, кыйын абалын кайра эсине салуу, кыжырын келтирүү. *Абышка шылк этип ылдый карады, байдын созу анын жаралуу жерине таамай тийди* (Каимов). *Өзү айткандай, туркой досу жаралуу жерине тийип, аны апчыгандай акын эрдин тиштене үшкүрүк аттырды* (Бердикеев).

В.: Жарасына тийүү. *Анын жарасына тийген сөз эле* (Жусупов).

Жаратына тийүү. *Байкоостон жаратына тийгенге кейип, өкүттөсүн зирилдеп укту* (Бейшеналиев).

ЖАРАЛУУ КАМАН. Башына мүшкүл түшкөн, абдан оор кайгысы бар, капалуу, санаалуу деген мааниде колдонулат. *Балдары токтобайт, жылдагысын жылда көмөт. Ал бир жаралуу каман да, аны да аёо керек, түшүнүү керек, - деп Аккемпир күрсүнүп койду* (Укаев).

ЖАР АНЫ КОЗГОО. к. Эски жарены козгоо.

ЖАРАНЫН ООЗУ АЧЫЛУУ. Көптөн бери айтылбай, чыгара албай жүргөн бугун, нааразылыгын, ачуусун же бирөөгө карата болгон кегин чыгаруу, эски дартын эске салуу маанисинде айтылат. *Эгерде Муса талин тарта сүйлөгөндө, Шарапаттан бул сөздөр таптакыр чыкпайт эле. Өзү айткандай билгизбей жүрүп өлөт болучу. Эми өлүм менен ичине кошо кете турган Шарапаттын жарасынын оозу ачылды...* (Абдукаимов).

В.: Жарасы ачылуу. *Шарапат күүгүм шалаш тартып, энтигип, бирок капыстан жарасы ачылып, эми эч кимден тайманбай типтик сүйлөп, ...Мусанын бетине түз, таш менен ургандай айтып жатты* (Абдукаимов).

ЖАРАСЫ ЖЕҢИЛ. Аткарылышы абдан оңой, колдон келе тургандай, табылышы анча кыйын эмес, орундоого же аткарууга боло тургандай. *Ошол элеби? Анын жарасы жеңил, - деди күлүп* («Кыргызстан маданияты»). *- Май дединизби? - Анын жарасы жеңил* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Жарасы оңой. *Анын жарасы оңой, андан кам санаба.*

ЖАРАСЫН ЫРБАТУУ. Кичинекей чырчатакты күчөтүп, улантып, шардана кылып жиберүү. *«Ач кулактан тынч кулак»: ушундайда жарасын ырбатпай тим болуу керек* (Абдумомунов). *Жараны кайра ырбата бербейли* (Бейшеналиев). *Алардын чыры, жарасы улам ырбап, улам чоюлуп, оорулууну боздоткон өткөндөгү абалга окшоду* (Осмоналиев).

В.: Жаратын ырбатуу. *Эми алардын жаратын ырбатуунун кажети жок дедик да тим болдук* («Ала-Тоо»).

ЖАРАСЫН ТЫРМОО. Унутулуп калган, өтүп кеткен кайгылуу ишти, оор абалды эске салуу, козгоо, кайра жаңыртуу. *Ичте калган арманы ансыз деле арбын окшойт, жарасын тырмап не кылалы деп жайына жөн коюшту* (Айтматов). *Ошол өңдүү чырдын ичинен быйылкы жаздагы жараны тырмап коём деп, иш өтө оордоп кеткендей* (Осмоналиев).

В.: Жаратын тырмоо. *Жээни бүгүн өткөндөгү кайгынын жаратын тырмады* (Мырзаев).

Жаралуу жерин тырмоо. *Жаралуу жеримди тырмап кетесиңер. Көкүрөккө жаңы, жарытылуу сөз түшпөсө эмне жазам* (Бейшеналиев).

ЖАРАСЫНА ТИЙҮҮ. к. Жаралуу жерине тийүү.

ЖАРМА ДОС. Атайын дос бо-лушпаган, досторчо алыш-бериш катышы болбогон, бирок, тааныштыгы бар, жакшы мамилелеш, жолдош. *Ошол күндөн тартып, анын жарма достору көбөйө баштады* («Чалкан»).

Мукан жаш баладай ыйламсырап келаткан жарма досун көргөндө көңүлү таптакыр башкага кетти (Саатов).

В.: Жарма тааныш. *Булкайсы жарма таанышың? - деп аялыпдын кабагы бүркөлө түиипү* («Ленинчил жаш»).

ЖАРМА ТААРЫНЫЧ. Анча-мынча, майда-чүйдө нааразылык, араздашкандык. *Эки туугандын ортосунда анча-мынча жарма таарыныч болсо керек, катташпай калышыптыр* («Ала-Тоо»).

ЖАРПЫ ЖАЗЫЛУУ. Көңүлү көтөрүлүү, кабагы ачылуу, мандайы жарылып, өтө жайдары абалда болуу. *Бекиш карыя ушинтип, өзунчө жыргап, жарпы жазыла каткырды* (Медетов). *Токтогул санаттан, термеден айшып тууган-туушкандарынын жарпын жазууга киришти* (Бейшеналиев). *Балдар менен ойноп алсаң, жарпың жазыла түшөт, жашара тушөсуң* (Жусупов).

ЖАРТЫНЫ ЖАМАШТЫРЫП, КЫСКАНЫ УЛАШТЫРЫП. Эптештирүү, абдан үнөмдөө, кысынуу. *Жартыны жамаштырып, кысканы улаштырып күн көрүүдөбүз.*

ЖАРЫГЫ ТИЙҮҮ. Жан тартуу, пайдасы тийүү, бир жакшылык кылуу, аркасы тийүү. *Жок дегенде ошолорго жарыгымды тийгизсем деп тилеп, аргам кетти* (Бердикеев).

ЖАРЫК ДҮЙНӨ. Диний ишеним боюнча адам баласы өлгөнгө чейин жашап турган дүйнө, жашоо-тиричилик. *Көп өтпөй иниси жарык дүйнө менен кош айтышты* («Кыргызстан маданияты»). *Деги адам баласы жарык дүйнө менен кош айтышканда гана үмүттөн кол үзөт го...* (Исмаилов).

ЖАРЫККА КЕЛҮҮ. Төрөлүү. *Мурункулары төрөбөй кайра-кайра төшөк жаңырта берип, акыры ушул Кален жарыкка келип бактылуу кылды окшойт атасын* (Акматов).

ЖАРЫККА ЧЫГУУ. Китеп, журнал, газета ж.б. бетинде басылып, жарыяланып туруу. *Ал эми аларды мактап жазгандар... халтура чыгармалары болсо да бастырышып, тандалмаларын, томдуктарды биринин артынан*

экинчисин жарыкка чыгарышкан («Кыргызстан маданияты»).

В.: Жарык көрүү. *Биринчи китебине жогоркудай мамиле болгон соң, токтолуп калган, экинчи китеби да жарык көрө элек* («Кыргызстан маданияты»).

ЖАРЫМ ЖАН. Алты саны аман эмес, бир мүчөсү кем, майыбы бар, оорукчан. *Жолмо-жол кар кечкен сулуу катуу ооруга чалдыгып, жарып жан болуп калган* (Көчкөнов). *Биз болсок жарып жан кишилерге баш-коз болуп ушул жерде калалы* (Укаев).

ЖАРЫШ СӨЗ. Жыйналышта, конференцияда ж.б. коюлган маселени талкуулоо, пикир алышуу иретинде атайын чыгын сүйлөнгөн сөз. *Директордун докладынан кийин жарыш сөздөр башталды* («Ала-Тоо»).

ЖАТА КАЛУУ. к. Жантыгынан жата калуу.

ЖАТА КОНОК. Конуп калуучу, түнөп кетүүчү, тез эле кетип калбай турган конок, мейман. *Жата конок болуу.*

ЖАТАГЫНА ЧЕЙИН БИЛЕТ, к. Коён жатагына чейин билет.

ЖАТАКЧЫНЫН ИТИНДЕЙ ЧУУЛДОО. Баш аламан, иретсиз, туш келди сүйлөй берүү, ызы-чуу болуу. *Жатакчынын итиндей чуулдабай тынчтангыла, - деди төр жактан бироо* («Ала-Тоо»).

ЖАТКАН ЖЕРИ ЖАЙЛУУ БОЛСУН. Өлгөн адамды эскерип, ага карата жакшы ниетин билдирүү маанисинде колдонулат. *- Музооке... Жаткан жери жайлуу болсун! Өңгөлөр унутулар. Музоокенин даңазасы унутулбас* (Бейшеналиев). *Ичи кенен, адамда жок айкөл эмес беле, жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАТКЫРА ЧАБУУ. Баланы анча-мынча жазалап коюу, окутуп коюу деген мааниде көбүнчө балдарга карата колдонулат. *Жаткыра чапчы, өтүп кетти ушунуку, - деди балага ачуусу келип.*

ЖАТЫП ИЧЕР. Өз алдынча эмгек кылбай бирөөнүн эсебинен жашаган, бекер оокатка көнгөн,

жалкоо, арам тамак. - *Бирок, ошол калың кедей жатып ичер байларга каршы жапырт козголушу керек* (Эсенкожоев). *Ал окууга өтпөй ойрондоп келген, жатып ичер, жан бакты* (Тойбаев). *Арам гана жатып ичер, Кеңирсип мунун жатканын көр* (Борбугулов).

ЖАШ АЯЛМЕТ. Бала - чакалуу, жаш балдары көп. *Айтпадымбы. Тубүбүз биргеликтен түтпөдүм. Жан аялмет сага убал болчудай* (Бейшеналиев).

ЖАШАБАЙ ЖАТЫП. Өсүп жетиле элек туруп, жаш туруп. *Жашабай жатып башкы врачтын колтугуна кирип алганын карасаң* (Бердикеев). *Бактылуу күл экенсиң, жашабай жатып, баарын көрүп келдиң* (Абдукаимов). *Жашабай жатып мунун жандимилигин кара* (Жигитов).

Жашы келип калган. *Жашыңыз келип калган менен, көкүрөгүңүз тунук, оозунузда осуятыңыз бар* (Егиналиев).

ЖАШАРЫН ЖАШАП, ИЧЕРИН ИЧКЕН. к. Жээрин жеп, ичерин ичкен.

ЖАШ МУУН. к. Илгери муун.

ЖАШЫН САНОО. Аябай кыйналуу, азап чегүү. *Жүгүм оор эле, көтөрө албай жашымды санап үйгө араң жеттим* («Ала-Тоо»).

ЖАШЫН СУРОО. Абдан кыйноо, азабын колуна берүү, запкы көрсөтүү. *Отунчу, суучу кылайын, Мүшкүл салып кыйнайын, Тирүүлөй жашын сурайын* («Сейгек»).

ЖЕ АК ДЕБЕЙ, ЖЕ КӨК ДЕБЕЙ. Эч нерсе айтпай, унчукпай, жооп кайтарбай. *Паризек же ак дебей, же кок дебей дымып баратты* (Ашымбаев).

ЖЕ АРЫ, ЖЕ БЕРИ ЭМЕС. Аягына чейин абдан так бүтпөй, бир жаңсыл болбой, орто жерде, илең-салаң, ара бек болуп турган ишке ж.б. карата колдонулат. *Акыры үй ээсинин чыдамы жептей буркан-шаркандады! - Же ары эмес, же бери эмес, кайда силердин көкөлөткөн куйөө балаңар! Анын Айылчы агасы не ыңгыранат* (Бейшеналиев).

ЖЕ ӨЛҮҮ ЭМЕС, ЖЕ ТИРҮҮ ЭМЕС. Же ары жакка кошулбай, же бери жакка кошулбай, шүмүрөйүп жалгыз калгандык, өтө

оор абалда болгондук. *Паризек бүт элдин ишеничинен кетип, өзүн же өлүү эмес, же тирүү эместей сезди* (Ашымбаев).

ЖЕ ҮЙДӨ ЖОК, ЖЕ ЧҮЙДӨ ЖОК. Ара жолдо калгандык, иленсалан болгондук. *Мен байкуш же үйдө жок, же чүйдө жок каламбы* (Тойбаев).

ЖЕ ЫЙЛАЙ АЛБАЙ, ЖЕ КҮЛӨ АЛБАЙ. Эмне кыларын билбей, өтө оор абалга туш келгендей, денда-роо болуп аргасы түгөнгөндөй. *Сапардын арамзалыгына эми түшүнгөн. Назгүл же ыйлай албай, же күлө албай, боз ала болуп бир пас турду да «сиз да кечириңиз» деп менин кучагыма жыгылды* (Саатов). *Батма апа же ыйлай албай, же күлө албай далдырайт* («Ала-Тоо»).

ЖЕБЕРИНЕ ЖЕТҮҮ. к. Жер-жеберине жетүү.

ЖЕГЕНИ ЖЕЛИМ, ИЧКЕНИ ИРИМ БОЛУУ. Кандайдыр бир нерседен кооптонгондой, сары санаа болуп тынчы кетүү, санаасы тынбай бушайман боло берүү, санааркап айласы кетүү. *Байкуш Сабира куну бүгүнгө чейин жегени желим, ичкени ирим болуп канкакшап жүргөн имиш* (Абдукаримов). *Ыртараса, Эрмекбай как баштын жегени желим, ичкени ирим болор* (Бейшеналиев).

ЖЕЗ КАНАТ. Чыгаан күлүк, ашкан күлүк, шыйрагы узун, сындуу күлүк. *Кара байыр казан ат, Калбыр өпкө жез канат, Ат кулугун алалы* («Манас»).

В.: Жез билек. *Калбыр өпкө жез билек* («Манас»).

ЖЕЗ КЕМПИР. 1. Жомоктордо айтылуучу тырмактарынын, тумшугунун учу жез, сыйкырдуу, мыкаачы кемпир деген мааниде. *Кээде жез кемпирлер укмуштуу сүрөттөлгөндө, абдан коркор элек* (Шүкүрбеков).

2. *өт.* Колунан жакшылык келбеген, абдан катаал, ырайымсыз, митайым, шум (көбүнчө кемпирлерге, аялдарга карата). *Ал жез кемпирден сен эмне жакшылык күтуп жүрөсүң? - деп, эжем мени жекирип, колдон алып жетелеп кетти* («Ала-Тоо»).

ЖЕЗ ОЙМОК. Кийим тигүү, сайма саюу ж.б. иштерди

аткарууну мыкты билген уз, абдан устат, иштүү. *Ыбырай тек-жайын айтып отурса, өзүнчө узун сабак, энеси жез оймок, сөзмөр эле* (Ашымбаев). *Жез оймок аял өзү эле Сарамжал менен үй кармап Салтанат менен жыргашы* (Тоголок Молдо). *Жез оймоктун ыктуусу, Уртачынын мыктысы* («Эр Төштүк»).

ЖЕЗ ТАҢДАЙ. Сөзгө чебер, чечен, акындыгы жетик. *Алтын жаак, жез таңдай Ырчы болгон экенсиң* (Токтогул). - *Кана, жез таңдай! Баккоргонду мактоочу кезиң келди го, эми?* (Осмоналиев). *Музооке аке, «кылды тырмап мал тапкан, сөзү менен жан баккан» өнөрлүү жез таңдай эле* (Бейшеналиев).

ЖЕЗ ТУМШУК. 1. Жомоктордо тумшугу, тырмактары жез, көбүнчө сулуу аял кебетесинде кубулуп көрүнгөн, кулак тундурган ачуу чаңырыгы бар деп айтылуучу укмуштуу жан. *Мергенчи мылтыгын алып, карагайдын башында аңдып отурса, жез тумшук келип, чаңырып дөңгөчтү басып калат* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Ырайымсыз, канкор, мыкаачы. *Фашист деген - кан тырмактуу жез тумшук, Кара жүрөк, Эч кылмыштан кайтпаган* (Маликов).

ЖЕЗ ТЫЙЫНГА АРЗЫБОО. к. Тыйынга арзыбоо.

ЖЕЗ ТЫРМАК. 1. Колунан эч нерсе чыкпаган, өтө зыкым, абдан сараң. *Бир жез тырмак келини бар, менин күнүм ушунун колунда* (Элебаев). *Мамирмазиндин булкызы кессең кан чыкпай турган бир жез тырмак эле* (Элебаев).

2. к. Жез тумшук 1.

ЖЕК КӨРҮМЧҮ. Көзгө суук учураган, өтө алгылыксыз, начар, шүмшүк. *Жек көрүмчү жактары козголбой калабы?* (Осмоналиев). *Кан чеңгел канкорлорго ал экөө тең жек көрүмчү* (Бейшеналиев).

ЖЕКСЕН БОЛУУ. к. Жер менен жексен болуу.

ЖЕКСЕН КЫЛУУ. к. Жер менен жексен кылуу.

ЖЕЛ КАЙЫП. Көзгө көрүнбөй, тымызын жүрүүчү жан. *Кылмышкер жел кайып болсо да, мен аны табам* (Сыдыкбеков).

ЖЕЛ КОЛТУК. Жеңил мүнөз, туруксуз. *Жел колтук, ала көөдөн, ала канат Үчөө тең бир мүнөздөн орун алат* (Тоголок Молдо). *Далош жел колтуктар... өзүңүз эшиткен жанытма казалдарды какшап жаттагандары мындай турсун, ...не бир шумдуктарды таркатууда* (Бейшеналиев).

ЖЕЛ ООЗ. Укканын учурткан, ачык ооз, ушакчы. *Бул жел ооз неме журтка бүтүндөй таркатып дуу-дууну күчөтөт* (Бейшеналиев).

ЖЕЛ ӨПКӨ. Ала көөдөн, көйрөң, куру мактанчаак, жеңил мүнөз. *Айдараалы жел өпкө мушташпаган киши калбагандыр* (Абдукаримов). *Жел өпкө көйрөң теңебейт Өзүн катардагы кишиге* (Бейшеналиев). *Бир жагынан жел өпкө жаштарды ээрчип кеткенине иренжиди* (Укаев).

ЖЕЛ СӨЗ. Ишке ашпай турган, аткарылбай, орундалбай турган куру сөз, жалган сөз. *Кайра куруу, жаңылануу, маалымдуулук, ачык айтып ак сүйлөө - мурдагыдай жел сөздөр эмес* («Ленинчил жаш»). *Бирок, жел сез жанга дары болмок беле* (Сыдыкбеков).

ЖЕЛ ТАМАН. 1. Бир жерге жай алып тура албаган, аягы сай таппаган, басанаак. *Жел таман желип-жортуп айылдап жүр. Жээлигип өзүн-өзү дайындап жүр* (Тоголок Молдо). *Арбак урган жел таман балдарды ээрчитип кайда кетип калды* («Ала-Тоо»).

2. Жеңил мүнөз, туруксуз, шайкелең. - *Анын эмнесине аза күтөсүң? Андай жел тамандар фронтовиктен айлансын!* (Абдукаимов). *Ал жел таман ойсоктогон мүнөздөрүнө жараша эң болбогондо коз жашы кылып тынуу керек* («Чалкан»).

ЖЕЛ ТАМАНДЫК. Жеңил мүнөздүүлүк, туруксуздук, шайкелендик. *Шарипова бул жылдары жеңил турмушка жеңдирип, жел тамандык кылып жүрдү* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЕЛГЕ КЕТҮҮ. Куру убара болуу, эмгеги текке кетүү. *Кыйнап жүрүп таптырып алабыз деген басмачылардын аракети желге кетип, үмүтү чорт кесилди* (Жантөшев).

ЖЕЛГЕНИН ЖЕЛ, КОНГОНУН КОКТУ БИЛБӨӨ. Бир жерге жай алып, орун алып тура

албоо, белгилүү бир жерде боло албоо, анда-мында жүрө берүү. *Ошондон кийин желгенин жел, конгонун кокту билбей жолобой калды* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЕЛГЕНИНЕ ЖЕЛ ЖЕТПӨӨ. Катуу, тез, ылдам жүрүү. *Кыл куйрукту шалактатып, желгенине жел жетпей келе жатат* (Абдукаимов). *Андан мындан бир тийип, жаш баладай сергек дейт, желгенине жел жетпейт* (Медетов).

ЖЕЛДЕЙ УЧУУ. Көзгө илээшпей өтө тез жүрүү, чымын-куюн болуу. *Оросул буйрук боюнча желдей учуп, кара кашка атка камчы үстүнө камчы басып, Чекирге бараттат* (Осмоналиев).

ЖЕЛИ ЧЫГУУ. Көпкөлөң тартып, бой көтөрүп, эч кимди көзүнө илбей журуп, бир катуу жазадан, кырсыктан улам эсине келуу, жини кагылып, козу ачылуу, мурдагысындай болбой калуу. *Дардаңпостун жели чыксын дегенби, Тоймат кескин жооп кайтарды* (Каимов). *Желиң чыгып, демиңдин бөксөргөнү ушул* (Сасыкбаев). *Ошентип, өзүнчө ээлигем деп жели чыккан Тазабек, журш башына оор күн түшкөндө да айлына анча арка-тирек боло алган эмес* (Сыдыкбеков).

ЖЕЛИН ЧЫГАРУУ. Эсине келтирип, окутуп коюу. *Акесин таанытып, желин чыгарып коёюн* (Тойбаев).

ЖЕЛКЕГЕ МИНҮҮ. Өзүнчө эмгектенбей, бирөөгө салмагын салып, анын эсебинен кун көрүү. *Өзүңчө эмгектенсең боло, качанкыга чейин биздин желкебизге минесиң, биз да карыдык, - деп атам жемелей баштады* («Ленинчил жаш»).

ЖЕЛКЕМДИН ЧУҢКУРУ КӨРСҮН. Такыр көрбөйүн, ага кайрылбайын, экинчи көргүлүк кылбасын деген мааниде колдонулат. *Паризек ал жерди желкемдин чуңкуру көрсүн деп, баягы эле көнгөн ишинде калган* (Ашымбаев). *Аларды желкемдин чуңкуру көрсүн, жүздөрү курусун* (Тойбаев).

ЖЕЛКЕСИ ЖОК. Абдан кежир, кыйык, тил албаган. *Бала туруп мындай желкеси жокту ким көргөн.*

В.: Желкесинин чуңкуру жок. *Балаңызды ушинтип да*

үйрөтөсүзбү, - деди Ташбек апамды уяшкарып, - желкесинин чуңкуру жок турбайбы (Саатов).

ЖЕЛКЕСИ ТЫРЫШУУ. Ачуусу келуу, тырчый түшүү. *Желкеңиз тырышпасын тууган. Сиздин оюңузча, ал киши оокат да жебесинби?* («Чалкан»). *Менин тилимен чыкпаган Субандын бул ишине тац калып, желкем тырыша түштү. Көрсө, сууну ылайлаган киши бар экен* (Жантошев).

ЖЕМ БОЛУУ. Бирөөгө акысын же башка бир нерсесин алдырып жиберуу, алдатуу, башкаларга олжо болуу, талоонго калуу. *Илгерки сиздин агацыз, булардын бабасы Музооке комузчу жок, аларга жем болгудай* (Бейшеналиев). *Балким, мен, өмүр бою ойлогон оюма, тилеген максатыма жетпей, көрүнгөнгө жем болуп жүрүп өтөрмүн* (Абдукаимов).

ЖЕМ ЖЕГЕН АКЫР. Туулуп-өскөн, кенедейинен чоңойгон жери. *Жаныңа эш болор деп таптаган тулпарыц, жашында жем жеген акырын эцсеп, чылбырын үзсө кантип токтотосуң* (Бейшеналиев).

ЖЕМ ТАШТОО. Кичинеден бирдемелерге кынык алдыруу, кызыктыруу. *Аны амал менен жем таштап гана чукул коштоого мүмкүн* (Бейшеналиев). *Эскертүүбүз керек мындан ары душманга жем таштабасын* (Ашымбаев).

ЖЕМ САЛДЫ КЫЛУУ. Азыраак, болор-болбос гана таткантып коюу (тамак, оокат, жем ж.б.). *Жем салды кылып эле жөн болосуңбу?*

ЖЕМИН ЖЕДИРБӨӨ. Бирөөгө алдатып ийбөө, жеңилип калбай өз укугун, өз намысын талашып теңтайлашкандай кудурети болуу. *Осмонго жемиңди жедирчү болсоң, тилиңди бууйбуз* (Осмоналиев). *Жамийла да бирөөгө жемин жегизбеген өжөр, айтышканы менен айтыша турган* (Айтматов). *Неткен менен бири-бирине жемин жедире койчу да эмес* (Өмүрбаев).

В.: Жемин жегизбөө. *Анан өзү да бирөөгө жемин жедтрбеген өжөр* (Айтматов).

ЖЕҢ ИЧИНЕН. Башкаларга билгизбей, астыртан, тымызын, жашыруун. *Ошол күнү эле Абил*

бий элеттин билермандарын шашылыш чогултуп, Бекназардын жең ичинен жүргүзүп жаткан аракетин чийинден чыккандык деп айыптады (Касымбеков). *Ал эми сатуучулар болсо, жең ичинен жылдырып коюп, биз көрүп турсак да, өзүнө эч нерсени жүүткүсү келбейт* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Жең учунан. *Жакшылардын жең учунан мүлтүлдөтүп жегени үчүн, үчөө тең кечээ мандикерге жөнөп кетти* (Жантөшев).

Жең учу менен. *Иште акырын, биротоло өчүрүү максатында жең учу менен кам көрүп жатышат* («Советтик Кыргызстан»). *Жең учу менен сүйлөш.*

ЖЕҢИ УЗАРУУ. Кийим-кечеси оңолуп, тынып калуу, жетишип калуу. *Этеги бутөлүп, жеңи узарды.*

ЖЕҢИЛ БАА. Орунсуз сүйлөп, болор-болбос, өйдө-төмөн иштерге орду жок киришип, туура эмес иш кылып кадыр-баркын кетирип, баасын төмөндөтүп алган. *Езеф бул саам чолок акылга жеңдирип, көпчүлүккө жеңил баа боло түшкөнүнө кейиди* (Ашымбаев). *Койчу, мени ошончолук эле жеңил баа деп ойлойсуңбу?* (Бейшеналиев).

ЖЕҢИЛ БАРЫП, ООР КЕЛ. Жолуң болсун, үзүрлүү, олжолуу кайт деген сыяктуу жакшы тилек, каалоо маанисинде колдонулат. *Жеңил барып оор кел, Тиркич моюн болугум. Бактысын тилейм жолуңдун* (Тоголок Молдо).

ЖЕҢИЛДИН АСТЫ, ООРДУН ҮСТҮ МЕНЕН. Жанын кейитпей, кыйналбай, оңоюна качырып, экенил жашоону издеген, жеңил турмушту көздөгөн. *Жеңилдин асты, оордун үстү менен жүрүп күн өткөргөндөр да жок эмес* («Чалкан»).

ЖЕҢИЛИН ЖЕРДЕН, ООРУН КОЛДОН АЛУУ. Каралашуу, жардамдашуу, ишин жеңилдетүү, керегине жароо. *Ушул үчөө чөңойсо, жеңилимди жерден, оорумду колдон алар деген үмүттү алдыма койдум* («Ленинчил жаш»). *Белек абам үй-бүлөсү менен келип, жеңилин жерден, оорун колдон алып, өзүнө тээк болсо деген тилегинин четин чыгарат, энем, мага* («Кыргызстан маданияты»). *Чарбанын жеңилин жерден, оорун колдон алган жаштар* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЕП ЖИБЕРЧҮДӨЙ. Аябай каарданган, жекире карагандай, жаалын төккөндөй, жек көргөндөй кебетеде. *Езеф чукулдап келип Шволикти жеп жиберчүдөй карады* (Ашымбаев). *Шарапат көзүнүн кыйыгы менен Чечейбайды жеп жиберчүдөй тиктеп, эмне кыларын билбей турду* (Абдукаимов).

В.: Жеп ийчүдөй. *Сурданып, жеп ийчүдөй болуп турган Айдакени тааныды* (Осмоналиев).

Жеп жибере жаздоо. *Түшкө чейин жатканын, эмнең? - деп аялын жеп жибере жаздады* (Укаев).

Жеп кое жаздоо. *Аялдар Аннаны тытмалап жеп кое жаздашты.* (Ашымбаев).

ЖЕР АСТЫН-ҮСТҮН БОЛУУ. Өтө кыйын, абдан оор абалга дуушар болуп, эмне кыларын билбей, көзү караңгылап, сендиректей түшүү. *Айдакенин эси ооп түшүп, жер астын-үстүн болуп кеткенсиди* (Осмоналиев). *Жакшылыктан үмүт үзүп, жер астын-үстүн болуп чайпалат* (Бердикеев).

В.: Дүйнө астын-үстүн болуу. *Дүйнө астын-устун болуп, жер көчүп бараткансып, кулак-башы чуулдайт* (Исмаилов).

ЖЕР БАСПАЙ КАЛУУ. Эч нерсени көзүнө илбей, текеберленип, дөөгүрсүнүп, көтөрүлүп турган абалда болуу, менменсинип, мурдун көтөрүп, көөп кетүү. *Жаңыдан бийликке келишкендердин акылсыздары тез эле дердейип, жер баспай калышат* (Осмоналиев). *Чочуганым менменсинип жер баспай калган чунак, окус шартым жок деп коебу дейм* (Бейшеналиев). *Бул атагыма жер баспай, таноом дердейип калса керек* (Осмоналиев).

В.: Жер бетине сыйбоо. - *Пах, пах! Мына бул жамандын жер бетине сыйбай турганын карасаң!* (Укаев).

ЖЕР БАСТЫРБОО. Абдан аяп, бөпөлөп, бапестеп багуу, эркелетип, кадырлап өстүрүү. *Кундуз колунан келсе эч кимибизди жер бастырбай, төбөсүнө көтөргүсү бар* (Медетов).

ЖЕРГЕ КИРИП КЕТҮҮ. Уят болуу. *Ошондо тим эле жерге кирип кетчүүдөй заманасы курула түштү* (Айтматов).

ЖЕР БЕЗӨӨ. к. Жер чечегин безөө.

ЖЕР ЖАЗДАНУУ. Өлүү, дүйнөдөн кайтуу, көз жумуу. *Айлыбыздан эле кеткен азаматтарыбыздын далайы жер жазданып, алыста калды* (Абдыраманов). - *А мен жер жазданып калган чыгар деп ойлогом* (Касымбеков).

ЖЕР ЖАМАНДАП БАРБАСЫН. Көбүнчө өлгөн адамдын терс көрүнүшүн, кыял-жоругун айтуудан мурда «өлгөн адамды жамандоочу эмес эле» дегендей мааниде эскертүү иретинде колдонулат. *Жер жамандап барбасын, Мадылдын тору кашка атын агаң Дорбу үстүнө ысык аркан чырматып жиберип, кулан чаар ат кылып, кара өзгөйлүк менен тартып алды эле, ошону мойнуңа ал* (Касымбеков).

ЖЕР-ЖЕБИРИНЕ ЖЕТҮҮ. **1.** Ата-жотосунан бери козгоп, капкайдагы кемчилигин чукуп, аябай тилдөө, катуу жекирүү, жемелөө. *Бирөөнүн жер-жебирине жетип, эшикти көздөй баратканын көрүп, көзүм умачтай ачылды* (Жусупов). *Кемпир жер-жебирине жетип тилдеп кирди* («Ала-Тоо»). *Бир жутум жарма берсе да, боору таш Масылкан капкайдагыны айтып, жер-жебирине жетип туруп анан берет* (Баялинов).

2. Майда-чүйдөсүнө чейин, эчтемесин калтырбай айтып чыгуу, сөз кылуу. *Анын жер-жебирине жетип, баарын терип-тепчип отуруунун кереги эмне?* («Чалкан»).

ЖЕР ЖУТКАНДАЙ. Ыңжыңсыз, дайынсыз жоголгондой, жер алдына батып кеткендей. *Осмон бригадирди издеп жүрдү. Жер жуткандай жок ал* (Өмүрбаев). *Ошолор менен кошо жер жутуп кеткендей айлана жоошуй түштү* (Медетов).

В.: Жер жутуп кеткендей. Жок болуу, көрүнбөй калуу. *Жантайдан дайын жок. Жер жутуп кеткендей* (Айтматов).

В.: Жер соргур! *«Үлүрөйгөн жер соргур!» - деп байбиче жаалдана баштады* («Ала-Тоо»).

ЖЕРДЕН БООРУН КӨТӨРҮҮ. Жаш, жетиле элек. *Кийинки эки карындашы али*

жердент боорун көтөрө элек бөбөктөр (Айтматов)

ЖЕР ЗАМАНДАН БЕРИ. к. Жер каймактагандан бери.

ЖЕР КАЗСА ДА. к. Төбөсү менен жер казса да.

ЖЕР КАЙМАКТАГАНДАН БЕРИ. Капкачан, алда качан эле, көптөн бери, илгертеден. *Мындай расми жер каймактагандан бери жок эле дегеним да* (Үмөталиев). *Жер каймактагандан бери кошокторду бөктөрүп жүргөнсүп сүйлөйсүз да, жарыктык!* («Ала-Тоо»). *Биз ошол жер каймактагандан бери адамдын кулагы укпаган нерселерди иш жүзүнө ашыра турган адамдарданбыз* (Байтемиров).

В.: Жер замандан бери. *Алардын шилтээр шумкары баягы эле жер замандан бери кой багып атагы чыгып журчу эле, корчу муну* (Кыдырмышев).

ЖЕР КАРАМА. Өтүмү жок, мылжың, жалтак, тартынчаак. *Кыз сымал назик жана жер карама болуп калышына куу турмуштун зардабы тийди* (Ашымбаев). *Энеси мунун баарын сезип, кызы тугул өзү да жер карама болуп калды* (Абдукаимов).

ЖЕР КАРАТПОО. Шагын сындырбоо, уят кылбоо, уятка калтырбоо. *Жокчулук бир жагынан, белдуу тууганды жогу бир жагынан жер каратып, элден кем кылган* (Ашымбаев). *Каңгыган агасын кошоктогон мырзаларынын көзүнчө жер каратпай... тосконуна Байымбет маашырлана баржактады* (Бейшеналиев). *Колукту үлпүнчөк ичинен несшейип тиктеп, ордунан тура кала тургандай болуп барып, не уяты, не чарасыздыгы, не атаны жер каратпоо көйү этегинен басты белем, ошол бойдон селейе түштү* (Касымбеков).

ЖЕР КАРОО. Бир нерсеге кыжалат болгондой шылкыюу, оңтойсуз абалда болуу, баш көтөрбөө, уялып бирөөгө тике карай албоо. *Мүмкүн Ысак өзү болгондо планды мынчалык көкөлөтпөй эле алына чактап кабылдамак, эми минтип эл алдында жер карап отурабыз* (Исмаилов). *Ачууга алдырганын, ал. Эртең эле жер карайсың* (Айтматов). *Футбол талаасын өз күчүбүз менен куруп алабыз деген аракетибиз оңунан чыкпай, жер карап калдык* («Советтик Кыргызстан»). *Бир*

чети уялганынан жер карап, бир чети ороюраак болсо да арам сапаты жок тамашаны Данияр чын көрүп, көңүлүнө жакын алганын жактырбай келе жаттык (Айтматов).

ЖЕР КӨТӨРГҮС. Абдан көп, өтө оор. *Жер көтөрө алгыс дүңгүрөгөн кол менен тушта-раптан Чыңгыс хандын кошуундары каптап кирип келди* (Үмөталиев). *Жер көтөргүс бул жорукту көрбөйүн деген Чөмүч молдо Жумгалга үй-бүлөсүн алып көчүп кетет* (Осмоналиев).

ЖЕР КӨЧҮҮ. Абдан оор абалга дуушар болуп өзүн начар сезип, эсин жоготуп бараткандай абалда айласы кетип туруу. *Бир бутунан ажыраганын билгенде, Төлөмүштүн көңүлү караңгылап, жер көчүп кетти* (Бердикеев). *Шволиктин ыманы-заман болуп, алдынан жер көчтү* (Ашымбаев). *Бермет эстен танып, көзүнө эчтеме көрүнбөй, жер көчүп, нары-бери басып жүрдү* (Абдукаимов). *Менин да башым айланып, жер көчүп бара жаткансыйт* (Айтматов).

ЖЕР КУЧАКТАТУУ. Өлтүрүү, көзүн тазалоо, жоккылуу. *Ушулколум менен далай жанды жер кучактаткамын. Бирок, Тоголок Молдонун күнү кымбат Чоюбек болуш! - деп, паңсат башын чайкады* (Бейшеналиев).

ЖЕР МАЙЫШКАН. Аябай көп, сан жеткис, жер жайнаган. *Жети-Өзөндө Жедигер, Жер майышкан көп элди, Жетик Чоро жыйды эми* («Сейтек»). *Душман жер майышкан кол менен, дүңгүрөгөн сансыз артиллерия менен таңга жуук чабуул жасады* (Абдукаимов).

ЖЕР МЕНЕН ЖЕКСЕН БОЛУУ. 1. Эч нерсеси калбай тыптыйпыл болуу, жоголуу, жок болуу. *Бир кездерде сен да урап, жер менен жексен болорсуң!* (Бектенов). *Көзүң жамандыкты көрбөсүн, жөн эле тепсеп кетсе, жер менен жексен болчудай* (Медетов). *Ал тепсендиде бычырап, чирип, жер менен жексен болбодубу* (Борбиев).

2. Өйдө карай албай, баш көтөрө албай катуу уят болуу, абдан кичирүү. *Эмне кыларымды билбей, кирерге жер таппай, жер менен жексен болдум* («Ленинчил жаш»).

В.: Жексен болуу. *Энеке! Ал дүйнө жексен болду, чырмалган эмгекчилер үздү торду* (Турусбеков). *Таштар кумдай быркырап, жексен болду далайлар* (Үмөталиев).

Жер менен жер болуу. *Баш көтөрө албай жер менен жер болдук* («Ала-Тоо»).

ЖЕР МЕНЕН ЖЕКСЕН КЫЛУУ. 1. Жок кылуу,тыптыйпыл кылып жоготуу, кыйратуу, талкалоо. *Фашисттик жырткычты жер менен жексен кылмайынча, артынан тушкөнүм түшкөн* (Баялинов). *Байманаптар бейкам элди тарпка конгон жорудай канын соруп, жер менен жексен кылып, бейкут журтту кансыраткан* (Бейшеналиев).

2. Баш көтөртпөй катуу запкы көрсөтүү, тебелеп-тепсеп колдон келет кылуу, кордук көрсөтүү. *Алсыз кедейдин кызы болгону учун каардуу кайнене анда аны жер менен жексен кылып кордогон* (Сыдыкбеков).

В.: Жексен кылуу. *Фашистти жексен кылууну Баатыр аскер билүүчү* (Бейшеналиев). *Душманды жексен кылууга Балбандар турат тирелип* (Бөкөнбаев).

ЖЕР МОЮНДОО. Жол арбытуу, баса турган жолун теңдеп калуу. Жолго чыгып алганбыз, Жер моюндап калганбыз («Ырлар»).

ЖЕР ОО. Башка бир жерден экинчи бир жерге орун которуу, жер которуп жайгашуу. *Жетимдиктин залдарынан жер оп, жыты таяке бирөөлөрдүн көзун карап, күйпуйгөн учурунда Айылчы жолугуп калды* (Бейшеналиев). *Жер оп орустар там куруп жатса, дубалына таң калышкан* (Осмоналиев).

В.: Жер оодаруу. Айылдаштарынын көпчүлүгү бир жактан жер оодарып келгендей, бейтааныш жаштар (Каимов).

ЖЕР САБОО. Буркан-шаркан түшүп, абдан ачууланууу, каарын төгүү. *Аялыңды күтө албай башыңды аттатып жибердиң, тыякта ажы агаң андан жер сабап олтурат* (Өгөбаев). *Канайдын журтка таштап кеткен бул кылыгына Бишкек жер сабап өкүрдү* (Үмөталиев).

ЖЕР СОЛКУЛДАТКАН. Өтө көп, жер жайнаган, жер дүңгүрөткөн. *Батманын артынан жер солкулдаткан кайырчыдай*

колун созгон өрөөн ичиндеги көп эл кууп бара жаткансыды (Жусупов).

ЖЕР СООРУСУ. Жердин эң мыктысы, дыйканчылыкка, малга же башка тиричиликке ыңгайлуусу, кооз, көрктүү, өтө көркөм болуп көрүнгөн шарттары. *Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас Жер соорусу турбайбы Муну жердеген адам тунбайбы* («Семетей»). *Созулуп жаткан Ысык-Көл Соорусу жердин турбайбы* (Сарногоев).

ЖЕР СОРГУР. к. Жер жуткур.

ЖЕР СОЮЛТКАН. Быкылдаган, жер жайнаган, абдан көп болуп көрүнгөн. *Чак күндүз эле кедейлердин бапестеп өстургөн эгинин жер союлткан, жутаган малга тебелетип, айматып кирди* (Бейшеналиев). *Манас жоосун багынтууга жер союлткан түмөндөгөн кол менен аттанат* (Тоголок Молдо).

ЖЕР-СУУГА БАТПОО. Абдан сүйүнүү, көңүлү көтөрүлүп, абдан толкунданууу, көңүлү ачык, жайдары абалда болуу. - *Өзүм адам кейпине келип, кызматым гана тургай, бүт турмушум сонун боло баштаган үчүн жер-сууга батпай жүрөм* (Эсенкожоев). *Балалуу болгонумда жер-сууга батпай, көңүлүм кушбак болуп жүрдүм* (Абдукаримов).

В.: Жерге батпоо. *Калпа ажынын билермандарынын көзүнчө көтөрө чалганына Бошкой жерге батпай калды* (Бейшеналиев). *Сабыр чоң атасынын мактаганына жерге батпай кетти* (Жусупов).

ЖЕР-СУУНУ БУЗУУ. Абдан катуу бакыруу, бакырып-өкүрүп катуу үн чыгаруу, кыйкыруу. *Бир жылдан берки мээнетим канакей?! - деп Мария жерсууну бузуп, Шволикти улам демите берди* (Ашымбаев).

В.: Жер-сууну жаруу. *Аңгыча аялдын жер-сууну жарып чаңырганы жан бүткөндү жай-жайынан козгоду* (Ашымбаев).

ЖЕР СҮЗҮҮ. 1. Баш көтөрө албоо, кыйроо, талкалануу. *Ошонун жылма мамилесине алданып, жер сүзүп кала жаздадым э... э...* (Бейшеналиев). *Кызыл каармандардын соккусуна туруштук бере алышпай душмандын көп колу тумшугу менен жер сүздү* (Бектенов).

2. Өзүн-өзү кармай албай шылк-шулк эткен же турууга шайы келбей, бутуна тура албай жатып калган абалда болуу (уйку менен алек болгон же мас болгон абалга карата) *Куру ичегисин аракка каарытып жер сүзүп жатар эле кээде* (Сасыкбаев).

ЖЕР СЫЙПАЛАТУУ. Эч нерсесин калтырбай, тыптыйпыл кылуу, карайлатуу, куру алакан калтыруу. *Деңкейген акын чалыш Молдону жер сыйпалатпасаң, ыраазы эмесмин* (Бейшеналиев). *Касымбек... Тогуз-Тородогу тезек, тагай элдеринин мол эгиндерин шыпырып жер сыйпалата тоноду* (Бейшеналиев).

ЖЕР СЫЙПАЛОО. Колунда эч нерсеси жок, бүт баарынан ажырап, сызга отуруп калуу, эч нерсе таппай калуу. Эми минтип эки үйүргө жакын жылкысынан көз көрүнөө ажырап, жер сыйпалап отурат (Үмөталиев).

В.: Жер сыйпоо. *Жер сыйпап карайлаган мен кургур тоо булбулу Токтогулду алпештеп тороткон жеринен издеп өксөйүн* (Тоголок Молдо). *Эми кур жер сыйпап кайтканда, ого бетер куруйсуң го* (Бейшеналиев).

ЖЕР ТАМАНДАП КАЛ. Бирөөгө карата: «өлүп кал, жашабай кал, көмүлүп кал, жакшылык көрбөй кал» деген маанидеги каргоо. *Бизге жаманчылык ойлогон адам жер тамандап калсын!* (Бектенов).

ЖЕР ҮШӨӨ. Жаны жердин шартына көнө албай, чочуркоо, жатыркоо. *Иниси жер үшөбөй, кара оокатка камбыл омоктуу эргулуна тартты* (Бейшеналиев). *Жер үшөбөй байырлагыла, Байымбет колумду узартып, чарбакты ээлесин, - деди Айылчы абасы* (Бейшеналиев).

ЖЕР ЧЕЧЕГИН БЕЗӨӨ. 1. Өтө уккулуктуу, мукам үн чыгарып сайроо, ырдоо, чечен сүйлөө. *Чоор тиги кишинин оозуна тийгенде жер чечегин безейт, дүнүйө сырын чечип, айтып жаткандай болот* (Жантөшев). *Жигит жер чечегин безеп ырдады* («Ала-Тоо»).

2. Капкайдагыны айтып безеленип сүйлөй берүү же безилдеп көп сүйлөө, тили буудай куруу. *«Салаалап тарап сакалды, карылар айтсын макалды «деп сөзүн куюлуштуруп, анан булбулдай муңканып жер чечегин безейт эле* (Осмоналиев). *Тоголок Молдо жер*

чечегин безеп, хандан, бектен кайра тартпай, элди акыйкатка үндөп, жакырларга жан тарткан эр (Бейшеналиев). *Калбубу буркурап ыйлап, жер чечегин безеп жалынат* (Жантөшев).

В.: Жер безөө. *Жер безеп сүйлөп жатты.*

ЖЕР ЧИЙДИРИП КЕЛҮҮ. Абдан мыктылап, ойдогудай аткаруу, андан да жогорураак жасоо. *Кыз калыңсыз болсо да каадасыз болбойт, бетинде кызылы болсо 32 мүдөөнү жер чийдирип эле келер* (Жантөшев).

ЖЕР ЧУКУП ОЛТУРУП КАЛУУ. Эмне кыларын билбей айласы кетүү, кыйын абалда калуу, аргасы түгөнүү. *Жармач туугандарын, баш көтөрө алышпай жер чукуп олтуруп калышты* (Сыдыкбеков).

ЖЕРГЕ БАТПОО. к. Жер-сууга батпоо.

ЖЕРГЕ БАТЫРБОО. Абдан катуу мактоо. *Жалгыз арчага сыйынып келип-кеткендер, Дуңкананын кабарын жерге батырышпай, деле көкөлөтуп жиберишти* (Жусупов).

ЖЕРГЕ АЛЫП КОЮУ. Өлгөн адамдын кийим-кечесин чечиндирип көмгөнгө чейин коё турган ордуна жайгаштыруу (боз үйгө же башка жайга). *Өлүктү жерге алып койгондон кийин, өлүк каадасы кылып жакындары жоктой баштады* («Ала-Тоо»).

ЖЕРГЕ БЕРҮҮ. Өлүү, ажырап калуу. *Далай баласын жерге берип, жүрөгү калган энеде жан жок* (Укаев).

ЖЕРГЕ ЖАШЫРУУ. Өлүктү мүрзөгө алпарып коюу, көмүү. *Жолонду жерге жашыргандан бери төрт күн өттү* (Жоошбаев).

ЖЕРГЕ КАЛТЫРБОО. Кыйып кетпөө, эстен чыгарбоо, унутуп койбоо. *Ошол эл-жер жөрөлгөсүн жерге калтырбай эмки жаштар силер, айыл даңкын чыгарып жатасыңар* (Жусупов). *Досуң сени эч качан жерге калтырбайт* («Ленинчил жаш»).

В.: Жерге таштабоо. *Ад силерди эч качан жерге таштабайт, - деп Алымкул да толкундана сүйлөдү* (Абдукаримов).

ЖЕРГЕ КИР. Тилдөө, жемелөө же жактырбоо маанисинде

колдонулат. *Бала болбой жерге кир, карган ата-энеце боор оорусаң боло! - деп, эжем мени уруша баштады* («Ленинчил жаш»). *Малың, менен жерге кир. Малың башыңда калсын, - деп апасынын каргап-шилеген сөздөру Кулагына даана угулду* (Мырзаев).

ЖЕРГЕ КИРИП КЕТЕ ЖАЗДОО. Бир нерсеге катуу уят болуу, аябай уялып баш көтөрбөө, эмне кыларын билбей өтө кыжалат болуу. *Акбала жерге кирип кете жаздады* (Укаев). *Ал досунун бул сөзүн укканда укса да укпамышка салып, жерге кирип кете жаздады* (Абдукаимов).

ЖЕРГЕ-СУУГА БАТПОО. к. Жер-сууга батпоо.

ЖЕРГЕ-СУУГА ТИЙГИЗБӨӨ. Абдан күчөтүп, көтөрө чалып мактоо, ашыра мактоо, аябай жеткире мактоо. *Эл эмчилигинди жерге-сууга тийгизбей макташат экен* (Бейшеналиев). *Чоң энеси Алмазды жерге-сууга тийгизбей мактап, ошондо кандай гана сүйүнбөдү дейсиң* (Саякбаев).

В.: Жерге тийгизбөө. *Сөздү чекир коз Шаршен алды, Баланы жерге тийгизбей мактап салды* («Чалкан»).

ЖЕРГЕ ТИЙГИЗБӨӨ. 1. к. Жерге-сууга тийгизбөө.

2. Эч нерсе калтырбоо, тез эле алып кетүү. *Алар алма какты тим эле жерге тийгизбей талап кетет* (Абакиров). Жерге тийгизбей алат.

ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ. Абдан сүйүнүү, көңүлү көтөрүңкү, жайдары абалда болуу, толкунданууу. *Атам тааныбаган бирөөнү эш кылып, жерге тийбей сүйүнүп жүрөт* (Элебаев).

ЖЕРГЕ ТҮКҮРҮҮ. Көбүнчө бир нерсени жактырбагандай, жек көргөндөй мааниде таңыркоо, таң калуу. *Анын бул кылыгын кайнатасы угаары менен жерге түкүрдү* (Ашымбаев). *Орозбайдын бул жоругуна таңыркаган эл жерге түкүрүп, толкуя токтогон* (Өгөбаев).

ЖЕРДЕ КАЛБОО. Кароосуз калбоо, көңүл бурулбай калбоо, унутта калбоо маанисинде. *Бирок, мен андан деле жерде калбайм, жерде калган да жан эмесмин* (Абдыраманов). *«Мындай аял жерде калбайт», - деп ойлойм* (Казакбаев).

ЖЕРДЕН АЛЫП, КӨРГӨ УРУУ. Абдан катуу тилдөө,

абийрин кетирүү, жер-жеберине жетип аябай жемелөө. *Акунжанды жерден алып көргө уруп, кун сайын Эрке кыздын көзүнө суук көргөзө берди* (Байтемиров). *Күйөө баласын эми жерден алып, көргө уруп, жамандап жүрдү* (Садыбакасов).

В.: Жерден алып, жерге уруу. *Мукан ачуусу келип, Сайраны жерден алып, жерге уруп жатты* (Саатов). *Анын жер-жеберине жетип, жерден алып, жерге уруунун бизге кереги эмне?* («Чалкан»).

Көрдөн алып, жерге уруу. - *Тигини карасаң! - Ороңбай көзүн чанагынан чыгара карап, Чоңбашевди көрдөн алып жерге урду* («Чалкан»).

Жерден алып, көргө салуу. *Атам «менин бир эле балам болобу» деп бечара апамды жерден алып көргө салат* («Советтик Кыргызстан»). *Бечара Бүбүнү жерден алып, көргө салат* (Сыдыкбеков).

Көрдөн алып, көргө салуу. *Тилдептир көрдөн алып, көргө салып* (Турусбеков).

ЖЕРДЕН БАШЫН АЛБОО. Бирөөгө тике, түз карай албай, башын салып төмөн караган абалда болуу (көбүнчө абдан уят болгон же күнөөлүү, кылмыштуу болгон учурларга карата). *Ошондо да жерден башын албай, жакындарынын карааның көрөр бекемин деп кыңк этпейт* (Абдукаимов). *Ал биз кетер кеткиче башын жерден алган жок* («Ала-Тоо»).

ЖЕРДЕН БООРУН АЛБОО. Абдан катуу ыйлоо, өзөлөнүп, аябай мунканып көпкө басылбай ыйлоо. *Жалгыз баласынан ажыраган бечара эне, жерден боорун албай өксөп жатты* («Ала-Тоо»).

ЖЕРДЕН БООРУН КӨТӨРҮҮ. Чоңоюу, өсүп жетилүү, эрезеге жетүү. *Балдары да жерден боорун көтөрүп, мал-салды өз бет алдынча багууга жарап калышты.* (Үмөталиев). *Эңкейген карт баба жерден боорун көтөргөн неберелерине акылдашты* (Бейшеналиев). *Тагдыр аны жерден боорун көтөргөндө эле комуздан өмүрүндө ажырабай турган бир окуяга туш кылды* (Каимов).

В.: Жерден боорун алуу. *Жерден боорун ала элек балдарына ким эмне жазат* (Айтматов).

ЖЕРДЕН ЧУКУСА ДА. Эмне кылса да, кандай болсо да (сөзсүз табуу же орундатуу маанисинде). *Ошол эле күнү булардын старчыны Кыдык деген келип: «Жерден чукусаң да табасын,» - деп, эки кой, бир серке чыгым салышты да кетишти* (Жантөшев). *Бирок, бизден калып кутулуп кетем деп ойлобо, жерден чукусак да таап алабыз* (Саатов).

ЖЕРДЕН ЧЫГА КАЛГАНДАЙ. Капыстан, күтүлбөгөн жерден пайда боло калгандай. *Буга чейин үн-сөзсүз келип, эми жерден чыга калгандай эмнеге түйлаганына айраң-таң эле* (Укаев). *Жерден чыга калгандай болуп, булар жанатан кайда эле?* (Сыдыкбеков).

ЖЕРДИН ЖЕТИ ТҮБҮ. Абдан алыс, өтө алыс. *Жердин жети түбүнөн Баяке экөөбуз байманабыз ташыганынан келди дейсиздерби* (Бейшеналиев). *Жердин жети түбүнөн. эсен соо кайтса, учурашканыңыз жөн* («Кыргызстан маданияты»). *Куу турмуштун айынан жердин жети түбүнөн оор келген* («Ленинчил жаш»).

В.: Жердин түбү. *Берсең бул жердин түбүнөн кайрылып бизди көрбөйт! - деп Кыргый эжем сыздады* (Сыдыкбеков). *Жолдонкөргөн кордугун, ошол жердин түбүнөн жөө-жалаңдап келгенин айтты* (Жусупов).

Жердин жети катар түбү. *Тоголок Молдонун бакисинин ардагына айланганы, жердин жети катар түбүндөгү окуялардан, түшкө киргис туркун элдин акын, дастанчыларынан, санжыралардан айткандыгы* (Бейшеналиев).

Жердин жети катары. *Шылкыйба, байкең аман болсо, асмандын ары жагынан, жердин жети катарынан таап берем* (Абакиров). *Жердин жети катарына чейин тешип өтчү жебе сыяктанып тик ылдый бүркүт келатты* (Осмоналиев).

Жердин жети катмары. *Андай акмакты жердин жети катмарына житип кетсе да табам* (Тойбаев).

Жердин жети кабаты. *Жердин жети кабатынан*

атып чыккандай... машина үнү теребелди солкулдатып ийди (Эралиев).

ЖЕРДИН ТӨРТ БУРЧУ. к. Төгөрөктүн төрт бурчу.

ЖЕРИНЕ ЖЕТКИРҮҮ. Бирди көрсөтүү, акесин таанытуу, катуу жазалоо. *Ошентип эле көрсүнчү, тим эле жерине жеткирейин, - деп күпүлдөду* («Чалкан»).

ЖЕСИР ДОО. *эск.* Кетип калган аялдын төркүнүнөн калыңдын белгилүү бир үлүшүн кайтарып берүү жөнүндө коюлган талап. *Кызымдын көз жашынан да жесир доонун зили күчтүү* (Сыдыкбеков). *Батыйнаны узатып Адыкенин жесир доосунан кутулсам, - деди Казак* (Сыдыкбеков).

ЖЕСИРИН ЖЕРГЕ САЛУУ. Кабагы ачылбай туталануу, өтө ачуусу келген кебетеде кабагын ачпай, аябай түнөрүү. *Какач баягыдай эле жесирин жерге салып, эч кимге жоп бербей дулдуюп отурат* (Жоошбаев).

В.: Жесири жерге түшүү. *Жесири жерге түшүп, атын карай басты* («Ала-Тоо»).

ЖЕТЕҢДЕН УРГУР! Тилдөө, жемелөө маанисинде колдонулат. *Жетеңден ургурдун кылган ишин кара! - деп кожоюн мага ызырына баштады* («Ала-Тоо»).

ЖЕТИ АТАСЫН КАЛТЫРБОО. Абийрин кетирүү, эч нерсесине карабай аябай сөгүү, катуу тилдөө. *Жети атасын калтырбай эсинен кеткис кылдым* (Жигитов).

ЖЕТИ АТАСЫН ТААНЫТУУ. к. Акесин таанытуу.

ЖЕТИ АТАСЫН КӨЗҮНӨ КӨРГӨЗҮҮ. Эсине келгидей кылып жазалоо, сазайын колуна берүү. *Мен азыр барып Сасыкбайдын жети атасын көзүнө көргөзөйүн, - деди Кебек карыя* (Байтемиров). *Арзыкулда эмнеси болсо да бул кемпирдин жети атасын көзүнө көргөзөйүн деген ой туулду* (Байтемиров). *Уятсыз макоо! Кемпир жети атамды көзүмө көрсөттү дегиң келбейт экен да!* («Ала-Тоо»).

ЖЕТИ КАҢТАРЫ БАР. Сыйдан же жакшы тамак-аштан куру калмасы бар, көп нерседен куру калат деген мааниде колдонулат. *Анын ошондой жети каңтары*

бар. Ушундай жети каңтары бар байкушсуң! Тигилер тарай электе келсең, жай-мааниңди толук айтып калат элең да, эми айлаң эмне болот? - деп, эжем кейий баштады («Ала-Тоо»).

ЖЕТИ ӨЛҮП ЖЕРДЕ КАЛСАМ ДА-. *Амалым түгөнүп, мүгдүрөп, эң айласыз абалда калсам да, айлам куруп турса да. Жети өлүп жерде калсам да, мындай итке бел бүкпөсмүн! - деп, Дөөш күүлөндү* (Осмоналиев). *Жети өлүп жерде калсам да, экинчи кайрылбасмын* («Ала-Тоо»). - *Мен сени жети өлүп жерде калсам да кор кылбайм. Андан көрө өзүң макул болчу?* (Саатов).

ЖЕТИ ӨМҮРҮ ЖЕРГЕ КИРҮҮ. Абдан катуу уят болуу, аябай уялуу, сынып калуу. *Төлөмүштүн жан тери келип, жети өмүрү жерге кирип, телмирип көпкө турду* (Бердикеев). *Жети өмүрү жерге кирип, ыза муундурса да Бурма көзүнө жаш албаптыр, өгөй эненин миң токмогунун бири деген го кыязы* (Кушубеков). *Жардап карап турган кыздар дуу күлүп жибергенде, Абдыкалыктын ого бетер паразаты тепселип, жети өмүрү жерге кирди* (Байтемиров).

В.: Жети омуру жерге кирүү. *Тамак аңдып келгенсип жети өмурүбүз жерге кирип, сыртка чыкканча шаштык* («Чалкан»). *Ал ызаланып шагы сынганынан жети омуру жерге кирди* (Бектенов).

Жети омурткасы жерге кирүү. *Аны уккан сайын жети омурткам жерге кирип, ушу күндү көргүчө өлгөнүм жакшы деп кетчүмүн* (Абдукаимов).

Жети өмүрү жерге житүү. *Чоң кишилер айтканда жети өмурүбүз жерге житип, салбырап калчубуз* (Медетов).

Жети өмүрүн жерге киргизүү. Абдан уят кылуу. *Жакшылык кааламыш болуп, жети өмүрүн жерге киргизе кордошту* (Айтматов).

ЖЕТИ САН. Бүт баары, бардыгы. *Жергелүү калмак жети сан Элиңди чаап аламын* («Курманбек»). *Жетиктен белин курчанган Жети сан кара жоо чыкса, Жеке кирип кол салган* («Сейтек»).

ЖЕТИ ТҮНДӨ. *Абдан кеч, караңгыда, түндүн бир убагында. Жети түндө кайда барам, андан*

көрө эртең үрөң-бараңда кетейин (Укаев). *Жети түндө дүрбөлөң түшүп келген Шертайлар экен* (Бердикеев). *Мына кызык, жети түндө кыз бала ээн талаада жүрүппү?* (Саатов).

ЖЕТИ ШУМДУКТУУ. Укмуштуу, бир башкача, адам тан кала тургандай (өтө кызыктуу же коркунучтуу деген мааниде). *Өлүңө чайын! Бул эмнең, жети шумдуктуу!* (Осмоналиев).

ЖЕТИМ АКЫ. 1. Балдардын ата-энесинен калган мал-мүлккө болгон укугу, жетимдерге тиешелүү үлүш. *Эл соту ал балдардын жетим акысын өндүрүп берер* («Чалкан»).

2. *тар.* Аялы башка бирөөгө кетип калганда, ага короткой мүлкү, каражаты үчүн төлөнүүчү акы. *Эң болбой калганда жетим акысын эки эсе өндүртүп мурунку куданы мүңкүрөтүп туруп, анан молдого талак катын чийдирет* (Сыдыкбеков). *Серкебайда кеткен катыны үчүн жетим акы доолаш оюнда жок* (Сыдыкбеков).

ЖЕТИНЕ АЛБОО. Кубануу, сүйүнүү, абдан ыраазы болуу. *Өтө кадырман мейман уулуна назар салганына жетине албай маңдайы жарылды* (Касымбеков). *Бала жетине албай кубанды, бирок кандай алкыш айтаарын билбеди* (Айтматов). *Таякесинин тилегине жетине албай, Ашырбек күлүмсүрөп ичи элжирей карап турду* (Ашымбаев).

ЖИБИН ТАРТЫП КӨРҮҮ. Астыртан, тымызын байкоо салуу, ой-пикирин, сырын тартуу, чекмелөө. *Чекмелеп бир катар тузак салып, жибин тартып көрдү* (Үмөталиев Ш.). *Бирок Барская Качыкени атууга эмес, анын жибин тартып көрүүгө, аны өз бооруна тартууга келген* (Сыдыкбеков).

В.: Жүнүн тартып көрүү. *Бир жагы «и, бек тукуму деп саал чоочуркашып, саал ишене алышпай, жүнүн тартып көрүп үгүттөн турушканы эмеспи» деген өкүнүчү да болучу* (Касымбеков).

ЖИГИ АЖЫРОО. Чырчатак, нааразылык чыгып бөлүнө баштоо, ыркы кетүү, ыдырай баштоо. *-Мына, букара бир дөбө, байлар бир дөбө болдук! Букаралар менен байлардын жиги ажырады. Оо, журт, булардын кылыгын көрдүңөр го, о! - деди Баракбай кыйкырып* (Ш.Үмөталиев).

В.: Жик түшүү. *Ошентип, кийинки болуштукту шайлоодо алардын арасына жиктүштү* (Ш.Үмөталиев).

ЖИГИН БИЛГИЗБӨӨ. Кандайдыр бир иш же бир нерсе жөнүндө жашырып-жабуу аракетинде болуу, шек бербөө, сыр алдырбоо. *Өз жемсөөлөрүнө чыгарылгандардын көзүн гана тургай, жытынын да жигин билгизишпейт* (Бейшеналиев). *Эгер мунун жиги эле билинсе, падышанын төрөлөрү бизден көрүүгө мүмкүн, көчкүнүн жүрүп кетишин* (Ш.Үмөталиев).

ЖИГИТТИН ГҮЛҮ. Мыктысы, өтө чыгааны. - Чоо жайыңды билдик. *Табып десе табып, ырчы десең ырчы, Жигиттин гүлү белемсиң* (Бейшеналиев). *Кайран Мокем жигиттин гүлү эмес беле, кайран киши* (Байтемиров).

ЖИЛИГИ МАЙЛУУ. Колунда бар, бардар. *Сиздин уурдуңуздан май тамат, ошондуктан жилигиңиз майлуу дедим* (Абдукаимов). *Аскерге алганда жилиги майлуу же жилиги майсыз деп тандаган эч бир элдин тарыхында болгон эмес* (Абдукаимов).

ЖИЛИГИ ҮЗҮЛГӨНЧӨ. Мүмкүнчүлүгү болушунча, күчү жетишинче, буту-бутуна тийбей катуу чуркоо, жүгүрүү деген мааниде. Жилиги үзүлгүчө жүгүрдү. Жилиги үзүлгүчө чуркады.

ЖИЛИГИН ЧАГУУ. Сазайын берүү, бирди көрсөтүү, катуужазалоо. - *Эсирген букаранын демин басып, жилигин чагуу керек* (Ш.Үмөталиев). *Азыр барам жаныңа как баш! Жилигиңди чагамын какбаш!* («ЭрТөштүк»). *Камынтпай жилигин чагыш керек* (Турусбеков).

ЖИН ТИЙҮҮ. 1. Акылынан айнуу, жарым эс болуп калуу. *Анан молдо келип бу келинге жин тийиптир, карабайсыңарбы, ар неменин башын бир айтып жөөлүп жатат, - деди* (Ш.Үмөталиев).

2. Жаалдануу, ачуусукелүү, буркай-шаркай түшүү, албууттануу. *Агеркеч орундуу сөз таба албай, жин тийгенсип жаалданып, Агыргайды каргап кала берди* (Ш.Үмөталиев).

В.: Жин даароо. Муну жин даарып кеткен.

ЖИН ТИЙГЕНДЕЙ. Жулунуп -жулкунган, албууттангандай, кутургандай. *Анан кайра чын эле жин тийгендей жер чапкылап, кыйкырып жатты* (Ш.Үмөталиев). *Бир күнү келип тилдеди Жин тийгендей жулунуп* (Токтогул).

В.: Жин ургандай. *Тигиниси да, мунусу да жин ургандай жулунуп, жүн сабагандай тепкилеп жатышты* (Саатов).

ЖИНДИ СУУ. *сүйл.* Арак, ичкилик. Жүргөн жери ызычуу, эч кимге жакпас жинди суу (Шүкүрбеков). - Чоң ата, дейм, чоң ата, жинди суу каякта агат («Ленинчил жаш»).

ЖИНИ КАГЫЛУУ. Мурдагыдай болбой басырылып калуу, эсине келүү, мурдуна суу жетүү. *Жинди жүз башы шөмтүрөп турду. Жини кагылып калган* (Касымбеков). *Эми жини да кагылып, жели да чыккан немедей шылдырап, Шарапат жер өбөктөп жатып калды* (Абдукаимов). *Жиндери кагылган экөө, беркилер тизгиндегиче вздору ыргып түшүштү* (Осмоналиев).

ЖИНИ КАЙНОО. Аябай ачууланууу, туталануу, жини келүү. *Биз келгенде жанатан бери жини кайнап жаткан эжем, байкеме даап унчуга албады* (Жусупов). *Бирөөнүн жаны кыйналганына маашыркай күлмүңдөгөн эси жокко кимдин жини кайнабайт* (Эсенканов).

ЖИНИ КАРМОО. Жаалданып, каарын төгүп, ачуусу келип калуу. *Бирок, менин жиним кармаганда кирерге жер таппай калат* (Бердикеев).

В.: Жини келүү. *Эчтеке билишпей, бирдемелерди былжырашканына кишинин жини келет* (Бейшеналиев). *Атам жини келгенде дайыма мени «арам» деп сүйлөчү* (Бердикеев).

ЖИНИН КАГУУ. Эсине келтирүү, бирди көрсөтүү, акесин таанытуу. *Тиги кутурган айбандын жинин кагып салбаса, узун кулак казактын учу-кыйрына ушак-айың сөз болобуз* (Айтматов). *Толукшуп жаткан Канчоро, Өз жомогун айттырып, Качаңкы жинин кагайын* («Сейтек»).

В.: Жин-шайтанын кагуу. *Андан көрө жанагы жубарымбекти аңылдатып үй кыдыртпай жин-шайтанын каксаң боло* (Өгөбаев).

ЖИНИН КАКТЫРГАН БАКШЫДАЙ. Басырылгандай, жоошуй түшкөндөй, эсине келгендей, жели чыгып калгандай. *Бекназарга эмне болгон? Эмне эле жинин кактырган бакшыдай болуп калган?* (Касымбеков).

ЖИНИНДЕЙ КӨРҮҮ. Абдан жаман көрүү, жек көрүү, итетайы тутулуп туруу. *Буга себепкер болуп жылмайып отурган Кыдырбекти жининдей көруп, нааразы болуп, кыймылдагысы келбей турду.* (Абдукаимов). *Төп жүрбөгөн кишини жининдей көрөрүн билесиз, колуңа өлуп берет* («Ала-Тоо»).

ЖИҢКИНИ СООЛУУ. Жедеп айласы кетүү, мүңкүрөп калуу, дарманы кетүү. *Кыр көрсөткөндөрдүн ушинтип жиңкини соолот деп ойлогон имиш* (Ашымбаев). *Кечке сенделип кой артында жүрөм, кечинде байдын көрөр көз токолу көчүгумдү жер жытатпайт, жиңкиним соолуп, мүргүп жыгылам* (Жантөшев).

В.: Жиңкини куруу. *Андан калса дыйканың түшкүр - жиңкини куруп, арыктап бүтөт экен* (Осмоналиев). *Кийин жиңкиним куруганда кайра барып, ошол жаманга жетпедим* (Жакыпбеков).

Жиңкини түгөнүү. *Дагы келе берип жиңкиним түгөнөт го* (Сыдыкбеков). *Анын жиңкини түгөндү.*

ЖИПСИЗ БАЙЛАНУУ. Өз эркинче эч нерсе жасай албоо, чарасыз баш ийүү, көз каранды болуп калуу. *Бу ашынган амалкөй зулум Дүр мырзага жипсиз байланды* (Бейшеналиев). *Төрт кыбыласы түгөл аска, төрт жагынан тең жипсиз байлануу экенин Ашырбай кишиге айттырбай жакшы түшүнөт* (Ш.Үмөталиев).

ЖОГОЛГОН МАЛДЫН КӨЗҮНДӨЙ. к. Эски малдын көзүндөй.

ЖОЙ БОЛОТТОЙ. Абдан курчуп, такшалып, эч тартынбай, тайманбай киришкидей же айткыдай. *Досунун кийинки көрүшпөгөн жылдары ого бетер жой болоттой курчуганына айран таңданды* (Бейшеналиев).

ЖОК ДЕГЕНДЕ. Эң болбогондо, эч болбогондо, жок эле дегенде. *Жок дегенде бир*

чычкак улактын акысын ыроолоп койсоңор болбойбу? -дегенин эстеди Алдаш (Ш. Үмөталиев).

В.: Куру дегенде. *Куру дегенде ошол кенедей ишти бүтүрүп койсоңор болбойбу* («Кыргызстан маданияты»).

ЖОК ЖЕРДЕН. 1. Эч негизсиз, чындыкка жатпаган, жалган жери-нен, бөөдө. *Бир аздан сон, жок жердей жалаа жаап, ого бетер чырды ырбаттым* (Мырзаев). *Албетте, жок жерден жалаа жаап жатса, кимдин жүрөгү күйбөсүн* (Байтемиров).

2. *Кокусунан, күтүлбөгөн жерден. Барпы жок жерден алтын тапкандай сүйүнүп кетти* (Байтемиров).

ЖОКТОН ЖОГОРУ. Эптеп эле бирдеме, анча арзырлык эмес. *Жоктон жогору. Ага да тобо. Тирүү турсак, дагынкысын да көрөрбүз* (Бейшеналиев). *Жоктон коро жогору көрүп сүйрөп кетейин деди* (Жигитов).

ЖОКТОН ТААП АЛГАНСУУ. Жогору саноо, баага батырбоо, абдан кымбат, ыйык деп эсептөө. *Жоктон таап алгансып, деле кишиге көрсөтпөйт. Жоктун жону катуу.*

ЖОКТУН ЖОНУ КАТУУ. Колунда бере турган эч нерсеси жок, абдан алсыз, колунда жок. *Жоктун жону катуу деген ушул тура, айлам түгөнүп аргасыз отурам, - деп Казактын зээни кейиди* (Т. Сыдыкбеков).

ЖОЛ АЙТУУ. Кандайдыр бир йштин колкосу үчүн же бир жакка жол тартып бараткандыгы үчүн бир нерсе тартуулоо, берүү. *Беш тыйын жол айтканга жараган жок. Ата наркы, элдин салты боюнча кудаларга жол айттык.*

ЖОЛ БОЛСУН. 1. «Кайдан?», «кандай жумуш менен?» деген мааниде суроо, кайрылуу иретинде колдонулат. *Акунжансыңбы? - Жол болсун, үкөм?* (Байтемиров).

2. «Бул кылганың кандай?», «Эмне үчүн?», «бул эмне дегениң?» ж.б. мааниде бирөөнүн кебине, кылык-жоругуна, жасаган иштерине карата суроо салуу, тан калуу иретинде колдонулат. *Күйөө балаңыз менен кызыңызга ынтымак-ырыс каалап, өзүңүз ичпей койгонуңузга жол болсун, - деп Көкөтөй кысынган чалдын*

айласын түгөттү (Айтматов). *Мына ушундай сөзү өтүмдүү болуп турганда Койсун кайра артка кетип отурганына жол болсун?!* (Медетов). *Мунуңа жол болсун?*

ЖОЛ КАРОО. Келсе экен деп эңсөө, келеби деп үмүттөнүп зарыга күтүү. *Нурак менен Калыйпа адатынча кызды кутуп, жол карай бериштн. Кыз эртеси да үйгө келбеди, анын эртеси да...* (Өмүрбаев).

ЖОЛ ТАЛАШУУ. Мансап же башка максат үчүн бирөө менен ат салышуу. *Дүр окууну нечен жылда мыкты бүпипү. Орус төрөлөрүнө алынып, асшыртан жол талашып, өзү бийлеп баратканын көргөн кыраан атасы... билгизмемиш этти* (Бейшеналиев).

ЖОЛ ТАРТУУ. Сапар чегүү, жолго чыгуу, жөнөө. *Тек, ошондо сен калдайган ырчы, күүчү, обончу таңшып, топ менен калдайып жол тартасың* (Бейшеналиев). *- Молдоке-е аттаналы-ы! Жол тарталы-ы. - Бизди көп кечикпегиле деген. Кармалып калдык!* (Бейшеналиев).

ЖОЛБОРС ЖҮРӨК. Эч нерседен коркпогон, тайманбас, баатыр, эр жүрөк. *Бул ушундай жолборс жүрөк, муну менен эрегишип болбойт* (Климов) . *Мамбеттей жолборс журөк азаматтын атырылганы, айбаты жашмырзаны козголтоор, ырайым, эттирээр...* (Бейшеналиев).

ЖОЛБУН СУУ. Кар эригенде, катуу жамгырдан кийин агып сай-сайга куюучу убактылуу аккан суулар. *Сайга батпай сел жүрүп, Жолбун суулар чамынган* (Токобаев).

ЖОЛГО КОЮУ. Ишти же дагы бир нерсени жөнгө салуу, жөнүн таап жакшыртуу, тартипке келтирүү, оңдоо, иреттөө. *Бизде эмгекти уюштуруу ишин жолго коюу керек* («Кыргызстан маданияты»). *Ага арымдуу масилеттерди жолго коюу маанилүү* (Бейшеналиев).

ЖОЛГО САЛУУ. 1. Амалын таап жөнөтүп жиберүү, эптеп кутулуу. *Сөйкөмдү бердим колуна, Зөөкүрдү салдым жолуна* (Тоголок Молдо). *Аны эптеп жолго салдым.*

2. к. Жолго коюу. *Билбегенин билгизип минтип жолго салалы* («Манас»). *Адашканын баяндап туура жолго салып жүр* («Мендирман»).

ЖОЛДО КАЛУУ. Ага жетпөө, ага салыштырганда өтө төмөн туруу, начар болуу. *Ой, ал мыкты да, ага жетмек кайда? Башкалар жолдо калат.*

ЖОЛДОН ЧЫГАРУУ. Жаман ишке дуушар кылуу, азгыруу. *Күнүгө үч жол жандады, чыгарып жолдон алдады* («Сейтек»). *Аны көз көрүнөө жолдон чыгарды* (Абдукаимов).

ЖОЛДУ КЫСКАРТУУ. к. Узун жолду кыскартуу.

ЖОЛОЮНА ТҮШҮҮ. Бирөөнүн айткан-дегени менен болуу, азгырылуу. *Касымбектин жолоюна түшүп, бөлүнүп-жарылгысы бар* (Бейшеналиев).

ЖОЛУ АЧЫК. Эч бөгөтү жок, тоскоолдуксуз, шыр, шыдыр. *Жолуң ачык, мынакей баскын ылдам, Мезгил эмес, бир минут күтө турган!* (Осмонов).

ЖОЛУ АЧЫЛУУ. 1. к. Ак жолу ачылуу.

2. Катташууга, барып-келип жүрүүгө шарты туура келүү, мүмкүнчүлүк алуу. *Келинди отко кийирип койсок жолу ачылып калат эле* («Чалкан»). *Мейли, бирди-жарым катуу чатак чыгып кетсе, кийинкисине жакшы. Жолубуз ачылды* (Ш.Үмөталиев).

ЖОЛУ БАЙЛАНУУ. Өз алдынча кетүүгө мүмкүнчүлүгү, укугу жок, өз башына өзү ээ эмес, бирөөгө көз каранды. *Элди, жерди сагынганымды айтпа, кетейин дегенде эки көзүм төрт. Бирок, жолум байлануу* («Ала-Тоо»).

ЖОЛУ БОЛБОО. Кандайдыр бир иши, көздөгөн максаты орундалбай, ордунан чыкпай калуу, иши оңолбоо. *Асылжандан кийин акемдин аялдан жолу болбой калды* (Сыдыкбеков). *Жолу болбой Жолдубайдан Жыгылды анын баары* (Көчкөнов).

ЖОЛУ БОЛУУ. Иши оңунан чыгуу, ийгиликке жетүү, олжолуу болуу. *Мына эми жолуң боло берди, Каранар сага буюруп туулуптур, баркына жетип асырап ал* (Айтматов). *Барган жериңерде жолуңар болсун, кошкула, - деди жолоочу* (Абдукаримов). *Андан жолу болуп бир тоодак атып алышты* (Жантөшев).

ЖОЛУ КАТКАН. Иши илгери болбогон, иши оңунан

чыкпаган, таалайсыз деген сыяктуу жемелөө маанисинде колдонулат. *Төштүктүн тогуз агасы, Жолу каткан иттердин Акмактыгын карачы* («Эр Төштүк»). *Жоголгондор табылып, Жолу каткан чоронун Абийири минтип жабылып* («Сейтек»).

ЖОЛУ КАТУУ. Баштаган иши ийгиликтүү аяктабаган, кара жолтой, жолу болбогон. *Жолу катуу түгөт чал, Жолбун иттей улуп кал* (Тоголок Молдо). *Молдобасаным, мынча болду, жолу катуу агаңдын тилин ал* (Бейшеналиев).

ЖОЛУ УЛУУ. Улуулугу бар, кадырлай турган, урматтай турган адам, кадырлуу, сыйлуу адам. *Кичүү болгонуң менен сенин жолуң улуу, өйдө өт, өйдө өт, - деп калышты мага* («Ленинчил жаш»). *Жолу улуу киши.*

ЖОЛУН ЖОЛДОО. Бирөөнүн ишин улантуу, кылганын кылуу. - *А Байымбетим, кара түйшүккө караганда кызыл тилден баар табаар, эрини жука, көзү тирүү, өмүр берсе, менин жолумду жолдоор* (Бейшеналиев). *Наркын тартып атанын, Жолун жолдоп бара албай* («Сейтек»).

ЖОЛУН КЫЛУУ. Кимдир бирөөнүн көрсөткөн жардамына, жакшылыгына карата сый көрсөтүү. *Эми, эмне болсо ото болсун, ушул туягын бир балээ кылып бер, жолуңду кылайын* (Ш.Үмөталиев). *Колдон келсе, жолуңузду кылсак болот эле, эч нерсебиздин жоктугун көрүп турасыз* (Жантөшев).

ЖОЛУН КЫЯ ӨТПӨӨ. Жамандык кылбоо, кыянаттык кылбоо. *Жолуңду кыя өткөн жок элем го* (Айтматов).

ЖОЛУНА БӨГӨТ БОЛУУ. к. ЖОЛУНА ЧЫЛБЫР ТАШТОО.

ЖОЛУНА ЧЫЛБЫР ТАШТОО. Бирөөгө кыянаттык кылуу, жолтоо болуу, жолун тосуу, тоскоолдук кылуу. - *Уккула! Ак жолума кимде ким чылбыр таштап, куранды аттай турган болсо, ар кимиңди мына ушундай жазалайм* (Жоошбаев).

В.: Жолуна бөгөт болуу. *Же Тоголок Молдо акунума теңелбей кол куушуруп жолуна бөгөт болбоюн дегенби?* (Бейшеналиев).

ЖОЛУҢ БОЛГУР! Кимдир бирөөнүн орунсуз иш жасаганына,

чекилик кылып коюшуна, кылык-жоругуна карата кейип, өкүнгөндүгүн билдирип жемелөө иретинде колдонулат. - *Ой, жолун, болгур, сүйүн дебейсиңби!* (Бейшеналиев). - *О, жолун, болгур десе, жүрөгүбүздү түшүрүп койбодуңбу* (Байтемиров). *Оо, жолуң болгур десе, сенин өзүңдүн маңдай териң мелен тапкан акчаң бар эмеспи* (Саатов).

ЖОЛУҢ ШЫДЫР, ЖОЛДОШУҢ КЫДЫР БОЛСУН! Жолго чыккан, жол тартып бараткан адамга карата жолуң жакшы болсун, жолдо эч кырсыкка учурабай барып кел деген мааниде жакшы тилек кылуу, бата берүү иретинде колдонулат. *Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун, балам! - деп карыя адам батаберди* («Ала-Тоо»).

В.: Жолуң шыдыр болсун! - *Сааданбек, эми жакшылап айда, алдыңа кетейин... - Жолуң шыдыр болсун!* (Жусупов).

ЖОН АЛУУ. 1. Семирүү, эттенүү. *Кой семирип жон алды, Жон алганда мол алды.* (Тоголок Молдо). *Жайлоо чөбү жакшы чыкса да, мал кечигип жон алды* (Каимов).

2. *Оңолуу, тирденүү, байый баштоо. Кудайга шүгүр, азыр оңолуп, жон алып калган кезиби, - деп күлүп койду* («Кыргызстан маданияты»).

ЖОН КӨРГӨЗҮҮ. Айбат кылуу, күч көрсөтүү. *Жон көргөзүп жатууга жаңгыз атар дары жок* (фольк.).

В.: Жон көрсөтүү. *Ал бечара алы жетпесе да жон көрсөтүп турат* («Чалкан»).

ЖОН ТЕРИҢДИ КИЙ! Кийимди жактырбаганда кийбесең кийбе, кийүүнү каалабасаң өлүп кет деген мааниде коддонулат. *Жон териңди кий, сага мындан артык кандай неме жагат, - деп, атам күпүлдөй баштады* («Ала-Тоо»).

ЖОН ТЕРИСИН СЫЙРУУ. Абдан катуу жазалоо, уруп-сабоо, сазайын окутуу, жазасын колуна берүү, кыйноо. *Эмне карап турасың! Соккула! Жон терисин сыйыргыла! - деп ортодогусу булдурсун менен тартып, тартып ийди* (Бейшеналиев). *А бүгүн кылмыш кылсаң демек, Ал үчүн жон териңди сыйруу керек* (Борбугулов).

ЖОНУ АЧЫЛБОО. Абдан мыкты семирүү, жогорку семиздикте болуу, семиз бойдон жүрүү, этинен түшпөө. *Койлордун жону ачылбайт* («Советтик Кыргызстан»).

ЖОНУ БАР. Семиз, эттүү. *Жаздын узак, катаал болгондугуна карабастан, айрым тың, чабандарда койлордун жону бар* («Ленинчил жаш»).

ЖОНУ БҮТӨЛҮҮ. Оңолуу, кийим-кечелүү болуп, турмуш-тиричилиги жакшыра баштоо. *Чоочун элде Айылчынын калкасы тийип, курсак ток тартып, жон бүтөлө баштады* (Бейшеналиев).

ЖОНУ ЖУКА. Колунда жок, жоксуз, жарды, кедей. *Жону жука болгон менен акылга, адамкерчиликке калбаат тегирменчи ынагын уят-карбоо үчүн баралы деда* (Бейшеналиев). *Жонуңар жука экенин билип турганда, жок намыстын кереги эмне? - деди Зуура* (Убукеев).

ЖОНУ ЖУКАРУУ. 1. Арыктоо, этинен түшүү, азып-тозо баштоо, начарлай баштоо. *Жаз катаал болуп, койлордун жону жукарып калды* («Советтик Кыргызстан»).

2. Колунда жок, жоксуз абалга келүү, кедейленүү, жардылануу. *Эл-дин жону жукарып, арыз айтуулар, нары карап күңкүлдөп сөгүнүүлөр күндөн-күнгө көбөйүп баратат* (Касымбеков). *Колдо эч нерсе жок жонубуз жукарып турган кез* («Ала-Тоо»).

ЖОНУ КАЛЫҢ. Колунда бар, бардар, бай. *Алардын жону калың биз аларга (байларга) теңеле албайбыз да деп кембагалдар чуулдашты* («Ала-Тоо»).

ЖОНУН САЛУУ. Тоготпоо, сестенбөө, теңине албаган, жактырбаган, көңүлдөнбөгөн түр көрсөтүү. *Аларды ашкебилер деп эсептейт, салкын карат, жонун салат* («Советгик Кыргызстан»). *Кудайберген чынжырлуу жолборс да Тыныбек менен Султанаалыга кыр көрсөтүп, жонун салат* (Каипов).

ЖОНУНА КАМЧЫ ОЙНОО. Катуу таяк жеп калуу. *Эгерде энемдин айтканы атамдын оюндагыдай болбой калса, ошол жерде энемдин жонуна камчы ойноп кетүү да алыс эмес эле* (Жантөшев).

ЖОНУНАН КАЙЫШ АЛУУ. Уруп-сабап көргүлүктү көрсөтүү, абдан кыйноо, сазайын колуна берүү, катуу жазалоо. *Тигил катынын ээн бастырбай жонунан кайыш алып турсун* (Сыдыкбеков). *Мейли, жонумдан кайыш алса да макул болбойм* («Кыргызстан аялдары»).

В.: Жонунан кайыш тилүү. *Жоо бекинсе сырт жакка, Жонунан кайыш тилейин* («Эр Табылды»). *Жонунан кайыш тилип, бутуна кишен салдырып, Сары-Кашканы бактырып коём* (Көчкөнов).

ЖОНУНА КОНУУ. Бийлеп алуу, үстөмдүк кылуу. - *Ате, коймарек неме болсо түзүк болот эле. Кулунун жонуна конуп алар бекен? -дешет* (Осмоналиев).

ЖОНУНДА ЖАЛЫ БАР. Баатыр, жалтанбас, эр жүрөк. *Канымет жонунда жалы бар эркек тура* (Абдукаримов).

ЖОО ЖАКАДАН, БӨРҮ ЭТЕКТЕН АЛГАНДА. Бардык жагынан кысталып, абдан коркунучтуу, кыйын абалда турганда. *Жоо жакадан, бөрү этектен алып турат* (Саякбаев). *Минтип журт булунуп, жоо жакадан, бөрү этектен алып турганда катын-баламды чыркыратып кайда, кимге таштайм* (Баялинов).

ЖОО КУУГАНДАЙ. Карбаластап, калдастап катуу шашкандай, алдастап айласы кеткендей, аргасыз болгондой. *Көрбөдүм андан башканы, Жоо куугандай шашманы* (Шүкүрбеков). *Артынан жоо куугандай качканын кара!* (Жусупов).

В.: Жоо кууп келе жаткандай. *Эх, жубарымбек десе, жети түндө жоо кууп келе жаткандай, кайдан?* (Жусупов). *Эмнеге, ботом! Жоо кууп келе жаткандай, ушунчалык да качат экен ээ* (Саатов). *Жоо кууп келе жаткансып, кайсы иш болбосун, качан болбосун тез бүтүрүшүн шаштырып калышат эмеспи* (Айтматов).

Жоо чапкандай. *Жоо чапкандай жүгүрүп кирди. Үй ичи жоо чапкандай бүлүндү* (Өмүрбаев).

Жоо кубалагандай. - *Ыя, ботом, каякка барасыңар жети түндө, жоо кубалагандай* (Бердикеев).

Жоо тийгендей. *Тынч отурган айылды жоо тийгендей кылды да кетти* (Укаев).

ЖООЛУГУ ЫЛДЫЙ ТҮШҮҮ. Күйөөсү каза таап, аза күтүү абалында болуу, аза күтүп калуу. *Бул алааматта канча жаштын жоолугу ылдый түшпөдү дейсиң* («Ала-Тоо»). •

ЖООН БИЛЕК. Кара күчүнө сыйынган балбан, алдуу-күчтүү, карылуу. *Жолборс моюн жоон билек, Жоругу калың таш жүрөк* («Манас»). *Эси жок бала дардаңдап жоон билек болот* (Сыдыкбеков).

В.: Билеги жоон. *Билеги жоон бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат* (макал).

ЖООН КАМЧЫ. к. Кызыл камчы.

ЖООН КӨКҮРӨК. Эрдемсинген, баатырсынган, мактанчаак, бой көтөрмө. *Чаке, мындай жоон көкурөктөрдү теске саларсыз деген үмүттөбүз* («Чалкан»).

ЖООН МОЮН. Анча-мынчаны тоготпогон, менменсип кербезденген, кенебеген, тил албаган. *Жаш туруп эмитен жоон моюн болсоң, сени ким жакшы көрөт* («Ала-Тоо»).

В.: Мойну жоон. *Мойну жоон жигит көрүнөт* («Ала-Тоо»).

ЖООН МУШТУМ. Өзүнөн төмөнүрөөктөргө үстөмдүк кылып, чоң-сунуп, күч көрсөткөн. *Паселканын жоон мүштүмдары бирдеме дей электе ооз ачырбай баса калат* (Элебаев).

ЖООН ОРТО. Жакшы менен жамандын ортосу, өтө мыкты да эмес, өтө жаман да эмес. *Кашгарысы менен Жүкөйү жоролук шайырлардын арасындагы жоон орто жайдарылары* (Бейшеналиев). *Мектептердин алды болбосо да жоон ортосу делип эсептелген* («Мугалимдер газетасы»).

ЖООН ӨПКӨ. Опурулуп-жапырылып, мыктысынып, чоңсунуп сүйлөгөндү жакшы көргөн, ала көөдөн, мактанчаак. *Өзүндө жетер акылы деле бар. Бирок, жоон өпкө неме, акылын көөдөктүгү жеңип кетет* (Медетов). *Эшен мактоону жакшы көргөн жоон өпкө киши экен* (Токтогул).

ЖООН ТОП. Бир кыйла, бир далай, көп. *Эртеси жоон топ жигитти ээрчитип, туш ченде Тозор келди* (Эшманбетов). *Жоон топ киши чоң үйгө кирип кетип, биз кочодо күтүп турдук* («Ала-Тоо»).

ЖООН СОЗУЛУП, ИЧКЕ ҮЗҮЛҮП ТУРГАН УБАК. Калган-каткан, жук-жубур түгөнүп, тамак-аш ж.б. өп-чап, тартыш болуп турган каатчылык маал. *Жоон созулуп, ичке үзүлүп турган коогалуу убакта чекистер да бекер карап турушкан жок* (Саатов).

ЖООНДУ ЖОНУП ЖЕГЕН. Ыгын таап, эптештирип, ортодон пайда таба билген. *Ал жоонду жонуп жеген эргулдардын бири* («Ала-Тоо»).

ЖООРУН ЧУКУУ. Жетишпеген жактарын, жаман кылык-жоругун айта баштоо. *Ырчыга «Жоорун таап чуку! Унутулган айыбын аңтар» дегени эмнеси* (Осмоналиев).

ЖОРГО БОЛУУ. Башка түшкөн ишке, кыйынчылыкка көнүү, аны кабагым-кашым дебей көтөрүү, шартка жараша болуп бөйпөктөө. *Башка түшсө байтал жорго болот* (макал).

ЖОРГОСУ ЧЫГУУ. 1. к. Жорго болуу.

2. Такшалуу, дасыгуу, мыкты үйрөнүү. *Мурда чалды-куйду азоо тайдай туйлаган эмелериң кадимкидей төшөлүп, жоргосу чыгып, даңгыр жолго чыгат* (Бейшеналиев).

ЖОРГО СӨЗ. Кара сөз менен ырдын ортосунда, муун рифмасы сакталбаган уйкаш, ыр сыяктуу касиети бар куюлушуп айтылган сөз. *Жорго сөздү ырга ыргактап уккулуктуулугун уласа, алгылыктуулугу ашпайбы* (Бейшеналиев).

ЖОРУГУ ЖОЛДО КАЛСЫН! «Ушундай да иш кылабы, мунусу жарабайт, болбойт, куруп кетсин» деген сыяктуу жактырбоо, жемелөө маанисинде колдонулат. *Асанкул эшигин сагалап, бир туугандык касиети качкан иттин бири турбайсыңбы сен, жоругуң жолдо калсын!* (Бердикеев). *Жоругу жолдо калсын. Уккум келбейт* (Тойбаев). *Жоругуң жолдо калгыр-р. Булэмнеси?* (Бейшеналиев).

В.: Жосуну жолдо калсын. - *Жосуңуңар жолдо калсын. Мүйүздүү Бугу-Эненин тукумуна кантип кол көтөрдүңөр? - деп нааразы болушат* (Айтматов).

ЖӨН БИЛГИ. Түшүнүгү бар, өйдө -төмөндү ажырата билген, ар нерсени өз учурунда туура түшүнгөн. *Айрым жон билги аксакалдар аксымдыкка жеңдирген чап-чаң кызуу кандууларга жай, жүйөөлүү сөздөрдү масилеттөөдө* (Бейшеналиев). - *Э.., ал ошондой жон билги азамат көрүнөт* (Сыдыкбеков).

ЖӨӨ ЖОМОК. Адамдардын коомдо бири-бирине болгон мамилесин, көз карашын, ой-пикирин кара сөз же жорго сөз аркылуу баяндаган жомок. *Жөө жомок айтты.*

ЖӨӨ КҮЛҮК. Жөө жарыштарга катышкан, кыйын чуркаган адам. Ат эмес, жөө күлүктөр жарышат (Маликов).

ЖӨӨ ТУМАН. Акырын жылып жүрүп, иштин баарын бүлдүргөн, былгыткан бүзүкү, арамза. *Ал бир жаткан жөө туман. Бул чагым бүтүндөй аймакты баскан жөө туман болуп көптүн башын айлантты* (Ашымбаев).

ЖӨӨ ТУМАНДАЙ. Акырын, билинбей, жай, жылып жүрүп жайылгандай, тарагандай, каптагандай.

ЖӨӨ ЧЕЧЕН. Бирөөгө сөз бербеген, өзүн сөзмөр катары эсептеген, кургак чечен. *Качыке ичип алганда жөө чечен болуп жобурап, баарын кыйратып иштеп, баары колунан келчүдөй болуп кетчү* (Абдукаимов). *Жок дегенде согуш майданында жүрүп бир ыр жазбапсың, сен жөн эле жөө чеченсиң го?* («Ала-Тоо»).

ЖӨРГӨМҮШТҮН ЖӨТӨЛГӨНҮН БИЛҮҮ. Абдан кыраакылык, өтө кыйындык же амалкөйлүк, митаамдык чеберчилиги менен астыртан баарын билүү, туюу. *Алар керек болсо, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн суратпай билишет* (Эралиев).

ЖӨРГӨМҮШТҮН ТОРУНА ЧАЛЫНУУ. Өтө кыйын, кутулуп чыга албас кырсыкка дуушар болуу, кирептер болуу. *Жөргөмүштүн торуна чалынган Анархан айласыз көндү* (Жантөшев).

В.: Жөргөмүштүн торуна түшүү. *Жөргөмүштүн торуна түшкөндөй тыбырчылайт.*

Жөргөмүштүн желесине илинүү. *Жөргөмүштүн желесине илинген экен.*

Жөргөмүштүн желесине түшүү. *Ал байкуш жөргөмүштүн желесине түшкөн тура.*

ЖУГУМУ ЖОК. к. Кишиге жугуму жок.

ЖУК БОЛБОО. Берекеси, үнөмү болбоо, тез эле, бат эле түгөнүп калуу, өтө аз болуу. *Уурдап алган, кымтып алган жук болбойт. Андайлардын карды тойбойт, иши оңолбойт* (Осмонов). *Жалгыз бээнин сүтү сабага жук болмок беле* (Абдукаримов).

ЖУЛМА САКАЛ. Бирин-серин анда-санда чыккан же топтошуп сейрек чыккан сакал. *Жакып сейрек кара мурут, Жулма сакал, кызылдуу киши* (Аалы). *Ак кементайчан жулма сакал дүмүрөйгөн кара киши тер басып, ынтыккан атынын башын кейкейте чыдамсыз жүткүндү* (Бейшеналиев).

ЖУЛУГУНА ЧАҢ ЖУГУЗБОО. к. Кирпигине кир жугузбоо.

ЖУЛУК АҢДУУ. Кишинин баскан-турганын, иштеген ишин аңдуу, андан шек саноо, жамандык издөө, шектене берүү. *Айылда жулук аңдуу көбөйдү* («Ала-Тоо»).

ЖУЛУК УУРУ. Майда-барат, кичирээк нерселерди кымтып кете берме, колу туткак, майда ууру, жылма ууру. *Он беш жашынан баштап жулук ууру боло баштайт* («Чалкан»).

ЖУМГАН КӨЗҮН АЧПОО, СУНГАН БУТУН ТАРТПОО. **1.** Эч капарсыз, беймарал жыргап жата берүү, жыргалдын үстүндө болуу, бардыгы шаймашай болуу. *Азыр да жумган көзүн ачпай, сунган бутун тартпай жай жатчу кез эмес* (Сыдыкбеков).

2. Ыңгыранып, менменсинип бой көтөрүү, эч нерсеге көңүл бургусу келбей пейил күтүү, тоотпой коюу.

ЖУМУРАЙ ЖУРТ. Бүт эл, элдин бардыгы, калайык калк. - *Нетсеңер да Токтогулга жумурай журт ыраазы, таңыркаарлык эстелик курулса дейм да* (Бейшеналиев). - *Конуп-түнөп сыйынып жүрөт жумурай журт, баралычы, уулум* (Жусупов).

ЖУМУРДАГЫ СЫР. Аябай жакын, өтө ишенимдүү кишиге гана айтыла турган жашыруун кеп, сөз. *Экөөбүз шашпай отуруп, жумурдагы сырды айтыштык* («Кыргызстан аялдары»).

В.: Жумурдун башындагы сыр. *Мен сага жумурдун башындагы сырды айтып жатам* («Ала-Тоо»).

ЖУМУРТКАДАН КЫР ЧЫГАРУУ. Экөнү жок жерден, болбогон жердей кемчилик таап, өөн таап, куру бекер кыйкымдай беруу. *Жумурткадан кыр чыгарып, бир сөздөн миң деген сөзду ырбатуучулар четтен чыгатго* (Байтемиров). *Жумурткадан кыр чыгарып, акты кара деген амалкөйлөрдүн бети ачылууда* («Ленинчил жаш»).

В.: Жумурткадан кыр табуу. *Алар жумурткадан кыр табууга аракет кылышат* («Ала-Тоо»). *Алар кылдан кыйкым, жумурткадан кыр табат* (Жантөшев).

ЖУМУРУНА ЖУК БОЛБОО. Ичкен-жегени, тамагы өтө аз болуп алымсынбай калуу, жарыбоо. *Артыкча, албетту кишилерге беш кашык атала кардына как, жумуруна жук болобу?* (Бектенов). *Ал эми эртели кеч үйдөн жеген загыра нан анын жумуруна жук болбойт* (Жигитов). *Бирок, бул аз неме анын жумуруна жук да болгон жок* (Абдыраманов).

ЖУМУРУНДА УУЗУ ЖОК. Төрөлгөндө эне сүтүнө жакшы тойбой калган, опкок, ачкорок. *Жумурунда уузу жок, Тоймоюнча кел дебейт* (фольк.).

ЖУРТ АТАСЫ. 1. Эл бийлеген аксакал, билерман адам. *Кеңешели, биздин да журт атасы болгон сакалдуу-көкүлдүүлөрүбүз бар* («Ала-Тоо»).

2. Жетекчи кызматтагы адам. *Балам, жаш да болсоң журт атасы болуп отурасың. Биздин колдон келгенди аянбайбыз, мындан ары кеңешип-жаңашып туралы дешти карыялар* («Ленинчил жаш»).

В.: Калк атасы. *«Калк атасы ушу», - деп, Кутубий уулу Карадөө Кан көтөрүп салды эми* («Семетей»).

ЖУРТКА ТАШТОО. Карабай, бакпай коюу, жалгыз

калтыруу. *Карыган апаңды таштабайсыңбы, айылга келип иште дешип, тууганда мени ортого алып жемелешти* («Ленинчил жаш»).

ЖУРТТА КАЛГАН ИТТЕЙ УЛУУ. Какшап, боздоп жалгыз калуу деген мааниде. *Эч кимиси ала кетпей, журтта калган иттей улуп, жолдун боюнда отурсам, зарым кимге жетет* (Кыдырмышев).

ЖУРТУН КЕТМЕНДӨӨ. Эч нерсесин калтырбай жок кылуу, талкалоо, тыптыйпыл кылуу. *Найзакердин кунунан кутулгуча экөөнү качырасыңбы?... Айтып коёюн, журтуңду кетмендеп салам! Уктуңбу?!* (Осмоналиев). - *Айтканыңардай Олойкандардын журтун кетмендейли. Аларды коргогон Верныйдагы күчтөн бизди коргоочу кимиңсиң?* (Осмоналиев).

ЖУРТУНДА ИТ УЛУП КАЛУУ. Эч нерсеси, эч кимиси калбоо, аңгырап бош калуу, ээн калуу. *Кыштоосун кымкуут кылып, бир күндө буздуруп, быякка ташытып, журтунда ит улуп калды* (Өмүрбаев).

ЖУРТ ЧАЛУУ. Чалгындоо, тымызын иш жасоо, байкоо. *Атакем кетти журт чалып, дочтум, Акам бир кетти куш салып, достум* (Барпы).

ЖУТУП ЖИБЕРЧҮДӨЙ. 1. Жаман көзү менен каардана кароо, заарын чачкандай кароо. *Токсон саламга жооп кайтарбастан, жутуп жиберчүдөй тиктеп калды* (Осмоналиев). - *Шерменде! - деди Оңолду жутуп жиберчүдөй арбап, үнүн пас чыгарып* (Осмоналиев).

В.: Жутуп ийчүдөй. *Туткундун жутуп ийчүдөй болгон заардуу көзү өзүнүн көзү менен арбаша түштү* («Ала-Тоо»). *Болуш бизди жутуп ийчүдөй болуп, көзүнөн чаары чыгып, кыжынып отурат* (Бейшеналиев).

ЖУУРКАНГА ЧЕНЕП БУТ СУНУУ. Алына, чаркына жараша иш кылуу. *Эми буларга пулду мен таап беришим керекпи. Жуурканына ченеп бут сунушсачы* (Саатов).

ЖҮГӨН САЛУУ. Баш ийген, моюн сунган абалга келтирүү, чектелген абалда, өз бийлигинде кармоо. *Карты чыгып Токоңо, Кузгундар салган жүгөнүн* (Токтогул).

В.: ЖҮГӨН КАТУУ. *Зулумдар каткан жүгөнүн, Жарды менен жалчыга* («Ала-Тоо»).

ЖҮГҮН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ. Кол кабыш кылуу, каралашуу, жардамдашуу. *Дүр уулуңуз азыр сиздин таалим боюнча жүгүңүздү жеңилдетип, биздин ишенимди актап, өзүнчө эл башкарууга жетилди* (Бейшеналиев).

ЖҮЗ БАКПОО. Тике карай албоо, жүздөшө албоо. *Бирок Бөбөк атасына жүз бакпай төмөн караган бойдон төшөгүнө өтүп кетти* (Укаев).

ЖҮЗ ЖАНБАГАН. Тайманбаган, тартынбаган, беттегенинен кайра тартпаган. *Боз балдарда жарак көп, жүз жанбаган баатыр көп* (фольк.).

ЖҮЗ КАРАМА. к. Өң карама.

ЖҮЗ КАРАШПОО. Катуу таарынышып же чатакташып бири-бирине такыр жолугушпай, бет алышып көрүшпөй, биринбири көргүсү келбей, катуу араздашып калуу. *Бул үйдөгүлөр кечинде жүз карашпай алды-алдынан тарап кетишти* (Медетов).

В.: Жүз көрүшпөө. *Ошол чоң чатактан кийин алар жүз көрүшпөй калган* («Ленинчил жаш»).

ЖҮЗ КӨРҮШҮҮ. к. Жар көрүшүү.

ЖҮЗ ТОКТОТУП КАРОО. Абдан байкоо, өтө чеберчилик менен, кунт коюп кароо. *Чынтемирди жүз токтотуп карап турду.*

ЖҮЗ ТОЛГОНУУ. Катуу ойлонуу, кайра-кайра ойлоно берүү, бир чечимге келе албай убаралана берүү. *«Ие, кокуй, көрсөтпөй койсом мени кудай алабы?!» деп ичинен кайра жүз толгонуп, ой-санаасы: «Бу бектерди когонго тизгендей... байлап бермейинче, бизге бак тийбейт! « деп, көгүнө таянат* (Касымбеков).

ЖҮЗҮ АК. к. Жузу жарык 2.

ЖҮЗҮ АЧЫЛУУ. к. Бети ачылуу.

ЖҮЗҮ ЖАРЫК. 1. Ажарлуу, жайдары. *Эч кайгырбаган жүзү жарык, жылдыздуу адам* («Чалкан»). *Карындашым Кундузжан, жүзүң жарык жылдыздан* (Аалы).

2. Элге уят болбогудай, эл алдына кызарбагандай, кепке-сөзгө калбагандай абалда. *Эми райондук биринчиликке да жүзүбүз жарык катыша беребиз* («Советтик Кыргызстан»). *Менин башымды ачып, такыялуу кыздай каада менен алып кетсең, эл алдында менин да жузум жарык болор эле, - деди* (Өгөбаев). *Бардыгынын жүзү жарык, көңүлдүү* («Ала-Тоо»).

В.: Жүзү ак. *Эл алдында эки жузу ак болот.*

ЖҮЗҮ ЖЫЛУУ УЧУРОО. к. Өңү жылуу учуроо.

ЖҮЗҮ ИЙГИ. к. Түсү ийги.

ЖҮЗҮ КАРА. Уяты жок, адамгерчилик сапаты жок, шерменде. -Жүзү кара! *Бизге башынан бери жармашкан кырсык ушулар турбайбы* (Каимов). - *Ой, жүзү кара десе-е, минтпегениңде атаңы тааныткамын* (Бейшеналиев). *Ал жүзү кара, энеңерден калган оокатты бүтүндөй үйүнө ташып кетти* (Ахматов). *Көтөр колуңду, жүзү кара* (Айтматов).

ЖҮЗҮ КАРАЛЫК. Уятсыздык, адамгерчилиги жоктук, шермендечилик, маскарачылык. *Бирок, сакалдуу башың менен жүзү каралык иште иштегениңди кечире албайбыз* (Өгөбаев). *Биз үчүн жакшылык ойлобой бардык жүзү каралыкты ойлоп жүргөндөр ушулар экен да* (Жантөшев).

ЖҮЗҮ КАРАРУУ. Эл алдында уят болуу, абийири кетүү, адамгерчиликтен ажырап, маскара болуу. *Журт алдында минтип жүзү карарып отурат* («Ала-Тоо»).

ЖҮЗҮ КУРСУН. Уятсыз, уялганды билбеген, бетинде кызылы жок деген мааниде жек көрүү, тилдөө иретинде колдонулат. *Алардын жүзү курсун, курулуш материалдарын машиналап тартып кетип бара жатый жолдон кармалыптыр* (Бердикеев). *Болбосо жүзү курусун алардын, куттуу журтта кеп кылчу сөз эмес!* (Медетов).

ЖҮЗҮ ЧЫДАБОО. к. Бети чыдабоо.

ЖҮЗҮН АЛА КАЧУУ. Уялганынан, айбыкканынан адамга тике карай албай жалтактоо.

Ланичектин каны ичине тартып, жүзүн элден ала качып, айласын таппай жер тиктеди (Ашымбаев). *Булгаары заводунда иштегендер баштарын саландатып, жүзүн ала качты* (Ашымбаев).

ЖҮЗҮН АРЫ КЫЛСЫН. к. Бетин ары кылсын.

ЖҮЗҮН АЧУУ. к. Бетин ачуу.

ЖҮЗҮН КАРАБОО. Экинчи жүздөшпөйм, көрүшпөйм деген сыяктуу катуу көңүлү калуу маанисинде колдонулат. *Кызы апасына бир карап, «эми жүзүңдү карабайм» дегендей, жүзүн терс айлантып кетти* (Касымбеков).

ЖҮЗҮН КӨРГӨЗҮҮ. Өзүнүн ким экенин таанытуу, элге дайын кылуу. *Көзүмдүн тирүүсүндө барандуурак эле, элге жүзүмдү толук көргөзгүдөй бастырышса боло, - деди Тоголок Молдо* (Бейшеналиев).

ЖҮЗҮН ҮЙРҮҮ. Ачууланып, кабак-кашын чытып, кыжырланып көргүсү келбегендей, жактырбагандай түр көрсөтүү. *Ал бир жан менен сүйлөшкөн жок. Көңүлдөш жолдоштору келсе да, аларга жүзүн үйрүп, тетири карап жатып алды* (Укаев). *Эмитен сесин алып коёюн дедиби, Көкө жүзүн үйрүп, кыр көрсөтө минтип матады* (Касым-беков). *Эрли-зайып экөө тең сустайып, а түгүл жүзүн үйрүп коюшту* (Өмүрбаев).

В.: Түсүн үйрүү. *Түсүн үйрүп бүркөлөт, Байназарды көргөндө* (фольк.).

ЖҮЗҮНӨ КАН ТЕБҮҮ. к. Бетине кан тебүү.

ЖҮЗҮНӨ КАРАБОО. к. Бетине карабоо.

ЖҮЗҮНӨ КӨЛӨКӨ ТҮШҮРҮҮ. Уят кылуу, ыңгайсыз абалга кал-тыруу. *Биз сенин элдин жүзүнө көлөкө түшүрүп, «Интергельпонун беделин кетиргениңе кейип жатабыз* (Ашымбеков).

ЖҮЗҮНӨ КӨӨ ЖАБУУ. к. Бетине көө жабуу.

ЖҮЗҮНӨ КЫЗЫЛ ЖҮГҮРҮҮ. к. Бетине кызыл жүгүрүү.

ЖҮЗҮНӨН КАНЫ КАЧУУ. к. Бетинен каны качуу.

ЖҮЗҮҢ КУР! «Капырай», «Шумдук» деген сыяктуу таң калуу маанисинде колдонулат. *Оо, түндүн бир оокуму кезде үйдөн арбактай, аппак чыккан имиш! Жүзүң кур! Эл дырылдап туш-тушка качып жөнөптүр* (Кушубеков).

ЖҮКЧҮЛ КАРА ИНГЕН. Эч талбаган, түйшүктүн баарын көтөргөн. *Анын оюнда аял деген кың дебей баарын көтөргөн жүкчүл кара инген деп да туйчу* (Ашымбаев).

ЖҮЛҮНГӨ ЖЕТҮҮ. Абдан катуу тийүү, жанына батуу, ачуусун, ызасын келтирүү. *Асылдын ушул сөзү жүлүнгө жетти* («Ала-Тоо»).

В.: Жүлүнгө тийүү. *Бул ойноп айтылган сөз болгону менен, жүлүнгө тиет* («Чалкан»).

ЖҮЛҮНГӨ САЙГАНДАЙ. Кыжырын келтиргендей, ачуусуна тийгендей, кокусунан катуу чочуп кеткендей. *Аны укканда жүлүнгө сайгандай болду.*

В.: Жүлүндү куйкалагандай. *Тапкан сөздөрүн кара, жүлүндү куйкалагандай* (Бейшеналиев).

Жүлүндү өрттөгөндөй. *Анын жүлүнүн өрттөгөндөй сөздөр айтылды* (Бейшеналиев).

ЖҮНДӨЙ САБОО. Абдан катуу тепкилөө, кордук көрсөтүү, көптөп былчылдата сабап кетүү. *Саякатчынын төртүнчү атасы кол алдындагыларды балчыктай тебелеп, жүндөй сабайт* (Осмоналиев). *Маа десе жүндөй сабап, теридей тепкилеп Кызыл-Сууга салышсын* (Абакиров).

В.: Жүндөй тытуу. *Болбосо секи жүндөй тытышат бул мыкачылар* (Осмоналиев). *Аз убакыттын ичинде эле Шураны жүндөй тытып жиберишти* (Укаев).

Талпактай сабоо. *Колдорун артына байлап, талпактай сабаганда, келтекке ууккан жаштар миз бакпай карап турушту* (Осмоналиев).

ЖҮНҮ ЖАТА КАЛУУ. Жага бербей калуу, көңүлгө жага түшүү, оюндагысындай, ойлогонундай болуп кым дей түшүү. *Оңой жерден табылган олжого анын жүнү жата калды* (Жантөшев). *«Булар түшүнүктүүсүн жакшы көрөт окшойт» деген ой көңүлүнө кылт*

эте түшкөндө, Каныбектин жүнү жата калды (Жантөшев). *Кесебир-кескилер, тыңчылар жөнүндө жазылган адабияттарды көргөндө жүнү жата калчу* («Советтик Кыргызстан»).

ЖҮНҮ ТЕСКЕРИ АЙЛАНУУ. Аябай каарын төгүү, жаалдануу, түнөрүү. *Алымбай Накенге тигилди. Абышка таштай каткан. -Жүнүң тескери айланыптыр... кеттим, - деди Алымбай* (Жоошбаев).

В.: Түгү тескери айлануу. *Букендин түгү тескери айланып, зиркилдеп калыптыр* (Сыдыкбеков).

ЖҮНҮ ТИРҮҮ. Тың, бышык, чыйрак, тетик. *Ким билет, келиндин жүнү тирүү эле көрүнөт, билбесе үйрөтүп аларбыз* (Абдукаимов). *Жүнү тирүү, такылдаган кара жалпакка Токтогулдун да назары түшө сүймөнчүгү артты* (Бейшеналиев). *Жүнү тирүү кыздын ачын, мукам үнү чыкты* (Осмоналиев).

В.: Эти тирүү. *Адам болуп кете алар, эти тирүү бала көрүнөт* (Жантөшев).

ЖҮНҮН ЖЕЙТ. Абдан көп, сан жеткис, быкылдайт, жайнайт. *Улар, кекилик, чил өңдүү куштар жүнүн жейт* (Сасыкбаев). *Курулушта машиналар тим эле жүнүн жейт* (Сарногоев). *Анан калса, бүгүн тегирменге буудайларын жүктөнүп түшкөндөр жүнүн жейт* (Бейшеналиев).

ЖҮР-НАРЫГА САЛУУ. Кайдыгерлик, көңүл коштук менен эптеп-септеп бүгүрө коюу, көздөн далда кылуу. *Жүр нарыга салбастан, сапаттуу иштеп көнгүлө* (Осмонкул). *Ошондо биздин колхоздо уятсыз жүр нарыт салчулар эски журтта улуп калган кучүктөй болушар* (Жангөшев). *Алкендин жумушуна кайдыгерлик менен карап, жүр - нарыга салууга өттү* (Сасыкбаев).

ЖҮРГӨН ЖЕРИНЕ ЧӨП ЧЫКПОО. Жөн жүрө албай дайыма бузукулук, терс иштерди жасоо, бүлүнтүп жиберүү. Андай митаамдардын жүргөн жерине чөп чыкпайт («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨГҮ АГАРБОО. Көңүлү калуу, жек көрүү сезими пайда болуу, эч кечире албоо. *Курумбай кудасына берген сөзүн жокко*

чыгарган Осмонкулга эми жүрөгү агарбай калган (Өгөбаев).

ЖҮРӨГҮ АЙЛАНУУ. Кускусу келүү, окшуй тургандай болуп, өзүн начар сезүү, жипкирүү. *Жүрөгүм айланып, башымды көтөрө албай жатам* («Ленинчил жаш»). *Жүрөгү айланып, окшуганы араң турат.*

В.: Жүрөгү айнуу. *Эмнегедир жүрөгүм айнып турат, - деп, чекесин басты* («Ала-Тоо»).

Жүрөгү аңтарылуу. *Ай, үйдө ким бар? чылапчын алып чык, жүрөгүм аңтарылып кетти!* (Байтемиров).

Жүрөгү көтөрүлүү. Көңүлүм караңгылап, жүрөгүм көтөрүлүп турат («Ала-Тоо»).

Көңүлү айнуу. *Көңүлүм айнып, жипкире баштадым.*

ЖҮРӨГҮ АЙРЫЛУУ. Аябай сүйүнгөндө же катуу коркконду апкаарыган, элеп-желеп болуп өтө толкундаган абалда болуу. *Силерди аман көргөндө, Жүрөгүм кетти айрылып, балдар!* («Эр Төштүк»).

ЖҮРӨГҮ АК. Жүрөгүндө кири жок, арамдыгы, эч арам ою жок, көңүлү таза. *Жүргөнтурганынан оройлук сезилген менен журөгү ак бечаралар акыйкатты, адамгерчиликти ыйык тутушкан* (Ашымбеков).

ЖҮРӨГҮ АЛКЫМЫНА КЕПТЕЛҮҮ. к. Жүрөгү оозуна тыгылуу.

ЖҮРӨГҮ АЛКЫМЫНА КАПТАЛУУ. к. Жүрөгү оозуна тыгылуу.

ЖҮРӨГҮ АЛЫП УЧУУ. Кандайдыр бир кооптуу же кубанычтуу нерсени күткөндөй тынчсыздана берүү, көңүлү эргип, токтоно албай, алеп-желеп болуу. *Жүрөгү алып учуп, өзүнөн-өзү ээликкен Батийна айылда ыйлап-сыктаган катын-калачтын арасында калалбай баягы ойсоктогон кер бээни жетелеп келип токунду* (Сыдыкбеков). *Турсун кубанып, жүрөгү алып учуп, апкаарый түштү* (Сасыкбаев). *Көзүм тартып болкулдайт, Көңүлүм көптү саматат Алып учуп жүрөгүм* («Семетей»). *Топ ичинен кызды таанып, жүрөгү алып учту* (Айтматов).

Жүрөгү туйлоо. *Жүрөгүм туйлап, эки-үч ирет эңкейип карасам да эч нерсе көрүнбөдү* (Жантөшев). - *Куттуктайм!... - Кыздын алаканы ысык эле. Ошол жылуу илепке Ашырбектин жүрөгү туйлап кетти* (Ашымбаев).

ЖҮРӨГҮ АТЫП КЕТҮҮ. Күтүлбөгөн жерден, капысынан боло калган кубанычтуу же коркунучтуу нерсеге карата катуу таасирленүү, апкаарып алдастай түшүү. *Кубанган жүрөгүм атып кетти өңдөнөт. Аны укканда бечара эненин жүрөгү атып кетти го?* («Ала-Тоо»).

В.: Жүрөгү болк дей түшүү. *Чоконун жүрөгү болк дей түштү* (Жантөшев). *Байымбеттин жүрөгү болк дей түшүп, өзүнүн Сейдешин эскере мууну бошой имерилди* (Бейшеналиев).

Жүрөгү болкулдоо. *Мен дагы догдур же маалим экен деп, жүрөгүм болкулдап, жаным калсачы* («Чалкан»).

Жүрөгү кабынан чыгуу. *Алымкулдун бүрсүгүнкү жөнөй турганын угуп, Гүлайымдын жүрөгү кабынан чыгып кете жаздады* (Абдукаримов). *Менин жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй катуу сого баштады* («Ала-Тоо»).

Жүрөгү болк этүү. *Алардын караанын көргөндө жүрөгүм болк этип кетти* («Ленинчил жаш»). *Ок чуу этип кулагымдын жанынан өтүп кеткенде «кудай сактаа, бөйдө өлүм боло жаздадым ээ», - деп, жүрөгүм болк эте түштү* (Бейшеналиев).

Жүрөгү солк дей түшүү. *Ал жигит жакындап келгенде Сатардын болбой чыгышына Сабиранын жүрөгү солк дей түшүп, денеси дүркүрөдү* (Алыбаев).

Жүрөгү селт дей түшүү. *Макмалдын жүрөгү селт дей түшүп, кызына жайындагы Кетмен-Төбөлүк жаш ырчынын көңүлү түшүп кеткенин, баягы Жеңижок акундун кепке тартканын эстеди* (Касымбеков).

Жүрөгү солк этүү. *Көзү көзүнө бир урунуп, Беделбайдын жүрөгү солк этти* (Касымбеков).

ЖҮРӨГҮ АЧЫШУУ. Бир нерсеге аябай кайгыруу, капа болуп туталануу, жүрөгү сыздоо. *Бакенин эстегенде мына ушул сүйүнүчкө*

аралаш жүрөгү ачышып кетет (Өмүрбаев). *Бул саам ызалана айлык акы доолаганына жакшы эле токтоо Шволиктин жүрөгү ачышты* (Ашымбаев).

ЖҮРӨГҮ БАЙЛАНУУ. Жакшы көрүү, берилүү, жактырып имерчиктеп калуу. *Ак эркем ошондо он беште экен, даланын кызыл гулкайырындай ачылып калган кези экен, көрүп жүрөгүм байланып калды* (Касымбеков).

ЖҮРӨГҮ БӨКСӨРӨ ТҮШҮҮ. Санаасы тынып, эс ала түшүү. *Чынарды карасам денесин мотурайтып сопсонун болуп уктап жатыпшыр, ошондо жүрөгүм кичине бөксөрө түштү* (Бердикеев).

В.: Жүрөгү ордуна келүү. Балдардын үндөрү Султанмуратка ошондо гана угулуп, катуу кырсык болгонунан билди да, жүрөгү ордуна келди (Айтматов).

Жүрөгү ылдыйлоо. *Чоң атасы бакка киргенде Сабырдын жүрөгү ылдыйлап, а тургай корккону билгизбейин деди* (Жусупов).

ЖҮРӨГҮ БҮТҮН. Санасы тынч, эч кайгы-капасы жок. *Башы жумуру пенденин күңгүрөнбөй өткөнү, жүрөгү бүтүнү бар дейсизби?* (Укаев).

ЖҮРӨГҮ ДААБОО. Бир нерсеге чечкиндүүлүк кыла албоо, белсенип кирише албоо, батына албоо, тарткынчыктанган абалда болуу. *Кундуз демин ичине жыйып, жакшы эле бир персе айтмакчы болот, бирок, кайра эле ошого жүрөгү даап бара албай оозун жыйып алат* (Акматов).

ЖҮРӨГҮ ДҮК-ДҮК. Катуу корк кондуктан же шашкандыктан жүрөгү тез-тез согуу. *Кыйкырайын десе, үнү чыкпайт, корккондонбу, айтор жүрөгү дүк-дүк* (Ашымбаев).

ЖҮРӨГҮ ЖАРАЛУУ. Кайгылуу, капалуу, санаалуу, абдан оор кайгысы бар. *Ал бечаранын жүрөгү жаралуу болуп калды* («Ленинчил жаш»). *Качан жаралуу жүрөгүбүздү айыктырасыңар.*

ЖҮРӨГҮ ЖАРЫЛА ЖАЗДОО. Өтө сүйүнүп же катуу коркуудан аябай толкундоо, абдан алдастоо, апкааруу абалына карата. *Бек армиядан келгенде Жыпардын жүрөгү жарыла жаздаган* (Каимов). *Козучак-*

чайып ачкычынын жүрөгү жарыла жаздады (Жантөшев).

В.: Жүрөгү жарылып кете жаздоо. *Кожокенин үнүн укканда Кудайбергендин жүрөгү жарылып кете жаздады* (Сыдыгалиев).

Жүрөгү ыргып кете жаздоо. *Акнаардын жүрөгү ыргып кете жаздайт* (Осмоналиев).

ЖҮРӨГҮ ЖИБҮҮ. Ийигүү, жакшы көрүү, ыраазы болуп калуу. *Ага жүрөгүм жибип калды. Аны көргөндө эле жүрөгүм жибиди. Ушунун себебин Жаманкулдан көрүп, жүрөгү жибип, ичи-тышы бирдей даалдаган жигитти аныктоорундай көрүп жүрөт* (Өгөбаев).

В.: Жүрөгү жылуу. *Кыз босогодон көрүнгөндө Осмонкулдун жүрөгү жылый түшүп, өзүнө көптөн тааныш кымбат адамын көргөндөй болду* (Өгөбаев). *Алардын эмгеги бөтөнчө ачык пейилдүүлүгүн белгилеп... келген адамдардын жүрөгү жылыды* (Байтемиров).

Жүрөгү ысуу. *Ошентип, Тазабектин тиги экөө үчүн муздап жүргөн жүрөгүнүн бир чети жанагыдай мамиледен улам ысып калат* (Медетов). *Иш оңунда! Нүзүптүн жүрөгү ысып кетти* (Касымбеков).

ЖҮРӨГҮ ЖОК. 1. Коркок, өтүмү жок, кайратсыз. *Болуптур эмесе, жүрөгү жок коркоктор* (Каимов). Жүрөгү жок ургандар, Качып берип сайдырар (фольк.). *- Айрөк, айрөк, кыз менче жүрөгү жок, балбан туруп* (Бейшеналиев).

2. Ырайымсыз, таш боор. *- О, -о журт, ансыз да бөлүнүп-чабылып бүттүк. Бу жүрөгү жок канкорлор элдин убалынан коркобу? Абайлап, аялдагыла. Анан көрө жатаарбыз* (Бейшеналиев).

ЖҮРӨГҮ ЖЫЛУУ. к. Жүрөгү жибүү.

ЖҮРӨГҮ ЖЫЛЫБОО. Жакшы көрбөө, ийикпөө, такыр берилбөө. Жоошуй түшкөн менен Айнагүлдүн жүрөгү жылыбады (Сыдыкбеков).

ЖҮРӨГҮ ЗЫР ДЕЙ ТҮШТҮҮ. Кандайдыр бир көркунучтуу же кайгылуу нерсени эстегендей, оюна түшүргөндөй өзүн начар сезип, тынчы кете түшүү, сары санаа болуу. *Токой менен чоң суу коркунучтуу.*

«Жалгыз кантип өтөмүн?»- деген суроо көңүлүнө келе команда жүрөгү зыр дей түштү (Каимов).

В.: Жүрөгү зырп эте түшүү. *Кемпирдин бир сөзүнөн улам эмнегедир Мыскалдын жүрөгү зырп эте түштү да, өңү өзгөрүп кетти* (Элебаев).

Жүрөгү зыр этүү. *Булутту тиктеп телмирген Адылбектин жүрөгү зыр этип, ачышып калат далайга* (Өмүрбаев).

Жүрөгү зил болуу. *Өзү мурунтан күдүк бомон абал туулуп, жумушчулардын каардanган толкуну күчөгөндө Бугимовдун жүрөгү зил болду* (Сасыкбаев).

ЖҮРӨГҮ КАБЫНАН ЧЫГУУ. к. Жүрөгү атып кетүү.

ЖҮРӨГҮ КАЛТЫРОО. Катуу коркуу, жүрөксүү. *Айзааданын жүрөгү калтырап, бирок, колун силкип ала албады* (Касымбеков).

ЖҮРӨГҮ КАЛУУ. Бир нерседен катуу коркуп же тажап көргүсү келбөө, жалкуу, жалкоотой болуу, экинчи кайрылгыс, кайталагыс болуу. *Өөдө жерде майышкан, жүрөгү калган сайыштан* («Манас»).

В.: Жүрөгү кайт болуу. *Мындай бир окуядан жүрөгү кайт болгону бар* (Ашымбаев).

Жүрөгү кайтуу. Экөө тең жаш. Экөөнүн тең жүрөктөрү кайта элек (Осмоналиев).

ЖҮРӨГҮ КАНОО. Жаны кейүү, кыйналуу. *Булар үчүн жүрөгү канап отурган ушул кемпир - Мандаттын кемпири Күлкан* (Өмүрбаев). *Ысылы-сууктан жарылып канталаган кызынын жумуру балтырын кыяк чөп кесип кеткенине эненин жүрөгү кошо канап жалбарат* (Акматов).

Жүрөгү мыкчылуу. *Жоголуу жышаанасын кабардаган жаман белги болуп кишилердин жүрөгү мыкчылды* (Сыдыкбеков).

Жүрөгү куушурулуу. *Ишенсең сенин тааныш карааның менден алыстаган сайын жүрөгүм куушурулуп баратты* (Сайдуллаев).

ЖҮРӨГҮ КАРА. к. Кара жүрөк.

ЖҮРӨГҮ КАРАЮУ. к. Өзөгү караюу.

ЖҮРӨГҮ КӨТӨРҮЛҮҮ. к. Жүрөгү айлануу.

ЖҮРӨГҮ КУРЧ. Өтүмдүү, эч нерседен тайманбаган, тартынбаган, эч кайра тартпаган. *Анда анын жүрөгү курч кези. - Э, анын жүрөгү курч да* (Сыдыкбеков). *Бүга жанагылардай жүрөгү курч, жалынга толгон жаштар керек* (Эралиев).

ЖҮРӨГҮ КҮЙҮҮ. Катуу кайгыруу, капалануу, ичи уйгу-туйгу болуу. *Айланчыктар кишим жок, Жүргөн балам сен кетип, Жүрөгүм күйүп болду чок* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жүрөгү күйүп өрттөнүп, Жаны ачып, жаман болду дейт* (Үсөнбаев).

ЖҮРӨГҮ МАЙЛУУ. к. Жүрөгүндө кара жок.

ЖҮРӨГҮ МОКОО. Баштагыдай өткүр, өтүмдүүболо албай, жалтак, коркок болуп калуу, тарткынчыктап, жалтайлап качып калуу. *Жүрөгүм мокоп калыптыр.*

ЖҮРӨГҮ МУЗ. Мээримсиз, боору жок, кайрымы жок, таш боор. *Эгерде ал дити супсак, жүрөгү муз адам болсо, Данияр азыр минтип ырдай албайт эле* (Айтматов).

В.: Муз жүрөк. *Согум союшчудай шымаланышкан төрт-беш жигитине буйрук берген тигил муз жүрөк Адыке* (Сыдыкбеков).

ЖҮРӨГҮ МУЗДОО. Көңүлү калуу, жаман көрүү, жек көрө баштоо, ичи жылыбоо. *Жеңелери канча алаксытып, канча жооткотушса да, Батийнанын жүрөгү муздагандан муздады* (Сыдыкбеков).

В.: Жүрөгү муз болуу. *Жанатан ажаандай жалаңдап качырган каракчылардан мынча чочубаган Зууракан эми алсыз, аргасыз, каруусуз эзилип ыйлаган өз эринин тигил кебетесин көргөндө жүрөгү муз болду* (Сыдыкбеков).

Ичи муздоо. *Энемдин ошол тамаша сөзү эсиме түшө калганда, көпкө чейин ичим муздай түшүп жүрдү* (Убукеев).

ЖҮРӨГҮ ОЙНОО. к. Жүрөгү туйлоо.

ЖҮРӨГҮ ООЗУНА КАПТАЛУУ. к. Жүрөгү оозуна тыгылуу.

В.: Жүрөгү оозуна капталуу. *Адегенде мышыкпы деп шек санап, жакындан байкаганда гана жүрөгү оозуна капталып, дароо телефон чалган тура* («Советтик Кыргызстан»). *Эргештин жүрөгү оозуна каптала түштү* (Миялиев).

ЖҮРӨГҮ ООЗУНА КЕЛҮҮ. к. Жүрөгү оозуна тыгылуу.

ЖҮРӨГҮ ООЗУНА ТЫГЫЛУУ. Капысынан, байкоосуздан боло калган кооптуу нерседен, угулган кабардан улам катуу коркуп кетүү, эмне кыларын билбей апкаарый түшүү. *Алымдын кумсарган өңүн көрүп, Анархан менен Дарыяхандын жүрөктөрү оозуна тыгылды* (Жантөшев). *Уулжандын жүрөгү оозуна тыгылып, уйпаланган чачын жыя албай будаланды* (Каимов). *Какач бейтааныш адамды көрүп жүрөгү оозуна тыгылды* (Жоошбаев).

Жүрөгү оозуна кептелүү. *Бирок, талаанын четине жеткенде, жүрөгү оозуна кептелип кайсалап калды* («Ала-Тоо»). *Жылдызкандын жүрөгү оозуна кептелет* (Байтемиров).

Жүрөгү оозуна келүү. *Жүрөгүм оозума келип, башым айланып кетти* (Абдукаримов). *Жүрөгү алкымына капталуу. Бүткөн боюм дүр дей түшүп, жүрөгүм алкымына капталды* («Ала-Тоо»).

Жүрөгү алкымына кептелүү. *Ышкынаалынын жүрөгү алкымына кептелди* (Байтемиров).

Жүрөгү алкымына тыгылуу. *Ак-баланын жүрөгү алкымына тыгылды* (Укаев). *Өх, жүрөгүм алкымыма тыгыла түшпөдүбү...* (Медетов).

ЖҮРӨГҮ ОПКОЛЖУУ. Кандайдыр бир жаманчылыкты, жаман кабарды сезгендей, өзүнөн-өзү кооптонгондой, сестенгендей абалда болуп, тынчы кетүү, токтоно албай корко берүү, санаркоо. *Асалхандын көз карашынан улам бир шумдуктун белгисин сезгендей, Анархандын жүрөгү опколжуй баштады* (Жантөшев). *Айнанын жүрөгү жанагыдан бешбетер опколжуду* (Жоошбаев).

В.: Жүрөгү октоpулуу. *Жүрөгүм бир түркүн октоpулуп кетти да? - деда Акинайга* (Осмоналиев).

ЖҮРӨГҮ ОРДУНА КЕЛҮҮ. к. Жүрөгү бөксөрө түшүү.

ЖҮРӨГҮ ОТ. к. Жүрөгүндө оту бар.

ЖҮРӨГҮ ӨЛҮҮ. Абдан катуу коркуп, жалкып, жалкоотой болуп калуу, баш көтөргүс, бир нерсени экинчи кайталагыс болуу. *Запкыдан, кырсыктан жеден жүрөгү өлүп бүткөн келин башындагы бактысына ишенип-ишенбей кыйды болуп турган чакта капыстан кырсык басты да, кайрадан үйүнө каран түн түштү* (Акматов). *Колго түшкөн жаралуу баатырдын жүрөгү өлгөн экен деп, ...атчан эки жигитке айдатып ай-лына жөнөтөт* (Каимов). *Жүрөгүм өлүп калыптыр. Курулушта көпчүлүк менен билбейсиң* (Айтматов).

ЖҮРӨГҮ САБЫЛУУ. к. Жүрөгү сыздоо.

ЖҮРӨГҮ СОЛК ЭТПӨӨ. Тоотпоо, эч сезбөө, коркуп да койбоо, камырабоо. *Жүрөгүм солк этип да койгон жок* («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨГҮ СЫЗДОО. Абдан катуу кайгыруу, капа болуу, кайгыга батуу, кейүү. *Мезгил да ырын ырдап, ыйын ыйлап, жакшысына кубанып, жаманына жүрөгү сыздап өтөт* (Өгөбаев). *Үч жашар балага ок жаңылганын угуп жумушчулардын жүрөгү сыздады* (Ашымбаев).

В.: Жүрөгү сабылуу. *Акын Калпа ажынын канкордугун өкүмөт өкүлүнүн оозунан угуп, ...кыжыры кайнай, жүрөгү сабыла кабылдоодо* (Бейшеналиев). *Жүрөгү сыйрылуу. «Топчубайым болсо кана?! Сүйүнүп ала барып бербейт белем...», - деп жүрөгү сыйрылды Токтогулдун* (Касымбеков).

Жүрөгү тилинүү. *«..Э, кыйды түлкүнү серпем деп келип, журттагы куу казыкка тийип жарылган бүркүт болдум...», - деп жүрөгү тилинди* (Касымбеков).

Жүрөгү тызылдоо. *Аргасыздан ата кетти жүрөгү тызылдап, бала калды боору катып солуп ыйлап* (Касымбеков). *Мындай абалга кандайынча кабылганын эскерсе, жүрөгү тузга чылангандай тызылдайт* (Бейшеналиев).

ЖҮРӨГҮ ТАЗА. Көңүлүндө кири жок, ак пейил, эч арамчылык

ойлобогон. *Менин жүрөгүм таза эле. Жапаш менен бирге өмүр сүрүп, эл үчүн эмгек сиңирсем дечү элем* (Жантөшев).

ЖҮРӨГҮ ТАШ. Катаал, ырайымсыз, кара мүртөз, боору таш, таш боор. *Эзели жибибеген жүрөгү таш адам* («Чалкан»). *Жаңы кайрат кирип, ошол замат кимдир бирөөгө жүрөгү таш болуп, кекке толуп, башын көтөрүп, кайра жээкке чыкты* (Касымбеков).

В.: Таш жүрөк. *Таш жүрөк, жан-кечти Заарбектин жаалына чыдабай Таластан Анжиянга кире качкан* (Осмоналиев). *Күүгө эрибеген адам болбойт дечү эмес беле. Таш жүрөк немелериби* (Бейшеналиев).

ЖҮРӨГҮ ТИТИРӨӨ. Кандайдыр бир кооптуу, айбаттуу нерсеге даай албай жүрөксүү, коркуу, сары санаа болуу. *«Бакпай балаандан сакта» дешип, жалчылары алыстан эле жүрөктөрү титиреп, өз алдынча күбүрөшөт* (Каимов). *Укмуштарды угуп жүрөгүң титирейт* (Элебаев).

ЖҮРӨГҮ ТОО. Кебелбеген, кенебеген, эч коркконду билбеген, солк этпеген, баатыр. *Барамын мен, Кызылдардын сабына, Жүрөгү тоо, Каармандар жанына* (Турусбеков).

ЖҮРӨГҮ ТУЗ КУЙГАНДАЙ АЧЫШУУ. Катуу кайгыруу, ичи күйүү, туталануу. *Алардын абалын көрүп, жүрөгү туз куйгандай ачышты* («Ленинчил жаш»). *Эки буту жылбай калды, жүрөгү туз куйгандай ачышты* (Бөлөбалаев).

ЖҮРӨГҮ ТУЙЛОО. к. Жүрөгү алып учуу.

ЖҮРӨГҮ ТҮПӨЙҮЛ БОЛУУ. Кандайдыр бир нерсеге сары санаа болуу, убайым жеп жүрөк заада боло берүү. *Бирок эне кургурдун жүрөгү түпөйүл болду* (Ашымбаев). *Бүгүн да Жылдызкандын жүрөгү түпөйүл болду* (Байтемиров).

ЖҮРӨГҮ ТҮШҮҮ. 1. Абдан катуу коркуу, аябай эси чыгып калуу. *Чоң эненин санаасы алда нечеге бөлүндү: балакетиңди алайын куурчагымдын жүрөгү түшүп калды го?* (Сыдыкбеков). *Аны билген түрмөнүн чоңдорунун жүрөгү түшүп, араң жүрүшөт* (Бектенов).

2. Катуу корккон, аябай эси чыгып калган баланын бейтап абалына карата айтылат (мындай учурда балдарда кусуу, өңдөн азуу, элирүү сыяктуу көрүнүштөр пайда болот). *Жүрөгү түшүп, абышкаларга апаптатып, кемпирлерге жүрөгүн көтөрттүк* («Ала-Тоо»).

В.: Жүрөгү чыгуу. Жүрөгүм чыкты үнүнөн.

ЖҮРӨГҮ ҮШҮҮ. Коркуу, жалкоотой болуу, жалкып калуу, жүрөк заада болуу. *Эзелден жүрөк үшүп, жалкоотой болгон кургурлар... бүлүк түшүп калар эле* (Элебаев). *Батийна тигил сейпейген сары чийкил баланы көргөндө Жүрөгү үшүй түшүп, шуу үшкүрүндү* (Сыдыкбеков). *Ошол алсыздыгымдан жүрөгүм үшүп, коркуп турам* (Акматов).

ЖҮРӨГҮ ШУУ ДЕЙ ТҮШҮҮ. Капилеттен, күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир коркунучка дуушар болгондой, коркунучту сезгендей катуу чочуп кетүү. *Ошондо анын жүрөгү шуу дей түшүп, бир жамандыкты сезгендей болду* (Акматов). *Таабалды жүрөгү шуу дей түшүп, тык токтоду* («Ала-Тоо»). *Даачаны көздөй бурулган ак «Волганы» көргөндө эле Машраптын жүрөгү шуудей түшүп, шалдайып туруп калды* (Казакбаев).

ЖҮРӨГҮ ЫЛДЫЙЛОО. к. Жүрөгү бөксөрө түшүү.

ЖҮРӨГҮ ЫСУУ. к. Жүрөгү жибүү.

ЖҮРӨГҮ ЭЗИЛҮҮ. к. Жүрөгү элжирөө.

ЖҮРӨГҮ ЭЛЖИРӨӨ. Кандайдыр бир ичти жылыткан кубаныч-туу, жакшы сезим пайда болуу. *Бурч-бурчтан жаңырык чыгарган коңгуроолордун тунук үнүнө чоң эненин жүрөгү элжиреди* (Сыдыкбеков). *Жүрөгү элжиреп, үйгө кирген баланы ата-энеси салкын тосуп алышты* (Каимов).

В.: Жүрөгү эзилүү. *Сендей сулуу, сендей мөөр жок чыгар, Боюм балкып, жүрөгүм да эзилет* (Аалы). *Ал сүйүү ырын ырдаганда, кыз-келиндердин жүрөгү мындай турсун, улгайган аялдардын да жүрөгү эзилер эле* (Жантөшев).

Эт жүрөгү элжирөө. *Ал башынан өткөн тарыхын айтып отурганда жигиттин эт жүрөгү элжиреди* (Каимов).

ЖҮРӨГҮ ЭКӨӨ. Ашкан баатыр, баатырдын баатыры. *Жүрөгүң экөө эмес.*

В.: Жүрөгү эки. *«Жүрөгү эки» деп айтып, кыздын баары жалынып* (фольк.).

Кош жүрөк. *Коркок бала мен беле я, Кош жүрөгүм алгандай* (фольк.).

ЖҮРӨГҮ ЭЛЕП-ЖЕЛЕП БОЛУУ. Токтоно албай тынчы кетүү (көбүнчө кубанып толкундаган же кандайдыр бир коркунучту сезгендей кооптонгон учурларга карата). *Энем экөөбүздүн жүрөгүбүз элеп-желеп болду* («Кыргызстан маданияты»). *Ашырбектин жүрөгү элеп-желеп, коммунистке алышабы же кийинкиге калтырышабы, - деп* (Ашымбеков). *Уулунун кебетесин көрүп, апасынын жүрөгү алеп-желеп* (Сыдыгалиев).

Жүрөгү уйгу-туйгу. *Анын жүрөгү уйгу-туйгу* (Борбиев).

ЖҮРӨГҮН АЛУУ. к. Жүрөгүнүн сары суусун алуу.

ЖҮРӨГҮН АЧУУ. Абдан берилип, чын ыкласы менен жадырап-жайноо, өтө мээримдүү кабылдоо. *Ага кошумча астейдил жадырап кубанып, жүрөгүн ачып, өлчөмсүз ыклас менен тосту* (Касымбеков). *Келиңиз, Теңир берди, аке, келиңиз! - деп жүрөгүн ачып, меймандарын төшөккө чыгарып калдастады* (Касымбеков).

ЖҮРӨГҮН АЧЫШТЫРУУ. Абдан капа кылуу, кайгыртуу, жанына батуу. *Чалдын ушул какшыгы Паризектин канталаган жүрөгүн ачыштырды* (Ашымбаев).

ЖҮРӨГҮН ЖАРАЛОО. Катуу кейитүү, өтө оор кайгыга салуу, тынчын алып кабыргасын кайыштыруу, жанына батуу. *Байкуштардын канчоосунун өлүмү күнсуз унутулуп көпчүлүктүн жүрөгүн жаралады* (Бейшеналиев).

В.: Жүрөгүн зилдетүү. *Анын ушул сөзү көптөн бери жүрөгүн зилдетип келген кеселдин өзүнө окшоду* (Ашымбаев).

Жүрөгүн сыздатуу. *Калыйчанын каргышы Арукени селт чочутуп, жүрөгүн сыздатты* (Осмоналиев).

Жүрөгүн канатуу. *Эми аялдын таш боор аяры жүрөгүн канатканда ...ал үйүнө түнөбөй безип жүрөт* (Абдукаимов).

ЖҮРӨГҮН ЖИБИТҮҮ. Ийиктирүү, жумшартып өзүнө имере баштоо, жакындатуу, макулдатуу. *Байбиченин пейли, мамилеси Талчанын жүрөгүн жибшпип, көңүлүндөгү кара оюн айдап чыга баштады* (Байтемиров). *Өгөй кайненeнин сустайган мамилеси Батийнанын жүрөгүн жибите алган жок* (Сыдыкбеков).

В.: Жүрөгүн жылытуу. *Жүрөгүмдү жылыткан Жалынды алып келейин* (Аалы). *Кебим жүрөгүңдү жылытса, ойлонорсуң* (Сыдыкбеков).

ЖҮРӨГҮН МАЙТАРУУ. к. Жүрөгүн өлтүрүү.

ЖҮРӨГҮН ӨЙҮҮ. Кандайдыр бир нерседен тынчсызданып, сары санаа болуу, санаркап ойлоно берүү, жүрөк заада болуу. *Анын сөзү жүрөгүн өйүп шуруп алды* (Ашымбаев). *Өзү менен бирге болуп, бирге жүргөн адам жөнүндө анын санаасы тынса да, жүрөгүн өйүгөн даты эки нерсе - атасы менен сүйгөн кызы - Вера* (Баялинов). *Мына бул көрүнүш Күмүштүн жүрөгүн өйүй баштады* (Жантөшев).

В.: Жүрөгүн өйкөө. *Бул маселе жаш доктордун жүрөгүн өйкөгөн каргыш* (Кыдырмышев). *Мен жүрөгүмдү өйкөгөн нерсеге жооп издеп баратам* («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨГҮН ӨЛТҮРҮҮ. Экинчи кайрылгыс, баш көтөргүс кылып катуу коркутуу, сазайын берүү, запкы көрсөтүү. *Күйөө чанган бышык келиндин ушинтип сазайын окутуу, жүрөгүн өлтүрүү кайнене, кайнатанын максаты болучу* (Сыдыкбеков). *Кедей болушту Төрөгелдиге окшотуп жүрөгүн өлтүрсө, башкалар кынына кирбейби?* (Каимов).

В.: Жүрөгүн майтаруу. *Мындай неменин жаштайынан жүрөгүн майтаруу керек.*

Жүрөгүн мокотуу. *Кааласа, терс аяктанган букараларды экинчи менин бийлигиме кыңк эткис кылып жүрөгүн мокотуп, Мамбеттей бирди-жарымын. байлап кетсин* (Бейшеналиев).

ЖҮРӨГҮН СУУРУП АЛУУ. Жанын чыгаруу, коркутуу, бирди көрсөтүү (күч көрсөтүү маанисинде) *Эр болсоң ага бирдеме деп көрчү, жүрөгүңдү сууруп алар* («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨГҮН СУУРУП БЕРҮҮ. Абдан жакшы көрүү, үстүнө үйрүлүп туруу, жанын да аябоо. *Эгерде керек болсо, бул бала үчүн Аябайм жүрөгүмдү сууруп берем* (Турусбеков). *Сен эле аман болсоң - биздин байлыгыбыз, тирилигибиз ошо! - деп курган ата-эне Зарылтайы үчүн жүрөгүн сууруп берет* (Өмүрбаев).

ЖҮРӨГҮН ТОКТОТУУ. Кайраттануу, сабырдуулук кылуу, өзүнө өзү дем берүү. *Жүрөктөрүн токтотуп, ишенимге белин бекитти* (Бейшеналиев).

ЖҮРӨГҮН ТУЙЛАТУУ. Катуу ойго салып тынчын кетирүү, жүрөгүн сыздатуу. *Бактысыз өмүрдү эскерткенсип батып бараткан күн Зууранын жүрөгүн туйлатты* (Климов).

ЖҮРӨГҮН ТҮШҮРҮҮ. Катуу коркутуу. *Айнагүлдүн жүрөгүн түшүрүп алып, башыма балээни үйүп жүрбөйүн, - деди Жаңыбай* (Бөлөкбаев). - *О, жолуң болгур десе! Жүрөгүбүздү түшүрүп койбодуңбу?* (Байтемиров). - *Таштасаңчы, адатыңды. Бирөөнүн баласынын жүрөгүн түшүрөсүң, - дешти* (Сыдыкбеков).

В.: Жүрөгүн чыгаруу. *Жүрөгүңдү чыгарып, Бир пас сени сындадым* («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨГҮН ҮШҮТҮҮ. к. Жүрөгүнүн сары суусун алуу.

ЖҮРӨГҮН ЭЛЖИРЕТҮҮ. Абдан ыраазы кылуу, ийиктирүү, көңүлүн жай кылып жумшартуу. *Отуз төө жүрөгүн элжиреттиби... же Тикбайга чын ыкласы түштүбү?... Аталуу ыраазы болуп, ... Оомийин! - деп тура калат* (Осмоналиев).

ЖҮРӨГҮНДӨ КАРА ЖОК. **1.** Тайманбас баатыр, эр жүрөк, өткүр курч. *Жүрөгүндө кара жок, Өкүмдүгү бар экен* («Семетей»). *Эр эле жүрөгүндө карасы жок, көгөрсө душманынан кун төлөткөн* (фольк.).

2. Ичинде арамдыгы жок, ак ниет, пейли таза, көңүлүндө кири жок. *Менин жүрөгүмдө кара жок. Сен ага туура түшүн* («Ала-Тоо»).

Жүрөгүндө кара жок, бажактаган Тезекбай эми чындоочудай тебетейин тизесине кийгизе, багжайды досуна (Бейшеналиев).

В.: Жүрөгү майлуу. - *Бала да... Жүрөгү майлуу да азыр булардын* (Өмүрбаев).

Майлуу жүрөк. Бир мүнөз баатырлар бар майлуу жүрөк. *Башында далай жанга салган дүбөк* (Тоголок Молдо).

ЖҮРӨГҮНДӨ ОТУ БАР. Өткүр, курч, эч тартынбаган, өтүмдүү. Жүрөгүндө оту бар, билегинде күчү бар Балтабай катуу бекинип, катуу сактанды («Кыргызстан маданияты»). *Жүрөгүндө оту бар эр-азаматтар сөз менен даңазаланат* («Ленинчил жаш»).

В.: Жүрөгүндө жалыны бар. - *Айланайын агай, ушул баланы мага чакырып бер, бир сүйлөшөйүн. Жүрөгүндө жалыны бар бала окшойт, - деп жанымдагы полдомочен суранды* (Жантөшев).

ЖҮРӨГҮНДӨ ЖАЛЫ БАР. Тайманбас, баатыр. *Жапашым жүрөгүндө жалы бар, күйүп турган от эле, - деп, каңырыгын түтөттү карыя* («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨГҮНДӨ КИРИ ЖОК. **к. Көңүлүндө кири жок.**

ЖҮРӨГҮНДӨ ОТУ ЖОК. Өтүмү жок, тартынчаак, жашык, жалтаң. Жүрөгүндө оту жок, алды-кийнине көбүрөөк кылчактаган жаштарды карт акын анча жактыра бербейт (Каимов).

ЖҮРӨГҮНӨ ЖИК КЕТҮҮ. Көңүл калуу, нааразылык, ишенбестик пайда болуу. *Ошондон бери кыздын жүрөгүнө жик кетип, атасы менен сүйлөшпөй жүрөт* (Сыдыгалиев).

В.: Жүрөгүнө зил калтыруу. *Куралына чиренип достошуу жүрөгүнө зил калтырат* (Осмоналиев).

ЖҮРӨГҮНӨ МАЙДАЙ ТИЙҮҮ. Көп кайталанган, кайра-кайра боло берип тажатып жиберген нерсени көргүсү келбей калуу, абдан тажоо, зааркануу, катуу коркуп, көңүлү калуу. Жалгыздык жанына батып, жүрөгүнө майдай тийди («Ала-Тоо»).

В.: Жүрөгүнө чийки майдай тийүү. *Дүйнөдө жалгыздыгыңан тозок жок экен. Жалгыздык жүрөгүмө чийки майдай*

тийип, мени түгөтүп баратат (Өмүрбаев).

Жүрөгүнө сары майдай тийүү. *Уйдун азабы жүрөгүнө сары майдай тийди* (Бөкөнбаев).

Жүрөгүнө тийүү. *Корккон балдарым чыркырап энесине жармашат, ...кээде мени көрсө чыңырып бетин баса калышат. Айтор, ушинтип балдарымдын жүрөгүнө да тийдим* (Өмүрбаев).

ЖҮРӨГҮНӨ МУЗ БҮРКҮҮ. Ичин муздатып, көңүлүн калтыруу. *Асылкүлдүн алоолонгон жүрөгүнө муз бүрккөн* (Бейшеналиев).

В.: Жүрөгүнө муз болуу. *Ошентип, мен Люсанын, балдарымдын жүрөгүнө муз болдум* (Өмүрбаев).

ЖҮРӨГҮНӨ ЧОК САЛУУ. Бир нерсеге жүрөгү түпөйүл болуп, ичтен сызып кейигендей, тынчы кетип сарысанаа болгондой же жүрөгү элеп-желеп болуп токтоно албагандай сезим пайда болуу. *Үпөлдүн муңдуу сөзү, жаштуу көзү Суусардын жүрөгүнө чок салып жиберген сыяктанды* (Бердикеев). *Ошондо Бала-Тынар жылаажындай үн менен солкулдап ырдап, көп кыздардын жүрөгүнө чок салып келип, ушул Салкынай сулууну өпкөн* (Осмоналиев).

В.: Жүрөгүнө чок түшүү. *Биринчи күндөн эле көңүлү сынган Күласалдын жүрөгүнө чок түшөт* (Осмоналиев).

ЖҮРӨГҮНӨН КАЙНАП ЧЫККАН. Бүт мүмкүнчүлүгү, чын ыкласы менен, абдан берилген, дегдеген. *Мындагы балаңар жүрөгүнөн кайнап чыккан ысык саламды жиберет* (Жусупов).

ЖҮРӨГҮНӨН КАН ТАМЧЫЛОО. Аябай боору ооруп, зээни кейүү, кабыргасы кайышуу, жаны кейүү. *«...Өлтүр, мыкаачы, өлтүр, мына ур!» - деп боздогон кызынын абалына жүрөгүнөн кан тамчылаган тура таятасынын* (Айтматов).

ЖҮРӨГҮНӨН ТҮТҮН ЧЫГУУ. Ичинен сызып, катуу күйүп туруу. *Кемсинген букаралардын жүрөгүнүн башынан түтүн чыгып тургандай түрлөрүбар* (Ш.Үмөталиев).

ЖҮРӨГҮНҮН САРЫ СУУСУН АЛУУ. Биротоло коркутуп көз каранды кылып

алуу, кайратын качыруу, мизин майтаруу, дайыма коркуп, чочулап тургандай абалга келтирүү. *Жүрөгүбүздүн сары суусун алып, коркутуп, мындан ары бизди биротоло баш көтөргүс кылайын десе керек* (Баялинов). *Бектен өзүнө каршы мансап талашкан байманаптардын да жүрөгүнүн сары суусун алат* (Баялинов).

В.: Жүрөгүнүн үшүн алуу. *Өздөрүнө табышмак болгон маанилүү нерселерди ушу комузчу жигиттин билиши булардын жүрөгүнүн ушүн алды* (Каимов). *Далай эне-атанын жүрөгүнүн үшүн алган бул кабар Нуракты да коопсунта жүргөн* (Өмүрбаев),

Жүрөгүнүн үшүн кетирүү. *Көп өтпөй эле томсоруп, ээнсирей түшкөн төрт бөлмөлүү жай тигил экөөнүн жүрөгүнүн үшүн кетирди* (Медетов).

Жүрөгүн алуу. *Жүрөгүн алып душмандын, Бир кызыкка батышсын* (фольк.). *Байлар кедейлерге ыза көрсөтүүнү, алардын жүрөгүн алууну максат кылып коюшкан* (Элебаев).

Жүрөгүн үшүтүү. *Каракчылар кербенчилердин жүрөгүн үшүтүп буткөн экен* (Абдукаимов). *Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бере алар бекемин* (Айтматов). *Арт жагынан анда-санда дүңгүрөп замбирек атылып, жүрөк үшүткөн сүр менен Кокон кошунунун сол канатын түрө чыкты* (Касымбеков).

ЖҮРӨК АЛДЫ КЫЛУУ. Катуу коркутуп, сары санаа кылуу, жүрөк заада кылуу. Аракеч күйөө Асылканды жүрөк алды кылды. Ал күн сайын күйпүйүп баратты (Өмүрбаев).

ЖҮРӨК ЖЫЛЫТАР. Адамды өзүнө тартып ийиктирер, көңүлүн жай кылып жибитер. *Мен келгени ошол жамандын оозунан жүрөк жылытар кеп чыкканын уга элекмин* (Сыдыкбеков).

ЖҮРӨК ЗААДА БОЛУУ. Санаасы тынбоо, коркуп сары санаа болуу, убайым тартып, тынчсыздана берүү. *Таабалды кайра келе жатканда кароолчулар көрүп коюшабы деп жүрөк заада болду* (Бектенов). *Өлөрүнө көзү жеткен Батийна жүрөк заада болуп ичинен калтыраса да сыр алдырган жок* (Сыдыкбеков).

ЖҮРӨК КӨТӨРҮҮ. Бир нерседен коркуп, эси чыгып, жүрөгү түшүп калган баланы ырым-жырым жасатып, эмдетип-домдотуу (көбүнчө кемпирлер ооруган баланы апаптап же башка ырым-жырымдары менен эмдеп-домдойт). *Бир таштын караанын көрүп жүрөгү түшүптүр, кемпирлерге жүрөгүн көтөрттүк* («Ала-Тоо»).

ЖҮРӨК КУУШУРГАН. Ичинен сыздырып кайгырткан, катуу ойлонтуп жан кейиткен. *Даты ушута окшогон жүрөк куушурган сүрөштөр аялынын азыркы суркунуна үндөштү* (Ашымбаев).

В.: Жүрөк мыкчыган. *Обон шаңдуу да эмес... кандайдыр муңкана чыгып, буулугуп басылып, Жүрөк мыкчыган бир кусальис угулат* (Өмүрбаев).

Жүрөк сыздаткан. *Батийнанын азыркы көргөнү өңүндө эмес, түшүндө көрүнсө да жан кейитип, жүрөк сыздашкан окуя* (Сыдыкбеков).

ЖҮРӨК ТОКТОТУУ. Коркконун же чочулаганын басып, өзүн-өзү кармоо, акыл-эсин жыюу. *Ышкынаалы жүрөк токтотуп сүйлөй берди* (Байтемиров).

ЖҮРӨКТҮН БАШЫ МУЗ БОЛУУ. Капалануу, көңүл чөгүү, көңүл кайтуу. *Жеңе айым кетти сүз болуп, досум, Жүрөктүн башы муз болуп, досум* (Барпы).

ЖҮРӨК ТИТИРЕТҮҮ. Элжиретип же калтаарытып муун-жүүндү бошотуу (көбүнчө кубанып толкундаган же капа болуп жашыган учурларга карата). *Ээ, берекем! Кайдан жүрүп комузчү болуп кеткенсиң? Жүрөктү титиретесиң да?* (Каимов). *Кыздар бир табак талканга сатылып, көз жашты көлдөткөн ата-энелердин муңу жүрөктү титиретет* (Каимов).

ЖҮРӨКТҮ ШУУЛДАТУУ. Катуу коркутуу, үрөйүн алуу, үрөйдү учуруу.*Эңкөө далылуу кара неме кара аттын үстүндө ого бетер жалаңкыч кебетеленип жүрөктү шуулдатат* (Осмоналиев).

В.: Жүрөктү шуу эттирүү. Түрү суук караңгылык жүрөкшү шуу эттирди (Жусупов).

ЖҮРӨК ЭТИ ТОЛУУ. Чоңоюу, өсүп жетилүү, эрезеге

жетүү. *Жүрөк этиң толо элек, жүткүнөр чагың боло элек* («Манас»).

ЖҮРҮП КЕТҮҮ. Өлүү, жан берүү, көз жумуу. *Казыке, ысык чай ичесизби десем, көрсө, алдагачан эле жүрүп кетиптир* (Айтматов). *Ошол сөздү эле күтүп жаткансыган Берен кеч бешимдеги ала көлөкөдөй суналып барып жүрүп кетти* (Осмоналиев).

ЖҮҮНҮ БОШ. Болбураган, жоош, чыйрак эмес, тың эмес, өлжүрөп колунан анча эч нерсе келе бербеген. *Жамийла Адамбекти уялчаак, жүүнү бош бала го деп ойлогон* (Баялинов). *Жүүнү бош дөдөй инисинин зайыбы мындай билерман, бышык чыкканына Кыдырбай кубанычтуу* (Сыдыкбеков). *Өңгө аялдарга Караганда Мариянын жүүнү бош, кайраты кемдей туюлчу* (Ашымбаев).

ЖҮҮНҮ БОШОО. к. Муун-жүүнү бошоо.

ЖҮҮН-МУУНУ БОШОО. к. Муун-жүүнү бошоо.

ЖЫГАЧ ТҮШҮРҮҮ. Кудалаган кызды алып кетердин алдында узак мөөнөткө шаан-шөкөт менен берилүүчү тойдун керектүү чыгымдарын күйөө бала тараптан кыздын атасынын айлына ташып келүү. *Арадан ай өтпөй кудалар жыгач түшүрүштү* (Сыдыкбеков). *Аа мен кудалап, жыгач түшүрүп, эсиртпейм, - дейт Адыке* (Сыдыкбеков).

В.: Жыгач жүктөө. *Менин кайним багыш Байназар Жыгач жүктөп, мал айдап Үй-жай келген тоюнда* (Үсөнбаев).

ЖЫДЫКЕЙИ ЖОК. Корко турган, чочулай турган эч нерсе жок, ишке ашпай калса да анчалык күйүп кете турган, күнөөлүү боло турган илинчеги жок. *Иштей берели, күткөндө эмне, жыдыкейи жок, баары бир иштерибиз иш да* (Жантөшев).

ЖЫЛ АЙЛАНБАЙ. Анча көп убакыт өтпөй, бат эле, тез эле, аз убакыттын ичинде. *Биринчи күндөн экөөбүздүн мамилебиз келише алган жок. Жыл айланбай ажырашып кеттик* («Ленинчил жаш»).

ЖЫЛАН ӨЛТҮРӨЙҮН ДЕСЕ, ТАШ АЛЫП БЕРБЕГЕН. Эч кимге жакшылык кылбаган,

колунан эч жакшылык келбеген, кара санатай, кара өзгөй. *Жакшы күнүңдө жакшы ишиңе орток болуп, жаман күнүңдө жылан өлтүрөйүн десең, таш алып бербей тескери караган сөлөкөттүн кереги жок* (Касымбеков).

ЖЫЛАН СЫЙПАГАНДАЙ. Такыр эчтемеси калбай, тыптыйпыл, жыпжылма болгондой. *Үй күтпөдүм же атакелетип бала өппөдүм! Өрт өчкөндөй, жылан сыйпагандай болуп гана кеттим ээ!* (Сыдыкбеков). *Айыл үстүндөгү бодо мал жылан сыйпагандай сүрүлдү* (Осмоналиев). *Эки күндөн кийин эле жылан сыйпагандай болуп калат* (Бердикеев).

ЖЫЛАН ЧАКПАЙ, ЖЫЛКЫ ТЕППЕЙ. Эч нерсе болбой, жөндөн жөн, эч себепсиз, өзүнөн-өзү эле. *Чарбанын иши чатак экен деп, бригадиры Асанкожоев аксакал «жылан чакпай, жылкы теппей» ишти таштап баса берди* («Чалкан»). *Жылан чакпай, жылкы теппей эле учетчик эмгегин сураган Кожобектин жер-жеберине жетти* («Чалкан»). *Жылан чакпай, жылкы теппей сага эмне болду?* («Ленинчил жаш»).

В.: Жылкы теппей, жылан чакпай. Жылкы теппей, жылан чакпай эчтемеден эчтеме жок, Айдайдын үйгө кетип калышына жол болсун (Жантөшев). Жылкы теппей, жылан чакпай эмне болуп кетти сага? (Бердикеев).

ЖЫЛАНДАЙ ЫШКЫРУУ. Каарын төгүп зиркилдеп, катуу ачууланып туруу, каары бетине айланып, заарын чачып туруу. *Чал ызасын кимден аларын билбей жыландай ышкырынып отурган эле* (Укаев). *Өз үйүндө да жыландай ышкырып отургандыктан катын-балдары анын кай жагынан чыгып калаарын билбей кыпылдап туруша турган* («Ала-Тоо»).

ЖЫЛАНДЫН БАШЫН КӨРСӨТҮҮ. Коркута турган, чочута турган, сестене турган сөздүн четин чыгарып коюу. *«Берсин кызын, эгер көнүшпөй кайкалай турган болсо...», -деп жыландын башын көрсөтөт* (Осмоналиев).

В.: Жыландын башын кылтыйтуу. *Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп, эми жыландын башын кылтыйтпаңыз, Мырза!* (Тойбаев). *Арадан эки жыл өткөндө карапайым күйөө*

жыландын башын кылтыйтат: «Арман күн, артымда туяк калбай турган болду» (Каимов).

Жыландын башын чыгаруу. *Көрсөң, жыландын башын чыгарып турганын!* (Айтматов). *Ал мүлтүлдөтүп, жыландын башын чыгара табышмактатканды жакшы көрбөйт* («Кыргызстан маданияты»). - *Бүлүнтүү оңой, мусулмандар, - деп көзүн кылыйтып, жыландын башын чыгарды кеңешчи* (Касымбеков).

ЖЫЛАНДЫН КУЙРУГУН БАСУУ. Байкоосуз айткан сөзү же олдоксон иштелген иши менен бирөөнүн жинине тийүү, каарына, кыйыгына калуу, бир балакетке же кырсыкка кабылуу. - *Айланайын коёгөр! Балээсине биз калабыз! Жыландын куйругун баспадыкпы?* (Ш.Үмөталиев). *Элеманды куткара албады. Издеп барып жыландын куйругун басты* (Укаев). *Жыландын куйругун басып, кайран журтту курутуп алмак болгон экен...* (Касымбеков).

ЖЫЛАНДЫН ТИЛИН БИЛҮҮ. Абдан кыйын, өтө айлакер, чебер, колунан баары келет деген мааниде. *Курманкулов бала эмес, мажбурласа жыландын тилин билген киши* (Егиналиев).

ЖЫЛАНДЫН УЮГУНА ТИЙҮҮ. к. Аарынын уюгуна тийүү.

ЖЫЛАҢАЧ БААТЫР. Өзүндө эч нерсе калбаса да колунда барын аябаган, эч нерседен тартынбаган, бир нерсеге кыйылып, кылчактап отурбастан шар кеткен, март, берешен. *Тезекбай ырчы тамырынын жылаңач баатыр, жоомарттыгына бу саам дагы топуктанды* (Бейшеналиев). *Сапарбек башына кандай кара кун тууса да бир кайышпай турган жылаңач баатыр* (Элебаев). *Качыке деген жылаңач баатыр ушул* (Абдукаримов).

ЖЫЛАҢАЧ ТӨӨНҮ БУЧКАККА ЧАПКАНДАЙ. Эч токтоосуз, буйдалбастан, шыдыр, шар. *Жылаңач төөнү бучкакка чапкандай жоон берди.*

В.: Жылаңач төөнү бутка чапкандай. *Жоодар жылаңач төөнү бутка чапкандай сүйлөдү.*

Жылаңач төөнү шыйракка чапкандай. *Жылаңач төөнү шыйракка чапкандай шар кетти.*

Күлүк атты бучкакка чапкандай. *Күлүк атты бучкакка*

чапкандай айдатып сүйлөгөн эле (Өмүрбаев).

ЖЫЛАС БОЛУУ. Орду-түбү менен жок болуу, жоюлуу, жоголуу. *Эшенди колго түшүрүштү. Акмат мерген жылас болду* (Мияшев). *Жылас болду тамдар урап жыгылып* (Үмөталиев). *Жылкың менен жылас бол, менде аянар ал калган жок, колуңарга өлөм! - деп, союл шилтейт* (Өгөбаев).

ЖЫЛАС КЫЛУУ. Жок кылуу, жер менен жексен кылуу, таш-талканын чыгаруу, тыптыйпыл кылуу. - *Жылкычыңды сенин! Жылас кылып барыңды!* (Өгөбаев). *Атамдын кунун аламын, Өз атамды баш кылып, Жылас кылып таштады* («Семетей»).

В.: Жыласын чыгаруу. *Чыгарса ошол чыгарат Курманбектин жыласын* («Курманбек»). *Бирок, турмуш жыргайм дегендин жыласын чыгарып келген* (Ашымбаев).

ЖЫЛДЫЗЫ АЧЫЛУУ. Иши оңолуу, зоболосу көтөрүлүү. *Дубандык ашта атпай журттун өкүлдөрүнүн көзүнчө досунун жылдызы ачылганга өзүнчө жээлигип сүйүнгөн Букарбай* (Бейшеналиев).

ЖЫЛДЫЗЫ ЖАРЫК. Жаркылдаган, жайдары, сүйкүмдүү. *Күжүрмөн, карапайым, жылдызы жарык ургаачы* (Бердикеев). *Эгер тагдыр ушундай жылдызы жарык, ак көрпө жайыл келинден бактысын аяса...* (Айтматов).

В.: Жылдызы артык. *Ойдогуну айттырбай билген, Жылдызы артык жакшынакай кыз экен* (Егиналиев).

Жылдызы жанган. *Ал - буудай жүздүү, жоодур көз, жылдызы жанган кер мурут жигит экен* (Медетов).

ЖЫЛДЫЗЫ ЖЕРГЕ ТҮШҮҮ. Көңүлү чөгүү, капа болуу, кабагы ачылбай түнөргөн, маанайы пас абалда болуу. *Жылдызы жерге түшүп, кепичин бутуна араң салып, жука чапанын желбегей жамынган бойдон теңселе басып, сөөдүрөп түшүп кетти* (Касымбеков). *Бекей таежесинин көңүлү чак болгону сейрек, көбүнесе жылдызы жерге түшүп, томсоруп жүргөнүн көрөсүң* (Айтматов). *Азыр эле баласына сыймыктанган Асанбайдын жылдызы жерге түштү* (Жантөшев).

В.: Жылдызы түшүү. *Хан өзү жооп таппай отурган сурооо Султанмурат кайдан жооп бермек, Жылдызы түшүп шалдырады* (Касымбеков). *Шарипанын жылдызы тушуп ойлуу, кабагы салыңкы, маанайы пас, күйөөсүнүн кол булгап чакырганына кайдыгер кейпи бар* (Ку-шубеков).

Жылдызы өчүү. - *Мамбет жылдызы өчкөн элди түрүлтө кыжырлуу бакырды* (Бейшеналиев). *Үйтолтура кишинин кимиси болсун жашып, каңырыгы түтөп, жылдызы өчүп, аза күткөндөй үңкүйүшөт* (Саатов).

ЖЫЛДЫЗЫ ЖОК. Сүйгүнчүгү жок, жагымдуу эмес. *Жылдызың жок экен, - деди Мээркан аны көрөр замат* (Жусупов). *Өзү да бир адамга жылдызы жок* (Эмбаев).

ЖЫЛДЫЗЫ ЖЫЛУУ. к. Жылдызы ысык.

ЖЫЛДЫЗЫ КАРШЫ. Бири-бирине абдан өч, бири-бири менен келише албаган, ынтымагы жок. *Чотондун ашкере бой көтөрө эрес талашкансыган кейпи, Алымбек даткага жакчу эмес, жылдызы каршы сыяктуу киши болучу* (Касымбеков). *Турмушта кээде бир эле көрушкөн кишилердин жылдыздары каршы болуп, алар сүйлөшпөй, сырдашпай туруп эле эмнегедир бирин-бири жактырбай калышат* (Акматов). *Экөөнун жылдызы те небактан эле каршы* (Исмаилов).

ЖЫЛДЫЗЫ ТОГОШУУ. Мамилеси туура келүү. *Ажел болуп жылдызыбыз тогошсо, Бакыт жанар сезим кушун кайтарган* (Медетов).

В.: Жылдызы келишүү. *Жолду катар болсун, Анжиянда болсун дайыма бирге журуп, жылдызы келишип жакшылап таанышкан* (Ш.Үмөталиев).

ЖЫЛДЫЗЫ ТҮШҮҮ. к. Жылдызы жерге түшүү.

ЖЫЛДЫЗЫ ЫСЫК. 1 Сүйгүнчүктүү, сүйкүмдүү, жагымдуу, мээримдүү. *Жылдызы ысык, илбериңки, татынакай кыз үйдү айланып чуркап кетти* («Ленинчил жаш»). *Өзүмө кошо төрөлгөн, Жылдызы ысык көрүнгөн Өткөрө тулпар Торучаар* («Манас»).

2. Өтө ынак, ынтымактуу, татуу. *Ал экөөнүн жылдызы ысык.*

В.: Жылдызы жылуу. *Жылдызың жылуу учурагандыктан жардам кылып отурам* (Жантөшев). *Эпилдеген илбериңки, жылдызы жылуу бала экен* («Ала-Тоо»).

ЖЫЛДЫРМАСЫН ЖЫЛДЫРУУ. к. Жылмакейин жылдыруу.

ЖЫЛКЫ КЫЯЛ. Чунандап мүнөзү тез өзгөрүлүп турган, чырт дей түшмө. *Ал өзү жылкы кыял, кишинин баары менен урушуп журет* (Абдукаимов).

В.: Жылкы мүнөз. *Кээ адам жылкы мүнөз болот, ушул жигитке жумшак мамиле жакпайт* (Укаев).

ЖЫЛКЫ ТЕППЕЙ, ЖЫЛАН ЧАКПАЙ. к. Жылан чакпай, жылкы теппей.

ЖЫЛКЫҢА ЧЕНЕП ЫШКЫР! Абалыңды, чамаңды байка, алыңа, мүмкүнчүлүгүңө жараша иш кыл. *Жылкыңа ченеп ышкыр, «Советти» кайсы союл менен жыга чапканы жүрөсүң!* (Саатов). *Эмне дешсе, ошо дешсин. Мен өзүмдүн жылкыма ченеп ышкырамын* (Тойбаев).

В.: Жылкыңа карап ышкыр. *Жылкыңа карап ышкыргын дебедим беле?!* (Жоошпаев).

ЖЫЛМАКЕЙИН ЖЫЛДЫРУУ. Бир ишти астыртан бүлдүрүп, былгытып коюп, билмексен болуп калуу. - *Жылмакейин жылдырып коюп, анан «мен эмне кылып ийипмин» деп коёт* (Даникеев).

В.: Жылдырмасын жылдыруу. *Көрдүңөрбү? Жылдырмасын жылдырып бардык ишти булдуруп коюп, төртүнчүлөрдү билбейт имиш!* (Тойбаев).

ЖЫЛТ БЕРҮҮ. Заматта көзгө көрүнбөй калуу, арыдан бери жок болуу, көрүнбөй кетип калуу. *Ал киши жылт берип кеткен* (Бектенов). *Окууга тон, моюндары ошол эле күнү жылт берди* (Өмүрбаев).

В.: Жылт коюу. *Түбү жеден күнгө какшыган жүгөрүнү отогондон укмуштай тажап, канткенде жылт койсом деп*

кыйпычыктап турганда («Кыргызстан маданияты») - *Э-э, өзүбүз ак жолборстун токоюнда жүрүп, жылт койгондо кайда барабыз?!* (Касымбеков).

ЖЫЛТ ЭТМЕ. Карматпаган, колго тийбеген, куу, шум. *Оо! Ал баягы жылт этме турбайбы?* («Чалкан»).

ЖЫЛУУ ЖҮЗ. Ырайымдуу, мээримдүү мамиле, ылым санагандык. *Ал инисин жылуу жүз менен каршы алды* (Бердикеев). *Ал жигит балыкчыларга боор тарткансып жылуу жүз көрсөтүп турар эле* (Укаев).

ЖЫЛУУ КОЛТУК. Жайлуу, ыңгайлуу жер. *Алар Аятхандын жылуу колтугунан түнөк табышкан* (Саатов).

ЖЫЛУУ ОРДУН СУУТУУ. Үйүр алышып, үйрөнүшүп көнүп калган жеринен кетип калуу, орун алган, жакшы турган жеринен ажырап калуу. *Сен деп жүрүп, жылуу ордумду сууткамын* («Ала-Тоо»). *Анын ошол бир гана ооз сөзүндө жылуу ордун суутуп, ушул күнгө тушуктурган кишилерге арткан дооматы бардай сезилди* (Ашымбаев).

В.: Жылуу ордунан козгоо. *Эч нерсе билбеген үчүн жыргап жаткан жылуу ордубуздан козгоп, оолап отурабыз, - деген Мария* (Ашымбеков). *Менин көзүм жумулуп кетсе ошондо алып кетесиңер. Аңгыча жылуу ордунан козгобогула буларды* (Өмүрбаев).

ЖЫЛУУ ОРДУН ТАБУУ. Өзүнө ылайыктуу, ынгайлуу, жайлуу жай таап алуу. *Ал эми өзүнүн жылуу ордун тапты.*

ЖЫЛУУ УЧУРОО. Таныштай, мурда бир жерден көргөндөй, көрүп-билип жүргөндөй сезилүү, бүшүркөө. *Жерде жаткан кылычтын сабындагы белги Оросулга жылуу учурады* (Осмоналиев).

ЖЫЛЫ ТӨӨ БОЛСО ДА. Бир нер сеге же бир ишке куру бекер дем байлаган, көтөрүлүп, мактанган адамга карата «ошондой кыйын болсо, олуя болсо, укмуш болсо да, көрөрбүз» деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Жылы төө болсо, аткарбай көрүшсүн, эмне кылар экенмин! - деп борс-борс күлдү* (Ала-Тоо).

ЖЫЛЫН ТӨӨ КЫЛУУ. Барктануу, бааланuу, маалкатуу,

кербезденүү. *Мынча эмне жылыңды төө кыласың.*

ЖЫМ ДЕЙ ТҮШҮҮ. Иштин онгою келгенине, ойлогонундай боло калга-нына астыртан кымылдап сүйүнүү, кубанып кетүү. *Арзыкулдун сөзүн укканда кемпир жым дей түшту* (Байтемиров). *Ташболот жым дей түшүп, эт-бетинен кетти* (Бектенов).

В.: Кым дей түшүү. *Менин сөзүмдү укканда кым дей түштү* («Ала-Тоо»).

ЖЫМ-ЖЫМ БОЛУУ. Бирнерсени башкаларга билгизбей, айтпай жашыруу, астыртан тим болуу. *Мындай кабарды укканда айылдагылар жым-жым эле болушту. Акбала жөнүндөгү кабарды Каленге билгизбей айылдагылар жым-жым болушту* (Укаев).

ЖЫРА ТАЛАШУУ. Бир нерсени айтууга же сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербей жашыра сүйлөө. Тартиби жок балдар ооздон сөздү жыра талашат.

ЖЫРТЫК ЭТЕК. к. Этеги жыртык.

ЖЫРЫК ИЙНЕСИН АЛБОО. Эч нерсесине тийбөө, эчтекесин албоо. Ал анын жырык ийнесин да албайт, даалдаган ак көңүл, акниет адам («Чалкан»). *Албаңар жырык ийнесин Не кылабыз калмактын Эзелден жыйган дүйнөсүн* («Манас»).

ЖЫРЫК ТЕҢГЕГЕ АРЗЫБОО. Татыбоо, көрүнбөө, илүүгө алынбоо. *Менин каган башым менен буларга көрсөткөн жакшы көңүлүм, берген мансабым жырын теңгеге арзыбаган экенго?!* (Касымбеков).

ЖЫТЫ СИҢИШҮҮ. Бири-бирине берилип, абдан алынышып, өтө жакын болуп калуу, аралашып бир кишидей болуп кетүү. *Күндөр өпипү. Үй-бүлөнүн бири-бирине жыты сиңишти* (Осмоналиев). *Жашынан кол кармашып, бири-бирине жыты сиңишип команда ажырашабыз деп ойлобосун* (Ашымбаев). *Аның чын дечи. Бала кезден бери жытыбыз сиңишип бүткөн* (Кушубеков).

ЖЫТЫ ТУУГАН. Анча жакын эмес, мындайраак, алысыраак тууган. *Шертай экөө ага-ининин баласы, Төлөмүш менен жыты тууган* (Бердикеев).

ЖЭЭГИ ЖОК. Сүйлөөк, оозуна алы келбеген, ылайыгы келсе, келбесе деле тартынбай сүйлөй берген, туура эмес болсо да эч уялып, кысылбаган. *Оозуна алы жетпеген жээги жок катындардын Гүлайым жөнүндө сөзү көбөйө берди* (Абдукаримов). *Байкал сүйлөгүлө! Баятан берки сасык сөздүн теңи Айнагүл эмес, - деп оозуна келгенди оттоп отурган жээги жок катындарды, Тоту жеңем куюн ургандай кылып өттү* (Жантөшев).

ЖЭЭН АЯК КАРМОО. Жээни таякелери тараптан өзүнө жаккан, каалаган нерсесин (жакшы буюм, жакшы ат ж.б.) алуу (көбүнчө той болуп жаткан учурларда). *Жаман жээниңер жээн аяк кармапшыр, кечирип койгула, - дешти баланын ата-энеси тараптагылар* («Ленинчил жаш»).

ЖЭЭРИН ЖЕП, ИЧЕРИН ИЧҮҮ. Көп жашоо, көптү көрүү, карылыгы жетүү. *Булар жээрин жеп, ичерин ичкен кишилер да* («Чалкан»).

В.: Жээрин жеп, көрөрүн көрүү. *Мен жээримди жедим, көрөрүмдү көрдүм, Эми силерден топурак буюрсун* (Жусупов).

-З-

ЗААРАСЫ БУЛУТ АЙЛАНУУ. Айласы кетүү, эмне кыларын билбей кыйын абалда калуу, шаштысы кетүү. *Баки жогу үйүлүшүп, зар какшап үрпөйгөнүн көрүп, заарам булут айланды* (Бейшеналиев).

ЗААРЫ БЕТИНЕ ЧЫГУУ. Ачуусу келүү, жинденүү, каарануу, ачуудан өңү бузулуп кетүү. *Анын туркун кылыктары көңүлгө жакпай, каны кайнап турган Атабайдын заары бетине чыгып, курс этти* (Саатов). *Боору ачымак тургай, бул сөзгө Егордун заары бетине чыгып, ырайын бузду* (Саатов). *Мусулманкулдун таноолору кыпчылып, заары бетине чыга түштү, өзүн-өзү токтото албай кетти* (Касымбеков).

ЗААРЫН ТӨГҮҮ. Каарануу, ачууланууу, бөйдөй кууруу, жаалы келүү. *Муратаалы ичинен ичиркенген заарын төгүп жиберүүгө кыжынып, мойнун созо ыкыстады* (Бейшеналиев) .

В.: Заарын чачуу. *Корбашы заарын чачып, жигиттерин ийрип, качкындарды табууга катуу буйрук берди* («Ала-Тоо»).

ЗААРАСЫ УЧУУ. Өтө катуу коркуп кетүү. *Алардын түрүн көргөндө заарасы учуп кетти.*

В.: Заарасы житүү. *Көрүп турган адамдын заарасы житкидей окуя болду* («Ала-Тоо»).

ЗАБЫНЫНА КАЛУУ. Убалына калуу, бөөдө кыянатчылык кылуу, жок жердей жала чектирүү. *Айыбым болсо башымды кес, болбосо забыныма калба* (Абдукаимов).

ЗАК КЕТИРҮҮ. Шек келтирүү, акарат кылуу. *Бирок коммунадан куулду деген ат укум-тукумга зак кетирбейби деп, убайым жейт* (Ашымбаев). *Анын бакиси Манас боло берсе, анда Манастын баркына зак кетирип, каргышка каларбыз* (Бейшеналиев). *Колумду узарткан тилмечимди кагып-согуп кодуласам тубубузгө зак кетер* (Бейшеналиев).

ЗАМАНАСЫ КУУРУЛУУ. Аргасы түгөнүү, айласы кетүү, эмне кыларын билбей абдан кыйын абалда калуу. Төлөмүштүн заманасы куурулуп, сендиректеп ордунан тура жөнөдү (Бердикеев).

Заманасы куурулуп турган Качикенин жаны ордуна келе түшүп, чынын айтып берди (Абдукаимов). *Угуп отургандардын заманасы куурулуп, теребел кайгы-капага толуп кеткендей сус тарта түштү* (Ш.Үмөталиев). *Сейденин заманасы куурула түштү* (Айтматов).

В.: Заманасы таруу. *Уламдан-улам заманасы тарып, санаалары санга бөлүнө баштады* (Жантөшев).

ЗАМЫРДАЙ КАКШОО. Абдан, аябай тактап, дааналап жеткире түшүндүрүү, жеткиликтүү баяндоо. *Аскер башчысынын колдоосусуз илимий изилдөө ишинен натыйжа чыкпасынан саякатчы замырдай какшап түшүнсө да, полковник «эч айла таба албайм» деп койду* (Осмоналиев).

ЗАҢГЕЛДИН БАШЫНАН. Өтө алыстан, узактан, ыраактан, бир топ узак жолдон. *Ээртокумдан айрылып же кыздан жок, же кымыздан жок, анын үстүнө заңгилдин башынан жөө келип, Бекен эси-көөнүнөн калгыс болгон* (Саатов).

ЗАРЕСИ УЧУУ. Үрөйлөнүү, үрөйү учуу, аябай коркуп кетүү. *Куугунчулар жакындаганда Батийнанын зареси учту* (Сыдыкбеков).

ЗАР КАКШОО. 1. Зыркырап-сыздап, кейип-кепчүү, боздоо, зарлоо. *Эжемдин эртели-кеч буркурап, зар какшаганы бассам-турсам эсимде* (Жусупов). *Тууп жаткан эчкини атып алып, зар какшап калган Салы мерген көз алдыма тартылды* (Сайдуллаев). *Булардын зыяны калк арасына улуу тумоодой каптабаса экен дешип, зар какшашты* (Медетов).

2. Абдан зарылдыгын, муктаждыгын айтып какшануу. - *Уулумду ылымтаңарга сактай көргүлө, кагылайындар! - деп зар какшайт* (Медетов). - *Кайсы убакта айлык алабыз, - деп зар какшаганы да ушундан эле* (Ашымбаев).

В.: Зар ыйлоо. *Зар ыйлап малча сатылган, Селкилер күлгөн кез ушул* (Бөкөмбаев).

ЗИКИРИН КАГУУ. Эсине келтирүү, мизин кайтаруу, акесин таанытуу. *Ошентип, жаңы букараларыңыздын биртике зикирин кагып келебиз, баякеси* (Бейшенадиев).

ЗИЛ ТАШТОО. Каарданuу, ачууланuу. *Эл ичинен Кален: «Эртең болуш шайланганда аягың асманга чыгат», - деп зил таштап кетти* (Укаев).

ЗОБОЛОСУ КӨТӨРҮЛҮҮ. Даражасы артуу, аброю жогорулоо, чоң кадыр-баркка ээ болуу. *Өмүрлүү бол, зоболоң көтөрүлсүн, - деген батасына тоюнду* (Ашымбаев). *Өмүрлүк жарыңдын зоболосу көтөрүлсө, сенин төбөң көккө жетпейби* (Бердикеев). *Окууну, кийин аспирантураны аяктап, илимдин кандидаты болуп, зоболоң көтөрүлө баштады* (Медетов).

В.: Зоболосу көкөлөө. *Сооронбай төрт дубан эл жыйылган зор топтон зоболосу көкөлөй кадыр-барк таап кайтты* (Бейшенадиев). *Кыш чилдеде кылган бир азаматтыгынан кийин анын зоболосу тим эле асмандап көкөлөдү* (Жигитов).

ЗОБОЛОСУН КӨТӨРҮҮ. Даражасын арттыруу, аброюн жогорулатуу, авторитетны өйдөлөтүү. *Жергиликтүү мыктылардын көзүнчө да, жалгыздатып да Чыны манаптын зоболосункөтөрүүдө* (Бейшенадиев). *Ылайым Дурдун зоболосун көтөрүүгө жараткандын шыбага-шопкутуго* (Бейшенадиев). *Маркум мергендин зоболосун көтөрүүчү тилге жатык, обонго элпек сөздөрдү куюлуштура чүргөөрүн чүргөдү* (Бейшенадиев).

В.: Зоболосун арттыруу. *Мергендин зоболосун арттырган кошок так өзү эңсегендей салмактуу таштаалууда* (Бейшенадиев).

Зоболосун көкөлөтүү. *Жомокчу Манасты даңктаган сайын Сооронбай кербезденип өз зоболосун көкөлөтүп аткансыйт* (Бейшеналиев).

ЗООТ-КЫЯГЫ ЖОК. Эч кыйынчылыгы жок, жеңил, оңой, анча татаал эмес. *Эмнеге коркосуң, анын зоот-кыягы жок.*

ЗУУ КОЮУ. Бат эле жок болуу, тез эле көрүнбөй калуу. *Заматта эле эки көздүн зуу койгонуна айраң-таң* (Ашымбаев).

ЗЫГЫРЫ КАЙНОО. Абдан ачууланuу, кыжырданuу, каарданuу, жини келүү. *Качантан бери мунун зыгыры кайнап жүрөт?* (Укаев)

ЗЫГЫРЫН КАЙНАТУУ. Жинине тийүү, ачуусун келтирүү каарына калуу. *Кедей айылынын жигиттерине ушундайча зордук көрсөтүп зыгырын кайнатып отурду* (Укаев).

ЗЫГЫР ЧЫЧЫРУУ. Абдан коркутуу, үрөйүн учуруу, кысымга алып, айласын кетирүү. *Каарданган бай биз эмес, бүт айылын зыгыр чычырат* («Ала-Тоо»).

ЗЫГЫРЫҢДЫ КАМ ОРДУБУ. к. Арпаңды кам ордубу?

ЗЫЛДЫН КАРА ТАШЫ. Абдан оор, киши көтөрө алгыс. *Муну ким көтөрөт, зылдын кара ташы тура* («Чалкан»).

ЗЫРП ЭТҮҮ. Тыз эте түшүү, зыр эткендей, тыз эткендей сезим пайда кылуу. *Зырп этип жүрөк учу тыз-тыз этти* (Осмонов). *Колумдун учу зырп этип, андан кийин сыздай баштады* («Ала-Тоо»)

ЗЭЭНИ КЕЙҮҮ. Боору ооруу, жаны ачуу, капа болуу, кайгыруу. *Өзүмдүн кайгы-шапам кызыма өтүп кетпесе экен деп ойлойм. зээним кейип, жүрөгүм ачышып чыкты* (Бердикеев). *Апам үчүн ушунчалык зээним кейип, ыйлачумун* (Борбиев). *Башка түү- түшүп турган катуу каргашага баарынын зээни кейиди* (Абдукаимов).

ЗЭЭНИН КЕЙИТҮҮ. Жанын ачытуу, капа кылуу, азап чектирүү. *Ары карап ыйлап, бери карап күлүп, эптеп кутулган акындын абалы анын зээнин кейитти* (Бейшеналиев).

ЗЭЭНИН КОЮУ. к. Дитин коюу.

ЗЭЭРИН УЧУРУУ. Таасири тийүү, себеп болуу. *Чөнтөгү толгон акчанын зээри учурдубу, же көңүл айткандар берген ичкилик көтөрүп кеттиби?* (Бердикеев).

ЗЭЭР САЛУУ. Көңүл бөлүү, назар таштоо. *Байымбетке бөтөнчө зээр салып, жубанган Коргон атанын «Муңдуу күүсү»* (Бейшеналиев).

-И-

ИЗДЕН ТАЙБОО. Белгиленген жолдон, багыттан чыкпоо, ошол багытты, жолду бекем кармоо, кыйшаюусуз алып баруу. *Биздин жаштарыбыз зор кайрат жана туруктуулук менен изден тайбай иштей тургандыктарына ишендиришкен* («Советтик Кыргызстан»).

ИЗДЕШПЕЙ ТАБЫШУУ. Кылган иштери, кулк-мүнөзү, кыял-жоругу ж.б. боюнча бири-бирине дал келүү, төп келүү, окшоп калуу. *Алар издешпей табышкан жырткычтар экен да баары* (Бердикеев). *Кол кар-машып аллеядан чогуу басышса, «издешпей табышкан экен, карачы» дешип суктанышат адамдар* (Мырзаев). *Букарбай экөөңөр издешпей табышкансыңар* (Бейшеналиев).

ИЗИ ЖОК. Дайынсыз, белгисиз, дарексиз. *Расход кылган акчасынын изи жок* («Чалкан»). *375 баш козунун изи жок* («Чалкан»).

ИЗИН БАСПОО. Жолуна түшпөө, жолобоо, алыс жүрүү, жаа бою качуу. *Изиңди мындан кийин баспайбыз деп, Жоголду бирден-бирден боздоп ыйлап* (Осмонкул). *Биз изиңизди мындан кийин баспайбыз* (Сыдыкбеков).

ИЗИН БАСТЫРУУ. Ордуна башканы коюу, башка менен алмаштырып, толуктап коюу. *Чабырлар менен изин бастырып коюп, ириктерди сатып жибердим* («Чалкан»).

ИЗИНЕ ТҮШҮҮ. 1. Аңдып калуу, куугунтукка алуу. *Изине түшүп барбасак, Калмактан кабар албасак* («Эр Табылды»).

2. Жоголгон же издеген нерсенин шегин, дайынын билип калуу. *Билинбей, туюлбай анын изине түшөт* (Осмоналиев).

ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ. к. Сары изине чөп салуу.

ИЗИН ЖАШЫРУУ. Кылган иштеринин дайнын билгизбөөгө аракет кылуу, өзүнүн ким экендигин жаап-жашыруу, астыртан, тымызын аракет кылуу. *Атасы камалып кеткенде изин жашырып, биздин айылга качып келет* (Жантөшев). *Садыров балдарына жардам берүүнүн*

ордуна ар кайсы жерлерде изин жашырып жүрөт («Ленинчил жаш»). *Кочкор тарапка барабыз дешип издерин жашырышты* (Осмоналиев). *Канчоро изин жашырып, Душмандыгын ашырып* («Манас»).

ИЗИН КЕЧЕ АЛБОО. Жанына бара албоо, тең келе бербөө, тең тайлашууга күчү жетпөө. *Менин атамдын изин кече албайт, сенин атаң* (Ш.Үмөталиев).

В.: Изин кечпөө. *Эсенаман, Көчөрбай ырчы Токтогул менен айтышмак турсун, изин кечпей калышыптыр* (Бейшеналиев).

ИЗИН СУУТПОО. Батыраак, тезирээк аракеттенүү, унуткарбоо, эскиртип жибербөө. *Аны арылатпай, изин суутпай чапчаң жасайлы* (Абакиров). *Анда келини из суутпай келип жүрүп, акыры малдын баарын саттырды да, абышканы шаарга алып кетишти* (Айтматов).

ИЗИН СУУТУУ. Көп убакыт өткөрүү, унуткаруу, унутулуп калгыдай будамайлоо, болгон иштин ойдон чыгып, эскирип калышына шарт түзүү. *Эптеп изин суутуу үчүн катташууну азайтат* («Чалкан»). *Эсенкадыр небак изин сууткан болуучу* (Жоошбаев). *Алар кайра эси-не келгенче изиңди суутуп кетпей сенде жан жокпу* (Касымбеков).

ИЗИН ТАППОО. Дайын-даректегин, эмне болгонун, кандай чыгымдалганын билбей калуу. *Ошентип жүрө берип, акырында он миңдеген сомдун изин таппай калды* («Советтик Кыргызстан»).

ИЗИН ТАПТЫРБОО. Дайын-даректегин, эмне болгонун, кандай чыгымдалганын билгизбей салуу, дайынсыз болуп кетүү, эмне экендиги билинбей калуу. *Ошол эле курулуш уюмунда мастер болуп иштеген Алыбаев 1521 сом 26 тыйындын изин таптырбай жеген* («Чалкан»). *Андан тышкары келдим-кеттим кишилер 1500 сомду моюндарына илген боюнча изин таптырбай кетишкен* («Чалкан»).

ИЗИ СУУ. Дайынсыз болуу, унутулуп калуу, дареги билинбей кетүү. *Айдар көкүл жуңжаңдар болсо таптакыр изи сууп жоголот* (Айтматов). *Качан изи сууп, арадан көп күн өтүп, тым-тым болуп калганда гана тун катып келип, болгон жылкыны айдап кетиптир*

(Осмоналиев). Казангап гана тушунмөк, ал болбосо Эдигей алдакачан Бороонду разъездинен изи сууп жоголмок (Айтматов).

ИЙГЕ КЕЛТИРҮҮ. Ыкка көндүрүү, багындыруу, макул кылуу. *Дүр томорлорду ийге келтирүүнүн ар түркүн ыгын сунуш этүүдө* (Бейшеналиев)

ИЙГЕ КЕЛҮҮ. Сөзгө келүү, мамилелешүү, айткан-дегенге макул болуу, ыкка көнүп, жоошуп калуу. *Ийге келип калды. Колго тийгенден кийин ийге келет да* («Чалкан»).

ИЙИ ЖАНУУ. к. Ийри жануу.

ИЙИКТЕЙ ИМЕРИЛҮҮ. Абдан элпек кыймыл-аракетте болуу, эпилдеп кичи пейил мамиле кылуу. *Таманым жерге тийбей ийиктей имерилип жүгүрүп жүрдүм* («Ала-Тоо»). *Келиндер ийиктей имерилип Каныбектин айтканын орундатууда* (Жантөшев).

В.: Ийиктей чимирилүү. *Келин колу-колуна жукпай, буту-бутуна тийбей тим эле ийиктей чимирилип жүрөт* (Бектенов).

ИЙИНГЕ КИРГИЗҮҮ. Абдан коркутуу, кысым көрсөтүү.

В.: Ийнине киргизүү. *«Манас», «Семетей» дастандарында чачылган кыргызды бириктирип, баскынчы душмандарды ийнине киргизип... элдин улуттук өзүнчөлүгүн коргогон окуялар кеңири суроттөлөт* (Бейшеналиев).

ИЙИНЕ ЖЕТКИРҮҮ. Иштин көзүн таанып, маңызын чыгара жасоо, тыңгылыктуу бүтүрүү, кынтыксыз иштөө, таасын аткаруу. *Бир иштин соңуна түшкөндө ийин чыгара иштейбиз деп балам экөөбүз убада берген элек* («Кыргызстан маданияты»). *Ал куйкум сөздү ийине жеткире сүйлөгөн куудул адам болгон* («Кыргызстан маданияты»).

ИЙИН ЖАНДЫРБОО. Көңүлүн калтырбоо, айтканына макул болуп, шагын сындырбай, өтүнүчүн орундатып коюу. *Ийимди жандырбаңыз, шагым сынбасын* (Убукеев). *Апай эне маңкайып, өзүлөрүнүн санжыргалуу жаштыгын, ото шарапат ушуга дейре ийин жандырбай дөөлөттүү жашашканын кыйытты* (Бейшеналиев). *Балардын ийин*

жандырбай аягына чыгайын деген ниетте уланта берди (Бейшеналиев).

В.: Ийин суутпоо. *Ийин суутпай жанына турдум* (Бейшеналиев). *Көчүрүп алууга ниеттенгендердин ийин суутпай колмо кол бермей болду* (Бейшеналиев).

Ийрин жандырбоо. *Балдардын ийрин жандырбай билгендериңизди толук айтып бериңиз, аксакал* («Кыргызстан маданияты»).

Ийин кайтарбоо. *Ийинди кайтарбасына көзүм жетти* (Бейшеналиев). *Кайрылгандардын ийин кайтарбай, билгендериңизди тартынбай, суроолоруна толук жооп бересиз* (Бейшеналиев).

ИЙКЕМГЕ КЕЛҮҮ. Илберинки тартуу, айтканга макулдануу, көрсөткөн жакка көнүү, ыкка түшүү. *Ийилбес темирдей өз намысында бекем турган Асантай жакшылардын кебинен кийин ийкемге келди* (Сыдыкбеков).

ИЙЛЕП-ИЙЛЕП ИТКЕ САЛУУ. Даяр болгондо ишине жарабай калуу, үзүрүн башкасы көрүү. *Ийлеп-ийлеп итке салып, баса бергениң кандай* («Ала-Тоо»). *- Мына баатыр! Ийлеп-ийлеп итке салып, үй-жайыман, мончоктой болгон балдарыман ажырап, арсыз арманымды мен аракка айтып, арак мени сендиректете сүйрөп...* (Өмүрбаев).

ИЙНЕ ЖЕГЕН ИТТЕЙ. Өтө арык, аран эле жаны бар, илмийген. *Азыгы түгөнөрү менен ийне жеген иттей илмийди* (Ашымбаев). *Ийне жеген иттей болуп, санаа азабын тартып, ичинен тынып кыңырылат* (Осмоналиев).

В.: Ийне жуткан иттей. *Сулуу ийне жуткан иттей кынжыйып, кыйналып өлөт* (Осмоналиев).

ИЙНЕ-ЖИБИНЕ ДЕЙРЕ. к. Ийне-жибине чейин.

ИЙНЕ-ЖИБИНЕ ЧЕЙИН. Майда-чүйдөсүнөн бери, эч нерсесин калтырбай, бүт баардыгын. *Ал төкпөй-чачпай, ийне-жибине чейин алаканга салып айтып берип жатат* (Егиналиев). *Редакцияга келгенде аны менен ийне-жибине чейин маектештик* («Ленинчил жаш»). *Нариste айылдагы көргөндөрүн*

ийне-жибине чейин аңгемеледи (Борбиев). *Кандай болгон, эмне болгон, ийне-жибине чейин жазып... жибер* (Айтматов).

В.: Ийне-жибине дейре. *Ал мурда жазылган, айтылган жана көкүрөктө уюп ачыла элек эмнелери бардыгын ийне-жибине дейре узакка баарлаша сурамжылады* (Бейшеналиев).

Ийне-жибинен бери. *Иште ийне-жибинен бери териштирип, эч бир фактыларын далилдей албайт* («Советтик Кыргызстан»).

ИЙНЕ ЖОГОТСОҢ ТАПКЫДАЙ. Жапжарык, аябай жарык. *Ийне жоготсоң тапкыдай жер бети күндүзгүдөй* (Айтматов).

ИЙНЕ ЖУТКАН ИТТЕЙ. к. Ийне жеген иттей.

ИЙНЕ МЕНЕН КУДУК КАЗГАНДАЙ. Абдан оор, өтө татаал. *Илимий иш - ийне менен кудук казгандай кыямат нерсе* (Бердикеев). *Илим ийне менен кудук казгандай, Сатибекке жакты сөз айтып, жылуу мамиле менен жардамдаш болуңуз* (Тойбаев).

ИЙНЕНИН КӨЗҮНДӨЙ. Эң эле кичинекей, тырмактай, кенедей, өтө кичине. *Ийненин көзүндөй иш үчүн мени убара кылбай эле койсоң болмок* («Ала-Тоо»). *Ийненин көзүндөй жерден кантип өттү экен?* («Чалкан»).

ИЙНЕНИН КӨЗҮНӨН ӨТКӨРҮҮ. Абдан катуу кыйноо, азап чектирүү, катуу, катаал сындан өткөрүү. *Мен эле болсом, Эргеш акеңди «ийненин көзүнөн өзүм өткөрөм « деп жүрүптүр* («Ленинчил жаш»).

В.: Ийненин көзүнөн, устаранын мизинен өткөрүү. *Ийненин көзүнөн, устаранын мизинен өткөрөт бизди, манап тукуму* (Касымбеков).

ИЙНЕНИН КӨЗҮНӨН ӨТҮҮ. Өгө эле эпчилдигин, куулук-шумдугун, шылуундугун көрсөтүү. *Каерге барсаң соодагерлер соймоңдоп ийненин көзүнөн шукшурулуп өтөт, ошолордун күнү туул жатат азыр* («Советтик Кыргызстан»).

ИЙНЕ САПТАТПОО. өзү жасоо, көз каранды болбоо. *Башта ал ийнесин эч кимге саптатчу эмес, намыстанып жаман көрчү* (Айтматов).

ИЙНИ БҮТӨЛҮҮ. Кийим-кечеси оңолуп, тыңып калуу. *Бирок ийин бүтөлүп курсак тоё элек* (Жантөшев).

ИЙНИНДЕ БАШЫ БАР. Өз акылы өзүндө, акыл-эси ордунда. *Ийнинде башы бар ар бир адам ойлоно турган ойду айтып жатамын* (Бердикеев).

ИЙНИ КУБАНУУ. Жаңы кийим кийүү. - *Куттуу үйдөн куру чыкпайт, ийниң кубанып кетсин, баатыр, - деди Абыл* (Касымбеков).

ИЙНИНЕН ДЕМ АЛУУ. Абалы начарлоо, өтө оор абалда болуу, өлүм алдында туруу. *А тиги көзү алайып, ийнинен дем алат* (Жусупов). *Оорулуу көзү алайып, ийнинен дем алат* (Жусупов).

ИЙРИ ОТУРУП, ТҮЗ КЕҢЕШҮҮ. Шашпай, абдан ойлонуп иш кылуу, жакшылап акылдашып, бир пикирге, бир чечимге келүү. *Ушундай суроолордун тегерегинде ийри отуруп, түз кеңешүү керек* (Медетов). *Төлөмүш кечээ эле курортко кетпедиби, келсин, анан ийри отуруп, түз кеңешели* (Бердикеев). *Бул жерде ийри отуруп, түз кеңешер сөз болуп калды* (Ашымбаев).

ИЙРИ ТУМШУК. Пайдага, олжого жакын, пайдалуу нерсенин, олжо-буйланын үстүнөн чыгуучу. *Барган жеринен куру кайтпаган ийри тумшук күндөп-түндөп тактай-кирпичти уурдап ташып жүрүп дагы бир үйдү чочойтуп салды* («Чалкан»).

ИЛЕБИ ЖЫЛУУ. Сүйкүмдүү, уккулуктуу. *Калайык, ийри отуруп Тоголок Молдонун сырын уктук, илеби жылуу ырын уктук* (Бейшеналиев).

ИЛГЕРИ МУУН. Өсүп келаткан жаштар, өсүп-жетилип келаткан кийинки тукумдар. *Мына биздин илгери муундар! Алдыңа кетейин! Ылайым тилегиңе жет! Телегей Зарылбүбүнү кучактап бетинен сүйдү* (Өмүрбаев).

ИЛЕБИ КАЙТУУ. 1. Ийи жануу, көңүлү калуу, шагы сынуу. *Бекер кылдың, жаш неменин илеби кайтып калды* («Ала-Тоо»). *Чоң үмүт менен келген келиндин илеби кайтып, шаабайы сууду* («Ала-Тоо»).

2. Бир аз муздай түшүү, салкын тартуу. *Кичине илеби кайтсынчы,*

ысык экен деди («Ала-Тоо»). *Садагалар келгиле, камданалы, күндүн илеби кайтып калды* («Ала-Тоо»).

ИЛЕБИНЕ ДАН БЫШУУ. Болуп-толуп туруу, бардыгы ойдогудай, менменсиген абалда болуу, арааны жүрүп туруу. *Азыр анын калчаган чүкөсү алчы конуп, илебине дан бышып турган кези* (Сыдыкбеков).

В.: Илебине нан бышуу. *Бийдин илебине нан бышып турган чагы эле* («Чалкан»). *Илебине нан бышат, Камчы басып атына, Төмөн карай жарышат* («Эр Табылды»). *Илебине нан бышып, ташы жогорулаган мырзанын жергиликтүү жан жөкөрлөрү барган сайын арбып-дарбууда* (Бейшеналиев).

ИЛЕБИН КАЙТАРБОО. к. Илебин суутпоо.

ИЛЕБИН СУУТПОО. Көңүлүн калтырбоо, шагын сындырбоо. *Букарбайдын илебин суутпай ара-чолодо отура калып кыш ичинде ушу дептер толгончо жазып беререне кумөндөр эмесмин* (Бейшеналиев). *Жалий илебин да суутпай, тилегин да катырбай табышмактуу сыноо менен жымыйды* (Бейшеналиев).

В.: Илебин кайтарбоо. *Тоголок Молдого табыштаса, биздин илепти кайтарбас* (Бейшеналиев).

ИЛЕБИ СУУЙ ТҮШҮҮ. Көңүлү калуу, шагы сынуу, оюндагысы аткарылбай калуу. *Анан Төлөмүш менен Суусардын кабак-кашын байкай берип, илеби суюй түштү* (Бердикеев). *Кантсе да батаны оозанганда делебеси козголуп, каны кайнап, кекти кимден чыгарааарын билбей турган кишилердин илеби суюй түштү* (Ш.Үмөталиев).

ИЛЕҢ-САЛАҢ БОЛУУ. Өтө создуккан, бир жагына оой албаган ыргылжың абалда болуу. *Оорусу айыкпай, илең-салаң болуп жүрөт* («Ленинчил жаш»). - *Балдарым, өзүңөр көрүп турасыңар, атаңар илең-салаң болуп, жакшы жөнүгө албай койду* («Кыргызстан маданияты»).

ИЛИККЕ АЛБОО. Көңүл бөлбөө, назар салбоо, катарга кошпоо. *Дур зулум анын дилиндеги алал аракетин айкындаган датын иликке албай чыртылдап ызырынды* (Бейшеналиев).

ИЛИК САЛБАГАН ЖЫЛКЫ. Укурук салып кармалбаган, унаа катары минилбеген азоо жылкы. *Жигиттер, тигил кер сары, илик салбаган жылкы эле, абайлап кармап минип, акырын үйрөткүлө* («Ленинчил жаш»).

ИЛИКТИН ЖИЛИГИ. Жыты тууган, алыс тууган, анча-мынча туугандык жагы бар.

ИЛМЕ КАЙЫП. Арсар, болор-болбосу белгисиз, ачык эмес, өлчөөсүз, болжолсуз, табышмак сыяктанган нерсе. *Эми кайрылып көрүшөр-көрүшпөсү илме кайып* (Сыдыкбеков). *Эгерде учкан кушту бир жолу колуңан чыгарсаң, кайра айланып келери илме кайып иш* (Каипов).

ИЛЭЭШКЕНИ БАР. 1. Диний түшүнүк боюнча: азгыруучу жин-шайтаны, азгырганы бар деген мааниде.

2. Бир чатактуу илинчеги бар.

ИҢИР ТАЛАШ. Көз байланган учур, күүгүм. *Мурат иңир талаш араң барып жетти* (Даникеев).

ИР ДЕДИРБЕЙ. Эч буйдалбай, кыйылбай, ошол замат. *Ир дедирбей талдаган Тоголок Молдого, Жаңыбай менен Курмандын алым сабакты улаганы жакты* (Бейшеналиев). *Сүйгөн Турсундун айтканын ир дедирбей түшүндү* (Бейшеналиев). *Анын оозунан чыкканын ир дедирбей илмектеп кагазга саймалаган Ыбырай* (Бейшеналиев).

ИРЕГЕДЕН МАЙ АГУУ. Келим-кетим көп, тамак-аш кең-кесири, бардыгы жетиштүү болуп, мыкты турмушта жашоо. *Мисирейген Букен иретесинен май акса да, кызматын жасаган байкуштардын чекесин жылыткан жери жок* (Сыдыкбеков). *Биз андай иретесинен май аккандарга тең келе алабызбы, - деп жер карады* («Ала-Тоо»).

В.: Кемегеден май агуу. *Андагынын эмнесин айтасың, кемегебизден май акты.*

ИРЕГЕСИНДЕ ЖҮРҮҮ. Бирөөнүн үйүндө, колунда жүрүп жансактоо, ага көз каранды болуп жан багуу. *Кызматың кылып садагаң, Иретеде жүрөйүн* (Жантөшев).

ИРЕҢИ БУЗУЛУУ. Коркуп кетүү, коркондон өңү өзгөрүлө түшүү. *Мокочо көргөн ийри тумшук Гриша менен Атабайдын иреңдери бузулуп, сөздөрүнүн аягына чыкпай, аңкайып туруп колышты* (Саатов).

ИРИ АЛДЫ МЕНЕН. Эң мурда, биринчи болуп, башында, башталышында. *Ошондо ири алды менен калың аскер алынбадыбы* (Айтматов).

В.: Ири алды болуп. *Арзыкул элдин ири алды болуп, адаттагыдан тышкары каны кызуу чыкты* (Байтемиров).

ИТ АЗАБЫН КӨРҮҮ. Аябай кыйналуу, өтө кыйын, оор абалга туш келүү. *Өлгөндөн калганыбыз ит азабын керуп, минтип кайра келдик* (Саатов).

ИТ АЙБАТ. к. Доңуз айбат.

ИТ АЛГАН ТҮЛКҮДӨЙ БОЛУУ. Жеңилиштен шылкыюу, кудуретсиз абалда болуу. *Эгер текшерүүчүлөр бүгүн келип калышса, анда ит алган түлкүдөй болмокпуз* («Чалкан»).

ИТ АРКА Ынтымагы жок, ыркы жок, бирдиктүү эмес. *Ит арка бүлө ооздон сөзүбүздү талашып, душманга туш ачып берди* (Өгөбаев). *«Мени киши катарынан чыгарыпсыңар» деп ит арка болуп көчтү да кетти* (Ш.Үмөталиев). *Бирин бири жактырбаган ит арка, тим эле ит менен мышыктай ыркырашкан немелер экен* (Бердикеев).

ИТАТАЙЫ ТУТУЛУУ. Жини келүү, кыжыры кайноо, ачуусу келип туталануу. Шайы оогон адамча илкий бараткан Акматты көрүп итатайы тутулду («Кыргызстан маданияты»). *Ал эми айтып отурушса, кантип итатайың тутулбайт?* («Советтик Кыргызстан»). *Мышыктын өлүгүн көрөйүн, ушундан кийин мышыкты көрсөм эле итатайым тутулуп, бүткөн боюм дүрүлдөй түшөт* (Борбиев). *Бирок, ошентсе да, тигинин итатайы тутулуп, бир топ мазесин кетирүүгө жарады* (Исмаилов).

В.: Итатайы тута түшүү. *Анын да итатайы тута тушту: силерди ким чакырды? Кеткиле азыр!...* (Жигитов).

Итатайы кармоо. *Менин да итатайым кармай калып, чалга терс аяктык кылдым* (Жигитов).

Итатайы келүү. *Чынын айтсам, анын мамилесине итатайым келип кетти* (Бердикеев).

ИТ АТАСЫН ТААНЫБОО. Өзүнөн улууну сыйлабоо, башканы (айрыкча чоочун кишини) урматтабоо. *Ит атасын тааныбайт: булар чын эле иттен тараган немелер окшойт* (Касымбеков).

ИТ АЯК КЕЧИРҮҮ. *этн.* Жаш баланы ит аяктан аттатып, бирөөнүн сугу түшөрлүк, көзгө урунарлык эчтекеси жок деп көрсөтүүгө багытталган ырымдоо.

ИТ БАЛДАК. 1. Колдорун суудан чыгара кулач таштап, кенен шилтебей, алдын карай челе таштап чабак уруунун, сууда сүзүүнүн бир ыкмасы, түрү.

2. Арышын керип, арышын кере-кере таштап, удам кызый чуркоо деген мааниде (көбүнчө жылкыга карата) колдонулат. *Учкаша минген бууданы Ит балдак уруп келатат* («Мендирман»).

ИТ БАШЫ КАҢГЫ БОЛУУ. Эмне кыларын билбей башы айланып калуу, башы маң болуу. *Ошентип, аганын макулун укпай Бөлөбала менен Бүкөш ит башы каңгы болуп, Осмонкулга ачык сөздөрүн айта алышпай, уулун ой тереңине салып койгон* (Өгөбаев).

ИТ БОЛУУ. Уят болуу, жаман абалда калуу, шермендеси чыгуу. *Кагылып кетейиндер, мен ит болдум, өлтүрө көрбөгүлө, мал-башым тартуу* (Саатов). *Айттымбы, болду, ошондо өзүңөр ит болосуңар! Карап тургула!* (Айтматов). *Прицепти кайра сүйрөтүп, кайсыл бетим менен барам? Ит болдум, куш болдум, ушул ишке туш болдум* (Айтматов).

ИТЕЛГИ ТИЙГЕН ТААНДАЙ КЫЛУУ. Шаштысын кетирүү, айласын түгөтүү, чакчелекейин чыгаруу, алек-челек кылуу. - *Сарбала Орозбайды ителга тийген таандай кылды го, - деди Омор* (Өгөбаев).

ИТ ЖАЛАП КЕТКЕНДЕЙ. Тыптыйпыл, эч нерсеси калбагандай, орду-түбү менен жок кылгандай. *Ошол күнү карасам, коругумду ит жалап кеткендей, чөп деле өспөй калган экен* («Кыргызстан маданияты»).

ИТ ЖАНДУУ. Чыдамкай, ар кандай кыйынчылыкка, кыйноо - кыстоого туруштук бере ала тургандай, чыдамдуу. - *О-о, ит жандуу кайраным а! Дагы гөрдөн туруп келгенби?! - деп жиберди* (Касымбеков). - *Ит жандуу ургур окшойт, - деп олунуптур* (Бейшеналиев). *Мурун эле ушул сыяктуу оорунун белгилери белгилүү болгонуна моюн бербей ит жандуу болуп жүрө берген* (Бердикеев).

ИТ ЖЕБЕГЕН БОКТУ ЖЕШҮҮ. Оозго алгыс жаман сөздөр менен бири-бирин ашатып сөгүшүү, тилдешүү. *Жаңжал башталды: эки сугатчы ит жебеген бокту жешти* («Чалкан»).

ИТ ЖЫГЫЛЫШ. Күрөшкөндө кимиси жыгып, кимиси жыгылганы ачык болбой, аны аныктоого мүмкүн болбогон, тең тайлашкан абал, тен жыгылыш. *Экөө бой тиреше түшүп, күрөшө кетишти: экөө буйдалакташып калышты... «ит жыгылыш»* (Өмүрбаев). *Ит жыгылыш болуп калды, кайра күрөшкүлө.*

ИТИ МАЙ ЖЕБЕГЕН. Тамакашы кең-кесири, байлыгы мол, чириген бай, дөөлөттүү, мал-мүлктүү.

ИТИРКЕЙИ КЕЛҮҮ. 1. Денеси дүркүрөген жагымсыз сезимде болуу. *Итиркейин да келтирет, моокумун да кандырат* (Жигитов). *Жаныма жакындап, эркелейин деп кыйшаңдаган сайын боюм дүркүрөп, итиркейим келет* (Абдукаимов). *Эстебейин десем деле эсимден кетпейт, итиркейимди келтирип* (Бердикеев).

2. Кыжыры келүү, ачуусу келип туталануу. *Токо болуштун кабагына кар жаап, болбогон нерсеге итикейи келип, кылдан кыйкым таба албай турган кези* (Ш.Үмөталиев). *Бубукан тил кайырбаган сайын калыйча күчөп, андан бетер итиркейи келет* (Абдукаимов). *Эмнегедир итиркейим келип, Калбүбүнү жеп жиберчүдөй тиктей бердим* (Бердикеев).

В.: Итиркейди келтирүү. *Мага тескерисинче, анын ар бир сөзү темирди тырмак менен чыйкылдатып тырмагандан бетер итиркейимди келтирип, жол өмүр бою бүтпөөчүдөй сезилип келе жатты* («Ала-Тоо»).

ИТ КАТАРЫ КӨРҮҮ. Илүүгө албоо, катарга кошпоо, жек көрүү.

Балдар мени ит катары көрөт (Абдукаимов).

ИТ КЕЛДИБИ, КУШ КЕЛДИБИ ДЕБӨӨ. Эч көңүл бурбоо, назар салбоо. - *«Ия бу не кылганың?! Ит келдиби же куш келдиби дебей, ыя?! -деди дили кара болуп* (Касымбеков). *Бюрократты билбеген киши жок: ит келдиби, куш келдиби - ал үчүн бир, иши жок* (Борбугулов).

ИТКЕ МИНГЕН КЕДЕЙ. Адалдан түгү жок, колунда эч нерсеси жок, абдан алсыз, өтө жарды. *Нурбай дагы итке минген кедейдин бири* («Жаш ленинчи»). *Итке минген кедей кезим эле, койлуу боломбу деп, атымды Койлуубай койгом* (Шүкүрбеков).

В.: Итке минген томаяк. *Итке минген томаяктар да малдуу кишилерден саан алышып, мында көчүп келишкен* (Каимов).

ИТКЕ МИНГИЗҮҮ. Жарды кылуу, өтө жакырлантуу, мүңкүрөгөн, айласыз абалга дуушар кылуу. *Опол башкарган элден адалдан түк койбой итке миңгизери жөнүндө макулдашкан* (Осмоналиев).

ИТКЕ МИНИП КАЛУУ. Коддо болгон нерсесинин бардыгынан, мал-мүлкүнөн, ж.б. ажырап өтө жардыланып, жоксуз болуп калуу. *Бий, болуштардын ырамат, налогдору көз ачылбай отуруп, биз түгөл итке минип калдык* (Элебаев).

В.: Итке минүү. *Алсыздары кайың саап, кыздары шимүүр шимип, эл жардылыктан итке минип азып-тозду* (Токтогул). *Анын тээ илгерки ата-теги да жалкоолугунан итке минип кедей болгонунан тарта эч мүдүрүлбөй жатка айтып чыкты* (Акматов).

ИТКЕ ЫРГЫТКАН СӨӨКТӨЙ КЫЛУУ. Катарга кошпоо, бөлүп таштоо. *Өзүңөр жакшы болуп кана мени итке ыргыткан сөөктөй кылып таштап койгон экенсиңер го?* (Абдукаимов).

ИТ КӨРБӨГӨН КОРДУКТУ КӨРСӨТҮҮ. Аябай кыйноо, катуу кысымга алуу, ызалоо. *Бир ай бою Күласылга ит көрбөгөн кордукту көрсөттүм* (Осмоналиев). *Эми Орозкул суудан кайра кууп чыкпаса экен, элдин көзүнчө ит көрбөгөн кордукту көрсөтпөсө экен* (Айтматов).

ИТ КӨРБӨГӨНДҮ КӨРҮҮ. Көрбөгөн азап-тозогу калбоо, адам чыдагыс кордукгарды, кыйынчылыктарды башынан өткөрүү. *Токтор Өмүрзак байдан ит көрбөгөндүн баарын көрдү* (Абдукаимов). *Опол алты ай бою ит көрбөгөндү көрүп, Тайбаскулдун туткуну болуп жаткан* (Осмоналиев).

ИТ КУЙРУГУН ТҮЙҮШТҮРҮҮ. Бирин-бирине кайраштыруу, араздаштыруу. *Ит куйругун түйүштүрбөй тынч жүрсөңчү.*

ИТ-КУШКА ЖЕМ БОЛУУ. Талаада өлүп, сөөгү көмүлбөй калуу. *Батийнадай келини бар Кыдырбай ырыстуу тура, ит-кушка жем болбой, сөөгү жерге жашынды* (Сыдыкбеков).

В.: Карга-кузгунга жем болуу. *Азган-тозгон шордуулардын далайы карга-кузгунга жем болду* («Ала-Тоо»).

ИТ КЫЛУУ. Уят кылуу, жаман абалда калтыруу, оңтойсуз кылуу. -*Ой, кой, байке. Ит кылба. - Чыны менен сестенди Жаныбек* (Жапаров).

ИТ МЕНЕН МЫШЫКТАЙ. Бири-бирине абдан өч ынтымагы жок. *Ал экөөнүн ымаласы ит менен мышыктай экенин өзүң деле байкап калгандырсың?* (Саатов). *- Зулайка менен келини ит менен мышыктай деп уктум эле, - деди Шайлоо жолдо бара жатканда шоферуна карата үн катып, - мамилелери оңдолушкан го дейм, ыя?* (Медетов). *Бирин-бири жактырбаган ит арка, тим эле ит менен мышыктай ыркырашкан немелер экен* (Бердикеев).

ИТ ООРУ. Көндүм болгон, өнөкөт болуп калган жаман адат, терс көрүнүш. *Кедейдин күлүк аты, жакшы жары болсо коз арткан байманаптын ит оорусу бар эле* («Ала-Тоо»). *Сен баягы ит ооруңду карматкан турган экенсиң го, үйүмдөн даам сызып олтуруп* (Баялинов). *Бирок мактап койсо, көтөрүлүп кетме ит оорум бар* (Ш. Үмөталиев).

ИТ ӨЛГӨН ЖЕР. Адам жете албаган алыс, катаал жер, өтө кыйынчылык менен араң жете тургандай жер. *Сени менен ит өлгөн жерге чейин барам. Искан ит өлгөн жерге жароочу азамат эле, дагы кереги тиер дешкен го* («Чалкан»).

ИТ ӨЛГӨН СУУК. Катуу ызгаар, муздактык, сууктук. *Ушул ит өлгөн суукка таштап кетебизби?* (Айтматов).

ИТ ӨЛҮК КЫЛУУ. 1. Абдан уят кылуу, маскаралоо, абийирин кетирүү. *Эл алдында ит өлүк кылды.*

2. Бирөөнү акыл-эсин жоготкончо абдан катуу сабоо, тепкилөө, көк ала койдой союу. *Мунун кайсы күнөөсү үчүн мынча ит өлүк кылышкан?* («Ала-Тоо»).

ИТ ӨЛҮМ. Абдан катуу кордук көрүп, кыйналып, маскараланып өлтүргөн өлүм. *Кулактардын козголоңуна катышып, ит өлүмү менен өлүптүр* (Абакиров). *О, ит өлүмдү Качике жакшы түшүнөт* (Абдукаи-мов). - *Буларга убал жок, бир өлмөктөн үч өлсүн! Ит өлүмүн кылабыз деди* (Ш.Үмөталиев).

ИТ ТАЛАГАН ТҮЛКҮДӨЙ БОЛУУ. 1. Туш тараптан катуу жеп, шылдын болуп, өтө ынгайсыз жаман абалда калуу. *Орду жок сезду көп айтып, ит талаган түлкүдөй болду.*

2. Самсаалап, салбырап эч нерсеси калбоо, жок болуу, тымтыракайы чыгуу, тамтыгы кетүү. *Байкуштун үйүн ит талаган түлкүдөй кылып кеткен экен... муну өзү кийин билиптир* («Кыргызстан маданияты»).

ИТ ТАРТЫШ. Ынтымаксыз, биримдиги жок, ыркы жоктук, ич-ара пикир келишпегендик. - *Ит тартышы бүтчү беле ордоңуздун! - деди Бекназар* (Касымбеков). - *Мына, аталыктын көзү өттү, эми көрүп алабыз, ордодо дагы ит тартыш чыгат* (Касымбеков). *Туугандын куйтусу болсо наалат айтып, душмандын түздүгү болсо ыракмат айтып, бул ит тартыш дүйнөдөн көп кыйналбай кеткиси келди* (Касымбеков).

ИТТЕН АРЗАН. к. Текейден арзан.

ИТТЕН ИЛГЕРИ, КИШИДЕН КИЙИН. Эптеп күн көргөн, турмушу начар, жармач. *Бул бечаралардын абалын кандай десек, ...иттен илгери, кишиден кийин. Ушинтип жүрүп жетилип да кетер* («Ала-Тоо»).

ИТТЕН ЧЫГАРУУ. Эптеп аны-муну айткан болуп жөнөтүү, куру жоп айтуу, алдап-соолап жолго салуу. *Көрсө, жөн эле иттен*

чыгарыптыр, ага деле кейибедик («Чалкан»). *Төрөбековдун бул эмне кылганы? эмне деп иттен чыгарганы? Эшик-тордой, алакан отундай жерде маңдай-тескей канатташ отуруп, бири-бирибизди алдай беребизби?* (Егиналиев)

ИТ ТЕРИСИН БАШЫНА КАПТОО. Уят кылуу, абийирин ачуу. *Ушундай оңбогон немелер болот. Өзүнүн ит терисин өзүнө каптаса болор эле* (Айтматов).

ИТТИН АРТКЫ ШЫЙРАГЫНДАЙ. Абдан жаман, өтө начар, жагымсыз. *Аны иттин арткы шыйрагындай эле көрөсуң го деп күлдү* («Ала-Тоо»). *А иттин арткы шыйрагындай болгон неме* (Абдукаимов).

ИТТИН АРТКЫ ШЫЙРАГЫНДАЙ БОЛУУ. Абдан уят болуу, маскара болуу, шермендеси чыгуу, өтө ыңгайсыз, начар абалда калуу. *Мени ошол жерде сени ээрчип барган каракчыча да көрбөй, иттин арткы шыйрагындай болуп кайра келем го ыя?!* (Өзүбекова).

ИТТИН КАРА КАПТАЛЫНАН. Абдан көп, өтө көп, арбын, сан жеткис. *Бул жерде зеки чылыктар, жаңы былыктар иттин кара капталынан* («Чалкан»). *Канжыгам да жаман сумкам бар, анын ичинде дары-дармек, спирт деген неме иттин кара капталынан* (Бердикеев).

ИТТИН МУРДУНАН ТҮШКӨНДӨЙ. Күтпөгөн жерден чыга калгандай, пайда боло калгандай.

В.: Иттин мурдунан түшө калгандай. *Иттин мурдунан түшө калгандай болуп, сен кайдан?* («Ала-Тоо»).

ИТТИН МУРДУ ӨТКҮС. Абдан калың, киши жүрө алгыс, тунт (көбүнчө токой, бадал өсүмдүктөрүнө карата). *Иттин мурду өткүс жерге келдик. Иттин мурду өткүс чытырман токой.*

ИТТИН УУЛУ БАЙКАРА. Көрүнгөн киши, ким көрүнгөн адам аттуунун баары. - *Ушуну да билбейсиңби? Муну иттин уулу Байкара деле билет, - деп мени жемелеп кирди. Мындайды иттин уулу Байкара деле кийип жүрөт, мен айткан такыр башка, - деп жеңем байкеме таарына баштады* («Чалкан»).

В.: Иттин уулу байбарак, күндүн уулу гүлбурак.

ИТТИН ҮНҮ УГУЛГАН ЖЕР. Анчалык алыс эмес, жакын эле аралык. *Ушул иттин үнү угулган жерден кантип барбай калалы, жүр кеттик* («Ала-Тоо»).

ИТТИН ЧҮКӨСҮНДӨЙ. Кебете-кешпири жаман, чүрүшкөн, жагымсыз, көзгө толумдуу эмес. Иттин чүкөсүндөй болгон неме экен («Чалкан»).

ИТЫРКЫРАК. Жаманжакшы айтышып чатакташкандык, чырдашкандык, ажылдашып чатак чыгаргандык. *Ынтымагы таштапалат, Ит ыркырак башталат* (Касымбеков).

ИТ ЫРКЫРАК КЫЛУУ. Бөлүп-жарып араздаштыруу, ыркын, ынтымагын кетирүү, эличин бузуу. *Билермандарынан калыстык кетип, эл ичин ит ыркырак кылып турушкан кезде Токтогул атайын кыргыз-кыпчак эли деп журттун жалпы наамын которуп, улуттун улут катары биримдигин үндөп, байыркы өткөн саналуу адамдарын дастан кылып жайды* (Касымбеков).

ИЧЕГИСИ КААРЫЛУУ. к. Ичегисине кан жүгүрүү.

ИЧЕГИСИНЕ КАН ЖҮГҮРҮҮ. Өтө ачка болуу, аябай курсагы ачуу, кезээрүү, ачкалыкка чыдабай кетүү. *Чоң энем өзүнчө кобурап, өзөөрүп калдың, го? Ичегиңе кан жүгүрүп кетпедиби, - дей бере турган* (Өмүрбаев).

В.: Ичегиси каарылуу. *Бирдемең барбы, ичегим каарылып кетти* («Ала-Тоо»).

Ичи каарылуу. *Эчтеме ичпей, ичиңер каарылып кетти го!* (Жантөшев).

Ичине кан жүгүрүү. *Ичиңизге кан жүгүрүп кетпесин, чакырсам укпадыңыз* (Бейшеналиев).

Өзөгүгө кан жүгүрүү. *Өзөгүгө кан жүгүрүп кетпесин деп, оромонун калганын, эски болсо да, жылытып бердим* («Кыргызстан маданияты»). *Уулуңуздун өзөгүнө кан жүгүрүп кеткенби дейм, бирде мени, бирде сизди жал-жал карап, анан көзүн жумат* («Ала-Тоо»).

ИЧЕК-БООРУ ЭЗИЛҮҮ. 1. к. Ичек - боору катуу.

2. Ичи ысуу, абдан жакшы көрүү, элжиреп кетүү. *Баласынын өзүнчө кулдурап, бытырайган колдору менен бирдекелерди санаган болуп жатканын карап отурган эне ичек-боору эзилип, баласын бооруна бек кысып өпкүлөп жиберди* («Ала-Тоо»).

В.: Ичи-боору эзилүү. *Аны көрүп ичи-боору эзилди* («Чалкан»).

ИЧЕК-БООРУ КАТУУ. Аябай көзүнөн жаш чыкканча күлүү, күлкүсүн токтото албай ыкшуу. *Беркилери да ичек-боору катып аткандыр деп караса, алардын күлмөк-турмак быш дешкендей түрлөрү жок* (Кыдырмышев). *Анан директор өзүн токтото албай ичек-боору катып каткырып күлдү* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Ичек-боору эзилүү. Анын жоругуна күлө берип, ичек-боорубуз эзилип кетти («Чалкан»).

ИЧЕРИН ИЧИП, ЖАШАРЫН ЖАНТАГАН. Көптү көргөн, көп жашаган, улгайып калган. - *Сиз менин билишимче, ичериңизди ичип, жашарыңызды жашаган бактылуу карылардан болосуз деп айтсам, капа болбостурсуз* («Кыргызстан маданияты»).

ИЧЕР СУУ. Адамдын жашоосу, өмүрү, көрөр күнү. *Менин дагы ичер суум бар экен* (Осмоналиев). *Тайбаскул чунактын дагы көрөр күнү, ичер суусу бар экен* (Осмоналиев). *Балам, сен капа болбо, атаңдын ичер суусу бар экен* («Ала-Тоо»). *Аттиң, кайран жигиттин ичер суусу аз экен* («Ленинчил жаш»). *«Ичер суум бар окшойт?!» деп тирүү калышына ишеним сызылып келип, эти ысып кетти* (Касымбеков).

В.: Ичер суусу, көрөр күнү. *Баарыбызды ыйлатып, баарыбызды сыздатып кетти. Ичер суусу, көрөр күнү алдыда эле* (Мырзаев). *Дагы биртике ичер суусу, көрөр күнү бар экен, шордуунун* («Кыргызстан маданияты»).

ИЧЕР СУУСУ ТҮГӨНҮҮ. Жашоонун соңу, өмүрдүн акыры, өмүрдүн бүтүүсү. *Кемпир да ичер суусу түгөнүп бара жатканын түшүндүбү...* (Айтматов).

ИЧИ АЛА. Арам ойлуу, пейили бузук, ою түз эмес. *Ал булардын арасында ичи ала шумдар болбогой эле деп шекшинет* (Ашымбаев). *Байбагыш уулунан Конокбай менен Бообек экөөнүн ичи ала экени аныкталды* (Өгөбаев).

ИЧИ АРАМ. к. Ичи бузук.

ИЧИ АЧУУ. 1. Кейүү, бирөөгө жан тартуу, боору ооруп аёо. *Бир күнү жарган бээсине ээсинин ичи ачыды* (Тоголок Молдо). *Ал ыйлап кеткен, бирок анын көз жашына эч кимдин ичи ачыбады* (Жантөшев).

2. Кызгануу, ичи тарыу, кыйылуу, өкүнүү. *Ичиң ачыса бербей эле кой* («Ала-Тоо»).

В.: Ичи ачышуу. *Бекташ бемирен калсын, келин балама боорум ооруйт, ичим ачышат* (Кушубеков). *Кийин бир топ жылдар өткөн соң агам аялы менен эки баласын таштап кеткенин угуп, чындап ичим ачышты* («Советтик Кыргызстан»). *Шаардан, окуудан келген балдарды көргөн бул экөөнүн тең ичи ачышып, ошо балдарга көзү түшөт* (Өмүрбаев).

Ичи ооруу. *Ошого ичиң ооруп турабы? Анын кеткенине ичиң ооруп калдыбы?* («Чалкан»). *Бир туруп өспөй калган бак ичиндеги бедесине ичи ооруп, эмне кылар айласын таппай чайналды* (Мырзаев).

ИЧИ-БООРУ ЭЗИЛҮҮ. к. Ичек-боору эзилүү.

ИЧИ - БООРУНА КИРҮҮ. к. Ичи -койнуна кирүү.

ИЧИ-БООРУ ЭЛЖИРӨӨ. к. Ичи эзилүү.

ИЧИ БУЗУК. Кара ниет, арамдыгы бар, тымызын жамандык ойлогон. *Ичи бузук жигиттин, Асты иши оң болбос* (Токтогул). *Бирок, ичи бузук тыңчылар аны кармап берет* (Ашымбаев).

В.: Ичи кара. *Ичи кара душманды Даана билет биздин топ* (Барпы).

Ичи арам. *Ичи арамдан: не кылам деп сурасам бир тыйынга мага сат дейт даңкыңды* (Осмонов). *Өзүн акылдуу эсептеп, чиренгендердин ичи арам, калп боло тургандыгын да көрдүм* (Абдукаимов). *Ичи жаман. - Ичи жаманды ит капсын балам, бала жеке сенде эмес, - деди Сейдеке* (Өгөбаев).

ИЧИ БУЗУЛУУ. Кандайдыр бир нерсеге же бирөөгө карата арам ойдо, жаман пейидде болуп, жамандык көздөп жүрүү. *Мен Базарбектин ичи бузулуп жүргөнүн мурун эле байкап жүргөм* (Каимов).

ИЧИ БЫШУУ. Бир нерсени толук түшүнүп, ачык сезип турса да, аны ачык айта албай бушайман болуу, оюндагысын айтканча туталанып кетүү, чыдамы кетип, зорго чыдап туруу. *Алысыраактагы бирөө жанындагыны жеңиден тарткылап, ичи бышып, а беркиси ага кайрыла албай дууга аралашат* (Касымбеков). *Анын ичи бышып, негедир муку көргүсү келбей сыртын салып жатты* (Ашымбаев). *Андай эле элдин жүрөгүн өйүгөн ой-санаага ичиң бышса, чындап эле коомго көмөктөшмөк болсоң, анда калк кандай жашаса, ошондой жашап, ага ойлош-санаалаш бол* («Чалкан»).

В.: Ичи кайноо. *Ою онго, санаасы санга бөлүнүп, ичи кайнап кетет да жанын коёр жер таппай Сары-Өзөктүн ченем жеткис мейкинине башын катар көңүл таппай кыйналат* (Айтматов).

Ичи бук болуу. *Досуңдун ичи бук болуп кетти көрүнөт, колун чөнтөгүнө салып алып, эстеликти айланып, капалуудай басып журөт* («Кыргызстан маданияты»). *Ичим бук болуп, ыйлагым келет* («Ала-Тоо»).

Ичи жарылып кете жаздоо. *Кусалыкка куурап жүргөн кичинекей бала ушунчалык ишенич менен колун коё бербей кармап келе жатканына Эдигейдин ичи жарылып кете жаздап бара жатты* (Айтматов).

ИЧИ ЖАКШЫ. Арамдыгы жок, ою түз, кишиге кара санабаган. *Ичи жакшысы да, ич күптү болуп калганы да, баары бирдей көзгө дуулдап, кадырлуу элчини аткарууга сыртка коштоп чыгышты* (Касымбеков). *Ошол келиниң ичи жакшы бирөөгө сыр узатса керек* («Советтик Кыргызстан»).

ИЧИ ЖАМАН. к. Ичи бузук.

ИЧИ ЖЫЛУУ. Ыраазы болуу, көңүлү жибүү, жакшы көрүү, имерилүү. *Анын ошонусуна ичим жылый түштү* (Жигитов). *Директордун мамилесине Гулжандын ичи жылыды* («Ала-Тоо»). *Сейдекенин ичи жылып, Бүбүнүжаш баладай эркелете чачынан сылап, бетинен өптү* (Өгөбаев). *Ал жогорудагыдай көрүнүштөн улам сергий түшүп, бир эсе аялынын тыкан, иш билги чыкканына ичи жылып кетти* («Ленинчил жаш»).

В.: Ичи жибүү. *Кээ бир үйгө баш багар замат адамдын жүзүнөн улам, жылуу-жумшак мамиле байкалып, ичиң жибий түшөт* («Кыргызстан маданияты»).

Ичи ысуу. Турмушта ар кыл адам болору бышык. *Бирөөнө ичиң ысып ыраазы болсоң, бирөөнө нараазы болосуң* (Касымбеков).

Ичин жылытуу *Ак кофтасы саал чоңураак келген менен жарашыгы, көркү ичин жылытты* (Сасыкбаев). *Искендердин сөзү Берметтин ичин жылытып, кыпкызыл кылып тердетип жиберди* (Абдукаимов).

ИЧИ ИЙИККЕНДЕЙ. Көңүлү жибип жумшаргандай, ак пейилин карматкандай. *Кабагы жаркын Төрөгө баам салып, ичи ийиккендей баш ийкеп: - Болсун... Болсун... - деп отурду Курманжан* (Касымбеков).

ИЧИ ИЙРИЛҮҮ. Жакшы көрүү, жактыруу. *Бекбайдын тагдырын да өзүнүкүнө окшотуп, атасыз жетим катарында көрө баштаган беле же башка бир себептерден уламбы, кантсе да ичи ийрилип турду* (Абдыраманов). *Айзада тиктеп отуруп, бул баладан Темирдин үрөйүн көргөнсүп, ошондонбу, бир тууганындай ичи ийрилип, түтүндөй кара, узун көйнөгүн сүйрөлтүп, жоолугун буунбай бош таштап, ойго чөгүп келе берди* (Касымбеков).

ИЧИ-ИЧИНЕ ЖАБЫШУУ. Өтө ачка болгон же абдан арыктаган абалда кабырылып туруу. *Ичим-ичиме жабышып араң турам* («Чалкан»). *Анын көзү чүңүрөйүп, эрди кеберсип, ичи-ичине жабышкан* (Осмоналиев).

ИЧИ КААРЫЛУУ. к. Ичегисине кан жүгүрүү.

ИЧИ КАЙНОО. к. Ичи бышуу.

ИЧИ КАРА. 1. Ниети жаман, башкаларга жакшылык кылгысы келбеген, бирөөнү көрө албаган. *Шеги жок алдыңа бүгүлөт, шектүү, ичи кара, иши кара жанынан түңүлөт* (Касымбеков). *Булкаганга ичи кара душманын издөө, нөкөрлөр жакшы билишет, кара жиндүү бакшы ошол замат айбалта менен бөлө чабышат* (Касымбеков). *Ичи кара бузуктар, Кымындай жанды күйгүзөт* (Барпы).

2. к. Ичи бузук.

ИЧИ КЕҢ. Пейли кенен, бир нерсеге ич тардык кылбаган, ар нерсени терен ойлогон. *Кең пейил, ичи кең адам экен* («Ала-Тоо»).

В.: Ичи кенен. *Ичи кенен, арамдыгы жок, айкөл беле, жаткан жери жайлууболсун!* («Советтик Кыргызстан»).

ИЧИ-КОЙНУНА КИРҮҮ. Адам менен тез эле жакындашып, аралашып кетүү, эпилдеп жумшак мамиле жасоо, ишенимге өтүү. *Мени - «энеке», сени - «атаке» деп, ичи-койнубузга кирип жүргөн себеби да ошол тура* (Баялинов). *Акмөөрдүн өргөөсүнө жеңкетайды март чачып, ичи-койнуна соорулап кирген Жантайдыр шум жигити - Карбоз* (Бейшеналиев). *Азыр куру-намысты коюп, кекирейбей, чекирейбей, ышылдап-шыпылдап ичи-койнуна кирди* (Тойбаев). *Ич-койнуна кирип, ага эркелей берип, кээде Зарылды күлдүрө турган тамаша кептерди айтып салуучу* (Сыдыкбеков). *Акбаевдин ичи-койнуна кирип, коштоп алып, көп жерге барса керек* (Бектенов). *Адамдын ичи-койнуна бат эле кирип кетет* (Айтматов)

В.: Ичи-бооруна кирүү. *Мукамбай тим эле кишинин ичи-бооруна кирип турган киши экен* (Абдукаримов). *Таттуу сүйлөп, ичи-бооруңа кирет* («Советтик Кыргызстан»).

ИЧИ КУЙКАЛАНУУ. к. Ичи күйүү.

ИЧИ КҮЙҮҮ. 1. Өкүнүү, аябай кайгыруу, капалануу, абдан кейүү. *Муку угуп алып, даты бир жолу ичи күйүп, жанын коер жер таппай, санын мыкчып, даты бир жолу азаптанып алды* (Айтматов). *Анын ичи күйүп, ылжырап баратканына карабастан Жайдарбек сыр билдирбөөгө аракеттенди* (Медетов). *Асандын качып кеткенине абдан ичим күйдү* («Кыргызстан маданияты»).

2. Арануу, ызалануу. *Айдаркан ичи күйгөн кишинин сөзүн сүйлөдү* (Абдукаимов). Менин ичим күйгөнү - тааныштарымдын аварияга учу-рагандыгында («Советтик Кыргызстан»). *Мындай мелдеште ичи күйгөндөр көп болгон* («Кыргызстан маданияты»). *Алиги күңкүдөй болуп, ал жол бойлоп басат, мен кабинеде кыбырайм. Ичим күйөт, арга жок* (Айтматов).

3. Көрө албастык, ичи тардык кылуу, кызгануу сезиминде болуу. *Кесиптештеримдин бирөө көрө албай ичи күйөт* (Борбиев). - *Өзүңөр кармасаңар минтпейт элеңер, мага ичиңер күйүп жатат, - деди Баяз* (Жусупов). *Бирөөлөрдүн ичи күйүп, бирөөлөрдүн тили кычышып, өсөк күлкү кылышар* (Абдукаимов). *Каратайдын ичи күйүп, өзүн жекиргендегиси: ал Сабырбекке бир ооз каяша жооп айта албагандыгы* (Айтматов). *Эмне ичиң күйүп жатабы, Амантай* (Айтматов).

В.: Ичи куйкалануу. *Ээнчиликте күзгүдөн өзүн көпкө тиктеп, ...эч бир чыдоого болбой тургандай болуп ичи куйкаланып кетет* (Касымбеков). *Обу жоктук кылганына ичим куйкаланып кетет* («Кыргызстан маданияты»).

Ичи түтөө. *Ичи түтөп, баш аягы алты кадам зындандын түбүндө өзүнчө күңкүлдөп, нары-бери баса берди* (Касымбеков).

ИЧИ МУЗДОО. Көңүлү калуу, ичи жылыбоо, мурдагыдай болбой сууй түшүү, жек көрө баштоо. *Бөлөсүнүн тун баласына эми ичи муздай баштады* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Ичи суу. Жаш немени иренжитпейинчи, ичи сууп калбасын дедим (Айтматов).

ИЧИМ ТАП. Көп сүйлөбөгөн, бейчеки сөз айтпаган, ички сырын билгизбеген, бир сырдуу, түнт. *Исхак сынган бутун сыйпалап, көзүнүн төбөсү менен отургандарды сыдырып тиктеп, эрдин бек кымтып, ичим тап болуп отурду* (Касымбеков). *Ичим тап Суусардын бул сөзүнө ала көөдөк Төлөмүш анчалык маани бербеди* (Бердикеев). *Баягы жадырап-жайнаган кайниси бул күндө ой тереңине чөмүлүп, ичим тап боло баштаган* (Өгөбаев).

ИЧИН АЧЫШТЫРУУ. Абдан катуу кайгыртуу, ызалантуу. *Ошол сөздөр бүткөн боюмду чымыратып, ичимди ачыштырат* (Жусупов).

ИЧИН БУРАТУУ. Өкүнтүү, кейитүү, капа кылуу. *Адилдикти эңсеп келгендердин чаңкаган суусунун кандырып, өмүрүн жаркыратып, келечегине дем берди, айрымдарга жакпай, ичин буратып, оорутту* (Медетов).

ИЧИН БЫШЫРУУ. Ичин күйгүзүү, туталантуу. Ал болсо

берки экөөнүн ичин бышыра үн кошпой бир топко тура берди (Ашымбаев).

ИЧИНДЕ АЛА КУРТУ БАР. Бир аз кытмырлыгы, кыйдылыгы бар. *-Жанагы чарба иштеринин башчысы Тилен ичинде ала курту бар неме* (Кыдырмышев).

ИЧИНДЕ АЛАСЫ БАР. Көңүлү түз эмес, арамдыгы. кытмырлыгы бар, ою бузук. *Ичинде аласы бар адамдар жазса жазгандыр, жалаа жаап* (Абакиров).

ИЧИНДЕ БОРООН ЖҮРҮҮ. Ички сезими уйгү-туйгу. *Ичимде бороон жүрүп жатканын ал туйбады* (Айтматов).

ИЧИНДЕ КИРИ ЖОК. Ак көңүл куулук-шумдукту билбеген, кишиге жамандык ойлобогон, ою түз. *Ичинде кири жок ала көөдөн Жамалкан өзүнүн сөзүнө өзү каткырып күлдү* (Абдукаримов). *Мээнетсиз тиричиликти билбеген, тырнактай ичинде кири жок* (Абакиров). *Ушу карапайым шахтер, ичинде кири жок, көңүлү таза шахтер* (Абдукаимов). *Ак көңүл, аңгөдөк, даңкылдаган, ичинде кири жок, бала кыял күйөөсү тууралуу Жаңыл биринчи жолу ой чуркатып, оозунан биринчи жолу чыккан сөзү ушул болду* (Медетов).

ИЧИНЕ БҮКҮЛҮ ТАРУУ АЙЛАНБАГАН. к. Ичине кара тару айланбаган.

ИЧИНЕ ИТ ӨЛҮҮ. Бирөөнүн ийгилигин көрө албай, астыртан, тымызын кастык кылуу, ал жөнүндө арам ойдо болуп жүрүү. *Канчалык билдирбөөгө аракеттенбесин, өзүн түз кармабасын, ичинде ит өлүп жаткандыгы сезилип турду* (Борбиев). *Түрүнө Караганда жолдо карата ачуусу тарамак түгүл ичине ит өлүп, кыжыры кайнап келе жатты* (Жапаров).

В.: Ичинен ит өлүү. *Сыр алдырбай, ичинен ит өлсө да, сыртынан жылмайды* (Борбиев).

ИЧИНЕ КАРА ТАРУУ АЙЛАНБАГАН. Өзүнөн башкага жакшылык каалабаган, бирөөнүн ийгилигин, жакшы жагын көрө албаган, ага ич тардык кылган. *Айтканындай эле, ичине кара тару айланбаган тар, күнүчүл экен* (Каимов). - *Өзүнчө эле туталанып, куйкасы курушуп, итатайы тутулуп кеткен, ичине*

кара таруу айланбаган, териси тар адамдар болот (Медетов).

В.: Ичине бүкүрү таруу айланбаган. *Ал ичине бүкүрү таруу айланбаган, а түгүл бирөөнүн морунан коюу түтүн чыкканын көрө албаган бир неме экен* (Жигитов).

Ичине кара кыл айланбаган. *Ичине кара кыл айланбаган байкушум а...* (Сыдыкбеков).

ИЧИНЕ КИРИП ЧЫККАНДАЙ. Бирөөнүн ой-пикирин айттырбай билгендей, бардыгы дал келгендей. *Туура айтасың, Салыке! Сен тим эле менин ичиме кирип чыккандай сүйлөйсүң* (Каимов). *Кишинин ичине кирип чыккандай, жаныңызда отуруп сүйлөшкөндөй жазат экен* (Абдукаимов).

ИЧИНЕ КИР САКТАБАГАН. Жамандык, арамдык ойлобогон, кекчил эмес. *Мени өзүң билесиң, ичиме кир сактабаган даалдак адаммын* (Медетов). *Менин Качыкем андай эмес, ал ачык, ичине кир сактабаган неме* (Абдукаимов).

ИЧИНЕН КАН ӨТҮҮ. Катуу кайгыруу, өкүнүү, аябай кейүү, оор кайгыга, санаага батуу, өтө кейиште болуу. *Бирок, намысы кеткенине ызаланып, ичинен кан өтүп турганын бала-бакыра, катын-калачтарга билдирген жок* (Ш.Үмөталиев). *Мырзабек сени эмне дегенин ойлосом ичимен кан өтүп кетет* (Абдукаимов). *Түртүшүп, ким кимине алактай караша, ичтеринен кан өтө дымыган жамааттын арасынан заңк эткен үн чыкты* (Бейшеналиев).

В.: Ичтен кан жүрүү. *Ичтен кан жүрдү го, сенин кылганың* (Жоошбаев).

ИЧИНЕН СЫЗУУ. Кайгы-капасын сыртына чыгарбай, өзүнчө капалануу, өз ичинен катуу убайым тартуу, өзүнчө бушайман боло берүү. *Адеп сактап, араздашайын дедим да, ичимден сызып, токсон сомдук статистик орунга кеттим* («Советтик Кыргызстан»). *Бирок, ичинен сызып кек калганы менен эч кимиси ачыгына чыга албады* (Өгөбаев). *Атаңды апаң аяп, ичинен сызып жүрүп кеткен экен да жарыктык* (Бердикеев).

В.: Ичтен сыздоо. - *Эмне кылайын, кууса куугандыр, - деди Момун ичтен сыздап* (Айтматов). *Ал эрдин бек кымтып, ичтен*

сыздап, оозуна сөз кирбей отуруп калды (Касымбеков). *Сыртынан сыр бербегендери менен аялы экөө туяксыз жүрүшкөнүнө ичтеринен сыздачу* (Кушубеков).

Ичтен сызуу. *Кимдин жарыгы эрте өчтү дегиче, манап ошол аялыныкында экенин билишип, ичтен сызып, өзүнчө күптү болуп, шордуулар өчүн ак мамыктан чыгарчу экен* (Кушубеков). *Сени эңсеп гана ичтен сызып каламын* (Жусупов).

Ичинен күйүү. *Кабагын түйүп, эрдин кесе тиштенип ичинен күйөт* («Советтик Кыргызстан»). *Казак ичинен күйүп отурганда, Адыке от тутандырды* (Сыдыкбеков). *Абдылдабек бир ууртун тартып ичинен күйүп, өкүнүчтүү күрсүнүп койду* (Касымбеков). *Исак бултамсилди өкүнүч менен эсине алып, ичинен күйдү* (Касымбеков).

Ичинен түтөө. *Ичинен түтөгөн эне кызына сыр билгизбейин дейт* (Сыдыкбеков). *Чоң болуш ичинен түтөп, сыртынан көйкөлө сыр бербейт* («Ала-Тоо»). *Ичинен түтөп, алкына-жулкуна, арманын айткан айылына таанымал Айылчиева Кенжекан эле* («Советтик Кыргызстан»).

Ичинен сыздоо. *Өзү менен кошо соолорун ойлогондо ичинен сыздап убайын тартат* (Өгөбаев). *Жалындуу жаштын кайгысын бөлүшө тарткандай, биз дагы унчукпай ичибизден сыздадык* (Жантөшев). *Баарын түшүнүп, баарын билип, ичинен сыздап, ичинен тынат* (Бердикеев).

ИЧИНЕН ТЫНУУ. Оюндагысын, сырын ачыкка чыгара албай, ичине катып тим болуу. *Баарын түшүнүп, баарын билип, ичинен сыздап, ичинен тынат* (Бердикеев). *Экөө далайга үнсүз арбашып, ичтеринен тынып турушту* (Бейшеналиев) *Сакасы алчы туруп, ичинен тынган Тикбай үн дебейт* (Осмоналиев).

ИЧИНЕН ЧЫЙРАЛУУ. Астыртан, өзүнчө тырчый түшүү. *Улук төрөнүн үнүнөн эч ырайым сезилбегенине, нары ичинен чыйралып, башын акырын көтөрүп, көк мончоктой чекирейип турган көзүн көрдү* (Касымбеков).

ИЧИНЕН ЫЙЛАП, СЫРТЫНАН КҮЛҮҮ. Кыйналып-кысталгандыгын

билдирбөө, сыр алдырбоо аракетинде болуу. *Канча баш мал керек дешкенин ичинен ыйлап, сыртынан күлүп, ыңкытып айдап берген* (Бейшеналиев).

ИЧИНЕ ЧОК САЛУУ. Дүүлүктүрүү, кызыгуусун арттыруу, ынтызарлыгын күчөтүү же ардантуу, арына келтирүү. *Жанагы «оюн» Нурландын ичине чок салуу үчүн болуп жатканын Асек кайдан билсин* (Борбиев).

В.: Жүрөгүнө чок салуу. *Сенин ырың баарыбыздын жүрөгүбүзгө чок салды* («Ала-Тоо»).

ИЧИН ЖЫЛЫТПОО. Нааразылыгын күчөтүү, жек көрүү сезимин пайда кылуу. *Эстеликтин тулку боюнан илеп дайыма согуп тургансып, мурункудай тигинин ичин жылытпайт, куру кыялга чарпытпайт* (Медетов). *Мейли кыймылы болсун, мейли кыял-жоругу болсун, бирөөнүн ичин жылыта бербеген өңдөнүп турчу* (Ашымбаев).

ИЧИН ЖЫЛЫТУУ. Ийиктирүү, ыраазы кылуу, жакшы көрсөтүү. *Баланын ар нерсеге шыктуулугу кимдин болсо да ичин жылытат* (Касымбеков). Анын бул жосуну Ашырбектин ичин жылытты (Ашымбаев). *Анын оокатка бүйрөлүгү, бир ишти беттесе дугдулуңдөп бүтмөйүн тыным албаганы ичин жылытат* (Ашымбаев).

ИЧИН ИРИТҮҮ. Ыркын бузуу, ынтымагын кетирүү, ортосуна бүлүк салуу. *Бүт округка чуу салып, элдин ичин ириттиң* (Ашымбаев).

ИЧИН КҮЙГҮЗҮҮ. Намыстантуу, арына келтирүү, намысына тийүү. *Жаныштын ичин күйгүзүп, Гүлдананын көзүнө бир көрүнөйүн* (Саатов).

ИЧИН КЕНЕН ТАШТОО. Марттык кылуу, кең пейилдик кылуу. *Атасынын баласы да, силердин кириши̇ңерди билип, ичин кенен таштады* («Кыргызстан маданияты»).

ИЧИН ТАРТУУ. к. Ичин жыюу.

ИЧИН ТЫРМАП КҮЛҮҮ. к. Боорун тырмоо.

ИЧИН ЫСЫТУУ. Жакшы көрүү жактыруу сезимин пайда кылуу. *Аны ошол гана баалап*

жүргөндөй жылуу сезип ичин ысытты (Ашымбаев). *Бассатурса анын жоруктары ичин ысытып, чарчаганы унут болор эле* (Ашымбаев).

ИЧИН ЭЗҮҮ. Аябай күлдүрүү, ыкшытып, боор тырмата күлдүрүү. *Өзүнүн сырын жашырбай кылган кылыктарын айта берип, балдардын ичин эзип салчу* (Абдукаимов).

ИЧИҢ КҮЙСӨ, ТУЗ ЖАЛА! Бирөөлөргө ич тардык кылган же көрө албастык мамиле жасаган адамга карата «эмне кылсан, ошо кыл» деген сыяктуу мааниде колдонулат.

ИЧИ ООРУУ. к. Ичи ачуу.

ИЧИ ӨРТ МЕНЕН ЖАЛЫН БОЛУУ. Абдан катуу кайгыруу, күйүт тартуу, күйгүлтүккө түшүү. *Жигиттин ичи өрт менен жалын болду* («Чалкан»).

В.: Ичи өрт менен жалын. *Ичи өрт менен жалын, а өзү болсо эптеп жатып чачынын бүтүн жагын оюк жагына теңеди да, күзгүдөн тезирээк качып чыкты* (Акматов).

Ичи чок болуу. *Ойлосом ичим чок болот, Айтпасам көңүл бук болот* («Манас»). *Баятан берки сөзүңдү, байкасам күйүп ичим чок* («Курманбек»).

Ичи өрттөнүү. *Ошондо ансыз да ичи өрттөнүп, көпкө дейре өпкөлөп ыйлаган экен* (Акматов). *Кудаяр кандын ичи өрттөндү* (Касымбеков). *Буржуазиялык чөйрө биздин ийгиликтерге ичи өрттөнүп жатат* (Ашымбаев).

Ичин өрттөө. *Эрксизден эриндери дирилдеп, аргасыз ачууга, ичин өрттөгөн ызага, баласы экөөнүн башына түшкөн кайгыга чыдабай, кайрадан сыздап ыйлады* (Айтматов).

ИЧИП-ЖЕП КОЮУ. Аябай зекип, кулагынын кужурун алуу, кайта-кайта кекетип-мокотуп, жемелей берип тажатуу. *Байкушту жөн эле ичип-жеп койду* («Ала-Тоо»).

В.: Ичип-жеп жиберүү. *Жөн эле ичип-жеп жиберди.*

ИЧИ СЫЙРЫЛУУ. Кыйылуу, өкүнүү, кейигенсүү, боору ооруу. *Баягы шүмшүк болуп жүрбөсүн деп ичи сыйрыла түшкөн Макмал,*

эч кимге сыр алдырбай, сыртынан багып караса, так ошонун өзү («Советтик Кыргызстан»). *Темир ичи сыйрылып, артынан карай калды* (Касымбеков). *Жарык, кенен көчө менен топтошуп, күлүп бара жаткандар аны кордоп жаткандай ичи сыйрылды* (Ашымбаев).

ИЧИ ТАР. 1. Башкалардын ийгилигин көрө албаган, өзүнөн башкаларга жакшылык каалабаган, өзүмчүл. *Ичи тар, кара мүртөз ата-бабаларынан берки сөөлөтүн казалга айлантпасыңды билип ызырынууда* (Бейшеналиев). *Сенин ичиңтар, өзүмчүлсүң* (Бердикеев).

2. Кызганчаак, абдан кароо, териси тар. *Менин ичим тар, байкап жүр деп, күлүп койду* («Чалкан»).

ИЧИ ТАРДЫК. 1. Башкалардын ийгилигин, жетишкендерин көрө албагандык, бирөөлөргө жакшылык каалабагандык, жетишкендик өзүндө гана болсо дегендик, бөлөктөргө ийгилик каалабагандык. *Жарашпас ичи тардык азаматка Тар болбо, тардык жаман тирүү чакта* (Осмонов). *Ал эми кек алмакка же ичи тардыкка жеңдирип туруп жазгандар бар* («Чалкан»). *Же аз тажрыйбаңарды элге жаюуга ич тардык кыласыңарбы? - деп Маамыт күлдү* (Жантөшев).

2. Кызгангандык, өзү жакшы көргөнүн башкалардан коргогондук. *Адатынча аялы жөнүндө жаман ой ойлоп, ичи тардык кылды* (Сыдыгалиев).

В.: Ичи тарлык. *Андан бери Гулай мени менен, Сабыйра Карим менен бийлесинчи. Ичи тарлыгыңар жокпу, Керим? - деп Сатар күлдү* («Ала-Тоо»).

Ич тардык. *Адилеттик менен да, ич тардык менен да куңкүлдөшөт* (Осмоналиев).

Ич тарлык. *Ич тарлык элин дагы кеңейтпейт, жерин дагы кеңейтпейт* (Осмоналиев).

ИЧИ ТАРУУ. Башкаларга жакшылык кылгысы келбөө, ийгилигин көрө албоо. *Байымбет болсо, анын бул түрпүн жайлоодогу дуулдагандарга ичи тарып жатат дегендей боолголоду* (Бейшеналиев *Ушулардын баарын байкап, Абил бийдин кайта ичи тарып кетти* (Касымбеков).

Ичи тардыгуу. *Өзун амалдуу, кыйын эсептеген Касымбектин ичи тардыгып терикти* (Бейшеналиев).

ИЧИ ТАРТЫНУУ. Бирөөдөн кагуу жеп же бирөөгө жаман көрүнүп, бирөөнүн көзү тийип калбаса экен деген мааниде аны аёо, ага жамандыкты ыраа көрбөө иретинде колдонулат. *Бала туруп чоң кишинин айтканын айтса, ичим тартынат* («Ала-Тоо»). *«Ушундай да моокум канбаган адам болобу?» - деп ойлоп бара жатты Төлөмүш аялынын суктануусуна ичи тартынып* (Бердикеев). *Чоюбек жетине да албай, ичи да тартына калдастады* (Бейшеналиев). - *Баланча акчабыз бар, - деп ал аялына айткандан ичи тартынат* (Ашымбаев). *Муну кез-кез кулагы чалган Кулкан кемпирдин ичи тартынчу* (Өмүрбаев).

ИЧИ ТУЗ КУЙГАНДАЙ АЧЫШУУ. Аябай өкүнүү, катуу кайгыруу, абдан күйүп-бышуу. Карым-катнаштын кан буугандай басылып калышына, Суусардын ичи туз куйгандай ачышты (Бердикеев). Минтип, жакшы үмүтү сууп, ичи туз куйгандай ачышып, ачуусу келип турганда эмне гана балекет болбойт (Кыдырмышев).

В.: Ичи туз куйгандай болуу. *Апам жоош да, билип жаттым, ичи туз куйгандай болуп отурганын* («Советтик Кыргызстан»).

ИЧИ ТҮТӨӨ. к. Ичи күйүү.

ИЧИ ТҮТПӨӨ. Чыдабоо, чыдамсыздык кылуу, аёо, тынчы кетүү. *Сагынып калдымбы деп, ичим түтпөй алып келдим* (Бердикеев). *Эки күндөн кийин ичим түтпөй баламды көрөйүн деп бардым* («Кыргызстан аялдары»). *Бирок миң кылса да, апа деген апа да, ичи түтүп тура албады мындайда* (Ахматов).

ИЧИ ТЫЗЫЛДОО. Өкүнүү, кичине кейип калуу. Көйнөгүн булактатып, татынакай колдорун булгалап жүгүрүп кетти. *Белгисиз нерсеге ичим тызылдап, дел болуп калдым* («Кыргызстан маданияты»). *Ал ошол жакты ойлордун кубат-деми менен азыр да ичинин тызылдаганын сезбейт* (Кыдырмышев).

ИЧИ ТЫТЫЛУУ. Ичи ачышуу, санааркоо, тынчы кетүү. *Нары ойлонуп, бери ойлонуп, бекке*

жини келип жатып, ичи тытылып, көзү илинбей койду Нузуптун (Касымбеков). *Сарыбайдьш ичи тытылды* (Касымбеков).

ИЧИ УЙГУ-ТУЙГУ. Дилинде тынчтык жок, жүрөгүндө кандайдыр бир ыйкы-тыйкылык бар. *Электр өткөргүчүн камкөш улаштырган адамдын кайдыгерлиги деп, айтор ичи уйгу-туйгу* (Ашымбаев).

ИЧИ ЧОК БОЛУУ. к. Ичи өрт менен жалын болуу.

ИЧИ ЧЫКПОО. Ыраазы болбоо, канаттанбоо. *Ага тиги уй түгүндөй ойроттон хандык тийбей кайдагы бир уруунун ханы аталып журүшүнө өзүнүн да ичи чыкчу эмес* (Көчкөнов).

ИЧИ ЭЗИЛҮҮ. Аябай жакшы көрүү. Бурул Саадатка ичи эзилип: - *Ишенем, садага болоюн, - деди* (Абдукаимов). *Молдо Ыбырайымдын ичи эзилип, ыраазы болуп турган эле* (Убукеев). *Кызы бар эмеспи, анын үстүнө баласаак киши көрүнөт, балага ичи эзилип жатса керек* (Абдукаимов).

В.: Ичи-боору элжирөө. *Карап турсаң ичи-бооруң элжиреп «ананайын, мобу баланы карачы» дегиң келет* (Кыдырмышев).

Ичи ысуу. *Анын кечиримдүү жана көтөрүмдүү кыялына ичи ысыйт* (Ашымбаев). *Анын сага ичи ысып турат, улам жылдыздуу жалт-жалт карайт* («Кыргызстан маданияты»). *Абышканын ушундай ийкемдүү коңшу келинге ичи ысый түшөт* (Кушубеков).

Ичи элжирөө. *Мен аларга ичим элжирей сонуркап карап турдум да, токтоно албай кыйкырып ийдим* (Жигитов). *Сага келген ооруну өзүнө өткөрүп алчудан кайра тартпоочудай болгонун көрүп туруп, ичиң элжирейт* (Медетов). *Зейнеп апа кандайдыр ичи элжиреп, Саадаттын жолмоч, сымбаттуу мүчөсүнө көз жиберет* (Айтматов).

ИЧИ ЭҢШЕРИЛҮҮ. 1. Бир нерсе жетишпегендей ызалык, кусалык пайда болуп кейип туруу. *Мындан ары түшүндө көрбөсө, өңүндө учуратпоосун туюнгандай Байымбеттин ичи эңшерилди* (Бейшеналиев). *Таабалдынын ичи эңшерилип, бетинде кан-сөлү жок кумсарып турду* («Ала-Тоо»).

2. Тамак жегиси келүү, ичтейи ачылуу. Бирок, ичи эңшерилип,

курсагы ачып бара жатканын эми сезди («Ленинчил жаш»).

ИЧКЕ КИР САКТОО. Дилинде жамандык болуу, бирөөгө жаман ой сактоо. *Аскар болуш үчүн көкүрөктү керип, ичке кир сактабай, армансыз кармашкандын өзү жетишет* (Абдукаимов).

ИЧКЕН АШЫНДАЙ БОЛУУ. Көнүмүш болуп калуу, көндүм болуп калуу, адатка айлануу, демейдегидей эле көрүнүш катары эсептелүү. *Кийин жеңемдин таягы да ичкен ашымдай болуп кетти* (Жапаров).

В.: Жеген ашындай болуу. *Байбиченин жемеси мага жеген ашымдай болду* (Жантөшев).

ИЧКЕН АШЫН ЖЕРГЕ КОЮУ. 1. Абдан кадырлоо, сыйлоо, жакшы көрүү. *Сагынбек десе балдар ичкен ашын жерге коёт* (Жантөшев). *Абыкем сизди эстегенде, ар качандан бир качан ичкен ашын жерге койгон пенделерден болуп бара жатат* («Чалкан»). *Садыр - туугандегенде ичкен ашын жерге коё койгон адам* (Бердикеев).

2. Бир ишке берилип, аны аткарууга бүткүл дитик берүү, аны абдан самоо, эңсөө, аябай берилүү, көргүсү эле келип туруу. *Алыста жүрсө да, түн ичинде болсо да сени дегенде ичкен ашын жерге койчу экен* («Ала-Тоо»).

В.: Ичкен ашын жерге таштоо. *Футбол дегенде жаштар ичкен ашын жерге ташташат* («Советтик Кыргызстан»).

Ичкен аягын жерге коюу. *Бекен болсо китеп дегенде ичкен аягын жерге коёт* (Каимов).

ИЧКЕНИ АШ БОЛБОО. Бир нерсеге катуу санааркап тынчы кетүү, санаасы тынбай кыйнала берүү. *Колуктум ичкени аш болбой сар санаа болуп жүргөнүн кийин өзү айтып берди* (Абдукаримов). *Алиги жаштайымда баш кошкон байкушум кантти экен дегенимде ичкеним аш болбойт* (Сыдыкбеков). *Акыретте кок эшек минишет деп ичкеним аш болбой жүрдү эле* (Бейшеналиев).

ИЧКЕНИ ИРИМ, ЖЕГЕНИ ЖЕЛИМ БОЛУУ. Бир нерсеге сары санаа болуп кыйналуу, азап жей берүү, тынчы кетүү, катуу санаркоо. *Өзүңө бир балээ*

баштоочудай деген ушак-айыңды кулагыбыз чалып, тилмеч досуң экөөбүздүн ичкенибиз ирим, жегенибиз желим (Бейшеналиев). *А турсун үй-бүлөсүнүн үрөйү учуп, ичкени ирим, жегени желим болуп жатпайбы* (Бердикеев). *Өзү согушуп жүрсө, ансыз да ичкени ирим, жегени желим болуп жүрсө жети өмүрүн жерге киргизбейли* (Айтматов!) *Анын да жашагысы келет да, сенин да ичкениң ирим, жегениң желим* (Айтматов).

В.: Ичкенин ирим, жегенин желим кылуу. *Нинанын күндүр-түндүр үй бетин корбой, Осмон сыяктуу комсомолго жаңы өткөн жаштар менен үгүт-насыят таратып айыл-кыштакты кыдырып кетиши да анын ичкенин ирим, жегеним желим кылат* (Саатов).

ИЧКЕН ТАБАГЫНА ТҮКҮРҮҮ. Жакшылыкка жамандык менен жооп берүү деген мааниде. *Бул, биринчиден, кесир, экинчиден, билгенге ичкен табагына түкүрүп таштаганга барабар жорук* (Медетов).

ИЧКЕ САКТОО. Эч кимге айтпоо, сыртка чыгарбоо, башкага билдирбөө. *Ал көргөн кегин ичке сактап жүрдү* («Ала-Тоо»). *Мына ошондуктан баягы ууда жүргөндө эсине түшкөн Салкын Айсулууга жаздык жаңыртуу жөнүндөгү оюн ичке сактай турууну чечти* (Көчкөнов).

ИЧКЕ ҮЗҮЛҮП, ЖООН СОЗУЛГАН УБАК. Жаз мезгили, үзүмчүлүк учуру, тамак-аш тартыш болгон кез.

ИЧ КҮЙГҮЗҮҮ. Көрө албастык, ичи тардык сезимин пайда кылуу. *Экөөнүн ушул ысык достугу айылдагы айрым адамдардын ичин күйгүзөт, арам оюн козгойт* («Ленинчил жаш»).

ИЧ КҮЙДҮ. к. Ич күйдүлүк.

ИЧ КҮЙДҮЛҮК. Бирөөнүн ийгилигин, жетишкендигин көрө албастыктан, ыза болгондуктан, ардангандыктан пайда болгон ич тардык сезими. *Адегенде намыс кайнап, ич күйдүлүк болсо болор Барманда* (Сыдыкбеков). *Бизге жете албай ото ызаланып, ич күйдүлүгү уламдан-улам күчөп жатат ко* (Абдукаримов). *Кезек баарыбызга келет, эртеби-кечпи, баарыбыздын барар жерибиз чогуу, ич күйдүлүктүн кереги жок* (Абдукаимов).

В.: Ич күйдү. *Кудай бизге берген бакты, Көрө албаган ич күйдү эшек кулактар* (Шүкүрбеков).

ИЧ КҮЙҮҮ. к. Ичи күйүү.

ИЧ КҮПТҮ. Дилде, ичте сакталган таарыныч, нараазылык. *Ич күптүсү эми чыккандай көөдөнүн кере дем алды* («Ала-Тоо»). *Сөз аңдып контордон чыкпайт, Ич күптүсү барларга ыктайт* («Чалкан»). *Ашырбек нечен-нечен ич күптүсүн кыйкырып жибере жаздап, бирок ага оозу барбай ачуусун ошол тушта суу көтөрүп чукуп келип калган аялын көздөй атырылтты* (Акматов).

ИЧМЕКЕЙИ ИЧИНДЕ. Кылык-жоруктары, болгон өнөрлөрү ичинде катылуу, кылган иштери, ой-пикири купуя. *Күйүнүп да койбой, сумсайып, ичмекейи ичинде* (Осмоналиев). *Өзгөчө ар дайым иштин оңоюн көздөп, маянанын көбүрөгүн качырган, сыртынан Караганда, момун көрүнгөнү менен ичмекейи ичинде, менин дос сөрөйүм бул иште эч кимди алдына салбайт* («Кыргызстан маданияты»).

ИЧМЕКЕЙИН ИЧИНЕ КАТУУ. Жаман сылыкчылыктарын ичине сактоо, кылган иштерин, болгон өнөрүн купуя кармоо. *Бегаалыга бөлөлөрүнүн ачык айтпаганы менен ичмекейин ичине каткан* («Ала-Тоо»).

ИЧ ТАРДЫК. к. Ичи тардык.

ИЧ ТАРЛЫК. к. Ичи тардык.

ИЧТЕЙИ АЧЫЛУУ. Тамак ичкиси келүү, тамакка көңүлдөнүп, опкок тартып калуу.

ИЧТЕН АЛЫП СОЛКУЛДАТУУ. Катуу үшүтүү, аябай суук болуу. *Кеч күздүн кара суугунан жерге кыроо түшүп, адамды ичтен алып солкулдатат* (Абдыраманов).

ИЧТЕН БОЗДОО. Аябай азап чеккенин сыртына чыгарбоо, катуу күйүү, билгизбей өзүнчө капалануу. *Ал дагы күйүттүү эне, ичтен зеки кайгысы козголуп, ичтен боздоп, акырын эрдин кыбыратып алды да, башын аргасыз ийкей өзүнчө улутунду* (Касымбеков).

ИЧТЕН БЫЧУУ. Тымызын жыйынтык чыгаруу, билдирбей

бир бүтүмгө келүү. *Абасы менен көп нерсени ичтен бычып, ичтен түшүнүшкөндү жакшы көрүшчү* (Көчкөнов).

ИЧТЕН ЖЕГЕН КУРТТАЙ. Астыртан, тымызын чыккынчылык кылма, билгизбей ишти бүлдүрмө. *Ансыз деле ичтен жеген курттай болгон сары санаасы ырбады* (Бердикеев). *Кычаштык кылгандай жан дүйнөнү аза күттүрткөн өңдөнүп, ичтен жеген курттай билгизбей сөөк какшаткан мундуу кууну сыбызгытууда* (Исмаилов). *Колунан бийлик тайыган соң, ичтен жеген курттай дале болсо күбүрөп-шыбырап, туура жүргөн активдердин артынан коңгуроо шылдыратат* (Сыдыкбеков).

ИЧИНЕН КАН ЖҮГҮРҮҮ. к. Ичинен кан өтүү.

ИЧТЕН КҮЙҮҮ. к. Ичинен сыздоо.

ИЧТЕН ЧЫККАН ИЙРИ ЖЫЛАН. Бала (ал жакшыбы, жаманбы-баары бир) - эт менен жүрөктөн жаралган, ал баары бир өз үчүн жакшы, сүйкүмдүү (бул сөз көбүнчө кейигенде, бала чеки иш кылганда айтылат). *Бала түшкүр, эне үчүн - дайыма бала: эси болобу, эси болбойбу, бою болобу, бою болбойбу, - ичтен чыккан ийри жылан* (Касымбеков). *Өз уулу менен соттошуп жүрүүнү намыс көрөбү же ичтен чыккан ийри жыланды жамандыкка кыйбайбы, айтор, ичтен сызып жүргөнү - жүргөн экен* («Ала-Тоо»). *Ичтен чыккан ийри жылан өзүңдөн сырын жашырган соң...* (Байтемиров).

ИЧТЕН ЭЗИЛҮҮ. Аябай кайгыга батуу, абдан ызалануу. *Ал күйөөсүнүн ичтен эзилип, бушайман болуп жүргөнүн билүүгө аракеттенди* (Ашымбаев).

ИЧТИ ТУЗ КУЙГАНДАЙ АЧЫШТЫРУУ. Катуу кайгыртуу, аябай өкүнтүү. *Жанатан бери ичти туз куйгандай ачыштырган ыңгайсыз абалына жеңилбеди* (Исмаилов).

ИЧТИ-ТЫШТЫ БОЛУУ. Астыртан, тымызын макулдашып алуу, жашырын сүйлөшүп бир бүтүмгө келүү. *Ичти-тышты болуп өзүңөр бүтүрүп коюп, билмексенге салат экенсиңер да* («Чалкан»).

ИШ АЙРАН. Иш чатагына айланды, иштин ойрону чыкты

маанисинде колдонулат. - *Иш айран. Апам алып кетти Күмүштү* (Осмоналиев).

ИШ БИЛГИ. Жөндөмдүү, жөндүү, түшүнүктүү. *Айрыкча быйылкы кыштын алдындагы Кеңештин иш билги сунушуна ушул күнгө чейин ыраазы* (Мырзаев). *Жетекчилер да иш билги адамга асылат* (Мырзаев).

ИШИ АК. Күнөөсү жок, күнөөсүз, таза. *Ишим ак экен, күлүгүм табылды! - деп, жүрөгүнө аш барбай ууруга сырттан көз салат* (Осмоналиев). *Ишим ак экен, тез эле акталып чыктым* («Ала-Тоо»).

ИШИ АКСОО. Аракети жакшы натыйжа бербөө, иши начарлоо, жасаган жумушу алга жылбоо. *Анан жүрүп-жүрүп чамасы билинип, иши аксап, аттан кайра түшкөн* (Кыдырмышев).

ИШИ КАРА. Күнөөлүү, күнөөсү, кылмышы бар. *Ишиңдин карасынан таш болуп калган эмеспи деп кууратканда* (Осмоналиев).

ИШИ КУРЖУН БОЛУУ. Иши начарлоо, ойлогон ою оңунан чыкпоо. - *Иш куржун болду, Насыр аке, -деди башкарма, - бир нерсе кылбасак болбойт* («Ала-Тоо»)

ИШИ КЫЙШАКТОО. Начарлоо, төмөндөө, кыйчалыштоо, иши ойдогудай болбоо, аксоо. *Жуман, балам, сен бүгүн, коё тур, атаңдын иши кыйшактап турат* («Ала-Тоо»).

ИШИ ОҢУНА АЙЛАНУУ. Иши оңолуу, жакшыра баштоо. *Айылчы атасы аздыр-көптүр каада ырымы менен атасына жиберсе, иши оңуна айланары бышыкталды* (Бейшеналиев).

В.: Иши оңуна көчүү. *Иши оңуна көчүп, Зулайка эртеси бешимде тилге келди* (Бердикеев).

Иши оңунан чыгуу. *Ошентип, атасынын да, баласынын да иши оңунан чыкты* («Ала-Тоо»). *Иши оңунан чыкпасына, айыпка жыгыларына көзү жеткен соң, биринчи киши ордунан обдулду* («Чалкан»).

ИШИ ТҮШҮҮ. Иш же башка нерселер боюнча бирөөгө көз каранды болуу, бирөөгө зарылуу. *Ошолорго ишим түшүп убара балгонумду сураба* («Чалкан»). *Иши түшүп турган үчүн Шертай*

саламга келип жатат (Бердикеев). *Бир жолу ишим түшүп, жөн эле жаныман түңүлгөм* (Бердикеев).

ИШКЕ ЖАРОО. Бир нерсе колунан келүү, аткара алуу. *Булар кадимкидей «Сүйүнчү, абаке, сүйүнчү! Жолборсуң, ишке жарады!» - деп кыйкырды* (Жигитов). *Аз-замат! Ишке жараган тура!* (Медетов). *Корсө, мен билбепмин. Ишке ошол киши жарады* («Кыргызстан маданияты»).

ИШ КУРЖУН. Начар, жаман. *Да, иш куржун экен кызым, сен турба, биерге* (Абакиров). *Иш куржун экен, Өтөке* (Абакиров).

ИШ МАШАГЫНА ЖЕТҮҮ. Кандайдыр бир иш аткарылууга, бүтүүгө жакындап калуу, чукулунан жайына келүү, жөнгө салынуу, оңолуу, жакшыруу. *Иш машагына жеткенде айныганың кандай?* («Ала-Тоо»).

В.: Иш машагына конуу. Мына ишибиз эми машагына конду («Ала-Тоо»).

ИШПАЛДАСЫ ЧЫГУУ. Тамтыгы кетүү, жараксыз болуу. *Кайран карагайдын куну качып, ишпалдасы чыга баштаптыр* (Борбиев).

ИШТЕН ЧЫГУУ. 1. Жараксыз болуу, жарабай калуу, жөндөмдүүлүгүн жоготуу. *Султандын сандары да иштен чыкты* (Шүкүрбеков).

2. Бузулуу, талкалануу, иштебей калуу. *Эски араба турат чалдыбары чыгып, абзелин ала кетели десек, анысы да иштен чыгып кетиптир* (Айтматов).

ИШТЕП ЧЫГУУ. Кандайдыр бир токтом, чечим, көрсөтмө ж.б. менен таанышып, маанисин ачып билүү, үйрөнүү, түшүндүрүү, талкуулоо, оңдоолор, толук-тоолор кийирүү иштерин жүргүзүү. *Өмуш чөп чабыкта иштеп жаткандарды чогултуп, директордун приказын иштеп чыкты* (Байтемиров).

ИШТИН КӨЗҮН БИЛБӨӨ. Иштин, иштөөнүн ыгын, аткаруу, бүткөрүү жолун түшүнбөө, ишти аткарууда тажрыйбасыздык кылуу. *Тарбиясы болбой, иштин көзүн билбей турса, ушул учурда... башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот* (Касымбеков).

ИШТИН КӨЗҮН ТААНУУ. Жумуштун шартын, жөнүн, ыгын мыкты билүү, аны билгичтик менен аткара алуу, майын чыгара иштөө. *Иштин көзүн таануыган звено башчысы сөзгө аралашып отурду* («Кыргызстан аялдары»).

В.: Иштин көзүн табуу. *Иштин көзүн тапкан, заң-закүндү билген адам айтып отурбайбы* («Советтик Кыргызстан»).

-К-

КААБЫНА КАЛУУ. Ачуусуна тийип алуу, жинин келтирүү. *Кыңк этип каяша айтсаң, манаптардын каабына каласың* (Сыдыкбеков).

В.: Каарына калуу. *Кокус дайындаганын аткарбай каарына калышса, оңбосу шексиз* (Бейшеналиев). *Бу дагы кудайдын эркидир, айлыбыздын четине Домбу өлүп калып, минтип ханыбыздын каарына калып отурабыз* (Касымбеков).

КААДА КҮТҮҮ. Пейил күтүү, каадаланып калуу, элден бөтөнчө болуу. *Жорого эрке бала болуп каада күткөн Эсир колдон келбесин билип, бүркүт ордуна жору тапшырды* (Осмоналиев).

В.: Каада чайкоо. *Кыз кезинде, бул Чүрөк Каада чайкап, эл бузган* («Сейтек»).

КААДАСЫН КАРМАТУУ. к. Адатын карматуу.

КААКЫ ОРДУНА КӨРБӨӨ. **1.** Кенебөө, тоотпоо, кабагым-кашым дебөө, чым этпөө. *Ал түгөнгөн Сарыбай, Бир сайганда өлгөн жок, Кабылан Сейтек сайганын Каакы ордуна көргөн жок* («Сейтек»). *Азгандын жогоркудай төөдөгү дымагын айланада турган каттоочулар каакы ордуна көрүшпөгөндөй* (Кыдыралиев).

2. Теңсинбөө, теңине албоо, киши ордуна көрбөө. *Ал тиги тургандарды деле каакы ордуна көрбөй жай гана башын көтөрдү* (Бектенов).

В.: Каакыча көрбөө. *Ал сени каакыча көрбөйт. Ал мени каакыча да көрбөдү* (Сыдыкбеков).

Каакы көрбөө. *Ошол мадыра башты ...ой, аны мен каакы көрөмбү, үйлөп коём. Ики, анан ал эмне кылды?* (Саатов).

КААМЫТ КИИҮҮ. Баш ийүү, биротоло моюн сунуу. *Кантип деги макул болот жер жүзү, Каамыт кийип кордугуңа көнүүгө* (Маликов).

КААП СҮЙЛӨӨ. Ажылдап беттен алуу, аркырап бир тийүү. *Каап сүйлөгөндү кайдан үйрөнгөнсүң! Ачуума тийбей отур*

(Ш.Үмөталиев) *Жакты таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт* (макал).

КААРЫ КАЙНОО. Аябай ачуусу келүү, катуу жиненүү, жаалы келүү. *Буга чейин эч нерседен шагы сына элек тоонун эркин кожоюнунун каары кайнады* (Медетов). *Ошон үчүн байдын каары кайнап, ачуусу келген* («Кыргызстан маданияты»). *Жаны ачып, каары кайнаган Култай жанындагыларга акырая карады* (Абдукаримов).

В.: Каары бетине чыгуу. - *Бай, падышам, бүгүн каарың бетиңе чыгып калыптыр да* (Касымбеков).

КААРЫН ТАРТУУ. 1. Кандайдыр бир керектүү нерсеге абдан муктаж болуу, анын корун тартып кыйналуу. *Жокчулуктун каарын тарттык. Самындын каарын тарттык.*

2. Кыйынчылыкка дуушар болуу. *Ал жаш күнүнөн жетимдиктин каарын тартты.*

КААРЫН ТӨГҮҮ. Аябай ачууланууу, буркан-шаркан түшүп жаалдануу, каны кайноо. - *Каргыш тийген ошол күндөр! - деп кимгедир каарын төккөндөй бурчту мелтирей карады* (Жантөшев). *Түлкүбек түрүн бузуп, каарын төктү* (Жантөшев). *Баягы күйкөлөк, дагы куйкөлөктөп бизди жыйнап алып, көп-сөзгө келбестен, каарын төккөнү жатса керек* (Баялинов).

КАБАГЫ АЧЫК. 1. Кайгы-капасы жок, жайдары, көңүлдүү. *Шергазыга чыгып келе жатканда жолукту. Анын кабагы ачык экен, кол алышып бакылдады* (Осмоналиев).

2. Кабагым-кашым дебеген, пешенелүү, ажарлуу, жылдызы жарык. *Ашыр жаркылдаган кабагы ачык бала* («Ала-Тоо»).

В.: Кабагы жарык. *Балакетиңди алайын, жылдызым, уктап жатса да кабагы жарык* (Сыдыкбеков). *Анын кабагы жарык, көңүлү көтөрүңкү* (Кыдырмышев).

Маңдайы жарык. *Сыядаттын маңдайы жарык, толкунданып, өзүн бакыбат сезип отурду* («Кыргызстан маданияты»). *Арам ойлуу кишинин маңдайы жарык болбойт дешет экен* (Абдукаимов).

Маңдайы ачык. Жайдарым күлүмсүрөп маңдайы ачык. *Жүзүндө эрк нурлары турса ташып* (Турусбеков).

Көңүлү ачык. *Курдашыңдын көңүлү ачык, басканы шайдоот, мени көзүнүн кыры менен бир карады да сапарын уланттты* («Ленинчил жаш»).

Кабак-кашы ачык. *Абдыкеримдин кабак-кашы ачык, көзү тирүү жигит* (Бейшеналиев).

КАБАГЫ АЧЫЛУУ. Жаркылдаган жайдары мүнөздө болуу, көңүлү көтөрүлүү. *Ал заматта жарк этип, максаты аткарылып, көксөөсү кангандай кабагы ачыла түштү* (Медетов). *Атанын кабагы ачылып, бүгүн көргөн-билгендерин сүйлөй баштады* (Убукеев). *Анын кабагы ачылып, кубанганын да, кайра жаны кейип кыйналарын да түшүнүп-туюп олтурушпайбы...* (Айтматов).

В.: Кабагы жазылуу. *Анын кабагы бир аз жазылды* («Ала-Тоо»).

КАБАГЫ БҮРКӨЛҮҮ. Бир нерсеге капалануу, көңүлү чөгүү, сабыры суз болуу. *Анын кабагы гана бүркөлбөстөн, өңү да түктөйө түштү* («Чалкан»). *Жылдызкандын кабагы саал бүркөлүп, акырын жер карады* (Байтемиров). *Аны укканда үй ээсинин да кабагы бүркөлүп, келгендерге бирдеме деп жатты* (Абдукаимов).

В.: Кабагы түйүлүү. *Анын кабагы түйүлүп, кез-кез катуу үшкүрүп, кандайдыр илең-салаң иштеп, жанындагы бизге карабай, көбүнчө жерди тиктейт* (Эшмамбетов).

КАБАГЫ БҮРКӨӨ. Капалуу, көңүлү ачык эмес, түктөйүңкү. *Жамал улам токтой калып, эрдин тиштейт, кабагы бүркөө* (Сыдыгалиев).

В.: Кабагы түнөрүңкү. *Сооданбековдун айткандарын көңүлгө тутпай, эмнегедир кабагы түнөрүңку бойдон сыртка чыгып кетти* («Ала-Тоо»).

Кабагы салынкы. *Бир чети чарчап, бир чети көздөгөн максатынын дарексиз экендигин ойлоп, Алымдын кабагы салыңкы* (Жантөшев). *Алардын кабактары салыңкы* (Тойбаев).

Кабагы салык. *Энеси кабагы салык суу көтөрүп келе жаткан Умсунайга карады* («Ленинчил жаш»).

КАБАГЫ ЖАРЫК. к. Кабагы ачык.

КАБАГЫ ЖАРЫЛУУ. к. Маңдайы жарылуу.

КАБАГЫ КАРЫШ САЛАҢДОО. к. Кабагын карыш салуу.

КАБАГЫ КИРДӨӨ. Капа болуу, көңүлү чөгүү. *И! Эми ушуну да жолдош кылып алганы турат ко?! - деп, кабагы кирдеп, жүзүн үйрүдү* (Касымбеков). *Өкүнүч ой көңүлүнө кылт этип, эки кашынын ортосу бир тилинип тырышып, кабагы кирдей түштү* (Касымбеков).

КАБАГЫ САЛАҢДОО. к. Кабагын карыш салуу.

КАБАГЫ ТҮЙҮЛҮҮ. к. Кабагы бүркөө.

КАБАГЫМ-КАШЫМ ДЕБЕГЕН. Эч кайгырбаган, түк кенебеген, такыр убайым тартпаган. - *Байтынбетим жотолуу, кабагым-кашым дебеген баба дыйкан болор* (Бейшеналиев). *Эркек ордуна чалгы чаап, суу сугарып, оор жумуштарды жасаса да, кабагым-кашым дебеген* (Саатов). *Зайыбы үй-тиричилигине тың, кабагым-кашым дебеген жайдары, аккөңүл аял* (Борбиев).

КАБАГЫМ-КАШЫМ ДЕБӨӨ. Кейип-кепчибөө, эч нерсеге кайгырбоо, тоотпоо, кенебөө, жаркылдап жүрө берүү. *Аны кабагым-кашым дебей тосуп алып, меймандады* (Көчкөнов). *Бермет кабагым-кашым дебестен Жумабайдын жолдош-жоролорун тосуп алуучу* (Борбиев). *Ачарчылыкта бар-жогуна карабай, кабагым-кашым дебей өзүнүн оорусун унутуп калат* (Бердикеев). *Бирок, ал бул суммага кабагым-кашым деген жок* (Бердикеев). *Балдар үйүнөн чыгарып ийсе, кабагым-кашым дебей келген жагына баса берери анык* (Өмүрбаев).

В.: Кирпигим-кашым дебөө. *Кирпигим-кашым дебей, буюрганын жеп, буюрган жашты жашап жатат* (Медетов).

Кабак-кашым дебөө. *Башына түшкөн кандай гана иш болбосун*

кабак-кашым дебей чыдамдуулук менен жеңип чыкчу (Сыдыгалиев).

КАБАГЫНА КАР ЖААГАН. Түнөрүп, ачуусу келген, каарданган, жини кайнаган. *Кабагына кар жааган, сүрүнөн душман сүрдөгөн* (Айтматов). *Ал кабагына кар жаап, адам батынып сурагыдай эмес абалда келди* (Медетов). *Анын кабагына кар жааган, болбогон нерсеге итиркейи келип, кылдан кыйкым таба албай турган кези* (Ш.Үмөталиев).

В.: Кабагынан кар жааган. *Эненин кабагынан кар жааган, иренжий сүйлөп, эртеден берки эпкини зорго таркаган* («Кыргызстан маданияты»). *Кабагынан кар жааган, каары чындап кайнап, токойду жойлогон ач карышкырдай көзү кызарып жөнөйт* (Медетов). *Кабагынан кар жааган, сүрүнөн душман сүрдөгөн кой кой баатыр болуп бара жатты* (Айтматов).

КАБАГЫНА КИР ЖУГУЗБОО. к. Кирпигине кир жугузбоо.

КАБАГЫН БҮРКӨӨ. Капа болгондой, кайгыргандай же бир нерсени жактырбагандай сабыры суз, түнөрүңкү абалда болуу. *Кабагын бүркөгөндө бүйүрмө баштыкты бүйүргөндөй алагай козу куушурула түшөт* (Кыдырмышев). *Мындай кишинин күлгөнүнөн, кабак бүркөгөнү көп болот* (Абдукаимов).

В.: Кабагын ачпоо. *Эт, май, чайды оозу-мурдунан чыгарып шыпкап турбаса, чукчуюп кабагын ачпаган неме* (Кыдырмышев).

Каш-кабагын ачпоо. *Каш-кабагын ачпай отура берди эле, жеңеси жылмайсаң боло дегенсип, капталынан турткүлөдү* («Кыргызстан маданияты»).

КАБАГЫН КАРЫШ САЛУУ. 1. Капалануу, кайгыруу, убайым тартуу. *Ал киши кабагын карыш салып, башын чайкап койду* (Кыдырмышев). *Казангап көбүнесе унчукпайт, кабагын карыш салып, ойлоно берет* (Айтматов). *Кабагын карыш салып, чүйрүйгөндөн чүйрүйүп алыптыр* (Жигитов).

2. Ачуусу келүү, каардануу, түнөргөн көрүнүштө болуу. *Начальник кабагын карыш салып, стулун кырч-курч эттирип, ызырынды* (Кыдырмышев).

Кабагын карыш салган атасы кимгедир ачууланып жатыптыр (Осмоналиев). *Ал кабагын карыш салып, кара тер басып, заманасы куурулуп отурду* (Бердикеев).

В.: Кабагын салуу. *Жолбуновдун келишин сүйбөй ата кабагын салып, сес көрсөтүп, аркы үйгө чыгып кетти* (Убукеев).

Кабагын салаңдатуу. *Муса кабагын салаңдатып, түнөрүп, артынан басты* (Абдукаимов). *Бала телмирип ыйламсырап, кабагын салаңдатып ылдый карады* («Ала-Тоо»).

Кабагы карыш салынуу. *Аны көрөр замат кабагы карыш салынып, ачуусу бетине түктүйө чыкты* (Жигитов).

Кабагы карыш-салаңдоо. *Кабагы карыш салаңдап, капа болуп отурду* («Ала-Тоо»).

Кабагы карыш түшүү. *Шыгай болуштун кабагы карыш түшө бүркөлүп, түнөрүптүр* (Медетов).

Кабагы түшүү. *Унтер-офицердин кабагы түшүп, көзүн акшыйтып Михаилге карады* (Жантөшев). *Боз үйгө жеткиче үйдөгү ата-эненин кабагы түшүп калчу* (Жусупов).

Кабагын карыш түйүү. *Ошол үчүн Оспандын маңдайында ал кабагын карыш түйүп, кыжалат болуп отурду* (Айтматов).

Кабагын карыш түшүрүү. *Көчөгө чыкса эле мурчуйгандан мурчуюп, кабагын карыш түшүрүп турат* (Жигитов). *Иттин үйдөн качып кеткени атамын кабагын карыш түшүрдү* (Жигитов).

Кабагын төмөн салуу. *Кабагын төмөн салып, бир саамга унчукпай турду* (Кыдырмышев).

Кабагын түйүү. *Атам кабагын түйгөн калыбында муну кошумчалады* (Бердикеев). *Анан ал кара эшегин минип, мылтыгын асынып, кабагын адатынча түйүп алса, бизге укмуштай сурдуу көрүнүп кетет* (Жигитов). *Анан кантип ал кабагын түйбөсүн* (Кыдырмышев).

Кабагын үйүрүү. *Бирин-экин тааныштар менен жолугуп, сүйлөшүп калганымды укса кабагын үйрөт да турат* (Сыдыгалиев).

Кабагын чытуу. *Кыз кыртышы сүйбөй, кабагын чытып, тескери басты* (Саатов). *Ал кабагын чытып, унчукпай отурган* (Абдукаимов). *Арстан керегеге сүйөнүп, кабагын чытып куюлган терин куураган колу менен шыпырды* (Шүкүрбеков).

КАБАГЫ САЛЫК. к. Кабагы бүркөө.

КАБАГЫ САЛЫҢКЫ. к. Кабагы бүркөө.

КАБАК АЧАР. 1. Бирөөнүн алдына түшүү, көңүлүн ачуу үчүн көрсөтүлгөн сый (көбүнчө тартуу, калың маанисинде). *«Кабак ачарга» уялбастан уй айдап келгениңер кандай* («Чалкан»). *Андан кийин кабак ачаары деп дагы бир жарым миң, сом акча бериптир* (Тойбаев).

2. Адамды ыраазы кыла тургандай, адамдын жарпын жазар, көңүл ачар (көбүнчө тамак-аш куюлган идишке карата). *Кабак ачар кара аяк.*

КАБАК - КАШКА КАРОО. к. Кабак-кашына кароо.

КАБАК-КАШЫ АЧЫК. к. Кабагы ачык.

КАБАК - КАШЫМ ДЕБӨӨ. к. Кабагым-кашым дебөө.

КАБАК-КАШЫ ЧЫТЫЛУУ. к. Кабагын карыш салуу.

КАБАК-КАШЫНА КАРОО. Мүнөзүн, кыял-жоругун байкап көрүү, ошого жараша мамиле жасоо, көңүлүнө, кылык-жоругуна карата мамиле кылуу. *Сиздин кабак-кашыңызга карап, эшигиңизде кызмат кылып жүрөм* (Жантөшев).

В.: Каш-кабагына кароо. *Сыдыгалынын каш-кабагына карап, сага эч нерсе бере албадык* («Кыргызстан маданияты»). *Колдогу жалгыз бала болгон соң кабак-кашына карайсын.* (Укаев).

Кабак-кашын байкоо. *Бир аз тынып, тигилердин кабак-кашын байкап калды* (Бердикеев).

КАБЫРГА ТУУГАН. Алыс тууган, кыйыр тууган, туугандыгы анча жакын эмес. *Кабак-Арт менен Сары-Колдон Кабырга туугандар кыпчак бар* («Манас»). *Жанагы Шекер ошонун кабырга «туугандары»* (Үмөталиев).

КАБЫРГА СӨӨГҮ СӨГҮЛҮҮ. к. Кабыргасы сөгүлүү.

КАБЫРГАГА БАТУУ. к. Кабыргасына батуу.

КАБЫРГАГА КЕҢЕШҮҮ. Ары жак, бери жагын байкаштырып, абдан ойлонуу, шашпай көпкө ойлонуу. *Ташболот мырза, мен бир-эки күнгө өз кабыргама кеңешейин* (Бектенов). *Кабыргаңа кеңешип туруп, жообун берип кой, садага* (Сыдыкбеков). *Кабыргаңа кеңешип, эртеңке дейре жообуңду бер* (Бейшеналиев).

КАБЫРГАГА ТАШ БАТУУ. к. Кабыргасына батуу.

КАБЫРГАСЫ АЧЫЛБАГАН. Семиз, абдан семиз, жону билинбеген. *Мал кабыргасы ачылбаган бойдон кыштан чыгат* (Байтемиров).

КАБЫРГАСЫ КАЙЫШУУ. **1.** Бирөөгө боору ооруу, жаны ачуу, ага кейип аёо сезиминде болуу. *Эрке өсүп, бошураак чыгып калганын жакшы билген абышка баласына кабыргасы кайышып, кейип турганын билгизбеди* (Абдукаримов). *Буга менин кабыргам кайышып отурган жок* (Элебаев). *Асыранкулдун санаасы санга бөлүнүп, кабыргасы кайышып, ою чабыттап алыста* (Сыдыгалиев).

2. Оорчулуктун, кыйынчылыктын азабын тартуу, кыйналып-кысталуу. *Жокчулуктун айынан ал байкуштун кабыргасы кайышты го* («Ала-Тоо»). *О, жокчулук! Ушинтип далайдын белин майыштырып, кабыргасын кайыштырасың да* (Абдукаримов). *Аялдын турмушуна жүрөгү эзилип, кабыргасы кайышып турду* (Сыдыгалиев). *Сен эмес ушу баарыбыздын кабыргабыз кайышты* (Жигитов).

В.: Кабыргасы майышуу. *Кабыргабыз майышып жакын адамыбыздан, бир туугандан ажырадык* («Ала-Тоо»).

КАБЫРГАСЫ КАТУУ. Баралына жетүү, бой тартып, эр-азамат болуу, күчкө толуу, жетилүү. *Кабыргасы ката элек жаш кезинде жумуш иштеди* (Абдукаримов). *А биз, колхозчунун балдары, алардын ордун бастык, кабыргабыз ката электе оор түйшүк көтөрдүк* («Советтик Кыргызстан»).

КАБЫРГАСЫ МАЙЛУУ. Бардар, колунда бар, оокат-тиричилиги мыкты. *Алар болсо, кабыргасы майлуу адамдар, бизде эмне болсун* («Чалкан»).

КАБЫРГАСЫ МАЙЫШУУ. **к. Кабыргасы кайышуу.**

КАБЫРГАСЫ СӨГҮЛҮҮ. Аябай жаны ачуу, зээни кейүү, катуу капалануу. *Ошол кызымдан ажырап кабыргам бир сөгүлсө, күйөө баламдын кылыгынан сай-сөөгүм сыздап, экинчи ирет кабыргам сөгүлүп отурат* («Чалкан»). *Ошон үчүн ал ботосу өлгөн иңгендей боздоп, кабыргасы сөгүлүп, сыздап турду* (Сайдуллаев).

В.: Кабырга сөөгү сөгүлүү. *Кабырга сөөгү сөгүлүп, Көзүнүн жашы төгүлүп* («Манас»).

КАБЫРГАСЫН БИТ ЖЕГЕНЧЕ КӨРБӨӨ. Кенебөө, тоотпоо, эч нерсе таасир этпегендей болуу, камаарап да койбоо. *Кабыргасын бит жегенче да көргөн жок* («Чалкан»).

В.: Кабыргасы бит чакканча болбоо. *Автобустун шофери менен анын жардамчысынын кабыргасы бит чакканча да болгон жок* («Чалкан»).

КАБЫРГАСЫН СӨГҮҮ. Аябай жазалоо, кордук көрсөтүү, абдан оор абалга дуушар кылуу. *Тосуп жаткан жоо болсо, Ылаачындай тиейин Кабыргасын сөгөйүн* («Семетей»)*Күлчоронун кабыргасын сөккүлө Калтырбай канын төккүлө* («Сейтек»)

КАБЫРГАСЫНА БАТУУ. Аябай кордук көрүү, азап тартуу, кыйын, оор абалга туш келүү, абдан кыйналуу. *Тиги Арстандын оорусу кабыргама батып турат* (Шүкүрбеков). *Таштанбек кабыргасына баткан оор турмуштун бардык ызгаарын пил сыяктуу көтөрүп, чыдап жатты* (Саатов).

В.: Кабыргага таш батуу. *Бүгүн бечаралык башына түшүп, карайлаган элди көрүп, ого бетер кабыргасына таш батты* (Бейшеналиев). *Кайран эл тентип кеткенде Кабыргама таш батты* (Тоголок Молдо). *Тоголок Молдо кыйраган журт, улуган ит, ээн талаага айланган ата конушун коруп, боконо жүлүнү сыздай, акыры «кабыргама таш батты» дегенди кайталай берди* (Бейшеналиев).

Кабыргага таштай батуу. *Кабыргага таштай баткан жокчулуктун кээри бат кете койбосо да, кеңчилик берешен колун энеге да сунду* (Касымбеков).

Кабыргага батуу. *Мокендин жоругу жолдо калсын, кабыргага аябай батты го* («Чалкан»).

КАДАМ КОЮУ. Белгилүү бир жаштан өтүп, кийинкисине баш коюу. *Быйыл он сегизге кадам койду* (Абдыраманов).

КАДАМЫ УЗАРУУ. Ийгиликке жетишүү, зоболосу көтөрүлүү, иш жагынан жогорулоо, иши илгерилөө. *Жакшылыкка бет алган Узарат жаштын кадамы* (Токтогул).

КАДЕМИ КАТУУ. Кордук көрүү, иши оңунан чыкпай абалы начарлоо, азапка түшүп мүңкүрөө, оор абалда калуу. *Катыларга катылбай, Кадемим мындай катабы ай!* («Манас»). *Кадеми катып момундар Качан жетет тынымга* (Тоголок Молдо). *Кайран шаанилүү жайдары Нурдин, кадемиң кайтпаса экен* (Бейшеналиев).

КАДЫРЫН САЛУУ. Өзүнүн абалын, авторитетин пайдалануу. *Улукбек мырза, сага кадыр салып келип турам, мени бир ажаттан чыгар* (Жигитов). *Ал бир убакта бийдин ырчысы болуп жүрүп, хан күйөөгө жагып калып, кадырын салып сурап алган* (Көчкөнов). *Көрсө, мындай болуптур: ал жоргону аяндардын бийи биздин агабыздан кадырын салып сурайт* («Ала-Тоо»).

КАДЫРЫ СЫНУУ. Баркы кетүү, аброю тепселүү. *Бирок, Момундун башкаларда жок артыкчылыгы бар, эл көзүнө кадырым сынат деп коркпогуну* (Айтматов).

КАДЫРЫҢ ЖАН БОЛСУН. Эч кандай кам санабагын, ордунда болот, сөзсүз болууга тийиш деген мааниде колдонулат. *Сенин кадырын, жан болсун, көп эле кабатыр боло бербе* (Абдукаримов). *А жагынан кадырыңыз жан болсун, Арзыкул аман турса иш жайында болот* (Байтемиров). - *Кадырын, жан болсун! Кежигемден мууздасаң да андай иттикке бара албайм акежан* (Осмоналиев). - *Мага ишене бар! Кадырың жан болсун. Эмесе сүйлөштүкпү!* (Айтматов).

КАЗА ЖЕТҮҮ. к. Каза болуу.

КАЗ КАНАТТАП ТУРУУ. Көп болуп жарданып туруу, катар-катар, кыркалекей болуп туруу. *Каз канаттап турган жортуулчуларды көздөй жөнөдү* (Жантөшев).

В.: Каз канат болуп туруу. *Эл каз канат болуп турду.*

Каз катар тизилүү. *Директор каз катар тизилип олтурушкан мугалимдерди бир сыйра карап өттү* («Чалкан»).

Каз катар болуу. *Акия баштаган бир кылка келиндер каз катар болушуп, жарыша күрөк сайышса, кызгалдактай көз уялат* (Сыдыкбеков).

КАЗ ТУРУУ. Жаңыдан тура баштоо, өз алдынча турууга үйрөнүү (жаш балдарга карата). *Кызыбыз каз туруп калды. Анда Гүлай каз туруп жүргөн, маалына жете элек кези* («Кыргызстан пионери»).

В.: Каз-каз туруу. *Неберем жакында, ушул жылдын март айынын башында каз-каз туруп калган болчу* («Советтик Кыргызстан»).

КАЗАНЫ ДА МАЙ, КАШЫГЫ ДА МАЙ. Бардыгы жетиштүү, тамак-аштан эч кемчилиги жок, молчулук болуп турган учур. *Калп айтып эмне, азыр менин казаным да май, кашыгым да май* (Абакиров).

КАЗАНЫ КОЮУ КАЙНОО. Тамак-ашы, оокат-тиричилиги жетиштүү болуу, кененчилик, молчулук байкалып туруу. *Колхоздошкондон бери гана казаның коюу кайнай баштады* (Убукеев).

КАЗАНЫ КУУШ. Пейли тар, сарандык жайы бар. *Садырдын казаны да кууш, жанагы карагер катыны да чык татырбайт* (Бердикеев).

КАЗАНЫ МАЙЛУУ. Бардар, колунда бар, оокат-аштуу, тамак-ашы кенен, жетиштүү. *Ал казаны майлуу, оокаттуу киши экен, аны биз айылдын аймагына биринчи кадам аттаганда эле байкадык* («Советтик Кыргызстан»).

КАЗАНЫ ОТТОН ТҮШҮҮ. Казан асып, тамак жасап ичер кудурети жок калуу, эч нерсеси жок карап калуу, жакырлануу, оокат-ашсыз калуу. *Казаным*

оттон түшүп, кызыл от кысыр калбаса болду (Сыдыкбеков). *Казаны оттон түшүп калыптыр.*

В.: Казаны тулгадан түшүү. *Казаны тулгадан түшүп калыптыр. Казаны тулгадан түшүп, оту өчтү* (Шүкүрбеков).

КАЗАНЫНА АШ САЛЫП БЕРҮҮ. Жардамдашуу, көмөк көрсөтүү, көз салуу. - *Ай, какылдабай жаагыңды бас, Маадан сенин казаныңа аш салып берип жатса да* (Бердикеев).

КАЗАНЫН СУУГА САЛУУ. Казан аспай калуу, тамак-ашы түгөнүү, колунда эч нерсеси калбоо. *Ошентип, анын казаны сууга салынып калган экен* («Жаш ленинчи»).

КАЗАСЫН ОКУТУУ. Көргүлүктү көрсөтүү, акесин таанытуу. *Казасын окуттум белем Канкор Манас бурутту* («Манас»).

КАЗЫ БАЙЛОО. Семирүү, семире баштоо, толуу. *Жүгүм жеңилдеп, санаам тынгандан бери кадимкидей казы байлап калдым* («Ала-Тоо»).

КАЙДА БАРСАҢ - МАМАЙДЫН КӨРҮ. Кайда барбагын, бардык жерде эле кыйындык, бардык жерде эле бирдей оорчулук, жапа тарткан көрүнүш деген мааниде колдонулат. - *Э, кызым, азыр кайда барсаң, мамайдын көрү болбодубу* (Абдукаимов). *Тоголок Молдо көкүрөгү куушурулгансып, кайда барсаң - мамайдын көрү, - деди ичинен* (Бейшеналиев).

КАЙМАГЫ БУЗУЛБОО. Эч нерсе болбоо, козголбоо, калыбы бузулбоо, бүлгүнгө учурабай тынч кала берүү. *Мына эми калың, кара журт чачылып, көрбөгөнү көр болуп кайтканда, мал-жаның эсен, каймагың бузулбай калдың байым* (Сыдыкбеков).

КАЙМАККА КУЙМАК КУЙГАНДАИ. Абдан мыкты, бири-бирине төп келишкендей, жарашып тургандай деген мааниде. *Эгер андай болсо, каймакка куймак куйгандай болот эле да* («Ала-Тоо»).

КАЙНАСА КАНЫ КОШУЛБОО. Эч келише албоо, ыркы келишпөө, бирине-бири эч жакындашпоо, элдешпөө, мамилеси жок болуу. - *Жок,*

Карабек мырза! Экөөбүздүн кайнаса каныбыз кошулбайт, ак жеринен каралап атаң экөөңдүн кылган кордугуңар эсиңде чыгар? (Жантөшев). *Байманаптар Токтогулду кас санаган, кайнаса каны кошулбаган душманы катарында таанышкан* (Бөкөнбаев). *Торосу менен чоронун ЫІмаласы бирикпей, Кашатка чопо кошулбай, Кайнаса каны кошулбай* («Манас»).

КАЙРАСА КОЛ КЕСПЕГЕН. Эч нерсеге жарабаган, өтүмү жок, чоркок. - *Эх, Аянкул, сен ташка кайраса кол кеспеген неме окшойсуң* (Жусупов).

КАЙРАТ АЙТУУ. Аза күтүп, катуу кайгырып турган адамга жакшы тилегин айтып, көңүлүн көтөрүү, жубатуу. *Сөөгү сыздай түшкөн Сарала кайрат айтты: - Эстүү элең, Батишжан. Эсиң менен жүр, акылдан шашпа!* (Сыдыкбеков). *Эми мен Сагындыкка сын тагып, ага кайрат айтып отурам* (Абдукаимов).

В.: Көңүл айтуу. Келгендер Алим эжеге, анын балдарына көңүл айтышты (Абдукаримов).

КАЙРАТ БАЙЛОО. Күчтөнүү, чыйралуу, бакубат болуу, чыңалуу. *Бирок Адыл чыйралып, Кайта кайрат байлады* (Жантөшев). *Токсондоп мүшкүл келсе да, Кайрат байлап кажыбай, Кабелтең бууп белиңди* (Жантөшев). *«Жеңиштер» деген сонун сөз, Жерине кайрат байлады* (Бөкөнбаев).

КАЙРАТ КЫЛУУ. 1. Кыйын ишти аткарууга бел байлап, чымырканып, белсене киришүү. *Кантсе да бир кайрат кылып көрмөкчү болдум эле* («Чалкан»).

2. Сабыр кылуу, көп кейий бербөө, өзүн токтотуу. *Ушул күнгө чейин кайрат кылып келген сага биз туугандарың өтө ыраазыбыз* («Кыргызстан маданияты»).

КАЙРАТЫ ТАШ ЖАРУУ. Бет алганынан кайра тартпоо, бир нерсеге белсене киришүү. *Алп күчүм, таш жарган кайратым менен мен ушунча кордуктамын* (Сыдыкбеков).

КАЙСЫ БЕТИ МЕНЕН. Уялбай, кебелбей, тоготпой. *Коммунадан чыгарып койсо, кайсы бетибиз менен барабыз деп санаркайт* (Ашымбаев).

КАЙСЫ ЖЕРИНЕН ЖАЗУУ. Кандайча жаңылыштык кетирилди, эмнеликтен ушундай болуп калды деген мааниде айтылат. *О кудай!... Кайсы жеримден жаздым эле? Көрсөтөрүң ушул беле?* (Тойбаев).

КАЙСЫ ШАМАЛ АЙДАП КЕЛДИ. Кантип келип калдың, эмне себеп менен келдиң (көбүнчө көпкө көрүнбөй жүрүп келип калган кишиге карата айтылат). - *Келиңиз, доктор, келиңиз, сизди кайсы шамал айдап келди биз жакка?* (Сыдыгалиев). *Келчү эмес элең, сени кайсы шамал айдап келди?* («Ленинчил жаш»). - *Сени кайсы шамал айдап келди, абышка?* (Жигитов). *Оо, ким десе, сиз белеңиз? Бу Чоң-Ташка кайсы шамал айдап келди сизди?* (Егиналиев).

КАЙЧЫ КУДА. Бири-биринен кыз алышып, кыз беришкен кудалык. - *Соке, тагдырдын буйругу менен, биз сиз менен, эми кайчы куда болуп калдык* («Кыргызстан маданияты»).

КАЙЫМ АЙТЫШУУ. 1. Бирине-бири кезек берип, биринен кийин бири улантып ыр айтышуу, ыр чыгаруу. *Кайым айтышып чер жазуу менен кыштын күнү өткөнү билинбейт* (Осмоналиев).

2. Бир аз жаакташып, айтышып калуу. *Ал экөөбүз бир аз кайым айтышып калдык.*

КАЙЫП БОЛУП КЕТҮҮ. Тез эле көрүнбөй калуу, тез эле жок боло түшүү. *Артымдан калбай кыйла жерге канаттуу немедей көзүмө көрүнүп олтурду да, анан кайып болуп кетти* (Медетов).

В.: Кайып болуу. *Бир кишиге көрүнбөй, кайып болду Акшумкар* («Манас»).

Жел кайып болуу. *Кылмышкер жел кайып болсо да, аны табам, -деп Омор бак арасынан кетпеди* (Сыдыкбеков).

КАЙЫРМАККА ИЛИНҮҮ. Бирөөнүн колуна түшүү, торуна чалынуу, тырмагына илинүү. *-Акең экөөбүз ойлодук: эми алар кайырмакка илинди го деп* (Жантөшев). *Жалий тигил элпек жөнөгөнчө мулуңдай, дагы бирөө кайырмагына илингенине кыңылдай обон салды* (Бейшеналиев). *Тергөөчүлөр Мааты менен Адылдын кайырмагына илинди го десек, жок илинбеди* (Жантөшев).

КАЙЫРМАК САЛУУ. Бирөөнү колго түшүрүүгө,

чалынтууга аракет жасоо. *Кайырмак салганын анан билип калыптыр* («Чалкан»).

КАЙЫРМАККА САЯР ЭТИ ЖОК. Өтө арык, арыктап бүткөн, териси менен сөөгү бар. *Асандын кайырмакка саяр эти жок* («Ала-Тоо»).

В.: Шишке саяр эти жок. *Өзү жүдөө, өлө турганга окшоп, Шишке саяр эти жок* (Борбугулов).

КАЙЫРЫН ЧАЙЫР КЫЛУУ. Жакшылыкты жамандык менен жокко чыгаруу, кылган жакшылыгынын аягын чырчатакка айландырып жиберүү. *Так ошолор кайырын чайыр кылып жатканын көрмөксөн болосуңар ээ!* (Бектенов). *Кайырды чайыр кылдың кантейин - деп, күйүп-бышып отурат* («Чалкан»). *Же бой кезинде кетпей же балдарың бой тартканга жетпей ара жолго таштап, кайырды чайыр кылдың* («Чалкан»).

КАК БАШ. 1. Ырайымсыз, кара ниет, таш боор деген мааниде наалат айтуу, жек көрүү иретинде (көбүнчө кары кишилерге карата) колдонулат. *Менин айтканым менен болсоңчу, уктуңбу как баш?* (Айтматов). *Бу мен как баш! Эмнени ойлонуп отурам, ыя?» - деп өзүн өзү жек көрдү* (Касымбеков). *Ошо кемпир болгондо какшаган как баш деп бирөөдөн тил укпаган элем* (Абдукаимов).

2. Көп жашап, куулук-шумдукту билип калган, кексе. *Андай как баштар сага алдатпай калсын* («Чалкан»).

КАК ЭТКЕН КАРГА, КУК ЭТКЕН КУЗГУН ЖОК. Адам жашабаган ээн жер, эч нерсеси жок, элсиз ээн талаа. *Жер ээн, как эткен карга, кук эткен кузгун жок* («Ала-Тоо»). *Алар жарым жолго жетип, кук эткен кузгун, как эткен карга жок бир тоонун арасына келе берген кезде чоң кардуу бороон болду* (Баялинов). *Бул жерде как эткен каргасы, кук эткен кузгуну жок ээн талаа, эрме чөл экен* («Чалкан»)

КАКАГАНГА МУШТАГАН. Түйшүктүн үстүнө түйшүк кошулган, үстөккө-босток азап тарткан азабы арылбаган. *Какаганга муштаган болуп, атасы жол кырсыгынан каза болсо болобу* («Кыргызстан маданияты»). *Какаганга муштаган болуп, солдаттарга жугуштуу кесел*

жармашты (Бектенов). *Какаганга муштаган деп, Дарыяхандын сегиз айлык баласы боюнан түштү* (Жантөшев). *Алда атаңдын көрүая какаганга муштаган болгонун кара* (Айтматов).

В.: Какагандын үстүнө муштаган. *Ошондо жигити байды какагандын үстүнө муштаган кылып, табактагы куйрук-боорду аткып алат* (Бөлөкбаев). *Дал ошондо, эгер түшүнсөңүз, какагандын үстүнө муштаган болбодубу...* («Чалкан»).

КАКТАБАЙ КАНЫН СОРУУ. Аябай эзүү, запкы көрсөтүү, ырайымсыз мамиле жасоо. *Эгер Орозкул иштен куун жиберсе, кемпири кактабай канын соротко дейт* (Айтматов). *Кактабай канын сорот, азыр да шек санай сөз узатканы ошондон улам* (Медетов). *Булар тыйынды сом кылып, кактабай канды соргондор* (Шүкүрбеков).

В.: Кактабай канын ичүү. *Менин кактабай канымды иччү белең! - деди Ашыр кожоюнга* (Сасыкбаев).

Кактабай канын алуу. *Кактабай канымды алып, мага дагы эле болсо шек санай карайт* («Ала-Тоо»).

Канын соруу. *Адамдын канын сүлүктөй соргон кадимки казы манап* (Бектенов). *Алардын канын аябай соргон экен, элдин айтымына Караганда* («Ала-Тоо»).

Канын кактабай соруу. *Канын кактабай соргон экен* (фольк).

КАКЫС - КОКУС КЫЛУУ. Анча -мынча сес көрсөтүү, кагып-силкип урушуп коюу, жаза-буза урумуш болуп коюу. *Аттиң, атамдай болгон кишини какыс-кокус кылдым* («Ленинчил жаш»). *Анын какыс-кокус кылганына терикпеди* («Чалкан»). *Эч нерсе эмес, ошентип какыс-кокус кылып койбосо, көөп кетет* (Байтемиров).

КАЛАС БОЛУУ. Тазалануу, арылуу. *Өмүрүнчө тобо деп, Акыреттин камын жеп, Калас болгон күнөөдөн* (Токтогул).

КАЛБЫР БОЛУУ. Тамтыгы кетип тытылуу, тешилүү. *Сатинге махорканын чогу түшүп, бир канча жери калбыр болуп калган* (Убукеев).

КАЛБЫР ӨПКӨ, ЖЕЗ КАНАТ. Чыгаан күлүк, чаалыкпас тулпар. *Кара байыр казанат, Калбыр өпкө жез канат Ат тулпарын минишип* («Манас»).

КАЛЕМИ КУРЧ. Жазгыч, таамай жазганга жөндөмдүү. *Журналисттердин калеми курч келет дешет* (Бөлөкбаев). *Калайыкка жардоого калеми курчтарды жиберсе кагажытсак осолдукка жатар* (Бейшеналиев).

КАЛКАСЫ ТИЙҮҮ. Жөлөк болуу, колдоо, жөлөө. *Айылчынын калкасы тийип, курсак ток тартып, жон бүтөлүп дегендей, кичине жандары сеп алышкан* (Бейшеналиев).

КАЛПАГЫН КӨККӨ ЫРГЫТУУ. к. Тебетейин көккө ыргытуу.

КАЛПТЫ КОЙГУЛАТУУ. к. Калпты шыпыртуу.

КАЛЧАГАН ЧҮКӨСҮ АЛЧЫ КОНУУ. Иши оңунан чыгуу, иши илгерилей берүү. *Дайыма калчаган чүкөң алчы конордо ыктытып жүрөсүң* («Чалкан»). *Боке, калчаган чүкөң алчы конуптур, ишиң илгери болуптур, куттуктайбыз...* («Чалкан»).

В.: Калчаган чүкөсү алчы туруу. *Күзгү кеч аңыз бойлоп, Калчаган чүкөсү алчы туруп* («Чалкан»).

Калчаган чүкөсү алчы түшүү. *Калчаган чүкөсү алчы түшүп, дагы да аны азгырат, Сансыз ой кучагына батырып* («Ала-Тоо»).

Өкчөгөн чүкөсү алчы түшүү. *Азыр сенин өкчөгөн чүкөң алчы түшүп турган кези да* («Ала-Тоо»).

КАЛЫП АЛУУ. Конуп калуу, үйрөнүшүп, үйүр алып калуу. *Башын элпек ийкеген Бакен Гуля эжекесине калып алып, андан карыш бөлүнбөй калды* (Өмүрбеков).

КАМ ЖЕБӨӨ. Ойлоп тынчсызданбоо, убайым тартпоо, санаркабоо, камырабоо. Ата сиз бизден кам жебеңиз, үйгө кете бериңиз, жолуңуздан кечикпеңиз («Ала-Тоо»).

В.: Кам санабоо. *Силер тыяктан кам санабай иштей*

бергиле (Турусбеков). *Күлжан экөөбүз барда иштен кам санабаңыз* (Байтемиров).

КАМ-ЖЕМ АЛБАЙ. Тынымсыз, кайра-кайра, үстөкөбосток. *Анын кызы болсо керек, кам-жем албай кечки саат онго жакын телефон чала берди* («Кыргызстан маданияты»).

КАМ ЖЕШ. Көңүл буруу, жардам кылуу, аракеттенүү. *Мына эми Адылбек келген адепки күндөн мектеп үчүн кам жеп, окуучулардын сабакка катышуу, жетишүүсү так көзөмөлдөнүп, мектептин ички-тышкы тартип-тазалыгы колго алынып баары жаңырды* (Өмүрбаев).

В.: Кам уруу. *Балдар менен булкушуп, Күч сынашып турмакка, Кандай болсо кам урат, Көтөрүп жерге урмакка* (Токтогул). *Журт оокатына кам урду* (Баялинов).

КАМЧЫ САЛДЫРБАГАН. Кандайдыр бир ишти айттырбай эле өзү иштеген, жөндөмдүү, өтө илбериңки, тың, чыйрак, мыкты. *Турмушубуз жаман болгон жок, аялым камчы салдырбаган тың, чыкты* («Кыргызстан аялдары»). - *Деле камчы салдырбаган күлүктөй кетет, бечара - деди, дагы бирөө* (Жусупов).

КАМЧЫ САЛДЫРБОО. Айттырбай билүү, тың чыгуу, чыйрактык кылуу. *Албетте, ар бир жаңы иште алгач эле камчы салдырбай кеткендер болбойт десек жаңылышпайбыз* («Ленинчил жаш»). *Элди билүү жагынан камчы салдырбапсыз* («Советгик Кыргызстан»). *Байбиченин кыялы чукул, чапчаңдыгы бар, куулук жагынан да эч кимге камчы салдырбайт* (Ш.Үмөталиев).

КАМЧЫ САПКА ЖАРАГАН. Колунан бир нерсе келген, жүктөгөн милдетти аткара алган, бир нерсеге түшүнгөн, тыңыраак. *Камчы сапка жарагандардан башкоз кылып эки жигитти элуу башы кылып жөнөтүштү* (Абакиров). *Балким, камчы сапка жарачу эмелердир* (Бейшеналиев).

КАМЧЫ ТАШТОО. к. Чылбыр таштоо.

КАМЧЫ ҮЙРҮҮ. Камчы менен качыруу, чаап жибере тургандай ызырынуу. *Көк атчан кызыл чогу камчысьш уйруп, элди тебелетчудой Мамбетке*

үрпөңдөдү (Бейшеналиев). *Сумсаңдап кезенише, камчы уйрушо калып токтолушту* (Сыдыкбеков).

КАМЧЫ ЧАБАР. Таламын талашып, урушуп-чабышууга жарап калган улан. *-Жигиттер! - деген Айым озун багьт турган камчы чабарларына каш кагып* (Осмоналиев).

КАМЧЫГА АЛУУ. Кыйноо, жазалоо камчы менен сабоо. *Мындай буйрукту укkан жигиттери аларды камчыга алды* (Айтматов).

КАМЧЫГА САПТЫК. к. Бычакка сап болгондой.

КАМЧЫГА ЧЕНЕП БӨЛҮҮ. Жоодо жеңилген душмандын малмүлкүн ар кимдин эрдигине жараша үлөштүрүү, өйдө-ылдыйы жок кылып бөлүштүрүү, иштеген эмгекке карата сарпталган күчкө жараша, оош-кыйышы жок бөлүү. *Калмактан алган олжону Камчыга ченеп бөлгөндө* («Семетей»). *Букардагы сан байге, Энеке, камчыга ченеп бөлөмүн* («Семетей»).

В.: Камчыга ченеп алуу. *Кара малды атап Камчыга ченеп алышты* («Семетей»).

КАМЧЫСЫ ЖАКШЫ. Жолдуу, дайыма жакшы адамга туш болот деген мааниде (көбүнчө алган аялына карата) колдонулат. *Кайран Сапаштын камчысы жакшы, көп узабай эле дагы бир перизатка туш болуптур* («Кыргызстан маданияты»).

КАМЧЫСЫ КАНДУУ. к. Колу кандуу.

КАМЧЫСЫН ЧАБУУ. Бирөөгө кошомат кылып, сөзүн сүйлөө, ураанын талашуу, талапташ болуу. *Оросул сенин теңтушуң эмес, малайың, камчыңды чабат, шилтеген жагыңа барат* (Осмоналиев). *Сөзүн сүйлөп, камчысын чабышкан. Калган көпчүлүк эл байлардын малдарын багышып, жан сактоо үчүн аларга баш калкалашып, ошолордун камчысын чабышып, аларды ээрчип көчүп жүрө беришчү тура* (Медетов). *Ошондо камчыны кошо чабышып, жанында жүрө бердиң* (Осмоналиев).

КАМЧЫСЫНАН КАН ТАМГАН. Зордугу, бийлиги

жүрүп турган, абдан каардуу, катаал, ырайымсыз, кызыл камчы. *Ал кезде камчысынан кан тамган зулумдардын күнү тууган* (Каимов). *Бир кезде деми жер өрттөгөндөй болуп, камчысынан кан таамп, пенде тагдырын чымын өлгөнчө көрбөгөн Ойрот эми гана адамдык акылга келип, эми гана туя баштагандай* («Кыргызстан маданияты»). *Илгери камчысынан кан тамган манаптар буйругун мындай аткарта алышчу эмес* (Касымбеков).

КАМЫРДАЙ ЖУУРУЛУШУУ. Бири-бири менен ынак болуп, аралашып кетүү. *Күндөлүк турмуш адаттары менен камырдай жуурулушкан чыгар* (Кыдырмышев). *Мүнөзү Кулубайдын купулуна толуп, бат эле камырдай жуурулушуп, өтмө катар болуп кетишкен* (Медетов).

КАМЫРДАЙ ЖУУРУУ. Оңой эле жасап алуу, оңой-олтоң деп түшүнүү. *Бирөө «тагдыр» дегенди камырдай жууруп жасап алып, а биздейлердин тагдыры арман ганабы?!* (Касымбеков).

КАМЫРДАН КЫЛ СУУРУГАНДАЙ. Жигин билгизбей, өтө кылдаттык менен, эбин таап, чебердеп. *-Алпым, сени калайык катуу аңыз кылат, сазга тыгылган тайды камырдан кыл сууругандай тартып алган...* («Кыргызстан маданияты»). *«Мазар таш» колдоп, камырдан кыл сууругандай болуп кеткин, бардыр, айланайын* (Кыдырмышев). *Садыр ал ишти камырдан кыл сууругандай бүтүрдү* («Ала-Тоо»).

КАМЫР-ЖУМУР БОЛУУ. Бири-бири менен өтө жакын, ынак болуп аралышып, алынышып кетүү. *Баштагыдай ар бири менен камыр-жумур болуп, лепилдеп турчу Ланичек тоңуна тарткан өңдөнүп турат* (Ашымбаев). *Кудалар камыр-жумур болуп эзилишти* (Осмоналиев). *Арыз-муңун айтып, алар менен камыр-жумур болуп, бат эле таттуулашып кетти* (Ш.Үмөталиев). *Ошондон тартып коомдук иштерге да баш оту менен киришип, коллективге камыр-жумур болуп кетти* (« Советтик Кыргызстан»).

КАН МАЙДАН. Кан төгүлгөн согуш, уруш. *Баскынчы жоолорго каршы кан майданга көтөрүлүү даярдыгы башталды* (Бейшеналиев).

КАНАТ ЖАЮУ. Улам кеңири чөйрөгө тароо, белгилүү боло баштоо. *Ташкент темир жолчуларынын арасында мындай кыймыл өзгөчө кеңири канат жайды* (Абдукаримов).

КАНАТ-КУЙРУГУ ЖЕТИЛҮҮ. Баралына келүү, өсүп жетилүү, чоңоюу, торолуу. *Канат-куйрук жетилип, туш-туш жакка учуп жөнөдүк* (Шүкүрбеков). *Канат-куйругу жетилип дегендей, айланасына ар кыл жөндөмдүү шакирттерди топтоп, алардын өнөр сабатын өркүндөтүүдө* (Бейшеналиев).

КАНАТТУУГА КАКТЫРБАЙ, ТУМШУКТУУГА ЧЕКТИРБЕЙ. Эч кыйынчылыкка дуушар кылбай, жамандык көргөзбөй кастарлаган, бардык жагынан кам көргөн. *Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чектирбей бөпөлөп асыраган балам* («Ала-Тоо»). *Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чектирбей багам. Мага да бала керек. Кошкула* (Сыдыкбеков).

В.: Канаттууга кактырбай. *Ушуга чейин канаттууга кактырбай жакшы тарбиялады* (Мурзаев). *Канаттуга кактырбай душмандан элди сактаймын* (фольк.).

Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чоктурбай. *Мындан нары да туугандарын канаттууга кактырбай, тумшуктууга чоктурбай өз калкасына алганы болуп эсептелди* (Касымбеков). *Кудайбергенди канаттууга кактырбай, тумшуктууга чоктурбай келе жаткан кезде жетим калышы кыйынчылыкка дуушар кылган* (Бектенов).

Канаттууга кактырбай, камчылууга чаптырбай. *Канаттууга кактырбай, камчылууга чаптырбай баккан балам сен болсоң* (фольк.).

КАНАТЫ КАЙРЫЛУУ. Чоң жоготууга же кырсыкка учуроо, мүңкүрөп калуу. *Минтип канатым кайрылып колго түшүп калдым* (Осмоналиев). *Жакшы шакирттериңден ажыраганыңда бир канатың кайрылып үрпөйгөнсүң* (Бейшеналиев) *Үмүттүн канаты кайрылды, кайгы бир жагынан, жокчулук бир жагынан куушурду* (Ашымбаев).

В.: Канаты сынуу. *Карып калган кезимде Канатым сынып какшадым* (Осмоналиев).

КАНАТЫНА КАЛКАЛОО. Коргоо, жакын көрүү, көз салып жүрүү. *Дайыма канатына калкалап, жакынсынып, ар кандай сынактан өткөргөн* (Медетов). *Анан ушу киши канатына калкалап, бооруна кысып, китеп кап сатып берип турганы баланы эркетип жиберди* (Айтматов).

В.: Канатынын алдына калкалоо. *Мына бул өйдө чекти уругун жөн эле канатынын алдына калкалап бакпадыбы* (Бердикеев).

КАНАТЫН КАЙРУУ. Кырсыкка учуратуу, мүнкүрөтүп коюу. *Байларга тең ата болом деп айтыша кетсең канатыңды кайрып коёт* (Сыдыгалиев).

В.: Канатын кыркуу. *Салкынайдын өмүрүн мен кыйбасам, бул күнгө түшпөйт эле, канатын мен кырккан экенмин* (Абдукаимов).

КАН БУУГАНДАЙ. Тып эле, дароо эле, ошол замат, арыдан-бери. *Карым-катыштын кан буугандай басылып калышы Суусардын ичин туз куйгандай ачыштырды* (Бердикеев). *Өзү бүтүм чыгарды, өзү баарын кан буугандай токтотту, бирок Эдигейди ойлободу* (Айтматов). *Мурдагы кылык-жоруктары кан буугандай тыйылды* («Кыргызстан маданияты»).

КАНГА БАТКАН. Өтө оор, азаптуу, жанга баткан. *Кыргыздардын канга баткан азыркы абалына саякатчынын көзү эми даана жетти* (Осмоналиев).

КАНГА БОЁО. Канын төгүү, Кызыл ала кылуу, кандоо. *Жазыксыз нечен адамды Канга боёп сабадың* (Осмонкул).

КАНГА КАН. Өлүмгө өлүм деген мааниде. *Канга кан алып бериңиз бай ата?! - деп токтотту сөзүн* (Осмоналиев).

КАНГА САЛАМ БЕРБӨӨ. Анча-мынчаны тенине албоо, тоготпоо, эч кимге көз каранды болбоо. *Тирүү болсо эле болгону, түндөгү түн ал үчүн оор түн болчу, эми буюрса канга салам бербейт* (Сыдыгалиев). *Култай аксакалдын оокат-тиричилиги ого бетер оңоло түштү: канга салам бербей калган* («Чалкан»).

КАНДАН-БЕКТЕН КАЙРА ТАРТПАГАН. Жалтанбаган, коркпогон, таамай, түз сүйлөгөн.

Тоголок Молдо кандан-бектен кайра тартпаган, акыйкатка ундөгөн, жакырларга жан тарткан акын (Бейшеналиев).

КАНДУУ КОЛ. к. Колу кандуу.

КАНДУУ МОЮН. Киши өлтүргүч, кан ичкич, мыкаачы, зулум. *Качыке селее: кандуу моюндун баласы эмнеге келди? - Мен жөнүндө бирдеме укканбан сообу? - деди ичинен* (Сыдыкбеков).

В.: Канды моюн. - *О, кан күсөгөн канды моюндун баласы! Менин ишиме кийлигишкендей не акысы бар. Мени ала жатайын деген экен го* (Сыдыкбеков).

КАНДУУ ООЗ. Жегич, ичкич, алдым-жуттум. *Кандуу ооз бору болуп, азыр журттун жүзүн карай албай калмакмын да* (Сыдыкбеков). - *Ай, койчу, ошолорду! Кандуу ооз карышкырлар эмеспи* (Укаев).

В.: Кандуу тумшук. *Оңбогон жаңы жырткыч кайра кандуу тумшугун матырып, чеңгелин арбайтып ачканын кара* (Бейшеналиев).

КАНДЫ БУЛООН. Мал көп союлуп, эт-аш көп болгон, бака-шака түшкөн көрүнүш. *Казан асып, эт салган Канды булоон эл көрдүм* («Эр Табылды»). *Канча малды кырышып, Канды булоон кылышып* (фольк.). *Канды булоон союлган малдын саны жок* (Сыдыкбеков).

В.: Кандуу булоон. *Тандап союп кандуу булоонго киришет* (Осмоналиев).

КАНДЫ КЫЗЫТУУ. Делебесин козгоо, ышкысын арттыруу. *Анын ырынын сөзү да, обону да канды кызытчу* (Борбйев).

КАН ЖАЛАГАН ИТТЕЙ КЫЛУУ. Кызыл ала кылып сабоо, кандап уруу. *Анан катынын бырпырата сабап, кан жалаган иттей кылгысы келди, өлтүрө жанчып салгысы келди* (Айтматов).

КАН ЖАЛАТУУ. Оозу-мурдун кандоо, оозу-мурдунан кан келтирип катуу жазалоо, уруу. *А түгүл балдар мына минтип оозубузду кан жалата токмоктошот* (Абдукаримов).

КАН-ЖАНЫН САЛУУ. Абдан аракет кылуу, бир нерсеге

жетүү үчүн бүткүл күчүн сарптоо, жан-дили менен киришүү. *Башка жумуштарын таштап, болуштукка кан-жанын салып киришкен эле* (Укаев).

В.: Каны-жанын аябоо. *Бир тыным албай, каны-жанын аябай, күчүн ушу айылды курууга жумшады* (Жусупов).

КАН-ЖИНИ АРАЛАШУУ. 1. Бири-бирине абдан үйүр алышып, жамандык-жакшылыгы да бирге болуп, сиңишип кетүү. *Алардын анчалык деле каны-жини аралаша элек болсо керек* («Чалкан»).

2. Иретсиз, баш аламан, ыпылас абалда болуу. *Каны-жини аралашып калган тура* («Чалкан»).

КАН ЖОЛ. Эл тынымсыз жүрүп турган, ары-бери каттоо мүмкүнчүлүгү кеңири болгон чоң, кенен жол. *Сабыр атынын башын буруп кан жолго тартты* (Жусупов). *Биз бала кезде чоң апа кан жол менен кыштактын ортосунда почточу болуп каткабар ташыды* (Жусупов). *Мамлекеттин улуу кан жолундагы транспорттун журүшүнө эч кандай ысык таасир эте албайт* (Айтматов).

КАН ЖӨТКҮРТҮҮ. Оозумурдунан кан кеткидей абалга жеткизип, катуу кыйноо, азап тарттыруу. *Кызыталак ырдагыч немени ат койгус кылып кан жөткүрттүм эле* (Бейшеналиев).

КАН ЖУТКУЗУУ. к. Кан жуткуруу.

КАН ЖУТКУРУУ. Көргүлүктү көрсөтүү, катуу кайгыга салуу, абдан кыйноо, өтө жакын адамдарынан ажыратып, чоң кырсыкка дуушар кылуу. - *Суусунбу? Кан жуткурам сага!* (Осмоналиев). *Калпа көркоо калкка кан жуткуруп, кайгыга чөмүлтүп жаткан тура* (Бейшеналиев). *Көркооңдун көзүндө огу болсо мени кан жуткуруп атууга белен* (Бейшеналиев).

В.: Кан жуткузуу. Бай, манаптар жалаа менен дыйкандарды курмандыкка чалышып, катын-баласын кан жуткузуп какшатууда (Бейшеналиев).

КАН ЖУТУУ. Күйүмдүү адамынан ажырап оор кайгы тартуу, күйүттүү болуу. *Ата-энемден тогуз жашымда ажырап, зар какшап, кан жуттум эле* (Жантөшев). *Кантээр айла таба*

албай, Кан жуткансың ичиңде (Токтогул). *Кайгы аралаш кызыл кан, Жутуп турган кезидир* («Семетей»). *Өткөн кармашта капилеттен окко учуруп, кан жутуп ажыраган айбаттуу агасы Шеримбегин эскерткендей кабылдады* (Бейшеналиев).

КАН ИЧЕР. к. Кан ичкич.

КАН ИЧКИЧ. Киши өлтүргүч, канкор, ырайымсыз, мыкаачы, зулум. *Эгерде комсомол, бул кан ичкич залимдерге карты болсо, мен ага жазылып алсам болмок экен* (Баялинов). *Кыларын кылып коюп кан ичкичтер, Жылмайып четте гана аман калды* (Турусбеков).

В.: Кан ичер. *Ат коюп алыс карап, мылтык атып, Басмачы кан ичерлер келе жатты* (Шамшиев). *Кан ичер жоону жеңүүгө Камданып чыккан калкымдан* (Бөкөнбаев).

Кан соргуч. *Жашасын эзилген эмгекчилер, жоголсун кан соргуч залимдер* (Жантөшев). *Жабыр көрдук бир далай Кан соргучка жем болуп* (Тоголок Молдо). *Аркы чоң араандуу кан соргучтар кыбаасы кана Калпанын эрдигин даңазалашууда* (Бейшеналиев).

Кан ичме. *Шаймердендин кан ичмеси кармап, калтаарыды* (Сыдыкбеков). *Калтырбай жинин жайнаткын, Сен кан ичмеңди карматкьш, как баш* («ЭрТөштүк»). *Өрттөй көзу бек жайнап, Кан ичмеси чын кармап* («Манас»).

КАН КАКШОО. 1. Зар кагуу, зарлаган кейиштүү абалда болуу.*Кан какшап басмачынын азабынан, зарлады муңга батып далай бейбак* (Шамшиев). *Көп сандаган үй-бүлөлөр кан какшап, багар-көрөр кишиси жок темселеп калышты* (Абдукаримов). *Байкуш Сабира жегени желим, ичкени ирим болуп, кан какшап жургөн имиш* (Абдукаримов).

2.Кайра-кайра, улам-улам айта берүү. Кетип жатат туш-тушка, кан какшап угүттөп отуруп ээ боло албай жатабыз («Ала-Тоо»). *Энеси машинага чыгып «Тарастан айрылба деп ыйлап, Ленага кан какшап айткан»* (Баялинов).

3. Зыркырап-сыздап ооруй беруу, жан кейите аябай ооруу. *Бугун менин буту-колум кан какшап ооруйт, кун бүркөө болгондуктан болсо керек* («Ленинчил жаш»).

КАН КЕЧҮҮ. Кандуу майданга катышуу, кан төгүлгөн катуу согушта болуу, урушта болуу. *Мен мында курал кармап канды кечип, Салыштым душман менен эчен ирет* (Абдыраманов). *Кан кечсек өз-өз ара болдук жөлөк, Бир гана жеңсек дейбиз ой жок бөлөк* (Абдукаримов).

В.: От кечүү. *От кечип кан майданда болдук эчен* (Турусбеков).

Өрт кечүү. *Өрт кечип, көрбөгөндү көруп, аман келген экен, кайран досум* («Ала-Тоо»).

КАН КУУ. к. Кун куу.

КАН КҮЙГӨН СОГУШ. Алаамат болгон, ажал менен арбашкан уруш, катуу салгылаш. *Эл элкин ыракаттана жашай баштаганда, карабайсыңбы, каргашалуу кан куйгөн согуштун башталганьш* (Абакиров).

В,: Кан күйгөн жер. *Кан куйгөн жердей алты-саны аман кайтып келген атаңды, аньш досу Алдакулду чакыргыла* («Ала-Тоо»).

КАН КҮЙҮҮ. Катуу кыргын болуу, кан төгүлүү. *Таңга маал катуу атышуу болуп, кан куйуп кетти* (Сасыкбаев). *Кан күйуп, кырчылдаш күчөгөн кезде баруусу зарыл* (Бейшеналиев). *Тыякта жер өрттөнүп, кан күйүп жатса, буякта шапар тээп, сайраңдап жүргөндөр бар* (Абдукаимов).

КАН КЫЗЫТУУ. Делебени козгоо, дүүлүктүрүп, жүрөктү алып учуруу. *Майдандаштарың жер дүңгүрөткөн командалардын коштоосунда кан кызыткан атакалардын шардаанында селдей каптап батышка кетип баратышат* (Жигигов).

КАН МАЙДАН. Өмүр менен өлүмдүн арбашкан жери, кан төгүлгөн согуш, уруш, катуу салгылаш. *Аңгыча согуш чыгьт, эр-булөнүн баары туп көтөрө кан майданга аттанды* (Өмүрбаев).

Кан соргуч. к. Кан ичкич.

КАН-СӨЛҮ ЖОК. Өңүндө кызылы жок, бопбоз, кубарып кумсарган. *Гулайым кан-сөлү жок бозоруп жаак эти шимилген* (Бейшеналиев). *Балдагын өңөргөн, бетинде кан-сөлу жок, отуздарга жакындап калган солдатты аттан көтөрүп түшүрушту* (Абдукаимов).

КАН-СӨЛҮ КАЧУУ. к. Каны качуу.

КАН ТӨГҮЛҮҮ. 1. Катуу кыргын болуу, өлүү. *Кыялында кан төгүлүп жаткан майданга аралашты* (Мырзаев). *Үч жылдан бери кырылышып, кырылышып, кандары төгулүп жатат* (Осмоналиев).

2. Өлүү, ажалы жетүү. *Мумкун башың кесилип, каның төгүлөр* (Жантөшев).

КАН ТӨГҮҮ. Аябай кыргын салуу, өлтүрүү. *Каарданып алыпсың, Канымды төксөң мен мына* («Манас»). *Кара кытай манжу журт Кармашса канын төгөм деп* («Манас»). *Кан төгүүдөн аянбас, жакыны жок жалгыздын* (Осмоналиев).

КАН ТӨГҮШҮҮ. Катуу салгылашуу, урушуу, көп жоготууга дуушар болуу. *Ал эми падыша күч көрсөтсө, кан төгүшүп, жан кыюудан баш тартпайбыз* (Сасыкбаев).

В.: Кан чачышуу. *Өзүңөрдүн кан чачышканыңар эчтеке эмес...* (Бейшеналиев).

КАН ТЫРМАК. Мыкаачы, зулум, канкор, тажаал. *Касымбектей кан тырмак көркоолорго да жазган балээ бардыр* (Бейшеналиев). *Ордолуу Келдибек тукуму илгерки кан тырмак ата-бабаларынын доорундагыдай алыстан кекетип-мокотушту* (Бейшеналиев).

В.: Кан чеңгел. *Тобо, кезегинде кан чеңгел Мусакожо, Калпа манаптар күчтүү эле* (Бейшеналиев). *Кан чеңгел канкорлорго ал экөө тең жек көрүнчү* (Бейшеналиев).

КАНЫ БАШКА ТЕБҮҮ. Ачуусу келип, аябай чыңалып чыгуу. *Көкурөгү ачышып, каны башка тээп, жүрөгү жарылып кетчүдөй түрсүлдөйт* (Айтматов). *Эдигей жүрөгү дүкүлдөй согуп, каны башка тээп, жини ичтен кайнап чыгып...* (Айтматов).

В.: Каны башына тебүү. *Кекенген сезимге ууланган каны башына тээп, мээсин уулантып, азыр бар күчүн жыйнап, ач бел, куу жондо өлгүсү келди* (Айтматов).

КАНЫ БУЗУК. Женил, тез ачууланма, көтөрүмү жок, бир нерсеге тез кыжырланып

кетме. *Сенин андай тамашаңды көтөрө албайт. Анын каны бузук, жеңилип кетет, - деп жанындагы жолдошуна эскертип, аны тыйып отурду* (Абдукаримов).

КАНЫ БУЗУЛУУ. Аябай ачууланууу, чыдамы кетип, кыжыры кайноо. *Өткөн-кеткенди эсине түшүрүп, каны бузулуп кетти окшойт, бир аз желпилдеп барып токтоду* («Ала-Тоо»). *Уурту дирт этип, таноосу кыпчылды, канынын бузулганын туйдурбаска аракеттенди* (Осмоналиев).

КАНЫ - ЖАНЫН АЯБОО. **к. Кан-жанын салуу.**

КАНЫ-ЖАНЫ МЕНЕН. Бүт мүмкүнчүлүгү, чын ыкласы, жандили, абдан берилген. *Алканы-жаны менен даяр экендигин айтты да Асанга кагазды акырын сунду* \ Кыргызстан маданияты»).

КАНЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ. Өтө зарыл болуу, оңойлук менен колго тийбөө, табылбоо, тез эле талап алып кетүү, жерге тийгизбей талашып алуу. *Жакшы китептин каны жерге тийбейт.*

В.: Каны жерге тамбоо. *Азыр андай буюмдун каны жерге тамбай калган.*

КАНЫ ИЧИНЕ ТАРТКАН. Каарданган, кыжыры келген, ызасы ашынган. *Анан сени менен биротоло сүйлөшөм, - деп каны ичине тарткан кашка баш жездеси көпкө кутту* (Саатов).

КАНЫ ИЧИНЕ ТАРТУУ. Ачуусу келип кумсаруу, кыжыры кайнап, өңү бузулуу. *Өзүнүн ички толгоосун байкаткысы келбей, каны ичине тарткансып, купкуу болуп, бирок жай суйлөөгө тырышты* (Абдукаимов). *Тиги таноосу кыпчылган ачкүсөндөй сарынын андан бетер каны ичине тартып, муну тооруп жүрөт* (Өмүрбаев). *Алымды караган сайын таноосу кыпчылып, каны ичине тартат* (Осмоналиев). *Мисирейип, каары сыртына чыгып, каны ичине тартып, өңү купкуу болуп, келини тугул, көзүнө көрүнгөн кишинин баарын жутуп коёр кейпи бар эле* (Эшмамбетов).

КАНЫ КАЙНОО. Ачуусу келүү, чыдамдуулугун жоготуп, кыжыры кайнаган абалда болуу, катуу кызу-уланып кетуу. *Менин каным кайнап, жанымды коёрго жер таппай турганымды командир билди* (Өмүрбаев). *Сокур намысы тээп чыккан Шаршеналы Асылбектин айтканын уккандай да болгон жок, каны кайнап,*

эшикти тарс жаап чыгып кетти (Абакиров). *Эдигей болсо чыдай алчу эмес, талашып тартышып, кызаңдап каны кайнап кетчу (*Айтматов). *Мындай сөздөрдү укканда каны кайнап, муштумдары түйүлчү* (Айтматов).

В.: Каны кызуу. Барган сайын Кебек карыянын каны кызып, урушарга киши таппайт (Байтемиров). *Ошону ойлосом, эми да каным кызыйт* (Байтемиров). *Карт балбандын каны кызып, Куйручукка ачуусу келди* (Бектенов).

КАНЫ КАС. Мурдатан, ата-бабасынан бери душман, эзелтен касташкан жайы бар. *Ошол жакшы көргөн кызынын эле каны кас кишинин инисине катын үстүнө чыкканын укса, намысчыл чал ызадан жарылып кетиши ыктымал эле* (Осмоналиев).

КАНЫ КАТУУ. Тили оозуна батпай абдан суусоо, чанкоо. - *Ичип жибер, балам, - деди Тазабек, - каның катып тургандыр!* (Сыдыгалиев). *Мен абдан жакшымын, бирок каным катып, суусап жатам* (Саа-тов). *Каның катып калса да чыдайсың* (Айтматов). *Ошол калың топтун ичинде туруп, кайдагы суу. Каның катып калса да чыдайсың* (Айтматов).

КАНЫ КАЧУУ. 1. Өңү кубарып кумсарып кетуу, купкуу болуп кетуу (катуу корккон, ачуусу келген абалга карата). *Эмне кыларын билбей каны качып, калтаарып туруп калды* («Ала-Тоо»). *Каны качка!I Эсир тиштенди* (Осмоналиев).

2. Абдан арыктоо, эти качуу. *Кемпир тарбайып каны качкан колдорун серепчилеп бир нерсени караган болот* (Сыдыкбеков). *Малдыбайдын каны качкан өңүн бир карап алды да, Сейитке шашпай сөз узатты* («Ала-Тоо»).

3. Кургай түшүү, тоборсуу (көбүнчө жыгач же башка өсүмдүктөргө карата). *Тээтиги каны качкан карагайдын түбүнө барып токтогула* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Каны-сөлү качуу. *Каны-сөлү качып, калчылдап туруп берди* (Сыдыкбеков).

КАНЫ КОЮЛУУ. Токтолуу, салабаттуу болуу. *Бирок, ар кандай ишке акыл бийигинен карап,*

акыл кеңдигинен сынап, каны коюлуп, ой токтотуп калгандай (Касымбеков).

КАНЫ КЫЗУУ. 1. к. Кызуу кандуу

КАНЫ КЫЗУУ. 2. к. Каны кайноо.

КАНЫ МУЗДОО, ИЧИ МУЗДОО менен бирдей. *Бек ага, - деди каны муздап, тил тийгизбеңиз, аксакалыбызга* (Касымбеков). - Эсиңе кел, удайчы, - деди каны муздай (Касымбеков).

КАНЫНА ЗАБЫН БОЛУУ. Бирөөнүн өлүмүнө, оор кырсыгына себепчи болуу, убалына калуу. *Жок, мен бирөөнүн каньша забын болбоймун* (Аалы).

КАНЫНА СИҢҮҮ. Көнүп кетүү, демейдегидей көрүнүшкө айлануу, кадимкидей эле сезилуу. *Мунун баары көз ачкандан бери канына сиңип абдан маш болуп алган кесиби эле* (Укаев).

КАНЫН ИЧҮҮ. Өлтүрүү, жок кылуу. *Далай-далай азаматтын Куу найза канын ичип, Салган жайлап* (Маликов). *Сиз билбейсиз, Сүйөр аба? Канча активдин канын ичкен? Эмнеге унчукпайсыңар?* (Мияшев). *Анын бүгүн түнү канын ичем деп ант берди* (Акматов).

В.: Канын ууртоо. *Канын ууртабасам, деп кекенди* («Ала-Тоо»). *Анын куну үчүн бүгүн сенин каныңды ууртаймын* («Ала-Тоо»). *Шылдыңдайсыңар ээ?! Каныңды ууртап коёюнбу?!* (Тойбаев).

КАНЫН КАЙНАТУУ. Ачуусун келтирүү, кыжырлантуу, каарын козгоо. *Ал тургай кол мылтыгынан ок чыгарууга чейин барышы тигилердин бир жагынан канын кайнатса, экинчи жагынан ойлонтпой койгон эмес* (Медетов). *Эр намысы канын кайнатып, Жалийге сыпаа какшык жылдырды* (Бейшеналиев). *Сыртынан билгизбегени менен көөдөндө кур санаа буркан-шаркан тушуп, канын кайнатты* (Ашымбаев).

В.: Канын кызытуу. *Анын кычык сөздөрү канымды кызытып, өзүмдү араң токтоттум* («Ленин чил жаш»).

КАНЫН КАКТАБАЙ СОРУУ. к. Кактабай канын соруу.

КАНЫН КӨӨКӨРЛӨӨ.

Бардыгына бел байлоо, тобокелге салып иш кылуу, өлүмгө башын тигип коюу. *Канымды көөкөрлөп согушка барып келдим* («Ала-Тоо»). *Бай, манаптарга каршы каныңды көөкөрлөп коюп күрөшкөнүң үчүн сени сөгө турган ким экен?* (Сыдыкбеков).

В.: Канын көөкөрдөө. *Көөкөрдөп төктү канымды, Көп кетирди алымды* (фольк.).

КАНЫН КЫЗЫТУУ. к. Канын кайнатуу.

КАНЫН СОРУУ. к. Кактабай канын соруу.

КАНЫН СУУДАЙ АГЫЗУУ. Кыргын салуу, аябай катуу салгылашуу.

В.: Канын суудай төгүү. *Кыздын кан куугандары болсо, соту жок эле канын суудай төгөт, - деди танкист* (Абдукаимов).

КАНЫ-СӨЛҮ КАЧУУ. к. Каны качуу.

КАНЫ СУЮК. 1. Токтоло элек, өкүм, чогоол, жеңил. *Каны суюк балдарга Атышарга жаа бербе. Каны суюк жаш бала Кагыша кетип жүрбөсүн* (фольк.). *Бала баатыр жалгызым, Каны суюк жаш бала* («Кур-манбек»).

2. Кыялы чатак, албуут, опурулма, кызуу кандуу. *Каны суюк Токбай уулу* (Бектенов). *Кээ бир каны суюк кишилер чыдай албай кулагын басатко?* (Байтемиров).

КАНЫ СУЮЛУУ. Ачуусу келүү, жини келип, кыжырлануу. *Баята дан бери көп сүйлөп, эмне кыларын билбей, ар кимдерге асылып, каны суюлуп турду* (Абдукаимов).

КАНЫ ТАШКЫНДОО. Өзүн-өзү токтото албай алеп-желеп болуу, токтоно албоо, жүрөгү алып учуу. *Седептин каны ташкындап, эмне кыларын билбей, аркы-терки басып турат* (Каимов). *Көз ирмемге бир кездеги эне-баланын каректери чукул жерден чагылыша түштү. Денелери дүркүрөп, каны ташкындады* (Исмаилов).

КАНЫ ТӨГҮЛҮҮ. Кыргынга учуроо, катуу кагылышка кабылуу, өлүмгө туш болуу. *Демонстрация, стачка маалында далай жазыксыз дардын каны төгүлгөн* (Ашымбаев).

КАҢГЫ БАШ. 1. Башы катып, эмне кыларын билбей калгандык. *Эки жол айры болсо, ит башы каңгы болот* (макал).

2. Каңгып жүрө берме, байыр алып жашар жери жок, дейди. *Сен, качанкыга чейин каңгы баш болуп жүрө бересиң, ордуңду тапсаң боло, - деп атам абдан жемеледи* («Ала-Тоо»).

КАҢЫЛЖААРДЫ ЖАРУУ. **к, Каңылжаарын жаруу.**

КАҢЫЛЖААРЫН ЖАРУУ. Мурунду жарчудай кескин жыт келүү, катуу жыттануу. *Буруксуган жемиштердин жыты комнатанын ичине тарап, каңылжаарды жарып жиберди*(Бейшеналиев). *Кычкыл жыт чабандын каңылжаарын жара берди* («Чал-кан»). Эринге тийгенде каңылжаарды жарып, жутканда көздү ала чакмактаткан бозодон эки-уч сыйра көтөрүштү (Бейшеналиев).

В.: Каңшаарды жаруу. *Сур эттин жыты каңшаарды жара баштады* (Осмоналиев). *Буруксуган жыпар жыт Тойбайдын каңшаарын жарып жиберди* («Чалкан»).

Каңылжаарын өрдөө. *Көк чөптүн жыты каңылжаарын өрдөдү* (Осмоналиев).

КАҢЫРЫГЫ ТҮТӨӨ. Катуу кейүү, бир нерсеге зээни кейип, катуу кайгырып жиберүү. *«О согуш, согуш! - дедим каңырыгым түтөп. - Деги сенин кылбаганың калдыбы?!»* (Жигитов). *Өмүрү акиташ көрбөгөн дубалды, төбөсүтүшкөн үйдү көрүп, каңырыгы түтөгөн* (Сыдыгалиев). *Негедир каңырыгы түтөп, башын чайкайт* (Тойбаев).

В.: Каңыры түтөө. *Эки атты көргөндө Султанмураттын каңыры түтөп кетти* (Айтматов).

КАПАРЫНА АЛБОО. Тоготпоо, маани бербөө, анчалык көңүл бурбоо. *Аны эч ким капарына албады* (Бейшеналиев). *Курмановдун азыркы тийишкенин анчалык капарына албагандай* (Бейшеналиев).

В.: Капарына келбөө. *Көйнөк, дамбалым шүүдүрүмгө чыланып, асты жагыман сыз өтүп жатканы да капарыма келген жок* (Жигитов).

КАПКАН БУЗУП, ТУЗАК ҮЗГӨН. Жеткен шылуун, ашкан куу, шум. *-Капкан бузуп, тузак үзгөн сенби?! же менби?!...* («Ала-Тоо»).

КАПТАЛЫНАН КҮН КӨРҮНҮҮ. Абдан арыктоо, кыржыйып өтө арык, алсыз абалда болуу. *Баккан малдарынын капталынан кун көрүнүп турса, анан кайсынысына бордоо совхозу деп айтабыз* («Чалкан»).

КАПШЫТЫ ЧЫГУУ. Ток пейил тартуу, көңүлү тоюу. *Паризек Бертанын караанын көрүп эле, капшыты чыга түштү* (Ашымбаев) .

КАРА АЛАМАН. Чаң-тополоң, будун-чаң. *Кара аламан чабуулда Кайсы экени билинбей* («Эр Табылды»). *Наркы күңгөйгө чыгышса, бияктагыдан өткөн кара аламан* (Бейшеналиев) .

КАРААН-БУТА БОЛУУ. Ээлик кылуу, көз салуу, кайтаруу, көзөмөлдөө. *Андан көрө эми сен «Мазар-Ташка» караан-бута бол, ээлик бол* (Кыдырмышев).

КАРААН КЫЛУУ. к. Кара тутуу.

КАРААН ТУТУУ. к. Кара тутуу.

КАРААНЫ ТИЙҮҮ. Жардамы болуу, аркасы тийүү, көмөк көрсөтүү. *Катын да болсо бейбактын бир карааны тиер бекен деп, Журом Айчүрөккө дем байлап* («Сейтек»).

КАРАН ТҮН БАШЫНА ТҮШҮҮ. к. Башына каран түн түшүү.

КАРА БАСУУ. 1. Көзү бозоруу, эс учунан тануу. *Анын төрөту кыйын, дайыма төрөгөн сайын кара басат* («Советтик Кыргызстан»). *Катынын кара баскандай, Айкырыкты салды Карагул* («Сейтек»). *Кыйкырыгы баш жарып, катынын кара баскансып, куугуну жаңы качкансып* (фольк.).

2. Кырсык басуу. *Канды кара басканда калыстыктан адашат* (Жантешев). *Кара басып калбаса, Кантип Бермет айтты экен* («Саринжи-Бөкөй»). *Кара басып, кайдан гана бардык экен* (Бердикеев).

КАРА БАШЫ. Жалгыз өзү, жеке өзү, өзү гана. *Жан соогалап*

комуз чертип берип зорго кара башы кутулду (Бейшеналиев).

В.: Коколой башы. *Тазабек коколой башы жүргөн молдокенин сазайын окутуп коюсу ыктымал* (Сыдыкбеков).

Кара жаны. *Өздөрүнүн кара жанын ала качышты* (Саатов).

КАРА БАШЫЛ. Адам, адамдын өзү. *Мен азыр кара башыл киши издеп чыктым* (Сыдыкбеков). *Кара башыл адамдан байге сайышы да ыктымал* (Жантөшев). *Кара башыл кишини Байгеге саяр ою бар* («Манас»).

КАРА БАШЫН САЮУ. к. Башын саюу.

КАРА БЕТ. к. Бети кара.

КАРА БЕТ БОЛУУ. Уят болуу, маскара болуу, шермендеси чыгуу. *Кара бет болуп кантип барам?* (Абдукаимов). *Кара жолтой, кара бет болдуң, эшиктен үйгө башын, кире электе эриңди жалмадын*, (Жантешев). *Анда ата-энеси кара бет болуп, өзү тозокто жалбырттайт да* (Осмоналиев).

КАРА БЕТТИК. Уятсыздык, жүзү каралык, ары жоктук, маскаралык. *Мен өзүмдүн кара беттигимди жашырып, өзүм менен кошо алып кетким келбейт* (Убукеев).

КАРА БОЛУУ. Жөлөк, тирек болуу, арка болуу. *Элге кара болуп турсун үчүн эр Эшимди жигиттери менен Ала-Букага таштап, Исхак Чаткалга ашып кетти* (Касымбеков).

КАРА БООР. 1. Бөлөк өсүп, өзүнүн тууган-туушкандарына кайдыгер болуп калган. *Жаман чапан кийгиздим Катыгып адам болсун деп, Кара боор жүргуздүм* (фольк.). *-Аялыңда кеп жок, кеп кара боор жолдоштордо* (Алышбаев) *Бир көргөн киши жеткен түнт, кишиге ымаласы жок, кара боор дегидей* (Алышбаев).

2. Таш боор, ырайымсыз, боору таш, адамкерчилиги жок. *Адамдын тагдырын кандай кара боор акчага сатат* («Ленинчил жаш»). *Артынан бала ээрчибеген кара боор как баштан опо таппайсың* (Укаев). *Чыныкан өзүнүн кара боор, катуулугуна ушул айткануу сөздөрүнө өкүнгөн жок* (Абдукаимов).

3. Кедей, колунда жок, жарды. *Кара боор адамдын кызы ыпча жакта жүргөнү жакшы* (Сыдыкбеков). *Ага кара боор журт илгеритен багьшган* (Сыдыкбеков).

КАРА ДАЛЫ. Турмушка чыгар маалынан өтүп калган, жашы өтүп кеткен кыз. *Бир эсептен сиздики туура, минтип кара далы болуп калдым* (Тойбаев). *Кара далы бойдон калсам да, суйуусуз турмуш курбайм* (Борбиев). *Же кара далы болуп отура бересиңби?* (Борбиев).

КАРА ЖААК. 1. Чечен, сезмер, жаагын жанып мыкты ырдаган текме акын. *Кара жаак, жез таңдай, Кайраным, Током, аманбы?* (Токтогул). *Кара жаак, жез таңдай, Ырчы чечен аралаш Баары келсин тоюна* («Манас»). *Экинчиси -Чүйдөгүкара жаак Калмурза, ал шордуу кошоматчылыгынан тапты* (Бейшеналиев).

2. Тилдүү, ооздуу, шакылдаган, сүйлөөк, тажаал. *Тил-ооздуу какшантан бир кара жаакка жолуксам кантет элем* (Саатов). *Ушундай кара жаак катын болот экен ээ?* (Бердикеев). *Саат баскырдын үйүнө барбаганда бул кара жаак катынга ка-былбай калат белем?* (Бердикеев).

КАРА ЖАН. к. Кара баш.

КАРА ЖАНДЫ КАЛКАЛОО. Керт башын коргоо, өз кызыкчылыгы үчүн аракеттенүү. *Үйүңдөн чыкса «капарың», Кара жанды калкалап, мындай качып кутул акырын* (Тоголок Моддо).

КАРА ЖАНДАН ТҮҢҮЛҮҮ. Аябай коркуу, үрөйү учуу, жүрөгү түшүү. *Туткундар кезек эми бизге келди дешип кара жандан түңүлүштү* (Осмоналиев).

КАРА ЖАНДЫ КАРЧ УРУУ. Бардык күч-кубатын, мүмкүнчүлүгүн жумшоо, тынбай аракеттенүү, жаны тынбай, тынымсыз катуу иштөө. *Кара жанды карч урган Жаркынбай там-таштуу, мал-жандуу, очор-бачар* (Бейшеналиев). *Мен биякта кара жанды карч уруп ага акча жөнөтүп турсам* (Бердикеев). *Жөндөн жөн эле далбастап, кара жанды карч уруп кыйнала бергиле* (Медетов). *Ошого бир шыпаа болор бекен деп кара жанды карч уруп жүрүп, мобу оокатты таптьт эле* (Саатов). *Кара жанды*

карч уруп канча күйбөгүн, өгөйдөн убай буйурбайт (Айтматов).

В.: Жанды карч уруу. *Жанды карч уруп иштедик* («Ала-Тоо»). *Жанды карч уруп окуп, акылды байытуу керек* (Бейшеналиев).

Кара жанын карч уруу. *Сүрөтчүлөргө дайыма иш табылат, ар бир мекемеде, ишканада жумуш чыгат, Асек кара жаньш карч урду* (Борбиев). *Куу турмуштун айынан жердин жети түбүнөн оop келип, кара жаньш карч уруп иштеген колу жөндүү адамдар* (Бейшеналиев).

КАРА ЖАНЫН САБАЛОО. к. Жанын сабоо.

КАРА ЖАНЫН ҮРӨӨ. к. Жанын үрөө.

КАРА ЖАНЫНАН КЕЧҮҮ. к. Жандан кечүү.

КАРА ЖАНЫН ООЗУНА ТИШТӨӨ. к. Жаньш оозуна тиштөө.

КАРА ЖАНЫН САБАЛОО. к. Жа -нын сабоо.

КАРА ЖАНЫН ҮРӨӨ. к. Жанын үрөө.

КАРА ЖЕМСӨӨ. Жегичичкич, алдым-жутум, паракор. *Баягы кара жемсөөлөр дагы мыкаачылыгын карматкан экен ээ!* («Ала-Тоо»). *Токтогул өз очогуна кул тартма, кара жемсөө, зордукчул, ырайымсыз болушбийлерди ачык сынакка сала баштады* (Касымбеков). - *Золим, кара жемсөө деп, жаңы эле бий атпайга, болуш атпайга кинээ айтып, күнөө коюп журөсүң* (Касымбеков).

КАРА ЖЕРДИ ЖАРУУ. Катуу кыйкыруу, өкүрүп-бакыруу. *Калың эл эл укту коюп кайтканда, жалпы өкүрүк кара жерди жарып кете жаздап, анан айылды бут тымтырс каптады* (Эшмамбетов).

КАРА ЖЕР ТАРДЫК КЫЛУУ. 1. Абдан сүйүнүү, катуу толкунданuу, кубанычы койнуна батпоо. *Төбөм көккө жетип, кара жер тардык кылып, кайда батарымды билбей турганымдыкер*! (Эшмамбетов).

2. Айласы кетүү, эмне кыларын билбөө (көбүнчө уят болгон учурга карата колдонулат).

КАРА ЖИН. Абдан катуу ачуу, каар. *Шатмандын топон суудай бир келген кара жининен чочуладыбы, тек каяша кылбай ал отуруп берди* (Акматов).

КАРА ЖИНИ КАРМОО. Буркан-шаркан түшүп катуу ачууланууу, каарын төгүү. *Айласы кеткен жаш акын эми кара жини кармаган адамга долуланып өзү мыкты деп түшүнгөн ырларын үстөккө босток окуп кирди* («Кыргызстан маданияты»). *Ошондон улам ыза болгон байкуш апамдын кара жини кармай кетти окшойт* (Акматов).

КАРА ЖОЛТОЙ. Жамандыкты, кырсыкты кошо ала келе турган, жолу катуу. *Каалабасаң кара жолтой немени талкалап сал* (Медетов). *Кара жолтой болдуң, эриңди жалмадың* (Жантөшев). *Маа калганда Чүрөктүн Орою суук кеби бар, Кара жолтой шуркуя сала турган чени бар* («Сейтек»).

КАРА ЖОЛТОЙЛУК. Жолу катуулук, жамандыкты, кырсыкты, бактысыздыкты алып келе тургандык. *Кара жолтойлуктан качан болсо жамандыкты ээрчите келесиң* (Баялинов). *Кожоюндарым бул кырсыкты менин кара жолтойлугуман болгондой көрүшөт* (Элебаев).

КАРА ЖҮЗДҮҮЛҮК. Уяты жоктук, шермендечилик. *Мына ушул калп, алдамчылык, кара жүздүүлүктү Жолболдуев жашырып-жаппай, уялып да койбой Качыкеге ачык айтты* (Абдукаимов).

КАРА ЖҮРӨК. Ниети бузук, кара санатай, оң санабаган, кара ниет. *Кара жүрөк-залимдер кайыштай кести демимди* (Токтогул). *Кара жүрөк Канчоро Кан болуп бийлик жүргүздү* («Семетей»). *Ошондо жылкы адамдын канаты болуп турганда чыгыштан селт этпес, кара жүрөк кан ичээр кол башчылар чыгат* (Осмоналиев).

В.: Кара көңүл. *Кара көңүл адамдан Бөлө жүр дайым чегиңди* (Жантөшев). *Кара көңүл Канчоро Байтам-бардай Бакайга каарын төгүп кордуктап* («Сейтек»).

Кара ниет. *Адам бактысын байлаган кара ниет тажаалдар чыккан* (Жантөшев). *Алар кара ниет эмеспи?* (Медетов).

КАРА КАГАЗ. Согушта курман болгондорду билдирүү үчүн жиберилген кабар. *Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен* (Айтматов). *Балдарынан кара кагаз алгандан кийин таенем алма багына карабай айыл арасына көчүп барды* («Советтик Кыргызстан»). *Кырк үчүнчү жылы күйөөсүнөн кара кагаз алган* (Мырзаев). *Жакында эле кара кагаз алып, күйөөсүнөн айрылып* (Айтматов).

КАРА КИЙИНҮҮ. к. Кара кийүү.

КАРА КИЙҮҮ. Кара жоолук салынып, кара кийим кийип аза күтүү. *Мен жыйырма тогузумда кара кийингемин* (Медетов). *Жалгыз бой калган Зейнеп кара кийип бир аз отурган соң, жан багыштын аракетинде баласын колдон жетелеп алып тамчыларга кошулган болчу* (Айтматов).

КАРА КӨЗҮ. Дал өзү, нагыз өзү. *Бузукунун кара көзү экен, Бузуп айткан жалган сөзү экен* (фольк.).

КАРА КӨЗҮ КАШАЮУ. Оор кырсыкка, чон жоготууга дуушар болуу. *Балам өлүп, кара көзүм кашайгандан бери, ошонун досторун эш тутуп жүрөм* (Бердикеев). *Бизди кудай урду, кара көзүбүз кашайды* (Казакбаев). *Соо калтырбайт ко, кудурет, кара көзүмдү кашайтып* (Бердикеев).

В.: Көзү кашаюу. *Көзүм ушинтип кашайбадыбы! - деди Ажар Айнанын жүзүн аймалай бакырып* (Жоошбаев).

КАРА КӨЗҮН КАШАЙТУУ. Чоң кырсыкка учуратуу, шорун катыруу, түбүнө жетүү. *Ач бел, куу жондо жат көзүнө бир тууган болбосок, катын жандуу сарттар кара көзүбүздү кашайтат* (Сыдыкбеков). *«Кокуй, кара көзүмдү кашайтып кеткенбии, кокуй?!» деген жаман ою менен ичкери жулунуп кирди* (Касымбеков).

В.: Көзүн кашайтуу. *Маа караба, балам, кутулуп кеткиле, колго түшсөңөр көзүңөрдү кашайтат* (Сыдыкбеков).

КАРА КӨҢҮЛ. к. Кара жүрөк.

КАРА КӨҢҮЛ БОЛУУ. Жүрөгү айланып, өзүн начар сезүү, көңүлү айнып кускусу келүү. *Энем*

эки күндөн бери кара көңүл болуп, эч нерсеге кызыкпайт, көлөкөдөн чыкпайт («Ала-Тоо»).

КАРА КӨҢҮЛҮ КАРМОО. Көңүлү карануу, ниети бузулуу. *Кара көңүлү кармаса, бербей коёт* («Ала-Тоо»). *Кара көңүлү кармаса, атасын сен дейт* («Кыргызстан маданияты»).

КАРА КӨПӨЛӨК АЙДОО. Кырсык, мээнет чырмоо. *Элди кара көпөлөк айдады.*

КАРА КУРСАК. Жалаң караандай курсагы үчүн иштеп, эптеп жанын баккан адам. *Үйдөгүлөрдүн көбү өзү болжогондой ушу тегеректеги кара курсактар экен* (Сыдыкбеков).

КАРА КҮЧКӨ. Калп эле, курулай. *Кайын атам кара күчкө жайымды сураган болду да чыгып кетти* («Ала-Тоо»). *Кара күчкө каткырып күлдү* («Советтик Кыргызстан»). *Муну ушан ата-эне уулун кара күчкө кыстап, адабият китептерин күнүгө эки маал окушат* («Чалкан»). *Ал бир жаман ой ойлоп, кара күчкө күлдү* (Абдукаимов).

КАРА КЫЛДЫ КАК ЖАРГАН. Бардыгына бирдей калыстык кылган, эч кимге жан тартпаган. *Ушул Алапайдын бир ыгын келтирип бергиле, эмгегиңер эсте. Кара кылды как жарган калыссыңар* (Өгөбаев). *Бердиштей кара кылды как жарган калысты кайдан табасыңар?* (Ш.Үмөталиев). *Кара кылды как жарып акыйкатты туу кармаган бийлер, Аргын менен Тезекбайдын мээнети сиздердин колуңуздарга түштү* (Өгөбаев).

КАРА МАЛ Уй, төө, жылкы сыяктуу ири мал. *Кара мал алтын, күмүшкө Калктын башы адашты* («Манас»).

КАРА КЫЛУУ. к. Кара тутуу.

КАРА МҮРТӨЗ. Кыялы терс, таш боор, кыянатчыл, адамга жакшылык кылбаган. *Киши кара мүртөз, киши ак көңүл - дааналана берет* (Осмоналиев). *Өзүң деле байкагандырсың, жеткен кырс, кара мүртөз неме* (Бердикеев). *Мен кара мүртөз, таш боормун* (Абдукаимов).

КАРАНДАЙ СУУК. Жаан-чачын болбой, кар жаабай, күн ачык болуп тургандагы өтө

катуу суук, ызгаар. *Кыймылсыз селдейип тура калсаң өпкөдөн еткен карандай суук колдоруңдун учтарын, беттериңдин отун ийне менен сайгандай тызылдатып иет* (Кыдырмышев).

В.: Кара суук. *Ту деген түкүрүк жерге түшпөй тоңуп, жаланган кара суук колу-бетти аймалайт* (Бердикеев).

КАРА НИЕТ. к. Кара жүрөк.

КАРА НИЕТТИК. Кара санатайлык, ою бузуктук, ниети жамандык. *Алар кара ниеттик кылышып, азык-түлүктөрүн катып коюшкан* (Бектенов). *Кара ниеттик менен ак ниеттик атам замандан бери кармашып келе жатыптыр* (Бердикеев). *Ал эми арамзалык, кытмырлык, кара ниеттик сыяктуу уюткусу күчтүү болсо, андайлар деги эле өзгөчө өгөй учурап кыйын-кыстоо учурунда жамандыкка өлчөбөй койбойт экен!* (Медетов).

КАРАН КАЛУУ. Эч кароосуз, багуусуз, жалгыз калуу. *Каран калган жетимим, Каран түндү салбагын* («Сейтек»).

КАРАН КҮН! Өтө кайгырганда, чочуп кеткенде, аябай коркконду, катуу нараазылыгын билдиргенде колдонулат. *Эмне дейт каран күн, кудай? Каран күн, айта көрбө! Ысмайыл акемен кара кагаз келди... Каран күн түштү биздин үйгө* (Мырзаев). - *Эй, каран күн, бизге кошоматтан башка, чокубузду колу буз менен калкалаштан башка арга калган жок беле?...* (Касымбеков).

КАРАН КҮН ТҮШҮҮ. Кырсык чалуу, балакет басуу, кайгы каптоо, азап чулгоо. *Келин ошентип башындагы бактысына ишенип-ишенбей кыйды болуп турган чакта капыстан кырсык басты да, кайрадан каран күн түштү* (Акматов).

КАРАН ТҮН. Кыйынчылык, чоң кырсык, өтө оор абал. *Калдайган калктын башына каран түн мынча келе элек* («Манас»). *Туйгундардан айрылып, Каран түн түштү Манаска* («Манас»). *Карындашым Зууранын башына каран түн түшүптүр* («Кыргызстан аялдары»).

В.: Кара түн. *Жалпы эле Журттун башына кара түн түшүптүр* (Бектенов).

КАРАҢГЫДА КӨЗ ТАПКАН, КАПИЛЕТТЕН СӨЗ ТАПКАН. Өтө кыйын, айлакер, амалкөй. *Бир үйдө караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан чечен бу түшкөн дүйнөнүн бир жери кем, бир жери сөлпүк экенин байкады* (Көчкөнов).

КАРАҢГЫ ЖАМЫНУУ. к. Түн жамынуу.

КАРА ООЗ. 1. Абдан каардуу, кишиге тайманбай кол салма, коркунучтуу (жырткычтарга карата). *Кара ооз аюуга катылса, чайнап салат* («Ала-Тоо»).

2. Тили суук, албуут, ажаан. *Кандай кара ооз неме эле, жаагын басып койсоңорчу. Ак кемпир жалакор, кара ооз катындын сөзүн кулагына илген жок* (Укаев).

КАРА ӨЗГӨЙ. Чыр, чатак, кыянатчыл, кара санатай, уят-сыйыты жок, жандими. *Маркум атасы жакшы киши эле, уулу кайрымы жок кара өзгөй чыкты* (Жусупов). *Салыймага Бозгунчудай кара өзгөй күйөө керек беле?* (Егиналиев). - *Кийин кол бошогондо куран окутарбыз, - деп кара өзгөй жардыгын ашырды* (Бейшеналиев).

КАРА ӨЗГӨЙЛҮК. Кара санатайлык, катаалдык, кыянатчылык, уятсыздык. *Ушул жерде да кара өзгөйлүк кылдым, наадандык кылдым* (Мырзаев). *Тазабек кара өзгөйлүгүн карматса, өз элинен алыста, бөтөн жерде коколой башы жүргөн молдокеңдин сазайын окутуп коюшу ыктымал* (Сыдыкбеков). *Кара өзгөйлүк менен алган акчасын кайтарып төлөй турган болгондо Молдакунов прокурор Жумабаевге мөгдүрөп барган* («Чалкан»).

КАРА ӨЗӨК МААЛ. Оокат-аш тартыш болуп турган үзүмчүлүк мезгил. *Кайын атам кара өзөк маалда урушка кеткен экен, ошол бойдон кайтып келе элек* («Советтик Кыргызстан»).

КАРА ӨПКӨ БОЛУУ. Ооруп калуу, илдетке чалдыгуу. - *Базарга жете электе эле кара өпкө болуп ооруп калды, - деди Элебес* (Мидин Алыбаев).

КАРАП ЭЛЕ ТУРГАНДАЙ. Өтө кооз, абдан сулуу, бөтөнчө жарашыктуу. *«Чымын көчөт», «килем көчөт» менен чырмалган чийлер карап эле тургандай* (Ш.Үмөталиев).

КАРА СААТ. 1. Ак санабаган, кара санатай, кара ниет, шум. *Каргышы ката кетпеген кара саат жан экен* («Эр Төштүк»). *Каап, кайдан кара саат сенин «мөлтүрөгүнө асыл» деген тилиңе кирдим эле* (Бейшеналиев).

2. Абдан кыйын, кырсыктуу, татаал, азаптуу деген мааниде. *Карыспандын кара суусу бар Кара саат ушу бар* (фольк). *Кара саат жолу бар* (фольк.).

КАРА СААТ ЧЫРМОО. Кырсык каптоо, балакет басуу, азапка туш болуу. - Молдо дос, даты кара саат чырмады (Бейшеналиев).

КАРА САНОО. Бирөөгө жамандык издөө, кара ниеттик, кыянаттык кылуу. *Анын эмне мага кара санай турган жөнү бар?* (Байтемиров). *Бардыгыңар кулагдар болуп койгула, бизге кара санап, көпүрөөнү бузган ким?* (Жантөшев). *Кара санаганды өлгөндөй жек көрөм* (Бектенов).

КАРА СУУГА КАН КУЮУ. Бүлүндүрүп жиберүү, бүлгүнгө учуратуу. *Кара сууга кан куйган Бир канкорду тууган бейм* («Манас»).

КАРА СУУДАН КАЙМАК АЛУУ. Өтө эпчилдик, айлакерлик иш кылуу, ар нерсенин ыгын, амалын таба билүү. *Бирок элдин мүлкүнө суук колун салып, кара суудан каймак алгандардын машинасы биринчи эле бурулушта бузулду* («Советтик Кыргызстан»).

КАРА СУУК. к. Карандай суук.

КАРАСЫН АЛУУ. *этн.* Жыл маалына жеткенден кийин аза күтүү убагында кийген кийимин чечтирип, башка кийим кийгизүү (көбүнчө күйөөсү өлгөн аялдарга карата). *Салт ушундай, төркүндөрүн чакыртып, Айзааданын карасын алып, кааласа башын ачып, руксат кылышы ыктымал* (Касымбеков).

КАРА ТАЛАШУУ. Бирөөнүн жардамын күтүп, жанын калкалоого, кыйынчылыктан кутулууга аракеттенүү, жан аргасын издеп далбасалоо. *Эл кара талашып, алактап кетип баратып, Муз-Арттын күркүрөгөн суусуна көчмөчү менен чуркурап кириште* (Элебаев). *Ал кара талашып жуушап жаткан койду аралай чуркады* (Аалы).

КАРА ТАМАН. Кедей, кембагал, жарды, колунда жок, томаяк. *Мандикерликке баруу кара тамандардын иши* («Ала-Тоо»). *Кара таман кедейлер, жалпы түшкүн оң жолго* (Тоголок Молдо). *Кара тамандар Тоозактын сөзүнөн чыгышпайт* (Абдукаримов).

КАРА ТАШТЫБЫ! Балакеттиби! (бир нерсенин орундалбай, ордунан чыкпай тургандыгын күчөтүү, таасындоо маанисинде колдонулат). *Карганы күйкө кара ташты алсынбы? Кара ташына арман кыласыңбы? Заман азыр кедейдики* (Каимов). *Кенде кара ташты бычак болсунбу?*

КАРА ТЕКЕ СҮЗҮҮ. Ойдо жок жерден кокустук болуп, кырсыктап, бузулуп, ордунда болбой калуу. *Кара теке сүзгөндө, каргашалуу куржунду кайдан ала койдум эле* (Саатов). *Жетимиштеги пенсионерди кайсы кара теке сүзүп жүрөт?* («Советтик Кыргызстан»). *Бул жерге кайсы кара теке сүзүп келдим экен* («Чалкан»).

КАРА ТЕР БАСУУ. Катуу кыйналып, көл-шал түшүп тердеген абалда болуу. *Сөөктөрү кара тер басып, бирок уйкуга карамыгып, көзү бир аз илине калды* (Бердикеев). *Кайра аркасына чыгып бастыра албай кара тер басты* (Абакиров).

В.: Кара терге түшүү. *Мени кыздын ыры шердентип ийди, кара терге түшүп кар күрөдүм* (Жусупов). *Ит үрсө терезеден көчө карап Калича кара терге түшүп турган* (Абакиров).

КАРА ТИЛИН КАЙРАГАН. Чечен, сүйлөгөн, жаагын жаныган, какшаган. *Кара тилин кайраган Калың топко сайраган* («Манас»). *Кара тилин кайраган Кан алдында сайраган* («Манас»).

КАРА ТУМАНДАЙ КАПТОО. Өтө көп болуп каптап кетүү. Арпадан кол жуудук, чегиртке кара таандай каптап кирди (Бердикеев).

КАРА ТУМШУК. Бактысыз, байкуш, ырысы жок, шордуу. *Уйкучулугуна жараша бул кара тумшуктун соргоктугун кантейин* (Убукеев). *Ошо кара тумшук, куу аяк, Качырып жоого кире элек* («Сейтек»). *Кара тумшук жайнагыр, «Калк меники» деп чыгат* («Семетей»).

В.: Куу тумшук. *Баягы куу тумшук бала энесине кетип калган тура! - деп Сыпай жеңе арыздана кетти* (Убукеев).

Кем тумшук. *Бул кем тумшуктун кылганын кара* («Ала-Тоо»).

Тумшугу жок. О, тумшугу жоктор, тургула! - деген Бурманын катуу дабышы менен селт ойгонуп кеттим (Элебаев).

Тумшугу тайкы. *Туулгандан жалгыз кыз, тумшугу тайкы мен элем* («Курманбек»).

КАРА ТУТУУ. Бирөөгө ишенүү, ага таянып бел байлоо. *Аны эмнегедир жанатан бери Шааркан ичинен кара тутуп калган* (Мавлянов). *Токтогул кекенген манаптардан жалтанбай, аны кара туткан калың элди чыйралтып октолгон ырды жаадырды* (Бейшеналиев). *Жалгыз сени ээрчип, жалгыз сени кара тутуп, жалгыз сени эл да, туулган жер да тутунуп, ыргыткан ит шыбагы менен күн өткөрүп жургөн* (Касымбеков).

В.: Кара кылуу. *Кара кылып кармаган, Кадимки эр Чубактан айрылдым* («Манас»). *Эгиз козудай ээрчишкен балдары аны кара кылышат* («Советтик Кыргызстан»).

Каран кылуу. *Сенден башка караан кыларым жок* («Ала-Тоо»). *Караан кылды деп уктум, Аты ургаачы Куялы...* («Сейтек»)

Караан тутуу. *Силерди киши деп, караан тутуп, ишенип жүргөн мен акмак* (Медетов). *Күйөөсү үйүнө келе калса, эмнегедир аны караан тутуп, ага жан тартчу болду* (Медетов).

КАРА ТҮН. к. Каран түн.

КАРА ЧАБУУЛ. Чапкылаган катуу жүрүш. *Мурункудай кара чабуулга салбай, аттарды теминише зыпылдатып бастырып баратышат* (Жантөшев). *Ырысы жоктун аты кара чабуулда жүгүрөт* (макал).

КАРА ЧАБУУЛГА ТҮШҮҮ. Дүрбөлөңгө түшүү, бүлүнүү, бүлүк түшүү. *Адамдар кара чабуулга түшүп издебесе, менин дагы конгум келер эле. - деди Абдылас* (Эсенканов). *Убаданы бек аткарган ал уйчу Нускени кара чабуулга түшүп издегендерге төртүнчү күнү айтат* (Осмоналиев).

КАРА ЧЕГИРТКЕДЕЙ КАПТОО. Ченемсиз көп болуп жабыла кирүү, быкбырдай кайнап басып калуу, өтө көп болуп жайнап кетүү. *Сибирь жактан актардын колу кара чегирткедей каптап кирди* (Эшмамбетов).

КАРА ЧЕЧЕКЕЙ. Абдан, өтө жакын, өз көзүндөй болгон, анык, чыныгы (туугандык, жакындык жөнүндө). *Мен, Аманбектин кара чечекей агасы Кожекемин* («Чалкан»). *Мен сени кара чечекей бир тууганымдан артык көргөмүн.* (Бердикеев). *Байымбет кара чечекей боордошундай кам жеп, үйрүлгөн досуна ыраазылыгын айкындады* (Бейшеналиев).

В.: Кара чечекейдей. *Кара чечекейдей болгон, өзүнүн көздөй кишисин алып келди* («Бишкек шамы»).

КАРА ЧЫЧКАН АРАЛАТУУ. Мамилени бузуу, ортосуна от жагуу, араздаштыруу. *Таттыгүл кантсе да Мубарек экөөбүздүн ортобузга кара чычкан аралатып, студенттик кезден берки сыйлуу-сыпайы аралыгыбыздын бекем дубалынын кайырын чайыр кылып, заматта бузду да кетти окшойт* (Казакбаев).

КАРА ШАРШЕМБИ. Оор күн, элдик ишеним боюнча бул күнү иш кылууга, жол жүрүүгө болбойт. *Кара шаршемби күнү да мен аны бүтүрүп коём.*

КАРА ЭЛЕЧЕК КЫЛУУ. Эр бүлөсүнүн баарын өлтүрүп, аялдарын жесир калтыруу. *Каптап журтун кырамын, Кара элечек кыламын* («Манас»). *Кыргыз бүткөн баарысы Кара элечек болду де* («Манас»).

КАРА ЭТТҮҮ. Тез арыктай турган, этин бир калыпта сактай албаган, борпоң, бош (көбүнчө жылкыга карата). *Кара эттүү мал экен, бат эле арыктап кетти.*

КАР БАСУУ. Бир жашка чыгуу, бир жаш болуу (элдик эсеп боюнча бир кар басуу - бир жашка чыккандыкка барабар болгон). *Учар көп жашады, он алты кар басты* («Ленинчил жаш»).

КАРГА БОК ЧОКУЙ ЭЛЕКТЕ. Эртең менен эрте, таң заардан, таң азандан. - *Кеттиби карга бок чокуй электе? - Кетти* («Кыргызстан маданияты»). - *Эл-журт тынчылыкпы? Эмне болуп кетти? Карга бок чокуй электе келиптирсиң?* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Карга кык чокуй электе. *Ушуну шылтоолошуп, таң заардан карга кык чокуй электе жетип келишет* (Борбиев).

КАРГА КЫК ЧОКУЙ ЭЛЕКТЕ. к. Карга бок чокуй электе.

КАРГА-КУЗГУНГА ЖЕМ БОЛУУ. Талаада өлүп, сөөгү көмүлбөй калуу. *Ач бел, куу жондо өл! Карга -кузгунга жем бол! Кутурган иттей кылып атып салышсын!* (Айтматов).

КАРГАНЫН ШЫЙРАГЫНДАЙ. Капкара, көрүнүшү өтө жагымсыз, начар. *Карганын шыйрагындай болгон немени кайдан ээрчитип алгансың* («Чалкан»).

КАРГА ШЫЙРАК. Абдан кир, кычы (көбүнчө бутка карата). *Бала көрбөгөнсүп, бала бакпагансып, айыл жеринде чоңойбогонсуп, мунун менин баламды карга шыйрак дегенин карасаң!* («Ленинчил жаш»)

КАРЕГИ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ. к. Көзүнүн агы менен тең айлануу.

КАРЕГИ МЕНЕН ЧИМИРИЛҮҮ. к. Көзүнүн агы менен тең айлануу.

КАРЕГИНЕН ТЕГЕРЕНҮҮ. к. Көзүнүн агы менен тең айлануу.

КАРЕГИН ЖАШ ЧАЮУ. Көзүнө жаш алуу. *Чалдын көзү шамдай балбылдап, карегин жаш чайды* (Сыдыгалиев).

КАРТ БӨРҮ. Көптү көргөн, турмуштун ысык-суугун башынан өткөргөн, кексе, кагылып-согулган. *Ал далайды баштан өткөргөн карт бөрүнүн бири* (Сыдыкбеков). *Кулбаш карт бөрүнүн колунда* (Абдукаримов).

В.: Карт шумкар. *Манчыркаган жаш манап Дүр карт шумкар менен кызыл эт балапандын эриш-аркак болорун бөгөйт* (Бейшеналиев).

КАРУУСУ КАЗЫК, БАШЫ ТОКМОК БОЛГОНЧО. Өмүрү өткөнчө, карыганча, узак мезгилге чейин. *Каруум казык, башым токмок болгончо сенин эшигиңде иштедим* («Ала-Тоо»).

КАРУУ ЭТИ КАТА ЭЛЕК. Жаш, баралына келе элек, жетиле элек. *Балтыр эти толо элегинде, каруу эти ката элегине карабай, айылдагы жеңилди жерден, оорду колдон алды* (Абакиров).

КАРЫЛЫККА БАШ КОЮУ. Улгая баштоо, картайганын сезе баштоо, жашы илгерилөө. *Адамкулдун сакалы ого бетер агарып, тулку-бою шүйүп, кичине эңкее тартып, карылыкка баш коюп калган экен* (Алыбаев).

В.: Карылыкка моюн сунуу. *Бул кезде Бейше-Баатырдын жашы жетимишке таянып, карылыкка моюн сунуп калган экен* (Медетов).

КАРЫСЫН КАЗЫК, БАШЫН ТОКМОК КЫЛУУ. к. Каруусун казык, башын токмок кылуу.

КАРЫШКЫРГА КОЙ КАЙТАРТУУ. Алдым - жуттумдарга, шылуундарга жол берүү, аларга ишеним кылып, мүмкүнчүлүк, шарт түзүп берүү. *Кыскасы, карышкырга кой кайтартыптырбыз дечи* («Советтик Кыргызстан). *Биз көп учурда өзүбүз байкабайбыз. Карышкырга кой кайтартып койдук* (Байтемиров). *Карышкырга кой кайтартып койдук дейт Татыбек* (Байтемиров).

КАРЫШКЫР СОТУ МЕНЕН ЖАЗАЛОО. Өз билгендей айтып коюу, каалаганындай күнөөлөө. *Карышкыр соту менен жазалап. касап да өздөрү, бычак да өздөрү болду* (Ш.Үмөталиев).

КАСАМ ИЧҮҮ. Карганууу, ант берүү. *Эки бардаңкеден кырк гана мылтык берилип, өз алдынча карыш жортпой турган болуп, аскер башынын алдынан касам ичип чыкты* (Касымбеков). *Касам ичип анттанышат* (Осмоналиев).

КАСТАРЫН ТИГҮҮ. Абдан каршыгуу, душмандык кылууга, жамандык ойлоого ниеттенүү. *Жутаке менен Түнкатар молдонун тукуругу боюнча кастарыңды тигип калганыңды билем* (Жантөшев). *Бул журттун зоруна да, букарасына да кастарын тиккен душман катары кутуруп жатышат* (Касымбеков). *Чоюбек кастарын тигип жүрбөсүн бизге* (Бейшеналиев).

В.: Касын тигүү. *Касын тиккен душман Акматты камоого*

алып калганына көзү жетти (Жантөшев). *Касын тиккен душманды Кыйратып мөрөй алышса* («Мендирман»).

КАСЫРЕТ КАГУУ. Арман кылуу, убайым тартуу. *Түшүнүп, ал дагы өз ичинен касырет кага «кантели, эми, кантели»...дегени сезилип, асте башын ийкегилеп турду* (Касымбеков).

КАТАРДАН ЧЫГУУ. Оозго алынбоо эске алынбоо, көңүл бурулбай калуу. *Ошол күндөн баштап оозго алынбай Жангечти катардан чыгат* (Осмоналиев).

КАТКАН ЖАРАНЫ ТЫРМОО. Тынчыган ишти кайра козгоо, унут болуп бара жатканды кайта жаңыртуу жаңылоо. *Каткан жараны тырмоого, тынчыган көңүлдү ачуулантуга адамдарды кайраштырууга турпаты менен жаралган Каптал анда тирүү* (Осмоналиев).

КАТКЫРЫГЫТАШ ЖАРУУ. Катуу күлүү, өтө көңүлдүү, көңүлү куунак жүрүү. *Каткырыгы таш жарып, Катуу күлүп калышып* («Манас»). *Каткырыгы таш жарып, дайыма шайдоот жүрө турган* (Саатов). *Каткырыгы таш жарат, Каны суюк кысталак* (Көчкөнов).

КАТУУ БАШ. Сараң, битир, зыкым, колунан эч нерсе чыкпаган. *Мен зыкыммын, катуу башмын* («Чалкан»). *Кыйын экен катуу баш, Карын майын жардырган* (Осмонов).

КАТУУДАН КАЗАН, ЖУМШАКТАН КҮЛҮН КАЛТЫРБОО. Тыптыйпылын чыгаруу, жер менен жексен кылуу, бытчытын чыгаруу. *Сен бул элдин катуудан казанын, жумшактан күлүн калтырчу оюң барбы? - деди Чаки жасакерленип* (Ш.Үмөталиев). *Жер дүңгүрөткөн күчкө биригип душманын кызыл уук кылып, катуудан казан калтырбады* (Көчкөнов).

КАТУУ КЕТҮҮ. Аша чабуу, чектен чыгуу, ченден чыгуу. *Бу Кайрыдин экөөбүз чогуу окуган жолдош да элек, көп катуу да кетпейли* (Бердикеев). - *Өтө эле катуу кетип жаткан жокпузбу, эже? - деп сурады Төлөмүш* (Бердикеев). *Койсоңузчу апа, кээде ушинтип катуу кетмеңиз бар* (Егиналиев).

КАТЫГЫН БЕРҮҮ. Жазасын берүү, кадемин катыруу,

тийишкен кишиге өзүнүкүнөн катуу сокку уруу. *Катылган иттердин катыгын беребиз!* (Абакиров). *Анан жазмакей тоголонгон Молдонун катыгын берели* (Бейшеналиев).

В.: Катыгын колго берүү. *Зөөкүрдүк жасап, көңүлдү кирдетсе, анын катыгын колго берүү керек* (Медетов).

Катыгын колуна берүү. *Канкордун күлүн сапырган, Катыгын берип колуна Тилегин таштай катырган* (Бейшеналиев).

Катылгандын катыгын берүү. *Ошентип, Тайлак далай жолу катылгандын катыгын берген* (Бейшеналиев). *Сен тим эле катылгандын катыгын берчү кыз болгон турбайсыңбы* (Саатов). *Улугуна катылгандын катыгын берет* (Осмоналиев).

КАШ-КАБАГЫН АЧПОО. к. Кабагын бүркөө.

КАШ-КАБАГЫН БАГУУ. Астыртан, тымызын байкоо салуу. *Аңгеме тутана албай, улуулар жагы бири-биринин каш-кабагын багып, күймөлө түшүштү* (Укаев).

В.: Каш-кабагын байкоо. *Көптү көргөн киши эмеспи, жигиттин каш-кабагын байкаштырыш үчүн акырын кеп баштады* («Ала-Тоо»).

КАШ-КАБАГЫН БҮРКӨӨ. к. Кабагын бүркөө.

КАШ-КАБАГЫНА КАРОО. к. Кабак -кашына кароо.

КАШ-КАБАКТЫН АСТЫНДА. Көз алдында, жанында. *Кайдуулат эми каш-кабагым астында го* (Бейшеналиев).

КАШ-КАБАКТЫН ОРТОСУНДА. Күтүлбөгөн жерден, бир заматта, көз ачып жумганча, тез эле. *Өлүм деген каш-кабактын ортосунда эле турбайбы* (Сыдыгалиев). *Ажал деген каш-кабактын ортосунда экен* (Ш.Үмөталиев). *Чын эле өлүмбү же азаппы, айтор, бул окуя каш-кабактын ортосунда болду* (Мырзаев).

В.: Каш менен кабактын ортосунда. - *Бизде өлүмдү каш менен кабактын ортосунда дейт, өлтүрсө-өлтүрөт* (Абдукаимов). *Көрсө, табияттын кырсыгы каш*

менен кабактыш ортосунда тура (Кушубеков).

КАШ КАГУУ. Белги берүү, ишарат кылуу. *Бактысына чиренип турган хан күйөө: «Жаның барбы? ЫІрда!» дегендей каш какты* (Көчкөнов). *Койчу жигиттердин бирин каш кагып азгырат* (Абакиров).

КАШ КАЙТАРБОО. Кебелбөө, тоготпоо, кенебөө, былк этпестен, эч нерсеге назар салбастан. *А өрөөндүн терең кары али оор, каш кайтарбайт ко* (Өмүрбаев).

КАШ КАЙТАРУУ. Каршылык кылуу, тең тайлашуу, кыр көрсөтүү. *Улам бир балага өнөрүн көргөзүп жүргөн бул экөөнө каш кайтарган эч ким болгон жок* (Өмүрбаев).

В.: Каш кайруу. *Силердин ичиңерде аларга каш кайрар кимиңер бар?* («Кыргызстан маданияты»).

КАШ КАРАЙГАНДА. Күүгүмдө, көз байлаганда, караңгы түшкөндө. *Сулайман күндөгүсүндөй каш карайганда койду таш короого айдап келди* (Абдукаимов). *Кадырбек менен Асан каш карайганда аттары да, өздөрү да суй жыгылып, куру кол кайтышты* (Абдукаимов). *Каш карайганда кызы чырак жагып, атасын мейманканага киргизет* (Жигитов). *Каш карайганда гана туш келген бир кудуктун башына токтойт* (Айтматов).

КАШ КАРАЮУ. Күүгүм кирип, көз байлануу, караңгы түшүү, ириң-бараң каптоо. *Каш карайып, эл орунга отурган маал* (Исмаилов). *Каш карайып кеч кирди* (Борбиев). *Каш карайып күн батты, Жылдыз толуп эл жатты* (Токтогул).

КАШ-КИРПИГИ БУЗУЛУУ. Мүнөзү, кыялы, кылык-жоругу терс жагына өзгөрүлүү. *Аны укканда Кокумбайдын каш-кирпиги бузулду* (Бектенов).

КАШ ТАРТПОО. к. Каш кайтарбоо.

КАШЫК ДА МАЙ, ЧӨМҮЧ ДА МАЙ. Кененчилик, токчулук, молчулук, береке кирип, тамак-аш жетиштүү болуп калган абал. *Адам экен го деп эл да ыраазы: кашык да май, чөмүч да май* (Егиналиев). *Баягы тору бээни которуп урдук, достугубуздун урматына, кашык*

да май чөмүч да май, пай-пай-пай (Медетов).

В.: Кашыгы да май, өтүгү да май. *Дагы жарды немелер кашыгы да май, өтүгү да май болуп, күнүгө мал союлуп, барбаңдап мейман күтүп калышты* (Касымбеков).

КАШЫК КАНЫ КАЛГАНЧА. Өмүрүнүн акырына чейин, бардык мүмкүнчүлүгүнүн болушунча, аргасы түгөнгөнчө. *Кармашамын кашык каным калганча* (Осмонкул). *Кашык каным калганча айтканыңызды айткандай аткарам* (Жантөшев). *Алар менен эми кашык каным калганча салгылашам* (Өмүрбаев).

КАШЫК КАНЫН АЯБОО. Бардык күчүн, бүт мүмкүнчүлүгүн сарптоо, эч тартынбоо, бүткүл күчүн жумшоо. *Калкынын ысык-суугуна кашык канын аябастан кажыбай түтүш керек* (Көчкөнов). *Бел байлаган кармаштан баш тартпас, кашык канын аябас Токтогулун камандарга чалдырбай, коргоп каларын билдиришти* (Бейшеналиев).

В.: Кашык канын берүү. *Мен сага кашык канымды берүүгө даярмын* («Ала-Тоо»).

КАШЫКТАП ЖЫЙЫП, ЧӨМҮЧТӨП ЧАЧУУ. Дүнүйөнү, мал-мүлктү аз-аздан, кичинеден жыйнап алып, эсеби жок ысырап кылуу, көп-көптөн жогото берүү. *Атасынын кашыктап жыйнаганын, баласы чөмүчтөп чачты да, бир жылдан соң көктү карап калды* («Ала-Тоо»).

КЕБЕЗ МЕНЕН МУЗДОО. Эч жигин билгизбей, акырын, жылуу-жумшак мамиле менен тузакка түшүрүү, көзүн тазалоо, алдоо. *Канжар менен эмес, кебез менен мууздаш керек* (Бейшеналиев). *Бул чакан эки түрмөк далай адамдарды «сен жакшысың, кыйынсың» деп туруп, анан билгизбей кыяк менен чоң атасын угузуп, кебез менен мууздап жатпайбы* («Ленинчил жаш»).

КЕБИН ЭКИ КЫЛУУ. Айтканын-дегенин аткарбоо, орундатпоо. *Ким алдына чыгат, өз айлында кебин эки кылганды жаман көрөт* (Касымбеков).

КЕБИ СУУ КЕЧПӨӨ. Айткан сөзү эч нерсеге жарабоо, сөзүнө эч ким көңүл бурбоо, эч кимге сөзү өтпөө. *О, алакчы дүйнө, кедейдин кеби суу кечпей калган заман беле?* (Сыдыкбеков). *Кедейдин кеби*

суу кечпеген курган замана тура (Сыдыкбеков).

В.: Сөзү суу кечпөө. *Абыкенин сөзү суу кечпей калганын Эшмат дароо байкады да, Өмүрзакты карызды доолап келүүгө жумшады* («Кыргызстан маданияты»).

КЕБИ СУУК. Сөзү орой, начар, көңүл калтыргандай, олдоксон. *Кеби суук жеңеңе Келип жүргөн даты бар* («Манас»).

КЕБИ ЭКИ БОЛБОО. Айтканы айткандай аткарылуу, сөзүнө эч ким карты чыкпоо, айтканы айткандай, дегени дегендей болуу. *Датка деген даража эң оболу бир вилаяттын диний көсөмү, андан сон, кеби эки болбой турган элбегиси, аскер башчысы да болуп саналган* (Касымбеков).

КЕДЕРИ КЕТҮҮ. Иши илгерилебөө, оңолбоо, артынан кетүү, жакшырбоо, начарлай берүү. *Кедери жыл сайын кетип отуруп, совхоз азыр тырп этерге шайманы калбаптыр* («Чалкан»). *Иши илгери келердин ити чөп жейт, кедери кетердин келини ууру кылат* (макал).

В.: Кери кетүү. *Кери кеткендин сакалы кекиртегине бүтөт* (макал). *Кериге ишти кетирип, уулантпасын жүрөктү* (Жантөшев).

КЕЖИГЕМДИН ЧУҢКУРУ КӨРСҮН. Экинчи көргүлүк кылбасын, кайрылып көрбөйүн, кездешпейин деген мааниде колдонулат. *Бул жерди кежигемдин чуңкуру көрсүн дедиби, артына бир кылчайбай изин суушкан* («Чалкан»).

КЕЖИГЕСИ ЖОК. Оңой менен тил албаган, айткан-дегенди укпаган, кежир, кыйык. *Ушундай да кежигеси жок бала болобу.*

В.: Кежигеси кесилген. *Мунуң бир кежигеси кесилген неме экен, какшап жатып тил алдыра албай койдум* («Ала-Тоо»). *Кежигеси кесилген бала ушул турбайбы, такыр тилге кирбейт* («Чалкан»).

КЕЖИГЕСИ КЕР ТАРТУУ. Кежирленүү, мойну жар бербөө. *Бир демеге жумшаса, кежигеси кер тартып турганын көрдүм* (Саатов). *Мурда коомдун ишине кежигеси кер тартып жаманатты болуп, биротоло туңулткөн адам* (Медетов). *Балдар кежигеси кер тартып, илең-салаң* (Абакиров).

В.: Кежигеси кержейүү. *Кежигеси кержейип, араңдан зорго козголду* (Баялинов).

Кер тартуу. *Кейүү бар, кер тартуу жок* (макал).

КЕЖИГЕСИ ТЫРЫШУУ. Тырчый түшүү, ачуусу келүү, жактырбай көңүлү тескери калуу. *Менин кежигем тырыша түштү, э койсоңчу, болбогон кепти* («Чалкан»).

КЕЙПИН КИЙҮҮ. Кимдир бирөөнүн терс көрүнүштөгү жаман же начар абалына келүү. *Каныбекти колуңдан чыгарсаң, менин кейпимди киериңе шек жок* (Жантөшев). *Болбосо, ал да Мырзабайдын кейпин киет болучу* (Абдукаримов).

КЕКИРТЕГИН МАЙЛОО. Пара берүү, кошомат кылып, паралап коюу. *Тыяктан да, быяктан да кекиртегин майлаган оез эки анжы* (Бейшеналиев). *Менден да чоңдор бар, алардын кекиртегин майлап турбаса болобу?* (Ш.Үмөталиев).

КЕКИРТЕГИ ТАЛГА ИЛИНҮҮ. Ач калуу, наар албоо, даам сызбоо. *Анын казаны оттон түшүп, кекиртеги талга илинген.*

В.: Кекиртеги талга асылуу. *Ушинтип, солдоюп бекер жүрсөң кекиртегин, талга асылат* («Чалкан»).

КЕКИРТЕКТЕН АЛУУ. к. Жакадан алуу.

КЕКТИСУУГАСАЛУУ. Бири-бирин кечиришүү, ынтымакка келүү. *Силер ынтымакты тандап алып, эл болгула! Кекти сууга салгыла* (Ш.Үмөталиев).

КЕЛЕ БАКАН к. Келе бакан, куу союл.

КЕЛЕ БАКАН, КУУ СОЮЛ. Чыр-чатакты жакшы көргөн, уруш десе тура жөнөгөн, уу десе, чуу деген, чуулгандуу. *Кандай келебакан, куу союл жигиттердин жыйырмасын тандады* (Үмөталиев). *Буйругу жок, неси жок, келе бакан, куу союл боло баштадыңар го* (Юсмоналиев). - *Ээ, балам, сенсиз деле кыргызда келе бакан, куу союл аз эмес, - деди Бурма* (Аалы).

В.: Келе бакан. *Келе бакан жигиттер бир-бирине карап, таңданып турушту* (Укаев).

Келе бакан, көк союл. *Бул кайсы келе бакан, көк союл?*

КЕЛБЕС ЖОЛГО КЕТҮҮ. Каза болуу, өлүү, дүйнөдөн кайтуу, көзү өтүү. *Өчөгүшкөн эки душман колунан, Көптөн бери даярдаган огунан Келбес жолго көп кетти* (фольк.).

В.: Келбес сапар жол тартуу. *Ошол жылдын кышында атам келбес сапар жол тартты* («Кыргызстан маданияты»).

КЕЛЕР-КЕТЕР СӨЗДӨР. Боло турган же болуп жаткан иштин шартына ылайык кеңеш катары айтыла турган ар кандай сөздөр. *Келер-кетер сөздөрдү сүйлөдү* («Ала-Тоо»). *Келер-кетер сөздөрдү билип турган жан экен* («Эр Төштүк»). *Зуннахунга абдан таанышып калуу үчүн келер-кетер сөздөрдүн бардыгын айтышты* (Жантөшев). *...Кайрат кыл... деп келер-кетер сөздөрдү айтып, жетилигин өткөргөнгө жеткирбей орокко алып чыктык* (Медетов).

КЕЛМЕ КЕЗЕК. Дал ушундай окуя сенин да башыңа келет, мындай көрүнүшкө сен да туш болосун деген мааниде, көбүнчө, таба кылуу иретинде айтылат. *Айлаңды кудай таптыбы? Келме кезек келдиби?* (фольк.). *Келме кезек экен го, Минтип, эркегибиз кул болдук* (фольк.).

КЕЛМЕСИ ООЗУНАН ТҮШҮҮ. Эси чыгып алдастоо, эмне дээрин билбей калуу, дапдаарый түшүү. өзүн жоготуп коюу (көбүнчө катуу коркуп кеткен учурга карата). *Келиндер бул кемпирдин келмеси оозунан түшүп калганын сезишти* (Жусупов).

КЕМ АКЫЛ. Акылсыз, түшүнүгү начар, акылы тайкы. *Дүйнөгө кызыккан кем акыл ашып кетсе менчелик болор* (Сыдыгалиев). *Ал буларды ойлобогон кем акыл, көөдөк* (Саатов). *Тамашаны билбеген кем акыл неме го, деп Баккоргон ичинен иренжийт* (Осмоналиев).

КЕМЕГЕ БАЙГЕ Анчалык даңазалуу эмес, өтө чоң эмес, чакан ат чабыш. *Кылычбек бу жолу кызып кетип, быштысын кемеге байгеге кошуп жиберди* (Жакыпбеков).

В.: Көр байге. *Бүгүн кылдым көр байге, эртең кылам чоң байге* (фольк.).

КЕМЕГЕДЕН МАЙ АГУУ. Мал көп союлуп, тамак-аш ашып-

ташып туруу, абдан берекелүү болуу, чөмүч да май, кашык да май болуу. Тоюңарга бээ союп, кемегеңерден май агып жаткан күнү эгин сурап силерге келип отурам (Жантөшев).

КЕНДИРИН КЕСҮҮ. Бир нерседен кемчил болуп, анын азабын тартуу, өтө муктаж болуп, кыйынчылык көрүү, аргасы түгөнгөн абалда калуу. *Анын кендирин ушул гана кесип турду* (Касымбеков). *Кейпи, жолдош Ажымуратов жооп берейин дегиче телефон бузулуп калып, анын да кендирин кесип жаткан окшобойбу* («Чалкан»). *Шабыралы жокчулуктун жармоосу кендирин кесип, жайлоо бетин көргөн жан эмес* (Жоошбаев).

КЕҢ ПЕЙИЛ. Март, берешен, боорукер. *Ал кең пейил адам эле, ошондуктан урматталууга, даңкталууга татытуу* («Жаш Ленинчи»). *Жок болсо да март, ач болсо токтой, бар-жогуна карабай кең пейил, мээримдүү адам* (Сыдыкбеков). *Аялы дагы кабагым-кашым дебей кең пейил адам* (Исмаилов).

КЕҢ ПЕЙИЛДИК. Марттык, берешендик, колу ачыктык. *Мерген уулуна аюу, илбирс аттырып алсам, олжо эмеспи деп баамдаган Сатылган Абдыраманга кең пейилдик кылды* (Сыдыкбеков).

КЕП ЖЕБЕС. Кептин жөнжайын түшүнбөгөн, түшүнгүсү да келбей кежирлик кылган. *Кеп жебес кежир неме экен* («Ала-Тоо»). *Кеп жебеген неме болсо, тыйтактап айтышып берет* (Таштемиров). *Кеп жебеген адамдын Жети атасы каапыр деп* («Сейтек»). *Кеп жебеген кишиге эмне деш керек?* (Егиналиев).

КЕП ЖЕБӨӨ. Эч бир сөз таасир этпөө, айткан, дегенге макул болбоо, сөзгө түшүнбөө, жүйөөгө келбөө, кежирленип өз билгенин туура дей берүү. *Кеп жебеген неме болсо керек* («Ала-Тоо»). *Кеп жебеген Байгазиевдин чуулгандуу арызын текшерүүгө нечен-нечен кымбат баалуу убакыттар кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Ал жажалап, кеп жемек түгүл, көз ымдай коюп жатты* (Ашымбаев).

В.: Сөз жебөө. - *Ой, Сарала, сакалыңдай удургубай сөз жесең кантет? - дешсе, Сарала аларга оңой менен моюн бербү эмес* (Сыдыкбеков).

КЕПИНИҢДИ ЖЕГИР! Өлгөнүңдө да жакшылык көрбөгүр деген ой менен (көбүнчө улгайган адамдарга карата каргоо, наалат айтуу маанисинде колдонулат). *Кепиниңди жегир, ит-кушка жем болбой үйүңдө адал өл* (Жоошбаев).

В.: Кепиниң өрттөнгүр! *Кепиниң өрттөнгүр! Кантип кара санады?!* («Ала-Тоо»).

Кепиниң күйгүр! *Кепиниң күйгүр! Карыганда буга эмне жетпейт?!* («Ала-Тоо»).

КЕПИНИҢДИ ЖЕБЕ! Калп айтпа, жалган сүйлөбө, жаныңды жебе деген сыяктуу (көбүнчө наалат айтуу, нараазы болуу) кагуу иретинде колдонулат. *Кепиниңди жебе, кудай аткыр, минтсең ишиң оңолбойт* («Чалкан»).

КЕП КАЙРУУ. Каяша айтуу, айтыша кетүү, жооп берүү, сөзгө аралашуу. *Ал эч качан кеп кайрып көргөн жан эмес экен. Мен сизге биринчи жолу кеп кайрыдым* («Фрунзе шамы»),

В.: Сөз кайруу. *Улуу адамдарга сөз кайрыган болбойт.*

КЕПКЕ ЖЫГУУ. Сөзгө калтыруу, уят кылуу, жаман абалга жеткирүү. *Бирин-бири кепке жыгууга, кийинки муундарга күлкү кылууга өтүшөт* (Осмоналиев). *Манаттын кытмыр жоругун ачуу менен, баамдай албаган шордуу мергенчи Адыкени жүйөөлүү кепке жыгам менен... чечен тилге салып маселдете берди* (Сыдыкбеков).

КЕПКЕ КЕЛҮҮ. к. Кепке-сөзгө келүү.

КЕПКЕ КЕМТИК БОЛУУ. Сөзгө сынуу, абдан уят болуу, сөз кайыра албай жаман абалда калуу. *Мейманды атын сойгон да болмок беле Таке? Кепке кемтик болуп калабыз, Таке..., - деп ийгермекчи болду* (Касымбеков).

В.: Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болуу. *Бугулук элдин ар кимиси өлгөн ата-бабасынын күмбөзүнө бугунун мүйүзүн орнотууну урмат эсептеп, орнотпосо кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болот* (Айтматов). *Кой, кийин кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болосуң* (Абакиров). *Ушул кепти угуп Адамкул өзүн кепке кемтик, сөзгө сөлтүк сыяктуу сезип олтурду* (Мидин Алыбаев).

КЕПКЕ КЕМТИК КЫЛУУ. Уят кылуу, сөзгө сындыруу, жаман абалга калтыруу, шагын сындыруу.

Тил алып кой балам, кепке кемтик кыласын. («Ала-Тоо»). *Башка элдин алдында булардын шагын сындырчу, кепке кемтик кылып, уятка калтырчу жорук* (Сыдыкбеков).

В.: Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылуу. *Сизди кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылып жүрөт* (Абакиров). *Жөн жаткан элдин ичине бүлүк салып, илгери-кийин эл арасында бизди кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылармык жорук жасашкандар ушулар* (Медетов).

В.: Кепке сындыруу. *Батыйна өзүн кордогон кызды кепке сындыргысы келет* (Сыдыкбеков). *Аны айыл аксакалдары кепке сындырып, бир чети ага өкүмдүк көрсөтүп, тентекти теске салып коюшмак* (Сыдыкбеков).

КЕП-КЕҢЕШКЕ АЛУУ. Катарга кошуу, сөзгө аралаштыруу. *Активдер Акманды кеп-кеңешине алышты* (Сыдыкбеков).

КЕПКЕ КОНОК БЕРҮҮ. Кезектешип сүйлөө, сүйлөп жаткан кишинин сөзүн жыра талашып бөлүп кетпей аягына дейре угуу. *Кепке конок бер, байбиче* (Тойбаев).

КЕПКЕ САРАҢ. Көп сүйлөбөгөн, оңой менен сүйлөй бербеген, ашыкча сөз айтпаган. *Эжекем кепке сараң, жаш кезинде кыйла шайыр болуучу* (Сыдыкбеков).

КЕПКЕ-СӨЗГӨ КЕЛҮҮ. Жөнгө келүү, жөн-жайды угуу. *Кепке-сөзгө келбеген кежир болду жанбакты* (Тоголок Молдо). *Кепке-сөзгө келбестен, Жакып как чырды баштады* («Манас»).

В.: Кепке келүү. *Анын кепке келчү түрү жок, жадаганда кете бердик* («Ленинчил жаш»).

КЕПКЕ СЫНДЫРУУ. к. Кепке кемтик кылуу.

КЕПКЕ СЫНУУ. Катуу уят болуу, сөзгө жыгылуу. *Ал эл алдында кепке сынды* («Чалкан»).

КЕПТИН ТӨРКҮНҮ. Сөздүн маанисси, маңызы, негизи, багыты. *Ыскак эми гана кептин төркүнүнө түшүндү* (Исмаилов). *Кептин төркүнүн түшүнбөгөн Кален карт балыкчыга карады* (Укаев).

КЕПТИН УЧУГУН ЧЫГАРУУ. Айтайын деген оюнун четин чыгаруу. *Кулубай да ошондой*

бир кептердин учугун чыгарып, кудуңдап, өзүнчө сүйүнүп калат (Медетов).

КЕП ЭМЕС. Эң эле оңой, эч деле кыйынчылыгы жок. *«Каныш-Кыя» селосун оңдоп, калыбына келтирдикпи, калгандары эми кеп эмес* («Кыргызстан маданияты»).

КЕР АЯК. *Каяшачыл, кыйык, тил албас. Кер аяк, сөздү ушунчаңда токтот* (Жантөшев).

КЕРЕГЕНИ БАСА КӨКТӨӨ. Бирөөгө кысым көрсөтүү, катуу кысымга алуу. *Керегени баса көктөгөндөй кылбагыла, тугандар* («Чалкан»). *- Керегени басып көктөгөндөй кылбагыла! Убал-сооп деген бар!* (Ш.Үмөталиев). *Керегени баса көктөп, алсызына алдуусу зомбулук кылуу да ошо тууганчылыктын көлөкө жаты тура* (Сыдыкбеков).

КЕРЕГЕСИН ЖАЙДАК-ТОО. Боз үйдүн үзүк-туурдуктарын сыйрып салып, аза күтүү ырым-жырымы. *Үйлөрдүн керегиси жайдакталып, аза күтүштү* (Көчкөнов).

КЕРЕ МАКТАП, КЕҢ ТУШОО. Бир нерселерди айтып, кулагынын кужурун алып, жекире берүү, кекетип-мокотуп тынчтык бербөө. *Эмне эле кере мактап, кең тушап калдың? Күйөөсү көр жеме көрүнөт. Кере мактап, кең тушап, жакшылыктуу деле күн көрсөтпөйт өңдөнөт* («Ленинчил жаш»).

КЕРИГЕ ТАРТУУ. Ишке тоскоолдук кылуу, артка тартуу, ишти илгерилетпей жолто болуу, кечээндетүү. *Берди Каныбектердин ишин кериге тартып, Карабекти үч ирет өлүмдөн куткарды* (Жантөшев).

КЕРИ КЕТҮҮ. к. Кедери кетүү.

КЕР КАКШЫК. Тескери айтылган, кер айтылган сөз. *Сарыбек да кер какшык менен кайрылды* (Жакыпбеков). *Кер какшыгыңарды токтотсоңор кантет! - деди председатель* (Сыдыкбеков).

КЕРКИ-БАЛТАСЫ КОЛУНДА. Шайдоот, шамдагай. *Зууракандын керки-балтасы колунда... көңүлү келгенде тоону томкоруп, ойду опуруп жиберет өзү* (Сыдыкбеков).

В.: Балта - керкиси колунда. *Балта-керкиси колунда шартылдаган ачык-айрым келин болду* («Ала-Тоо»).

Балта-чоту колунда. *Тындыгын айтпа, балта-чоту колунда* («Ала-Тоо»).

КЕР-МУР АЙТЫШУУ. Жаакташуу, оозеки тартышып калуу. *Башкарма менен кечээ жыйналышта Өскөнбай кер-мур айтышып калган* (Кыдырмышев). *Бул туурасында бир жолу Табылды менен да кер-мур айтыша тушту* (Бердикеев). *Ал аялы менен кер-мур айтышкан соң шаша-буша ишине жөнөдү* (Ашымбаев).

КЕР ООЗ. Тескери, кер какшык менен сүйлөгөн, оозуна алы жетпеген. *Оозуңа карап сүйлө, анын баласы сага окшогон кер ооздорду коргойм деп окко учкан* (Сыдыгалиев). - *О, дулдуктаган өлүк-тиригиңди көрөйүн, кер ооз* (Сыдыгалиев). *Бетке чаап сүйлөп, бирок сөз жебеген кер ооз, бакан ооз адамдарга эми кадимкидей эле күрөш ачпасак болбой калды көрүнөт* («Кыргызстан маданияты»).

КЕР ТАКЫМ. к. Куу такым.

КЕР ТАРТУУ. к. Кежигеси кер тартуу.

КЕРТ БАШЫ. Жалгыз өзү, жеке өзү, өзү гана. Аша чапкан жерим жок, *Сукетай, өз керт башымдан өткөргөн үчүн айтып жатам* (Бердикеев). *Мен жеке чарбага кызыгуунун зыянын өз керт башыман өткөрүп билдим* (Каимов).

КЕСЕ АЙТУУ. Чечкиндүү сүйлөө, олку-солку болбой оюн так, даана баяндоо. *Эртеден бери шылтоо таппай шылкыйгандарды кыдырата көз алдынан өткөрүп, сөзүн кесе айтты* (Ашымбаев). *Ага удаа дагы бир өтүкчү сөз алып, коммуна бизге жарашпайт деп кесе айтты* (Ашымбаев). *Ишке таныштыргын деп кесе айтты* (Осмоналиев).

КЕСИП АЛСА, КАН ЧЫКПАГАН. Зыкым, сараң, колунан эч нерсе чыкпаган, катуу баш. *Кесип алса, кан чыкпаганына Эдигенин көзү жетти* (Осмоналиев). *Бул жамандан кесип алса, этинен кан чыкпайт көрүнөт?* (Сыдыкбеков).

В.: Кессе кан чыкпаган. *Мамырмазимдин бул кызы кессең*

кан чыкпаган бир жез тырмак эле (Элебаев).

КЕСИР ЧАЙКОО. Менменсинүү, пейил күтүү, бой көтөрүү. Обу жок кесир чайкоонун кереги не.

КЕССЕ КАН ЧЫКПАГАН. **к. Кесип алса, кан чыкпаган.**

КЕТЕ БЕРҮҮ. Өлүү, каза болуу, турмуштан өтүү. *Кийинки жылы отпускага чыгып, айлына барып келсе, кайран киши небересин ойнотуп отуруп кете бериптир* (Сыдыгалиев).

КЕШИГИ ЖОК. 1. Ырысы жок, бактысыз, байкуш, шордуу. *Кешиги жок, кайсы арыңа уктайсың!*

2. «Байкушум, ырысы жогум, багы жок шоордум» деген сыяктуу аягандык, боор ооругандык мааниде колдонулат. *Сак бол, кешиги жогум: Эми кантер экенсиң кешиги жогум?*

В.: Кешиги каткан. *Кешиги каткан байкуш, мынча эмне үшүдүң.*

Кешиги кедейген. *Кызымдын кешиги кедейген тура!*

КИЙИЗ КИТЕП. *суйл.* Жалган, болбогон сөз, калп. *Сен аны кайсы кийиз китептен окудуң? Сен аны кийиз китептен көрдүңбү?*

КИЙИЗ ТЕПКЕНДЕЙ КЫЛУУ. Аябай сабоо, токмоктоо. *Болбосо сени кийиз тепкендей кылат бай* (Осмоналиев). *Көз ачып-жумганча аны кийиз тепкендей кылып кетишти* (Сыдыкбеков).

КИМ БАР, КИМ ЖОК. Кийинкисин дагы көрө жатарбыз деген сыяктуу мааниде. *-А-а дейре ким бар, ким жок* (Ашымбаев).

КИМ КӨРДҮ КЫЛУУ. Тымызын жок кылуу, түбүнө жетүү, өлтүрүп коюу. *Ушул томаяктын кызын ким көрдү кылып, жар уратып салса не болот?* (Сыдыкбеков). *Бөлө баланын думанасын ким көрдү кылып койбой жаныңар жокпу?* (Өгөбаев).

КИМДИН ООЗУНАН ТАБАСЫҢ. Азыраак нерсени талатып жиберип, куру каласыңбы деген сыяктуу мааниде колдонулат.

- Ай, Кален, -деди Дос бир кезде, алты кап аштыгымды көпкө бөлгөндө кимдин оозунан табасын. (Укаев).

КИНДИГИ ТУТАШ. Өтө жакын, ажырагыс, бири-бири менен ынак. *Өзгөчө курбу-курдаштары менен энеден киндиги туташ төрөлгөнсүп кээ бирин күн сайын, а кээ бирин саат сайын көрүп баарлашпаса, кусаланып, жок издешип калар эле* (Исмаилов). *Же Кыдырбек менен киндигиң туташ болуп калдың беле?* (Абдукаимов).

КИНДИК КАНЫ ТАМГАН ЖЕР. Төрөлгөн, туулуп өскөн жер, ата- мекени, ата-журту, ата-конушу. *Киндик каным тамган жер, Кеңеши бирге тууган эл* (Нуркамал). *«Мен өзүмдүн киндик каным тамган кыргыз жериндеги тап душмандарды түп тамырына чейин талкалаймын, эч жакка барбаймын», - деп убада бергемин* (Тойбаев). *Уч-Турпандан күндөп-түндөп жүрүп отуруп, киндик каны тамган жергесине келди* (Саатов). *Кесип алса, кан чыкпаган сараң эле* (Айтматов).

В.: Киндик кесип, кир жууган жер. *Өзүнүн киндик кесип, жууган жерин эстейт* (Укаев). *Киндик кесип, кир жууган жер эстен кетпейт* («Ала-Тоо»).

КИРДИ-ЧЫКТЫ АКЫЛЫ БАР. к. Кирди - чыкты эси бар.

КИРДИ-ЧЫКТЫ ЭСИ БАР. 1. Өтө акылдуу болбосо да, анча-мынча эси бар, кээде бир нерселерге түшүнө коймосу бар. *Кирди-чыкты эси бар кичи пейил уул экен* («Эр Табылды»).

2. Бирде түшүнсө, бирде түшүнбөгөн, элдир-селдир эсине келе калган (көбүнчө оорукчан адамга карата). *Жалгыз баласынын жоодо калганын угуп, шордуу эне эсинен танып жыгылды, ошондон бери кирди-чыкты эси бар* (Укаев).

В.: Кирди-чыкты акылы бар. *Койчубектин кирди-чыкты акылы бар, мага окшогон бир байкуш* (Байтемиров).

КИРДҮҮ КОЛ МЕНЕН КАРМАГЫС. Өтө назик, татынакай, абдан ардактаган. *Кирдүү кол менен кармагыс кызыбыз, аларга кор болууга тийиш эмес* (Осмоналиев).

КИРЕЙИН ДЕСЕ - ЖЕР КАТУУ, ӨЛӨЙҮН ДЕСЕ - ЖАН ТАТТУУ. Турмуштун өтө татаал абалына учурап, жашоодон аша кечкен көрүнүшкө карата колдонулат. *Кирейин десе - жер катуу, өлөйүн десе - жан таттуу көрүнүп, мөгдөгөн ал чоң ташка сүйөнүп отурду* (Осмоналиев).

В.: Кирейин десе - жер катуу. *Тракторчунун ошондогу уялганын айтпа: кирейин десе жер катуу* («Советтик Кыргызстан»).

КИРЕНДИ КИРИП АЛУУ. Биротоло карамагына өтүп алуу. *Мага десең Калбүбүңө киренди кирип алгын* (Бердикеев).

КИРЕРГЕ ЖАЙ ТАППОО. **к. Кирерге жер таппоо.**

КИРЕРГЕ ЖЕР ТАППОО. Бир нерседен катуу корккондуктан же аябай уялгандыктан эмне кыларын билбей калуу, айласы кетүү. *Башкы врачтын көзүн көргөндө бөйпөңдөп, кирерге жер таппай калат* (Бердикеев). *Коркконунан үрөйү учуп, кирерге жер таппайт* (Тойбаев). *Ал ошондо гана кыздын эмне максат менен келгендигине түшүнүп, кирерге жер таппай, бети чымырады* (Саатов).

В.: Кирерге жай таппоо. *Кокустан күн бүркөлүп, сыдырым шамалы ызгаар аралаш сокчу болсо, кирерге жай таппай, корголойсуң!* (Абдукаимов).

Кирерге ийин таппай калуу. *Кулубек байкем акырая бир караса, кирерге ийин таппай калар* (Айтматов).

Кирерге көр таппоо. *Душман кирерге көр таппай калды* («Ала-Тоо»).

Кирерге көр, жашынарга жер таппоо. *Душман кирерге көр, жашынарга жер таппай, жаагы жап болду* («Ала-Тоо»).

КИРЭЭРИ - ЭЛ, ЧЫГААРЫ ЖОО. Эпилдеп ак ниет, жакшы адам көрүнүп туруп эле, астыртан душмандык жасай берген. *Кирээри - эл, чыгаары - жоо куйткуларды куйкалап салар фельетонду жаратам десең, такай эл арала, бирок мен баланча болом деп теш какпа* («Чалкан»).

КИРЕСИН ЧЫГАРУУ. **1.** Эсесин чыгаруу, акыбетин кайтаруу, мээнетинин акысын алуу, түйшүктүн жыргалын көрүү. *Сен киресин чыгарганча мен эмне*

кылышым керек? (Саатов). *Ошондо тамчы суунун киресин чыгарды* (Жусупов). *Мен үчүн далай жылы таттуу уйкуңду бузуп, эми ошонун киресин чыгарып, укта дегин, - деди Жылдызкан* (Байтемиров).

2. Көргүлүктү көрсөтүү, азабын тарттыруу. *Мына кызык, жети түндө кыз бала эркек менен ээн талаада жүрүппү? Шашпа, киресин чыгарам* (Саатов).

В.: Кысасын чыгаруу. Баягылардын кысасын чыгарды.

КИР ЖУГУЗБОО. к. Кирпигине кир жугузбоо.

КИРИП ЧЫККАНЧА. Өтө тез, арыдан бери, заматта, дароо. *Өз жаманы өлгөнчө билинбейт, киши жаманы кирип чыкканча* (макал).

КИРПИГИ ЖАБЫШУУ. Карайлоо, уйкусу келүү. *Көзү сүзүлүп, кирпиги жабышып араң отурду* («Ленинчил жаш»).

КИРПИГИ КАТУУ. Уктай албай убара болуу, уйкусу ачылып кетүү, убараланuу. *Нечен күндөр уктабай, Кирпиги жаман катыптыр* (фольк.). - *Бектин кирпиги катып калган. Санаа кесел - бектин кесели, - деди аппак тиштерин кашкайтып* (Касымбеков).

КИРПИГИНЕ КИР ЖУГУЗБОО. 1. Бапестеп багуу, таза кармоо, күтүү. *Өзүм төрөгөн баламдан артык көрүп, кирпигине кир жугузбай алпештедим* («Кыргызстан маданияты»). *Баламды өзүм алам. Кирпигине кир жугузбай өзүм багам* (Тойбаев). *Кирпигине кир жугузбай бапестеп багат* (Ш.Үмөталиев).

2. Ашыра мактоо, көтөрө чалуу. *Анысына карабай Досалиев өзүнүн эсеп-кысап кызматкерлерин жандай сүйөт, алардын кирпигине кир жугузбайт* («Чалкан»). *Бир ай бою кирпигине кир жугузбады* («Чалкан»).

В.: Кир жугузбоо. *Домбунун өлүмүн табалап, бүткүл жамандыкты, жабырды ошого шылтап, караламанды сооротуп, хан атын, хан даражасын кир жугузбай коргоп отурбады беле* (Касымбеков).

КИРПИГИМ-КАШЫМ ДЕБӨӨ. к. Кабагым-кашым дебөө.

КИРПИГИНЕ МУЗ ТОҢУУ. Ачуусу келүү, каарануу. *Кабагына кар жаап, кирпигине муз тоңуп отуруптур* (Ш.Үмөталиев).

КИРПИГИНЕН ТАРТСА ЖЫГЫЛЧУДАЙ. Абдан алсыз, начар, аран эле жаны бар, ырп этерге алы жок. - *Дени сак болбой куруп калсын, карабайсыңбы кебетесин, кирпигинен тартса жыгылчудай* (Акматов). - *Балам, кирпигиңден тартса жыгылып кетчүдөй экенсиң* (Осмоналиев).

КИРПИК ИРМЕБӨӨ. к. Кирпик какпоо.

КИРПИК ИРМЕГЕНЧЕ. Заматта, бир паста, көз ачып-жумганча. *Кирпик ирмегенче кезден кайым болду.*

В.: Кирпик какканча. *Кирпик какканча болбой чоочун машина дыр коюп жүрүп кеткенде далдайып ордунан жылбай далайга чейин турду* («Кыргызстан маданияты»).

Кирпик ирмемде. *Кирпик ирмемде көз алдынан чубурган окуя Равилдин жүрөгүн канатты* (Өмүрбаев). *Апкаарыган Байымбет кирпик ирмемде кайра чыйралды* (Бейшеналиев).

КИРПИК КАКПОО. Уктай албай коюу, уйку бетин көрбөө, уйкусу качуу, чырм этпөө. *«Бечара бул да кирпик какпай күтүп жаткан экен го», - деп тиги аялды аяп кетти* («Кыргызстан маданияты). *Чалгынга барган берендер Чаалыгып кирпик какпады* (Бөкөнбаев). *Кош кубаныч жүрөгүн туйлатып Кычан түндүн далайына чейин кирпик какпады* (Бейшеналиев).

В.: Кирпик-көзүн какпоо. *Таң атканча кирпик-көзүн каккан жок* (Жантөшев). *Экинчи күнү такыр кирпик-көзүн какпай чыкты* (Акматов).

Кирпик кага албоо. *Көп күндөн бери аттан түшпөй, ат үстүндө талыкшып, ат үстүндө үргүлөп келгенине карабай, эч кирпик кага албады* (Касымбеков).

Кирпик ирмебөө. *Постто кирпик ирмебей турдум* (Каралаев). *Үй-бүлө кирпик ирмебей маңдайыңда* (Осмоналиев).

КИРСЕ ЧЫККЫС. Адам кызыккыдай жасалгалуу, таза, кооз (үй-жайга карата). *Эми, алардын жашоосун сураба, үйүнө кирсең чыккыс* («Чалкан»).

КИЧИ ПЕЙИЛ. Мүнөзү жөнөкөй, карапайым, сылык, элпек. *Он баланын ичинде ата-энеге, отун-сууга карамдуусу, колунан көөрү төгүлгөн устасы, кичи пейил билимдүүсү - силердин күйөө балаңар эле* («Кыргызстан маданияты») *Ал жогорку билимдүү, өз ишин жакшы билет, кичи пейил* (Егиналиев). *Мынчалык эмне кичи пейил болуп кетти десе?!* («Кыргызстан маданияты»).

КИШИ АЛАСЫ ИЧИНДЕ. Адамдын оюнда эмне бар экенин билип болбойт, адамды сыртынан болжолдоп билүү кыйын. *Киши аласы ичинде, өзгөчө арызчылдардан сак болгула* (Бердикеев).

КИШИ БОЛУУ. 1. Чоңоюу, эс тартып, өз оокатын өзү жасагыдай болуп калуу. *Аман жүрсө киши болор. Жаман чүрпөлөрү киши болуп калды* («Ала-Тоо»).

2. Оорудан жакшы болуу, айыга баштоо, баш көтөрүп калуу. *Кагылайын ачык айтып, ак сүйлөчү, абалы кандай, киши болчудайбы?* (Бердикеев).

КИШИ КАТАРЫНА КОШУУ. Тарбия-таалим берүү, адам кылуу, кам көрүү, элге аралаштыруу. *Андай ооруйт экен өзүн эле окутуп-чокутуп, киши катарына кошсоңор болбодубу кагылайын* (Өмүрбаев).

КИШИ КЕЛДИБИ, ИТ КЕЛДИБИ ДЕБӨӨ. Эч көңүл бөлбөө, назар салбоо, теңсинбегендей мамиле жасоо. *Ата-а киши келдиби, ит келдиби буларга баары бир белем* (Ашымбаев).

КИШИ КОЛДУУ БОЛУУ. 1. Өз ажалынан эмес, бирөө тарабынан өлүм табуу, өлтүрүп коюу. *Мунун киши колдуу болуп өлгөнүн же өз ажалынан мурт кеткенин кийин аныктарбыз* (Бектенов). - *Осоке, Жоодар киши колдуу болуптур! -деди* (Өгөбаев). *Алымкул аталыктын киши колдуу болушу булардын ортосун ого бетер суутуп кетти* (Касымбеков).

2. Уурдалуу. *Саап турган ую киши колдуу болду. Жылкы жоголбой эле киши колдуу болгону билинди* (Ш. Үмөталиев). *Акынды менден жакын билген киши жок, дептери киши колдуу болуп кетиптир* (Абдукаимов). *Билип коюңуз, дептер киши колдуу болгон жок, биз да бирдемени түшүнөбүз* (Абдукаимов).

В.: Душман колдуу болуу. *Жөнөкөй кишилер эмес, кадимки даңазалуу баатырлар да капилет басканда душман колдуу болушкан* (Абдукаимов). *Ал душман колдуу болуп, майып кылынышы айдан ачык* («Ала-Тоо»).

КИШИ КӨЗҮН КАРАБОО. Бирөөгө көз каранды болбоо, өз алдынча болуу. *Киши көзүн карабай, кийик атып жан бактык* (Калык).

КИШИГЕ ЖУГУМУ ЖОК. Колжойгон, эби жок, бирөө менен ымалага келе албаган, кербезирээк. *Кишиге жугуму жок бир байкушсуң! Минтип жүрсөң, кантип жан багасың* («Ала-Тоо»).

КИШИНИН ИЧИНЕ КИРИП ЧЫККАНДАЙ. Бирөөнүн оюндагысын так билгендей, ага аралашып жүргөндөй. *Сарыгулдун мына ушундай кишинин ичине кирип чыккандай сүйлөмө адаты бар* (Абдукаимов).

КИШИ САНЫНАН ЧЫГУУ. Катарга кошулбоо, илүүгө алынбоо, эч көңүл бурулбай калуу. *Антүү колунан келбегендери киши санынан чыгып калат* (Айтматов).

КОЁНДОН ОКШОШ. Опокшош, бирин экинчисинен айрып алгыс, союп каптагандай. *Коёндой окшош козусу Коюңар туугандан эгизден* (Маликов).

В.: Коёндой окшош. *Коёндой окшош кыздар ээрчишип келе жаткан жеринен чоң эненин көзүнө чалдыкты* («Ленинчил жаш»).

КОЁНДУН АЯГЫН ЖЕГЕНДЕЙ. Тынчы жок, бир жерге тынч алып тура албаган, ары - бери ойдологон (көбүнчө балдарга карата айтылат). *Коёндун аягын жегендей жүрөт да, кечинде суй жыгылат.*

КОЁНДУН ЖАТАГЫНА ЧЕЙИН. Бүт бардыгын, ийне-жибине чейин ой-чункурунан бери, эч нерсесин калтырбай. *Аскар коёндун жатагына чейин жазбай байкашка ашыгат* (Сыдыкбеков).

В.: Коён жатагына чейин. *Бул жерде коён жатагына чейин жазбай билгендигин ошондо түшүндүк* («Кыргызстан маданияты»).

КОЁН ЖҮРӨК. Өтө эле коркок, жүрөгү жок, өтүмү жок. *Мен бир көлөкөсүнөн корккон*

коён жүрөк байкушмунбу? (Абдукаимов). - *Кокуй, ой, коён жүрөк десе, коркпо!* (Жусупов).

В.: Суу жүрөк. *Айтпадымбы! -деди Омор оңдоно калып, суу жүрөксүң өзүң* (Сыдыкбеков).

КОЗУ САЛУУ. Өлүк тууп таштоо, баласы өлүк түшүү. - *Ой, айланайындар, акырын, бирин бири тебелеп кетип, тууй элек койлор козу салбасын, - деди Асылбүбү безилдеп* (Жантөшев). *Ай арасында бооз койлор кичине эле ачка болсо козу салат* (Кыдырмышев).

КОЙ - АЙГА КЕЛБӨӨ. Тил албоо, сөз укпоо, кепке көңүл бурбоо. *Алардын кой-айларын укпай, сезбей койгондо «Чалкан» журналынан киши барды эле, алдастап жаныңды катаар жай таппай калдың* (Егиналиев).

КОЙДОН ЖООШ. Момун, токтоо, созулган, аркы-берки менен иши жок. *Колуктуң койдон жоош экен* (Тойбаев).

КОЙ МААРЕК ТАРТУУ. Жоошуп калуу, токтоо тартуу. *Ар ким өз кесиби менен кошулуп, кой маарек тартып, жыргал берекесине бөлөндү* (Медетов).

КОЙ ООЗУНАН ЧӨП АЛБАГАН. Кишиге өйдө карабаган, абдан жоош, момун, куулук-шумдугу жок, эч кимге жаманчылык кылбаган. *Кой оозунан чөп албаган момун не бир адамдардын сөөгү ушул мүрзөдө чириген* (Осмоналиев). *Бул менин кой оозунан чөп албаган бечара туганым* (Касымбеков). *Үй ээси мурун деле кой оозунан чөп албаган момун киши эле* (Борбиев).

КОЙ ТЕРИСИН ЖАМЫНГАН. Өзүнүн чыныгы жүзүн, ким экендигин жаап-жашырган, түрүн өзгөртүп, тымызын душмандык кылган. *Кой терисин жамынган амалдуу бай, манап, молдо, кожолордун бетин ачууда, тап күрөшү айыгышкан учурда «Насыят» таасирдүү курал катары пайдалануда* (Бейшеналиев). - *Коёнкезов кой терисин жамынган эл душманы! - деди комиссиянын башчысы шапкесин мыкчый ордунан обдулуп* (Акматов). *Сыртынан эле окшошкон менен дилинде паракор, көшөкөр, алдамчы болгондорду «кой терисин жамынгандар» дешет* («Чалкан»).

КОЙ ҮСТҮНӨ ТОРГОЙ ЖУМУРТКАЛОО. Жыргал-чылык, телегейи тегиз, бейпил

турмуш болуу, жыргал заман орноо. *Кой үстүндө торгой жумурткалап, жесир катын миң, кой айдап, мал башын бура албай, нандан кашек чыгып калган заман келер!* (Ш.Үмөталиев). *Алыш-бериш, катышыңарды улап, кой үстүндө торгой жумурткалаган, байгерчиликте жашай бересиңер* (Бейшеналиев). *Токчулук деген кой үстүндө торгой жумурткалайт, - деп эңсеген заман ушул* (Бейшеналиев).

КОКОЛОЙ БАШЫ. к. Кара башы.

КОКОН ПЕШКЕ САЛЫП КОРКУТУУ. *диал.* Курулай эле коркута берүү, опузалай берип бирөөнүн сесин алуу, ормон опуза жасоо. *Мен анысына жумшарганым жок, Кокон пешке салып коркута бердим* (Жигитов). *Ал Тумөн экөөбүздү тең бак-бак этип тилдеп, Кокон пешке салып коркутуп, Түмөнгө опурулуп тийди* (Жигитов).

КОКУЙ АЛАТТЫ КОШТОТУУ. Катуу өкүрүп, суук кабар билдирүү, үнүнүн барынча жаман ой камтылган өкүрүк чыгаруу. *Өзү үңүлдөп тышка чыгып, эшиктин алдына өбөктөп, таяк таянып туруп алып, кокуй алатты коштотуп өкүрүп кирет* (Кыдырмышев).

КОКУЙДУН ҮСТҮНӨ АЛАТ БОЛУУ. Өлгөндүн үстүнө көмгөн болуу, кыйынчылыктын үстүнө дагы кыйынчылык кошулуу. *Кокуйдун. үстүнө алат болгон турбайбы деген үндөр чыкты* (Жантөшев).

КОЛ АЛДЫНДА. Бирөөнүн карамагында, бийлигинде, бирөөгө көз каранды. *Кол куушуруп көзүн карап тургандай мен анын кол алдында эмесмин, - деди Култай* (Абдукаримов).

В.: Кол астында. *Анын кол астында жергиликтүү элден үч киши иштейт* (Сыдыгалиев). *Кайненинин кол астында илбериңки, айтканды бүтүрүп, дегенди орундаткан элпек келин болчу* (Сыдыкбеков).

КОЛ АРАГА ЖАРОО. Тестиер тартып, майда-чүйдө иштерди аткарууга, кол кабыш кылууга жарап калуу, чоңоюп жеңил-желпи жумуштарды иштей баштоо. *Балдарынын улуусу тестиер тартып, кол арага жарап калган кези* (Сыдыкбеков). -

Өзүм бейтаптаган кезде булардын кол арага жарап калганын көр (Осмоналиев).

КОЛ БАЙЛОО. Жолтоолук, тоскоолдук кылуучу, убактысын алып буйдалтуучу, будоо болуучу. *Көрсө, мен алдына өңөрүлүп, энеме кол байлоо болуп жатыпмын* (Сыдыкбеков). *Кол байлоо болчу жүктөрү жок, Батийналар поезд токтосо болду, шып түшүп кетишке белен* (Сыдыкбеков). *Жалчылык гана кол байлоо болуп турат* («Ала-Тоо»).

КОЛ БАЛА. Жашынан, кичинесинен бирөөнүн колунда туруп, өздөй болуп үйрөнүшүп кеткен балага же келинге карата колдонулат. *Жашында жетим калды. Айылдагы динчилге кол бала болуп кат тааныды* (Бейшеналиев). *Алай эненин айдыңында кол баласы катары курсант дооран сүрүүдө* (Бейшеналиев).

КОЛ БАЛА. Баласы сыяктуу, өз баласындай. *Ал Тыныбекти шынаарлап, жеке кол балалык кызматында гана эмес, шакирти катары өнөрүн жугузду* (Бейшеналиев).

КОЛ БАШЧЫ. Колго, аскер күчтөрүнө, согуш күчтөрүнө жетекчилик кылып башкаруучу, командачы.

КОЛ БАШЫНДАЙ. Кичинекей, чакан. *Кол башындай ак баштык, Ал Төштүккө чак баштык* («Эр Төштүк»).

КОЛ БЕРҮҮ. Саламдашуу, учурашуу. *Ага кол беришкен таанымал чиновниктер, байбачалар менен туздаш-даамдаш болгон* (Сыдыкбеков). *Бөтөнчө, ооруп жаткан Сатылган «Ак Эшенге кол берген Шадыбекти митаам дешке болобу», - деп ойлоду* (Аалы).

КОЛ ЖООЛУК. Өз алдынчалыгы жок, бирөөнүн эркине баш ийген, бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган. *Бош койдой тоболдорго жасакерленип, алардын кол жоолугуна айлансам, биз да байыыр элек* (Бейшеналиев).

КОЛ ЖУУП КАЛУУ. Колдо болгон нерсесинен, мал-мүлкүнөн ажырап калуу, эч нерсеси жок калуу, чыгымга учуроо. *Бөлөбала бар чарбасынан кол жуун, ого бетер катаал турмуштун торуна*

чырмалган (Осмонкул). *Уч-Булакка айдаган арпадан кол жууп кала бердик* («Чалкан»), *Эл бирин-эки малдан кол жууду, үй-ичин туташ түгөтүштү* (Шүкүрбеков).

КОЛ ИЙИКТЕЙ. Өтө илбериңки, жеңил-желпи, элпек, тил алчаак. *Кол ийиктей эпилдеген келинине Бурмаш суктана карады: бөйтөйүп, таптатынакай, кечөө чарчаганы билинбей кыргыйдай* (Садыбакасов).

КОЛ ИЙРИСИНЕ ТАРТУУ. Жакындарына, өз дегендерине, тууган-туушкандарына, жакын санаалаштарына жан тартуу, аларга мурдараак, көбүрөөк, жакшыраагын берүү. *Кол ийрисине тартып кетпес үчүн, контролдукка алып турууга милдеттүү* («Советтик Кыргызстан»). *Сен ошол кедейлердин тобунун башчысы экениңен пайдаланып, кол ийрисине тартат кылып, өзүңө көбүрөөк алып койдуң* (Эшмамбетов).

КОЛ КАБЫШ КЫЛУУ. Жардамдашуу, көмөк көрсөтүп кошо иштешип берүү. *Жыйым-терим бүтүп, иш сээлдегенден бери Калыйча да кол кабыш кыла баштады* (Саатов). *Жумуштан колу бошой калганда жыгаччылык мастерскоюна барып, андагы карт жыгаччы Иванга кол кабыш кылыша кетет* (Баялинов). *Күлайым эжекем да кол кабыш кылып алардын жанында* (Сыдыкбеков).

КОЛ КАЙРУУ. Көбүнчө өзүнөн улуулардын урганына, чаап жибергенине унчукпай тим болуп калбай каршылык көрсөтүү, жооп кылып кайра уруу, кармаша кетүү, кол тийгизүү. *Мерген жарамсыздыгын билгендиктен эч кол кайырган жок* (Аалы). *Бешиктен бели чыкпай жатып кишиге кол кайырат* (Борбиев). *Өчүн ала дем алдырбай койгулап, тигинин кол кайрууга чамасын келтирбеди* (Эсенканов).

В.: Кол кайтаруу. *Кол кайтарбаганым менен, каргап шилөөдөн тартынганым жок* («Советтик Кыргызстан»). *Мен кол кайтарбайт деп коомай турган Аликти ооз талаштыра коюп жибердим* («Ала-Тоо»).

Кол көтөрүү. Канча кылган менен тартынды окшойт, кол көтөрө алган жок («Ленинчил жаш»). *Урушканда адегенде эң оболу ким кол көтөрсө, ошол күнөөлүү* («Чалкан»).

КОЛ КАРМАШУУ. Биргелешүү, бирин-бири колдоо, ынтымакташуу, биригүү, кошулуу. *Адегенде өзү көрүп, баарлашып, көңүлү табышканына кол кармашат* (Бейшеналиев). *Киришиштик кол кармашып, белди байлап* (Турусбеков).

КОЛ КЕСЕР. Мал сойгондо малды союп берген адамга эттей берилүүчү бир аз үлүш же жалпы эле бир нерседен ала турган өзүнө тиешелүү энчи. *Кол кесер бар. Кол кесерин алды.*

КОЛ КОЮУ. 1. Каңдайдыр бир документтин, картинанын, белгилүү бир текстин ж.б. алдына фамилиясын өз колу менен жазып, аны ырастоо, же бир нерсеге макулдугун, бир нерсенин аныктуура экендигин билгизүү. *Документтерге кол койду. Отпускага чыгуу жөнүндөгү арыздарга кол койду*

2. Кандайдыр бир иштин, бир нерсенин аткарылышы, бүтүшү жөнүндө бирөөгө карата ишеними артуу, ошол иштин аткарылышына көзү жетүү, ага толук макул болуу. - *Кагылайын Зукешим, сага мен эми кол койдум, ишке жарапсың, - деп, өзүнөн өзү күлүңдөдү* (Баялинов). *Бо-о дейре анчейин теңиме алчу эмес элем. Көрсө, касиети артык «машайыкка» айланыпсың. Кол койдум, баатыр акеси. Аман бол* (Бейшеналиев).

КОЛ КӨТӨРҮҮ. 1. к. Кол кайруу.

2. Багынуу, баш ийүү. *Душман кол көтөрүп астыга түштү* (Жантөшев).

КОЛ КУУШУРУУ. 1. Кечирим суроо, сурануу, алдына түшүү, өтүнүү, өтүнүч кылуу. *Тебетейимди колтугума кысып, кол куушуруп, мөгөдөй ийилип бий алдында мөгдөдүм* (Сыдыкбеков). *Күнөөсүн кечкин, кызым!-деп, кол куушуруп сурады* (Барпы). *Кол куушуруп кудаларың, келет, андан көрө ошолорду күт* («Чалкан»).

2. Баш ийүү, багынуу. *Азаматтар эл намысын сактаган, кол куушуруп, бут кучактап жатпаган* (Маликов). *Тоголок Молдо акунума теңелбей, кол куушуруп, жолуна бөгөт болбоюн дегениңби?* (Бейшеналиев).

КОЛ КЫСКА. Ойлогон оюн, көздөгөн максатын ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү жок, жетишсиз,

колунда жок, жоксуз. *Кагылайын Батийна, сени кара зоонун астынан сууруп алаармын дедим эле. Айлам жок. Кол кыска, өзүм алсыз экемин* (Сыдыкбеков). *Кол кыска. Бирок, экөөбүздүн алма-терме алмашкан өнөр сыйыбыз мансаптуулардыкынан кымбат эмеспи* (Бейшеналиев). *Акыл жетсе, кол кыска, Алдаттым ачуу турмушка* (Сыдыкбеков).

КОЛ САЛУУ. 1. Уурдоо, бүлдүрүү, бирөөнүн же көпчүлүктүн мүлкүн законсуз өзүнө ыйгарып алуу, уруксатсыз менчиктеп алуу. *Ачкадан өлсөм өлөм, бирок бирөөнүн ак эмгегине кол салбаймын* (Байтемиров). *Менин малыма кол салып, семиздеп сойгонду ким коюптур аларга* (Бейшеналиев). *Ортоктун малына кол салып, мен жинди болуптурмунбу?* (Бейшеналиев).

2. Бирөөгө тийишүү, колу тийүү, уруу. *Тоймат хулиганды карыдан алып, бой тирише кеткен ага атына жетип кол салды* (Өмүрбаев). *Шымаланган жигиттер ыкыс берип, Зуураканга кол салганы араң турушат* (Сыдыкбеков).

3. Согуш ачуу, уруш баштоо, басып кирүү. *Атаман Дутовдун армиясы Кокон, Маргалаңга кол салат экен деген айың тарады* (Сасыкбаев). *Башчыңа колум саламын бурут, Малыңды талап аламын бурут* («Манас»).

4. Тиш салуу. *Ач карышкыр кишиге тиш салат.*

КОЛ СУНУУ. Көздөгөн максатка, ойлогон ойго жетүүгө умтулуу, аракет кылуу, далалаттануу. *Балам, болбос ишке бекер кол сунба, - деди* («Ала-Тоо»). *Пайдаланып алтын жаштан, Кол сунгула жылдызга* (Аалы). *Кол сунам сендей селкиге* («Чалкан»).

КОЛ ТИЙГИЗҮҮ. 1. Кандайдыр бир ишти аткарууга, иштөөгө бир аз катышкан болуу, көмөктөшүү. *Акман талаа жумуштарына да кол тийгизишет* (Сыдыкбеков). *Ага чоң да, кичине да кол тийгизип иштеп жатышат* (Сыдыкбеков). - *Айтпадымбы. Сырткы, ички көр оокатка колуңду тийгизбе. Өзүм тейлейм* (Бейшеналиев).

2. Бирөөнү чаап жиберүү, уруп же муштап ийүү. *Саадатка сөз эмес кол тийгизе турган болуп жүрүп, акыры иштин акыйкатына көзү жеткен Муса Саадаттын*

бутуна жыгылып, кечирим сурады (Абдукаимов).

КОЛ ҮЗБӨӨ. Байланышта, карым-катышта болуу, мамилесин бузбоо. *Ынтымактуу турушкан экен, ошолордун салты менен биз дагы арабызды алыстатпай, кол үзгөн жокпуз* (Айтматов).

КОЛ ҮЗҮҮ. 1. Байланышпай, барышып-келишпей, катышпай, катташпай калуу, байланышы болбой калуу. *Катышып кол үзбөй турганыбыз да дурус* (Бейшеналиев). *Атай Маматтан кол үзөйүн десе, Седеп менен жолугушууга мүмкүндүк берген ушул үй гана* (Каимов). *Мен да сага ошондон кол үз деп айтканы жаткам* (Саатов).

2. Бир нерседен ажыроо, айрылуу, такыр кол жуун калуу, жок болуу. *Биз биртике эле көзүбүз мындай боло калса, жылкылардан кол үзүп кала турганбыз* (Баялинов). *Врачтар болбогондо жаштайынан жарыкчылыктан кол үзмөк* («Ден соолук»)

КОЛ ШИЛТӨӨ. 1. Колу менен белги берүү. *Жолдошу акырын кол шилтеп койду* («Бишкек шамы»).

2. Эч нерсеге карабай, бардыгын таштап салуу, мейли кереги жок деп коюу, бардыгына көз жумуу. *Сабира бул өңдүү ойлорго коп баткан сайын, акыры баарына кол шилтеп баса берди* (Абдукаримов). *Акыры баарына колун шилтеп көз жумдуга салды* (Абдукаимов).

КОЛГО АЛУУ. 1. Ишти же башка нерсени жөнгө салуу, жакшыртуу аракетинде болуу, өйдөлөтүүгө, оңдоого катуу аракеттенүү, белсенип киришүү. *Өзүң жакшылап колго алсаң, бат эле адам болуп кетет күйөөң* (Сыдыкбеков). *Чарба төмөндөп кетти, колго албасак болбойт* («Чалкан»).

2. Бирөөнү өз тарабына тартуу, өзүнүн айткан-дегенинен чыкпай тургандай кылып, аны менен мамиле түзүп, муютуп коюу, өз кишиси кылып алуу. *Обулустта чоң кызматта иштеген тааныштарды колго алып, ...өзүңө жакын кедейлердин уулун кызматка көтөрүү максатын көздөдү* (Каимов). *Айтор, эртеңки күн өздөрү үчүн кандай болорун бүрүл баамдаган өкмөттүн жаш окулун жакшылап колго алып коёлу деген ойдо Качыкенин ичкойнуна киришти* (Сыдыкбеков).

КОЛГО КАРГА ЧЫЧАР. Дайыма эле жок бойдон турбас, жетишпеген, жоксуз абал оңолуп, жетишип кетер, бир жакшылык болор деген сыяктуу тилек кылуу маанисинде колдонулат. *Биздин колго да карга чычар.*

КОЛГО КАРОО. 1. Материалдык жактан бирөөгө көз каранды болуу. *Жарды туугандарым минтип, колго карап отурат. Биздин деле алыбыз чак* («Ала-Тоо»).

2. Жыйылып оттой албай, колдон жем-чөп жеп, колго багылып калуу (малга карата). *Топоз кышында башка малдай колго карабайт* (Абдукаримов).

В.: Колду кароо. *Ырысы жок жетимдер да биздин колду карап отурат* (Элебаев). *Жер ала-телек болуп, мал анча колду карабай калды* (Абдыраманов).

КОЛГО САЛУУ. Көпчүлүктүн кароосуна, пикирине, талкуусуна коюу, добушка коюу. *А дегенде ачык колго салууну чечишти* («Советтик Кыргызстан»).

КОЛГО ТҮШҮҮ. 1. Уурулугу, кылмышы ж.б. билинип кармалып калуу. *Сак бол, колго түшүп калба!*

2. Туткун болуу, камалуу. *Калпа ажы колго түштү, кечээ түнү жыйырма беш аскер келип алып кетти. Байбичесин кайра курткага көчүргөнү келдим* (Бейшеналиев),

В.: Колуна түшүү. *Эгер Ташматтын колуна түшсөм мени сабабай коёбу* (Садыбакасов).

КОЛДОН АЛУУ. к. Жүгүн колдон алуу.

КОЛДОН АЛДЫРУУ. к. Намысын колдон алдыруу.

КОЛДОН КЕЛЕТ КЫЛУУ. Мансабына, күчүнө таянып өз билгендей иштете берүү, эркине койбоо, үстөмдүк кылуу. *Бир атанын тукумдары жесир-жетим деп, бизди колдон келет кылгыңар бар экен го?!* (Сыдыкбеков).

КОЛДОН КЕЛЕТ. Иштөөгө, аткарууга болот, жеңил, оңой. *Талап кылса, колдон келбей турган деле иш эмес, колдон келет* (Кыдырмышев).

КОЛДОН МАЙ АГУУ. к. Салаасынан май агуу.

КОЛДОН СУУРУЛГАН. Ар нерсеге эпчил, өтө тың, чыйрак, шайдоот. *Ошо кезде колдон суурулган шылуун ырчы, чоорчу Адылдын жээни Болот деген жигит... таежеси Мөөргө сырдаш өсөт* (Бейшеналиев). *Колдон суурулган эптүү, амал-айлалуу Баракан жаңы өкмөткө ак дили менен кызмат өтөгөн адам болуп көрүндү* (Сыдыкбеков). *Өзү колдон суурулган эпчил, ат үстүнөн үч адамга алдырбас камбыл жигит* («Ала-Тоо»).

В.: Колдон түшкөн. - *Ай таң. Бала чагында эле куулдак эле. Колдон түшкөн берен болуптур* (Бейшеналиев).

КОЛДОН ТАЛАШУУ. Күч алуу, абдан күчөп туруу же өтө кызыган, абдан жандуу абалда болуу. *Карышкыр колдон талашып турганда өтө сак болбосо кыйын* (Жантөшев). *Ормуш өзү баштап ушинтип жатканда, башкалар кантип карап турсун. Колдон талашып иштешпейби* (Байтемиров).

КОЛДОН ЧЫГАРУУ. 1. Бүтүрүү, бир жаңсыл кылуу, акырына чыгуу. *Ишти биротоло колдон чыгардык* («Жаш Ленинчил»).

2. Ажырап калуу, көл үзүү. *Кайран кишини бекер колдон чыгардым* («Чалкан»). *Жакшы бүлөнү бекер колдон чыгардык* («Ала-Тоо»).

КОЛДУ БАЙЛОО. Эркиндик бербөө, бошотпоо. *Ээ, дос, ал замандын каары, жакырчылык колду байлабадыбы* (Осмоналиев).

КОЛДУ КАРОО. к. Колун кароо.

КОЛДУН КИРИНДЕЙ. Бат эле жок болуп, түгөнүп кала турган, тез жоголуп кетме, түбөлүктүү эмес *Курган мал колдун кириндей беле? Ушинтип бир күндө кедей болуп калабы, кудай* (Сыдыкбеков). *Дүйнө, жашоо дегендин өзү колдун кириндей нерсеби?* (Садыбакасов).

КОЛДУН КЫЧУУСУН КАНДЫРУУ. Өзү ыраазы болуп, моокуму канганча (кумардан чыга) былчылдата муштоо, уруу, сабоо. *Колдун кычуусу кангыча былчылдатышса керек, бети билинбейт* («Ала-Тоо»). *Жаакка бир тартып жибердим эле, колдун кычуусу кана түштү* («Ала-Тоо»).

КОЛДУУ БОЛУУ. Өз ажалынан эмес, кандайдыр

бирөөлөр тарабынан, бирөөлөр аркылуу атайылап өлтүрүлүү деген мааниде колдонулат. *Билбейм, айтор, апамды атам колдуу болгон дешип атышат* (Саатов). *Эгер алар Таштанбектин ким колдуу болгонун ачык билишкен болсо, анын үйүн өрттоп жибермек* (Саатов).

КОЛКО КЫЛУУ. Милдет кылуу, догурунуу. *Болгону эки саат менин төркүнүмдү күткөнүңдү колко кылайын деп турасыңбы?* («Кыргызстан маданияты»).

КОЛОМТО ЫРЧЫ. Атагы көп анча алыска кетпей, майда-барат жыйын, топтордо ырдап жүргөн ырчы. кол ырчы. *Бошкой эшик ырчысы, коломто ырчысы катары унутулар* (Бейшеналиев).

КОЛОМТОСУН СЫЙПАЛАТУУ. Таптырбай кетүү, куйрук түйүү. *-Урушта туруш жок, токтоосуз көчөлү, Молдоке, Жалийге коломтоңузду сыйпалаталы, жер чапчып калсын, - деди Кашгари* (Бейшеналиев).

КОЛТУГУНА КИРҮҮ. Эпилдеп-жепилдеп бирөөгө жалынып, ишенимге өтүүгө, өз кишисиндей болуп жакындашып, аралашып кетүүгө аракеттенүү. *Курманбай мен жокто таенемдин колтугуна кирип алып, жамандай берчү* (Элебаев).

В.: Коюн-колтугуна кирүү. *Салийма эбиреп-жебиреп, Мария Петрованын коюн-колтугуна кирип кетти* (Абдукаимов). *Бошкой ырчы Мусакожо чоң болуштун... укум-тукумунан бери мактап, коюн-колтугуна кирген* (Бейшеналиев).

КОЛТУГУНА СУУ БҮРКҮҮ. Бирөөгө каршы көкүтүү, астыртан тукуруп, шилтеп коюу. *Караңгы кишилерди көкүтүп, колтугуна суу бүркөт* (Бектенов). *Момундардын колтугуна суу бүркүп, Самсахунга карай бет алдырууда* (Жантөшев). *Анын колтугуна суу бүркүп, мага аябай тукуруптур* («Чалкан»).

КОЛТУК АЧУУ. Душманга ички сырды билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү, чыккынчылык кылуу, ичинен орун берүү. *Намысы болсо жигиттин, жоого колтук ачабы?* («Семетей»). *Ким болсо да душманга колтук ачса, чоңойткон жердин тузуна кара санаса, тагдыры так ушундай болот* (Борбугулов). *Келдибек уулуна колтук ачып,*

жасакерленип жүргөндөр да бар экен (Бейшеналиев).

КОЛТУК КАГУУ. Ысык эле жаны туруу, араң жан, өтө начар абалда болуу. *Колтук кагып араң жан* («Манас»). *Оорулуунун абалы өтө кыйын, колтук кагып калыптыр* («Ден соолук»).

КОЛУ АЧЫК. Берешен, март, эч нерсени аябаган, аёну билбеген, жоомарт. *Маматтын колу ачык, кең пейил экендиги айылга билинди* (Каимов). *Ары сөзмөр, ары алыш-беришке колу ачык, шайыр адам эле* (Сыдыкбеков). *Мандикерлер көбүнчө колу ачык, эмгекти баалай турган кожоюндарды издейт* (Абдукаримов).

КОЛУ АШКА ЖЕТПӨӨ. Турмуш-тиричилик жагынан абдан начар, жетишсиз абалда болуу. Колу ашка жетпей, жер тырмалап, саан саап жан баккан момун элди ок, ажал менен коркутуп отуруп каптап кирди (Бейшеналиев). *Өмүр бою этегиң тизеңе жетпей, колуң, ашка жетпей... куурап жүрүп өт, - деди Арзыкул Жылдызканга* (Байтемиров).

КОЛУ БАЙЛАНУУ. Колу бошобоо, бир нерсени аткарууга мүмкүнчүлүгү болбоо, өз билгенин жасоого эркы боло албоо. *Эңкейген кары, эмгектеген жаш дегендей азыр менде мүмкүнчүлүк жок. Колум байлануу* («Ала-Тоо»). *Мен каалаганымды иштей албайм. Колум байлануу* (Каимов).

В.: Колу-жолу байлануу. *Менин колу-жолум байлануу. Күн-түн дебей, ата, энем кайтарууга алды* (Жантөшев).

КОЛУ БАРБОО. 1. Бирөөгө кол салууга, уруп же чаап жиберүүгө батына албоо, тарткынчыктоо (көбүнчө улуу кишилерге же алсыздарга карата ыйбаа кылуу, аёо маанисинде). *Канча кылган менен анын сакалын сыйлады го, ага теңелип кармаша кетүүгө колу барбады* («Ленинчил жаш»).

2. Кандайдыр бир нерсени иштөөгө, аткарууга чечкиндүүлүк кыла албоо, даай албоо. *Ошол аялдан келген катты ачууга колу барбай турду* (Абдукаримов).

КОЛУ БОШОО. Бош учуру, мүчкүнчүлүгү, убактысы болуу. *Колу бошой калганда энеси тээкке керип көрсөтүп берген сайманы саят* (Сыдыкбеков). *Үй турмушка*

бышык Сабира колу бошогон учурда Клава энесине каралашып турду (Сасыкбаев).

КОЛУ ЖЕҢИЛ. 1. Колуна алган иши бат бүтөт же тез өтөт деген мааниде.

2. Мал мууздаганда жаны көпкө чыкпай турган. *Колуң жеңил го, балам, кенедей козу эмгиче эле тыбырап жатат.*

3. Дарылоо, эмдеп-демдөө, аялдардын төрөтүн кабыл алуу сыяктуу иштери жолдуу боло турган, ал дарылаган адамдар тез айыгып кете турган. *Байбиче, колуңуз жеңил эмес беле, бала тез түшүп кеткиси бардыр* (Сыдыкбеков). *Колуңдан айланайын, колу жеңил деп көп кишиден уктум, - деди кемпир врач кызга* («Жаш ленинчи»). *Устатымдын колу жеңил, өзуң айткандай, ак жолтой болуп уулуңар айыкса... Молдокемдин жолдугу го башка... Менин көксөгөнүмдүн жолдугу го башка?* (Бейшеналиев). *Айылда бир бүбү кемпир бар эле. Ошого жөнөдү. Анын колу жеңил. Анча-мынча ооруну айыктыра коёт* (Айтматов).

КОЛУ ЖЕР АЛДЫНДА ЭМЕС. Колунан бир нерсе келет, такыр эле айласыз эмес, түңүлүүгө болбойт. *Биздин да колубуз жер алдында эмес, аларга бир керегибиз тиер* («Кыргызстан маданияты»).

КОЛУ ЖЕТПӨӨ. Ойлогонуна, каалаганына жете албоо. *-Эх, Турсунум, ...ат жетелеп барсам да ылайык. Аны кайдан табабыз, кол жетпейт, ким берет?* (Бейшеналиев).

КОЛУ ЖУКА. Колунда жок, жетиштүү турмушта эмес, оокат-тиричилиги чабал, жоксуз. *Колунда бар кишилерге эчтеке эмес, айрыкча колу жука адамдар карызга батат* («Ленинчил жаш»).

В.: Колу тайкы. *Колутайкы болгон менен дили бай азаматтын деле беси козуп, манаптын бой жеткен кызына ашык болот* (Бейшеналиев). *Колу тайкы, калың төлөөгө кудуретсиз, бой, жалчы жигиттер кубатташты* (Бейшеналиев).

Колу кыска. *Ойдо бар, бирок кол кыска.*

КОЛУ ЖУКАРУУ. Колунда болгон нерсесинен ажыроо,

начарлай баштоо, жетишсиз абалга келүү, жардылануу. *Кол жукарып, оокат-тиричилик тартыш боло баштады* («Ала-Тоо»).

КОЛУ ЖУКТУУ. Бардар, жетиштүү. *Колу жуктуу туугандары каралашчу, кыл куйрукту да ошо тапмак* (Бейшеналиев).

КОЛУ КАНДУУ. Колу тийгенин соо койбогон, мертинтип же өлтүрүп сала турган, ары-бери кызыл-жаян кылып шылып жиберген. *Колу кандуу жигит.*

В.: Камчысы кандуу. *Камчысы кандуу киши.*

КОЛУ КОКОНДО, БУТУ БУКАРАДА. Ар нерсе, бардык иш колунан келет, ошондой мүмкүнчүлүгү бар, колдой тургандары көп деген сыяктуу мааниде.

КОЛУ-КОЛУНА ЖУКПОО. Өтө тез, ылдам кыймылдоо, шамдагайлык менен тез-тез иштоо. Теримчи кыздарды карап турсаң, колу-колуна жукпайт. Булардын шамдагайлыгына аябай ыраазы болосуң («Ленинчил жаш»).

КОЛУ КУУШ. к. Колу тар.

КОЛУ КҮЙГӨН. Жалккан, коркуп, жалкоотой болуп калган. *Жумгалда иштеп жүрүп, кошуп жазуудан колу күйгөн* («Чалкан»).

КОЛУ КЫСКА. Ойлогон оюн, көздөгөн максатын ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү келбеген, алсыз, колунда бийлиги жок. *Кагылайын Батийна, сени кара зоонун астынан сууруп алармын дедим эле. Айлам жок. Колум кыска, өзүм алсыз экенмин* (Сыдыкбеков). *Намыска бек, тайманбас болсо да колу кыска, жолу тар зайып айласыз уу жуткандай жүргөн кези* (Сыдыкбеков). *Колу кыска, болбосо ал бүт дүйнөнү өрттөп, өзүнүн ушул азаттуу жүрүшү үчүн өч алат беле* (Айтматов).

КОЛУ КЫСКАРУУ. Бир нерсени иштөөгө, аткарууга мүмкүнчүлүгү болбоо, бийликтен, мансаптан ажыроо, мурдагыдай болбой калуу, колунан эч нерсе келе албоо. *Бирок, анын ойлогонундай болбоду, Кызыл-баштын колу кыскарды* (Каимов).

КОЛУ КЫЧЫШУУ. Кандайдыр бир ишти иштегиси келүү же бирөөнү муштагысы

келүү, колу жөн турбоо деген сыяктуу мааниде. *Колум кычышып турат. Анын колу кычышып турат.*

КОЛУ ООЗУНА ЖЕТҮҮ. Өз алдынча жан сактоого, жашоого жетишүү, мүмкүнчүлүгү болуу, турмуш шарты оңолуу. *Бул үй колу оозуна жетпеген бир шордуунуку экенин сураштырбай эле билгидей* (Жантөшев). - *Үйлөнө элексиңби? - Кайдан. Эки кол оозго эми жеткенсиди. Мында жүргөнүм да ошол себептүү* (Осмоналиев).

КОЛУ ООР. Мууздалган малдын жаны тез чыккан, колунан мал тез өлгөн, чапканын майып кылган.

КОЛУ ТАЙКЫ. к. Колу жука.

КОЛУ ТАР. Колунан оңой менен эч нерсе чыкпаган, катуу, зыкым, сараң. *Колу тарды март кылып, сандыктан нан алдырган* (Осмонов).

Колу чүрүш. *Чүмчүңдөгөн колу чүрүш неме экен, көп деле жарыта алган жок* («Ала-Тоо»).

КОЛУ ТИЙҮҮ. 1. Убактысы, мүмкүнчүлүгү болуу, шарты келүү, колу бошоо, чолосу тийүү. *Бирок Жапар кетеринде, «келип-кетип турам» деп энесине канчалык убада берсе да, жумуштан колу тийип үйүнө көп келе алган жок* (Баялинов). *Жумуштан колум тийбейт.*

2. Бирөөнү чаап, муштап жиберүү, уруп коюу. *Сакалдуу кишиге колум тийип калды, айыптуумун. Кээде тоң моюндук кылышса айтып-деп түшүндүргөндүн ордуна кыйкырып-бакырып колум тийчү* (Мырзаев).

КОЛУ ТУТКАК. Майда-чүйда нерселерди, колуна тийгенди уурдап, жымырып, кете берме, жулук ууру, кичине уурулук жайы бар. *Биздей кезинде эле чоң муштум, тентек, шылуун, колу туткак неме болчу* (Саатов). *Колу туткак байбичелер өздөрүнчө бүлкүлдөшүп, күлүп жөн болушту* («Куйручук»).

КОЛУ УЗАРУУ. 1. Турмуштиричилиги оңолуу, жакшылыкка, кенен турмушка жетишүү, оңоло баштоо. *Турмуш оңолуп, кол узарса, кыз берүүдөгү шаан-шөкөт кошо күчөйт экен* (Эшмамбетов). *Эргешбайдын колу узарбады,*

чекеси жылып марыбады (Борбиев). - *Эх, аюум, теңирде теңдик жок. Колубуз узарар күн барбы* (Бейшеналиев).

2. Жардам көрсөтөр, жүгүн жеңилдетер бүлөлүү болуу. *Балдары бойго жетип, колу узарып калды* (Сыдыгалиев). *Кыз берип, куда күттүң, келин алдың, колуң, узарды* (Эралиев).

КОЛУ УЗУН. Кандайдыр бир ишти иштөө, аткаруу колунан келүү, күчү жетүү. *Биз барып чоң той кылалы, Колубуз узун болгон соң* (Эшмамбетов). *Өкмөттүн ниети таза, колу узун* (Аалы).

КОЛУ УЯЛУУ. Алам деген нерсесин ала албай умсунуп калуу, оңтойсуз, ыңгайсыз абалда калуу. -*О-о! Колуң, уялбасын. Мунун кунуна менин күржүйгөн байым түшүнөт дейсиңби* (Бейшеналиев). *Мэ, колун, уялбасын алып тур* (Осмоналиев).

КОЛУ ЧҮРҮШ. к. Колу тар.

КОЛУН АДАЛДАТУУ. Сүннөткө отургузуу. *Баласынын колун адалдатамын деп, той өткөрдү.*

КОЛУН БАЙЛОО. Башка ишке мүмкүнчүлүк бербөө, чолосун тийгизбөө, жолтоо болуу. *Кайра-кайра кеңеш куруу, камынуу, ичкериге түшүндурмө, арыз наамэ жазуу түйшүгү арбын, менин колумду байлады* (Бейшеналиев).

КОЛУН КАРОО. Материалдык жактан бирөөгө көз каранды болуу. *Эми аялы таштап кетсе, кимдин колун карар экен?* (Каимов). *Керкибай мурда энесинин колун караса, эми Шайыркүлдүн көзүн карай турган болгон* (Каимов).

КОЛУН МУРДУНА КАТУУ. к. Эки колун мурдуна катуу.

КОЛУН МУРДУНА ТЫГУУ. к. Эки колун мурдуна тыгуу.

КОЛУН СУРОО. Аялдыкка алууга сунуш кийрүү, жуучу жиберүү, сүйлөшүү. *Кулбаш аксакал кыздын колун сурап жуучулардын келген-келбегенин билүүгө аракет кылды* (Абдукаримов).

КОЛУН УЗАРТУУ. Жардамдашуу, жардам көрсөтүү, ишин жеңилдетүү *Байтымбет колумду узартып чарбакты*

ээлесин Бала-ботo аталып, колумду узарткан тилмечимди кагып-согуп кодуласам түбүбүзгө зак кетер (Бейшеналиев).

КОЛУН УЯЛТПОО. Шагын сындырбоо, ыңгайсыз абалга калтырбоо. *Менин колумду уялтпай алып коюңуз, ата* (Саатов).

КОЛУНА ЖУКПОО. Бир нерсеге жардамдашып, жасашып коюдан «эч нерсе болбойт», «андан жаман деле болуп кетпөө» деген мааниде бирөөгө жеме оодаруу. *Жана колум какшап, казанды жууй албай жатканда, суу ала жүгүрүп келип от жагып жиберсең, колуңа жукпайт эле го?* (Жантөшев).

КОЛУНА КАРГА ЧЫЧАР. «Биздин колго да бир нерсе тиер», «колубуз куру болбой биз да оңолорбуз» деген сыяктуу үмүттөнүү жакшылыкты күтүү маанисинде колдонулат. *Бакыр адам паанада. Биздин колубузга да карга чычар* (Бейшеналиев).

КОЛУНА КОЛ, БУТУНА БУТ БОЛУУ. Бардык ишин бүтүргөн жардамчысы болуу, жардамдашып көмөк көрсөтүп туруу. *Турсуну Айымкан менен эжесиңдидей кеперес, улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй мамиле жасап, колуна кол, бутуна бут болуп алынып, кетти* (Бейшеналиев). *Апам менин Каныкей Апай эненин колуна кол, бутуна бут болуп үйүнөн чыкпайт* (Бейшеналиев).

КОЛУНА ӨЛҮП БЕРҮҮ. Катуу каршылык көрсөтүү, өлбөгөн жерде калуу. *Сенин колуңа өлүп бербесем элеби?* («Кыргызстан маданияты»). *Кокус шайтан сайып угуп калса, төп жүрбөгөн кишини жининдей көрөрүн билесиң, колуңа өлүп берет* («Сүйүү жана үмүт»).

КОЛУНА ТҮШҮҮ. к. Колго түшүү. 1.

КОЛУНАН КЕЛИШИНЧЕ. Алынын жетишинче, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча. *Колуңан келишинче сыйлаганга үйрөн, ошого көн* (Мырзаев).

КОЛУНАН КЕЛҮҮ. Аткара алуу, орундата алуу, жарай алуу. *Деген менен жазыксыз куданы өлтүрүш Адыкенин колунан келген жок* (Сыдыкбеков). *Өңүн адам жерибесе, колунан баары келген мыкты кыз* («Ала-Тоо»).

КОЛУНАН КОКОН тыйын КЕЛБӨӨ. Эч нерсеге жарабоо,

пайдасы же жардамы тийбөө, эч нерсени аткара албоо. *Колунан кокон тыйын келбей делдейип басып жүргөндөр жокпу* («Кыргызстан маданияты»).

КОЛУНАН КӨӨРҮ ТӨГҮЛГӨН. Абдан уз, мыкты чебер, устат, колунан бардыгы келген. *Быяктын кыздарынын көбү келбеттүү, колунан көөрү төгүлгөн уздар* (Бейшеналиев). *Колунан көөрү төгүлгөн ургаачыга жолукту, бактысы бар экен, - деп Атайга да суктанышкан* (Каимов). *Колунан көөрү төгүлгөн усталардын да көзү түштү* (Тойбаев). *Ал турсун Таты таежем колунан көөрү төгүлгөн аял экенин коштум* (Ашымбаев).

КОЛУНАН ЧЫГУУ. Кимдир бирөө тарабынан аткарылып, иштелип бүтүү, толук орундалуу. *Шырдактын оюу-чийүүлөрү бири-бирине төп келип, эч кынтыксыз. Мыкты устаттын колунан чыкканы көрүнүп турат* («Кыргызстан маданияты»).

КОЛУНДА БАР. Жетиштүү, оокаттуу, бардар. Өзүндө жоктор колунда бар агайындан, айылдаштарынан күчүнө унаа алып, ага үбүн артып, бир-бирине каралаша өбөк-жөлөк болуп келатышкан кишилер кеңпейил, бейпилтартты (Сыдыкбеков).

КОЛУНДА ЖОК. Жетишсиз, начар, алсыз, жоксуз. *Энебиз жесир, колунда жок* (Сыдыкбеков). *Адилетсиз турмуш ай, Колунда жок болгон соң, Бечаралык ушундай* (Токтогул).

КОЛУНДА ТУРАТ. Бийлик өзүндө, бардыгын өзү билет. *Бул бечаралардын тагдыры азыр анын колунда турат, эмне кылам десе өзү билет да* («Ала-Тоо»).

КОЛУНУН КЫЧУУСУ КАНУУ. Моокуму канганча абдан былчылдата уруу, согуу ж.б. сыяктуу мааниде. *Егордун колунун кычуусу канды окшойт, сөгүп-сөгүп, көчүккө бир тээп кайдадыр аттанып кетти* (Саатов). *Колунун кычуусу канганы менен кучунашы тарабады* («Чалкан»).

КОНОК КААДАСЫ КЫЛУУ. Келген меймандарга төшөк салып, орун даярдаганча сыртка чыгып туралы деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Конок каадасы кылалы деген Сооронбайдын сөзүнөн улам отургандардын бардыгы тышка чыкты* (Жантөшев).

КОРКОК БИЛИШ. Кандайдыр бир айыбын, кылмышын ачып коёбу, ал билинип калабы деп кимдир бирөөдөн чочулаган, батына албай тайсалдаган, ага көз каранды болгон абалга карата. *Кейпи коркок-билиш болуп калган жери болууга тийиш* («Ала-Тоо»). *Кымыз ташыгандай менин сага кандай коркок-билиш жайым бар эле?* (Байтемиров). *Бакир атама коркок билиш болуп жүрдү* (Осмоналиев).

КОРС ЭТҮҮ. Орой мамиле кылуу, тумшугу менен бир тийүү. *Жийдегүл... жай сураса жөн жооп бербей, корс эткени эмнеси? - деп шагы сына түштү* (Сасыкбаев).

В.: Корс-корс этүү. *Баласынын оңурааак жооп бербей корс-корс этип чыгып кетиши, эненин жүрөгүн оорутту* («Кыргызстан маданияты»).

КОТУР ТАШЫ КОЙНУНДА. Жаман ойлуу, ичи арам, бирөөгө жамандык кылайын деген ниети бар, бузукулук ою бар. *О, наадан десе, кантер экен деп тим койсо, кылтыйып котур ташы койнунда турбайбы* (Байтемиров). *Сиздин койнуңуздагы котур ташты билген болсо, эне кургур «кайда кетсең да ала кет» деп жалынбас эле го* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Койнуна котур таш катуу. *Ал котур ташын койнуна катканды билбейт* (Абакиров). *Котур таш катып койнуна, Сур жылан ороп мойнуна* (Сасыкбаев). *Кээси койнуна котур таш катып, Заар тили ок болуп атып* («Чалкан»).

КОШ БОЙЛУУ. Боюнда бар. *Бирок, кудай жалгап, аялым бат эле кош бойлуу болду* (Эшмамбетов). *Каным кош бойлуу эле* («Ден соолук»).

В.: Кош кабат. *Келиндин кебетесине Караганда кош кабат өңдөнөт. Зарылдын кош кабат болушу Көзөрбекке жаккан жок* («Советтик Кыргызстан»).

КОШ КАБАТ. к. Кош бойлуу.

КОШ КӨҢҮЛ. 1. Эки анжы, олку-солку, чечкиндүү эмес, көңүлсүз, кайдигер гана. *Тосор шашпастан мурутун сылап, жоопту кош көңүл кайтарды* (Эшмамбетов). *Бул окуяга кош көңүл мамиле жасады* (Абдукаимов). *Теңсинбегендей чоюлуп жай басканы, камырап да койбогон кош көңүл мамилеси*

мени таң, калтырды («Ленинчил жаш»).

2. Талгак. *Гулжан, сен абдан азып кеттиң. Кош көңүл болуп жүрбө?* (Байтемиров). *Жеңе, кош коңүл деген эмне? Ал талгак деген сөз болот* («Ала-Тоо»).

КОШ СӨЗДҮҮ. Убадага турбаган, эки айткан. *Ар бирине көрүнгөндү ай-ткан кош сөздүү неме экен* («Ала-Тоо»). *Кош сөздүү кобур Кыйынсынып догур* (Тоголок Молдо).

КОШ ТИЗГИН. Бийлик, толук бийлик. *Жетик уулу Дүр көзүнүн тирүүсүндө эле кош тизгинди алууга дояр* (Бейшеналиев). *Жаңы заманынын ээси экенибизди айкындап, кош тизгинди колго алганда жыламын* (Бейшеналиев). *Берчи, кош тизгинди. Байлап, матап чөгөлөтөйүн.*

КОШОМАТКА КОЙ СОЮУ. Бирөөнүн алды-үстүнө түшүп жасакерленүү, жагынууга аракеттенүү. *Эсир артынан түшкөндөргө мамиле менен жагып, марттык менен таанышып, кошоматка кой союп кутулуп жүрдү* (Осмоналиев). *Хан Дыйканбай үйүндө жүргөнүңдү ырдадың Кошоматка кой союп, Күлгөнүңдү ырдадың* (Токтогул).

КОЮН-КОЛТУК АЛЫШУУ. Бири-бирине абдан жакын, ысык, ынак болуу, достошуу, өтө жакын ынтымактуу, таттуу болуу. *Букарбай Байымбетке коюн-колтук алыша удаа оргуй, кеперестей ымалалашкан сон, жаканы карай аттанышты* (Бейшеналиев). *Өзу ачык-айрым, киши менен бат эле коюн-колтук алышып кетчүлөрдөн болот* (Абдукаимов).

КОЮН-КОЛТУГУНА КИРҮҮ. к. Колтугуна кирүү.

КОЮН-КОНЧУНАН ЧЫКПОО. Өтө жакын болуу, тырмышып эч ажырабоо (көбүнчө балага карата). *Атасынын коюн-кончунан чыкпайт.*

КӨЗ АЙЫРБОО. Бирөөнү же бир нерсени тигилип көпкө карай берүү, тиктөө, тиктеп тура берүү. *Батийна алардан көз айырган жок* (Сыдыкбеков). *Келаткан аялдан көзүмдү айырбай, бүшүркөп кайра-кайра карай бердим* («Ала-Тоо»). *Соопкер колун жая дубананын оозунан көз айырбай тиктеп турат* (Осмоналиев).

В.: Көзүн албоо. *Алымкул башын көтөрбөй, Буурсун жиреп бараткан Бороздой көзүн албады* (Абдукаримов). *Жапар Жамыйладан көзүн албады* (Баялинов).

КӨЗ АКЫ. Кандайдыр бир ишти, же бир нерсени көрүп-билип жүргөндүгү, же ал иштин жакшы натыйжалуу болушуна тилектештиги, ниети туура экендиги үчүн тиешелүү деп эсептелген үлүш. *Чеченде жалпынын сөз акысы бар, байда кедейдин көз акысы бар* (макал).

КӨЗ АЛДЫНАН КЕТИРБӨӨ. Кайра-кайра элестете берүү, эсинен чыгарбоо, унута албоо. *Гулайым жан курбусу Алымкулду такыр көз алдынан кетирбейт* (Абдукаримов). *Ай, кагылайын Алтынай ай! Баягы Алтынай жок, анын акыркы элесин алигиче көз алдыман кетире албайм* (Жантөшев).

В.: Көз кырынан кетпөө. *Майда-чуйда значоктор да көз кырынан кетпеди* (Байтемиров).

КӨЗ АЛДЫНДА. Кимдир бирөөнүн (бирөөлөрдүн) көзүнчө, ошолор менен бирге жүрүп, бирге өскөн мезгилде, бирге болгон кезде. *Оо, андагы булардын балалык кези эмгиче көз алдымда* («Ала-Тоо»).

КӨЗ АРТУУ. Бир нерсеге абдан кызыгуу, суктануу, жетсем деп эңсөө же бирөөнүн бир нерсесин менчиктеп алсам, өзүмдүк кылып алсам деп сугалактык, ач көздүк кылуу. *Карып бул кызга көптөн бери эле көз артып жүргөн* (Абдукаримов). *Зарыл экөөбүзгө көз артчу жигиттер сапар тартышты* (Сыдыкбеков). *Ач көз өлсө да дүнүйөгө тойбойт, Бирөөгө көз артканын койбойт* (Шүкүрбеков), *Кедейдин кулук аты, жакшы жары болсо, ошого көз арткан байманаптын ит оорусу бар эле* (Баялинов).

КӨЗ АЧУУ. Бир нерсени жаңыдан таанып биле баштоо, илим-билимге ээ болуу. *Тагынып билим деген өткүр жарак, Көз ачып аны менен алга барат* (Абдыраманов).

КӨЗ АЧКЫЧА. к. Көз ачып-жумганча.

КӨЗ АЧЫП - ЖУМГАНЧА. Бир заматта, бир паста, арыдан-бери, өтө тез, дароо. *Бирок, бактылуу*

турмуш көз ачып-жумганча бүлүнүп, эзелки таз кейпине келишти (Климов). *Суроолуу ой, көз ачып-жумганча бардыгынын көңүлүндө кайталанды* («Советтик Кыргызстан»). *Сай сөөгү сыздаган Батийна көз ачып-жумганча бөктөрүнчөктү жукалай салып, Канымбүбүнү учкаштырып алды* (Сыдыкбеков).

В.: Көз ачымга. *Алмамбет, Чубак эр Сыргак, Ошол үчөө болбосо, калганын көз ачымга койбойбуз* («Манас»). *Чарт-чурт этип чоң аймакты көз ачымга жарык кылган чагылгандай ал шаардын бир бурчун жаңыртып өттү* (Мырзаев).

Көз ирмегенче. *Дур тигилип, көз ирмегенче шак тартып ийген уланга кыбасы кана тамшанды* (Бейшеналиев).

Көз ирмемде. *Эдиги көз ирмемде адамдардын бакылдагы чыккан үйгө жетти* (Осмоналиев). *Ошентип, көз ирмемде Ажар Айнадан ажырап калды* (Жоошпаев).

Көз ирмемге келбей. *Көз ирмемге келбей албеттүү колдор ал экөөнү паравозго тартып алды* (Абдукаримов). *Агалуу, инилүү экөө бирдей көз ирмемге кыйылыша жетимдикти эскеришти* (Бейшеналиев).

Ачып көздү жумганча. *Айтып оозун жыйгыча Ачып көздү жумганча* («Сейтек»). *Андай-мындай дегиче Ачып көздү жумганча* («Эр Төштүк).

Ачкан көзүн жумганча. *Биздин Кийизбай эмне? Ачкан көзүн жумганча кедей болду да калды* (Сыдыкбеков).

КӨЗ АЧЫП КӨРГӨН. Биринчи төрөлгөн, эң алгачкы кубанычы болгон баласы же биринчи келген келинине карата колдонулат. *Көз ачып көргөн тун баласын салт менен үйлөнтсө кантет* (Сыдыкбеков). *Гүлшанымды көрсөм дейт. Кантсе да, көз ачып көргөн келгини, жалгыз келини* (Даникеев).

КӨЗ АЧЫРБАЙ. 1. Бир заматта, тез эле, бир паста. *Алмамбет, Чубак кабылан Көз ачырбай жеткидей... Кыргын салып өткүдөй.* («Манас»).

2. Мүмкүнчүлүк бербей, тынымсыз, кайра-кайра, үстү-

үстүнө, дембе-дем, удаа-удаа. *Айтор, бий, болуштар ырамат, налогдон көз ачырбай отуруп, бизди түгөл итке минген томояк кылды го* (Элебаев). *Залимдер көз ачырбай, жыл сайын алык-салыкты арбытты* (Бейшеналиев). *Түндөтөн бери көз ачырбай асман жерди чалкакейлеп турган ак жаан бешимден оогондо гана сээлдеди* (Өмүрбаев). *Өткөн күнү кечке көз ачырбай жамгыр жаап, Кулу жайыттан отунсуз кайтты* (Осмоналиев).

КӨЗ АЧКАНДАН БЕРИ. Төрөлгөндөн, жарык дүйнөнү көргөндөн бери, жарыкчылыкка келгенден бери. *Мунун баары көз ачкандан бери канына сиңип, абдан маш болуп алган кесиби эле* (Укаев).

В.: Көз ачканы. Бечара бала көз ачканы багы бир ачылбады («Ала-Тоо»). *Адам көз ачканы түйшүккө малынып жүрүп өтүп кетеби?* (Ашымбаев).

КӨЗ БАЙЛАНГАН КЕЗ. Күүгүм кире, каш карайып эч нерсе көрүнбөй калган убак, иңир. *Көз байланган кезде гана ар үй өз очогуна от жагып тыным алышат* (Укаев). *Көздөгөн жерге чарчап-чаалыгып, көз байланган кезде жеттик* («Чалкан»).

В.: Көз байланган учур. *Көз байланган учурда Керимакун базар жактан келди* (Жантөшев).

Көз байланган убак. *Көз байланган убакта айыл тарапка канчалык карашса да тосуп чыгар Ыйсанын карааны көрүнбөдү* (Осмоналиев).

Көз байланган чак. *Көз байланган чакта жылдыздар как бетине жайнап чыга келди* (Укаев).

КӨЗ БАЙЛОО. *дин.* Билдирбей, сездирбей дуба менен сыйкырлоо, азгыруу, алдоо деген мааниде. *Дуба окуп, коз байлап, Жер астына сиздерди Азгырып алып кириптир* («Эр Төштүк»). *Беделин коргон чочуган, көз байлаган сыйкырды Көбүрөөк даана окуган* («Сейтек»).

КӨЗ БОЁМОЧУ. Алдамчы, жазгырма, калпты чындай кылып көрсөтүүчү, көз жазгыруучу. *Мейманканада жатып «Терисин тешип чыгар күнөө жасаган көз боёмочулар» деген макала жаздым* (Осмоналиев). *Анткени,*

пикири миллион сомдук иштерди жасаган көз боёмочулар жеңил-желпи кутулуп кетти («Советтик Кыргызстан»).

КӨЗ БОЛУУ. Көзөмөлдөп, ээлик болуп туруу, каралашып, кайтарып туруу. *Энем өлгөн соң, анын ордун басып, жетимдерге көз болууга Бурмаке кемпир келди* (Элебаев). *Чешке чыккандан кийин өзуңөрдөн кичүүлөргө көз болуп жүргүлө, балам* (Абдукаимов). *Мен келгенче койлорго жакшылап көз бөл* («Ала-Тоо»).

КӨЗ БООЧУ. *дин.* Көңүлүн башка жакка буруп алаксытуу менен жалган ишеним пайда кылуучу, сыйкырчы, сыйкырлап коючу. *Күндүзүндө Кыязды жан кубантып жалдаптыр Түн киргенде Кыязды көз боочу салып алдаптыр* («Сейтек''). *Ыраңдуу тузду жайлаган, көз боочу болуп дубалап Адамдын көзүн байлаган* («Сейтек»). *Сен балдардын атасысыңбы же көз боочусуңбу?* (Жантөшев).

КӨЗ ЖАЗГЫРУУ. Билинбей туруп жылт коюу, заматта, байкатпай, кайда кеткенин билгизбей жок болуу. *Тосмого камалган кулжадай даяр бута болбой көз жазгырсамбы дейм* (Бейшеналиев). *Алыска көз жазгырып кетүү керек экен, - деп өкүнө түштү да, - Ай, мейли деп кол шилтеди* (Укаев). *Ач кенедей жабышып тургандардан көз жазгыра албадым* (Жантөшев).

В.: Көз жаздыруу. Заматта көз жаздырып кетти («Чалкан»). *Аларды көз жаздыруу кыйын болду* («Ала-Тоо»). *Кылт этип көз жаздырып качып турган, Акылай Ала-Тоонун түлкүсү да* (Турусбеков).

КӨЗ ЖАЗДЫГЫНДА БОЛУУ. Көз алдында, көз кыйыгында болуу, байкап туруу. *Жолдун тыягына бир, быягына бир чуркап ээрчий келаткан ок жетпес баятан Динардын көз жаздыгында болучу* (Сыдыкбеков).

КӨЗ ЖАЗДЫМЫНДА КАЛУУ. Байкалбай, билинбей, көңүлгө алынбай калуу, зеке алынбай, эскерилбей калуу. *Райондук маданият үйүндогу экинчи жолу ачылып жаткан көргөзмө көпчүлүктүн көз жаздымында калбады* («Кыргызстан маданияты»). *Кашар маселеси көз жаздымында калганына өкүндү* («Кыргызстан

маданияты»). *Мындай уурулардын көз жаздымында калышы, көзөмөлгө алынбагандын кесепети канчалык зыянды алып келбеди* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Коз жаздыгында калуу. *Орчундуу иштерди көз жаздыгында калтырууга болбойт* («Ленинчил жаш»).

КӨЗ ЖАЗУУ. Адашуу, адашып табышпай калуу. *Караңгыда бир-биринен көз жазып калган жигиттер Календин буйругун угуп, аттын башын шашылыш буруп жатышты* (Укаев).

КӨЗ ЖАРУУ. 1. Төрөлүү, жарык дүйнөгө келүү (балага карата). *Ушул курсактагы бала аман көз жарса Айымжандын койнуна салып беремин* (Сыдыкбеков). *Шамшынын токоюнан сомдоп артына келген куу арчадан жакында көз жаруучу наристеге бешик жасатууда* (Бейшеналиев). *Таң аппак атып калган кезде бала көз жарды* («Ала-Тоо»).

2. Төрөө, боюнан бошонуу, бала төрөп алуу, балалуу болуу (аялга карата). *Сейдеке, ырысың бар экен, келиниң аман-эсен көз жарып, башыңа баш кошулуп олтурат, - дешип кемпирлер бака-шака* (Өгөбаев). *Ошентип, Мүйүздүү Бугу-Эне жетип келери менен зайып көз жарат* (Айтматов). *Кудай кошкон жубайынын аман-эсен көз жарып алуусун алдадан үч убак тилеп жүрөт* (Бердикеев).

КӨЗ ЖАШЫН КӨЛ КЫЛУУ. Өксөп ыйлоо, көз жашы тыйылбай ыйлоо. *Агасынан тирүүлөй бөлүнгөн кыз тамак да ичпей көз жашын көл кылып, боздоп гана отурат* (Өмүрбаев). *Көз жашын көл кылып жатып каза болду* (Абдукаимов).

В.: Көз жашын көлдөтүү. *Асылгүл эми көз жашын көлдөтпөй, кадимкидей соолуга түштү* (Медетов). *Кезегинде көз жашын көлдөтүп Чоюбекке чоң калыңга сатканбыз* (Бейшеналиев).

КӨЗ ЖАШЫ КЫЛУУ. Кичине, бир аз ыйламыш болуу, анча-мынча ыйлаган болуу. *Мисирейген карабет, жок дегенде көз жашы кылып койбойт дешип, мени жекире башташты* (Жантөшев).

КӨЗ ЖАШЫНДАЙ. Кичине гана, анча-мынча, өтө аз, азын-

оолак. *Өткөн жумада атасынан келген көз жашындай акчаны окуусуна, квартирине төлөп, эми эки күндүк тамактык гана акчасы турат* (Баялинов).

КӨЗ ЖЕТКИС. Өтө алыс, учу-кыйры жок, чектөөгө мүмкүн болбогон, абдан узак, болжолсуз. *Өрдөктөр көз жеткис жакка учуп кетишти* («Жаш Ленинчи»). *Зал дегенди карасаң төрт бурчуна көз жеткис, калк деген бык-бык* («Советтик Кыргызстан»). *Көз жеткис мобул терең жар, Капчыгай менен барабар* (Маликов).

КӨЗ ЖИБЕРҮҮ. к. Көз жүгүртүү.

КӨЗ ЖООСУН АЛУУ. Кызыктыруу, өзүнө тартуу, сүйкүмдүү көрүнүү, суктандыруу. *Адамдын көз жоосун алган, жаратылышынын кооздугуна суктанткан момундай асыл жерди көр* (Осмоналиев). *Менменсинген жигиттердин көз жоосун алган Сонунбалага сиз кантип жеттиңиз?* («Ала-Тоо»). *Көркөмү көздүн жоосун алган мынабу үйдүн ичи кандайдыр бир шаңга бөлөнгөн* («Кыргызстан аялдары»).

В.: Көз жоосун тартуу. *Жайытка батпай мал жатат, көз жоосун тартып шаңданган* (Токобаев). *Өрдөгөн сайын карагат, ит мурун, бадалдар, жапалак арча, мажирөө тал... жолоочунун көз жоосун тартууда* (Бейшеналиев).

Көз жоосун түшүрүү. *Жакшынакай үйлөргө көз жоосун түшүрө секретарь кубанып баражатты* («Кыргызстан аялдары»).

Коз жоосун кычыштыруу. *Султангазылар мөрөйлөрү үстөмдөгөндөй каалгый басыша... Касымбектердин көз жоосун ого бетер кычыштырды* (Бейшеналиев).

КӨЗ ЖУМДУГА САЛУУ. Кандайдыр бир иш ж.б. эптеп-септеп бүтүрө коюу, жүр-нарыга салуу, чала-була бүтүрүү, будамайлап иштей салуу, тобокел кылуу. *Ушуну билип, көзү жетип туруп, жоопкерчиликтен качып, көз жумдуга салууга анын акысы барбы?* (Кушубеков). *Сабийра бүлөндүү ойлорго көп баткан сайын акыры баарына кол шилтеп, көз жумдуга салды* (Абдукаимов).

В.: Көз жумду кылуу. *Сооронбай аны «көп болсо чокунуп келер» деп көз жумду кылып жөнөткөн* (Бейшеналиев). *Балдарда не жазык, дагы төрөп берсе болгону деп жуучулар көз жумду кылды* («Ленинчил жаш»).

КӨЗ ЖУМУУ. 1. Өлүү, каза болуу, дүйнөдөн кайтуу. *Атасын канжыгага байланып жүргөн адам жок, бир күнү Момун чал да көз жумат, ошондо шордуу кызынын көргөн күнү не болот?* (Айтматов). *Коллективизация кезинде ак ниеттүү нечен адамдар душман колдуу болуп көз жумушкан* («Кыргызстан маданияты»). *Кайран Музооке абабыз аз гана ноокастап көз жумду* (Бейшеналиев).

2. Жалтануу, коркуу калтааруу. *Көз жумбай жоодо чабышат Дээринде бар эр киши* («Мендирман»).

3. Тобокел кылуу, белсенүү, мейлиге салуу, капарга албоо, билсе да билмексен болуу. *Ал алды-артын ойлоп, баш катырып отурбастан,... өзүн тоскон кубанычка да, күйүнүчкө да, өлүмгө да көзүн жуумп коюп илгери карай кете берет* (Укаев). *Бул жолу байбичеңиздин амал-айласына көз жуумп коё албайсың!* (Сыдыкбеков). *Эмне болсо ошо болсун деп, турмушта көз жуумп жүрө берип, капыстан бет алдынан каргаша жолукту* (Абдукаимов).

В.: Кездү жуумп. *Чаап алмак беле, табып катары көздү жуумп барууга чыгынды* (Бейшеналиев). *Тобокелге салып, көздө жуумп бир чыгарма жазайын дедим эле* (Кыдырмышев).

Көзү жумулуу. *Аялынын артынан аздан кийин атасынын да көзү жумулду* (Шүкүрбеков). *Кандайча көмүшүбүз керек, эгер көзүңүз жумулуп кетсе* (Осмоналиев).

КӨЗ ЖҮГҮРТҮҮ. 1. Үстүртөн, жалпысынан байкоо жүргүзүү, бир сыйра айландыра карап чыгуу, үстүртөн байкап көрүү. *Жапар Кызыл үйдүн ичинде көз жүгүртүп келип, Зулайка менен Зейнештин жазып жаткан газетасын көрдү* (Баялинов). *Ал менин түлкү боюма бир сыйра көз жүгүртүп чыкты* («Ала-Тоо»).

2. Тез-тез карап, окуп таанышып чыгуу. *Кагазды алды, бүктөөсүн*

жазып көз жүгүрттү («Ала-Тоо»). *Байымбет жубайынын тизме кагазына каз жүгүрүп чыкты* (Бейшеналиев).

В.: Көз чаптыруу. *Каныбек айланага көз чаптырды* (Жантөшев). *Жумушчуларга көз чаптырды да баланы колтукка түрттү* (Баялинов). *Асылбек айлана-тегерекке көз чаптырып, эч ким көрүнбөйт дегендей белги берди* (Жоошбаев).

Көз жиберүү. *Саадат астыртан айыл жакка көз жиберип, ойлуу отурат* (Сыдыкбеков). *Айдай алдыртан көз жиберип, Бекендин таңыркоосун байкап акырын гана жылмайып коёт* (Каимов).

КӨЗ ИЛИНДИРҮҮ. Бир аз уктоо, кичине чырм этип алуу. *Дос таң алдында гана бир сааттай көз илиндирди* (Укаев).

В.: Көз илинтүү. *Кален, чарчаган чыгарсың, азырак көзүңдү илинтип, куш уйку салып алсаңчы, - дегиси келди* (Укаев).

КӨЗ ИРМЕБӨӨ. 1. Уктабоо, уктай албоо, кирпик какпоо, уйку бетин көрбөө, такыр уктабай чыгуу. *Түнү бою көз ирмебей из караган, Алыста маекчинин чырагы өчтү* (Осмонов). *Ышкынаалы ал түнү таң аткыча көз ирмебей чыкты* (Байтемиров)..

2. Жалтанып да койбоо, эч жазтанбай тике кароо. *Айбалта колго алышып, көз ирмебей салышып* («Манас»).

КӨЗ ИРМӨӨ. Уктоо, бир аз тук этип алуу. *Башыма жаздык төшөп берчи, кичине көз ирмейин* (Бейшеналиев).

КӨЗ ИРМЕГЕНЧЕ. к. Көз ачып -жумганча.

КӨЗ ИРМЕМДЕ. к. Көз ачып-жумганча.

КӨЗ КАДОО. к. Көзүн кадоо.

КӨЗ КАЙКУУ. Учу-кыйрына көз жетпей мелмилдөө, өтө чоң, абдан көп болуп көрүнүү, суктандырып мелтиреп, жайылып жаткан абалда болуу. *Жүрүп отуруп көз кайкыган талаага туш келдик* («Ала-Тоо»). *Соң-Көл жайлоосунун Ак-Сай, Көк-Сай өндүрүндөгү бурaлган бетеге, жылшыркан, тулаң, ...кымыздык, козу кулак, шимүүр, улар гүл,*

ак кодол аралаш жыпар жыт чөптөрүн араласаң көз кайкыйт (Бейшеналиев).

КӨЗ КАРАНДЫ. Өз алдынча, өз эркинче боло албаган, бирөөнүн колун караган, ага баш ийген. *Окууну бүткөн соң, сураары жок көз каранды жетим, Шабдандын талабы боюнча анын карамагына тилмечтикке жиберилиптир* (Бейшеналиев). *Ар кимден жардам сурап, ыраажа сурап, көз каранды болуунун кимге кереги бар* (Бердикеев).

КӨЗ КАРАНДЫЛЫК. Өз алдынча, өз эркинче боло албагандык, бирөөнүн колун карап, анын айткан, дегени менен болгондук. *Илгерки жалтаңдык, көз карандылыктан кутулуп, тегиз өз башына өзү ээ* (Бейшеналиев).

КӨЗ КАРАШ. 1. Бирөөнү кароо, көз кырын салуу аркылуу өзүнүн пикирин, кандай ойдо экенин билдирүү манерасы. *Тумакчан кишинин көз карашы Дашага жаккан жок* (Сасыкбаев).

2. Кимдир бирөө же бир нерсе жөнүндө пайда болгон ой, пикир, түшүнүк. *Педагог ата уулунун көргөн-билген окуясы туурасында оюн айттыруучу да, эгер бала туура эмес көз карашта болсо, аны дароо сөзгө алып, туура багыштап коёр эле* (Касымбеков).

3. Турмуш, табигат, коом туурасындагы жалпы түшүнүктүн, пикирдин системасы. *Материалисттик көз караш. Идеалисттик көз караш. Илимий көз караш.*

КӨЗ КӨРГҮС. к. Кулак угуп, көз көргүс.

КӨЗ КӨРСӨТҮҮ. 1. Каза болгон адамдын үй - бүлөсүнө, тууган - туушкандарына көңүл айтуу үчүн баруу, кирип чыгуу, көрүнүп коюу. *Шаар ичинде бирөөлөрдүкүнө көз көрсөткөнү бараткан бызы* (Жусупов). *Айылдагы... а дүйнө кеткендердин үй-бүлөсүнө көз көрсөтүп кайттык* («Ала-Тоо»).

2. «Келди», «болду», «катышты» деп эсептелиш үчүн белгилүү бир жайга баруу, кирип чыгуу, көрүнүп коюу. *Көз көрсөтүп коюп, ишке тийди-качты болуп жүргөндөр аз эмес* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Көз көргөзүү. *Байымбет өзү бир сыйра өлгөн-жишкенге көз көргөзгөн соң, Абдыкалыкты Нарынга жөнөттү* (Бейшеналиев).

КӨЗ КӨРҮП, КУЛАК УККУС. к. Кулак угуп, көз көргүс.

КӨЗ КӨРҮНӨӨ. Көзүнчө, каратып туруп, көз алдында, өзү көрүп, каратып туруп. *Эми минтип эки үйүргө жакын жылкысынан көз көрүнөө ажырап, жер сыйпалап отурат* (Үмөталиев). *Сатарга ушуну менен эки жолу көз көрүнөө алдаттың* (Каимов).

КӨЗ КУМАРЫН КАНДЫРУУ. Бир нерсеге абдан ырааз болгончо, моокуму канганча суктана кароо, каниет алуу. *Карай-карай жаратылыштын сулуулугуна көз кумарын кандырып, жолду улай нарыладык* (Бейшеналиев). *Чубалып турган пахтанын булалары кимдин болбосун көз кумарын кандырат* (Байтемиров).

КӨЗ КЫЗАРТУУ. Суктануу, кызыгуу. *Госпиталда жатып Берлинге карай качырып бараткан майдандаштарымын бактысына көз кызарттым* (Жигитов).

КӨЗ КЫЙЫГЫН САЛУУ. Алдыртан тымызын кароо, акырын байкоо. *Нары четте мылтыкчан солдат мурутун салаңдатып, көз кыйыгын салып, чылым ороп турган* (Касымбеков). *Жылаңайлак өз бутуна көз кыйыгын салып, курөң айгырдын түктөрүн такымынан күбүдү* (Осмоналиев).

В.: Көз кыйыгын имерүү. *Букарбай жүрөгү шуу эте Мусакожого көз кыйыгын имерди* (Бейшеналиев). *Болкойгон сакалдуу жолоочу астыртан көз кыйыгын имерди* («Кыргызстан маданияты»).

Көз кыйыгын жиберүү. Отургандарга көз кыйыгын жиберди. *Көз кыйыгын жиберип, акырын артынан карады* (Байтемиров).

Көз кыйыгын таштоо. *Кален көл жакка көз кыйыгын таштады* (Укаев).

КӨЗ КЫРЫНАН КЕТПӨӨ. к. Көз алдынан кетпөө.

КӨЗ КЫРЫН САЛУУ. 1. Каралашуу, жардамдашуу, жардам берүү, кам көрүү. *Өмүрлүү бол, зоболоң көтөрүлсүн, балдарга*

көз кырыңды сала жүр деген батасына тоюнду (Ашымбаев). *Шордуу жетимчемдин сенден башка кимиси бар. ...Көз кырыңды сала жүрөрсүң, - деди Акбала өзүн кармай албай ыйлап жиберип* (Укаев).

2. Бир нерсени байкоо максатында көз жүгүртүү, астыртан кароо. *Анан Сабырбек тамекисин тарткан болуп, бирок астыртан Бекбайдын жүзүнө көз кырын салып отурду* (Абдыраманов). *А офицер улам ага көз кырын салып, кайра алдындагы бирдемеге күймөлүп, колу ойсоңдоп, кайра көз кырын салып, кайра өзүнчө үңүлүп отурат* (Касымбеков).

В.: Көз салуу. *Эне кургур Кудайбергенге көптөн бери көз салып жүрөт* (Мырзаев). *Айланайын журт, балама көз сала жүрө көргүлө* (Турусбеков). *Бала колго далысын сала бурулуп отурду да, дүрбүнү жанына алып коюп добонун этегине көз салды* (Айтматов).

КӨЗ КЫЧЫШУУ. к. Көзү кычышуу.

КӨЗ МАЙЫ ТҮГӨНҮҮ. Тирмийип бир нерсени кечке тиктеп, окуп же иштей берип көзүнүн курчу кетүү, көзү талуу, көзүнө күч келүү. *Кечке жылбай, козголбой отуруп, көз майың түгөндү. Чүтүрөйүп өңүңөн аздың* (Бейшеналиев). *Кыштай алаканы жооруп, көз майы түгөнүп, ишин иштеп берип, томсоруп куру алакан үйүнө кайтат* (Сыдыкбеков).

В.: Көз майы кетүү. *Көз майым кетип жатып балама арнап жасаганымы отко салбадыбы, оң таппагыр* (Өмүрбаев).

КӨЗ САЛУУ. к. Көз кырын салуу.

КӨЗ ТАЙГЫЛУУ. Өтө кооз, көркөм көрүнүү, кооздугунан, көркөмдүгүнөн көз уялуу, жалтануу. *Куштун жүнүнүн кооздугунан көз тайгылат* (Сыдыкбеков). *Карасам колхоз айлымды, Малыман көзүм тайгылды* (Маликов). *Кең жайыкта түшүргөн жүктөр менен кишилерден көз тайгылат* (Укаев).

В.: Көз таюу. *Тоолор жашыл кым-каптай көз тайытып, нечен ирет кубулжуйт* (Жусупов). *Андагы эң кооз имараттарды Караганда, тим эле көз тайыйт* (Кыдырмышев).

КӨЗ ТАЙДЫРУУ. Тике карай албай көзүн ала качуу. *Бул киши өлтүрүүдөн тайманбайт деп ойлоп, Календен көзүн тайдырып кетти* (Укаев).

КӨЗ ТАЛАШТЫРА. Көзгө түздөп, көзгө тууралап, далдап. *Мен аны көз талаштыра сүзгөн экемин* («Ала-Тоо»).

КӨЗ ТАРАЗА. Көрүп же карап туруп болжолдоп ченегендик. *Же мүчөмдү көз таразасынан өлчөп, кандай кийим керектигин болжодубу* (Бейшеналиев). *Анын көз таразасы да оңой эмес экен, туура чыкты* («Ала-Тоо»).

КӨЗ ТАШТОО. к. Көз кыйыгын салуу.

КӨЗ ТИЙИҮҮ. Элдик ишеним боюнча: ооруп калууга же башка кырсыкка дуушар кыла тургандай даражада бирөөнүн сугу өтүү, көзүгүп калуу. *Энем көз тиет деп Түмөнбайын жаман көздөн сактаар жөнү бар* (Сыдыкбеков). *Көл болбой эгер кыз болсо, көз тиймек экен капкачан* (Сарногоев). *Ашка, тойго ээрчитсем көзү тиет деп, аяп жүрөм баламды* («Эр Табылды»).

КӨЗ ТОЙБОО. к. Көзү тойбоо.

КӨЗ ТОКТОТУУ. Жакшылап, абдан байкап кароо. *Байбиче тыныга уландын кабак-кашына көз токтотту* (Бейшеналиев).

КӨЗ УЗАТУУ. Артынан карап калуу, көз ээрчите кароо. *Элден айбыккан кыз ачык коштошо албай көз узатып кала берди* («Ала-Тоо»).

КӨЗ УЧУНДА. Алыста, көзү жеткен жерде, көз алдында. *Жалгыз-жарымдаган салт атчан жолоочу көз учунда элес-булас өтөт* (Укаев). *Көз учуна араң-араң илинип, алыстан мунарыктап жаткан Арсланбап* (Өмүрбаев). *Ушул жашыл жондон туруп, көз учунда керилип жаткан өрөөнгө көз чаптырды* («Ала-Тоо»).

КӨЗ УЯЛУУ. 1. Күндүн же башка жарык нурдун ж.б. чагылышынан көз жалтанып, тике карооого мүмкүн болбоо, карай албоо.

2. Бир нерсенин кооздугуна, көркөмдүгүнө көз тайгылуу.

В.: Көз уялтуу. *Үй жасалгасында көз уялткан килем-килчеден сырткары... китеп койгуч текче ж.б. бар* (Бейшеналиев). *Күн ачык эле, кар чагылткан нуру көздү уялтат* (Айтматов).

КӨЗ ЧАПТЫРУУ. к. Көз жүгүртүү.

КӨЗГӨ АТАР. Жазбай, таамай аткыч, атканы жаза кетпеген, мылтык атканга абдан маш болгон, мыкты, адис мергендиги бар. *Ээрчитип көзгө атардан эки мерген, Түн катып капчыгайда жолго келген* (Аалы). *А, мүмкүн чоңубуз чын эле көзгө атар мергендир, эмесе коёндун бутундагы жипти үзө атуу оңойбу* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗГӨ БАСАР. 1. Жападан-жалгыз, бар болгону, турганы, бирөө гана. *Көзгө басар жалгыз медерибиз эле, - дейт кемпир, карыш-жылдырбай, таштап кетсең кагылайын* («Ала-Тоо»). - *Катыгүүн, бул көзгө басар, көрүп катар үлгүбүз Чалкан Анын көзгө басар жалгыз кызы, оорудан карарып калыптыр* (Жусупов).

2. Бирден-бир, мыкты көрүнгөн, эл оозуна кирген, өзгөчөлөнүп турган. *Биздин көзгө басар сыймыгыбызга ушундайча кароого жарайбы, жолуң болгур!* (Каимов). *Чубагынын беттегенинен кайтпас көк жалдыгын билген Манас, көзгө басар оендору бири-бирин кызыл-кыргын салбасын деп өзү аттанат* (Бейшеналиев).

В.: Көзгө тутар. *Сенден апаң садага, көзгө тутар медерим* (Жоошбаев).

КӨЗГӨ ЖЫЛУУ УЧУРОО. 1. Мурда көрүп-билип жүргөндөй, тааныштай сезилүү. *Мунун баары да көзгө жылуу учурайт, бирок эмнегедир эстей албай жаттым* (Баялиев). *Ал жакындаган сайын басканы, кебетеси көзгө жылуу учурай берди* (Алыбаев). *Тилекмат экөө бир отуруп маектешкен жер Кабылдын көзүнө жылуу учурады* (Элебаев). *Биринчи көргөндө эле Сейдеш анын көзүнө жылуу учурады* (Бейшеналиев).

В.: Көзү жылуу учуроо. *Сенин көзүң мага жылуу учурайт, кандайдыр бир жолугушкандайбыз* (Жантөшев). *Ырчы эмне үчүндүр аны тиктеп калды. -Токточу, балам! Көзүң жылуу учурайт* (Каимов).

КӨЗГӨ ИЛБӨӨ. 1. Теңине албоо, киши катарына көрбөө, тоготпоо, өзүнөн башкаларга маани бербөө, теңсинбөө. *Сапарбайды көзгө илишпей жашсынтат* (Сыдыкбеков). *Эмнесин айтасың, коңшубуз бизди көзгө илбей, кутуруп турат* (Абдукаимов). *Байсынып, бексинип мени көзгө илбей жатасың, Адыке, - деди жаны кашайган Казак тилин тартпай* (Сыдыкбеков).

2. Уялбоо, ийменбөө, тартынбоо, адеп тартип сактабоо, ызаат кылбоо. *Бирок, азыр улуу-кичүүнү көзгө илбей бара жатат* (Сыдыгалиев). *Түлкүдөй мант берип турчуларды көргөндө ал жыйынды көзгө илбей эле сөгүнүп кирчү* (Медетов).

В.: Көзүнө илбөө. *Бул катын эч кимди көзүнө илбей калды деп, айыл-апа Батийнаны айың кыла баштады* (Сыдыкбеков). *Аларды көзүнө илип да койбойт* (Сасыкбаев).

КӨЗГӨ ИЛИНҮҮ. к. Көзгө урунуу.

КӨЗГӨ ИЛЕШПӨӨ. 1. Өтө тез жүргөн, абдан ылдам жүгүргөн, бат кыймылдаган, тез чимирилген ж.б. көрүнүштө болуу. *Тоо эчкилер өтө жытчыл болот, кичине эле шамал үлп этип, киши тараптан жел келдиби, дароо жыт алат да, көзгө илээшпей зымырылат* (Таштемиров). *Ашырбекке тигинин буту-колу а дегенде жай кыймылдап, бара-бара көзгө илээшпей чимирик атып жаткансыды* (Ашымбаев).

2. Өтө майда, эң кичинекей, кымындай болуп көрүнүү, көзгө араң-араң көрүнгөндөй болуу. *Тээ көк асманда көзгө илээшпес нокопипой болуп торгойлор безилдеп, чуулдап сайрап турат* (Сыдыкбеков). *Сааттын тетиктери көзгө илээшпейт.*

В.: Көзгө илинбөө. *Караса көзгө илинбейт, Кашындагы жандардын кай кеткени билинбейт* («Манас»).

Көз илээшпөө. *Самолеттор көз илээшпей каршы-терши учуп, кайта кайтып жатты* (Абдукаимов). *Атаа... береги неменин кесме кескенине көз илээшпейт* (Сыдыкбеков).

КӨЗГӨ КӨРҮНБӨӨ. Иштеген иши, кылган жумушу ж.б. эсепке алынбоо,

бааланбоо. *Үй тиричилигинде канчалык чыйракшык кылды? Бул далалаттарынын бирөө да көзгө көрүнбөдү* (Осмоналиев). *Канчалык кунт коюп иштесең да иштеген ишиң көзгө көрүнбөйт, нааразы болосуң* («Ала-Тоо»).

В.: Көзүнө көрүнбөө. *Менин кылган жумушум бул ырайымсыздардын көзүнө таптакыр көрүнбөйт* (Баялинов).

КӨЗГӨ КӨРҮНӨРЛҮК. Алгылыктуу, бир нерсеге татый тургандай, арзый тургандай, ыраазы болгудай. *Иш жузүндө көзгө көрүнөрлүк эч нерсе берген жок.* («Ала-Тоо»). *Көзгө көрүнөрлүк деле эч нерсе иштей элекмин, апа сенин мээнетиңди актай албай жатпаймынбы...* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗГӨ КӨРҮНҮҮ. 1. Бой тартуу, бойго жетүү, чоңоюп калуу. *Бүкөн көзгө көрүнүп, бой тарткандан бери эмнелер жөнүндө ойлонот* (Мырзаев). - *Кагылайын Алымкан, кечээле сакалымы кармалап ойноп отурган бала эле, бүгүн кара, жакшы гүлзардын гулүндөй тез жетилип, көзгө көрүнүп калыптыр* (Касымбеков).

2. Таанылуу, белгилүү боло баштоо, дайын болуу (көбүнчө жакшы сапаттары боюнча). *Окушка өтүп калса бая баланчанын баласындай болуп деп көзгө көрүнүп, эл оозуна илингиси бардыр* (Өмүрбаев). *Эмгеги менен элге таанылды, көзгө көрүндү, сөзгө илинди* («Советгик Кыргызстан»).

3. *дин.* Сыйкырдуу күчтөр көз алдыга тартылуу, элестөө, аян берүү деген сыяктуу мааниде. *Булактын ээси ак тайлак көзгө көрүнүп, үйүнө тил-оозу жок келиптир* («Ала-Тоо»).

КӨЗГӨ САЮУ. Көрсөтүү, үйрөтүү. *Кимден кемчилик көрсөк, көзгө сайдык, оңдоштук, кемелине келген ишибиз үчүн алкоо уктук* («Ленинчил жаш»).

КӨЗГӨ САЙСА КӨРҮНГҮС. Абдан караңгы, капкараңгы, көрүүгө мүмкүн эмес, өтө караңгы. *Не бир көзгө сайса көрүнгүс, айсыз түндө да өзү жалгыз чыгат* (Укаев). *Сени менен сүйлөшкөн адам көзгө сайса көрүнгүс түндө жол жүргөн жолоочуга окшойт* (Медетов). *Күздүн көзгө сайса көрүнгүс нөшөрлүү түндөрү* (Борбиев). *Чакан станциянын айланасы ого бетер караңгы, көзгө сайса көрүнгүс* (Айтматов).

КӨЗГӨ СУУК КӨРҮНҮҮ. Көрүнүшү, кебете-кешпири жаман, жагымсыз сезилүү, адам иренжигидей көрүнүштө болуу, өөн учуроо. *Айганыштын каны качып, кумсарып, көзгө суук көрүндү* (Байтемиров). *Демек, дардайган корукка суу жетпей куурап турса, көзгө суук көрүнөрү бышык* (Бейшеналиев).

В.: Көзгө суук учуроо. *Анын кейпи негедир көзгө суук учурады* («Ала-Тоо»).

Суук көрүнүү. *Жылдызкансыз үйдүн ичи мүрзөдөй суук көрүндү* (Байтемиров). *Токтонбойт санаа, көңүлүм. Элиме суук көрүндүң* («Кедейкан»).

КӨЗГӨ СҮРТӨРГӨ. Абдан муктаж болгон, эч табылбаган, такыр жок, өтө зарыл деген сыяктуу мааниде. *Мындай күткөн учурда көзгө сүртөргө дары болгондорун карачы* (Бейшеналиев). *Аны колдон алышып, көзгө сүртөргө табылбай турган дарыдай көрүштү* («Кыргызстан маданияты»). *Башка көзгө сүртөр эч ким, эчтеке жок* («Кыргыз туусу»).

В.: Көзгө сүртүүгө. - *Көптөн бери көрүнбөй көзгө сүртүүгө дары болдуң го* (Айтматов). *Адис кадр көзгө сүртүүгө табылбайт турбайбы, ушу күндө* (Өмүралиев).

Көзгө сүрткөнгө. *Көзүбүзгө бир сүрткөнгө кумардар, сакадай бою сары алтын абышка турмуш энчилеген кадимки пенделик ролун кандай өтөп жатат* («Ленинчил жаш»).

Көзгө сүртөрлүк. *Ал эми элетте китепти шар окуган адам көзгө сүртөрлүк* (Бейшеналиев). *Экен-токондо көзгө сүртөрлүк айтылуу өнөрпоздордун негедир чокундуктукуна токтогонуна мартабалуулар чыкчырылып олунууда* (Бейшеналиев).

КӨЗГӨ ТОЛУМДУУ. Сындуу, келишимдүү, көңүлгө толорлук. *Көз карашы жоодур-жоош, сымбаты да өзүнө жарашыктуу, көзгө толумдуу эле* (Айтматов). *Көзгө толумдуу, көңүлгө жугумду, - деп өзү да жаркылдап, оолжуп кетти* (Касымбеков).

КӨЗГӨ УРУНУУ. Көрүнүп калуу, байкалуу, сезилип калуу. *Акылбек эрте чыгып алыптыр, жат көзгө урунамбы деп, күндүн батышын күтүп арыктын ичинде отурду* (Жусупов). *Көзгө урунбай*

же баскан табышы угулбай («Чалкан»).

В.: Көзгө түшүү. *Үч кишинин төбөсү көрүндү. Элеман мындайда көзгө түшпөй бурулуп кетүүнү ойлоду* (Укаев). *Калган ат да, токум да, курал да көзгө түшсө айгак эмеспи* (Касымбеков).

Көзгө чалдыгуу. *Шаардын балдары зирек келет, бат эле көзгө чалдыгат* (Айтматов). *Кокус жабыла аттанып узатышса, көзгө чалдыгышарын ойлоду* (Бейшеналиев).

Көзгө чалынуу. *Те алыста, күндүз көгала болуп көрүнгөн бөксө адырлардын түбү ченде көп от жагылган, чет арасында караңдаган караан көзгө чалынат* (Касымбеков). *Андайда атайы өчөшкөнсүп, алкөзгө чалынбай коёт бир оокумга* (Өмүрбаев).

Көзгө илинүү. *Сыйлашкан кайын сиңдиси көзгө илинип калабы деп, акырын шыбырап чыгып кетти* (Укаев).

КӨЗГӨ ЧӨП САЛУУ. к. Көзүнө чөп салуу.

КӨЗДӨН ДАЛДА БОЛУУ. **1.** Көрүнбөө, карааны көрүнбөй калуу, карааны үзүлүү. *Кокус чоң эне көздөн далда болду дегенче, тоо түбүн көздөй карды жыңайлак кечип чуркап барып кайра келебиз* (Жусупов). *Чоколор чоң капчыгайга барганда, түндүк тарапка бурулушуп, көздөн далда болду* (Жантөшев).

2. Жашырынуу, көрүнбөй, билинбей калуу, байкалбоо. *Жылдызкан айла болсо акырын чыгып көздөн далда болууну ойлоду* (Байтемиров). *Көз ачып-жумганча, байкатпай көздөн далда болду* («Ала-Тоо»).

КӨЗДӨН КАЙЫМ БОЛУУ. Тез эле, бир заматта жок боло түшүү, көрүнбөй калуу. *Бир-эки кылчайды да, ошо бойдон көздөн кайым болду* (Айтматов). *Бакыт деген жүрөгүңдү дирилдете кандайдыр аптыктырып, обдулуп кармайм дегениңде көздөн кайым болуп кайкыган кооз куш сымал тийип качмасы да бар* (Бейшеналиев).

В.: Көздөн кайып болуу. *Алмаш ошол замат көздөн кайып болуп, кайра тез эле пайда болду* («Советтик Кыргызстан»).

Заматта көздөн кайып болду («Ала-Тоо»).

Көздөн муң болуу. Кыз бир аздан кийин көздөн муң болуп учуп кетти («Жомоктор»).

КӨЗДӨН УЧУУ. Абдан зарыл болуу, табылбоо, эңсетүү, сагындыруу. *О, чиркин эл менен жер көздөн учат* (Аалы). *Кербенчи соодагерлер, ошентип, көздөн учкан адими буюмдарды калктын малына эки эсе кымбатка урунтушат* (Бейшеналиев). *Билсең, анын кадыр-баркы көздөн учкан учурда билинет тура* (Абакиров).

В.: Көзүнөн учуу. *Тууганлары көзүнөн учкан Сылый бизди көргөндө өз ата-энесин көргөндөй кубанды* (Сыдыкбеков). *Бир чети бир топ күндөн бери жер-суу көзүнөн учкандыкыбы, айтор тоо кыркаларына суктана берди* (Ашымбаев).

КӨЗДӨН ЧААР ЧЫМЫН УЧУУ. к. Көзүнөн чаар чымын учуу.

КӨЗДҮ ЖУУМП. к. Көз жумуу.

КӨЗДҮ КЫЧЫШТЫРУУ. Көзүнө урунуу, кызыктыруу. *Керек десе сени дароо табабыз. - Бар, көздү кычыштырбай жогол* (Бейшеналиев).

КӨЗДҮН ЖООСУН АЛУУ. Өтө кооз, көркөм көрүнүү, адамды суктандыргыдай, кызыктыргыдай, өзүнө тарткыдай көрүнүштө болуу. *Дасторкон жайылып үстүнө түрдүү даам төгүлүп, көздүн жоосун алат* (Сыдыгалиев). *Мында ар мүлк, ар бир буюм өз ордунда зымырап көздүн жоосун алат* (Сыдыкбеков). *Ира кылыктана басып, боз уландардын көзүнүн жоосун алат* (Бейшеналиев).

В.: Көздүн жоосу кануу. *Тим эле көздүн жоосу канып, укмуштар көз алдыңан өтүп жатпайбы* (Сыдыкбеков).

Көз жоосун түшүрүү. *Жакшынакай үйлөргө көз жоосун түшүрө секретарь кубанып бара жатты* («Кыргызстан аялдары»).

Көздүн курчун алуу. *Бакдарак, алма, өрүк, жүзүм, жүгөрү дегендер көздүн курчун алат* (Баялинов).

КӨЗДҮН АГЫ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ. к. Көзүнүн агы менен тең айлануу.

КӨЗДҮН КАРЕГИНДЕЙ САКТОО. Өтө ыйык тутуу, сактоо, этият мамиле жасоо. *Мектеп жашынан баштан коомдук мүлктү көздүн карегиндей сактоого үйрөнөбүз* (Медетов). *Кант кызылчасынын бир да башын ууруга алдырбай көздүн карегиндей сакташат* (Саатов).

КӨЗДҮН КУРЧУ КЕТҮҮ. Көзү начарлоо, ачык, даана көрө албоо. *Көздүн курчу кеткен убак, балам* (Ашымбаев).

КӨЗДҮН КУРЧУН АЛУУ. к. Көздүн жоосун алуу.

КӨЗДҮН КЫЧУУСУН КАНДЫРУУ. к. Көзүнүн кычуусу кануу.

КӨЗҮ АДАШУУ. к. Баш адашуу.

КӨЗҮ АКСЫН. к. Көзүң аккыр!

КӨЗҮ АЛА ЧАКМАК БОЛУУ. 1. Көзү тунаруу, көңүлү караңгылап ымыр-чымыр боло түшүү, көзүнө эч нерсе көрүнбөй калуу. *Экинчи жолу урулган камчынын учу үстүңкү эринге келип тийгенде Алымкулдун козу ала чакмак боло түштү* (Абдукаримов) *Аркаман келип чапканда көзүм ала чакмак боло түшкөнүн билем* (Жантөшев).

2. Абдан коркконду, шаштысы кеткенде, эмне кыларын билбей апкаарый калуу, дапдаарый түшүү. *Сапар өзүнүн фамилиясын көрүп, көзү ала чакмак болду* (Бөкөнбаев). *Мен жаныман түңүлүп, ала чакмак болгон көздөрүмү жума койдум* (Жигитов).

3. Өзүн токтото албай алып учуп, көөп турган же катуу кызып калган абалда болуу. *Базары жүрүп турганда кимдин көзү ала чакмак болбойт* (Осмоналиев). *Көзүм ала чакмак болуп, бир киши эки киши, эки киши он киши болуп көрүндү* («Ала-Тоо»).

В.: Көзу ала чакмактоо. *Оо, бул эргулдун көзү ала чакмактап, ыктытып турган кези экен деп күлүп калышты* («Чалкан»). *Кээси ошо көзү ала чакмактаган бойдон энеден туума сыртка чыга келишет* («Советчик Кыргызстан»).

КӨЗҮ АЧЫК. 1. Диний түшүнүк боюнча: жөнөкөй кишилерге көрүнбөгөн ар кандай жин-шайтанды, арбакты көрө билген же бир нерселер жөнүндө алдын ала айта алган, олуялыгы бар. *Бул «көзү ачык» атанган кара жиндүү бакшыны нөкөрлөр не дейт, эми не түрлүү сыр көрсөтөр экен дешип, үрөйлөрү учуп карашты* (Касымбеков). *Мазардын ээлери көзү ачык бакшыларга көрүнөт* («Советтик Кыргызстан»). *Келинимдин көзү ачык, айтканын жазем дебейт* (Бейшеналиев).

2. Көптү билип, көптү көргөн, ар нерседен кабардар, сабаттуу, билимдүү, даанышман. - *Сени да элиң окуган, көзү ачык азаматым дейт го!* (Укаев). *Мындай дилгир берилген көзү ачыктар болбосо байыркынын мурасы укум-тукумуна жетеби* (Бейшеналиев). *Сен көзү ачык даанышмансың, Асаке* (Борбуев).

КӨЗҮ АЧЫК ӨТҮҮ. 1. Эч жакшылык же жыргалчылык көрбөй, тилеген тилегине, максатына жетпей жүрүп өтүп кетүү. *Көрүнгөн байга кул болуп, көзү ачык өтүп кетемби* (Осмонкул). *Ал кыйын күндөрдү көрүп, бу дүйнөдөн тек гана көзү ачык бойдон өткөн экен* (Жигитов).

2. Өтө жаш кезинде, жаштайынан кайтыш болуу, өлүү. *Олда, көзү ачык өткөн карыптарым ай!* (Сыдыкбеков). *О, көзү ачык өткөн чым-чыктарым... Татынакай периштелерим* (Сыдыкбеков). *Олда кагылайын, Алтынай ай, тал чыбыктай буралып турган кезинде көзү ачык өттү* (Жантөшев).

В.: Көзү ачык кетүү. *Тиричиликтин айласынан жер кезип жүрүп, ошол бойдон көзү ачык кеткен эмес, ал жарыктык* (Үмөталиев). *Кантип эле көз ачык бойдон кетейин* (Сыдыкбеков) *Ошентип, эти кабылдап, кайран сулуу көзү ачык кетти* (Баялинов).

Көзү ачылбай кетүү. *Атадан калган белек көзү ачылбай кетпеди беле?* (Сыдыкбеков).

КӨЗҮ АЧЫЛБОО. Соо эмес, таза эмес, дайыма мас деген мааниде. *Окуусун таштап келгенден бери көзү ачылбайт* (Укаев). *Бу шордууну качан көрсөң, темтеңдеп жүргөнү жүргөн, көзү ачылбайт* («Ленинчил жаш»).

КӨЗҮ АЧЫЛУУ. 1. Бир нерсеге ачык, даана түшүнүү, ак-караны ажыратуу, көзү жетүү, таанып билүү. *Ырчыны ээрчип жүрүп Берендин көзү ачылды. Чалдыр-мулдур комуз чертчү эле, чоң комузчу болду* (Осмоналиев). *Макендин ченинде жүрүп ал көп нерсеге канығып, көзү ачылды, чыйралды* («Ленинчил жаш»). *Мындайча алганда дүйнөгө көзү ачылып, жок эле дегенде калыстык деген эмне, зомбулук деген эмне экенин түшүнүп келген болуу керек* (Акматов).

2. Сабаттуу, билимдүү болуу, аң-сезими өсүү. *Кат таанып ал, кат таанысаң көзүң ачылат* (Саатов). *Көзү ачылып, сезими кеңигенде ого бетер өткүр жигит болуптур* (Бейшеналиев).

3. Көңүлү көтөрүлүү, өзүн сергек сезүү. *Пастан ушул жерге келгенден бери көзүм ачыла түштү* (Кыдырмышев). *Барганда көзүм ачылып, жүрөгүм кубанды* («Ала-Тоо»). *Кыз бечаралар жаңыдан көзү ачылып, өмүрдүн кубанычын сезип келатканда бирөөгө башы байланып, күтүлбөгөн окуяга кез болушат* (Каимов).

КӨЗҮ БАР. Тирүү, жашап жүрөт, өлө элек. *Кемпиринин көзү барда небереси алардын колунда эле* (Кушубеков). *Ал кишинин көзү бар кезинде айыл ынтымагы жакшы болучу* (Бердикеев). *Ушул күндө көзү бар.*

КӨЗҮ БОЗОРУУ. 1. Карайлоо, көзү тунарыктап, электенип жакшы көрө албай калуу. *Көздөрү бозоруп, шайлары ооду* (Бектенов). *Эриндери кеберсип, көзү бозорүп кадам шилтөөгө алы келбей калды* («Ала-Тоо»).

2. Эч нерсени көзүнө илбей, тоготпой, дөөгүрсүп калуу, катуу көөп кетүү. *Атам бала кезинде козу кайтарып жүрүп, козуларын жамыратып ийгени үчүн, көзү бозоруп, дөөгүрсүп турган бай атамы камчы менен башка-көзгө койгулап сабапшыр* (Абакиров). *Күлбүбү, кудайды карап көзүң бозорсочу, катыгүн!* (Сыдыкбеков).

3. Төрөт убагында кансырап, эс-учун жоготуу, эсинен танып, эч нерсени сезбей калуу, кара басуу (көбүнчө төрөтү кыйын болгон аялдарга карата). - *Кокуй наалат. Келинимдин көзү бозоруп, алсырап, кансырап баратат. Жүр, экөөң тең куучулар* (Бейшеналиев). *Береги өтүкчүнүн аялы көзү бозоруп төрөп жүрөт* (Сыдыкбеков).

КӨЗҮ БУЗУЛУУ. 1. Ачуусу келгендей, жактырбагандай кебетеде көз карашы, мүнөзү өзгөрүлө түшүү. *Менин сабактан начарлай баштаганымды угуп, атамдын көзү бузулуп, мага түсүн үйүрдү* («Жаш ленинчи»).

2. Көбүнчө катуу ооруп жаткан адамдын абалына карата баш көтөрөр түрү жок, өлүм алдында турат деген сыяктуу мааниде. *Ай, кагылайын Алтынай ай! Баягы Алтынай жок, көзү бузулуп, өңүндө тирүүлүктүн белгисинен өлүмдүн белгиси ачык турган сыяктанды* (Жантөшев).

КӨЗҮ ЖАШЫЛДАНУУ. Ыйлап жиберчүдөй болуп, мууну бошоп, көзүнөн жаш кылгыруу, кичине жашып кетүү. *Жамалкандын жүрөгү алып учуп, эмне кыларын билбей алактап, көзү жашылданып турду* (Абдукаримов). *Менин абам болсо кырк экинчи жылдан бери кат-кабарсыз, - деди Саадат көзү жашылданып* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮ ЖЕТИК. Көптү билген, дасыккан, ар нерсеге жете түшүнгөн, аркы-беркини мыкты билген. *Арасында караладай акылман, көзү жетик карылары отурбайбы. Дагы ким эмне дээр экен?* (Бейшеналиев).

КӨЗҮ ЖЕТҮҮ. Эмне экендигине, чындыгына же төгүндүгүнө, кандай болгондутуна ачык түшүнүү, толук ишеничи болуу, кандай болорун алдын ала билүү. *Атай бул жооптуу жумушту аткара албастыгына көзү жеткен соң, кантондун жетекчилерине «мени бошоткула» деп даттанды* (Каимов). *Көзү жетип, билип турган ишин Сапар далилдөөгө тырышты* (Сасыкбаев). *Алардан айла болбосуна көзүжеткенде жаңы начальник айрым жумуштарын өзү жасата баштаптыр* («Советтик Кыргызстан»). *Өкүндө чындап шаарга жөнөгөнүнө көзү жетип, көңүлү толкуду* (Айтматов). *Мындан ары минтип жашоо болбосуна көзүм жетти* (Айтматов).

КӨЗҮ ЖЕТПӨӨ. Бир нерсенин чын-бышыгына, болор - болбосуна ишене албоо, күмөндөр болуу. *Кийин төлөнөбү же биротоло кол жуун калабы, көзү жетпейт* (Ашымбаев). *Мусулманкулдун тьшч жүрө алышына көзүм жетпейт, ишене бербейм* (Касымбеков).

КӨЗҮ ЖОК. Тирүү эмес, өлгөн, көзү өткөн. *Азыр бу кишилердин биринин да көзү жок* («Советтик Кыргызстан»).

КӨЗҮ ЖОК БААТЫР. Эч нерседен кайра тартпаган, тайманбаган, чыгаан, баатыр. *Сага даап сөз айткан мен көзү жок баатыр экемин* («Ала-Тоо»).

В.: Көзү жок эр. - *Көзү жок эр экенсиң деп, Бакдөөлөт кайта-кайта айтып, таң кала берди* (Абдукаимов).

КӨЗҮ ЖОК КӨГӨН, БАШЫ ЖОК БАКА к. Башы жок бака, көзү жок көгөн.

КӨЗҮ ЖЫЛУУ УЧУРОО. к. Көзгө жылуу учуроо.

КӨЗҮ ИЛИНҮҮ. Бир аз уктап кетүү, үргүлөп кетүү. *Сай сөөгү сыздап жатып жаңыдан көзү илинип кеткен Дүйшөнкул чочуп ойгонду* (Осмоналиев). *Короонун четинде кыйкырып туруп эле дилдиреп көзүм илине түшкөн экен* (Сыдыкбеков). *Ашырбек төшөгүнө жаткан менен далайга түйшөлүп, таңга жуук гана көзү илинди* (Ашымбаев).

КӨЗҮ КАЙНОО. 1. Бети албырып, көзү жалжылдап жашылдангандай көрүнүшкө карата (көбүнчө, эти катуу ысып, ооруп калган балдарга карата айтылат). *Кичине талмоорсуп, көзү кайнап турат.*

2. Көзү жалтылдап, абдан өткүр болуп көрүнүү. *Тебетей жээгинен кашы чыгып, көзү кайнап, тиктегенди жалтантат* (Осмоналиев).

КӨЗҮ КАНЫГУУ. Иштин жөнүн таамай билип калуу, ажыратуу, дасыгуу, маш болуу. Көзү каныгып, колу машыгып, өнөрү өскөн сайын өргө чабуу адамдын адаты («Жаш Ленинчи»).

КӨЗҮ КАРАҢГЫЛОО. 1. Көзү жакшы көрө албай бүдөмүк тартуу, начар көрүү. *Алдынан багыт алар жылчык таппай, Баратты эки көзүм караңгылап* (Абдыраманов).

2. Алсыроо, эс-учун жогото баштоо. *Такыр өйдө боло албайм, көзүм караңгылап, башым айланып кетет* (Кыдырмышев). *Гүлайымдын көңүлү айнып, көзү караңгылайт* (Абдукаримов).

В.: Көзү карайлоо. *Айтор, талмоорсуп көзү карайлай түштү да, жыгылып кете жаздады* (Сыдыкбеков).

КӨЗҮ КАРОО. Көзү ачык туруп эле көрө албаган, суу карек. *Байкемдин көзү кароо. Бала күнүнөн ушундай экен* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮ КАТУУ. Көрүүгө же жетүүгө зар болуу, кемчил болгон нерсени аябай самоо, абдан эңсеген абалда болуу. *Балдарынын баары токтобой жүрүп, көзү катканда Шамбетти көрүшүп, аны да алда-жалда менен араң чоңойтушпады беле* (Исмаилов). - *Бул акчадан көзү каткан байкуш турбайбы* (Каимов). *Тамактан көзү каткан бечаранын обору ачылып калган тура* («Ленинчил жаш»).

КӨЗҮ КАШАЮУ. к. Кара көзү кашаюу.

КӨЗҮ КОЮЛУУ. Уйкусу келгендей магдыраган, мемиреп көшүлүңкү тарткан абалда болуу. *Эки кашынын ортосуна тер исиркектеп, көзү коюла түшкөнүн энеси көрүп отурду* (Айтматов).

КӨЗҮ КУРЧ. Өткүр, көрөгөч. *Тоолуктардын көздөрү курч эмеспи* (Бейшеналиев).

КӨЗҮ КЫЗАРУУ. Бир нерсеге көңүлү түшүп, абдан кызыгуу, суктануу, самоо, эңсөө. *Күлүктү көзү кызарган Канайга жеткирип берип тынды* (Үмөталиев). *Куржундун томпойгон бөйрөгү көзүнө дүйнө көрүнүп, орто жолдон олжо кылмакка көзү кызаргандар да болду* (''Ленинчил жаш»). *Бийликке жеткендин баары атын, даңкын калтырууга көзү кызарды* (Осмоналиев).

В.: Көзү күйүү. *Жеңеси, көзү күйгөн менен өзү ыйбаа сактаган жигитке өңгөчүнөн чыңк күрсүндү* (Бейшеналиев).

КӨЗҮ КЫЙБОО. Бир нерседен ажырагысы же бир нерсени колдон чыгаргысы келбөө, бирөөгө ыраа көрбөө. *Жарык дүйнөнү көзү кыйбады, үнсүз тиктеп күйөсүн, баласын аяп ыйлады* (Шүкүрбеков). *Баштык-саштыгы менен ыргытат элем, каап, баштыгым жаңы, көзүм кыйбайт* (Борбуев).

КӨЗҮ КЫЧЫШУУ. Бир нерсеге абдан кызыгуу, өтө

суктануу, алсам же жетсем деген пейилде ыкыс коюп туруу. *Бактын бутактарына эң сонун кооз чымчыктар олтурат. Аларды көрүп көзүм кычышат, бирок карматпайт* (Алыбаев). *Сен мында турбай үйүңө кетчи, көрсө дагы адатынча көзү кычышып жүрбөсүн* (Тойбаев).

КӨЗҮ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ. к. Көзүнүн агы менен тең айлануу.

КӨЗҮ МЕНЕН УЗАТУУ. Астыртан, тымызын карап кала берүү. *Сөз айтып, ой алмаша албаса да жигитти көзү менен узатып тим болду* (Сыдыгалиев).

КӨЗҮ МЫНДАЙ БОЛСО ЭЛЕ. Жок болсо, көрүнбөй калса. *Ай, ушунун оюнкарагы... Менин көзүм мындай болсо эле, шып жоголот* («Жаш ленинчи»).

КӨЗҮ ОЙНОО. Кызыгуу, суктануу, көзү түшүү. *Акчалуунун колу ойнойт, акчасыздын көзү ойнойт* (макал).

КӨЗҮ ӨТҮҮ. 1. Кадала кароо, тиктөө, тигиле кароо, кызыгуу. *Баланын көзү комуздан өтүп баратты* (Каимов). *Паризек ага назар салбай, эки көзү кыздан өтүп бараткат* (Ашымбаев). *Байымбет аркы текчедеги китептерден көзү өттү* (Бейшеналиев).

2. Каза табуу, өлүү, көз жумуу. *Адамдын көзү өткөндө, жок экен кайтып келүүсү* (Үсөнбаев). *Көп кишилер назили наркы бар-жогун ченебей мартабалуу көрүнөм деген далалат менен жүрүп көзү өтүп кетип жатпайбы* (Айтматов).

КӨЗҮ ТЕШИЛҮҮ. 1. Тыным албай көзү талыгыча иштей берүү же окуй берүү деген мааниде. *Баш көтөрбөй окуй берип, жаза берип көзүң тешилди го, жүдөп да кеттиң, - деп, жеңем кейип-кепчип, жаныма отура кетти* («Ленинчил жаш»).

2. Чарчагыча кароо, зарыга кароо. *Сени күтүп жол карай берип ини-сиңдилериңдин, жеңеңдин көздөрү тешилди бейм* (Казакбаев). *Карап отуруп көзүм тешилди. Ушунча да жоголуп кетесиңби?* (Айтматов). *Жолду карай берип көзүм тешилди* (Айтматов).

КӨЗҮ ТИК. к. Тик көз.

КӨЗҮ ТИРҮҮ. 1. Бар, жашап жүрөт, көзү өткөн жок, аман-

эсен, топурактан тышкары. *Анда Казангаптын көзү тирүү, кандай кылам десе өзү билген* (Айтматов). *Өлгөндөн кийин өздөрү билсин, ал эми көзү тирүү турганда коргоп кала турган кубаты бар* (Укаев). *Көзүм тирүү турганда ал экөөнү ыйлатпайм* (Өмүрбаев).

2. Тын, чыйрак, ар нерсеге жөндөмдүү, бышык, идиректүү. *Нарктуу өнөр поз Токтогул комузун оңдой күүлөп, көзү тирүү жеткинчекке назарын бурат* (Бейшеналиев). *Ал көзү тирүү, сары чийкил, ыманы ысык жаш жигит экен* (Бөкөнбаев).

В.: Эти тирүү. *Айгүл эти тируу, зээндүү кыз. Окусун. Адам болсун, -деди Исабек* (Айтматов). *Эти тирүү, кеби тың келин ушунча көптөн жазганбай тике айтты* (Сыдыкбеков).

КӨЗҮ ТОЙБОО. 1. Алымсынбоо, ыраазы болбоо, ач көздүк, сугалактык кылуу. *Эч нерсеге көзү тойбогон байлардын кылар иши ушул да* (Абдукаримов). *Дүйнөгө чапчу баракор, өлсө көзү тойбогон журт бузганын койбогон* («Сейтек»).

2. Сулуулугуна, көркөмдүгүнө суктануу, кызыга берүү, карай бергиси келүү. *Жылдызкан менен Уруя биринен сала экинчисин тиктеп, сонундарга көздөрү тойбой баратат* (Байтемиров). *Зергер жасаган буюмдардын кооздугу ушунчалык, карап турүп көзүң тойбойт* (Абдукаримов).

КӨЗҮ ТОЮУ. Көргөн нерсесине аябай ыраазы болуу, канааттануу, көңүлгө толуу. *Балам керилген жигит болуп калган экен деп, көзүм тойгон ошондо* (Өмүрбаев). *Көркөмдүү салган үйлөр көп, Көз тоёт шаңдуу айылга* (Осмонкул). *Атаганат, андайды көргөндүн көзү тоёт, үккандын кулагы сүйүнөт* (Бейшеналиев).

КӨЗҮ ТӨБӨСҮНДӨ. Бир нерсени тез баамдаган, алдын ала билген, абдан кыраакы, байкагыч. *Анын көзү төбөсүндө, сенин анча жактырбай турганыңды билип койдү окшойт* («Ала-Тоо»).

В.: Көзү чокусунда. *Анын көзү чокусунда.*

КӨЗҮ ТӨРТ. к. Эки көзү төрт.

КӨЗҮ ТУНАРУУ. Көзү караңгылоо, мунарыктап жакшы көрө албоо, күүгүмдөнүү. *Аягында чарчап кетет, жазганы чаарала*

болуп көзү түнарат (Айтматов). *Жүкөштүн бүткөн бою шуу этип, көзү тунара түштү* (Сасыкбаев).

КӨЗҮ ТҮЮК. Караңгы, маалыматы жок, кат-сабаты ачылбаган, билимсиз. *Ал кезде көзү туюк түркөй кыргыз мына ушунун да жөнүн билген эмес* (Үмөталиев). *Акылга жетик болсо да көзү туюк эзилген зайып, өз учурундагы абалды даана баамдай алган жок* (Сыдыкбеков).

КӨЗҮ ТҮЗ. Мамилеси жакшы, ниети таза, арам ою жок.

КӨЗҮ ТҮШҮҮ. 1. Бир нерсени жактыруу, аны алгысы келип аябай кызыгып калуу, суктануу. *Көйкашканын ошол жоргого көзү түшүп, эптеп ажыратып алуунун жолун издейт* (Көчкөнов). *Дароо үстөлдүн үстүндөгү сүрөт салган альбомго көзү түштү да бирден барактай баштады* (Алыбаев). *Көп күлүктөрдү карап туруп, бир атка көзү түшөт* (Осмоналиев).

2. Бирөөнү жакшы көрүп, сүйүп калуу, ага берилип жактырып калуу. *Эгер Үрпүканга көзү түшсө, ыгын келтирип жүздөштүрүүгө макулдаткан* (Бейшеналиев). *Болбосо, кечээ эле бирөөнүн кудалап койгон кызына көзү түшүп калып, үйлөнмөкчү болгон кашка ушул эмес беле* (Көчкөнов). *Келип-кетип жүрүп мага көзү түшүп, атама кудалашуу үчүн жуучу салат* (Каимов).

В.: Көңүлү түшүү. *Ал келинчекке бир кезде Теңирберди агаңдын көңүлү шүшүп жүргөн* (Укаев). *Кызына жайындагы Кетмен-Төбөлүк жаш ырчынын көңүлү түшүп кеткенин ...кулагы чалган* (Касымбеков).

КӨЗҮ УМАЧТАЙ АЧЫЛУУ. 1. Уйкусу тароо, көзү чайыттай ачылып, ойгонуп кетүү. *Үргүлөп уктап отурган кыз ыргып шуруп, көзү умачтай ачылып телефонду алды* (Абдукаимов). *Көзүм умачтай ачыла түшкөн экен, жанымдан зуулдап эчки-текелер өтүп жатышыпшыр* (Медетов). *Саматтын уйкулуу көзү умачтай ачылды* (Сасыкбаев).

2. Жаны сеп алуу, тынчый түшүү. *Бутумдагы чөңөрдү сууруп салганда көзүм умачтай ачылып, уйкуга кирипмин* («Ала-Тоо»).

3. к. Көзү ачылуу.

В.: Көзү чайыттай ачылуу. *Менин көзүм эми чайыттай ачылды* (Үмөталиев).

Умачтай көзү ачылуу. *Уктагандардын умачтай көзү ачылып, бардык табият күүгө кулак салгансыды* (Жантөшев). *Белинде окту алганда, Умачтай көзү ачылды, Ооруган жери басылды* («Манас»). *Мастыгым тарап көзүм умачтай ачылды* (Айтматов).

Уйкусу умачтай ачылуу. *Тарс эткен дабышка Маликтин уйкусу умачтай ачылды* («Советтик Кыргызстан»).

КӨЗҮ УЯЛУУ. к. Көз уялуу.

КӨЗҮ ЧАКМАКТОО. к. Көзү ала чакмактоо.

КӨЗҮ ЧАЛУУ. Байкап калуу, көрүп калуу. *Кыздын ошо татынакай уяң жүзүнөн жылмаюуну көзү чалды Адылбек* (Өмүрбаев). *Аңгыча эр ортонундагы дүңкүгүй кишини көзү чалды* (Каимов). *Курманжан датка... эл арасына кеңири суроо салып, ким кайдан көзү чалганын иликтөө жагын өтүндү* (Касымбеков).

КӨЗҮ ЧАНАГЫНАН ЧЫГУУ. Катуу коркондо, тан калганда же ачуусу келгенде көзү чоң ачылып бакырая түшүү, акырая кароо. *Үрөйү учуп, көзү чанагынан чыгып, баш калка издеп далбас урган жигитти бүт денеси менен калкалап, көкүрөктоскон аял...* (Кушубеков). *Карасакалдын көзү чанагынан чыгып, тиштери кычырап кетти* (Абдыраманов). *Бетинен каны качып, көздөрү чанагынан чыгып, Белек ачуулуу чыга калганда алар чочуп кетишти* (Жантөшев). *Отургандар селейе катты, көздөрү чанагынан чыкты* (Айтматов).

КӨЗҮ ЧАЧЫРОО. Бир нерсени өтө чыдамсыздык менен күтүү, зарыгуу, алсам же жетсем деп аябай эңсөө. *Ушул жерден тез эле узап кетсек дегенде көзүм чачырап, мүнөт сайын кыпылдап күтүп жүрөм* (Элебаев). *Туш-тушка көзү чачырап, көкүрөгүндө бир ой теминет* («Ленинчил жаш»). *Акчаны көргөндө Молдоштун көзү чачырап кетти* (Абдукаимов).

КӨЗҮ ШИЛИСИНЕН ӨТҮҮ. Ачуу каар менен өтө жек көрүү абалында жекире кароо, теше тиктөө. *Эки мырзанын көзү Эдигенин шилисинен өттү* (Осмоналиев). *Анын жанагы*

шилисинен өткөн көзү Оросулдун көзүнө түбөлүк жабышып алгандай (Осмоналиев).

В.: Көзү шилисинен чыгуу. *Ал өлсө, анын шилисинен чыккан каардуу көзү аны жинди кылат* («Ала-Тоо»).

Көзү желкесинен өтүү. *Анын каардуу көзү желкемен өтүп кеткендей болду* («Чалкан»).

КӨЗҮ ЫМЫР-ЧЫМЫР БОЛУУ. к. Ымыр-чымыр болуу.

КӨЗҮН АЛА КАЧУУ. Бирөөнү тике, таамай карай албай жалтактоо, көрүнбөөгө, карабоого аракеттенүү, жалтануу. *Мария болсо, күйөөсүнөн көзүн ала качып турду* (Ашымбаев). *Көп ичинен ал Мөңкөгө карады эле, карт балыкчы көзүн ала качып, артына кетенчиктей басты* (Укаев). *Коркконунан көзүн ала качып, өйүзгү тоо беттериндеги жыш карагайды карайт* (Жусупов).

В.: Көзүн жашыруу. *Байымбет алда нени сезгенсип жүрөгү болк эте, абасынан көзүн жашырып жерге үңүлдү* (Бейшеналиев). *Жасоол ылдый эңиле көзүн жашырды* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮН АЛБОО. к. Көз айырбоо.

КӨЗҮН АЧА ЭЛЕК. Чоңоё элек, жетиле элек, боорун жерден көтөрө элек, өтө жаш. *Көзүн ача элек Кызыл эт кезинде эле комуз менен ушунчалык ынак болуп, тилеги ошого оогон баланы башка кесипке бурууга болобу?* (Каимов).

КӨЗҮН АЧУУ. 1. Эсине келтирип, тартипке чакырып коюу, бирди көрсөтүү. *Силер тоюнуп калган экенсиңер! Кутурган экенсиңер! -Шаитагыла, көзүңөрдүачармын* (Каимов). *Тыюучу пенде өзүм дейт Ачайын мунун көзүн дейт* («Семетей»).

2. к. Көзү ачылуу. 2.

КӨЗҮН БАЙЛОО. *дин.* Дубалап, сыйкырлап эч нерсени сездирбей, көрсөтпөй коюу, жазгыруу. *Дем салып, никеге чейин көзүн байласын* (Бөкөнбаев). *Ал толготкон катындын, Көзүн байлап салчу экен* («Сейтек»).

КӨЗҮН БОЁО. Алдоо, жазгыруу, будамайлоо. *Бир адам ушунча калайыктын көзүн боёп, көңүлүн байлап салдыбы?* (Бейшеналиев). *Билебиз силердин*

амалыңарды. Көзүбүздү боёгүңар келет (Жантөшев).

КӨЗҮН БУДАЛОО. 1. к. Көзүн боёо.

2. к. Көзүн тазалоо.

КӨЗҮН ЖАШ ЧАЮУ. Ыйлап жиберчүдөй көзүнөн жаш кылгыра түшүү, жашып кетүү. Акбала воланы кыя албай көзүн жаш чайып тур-ду эле, жаалданган байбиче кирип келгенде чыйрала түштү (Укаев). *Гулай сөзүн бүтүрө албай көзүн жаш ча йыды* («Ленинчил жаш»).

КӨЗҮН ЖАШЫРУУ. к. Көзүн ала качуу.

КӨЗҮН ЖОГОТУУ. к. Көзүн тазалоо.

КӨЗҮН ЖУМУУ. к. Көз жумуу.

КӨЗҮН КАДОО. Бир нерседен көзүн албай кадала кароо, тигиле кароо, өтө кунт коюп байкоо, көз салуу. *Карыя мен жакка бурулуп, бозомук нурсуз көзүн кадады* («Ала-Тоо»). *Серкебай тултуюп бир саамга унчукпай, бөрү тиктеш салып, элчиге көзүн кадады* (Осмоналиев).

В.: Көзүн тигүү. *Мен өңдүү өксөп-дегдеп уул-кызың, Айырбай сизге карайт тигип көзүн* (Нуркамал). *Ал экөөнүн көптөн бери көзүн тигип жүргөн жери кандуу өзөк* (Укаев).

Көзүн түшүрүү. *«Эсен-соо» деп барып, Жапардын балдагына көзүн түшүрдү да, кайта ал унчукпай калды* (Баялинов).

КӨЗҮН КАКПОО. Тынчы кетүү, кабытырлануу. *Муну ойлосоң, жүрөк зилдейт, кирпик көзүн какпай таң атырасың* (Айтматов).

КӨЗҮН КАРОО. 1. Бирөөгө баш ийүү, айткан-дегенинен чыкпоо, материалдык жактан толук көз каранды болуу. *Алты жүз үйлүүгө жакын чоро эли Тоскондун көзүн карап, буйругун аткарышат* (Осмоналиев). *Улам жыл өткөн сайын бай Салкынайдын көзүн карап, байбиченин айтканынан чыкпай калган* («Кыргызстан аялдары»). *Жыты таяке бирөөлөрдүн көзүн карап, күйпүйүп басынган учурунда Айылчынын дуушарланышы анын сообуна калгандай* (Бейшеналиев).

2. Жакшы көргөн баласынын, кызынын ж.б. айткан-дегени менен,

ою менен болуу, таарынтпай, аяп мамиле жасоо. *Көрдүңбү уулуңду, -деди Калыйпа, биз мунун жалгыз деп көзүн карап отуруп, ушинтип алганбыз да* (Саатов). *Оорусунан коркуп көзүн карап калган бечара Татына уулунун кебин бузган жок* (Сыдыкбеков).

В.: Көзүнө кароо. *Жалгыз бала үчүнбү, Керимбай анын көзүнө карап, көп какпайт* (Мырзаев).

КӨЗҮН КАШАЙТУУ. к. Кара көзүн кашайтуу.

КӨЗҮН КЫЗАРТУУ. к. Көзү кызаруу. *Майда балдардын көзүн кызартышчу* (Айтматов).

КӨЗҮН МАЙ БАСУУ. Мансабына, байлыгына ж.б. абалына чиренип, менменсинип башкаларды теңсинбей, дөөгүрсүп, көөп кетүү. *Ой, айланайын Сагынбек ай, шумдуктай көрөгөч экенсиң! Эгер көзүмдү май баскан бойдон эсиме келбесем, талпагым ташка жайылбайт беле?* (Жантөшев). *Көзүн май басып, акчанын деми менен көкөлөп жүрө берди* («Чалкан»).

В.: Көзүн май каптоо. *Биз, адамдар ал кезде көзүбүздү май каптап калабы, билбейт да, билгибиз да келбей калат жен!* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗҮН ОЮУ. Бирди көрсөтүү, жазалоо. *Сенин көзүңдү ойгондон кийин айтар, - деди да, эшикти ачып сыртты карады* (Абдукаимов).

КӨЗҮН САТУУ. Бирөөдөн же бир нерседен үмүттөнүп зарыла кароо, үмүткөр болуп жалдыроо, телмирүү. *Жалгыз балам Шайымбет Ар кимге көзүн саткандыр* («Эр Табылды»). *Көңүлүм өспөй жаш калып, Көзүмдү кимге сатамын* («Курманбек»). *Узун жолду көп карап, Көзүн жолго сатабы* (фольк).

КӨЗҮН СҮЗҮҮ. 1. Көзүн жума тургансып, көшүлүп бараткандай кылыктана кароо. *Кыздын көзүн сүзүп, ойт берип кыткылыктап турганы көз алдынан кетпеди* («Ленинчил жаш»).

2. Көзү жумулуп көшүлүп уктап бараткандай абалда болуу (көбүнчө катуу ооруп жаткан адамга карата). *Тил сүйлөбөй титиреп, Көзүн сүзүп сулк жатат* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮН ТААНУУ. к. Иштин көзүн тааануу.

КӨЗҮН ТАБУУ. 1. к. Иштин көзүн тааануу.

2. Жоголгон, жашырылган нерсе, буюм, мал ж.б. дал өзүн алуу, колуна тийгизүү. *Ушул жерден көзүн таптым* (Осмоналиев) *Уурдалтан буюмдардын көзүн тапты* («Ленинчил жаш»).

КӨЗҮН ТАЗАЛОО. Жок кылуу, өлтүрүү, жайлап салуу. Болбосо *Орозкул экөөбүздүн көзүбүздү оңой эле тазалап коёт* (Айтматов). *Азыр анын көзүн тазалабасаң, кийинчерээк ал кол салуудан да кайра тартпайт* (Укаев). *Жылматай адегенде тирүү айгак өз кызынын көзүн тазалайт* (Осмоналиев).

2. Жок кылуу, сарп кылуу, түгөтүү, аягына чыгуу, бүгүрүү. *Ал Сейилкандан калган мүлктүн далайынын көзүн тазалады* (Сыдыкбеков). *Дарыга алып келген беш сомдун көзүн тазалады* («Чалкан»).

В.: Көзүн будалоо. *Узап кете электе үч айылдан үч жигит же те барсын да көзүн будалап, жар көчүрүп таштап келе беришсин* (Убукеев).

Көзүн жоготуу. *Көзүн жогото электе үстүнөн басуу керек, чамдагыла* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮН ТОЙГУЗУУ. Ыраазы кылуу, ыракат берүү. *Казак талаасы карт акындын ойго чөмүлгөн көзүн тойгузуп, ого бетер бажырайтууда* (Бейшеналиев).

КӨЗҮН ТҮШҮРҮҮ. к. Көзүн кадоо.

КӨЗҮНДӨ ОГУ БОЛСО АТЫП ЖИБЕРҮҮЧҮДӨЙ. Өтө жек көрүү сезими менен ызырына, каардана, абдан ачуусу келе кароо, бирди көрсөтүүчүдөй, жеп жиберүүчүдөй болуу деген мааниде. *Көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй бардыгын айландыра карап алды да шарт чыгып кетти* (Жантөшев). *Көркооңдун көзүндө огу болсо, мени кан жуткура атып жиберчүдөй түрү белен* (Бейшеналиев).

КӨЗҮНДӨ ОТУ БАР. Өтө тың, өткүр, кайраттуу, эр жүрөк, тайманбас. *Көзүңдө отуң бар эр көрүнөсүң деп, мен сени бекер мактаган эмес экемин*

(Үмөталиев). *Көзүндө оту бар, сүрү да бар, келечекти бекем кармаган эстүү кыз окшойт* (Абдукаимов).

В.: Көзүндө жалыны бар. *Көзүндө жалыны бар жигит көрүнөт, талабын орундаталы* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗҮНӨ АЙТУУ. Бетине, өзүнүн көзүнчө тике айтуу. *Ал эч тартынбай чындыкты көзүнө айтты* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗҮНӨ ЖАНЫ КӨРҮНҮҮ. к. Жаны көзүнө көрүнүү.

КӨЗҮНӨ ЖАШ ТЕГЕРЕНҮҮ. к. Көзү жашылдануу.

КӨЗҮНӨ ЖЫЛУУ УЧУРОО. к. Көзгө жылуу учуроо.

КӨЗҮНӨ ИЛБӨӨ. к. Көзгө илбөө.

КӨЗҮНӨ ИЛИНБӨӨ. к. Көзгө илинбөө.

КӨЗҮНӨ КАН ТОЛУУ. Каарын төгүп, көзү кызарып чыңалып кетүү, көзүнөн заары чыгуу. *Өйдөсүнгөн, басынткан кишини көрсө, Бекназардын көзүнө кан толо түшөт, колу дароо кылычына жабышат* (Касымбеков). *Абил бийдин көзүнө кан толо түштү* (Касымбеков).

КӨЗҮНӨ КАРАБОО. 1. Аябоо, азаят, түгөнөт деп ойлобоо, аянбай жумшоо, марттык менен жок кыла берүү. *Буруу-терүү санабай, Мал көзүнө карабай, Энчи берип жөнөттү* («Семетей»). *Акчанын көзүнө карабай сатып ала берди* (Бердикеев).

2. Тартынбай тике айтуу, бетке айтуу. *Анан Боронду Эдигей көзүнө карабай баарын айтып бергенди көрүп ал* (Айтматов). *Эч кимдин көзүнө карабай болгонун болгондой айтты* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗҮНӨ КӨЗҮ ТҮШҮҮ. Капысынан тиктеше калуу, бирин бири көрө калуу, көздөрү чагылаша калуу. *Элемандын көзүнө көзү түшкөндө, кечээ эле ушу жигитти уруп, оозун кандаганы эсине түштү* («Ала-Тоо»). *Райдын көзүнө көзү түшкөндө Бөбөк кубанып өзүнчө купуяланды* (Укаев).

КӨЗҮНӨ КӨЙГӨК БОЛУУ. Көзгө урунуу, көрүнүп туруп алуу. *Булардын көзүнө көйгөк болбой тезирээк кетип калчы, - деп жеңем мени акырын кетирип ийди* («Ленинчил жаш»).

КӨЗҮНӨ КӨР ТОПУРАК ТЫГЫЛСЫН! «Көзүң аккыр», «көзүң кашайгыр» деген сыяктуу, каргоо, тилдөө, жемелөө маанисинде кол-донулат. *Оо, ошондо көргөнүмдө, балам керилген жигит болуп калган экен! Көзүм тойгон. Ээ, ошондо көзүмө көр топурак тыгылсачы!* (Өмүрбаев).

КӨЗҮНӨ КӨРҮНҮҮ. 1. Таанылуу, ким экенин биддирүү. *Эми быйыл мамлекеттик планды мөөнөтүнөн мурда аткарып, эл көзүнө көрүнө турган убагыңар келди* (Баялинов). *Ар гектардан 800 центнерден түшүм алып, күлгөндөрдүн көзүнө көрүнөрмүн* (Эралиев). *Өзүнүн ак эмгеги менен эл көзүнө көрүнө баштады* («Советтик Кыргызстан»).

2. Жазасын колуна берүү, сазайын окутуу, кадемин катыруу. *Мен аларга бүгүн өзүм барып көздөрүнө көрүнө коём, - деп, жеңең бууракандап жатыптыр* (Тойбаев). *Карын бөлө болсо да Кадырыма жетпесе Көрүнөйүн көзүнө!* («Семетей»). *Ансайын булардын көзүнө көрүнөйүн деп албуттанган* (Жусупов).

КӨЗҮНӨ СУУК КӨРГӨЗҮҮ. Жаман көрсөтүү, жек көрүмчү кылуу. *Акунжанды Эрке кыздын көзүнө суук көргөзө берди* (Байтемиров).

КӨЗҮНӨ ТОПУРАК САЛУУ. **к. Көзүнө чөп салуу.**

КӨЗҮНӨ ТҮШҮҮ. к. Көзгө түшүү.

КӨЗҮНӨ ЧАЛЫНУУ. к. Көзгө чалдыгуу.

КӨЗҮНӨ ЧӨП САЛУУ. 1. Алдыртан, билгизбей чыгыштык кылуу, бузуктук кылуу, көзүн боёо. *Менин Мариям көзүмө чөп салбайт деп ага ичинен жалына берчү* (Ашымбаев). *Кыздай асыраган Серкебайга кара санаган токол кимдин көзүнө чөп салбайт, эгем?* (Сыдыкбеков).

2. Бирөөгө алдыртан, билгизбей жаманчылык издөө, бузукулук, чыккынчылык иш жасоо, кастык кылуу, көзүн будамайлоо. *Сенин*

кандай саясат жүргүзүп, кантип менин көзүмө чөп салайын деп жүрүшүңдү түшүндүм («Чалкан»). *Экинчи транспорт жөнөгөндө аны Доллежанова катып коюп, полицейдин көзүнө чөп салат* (Ашымбаев).

В.: Көзүнө топурак салуу. *Бектин көзүнө топурак салып, Айсалкынды өзүң качырып, күнөөнү мага жүктөгөнү жаткандырсың* (Жоошбаев). *Арабызга жоро-жубан, сатандарды жиберип, жолубуздан адаштырып, анан көзүбүзгө топурак салгысы келишет* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЗҮНӨН ЖАЛЫН УЧУУ. **к. Көзүнөн от чагылуу.**

КӨЗҮНӨН ЗААР ЧАЧУУ. Каарын төгүү, жаалдануу, жекире тиктөө. *Атын ойдолото айлантып, көзүнөн заар чачат* (Осмоналиев).

В.: Көзүнөн заар чачыроо. *Көзүнөн чачыраган заар келиндин желкесинен чыга түштү* (Осмоналиев).

Көзүнөн ызгаар чачуу. *Алып көнгөн, берип көрбөгөн хан түктөйүп, көзүнөн ызгаар начат* (Осмоналиев).

Көзүнөн заар учуу. *Абдырахмандын көзүнөн заар учуп, кылычты кынынан сууруп көрсөттү* (Касычбеков).

КӨЗҮНӨН КАН АЛУУ. Аябай кыйноо, жазалоо, катуу кысым көрсөтүү. *Томояктардын качан болбосун көзүнөн кан алып берүүгө ишениңиз* (Шүкүрбеков).

В.: Көзунөн кан агызуу. *Оторбайдын көзүнөн кан агызып жүрүп, Акмат Жапарга жакшы ат алып берген болучу* (Жантөшев). *Малайларды тукуруп малымдын четинен көзүмдөн кан агыза бүлдүрүп, аларга ээлетип жатат* (Бейшеналиев).

КӨЗҮНӨН КАН ЧЫГУУ. Жаны кашаюу, каары кайноо, ачуусу келүү. *Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан чыгып, жини бастабай буулугуп алдастады* (Касымбеков).

КӨЗҮНӨН КАРА УЧУУ. Көзгө илинер же көрүнөр эч нерсе таппай амалы, айласы кетүү, аргасы түгөнүп, эч айла таба албай туруу. *Кең пейил устатын көзүнөн кара учуп турган учурунда тапканына кубана да, муңая да алчыланды* (Бейшеналиев). *Көзүнөн кара учуп*

турган неме, мени көрүп алды да кишенеп жиберди (Алыбаев).

КӨЗҮНӨН КӨЗҮН АЛБОО. Көз айырбай карап туруу, тиктеп туруу. *Үрөйү учкан аялдын көзүнөн көзүн албай теше тиктейт* (Укаев).

КӨЗҮНӨН КҮЛКҮКАЧУУ. Томсоро түшүү. *Аны эркелетип жаткан неме оозунан сөзү түшүп, көзүнөн күлкү качты* (Борбуев).

КӨЗҮНӨН КҮЛҮҮ. Жымың этип, жадырап-жайнап, күлүңдөгөн жагымдуу көз карашты билдирүү. *Көзүнөн күлүп, жылмаңдап алыстан өңдү* (Осмоналиев). *Кыз ачык айтпаган менен көзүнөн күлүп, жымыйып төмөн карады* («Ленинчил жаш»).

КӨЗҮНӨН ОТ ЧАГЫЛУУ. Денеңин катуу оорушунан көз алдында учкун пайда болгондой сезимде болуп жаны кейип кетүү, өтө кыйналуу. *Мукан тоорулуп туруп көк желкеге муштаганда, Бейшекенин көзүнөн от чагылып, тегеренип кетти* (Саатов). *Көзүнөн от чагылып, жаны мемиреген өңдөнүп, сендиректеп араң турду* (Ашымбаев). *Көзүнөн от чагылып капталы чьшырай түшкөн Акбалбан жалтайлай түштү* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Көзүнөн от чачыроо. *Алымкулдун көзүнөн от чачырап, бүткөн бою күйүп кеткендей болду* (Абдукаримов).

Көзүнөн жалын учуу. *Көзүнөн жалын учуп, жаны кашайган Бердигул: Жырткыч! Биз өлсөк береги эл бар! Кутурган канкорлор! - деп кыйкырды* (Тойбаев).

Көзүнөн от учуу. *Көзүнөн от учуп, денеси оор тартып, сендиректеп барып тумшугу менен жер сая жыгылды* (Медетов).

Көзүнөн от чыгуу. *Бутум өтө оор тартып сыздагандай болсо, көзүмдөн от чыгат* (Эсенканов). *Кулукенин көзүнөн от чыгып кетти* (Касымбеков).

КӨЗҮНӨН УЧУУ. к. Көздөн учуу.

КӨЗҮНӨН ЧААРЫ ЧЫГУУ. Жаалы келүү, абдан ачууланууу, каардануу. *Көзүнөн чаары чыгып, ийни менен дем алган Тыныбек жоон камчысын Алымбайдын жонуна басып алды* (Каимов). *- Тынчын алган ким экен? - деп*

Орозкул көзүнөн чаары чыга жалт кылчайды (Айтматов). *Шабыраалынын көзүнөн чаары чыгып, баягыдан бетер жинденди* (Байтемиров).

В.: Көзүнөн чаарын чыгаруу. *Анын да итатайы тутулуп, бириң калбай кеткиле, - деди көзүнөн чаарын чыгарып* (Жигитов).

Көзүнөн чаары көрүнүү. *Ал жылуу айткансыганы менен көзүнөн чаары көрүндү* (Сыдыкбеков).

Көзүнүн чаары чыгуу. *Чынаркандын көзүнүн чаары чыгып, ичшен тыталанып отурганын Бермет дароо түшүндү* (Абдукаимов). *Анын ирең кара көк тартып, көзүнүн чаары чыгып, кутургандай ажаанданып баратты* (Каимов).

Көзүнүн чаарын чыгаруу. *Түшүндүңбү? - деп Курбантай Эргешти кекетип, көзүнүн чаарын чыгарды* (Мияшев). *Дочекал Ашырбекти издеп таап, көзүнүн чаарын чыгара тиктеп турду* (Ашымбаев).

КӨЗҮНӨН ЧААР ЧЫМЫН УЧУУ. 1. Жаны кейүү, катуу кыйналуу. *Толгоо тартып, көзүнөн чаар чымын учуп, араң олтурган Айганыштын сенден күткөнү ушул беле?* (Сыдыкбеков). *Көзүнөн чаар чымын учуп, таң аткыча кирпик какпай чыкты* (Баялинов).

2. Өтө оор абалда калуу, коркуу, аргасы түгөнүү, эмне кыларын билбей айласы кетүү. *Ошондо гана Көлбай колдуу болуп баратканын билип, көзүнөн чаар чымын учту* («Ала-Тоо»). *Көзүнөн чаар чымын учуп, улакты Күрөңгө үстөкө-восток камчы уруп, жиреп кирди* (Көчкөнов).

КӨЗҮНӨН ЧЫКСЫН! Бирөөнүн жакшылыгын, жардамын, жакшы иштерин унутуп, көңүлгө албай же баалабай койгондо нааразы болуу, жактырбоо иретинде айтылат. *Ии-и, аны билбесең, сенин көзүңдөн чыксын, көзүндөн!* (Тойбаев). *Төлөмүштүн жакшылыгын билбесек көзубүздөн чыксын!* (Бердикеев). - *Ыракмат, бий, ыракмат, сиз ушинтип адилеттике кызмат кылсаңыз, биз сизге ыраазы болбосок көзүбүздөн чыкпайбы!* (Касымбеков).

КӨЗҮНӨН ЫЗГААР ЧАЧУУ. **к. Көзүнөн заар чачуу.**

КӨЗҮНҮН АГЫ МЕНЕН КАРОО. к. Көзүнүн төбөсү менен кароо.

КӨЗҮНҮН АГЫ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ. 1. Бирөөнүн ою менен болуу, айткан-дегенинен чыкпоо, көзүн кароо (көбүнчө аёо, жакшы керүү, сыйлоо маанисинде). *Өзгөчө Темирдин куйутүнөн соң көзүнүн агы менен тең айланып, баланы эркине коё беришкен* (Касымбеков). *Анын кыңыр ишин көрүп-билип турушса деле, жалгыздыгына ыйгарышып, көзүнүн агы менен тең айланышчу* (Медетов). *Бечара, апа деп көзүбүздүн агы менен тең айланып турат, келинибиз жаман киши эмес* (Өгөбаев).

2. Бирөөгө толук көз каранды болуп, айткан-дегенин аткаруу, анын каалаганын иштөө, жагынуу аракетин жасоо (көбүнчө баш ийүү, көз каранды болуу маанисинде). *Нечен жыл малын багып, көзүнүн агы менен тең айланып турдум* (Үмөталиев). *Бекей таежем эмне үчүн эрине арак берип, көзүнүн агы менен тең айланат?* (Айтматов). *Тирешкен кишилердин кеңүлүн табуу үчүн байбиче лыпылдап ордунан туруп, дасторкон жайып, чай коюп, алардын көздөрүнүн агы менен тең айланууда* (Каимов).

В.: Көзүнүн агы менен айлануу. *Кыязы момпойгон күйөөсү жанындай көрүп, көзүнүн агы менен айланчудай* (Бейшеналиев).

Көзүнүн агы менен бирге айлануу. *Жадырап-жайнап делбиреп, көзүңдүн агы менен бирге айланып турган мамилесине ыраазы болосуң* (Байтемиров).

Көзүнүн агы менен кошо тегеренүү. *Алты күндөн бери көзүңдүн агы менен кошо тегерендим бир белги болгон жок* (Абдукаимов).

Көздүн агы менен кошо айлануу. *Баары сыпаа, баары дөөлөтман, көздүн агы менен кошо дирилдешип, биринен бири ото, биринен бири озуна ...ак өргөө алдына чейин коштоп барышты* (Касымбеков).

Көзүнүн агы менен чимирилүү. *Бу көрүмсүз абышканы жандап турган нөкөрлөр, удайчылар көзүнүн агы менен чимирилишип, керектүү буйруктарын оң канатка, сол канатка берип турду* (Касымбеков).

Көзүнүн кареги менен кошо айлануу. *Анда алар менин көзүмдүн кареги менен кошо айланып турду го, чиркин!* («Чалкан»).

Көзүнүн кареги менен чимирилүү. *Элдин көзүнчө көзүмдүн кареги менен чимирилет* (Бейшеналиев).

Көзүнүн кареги менен тең айлануу. *Байкуш аялың, барбы, сенин көзүңдүн кареги менен тең айланып турат ко* (Бердикеев).

Көзүнүн карасы менен тең айлануу. *Мырзабай Канышайдын көзүнүн карасы менен тең айланып, ширин сөздөрүн айтып жүрүп, акыры өз торуна түшүрөт* (Айтбаева).

КӨЗҮНҮН АГЫН ЧЫГАРУУ. Көзүн акшыйтып, жаман көргөн, жактырбаган мүнөздө кароо. *Карасакал көзүнүн агын чыгара кыжырданып сүйлөдү* (Абдыраманов). *Ал «жооп бересиз» деген сөздүн маанисин түшүнө бербей көзүнүн агын чыгара Бердике жакка кылчайды* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮНҮН ЖАШЫН КУЮУ. Зарлап ыйлоо, кайгыруу. *Балдарым ыйлап жаш калды, Көзүмдүн жашын куямын* (Барпы).

КӨЗҮНҮН ЖАШЫ ОН ТАЛАА. Көз жашын тыя албай, ботодой боздоо, аябай ыйлаган абалда деген мааниде. *Батманын көзүнүн жашы он талаа, керегеге сүйөнө дандаарыйт* (Сайтов). *Аябай таяк жегенсип, өпкөсү өпкөсүнө батпай солуктайт, көзүнүн жашы он талаа* (Бердикеев).

КӨЗҮНҮН КЫЧУУСУ КАНУУ. Көрүп ыраазы болуу, алымсынуу, моокуму кануу. *Көзүнүн кычуусу канып, сулуунун келбетине ыраазы болду* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮНҮН ОТУ ӨЧҮҮ. Шайы кетүү, начарлап калуу, күүдөн-күчтөн таюу. *Көзүнүн оту өчө элек. Дагы эле ал-күчү өзүнө жетет* (Осмоналиев).

КӨЗҮНҮН СЫРТЫ МЕНЕН КАРОО. к. Көзүнүн төбөсү менен кароо.

КӨЗҮНҮН ТИРҮҮСҮНДӨ. Өзү барында, өзү жашап турганда. *Ушуну көрүп калайын, көзүмдүн тирүүсүндө дедим* (Жусупов).

КӨЗҮНҮН ТӨБӨСҮ МЕНЕН КАРОО. Жек көргөндөй, жактырбагандай каардуу кароо, жекире кароо. *Төлөгөн эжесин көзүнүн төбөсү менен карап, жактырбай чыгып кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Аскар көзүнүн төбөсү менен кайдигер гана бир карады* («Ала-Тоо»).

В.: Көзүнүн агы менен кароо. *Көзүнүн агы менен карап койгон далайлардын акесин ушул колум менен тааныттым* (Осмоналиев).

Көзүнүн сырты менен кароо. *Бугимов Акимди көзүнүн сырты менен карап, катуу айтууга камданды* (Сасыкбаев).

КӨЗҮНҮН ЧААРЫН ЧЫГАРУУ. к. Көзүнөн чаары чыгуу.

КӨЗҮҢ АККЫР! Тилдөө, каргоо, жекирүү маанисинде (көбүнчө ыгы жок ыйлый берүү же кандайдыр бир ишти ж.б. көрбөй аткара албай калтыстык кетирген учурларга карата) колдонулат. *Көзүң аккыр эмне болду, сага! Көзүң аккыр, карбаластабай түз баспайсыңбы?* («Ала-Тоо»).

В.: Көзүң кашайгыр! *Көзүң кашайгыр! - деп кыйкырып жиберди, темселеп эшиктин көзүн сыйпалап жүрүп* (Касымбеков).

КӨЗҮҢ ЖАМАНДЫКТЫ КӨРБӨСҮН! Өзү көргөн, өзү үстүнөн чыккан кандайдыр бир жагымсыз, укмуш окуяны баяндоо анын адамга терс таасир этишин, жек көргөндүгүн, өкүнгөндүгүн билдирүүдө колдонулат. *Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Жер бир заматта айлан-көчөк болуп кеткенсиди* (Жусупов). *Көзүң жамандыкты көрбөсүн, жөн эле тепсеп кетсе жер менен жексен кылчудай* (Медетов). *Көзүң жамандыкты көрбөсүн, бири ачкадан өлүп жатты, бири окко учуп каза тапты* («Ала-Тоо»).

КӨЗҮҢ КАШАЙГЫР! к. Көзүң аккыр!

КӨЗҮҢДҮ АЧ. Абайла, байка, сак бол, ушунчаңда эсиңе келдеген сыяктуу, кекетүү, зекүү маанисинде колдонулат. *Мен ферма башчысы экенимди таанып ал, көзүңдү ач! -деп Суксур кабак чытып, Дөөткө өкүм унчугат* (Осмоналиев). - *Мырза көзүңүздү ачыңыз! Мырза, дагы айтам, абийриңиз барда кетип калыңыз* (Каимов).

КӨЗҮҢДҮ КАРА! «Абайла», «байка», «этиет бол» деген мааниде колдонулат. *Сен бала, көзүңдү кара, өзүң комсомол болуп туруп, кой өлтүрүшүң уят, - деп күпүлдөдү да кайра жүрүп кетти* (Жантөшев). *-Ой, карыя, көзүңдү кара! - деп бир маалда үстүртөн кыйкырык чыкты* (Жусупов).

В.: Көзүңө кара! *Балам, көзүңө карасаң боло? Этек-жеңиңди жыйнап жүрчү, - деп гана эскертчү* (Осмоналиев), *- Көзүңө кара, уулум, эми суу соолчу болсо милиция менен келем* (Сыдыгалиев).

КӨЙ КАШКА. 1. Өзүнүн эң мыкты сапаттары, акылмандыгы, эрдиги, өткүрлүгү менен башкалардан айырмаланып турган, өтө чыгаан. *Кызыл байрак кырк кашка, Кылыгы журттан бир башка, Кырааны Манас көй кашка* («Манас»). *Акылы артык бир башка, Аламдан чыккан көй кашка* («Эр Төштүк»).

2. Уят-сыйыты жок, абдан ачык, тартынганды билбеген. *Мунун көй кашка жени байкалып турат, -деди кайнене нааразы болгон кейипте* («Ленинчил жаш»).

КӨЙНӨГҮҢДҮ УЙ ЖЕГИР! Көбүнчө жаш балдарга карата жемелөө, тыюу иретинде (жаш балдардын улутунганы, үшкүргөнү жаман жөрөлөгө деген мааниде) колдонулат. *Уктап жаткан баласы үшкүргөндө, ой тилегиң каткыр, көйнөгүңдү уй жесин! - деп үн чыгарды чоң эне* («Ала-Тоо»).

КӨЙНӨКТҮ МУРДА ЖЫРТУУ. Мурда төрөлгөн, улуулук жагы бар, ага Караганда көбүрөөк билет деген мааниде. *Мен Шариптен беш көйнөктү мурда жыртып, беш кабырга мурда сыйыргандык кылдым* (Бейшеналиев).

КӨК АЛА КОЙДОЙ СОЮУ. Абдан катуу уруу, сабоо, токмоктоо. *Айылдын ээн баштары кечээ күнү старчынды көк ала койдой союптур* (Каимов). *Былтыр Сарыбай Канымбүбүнү көк ала койдой союп салганда, анын боюнан түшүп, далайга төшөктө жаткан* (Айтбаева).

КӨК БЕТ. Оюндагысын бербеген, айтканынан кайтпаган, долу, абдан өжөр. *Көк бет болбой эле кой, агаңдын ачуусу жаман, башы-көзүңдү жарып туруп эле учкаштырып берет* («Ала-Тоо»).

Калпа өзү өтүнүп отурса, мынча көк бет болуп дулдуюшу жарабас (Бейшеналиев).

КӨК БӨРҮ КЫЛУУ. Таламай кылуу, көптөп тытып кетүү, талоонго түшүү. Тиш эшиктен да, бул эшиктен да саксактап чуркап чыгышты, Егорду көк бөрү кылып кетишти (Саатов).

В.: Көк бөрү болуу. *Аны көрүп-билип турган башы бар киши кайдан чыргоо тартсын, көк бөрү болуп кетер* (Кыдырмышев).

КӨК БУУСУ ЧЫГУУ. Көлшал болуп тердөө, алка-шалка тер басуу. *Көк бөрүдөй жулунуп, көк буусу чыгып тартышып* («Манас»). *Көк бууңар чыкканда кирейин. Тартышып көргүлө, кимиңерди кимиңер ынандырар экенсиңер* (Бейшеналиев).

КӨК ЖАЛ. Тайманбас, жалтанбас баатыр, кайраттуу. *Сооронбай айтканынан кайтпаган көк жал* (Бейшеналиев). *Ырас эле ачуудан ала салганын туйган көк жал, акылга таянып кайра көкөлөөгө батынды* («Ала-Тоо»).

КӨК ЖАШЫК. 1. Абдан арык, алсыз, шайы жок. *Каны калган бир кашык, Эти калган көк жашык* («Эр Төштүк»).

2. Ооздон түшө калма, даамы жок, супсак. *Өлгөн койдун көк жашык эти ооздон түшө калат.*

КӨК ЖОН. Шайы кеткен, алсыз, начар, дарманы жок (көп төрөгөн аялдарга же көп тууган малга карата). *Көп төрөдү, бечара көк жон болбогондо эмнеси калды.*

КӨК КАРЫН. Тамактын каарын таргып обору ачылып, опкок болуп калган, оңой менен тойбогон. *Кээ бир байлар ошентип көк карын байкушту шылдыңдаганы чын* (Сыдыкбеков).

В.: Көк ичеги. Көк ичеги бала.

КӨК МЕЛТЕЙ. Өз оюндагысын бербеген, айтканынан кайтпаган, өжөрлөнүп көшөрө берме, көкбет. *Эргешбай да бир беттегенин бербеген көк мелтей* (Борбуев). *Ал ошондой көк мелтей эле* (Элебаев).

КӨК МУШТУМ БОЛУУ. Көгөрүп, көпкөк болуп аябай үшүп калуу, абдан үшүп кетүү (көбүнчө жаш балдарга карата). *Кассада*

отурган Нуржан көк муштум болуп, колдору камтууга келбейт («Ленинчил жаш»). *Үрүң-бараңдан папкалары жер чийип, көк муштум болгон балдар кибиреп кетип бараматат* (Кыдырмышев). *Ат сарайга жеткенче Султанмурат көк муштум болуп чыкты* (Айтматов).

КӨК МЭЭ. Акылынан айнып калган, кейбир, келесоо, макоо. *Эми мына сен келипсиң, атаңды тигинден ажыратып, шаарт алып кет. Балбосо акемди көк мээ кылат ал* (Акматов). *Көк мээ атама жетсин убалым деп каргап отурат* (Айтматов).

КӨК ТИЛ. Тантык, көп сүйлөгөн, мыжыкый. *Көк тил тантык деген бар, Көп сүйлөп жанды жеген бар* (Бейшеналиев).

КӨК ЧОКУ. Көптү көргөн, көптү билген, тажрыйбалуу, оңой менен алдатпаган. *Бул көк чоку кексе чал оңой менен алдатпайт окшойт, -деп ойлоду ичинен* («Кыргызстан маданияты»).

КӨК ЧЫЧКАНЫ БАР. Элдик ишеним боюнча, иштин илгерилешине, оңунан чыгышына кедерги болгон кара жолтойлугу бар деген мааниде (адамга карата) колдонулат. - *Кашгарынын көк чычканы бар эле. Жолу болбогон бейм* (Бейшеналиев). *Көк чычканы барбы, уттуруп койдук дешип мага күлүштү* («Ала-Тоо»).

В.: Кара чычканы бар. *Ой, жолуң болгур десе, сенин кара чычканын, бар окшойт. Мына, иш тескери айланып калды* («Чалкан»).

КӨК ШИЛТИ БОЛУУ. Абдан арыктоо, өтө алсыз, начар абалда болуу. *Жай капортосунда эле көк шилти болуп жүрбөй калдым* (Убукеев). *Жаз алды менен көпчүлүгү сүткө жеткиче көк шилти болуп жүрбөй кала турган* (Убукеев).

КӨККӨ КӨТӨРҮҮ. Жергесууга тийгизбей аябай мактоо, көтөрө чалып мактай берүү. *Жакшы көргөн кишисин көккө көтөрөт да, жаман көрсө жерге урат* («Ала-Тоо»). *Көккө көкөлөтө көтөрөбү, же жерге көмөлөтө тебеби, көрөм* (Бейшеналиев).

В.: Көккө чыгаруу. *Көккө чыгара мактоо.*

КӨККӨ КҮЛҮН САПЫРУУ. **к. Күлүн көккө сапыруу.**

КӨККӨ ҮНҮ УГУЛУУ. к. Үнү көккө угулуу.

КӨККӨ ЧЫГУУ. к. Асманга чыгуу.

КӨКӨЙГӨ ТИЙҮҮ. к. Көкөйгө көк талкандай тийүү.

КӨКӨЙГӨ КӨК ТАЛКАНДАЙ ТИЙҮҮ. Абдан тажатуу, көңүл калтыруу, кабыргага батуу. *Хандын зулумдугу көкөйгө көк талкандай тийди* («Жомоктор»). *Ал апаңдын көз жашын көлдөттү. Көкөйгө көк талкандай тийди* (Тойбаев). *Орой жана зөөкүрчүлүк мамилелери, алардын көкөйүнө көк талкандай тийди* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Көкөйгө көк таштай тийүү. *Артыкча жокчулук журттун көкөйүнө көк таштай тийди* (Баялинов). *Оор турмуш анын көкөйүнө көк таштай тийди* (Бектенов).

Көкөйүнө тийүү. *Баштан өткөн оорчулук, жокчулук жаш баланын кендирин кеспедиби, көкөйүнө тийбедиби* (Баялинов). - *Кудай кары ургу-сүргү көкөйүнө тийгенби* (Бейшеналиев).

Көкөйгө тийүү. *Демек, көкөйгө тийген алардын запкысы* (Абдыраманов). *Көкөйгө тийген бул жоруктан улам тигиге көрүнбөөгө аябай аракеттенчүмүн* (Медетов).

Көңүлгө көк таштай тийүү. *Бирок көңүлгө көк таштай тийип, көшөкөрлүккө, жагымсыз жаатташууга, кереги жок кектешүүгө чейин барды* («Советтик Кыргызстан»).

Көңүлүнө көк талкандай тийүү. *Жалгыздык бойдок жүрүү көңүлүмө көк талкандай тийди* («Ленинчил жаш»).

КӨКӨЙДӨН КЕТКИС. Эч качан унутулгус, эстен чыккыс (жаманчылык, жаман иштер жөнүндө). *Тоголок Молдо булардын көкөйлөрүнөн кеткис кара тамга басып, шылдыңга капталтпады беле* (Бейшеналиев). *Бере бериңиз, мырзам, ат көрбөгөн немени көкөйдөн кеткис кылып көтөрүп чапсын* (Тойбаев).

В.: Көкөйдөн калгыс. *Согуш көкөйдөн калгыс иштерди жасады* (Абдукаримов).

Көкөйдөн чыккыс. Көкөйдөн чыккыс зордук-зомбулукту көрүштү (Элебаев).

КӨКӨЙҮН КЕСҮҮ. Көңүлүн калтыруу, каары өтүү, жанга батуу. *Алчактап өсөр чагында ачарчылык жанына батып, көкөйүн кести* (Ашымбаев). *Бабасы Музоокеден ажыраганы жетимдик көкөйүн кесип, эч кимден мээримдүү мамиле көрбөйм го деген ойдо эле* (Бейшеналиев). *Опосуз дүйнө, балким, бу бечаранын көкөйүн кесип, акыл сурооого келгендир* (Каимов).

В.: Көкөйүн өйкөө. *Агасынын «апаңа сырдаш анда» деген ишаарасы көкөйүн өйкөгөн жаратты жаңылата чукугансыды* (Бейшеналиев).

КӨКӨЙҮ СУУ. к. Көксөсү суу.

КӨКӨЙҮНӨ ТИЙҮҮ. к. Көкөйгө көк талкандай тийүү.

КӨКСӨСҮ СУУ. 1. Бирөөдөн өч алуу, кек алуу, максаты орундалып канааттануу, эңсегени басылуу, жаны жай алып, көңүлү тынчуу. *Тигил өргөө жактан «зып-зып» чабылган камчынын дабышы чыга түшкөндө Маралбайдын кыбасы кангандай көксөсү сууй түштү* (Сыдыкбеков). *Көксөсү сууп, көңүлү жайланган Касымбек темир меш лепилдете жылуу жагылган ысык үйүндө* (Бейшеналиев).

2. Кандайдыр бир жаманчылыкка күйүп-бышып, анын болгондугуна, чын экендигине көзү жетип биротоло түңүлүү, көңүлү кайт болуу, сууп калуу. *Анын да көксөсү сууп калмак, кыз алган жарына бир ууч топурак салып калса* (Бердикеев). *Жылдызканды «табылды деген бир сөз эле укса, көксөсү сууй түшкөнү турат* (Байтемиров). *Акыры сенин да көксөң сууйт, үмүт үзөсүң* (Медетов).

В.: Көксөсү басылуу. *Мына ушул жолугуштан кийин, бир аз көксөсү басылып калды* (Абдукаимов).

Көкшүнү суу. *Демиккен балдардын көкшүнү сууп, ыргылжың тарап кетишти* (Абдыраманов). - *Көрүп көкшүнү суусун, өчү кансын деп ала келген элек, - деди амир Музафар муңайып* (Касымбеков).

КӨКТӨН ТИЛЕГЕНИ ЖЕРДЕН ТАБЫЛУУ. Көптөн бери самап, издеп жүргөнү оңой-олтоң орундалуу, ишке ашуу, ыңгайы келип, оңдой берди болуу. *Көктөн тилегени жерден табылып, көксөгөн буюмдар колуна тийгенден кийин Алфина көздөн кайым болот* («Чал-кан»).

В.: Көктөн издегени жерден табылуу. *Көктөн издегени жерден табылып, эңсегенине туш келип, жолу ачылды* (Бердикеев). *Мураттын көктөн издегени жерден табылып, ичинен купуя сүйүндү* (Бейшеналиев).

Асмандан издегени жерден табылуу. *Асмандан издегени жерден табылбадыбы, кудай берем десе ушинтип берет* («Ала-Тоо»). *Күтүлбөгөн суроо үстүмдөгү ныгырган оордукту кимдир бирөө алып ыргыткандай жеңилдетти, асмандан издегеним жерден табылганына сүйүндүм* («Кыргызстан маданияты»).

Көктөн күткөнү жерден табылуу. *Көктөн күткөнү жерден табыла калгансып, мага келген киши го деп жетип барган* (Эралиев).

КӨКТӨН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ. к. Асмандан түшө калгандай.

КӨКТҮ КАРОО. Көөдөнүн көтөрүү, өзүн жанга теңебей мен-менсинип көөп кетүү, кекирейүү. *Буластатып буулум кийген, булкунтуп жорго минген жеңесинин көзү көктү карайт* (Бектенов). *Офицер болуп чыккандан кийин дүнүйөнү токумдай көрүп, көктү карап калдыңбы* (Абдукаимов).

КӨКҮРӨГҮ КӨКТӨ. Дымагы күчтүү, көңүлү көтөрүңкү, эч капарсыз. *Мына ушундай көкүрөгү көктө жургөн кезинде, жаштыгына да, багына да кызымтал чагында, тал түштө көч үстүндө чачы кыркылганы ага өтө катуу тийди* (Касымбеков).

КӨКҮРӨГҮ ТУНУК. Акыл-эстүү, сезимдүү, зээндүү. *Токтогул акындардан туйгун болгон, Көкүрөгү тунук акын булбул болгон* (Барпы). *Көкүрөгү тунук кишиге айла жок тура? Көңүлү жакын көсөлү, Көкүрөк тунук чечени* («Манас»).

КӨКҮРӨГҮН КӨТӨРҮҮ. к. Көөдөнүн көтөрүү.

КӨКҮРӨГҮН БАСУУ. Бир азга тыным алуу, эс алуу, бир аз тыныгуу. *Атың көкүрөгүн бассын, аттан түш, - деди* («Жомоктор»). *Эми көкүрөгүңөрдү басып, жай олтуруп, чай-чамек ичип кеткиле* («Кыргызстан маданияты»).

КӨКҮРӨГҮН МУЗ КАПТОО. к. Жүрөгүн муз каптоо.

КӨКҮРӨГҮН ӨРГӨ АЙДОО. Курулай мактануу, кыйынсынуу, өзүн-өзү көтөрө чалуу, дымагын көтөрө берүү. *Ай, мен ай, алда канча көйнөктү мурун жырткамын деп тыңдуусунуп, көкүрөктү өргө айдап жүрбөйүмбү* (Жантөшев). *Көкүрөгүн өргө айдагандардын эченин көргөнбүз* (Кыдырмышев).

В.: Көкүрөгүн өргө чабуу. *Анын кабарын алыстан угуп, көкүрөгүн өргө чапкан жигиттерге ал тамашага жооткотуп: «Эй, Мира силерди теңине албайт, жаш кызды чочутпагыла», - деп оюндагысын айтып таштады* («Кыргызстан маданияты»).

КӨКҮРӨК КАГУУ. Менменсинүү, көтөрүлүү. *Демим сеникинчелик барбы, жокпу - көкүрөк каккан жан эмесмин. Бирок, сага суктандым* (Казакбаев).

КӨКҮРӨК КҮЧҮК. Эн кенжеси, эң кичүү баласы. *Бул менин көкүрөк күчүгүм, мен десен, ушул баламын атын атабай тергегин деда* (Жантөшев). *Ата кургур кантсин, көкүрөк күчүгү Шарипаны жакшы көрчү* (Сыдыгалиев). *Сары-Өзөктүн көкүрөк күчүк балдары болгон көчмөн калкы казактар гана киндик каны тамган жерин жерип кетпей калат* (Айтматов).

КӨКШҮНҮ СУУ. к. Көксөсү суу.

КӨЛӨКӨ ТҮШҮРҮҮ. Салакасын тийгизүү, жамандык кылуу. *Өзүнө көлөкө түшүрбөй, «ушул иште бар бололу» деп антташкан досу Нурбайга көлөкө түшүрдү* (Сыдыкбеков). *Кана эми кимге көлөкө түшүрүп жатат* («Кыргызстан маданияты»).

КӨЛӨКӨГӨ ТОН БЫЧУУ. Кимдир бирөөгө же бир нерсе жөнүндө «ушундай болот», «болмокчу» деп, сыртынан божомолдоп жорута берүү, курулай кыялдануу. *Жапар өз алдынча эле*

кыздын көлөкөсүнө тон бычып жүргөн («Ленинчил жаш»). *Ар ким өз көңүлүндө көлөкөгө тон быча берди* (Каимов).

КӨЛӨКӨДӨЙ ЭЭРЧҮҮ. Көз алдынан кетпөө, эч калбоо. *Ал калпагы кайчыланып, көзү букардын бычагындай жалаңдаган, жүүнү тирүү боз уландын элеси аны көлөкөдөй ээрчип алган* (Осмоналиев).

КӨЛӨКӨСҮ ТИЙҮҮ. Пайдасы, жардамы тийүү. *Тилегим бир жүргөн, Таята, тийбейт беле көлөкөм* (Үсөнбаев).

КӨЛӨКӨСҮНӨН КОРКУУ. Аш-кере коркоктук кылуу, болор-болбостон корко берүү, өзүнөн-өзү чочулап туруу. *Ошонуңдун колунан келет дейсиңби? Ал көлөкөсүнөн корккон неме* (Осмоналиев). *Эй көлөкөсүнөн корккон макоо* (Айтматов)

КӨЛ-ШАЛ ТҮШҮҮ. к. Алка-шалка түшүү.

КӨМӨЧҮНӨ КҮЛ ТАРТУУ. к. Өз көмөчүнө күл тартуу.

КӨҢҮЛ АЙТУУ. Аза күткөн, өтө капалуу, кайгылуу адамдын кайгысын бөлүштүрүү, көңүлүн жубатуу. *Кадырбекти коюп келгендин эртеси келини экөө ал үч кабат үйдө жашоочулардан биринчи болуп кайрадан көңүл айтканы кириште* (Медетов). *Боору ачыгандар убап-чубап келип көңүл айтып жатышты* (Ашымбаев).

В.: Кайрат айтуу. *Сөөгү сыздай түшкөн Сарала кайрат айтты: -Эстүү элең, Батишжан. Эсиң менен жүр, Акылдан шашпа!* (Сыдыкбеков).

КӨҢҮЛ КАЙТТЫ БОЛУУ. Бир нерсеге болгон кызыгуусу, каалоосу жоголуп, иренжип калуу, шаабайы суу. *Ошентип, иштин ыдырын бузуп, иштегендерди көңүлкайтты кылып жатышат* («Чалкан»).

В.: Көңүлү кайт болуу. *Езеф ошондо шаабайы сууп, Ланичектен көңүлү кайт болот* (Ашымбаев).

КӨҢҮЛ КАЛТЫРУУ. Капа кылуу, иренжитүү, таарынтуу. *Кычан курбуларынын көңүлүн калтыра албады* (Бейшеналиев). *Алардын көңүлүн калтырбай жылуу-жумшак багуучу уул, келин сен экөөбүз* (Сыдыкбеков).

В.: Көңүл калуу. *Канчалык көңүл калып таарынган менен Батийна Качыкени доле жаман көрчү эмес* (Сыдыкбеков).

КӨҢҮЛ КИРИ. Ичтеги нааразылык, таарыныч. *Көңүл кири көбүктөгөн ор болуп атылды* (Осмоналиев). *Көңүл кири айтса кетет, Көйнөк кири жууса кетет* (Баялинов).

КӨҢҮЛ КОШ. к. Кош көңүл.

КӨҢҮЛ ООРУТУУ. Капа кылуу, таарынтуу, көңүлүн калтыруу. *Карынын да, жаштын да көңүлүн оорутпаган, жибектей чоюлган, бала мүнөздүү, кичи пейил адам жен* (Баялинов). *Кабарыңыз бар, Чаткалдан чыккан чатакты жөндөп келсем, эси жоктор ишти айран кылып таштап көңүлүмдү оорутту, эл көзүнө сындырды* (Касымбеков).

КӨҢҮЛ САЛУУ. Каалоо, жактыруу, көңүлү түшүү. *Сиздин ушул буюмуңузга көңүл салып келдим эле. Каңүл салган буюмуң болсо айт, берейин* («Ленинчил жаш»).

КӨҢҮЛ СУРОО. Оорулуу адамдын алабалын атайлап барып сурап-билип коюу. *Оорунун көңүлүн сурасаң айыкканга тете дешет эмеспи, барып көрүп койгонуң оң* («Ала-Тоо»). *Кечинде көңүл сурабайт, эртең баралы.*

КӨҢҮЛ УЛОО. Капа болбосун, көңүлү оорубасын деген ой менен айтканына макул болуп, коштоп коюу. *«Мүмкүн бул утурумдук алдамчы сезимдир деп баарын жакшылыкка жоруп, көңүл улады келин* (Кушубеков). *Бай аке, көңүлүңдү улап сүйлөйүнбү, же ачуу да болсо эл арасынан көрүп келген чындыкты айтайынбы* (Укаев).

КӨҢҮЛ ЧӨКТҮ БОЛУУ. к. Көңүлү чөгүү.

КӨҢҮЛГӨ АЛУУ. 1. Бирөө жөнүндө ойлонуу, эске алуу, кам көрүү. *Көрүнбөйт кайда кеткен деп, көңүлгө Бакай алыптыр* («Манас»).

2. Таарынуу, иренжип калуу. *Ал ошондой катуу сүйлөйт, көңүлүңүзгө албаңыз* («Чалкан»).

КӨҢҮЛГӨ КӨК ТАШТАЙ ТИЙҮҮ. к. Көкөйгө көк талкандай тийүү.

КӨҢҮЛГӨ МАЙДАЙ ЖАГУУ. к. Майдай жагуу.

КӨҢҮЛГӨ ТОЛУУ. Бардык жагынан толук жагуу, бардыгы көңүлгө төп келип туруу. *А балким, мен ал ойлогондой болбой, көңүлгө толбой калгандырмын* (Убукеев).

В.: Купулга толуу. *Эсен купулга толгон күү болсо, черте коюп жүрөт* (Сыдыкбеков).

КӨҢҮЛГӨ ТҮЙҮҮ. Эстен чыгарбоо, эсте сактоо, эч унутпоо. *Эми сен биздин айткандарды көңүлгө түйө бергин* (Сыдыкбеков). *Кирип-чыгып тигилердин айткандарын көңүлгө түйүп, байкалбай жүрө берди* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Көкүрөккө түйүү. *Атасынын акыры коштошуусун, анын жүзүн, элесин Чокон көкүрөккө түйгөн. Ошол акыркы коштошуусун эстеп, Чокон азыр да төшөгүндө ыйлап жатты* (Абдыраманов).

КӨҢҮЛДҮН БОРБОРУНДА. Эсте, унутулбайт, дайыма эске тута турган, көзөмөлгө алына турган иш ж.б. деген мааниде. *Республиканын малчылары Москванын көңүлүнүн борборунда жана дайыма жардамдарды алып турат, - деп айткан* («Советтик Кыргызстан»). *Басма сөздөрдүн көңүлүнүн борборунда турат.*

КӨҢҮЛҮ АГАРУУ. Бирөөгө болгон нааразылыгы, таарынчысы кетүү, жазылуу. *Бир кездеги үзөңгү кагышып бирге жүргөндөрү эсине түшүп, көңүлү агарып, бала сыяктуу каңырыгы түтөдү* (Касымбеков). *Сыйыңа карата - сый, сенин да көңүлүң агарып кеткени оң* (Медетов).

В.: Көөнү агаруу. - *Кеп уулунда. Көөнү агарбай кетти. Каны кайнап кекти көөдөнүнө бек түйдү* (Бейшеналиев).

Көңүлү жумшаруу. *Эң акыркы ээсинин ага өзгөчө болгон мээримине Абдырахмандын кирдеген көңүлү жумшарып кетти* (Касымбеков).

Көңүлү жибүү. *Дашанын көңүлү жибип, Ашырга ишеничи, урматы артылды* (Сасыкбаев).

КӨҢҮЛҮ АЙНУУ. Жүрөгү айланып, куса тургандай болуп, өзүн начар сезүү. *Көзү чымырап, көңүлү айнып барып токтоду*

(Бердикеев). *Гүлайымдын көңүлү айнып кусат, көзү караңгылайт* (Абдукаримов).

В.: Көөнү айнуу. *Көөнүм айнып, жаным жер тартып турат* («Чалкан»). *Денемди жер тартып бараткандай, көөнүм айныйт, боюмду жерден көтөрө албай жаттым* (Өмүрбаев).

КӨҢҮЛҮ АЛЫП УЧУУ. к. Жүрөгү алып учуу.

КӨҢҮЛҮ АЧЫК. Кайгы-капасы жок, жайдары. *Анын айрыкча көңүлү ачык* (Бердикеев). *Нурак баягыдан ветер барпылдап, улуу-кичүүнүн баарына тамаша айтып, дегеле көңүлү ачык* (Өмүрбаев).

В.: Көңүлү көтөрүңкү. *Карыя момундай жаркылдаган көңүлүңүздүн көтөрүңкүсү жагат мага* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮ АЧЫЛУУ. Көңүлдүү, шаттуу, жадырап-жайнап, жаркылдаган абалда болуу. *Барпы үйүнө келгенде көңүлү ачылып, кумары жазылып, жыргап калуучу* (Байтемиров). *Курмакең да жарпы жазылып, көңүлү ачылып калды* (Сыдыкбеков).

КӨҢҮЛҮ БӨЛҮНДҮ БОЛУУ. Бир нерседен санаасы тынбагандай, сары санаа болгондой, тынчы кеткендей абалда болуу. *Анын көңүлү бөлүндү болду, ушерден кайта бер деген сөз жүрөгүн өйүдү* (Касымбеков).

КӨҢҮЛҮ БУЗУЛУУ. 1. Бир нерсе жөнүндө ойлонуп капа болуу, кайгыруу, көңүлү чөгүү. *Агасынын үйүнө келген жаш жигиттин эсине ар нерсе түшүп, агасын эстеп көңүлү бузулуп отурган эле* (Укаев). *Өткөн-кеткенди эстеп, көңүлүм бузулду* («Кыргызстан маданияты»).

2. Кандайдыр башка жаман ойго түшүү, азгырылуу, айнуу. *Батинанын көңүлү бузулуп жүргонүн байкаган Кыдырбай аялына эскертти* (Сыдыкбеков). *Келиндин көңүлү бузулуп жүрөт өңдөнөт деген сөздү угуп Календин каны качып, ачуусу келди* («Ала-Тоо»).

В.: Көөнү бузулуу. *Көөнүм бузулуп барып токтодум. Баланын көөнү бузулуп жүргөнүн байкады.*

КӨҢҮЛҮ ЖАКЫН. 1. Бири-бири менен жакындыгы, ынактыгы бар, жакшы санаалаш, өзүнчө

мамилелеш. *Тууган ичинде да булар менен көңүлү жакын эле* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Көөнү жакын. *Ал экөөнүн көөнү жакын өңдөнөт* («Ала-Тоо»).

КӨҢҮЛҮ ЖАРЫМ. Санаасы бир жерде эмес, көңүлү тынч эмес. *Баласы чагырды ойлоп санаага чөккөн апанын көңүлү жарым, сабыры суз* (Осмоналиев).

КӨҢҮЛҮ ЖИБҮҮ. к. Көңүлү агаруу.

КӨҢҮЛҮ ЖУМШАРУУ. к. Көңүлү агаруу.

КӨҢҮЛҮ ЖЫЛУУ. к. Жүрөгү жылуу.

КӨҢҮЛҮ КАЙТ БОЛУУ. к. Көңүл кайтты болуу.

КӨҢҮЛҮ КАЛУУ. к. Көңүлү үч көчкөн журттай калуу.

КӨҢҮЛҮ КАРАҢГЫЛОО. Өзүн начар сезип, эс-учун жоготкон же өзүн кармай албай алсыраган абалга келүү. *Аптыгып, оозу-мурду менен суу жутуп алып, көңүлү караңгылай түштү* (Жигитов). *Токтогулдун көңүлү караңгылап, эс-учун билбей калды* (Аалы).

В.: Көөнү караңгылоо. *Акындын көөнү караңгылап, башы айланды* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮ КАРК. Эч нерседен капарсыз, көңүлү жай, санаасы тынч, бир нерсеге ыраазы болгондой жайдары абалда. *Алардын аманчылыгын угуп, ата-эненин көңүлү карк* (Өмүрбаев).

В.: Көөнү карк. *Касымбек бийлигин түптөнтүп, кулачын кеңейтип, мартабасын жогорулатканга көөнү карк* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮ КӨТӨРҮЛҮҮ. Бир нерсеге сүйүнүү, кубануу, маңдайы жарылуу, жайдары болуу. *Муну Гүлгаакы өз ичинен жакшы жышаан деп кабыл алды да, эмнегедир эле көңүлү көтөрүлүп чыкты* (Медетов). - *Ии, жигит, зымырык куш таап келдиңби, көңүлүң көтөрүлө түшүптүр го* (Бердикеев).

В.: Көңүлү көккө көтөрүлүү. *Каттагы сөздөргө эненин көңүлү көккө көтөрүлдү* («Ала-Тоо»).

КӨҢҮЛҮ КӨТӨРҮҢКҮ. к. Көңүлү ачык.

КӨҢҮЛҮ ОО. Бир нерсени аткарууга, иштөөгө ниеттенүү, ошого ынтаасы бурулуу, көңүлдөнүү. *Машина алууга көңүлүм ооп жүрөт. Бүгүн силердикине барууга көңүлүм ооду.*

КӨҢҮЛҮ ООРУУ. Таарынуу, капа болуу. *Жылуу сөз айтып бата кылып койбогонуна биртке көңүлү ооруй түшүп, анан кыжыры да келип кетти* (Касымбеков). *Абышканын түрүн карап отуруп, Искактын көңүлү ооруду* (Касымбеков).

КӨҢҮЛ ӨСҮҮ. Көңүлү көтөрүлүп, жайдары боло баштоо, эргүү. *Оездун кеңсесинде иштегени көңүлү өстү* (Укаев).

КӨҢҮЛҮ САНГА БӨЛҮНҮҮ. к. Санаасы санга бөлүнүү.

КӨҢҮЛҮ СААКЫН ТАРТУУ. Эч нерсеге пейли чаппай, бир нерседен көңүлү калгандай, иренжүү пайда болуу. *Атай болуш болуп, өз атасы Огонбайдын наамына көчкөндөн бери Султанаалынын көңүлү ага салкын тарта баштады* (Каимов). *Бардыгы жаттай сезилип, ажырата түшүнбөй, дел болгон Бегаалынын көңүлү салкын тартып, ушул үйгө тиешеси жоктой көрүнө түштү* (Эсенканов).

КӨҢҮЛҮ СУУ. Жакшы көргөн, үмүт кылган нерсесинен оң натыйжа чыкпасына көзү жетип, ичи муздоо, үмүгүн үзүп, иренжүү пайда болуу. - *Менин көңүлүм сууп, бузукташарымдын шек-шооратын билип, каардуу кайнатам кайтарууга алды* (Бейшеналиев). *Кыздын көңүлү сууй түшкөнүн сезе сала Асылбек аркасынан жете жандай бастырды* (Абакиров). *Андан жогоркудай жооп угуп, көңүлүм сууй түштү* («Чалкан»).

В.: Көңүлү муздоо. *Ысыган көңүлүм муздабасын, Чагырбай?!* (Осмоналиев).

КӨҢҮЛҮ СЫЗДОО. к. Жүрөгү сыздоо.

КӨҢҮЛҮ СЫНУУ. Капа болуу, шагы сынуу, иренжип калуу. *Биринчи күндөн эле Күласалдын көңүлү сынат* (Осмоналиев). *Сарыбайдын көңүлү сынды,*

сызылып каңырыгы түтөдү (Касымбеков).

КӨҢҮЛҮ ТАРТПОО. к. Көңүлү чаппоо.

КӨҢҮЛҮ ТЕТИК. Шайыр, кабагым-кашым дебеген, кайгы-капасы жок, шартылдаган. *Сен сыяктуу акылы жетик, көңүлү тетик медикти кордоп сүйлөгөнү деги акылга сыярлык нерсеби?* (Бердикеев). *Тишим кетик болсо да, көңүлүм тетик* (макал).

КӨҢҮЛҮ ТОК. Эч нерседен капарсыз, бардыгы ойдогудай, муктаждыгы жок, жетиштүү, кемчил эмес. *Жаңы колуктулуу күйөө кымылдап, көңүлү ток* (Осмоналиев). *Ага атасына ишенгенсип жаш балача ишенип, көңүлү ток* (Абдукаимов).

В.: Көөнү ток. *Көрүп койсом көөнүм ток дегендей, ушул жалгыз чүрпөнүн көзүн карап кубаттанып жүрбөйсүзбү* («Кыргызстан маданияты»).

КӨҢҮЛҮ ТОЮУ. Бир нерсеге ыраазы болуу, канааттануу, алым-сынуу. «*Силерди сагындым!» дейм. Көрүп көңүлүм тоёт, дарманыма дарман кошулат* («Ленинчил жаш»). *Кайсы бир мерчемде элге айтарын айтып алган таризде кыйла көңүлү тоюп калган сыяктуу эле* (Касымбеков).

В.: Көөнү тоюу. *Байымбет досунун өз чаркына жараша курган тиричилигине, топуктуу турпатына көөнү тойду* (Бейшеналиев). *Жакага түшүп дан өстүргөн дыйкандарды көрүп, көөнүңүз тойду* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮ ТҮШҮҮ. к. Көзү түшүү.

КӨҢҮЛҮ ҮЧ КӨЧКӨН ЖУРТТАЙ КАЛУУ. Көңүл кайтты болуу, абдан нааразы болуу, аябай жек көрүү, жаман көрүү, иренжүү сезими пайда болуу. *Ысып барган делебем муздап, ойлогон оюм ордунан чыкпай, көңүлүм үч көчкөн журттай калып, үйгө кайтып келдим* (Бөлөкбаев). *Адамдан адамдын көңүлү үч көчкөн журттай калса, аны менен бирге жашоо кыйын го?* (Бектенов).

В.: Көңүлү калуу. *Тууганы Төлөмүштөн да көңүлү калды* (Бердикеев). *Андан катуу сөз угуп көңүлү калды* (Бердикеев).

Көөнү калуу. *Ал эмне дегениң? Көөнүң калдыбы, сөзүңө түшүнбөдүм! - деп Айжамал серпиле карап оңдонуп олтурду* (Убукеев).

КӨҢҮЛҮ ЧАК. Көңүлү куунак, жайдары. *Бекей таежесинин көңүлү чак болгону сейрек, көбүн есе, жылдызы жерге түшүп, томсоруп жүргөнүн көрөсүң* (Айтматов).

В.: Көөнү чак. *Байымбет тамыры ойлогонунан аша оргуштап тосконго көөнү чак, тигилерге да жайдаңдап учурашты* (Бейшеналиев).

Көңүлү шагдан. *Шабдан түбөлүгү түз келишимге ийиген элеттик жек-жааттарына көңүлү шагдан каркылдады* (Бейшеналиев).

Көөнү шагдан. *Кагылайын байкебайымдын жүзү жарык, көөнү шагдан* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮ ЧАППОО. Каалабоо, көңүлсүнбөө, көңүлү келбөө, табити тартпоо. *Китептин бетин ачкан менен көңүлү чаппай алагдыланды* (Бейшеналиев). *Паризек аптап ургандай алсырап, тамакка да көңүлү чаппай корунган кейипте эле* (Ашымбаев).

В.: Көңүлү тартпоо. *Ысык өткөндө айрым балдар чочуйт жана тамакка көңүлү тартпайт* («Кыргызстан аялдары»).

Көөнү чаппоо. *Бирок эмнеси женин билбейт, Ланичекке көөнү чаппайт* (Ашымбаев).

КӨҢҮЛҮ ЧӨГҮҮ. Капалануу, кайгыруу, басынуу, тымызын кайгыруу. *Бөбөгү эсине түшүп, жаш көңүлү чөгүп, бир жанга тил катпай томсорду* (Укаев). *Баланын көңүлү чөгүп кетпесин деп колунан келгендин баарын жасайт* (Бердикеев).

В.: Көңүлү чөгөт болуу. *Бул йшиңизди күйөөңүз укса, анын көңүлү чөгөт болуп, жоокерлердин ичинде ал сөзгө, уятка калбайбы* (Баялинов). *Көңүлү чөгөт болуп жүрөт. Деги мындан качан арылат. Неге өңөрүн кысат* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮН АГАРТУУ. Ыраазы кылуу, көңүлүн жайлоо, жумшартып, жибитип коюу. *Кездешкенде эле ак талек айтып, көңүлүн агартып салганына төбөсү көккө жетти* (Ашымбаев).

КӨҢҮЛҮН АЛУУ. Талабын, мүдөөсүн аткаруу аркылуу бирөөнү ыраазы кылгыдай, көңүлүн көтөргүдөй иш кылуу, ишине жарап берүү. *Тигил коштошкону келген агайындар кезек менен улам бири чай берип, мырзанын көңүлүн алып, жолун кылып жатышты* (Сыдыкбеков). *Кошунамдын көңүлүн алайын деген аракетиң го, болбосо мынчалык убараланып, машина таап келе койбойт элең* («Чалкан»).

В.: Көөнүн алуу. *Тигилердин көөнүн алып койсоң жакшы болот эле* («Чалкан»).

КӨҢҮЛҮН КАЛТЫРУУ. Катуу таарынтып, көңүлүн оорутуу, иренжитип коюу. *Бир адамдын көңүлүн калтырып, катуу сөз айтпаган назик адам эле* (Бердикеев). *Жаны күйүп турганда алды-артын карабай оорулуу адамдын көңүлүн калтырып койгонуна өзү да бушайман* (Сыдыгалиев).

КӨҢҮЛҮН КӨТӨРҮҮ. Кубантуу, сүйүндүрүп коюу, ыраазы болгудай жакшы мамиле жасоо. *Байкуш кемпирдин көңүлүн көтөрүп, тойчулугунан ооз тийип чыгалы* (Өмүрбаев). *Карыпчылык абал баштарына түшүп отурган элдин көңүлүн көтөргүсү келди окшойт* (Укаев).

В.: Көңүлүн куш кылуу. *Көңүлүңдү куш кылган Чолпон-Ата кандай жер!* (Осмонкул).

КӨҢҮЛҮН КЫЙБОО. Капа кылгысы келбөө, кадырын сыйлоо, көңүлүнө кароо. *Алардын көңүлүн кыйбай, кылчактап жатып кечигип калдым* («Ленинчил жаш»). *Жеңемдин көңүлүн кыйбай, кал десе кала берип, ушуну көрдүм* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Көөнүн кыйбоо. *Муну таштап кетүүгө көөнүн кыйбай турам* («Ала-Тоо»).

КӨҢҮЛҮН ООРУГУУ. Капа кылуу, иренжитүү. *Сүйүнбайдын Бүбү жөнүндө айткан наалаты Осмонкулдун көңүлүн оорутуп, жакшына сезимин маскаралагандай болду* (Өгөбаев). *Аттиң, атамдай болгон кишиге тил тийгиздим, ...көңүлүн ооруттум* («Ленинчил жаш»).

В.: Көөнүн оорутуу. *Адылбектин көңүлүнө дүрбөлөң түштү. Күлүмсандын көөнүн оорутуп, кооганы өзү баштаганын*

дароо билди (Өмүрбаев). *Баланын көөнүн оорутпа, - деди* (''Ала-Тоо»).

Көңүлүн сындыруу. *Ушул эки баланын көңүлүн сындырып силер да билмексен болуп туруп алсаңар ошондо курубайт беле, балдар* (Өгөбаев). *Кыздын көңүлүн сындырып албайын деп, этиеттей сурадым* (Казакбаев).

КӨҢҮЛҮН ТАБУУ. Бирөөнүн оюндагысын, каалаганын аткаруу, билгендей мамиле жасоо. *Санаа чүнчүткөн Паризектин көңүлүн эч ким таба албады* (Ашымбаев). *Же балакеттин баары Өмүрзаковго жагынбаганымдан, анын көңүлүн таап көшөкөрлөнбөгөнүмдөн болуп жатабы?* («Советник Кыргызстан»).

В.: Көөнүн табуу. - *Байкагын, кыздын көөнүн табуу оңой иш эмес, бирок өзү да жакты көрүп калды окшойт* (Осмоналиев).

КӨҢҮЛҮН УЛОО. к. Көңүл улоо.

КӨҢҮЛҮН ЭКИ АНЖЫ КЫЛУУ. к. Эки анжы болуу.

КӨҢҮЛҮН ЭКИ АЧА КЫЛУУ. к. Эки анжы болуу.

КӨҢҮЛҮНДӨ КИРИ ЖОК. Ак көңүл, эч бир жаман ою жок, арамдыгы жок. *Көңүлүндө кири жок жаш балача кубанып, ал башкарма мүчөлөрүн кыдырата карап алды* (Ашымбаев).

В.: Жүрөгүндө кири жок. Анын жүрөгүндө кенедей да кири жок.

Көөнүндө кири жок. Көөнүмдө кирим жок эле.

КӨҢҮЛҮНӨ ЗАК КЕТИРБӨӨ. Таарынтпай, капа кылбай жакшы мамиле жасоо, көңүлүн калтырбоо. *Дагы эле сылап-сыйпап, көңүлүнө зак кетирбей, көкүлүн түйүп, куйругун түйүп отказганың оң* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛҮНӨ ИЛБӨӨ. Назар салбоо, маани бербөө, көңүл бурбоо. *Улуу деп сыйлап отурсам, Уруулуу кыргыз көп элди көңүлүңө илбейсиң* («Эр Табылды»).

КӨҢҮЛҮНӨ КАРОО. Капа болбосун, оюна кетпесин, жаман алып калбасын дегендей мааниде көңүлүн оорутпай, таарынтпай тургандай этиет мамиле жасоо. *Булардын мамилесин бузбайын*

деди окшойт, эжесинин көңүлүнө карап чындыкты айта албай кайра кетти («Ленинчил жаш»).

В.: Көңүлүнө карабоо. *Кызы эрке эмеспи, ...апасы абалына, көңүлүнө карабай жатканына таарынып, айласыз дагы шолоктоп ыйлады* (Касымбеков).

КӨҢҮЛҮНӨ КӨК ТАЛКАНДАЙ ТИИҮҮ. к. Көкөйгө көк талкандай тийүү.

КӨҢҮЛҮНӨ КӨК ЧАЙДАЙ ТИЙҮҮ. к. Көкөйгө көк талкандай тийүү.

КӨҢҮЛҮНӨ ТИЙҮҮ. к. Көкөйгө көк талкандай тийүү.

КӨӨ ЖАБУУ. к. Бетине көө жабуу.

КӨӨ СҮРТҮҮ. к. Бетине көө жабуу.

КӨӨДӨНҮ ЖОК. Өзүн көтөрө чалып, мен эле деп турган, көйрөң, мактанчаак. *Ал эми бай аялдар болсо, көөдөнү жок көпкөлөң, өтө эле обу жок болуп колыша турган* (Убукеев). *Көөдөнү жок жигит. Көөдөнү жок көпкөн кыз.*

КӨӨДӨНҮН КӨТӨРҮҮ. Менменсинүү, бой көтөрүү, өзүн жогору саноо, мактануу. *Колун бөйрөгүнө ала коюп, көөдөнүн көтөрүп, сөзү дымактуу чыгып жатты* (Ашымбаев). *«Менден башка бу колхоздо ким бар! « деп көөдөнүңдү көтөрчү элең го, сен* («Чалкан»). *Кабинадан оолжуй тартып чыгып, кара көз айнекти түшүрбөй, көөдөнүн көтөрүп, ыңгырана басымыш болду* («Фрунзе шамы»).

В.: Көкүрөгүн көтөрүү. *Мени менен ойногуңар бар ээ? Жыламышев көкүрөгүн көтөрө сүйлөдү* («Чалкан»).

Көкүрөгүн өргө айдоо. *Анда мунун көкүрөгүн өргө айдап, жер баспай турган кези эле* («Ленинчил жаш»).

Көөдөнүн өргө чабуу. Көөдөнүн өргө чаап турган кези.

КӨӨНҮ АГАРУУ. к. Көңүлү агаруу

КӨӨНҮ АЙНУУ. к. Көңүлү айнуу.

КӨӨНҮ ЖАКЫН. к. Көңүлү жакын.

КӨӨНҮ КАРАҢГЫЛОО. к. Көңүлү караңгылоо.

КӨӨНҮ КАРАЮУ. Бир нерсеге ачуусу келип кекенүү, кек сактап көңүлү бузулуу. *Көөнү карайып, жаак эттери түйүлүп араң турат* («Ала-Тоо»).

КӨӨНҮ КАРК. к. Көңүлү карк.

КӨӨНҮ ТОЮУ. к. Көңүлү тоюу.

КӨӨНҮ ЧАК. к. Көңүлү чак.

КӨӨНҮ ЧӨГҮҮ. к. Көңүлү чөгүү.

КӨӨНҮ ЧАППОО. к. Көңүлү чаппоо.

КӨӨНҮН УЛОО. к. Көңүл улоо.

КӨП БОЛСО. Ашып кетсе, эң эле кыйын болсо. *Кыздардын калыңы көп болсо бир уй* (Каимов).

КӨР АЗАБЫ. Өтө кыйынчылык, катуу кыйналыш. *Биз көргөн күндү сураба, көр азабы* («Ала-Тоо»).

КӨР БАЙГЕ. *эс.* Адам өлгөндөгү (кара ашындагы) ат чабыш же ат чабыштын байгеси. *Телтору атты бербеймин, Көр байгеге чаптырам* («Курманбек»). *Көкөтөйдүн көр байге Көргөн жанды кубантып* («Манас»).

КӨР ЖЕМЕ. 1. Майда жеме, жемекөйлүк. *Чыдай албайм сенин көр жемеңе* (Бейшеналиев).

2. Ыгы жок эле кемирип-кесип, ичип-жей берген, орду жок жемелей берген, өтө майдачыл, жемекор. *Көр жеме кайнатам көрсөтпөгөнү калган жок* («Ала-Тоо''). *Көр жеме киши.*

КӨР КАЗУУ. Бирөөгө жамандык кылуу, жамандык издөө, кырсыктатуунун аракетин кылуу. *Бирөөгө көр казсаң кең каз* (макал).

КӨР ООЗУНДА. Өлүм алдында, өтө кыйын абалда. *Мусапырлык башка түшүп, кор болуп, көр оозунда турганда эмненин кайраты* (Осмоналиев). *Акыры көр оозунда турган немелер өмүр үчүн кармашууга даяр* (Каимов).

КӨР СООДА. Соодага начар, туура соода кыла албаган, ала

турган нерсесинин баасын чыгара албаган. *Көрүнөө көр сооданын кулу болду* (Көчкөнов). *Көр соодасың, соода кыла албайсың.*

КӨРБӨГӨНДҮ КӨРҮҮ. 1. к. Көрбөгөнү көр болуу.

2. Жан жыргаткан жыргалчылыктын үстүндө болуу, жыргап-куунап доорон сүрүү. *Курдашым Манас барында көрбөгөндү көргөмүн, Абыкенин тушунда Ар жорукка көнгөмүн* («Манас»).

КӨРБӨГӨНҮ КӨР БОЛУУ. Көрбөгөн азабы калбоо, азап-тозокту, далай кордукту, кыйынчылыкты башынан өткөрүү. *Серек өмүрүн асырайм менен улам бир чоочун айылды маанектеп жүрүп, көрбөгөнү көр болду* (Осмоналиев). *Каныбектин көрбөгөнү көр болуп төшөктө жатат* (Жантөшев).

В.: Көрбөгөндү көрүү. *Анысынан да жазгы, күзгү жаанда моминтип темселешип, көрбөгөндү көрүшөт* (Эралиев). *Жетимчиликтин айынан көрбөгөндү көрдүм, - деп, бала улутунуп койду* («Ала-Тоо»).

Көрбөгөн күнүн көр кылуу. *Ошондой бир жолкуда Эдигейдин көрбөгөн күнүн көр кылды го бу оңбогон Каранар* (Айтматов).

КӨРГҮЛҮКТҮ КӨРҮҮ. *Бул сөзүмө көнбөсөң, көргүлүктү көрөсүң* («Семетей»).

КӨРГӨ БУТУ САЛАҢДОО. Карылыгы жетип, өлөрүнө аз калуу же өлүм алдында туруу деген мааниде. *Ээ.. балам, биздин болсо, көргө бутубуз салаңдап турат. Заманыңардын жыргалын эми силер көргүлө* (Жоошбаев).

КӨРГӨН КӨЗҮНӨ ИШЕНБӨӨ. Таңдануу, таң калуу. *Баланын үрөйү учту. Көргөн көзүнө ишенбеди* (Айтматов).

КӨРГӨН КҮНҮН ИТ КӨРСҮН. Анын күнү курусун, көрбөгөндү көрдү, катуу кыйналды, азап чекти деген сыяктуу мааниде. *Үмүттүн көргөн күнүн ит көрсүн, көрүнгөндөн кайыр сурап, куу турмуштун корун тартты* (Ашымбаев).

КӨРДӨН АЛЫП, ЖЕРГЕ УРУУ. к. Жерден алып көргө уруу.

КӨРДӨН АЛЫП, КӨРГӨ УРУУ. к. Жерден алып, көргө уруу.

КӨР ООЗУНА БУТ САЛУУ. Өтө кыйналуу, азап чегүү, кыйынчылык башка түшүү. *Моминтип, менчилеп, көр оозуна бут салганда баркын билип, кайсалайсың, каранасың* (Осмоналиев).

КӨР ООЗУНАН КАЙТУУ. Өлө турган абалга келип, кайра оңолуу, баш көтөрүү, өлбөй аман калуу. *Апам катуу ооруп, көр оозунан кайтты* («Кыргызстан аялдары»). *Селки болуп селкилдеп жүрөм деген жаным көр оозунан кайттым* (Абдукаимов).

В.: Көр оозунан кайта келүү. *Каныбек көр оозунан кайта келгени эсиңдеби, кубатым* (Жантөшев).

Көр оозунан кайра кайтуу. *Ал көр оозунан кайра кайтты* («Ала-Тоо»).

Көр оозунан кайра тартуу. *Үч ай ооруп, көр оозунан арың дегенде кайра тарттым* («Ала-Тоо»).

Көр оозунан кайтып келүү. *Көр оозунан кайтып келдим, бир ажалдан башканы көрдүм* («Ала-Тоо»).

КӨР ООКАТ. Жарыбаган болор-болбос ооката тын, тиричиликтин аракети, жашоо, түйшүгү. *Эл-журт бар, эптеп көр оокат өтөр* (Кушубеков), *Турмуш, күндөлүк көр оокат алагды кылат* (Мырзаев).

КӨРДӨН АЛЫП, ЖЕРГЕ УРУУ. к. Жерден алып көргө уруу.

КӨРДӨН ЧЫГА КАЛГАНДАЙ. Адамдын жүрөгү түшкөндөй, түрү суук, көрүнүшү жаман. *Эч капарсыз келе жатканда көрдөн чыга калгандай беш-алты адам тегеректеп калды* («Ала-Тоо»).

КӨРӨ АЛБОО. Ич тарлык кылуу, ичи күйүү, ыраа көрбөө. *Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт* (макал).

КӨРӨЙҮН ДЕГЕН КӨЗҮ ЖОК. Жек көрөт, жаман көрөт, кергүсү келбейт, жакшылык кылайын деген ниети жок. *Орозкул болсо, бизди көрөйүн деген көзү жок* (Айтматов). *Барган сайын кыжыры кайнап тут-*

тугуп, экөөбүздү тең, өзгөчө Ажике жеңемди көрөйүн деген көзү жок, атамдын (Акматов). *Ошентип бизди көрөйүн деген көздөрү жок* (Айтматов). *Мурда эле бизден жатыркап жүрүштү эле, эми көрөйүн деген көздөрү жок* (Айтматов).

КӨРӨР КӨЗ. Эң жакшы көргөн, өтө жакын санаган, ардактап сүйгөн, билерман (көбүнчө аялга карата). *Касымбектин босогосун аттаган сайын үйүндөгү иреттүүлүк бектин көрөр көз айымы Айымкандын тескегенинен улам экендигине ынанууда* (Бейшеналиев). *Көрөр көз билерман Баякенин бүтүмүнө Шабдан баатыр эч нааразы боло элек* (Бейшеналиев).

КӨРӨР КҮН. Жашай турган өмүр, тиричилик. *Тайбаскул чунактын дагы көрөр күнү бар экен, ээ...!* (Осмоналиев).

В.: Көрөр күн, ичер суу. *Көрөр күн, ичер суусу бар экен, бечаралар өлдүм-талдым дегенде Караколдун четине жетишти* (Ашымбаев). *Көрөр күн, ичер суум бар экен, эшикке чыгып кылдырап басып калдым* (Жусупов).

Көрөйүн деген күн. *Менин дагы көрөйүн деген күнүм бар* (Осмоналиев).

КӨРӨР КҮН, ИЧЕР СУУСУ ТҮГӨНҮҮ. Өмүрү, жашоо-тиричилиги аяктоо, күнү бүтүү. *Чыны эле көрөр күн, ичер суум түгөнөбү?* (Осмоналиев). *Кол баштан нечен казатта жүрүп, соо калган карт баатырдын көрөр күнү, ичер суусу түгөндү* (Айтматов).

КӨРПӨСҮ КӨГӨРҮҮ. к. Көшөгөсү көгөрүү.

КӨРҮҢДӨ ӨКҮР! Жакшылык көрбө, өлгөндө да тынч жатпа! деген мааниде беймаза кишилерди каргоо иретинде колдонулат. *Көрүңдө өкүр, как баш! - деп каргап жатты* («Ала-Тоо»). *Башкага кымындай жакшылык ойлобойсуң, көрүңдө өкүр, канкор!* (Осмоналиев).

КӨТӨРӨ ЧАЛУУ. Мактоо, көтөрмөлөө. *Ал каркылдап Тоголок Молдону көтөрө чалды* (Бейшеналиев). *Түлкүбек отургандарды көтөрө чалып мактай баштады* (Жантөшев).

КӨЧҮГҮ ЖЕР ЖЫТТАБОО. Бир жерге тынч алып отура албоо, жаны жай албоо, жаны тынбай чарк айланып жүрө берүү. *Аныкы да жөндүү. Ажы абамдын көчүгү жер жыттабайт* (Бейшеналиев). *Ал көчүгү жер жыттабай кечке кат артынан жүрөт* (Жигитов).

В.: Көчүгүн жер бастырбоо. *Ушул келин мен үйүнө бардым, болду, көчүгүмдү жер бастырбай жумшай берет* (Элебаев).

КӨЧҮГҮН ЖЕРДЕН АЛБОО. Удаа-удаа төрөй берүү, жүйүр төрөө. *Байкуш жеңем, бизге келгени көчүгүн жерден алган жок* («Ленинчил жаш»).

КӨЧҮК АЙЛАНБАГАН. Өтө тар, эң эле кичинекей. *Көчүк айланбаган кичинекей бөлмөсү бар.*

КӨЧҮК БАСУУ. Бир аз отуруу, эс алуу. *Асылбек текчеде отургандардын жанына көчүк басты* (Абакиров). *Өзүмүн кайгымы унутуп, алардын жанына барып көчүк бастым* (Мырзаев).

КӨШӨГӨҢ КӨГӨРСҮН! «Бак-таалайлуу бол бактылуу жаша, өмүрлүү бол» деген мааниде жаштарга карата айтылуучу алкоо, каалоо, тилек. *-Ырахмат кызым! Көшөгөң көгөрсүн! -деп кемпир үнүн каргылдантты* (Байтемиров). *- Бали! Акын болбосоң коё кал. Көшөгөң көгөрсүн!* (Бейшеналиев). *Кызыңыздын көшөгөсү көгөрсүн, байбиче* (Сыдыкбеков).

КУБАНЫЧЫ КОЙНУНА БАТПОО. Аябай сүйүнүү, катуу кубануу, өтө кубанычта болуу. *Кубанычы койнуна батпай, ар кайсы жерге бир тийип жүгүрүп жүрөт* («Чалкан»). *Зууранын кубанычы койнуна батпай келинине жалбарып, бетинен өпкулөйт* (Сыдыкбеков).

В.: Кубанычы койнуна сыйбоо. *Кубанычым койнума сыйбайт, азыркы таалайлуу заманыбызга ыраазымын* («Ала-Тоо»). *Жапардын кубанычы койнуна сыйганы жок* (Баялинов).

Кубанычы койнуна толуу. *- Кубанычы койнуна толгон Мукаштын жүрөгү дикилдеп аптыгат* (Эсенканов). *Нурматтын көңүлү көтөрүлүп, кубанычы койнуна толду* (Жантөшев).

Кубанычы маңдайына батпоо. *Кубанычы маңдайына*

батпай, сыймыктанып келе жатыптыр (Айтматов).

Кубанычы жерге батпоо. *Кубанычы жерге батпай жүрөк толкуйт, Андыктан келген элем сүйүнчүлөп* (Байтемиров).

Кубанычы ичине сыйбоо. - *Кубанычы ичине сыйбаган абышка өзүнчө күбүрөп, тизгин какты* (Жапаров).

Кубанычы денесине сыйбоо. *Тоголок Молдо күдүңдөп, кубаттанып, кубанычы денесине сыйбай, сүрдүү жооптуулукту сезгендей көрүнүүдө* (Бейшеналиев).

Сүйүнүчү койнуна батпоо. *Сүйүнүчү койнуна батпаган Оросул начальник кеткенден кийин бажаңдап ар нерсени сүйлөдү* (Осмоналиев).

Кубанычы көөдөнүнө батпоо. *Тууган жер көз алдына келет. Кубанычым көөдөнүмө батпайт* (Өмүрбаев).

КУБА ТӨБӨЛ. Аптыкча бапестебей, эркелетпей, бышыктырып, тотуктуруп (өстүрүү, чоңойтуу, тарбиялоо). *Куба төбөл өстүрдүм курч болотко тең болот* (фольк).

КУДА КААЛАСА. Буюрса. *Мына эми, куда кааласа, арзыган көгүчкөнүңдү колуңа салам!* (Үмөталиев). *Куда кааласа, жакында аны да алабыз* (Акматов).

КУДАЙ АЙДАП КЕЛҮҮ. Күтүлбөгөн жерден, кокусунан иш оңолуу, жакшыра баштоо деген мааниде колдонулат. *Элдин ырысына буларды кудай айдап келген экен, -дейт кара сакал баж-баж эте төшүн дагдаңдатып* (Ашымбаев).

КУДАЙ АКЫ. Бир нерсенин чындыгын ырастоо, далилдөө, бекемдөө иретинде колдонулат. *Кудай акы, калыс айттың чыныңды* (Аалы). *Кудай акы, андай акча жок эле, - деп Момун жүдөдү* (Айтматов).

КУДАЙ АЛГЫР! Бирөөгө нааразылыгын, жаман көргөнүн билдирүүдө, жактырбоо, жемелөө маанисинде наалат катары колдонулат. *Кудай алгыр, колунан келбегенден кийин андай ишке кийлигишип эмне кылат экен* («Ленинчил жаш»)

В.: Кудай аткыр. *Кудай аткырды ымтырабай тыңыраак бол десең болмок экен* («Ала-Тоо»). *Кудай аткырды эми мен эмне кыларымды билбейм* (Саатов).

Кудай албагыр. *Тел музоодой болгон күйөөсүн айтсаң, арнамысы жок кудай албагыр* (Бердикеев).

Кудай алкагыр. *О, Кудай алкагыр мынча эмне жоголдуң?* («Ала-Тоо»). - *Кудай алкасын сени балам. Кадырлап көөмп коёр киши чыгар, эми өлүм мени коркута албайт* (Айтматов).

КУДАЙ АЛСЫН. 1. Кишиби ошол да, куруп кетсин деген сыяктуу жек көрүү, жемелөө маанисинде колдонулат. *Э, ошону кудай алсын, качан болсо эл көңүлүн эптеп өзүнө буруш үчүн бир балээни айта берет* (Айтматов). *Ошолорду кудай алсын, алар жүргөн жер оңмок беле* (Эралиев).

2. Ошол да кеппи, ал колдон келет, оңой эле бүтө турган иш деген мааниде колдонулат. *Чечимди кудай алсын, эми эле боло калат* («Ала-Тоо»). *Кудай алсын ошону, анын милдетин мага коюуңуз, - деп бажаңдай кетти алиги жигит* («Жаш ленинчи»).

КУДАЙ БЕЗЕР. Өтө шум, ашкан митаам. *Кудай безер паччагар, Түбүң залим турбайбы Советтин соту менмин деп Пара жеп сотту булгайбы!* (Бейшеналиев).

КУДАЙ БЕТИН САЛБАСЫН. Кандайдыр бир нерсенин адам таң калгандай сапатын, жөнүн баса көрсөтүп, күчөтүп айтууда колдонулат. *Боз ала желек, кызыл туу, кудай бетин салбасын, Бойбойлогон ызычуу* («Манас»). *Кудай бетин салбасын, район тополоң эле түшүп калды* (Абдукаимов).

В.: Кудай бетин көрсөтпөсүн. *Кудай бетин көрсөтпөсүн, адам даап бара албайт* (Даникеев). *Кудай бетин көрсөтпө, бир жолу атчан элем, зорго качып кутулгам* (Касымбеков). *Мурдагыдан бешбетер чаңырып коё берди дейсиң, кудай бетин көрсөтпөсүн* (Айтматов).

Кудай бетин көргөзбө. *Бирок, жаман жери кышты чилде киргенде кудай бетин көргөзбө, чилденин каары менен бууранын каары төп келишип калышат* (Айтматов).

КУДАЙ БИЛЕТ. Арсар, али белгисиз, болжолдуу нерсе. *Анын келер-келбесин кудай билет, бирок бүрүшкөн бечара саргарып күтө берди да, жедеп аргасы түгөнгөндө козголду* (Бейшеналиев).

КУДАЙ ДЕШКЕН. Ашташкан, өтө жакын. ынак. *Анда мен баламды сиздин балыңыз менен кудай дешкен дос кылабыз* (Тойбаев).

КУДАЙ ЖАЛГАП. Иш оңунан чыгып, оңдой берди болуп. *Бөлмө ичине элеңдеп карадым. Кудай жалгап, эч ким жок экен* (Казакбаев). *Кудай жалгап, анын башы иштей калып, жакшы сунуш киргизди* («Кыргызстан маданияты»).

КУДАЙ ЖАЛГАСЫН! Көбүнчө бирөөгө ыраазы болуу же келиндерди алкоо маанисинде колдонулат. *Өмүрүң узун болсун! Кудай жалгасын! Сооп иш кылдың, ишиң оңолсун!* (Медетов). *Балам, кудай жалгасын! - деген сөздөр таятасынын оозунан чыкканын бала ишене албай укту* (Айтматов).

В.: Теңир жалгасын! - *А-а, айланайын балам. Сага чоң рахмат! Сени теңир жалгасын! Эми биз кайталы, келе колуңду бер, азаматым!* («Ала-Тоо»).

Кудай жалгагыр! *Ай, кудай жалгагыр, уулуңду таап келчи* (Тойбаев). - *Ой, - деди жалынгандай күбүрөй, энеми капа кылбай, деги эле эчтеме болбогондой кашкайып барчы, кудай жалгагыр, ай...* (Касымбеков).

КУДАЙ КУТ КЫЛСЫН! Буюрсун, ушул эле жетишет, мындан көптүн кереги жок деген мааниде каниет кылгандыкты, ыраазы болгондукту билдирүүдө колдонулат. *Алдыңа кетейиндерим! Айта берсе биздин жомок түгөнөбү... Эми силердин ушунуңарды кудай кут кылсын!* (Өмүрбаев).

В.: Кут кылсын. *Курманбекке кут кылсын, Канышай жалгыз баламды* («Курманбек»).

Кут болсун. *Сыйлыгыңар кут болсун деп, отургандар бизди куттуктай кетишти* («Ленинчил жаш»).

КУДАЙ МОМУН. Абдан жоош, эч нерсе менен иши жок, кой оозунан чөп албаган. - *А койчу, а киши кудай момун киши го, -*

Калый жымың этип күлүп койду (Жапаров).

В.: Кудайдын боз кою. *Өзү да кудайдын боз кою дешип аяп жүрүштү* (Айтматов).

КУДАЙ УРГАН ЖЕРДЕ. Эч болбогондо, эң эле жок дегенде, айласы кеткенде. *Кудай урган жерде да ошол колуман келмек* («Ала-Тоо»).

В.: Кудай урса да. *Кудай урса да аны аткарат, андан кам санаба* («Ленинчил жаш»).

КУДАЙ УРСУН! 1. Актануу, чындык экендигине ишендирүү маанисиндеги каргануу. *Кудай урсун! Мен өзум көрдүм. Кудай урсун, тийген жокмун. Кудай урсун, барган жокмун. Ушу жакшылыгыңды унутсам, кудай урсун* (Бердикеев).

2. Жемелөө, ачууланууу иретинде колдонулат. *Сени кудай урсун! Ушундай да иш кыласыңбы?*

В.: Куран урсун! *Ооз айыбымды тартайын, кагылайын жеңеке. Куран урсун! Буларды кой де* (Сыдыкбеков).

Кудай-теңир урсун! *Кудай-теңир урсун, ошондогу мен көргөн кичинекей кагаз дал ушул болчу, - деп Ашырбек жанын сабайт* (Акматов).

КУДАЙ УРУУ. Жаман ишке, кырсыкка дуушар болуу маанисин билдирүүдө колдонулат. *Карыганда муну кудай урган тура* (Турусбеков). *Мени кудай уруп таштады. Муну кайсы кудай уруп жүрөт.*

КУДАЙ-ТЕҢИРИН ТААНЫБАЙ КАЛУУ. Дөөгүрсүп көөп кетүү, дардалактап эч нерсени көзүнө илбөө, теңине албоо. *Баягы Калман деле кудай-теңирин тааныбай калды* (Элебаев). *Шарше кудай-теңирин тааныбай, туш келгенде опурулуп, каяша айтканды сабачудай демитет* (Сыдыкбеков).

КУДАЙГА КОЙ. 1. Ишен, ишенип кой деген сыяктуу кескин убада кылуу маанисинде колдонулат. *Биз сага жамандык издесек кудайга кой* («Ала-Тоо»).

2. Бирөөгө нааразы болуу, каргоо маанисинде колдонулат. *Бизге кара санасаң, сени кудайга койдум. Сен ушинтмек белең,*

акыры кудайга койдум, башка айтарым жок («Ленинчил жаш»).

КУДАЙГА КАРАП ИШ КЫЛУУ. Ойлонуп аракеттенүү. *Кудайга карап иш кылсаңарчы: аял деген качан эле араба айдачу эле* (Айтматов).

КУДАЙГА КОЛУ ЖЕТКЕНСҮҮ. Менменсинүү, кекирейүү, өзүн жогору саноо, текеберчилик кылуу. *Надзиратель туткун жигит менен священниктин ортосунда кудайга колу жеткенсип, чиренип турду* («Ала-Тоо»). *Кудайга колу жеткенсип, жаман-жакшыны көзүнө илбей калды* («Чалкан»).

КУДАЙГА ҮНҮ ЖЕТҮҮ. **1.** Абдан катуу кейүү, аябай ачуу үн чыгарып боздоо. *Кудайга үнү жетип чыңыргандай болсо, бечара кыздын жанына адам туралбайт* («Ала-Тоо»).

2. Зар какшап, зыркырап-сыздап тилек кылуу, зарлоо. *Кудайга жетер үнүбүз. Умутту үзбөй энеке, он жыл өлбөй жүрүңүз!* («Семетей»).

В.: Кудайга үнү угулуу. *Май куйруктун сулп этке Тартып келип жиберди. Кудайга үнү угулуп Көмүргө башы жыгылып* (фольк.).

КУДАЙГА ШҮГҮР. Ыраазы болуу, алымсынуу, болгонуна каниет кылуу маанисинде колдонулат. *Кудайга шүгүр, турмушубуз анча деле жаман эмес, балдар бутуна туруп калды* («Кыргызстан маданияты»). *Кудайга шүгүр, менин уулдарым ушинтип калбаганына шүгүр!* (Абдыраманов).

КУДАЙГА ЫРААЗЫ. Көңүлү жай, телегейи тегиз, өтө кубанычтуу. *Асыранкул отургандардын бирөөнө жоолук таштап, теңтуш кыздын бетинен өөп койсо эле, кудайга ыраазы* (Сыдыгалиев).

КУЗГУН КЫК ЧОКУЙ ЭЛЕКТЕ. к. Карга бок чокуй электе.

КУЙКАСЫ КУРУШУУ. Абдан ачууланууу, кыжыры келүү, кыжырлануу. *Бул сөздү укканда Мырзабектин куйкасы курушуп, буркан-шаркан түшөт* (Баялинов). *Мураталы ого бетер кызарып, куйкасы курушуп, зааркана тыңдады* (Бейшеналиев). *Ачуусу келип, Токтор аксакалдын*

куйкасы курушуп, заматтын ичинде таанылгыс болуп кетти (Абдукаримов).

В.: Куйкасы тырышуу. Бул жолу чалдын куйкасы тырышкан жок (Каимов). *Желдеттин куйкасы тырыша түштү* (Бектенов).

КУЙМА КУЛАК. Укканын унутпаган, улама. *Акма кулакка айтса болбойт, Куйма кулакка куйса толбойт* («Чалкан»). *Бар кабарын алдырып, Куйма кулак кулагын, Укканыңа кандырып* («Семетей»).

КУЙРУГУ ЖОК. Өтө куу, митаам, шыпыр, кудайдан жөө качкан. *Ошол учурда тигил куйругу жок мени сынап жатканын кайдан билдим* (Алыбаев). *-Ээ, мунуң бир куйругу жок бөдөнө окшойт* (Осмоналиев).

КУЙРУГУ ҮЗҮЛҮҮ. Бүтүү, токтолуу. *Дарбазадан куйругу үзүлө түшкөндө, өңүп турган көп кол чуру-чуу көтөрө кыйкырык салышып, туш-туштан качырып кириштн* (Касымбеков).

В.: Куйругу үзүлбөө. *Өзүнүн алешем иштери жана азыркыга чейин куйругу үзүлбөй келе жаткан кесепеттери жөнүндө олуттуу чечимге келер деген ишенимдебиз* («Советтик Кыргызстан»).

КУЙРУГУН БАСУУ. Каарына калуу, жинине тийүү, кыйыгына калуу. - *Адыке эсирбесин... Куйругумду баспасын, басса соруп салам! -дептир* (Сыдыкбеков).

КУЙРУГУН КАРМАТПОО. Таптырбоо, оңой менен колго тийбөө. *Жанагы Тана куйругун карматпай кетти* (Үмөталиев). *Аны колдон чыгарбай коё туруш керек, болбосо ал экинчи куйругун карматпайт* (Осмоналиев).

КУЙРУГУН КЫПЧУУ. Коркуп тим болуу, тынчып калуу, жалтанып, батына албай калуу. *Куйругуңду кыпчып калгансың го? - деди тиги бери жакта отурган адамга* (Байтемиров). *Эч нерсе айта албай куйругун кыпчып жолго түштү* («Чалкан»).

В.: Куйругун кысуу. *Куйрукту кысып жөн жүрүү керек эле* (Үмөталиев).

КУЙРУГУН СЫРТКА САЛУУ. Ыркка көнбөө, өзүнчө эле четтей берүү, эч кимге кошулбоо. *Куйругун сыртка салып, ыргыштап калыптыр го?*

КУЙРУГУН ТОЛГОО. Эсине келтирип, тезге салып коюу, сазайын берүү, катуу айтып эскертип коюу. *Андайдын тизгинин эмитен тартып, куйругун толгоп койгонуңар жөн* (Жантөшев).

В.: Куйругун буроо. *Куйругун бурап, эсине келтирип койбосоң, мындайлар башка чыгып кетпейби* («Чалкан»). *Андай ээн баштардын куйругун бурап коюш керек* («Ленинчил жаш»).

КУЙРУГУН ҮЗҮҮ. Такыр, биротоло бүтүрүү, тындыруу. *Эмки айлыкта куйругун үзөм деп он сом берди* («Ала-Тоо»).

КУЙРУГУН ШЫЙПАҢДАТУУ. Жакыдагысы, сүйлөшкүсү келип, бирок анча батына албай айланчыктоо, имерчиктөө. *Куйругун шыйпаңдатып жетип келиптир, менин сүйүнкүрөбөй койгонумду байкады өңдөнөт, эч нерсе дей алган жок* («Ленинчил жаш»).

КУЙРУГУНА КААБЫР БАЙЛОО. Бирөөнүн артынан ушак-айың таратуу, жаман атка кондуруу, дайыма кооптонуп, чочулап жүрө тургандай абалга жеткирүү. *Ийинге кире албай жатып, куйругуна калбыр байлаган чычкандай болуунун кереги эмне?* (Жантөшев). *Токто-о! чычкан ийинге кире албай жатып куйругуна калбыр байлайт болбо, Сапарбай, сен да* (Сыдыкбеков).

В.: Куйругуна калбыр тагуу. *Анын куйругуна калбыр тагып, анан ага «Сактангыла Сатардан» деп бадырайта жазып узатыш керек эле* («Чалкан»).

КУЙРУК ТҮЙҮҮ. Биротоло кетип калуу, алыстоо, таптырбоо, карматпоо, экинчи колго тийбөө. *Кабыл кеткенде да бул элден биротоло куйрук түйдү* (Элебаев). *Борондуга келгени да аз эле болду, турук алып калабы, же куйругун шарт түйүп бир күнү кете береби, анысы азыр белгисиз* (Айтматов).

КУЙРУК УЛАШ. Бирине-бири удаа, жакын, биринин артынан экинчиси удаалаш, караандаш. *Бээ кишенеп жөнөдү, артынан иттер куйрук улаш бара жатты* (Борбиев). *...Теке чалбар, кулун тумак кийишип, саадак байланган кыздар эркектерге куйрук улаш баратышты* (Осмоналиев).

КУК ЭТКЕН КУЗГУН, КАК ЭТКЕН КАРГА ЖОК. Эч нерсеси

жок, эч жан жашабаган ээн талаа, ээн жер. *Алар жарым жолго жеткенде кук эткен кузгун, как эткен карга жок жерге туш келип, бет алды чоң бороон башталды* («Ала-Тоо»).

КУЛ ЖЕБЕС. Майлуу чүйгүн эт, эттин чүйгүндөрү. *Кул жебес деген ушул деп, бир табак килкилдеген майлуу эт тартты* («Ала-Тоо»). *Кул жебестен алгыла деп, казы, карта, сары жүрмө аралашкан чоң табак этти коноктордун алдына койду* («Ала-Тоо»). - *Ыя? Неге какшыктайсың? Табалап турасың го?! Же, кул жебести жегиле деп, кулкулдап отурасыңбы?* (Үмөталиев).

КУЛАГЫ БЫШУУ. к. Бышы кулак болуу.

КУЛАГЫ ЖОК. Сөз укпаган, тил албаган, кыйык (көбүнчө балдарга карата). *Мындай кулагы жок тилазар болорбу деп чоң эне ачууланды* (Таштемиров).

КУЛАГЫ УЗУН. к. Узун кулак.

КУЛАГЫ ЧАЛУУ. Сөздүн чекесин угуп калуу, чала-була кабардар болуу. *Көрө албаган Кожо менен Бошкой ээсин көкүтүп, өзүңө бир балээ баштоочудай деген ушак-айыңды кулагыбыз чалды* (Бейшеналиев). *Райондун жаңы жетекчилери тымызын текшерүү ишин жүргүзүп жаткандыгын кулагы чалган Карагул Тазабектин артынан ээрчип үйүнө чейин барат* (Медетов).

Кулагын жапыруу. к. Кулак жапыруу.

КУЛАГЫМА КУМ КУЮЛСУН. Эч нерсе уккан жокмун деп ишендирүү, каргануу маанисинде колдонулат. - *Жок... жок... Уксам кулагыма кум куюлсун* (Бейшеналиев).

КУЛАГЫНА АЛТЫН СЫРГА. Эсиңде болсун, эсинен чыгарбасын, эч качан унутпасын деген мааниде. *Тиги келиндердин кулагына алтын сырга, айтып кой, байбиче* («Ала-Тоо»).

КУЛАГЫНА ИЛБӨӨ. Айткан сөздү укпоо, ага маани бербөө. *Жалынып-жалбарган оюн, башчы келиндин сөзүн кулактарына илбеди* (Жантөшев).

КУЛАГЫНА КУМДАЙ КУЮУ. Бир нече жолу кайталап

айтуу, кайра-кайра айта берүү. *Байкемдин оюна койбой, жогорку маалыматтуу, үй-жайы, машинасы бар кызга үйлөн деп кулагына кумдай куюшчу* («Кыргызстан маданияты»). *Апам күндө эле кулагыма кумдай куюп жүрөт* («Жаш Ленинчи»).

В.: Кулагына куюу. *Оору-сыркоодон этиет болууну, жаман оюнга жолобоону ата - энелери кулактарына куюшту* (Абукаримов). - *Коммунага ишене бербейм, ирденген күндө да бизге ээлик кыла койбос деп чочуйм, - деп кулагына куя берди* (Ашымбаев).

Кулагына салуу. *Сүйүнчүлүү бир сөздү Кулагыма салбадың* («Семетей»).

КУЛАГЫНА ШАК ДЕЙ ТҮШҮҮ. Кокусунан, күтүлбөгөн жерден угулуп калуу, даана угула калуу. *Саал кыркырап чыккан Осмон бригадирдин тааныш үнү Адылбектин кулагына шак дей түштү* (Өмүрбаев). *Машина узай бергенде энемдин бакырганы кулагыма шак дей түштү* (Жусупов).

КУЛАГЫНАН КҮН КӨРҮНҮҮ. Абдан арыктоо, өтө алсыз, начар абалда болуу, аябай арыктап кетүү. *Ал байкуштун кулагынан күн көрүнөт.*

КУЛАГЫНАН ҮРКҮҮ. Эл арасында айтылган имиш сөздөрдөн улам өзүнөн-өзү кооптонуп, чочулап тынчы кете баштоо. *Айрыкча Көк-Суудагы элдер кулагынан үркту* (Элебаев).

В.: Кулагынан коркуу. *Жүрөгүнө аш баспай кулагынан корко Бермет үйүндө* (Осмоналиев).

Кулагынын учунан үркүү. *Жосунсуз иштеринен шек санаган. Кулагынын учунан үркө баштаган* (Осмоналиев).

КУЛАГЫНЫН КУЖУРУН АЛУУ. 1. Бир нерселерди кайта-кайта айта берип тажатуу, тынчтык бербөө. *Күнүгө баягы сөзүн айта берип, кулагынын кужурун алып жанын кейитти* («Ала-Тоо»). *Аялы кулагынын кужурун алчу болду* («Кыргызстан маданияты»).

2. Чурулдаган, катуу чыккан үн же кайта-кайта тынымсыз чыккан дабыштан тажоо. *Татыбектин коңуругу күчөп, кулактын кужурун алды* (Таштемиров). *Таандар айланып, алардын баш-аламан*

үнү кулактын кужурун алат (Байтемиров).

В.: Кулагын тындырбоо. - *Жетишет! Кулагымды тындырбай күн сайын бир сөздү айта берип жадаттың* (Борбиев). *Зарылдын зээндүүлүгүн күнүлөп, Калыйманын айрым абысындары өз кыздарын жемелеп, кулагын тындырбай жатышат* (Өмүрбаев).

КУЛАГЫНЫН КЫЧУУСУ КАНУУ. Кандайдыр кулакка жагымдуу нерселерди угуп абдан ыраазы болуу, моокуму кануу, ырахат алуу. *Кана ырдачы, жаштардын кулагынын кычуусу кансын* (Жантөшев).

В.: Кулагынын курчу кануу. *Дагы уласа деп кулагынын курчу канбай керилген Байымбет... бырс этти* (Бейшеналиев).

Кулагынын курчун кандыруу. *Айтор, менин милдетим кулагыңардын курчун кандырмай, көңүлүңөрдүн толгоосун жандырмай* (Бейшеналиев).

КУЛАГЫНЫН СЫРТЫНАН КЕТҮҮ. Айткан кепке анчалык назар салып, кунт коюп укпоо, укмаксан болуу. *Айтылган сын алардын кулагынын сыртынан кетип, кыжырдануу пайда кылды* («Кыргызстан маданияты»). *Бул сөз жетекчинин кулагынын сыртынан кетчү болду* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Кулагынын сыртынан желпүү. *Акын Чоюбектин сөзүн кулагынын сыртынан желпип, өкмөттүн өкүлүнө тике кайрылды* (Бейшеналиев).

Кулагынан кайып өтүү. *Өкүмдардын өктөм буйругу кулагынан кайып өткөн* (Бейшеналиев).

Кулагынын кырынан кетүү. *Жанатан бери сүйлөп жаткан сөздөрү тигилердин кулагынын кырынан кетип жатты* (Бердикеев).

Кулагынын учунан кетүү. *Кемпирдин сөзү кулагынын учунан кетет, анын үстүнө көп кеби түшүнүксүз* (Айтматов).

КУЛАГЫНЫН УЧУНАН ҮРКҮҮ. к. Кулагынан үркүү.

КУЛАК БЫШУУ. к. Бышы кулак болуу.

КУЛАКДАР БОЛУУ. Бир нерседен кабардар болуу, байкай жүрүү, биле жүрүү. *Силер да жоголгон атка кулакдар боло жүргүлө* («Ала-Тоо»). *Эми мындан ары силер да сак болгула, кулакдар боло жүргөн жакшы* («Ленинчил жаш»).

КУЛАК ЖАПЫРУУ. Укса да укмаксан болуп, унчукпай коюу, сеники туура дегенсип сөзгө аралашпай, жооп кайтарбай угуп отура берүү. *Езеф мындайда «эми айтчуңду айт» дегендей кулак жапырып, башын шылкыйтып отура берчү* (Ашымбаев). *Деги мейли, туруп берейин, - деп Акиянын жемесине кулак жапырды* (Сыдыкбеков). *Удайчы үн бере албады, шалдырап атына араң минди да кулак жапырып, атын бат-бат желдирип жөнөй берди* (Касымбеков).

В.: Кулагын жапыруу. *Байкуш атам кулагын жапырып башка бөлмөгө чыга каччу* (Борбуев).

КУЛАК ЖОК. Кайра-кайра айта берет, тажатат, уккуң келбейт деген мааниде. *Бир жыл бою менде кулак жок болду. Ошондон бери менде кулак жок.*

КУЛАК КАГЫШ КЫЛУУ. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө алдын ала айтып көндүрө берүү, каңкуулап эскертип коюу. *Бийдин кулак кагыш кылганы ушул эле* (Каимов). *Байбиче келинине кулак кагыш кылды - Күн чыкканга калбай туруп жүр балам* (Каимов). *Аялы меймандын жөнүн бүгүн да кулаккагыш кылды* (Укаев).

В.: Кулак какты кылуу. *Бирок бир сөздү унуптаңыз... Ошону сөзсүз айтып коюуңуз деп, кулак какшы кылды Сабырбек* (Абдыраманов).

КУЛАК КАКПОО. Укмаксанга салуу, уккусу келбөө, тоготпоо. Эл арасында күбүр-шыбыр нааразылык чыгат. *Бригадир ага кулак какпайт, назар салбайт* («Чалкан»). *Кызып алган аял күйөөсүнүн сөзүнө кулак каккан жок, дагы ырдап кирди* (Байтемиров). *Андай акарат кептерге Бостон кулак какчу эмес* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Кулак салбоо. *Анын кебине кулак салбагансып, молдо шарыят жолун туюндурду* (Сыдыкбеков).

КУЛАК-МУРУН КЕСКЕНДЕЙ. Тыптынч, жымжырт, эч доошсуз. *Те*

коргондун этек жагынан сүтак сайрап, кайра бир убакта ал дагы магдырап үргүлөп, түн түбүнө чөгүп, кулак-мурун кескендей жымжырт (Касымбеков). *Поезд өтпөй калган ара-чолодо талаа бети кулак-мурун кескендей, көч күжүрүп кеткендей ың-жың тунжурап турат* (Айтматов).

В.: Кулак кескендей. *Айлана кулак кескендей кереңине тартып, кызды зериктирип жибергендей сезилди* (Ашымбаев). *Шуу-шуу өткөн жолдун желдин шоокумунан башка дабыш жок, кулак кескендей* (Касымбеков).

КУЛАК - МЭЭНИ ЖАРУУ. Бака-шака түшкөн, кулак жаңырткан катуу дабыш чыгаруу. *Балдар кулак-мээни жарып ышкырып да жиберишти* (Жантөшев). *Чоң өзөндүн шары тоону жаңыртып, кулак-мээни жарат* (Каимов).

В.: Кулак-мээни тундуруу. *Күңгүрөгөн доолбас кулак-мээни тундурду* («Семетей»).

Кулакты жаруу. *Бака-шака тарсылдактар кулакты жарат* («Ленинчил жаш»).

КУЛАК-МЭЭСИН ЖЕЙТ. Кайра-кайра айта берип же жагымсыз дабыш салып тынчын алмай, тажатмай, тынчтыксыз. *Кален деп менин атымды укканда эле кызынын кулак-мээсин жейт экен* (Акматов). *Үйүнө кирип-чыгап куңкүлдөп, аялынын кулак-мээсин жейт.* («Ала-Тоо»). *Калың тобу менен бүгүн кечке чуулдай берип, бир жакка учуп да кетпей кулак-мээни жеп жатты* (Айтматов).

В.: Кулак- мээсин алуу. *«Ата-энеси таштап кеткен немени мага кереги канчалык экен! Башка түйшүгүм да аз эмес», деп таенеси таятасынын кулак-мээсин алат* (Айтматов). *Ал үйгө кирди дегиче экөө эки жагынан кулак-мээсин алышчу* («Кыргызстан маданиягы»).

КУЛАК САЛБОО. к. Кулак какпоо.

КУЛАК САЛУУ. Кепке көңүл бөлүү, көңүлдөнүп угуу, кунт коюп угуу, тыңшоо. *Оо, балам, Калык, тилимди ал, Акыл айтам, кулак сал* (Токтогул). *Кыял жоруктары, кылган иштери экөөбүздүкүндөй экен Бексултан, - деди, ишенбесең кулак сал, мен окуюн* («Чалкан»).

В.: Кулак төшөө. *Байымбет заңкылдап боздогон жесирдин ыйына кулагын төшөп, жашыл бетегеси жапырылган жапсарга кыңкайды* (Бейшеналиев). *«Азыр токой ичи абдан коркунучтуу го?» - деп ойлоду бала сырттагы тынымсыз доошко кулак төшөп жатып* (Айтматов).

Кулак буруу. *Кыз атасы кулак бурду, Айта бергин дегендей* (Осмонкул). *Алмамбет көзүнүн көнчөгүн салаңдатып, Бекназар жакка кулак буруп, жооп күтүп көшөрдү* (Касымбеков).

КУЛАК СЕНДЕ. Кана, айта бер, угуп жатам, угам деген мааниде. - *Кулак сенде, чырагын, өз дилиңди айт* (Абакиров). *Ырдай бер, Жамийла, кулак сенде* («Ленинчил жаш»).

КУЛАК ТҮРҮҮ. Кандайдыр бир кабарды угууга күтүнүү, акмалоо, абайлап туруу. *Апай апа этегин кагына, кооптоно тышка кулагын түрдү* (Бейшеналиев). *Бүт элет дүңгүрөп, Домбу үчүн Насирдин бектин кун сурап камалап жатканын кооп менен кеп кылып, кулак түрдү* (Касымбеков). *Акыры кандай болуп чытр экен? - дешип, бериси район, арысы обласка чейин кулак түрүп калды* (Баялинов).

В.: Кулагын көтөрүү. *Ашыр чыгдан тараптан чыккан дабышка кулагын көтөрдү* (Жантөшев).

КУЛАКТАШ БОЛУУ. Бири-бири менен байланышып, кабардар болуп туруу, кабарлаш болуу. *Карасакал Бекбайдын башынан чеңгелдеп эркелетти: - Кан канды кылбайт эмеспи... Өз канымсың да - мага кызмат кылып келдиң, мындан ары да кулакташ болобуз* (Абдыраманов).

КУЛАК УГУП, КӨЗ КӨРГҮС. Абдан алыс, өтө алыс, мурда көрүп-билбеген, белгисиз. Же бир кулак угуп, көз көргүс жерде болсочу (Саатов). *Деле кулак угуп, көз көргүс жерге оолактап кетеличи? дейт аялы* (Осмоналиев).

В.: Кулак укпаган, көз көрбөгөн. *Ошо бойдон калган тукумун сактап, кулак укпаган, көз көрбөгөн бир жерлерге кетип калган экен* (Айтматов).

Көз көргүс. *Көз көргүс жакка кетсемби, мазарым айнып турат* («Ленинчил жаш»).

Көз көрүп, кулак уккус. Төртөөбуз кол кармашып көз көрүп, кулак уккус жакка кетебиз (Жантөшев).

КУЛАНДАН СОО. Дени - карды таза, оорусу жок, сопсоо, таптаза. *-Кандайча? Куландан соомун! Эч жерим оорубайт* (Борбиев). *Аялы экөө тең куландан соо* («Чалкан»). *Ачылбай тердеп жатсаң, эртең куландан соо туруп кетесиң* (Айтматов).

КУЛАН ӨӨК БОЛУУ. Таң атууга жакындап, агара баштоо. *Тап коюша арбашып турган ээн жердин бөрүлөрү таң кулан өөк болгондо тоо-ташка житишти* (Бейшеналиев).

КУЛАЧ ЖАЮУ. 1. Умтулуу, аракет кылуу. *Ал келечекке умтулуп кулач жайды* («Ала-Тоо»).

2. Жайлуу, тарроо. *Окумуштуулардын күчү менен пайдалуу кендердин жаңы жерлери табылып, аларды өздөштүрүү ийгиликтүү кулач жайды* («Кыргызстан маданияты»).

КУЛДА КУЛАК ЖОК. Эч бир үн чыгарбайт, сөз сүйлөбөйт, унчукпайт, укса да укмаксан болуп жөн калат. *Ал кулда кулак жок отурду* («Ала-Тоо»).

В.: Кумда кулак жок. - *Эмне кылып жүрөсүңөр? Ким үндөп жүрөт жаман жорукка? Оросул аларды жемелей баштады. Кумда кулак жок. Баш көтөрбөй жүздөрүн ала качат* (Осмоналиев).

КУЛДУК УРУУ. 1. Макулдугун сурап алдынан өтүү, өтүнүү. *Кудалашып чай бердим, Кулдук уруп, май бердим* (фольк.). *Он үчүндө эле кулдук уруп, куда түшө баштады* (Сасыкбаев).

2. Баш ийүү, таазим кылуу, жүгүнүү, моюн сунуу. *-Жаркынбай чекеси жерге тийгенче кулдук урду* (Бейшеналиев). *Мен тез эле анынколоң чачына чалынып, аксаргыл жүзүнө мүнөзүнө кулдук ура баштадым* («Ала-Тоо»).

В.: Кулдук кылуу. *Кубатына колхозчу эл, кулдук кылып багындым* (Үсөнбаев).

КУЛДУГУМ БАР. Бирөөнүн алдынан өтүп, кечирим суроодо айтылуучу сөз. *Кулдугум бар, таксыр, аз айып, көп күнөөм болсо кечирип коюңуз* («Жомоктор»). *- Кулдугум бар, ардактуу Ажы ата, - деди* (Убукеев).

КУЛКУНГА КУЮУ. Ичип-жеп коюу, жок кылуу. *256 миң сомду кулкунга куйгандыгын азыр райондук, областык тергөө органдары жакшы билишет* («Чалкан»).

В.: Кулкунга салуу. *Кулкунга салып коюп билмексен болуп компойгондор жок дейсиңби* («Ала-Тоо»).

КУЛКУНУ БУЗУК. Жегич, ичкич, алдым-жуттум. *Кулкуну бузук кузгун, ушу сага ишенген мендейлер курусун. Кемпир молдонун бетин апчып аларда тура качып кутулду* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Кулкуну жаман. *Кулкуну жаман жигит деп уктум эле, макул болор бекен* («Кыргызстан маданияты»).

КУЛКУНУ АРААНДАЙ АЧЫЛУУ. Алдым-жуттум болуп, жеп-ичкенди адат кыла баштоо, ага көнө баштоо, жеп-ичүүнү көздөө, ач көз боло баштоо. *Бирок кулкуну араандай ачылып, өзу оронуп жаткан жундү түрмөгү менен жута баштаганда анын тарбайган суу колу сыртка чыпалы* («Чалкан»).

В.: Кулкуну ачылуу. *Баарынын тең кулкуну ачылып турат* (Кыдырмышев).

Кулкуну бузулуу. *Ушул кездеги эл жакшысы деп жүргөндөрдүн кулкуну бузулуп бүткөн* (Укаев).

Кулкуну чоңоюу. *Кулкуну чоңоюп, жүктүү төөнү жүгү менен жута баштады* («Чалкан»). *Билдим сенин напсиңди, Кулкунуңуз чоңоюп Парадан Жалий аксыңбы?* (Бейшеналиев).

Кулкуну кеңүү. *Жылдан-жылга Өмүрзак байдын кулкуну кеңип, ьшсап дегенди билбей чайрекерлерге акы бербей келет* (Абдукаримов).

КУЛКУНУНА КУЮУ. Пара берүү, паралап алдын алып коюу. Башкарманын кулкунуна куюп койгон соң, анын сөзүн сүйлөбөгөндө кантсин («Чалкан»).

В.: Кулкунуна уруу. *Ошончо менен кулкунуна урганда кантип жибибей койсун* («Ленинчил жаш»).

КУЛТ КОЮУ. Бир жакка кирип кетүү, кетип калуу, тез эле көрүнбөй калуу. *Өтөгөн шашыла*

ичкериге култ койду (Абакиров). *Ашырбек Ланичектин туура көздөй шашып баратканын көрдү, ал тез эле Езефтикине култ койду* (Ашымбаев).

КУМ КАЙРАК. Кургак келип, үбөлөнүп турма. *Кум кайрак картошка экен.*

КУМ КУЛАК. Жакшы укпаган же укмаксан болгон, айтканды тоотпогон кишиге карата айтылат.

КУМАР КӨЗ. Моймолжуган, жоодураган назик көз караш, же абдан сулуу, акылдуу деген мааниде кыздарга, келиндерге карата айтылат. *Куурасам акыл табышар, Кумар көз болсо сүйгөнүм* (Жантөшев). *Оймок ооз, кумар көз, Өзүңө теңтуш алганы* (Барпы).

КУМДА ИЗИ КАЛБОО. к. Сайда саны, кумда изи жок.

КУМУРСКА БЕЛ. Бели ичке келген, келишимдүү, сындуу, сыйда. *Ева кумурска бел көрктүү кыз* (Ашымбаев). *Кумурска бел келин жан Ашык болдум секет жан* («Ала-Тоо»).

КУМУРСКАНЫН УЛУТУНГАНЫН БИЛЕТ. Анын билбегени жок, баары жоктун баарын билет, өтө айлалуу. *Анын сырын эмгиче билбейсиңби? Ал кумурсканын улутунганын билет* («Ала-Тоо»).

КУНДА ЖОК. Өтө мыкты, ордун эч нерсе менен алмаштырууга болбой турган, бардык жагынан келишкен. *Жорголугу кунда жок.*

В.: Кунунда жок. *Дөбөтүм дөбөт кунунда жок эле* (Осмоналиев).

КУНАНДЫН КУЛАГЫ МЕНЕН ОЙНОО. к. Аттын кулагы менен тең ойноо.

КУНАРЫ ЖОК. Жарыбаган, жарытпаган, берекеси жок, эч нерсеси алгылыктуу жок. *Кунары жок адамдар. Кунары жок үй.*

КУНУ КЕТҮҮ. 1. Берекеси кетүү, пейли таруу. *Берекесиз байлардан Пейил менен кун кетет* (Токтогул).

2. Мурдагысындай болбой начарлап калуу. *Күрүчбектин куну кетти. Заман түрүн байкаган ал жайлоодо чалкалап жүрө берүүнү токтотту* (Осмоналиев).

В.: Кунары кетүү. *Ал эми кунары кеткен жайытта кайсы мал эт алат* («Советтик Кыргызстан»).

Куну качуу. *Байдын үйү баягыдай эмес, куну качкан* (Каимов).

КУНУ УЧУУ. 1. Куну кетүү.

2. Өтө кымбаттоо, баасы жогорулап кетүү. *Базардын куну учту. Алтындын куну учту.*

КУР АЛАКАН. Колунда ала келген эч нерсе жок, жөн эле, курулай. *Анан өзүм силерди чакырып алып, аздыр-көптүр жолуңарды кылам, - деди деп, Дарыяхан кур алакан кайта келди* (Жантөшев). *Кур алакан кантип барабыз деп, аялым көңүлдөнбөй койду* («Ленинчил жаш»).

В.: Куру алакан. *Кудая шүгүр, азыр куру алакан эмеспиз* (Саатов).

Куру кол калуу. *Табийгый кырсыктын кесепетинен эмгектери бекерге кетип, түшүмүнөн куру кол калган калкка ачарчылык коркунучу туулду* («Советтик Кыргызстан»).

КУР ДҮРМӨТ. 1. Огу жок жалаң гана дары салынган дүрмөт. *Аларды кур дүрмөт менен коркутмакчы болду* («Ала-Тоо»).

2. Курукайрат, натыйжасыз аракет, жөн гана опуза. *Ал бечаранын колунан эмне келер дейсиң, кур дүрмөт да* («Чалкан»).

В.: Куру дүрмөт. *Алыбек куру дүрмөт менен заңгырата бир атып койду* (Жантөшев).

КУР ЖАЛАК. к. Таш жалак.

КУР ООЗ. Үйдөн бир нерсе ооз тийбей, даам сызбай. *Үй ээси мени кур ооз чыгаргысы келбей, алдыма дасторкон жайды* (Каимов).

КУР ТУЛУПКА МӨӨРӨӨ. Болбогон, болбой турган, пайдасы тийбей турган бир нерсеге ишенүү, куру бекер үмүткер болуу. *Көрсө, биз кур тулупка мөөрөп жүргөн экенбиз* («Чалкан»). *...Күнүбатча абысыным «куру тулупка мөөрөгөн байкуш!»...* (Касымбеков).

В.: Кур желге семирүү. *Кур желге семирип, көкүрөктү өргө айдай берүүнүн кимге кажаты бар эле* («Ала-Тоо»).

КУР ЧИРЕН. к. Куу чирен.

КУРАН КАРМОО. Диндик ишеним боюнча өзүнүн күнөөсүз экендигин, актыгын ишендирүү маанисинде куран кармап ант берүү, актануу. *Менин баламдын актыгын кудай өзүкөрүп тургандыр. Актыгы үчүн куран кармап беремин* (Сыдыкбеков).

КУРГАК СӨЗ. Аткарылбай турган, иш жүзүнө ашпай турган сөз, жөн эле айтылып калган сөз. *Аны орундоо үчүн кургак сөздү көп сүйлөбөй иш жүзүндө көрсөтүү керек* (Тойбаев).

КУРГАК ЧЕЧЕН. Көп сүйлөгөндү жакшы көргөн, сөз маанисин биле албаса деле сүйлөй берген. *Карала башкалардай кургак чечен эмес, бешенеси жарык, жүйөөчүл чечен. Ошо жүйөөчүл чечендигинен бий шайланган* (Бейшеналиев). *Кургак чечен далай-далай сайраган, Тилин булөп бекеринен кайраган* (Турусбеков).

КУРКУЛДАЙДЫН УЯСЫН ТАБУУ. к. Үкүнүн уясын табуу.

КУРМАН БОЛУУ. Белгилүү бир максат үчүн, эл-журттун ж.б. камы үчүн жанын кыйып, өлүм табуу, өлүмгө баруу. *Арнамыс үчүн, эркиндик үчүн курман болушту алар* (Абдыраманов). - *Баштарын жоготушкан жок алар, согушта курман болушту. Эл-жерин коргоп* (Абдыраманов).

КУРМАН ЧАЛУУ. 1. Кудай жолуна, адамга арнап, кудайга сыйынып мал союу. *Баарынын алдына туура тартып ноктону тыгыз кармаган жигиттин колундагы ...жал-куйругун сапыра ойноктогон ак боз бээни, кудай-арбакка сыйынып курман чалышты* (Бейшеналиев).

2. Ошондой максат менен адамды өлтүрүү, өлтүрүп коюу. *Залимдер, кан ичерлер курулушка канча момундарды курман чалыитады* (Бейшеналиев). *Кызыңды курман чалбагын, Куруган эски намыска* (Маликов).

В.: Курмандыкка чалуу. *Анын хан көтөрүлүшүнө курмандыкка чалынчу жаныбарды Калпага туура тартышты* (Бейшеналиев). *Ала турган байгеңди айтчы, баламды курмандьшка чалсам да сенин жогуңду табайын* (Жантөшев). *Колго тийсе атасы, Курмандыкка чалалык* (‘’Манас»).

КУРСАК КАЙНОО. Ичи күйүү, ачууланууу, туталанып, кыжыры келүү, жаны кашаюу. *Азыр курсак кайнап, ич күйүп, куруп турган кезегим* («Сейтек»). *Опол тоодой ойрон шер Жаңы өлгөндөй болушуп, Курсак кайнап, жан күйүп, Дене бошоп, кан күйүп* («Семетей»).

КУРСАК КӨТӨРҮҮ. Кош бойлуу болуу, боюнда болуу. *Сейдеш курсак көтөрүп калган, ал атлас көйнөгүнүн үстүндөгү көгүлтүр кемселинин ачык боорун кымтыламыш этип, бир көргөн адамга байкалбаган торсойгон курсагынан кымырылган калыбында моймолжуду* (Бейшеналиев).

КУРСАГЫ ООРУУ. 1. Бирөөгө жан тартуу, аны аёо, боор ооруу. *Бала чырылдап ээрчип турса, курсагың ооруйт экен* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсеге ичи тарып, бергиси келбей кыйылуу, кызгануу. *Курсагың ооруп турса, жөн деле кой деди, оюнчындан* («Кыргызстан маданияты»).

КУРЧУ КАЙТУУ. Мурдагыдай болбой жумшара түшүү, жалтайлап калуу. *Жаалдуу өкүмдар жаагы карышып, курчу кайтып өкүттө үнүн чыйылдатты* (Бейшеналиев).

КУТ БОЛСУН! «Буюрсун», «болгону жакшы болуптур» деген мааниде бирөөнү куттуктоо, ага тилек кылуу, каалоо иретинде айтылат. *-Кут болсун, урматы улук Канике айым, биздин азирети акпашабыздын улук ыракымы* (Касымбеков). *Аккула сизге кут болсун!* («Манас»).

В.: Кут кылсын! *Курманбекке кут кылсын Канышай жалгыз баламды* («Курманбек»).

КУТУ КАЧУУ. Берекеси кетүү, азып-тозуу, начарлоо, жүдөө. *Дасторконубуздун да куту качып, кылымдар бою өнүккөн салтынан, сарамжалынан, шаанисинен ажырай баштагансыйт* («Советтик Кыргызстан»).

КУТУ УЧУУ. Үрөйү учуу, аябай коркуу. *Ошол арада жан кулактын учунда болуп, калктын куту уча түшкөн* (Ашымбаев). *Калыбет карыялардын да куту учуп, сабыры кетип, баштары калч-калч эте коломтодогу муздак күлдү чукулап отуруп бериштиш* (Акматов).

КУТУЛБАС КУЯГА КАЛУУ. Бүтпөй турган чырдуу, зыяндуу окуяга кабылуу, дуушар болуу. *Болбосо өмүр бою кутулбас куяга калбайбызбы* (Айтматов). *Акылы чолок зайыптын тилин ээрчип... кутулбас куяга ошондо калармын, мүшкүл* (Сыдыкбеков).

КУТУРГАН ИТ БАЙЛАСА ЧЫДАГЫС. Адам чыдагыс, чыдоого мүмкүн эмес. - *Кутурган ит байласы чыдагыс, үйдүн ичине киргенден киши заарканат* («Ленинчил жаш»).

КУУ АЯК. 1. Эч нерсеге жетпеген, жетишпеген, жарыбаган, жакыр. *Ээ, чекеси тердебеген куу аяктарга бөөдө бергенден көрө ошол кудайдын ыйык деген жерине чачып баса бергеним түзүк эмеспи?!* (Касымбеков). *Ошо кара тумшук, куу аяк качырып жоого кире элек* («Семетей»).

2. Төрөбөгөн, согончогу канабаган, баласыз. *Кантейин, кудай бала бербей куу аяк кылып койсо, колуң менен жасап ала албайт экенсиң?!* (Касымбеков).

КУУ БАШ. Баласы жок, такыр бала көрбөгөн. - *Сен эмне, мени өкмөткө кармап берейин деп келдиңби? Менин атамды да өзүңө теңеп, куу баш кылайын деп келдиңби?* (Абдыраманов). *Тиги кара-сур зайыптын согончогу канабай, аны куу баш өткөрүп бараттат* (Касымбеков).

КУУ ДАЛЫ. Далысы жабышкан, итий оорусу. *А балдарьшын көбү териси сөөгүнө жабышып, ийнеликтей чилмийип куу далы* (Сыдыкбеков).

КУУ ЖАТЫН. Такыр төрөбөгөн, согончогу канабаган, туубас. *Алкуу жатының деле Сейдакматтыкында качып отурат* (Айтматов). *Мен сага окшоп согончогу канабаган куу жатын белем ыя?* (Айтматов).

КУУ ЖОЛТОЙ. 1. к. Кара жолтой.

2. Бактысыз, таалайсыз, ырысы жок (көбүнчө балдарга карата жемелөө иретинде колдонулат). *Канчоронун жоругун, Куу жолтой балам биле албайт* («Сейтек»).

КУУ КАНЖЫГА. Эч нерседен жолу болбогон, дайыма олжосу жок, куру кайткан (көбүнчө мергенчилерге карата). *Куу канжыга курган чал* (фольк.).

КУУ КАПТАЛ. Абдан куу, митайым, билсе да билмексен болгон анткор, шум. *Куу каптал неме дароо мант берип, сөздү башка жакка чаргытып кетти* (Бектенов). *Ал куу каптал сурakta: «Пудовкин мен эмесмин» деп танды* (Бектенов).

КУУ КЕКИРТЕК. Тамагы жаман, өзүмчүл, ичип-жегенди жакшы көргөн. *Азимжан, Турдубайдай куу кекиртектердин отурган жерин кетмендеп салуу керек* (Бөкөнбаев).

КУУ КУЛАК. Дүлөй, керең, кулагы катуу. *Куу кулак болгон Ашырбай унчуга албады* (Үмөталиев).

КУУ ТАКЫМ. Өтө шум, митайым эч сөз өткөрбөгөн тапан. *Көрчү, куу такымды, шашпа-а, толорсугуңду кыйдырбасам элеби!* (Бейшеналиев). *Ой, оңбойтко, бу куу такым!* (Осмоналиев).

В.: Кер такым. *Бала туруп кер такым болгонуна таңгаласың* («Ленинчил жаш»).

КУУ ТЕРДИК. Минген атын бат эле арыктатып жиберген же жакшы багып мине албаган. *Өзү ошондой куу тердик неме тура* («Ала-Тоо»).

КУУ ТУМШУК. к. Кара тумшук.

КУУ ТУЯК. 1. Куу шыйрак.

2. Жарыбаган, эч жакшылык көрбөгөн, томор деген мааниде. *А, бу куу туяк төбөсү көккө жеткен кудаанын эркесиндей дөө, шаалардыкаралагысы бар* (Бейшеналиев). *Куу туяктарды экинчи эшикке жологус кылсамбы дедим эле* («Ала-Тоо»).

КУУ ТҮЛКҮ. Өтө шум, митайым. *Желкемдин чүңкуру көрсүн, сага окшогон жылмакай куу түлкүнү!* (Бейшеналиев).

КУУ ЧИРЕН. Курулай жасанган, сылан короз, мактанчаак, колунан эч нерсе келбесе да кекирейип басып жүргөн, кербез. *Мындай ырлардын адам убалынан коркпогон көр коолорду, куу чирендерди тымызын каймана шылдыңдаар, өч алар куралга айланары шексиз тура* (Бейшеналиев). *Куу чирен, жөө манаптардан колхозубуз азырынча куру эмес* (Убукеев).

КУУ ШЫЙРАК. Такыр төрөбөгөн, согончогу канабаган, туубас. - *Ээ, ошону койсоңчу! - дейт. - Коколой башы, бир куу шыйрак катын менен өтмөк болду го* (Осмоналиев).

КУУ ЭТЕК. 1. Өтө жарды, томаяк, кедей. *Куу этек Шаршеге окшогон айылдаштары эле* (Сыдыкбеков). *Молдо Байымбет молодой чокчойгон чатырын куу этек жардылардын алачыгынын ортосуна кондуруп менин журтумду ээлегенсип сөөлөттөнөт* (Бейшеналиев).

2. Бала көрбөгөн, бала-чакалуу болбогон, төрөбөгөн. *Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенеси күн конуп турбайт беле дейт таенеси* (Айтматов). *Артында туяк калбасына жаны кейиди да, куу этек катынына жини келе баштады* (Айтматов).

КУУРАЙ БАШЫН СЫНДЫРБОО. Эч нерсеге колу тийбөө, эч иш кылбай жүрө берүү, бекерчиликке көнүп алуу, жеңил жан багуу. *Кумаркан ушул күнгө чейин куурай башын сындырган жок* (Байтемиров). *Небактан куурай башын сындырбай бекер жашап, өмүрүн куунак кармап келген Эсир алтындарын четинен кармап, сарањ урунат* (Осмоналиев).

В.: Чырпык башын сындырбоо. *Ал өмүрүндө чырпык башын сындырган жан эмес* (Байтемиров).

КУУРАЙ САН. Буттары ичке, арык кишилерге карата айтылат. *Ева куурай сан болгон менен тыным албай иштеп, ал куйган кыш да көрктүү түшүп жатты* (Ашымбаев).

КУЧАК ЖАЮУ. Мээримдүүлүк, меймандостук менен тосуп алуу. *Кемпири да меймандос адам экен, кучак жая конокту каршы алып, бар тамагын берип сыйлады* (Баялинов). *Үйдөн чыкты балдары кучак жайып, көтөрүп эркелетти чалдары* (Аалы).

В.: Кучагына алуу. *Көрбөйсүңбү, кимиси болсун, баары да бизди бүл жерде бир туугандай кучагына алышты* (Баялинов).

КУЧУНАСЫ КАНУУ. Моокуму кануу, ыраазы болуу,

каниет алуу, кумардан чыгуу. *Ар кыл жагдайды таамай элестетер сөз таажылары табылганда гана кучунам канат* (Бейшеналиев). *Акын кастык дилин айкындап айтып алганына кучунасы кана күрсүндү* (Бейшеналиев).

КУЧУНАШЫ КАРМОО. Кыртышы сүйбөө, терс кыялын карматып кыжырлануу, ачуусу келүү. *Кокус кучунашым кармаса бир балээ башталып жүрбөсүн! - дейт Куудул* (Баялинов). *Төрөбөгөн аялдын күнү курусун, - кыязы эринин бул сөзүнө кучунашы кармай түштүбү, баятан унчукпай чай куюп отурган Тилектин аялы сөзгө аралаша кетти* (Айтматов).

КУШ БОО БЕК БОЛСУН! Жаңы аял алган кишини куттуктоо, жакшы тилек, жакшы каалоо айтуу маанисинде колдонулат. *Э, Нурмат байбача, куш боо бек болсун! - деген табыш чыкты* (Жантөшев). - *Куш боо бек болсун, куттуктайм! - деп Жанболот солдаттын колун бекем кармады* (Шимеев).

КУШ КАНАТЫ ТАЛЫГАН. Адам өтө алгыс, өтө татаал, бийик же абдан алыс деген мааниде. *Бир жагынан бир жагына өтө албай ат туягы түлөгөн, куш канаты талыган миң катмарлуу улуу тоо* (Касымбеков).

КУШ ТИЛИНДЕЙ. 1. Кичинекей, тырмактай, аз гана. *Куш тилиндей бир нерсе тийген го колуна.*

2. Кичинекей, аз гана, кыскача жазылган кат, кабар ж.б. *Тентектикти коёлу да, кыздын өзүнөн куш тилиндей кабар алалы, - деди Сулайман* (Сыдыкбеков). *Ал көз айнегин аарчып, арсаңдатып жазылган куш тилиндей кагазды калтыратып кармап турду* (Саатов).

КУШ УЙКУ. Бир аз тук этип алма, көз илинип ала коймо, кыска, сергек уйку. *Кален ушул күнү кичине куш уйку салып алды* (Укаев). *Нинанын сөзүнөн улам, куш уйкудан чочуп ойгонгон эмедей селт этти* (Саатов). *Чыканактап калды эле, куш уйкуну салды эле* («Манас»).

КУШ УЧУРБОО. Каркыттап, бөпөлөп багуу, өтө ардактап мамиле жасоо. *Ал бирөөнүн куш учурбай ар-дактаган жалгызы эле* («Чалкан»). *Жалгыз кызынын көзүн карап, куш учурбай, «сен эле*

аман болсоң - биздин байлыгыбыз, тирлигибиз ошо!»-деше турган ата-энеси (Өмүрбаев).

КУШУ ЖОК. Бир нерсеге кызыкпаган, көңүлү чаппаган, көңүлсүз. *Элдияр, Эрмек досум жок, Эч нерсе сүйөр кушум жок* («Эр Табылды»). *Хайтахундун сөзгө анчалык кушу жок* (Абдукаримов).

КУШТУН КӨЛӨКӨСҮНӨ ТОҢУУ. Абдан алсыз, начар, назик. *Башыма күн өтүп эмне, куштун көлөкөсүнө тоңгон начар белем?* (Акматов).

КУЮ БУЗУК. Ниети бузук, ою жаман, арам ойлуу. - *Булардын кую бузук, бөлүнөбүз дешет экен* (Ашымбаев).

КУЮП КОЙГОНДОЙ. 1. Абдан окшош, айрып алгыс, союп каптагандай. *Ал кудум өзүнө куюп койгондой он жашар кызы менен нан жеп олтурду* (Ашымбаев).

2. Өзүнө ченегендей, чапчак, туура. *Көгүш көйнөгү тараз боюна куюп койгондой* (Сыдыкбеков).

КУЮШКАНГА КЫПЧЫЛУУ. Өзүнө тиешеси жок нерселерге кийлигише берүү, аралашып кетүү. - *Отур былк этпей, өлүгүңдү көрөйүн көк мээ, куюшканга кыпчылбай шүк олтур* (Айтматов). *Куюшканга кыпчылбай тур, дейм!* (Тойбаев).

КУЮШКАНЫ БЕК. Ээлеген орду, мансабы ж.б. бекем, оңой менен козголбойт, алдырбайт, ишенгени, тиреги мыкты. *Кудайдын мунусуна да шүгүрчүлүк, кабатыр болбо, куюшканың бек* (Бейшеналиев). *Бу Кыдыралынын куюшканы бек, ага теңелбе, алың да жетпейт* («Ала-Тоо»).

КУЮШКАНЫ БОШ. Анча ишенчиликтүү эмес, бекемирээк, тыңгылыктуурак эмес, көпкө узай албайт деген мааниде, көбүнчө, бийликке, мансапка карата колдонулат. *Менин байкашыма караганда анын деле куюшканы бош өңдөнөт деди аялына* («Ленинчил жаш»).

КУЮШКАНЫ КОШ КАБАТ. Материалдык жактан мыкты, колу жетиштүү, болуп-толуптурган, колунда бар, бардар. *Булар кимдер? Булар байлар, куюшканы кош кабат манаптар* (Жантөшев).

В.: Куюшканы беш кабат. *Бул агайдын куюшканы беш кабат, сырты эле жалтырак эмес, ичи да жалтырак, - деди бир кыз* (Жантөшев).

КУЮШКАНЫ КӨТӨРҮЛҮҮ. 1. Жолго чыга турган болуу, бир жакка жол жүрүү, сапарга чыгууга шарты келүү. *Куюшканы көтөрүлүп, Нарынга барсам деп турат* («Ала-Тоо»).

2. Иши алга жылуу, иши илгерилөө, оңунда болуу. *Куюшканы көтөрүлсө, олжо өзүнөн өзү табыла берет экен* («Ала-Тоо»).

КУЮШКАНЫ КЫЙШАЮУ. Иши оңунан чыкпай кыйчалыштай берүү, иши начарлоо. *Куюшканың бир кыйшайып алгандан кийин, кантсең да оңолуу кыйын турбайбы?* (Абдукаримов).

В.: Куюшканы качуу. *Азыр биздин куюшкан качып турган кез деп, Какач оор күрсүнүп койду* (Жоошбаев).

Куюшканы бошоо. *Жалгыз уулунан айрылып, малы жутта кырылып, ачарчылыктын каабы өтүп, куюшканы бошогон чалдын эмнесине теңелесиң* («Ала-Тоо»).

КУЮШКАНЫ ТАЙКЫ. Колунда жок, жоксуз, бактысыз, алсыз. *Куюшканы тайкы бечара Казактын колунан эмне келсин* (Сыдыкбеков).

КҮЙБӨГӨН ЖЕРИ КҮЛ БОЛУУ. Абдан ызалануу, кыжыры кайноо, жаны кашайып капа болуу, теригүү. *Мурун мындай кордук көрбөгөндүктөн, Алымбектердин күйбөгөн жерлери күл болду* (Жантөшев). *Ой, аны эмне кыласың? - деп айкырып жиберди Калыйча күйбөгөн жери күл болуп* (Медетов). *Бирди-жарым аял-эркектердин кыйшаң-мыйшаң иштерин билсе, күйбөгөн жери кул болуп, туталанчу...* (Ка-закбаев).

В.: Күйбөгөн жери күйүү. *Иш үчүн кызыкпаган кыздын таң кала караганына күйбөгөн жерим күйдү* («Кыргызстан маданияты»).

Күйбөгөнү күл болуу. *Айрыкча ушул кабарды уккандан бери Казактын күйбөгөнү күл болду* (Сыдыкбеков).

КҮЙБӨГӨН ЖЕРИН КҮЛ КЫЛУУ. Катуу ызалантуу,

ачуусун, кыжырын келтирүү, жанын кашайтуу. *Тыяк-быягыңдан жашырып өтүп күйбөгөн жериңди күл кылып жиберишет* (Убукеев). *Ушинтип билсе да билбегенсип, боорсуп суроо бериши Ашымдын күйбөгөн жерин күл кылды* (Каимов). *Жолдоштарынын корсунта келекелеши Көлбайдын күйбөгөн жерин күл кылды* («Ала-Тоо»). *Кечээтен бери күйбөгөн жери күл болуп жатып, акыры тагдырдын башка салганына баш ийди* (Айтматов).

КҮЙДҮМ-БЫШТЫМ БОЛУУ. Турмушка бышуу, турмуштун ачуу-таттуусун башынан өткөрүп, бышык болуп, такшалып калуу. *Турмушту түшүнгөн, күйдүм-быштым болгон киши гана ал ишти аткара алат* («Ала-Тоо»).

КҮЙҮП-БЫША БЕРҮҮ. 1. Шашкалактоо, шашып-бунгуп, чебеленүү, кейип-кепчий берүү. *Иш бүтмөйүнчө уктабай, күйүп-быша бермей мүнөзү бар* («Ала-Тоо»).

2. Аябай теригүү, ичи күйүү, ыза болуу, ачуусу келүү. *Мансур аялы берген садага жети нанга айтпаган сөздөрдү айтып, күйүп-быша берди* (Абдукаримов).

В.: Күйүп-жана берүү. *Үшкүрүп шордууларды карап алып, бук болуп күйүп-жана берет* (Турусбеков).

КҮЙҮТҮ КҮЧӨӨ. Убайымы артуу, кайгы-капасы көбөйүү. *Жолборстун акыбалы көтөрүлгөнү Жоро шайтандын жылдызы жерге түшүп, куйкасы курушуп, күйүтү күчөгөн* (Жигитов).

КҮКҮК БОЛУП КИРҮҮ. *Көбөйүү, нукка батпай ашып-ташуу, ташкындоо* (кирген сууга карата). *Кышында кар оор түшүп, жазында сай-сайларга суу батпай күкүк болуп кирди* («Ала-Тоо»).

КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕПТЕЙ. Бири-бирине жете албай, көрүшө албай аябай сагынышкан, көрүшсөк деп эңсешкен абал. *Жокчулуктун айынан канча жыл көрүшө албай күкүк менен зейнептей болдук* (Бейшеналиев).

КҮКҮРТТӨЙ КҮЙГӨН. Курч, өткүр, тайманбаган, өтүмдүү. *Мазар ападан күкүрттөй күйгөн сендей уул чыкты* (Осмоналиев).

КҮЛ АЗЫК. Узакка сапарга чыкканда алып жүрүүгө

ылайыкталган, оңой менен бузулбай турган азык-түлүк, тамак-аш (көбүнчө семиз уйдун этин кургатып, аны майда туурап, талкан аралаштырат: таруунун же башка эгиндин талканына бал, сары май кошуп да жасайт). *Анатай сен дагы атаңа күл азыкты өз колуң менен даярдаш үчүн окууну таштай турасың. Бир жыл болобу, эки жылбы, аны көрөбүз* (Айтматов).

КҮЛ АЛА БОЛУУ. к. Боз ала болуу.

КҮЛГӨ ООНАГАН КҮЧҮКТӨЙ. Кара ала, тору ала болуп булганган, кейпи кеткен, кирдеген. *Тигил, бул кычыктан күлгө оонаган күчүктөй болуп, балдар тура келишти* (Сасыкбаев).

КҮЛГӨ ООНАТУУ. Шылдыңдоо, келекелөө, маскаралоо, мазактоо. *Жабыла барып, күлгө оонатуу керек! - деди Телтай деген атка минер* (Ш.Үмөталиев).

КҮЛГӨ ЧАПКАНДАЙ. Уятка калуу, боз ала болуп, шагы сынуу, шылдын болуу. *Эми жоргомдон биротоло көксөм сууду. Оңдотууну, бирөөгө көрсөтүүнү деги эле эңсебей калдым. Аялым да: «И-и! Күлгө чапкандай болдуңбу, - деп кырыма чыгат* («Кыргызстан маданияты»).

КҮЛДҮҮ КҮЧҮК. Майда-барат нерселер менен алышып, үйдөн чыга албаган, күйпүл ала болуп абдан жүдөгөн, ындыны өчкөн деген мааниде. *Кээ бир наадандар жаш кыздарга үлөнөр замат аларды эч жакка чыгарбастан, үйлөрүнө камап, күлдүү күчүк кылышат* («Ала-Тоо»).

КҮЛӨ БАГУУ. Өтө жайдары, мээримдүү мамиле жасоо. *Кашкар чөөгундөн колуна суу куюп турган Зууракanга байбиче күлө багып кызына айткандай айтты...* (Сыдыкбеков). *-Э-э... ырақмат... балам, - деп ыраазылыгын жашырып-жаба албастан күлө багып төргө өттү* (Касымбеков). Татыке аны угурлап күлө баккан чырайын көргөздү (Өмүрбаев).

КҮЛКҮСҮ ЧЫГУУ. Көңүлү куунак, өтө кубанычтуу абалда болуу. *Сайра жеңенин күлкүсү чыгып, күнү тууду* («Чалкан»).

КҮЛТҮГҮ ЖОК. Уяты жок, уятсыз, абийирсиз. *Күлтүгү жок*

жигит. Күлтүгү жок кишиге айла жок тура.

КҮЛҮ ДОДО БОЛБОО. Бир жерге байыр алып турбоо, турук албоо, ар кайсы жерде көчүп жүрө берүү. *Же ырайы келбеген, күлүи додо болбогон, ынтымаксыз, тойбогон токур элденби?* (Касымбеков). *Кечеги күлү додо болбогон өмүрдү сапырып келип: Белине кылыч байланып Абаңдын Барбаган жери калбаган, - дейт* (Көчкөнов). *Күлү додо болбой араздашып, өз бетинче кеткен ата-эне сөрөй ушу тирүүлөй жетимди ойлойт дейсиңби?* (Айтматов).

КҮЛҮ ЖОО. Тегинде каршы, ою түз эмес, пикирлери келишпеген. *...Курманжан-бүбү күлү жоо күндөштөрдүн көңүлүн жайгарып, чиренген бек эринин купулуна толуп, акыры ага акылчы, айлына башчы болууга татып кетти* (Касымбеков)

КҮЛҮК АТТЫ БУЧКАККА ЧАПКАНДАЙ. к. Жылаңач төөнү бучкакка чапкандай.

КҮЛҮ МЕНЕН ЧЫГУУ. к. Оту менен кирип, күлү менен чыгуу.

КҮЛҮН ДОДО КЫЛУУ. Бир жерге турук алып, байырлап орун-очок алып туруп калуу. *«Эгер кокус жолуктуруп калсаң, үйлөн, күлүңдү бир жерге додо кыл да, теңтуш эмессиңби, ийге көндүрүп кой», - деп атасы өтүндү* («Советтик Кыргызстан»).

КҮЛҮН КӨККӨ САПЫРУУ. Таш талканын чыгаруу, кыйратуу, эч нерсесин калтырбай жок кылуу. *Багыңды ачып малайлар, Ленин тапты акылды Эл жегичти жоготуп, Күлүн көккө сапырды* (Токтогул). *Тээ байыркы Хазар деңизинен тартып Кытай-Чекке чейин созулган төө түгүндөй түрктүн даңкка бөлөнгөн калааларынын күлүкөккө сапырылып, эрендеринин ат бутуна тепселип, көрбөгөнү көр болгонун саймедиреди* (Көчкөнов).

В.: Күлүн асманга сапыруу. Басмачылардын кайсы жерлерде экенин айттырып алышып, душмандын күлүн асманга сапырышты (Сасыкбаев). *Күлүңдү асманга сапырайынбы! Жогол экөөң тең!* (Осмоналиев).

Күлүн сапыруу. *Күүлөнүп кызыл баатырлар, Душмандын күлүн сапырды* (Осмонкул).

Кайраттуу күндө балдарым, Канкордун күлүн сапыргын (Тоголок Молдо). - *Уктуңбу!... Күлүн сапырып таштайм!* (Касымбеков).

КҮЛҮН ЧОГУУ ТӨГҮҮ. Ынтымакташып, биргелешип чогуу оокат кылуу, тиричилик өткөрүү, ынтымагы бузулбоо. *Алыбай уулу илгертен бери күлүн чогуу төккөн эл эмеспи* («Ала-Тоо»).

В.: Күлүн бир жерге төгүү. *Төлөк уругу күлүн бир жерге төгүп, ынтымактуу эл болушту* («Ала-Тоо»).

КҮЛ ЧАЧАР. Тентек, шок. Ал бир күл чачар. *Кайран ата, баласы бир күл чачар чыкты.*

В.: Күл бузар. *Мына, күл бузар деген ушул да.*

КҮЛ ЧЕЛҮҮ. Ачулаануу, жинденүү, кыжыры келүү, буркан-шаркан түшүү. *Тазабек күүлдөп-шаалдап өзүнчө күл челет* (Сыдыкбеков).

КҮМ-ЖАМ БОЛУУ. Ойрон болуу, кыйроо, таш-талканы чыгуу, жок болуу. *Ал жараңкадан түшүп кеткен мал түптүз барып гана арылдаган сууга тийип, күм-жам болот да калат* (Жантөшев). *Бат эле же нары, же бери күм-жам болсом деп жатпайымбы!* (Бейшеналиев). *Кылт этип буту тайыса күм-жам болуп, ар кайсы аскада бирден мүчөсү илинип калчудай жаман жай* (Байтемиров).

КҮМ-ЖАМ КЫЛУУ. Жок кылуу, жоготуу, өлтүрүү, көзүн тазалоо. *Кайран кишини Алимжан күм-жам кылып салды* (Каимов). *Көрүнгөнүнкетирбей, Күм-жам кылып атканмын* («Эр Табылды»). *О, бу зил оорусу айыкпас, адамды күм-жам кылчу жаман дарт дешчү* (Абдукаимов).

КҮМҮШТҮН КҮКҮМҮНДӨЙ ТЕРҮҮ. Өтө кылдаттык менен чогултуу, үйрөнүү, этият мамиле жасоо, аздектөө. *Те алыстан ат арытып, жер көрүп, эл таанып, асыл сөз, асем күү самап, күмүштүн күкүмүндөй бирден терип үйрөнүп жүргөнүн баян кылды* (Касымбеков).

КҮН АЛЫС. Бир күнү коюп бир күнү, ортодон бир күн өткөрүп. *Күн алыс иштөө. Күн алыс барып турат.*

КҮН БАТКАНДАЙ КЫЛУУ. к. Ай баткандай кылуу.

КҮН БҮТҮҮ. к. Күнү бүтүү.

КҮНДӨ МАЙРАМ, КҮНДӨ ТОЙ. Шаан-шөкөт, сайран куруучулук, оюн-зоок. *Ырас, Жолборс үчүн күндө майрам, күндө той жылына бир келип катары менен жыйырма күндөй созулар эле* (Жигитов). *Аларга күндө майрам, күндө той болуп турса, бакытка тете баалашат* (Ашымбаев).

КҮНДӨШТҮН КҮЛҮ ЖОО. Алар эч качан бири-бирине ак санабайт, алар өмүр бою бирине бири ич тардык кылат (көбүнчө байбиче менен токолдун мамилесине карата). «*Мен энемдей болгон байбичелердин үстүнө түшпөймүн! Күндөштүн күлү жоо. Менин өз сарайым, өз кемегем болуш керек», - деп атайлап менсинди* (Көчкөнов).

В.: Күнүнүн күлү жоо. *О койчу, күнүнүн күлү жоо деген ошол.*

Күнүлөштүн күлү жоо. *Күнүлөштүн күнү жоо экендигинин чындыгына ынандым.*

КҮНДҮН КӨЗҮ ЧАЧЫРАГАНДА. Күн жаңыдан чыкканда, күн тие баштаганда. Күндүн көзү чачыраганда аттандык. *Күндүн көзү чачыраганда бээлерди желеге имерип, кулундарды Чагыр өзү байлады* (Осмоналиев).

В.: Күндүн нуру чачыраганда. *Күрүчбек күндүн нуру чачыраганда жан берди* («Ала-Тоо»).

КҮНДҮН МУРДУ ЖЕРГЕ ТИЙГЕНДЕ. *Өрт чыккандын эртеси күндүн мурду жерге тийген маалда ...шаардык комитетинин секретары келди* (Ашымбаев).

В.: Күндүн мурду чалганда. *Мергенчилер күндүн мурду чалганда чокуга жетишти.*

Күндүн мурду чыкканда. Күндүн мурду чыкканда машина Ак-Белге чыга келди, тээ тоо башынан тамылжый түшкөн жээк көрүндү (Өмүрбаев).

КҮН ЖОК. Жашоо, жан сактоо болбойт деген мааниде. *Жигиттер, бул көпөссүз күнүбүз жок, өлгөн бала үчүн тирүү балдардын убалына калбайлы* (Нурпеисов). - *Биерде эми мага күн жок* (Абдыраманов).

КҮН КАКТЫ БОЛУУ. Жайында көп минилип, же ишке чегилип, ысыктын табы өтүп, оңоло албай, семире албай калуу (көбүнчө жылкыга карата айтылат). *Сенин күн акты болгон аттарың Күндүк жолго жарабас* (Осмонкул).

КҮН КАРАМА. Кошоматчы, эки жүздүү, күчтүүрөк болуп бараткан, алдуу-күчтүү жактын, тараптын сөзүн сүйлөгөн. *Кээ адам күн карама, эки жүздүү, Бул адам тууралыктан үмүт үздү* (Тоголок Молдо). *Күн карама оюлгур, Күлүп сүйлөп жалтактап* (Тоголок Молдо). *Уч жакка чойгон үч жааттын ортосунда аргасыз жылмаңдаган күн карамага айланып, өзүнүн амандыгын сактаган оңой, бирок...* (Касымбеков).

КҮН КЕЧИРҮҮ. Жашоо, өмүр өткөрүү, жан сактоо, балачакасын, үй-бүлөсүн асыроо. *Атам жарыктык, ошол жерди мекендеп, жайдыр-кыштыр эч кимге кошулбай күн кечирип, бизди асырап келген экен* (Медетов).

В.: Күн кечүү. *Жалганчы болуп жүргүчө, Жалгыз жүрүп күн кечем* (фольк.). *Бирок бөтөн журттун колундагы аялдардын турмушу кандай болуп, күн кечери Ажарга белгисиз* (Баялинов).

КҮН КӨРСӨТПӨӨ. Кордук көрсөтүү, тынчтык бербөө, өтө начар мамиле жасоо, өз жайына койбой, үстөмдүк кылып, тынчын ала берип жүдөтүү. *Бирок мунун кайын энеси башынан өч болучу. Күн көрсөтчү эмес* (Элебаев). *Ушинтип отурсаң мага күн көрсөтпөйсүң го, - деп, дагы оңураңдап шарт чыгып жөнөгөнүм эсимде* (Айтбаева). *Мурдатан орун алып калган неме күнүлүк кылып, кийинки барган мага күн көрсөтпөс* (Эшмамбетов).

КҮН КӨРСӨТӨР. Жан сактатар, багып-көрөр, жардам берер, көмөктөшөр, оокат-тирилик өткөртөр. - *Анда бир үйдүн эркеси да, күн көрсөтөр эр-азаматы да өзүң экенсиң* (Жантөшев).

КҮН КӨРҮҮ. Жашоо, өмүр сүрүү, оокат-тиричилик кылуу. *Сүйбөгөндөн кийин, анын үстүнө апсыйган картаң чал менен кантип күн көрүүгө болот?!* (Абдукаримов). *Орозкулдун колун карап, күн көрүп жүргөнүңдү билбейсиңби?* (Айтматов).

В.: Күн өткөрүү. *Тополоң ошонусу менен эл кыдырып, күн өткөрөт, бала-бакырасын багат* (Осмоналиев).

КҮНҮН КӨРҮҮ. Кандайдыр бир нерсенин (дүнүйөнүн, турмуштун балдарынын ж.б.) убай-урматын, жыргалын, пайдасын көрүү. *Көкөтөйдүн көп дүйнө, Калмактар күнүн көрөт бейм* («Манас»). *Күмүштү тапкан сен болдуң, Күнүн көрдү алты арам* («Манас»). *Багыңды коргоп жоо сайган Балдарыңдын күнүн көр* (Үмөталиев). *Бөкөн, Чаян өлгөндөн кийин Жакып Алтай тоосун таянып, өзүнчө күнүн көрүп турду* («Манас»).

КҮНҮ ӨТПӨӨ. Жашоо-тиричилиги, турмушу кыйындоо, иши жүрбөө. -*Бек тургула, биз болбосок булардын күнү өтпөйт, - дейт Дочекал өнөктөрүнө* (Ашымбаев).

КҮН САЛГЫЛЫК КЫЛБАСЫН. Көз каранды болбосун, бир ишти аткарууда бирөөнүн көзүн карабасын. *Дөдөйгө күн салгылык кылбасын* (Байтемиров). *Сага күн салгылык кылбасын. Ач адамга күн салбасын деп ыйлады* («Ала-Тоо»).

КҮН САЛУУ. Бирөөнүн көзүн кароо, бирөөгө көз каранды кылуу, анын жардамына муктаж кылуу. *Күлүккө күн салгыча, байталга бак берсин* (макал). *Кишиге салган күн курусун, көзүн караган сайын адамды күнкор кылып жиберет* (Жантөшев).

В.: Күнү калуу. *Баласына күнү калып отурган кемпир* («Чалкан»).

КҮН ТИЙГЕН ЖЕРДИН КҮКҮГҮ. Кимдин иши оң болуп турса, же кимде бийлик болсо, ошого кошомат кылган, анын сөзүн сүйлөгөн өң карама, кошоматчы. *Күн тийген жердин күкүгү болуп оокат кылып, жан багуу сага окшогон адамдын колунан келет деди* («Ала-Тоо»). *...Күн тийген жердин күкүгү, көкүрөгү өз чамасынан өөдө, бирөөнүн кайгысы - аларга күлкү, өзү эки буттуу түлкү* (Медетов). *Алар күн тийген жердин күкүгү, - деп Сүйүнбай эмки иигтин чордонун ошолорго бурду* (Өгөбаев).

В.: Күн тийген жердин чоросу. *Күн тийген жердин чоросу. Ким чоң болсо, ошону жандайт, ошонун сөзүн сүйлөйт* («Чалкан»). *Мындайдын келгенине кубанба, кеткенине кайгырба - мындайды*

ошон үчүн «Күн тийген жердин чоросу» дейт, ага теңирим көк жал бөрүнүн артынан ээрчиген жорунун, кузгундун, карганын күнүн берип койгон (Касымбеков).

Күн тийген тоонун күкүгү. *Күн тийген тоонун күкүгү болуп, кара жанынын камыш көрүп, акыры Жылматай да кетти дүйнөдөн* (Осмоналиев).

Күн тийген жердин бүлөсү. - *Куйругуңду кыпчып калгансың го? Күн тийген жердин бүлөсү* (Байтемиров).

КҮНҮ БҮГҮНКҮДӨЙ. Ошол эле бойдон, эч өзгөрбөгөн, мурдагы калыбында. *Уялары күнү бүгүнкүдөй* (Жантөшев). *Бала кезде береги жылдыздарды күнү бүгүнкудөй нечен жолу тиктедик* (Жусупов).

КҮНҮ БҮТҮҮ. 1. Өлө турган мезгили жетүү, өлүү. *Ажал жетип күн бүтсө, Аруу жуун көөмп кой* («Манас»). *Кичинекей кызы күнү бүткөн тоокту там башынан ыргытып ийиптир* (Жигитов). - *Чык эшикке, айбан! Күнүң бүттү сенин! - деп май көчүккө керилип туруп тепти эле, Орозкул төрт аяктап тоңкоңдоп барып, анан теңселе туруп эшикке чыкты* (Айтматов).

2. Бийлиги, мансабы колдон кетүү, мурдагыдай болбой калуу. *Анын күнү бүттү, мурдагы кел-кели жок деди* («Ала-Тоо»). - *Чык эшикке, айбан! Күнүң бүттү...* (Айтматов).

В.: Күнү бүтүп, суусу ичилүү. *Күнүң бүтүп, сууң ичилди го шордуум* (Жоошбаев).

Күнү бүтүп, суусу түгөнүү. *Анын күнү бүтүп, суусу түгөнгөн экен.*

Күнү түгөнүү. *Күнүң түгөнгөндө, айлаң кеткенде бул жайга келет экенсиң* (Сыдыкова).

КҮНҮ КАЛУУ. к. Күн салуу.

КҮНҮ КАРАН БОЛУУ. Кыйынчылыкка, оор абалга дуушар болуу, чоң кайгыга, бактысыздыкка, кырсыкка учуроо. *Эгер бул агабыз болбогондо күнүбүз каран болот эле* (Жантөшев). *Ылайым күнү каран болуп, темселеп калсын* (Абдукаимов). *Жерге кирсин, күнү каран Бир басынса ургаачы, Кайда Батам балдар менен, Көөнүм чаппайт көчүүгө* («Ала-Тоо»).

КҮНҮ ТУУ. Бардыгы оюндагысындай, дегениндей, өзү каалагандай болуу, арааны жүрүп туруу. *Эркектер дөбөдө кымыз ичишип, калжаң сөздүн күнү тууп... турган кезде, ачык туруп күн күркүрөдү* (Осмоналиев). - *Ай, Кудай менде! Күнүм тууса көрөрмүн. Унутпа ушунуңду, деди да, Элеман кете берди* (Нурпеисов). *Кошоматчылардын, байжармат жагынуучулардын күнү тууду* («Советгик Кыргызстан»). *Күнү тууп, сааты жеткен өңдүү күч алып, жүрөктөрү бийледи* (Айтматов).

КҮНҮ ТҮГӨНҮҮ. к. Күнү бүтүү.

КҮНҮ ТҮШҮҮ. Бирөөгө көз каранды болуу, бирөөнүн көзүн кароо. - *Ушу силерге кайсы элдин, кайсы жердин күнү түшүп калды экен, өңкөй каракчы?!* (Касымбеков). *Тышка чыгып бирөөгө күндөрү түшүп көрбөгөн немелер, кайсы үйдү көздөй басаарын билишпейт* (Осмоналиев). *Акбүбү... тышкы алгы-берги жумуштар боюнча кимдир бирөөгө күнү түшүп калса, анда бир-эки сөз менен гана пикир алышат* (Өгөбаев).

В.: Күнү калбоо. *Жеңижок бирөөнүн алдында шүмүрөйүп отура албаган зарделүү, бир эле Суванга күнү калбаган жалпы журтка кадырлуу адам болучу* (Касымбеков).

КҮН ЧУБАКТОО. Күнөстүү жерге, күн жакшы тийген жерге кактанып, күнгө жылынып отуруу. *Мен боорго барып күн чубактап отурайынчы* (Бейшеналиев). *Сагындар мандалак изден кетишкенде үйдөгүлөр эшикке чыгып, күн чубакташат* (Осмоналиев). *Чокой кургаганча күн чубактап көздү жүлжүйтүп отуруп калам* (Жусупов).

КҮҢК-МЫҢК ЭТҮҮ. Оюн ачык, так айталбай, бүдөмүктөтүп бир нерсени ичинен күңгүрөгөн болуу. *Угузбаса да ич ара күңк-мыңк эткендер бар эле* (Ашымбаев). *Дагы эмне деп жасакерленип, кууланаар экен деген пикирде Аскар мунусун кооптуу кабылдады да, күңк-мыңк этти* (Жантөшев). *Адамбек эсепти билем же билбейм деп ачык айта албай, күңк-мыңк этип, кысылгансып калды* (Баялинов).

В.: Күңк этүү. - *Мындайда унчукпаган озот, - деп күңк этти*

(Нурпеисов). *Ормокеев ачуусун ичине батыра албай күңк этти* («Ала-Тоо»). *Жаш келин эмнегедир кызара түшүп, жер карап күңк этти* (Сыдыкбеков).

КҮҮГҮМ ТАЛАШ. Анча караңгы боло элек, иңир кирип келаткан кез. *Чуу күүгүм талаштагы токой арасынын тынчтыгын бузду* (Жантөшев).

В.: Күүгүм бараң. *Нурбай таң сүрө жөнөйт да, кайра күүгүм бараңда араң келет* (Баялинов).

КҮЧ КЕЛТИРҮҮ. Кандайдыр бир нерсеге же бирөөгө көбүрөөк басым жасоо, ага оордук, кыйынчылык келтирүү, көбүрөөк таянуу. *Бугимов папироско күч келтирип, дале ары-бери басып турат* (Сасыкбаев). *Көзүнө күч келтирип ыйлай берди* («Ала-Тоо»).

КҮЧ КҮЙӨӨ. Кыздын ата-энеси менен бирге жашаган күйөө, өзүнчө үй-жайы жок күйөө бала. *Күч күйөө болуп кирем деп, Кызын бекер алам деп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Күч күйөө жатканын калыңга тогойт* (макал). *Чоңдун катын-баласынан өйдө илээлүү келчи эле, сени менден ажыратып, күч күйөөгө айлантпасын* (Бейшеналиев). *Бир аялдын үйүндө жүрөт. Ошого күч күйөө болуп кирип алат имиш* (Айтматов).

КҮЧ КЫЛУУ. Иштеген иши, көрсөткөн жардамы, көмөгү ж.б. кызматы өзүм үчүн эмес, сен үчүн деген мааниде милдет кылуу, доомат коюу. *Өз жумушуңду өзүң иште, мага күч кылба деп кагып койду* («Ала-Тоо»).

КҮЧТӨН ТАЮУ. к. Күүдөн таюу.

КҮЧҮ ТАПТУУ. Кубаты, даремети ашуу, күчтөнүү, күчтүү болуу. *Бул немелердин күчү ташып... турган кези жазында эмеспи* (Нурпеисов).

КҮЧҮН АЛУУ. Убактылуу пайдаланууга берүү, иштетүүгө берүү же алуу. *Бир аттын күчүн алып берейин.*

В.: Күчүн берүү. *Азимкан балам, тагыңдын үч күндүк күчүн бербедиң* («Кедейкан»).

КҮЧҮНӨ САЛУУ. Бир нерсеге таянып иш бүтүрүү. *Акчанын күчүнө салуу. Бийликтин күчүнө салуу.*

КҮЧҮН ҮРӨӨ. Бардык күчү, бүт мүмкүнчүлүгү менен аракеттенүү. *Бүт күчүмдү үрөймүн. Ат күчүн үрөп, алда кайдан келдим.*

КЫБАСЫ КАНБОО. Аткарылган ишке же башка бир нерсеге алымсынбоо, каалагандай аткарылбоо, тилегени ордунан чыкпоо. *Кыбасы канбайт баатырдын кыйратпай жоону күч менен* (Аалы).

КЫБАСЫ КАНУУ. Тилегени ордунан чыгып, абдан ыраазы болгон, алымсынган сезимде болуу, моокуму канып, жарпы жазылуу. *Кут этпей «күнөөсүн» мойнуна ала берсе, кыбасы канып, бийлиги мудаасына жеткендей өзү ыраазы болуп, кадыресе жумшарып калат* (Касымбеков). *А түгүл жөжүрөгөн майдаларды жайына койбой ыйлатып, ошого кыбасы кана каткырып жүрүштү* (Өмүрбаев). *«И, өтүп баратасыңбы, бегим, бул байманалуу, бактылуу дуйнөңдөн?!» деген кыбасы канып турган кыязы сезилгенсийт* (Касымбеков).

КЫДЫР ДААРЫГАН. Бактылуу, иши оңунан чыккан, иши илгерилеп турган. *Бийликте кыдыр даарыган, периштелер көз салган адамдар турарын даңктады* (Осмоналиев).

В.: Кыдыр жылоологон. *Көрсө сенин өнөрүң кыдыр жылоологон өнөр турбайбы* (Осмоналиев). *-Өзүң чөп-чардын тилин, таштын сырын молдолордон окуп үйрөндүңбү, же кыдыр жылоологонбу* (Осмоналиев).

КЫДЫР КОЛДОГОН. *Сен өзүң бекер адам эмес көрүнөсүң, кыдыр колдогон жан окшойсуң* («Кыргызстан маданияты»).

КЫЖЫРЫ КАЙНОО. Жини келүү, ачууланууу. *...Мунарбектин Айбекке кыжыры кайнап кетти окшойт, кичинекей муштуму менен аны дал ортого коюп жиберди* (Акматов). *Биз ошондо Улукбек акеге боорубуз ачып, Жоро шайтандын ырайымсыз тамашасына кыжырыбыз кайнады* (Жигитов).

КЫЖЫРЫНА ТИЙҮҮ. Жинине тийүү, жинин, ачуусун келтирүү. *Анын буйрук кыла айткан сөзү карыя кишинин кыжырына тийди* (Убукеев).

КЫЗАРА БӨРТҮҮ. Ырakатын көрүү, иштин берекетин табуу. *Кызара бөртөт деген бар, Саргара багып сактасаң* (Осмонкул).

КЫЗДЫН БАЛАСЫНДАЙ. Эң назик, көркөмдүү, татынакай. *Кыздын баласындай момураган айланайыным! Кыздын баласындай, колдун салаасында* (макал).

КЫЗУУ КАНДУУ. Өзүн-өзү токтото албаган, ачуусу чукул, токтомдуу эмес, мүнөзү чапчаң, чогоол. *Кызуу кандуу кишиге кол тийгизсе же бир жаман сөз айтса, иштин бүткөнү* (Жантөшев). *Кызуу кандуу, каардуу киши Эдигей, ошо мүнөзү үчүн Боронду деп аталып калган* (Айтматов).

В.: Каны кызуу. *Каны кызуу жаш жигит чапса чаап койгондур* (Байтемиров). *Ыкчам мүнөзүнө кандайдыр бир өжөрлүк, каны кызуулук келип кошулду* (Айтматов).

КЫЗЫЛ-АЛА КЫЛУУ. Оозу-мурдун канжалатуу, кан чыгара катуу таяктоо, уруп-согуу. *Шымаланган, олбурлуу жигиттер бат эле кызыл ала кылып жибериишти* (Сыдыкбеков).

КЫЗЫЛ БУТ. Аялы жок, бойдок. *Кызыл бут жигиттер көп.*

КЫЗЫЛДАЙ САБОО. Аябай, катуу токмоктоо, кызыл-ала кылуу. *Ушундай дагы эр болобу, жыйырма-отуздай киши кызылдай сабап жатса, башы-көзүн жашырып да койгон жок* (Токтогул).

В.: Кызылдай союу. *...Жиндердин ачуусу аябай келди, ошентип, мени кызылдай соё башташты* («Жомоктор»).

КЫЗЫЛ ЖАБАР БОЛУУ. Бир аз, анча-мынча кийим-кечелүү болуп, үстү бүтөлүп калуу, оңоло түшүү. *Байкем менен жеңемин турмушун көрүп зээним кейийт. Кызыл жабар болушсунчу деп кездеме алып бардым эки-үч курдай* (Жапаров).

КЫЗЫЛ ЖАЯН БОЛУУ. Аябай кан агуу, канга боёлуу. *Мурду кызыл жаян болуп кетти* (Турусбеков).

КЫЗЫЛ КАМЧЫ. Ырайымсыз, аялга катаал. *-О, кызыл камчы зулум, мен саа аяш белем?! Мындай каардуу кызыл*

камчыны ким көргөн (Сыдыкбеков). *- О кудай урган келесоо, деле камчысынын кызылын кантесиң* (Акматов).

КЫЗЫЛ КАМЧЫГА АЛУУ. Аябай сабоо, уруу, таяктоо. *Шадыбек анын колу-бутун таңдырып көйнөкчөн көмөрөсүнөн жаткырып коюп, өзү чарчаганча кызыл камчыга алды* (Каимов). *Кыз да болсо аябай, Жигиттер, кызыл камчыга алгыла* («Олжобай менен Кишимжан»).

КЫЗЫЛ КАНДЫ КЕЧҮҮ. Катуу чабышуу, согушуу, кан төгүү. *Асан менен Үсөндөй, Кызыл канды кечемин* (Барпы).

КЫЗЫЛ КАР ЖААГАНДА. Эч качан болбой турган же качан болору белгисиз нерсеге карата айтылат. *Кызыл кар жааганда тилегибиз орундалат тура, - деп мыскылдап күлдү* («Чалкан»).

КЫЗЫЛ КЕКИРТЕК. 1. Куру кыйкырыкты жакшы көргөн, жөнү жок жерден, орунсуз эле бир нерселерди талаша кызууланып сүйлөй берме. *Кээ бир кызыл кекиртек адамдар оозуңду ача электе эле айтышууга даяр болуп турат* («Ала-Тоо»). *Көрчү тигил кызыл кекиртек старчын да байдын таламын талашып, жаналы калбай жагынып жатат* (Абдукаримов).

2. Алдым-жуттум, жегич-ичкич, жеп-ичкенди жакшы көргөн. *«Менин чыгармамды жылдырсаң, сеникин учурабыз», - деп ачык соодалашкан кээ бир кызыл кекиртектер чыкты* («Кыргызстан маданияты»).

3. Ичип-жей турган тамак-аш деген мааниде. *Азыр эл кызыл кекиртектин гана айласын ойлоп калган* (Абдукаримов). *Кызыл кекиртектин айынан мында келдим* (Абдукаримов). *Кызыл-кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет* (макал).

КЫЗЫЛ КЕРЕГЕ КЫЛУУ. 1. Боз үйдүн үзүк, туурдугун сыйыруу, жалгыз кереге-уугу калуу. *Тезинен боз үйдү кызыл кереге кылып сыйрып жибериштиш* (Касымбеков). *Ал эми ортодогу алты канат ак үйдү эл кызыл кереге кылып, токсон тогуз курчап турушту* (Көчкөнов).

2. Кыргын салуу, үй мүлкүн талоо, талкалоо, эч нерсесин калтырбай олжолоп кетүү. *Акарат*

кылган сасыткылардын өздөрүн жүндөй сабап, айылын кызыл кереге кылып, талап келгиле (Аалы).

В.: Кызыл уук кылуу. - *Кана, батаңарды бергиле, мен азыр жигиттеримди баштап, букараны кызыл уук кыламын* (Үмөталиев). *Жер дүңгүрөткөн күчкө биригип, душманын кызыл уук кылып, катуудан казан калтырбады* (Көчкөнов). *«Биз кол көтөрбөсөк да, казан-аякты талкалап, үйдү астын-үстүн кылып, кызыл уук кылып кетишти!» деп, улукка чуркурап ыйлап арыздангыла!* (Үмөталиев).

КЫЗЫЛ КОЙДОЙ СОЮУ.
к. Көк ала койдой союу.

КЫЗЫЛ КУЛАК. Бир нерселерди өз пайдасы үчүн ашык баада сатуучу алып сатар, чайкоочу. *Борбордогу кымызга көптөн бери арам акча, оңой олжо тапкан кызыл кулактар ээ болуп келатышат* («Советтик Кыргызстан»). *Ушул унутчаак жеңебиз кызыл кулактын кызы болуп жүрбөсүн* (Тойбаев). *Кызыл кулак, сүткорго, Пайда чыгар мал жакшы* (Жантөшев).

КЫЗЫЛ КУЛАК. Ашыкча пайда табуу үчүн болгон соодагерчилик, алып сатуучулук. *Кызыл кулактыкты Кемин өрөөнү боюнча мындан мыкты билгени жок* («Чалкан»). *Кызыл кулактык кылбаңыз, жеңе* (Тойбаев).

КЫЗЫЛ КЫРГЫН. Кандуу кагылыш, кан төгүлгөн катуу согуш, уруш. *Төрт жыл бою кызыл кыргында жүрүп, алты санынын кыпындай жерин окко чырпытпай, уруш бүткөндө «Даңк» орденинин үчөөн катар тагынып келет* (Жигитов). *Турдубай мерген Калчаны жетелеп, Мусакожону артка калкалап, кызыл кыргынды окчун саксактоодо* (Бейшеналиев).

В.: Кызыл кыргын, кара сүргүн. *Ушул кызыл кыргын, кара сүргүндөн аман калган бул кишинин колдоочусу бар экен* (Акматов). *Дүйнөлүк алаамат болуп, өмүр менен өлүм айгышып жаткан кызыл кыргын, кара сүргүндү аралап өтсөң, бирок өлбөй тирүү чыксаң, анан а киши кантип адалдык менен арамдыкты билбей чыксын* (Айтматов).

КЫЗЫЛ КЫРГЫН, САРЫ СҮРГҮН БОЛУУ. 1. Абдан катуу урушуу, аябай салгылашуу. *Кызыл*

кыргын, сары сүргүн болуп, эки уруу үч күн беттешти («Ала-Тоо»).

2. Абдан катуу уу-дуу болуу, аябай талашып-тартышуу. *Сенин айыңдан атаң экөөбүз кызыл кыргын, сары сүргүн болуп калдык деди апам* («Ала-Тоо»).

КЫЗЫЛ КЫРМАН. Бышыкчылык болуп кырманга эгин толуп турган кез, кырман бастырып, эгин жыйнап алуунун кызуу учуру. *Кызыл кырман маалы келди жаңырып, Эркек-аял эмгек нурун жамынып* (Калык).

КЫЗЫЛ МАЙ БОЛУУ. **1.** Семиз малдын (көбүнчө жылкынын) кыйналуу, табынан жануу, дартка чалдыгуу, арыктоосуна карата айтылат. *Үйүрдөгү айгыры кызыл май болгон* (Осмоналиев).

2. Кыйналгандан каруусу кетүү, алсыроо, чарчоо, зоругуу. *Чаржайыт чарпып күч качып, Кызыл май болдук, тер басып* (Элебаев). *Жөндөн-жөн эле далбастап, кара жаныңарды карч уруп, кыйналып, тоо коюнун бүтүндөй тинтип, кызыл май боло бербегиле* (Мавлянов).

КЫЗЫЛ МАЙ КЫЛУУ. Катуу кыйналтуу, зоруктуруу. *Кыпчактын Ак-Шыйрагын семизинде тер алдырып алып, кызыл май кылып алыптыр* (Көчкөнов). *Өзүңөрдү убара кылып, атыңарды кызыл май кылып... деп жасоолдорду аяган киши болду* (Осмоналиев).

КЫЗЫЛ ӨҢҮ САЗ БОЛУУ. Өңүнөн азуу, сары санаа болуу. *Узун бою бас болуп, Кызыл өңү саз болуп* («Манас»). *Коркконунан далай эл Кызыл өңү саз болгон* («Жазгыч акындар»).

КЫЗЫЛ ТЕБЕТЕЙ. *тар.* **1.** Хандын белгиси катары өзгөчө тигилген баш кийим. *Кыргызда ар элдин бир кызыл тебетейи бар деген сөз кылетсиздей* (Бейшеналиев).

2. Хан, бек. *Булар кызыл тебетей болгон Казатты өлтүрүшкөн* (Осмоналиев). *Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка, ыман, чоронун мүлдө кызыл тебетейлерине жакты* (Бейшеналиев).

КЫЗЫЛ ТИЛ. Чукугандай сөз тапкан, чечендиктин,

мыкты ырдай билүүнүн, сүйлөй билүүнүн белгиси, символу катары колдонулат. *Өнөр алды - кызыл тил* (макал). *Өзүнүн кызыл тилин кыябы менен безеп, сөз талашканда алдына жан салбайт* (Нурпеисов). *Жетимиштен ашканча, Кызыл тилиң безеди* (Тоголок Молдо).

КЫЗЫЛ ТИЛИ БУУДАЙ КУУРУУ. к. Тили буудай куруу.

КЫЗЫЛ УУК КЫЛУУ. к. Кызыл кереге кылуу.

КЫЗЫЛ ЧЕКЕ БОЛУУ. Талашып-тартышып, кызаңдашкан абалга жетүү, катуу урушуп калуу. *Алар менен чеке болушпай, жөндүү мамиледе болуңуз* (Егиналиев). *Коомдук жерде кызыл чеке болуп, итче тытышып жатышса тим коймок беле, тиешелүү жерге алып барышты* («Чалкан»). *Бул шылдың Аскардын сай сөөгүн сыздатып, чатак кызыл чеке болуп мушташууга чейин ырбады* (Исмаилов).

КЫЗЫЛ ЧИЕДЕЙ. Кичинекей, өтө жаш, чөбүрөгөн майда, боорун жерден көтөрө элек балдар. *Ал азыр мына бул кызыл чиедей жаш балалуу, суру качкан аялды көргөндө зээни кейип кетти* (Жантөшев). *Эптеп алып кел, Садыке, кызыл чиедей жаш балдар турат* (Бердикеев). *Кызыл чиедей жетим калган биздин тагдырыбыз менен эсептешкилери келбейт экен да!* («Кыргыз Туусу»).

В.: Кызыл чие. *Биринен бири кичине кызыл чие беш бала көздөрүн бажырайта, улам бири мурдун шуу тартып, ата айткан жомокту кулакка куюп отурушчу* (Сыдыкбеков). *Казак уук матап, кереге көктөп, адал эмгек менен кызыл чие балдарын ырыскысыз калтырчу эмес* (Сыдыкбеков).

КЫЗЫЛ ЧОК. I. 1. *тар.* Кытай кызматкери, атка минери. *Кызыл чок, ак эшикчи, үйөздөрүм, Эл урган жаман эле мүнөздөрүң* (Тоголок Молдо).

2. *тар.* Жергиликтүү башкаруу уюмдарынын чабарманы. *Биз барганда кызыл чоктор бирөөнү ортого алып, өлөрчө тепкилеп жаңы тургузду* (Элебаев). *Келди да Мамбетти «аттан түшкүн» деди, «Кызыл чок деген мен бир күчмүн» деди* (Турусбеков). *Шертай мындай кызыл чоктон канча адамды сактап калбады* (Бердикеев).

КЫЗЫЛ ЧОК. II. Азап, шор, кыйынчылык. *Кызыл чиедей беш бала менен кызыл чоктун ичинде калдым* («Кыргызстан маданияты»). *Душманыңа калганда, Жалындуу кызыл чок элең* (Барпы). *Кызыл чоктун ичинде, Болбогонго бир күйөм* (Барпы).

КЫЗЫЛ ШАПАЛАККА АЛУУ. к. Кызыл камчыга алуу. *Разъезддан алыс бир дөңсөөнү айлана берип токтоду да, анан Каранарды кызыл шапалакка алды* (Айтматов).

КЫЗЫЛЫ КЫЗЫЛ, АГЫ АК. Татынакай, жакшынакай, бардыгы келишкен (аялга карата айтылат). *Шамбеттин тирүү кезинде Калыйпа кызылы кызыл, агы ак, балкыйган ак-саргыл аял эмес беле* (Бердикеев). *«Кайни?! Мендей бозала абышканы кантип кайним дейт букызылы кызыл, агы ак буралган жаш келин?!» деди бир ою...* (Касымбеков).

КЫЗЫЛ ЭТ. Жаңы төрөлгөн баланы, айбандардын балдарынын жаңы туулган кездегисин, канаттуулардын балапандарынын жүнү чыга электигисин билдирүүдө колдонулат. *Кантип ошо кудайдын жиберген алааматы кызынын мобу кызыл эт болуп турган күнөөсүз периштедей наристе балдарына келип тийсин* (Абдукаимов). *Кызыл эт кезинде эле комуз менен ушунчалык ынак болгон баланы башка кесипке бурууга болобу?* (Каимов).

КЫЗЫЛ ЭЭК. Абдан карыган, карылыгы жеткен, оозунда тиши жок (кемпир-чалга карата). *Токтогулдун айрым обон, күүлөрүн кызыл ээк болсо да, таңдана кагазга түшүрүптүр* (Бейшеналиев).

КЫЙГЫЛЫГЫ ЧЫЧКЫЛЫК БОЛУУ. Айласы кетүү, амалы түгөнгөн, шаштысы кеткен абалда болуу. *Ошондо тим эле кыйгылыгыбыз чычкылык болду* («Кыргызстан маданияты»).

КЫЙКЫМ ТАБУУ. Болбогон жерден кемчилик таап, аны шылтоолоп күнөө коюу. *Кемпирдин мамилесинен, тамак беришинен кыйкым табат* (Осмоналиев). *Кара Санька кудай ургандай тажаал неме, кыйкым таап акыны кемите берет* (Абдукаримов).

КЫЙСЫПЫР ТҮШҮҮ. Эмне кылаарын билбей алдастап,

шашып калуу. *Эчтемени биле элек эмчек ээмп үлгүрө албай жаткан бала менен Толгонайды көрүп, кыйсыпыр түшүп калышты* (Абукаимов).

КЫЙТ ЭТҮҮ. Тырчып калуу, кичине таарына түшүү. *Кыйт этип калган го, сөз сүйлөбөй койду* («Ала-Тоо»).

В.: Кыйт дей түшүү. *Кичине кыз, калыбы, кыйт дей түштүң го,* ээ (Маликов). *Карыганда киши жаш баладай болуп заматта эле кыйт дей түшөт экен* («Ала-Тоо»).

КЫЙТЫҢ-МЫЙТЫҢЫ ЖОК. Өйдө-ылдый, андай-мындай эч нерсеси жок, түз, туура жүргөн. *Кыйтың-мыйтыңы жок, улууну урматтайт, айтканды аткарат, түшүнөт* (Тойбаев).

КЫЙЫГЫНА КАЛУУ. Каарына калуу, ачуусун келтирүү, жемесине калуу. *Таза, балээлүү ишке кабылгамын го! Мунун кыйыгына калбагай элем!* (Осмоналиев). *Кокусу Куйручук аны элге айтса мен журтка шылдың болом, андан көрө мунун кыйыгына калбай, айтканын орундайын, - деди байдын уулу* (Бектенов).

В.: Кыйыгына тийүү. Тигинин кыйыгына тийип албайын деген ой менен аяр сүйлөдү («Ала-Тоо»). *Мамыт акенин кыйыгына тийбейин дедиби оозун жыйды* (Жусупов). *Милицияга чалып, ушу аялды экинчи кыйыгыма тийгис тартипке чакыртсамбы?* (Бейшеналиев).

КЫЛАРГА ИШИ ЖОК, САЛАРГА КУШУ ЖОК. Ишсиз, бекер, иштебей жүргөн. *Жүрөк өйүп, тынчтык бербеген бул ойлорду кыларга ишим жок, саларга кушум жоктугунан айткан эмесмин* («Кыргызстан маданияты»).

КЫЛБАГАН САНАТТЫ КЫЛУУ. Аябай кордоо, запкы көрсөтүү, маскаралоо. *Каныбек Айдарбек даткага кылбаган санатты кылып, Ак жал деген күлүк атын минип качат* (Жантөшев).

В.: Кылбаганды кылуу. *Аялы байкушка жаш кезинде кылбаганды кылды* («Ала-Тоо»).

КЫЛ БУУГАНДАЙ КЫЛУУ. Дароо, тез токтотуу, болтурбай коюу. *А чын-чынында халтуранын алдын кыл буугандай кылууга*

болбойт, болушу мүмкүн да эмес («Кыргызстан маданияты»).

В.: Кыл буугандай тороо. *Буга чейин эле эчен аттуу-баштуу таланттар, эчен ирет халтуранын алдын кыл буугандай торомок болушкан экен, бирок халтура келатат го, а түгүл гүлдөп атат го* («Кыргызстан маданияты»).

КЫЛГЫЛЫКТЫ КЫЛЫП, КЫЛ ЖИП МЕНЕН БУУП КОЮУ. Астыртан, тымызын бирөөгө жамандык кылуу, кыянаттык кылып коюп билмексен болуп жүрө берүү. *Ыя, кылгылыкты кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп, эми ырсайып, мыскылдап, тиктеп турасыңбы?!* (Касымбеков). - *Ачуусун кара, жаман жоошту чакыраңдап! Кылгылыкты кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп...* (Акматов).

В.: Кылаарын кылып, кыл жип менен буу. *Мына кылаарын кылып, кыл жип менен бууп, билмексендикке салып, четке суурулуп чыга беришти* («Советтик Кыргызстан»). *Кылаарын кылып, кыл жип менен бууп таштап, сарсанаа басып отурат* (Егиналиев).

Кылгылыкты кылуу. *«Э! Ушу оңбогон боз маңка кылган экен кылгылыкты!...» деди ичинен Ныязалы* (Касымбеков).

КЫЛДАЙ КАРА САНАБОО. Бирөөгө эч качан жамандык ойлобоо, жаманчылык кылбоо. - *Ата-энемдин арбагын сыйлаган ак бай-бичеге кылдай кара санаба, катын! - дейт ал коркуп, үңкүйүп Зууракаңга* (Сыдыкбеков).

В.: Кылына кара санабоо. *Бирөөнүн кылына кара санабаган ал кишини мен билемин, - деди* («Ала-Тоо»).

Кылча кара санабоо. *Бирөөгө кылча кара санабаган бечара, - деп ичинен аны аяды* (Ашымбаев).

КЫЛДАЙ КЫЙКЫМ ЖОК. Эч күнөөсүз, айыпсыз, таза, аруу. *Ашырбай өзүндө кылдай кыйкым жок экенин, күнөөнүн баарысы тең Керим менен Кундузда экенин кайра-кайра айтып келет* (Акматов).

КЫЛДАН КЫЙКЫМ ТАБУУ. Болбогон жерден күнөө коюу, жок жерден кемчилик табуу, эч негизсиз эле кине коюу, чыр чыгаруу, же айыптоо.

Кийинчерээк кылдан кыйкым таап, «уйкучу» деп шылтоолоп, кышында жылаңайлак төркүнүнө жөнөтөт (Көчкөнов). *Үйүнөн келини кеткенден бери Орозбай жылкычысына оң карабай, кылдан кыйкым таап кордогондун үстүндө* (Өгөбаев). *Кылдан кыйкым таап урушуп турсаң, үйдө кайсы береке болсун* (Бердикеев).

В.: Кылдан кынтык табуу. *Кийин кайненесинин катаалдыгы күчөгөндөн күчөп, «кылдан кынтык таап» дегендей, каран күн башына түшкөн учурда ага жан тартчу болду* (Медетов).

Кылдай жерден кыйкым табуу. *Кылдай жерден кыйкым таап, обу жок корсулдаганына караганда эптеп эле Сылыйды кетирүү максатын көздөгөнсүйт* (Исмаилов).

Кылдан кыйкым чыгаруу. -*Кылдан кыйкым чыгарып коңшуурууну барымталап талаганды оңой көрүшөт* (Касымбеков).

Кылдан кыйкым, жумурткадан кыр издөө. *Эң жакшысы кылдан кыйкым, жумурткадан кыр издеген душмандарыңыздын ушак-айың кебинен калас болосуз - бул ушул тапта ашкере зарыл* (Касымбеков).

КЫЛДАН КЫЙКЫМ ТАППОО. Эптеп айыптоонун, күнөө коюунун шылтоосун издөө. *Кечээ бирөө үйүндөгү жигиттерге эски эт түгөнө элек деп, жаш мал соё албаган экен, кылдан кыйкым таппай арың турган жигиттер аны камчыга алып аябай сабашты* (Үмөталиев). *Кылдан кыйкым таппай ыйлаак болуп кетти* (Өмүрбаев). *Жанагы кылдан кыйкым таппаган немеси далайды иренжитпесе экен* (Ашымбаев).

КЫЛДАН КЫЯ БАСТЫРБОО. Жөнү жок жерден күнөө коюу, кылт эттирбей күнөөлөй берүү, эч мүмкүнчүлүк бербөө, кыңк дегизбөө. *Кылдан кыя бастырбай күнүгө уруша берип жадатып жиберди* («Ала-Тоо»). *Бийиңердин өлгөн баласын биз өлтүргөнсүп кылдан кыя бастырбайсыңар* («Ала-Тоо»).

КЫЛДЫН КЫРЫНДА. Өтө кыйын, кысталыш абалда, кейиштүү, кыйын учурда. *Күрүчбекке жер тартып, кылдын кырында турат* (Осмоналиев).

В,: Кылдын учунда. *Эл тагдыры кылдын учунда турганда жанбактылардын кесири тийеби деп чочулаган бий* (Каимов). *Сабынан мына-мына үзүлүп түшчү немедей илдиреген уулунун өмүрү кыл учунда экенин сезген* (Кушбаков).

КЫЛ ҮСТҮНДӨ. *Бул кезде Талгаттын өмүрү кыл үстүндө эле* («Кыргызстан маданияты»). *Бу да ошол кишилердин бири, көңүлү гана эмес, өмүрү кыл үстүндө турган кези* (Касымбеков).

КЫЛ ЖУГУЗБОО. 1. Абдан таза кармоо, таза урунуу, таза асыроо. *Атына жараша өзүда, такай боюна жарашыктуу кийинип, үстүнө кыл жугузбай, сакал, мурут, чач-пачты ар дайым тегиздетип, галстукту мойнунан түшүрбөй чыкыйып жүрөт* («Ала-Тоо»).

2. Начар жактарын жашырып, аябай мактай берүү, ашыра мактоо, өтө еле көтөрө чалуу. - *Сиз, жолдош башкарма баарына эле кыл жугузбай актап атасыз, а өрт кандайча чыгат? Билишиңиз керек* (Осмоналиев).

В.: Кыл жукпоо. *Тасторконуна кыл жукпайт, идиштери жеткилең* (Сыдыкбеков).

КЫЛ ЖЫЛДЫРБОО. Бирөөгө эч нерсе бербөө, колунан эч нерсе чыгарбоо, өтө зыкымдык, сараңдык кылуу. *Дүнүйөсү ашып-ташып жатса да бир туугандарына кыл жылдырбайт* («Ала-Тоо»). *Касымбек менен калпа жыйналган чыгымдын эсебин кыл жылдырбай такташып, камчыга ченеп бөлүү далсылатышда* (Бейшеналиев).

В.: Кыл чыгарбоо. Кыл чыгарбас Элеман мал менен жандын баарынан кечип таштады («Эр Төштүк»).

КЫЛ КӨПҮРӨ. Кыйын абалда, оор ыңгайда, татаал кырдаалда. *Кадырбек менен Мырзабектин ортосундагы кыл көпүрөдө турганымда, Сабийра, сен жөлөп-таяп алып кеттиң* (Абдукаимов).

КЫЛ КУРТ. Ичке кирип алып, астыртан, тымызын, билинбей иш бүтүрө берген душман. *Арабызга жүргөн кыл курттун бири Асанбай дегенде эл таң калды* («Ала-Тоо»).

КЫЛ КЫРКПОО. 1. Эч нерсе жей албай, тамак иче албай

калуу же чөп жей албай, оттой албай калуу. *Кыл кыркпай үч күнү төшөктө жатты. Кыл кыркпайт, ыланданып калса керек.*

2. Абдан мокоо, эч нерсеге өтпөө, кеспөө (балта, чот, бычак ж.б. кесүүчү буюмдарга карата). *Бычактары кыл кыркпайт.*

КЫЛ МЕРГЕН. Көзгө атар, өтө мыкты, адис мерген. *Ыбырай тек жайын айтып отурса, өзүнчө узун сабак атасы кыл мерген, энеси жез оймок, сөзмөр эле* (Ашымбаев).

КЫЛООСУ ТҮШӨ ЭЛЕК. Аркы-беркини көрүп кагыла элек, өсүп жетиле элек, өтө жаш. Мына бу турган кырк чоро Кылоосу түшүп бүтө элек, Эрдигин сынап көрсөм дейм («Семетей»).

КЫЛТАККА ИЛИНҮҮ. Бирөөнүн амалдуу аракетине кабылып, чыга албай калуу. *Губернаторду тузакка түшүрүүнү көздөгөн кары манап өзү кылтакка илингенин эми түшүндү* (Бейшеналиев).

КЫЛ ТАМАК. Тамак-ашты өтө аз ичкен, тамакты ылгап ичкен. Кыл тамак жигит. Кыл тамак кыз.

КЫЛТ КОЮУ. Бир заматта шып этип жок болуу, билинбей жөнөп кетүү. *Жумушум бар эле деп бир жакка кылт койду* («Ала- Тоо»). *Кылт коюп кетип калыптыр, таппай калды* («Ала-Тоо»).

КЫЛТ ЭТИП КОЮУ. 1. Арактан бир аз ичүү, кичине ууртап коюу. *Муздак суудан суусап келе жатып кылт этип койдум эле, тамагым ооруп калыптыр* («Ала-Тоо»).

2. Бир аз ичкилик ичип коюу. *Бир аз кылт этип койгон көрүнөт* («Чалкан»). *Сүйүнгөнүмдөн ошо бөдөнөнүн сүтүнөн кичине кылт этип койгом* (Тойбаев).

КЫЛТ ДЕЙ ТҮШҮҮ. Эсине келе калуу, оюна түшө калуу, эстей коюу. *Кадышанын кыял-жоругу эсине кылт дей түшкөндө, анын жука эриндери өзөргөн кишиникиндей араң кыбырап, өзүнчө шыбыраган* (Мавлянов).

КЫЛТ ЭТТИРБӨӨ. 1. Былкылдатпай өтө катуу кармоо, кыңк эткизбөө. *Кийинки апасы кыйын киши көрүнөт, балдарды кылт эттирбейт* («Кыргызстан аялдары»).

2. Дарооо, ошол замат. Чоюбектин кимисине кандай мамиле, сый жасап атканын кылт эттирбей жеткирип турууга тыңчыларды коюшкан (Бейшеналиев).

КЫЛ УЧУНДА. к. Кылдын кырында.

КЫЛ ҮСТҮНДӨ. к. Кылдын кырында.

КЫЛЧА КАРА САНАБОО. к. Кылдай кара санабоо.

КЫЛ ЧЫГАРБОО. к. Кыл жылдырбоо.

КЫЛЫГЫ ЧЫГУУ. Начар жактары (көбүнчө кыял-жоругу,) жүрүш-турушу билине баштоо. *Биринчи айларда Сайра түзүк эле. Бирок улам кийинчерээк бирдеп-экилеп кылыгы чыгып, былыгы чубала бербедиби* (Касымбеков).

КЫЛЫ КОРОБОО. Эч чыгым болбоо, чыгымга учурабоо, жанынан эч нерсе төлөбөө. *Мен үйлөнгөндө агамдын кылы да корогон жок* («Ала-Тоо»).

КЫЛЫ КЫЙШАЙБОО. Эч нерсе болбоо, эч зыян тартпоо, тоготпоо. *Арадан беш ай өткөндөн кийин «Усупбеков кылы кыйшайбай эле баягы кызматында иштеп жүрөт» деген кабар укктум* («Чалкан»). *Баарыбыздан кеч туруп, энем экөөбүз даярдаган дасторконго олтуруп, кылы да кыйшайбай чай ичкенин кантесиң* («Кыргызстан маданияты»). *Эр өлтүргөндө да кылы кыйшайбаган манап кокусунан кармалгансып, мудасын уулдарына дайындай албай калды* (Каимов).

КЫЛЫМДЫ БАСКАН. Көптү көргөн, турмушта көп нерсени башынан өткөргөн. *Кылымды баскан шер болсоң Кыраан туугan эр болсоң Кыйрыңдан тентип не келдиң* («Манас»).

КЫЛЫМДЫ БУЗГАН. Чоң бүлүк салган, чаң салган. *Алооке кандын Коңурбай, Кылымды бузган зор ошол* («Манас»).

КЫЛЫНА ТИЙБӨӨ. Эч нерсени албоо, такыр зыян келтирбөө.

КЫЛЫНА КАРА САНАБОО. к. Кылдай кара санабоо.

КЫЛЫЧТЫН МИЗИН ЖАЛОО. Антташуу, ант берүү. *Саадактын огун кармалап, кылычтын мизин жалап, антын кылып калды эми* (фольк.).

КЫЛЫЧЫН ДАТ БАСУУ. *эск.* Тынч, жай-баракат оокат өткөрүү, уруш, согуш дегенди ойлобоо. *-Ошентип, кылычыңарды дат басып, эндекей жатканыңарда, табактагы этиңерди, сабадагыт кымызыңарды тартып кетсе кантет?* (Касымбеков) *Анан эмне болмок эле? Албетте, бир күнү болот кылычты дат басат* (Көчкөнов).

КЫЛЫЧЫНАН КАН ТАМГАН. Өтө каардуу, ырайымсыз, мыкаачы, зулум. *Кылычынан кан тамган, Жаныбек аттуу хан болгон экен* («Жомоктор»).

КЫМ ДЕЙ ТҮШҮҮ. к. Жым дей түшүү.

КЫНЫНА КИРГИЗҮҮ. Коркутуп, жүрөгүн алып коюу, баш көтөргүс кылуу. *Кайран философту чап кармап, желкесинен ныкыра басып, кынына араң киргизбедимби* (Жигитов). *Анан аны «эшиктен келип төр меники» дедиртпей, тартипке чакырып, кыныма киргизүүгө болот эле го?* («Советтик Кыргызстан»). *Мен эки-үч ооз сөз менен анын жаагын жап кылып, кыныма киргизип койгомун* (Жигитов).

В.: Кынына кийирүү. *Анын жүрүшү бай-манаптын үрөйүн үчүрүп, бий-болүштү кынына кийирчү* (Өмүрбаев).

КЫНЫНА КИРҮҮ. Коркуу, баш көтөрө албай калуу, кың дээр алы калбоо. *Көк ала койдой сойдурүп, жүрөгүн өлтүрсө, башка жарды, жалчы кынына кирбейби?* (Каимов). *Мактанмак түгүл кынына кирип, кылтың түшөт* («Чалкан»). *Эл бири менен бири кармашып, башкарган желмогуздары четинен кынына кире баштады* (Осмоналиев).

КЫНЫП КОЙБОО. Тоготпоо, чымын чакканчалык көрбөө. *Кынып койсо буюрбасын, - деп Ашырбек биртопко кейийт* (Ашымбаев).

КЫҢ ДЕБӨӨ. Унчуга албоо, каяша кылбоо, айткан-дегенин унчукпай орундата берүү. *Биринин айтканын бири кың дебей орундатуучу эле* (Байтемиров).

Күлүкандын атасы колунан келген кызматты кыңк дебей аткарган, момун кишинин бири эле (Ашубаев).

В.: Кыңк этпөө. - *Ушул кайрат бирикпей жатпайбы, бириксек Күрүчбектер кыңк этет беле бизге* (Осмоналиев). *Үн чыгарба! Кыңк этсең, каныңды жалайм!* (Осмоналиев). *Эми кыңк этпей он миң сом төлөсүн* (Тойбаев).

КЫҢК ДЕДИРБӨӨ. Сүйлөтпөө, унчуктурбоо. - *Кыңк дедирбейт дебейсиңби? - деди күрүлдөгөн дабышын күчтөп* (Ашымбаев).

КЫПЧА БЕЛ. Ипичке, көркөмдүү, кыналган, ичке бел (аялдарга карата). *Кызыл беттүү кыпча бел Кыздары сонун кыргыздын* (Бөкөнбаев). *Айсалкындын кыпча бели мажрум талдай ийилет* (Жантөшев). *Ойноктогон акылдуу, өткүр көздөрү күлүңдөй түшүп, жылуу тийген күндөй мээрим менен жигит оң колун кыздын кыпча белине оролто, имере тартып... өбөм дедиби, не жакын отургусу келдиби?* (Сыдыкбеков).

КЫРААН КАТКЫ. Бардыгы бирдей, жапырт күлгөн катуу күлкү. *Эл кыраан каткы жыгылып калышты* (Баялинов).

КЫРГЫЙДАЙ БОЛУП КАЛУУ. Көңүлү ачылып, жакшы болуп, жеңилденип, өзүн жакшы сезип, жеңил сезип калуу (көбүнчө сыркоо адамга карата). *«Апа, кандайсыз?» деген кыздын суроосуна «бүгүн кыргыйдай болуп калыптырмын», - деп күлүп койду* («Ала-Тоо»).

КЫРГЫЙДАЙ ТИЙҮҮ. Түз эле качыруу, катуу тийүү, басмырлап мамиле кылуу. *Таптык сезим кыңыр ишке кыргыйдай тийди* («Чалкан»). *Мынабу ууру досуң кыргыйдай тийдиби, кандай?* (Нурпеисов).

КЫРГЫЙ КАБАК. Бир аз таарынышкан, араздашкан мамиле. -*Ой, аны кой. Болуш агаң менен кызыл көз чал кыргый кабак* (Нурпеисов). *Агаларым Сүйөө карыя менен кыргый кабак экен деп, менин тескери караганым кандай* (Нурпеисов).

КЫРГЫЙ КАБАК БОЛУУ. Бир аз таарынышып, араздашып калуу. *Анархан Саламатханга*

таарынып, ошондон бери кыргый кабак болуп жүргөн (Жантөшев). *Бир аз айтыша кетип, кыргый кабак болуша түштүк* («Ала-Тоо»).

КЫРДАНЫП КЕТҮҮ. 1. Каза болуу, көз жумуу, көзү өтүп кетүү, өлүү. *Молдокем кырданып кетиптир деп мага угузду* («Ала-Тоо»).

2. Кызматынан түшүп калуу, ишинен бошоп калуу. *Мурдагы пейли жок, кызматынан кырданып кеткенге жүдөй түштү* («Чалкан»).

КЫРДЫ БЫЧАК. Бири-бирине кас, ичтери жаман, өз ара өч. *Мен аны менен кырды бычакмын* («Ала-Тоо»). *Алгач ишеним жоголуп, анан кырды бычак кырдаал түзүлдү* (Бердикеев).

КЫРДЫ БЫЧАК БОЛУУ. Өз ара касташуу, мамилелери бузулуп, өчөгүшүп кетүү, өз ара каршылашуу, касташуу, душмандашуу. *Ага-тууганы менен кырды бычак болуп жүргөн жаман жигиттин бири экен* («Ала-Тоо»). *Береги кырды бычак болгон манаптын жек-жааттары* (Осмоналиев). *Аралары кырды бычак болуп, дүнүйө, мансап үчүн кармашуу башталды* (Касымбеков).

КЫРДЫ КЫДЫРЫП, СЫРДЫ СЫДЫРУУ. Бир жерден туруктуу орун ала албай, көп жерге баруу. *Ал жеңесине кырды кыдырып, сырды сыдырып келгенин кеп уруп берип жатат* (Бектенов).

КЫРК ЖЫЛКЫ. Жаңы төрөлгөн баланын кыз же эркек экендигин айтууда анын кыз экендигин билдирүү маанисинде колдонулат. *Уул сүйүнчү! Келинчегиң кырк жылкы төрөдү* («Ала-Тоо»). *Жеңем эмне төрөптүр? Кырк жылкы*

КЫРК КЫРДУУ. Өнөрлүү, ар тараптуу, акылдуу. *Жигит бир сырдуу, кырк кырдуу болот* (фольк.).

КЫРК ӨРДӨГҮН УЧУРУУ. **к. Беш өрдөгүн учуруу.**

КЫРК ШЫРЫК. Жамаачыланбаган жери жок, абдан көп жамаачы түшкөн. *Кечке жаагаң ак жаан өтмө катарынан өтүп, үстүндөгү кырк шырык кемсели өзүнчө эле бир*

жүк болгонсуп, ийнин басып калды («Ала-Тоо»).

КЫР КӨРСӨТҮҮ. Сес көрсөтүү, көтөрүлө сүйлөө, мыктысынып мамиле жасоо, чоңсунуу. *Шадыга кыр көрсөтүп, дагы биринчи болуп тоң-моюндук кыла баштады* (Касымбеков). *Бир четтен Чаки чындаса Дөкө тукумун да көзгө илбейт экен го» деген айың жүрөөр, буларга кыр көрсөтөйүн деп амалданды* (Үмөта-лиев).

КЫРС ЭТҮҮ. Ачуусу келүү, жактырбаган мүнөздө жини келгенсип калуу. *Териси тар, мүнөзү чатак болсо, бая эле кырс этип кабагын салып калат эле* (Сыдыкбеков).

КЫРТЫШЫН САЛУУ. Сүйүңкүрөбөө, сүйбөө, анча жактыра бербөө. *Асанкулдун көңүлү тырчый кыртышын сала коомайланды* («Ала-Тоо»).

В.: Кыртышы каалабоо. *Кырс мүнөзүм кармаган мен бул терс аяк пенде менен сүйлөшүүнү кыртышым каалабай турду* («Кыргызстан маданияты»).

Кыртышы сүйбөө. *Абил бий ачык эле кыртышы сүйбөй тыржыйып калды* (Касымбеков). *Ордого жакын киши деп, мурда эле кыртышы сүйбөгөн Бекназар паңсатты жек көрүп калган болучу* (Касымбеков). *Кайра кайтканда көңүлсүз, кыңырыла сүйбөй, шылкыйып келе жаттык* (Жусупов).

Кыртышы сүйүшпөө. *Кыртышы сүйүшпөсө да, бирин-бири сөз тийгизүүдөн атайын тартынышат...* (Айтматов).

Сыртын салуу. *Сен мага эмне сыртыңды салып калгансың.*

КЫРТ ЭТМЕСИ КАРМОО. Жини келип, супсуну сууй түшүү, дароо өзгөрүлүү, иренжигенсип терс кыялы кармай түшүү. *Ыбырай жээнинен супсуну сууган өңдөнүп, кырт этмеси кармай калдыбы, салкын гана экөө бактылуу болсун дептир, -деди* (Ашымбаев).

В.: Кырт дей түшүү. *Айласы кеткен Калыйпа ичи бышып, баарын чалынан көрүп, кырт дей түштү* (Өмүрбаев).

КЫРЧАҢГЫ ООЗ. Тийишип сүйлөгөн, бирөөнүн жоорун чукуп,

тийишип, мазактап сүйлөгөн. *Бирок, кырчаңгы ооз Тоголок Молдону көшүлтүп таштасак... ал кабарыбыз Калпа ажы менен Касымбек болушка жетсе кантебиз* (Бейшеналиев).

КЫРЫНА ЧЫГЫП АЛУУ. Үстөмдүк кылуу, басмырлап алуу. *-Мени көп кекетүүчү болбо, - деп Калыйча унчукпай калган эринин кырына чыгып алды* (Осмоналиев). *Жылдызкандын жеңилгендигин байкаган Суусар карап турсунбу, кырына чыгып алды* (Байтемиров).

КЫСЫР АҢЫЗ. Көптөн бери айдалбаган жер. *Буулантма айдала турган кысыр аңызды айдата бергенбиз* (Убукеев).

КЫСЫР ЭМДИ. Кысыр калган энесин ээмп жүргөн, тай, же торпок. *Эки энени тел эмген Кысыр эмди тайды сой* (Барпы).

КЫТ КУЙГАНДАЙ. Оор, салмактуу, эп келише калган, жараша түшкөн. *Ыманкул акенин аземдеп соккону кыт куйгандай кынапталып, беттери мисирейип турчу* (Жусупов). *Ээрге олтурушу кыт куйгандай бекем* (Сыдыкбеков).

КЫЧЫГЫНА ТИЙҮҮ. Бирөөнө тийишип, ачуусун, жинин келтирүү, кыжырын кайнатуу. *Тамаша иретинде бири-биринин кычыгына тийишип, кызыраңдап калышчу* (Сасыкбаев). *Байкадыңарбы, кечээ жолдо чындыкты айтып кычыгына тийдим* (Бейшеналиев). *Календин ушул сөзүн оңду-солду айтып, Каратаздын кычыгына тийип алган* (Нурпеисов).

КЫЧЫК СӨЗ. Бирөөгө тийишип, чыр-чатак чыгара турган жагымсыз сөз. *Кычык сөз укканды эле кыжырлантпай, айтканды да анча-мынча ачуркантары айдан ак го* (Ашымбаев).

В.: Кычы сөз. *Дүйшөнгө кычы сөз айтып, ого бетер көкүтүп туруучу* (Жусупов).

КЫЧЫК СҮЙЛӨӨ. Тийиштик кылуу, бирөөгө тийишип, чыр-чатак чыгара турган сөз айтуу. *Өмүрбек да тигинин шылдың аралаш тамашасына карата кычык сүйлөдү* (Байтемиров).

КЫЧУУСУ КАНУУ. Моокуму кануу, канааттануу, ырас болуптур деп жыргай түшүү, табасы кануу. *Э, бүт уруунун шагын сындырган*

Серкебайдын башы жер сайса экен, - дешип, кычуусу канып, Тазабекти жактай олтурушту (Сыдыкбеков).

КЫЮУСУН ТАБУУ. Ыгын келтирүү, амал-айласын табуу, эпкелиштирүү. *Кыюусун таап сөз айтсам, Кылгыра түштү көздөрүң* (Сарногоев).

В.: Кыюусун келтирүү. *Карыя кыюусун качан келтирер экемин деп, кыбыр этпей аңдып отурду* (Нурпеисов).

Кыябын табуу. Кыябын таап сүйлөө.

КЫЯ БАСПОО. 1. Абдан урматтоо, сыйлоо, кадырлап ийменүү. *Кыя баспай алдыңан Кол куушуруп турайын* (Жантөшев). *Астыңан кыя баспай, айтканыңды аткарам* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсени текке кетирбөө, бир нерседен кур калбоо, андан пайдалануу. *Олжодон кыя баспайт. Кенчтен кыя баспайт.*

В.: Кыя өтпөө. *Бирөөнү тамашага чалып, бозо, эт-ашын жайнаткандардан кыя өтпөгөн манаптын шылуун жигитине кайрылды* (Бейшеналиев).

КЫЯ БАСТЫРБОО. Туткактоо, тап жылдырбай аңдуу. *Кыя бастырбай артыман такымдап жүрдү* («Ала-Тоо»). *Кыя бастырбай күнүгө жемелеп турчу болду* («Ала-Тоо»).

КЫЯ ӨТКӨРБӨӨ. Өткөрүп жибербей пайдалануу, текке кетирбей учурунда пайдаланып калуу. *Андай иштерди кыя өткөрбөй турган адам.*

В.: Кыя кетирбөө. *Ал эч нерсени кыя кетирбейт.*

КЫЯБЫН ТАБУУ. к. Кыюусун табуу.

КЫЯБЫ КЕЛБӨӨ. Учуру, ыңгайы болбоо. *Ушундай сезим бийлеген шарттарда сөзсүз жолугушалы деген жыйынтыктарга келет, бирок жолугуулардын кыябы түк келбейт* (Абдыраманов).

КЫЯЛ КҮТҮҮ. Мурдагыдай болбой мүнөзү өзгөрүлүү, көбүү, мен-менсүү, дердейүү. *Кыял күтүп, салам айтсаң алик албай калган кези экен.*

В.: Пейил күтүү. *Пейил күтүү эси жоктун иши. Пейил күтүп калыптыр.*

КЫЯЛЫ ЧАТА. Урушчаак, кежир. - *Баары жакшы, түгөнгөн кишинин кыялы чата, оюна келгенин бербейт* (Өмүрбаев).

КЫЯЛЫ ЧУКУЛ. Ачуусу тез келме, тез эле ачуулана кетме, ороюраак. *Чоң атасынын кыялы чукул экенин билген бала оюндагысын айталбай кыжалат болуптурду* («Ала-Тоо»).

В.: Кыялы чорт. *Кыялы чорт, араккеч күйөө Асылкандын жүрөгүнүн сары суусун алды* (Өмүрбаев).

КЫЯМАТ ЖАЙГА КЕТҮҮ. Өлүү, көзү өтүү. *Кыяз жүгүрүп барып, шумкарды чыгарып алды, бирок кымбат шумкар кыямат жайга кеткен окшойт* (Эшмамбетов).

В.: Кыямат кетүү. *Кыямат кеттиң Полот деп, Айтканыга бир күйөм* (Барпы).

КЫЯМАТ-КАЙЫМ БОЛГОНЧО. Өлөр-өлгүчө, түбөлүк, дагы далайга чейин. *Кыямат-кайым болгончо Кызматыңа турайын* («Манас»).

КЫЯМАТТЫН КЫЛ КӨПҮРӨСҮ. 1. *дин.* Бейишке баруучулар гана өтүп кетиши мүмкүн болгон кылдан ичке, бычактан миздүү көпүрө. *Анысы азыр адам менен жерди кыяматтын кыл көпүрөсүнө такап койду* (Бердикеев).

2. Өтө кыйынчылык, катаалдык менен, азап тартып бүтө турган, абдан кыйын иш.

КЫЯҢ КЕСКИ. Ар кандай амал-айлалуу, ашкан куу, митаам, кыйды, залим. *Кыяң кески Чалкалмак, Кыядан жолду тосконбу* («Манас»). *Кишинин баары эле сендей кыяң кески эмес го деди* («Чалкан»).

КЭЭРИ КЕТҮҮ. Берекеси кетүү, куту, куну учуу, баштагыдай болбоо, начарлоо. *Айрым мекемелердин тейлөө иштеринин да кээри кете баштаган* («Советтик Кыргызстан»).

КЭЭСИН ЧЫГАРУУ. Өч алуу. *Чыгарамын Букардын Капкайдагы кээсин* («Манас»). *Баягынын кээсин чыгарды деп тим болду* («Чалкан»).

-Л-

ЛАМ ДЕБӨӨ. Айтылган тапшырманы, ишти, каалоону дароо аткаруу, каршы болбоо. *Байбиченин тапшырганын лам дебестен ойдогудай бүтүрөт* (Сыдыкбеков). *Абам жеңемдин ою менен болуп, анын айтканын лам дебей аткарууга далбас урат* ("КМ"). *Акбалбан үңкүйүп жер тиктеп, эрдин кесе тиштеп, лам деген жок* (Касымбеков).

ЛАМ ДЕП ООЗ АЧА АЛБОО. Таптакыр жооп бере албоо, каяша кылууга даремети жетпөө, алсыз абалда калуу. *Эчкирип ыйлап жиберди, лам деп ооз ача алган жок* (Бердикеев).

В.: лам ооз ачпоо. *Лам ооз ачпай тынч олтурду* (Осмоналиев). *Бул сөзгө эч ким лам оозун ачпады* (Маймулов).

Лам деп ооз ачпоо. *Түрүүсүндө лам деп ооз ачпаган апамдын түшүмө кирип, айткандарына таң калдым* (Бердикеев).

Лам деп каяша айтпоо. Төбөсү менен жер каздырсаң да лам деп каяша айтпайт (Бердикеев).

-М-

МАА ДЕСЕҢ. к. Мага десең.

МААШЫР БОЛУУ. Ыраазы болуу, канааттануу, ыракаттаануу, көңүлүнө толуу. *Манапбай өз кесибине маашыр болгондой күлө сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Баракелде сөзүнө, Маашыр болдум өзүнө* («Эр Табылды»).

МАГА ДЕСЕҢ. Айткан тилди албасаң, дегенге көнбөсөң, эмне кылсаң өзүң бил, мага баары бир деген мааниде колдонулат. *Мага десең эки колуңду төбөңө алып басып кет. Мага десең билгениңди кыла бер* (Сайдуллаев).

В.: Маа десең. *Маа десең таратып жибер.*

МАДЫРА БАШ. Кагылбаган, али жаш, аркы-беркини жете түшүнө элек, тажрыйбасыз. *Мен да сендей мадыра баш болчумун* (Жусунов). *Эшек курту мурдунан түшө элек мадыра баштын кылганын карабайсыңбы!* (Саатов). *Биз анда бир кылка кодураңдаган мадыра баштар элек* («Советтик Кыргызстан»). *Мадыра башсың сен... Алтын деген алиги сенин чоң атаң чапкан темир эмес* (Абдыраманов).

МАЗАР БАСЫП КЕЛГЕН. Алыстан, алыс жерден келген. *Мазар басып келген даам экен, алсаңар, -деп, чай берип жаткан аял өрүк, мейизден биз жакка жылдырып койду* («Ала-Тоо»).

МАЗАСЫН АЛУУ. Тынчтык бербөө, убара кылуу, тынчын кетирүү. *Баланын да, менин да мазамды алдыңыз* (Сыдыгалиев). *Жолборстун көңүлүнө кайра да кабатырлык аралап кирип, тынчын кетирип, мазасын ала баштады* (Жигитов).

В.: Мазесин кетирүү. *Бирок, ошентсе да, тигинин итатайын тутултуп, бир мазесин кетирүүгө жарады* (Исмаилов).

МАЙ БАШ. Эч нерсени түшүнбөгөн, байкабаган, анчалык деле кенебеген. *Алдагы селдеңдей болуп ичегиң чубалып кала элегиңде бу жерден жогол! Тапкан экенсиң майбашты!* (Ш.Үмөталиев). *Тапкан экенсиң май башты* (Тойбаев).

МАЙДАЙ ЖАГУУ. Купулуна толуу, туура келүү, ойлогонундай, ойдогудай болуу. *Тазабектин*

көзүнүн чаарын баамдап коркуп отурган саяк молдого Меңебайдын тигиндей деп айтканы майдай жагып, жым дей түштү (Сыдыкбеков).

МАЙДА СӨЗ. Анча-мынча, майда-барат, анча мааниси жок пикир, бир сүйлөнүп кала берүүчү сөз, атайын бир максатты көздөп айтылбаган кеп. *Үй-бүлөдөгү майда сөздүн баарын энесине ташый берет* (Абдукаимов).

МАЙ ЖУКПАС. Шыпылдаган, абдан эпчил. *Карыптын мисирейген май жукпас келини мага чаканы карматты* (Элебаев).

МАЙ КАЗАН. Кең пейил, март, берешен. *Ылайыгы келген жерлерде Кадыйдын май казан болуп кетээр жери да бар* (Ш.Үмөталиев).

МАЙ КӨТӨН. Ак жолтой, жолу жакшы деген мааниде (көбүнчө балдарга карата: өзүнөн кийин эркек бала төрөлгөн же ал туулгандан кийин ар кандай жакшылык иштер, кубанычтар болгон учурда) колдонулат. *Ак жолтой, май көтөн бол* (Сыдыкбеков).

МАЙЛУУ ЖҮРӨК. к. Жүрөгү майлуу.

МАЙНЕКЕ БОЛОЮН. Убадага бек туруп, айтканымды аткарып, орундатам деген сыяктуу ишендирүү, карганууу маанисинде айтылат. - *Деги бир деме билген болсом, майнеке болоюн* («Ала-Тоо»). *Тоскоол болсом майнеке болоюн* (Кушубеков). *Булар менен сүйлөшсөк эле майнеке болоюн!* (Тойбаев).

В.: Майнекенин таз катыны болоюн! *Экинчи кайталасам, майнекенин таз катыны болоюн!*

МАЙ ТАЛКАН. Жанга тынч, олжосу, пайдасы көп кызмат, абдан пайдалуу жер же ошондой абалдагы шарт. *Кетер эле, бирок, мындай май талканга жетпейт* (Шүкүрбеков). *Жумшактык кылсаң кээ бирөө Май талкан кылат аябай* (Сарногоев).

МАЙ ТАМАН. Жөө басууга көнүкпөгөн, жөө жүрүүнү, жан кейитип кыйналууну көп каалабаган, манап сымал. *Май таман киши мергенчиликке жарабайт. Байлардын май таман балдары нечен курдай ызырынганда Кристинанын жүрөгү сыздаган* (Ашымбаев).

МАЙ ТАМЫЗУУ. к. Чырагына май тамызуу.

МАЙ ЧЕҢГЕЛ. Колунда бар, берсе колунан келе турган, куру кол эмес. *Эми май чеңгел Тоголок Молдо күтсө сендей катчыны, тобо дебегенде нетебиз* (Бейшеналиев).

МАЙ ЧУҢКУР. Жан кейитпей, эч кыйналбай жыргап-куунап жата берүүчү жай, бекер оокат. *Мына бул жакта да май чүңкур бар! Бар болгондо да кандай?* (Жантөшев). *Куусуң да куу кишилердин баары ушундай болот, май чуңкур тапса да бирөө аркылуу таап, анан өзү култ кирип кетет* (Абдукаимов).

МАЙЫН СУРОО. Убактынча пайдалануу (көбүнчө күч унаага карата). *Көл-Короонун жанындагы айылдардан көчкөнгө жук арта турган бир-эки төөнүн майын сурап келем* (Убукеев).

МАЙЫН ЧЫГАРУУ. Колуна алган ишин абдан мыктап, сапаттуу кылып аткаруу, жерине жеткире иштөө, мыкты иштей билүү. *Езефтин аялы көп сүйлөбөгөн, жай кыймылдап, бирок иштин майын чыгарган неме* (Ашымбаев). *Өзүнө тагылган тапшырманын майын чыгарып, майнаптуу иштеген адамды кадырлап, жогору баалаган* («Советтик Кыргызстан»). *Эмгектен качпайт ырыс, өз ишинин майын чыгара кылыш* (Шүкүрбеков).

В.: Майын сыгуу. *Маш болормун майданында Майын сыгып өнөрдүн* (Бөкөнбаев).

МАЙЫП БОЛУУ. 1. Өлүү, курман болуу, жарык дүйнө менен коштошуу. *Теңдиксиз жоонун колунан Майып болду Курманбек* («Курманбек»). *Жоокерчилик, жылкы тийип келуу эрдик деп жүрүп, агалары майып болушту* (Абакиров).

2. Жарадар болуу, жарат алуу, колу-буту же башка мүчөсү зыянга учуроо, кырсыкка кабылуу. *Эки уруунун чабышында ал бир көзүнөн ажырап майып болот* (Медетов).

МАЛАК ЖАЛАГАНДАЙ. Тып-тыйпыл, жыпжылма, эч нерсеси калбагандай. *А бүгүн малак жалагандай, кардарлар тургай, ээси дайынсыз* (Бейшеналиев).

МАЛ БОЛУУ. к. 2. Адам болуу.

МАЛ БООР ЭТ МЕНЕН ТЕҢ. Өтө жакын, керектүү. *Боз жоргонун кайгысын унута албай жургөндүрсүң, мал боор эт менен тең эмеспи, нары да жанга өлчөнгөн жакшы болсо?!* (Касымбеков).

МАЛДЫН БУТУН СЫНДЫРУУ. Бир нерсеге атап же кандайдыр бир жакшылыкка арнап мал союу. *Бир малдын бутун сындырбасам болобу! Кана, ыраазылык берип коюңуз* (Касымбеков).

МАЛ КИНДИКТҮҮ. Мал өстүрүүгө жайлуу, ыңгайлуу. *Ак мөңгүлүү Ала-Тоо Мал киндиктүү жер экен* («Ала-Тоо»). *Малынан айрылгысы келбеген да ушул мал киндиктүү көчкөн журт* (Сыдыкбеков).

МАЛ ЭЭСИ МАШАЙЫК. Жоголгон малынын кимде, кайда экенин божомолдоп билет, көзү ачык, айтканы чындыкка туура келет деген мааниде колдонулат. *Мал ээси машайык, балким анын болжолу туура келер* («Чалкан»).

МАМАЙДЫН КӨРҮ. Кайда барсаң да, кандай кылсаң да кыйынчылык, азап-тозок, кайгы, муң деген мааниде. *Э, балам! Чыдабаска амал канча? Кайда барсаң Мамайдын көрү* (Жантөшев). *Эмне кылуу керек? Барар жер, басар тоо жок. Кайда барсаң да Мамайдын көрү...* («Ала-Тоо»).

МАМАЙДЫН КУНУНДАЙ КУУ. к. Чубактын кунундай куу.

МАМЫР-ЖУМУР БОЛУУ. к. Камыр - жумур болуу.

МАҢ БАШ. Эч нерсеге түшүнбөгөн, жеткире ойлонбогон, кем акыл. *Фархаддын бай үңкүрүн табабыз деп далай маң баштар келишкен* (Тойбаев).

МАҢ БОЛУУ. Эмне кыларын билбей, башы айланган абалда дал болуу, өзүнчө бир чечимге келе албай башы катуу. *Эки айрылыш жолдун кайсынысына түшөрүмдү билбей, маң болуп туруп калдым* («Ала-Тоо»). *Иштерди иштеп, эми эки айры жолдо маң болгон Манапбай салкын тартып Айнагулдөн алыстоого аргасыз болду* (Сыдыкбеков).

В.: Маңги баш болуу. *Анын ушу калаада калганын, биротоло эле маңги баш болуп кайыр сурап*

калганын Асылбек угуп жүргөн (Абакиров).

МАҢДАЙГА БҮТКӨН. Бар болгон, колунда турган. *Маңдайга бүткөн жалгыз ую бар жарды чал чыгымды кайдан тапсын?* (Элебаев).

В.: Маңдайга жазган. *Маңдайга жазганы ушул буга да тобо деш керек* («Кыргызстан маданияты»).

МАҢДАЙГА ЖАЗГАНДЫ КӨРҮҮ. Тагдырдын буйругуна моюн сунуу, жазмыш тартуулаганды көрүү. *Маңдайга жазганды көрбөскө чара барбы? - деп Жанкечти абасын сүйөптаяйт* (Осмоналиев).

МАҢДАЙГА ЖАЗЫЛГАН. Тагдыр буюрган, башка келген. *Маңдайыма жазылган ырыскыма топук кыламын* (Осмоналиев).

МАҢДАЙГА ЖАЗУУ. Тагдыр буюруу башка келүү, туш болуу. *Ажалдуубүз өлөрбүз, Кыдыр алла салганын Маңдайга жазса көрөрбүз* («Сейтек»). *Эмне, бул коммунаны жеке эле биздин маңдайга жазыптырбы? -деп опурулуп, доо артат* (Ашымбаев).

В.: Маңдайына жазуу. *Толгон немеден ушуну маңдайына жазып койгонун карасаң?* («Кыргызстан маданияты»).

Маңдайына бүтүү. *Экөөнүн маңдайына бүткөн жалгыз кызы чарчап калса, алар зарлабаганда ким зарлайт* (Ашымбаев).

МАҢДАЙ ЖЫЛЫТАРЛЫК. Болор-болбос, аз да болсо көңүл бурарлык, анча-мынча жагымдуу маанай байкалардык, көңүл бурууга арзырлык. *Калем кармаганы кесиптештеринен маңдай жылытарлык сөз укпаган жазуучу да элүүгө чыкканда мактоого бир маарып калат* («Кыргызстан маданияты»). *Алардын ар бири ийгиликтүү пайдаланып, башка тилдерге которуп жатышы маңдай жылытарлык көрүнүш* («Кыргызстан маданияты»).

МАҢДАЙ СӨӨГҮ КАЙКЫ. Бактысыз, таалайсыз, таалай айтпаган, багы ачылбаган. *Маңдай сөөгүң кайкы экен, Бак-таалайың тайкы экен* («Манас»).

В.: Маңдайы кайкы. - *Шору арылбаган Батийна..! Туулгандан маңдайы кайкы жаралган экен да...* (Сыдыкбеков). *Маңдайым*

кайкы, ырысым тайкы белем? (Үмөталиев).

МАҢДАЙ ТЕРИ. Өз эмгеги менен тапкан нерсе, иштеп тапкан анысы накта эмгегинен жаралган үлүшү *Алымбектин сары маңка катыны кийген сүлөөсүн ичик, түлкү ичик, илбирс ичиктер шордуулардын маңдай теринен жаралган* (Жантөшев). *Чегирткеевдей патриоттор таман акы, маңдай тери менен он жылдап тапкан каражаттарын бир тыйынына чейин фронт үчүн берип отурат* (Абакиров). *Дыйкан - талыкпаган мээнеткеч, маңдай тери менен күн көргөн бул-бул* (Бейшеналиев). *Ушу күнү маңдай тери менен тапкан адал насибиңди кажылап жүрөм* (Укаев).

В.: Тырмак тери. *Өпмөк тургай курган атанын тырмак тери тапкан соолук койго алынган сөйкөнү эшикке ыргыткан* (Сыдыкбеков).

МАҢДАЙ ТЕРИ КАЙТУУ. Эмгеги колуна тийүү, эмгегинин үзүрүн көрүү. *Ар бир жерди сарамжалдуулук менен бакканда гана андан маңдай тери кайтат* (Өмүрбаев). *Быйыл күз жаман эмес, маңдай теribиз кайткансып калды* («Кыргызстан Туусу»).

МАҢДАЙЫ АЧЫК. к. Кабагы ачык.

МАҢДАЙЫ ЖАРЫК. к. Кабагы жарык. *Кабагын түйөйүн десе деле болбой маңдайы жарык* (Айтматов).

МАҢДАЙЫ ЖАРЫЛУУ. Аябай кубануу, сүйүнүү, жайдарылануу, көңүлү шат болуу. *Элкубанып турса, биздин да маңдайыбыз жарылып калат* («Кыргызстан маданияты»). *Ырас, көпчүлүк эл маңдайы жарыла балдарьш мектеп интернатка алып келишти* («Ленинчил жаш»).

МАҢДАЙЫ ЖЫЛЫБОО. к. Чекеси жылыбоо.

МАҢДАЙЫНА ЖАЗУУ. к. Маңдайга жазуу. *Толгон немеден ушуну маңдайына жазып койгонун ка-расаң?* («Кыргызстан маданияты»).

МАҢДАЙЫНА СЫЙБОО. *Буюрбоо, буюрбай калуу. Ай кагылайын Алтынай ай! Ал биздин маңдайыбызга сыйган жок. Не деген чолпон эле* («Ала-Тоо»). *Ал да маңдайына сыйбайкетти* (Сыдыкбеков).

МАҢДАЙЫНАН СЫЛОО. Жактыруу, жакшы көрүү, калкалоо. *Сотко бериш керек, силер болсо маңдайынан сылап отурасыңар* (Айтматов).

МАҢДАЙЫ ТАЙКЫ. Бактысыз, турмуштан жолу болбогон. *Кээ бир маңдайы тайкы кишилерге окшош болбо* (Исмаилов). *Маңдайы тайкы шоркелдейчи* (Осмоналиев).

МАҢЫ ЖАПЫЗ. 1. Кабагы бүркөө, көңүлү ачык эмес.

2. Басмырт, жоош, анча тың эмес. *Аман маңы жапыз болгон менен мал багып, өз оокатына өзүтың* («Ала-Тоо»).

МАСЕЛЕНИ КАБЫРГАСЫНАН КОЮУ. Иштин чечилишин, аткарылышын тездетүү, ыкчамдатуу максатында болор жерин, ток этерин айтуу, чечкиндүү киришип, катуу талап коюу. *Арабыздагы сары сакал Култек абдан чечкиндүү неме эле, бир күнү маселени кабыргасынан койду* (Абдыраманов). *Сессияга маселени кабыргасынан коюп келдим* (Бердикеев). *Болбосоң маселени кабыргасынан коёт* (Тойбаев).

В.: Маселени кырынан коюу. *Атайын партиялъш жыйналыш чакырып, маселени кырынан коёбуз, талкуулайбыз* (Егиналиев). *Ал началънигине кирип эле маселени кырынан коет* (Жигитов).

МАТ КЫЛУУ. Ооз ача алгыс кылып отургузуп коюу, сөз менен жеңүү. *Ошентип, ал ветврачты мат кылган экен* («Кыргызстан маданияты»).

МАСТАН КЕМПИР. к. Жез кемпир.

МАШ БАЛДАК АТУУ. Жандили менен кызмат кылуу, өлөр-тирилерине карабай катуу аракеттенүү. *Эчтеке менен иши жок, буга көбүнчө курсагынын тойгону гана эсеп, өз чарбасында машбалдак атып аракеттенет* (Борбиев).

МЕДЕР ТУТУУ. Ишенүү, жөлөк катары саноо, бел тутуу. *Балдарын медер туткан топуктуудай* (Бейшеналиев). *КөпчүлүкКулташырдын сөзүн медер тутуп ынанды* (Абакиров). *Эжесинин боорум деп жалгыз медер туткан ишеничи Төлөмүш болчу* (Бердикев).

МЕЙИЛ КАДЫР ИШИ. Каалоосу, өз эркі, ар кимдин өз ыктыяры. *Адамкерчилик кылсаңар жардам бергиле, мейил кадыр иши* (Бердикеев). *Эч кимди зордоо жок, жөн гана мейилкадыр иши* (Бердикеев).

МЕЙНЕТИҢДИ АЛАЙЫН. **к. Мээнетиңди алайын.**

МЕЙМАН КААДАСЫН КЫЛУУ. Жатар алдында сыртка чыгып, бир аз сейилдеп келүү (бул көбүнчө келген конокко төшөк салардан мурда айтылат). *Азыр колу, бутту чоюп, сыртка мейман каадасын кылалы* (Бейшеналиев).

В.: Конок каадасы кылуу. *Биз конок каадасы кылып, сыртта бир аз кобурашып, ары-бери басып жүрдүк* («Ала-Тоо»).

МЕН ДЕСЕҢ. Мени чын эле сыйласаң, мага жан тартып, жакшылык кылайын десең. *Мен десең, досум, бул кылыгыңды жакынкы күндөрдөн баштап таштап жибер* («Кыргызстан маданияты»).

МЕНТИНЕН ТАЮУ. 1. Алдан-күчтөн кетүү, шайы ооп, начарлап калуу. *Жузу топуракка окшоп бозортп Күрүчбектин ментинен тайьт калганы көрүнүп турат, уулуна сүйүнө илээлеп басьт, үйүнө жетти* (Осмоналиев).

2. Бедели кетүү, кадыр-баркы төмөндөө. *Серкебай бай айыл арасьша бастыра албай шагы сыньт, ментинен тайыды* (Сыдыкбеков).

МЕРТ БОЛУУ. Өлүү, жарык дүйнө менен коштошуу. *Эчен жандын. мерт болуп, тоо койнуна бүлүк жетти* (Медетов). *Наристе баланын жалаң санаадан, кусадан жүрөк оорусуна чалдыгьт мерт болушу өтө аянычтуу экен* («Кыргызсган маданияты»). *Жайында 20-июнда мерт болбоду беле* (Медетов).

МЕРТ КЫЛУУ. Капысынан, күтүлбөгөн жерден майып кылуу, өлтүрүү. *Келген жоону кетирбес, мерт кылар мерген жери бар. Кыжырьша тийгенде, чаар алып мерт кылган* (фольк.). *Анан Шералыны мерт кылды деген кабар тарады* (Абакиров). *Бардык айбанаттарды коркутат, беттешип кармашканын мерт кылат* (Кыдырмышев).

В.: Мент кылуу. Кезиккенди кент кылган Алышканды мент кылган («Сейтек»)

МИЗ БАКПОО. Көшөрүп туруп алуу, айтканынан кайтпоо, ийикпөө, кайра жанбоо, эч муюшпоо. *Ысмайылбек миз бакпай, экөөнү качырды* («Ленинчил жаш»). *Азат бою дүркүрөсө да, эки-үч күндөн бери төгүлгөн кан менен ыза-кордукка уугуп калган эле, миз бакпай кайраттуу турду* (Көчкөнов). *Жаш сулуунун миз бакпаган бул сөздөрү анын жүлүнүнө сайылды (Көчкөнов).*

МИЗДҮҮ КЫЛЫЧКА ТҮШҮҮ. Абдан опурталдуу учурга туш келүү, өтө курч жагдайга кабылуу. *Минтип миздүү кылычка түшүп, ажал менен бетме-бет кармашып, өлбөй келип отурган уулга көңүлү жибиди* (Касымбеков).

МИЗИ КАЙТУУ. Баштагыдай кайрат кыла албай коркуп калуу, жалтануу, батына албоо, анча даай албай, бир аз басаңдай түшүү, мурдагысындай болбой калуу. *Мырзабек баштаган манаптар кердирип, кийимин тонотуп сабатса да мизи кайтпады* (Бейшеналиев). *Жаркынайдын мизи кайтып, ишенер-ишенбесин билбей деңдароо болуп калды* (Абдыраманов). *Ат үстүндөгү чоочундун ырайымы жоктой чамынган сүрүнөн Октордун мизи кайта түшөт* (Осмоналиев).

В.: Мизи кайтарылуу. *Кожокенин мизи кайтарыла түштү* (Сыдыгалиев).

Мизи жапырылуу. *Орундуу айтылган сөзгө жыгылып, бая бакылдап жаткан кишинин мизи жапырыла түштү* («Ала-Тоо»).

Мизи майтарылуу. *Тигилердин түрүн көргөндө калдастап, мизи майтарыла түштү* (Жоошбаев). *Мьшдай манапка касташуучулардьш мизи майтарыльт, дос-тааныштар көбөйө баштайт* (Осмоналиев).

Мизи мокоо. *Куру шекшинүүдөн чечкиндүүлүктүн мизи мокоп жатпайбы* («Ленинчилжаш»). *Сабылып, ачык чыгуудан айбыгып, миздери мокоп титирөөдө* (Бейшеналиев).

Мизи тайгылуу. *Өктөм жеткен өкөө тырчыбыраак, бирок да уккулуктуу абазга миздери тайгыла ат үстүнөн кулак төшөштү (Бейшеналиев).*

МИЗИН КАЙТАРУУ. Баш көтөргүс, каршы чыккыс кылып коркутуп коюу, жүрөгүнүн үшүн алуу. *Эл ар кандай жоолордун мизин кайтарьт, эл деген наамьш ыйьш сактап кала алды* (Ш.Үмөталиев). *Анын үстүнө жаш неменин мизин кайтарып коёюн деп ойло.ду* (Сыдыгалиев). *Катаал учурда каршылашкан топко жалгыз аттаньт, душмандьш мизин кайтарган көсөлдөр чыгат* (Осмоналиев).

В.: Мизин майтаруу. *Баталашып камынган «жети ата» «бир атанын» чабуулунун мизин майтарьт, карсылдашып сабашты* (Бейшеналиев).

МИЛДЕТ КЫЛУУ. Бир нерсеге доомат кылуу, аткарган иши үчүн бир нерсе талап кылып, док урунуу. *Милдет кыльт келген жан, Тойдургун деп чалкалар* («Манас»).

МИЛДЕТТҮҮ КОНОК. Колунан келген урмат-сыйын көргөзүү менен атайлап күтүлө турган конок. *Милдеттүү коноктуку оңой эмес, уят болбогудай болгула* («Ала-Тоо»).

МИҢ АЛАКЕТКЕ ТҮШҮРҮҮ. Кыйноо, тынчын алуу, дүрбөлөңгө түшүрүү. *Тыныбек көз боочудай тыңдаган калайыкты миң алакетке түшүрүүдө* (Бейшеналиев).

МИҢ ГҮЛҮНҮН БИРИ АЧЫЛА ЭЛЕК. Али жаш, эч нерсени көрө элек, аркы-беркини абдан түшүнө элек, турмуштук тажрыйбасы аз. *Ага капа болбо, миң гүлүнүн бири ачыла элек, алтьш башың аман болсо, ак таңдай булбулдун үнүн нечен угасың* (Абакиров).

В.: Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек. *Бул кыздын он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек, ошол себептен ага көп катуу сөз айтпаңыз («Ала-Тоо»).*

МИҢ КЫЛГАН МЕНЕН. Кетсе да, кандай кылса да, деген менен. *Миң кылган менен ичи түткөн эмес экен. Миң кылган менен бир тууган да.*

МИҢ МЕРТЕБЕ ТОБО! Абдан ыраазы, аябай ыраазы болуу маанисинде айтылат. *Аны биздин ырыскыбызга жаратканына миң мертебе тобо!* (Медетов).

В.: Миң мертебе ыраазы. *Ушундай бирөөгө туш болгонуңа миң мертебе ыраазы болосуң* (Медетов).

МИҢ САН. Өтө көп, эң көп, эсеп жеткис, арбын. *Заңгырап катар-катар миң сан үйлөр Сальшган ар жеринде эчен-эчен* (Нуркамал). *Баш кошуп миң сан кедей артель болду* (Элебаев).

МИҢ ТОЛГОНУУ. Көп ойлонуу, сар-санаага батуу, ойлонуп көп убаракерчиликке батуу. - *Ата көрү, -деди ичинде миң толгонуп, өзүбектин, кожонун тукуму болбосо* (Абакиров).

МИҢДИН БИРИ. Табылбаган, абдан зарыл, эң керектүү, сейрек учуроочу (көбүнчө дарыдармекке карата). *Кой, эчкинин аксагына марал кулак миңдин бири* (Жантөшев). *Мынчалык аракеттин аркасында шыгын өркүндөткөн идиректүүлөр миңдин биридир* (Бейшеналиев).

МИҢДЕН БИР. Өтө сейрек, аз гана, анда-санда. *Андай сапат азыр миңден бир гана адамда болбосо*, андайды табуу кыйын го («Ленинчил жаш»).

МОЙНУ ЖАР БЕРБӨӨ. Көңүлү келбөө, кежигеси кер тартып иштегиси келбөө, ышынчаактык кылуу. *Кичинесинен кара жумушка кызыкпаса, үдөөсүнө чыга көнүкпөсө кийин өмүрүнчө кара жумушка мойну жар бербейт турбайбы* (Касымбеков). *Менин мойнум ага көп жар бербейт* (Абакиров). *Эмитен минтип эчтекеге мойнуң жар бербей жүрсө, сенден кандай окумуштуу чыгаар экен* (Саатов).

МОЙНУ ЖООН. к. Жоон моюн.

МОЙНУ МЕНЕН ТАРТУУ. Өз кылган кылмышы үчүн өзү жооп берүү, өзү милдеттүү болуу, өз айыбынын азабын тартуу. *Кол менен кылганды моюн менен тартыш керек* (Байтемиров). - *Кара чечекей уулумду набыт кылып, жоокердин баарын кыдырып, өзүң анан качьт келгениңди мойнуң менен тартасың* (Көчкөнов).

МОЙНУНА АЛУУ. Кемчилигин, күнөөсүн, кылмышын танбоо, болгонун болгондой айтуу, чынын айтуу. - *Мына эми мойнуңа алдың. Эми болсоң сатып ал ошолорду алдагы байлыгыңа* (Кушубеков). *Чындыкты моюнга*

алуудан башка арга жок («Ала-Тоо»)

МОЙНУНА КОЮУ. Кемчилигин күнөөсүн, кылган кылмышын далилдеп берүү, тана албагыдай кылып далилдөө. - *Асаке, сиздин менин мойнума коё турган эч бир далилиңиз жок* («Кыргызстан мада-нияты»).

В.: Мойнуна салуу. *Коюн кайтарбай коюп, карышкырга жедиргендеринин баарын мойнуна салды* («Кыргызстан маданияты»).

МОЙНУНА МИНҮҮ. 1. Толук бийлөө, үстөмдүк кылуу, басынтып алуу. *Айылдын абалы жаман. Жокчулук биротоло моюнга минип алды* (Абдукаримов). *Байманаптар кедейлердин мойнуна минип, баш көтөргүсүз абалда кармаган* («Ала-Тоо»).

2. Жүк болуу, бирөөгө салмагын салуу, башканын эсебинен күн көрүү. *Ата-эненин мойнуна минип, ошолордун аркасы менен дардаңдап жүрөт.*

МОЙНУНАН БАЙЛАГАН ИТТЕЙ. Көңүлү келбей, айласыздан, араңдан зорго, күч менен, кыйыктанып жатып деген мааниде колдонулат. *Мойнунан байлаган иттей болуп араң кетти. Мойнунан бай-лаган иттей болуп эле кыйыгына тартып турат* (Абдукаимов).

В.: Мойнунан байлагандай. *Мунун баарына тең Бермет катышты, бирок катышканы менен мойнунан байлагандай болуп, кыйылып араң эле басып жүрдү* (Абдукаимов).

МОЙНУНА СОРПО ТӨГҮЛҮҮ. Шору катуу, башына кыйынчылык түшүү, айласы кеткен, өтө кыйын абалда калуу. *Обу жок сөз айтып альт, татырлыкжооп алгандан киин, Солтобайдын мойнуна сорпо төгүлгөнсүп туруп калды* («Ала -Тоо»). *Менин көзүм өткөндөн кийин сенин керилип уктап жатканыңды көрөрмүн, мойнуңа ошондо сорпо төгүлөр* (Кыдырмышев).

МОЙНУНА ТҮШҮҮ. 1. Төлөмөр болуп калуу, төлөп берүүгө милдеттүү болуу. *Мойнуна эки миң акча түшүптүр* («Ала-Тоо»).

2. Мойнуна жүктөлүү, жоопкер чиликтүү болуу. *Эми атам өлгөндө тиричиликтин бардык түйшүгү өз мойнуна түштү* (Абдукаримов).

МОЙНУН СЫНДЫРУУ. к. Шайтан мойнун сындыруу.

МОЛДО БОЛУУ. Тентектиги, шоктугу жоголуп, жоош, момун болуп калуу (көбүнчө балдарга карата). - *Эне, Сапаш молдо болуп калган турбайбы («Ленинчилжаш»).*

В.: Сопу болуу. - *Эй, бийкеч, бат эле сопу болуп калган турбайсызбы!?* («Чалкан»).

МОЮН АЛЫШУУ. Абдан таттуу болуу, аябай ынтымактуу болуу. *Мурда моюн алышып жашаган Насыр менен Күлүмдөй жубайлар жок сыяктуу көрүнөр эле* («Ала-Тоо»).

МОЮН БЕРБӨӨ. Баш ийбөө, макул болбоо, жеңилбөө, көңүл бөлбөө. *Ажике жеңем жакшы эле моюн бербей күйөөсү кармаган жеңин жулуп алып Мунабияны көздөй тап коеюн дегичекти Мунабия аны кыжаалат бир карап алгандай болду* (Акматов). *Мурун эле ушул сыяктуу оорунун белгилери белгилүү болгонуна моюн бербей жүрө берген (Бердикеев).*

МОЮНГА АЛУУ. 1. Айыбын, кылган күнөөсүн, жаңылыштыгын танбоо, ырастыгына макул болуу, болгону чын деп айтуу. *Эмесе, Кара-Суунун казан башында турган шеф поварлары ботконун тузун саал өткөрүп жиберишкенин моюнга алуу керек* («Чалкан»). *Ыйлаак кемчилигин мойнуна алды* (Байтемиров). *Айтолкунда чындыкты моюнга алуудан башка арга жок* (Каимов).

2. *Милдетин алуу, аткарууга милдеттүү болуу. Кыштын катуу чилдесинде өтө кыйындыкты, оордукту моюнга алып, мал багып, мал өстүрүп жаткан эмгек баатырларына мен ызаат менен карайм* (Баялинов). *Мамырды жүйөөгө келтирүү милдетин да Алтын мойнуна алды* (Байтемиров).

МОЮН СУНУУ. Айтканына, койгон талабына макул болуу, баш ийүү, көнүү, каршылык көрсөтпөө. *Жүйөлүү жоопко Бакы моюн сунат* (Осмоналиев)*Иштен баш тартуу кылмыш катары кабыл алынаарына ишенген Осмонкул бара-бара моюн сунуп калды* (Өгөбаев). *Он жылдык өмүрү бир күндө өтүп кеткендей карылыкка ошол күнү моюн сунду* (Кушбаков).

МОЮН ТОЛГОО. Тил албоо, кежирлик кылып бир нерседен баш тартуу, аткаргысы келбөө. *Сагын моюн толгоп койгону менен бүгүн кузгундан эрте турду* (Осмоналиев). *Алар тиги Кары Тукумдарын, андагы Чоңор Баатырын бел тутуп, моюн толгошуп жатышат ко* (Көчкөнов). *Абышка дагы эле моюн толгойт* (Медетов).

МОЙНУ ТОҢДУК КЫЛУУ. к. Тоң моюндук кылуу.

МОЙНУ ТОҢ. к. Тоң моюн.

МӨГӨДӨЙ САЛБЫРОО. Абдан сурануу, аябай өтүнүү. *Мөгөдөй салбырап алдыңа келип отурам, эмне кылсаң, өзүң бил* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Мөгөдөй ийилүү. *Сайра жалынып -жалбарып, мөгөдөй ийилип жаньшдатурат* (Сыдыкбеков).

МӨРӨЙҮ ҮСТӨМДӨӨ. Жеңишке ээ болуу, көтөрүлө түшүү. *Бу саам Касымбек ага кошула ээрчигендери мөрөйү үстөгөндөй көтөрүлдү* (Бейшеналиев). *Калпа мөрөйү үстөмдөгөнүн туйдура болуш агасына компойду* (Бейшеналиев). *Ал улуктарына жакшы көрүнүүгө шыйпаңдап мөрөйү үстөмдөгөндөй мактанган түрү бар* (Бейшеналиев).

МӨӨРӨП КЕТҮҮ. Текке кетүү, куру-бекер өтүү, пайдасыз болуу. *Баса, Омор айткандай, биздин өмүр мөөрөп кеткен экен го* (Сыдыкбеков).

МУЗ ЖҮРӨК. к. Жүрөгү муз.

МУЗООСУНДА СҮЗДҮРҮҮ. Жаш кезинен, башынан эле моюн сунуп, баш ийип калуу, коркуп жалтак болуп калуу, бел аддырып коюу. *Бардыгы тең музоосунда сүздүргөн акмактар да* (Жантөшев). *Музоосунда сүздүрүп койгон эл колун куушуруп, коюн жетелеп, алдынан тосуп чыкты* («АкМөөр»). *Музоосунда сүздүргөн шоркедейлер да* (Бейшеналиев).

МУРДУ БАЛТА КЕСПӨӨ. к. Мурдун балта кеспөө.

МУРДУ БҮТҮҮ. Бир нерсеге абдан карк болуу, ашып-ташкан кененчиликте болуу, абдан туйтунуу. *Акча жагынан мурдуң бүттү го?*

МУРДУ ДЕРДЕЕ ТҮШҮҮ. Мактануу, өзүн сыймыктуу сезүү, кубануу. *Чын эле Сабырдын мурду дердее түштү* (Жусупов).

МУРДУМДУ ТУУРА КЕСИП БЕРЕЙИН. Бул чындык, ошондой болоруна шек жок, сөзсүз боло тургак нерсе, толук ишеничтүү деген сыяктуу ишендирүү, ынандыруу маанисинде колдонулат. *Кал десе мурдумду туура кесип берейин* («Чалкан»). *Кайра келбесе, мурдумду туура кесип берейин* («Ала-Тоо»). *Эгер сенден режиссер чыкса, мурдумду туура кесип берейин* (Борбиев).

МУРДУ МЕНЕН БИР ТИЙҮҮ. Корс эткен, орой мамиле кылуу, кимдир бирөөгө катуу айтып чогоолдук жасоо, корстук кылуу. *Кайнап-кайнап отуруп эле мурдум менен бир тийгенимди билип калам* («Советтик Кыргызстан»). *Бакырчаактын күүлөнүп келип мага мурду менен бир тийгени ошол экен* (Жигитов). *Жар түбүндө тепселип жаткан буурасын көрүп, Казангаптын жанына баткан экен, мурду менен Эдигейге бир тийди* (Айтматов).

В.: Тумшугу менен бир тийүү. *Өзү да айтып күлөт: «тумшугум менен бир тиймемди салыптырмын, - деп* (Абдукаимов).

МУРДУНАН ЖЕТЕЛЕТҮҮ. Бирөөгө толук көз каранды болуу баш ийүү, бирөөнүн айтканынан чыкпоо, өз алдынча боло албоо. *Анын эмнесине кайгырасың, өзүнүн жамандыгынан мурдунан жетелетип жүрөт* («Ала-Тоо»). *Өзгөчө өзү хан туруп Нүзүпкө мурдунан жетелетип калгандыгы үчүн эч кечире албады* (Касымбеков). *Карапайым койчулар көптү билет, ошондуктан Абылбек койчуларга мурдунан жетелетип жүрөт* (Жусупов).

МУРДУНАН ЖЕТЕЛӨӨ. Бирөөнү өзүнүн таасирине багындырып, баш ийдирип алуу, көз каранды кылуу, айткан-дегенинен чыкпай турган кылып алуу. *Биринчиден, сени мурдуңан жетелебей өзү коркуп турсун* («Чалкан»).

МУРДУНУН МАҢКАСЫН ААРЧЫЙ АЛБОО. Колунан эч нерсе келбөө, бар мүмкүнчүлүгүнөн ажыроо, эч нерсе кыла албай калуу. *А мүногүң, андай болгондо мурдунан маңкасын ааарчый албай калат* (Медетов).

В.: Мурдунун богун ааpчый албоо. - *Айтканың акылдуу кеп дечи, бирок балдарың али мурдунун богун ааpчый албайт* (Айтматов).

МУРДУНАН СЕМИРҮҮ. Көөп кетүү, бой көтөрүү, дердейип мен менсинүү. *Аба, сиздин оң жагыңыздагы, кер мурут бизди тааныбай, мурдунан семириптир* («Чалкан»).

МУРДУНАН СУУ АГУУ. Кыйналуу, азап чегүү. *Мурдунан суу аккан го, кыязы, бөлөк эл, бөтөн жерде* (Кушубеков).

МУРДУНАН ЭШЕК КУРТУН ТҮШҮРҮҮ. Кыйнап акесин таанытып, тартипке чакырып коюу. *Шашпа, мурдуңан эшек куртуңду түшүргөндө түшүнөсүң* (Тойбаев).

МУРДУНАН ЭШЕК КУРТУ ТҮШӨ ЭЛЕК. Баштагы абалынан кайта элек, эч жаманчылык, кыйынчылык көрө алек. *Мурдунан эшек курту түшө элек манап намысына чыдабай болушка кордук көрсөтүшү да мүмкүн* (Каимов).

МУРДУНА СУУ ЖЕТҮҮ. к. Тумшугуна суу жетүү.

МУРДУН БААТА КЕСПӨӨ. Кенебөө, тоготпоо, камаарап койбоо, капарыны албоо, көңүлбурбоо. *Мурдубузду балта кеспейт, кайгы-капа менен жумушубуз жок* (Убукеев). *Ушуну курап алса болду, көйнөгү жок тери тонун жалаң этине кийип жүрсө мейли мурдун балта кеспей, кымыз уулап, жаңжал издеп, кутуруп чаап жүрмөй* (Касымбеков).

В.: Мурду балта кеспөө. *Бактыгулдун мурду балта кеспейт,магдыраган уйкуда* (Сыдыкбеков). *Алапайдын мурду балта кеспейт, узөңгүгө бутун салып, аттанмакчы болгондо жаны кашайган Исмадияр оодара тартып, жакадан алды* (Саатов).

МУРДУН ЖАРУУ. Кандайдыр бир нерсенин жыты мурунга катуу таасир берүү, катуу жыттануу. *Биз үйгө киргенде чыгдан жактан ышталган саба менен ууз кымыздын жыты мурдубузду жарды* («Кыргызстан маданияты»). *Тер жыттанган үйдүн ичи таза абадан киргендердин мурдун жарып жиберди* (Абдукаимов).

В.: Мурунду жаруу. *Сабыр кара чатырга келгенде балыктын*

сүрсүгөн жыты мурунду жарды (Жусупов).

МУРДУН КӨТӨРҮҮ. Кекирейүү, менменсинүү, көпкөлөң тартып чиренген абалда болуу. *Жаман киши ошондой, бат эле жакшылыкты унутуп, мурдун көтөрүп калат* (Абдукаримов). *Анысын Жакиш сезбейт экен мурдун көтөрүп* (Бердикеев). *Жанакы Ишемби деген неме кийинки кундөрдө мурдун көтөрүп эле жаман болуп кетти* (Кыдырмышев).

В.: Мурун көтөрүү. *Ыгы жок мурун көтөргөндүн кереги эмне* (Жантөшев).

МУРДУН ТАЗАЛОО. Эч нерсе билбеген, көрбөгөн киши болуп актанып чыга берүү. *Ал ошентип, мурдун тазалап жөн калмак* («Ала-Тоо»).

МУРДУН ТАРТА АЛБАГАН. 1. Али жаш, кагыла элек, турмуштун өйдө-ылдыйын биле элек, тажрыйбасыз. *Мурдун тарта албаган жаш балдар эмнеге түшүнсүн* («Ленинчил жаш»).

2. *Үлдүрөгөн, ымтыраган, жүүнү бош. Асанбек мурдун тарта албаган неме көрүнөт* («Ала-Тоо»).

В.: Мурдунун суусун тарта албаган. *Тиги мурдунун суусун тарта албаган немелерден өйдө муну окуп алышарын, анан тартынбай каалагандарын айта беришерин ойлоду* («Ала-Тоо»). *Асылкан кечээ эле мурдунун суусун тарта албай жүргөн неме эмес беле?* (Абдукаимов).

МУРДУН ТЕШКЕН ТОРПОКТОЙ. Айткан-дегенинен чыкпайтургандай, ою менен боло тургандай. *Бир айдын ичинде эле кыз Асектин башын айлантып, мурдун тешкен торпоктой жетелей баштады* (Борбиев).

МУРДУН ЧҮЙРҮҮ. Жактырбоо, теңине албоо, теңсинбөө, тоотпоо. Кесиптештеримдин бирөөнкөрө албай, ичим күйөт, экинчилери жактырбай, мур-дун чүйүрөт (Борбиев). Айтор, ал жай убакта эле көзүкөргөндүн баарьш жак-тырбай, мурдун чүйрүп жүргөнсүйт (Жигитов).

МУРУНДУ ЖАРУУ. к. Мурдун жаруу.

МУРУН КӨТӨРҮҮ. к. Мурдун көтөрүү.

МУРУНТУГУ БОШ. Токтоло элек, ойноо курак, жаш кез деген мааниде. *Айтор, мурунтугу бош боз баштар мындай турушсун, эр ортону көк ала сакалдарга чейин тигил мактоону кулак түрүп угушат* (Сыдыкбеков).

МУРУН УЧУНАН. Акырын, астыртан, жай гана, угулар-угулбас. *Анан дагы угулар-угулбас куду өзү менен сүйлөшүп жаткандай мурун учунан сүйлөнө кетчү* (Мырзаев).

В.: Мурун алдынан. *Мурат ага тике карабай, мурун алдынан күңк этти* (Даникеев).

МУРУТУНАН ЖЫЛМАЮУ. Үн чыгарбай, болор-болбос күлүмсүрөп коюу. *Ал мурутунан жылмайып, эргип койду* (Бейшеналиев). *Карап алып, мурутунан жылмайып койду* (Бердикеев).

МУРУТУНАН КҮЛҮҮ. к. Мыйыгынан күлүү.

МУУНУ БОШОО. Бирөөгө жаны ачып, боору ооруп кейүүдөн улам зээни кейип ыйлагысы келүү, кейиштүү абалга туш келүү, токтоно албай жашып кетүү. *Бирок душман жабалактап турганда, мууну бошоп, муңга батып кетчүэмес* (Бөкөнбаев). *Качыкенин өзү да буулугуп, бүткөн бою калтырак басьт, мууну бошоп турду* (Сыдыкбеков).

В.: Муун-жүүнү бошоо. *Алманбайдьш муун-жүүнү бошоп кетти* (Сайдуллаев). *Эне сөзүнүнушулжерине келгенде муунжүүнү бошоп, тамагын ый бууп калгансыды* (Медетов).

Жүүн-мууну бошоо. *Жолой айласы кетип, жүүн-мууну бошой түшөт* (Өзүбекова).

Муун - жүүнүн бошотуу. *Сай-сөөктү сыздата сүйлөгөн Сайранын сөзү Бейшекенин да муун-жүүнүн бошотуп, зээнин кейитти* (Саатов).

МУУНУ КАЛТЫРОО. 1. Күчү кетүү, күч-кубаты кетип алсыроо, шайманы бошоо. Анын мууну калтырап, каратер басты.

2. Коркуу, калтыраап калуу, калтырак басуу. *Муну ойлосом, ушул күнгө чейин муунум калтырайт* (Абдукаимов).

В.: Муун-муунуна тийбөө. *Муун-муунума тийбей калтыроо менен: -Жакшы, - дедим* (Жантөшев).

МУУНУ КАТУУ. Баралына жетүү, күч-кубаты толуу, эр жетүү, чоңоюу. *Букаранын тукуму мууну катып жетилди* (фольк.).

В.: Мууну бекүү. *Мууну бекий элек жаш балдар.*

МУУНУНА КИРҮҮ. Телчигүү, күч кирүү. *Келтенин каарынан кийин Оросул көпкө мууна кире албай шалдырай түштү* (Осмонали-ев).

МҮЙҮЗ ТИЛЕЙМ ДЕП, КУЛАГЫНАН АЖЫРОО. Жок нерсеге жетем деп, колунда барынан ажыроо, куру калуу. *Мүйүз тилейбиз деп барып, кулагыбыздан ажырап калбайлы деп ойлодук* (Бөлөкбаев).

В.: Мүйүздүү болом деп, кулагынан ажыроо. *Бир саатча мурда эле кундуздай кара, жарашыктуу таралган чачы болгонун, мүйүздүү болом деп, кулагынан ажырап калганын ойлоп, каңырыгы түтөп кетти* («Ала-Тоо»).

МҮЙҮЗҮ ЧЫКПОО. Эч пайда таппоо, артыкча, өзгөчө болуп кетпөө. *Сараңдыктан деле мүйүзүбүз чыккан жок* (Каимов). *Жарым саат ашык уктап, мүйүзү чыкпады* («Советтик Кыргызстан»).

МҮНӨЗ ТАМАК. Өтө майлуу, туздуу болбогон жеңил тамак. *Эптеп мүнөз тамак менен оокат кылып жүрөт* («Чалкан»). *Мүнөз тамак ичип жүрөт.*

МҮНӨЗҮ ООР. Абдан токтоо, салмактуу, салабатгуу, оор басырык. *Мүнөзү оор, салмактуу, табиятынан ушундай жаралган* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Оор мүнөз. *Же, ушундай оор мүнөзү үчүн жигит жүрөгүнө жол таап, өзүнө тарта албагандыр* («Кыргызстан маданияты»).

МҮРДӨМГӨ КЕЛБӨӨ. Ошол замат, токтосуз, дароо, тез эле. *Келтек экинчи жолу карышкырдын тумшучуна тийгенде ал мүрдөмгө келбей шалк дей түштү* (Каимов).

МҮРӨКТҮН СУУСУ. 1. Элдик түшүнүк боюнча: өмүрдү, жашоону узартуучу дары суу. -

Сен эмне, мүрөктүн суусун ичтим дейсиңби?

2. *сүйл.* Ичкилик, арак. *Түрүнө караганда Сатыбек мүрөктүн суусунан кылт этип алгансыйт* («Кыргызстан маданияты»).

МЫДЫР ЭТКЕН. Кыбыраган, кыбыр эткен, көзгө илинген. *Бул чөйрөдө бизден башка мыдыр эткен жан жок* (Элебаев). *Жанында уй мүйүз тартып отургандар түгүл те алыста үндүн жаңырыгы араң жетип турган жердеги эл да мыдыр этишпей сөз тыңшап калышты* (Касымбеков).

МЫЙЫГЫНАН ЖЫЛМАЮУ. к. Мыйыгынан күлүү.

МЫЙЫГЫНАН КҮЛҮҮ. Үн чыгарбай, билинер-билинбес жылмаюу, кичине күлүмсүрөө, ууртунан күлкү чыгаруу. *Алардын аңгемесин тыңшап, мыйыгынан күлүп койду* (Абдукаимов). *Жигит Атакелдинин сөзүн төкпөй-чачпай айтып барганда Кырбаш мыйыгынан күлүп койду* (Сыдыгалиев). *Эми Асыл акырын мыйыгынан күлүп, Сулайман менен Сүйүнбайды аңдып калган* (Өгөбаев).

В.: Мурутунан күлүү. *Качканын көрүп Чубактын, Мурутунан күлдү эми* («Манас»). *Эдиге мурутунан күлүп, оолактай берди* (Осмоналиев).

Мурутунан мулуюу. *Дүр бүктөлүү кагазды шар ача:»жайыраак барабыз, күт» деген кыска сөздү окуп, мурутунан мулуйду* (Бейшеналиев).

Мыйыгынан жылмаюу. *Ал мыйыгынан жылмайып, деле шашпаган кыязда бара жатты* («Чалкан»). *-Болот экен го, - деп өз алдынча .Кошбаев мыйыгынан жылмайып баратты* («Кыргызстан маданияты»).

Мыкыйынан күлүү. *- Жок, укkан эмесмин, - деди Тообай мыкыйынан күлүп* (Кыдырмышев).

МЫК ЧЕГЕР. Мыкты, кыйын, билерман, билгич. *Эки жаат болуп ордо атышкандардын бир тарабыньш мык чегери, - Асанкан* («Чалкан»).

МЫЛТЫКТЫН ООЗУНДА КЫЛЫЧТЫН МИЗИНДЕ. Абдан опурталдуу, өтө коркунучтуу, өлүм менен ажал арбашкан жерде деген мааниде колдонулат. *Мына ушул*

Чал дайыма мылтыктын оозунда, кылычтын мизинде жүрүп, жоокерчилик заманда бир катар аты чыгат (Ш.Үмөталиев).

МЫНА КЕЛЕТ, АНА КЕЛЕТ. Азыр, көп узабай эле, кыска мөөнүттүн ичинде деген мааниде колдонулат. *Мына келет, ана келет менен аллеядан ары-бери басьт журө берип, убакыттын далайын өткөрдүм* (Саатов).

МЫШ БОЛУУ. Катуу уятка калуу, шылдың болуу. *Унутулгус иш болуп, Урушам деген Коңурбай Өзү келип мыш болуп* («Манас»). *- Ырдап жиберсең, кызы экөө мыш болуп калсын, - деп көзүн кысты* (Осмоналиев). *Ошондо мыйыгышан күлгөн эркектер мыш болуп, камчылары менен сандарын чаап, туура бастырышты* (Жусупов).

МЫШ КЫЛУУ. Катуу сындыруу, шылдың кылуу, уятка калтыруу. *Азырынча сасык бай кайын атасы менен куу чирен кемчонтой эрин мыш кылып, Үрпукандын даңазасы жайыла берди* (Бейшеналиев). *Биздин жаңы апабыз алардьш сазайын колуна берди бейм, иттин гана арткы шыйрагындай мыш кылды* (Борбиев). *Улакчылардын бардыгын мыш кылып, кош дөбөнү үч айландырып келип, Көй-Кашканын алдына таштады* (Көчкөнов).

МЫШЫК БАСЫШКА САЛУУ. Акырын, жай, эч шек алдырбай басуу, жүрүү деген мааниде айтылат. *Анан шырп алдырбай, мышык басышка салып, чөп алачыктын ичин карады* (Саатов).

МЫШЫК БОЛУУ. Коркуу, жүрөгү түшүү. *Бирок, Шертайдын бир жакшы жери - мышык болуп калган күндө да жакшылыгын эч бир тууганынан аябайт* (Бердикеев). *-А-а?! Мышык болуп калат экенсиң го, мышьш болуп* (Касымбеков). *Жолумдан жолборс чыкса, мышык бол-бой кантейин, Осоке?..* (Касымбеков).

МЫШЫК СОПУ. Кандайдыр бир жагымсыз, былыктуу ишти иштеп коюп билмексен, көрмөксөн болгон анткор, арамза. *Эч жерге батпай шумдук болгон неме айылга көчүгү батканча мышык сопу болоюн деген го деп, анын сыпайыкерчилигине ишенишпеди* (Каимов).

МЫШЫК -ЧЫЧКАН ОЙНОТУУ. Туура эмес мамиле жасоо, шылдыңдоо, нечен алакеттен өткөрүү. *Бул эмне, мени мышык-чычкан ойнотот* (Казакбаев).

МЭЭГЕ ЧАЙ КАЙНАТУУ. к. Мээсине чай кайнатуу.

МЭЭ ЖЕТПӨӨ. Түшүнбөө, биле албоо. *Оймо-чиймелерине мээ жетпейт, чаташкан кооз килемдер* (Осмоналиев).

МЭЭ КАЙНОО. Абдан ысуу, өтө ысык болуу. *Мээ кайнап, тилдер кургап, күндөр ысып* (Бөкөнбаев).

В.: Мээ сызгырылуу. *Керимсел куйкаланган талаа үстүндө аптап лапылдап мээ сызгырылат* («Ала-Тоо»).

МЭЭ КЫЛУУ. Маңызданып, эзмелеп сүйлөй берип тажатуу, башын айландыруу. *Бир айткан сөзүн эки айтып, Дардаңбайды мээ кылды* (Тоголок Молдо). *Сүйлөй берип мени мээ кылып жиберди.*

В.: Мээни ачытуу. *Мээни ачыта турган маңыз адам эле* (Жантөшев).

МЭЭРИН ТӨГҮҮ. Ичи эзилүү, жакшы көрүү, сүйкүмдү мамиле жасоо. *Кайкыдагы чоколок таштын жанында турган кызга мээрин төгө карап койду* (Медетов).

МЭЭРИ ТҮШҮҮ. Жакшы көрүү, жактыруу, сүйүп калуу. *Алымбек датка али бир ооз сөз айтпай отуруп, бул адамга мээри түшүп, ичи жылып калды* (Касымбеков).

МЭЭСИ АЙЛАНУУ. 1. Акылынан айнып калуу, алжып калуу. - *Мээси айланып калган окшойт, карасаң...* («Ленинчил жаш»).

2. к Башы айлануу.

3. Өзүнчө бир чечимге келе албай башы маң болуу, эмне кыларын билбей калуу. - *Эжеке, сиздин сурооңузга мээси айланып турат* («Кыргызстан пионери»).

В.: Мээси айнуу. *Мээси айныган чал.*

Мээси катуу. *Доочу келсе күнүгө, Мээң катат каңгырап* (Токтогул).

Мээси шишүү. *Мээм шишиди да калды.*

МЭЭСИ АЧУУ. Эмне кыларын биле албоо, баш-аягын таппай маң болуу. *Жамалбек оюна келгенин айта берсе, кишинин мээси ачыйт* («Чалкан”).

МЭЭСИ БӨКСӨ. Акылы тайкы, кем акыл. *-Э-эй, мээси бөксө айбан! - дейт ал* (Осмоналиев). *Мээси бөксө болгону менен, денеси чың, ишкер эле* («Ала-Тоо»).

МЭЭСИ БӨКСӨРҮҮ. Акыл-эси баштагыдай болбой кем акыл боло баштоо (көбүнчө карылыгы жеткен, алжый баштаган адамдарга карата). *Анын дагы мээси меникиндей бөксөргөн тура* («Кыргызстан маданияты»).

МЭЭСИ ЖЕТПӨӨ. Түшүнбөө, баамдай албоо. *Окуу колумдан келбейт, Сыдыке, мээм жетпейт* (Бердикеев).

МЭЭСИ КЕҢГИРӨӨ. Бир нерсени аңдай албоо, ага акылы жетпөө. *Аздан соң мээси кеңгиреп, башы айланып кетти* (Укаев).

МЭЭСИНЕ МАЙ КАЙНАТУУ. к. Башына май кайнатуу.

МЭЭСИНЕ ЧАЙ КАЙНАТУУ. к. Башына май кайнатуу.

МЭЭСИН ЧАГУУ. Бир нерсени кайта-кайта айта берип, жемелей берип тажатуу. *Элебес баягы көнүмүш көр жемесине салып, толуп жаткан бир демелерди айтып, мээмди чагып жатат* (Элебаев).

В.: Мээсин эзүү. *Анан «ууру кылба, ушак сүйлөбө» деп акылдуу сунуп, аялынын мээсин эзгендер да далай* (Бердикеев).

-Н-

НААР АЛБОО. Тамак ичпөө, эч нерсе жебөө, ооз тийбөө. *Бугун эртеден бери наар алганыбыз жок* (Элебаев).

НАЗАРЫ АЧ. Мээримсиз, ач көз, нысапсыз. *Жалган дүйнө! Энеден ажыраган бала назары ач болот белем* (Осмоналиев). *Байдын уулу назары ач, ыймандуу киши андан кач* (макал).

НАЗАРЫН СЫНДЫРУУ. Көңүлүн калтыруу, шагын сындыруу, уят кылуу. *Талоонго алган жек жаатынын назарын сындырып, томсорткондо Бошкой аны алкайбы?...* (Бейшеналиев). *Ичине кир албай, кишиге жүрөгүн ачып, боорукер өскөн баланын назарын сындырып коёр бекен* (Өгөбаев).

НАЗАРЫ СЫНУУ. Көңүлү калуу, шагы сынуу, көөнү калуу. *Ошондо жаман назарың сынат экен* (Бердикеев). *Анысъша ыракмат укпай, назары сынып кайтканын туйду* (Медетов). *Шайлоодо жыгылган Ырысбектин назары сынып, айланадагылардын баары көзүнө душмансып, шөмтүрөй түштү* (Өгөбаев).

НАЗАРЫ ТҮШҮҮ. 1. Көңүлү түшүү, жакшы көрүү, сезими пайда болуу. *Ушу кымгуутта Зарипанын сулуулугуна Эдигейдин назары түштү* (Айтматов).

2. *Көңүлү чөгүү, уят болуу. Карыя алдында назарым түшүп, алсыз болдум* (Жусупов).

НАЗ ТАШТОО. Кылыктана, өтө жайдары мамиле жасоо. - *Келе, алдагы далдаң кулагыңды чоёюн! - деп наз таштады* (Ш.Үмөталиев).

НАЙЗА БОЙЛОБОО. Эч нерсе тең келбөө. *Найза бойлобой турган иштерди жасаптыр. Найза бойлобой турган сөздөрдү айтат.*

НАЙЗАНЫН УЧУНДА, КЫЛЫЧТЫН МИЗИНДЕ. Абдан кыйын кырдаалда, өтө опурталдуу учурда. *Алар менен найзанын учунда, кылычтын мизинде беттешебиз* (Бейшеналиев).

НАМАЗЫ КАЗА БОЛУУ. *дин.* Намаздын өз убагында окулбай, орундалбай калышы же кечиктирилип окулушу.

В.: Намазы бузулуу. *Керек Султанга бурула карай салды эле, тиги намазы бузулган молдодой жыйрыла түштү* (Егиналиев).

НАМАЗЫН ОКУТУУ. Жазасын берүү, катуу жазалоо, сазайын берүү. *Эсир күбүрөп кыжынат: -Ошолордун ташы эле кулай береби дайыма?! Шашпасын, намазын окутармын*(Осмоналиев).

НАМЫСТЫ КОЛДОН ТАЙДЫРУУ. Жеңилип калуу, уят болуп калуу. *Ушунча журттун арасьшда агасы маскара болуп, намысты колдон тайдырганына акын абдан капа болду, кейиди* (Бейшеналиев).

В.: Намысты колдон чыгаруу. *Бошкой ырчы жеңилип, намысты колдон чыгарганына Касымбек кыжына өкүнгөндөй ичинен катуу күрсүндү* (Бейшеналиев).

Намысты колдон кетирүү. *Намысты колдон кетирип, маскара болгуча, өч алуунун амалын ойлоо керек, - деп, катуу кекенди* (Осмоналиев).

НАМЫСЫНА КАМЧЫ ТИЙҮҮ. Сезимине доо кетүү, ызаланып, сынып калуу. Кыз өлсө *«теңине албагандыктан болду» деген чыгат да, күйөө бала тараптагылардын намысына камчы тиет* (Осмоналиев).

НАМЫСЫН КОЛГО АЛУУ. Өз абийирин, беделин сактоо, жеңишке ээ болуу. *Намысын колго алууну көздөгөн чекир өңүнүн каны качып, тиш салчу жырткычтай ызырынып, эч кимге сыр айтпай бешимде аттанды* (Осмоналиев).

НАМЫСЫ ОЙГОНУУ. Арына келүү, сезими козголуу. *Намыстары ойгонуп, кандары кайнап, жандарын үрөшөт* (Абакиров).

НАНДЫ «НАНА» ЭТТИ «БЫПЫЙ» ДЕП ЖҮРҮҮ. Маанисин түшүнбөө, оңой деп ойлоо, баркына жетпөө. *Машина айдап жүргөн кезде сен нанды «нана», этти «быпый» деп жүрчүсүң балам* (Айтматов).

НАН КАРМАШУУ. Антташуу, убадалапгуу, бири-бирине сөз берүү. *Ошентип бул экөө Тазабектин көзүн кандай тазалоо керек деген бүтүмгө келип, арак ичишип, акырында нан кармашып, аттанышкан* (Мавлянов).

НАПСИСИН АГЫТУУ. Ач көздүк кылуу, сугалактык кылуу. *Калың, жеңкетай жебедик деп напсисин агытып жаткан жалгыз ушу унутчак жеңем экен* (Тойбаев).

В.: Нысабын агытуу. *Бир өзөндүн дайрасын соолто жутсак да тойбочудай нысабыбызды агытуудабыз* (Медетов).

НАРЫ БАРЫП, БЕРИ КЕЛҮҮ. Өтө кыйналуу, катуу оорудан кайра тартуу, өлүмдөн калуу. *Аялдын бир ажалы төрөт дешет экен, демек аял кыйналып: нары барып, бери келет го?* (Абдукаимов).

НАРЫДАН БЕРИ. к. Арыдан бери.

НАСПАЙ АТЫМГА. Бир азга, бир саамга, анчалык узак эмес. *Аман дымып, наспай атымга унчукпай, чар тарапка суктанып карап турду* (Бердикеев). *Зулайка наспай атым убакыт өтпөй операция столунун үстүндө жатты* (Бердикеев).

НЕ БАР, НЕ ЖОК. Эмне болот, кандай болот, билип болбойт деген сыяктуу алдын ала кам көрүү маанисинде. *Көп жол басасыңар, согушка киресиңер: не бар, не жок, жеп ал, садага болоюн* (Абдукаимов). *Аялынын оор абалынын жашырганын түшүнүп, не бар, не жок деп айлынан келген жеңил машинаны дайындап койду* (Сыдыгалиев).

НЕЗ БОЛУУ. Дал болуу, жалдырап, эмне кыларын билбей калуу. *Нез боло тушкөн Үпөл тамдын сырткы эшигинин ачкычын араң тартты* (Бердикеев). *Алтыбайдын акылы кетип нез болуп* («Эр Табылды»).

В.: Нес болуу. *Барсам кабинетинде жалгыз отуруптур, нес болуп катып калыптыр* (Бердикеев).

НЕРВГЕ ОЙНОО. Жинин келтирүү, чыдамын кетирип, кычыгына тие берүү. *Батима энтигип, тойдум, ушундай нервге ойноюн ичкич эрдин барынан жогу! Жолой жок болсо доочу жок, нервим тынч! Сатам!* (Ж. Өзүбекова).

В.: Нервге тийүү. *Апал ого бетер нервине тийип, ой, сенин алкаш эриң кимге керек саталбайсын* (Өзүбекова).

Нервди бузуу. *Бирок, андай коркунучтуу эч нерсе болуп өтпөсө да, ошол ушак-айындар канча нервди бузбады дейсиз* («Советтик Кыргызстан»).

НИЕТИ АК. Ою тунук, кишиге жамандыгы жок, арамдык ойлобогон. *Ниети ак, пейли дурус кишилер дайыма ушундай болот* (Саатов).

НИЕТИ БУЗУК. к. Кара ниет.

НИЕТИ КАРАЮУ. Пейили бузулуу, оюна жамандык келүү, жаман ой пайда болуу. *«Ит ач болсо ээсинин этин жейт, задисин карачы», - деди ниети карайып* (Касымбеков). *«Карачы, катынга чаргытканын карачы?!» деп, ниети карайып, тилмеч кабагын үйрүп ойлонуп кетти* (Касымбеков).

НИЕТИ ЧАППОО. к. Пейли чаппоо.

НИКЕСИ БУЗУЛБАЙТ. Эч зыянга учурабайт, мындан эч нерсе болбойт. *Күтө турса, никеси бузулбайт, айта бар* («Чалкан»).

НЫСАБЫН АГЫТУУ. к. Напсисин агытуу.

-О-

ОБОДОЮ СООЛУУ. Абдан ачкорок, өтө сугалак болуп, тамактан көзү өтүп калуу, тамакка үзүлүп түшүү. *Күндөрдүн биринде Мусуралы калпа чакыртты. Ал эң ободою соолуп, кендири кесилген Оросулдун курсагын тойгузду, жаңы кийинтти* (Осмоналиев).

ОБОРУ АЧЫЛУУ. 1. Ачкорок болуп, аябай тамак ичкиси келип калуу. *...Ачылган оборду, тызылдаган ичти чүйгүн ысыльик, кургак даам менен бурдай басты* (Бейшеналиев). *Алардьш сыртынан көзөмөлдөгөндөр, оборлору ачылып, ...эт көтөрүп бараткан жигиттерге... жардамдаша кетишет* (Аалы).

2. Алкы бузулуу, алдым-жуттум болуу, бир нерсени көп алгысы келип, алсам-жутсам деп эле калуу.

... Эсирген Калпаньш обору бара-бара ачыла баштады (Бейшеналиев).

О ДҮЙНӨ КЕТҮҮ. Өлүү, көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу, көзү өтүү. *Бопун онунчуну бүтүп, «мына эми окууга жөнөймүн» деп турганда атасы о дүйнө кетип, ал жылы шарт болбой калды* (Медетов). *Экөөңөрдүн бирге жашай турган күнүңөр түгөнгөн экен, эриң о дүйнө кетти* (Мавлянов).

В.: О дүйнө сапар тартуу. *Андан бир-эки ай өтпөй 36 жашында о дүйнө сапар тартты* («Советтик Кыргызстан»).

Оо дүйнөгө сапар чегүү. *Алардын бирөө оо дүйнөгө сапар чеккендиги жөнүндө кабар келди* (Абакиров).

О, ЖОЛУҢ БОЛГУР! Адамдын натуура жүрүм-туруму, чекилик иш жасагандыгы үчүн нааразы болуу, жеме оодаруу маанисинде колдонулат. *О, жолуң болгур, кой антпе! Кантет? Ошенткен да болчу беле?!* (Медетов).

ОЙ-БОЮНА КОЙБОО. Акидей асылуу, эркине, макулдугуна карабоо. *Тигинин ойбоюна койбой алмак-салмак жалынып-жалбарьт жатышып, бир кайыкты жарым саатка сурап алышпайбы?* (Мавлянов). *Ал экөөбүз Тозордун ой-боюна*

койбой жатып жөнөтүп жибердик (Эшмамбетов). *Жолдо жакшы санаалашы жолугуп, ой-боюна койбой үйүнө алып келип коноктойт* («Кыргызстан маданияты»).

ОЙДУ ОМКОРУП, ТООНУ ТОМКОРУУ. Көп жумуш аткаруу, абдан катуу иштөө, таш-талканын чыгаруу. *Чьшдасак, ойду омкоруп, тоону томкоробуз* («Кыргызстан аялдары»). *Мына ойду омкоруп, тоону томкоруп жүргөн кезеги* (Кыдырмьппев). *Өзүнчө ойду омкоруп, тоону томкоруп,... көтөрүңкү ишенимде келген Кожон, ...артьша шарт бурулуп, кароолчу болуп иштеген гидрометстанциясы тарапты көздөй бет алып жүрүп кетти* (Абдыраманов).

ОЙДУ-ТООНУ АЙТУУ. Баш-аягы жок, маанисиз сөздөрдү сүйлөө, ар кайсынын башын бир айтып дөөдүрөй берүү. *Ойду-тоону айтпай, ток этер жерин айтчы.*

В.: Ойду-тоону оттоо. *Ойду-тоону оттой берет.*

Ойду-тоону койгулоо. *Ойду-тоону койгулап, иши кылып, ак оюн түшүндүрүп сүйлөп турар эле* (Айтматов).

ОЙЛОСО ОЮНА, УКТАСА ТҮШҮНӨ КИРБӨӨ. Иштин, окуянын жөнү мындай болорун такыр күтпөө, күтүлбөгөн жерден башкача болуп кетүү. *Башка бирөө менен жүруп кетет деп Күкүндүн ойлосо оюна, уктаса түшүнө кирбей турган* (Борбиев).

ОЙМОК БООЧ САЛУУ. Башкаларга көрсөтпөй, байкатпай чымчуу, уяткаруу максатында чымчып алуу. *Энеси оймок бооч салып калды.*

ОЙМОК ООЗ. Оозу кичинекей, бөйтөйгөн (көбүнчө кыздарга, алардын сулуулук сапатына карата айтылат). *Оймок ооз, бото көз Кыздары сулуу кыргыздын* (Осмонкул). *Ордунан түрдү буралып, Оймок ооз, калем каш* («Курманбек»).

ОЙМОКЧОНГО ПИР БОЛУУ. Аял затына ыйык көрүнүү. *Семетейиң көз жумса: Оймокчонго пир болгон, ордолуу журтка дүң болгон* (Көчкөнов).

ОЙРОН БОЛУУ. 1. Көзү өтүү, жок болуу, өлүү. *Ал байкуш жаш кезинде ойрон болду.*

2. Талкалануу, кыйроо, бүлгүнгө учуроо. *Отун алып от жактың, Ойрон болуп кой бактың* (фольк.). *Басмачылар ойрон болду.*

В.: Ойрону чыгуу. *Тек, биз мыктылар барсак, ордонун зынданына салып ойронубузду чыгарбасын деп чочулашты* (Абакиров).

ОЙРОТТО ЖОК. Теңдешсиз, баа жеткис, эң мыкты. *Омурткасы он кула, Ойротто жок чоң кула* («Семетей»).

ОЙ ТАБЫШУУ. Бир пикирге келүү, ойлору төп келүү, көз караштары бирдей болуу. *Ооба, аны менен оту күйушуп, ой табышкан жок* (Егиналиев).

ОЙТ БЕРҮҮ. 1. Буйт берүү, жалт бурулуп карматпай качып кетүү. *Апасы келип сермей бererде Сатыкул ойт берди* (Касымбеков). *Сур ат ойт берип кошкурганда, Нур акең так, так! - деди* (Аалы).

2. Кандайдыр бир окуядан, иштен аргасын таап чыга берүү. *Бул окуяга катышпаган оңдур дегенсип, Ысмайыл ойт берип чыга берди* («Ленинчил жаш»).

ОЙ ТОЛГОО. Жүрөгүн өйүп, абдан катуу ойлонуп жүргөн ниет, ички сезим. *Ошондон улам акындын ой толгоосу тагдырдын утурумдук кучу кимде, түбөлүктүү күч кимде экендигин... чакмактоодо* (Бейшеналиев). *Кабырылган ой толгоосун зорго муунай күрсүнду* (Бейшеналиев).

ОК АТТАТУУ. *этн.* Атылган ок денесинде калган кишинин үстүнөн күнөөсүз аялды аттатуу (элдин ишениими боюнча мындай учурда аял күйөсүнө карата таза, ак жүрсө, ала жип аттабаган болсо, ок түшүп калат деген түшүнүк болгон). *Алып келгин Чүрөктү, ок аттатып калалык* («Семетей»).

ОК ЖАҢЫЛУУ. Ок тийүү, жарадар болуу. *Менин оң жаккы балтырыма ок жаңылды* («Ала-Тоо»). *Неси болсо да үч жашар балага ок жаңылганы жумушчулардын жүрөгүн сыздатты* (Акматов). *Ак падышанын куралдуу желдеттери ашууну тосуп, самсыган элди чекесинен атып киргенде, Айжамалга ок жаңылды* (Саатов).

ОК ЖЕДИРҮҮ. Ок менен атып өлтүрүү, окко учуруу. *...Тетиги тай кашкачан кутурган*

Шеримбектин өзүнө гана ок жедирип устөмөндөтөт (Бейшеналиев).

ОККО УЧУУ. Октон ажалы жетүү, ок тийип өлүү. *Атасы Айткулу үркүндө Окко учкан, энеси Батма кече жакында, Кытай жеринде өлдү* (Баялинов). *...Жалгыз уулум согушта окко учпаса, ...мен силердей токойдун жапан дөдөйлөрүнө кор болот белем?* (Айтматов). *Темир окко учкан күнү Ташкендин алдында* элек (Касымбеков)

ОК ООЗУҢА! Суук кабарды, жаман сөздү укканда чочуп кетип, «андай болбойт», «андай дебе, андай болушу мүмкүн эмес деген сыяктуу уккусу келбөө, жокко чыгаруу маанисинде айтылуучу сөз айкашы. *Ок оозуңа! Кокуй наалат антпе!* (Бейшеналиев).

ОК ТИШТӨӨ. *этн.* Шертти, антты бузганды ок урсун деген мааниде ок тиштеп антташуу, шерттешүү. *Тузга сийесиңби же ок тиштейсиңби?* (Аалы). *Бастырып келип, ок тиште, Антыбыз ушул так болсун* («Ала-Тоо»). - *Айтканың жалаа, Жарбаң, Жалаа болбосо, чындыгына октиште!* (Сыдыкбеков).

ОКТОС БЕРҮҮ. Алдын көздөй тез, катуу жүткүнүү, атырыла алга катуу умтулуу. *Жээрде кашка башын чулгуп, алдыга жөнөөгө октос берип зымырады* (Бейшеналиев). *Отурган жеринен шырп этип, октос берип учканын айтпайсыңбы!* (Жусупов).

ОКУС БОЛУУ. Өлүү, майып болуу же өлүмгө учуроо маанисинде. - *Уулум, тынчылыкпы? - Байбиче анын ата-энесинин бири окус болгонбу дегендей шек менен сурады* (Каимов).

ОК ТҮЙҮП БЕРҮҮ. *этн.* Сүйлөшүп жүргөн жигит менен кыз «убаданы бузсак, бири-бирибизден тансак ок урсун» деген мааниде жоолукка ок ороп берип антташуу. *Илгери жаштар бири-бирине ок түйүп беришчү экен.*

ОКШОШКОНГО МУШТАШКАН БОЛУУ. Терс көрүнүшкө, начар абалга бап келгендей, аны дагы күчөтө түшкөндөй болуу. *Окшошкондо мушташкан болуп, терезенин түбүндө жалгыз стол, жалгыз отургуч* (Каимов).

ОЛУЯСЫНДАЙ КӨРҮҮ. Бирөөгө абдан ишенүү, ошонун айтканын ыйык көрүү. *Ал Асанакунду олуясындай көрөт* («Чалкан»).

ОМУРООГО САЛУУ. Күчкө салуу, коркутуп-үркүтүү, опузалоо. *Мени омурооого салба.*

ОМУРОО КАКТЫ КЫЛУУ. Иштин жөнүнө көп түшүнө бербөө, билбесе деле эски сокмокко салып жүрө берүү. *Эски боюнча омуроо какты кылып жүрө бериште болбойт деген сөздөрдү айтышат* (Осмоналиев).

ОМУРТКАДАН ОТ ЧЫГУУ. Катуу кыйналуу, кордук көрүү, азапка кабылуу. *Омурткадан от чыгып, Ойдолоймун миң түндө* (Барпы).

ОН ГҮЛҮНҮН БИРИ АЧЫЛА ЭЛЕК. Али жаш, жапжаш, жаштыгы өтө элек, жаштык курагы эми гана башталган. *Ал гана эмес жашы жете элек, он гүлүнүн бири ачыла элек Еленаны да баңгиликке зордоп үйрөткөн* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Он гүлүнүн тогузу төгүлө элек. *Он гулүнүн тогузу төгүлө элек чырайлуу ургаачынын куну жогору, кардар четтен чыгат* (Бейшеналиев).

Өмүрүнүн бир гүлү ачылбоо. *Өмүрүнүн бир гүлү ачылбай Орозбайдын Бейшени окко учту* (Абакиров).

ОН СЕГИЗ МИҢ ААЛАМ. Бардык жандуу, жансыздар орун алган, биз билген жана билбеген аалам, анын бөлүктөрү, бүткүл жер жүзү. *Он сегиз миң аалам - көк өгүздүн жонунда* (фольк.). *Он сегиз миң ааламды Камырдай тепсеп баскандай* (фольк.). *Ала-Тоо батыш менен чыгышыңа Тургандай он сегиз аалам сыйып* (Осмонкул).

ОН ТОЛГОНУУ. Бир чечимге келе албай көпкө ойлонуп убараланууу, ыргылжың болуу, эмне кыларын билбөө. *Көзү так жетпеген Оросул он толгонуп, ок чыгарбай токтоду* (Осмоналиев).

ОН УКТАСА ТҮШҮНӨ КИРБЕГЕН. к. Үч уктасы түшүнө кирбеген. *Сен айткандын баарысы он уктасам түшүмө кирбеген жат нерселер* (Мавлянов).

ОН ЭКИДЕН БИРИ ЖОК, УЙ БАЙЛАРГА ЖИБИ ЖОК. Эч нерсеси жок, таптакыр куру кол, куру жалак. *Ал он экиден бири жок, уй байларга жиби жок жүргөн бир байкуш.*

ОН ЭКИ ТОЗОК БИР КЕЛҮҮ. Абдан катуу кыйноо - кыстоо иштер чогуу келүү. *Силер жөнүндө ойлосом башыма он эки тозок бир келет* (Жантөшев).

ОҢДОЙ БЕРДИ БОЛУУ. Кандайдыр бир иштин бүтүшүнө өзүнөн-өзү ыңгайлуу жагдай боло калуу, иштин оңолор, жолу болор жагына шарт түзүлүү. *Чолпон келгенде оңдой берди болуп, Алтын үйүндө жалгыз эле* (Байтемиров). *Эми ал каерден оңдой берди болуп чыга калар экен деп көнгөн адаты боюнча... көрүнгөн жерди сагалады* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Оңдой бердисине салуу. Көптүн көңүлү бурулганы оңдой бердисине салыптыр. *Эринен чыгарууга айнытыңыз* (Бейшеналиев). *...Жайлоого жеткени ан үчүн оңдой бердисине салгандай* (Бейшеналиев).

Оңдой бердисине түшүү. *Кызыл кулактарга арзан мал... жалпы туягы саналып дүң соода боюнча оңдой бердисине түшүүдө* (Бейшеналиев).

ОҢДУ-СОЛДУ АҢДАБОО. Эч нерсени байкабоо, каалагандай жүрө берүү. *Күлташырдын анда оңду-солду аңдабай ого бетер күпүлдөгөн чагы экен* (М.Абакиров)

ОҢ ЖАМБАШЫНАН ЖАТУУ. Оңдой берди болуу, иши оңунан чыгуу, жолу болуу. *Олжолуу болдум,түндө оң жамбашыман жаткан экенмин* («Жомоктор»).

ОҢ ЖЫГЫЛ ДЕСЕ, ТЕСКЕРИ ЖЫГЫЛАТ. Айтканды айткандай орундатпайт, тескери кетет, кежирлик кылат. *Мындай, оң жыгыл десе, тескери жыгылган тилазарды көргөн эмесмин* («Чалкан»).

ОҢ КАБЫРГАСЫ СӨГҮЛҮҮ. Кайгыга кабылуу, кырсыкка тушугуу, жакынан айрылуу. *Эмчектешим бир боорлош... Оң кабыргам сөгүлдү* (Барпы).

ОҢ КОЛУ. Кимдир бирөөнүн ар кандай ишине жараган, таяныч боло алган ишеничтүү жардамчысы. *Ал кечээ гана*

Турдалы болуштун оң колу эмес беле (Мияшев). *Бухара эмиринин Ферганадагы оң колу болуп саналган Ибраимбек корбашьшын турган кези экен* (Сасыкбаев). *Калбүбү Караевна болсо айтканын иштеп, Нуруйлага оң кол болуп берди* (Бер-дикеев).

ОҢКОСУНАН ТҮШҮҮ. 1. Башмалдак атып, башы менен жер сайып жыгылуу. *Тоодон учканда оңкосунан түшүп, арка-моюну астында калыптыр.*

2. Кызматынан, ишинен жыдып түшүп калуу. *Аның оңкосунан түшүп, азыр жели чыгып калыптыр* («Чалкан»).

В.: Оңкосунан кетүү. *Жаза басып алып оңкосунан кетти. Ал эчак эле оңкосунан кеткен, азыр бош.*

ОҢКО ТУРГУЗГАН МЕРГЕН. Миңден ашык кийик аткан, өтө эле көп аткан мыкты, көзгө атар мерген (элдик түшүнүктө мининчи атылган кийик ок тийгенде төрт аягы асманга карап өлөт, эл арасында башкача айтылган түрлөрү да бар). *Мурда биздин элден оңко тургузган мерген Калык деген өткөн экен* («Жомоктор»).

ОҢ КӨЗҮ Кимдир бирөөнүн абдан ишенимдүү адамы. *Тоскон датканын оң көзү аталган Райымбекке ачкычы тапшырылды* (Осмоналиев).

ОҢ КУЛАГЫҢ МЕНЕН ДА, СОЛ КУЛАГЫҢ МЕНЕН ДА УК. Абдан кунт коюп ук, эсиңден чыгарба, эч качан унутпа деген мааниде. *Оң кулагың менен да ук, сол кулагың менен да ук, Бузук дайыма эле бузук* (Шүкүрбеков). *Калайык калк?! Оң кулагыңар, сол кулагыңар менен уккула!* (Тойбаев). *Муну оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук, түшүнүктүүбү!* (М.Абакиров).

ОҢОЙ ООКАТ. Мандай тер менен табылбаган, жеңил. *Митайымдык кылуу, куулануу, ууру кылуу, оңой оокатка берилүү - чабалдыктын белгиси* (Медетов).

ОҢ ТАППАГАНДАЙ. Бир топ, бир кыйла өлчөмдө. *Оң таппагандай көп жүк экен.*

ООЗ АЙЫБЫ. Сөзүнөн жаңылып же бирөөгө тил тийгизип, шагын сындырып, уят кылып койгондуту үчүн тарткан айып, жаза. *Илгери ата-баба салтында ооз айыбы үчүн жаза катуу*

болгон. Ооз айыбыңызды тарта элегиңизде, сөзүңүздү кайра алыңыз (Бейшеналиев). *Карган томаяк ооз айыбын тартып, өз жеринен топурак буюрбай калсын* (Бейшеналиев).

ООЗ АПЫРТМА. Көтөрүп, кошуп айтма, өтө көтөрө чалма, ашыкча мак-тап жиберме. *Менин ушундай ооз апыртмам бар* (Абдукаимов).

В.: Ооз көптүрмө. *Ушундай жерде ооз көптүрмөнүн кереги эмне, - деп энем аларды тыйган болду* («Асаба»)

ООЗ АЧА АЛБОО. Жооп таппоо, жообун табууга чамасы келбөө. ...*Сүйүктүү кайним-ай, сен эмне деп турасың, - деп акырыш айтса да, оозун ача албайкаларыш билди* («Ала-Тоо»).

ООЗ АЧКЫС КЫЛУУ. Экинчи сүйлөгүс, баш көтөргүс кылуу. *Жалий катуу кагып, ооз ачкыс кылууга ыкыстап токтоду* (Бейшеналиев).

ООЗ АЧУУ. Орозосун ачуу, рамазан айында жарык чыккандан күн батканга чейин тамак ичпей, кечинде убагы келгенде тамак ичүү. *Апам ооз ачууга жаңы эле отурган.*

ООЗ АЧПОО. Сүйлөбөө, унчукпоо, эч нерсе айтпоо. *Абдил карыя менен жаңы келинден башкасы лам ооз ачышкан жок* (Алыбаев). *Энем экөөбүз ооз ачпай, арыбери айланып жүрдүк* («Кыргызстан маданияты»). ...*Иштеги кемчиликтер жөнүндө ооз ачпоо кандай олуттуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн экендигин көрсөтүп отурат* («Советтик Кыргызстан»).

ООЗ АЧЫРБОО. Сүйлөтпөө, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Аньш ушул сөзү көптөн бери жүрөгүн зилдетип, акыры аны ооз ачырбай, мокотуп келген кеселдин өзүнө окшоду* (Ашымбаев). *Андан башка айланын жоктугу ооз ачырбай, кимдин да болсо демин кесип тунжуратты (Касымбеков).*

ООЗ АЧЫП ӨПКӨН, КӨЗ АЧЫП КӨРГӨН. Биринчи төрөлгөн тун бала же эң биринчи келген келин деген мааниде. *Ооз ачып өпкөн, көз ачып көргөн балам сен эмес белең* («Ала-Тоо»).

ООЗ БАСЫРЫК. Жашырын сырды же бир нерсенин дайынын

башка бирөөгө билгизбеө, чыгарбоо, жаап-жашырып коюу үчүн бериле турган же берилген баалуу буюм, нерсе, пара. *Тигил миң башы менен старчынга, элүү башыларга берилген ооз басырыкты эмне дейсиң* (Абдукаримов). *Ко-ош мырза! Убадаң боюнча ооз басырыкты төлө* (Осмоналиев). *Азырынча колуктунун ооз басырыгына Манас менен Канықей аралашкан окуяларды ала туралычы* (Бейшеналиев).

ООЗГО АЛАРЛЫК. Бир нерсеге татырлык, арзырлык. *Оозго аларлык иш кылган жок. Оозго аларлык деле кеп айта алган жок*

ООЗГО АЛГЫС. Айтууга мүмкүн болбогон, айтуудан уяла турган, абдан уяттуу, ыплас. *Оозунан ак ит кирип, сары ит чыгып, оозго алгыс сөз сүйлөдү.*

ООЗГО АЛЫНБОО. Катардан чыгуу, эскерилбөө, кошула албоо. *Ошол күндөн баштап оозго алынбай Жангечти катардан чыгат* (Осмоналиев).

ООЗГО АЛЫНУУ. к. Оозго кирүү.

ООЗГО БАТПАС СӨЗ АЙТУУ. Ашкере, ашыкча, көтөрө чалып сүйлөө. *Ошондо Канат тарабындагылардын бирөө «оозго батпас сөздү айтып» турганын кара!* (Ш.Үмөталиев).

ООЗГО ИЛИНҮҮ. к. Оозго кирүү.

ООЗГО КИРҮҮ. Өзүнүн жакшы сапаттары, адамгерчилиги менен элге белгилүү болуп, эл оозунда айтыла баптгоо. *Нүзүптүн даңкы бүткүл Таласка жайылды, ага кошумча өзүнүн түз сөздүүлүгү, сыпаачылыгы менен оозго кирип, элге алынът, мырза аты-гып, күндөн күнгө кадыры артты, досу, курдашы, санаалашы көбөйдү* (Касымбеков). *Тунгуч аш-тойго барып балбанга түшүп, ошондон оозго кирет* (Осмоналиев). *Асанбек оозго кирди, атагы берки айылдан аркы айылга кетти* (Осмоналиев).

В.: Оозго алынуу. *Жүрүш-турушу менен тез эле оозго алынып кеткен жеңебиздин эмгегине да эл ыраазы* («Ленинчил жаш»). *Анын үстүнө орто мектепти дурус бүтүп, анча-мынча оозго альшып калган* (Мавлянов). *Жылдызкан дароо эле оозго алынды* (Байтемиров).

Оозго илинүү. *Кече гана көчөдө топ кубалап жүргөн балакай бир эле күнү күйөрмандардьш сүймөнчүлүгүнө жетип, жарданган көпчүлүктүн оозуна илинет* (Айтматов). *Мурун эл ичинде көрүнгөнгө түрткү болуп жүргөн кишилер да аштыкка бир чыгып келип, оозго илинди* (Нурпеисов).

Эл оозуна кирүү. *Эл оозуна кирип, көпчүлүккө таанымал болуп калышты* («Советтик Кыргызстан»). *Жигит атка конуп, эл оозуна кирди* («Кыргызстан маданияты»). *Топ аралап, эл оозуна кирип, жакшы атанып кетүүгө дилгир жаш уландар эмес...* (Касымбеков).

ООЗГО СУУ УУРТАП АЛГАНСУУ. Такыр унчукпоо, үн катпоо, сүйлөбөө. *Оозго суу ууртап алгансып үн катпай отурганыбыз наадандыкка жатпайбы* (Борбиев).

ООЗГО ТҮШКӨН АЛМА. Даяр оокат, маңдай тер, мээнет кетпеген дүнүйө. *Анын колго түшкөн коёну да, оозго түшкөн алмасы да, башы тогуз, аягы сегиз төлгөсү да боло беришет* (Кыдырмышев).

ООЗДОН ООЗГО ӨТҮҮ. Элге жайылып кетүү, биринен-бирине угулуп, дайын болуу, тарап кетүү. *Батыйна жөнүндөгү кабар бат эле ооздон-оозго өттү (Сыдыкбеков). Чөмүч молдонун булыры ооздон оозго өтөт* (Осмоналиев). *Мейли жазылган жанытпма казал жайылаар. Ооздон оозго, колдон колго өтөөр* (Бейшеналиев).

В.: Ооздон оозго жортуу. *Канаттуу сөз, мурдагы Бошкойдун кордоосун тебелеп ооздон оозго жортту* (Бейшеналиев).

Ооздон оозго көчүү. Ал ооздон оозго көчүп, тоо арасында ырдалып келген (Осмоналиев). *Маанилүү окуяларды угуу, кайталап айтылып, улам толукталып... ооздон оозго көчүү деген - себепкер адамдын беделин көтөрөт* (Осмоналиев).

Ооздон оозго тароо. *Калмурзанын ыры ооздон оозго тарап, узун элдин учуна дейре угулат* (Бейшеналиев). *Жолуңда кездешкен айыл-дарды ...кырып-жоюп келаткан кабар ооздон-оозго тарап дүңкүлдөп жатты* (Нурпеисов).

ООЗДОН ТҮШҮРБӨӨ. Дайыма айтылуу, сөз болуу, эл арасында даңазалануу, унутулбоо. *Айыл эли жеңүүчүлөрдү ооздон түшүрбөй жүрдү* («Советтик Кыргызстан»). *Армандуу зайып, бийкечтердин өз дилинен чыккандай сызылтып ооздон түшпөс даңазалуу ырларына айлантуусумүмкүн* (Бейшеналиев). *Үйрөнүп, Байымбет байкебиздин казалы деп... кыз оюндарында ооздон түшүрбөй ырдап жүрсөк дейбиз* (Бейшеналиев).

ООЗДОН ЧЫГАРБОО. Башка бирөөгө айтпоо, эч кимге билгизбөө. *Бирок, бул милдетти башка бирөөгө оозуңдан чыгаруучу болбо* (Сасыкбаев).

ООЗДОН ЧЫГА ЭЛЕКТЕ. Айтары менен, ошолзамат, дароо, токтоосуз. *Баланын кичи пейил, элпектигине ыраазы болосуң. Бир нерсени ооздон чыга электе орундатып коёт* («Кыргызстан маданияты»).

ООЗДОРУНА СӨЗ АЛБОО. Унчукпоо, сүйлөбөө, кеп айтпоо. *Там ургандар болсо бир далайга ооздоруна сөз албай, эч ойго келбеген мындай зордукка ишенип, ишенишпей жалдырашууда* (Акматов).

ООЗДУ КУУ ЧӨП МЕНЕН ААРЧУУ. «Жок» дегенден башканы айтпоо, колунда дүнүйөсү болсо да «жок» дей берүү. *Бирок, аз болсун десе эле «эрте мактаганда майып кылып алабыз» деп оозду куу чөп менен аарчыганда болбойт* («Ленинчил жаш»).

ООЗДУК САЛУУ. Баш ийдирүү, багындыруу. *Какыраган жерлерге, ооздук салып Чоң Чүйгө, Бурганыңа кубанам* (Осмонкул).

ООЗДУН ЖЕЛИ. Ооздон бир чыгып кеткен сөз, куру бекер айтылган, ишке ашпай турган кургак сөз. *Башка көрө албаган жат көздөр ооздун жели, куру мактанып тыр деп жорушар* (Жусупов). *Менин оозумдун жели колум менен дароо чукталат* (Бейшеналиев).

В.: ООЗ ЖЕЛИ. *Далай касиети артык манасчылардьш керектүү чыгармалары ооз жели, өз башы менен кетти да, унутулду* (Бейшеналиев). *Бирөөгө кыямат... түйүнү табылбас туюк нерсе, бирөөгө опоңой ооз жели менен чечилет* (Бейшеналиев).

ООЗДУН ЖЕЛИН АЁО. Бир нерсени айткысы, сүйлөгүсү

келбөө, айткандан эринип, кыйыктанып коюу. *Оозуңдун желин аябай, мен жөнүндө айтакет* («Ала-Тоо»).

ООЗ КАРМАНУУ. к. Оозун карануу.

ООЗ КЕСИР. Опурула, мактана сүйлөгөн текебер сөз, курулай мактаныч. *Ооз кесирден сактансын, азыр Куубай тукуму өзүнчө кутманжурт* (Мавлянов).

ООЗ КЕСИРСИЗ. Бир нерсени аткарылары, болуп кетери ишеничтүү, орундалары бышык деген мааниде колдонулат. *Төрөгө жана өзүбүздүн мыктыларга берген убада-шертиңди ооз кесирсиз аткарамын* (Бейшеналиев).

ООЗ КӨПТҮРҮҮ. Курулай мен-менсинип, көтөрүлүп, мактанып сүйлөө, оозу менен опуруп-жапыра берүү. *Ооз көптүрүп ойду ээрчиткен кур кыял, Ойлочу дос, кайдан келсин көңүлгө?* (Маликов). *Ушу али да «мен Төрө менен Токтогулду айдатып», «тиги эле Курманжан датка өзү арага киши салса болбои деп, оозун көптүрүп, мактаныч кылып жүрөт* (Касымбеков). *Күз келди, күз менен бирге Орозкул жайында көргөн сыйурматынын акысын, ооз көптүрүп берген үбадасын, күзгө чейин деп алган карызын төлөөр учур келди* (Айтматов).

ООЗ МАЙЛОО. 1. Бирөөнү белгилүү максат үчүн коноктоп, сыйлап коюу, көңүлүн алуу же паралоо. *Бай, старчындардын оозун майлап койгондуктан, аны колдойт* (Абдукаримов). *Кудайбергендин балдары чоңунун оозун майлап, кушчудагы тууганларынын алдына да барышкан* (Каимов).

2. Кылмышын, айыбын билип калган адамга ооз басырык кылып бир нерсе берүү. *Иштин түбү жаман жакка чаап баратканын байкаган соң пара-сараны басып берип, улуктун оозун майлап, аке-жакелеп арың кутулду* («Ала-Тоо»).

ООЗ ТИЙҮҮ. Тамак ичүүнү баштоо, даам татуу. - *Иним, эң мурун оокаттан ооз тиели!* (Каимов).

ООЗУ АЧЫК. к. Ачык ооз. *Капуста эккенди мен мына бу оозу ачык, обу жок жеңеңди билгендей билчүмүн* (Егиналиев).

ООЗУ АЧЫЛУУ. Бир нерсеге аябай таң калуу, таңданып, делдейип туруп калуу. *Жеңем Лайлыкандын ыйлаганын көрүп, оозу ачылып, корко баштады* (Жантөшев). - *Ой, көрбөгөндөчү, укмуш болду. Оозум ачылып калыптыр. Күч деп ушуну айт* (Айтматов). *...Эки өркөч төөдөн башка тирүүжан жок жерде да адам турат экен деп ооздору ачылып өтүп жатпайбы* (Айтматов).

ООЗУ БАРБОО. Бирөөгө бир нерсени батынып, даап айта албоо, тарткынчыктоо. *Курдаш деген сөздөн кийин Айнагүлдү байбиче деп айтышка Батийнанын оозу барбады* (Сыдыкбеков). *Алмакан апа элден мурун почтодон укса да айтууга оозу барбай, үйүнө ыйлап кирип кетти* (Жусупов). *...Ашырбек нечен-нечен ич күптүүсүн кыйкырып жибере жаздап, бирок, ага оозу барбай ачуусун ошол тушта суу көтөрүп чукулкелип калган аялын көздөй атырылтты* (Акматов). Сурайын десем, оозум барбайт, корком (Айтматов).

В.: Оозу батпоо. *«Жакшылык кабарбы?» деп сурашка Искактын оозу батпады* (Касымбеков). *Дөөттүн бул жоругун көргөндөр аны карып калды деп айтууга оозу батпайт* (Осмоналиев). - *Оозум батпай турду эле, датка! - деп калды* (Касымбеков).

ООЗУ БЕК. Оңой менен оозунан сөз чыкпаган, ичине сыр сактай алган. *Андан коркпой эле кой, аньш оозу бек* («Ала-Тоо»).

ООЗУ БОШ. 1. Ичине сыр сактай албаган, ачык ооз. *Оозу бош жаным, кайдан божурап ийдим* (Сыдыкбеков). *Жамалкан эженин оозу бош* (Абдукаимов). *Балдар, мен төлгөнү бекер ачтырган экенмин, эми оозу бош киши айтпай тура албайт* (Абдукаимов).

2. Чын ыкласы менен эмес, калп эле, ооз учунан гана. *Анысы чын дечи, - деп оозу бош кобурады* (Ашымбаев). - *Келиңиз, - дедим оозум бош* («Кыргызстан маданияты»). *Кары чоочуркап тиктеп, оозу бош салам айтты* (Касымбеков). *Шакир Саяктын көңүлүн улай, оозу бошураак унчукту* (Абдыраманов).

ООЗУ БОШОО. Кептери түгөнүү, сүйлөп аяктоо, сөзүнүн аягына чыгуу. *Кептен ооздору бошоп карап калышты* (Осмоналиев).

ООЗУ ЖАП БОЛУУ. Сүйлөөгө, кеп айтууга даай албоо, жооп кайтара албай тим болуу, сүйлөй албай калуу. *Айдайкандын оозу жап болуп, эшикти тарс жаап чыгып кетти* (Убукеев). *Бу Муса кайда жүрөт?- ...деди да, оозу жап болду* (Убукеев). *Ошону менен Мукандын оозужап боло турган* (Саатов).

ООЗУ ЖЫЙЫЛГАНЧА к. Оозун жыйып алгыча.

ООЗУ КАТУУ. Баш бербеген, тизгин тартканга оңой менен көнбөгөн, ала качма (көбүнчө жылкыга карата). *Бул кудай ургурдун оозу аябай катуу* (Медетов).

ООЗУ КҮЙҮҮ. Экинчи айткыс болуп жалкып калуу. *Оозу куйгөн неме дагы айтууга даай алган жок* («Чалкан»). *Эчен оозу күйүп, жалкотой болгон кургур, калыс сөзун айта албай жалтактап, артын качырды* (Кыдырмышев).

ООЗУ МЕНЕН ОРОК ОРУУ. Колунан эч нерсе келбесе да «бүтүрөм», «кыйратам» деп курулай опурула берүү, айта берүү. *- Оозуңар менен орок оруп, тилиңер менен машак тере турган кокуй немелер экенсиңер! - деп, келин нааразыланды* (Убукеев). *Мага айтпагандын баарын айттырып, оозуменен орок оро бериптир* (Жигитов). *Ошол экөө биригип алып, оозу менен орок оргондой болсо, жиниң келет* (Саатов).

ООЗУ-МУРДУ КЫЙШАЙБОО. Айтууга болбой турган, ыгы келбеген нерсени уялбай, ийменбей айтып салуу, каратып туруп калп айга берүү. *Оозу-мурдуң кыйшайбай туруп кантип айттың ушуну* (Байтемиров). *...Окуучулардьт ордуна баиша жандыктарды окутуп каларына күнөм жок экендигин оозу-мурду кыйшайбай жазса соо киши күлөт да!* (Жусубалиев). *Ошондо оозу-мурду кыйшайбай туруп эле «ат табылганча аяк улоо» деди* (Саатов).

В.: Оозу-мурду кыйышпай. *Айтор оозу-мурду кыйыитай туруп, жакында ишке киришебиз десе болобу* («Чалкан»).

ООЗУ-МУРДУНАН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ. Абдан окшош, союп каптагандай. *Мунун атасына окшоштугун карасаң, тим эле оозу-мурдунан түшө калгандай* (Аалы).

ООЗУ-МУРДУНАН ЧЫГУУ. **1.**Ашыра ичүү, өлчөмүнөн көп ичип -жеп коюу. *Ичимдиктерди тапшырышып келишип, кубү менен быштырып коюп тойгончо, алтургай оозу-мурундарынан чыкканча ичишиптир* (Мавлянов). *Үйдө болгон тамакты оозу-мурдунан чыкканча шыкады* (Бердикеев). *Эт, май, чайды оозу-мурдунан чыгарып шыкап турбаса, чукчуюп кабаын ачпаган неме* (Кыдырмышев).

2. Ай-күнүнө жетип, төрөрүнө жакындап калуу (кош бойлуу аялга карата). *Аялынын оозу-мурдунан чыгып турат. - Былжыраба! Башка кесир кылба. Оозу-мурдунан чыгып турса* (Садыбакасов).

ООЗУНА АЛБОО. 1. Кеп кылбоо, эч нерсе дебөө, эстебөө, эскерип да койбоо. *Ал ата-энесин оозуна алганга да жарабады.*

2. Такыр ичпөө, ооз тийип да койбоо. Ал ичкиликти оозуна албайт.

ООЗУНА АЛЫ ЖЕТПӨӨ. Уккан-көргөнүн, алды-артын байкабай көрүнгөн жерде айта берүү. *Жөн эле айта бересиңби, найсап! Эмне оозуңа алың жетпейби?* (Саатов). *Оозуна алы жетпеген үйлөп учурбайбы!?* (Касымбеков). *Эмне үчүн ушуга окшогон оозуна алы жетпеген аялдар өздөрүн кыйын ойлошот* («Советтик Кыргызстан»).

ООЗУНА КАРАТУУ. Өзүнө көңүл бурдуруу, таңгалдыруу, башка бирөөнү көз каранды кылууга жетишүү. *Өлбөсөк экөөбүз көрөрбүз. Сен экөөбүз сыяктууларды Чолпонбай эртең эле оозуна каратат* (Жантөшев).

ООЗУНА КАРМОО. Тапкан-ташынганын ага арнап, көзүн карап туруу. *Ата-энеси болгонун оозуна кармап, чыйпылдап тургандыктан, Төлөгөн кийим-кечектен кем-карч боло койгон жок* («Советтик Кыргызстан»).

ООЗУНА КЕЛГЕНДИ ОТТОО. Келжиреген орунсуз сөздөрдү сүйлөй берүү, ар кайсынын башын айтып тантыроо. *- Акыноозуна келгенди оттой береби* (Бейшеналиев). *Кадыр эми башкы эсепчиге жалынып, оозуна келгенди оттоп, алынын келишинче бакылдап жатты* (Бердикеев). *- Ай сен да оозуңа келгенин оттой берет экенсиң, - деп Сабитжан жалжактап калды* (Айтматов).

В.: Оозуна келгенин айтуу. *-Жөн эле оозума келгенин айтып койдум да, - деди бүжүрөп* (Айтматов).

ООЗУ МЕНЕН ОТТОО. *- Эмне деп оозуң менен оттоп турасың* (Нурпеисов).

Оюна келгенди оттоо. *Оюңа келгенди оттоп жүрсөң максатың ишке ашпайт* (Тойбаев). *Садыр чындап мас болду. Ал оюна келгендин баарын оттоп жатты* (Мырзаев).

ООЗУНА КИРҮҮ. к. Эл оозуна кирүү.

ООЗУНА КЕП КИРБӨӨ. Эмне айтарын билбей дендароо боло түшүү, жооп таап кайтара албай оозунан кеби түшүү. *Курманжан оозуна кеп кирбей кеңгиреп, жүрөгү капилеттен торго чалынган чымчыктай алдас ура тыбырап, тула боюнан тер кетип, отуруп калды* (Касымбеков). *Мына, Маамыт баягы сүрдөгөн оозуна кеп кирбей калган малай Маамыт боюнча эмес - Ташкенден окуган, партияга алынган, кантордун бир белдүү кызматчысы* (Касымбеков).

ООЗУНА КУЛПУ САЛЫНУУ. Сүйлөбөй, эч нерсе айтпай калуу. *Башта Суусарга бирдеме деп сүйлөөчү. Эми оозуна кулпу салынды* (Байтемиров).

ООЗУНА КУМ КУЮЛГАНДАЙ БОЛУУ. Экинчи кайтарып сөз айта албоо, ооз ача албоо, жооп кайтарып сүйлөөгө мүмкүнчүлүтү болбоо. *Чачтуу думананын оозуна кум куюлгандай болду* («Ала-Тоо»). *Оозуна кум куюлгандай болуп унчукпаганына ардыгып, ызаланып... темирдей ысык бирдеке анын өзөгун куйкалап жиберди* (Садыбакасов).

В.: Оозуна күл куюлгандай болуу. *Оозуна күл куюлгандай болуп, үндөгөн жок* («Ала-Тоо»).

Оозуна талкан куюлгандай болуу. **-** *Сиз эмне көлөкөдөй ээрчип алдыңыз!- деди кыз. Жигит оозуна талкан куюлгандай болуп үч-төрт мүнөт унчукпай калды* («Чалкан»).

Оозуна таруу куюлгандай болуу. *Оозуна таруу куюлгандай болуп, жер тиктеп тура берди* (Жантөшев).

ООЗУНАН АКААРАТ КЕП ЧЫГУУ. Бирөөнүн көнүлүн калтырган, шагын сындырган, адамдыгын тепсеген жаман сөз айтуу. *Бири бет келгенин жапырьт, «андай эмес, мындай» деп, биринин арбагьш эл алдьшда тебелеиже өрөпкуйт, оозунан акаарат кеп чыгат* (Касымбеков).

ООЗУНАН АК ИТ КИРИП, КАРА ИТ ЧЫГУУ. Оюна, оозуна келгенди оттоп сөгүнүү, оозго алгыс ыплас сөздөрдү айтуу, тилдөө, каргоо. *Орозкулдун оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып, атасынын көзүнчө кызын дөбөт жыттабас канчык, күнү бүткүчө кысыр калган эшек деп, ...сөгүп жатканын аргасыздан... уккан тура* (Айтматов). *Калыйпа катындык кылып алкынып, оозунан ак ит кирип, кара ит чыккан күндө да бир кебелип койгон эмес* (Бердикеев). *...Туш келгенжерден апчылашып, тытышып, үзүшүп, ооздорунан ак ит кирип, кара ит чыгып дегендей болушуп, суй жыгылышканча элге арача беришпей ажаандашыптыр* (Медетов). *Кемпир мага ооз ачырбады. Оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып жатты* (Айтматов).

В.: Оозунан ак ит кирип, сары ит чыгуу. - *Аа балдарыңа! ... - деп бакылдаган үнү менен сөгүп, оозунан ак ит кирип, сары ит чыкты* («Ала-Тоо»).

ООЗУНАН ААДЫРГАН БӨРҮДӨЙ БОЛУУ. Даяр турган нерсесинен ажырап, эмне кыларын билбей аңкайып калуу, эмне кыларын билбей далдырай түшүү. *Беш кишиге Адыкелер даай алышпай, оозунан алдырган бөрүдөй болуп аргасыз калышты* (Сыдыкбеков).

В.: Оозунан алдыргандай болуу. *Оозунан алдыргандай болуп умсунуп калышты. Угарынуктуго Адылбек, негедир оозунан алдыргандай болуп комулдай түштү* (Өмүрбаев). *Канча бир түшүндө оозунан алдыргандай комсунган эле* (Өмүрбаев).

Оозунан жулдурган бөрүдөй болуу. *Куралдуу сакчылар оозунан жулдурган бөрүдөй аң таң аңырайышты* (Бейшеналиев). *...Сайган байгелерин колдон келсе бүт алсак, оозунан жулдурган бөрүдөй болор эле (*Осмоналиев).

Оозунан алдырган бөрүчө. *Оозунан алдырган бөрүчө далдырай түшкөн долонотулуктар дароо Бекниязды эстешет ошондо* (Акматов).

Оозунан жулдургандай болуу. *Бир заматта оозунан жулдургандай болду да калды* («Чалкан»).

ООЗУНАН ЖЕЛ ЧЫКПОО. Айтылган сөздү, сырды эч кимге айтпоо, билдирбөө, ичке сактоо. *Менин оозуман башка бирөөгө жел да чыкпаган* (Жантөшев).

В.: Оозунан жел чыгарбоо. *Жанынан үмүт кылгандар оозунан жел чыгарбасын деп, бардыгыбызды чогултуп алып кекетишти* (Жантөшев).

ООЗУНАН ЖЕЛ ЧЫГА ЭЛЕКТЕ. Айтаар замат, дароо. *Абам жеңемдин ою менен болуп, ...оозунан жел чыга электе илип кетип, анан аны аткарууга далбас урат* («Кыргызстан маданияты»).

ООЗУНАН КАРА СУУ КЕЛҮҮ. Абдан ачка болуп өзөгү карагуу, ачкалыктан кайышуу, өзөгү үзө тартуу. *Оозуман кара суу келип, кыйындык менен дем алып, күйүгүп кеттим* (Элебаев). *...Жарытылуу наар татпаган кургурдун өзөгү үзө тартып, оозунан кара суу келет* (Бейшеналиев).

ООЗУНАН КЕБИ ТҮШҮҮ. к. **Оозунан сөзү түшүү.**

ООЗУНАН КӨК ТҮГҮН БУРКУРОО. Катуу кайгыруу, күйүнүү, муңкануу, сыздоо же аябай эңсөө, көксөө. *Элди, жерди сагынганын айтып, бир көрсөм дегидей болсо, оозунан көк түтүн буркурайт* (Аалы).

В.: Оозунан көк түтүн буратуу. *Чоң атам Шырдак ошондогу турмушун эскергенде «олда оңбогон куу турмуш ай» - деп оозунан көк түтүн буратып арман менен айтканын али да болсо кулагыма угулгансып турат* (Жантөшев). *Ал шофер болушту эңсегендей болсо оозу-нан көк түтүн бурайт* (Өмүрбаев).

Оозунан көк түтүн булоо. *Төрөбеков болсо оозунан көк түтүн булап, эмне деп жооп кайтарарын билбей туруп калды* (Егиналиев).

Оозунан көк жалын чыгуу. *Кайгысын айтат буркурап Оозунан көк жалын чыгат шыркырап («Манас»). Абылым дегидей болсо, бечара Батийнанын оозунан көк жалын чыгат* (Сыдыкбеков).

Оозунан көк түтүн чыгуу. *Сүйгөн жарын, асыл балдарын эстегенде Иващенконун оозунан көк түтүн чыгып, тапка келген кыргыйдай алга умтулат да турат* (Баялинов). *Оозунан чыгат көк түтүн Ойдогу дарты козголуп* («Эр Табылды»).

ООЗУНАН ОТ БҮРКҮҮ. Каардануу, заарын чачуу. *Чычаласа бирде чаар жыланга айланып, оозунан от бүркөт* (Борбиев).

ООЗУНАН СӨЗҮН ЖУЛУП АЛУУ. Сүйлөп жаткан адамдын сөзү сугө электе эле өз сөзүн айтып кирүү, сөзүн жыра тартуу, аны токтоого аргасыз кылуу. *Ашырбек досуна айтарда, мергенчи оозунан сөзүн жулуп алды* (Ашымбеков). *-Мен эмне элди сага окшоп канап-бутап жеп жатыптырмынбы? -деди Муса, Абылкасымдын оозунан сөзүн жулуп алып* (Абдукаимов).

ООЗУНАН СӨЗҮ ТҮШКӨН. Эки ооз сөздүн башын курап айта албаган, өлжүрөгөн, өтө бош. *Оозунан сөзү түшкөн бир байкуш экен, болгон окуяны жөндөп да айтып бере алганжок* («Ала-Тоо»).

ООЗУНАН СӨЗҮ ТҮШҮҮ. Айтып жаткан сөзүн аяктай албай, эмне дээрин, эмне айтарын билбей далды рап туруп калуу, апкаарый түшүү. *Бек оозунан сөзү түшүп, эмне дээрин билбей, селдейип калды* (Каимов). *Бий алдына барганда мындан бетер момпоюп-тымпыйып, оозубуздан сөз түшөт* (Сыдыкбеков). *Курманжан оозунан сөзү түшүп, кабагын үйрүй тиктеп калды* (Касымбеков).

В.: Оозунан кеби түшүү. *Аларды көргөндө эле айыпкер шордуулардын сүрүкачып, ооздорунан кеби түштү бейм, теңир?* (Сыдыкбеков). *Амир Музафар оозунан кеби түшүп, нестейип токтоло калды* (Касымбеков). *Таң калганынан Орозкул оозунан түштү* (Айтматов). *Тиги эси чыгып, ооздорунан кеби түшүп калгандар да сыртка чыгышты* (Айтматов). *Тиги эси чыгып, ооздорунан кеби түшүп калгандар да сыртка чыгышты* (Айтматов).

Оозунан сөзү качуу. *Бул жолу сөзүм оозумдан качты* (Айтматов).

Оозунан сөзү ыргуу. *Капитан столду муштап какыйганда,*

Ысактын оозунан сөзу ыргыт кандай чыга качканын билбейт (Садыбакасов).

ООЗУНАН СҮТҮ КЕТЕ ЭЛЕК. к. Эне сүтү оозунан кете элек.

ООЗУНАН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ. Абдан окшош, куюп койгондой. *Анын өнөрлүү уулу Молдобасан оозунан түшө калгандай окшош* (Бейшеналиев).

ООЗУНАН ТҮШҮРБӨӨ. Дайыма айта жүрүү, эскере жүрүү, эсинен чыгарбоо. *Эми айылдагылар ...кадырлабай жүргөн Дуңкананы ооздорунан түшүрүшпөй кепсөзгө алышты* (Жусупов). *Эл ичинде Кулукеңди ооздорунан түшүрүшпөйтдешет ко, ошондойбу?* (Мавлянов). *Баягы арча челекти эрке токолго алып барып берди эле, тамак куйган сайын Ашырбайды оозунан түшүрбөс болду* (Ш.Үмөталиев).

ООЗУНАН ЧАЛЫНУУ. Сөзүнөн кармалуу, ошого байланыштуу кандайдыр бир ишти аткарууга мажбур болуу, милдеттүү болуп калуу. *Ал оозунан чалынът албадыбы.*

ООЗУНАН ЧЫГАРБОО. Эч кимге айтпоо, эч кимге билдирбөө, жашыруу. - *Мен председатель бойдон турсам, сени сөзсүз заводдун башчысына көтөрөм, жыргайбыз, оозуңдан чыгарба, - деген* (Ашымбаев). *...Иштин токтоп калуу себептерин өлөр өлгөнчө оозуман чыгарбайм деген тил катка кол коюп анан тарап кетүү чечими болду* (Айтматов).

ООЗУНАН ЧЫГЫП КЕТҮҮ. Жашырын кепти, сырды айтып салуу. *Же баягы селсебет акеси жөнүндөгу сөз оозунан чыгып кеттиби деп, шек санап турабы, айтор өзүнчө кооптуу* (Медетов).

ООЗУНАН ЧЫККАНЫН ЭКИ КЫЛБОО. к. Айтканын эки кылбоо.

ООЗУНАН ЭНЕ СҮТҮ КЕТЕ ЭЛЕК. к. Эне сүтү оозунан кете элек.

ООЗУН АҢЫРДАЙ АЧУУ. Таң калуу, айран-таң болуу. *От жагар эч камтамасы жок, ...тике турганы боюнча чараны кош колдоп көтөрүп, жорокорлордун оозун аңырдай ачът, бүт шыңгытып, түбүн сарьиапырът ууртап салды* (Касымбеков).

ООЗУН АППАК КЫЛУУ. Абдан катуу кагып, такыр унчукпас, сүйлөгүс кылуу, жаагын жап кылуу. *Булардын кармайм деген колун кагып, сүйлөйм деген оозун аппак кылып басып кетиптир* (Абдукаимов). *Атама каршы чыгып оозун аппак кылайын деген элем, раистин көз ымдап, эрдин кысканьтан улам унчукпай калдым* (Жантөшев). *Таабалды кайратына келе түшүп, мырзалардын оозун аппак кыла баштады* (Бектенов).

ООЗУНА САЛА БЕРҮҮ. Айтканы айткандай келүү, айтканындай болуп чыпуу. *Оозума сала берген экен келиним айыгып кетти* (Медетов). *Жеңебиздин оозуна кудай сала берген тура* (Сыдыкбеков). *Көрсө-ө, атаңдан айланайын... оозума чын эле сала берген тура* (Сыдыкбеков).

ООЗУНА КАРАП СҮЙЛӨӨ. Абайлап кеп айтуу, сөздү абайлап айтуу. *Эй, эй, оозуңа карап сүйлө* (Айтматов).

ООЗУНА СӨЗ КИРБӨӨ. Айтар сөзүн таба албай, айтайын дегенин айта албай апкаарый же дапдаарый түшүү. *Бопуш эмне кыларын билбей, оозуна да сөз кирбей, бир дал боло түштү* (Мавлянов). *Жүрөгү бир ысып, өлгөнү тирилгендей кубанып, оозуна сөз кирбей, комузду кармалап, сыйпалап туруп калды* (Касымбеков). *Чокондун оозуна сөз кирбей аптыгып калды* (Абдыракманов).

В.: Оозуна эчтеме кирбөө. *Эриндери титиреди, эмнегедир эки көзү Абилден өттү, Абил аны тиктебе-ди, оозуна эчтеме кирбей жигиттин башы каңгырады* (Касымбеков).

ООЗУН АЧУУ. Тан калуу, эмне экенин биле албай аңырайып тура берүү. *Ошентип койсом, абышам үрпөйүп, оозун ачьт кальттыр* (Айтматов). *Таенеси да, Бекей таежеси да, кызьш көтөргөн Гүлжамал да ооздорун ачьт, жээкте турмак* (Айтматов). *Асмандагы жыбыраган жылдыздарга оозумду ача карап, делдиреп калыпмын* (Жусупов). *Байымбет кызык жомок тыңдагандай досуна оозун ача делдейди* (Бейшеналиев).

ООЗУН АЧЫРБОО. к. Ооз ачырбоо.

ООЗУН АЧЫРУУ. Абдан таңдандыруу, аябай таң калтыруу,

өтө таңыркатуу. - *Дал Фрунзенин өзүндө Нурийла экөөңдүн тоюңда атайын ада арнап ырдап, далайдын оозун ачырам, алаканын жыртам* (Бейше налиев). *Мал аркасы менен далайдын оозун ачырът, далайдын кулагын делдейткен* (Осмоналиев).ы *-Тигил уйдө Кашгары ырчы сонун ырларды комузуна кошуп ырдап... боорубузду эзип, оозубузду ачырды* (Бейшеналиев).

ООЗУНА ШАЙТАН ТҮКҮРГӨН. Ырчылыгы, акындыгы ашынган, мыкты ырдаган, жамакчылыгы, сөзмөрдүгү ашкан. *«Чекир кишинин оозуна шайтан түкүргөн» дегенкеп ырас бейм. Сарала чекир турумтайдай эпейип кеп баштаганда ынандырфпсалат* (Сыдыкбеков).

ООЗУНА ЭЧТЕМЕ КИРБӨӨ. к. Оозуна сөз кирбөө.

ООЗУНА ЭЭ БОЛО АЛБОО.

1. Тизгинин тартып токтото албай ала качтыруу. *Акия аттардын оозуна ээ боло албай, бээни арабанын огу менен койдурду* (Сыдыкбеков).

2. Өзүн-өзү токтото албоо, оозуна эмне келсе, ошону ылгабай айта берүү. *Оозуна ээ боло албагандан кийин, андай жерге барът эмне кыласың? - деп жемелей баштады* («Ала-Тоо»).

ООЗУН БАСУУ. Айттырбоо, сүйлөтпөө, сүйлөтпөй тыйып коюу, токтотуу. *Кокуй оозуңду баса тур, байкабай айтып жибердим, - дегендей шек берди* (Ашымбаев). *Ачуусу келе түшкөн неменин андан бетер жинине тийгиси келбей, Мырзабек оозун басты* (Абдукаимов). *...Умуткандын тышынан коргоп, астыртан болушуп, Умуткандын артынан айтылган ушак-айың айта койгондордун оозун басып жүрөт* (Өгөбаев).

В.: Оозун жап кылуу. - *Эми, мырза, ошент оозуңду жап кыл, айтып коёюн, ыраазы кылам...* (Касымбеков). *Акча берип оозун жап кылды.*

ООЗУНДА БАРДЫР. «Айтканы келер», «айтканы аткарылар» деген маанини туюндурат. - *Оозунда бардыр, адамдын оозунда болсо, алланын кулагында дейт* (Ашымбаев).

ООЗУНДА БЕШ ООЗ СӨЗҮ ЖОК. Бир-эки ооз сөздүн башын кошуп эптештирип айта албаган, сөзгө чоркок, сөз сүйлөөгө жөндөмү жок деген мааниде. *Ымтырбай бирдеме десең боло, оозунда беш ооз сөзүң жок байкушсуң («Чалкан»).*

ООЗУНДА СӨЗҮ БАР. Анчамынча чечендиги бар, дурустап сүйлөй билген, кеп-кеңешин айта алган. *Анткени, атасы Бөлөбала тыш адамдардын көзүнө коңур көрүнгөнү менен оозунда сөзү бар адам болчу* (Өгөбаев).

ООЗУНДА ЭМИ ЖОК. Айткан сөзү дайынсыз, ойдутоону айткан. *Бечара көйрөң эле, кызыл сөздүжелге чачкан оозунда эми жоктун нагыз өзү эле* (Нурпеисов).

ООЗУН ЖАП КЫЛУУ. к. Оозун басуу.

ООЗУН ЖЫЙЫП АЛГЫЧА Айтып бүткүчө, сөзүнүн аягына чыккыча, айтып бүтө электе. *Ирина оозун жыйът алгыча, сырткы эшикти бирөө какты* (Жантөшев). *Оозун жыйып алгыча, Жетип алмаң барды эми* («Манас»). *Какшап айтып Манаска оозун жыйып алгыча* («Манас»).

В.: Оозун жыйгыча. *Оозун жыйгыча эки жеңеси колтуктаган Назгул кирди* (Осмоналиев). *Андай-мындай дегиче Айтып оозун жыйгыча* («Эр Төштүк»). *Деп ошентип Күлчоро Айтып оозун жыйгыча* («Сейтек»).

Оозун жыя электе. *Сагын оозун жыя электе тоо эчкини жонуна арчындатып, бараңын асынган калыбында Кулу эшиктен баш бакты* (Осмоналиев).

Оозун жыйып ала электе. *Бул өзү бара жаткан чабаганчы, Деп Мамбет оозун жыйып ала электе, Бет алып экөөн көздөй бура тартты* (Турусбеков).

ООЗУН ЖЫЙЫП АЛУУ. Сөзүн айтпай токтоп калуу, айтып аткан сөзүн токтото коюу. *Мамыт акенин кыйыгына тийбейин дедиби оозун жыйып алды. Ал кат бизде, - деп жибере жаздап оозун жыйып алды* (Ашымбаев). *Кундуз демин ичине жыйып, жакшы эле бир нерсе айтмакчы болот деле кайра ошого жүрөгү даап бара албай оозун жыйып алат* (Акматов).

ООЗУН ЖЫЯ АЛБОО. Күлкүсүн тыя албоо, күлкүсүн токтотууга мүмкүн болбоо. *Апендинин тамын көргөндөй Какачты көргөн пенде оозун жыя албайт* (Жоошбаев).

ООЗУН КАРМАНУУ. Кандайдыр бир иштин болуп кетишине же айтылып калган сөзүнө катуу өкүнүү, өкүттө, арманда калуу. *Бактысы баштан тайганда, «Аттиң» деп оозун карманат* (Осмонкул). - *Кой каралдым, ...эреже бузуп, ырк бузуп, кийин кинээ сөз угуп, өмүр бою өкүнүп, оозуңду карманба?!* (Касымбеков). *Бубү өзү деле жыргаган түрү жокко, оозун карманып жүргөндүр да, адам бир адашат тура* ... (Өгөбаев).

ООЗУН КАРОО. Айткан сөзүн толук аткаруу, анын айткан дегени менен болуп туруу. *Бул датканын баасы, ордодогу салмагы жөнүндө кеп болгондо бүт Аяжиян журту оозун караганы баарыга дайын...* (Касымбеков). *Илгертен бери ...элдин бардыгы биздин оозубузду карашчу эле, ынтымак кетти* (Жантөшев). *Кишилер Нүзүптүн оозун карап калышты* (Касымбеков).

ООЗУН КОЁ БЕРҮҮ. Тизгинди кое берип катуу чаап жөнөө, атын катуу чабуу. *Каныбек менен Темир атьшьш оозун коё берип, кандай темингендерин байкабай калды* (Жантөшев). *Далдак атынын оозун коё берип, камчы басып качат* (Осмоналиев). *...Атыныоозун коё берип, жолду жол дебей камчы ура кыштакка дыр койду* (Жусупов).

ООЗУН КӨПТҮРҮҮ. Курулай көтөрүлүү, мактануу, оозу менен опуруп-жапырып кыйратам, жыргатам дей берүү. *- Бул баланьш дагы эшек курту мурдунан түшө элек да, ошон үчүн оозун көптүрүп сүйлөп атат, - деди Бейшебаев сөзгө кошулуп* (Жусубалиев). *Алгачкы ийгилигине делөөрүгөн жаш жигит оозун көптүрүп жагынуу үчүн айтып койгондур* (Бейшеналиев).

ООЗУН КУУ ЧӨП МЕНЕН ААРЧУУ. Колунда бар болсо да дайыма «жок» дей берүү, «жоктон» башканы айтпоо. *Мына азыр үрүмдөн табылбас малды алдыга жайыт коюп олтурсам, ооздорункуучөпменен аарчышат* (Айтматов). *Сансыз малдууСараңбай «жок», «жок» деп оозун куу чөп менен аарчый берип, акыры бүт байлыгы*

ташка айланып калгандай, дурус чыгарманы каралап, аны жокко чыгаргандан башканы билбеген санчынын артында кандай эмгек калат? («Кыргызстан маданияты»). *Качан болсо, оозуңду куу чөп менен аарчып жүрөсуң* (Байтемиров).

В.: Оозун куу чөп менен сүртүү. *Андайда бир гана сары эсеп оозун куу чөп менен сүртпөсө, Сыдыйың жылаңач баатыр эмеспи* («Кыргызстан маданияты»).

ООЗУН КҮЙГҮЗҮҮ. Уят кылуу, өтө ыңгайсыз абалда калтыруу. *Куу экенсиз, оозумду күйгүзүп койдуңуз, колу-бутумду жиби жок байлап салдыңыз* (Абдукаимов).

ООЗУН МАЙЛОО. к. Алкымын майлоо.

ООЗУН ООРУТУУ. Куру бекер сүйлөй берүү, убара болуу. *Болбогон ишке оозуңду оорутпа.*

ООЗУН ТАПТОО. Сүйлөй тургандай болуу, сүйлөп жибергиси келүү, бир нерсени айтууга камдануу. *Ажар жакшы эле оозун таптап, чыкпасаңчы деп айтайын деп, бирок айта албады* (Жоошбаев). ... *Ачуусу келип чыңалып оозун таптап баратканда жашыраактар түрткүлөп алып чыгып кетишти* (Абдукаимов). *Шарип дагы бирдеме айтчудай оозун таптап барып, ичинен күңгүрөнүп тим болду* (Бейшеналиев).

ООЗУН ТАРТПОО. к. Тилин тартпоо.

ООЗУН ТИКГӨӨ. 1. Сөзүнүгүү, айткан-дегенине көнүл бөлүү. *Жыйын анын оозун тиктеп тирилип калды* (Касымбеков). *Кайра дым болуп, баары Ажыбай датканын оозун тиктеп калышты* (Касымбеков). *А Шерали-хан башка бийлер сыяктуу эле аңкайып оозун тиктеп отурду* (Касымбеков).

2. Айткан-дегенинен чыкпоо, көзүн карап туруу. *Сары-Өзөктүн элинин баары оозун тиктеп эле жалдырап отурса дегенде эки көзүтөрт...* (Айтматов). *Жана эле оозун тиктеп отурган элдин эми ага кабагы кирдүү* (Касымбеков).

ООЗУН ТӨӨ ТЕПСЕ ДЕЛЕ. «Эмне болсо да сүйлөөр сөзүн айтпайбы» деген мааниде колдонулат. *Жарыктын киши*

оозун төө тепсе деле айптайбы, - деди ичинен («Ленинчил жаш»).

ООЗУНУН ЖЕЛИН АЁО. Бир ООЗ сөз айтканга жарабоо (көбүнчө жардам берүү, көмөктөшүү маанисинде). *Анын айтканын жок дебейт эле, оозунун желин аяды, жардам бергиси келбеди* («Советтик Кыргызстан»).

ООЗУНУН САЛУУСУ БАР. Дайыма жакшы тамак-аштын, сыйдын үстүнөн чыгуучу, жакшы тамактан жолдуу. *Пайгамбар барына азыр, оозуңардын салуусу бар балдарым турбайсыңарбы* (Бейшеналиев). *Оозунун салуусу бар экен кургурумдун* (Бейшеналиев). *Бакас дос, оозуңдун салуусу бар экен ээ* (Бейшеналиев).

В.: Оозунун салуусу. *Балким, көптүн оозунун салуусудур* (Бейшеналиев). *Улагага тепейген жолбун жетимдин оозунун салуусу акыры мындагы чиренген дөөлөттүүлөрдүн бакисинен артык түштү* (Бейшеналиев).

ООЗУНУН ЧЫГЫ КУРГАБОО. Тамакты дембедем, кайра-кайра, улам-улам иче берүү, оозун тындырбоо. *Бу сенин эмнең бар, деги оозуңдун чыгы кургабайт. Оозунун чыгы кургабай, алагүүсүтарабайжүрө берди* («Ленинчил жаш»).

ООЗУҢА ЖЫЛАН УЯЛАГЫР! Жагымсыз жаман сөз, суук кабар айткан кишиге карата коргоо маанисинде айтылат. *Оозуңа жылан уялагыр, сен эмне деп жатасың*(«Чалкан»).

ООЗУҢА КАН ТОЛГУР! к. Кара оозуңа кан толгур!

ООЗУҢА КАРА! Антип айта бербе, байкап сүйлө, абайла деген мааниде зекүү, кекетүү иретинде коддонулат. *Бала, сен оозуңа кара! - деп четки отурган адам ага түсүн үйрүдү* («Ала-Тоо»). *Оозуңа кара, кемсинтпе!* (Осмоналиев).

В.: Оозуңа карап сүйлө! *Оозуңузга карап сүйлөңүз, бай, - деди кайран бала жалтанбастан Мырзабекке* (Баялинов). *- Эмне дейт! Оозуңа карап сүйлө! Мен да сыйлуу конок* (Эшмамбетов). *Кой айланайын, сага эч ким теңелбейт, оозуңа карап сүйлө!* (Бердикеев).

ООЗУҢА КАРА ТАШ! Коркунучтуу кабар, жагымсыз, начар сөз айтып жибергенде «токтот», «андай дебе», «айтканың

келбесин», «андай болбосун» деп кагуу маанисинде колдонулат. *Сөзүн бүткөрө койбой катыны: «Оозуңа кара таш! Дөөрүгөнүң ылайым өз башыңа жетсин»* (Жигитов).

В.: Оозуңа таш! *Оозуңа таш, какшанган жаагың сынгыр!* («Ала-Тоо»). *А кокус менден башка бирөөгө буйруса эмне болот эле мунара? Оозуңа таш! дейм өзүмдү өзүм* (Акматов). *-Оозуңа таш! - деп айтып, бешинчи киши... отурган жеринен тура калды* (Осмоналиев).

Таш оозуңа! *Таш оозуңа! Эмне деп жатасың* (Сыдыкбеков).

ООЗУҢА КЕЛГИР! Кандайдыр бир кепти айтып койгондугу үчүн бирөөнү каргоо, наалат айтуу маанисинде колдонулат. *Оозуңа келгир! Кандай неме айтты экен - деп, күйкөлөктөп каргап жатты* («Ала-Тоо»). *О, оозуңа келгир, айтып турганын кара мунун!* («Ала-Тоо»).

ООЗУҢА МАЙ! Кандайдыр бир жакшылык же жакшы кабар жөнүндө билгизген кишиге карата сүйүнүү, толкунануу менен алкоо маанисинде колдонулат. *Оозуңа май, айланайын, оозуңа май! Кана, окуп жиберчи! - деп Чотур сүйүнгөнүнөн эмне кылаарын билбей турду* (Абдукаимов). - *Оозуңузга май, атаке, айтканыңыз келсин, - деди жаңы көздүн ээси* (Касымбеков). *-Оо, оозуңа май, айланайын! Ме! Ме! -деп, жанында эбактан бери жүргөн акчаларын сүйүнчүлөп келген балага үстү-үстүнө чача карматып...* (Медетов).

ООЗУҢА ОК! к. Ок оозуңа.

ООЗУҢДА БАРДЫР! Кимдир бирөөнүн айткан кебине карата сенин айтканындай болуп калаар, айтканың туура чыгып калаар деп үмүт кылуу, ыраазы болуу маанисинде колдонулат. - *Балким, агаң келип калар, оозуңда бардыр, айланайын* («Ала-Тоо»).

ООЗУҢДАН АЙЛАНСЫН! Айтууга татыксыз, аны айтып оозуңду булгаба, кеп кылба, убара болбо деген мааниде бирөөнүн көңүлүн жубатуу, жоошутуу иретинде колдонулат. *Эми кылмышты моюнга алуу оозуңдан айлансын!* (Осмоналиев).

ООЗУҢДУ БИРӨӨ ТЫРМАДЫБЫ? Сени айткын деп бирөө кыйнадыбы, айткан сөзүндүн азабын өзүң тарт деген мааниде айтылат. *Сенин оозунду бирөө тырмадыбы, эми аньш эмнесине кейийсиң?* («Ала-Тоо»). *Төлөмүштүн оозун бирөө тырмадыбы? Шүк отур* (Бейшеналиев).

ООЗУҢ КАЙСЫ ДЕСЕ, МУРДУН КӨРСӨТҮҮ. Таптакыр эч нерсе билбөө, бир нерсеге акылы жетип, өз алдынча ой жүгүртө албоо, макоолук кылуу. *Оозуң кайсы десе, мурдун көрсөтүп тургандан кудай сактасын* (Егиналиев). *Мунуң оозуң кайсы десе, мурдун көрсөткөн неме экен, кишини жарытпайт го! - деп күлүпкойду* («Ленинчил жаш»). *Кимиси кайсы жумуш аткарарын билбей, оозуң кайсы десең, мурдун көрсөтөт* («Чалкан»).

ООЗУ-ООЗУНА ЖУКПОО. Эч буйдалбай шакылдатып, тартынбай тез сүйлөө. *Шволик анын оозу-оозуна жукпай сүйлөгөнүн кунт коюп угуп турду* (Ашымбаев).

В.: Оозу-оозуна тийбөө. *Аның тим эле оозу-оозуна тийбеген немеэкен го* («Ала-Тоо»). *Бул чоң согуш баарыбызды кырмак болду го! - деп, оозу-оозуна тийбей такылдады* (Абдукаимов).

ООЗ УЧУНАН. Анча көңүлдөнбөй, чын пейли менен эмес, кайдыгер гана. *Тигил кишинин атын алгыла! - деген болуп ооз учунан урмат көрсөтүп коюшуп, өздөрү бой көтөрүшөт* (Сыдыкбеков). *Келген экөө ооз учунан Акбар менен эсен дешти да, бел чечпестен калдая тарта орун алышты* (Убукеев). *Кээ бир учурларда маалымдуулук жана кайра куруу деген сөздөр ооз учунан айтылып жаткандай сезимдер пайда болуп жатты* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Ооз учу менен. *Серкебай Алымбектин кунун... төлөп берүүгө ооз учу менен макулдук берип, баш ийкеди* (Осмоналиев). *Анын ооз учу менен айткандары аялы менен балдарынын кулак учунан кетти* (Каимов).

ООЗУ ШОК. *Оозуна келгенин эч тартьшбай кереги бар же жогуна карабай сүйлөп салма, айтайын дегенин айтып коймо. Оозу шок Франтишекти ким тыят* (Ашымбаев).

В.: Шок ооз. *Шок ооз бала. Шок ооз жигит.*

ООЗУ ЭМДҮҮ. Айткан-дегени таасирдүү. *Ырп этээр дармансыз жатса да, оозуэмдүү, ...буту кишенделүү пенденин зары, күйүттүү кемпирди жашытат* (Бейшеналиев).

ООКАТТАН КОЛУН ТАРТУУ. Оокат-тиричилик көйгөйүнө аралашпай, такыр киришпей калуу (көбүнчө кары кишиге карата). *Абышка эбак эле оокаттан колун тарткан.*

ООКАТЫ ӨТПӨӨ. Жашоо-тиричилиги начарлоо, жакырлануу, өтө оор абалга келүү. *Анын оокаты өтпөй жатат.*

В.: Күнү өтпөө. *Күнү өтпөйт, байкуштун бизсиз.*

ООМАЛ-ТӨКМӨЛ ДҮНҮЙӨ. Бирде бар, бирде жок, өйдө-төмөн, жаман-жакшы боло бере турган жашоо, абал, турмуш-тиричилик. *Карылар меселдегендей опасыз оомал-төкмөл дүнүйө чиркиниң ушубу?* (Бейшеналиев). *Карачы оомал-төкмөл дүнүйө, ушу туңкуйган катындан эгин суратып* (Садыбакасов).

В.: Оомалуу-төкмөлүү дүйнө. *Кантсе да бу ошонун кесепети, оомалуу-төкмөлүү дүйнө болду го* (Абакиров).

Оомалуу дүйнө. *Адыл ордунан козголуп, тике карап: оомалуу дүйнө экен,- ...деди* (Бердикеев).

ООМАТЫ БУРУЛУУ. Иши оңолуу. *Бизге да оомат бурулар* (Барпы).

ООМАТЫ КЫЙШАЮУ. Кадыр-баркы, абийири, уяты кетүү. *Уурудан оомат кыйшайган, Калгандары сумсайган* (Барпы).

ООР БАСЫРЫК. Токтоо, көтөрүмдүү, эч кебелбеген, салмактуу. *Ойлоп сүйлөп, орундуу жооп кайтарган оор басырык, тыкан, кайраттуу жигит болучу* (Баялинов). *А келин ыймандуу, оор басырык кара жумушка кабелтең неме экен* (Бейшеналиев). *Тойчубек ойчул, оор басырык киши эмеспи* (Баялинов).

В.: Оор басыруктуу. - *Узатып койгула, - деди кыркка чукулдаган оор басыруктуусу* (Ашымбаев). *Жамалкан токтолуп, оор басыруктуу болуп калган эле* (Абдукаимов).

ООР КҮН. Дин ишеними боюнча: иш иштесе, же жол жүрсө жолу болбойт, иши аткарылбай турган күн, жума күн. *Оор күнү жолго чыкпай, башка күнү баргын.*

Оор жоготуу. Өтө жакын, абдан белдүү адамынан ажыроо. *Жапардан ажырап, ушинтип, орду толгус оор жоготууга учурадык, - деп каңырыгы түтөдү* (Жантөшев).

ООР МҮНӨЗ. к. Мүнөзү оор.

ООР ТОПОНДОО. Кандайдыр бир иштин, түйшүктүүсүнүн көбүн бүтүрүп, аткарууга оңтойлотуп, жеңилдетип коюу. *Азаматтар, оор топондон койгон турбайсыңарбы!*

ООР ТҮН. Караңгы, тунжураган, көзгө сайса көрүнгүс түн. *Оор түн... асман бүркөө, саат беште, мемиреп эл уйкуда жаткан кезде* (Шүкүрбеков). *Оор түндүн тынчын альт зырылдап, Аркытерки, Автомобиль чабылган* (Бөкөнбаев).

ООРУН КОЛДОН, ЖЕҢИЛИН ЖЕРДЕН АЛУУ. Бардык жагынан жардам берип, көмөк көрсөтүү, түйшүгүн жеңилдетүү. *Сен аскерде жүргөндө оорумду колдон, жеңилимди жерден алышкан ушул Күкүн болду* (Тойбаев). *Атасынын оорун колдон, жеңил жерден алат* (Бердикеев).

В.: Оорун колдон алуу. *Мейли ушунумду бергенине шүгүр. Оорумду колдон алып, жүгүмдү жеңилдетти* (Бейшеналиев). *Оорун колунан алып, минтип айттырбай жүгүн жеңилдеткен ...инисине жүрөгү жылыйт* (Бейшеналиев).

ОПОЛ ТООДОЙ. Абдан зор, өтө чоң. *Опол тоодой эр көк жал, зьщгырады кенебей* («Сейтек»). *Баягыда бир жолу опол тоодой болгон бир жигит алып: Менин күнүм эмне болот» деп шолоктоп ыйлаган* (Егиналиев). ...*Өткөндүгү кармашта капилеттен... ажыраган ополтоодойжөлөгү, айбаттуу агасы Шеримбегин эскерткендей кабылдады* (Бейшеналиев).

ОПОСУЗ ДҮЙНӨ. дин. Түбөлүктүү эмес, убактылуу, күнүмдүк деген мааниде. *Жанына күч келгенде алтының агып кетип жатса да карабайт окшойсуң. Опосуз жалган дүйнө экенин ошондо бир билдим* (Бердикеев).

ОПОТ БОЛУУ. Ойрондолуп жок болуу, кыйроо. *Кашык калды каныбыз, Опот болду элибиз* («Сейтек»).

ОП ТАРТУУ. Соруу, өзүнө карата тартуу. *Ушунун баарын жалгыз ок өзүнө оп тартып, кемирип, кесип жеп жаткансыды* (Мавлянов). *Ачууланып оп тартса, Ай-аалымды соруптур* (фольк.).

ОРДОСУ БУЗУЛУУ. Ойрон болуу, кыйроо, талкаланып жок болуу. *Канай ордосу бузулуп, тиккен туусу жыгылып түшкөнсүп сурданган* (Үмөталиев).

ОРДУ ЖОК. Жөнү жок, ылайыгы жок, дайынсыз, дайны жок, туруксуз, туругу жок. *Ордужок сөздү көп сүйлөп, Дүйнөнүн жүзүн булгайсын* (Токтогул). *Орду жок жигит.*

ОРДУНАН АТЫП ТУРУУ. Тез, өтө ыкчам тура калуу, чочугандай тез кый мылдоо. *Ордуман атып турдум чочуп* (Бердикеев). *Ордунан атып туруп Суусарды өөп-өөп жиберди* (Бердикеев).

ОРДУНАН ЧЫГУУ. Каалагандай оюндагыдай орундалуу, аткарылуу. *Айтканы ордунан чыгып, көңүлү көтөрүңкү.*

ОРДУН СЫЙПАЛАП КААУУ. Турган жеринен, койгон жеринен таппай калуу. *Үйдөн киши чыкпады. Апсамат түшө калып эшикти серпе көтөрсө, аңгырап ээн. Алар Эмирдин ордун сыйпалап калышты* (Осмоналиев).

В.: Ордун сыйпоо. *Атаганат, ордун сыйпап кайсалаганда ...анын салабаты ого бетер бараандуу, даана чагылып отурбайбы* (Бейшена-лиев).

ОРДУ-ТҮБҮ МЕНЕН. Такыр, биротоло. *Мен айтып жатам, барасың, барбасаң, орду-түбүң менен жоголосүң* (Бердикеев).

ОР КАЗУУ. Бирөөгө жамандык кылуу, жамандык издөө, карасанатайлык кылуу. *Бирөөгө ор казсаң тайыз каз, өзүң түшүп калбагын* (макал).

ОРМОН ОПУЗА. Бирөөнү опуруп-жапырып коркутуучу. сесин алуучу жасалма амал, ыкма. Түз эле билген кишиче *Ормон опуза кылып, качырып сала бердим* (Бөлөкбаев). *Ой, жигит! Сен жөнү жок Ормон*

опузаңды кое тур... (Үмөталиев). *Ормон опузанын кереги эмне, жолдош тергөөчү* (Абакиров). - *Токтот! Ормон опузаңдьш оозун урайьшдар*! (Үмөталиев).

ОРОЙ КӨЗ ЧАРАЙ. Көзмө-көз, бүт бардыгы чогуу турганда, элдин көзүнчө, эл алдында, эч кимден жашырыкча эмес. *Каалаганымды орой көз чарай ачыкташтадым* (Бейшеналиев). *Качантан бери орой көз чарай, улуу-кичүү дебей элдин тобунда эргүүнү самабады беле* (Бейшеналиев). *Орой көз чарай дегендей, бардыгыңар мында турасыңар* (Жантөшев). *Орой көз чарай отурасыңар, силерди туура түшүнүп, жардам берет деп ишенем* (Бердикеев).

ОРОЮ СУУК. Коркунучтуу, кооптуу. *Маа калганда чүрөктүн Орою суук кеби бар* («Сейтек»).

ОРТОГО АЛУУ. Жалпысы, бүт бардыгы чогулуп сөзгө алуу, кыстоого алуу, ур-бериге алуу. *Колхозчулар чыныңды айт деп, сары тончон кишини ортого алышты*

ОРТОГО САЛУУ. 1. Бар болгонун тең бөлүшүү, тең көрүү. *Студент кезде болгонун ортого салып жашоочу элек, азыр андай кайда* («Ленинчилжаш»).

2. Бардык болгон ишти ачык сүйлөшүү, жашырбай ачык айтуу, көпчүлүккө коюу. *Иштин жайьш ортот салайын, силер да ойлонуп, оюңарды айткыла* («Ала-Тоо»).

ОРТОДОГУ ОТ ӨЧҮҮ. Турмуш бузулуу, үй - бүлө жашоосу болбой калуу. *Эки ортодогу от өчтү, эмне айла кылабыз.*

ОРТОК ТИЛ ТАБЫШУУ. Өз аратүшүнүшүү, бирдей көз карашка келүү, бир пикирде болуу. *Бул жигиттин дагы бир жакшы жери ооз көптүрмө опузага салбай, алар менен да орток тил табыша билгендиги* (Мавлянов).

ОРТОН КОЛДОЙ. Мыкты, жараган, эң сонун, алдыңкы. *Үулу эң мурун мусулманча окуудан көзүн ачса, ...анан орустан окуп, ортон колдой киши болмок* (Каимов).

ОРТОСУНАН ЖЕЛ ӨТӨӨ. Бири-бири менен өтө ынтымактуу, таттуу болуу, абдан тыгыз байланышта болуу. *Алардын ортосунан жел өтпөйт.*

В.: Ортосунан кыл өтпөө. *Бу ортосунан кыл өтпөй калган өмүр менен өлүм кармашьша биле туруп өзү жөнөтүп койгонун айкын сезип, не кайгырбай, не кубанбай нестейип кала берди* (Касымбеков).

ОРТОСУНАН ОТ ЧЫГУУ. Мамилеси бузулуу, ынтымагы кетүү. Баягыдай күтүрөп мейман күтүп, шапар тепкендин орду ачышып, *Төлөгөн менен Моймолдун ортосунан от чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

ОРТОСУНА ОТ ЖАГУУ. к. Ара-сына от жагуу.

ОРТОСУНА ОТ ЫРГЫТУУ. к. Арасына от жагуу.

ОРТОСУ СУУ. Мамилелери со-лгундоо, начарлоо. *Алымкул аталыктын киши колдуу болушуна булардын ортолору ого бетер сууп кетти* (Касымбеков). *Сөз жалганбай, ортолору сууп кетти* (Касымбеков).

Орун-очок алуу. *Тиги кайын сиңдиң бой тартып орун-очок алса, бул уулуң чоңойсо, кор болбойсуң аяш!* (Жантөшев). *Эми минтип элге жетсек деп эки көзүн чачыраткан ыйык мекемеден орун-очок алып отурат* (Акматов).

Орун басуу. *Ал бечара орун басып калыптыр.*

ОРУН МАЙЛОО. сүйл. Жаңы кызматка турганын белгилеп тамак-аш берүү. *Ал бүгүн орун майлады.*

В.: Стол майлоо. *Эми столду майлаарсың баатыр.*

ОТ АЛЫШПОО. Бири-бириникине киришип-чыгышпоо, ынтымагы кетүү, ыркы кетип катташпай калуу. *Айла болсо сени менен от алышпоого мен тырышайын, менден от албоого сен тырыш, - деди Арзыкул Жылдызканга*(Байтемиров). *Бир уруунун кишиси экинчи уруунун үйүнөн от алышпагандай болсун* (Убукеев).

ОТ БАШЫ БОЛУУ. Үй-жайдын, үй-бүлөнүн ээси болуу. *Жаман эмес, кудайга шүгүр, от башы болуп отурабыз.*

ОТ КЕЧҮҮ. к. Кан кечүү.

ОТКО-ЖАМГА ТҮШҮҮ. Жанын аябоо, эч нерседен

кайра тартпоо, ар кандай кыйынчылыктардан баш тартпоо. *Бала үчүн киши отко-жамга түшөт.*

ОТКО КИЙИРҮҮ. Жаңы келген келинди жигиттин тууган-туушкандары үйүнө чакырып, эшик-төрүн көрсөтүү. *Акең бир козусун союп, сени отко кийирем, жалгыз атымды мингизип чыгарам дейт, деп Кундуз мени үпчүлөөдө* (Жантөшев).

В.: Отко киргизүү. *Кыдырбай Батийнаны отко киргизген* (Сыдык-беков).

ОТКО СИЙГЕН ТЕНТЕК. Өтө ашынган, баш бербеген (балага карата). *Буту жер баскандан отко сийген тентек болуп чыккан жубарымбек ушул жаздан бери эле эмнегедир боюн токтотуп, бир башкача момоюп калды* (Акматов).

ОТКО-СУУГА САЛУУ. Урдум-соктум болуу, ар кандай кыйынчылыктарды, жаман-жакшыны баштан өткөрүү. *Ээ, жан деген ошен-тип адамды отко-сууга салып, калакай-чолокой эттирет тура чиркин* (Кыдырмышев).

ОТКО ТҮРТҮҮ. Кандайдыр бир кесепеттүү, кырсыктуу, жаман иш жасоого үгүттөө, азгыруу, тетири жолго салуу. *Алдап отко түртпөгүн. Менин да көрөйүн деген күнүм бар* (Осмоналиев).

ОТКО ТҮШҮҮ. Ар кандай кыйынчылыктарга башын байлоо, даяр туруу. *Сен баштасаң ушул жигиттер отко түшүүгө да даяр* (Нурпеисов).

В.: Отко-чокко түпгүү. *Садыр дүйнөгө түркүк боло тургансып, өзүнөн өзү эле отко-чокко түшүп, күйүп-бышып жүрөт* (Бердикеев).

ОТ МАЙ. Башка бирөөнүн жайытынан пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы. *Калпа ажынын миң жылкысынын от майы деп ...он эки семизин тандап, бөлүп союп жешет* (Бейшеналиев). *Менин малымдан от май доолап, кол сальт, семиздеп сойгонду ким коюптур аларга* (Бейшеналиев).

ОТ МЕНЕН ЖАЛЫН. Абдан ысык, эң жогорку температурада (көбүнчө оорулуу, ноокас адамга карата айтылат). *Табигий табити таза адам, болбосо караңгы түндө бети от жалын болуп кызарбайт эле да* (Медетов).

Сыйлангандардын төбөлөрү көккө жетип, эмне айтып, эмне кыларын билбей, бүткөн бойлору от менен жалын болуп күйүп, жүрөктөрү лакылдап, маңдайлары чыпылдап тердеп турушту (Абдукаимов).

ОТ МЕНЕН ОЙНОО. Өтө коркунучтуу, чоң кырсыкка учурай тургандай ишке баруу. *Ай, балдар, от менен ойнобосоңорчу.*

ОТОП-БУТАП ЖЕЙ БЕРҮҮ. Элдин болгонун тартып алып, оор турмушка кириптер кылуу. *Манаптар элди отоп-бутап жей берген.*

ОТТОЙ БЕРҮҮ. Оозуна келгенин айтуу, дайыны жок сүйлөө. *Ал оттой берет, көңүл бөлбөй эле койгула.*

ОТТОН АЛЫП СУУГА, СУУДАН АЛЫП ОТКО САЛУУ. Көрбөгөн кордукту көрсөтүү, кыйноо, катуу кысым көрсөтүү, каргап-шилөө. *Жанын күйгүзүп, сөөгүнө бата турган ачуу сөздөрдү айтат, оттон альт сууга, суудан алып отко салып калтыратьткармайт...* («Ала-Тоо»). *Кемпир жаагын баспады. Көйнөгүнүн чайналган этегин ары карап, бери карап, каргай берди. Баланы оттон алып сууга, суудан алып отко салды* (Айтматов).

В.: Оттон алып, сууга салуу. *Кечеги уйкусуз түндөн, балапан жанын оттон алып, сууга салган тумоодон кыйналып калган бала көшүлүп уктай берди* (Айтматов). *Мария да анча эмес, а тигил безилдеген Акия Чаргын байкушту оттон алып, сууга салып жатат* (Сыдыкбеков).

Оттон алып, чокко салуу. *Күнөөсүз жерден, уул-келинин да, Нурмамбешти да оттон алып, чокко салат* (Медетов).

ОТУ БЕТИНЕ ЧЫГУУ. Кыпкызыл болуп нурданып, жаркылдап туруу. *Оту бетине чыгып, жаркылдап турган бала* (Нурпеисов).

ОТУ КҮЙҮШПӨӨ. Ыркы кетүү, ынтымактуу жашай албоо. *Батийна жыгыла жаздап өзүн араң токтотту. Болгон экен. Отум күйүшпөс... силерге бүлө болуп да бербесмин* (Сыдыкбеков). *Бизди кудай кошуп кичинебизден баталашкан экенсиздер, бирок отубуз күйүшпөдү* (Өгөбаев). *Бирок эмне үчүн оту күйүшпөй, ыркы кетип, бири - бирине пейли*

тартып, көптүн бирибиз деп, көз жумду жашап жатышканы бөтөн бирөөгө эмес, өздөрүнө да табышмак эле (Кушбаков).

ОТУ КҮЙҮШҮҮ. Ынтымактуу болуу, пикирлери келишүү, таттуу болуу. «... *Акыры эле балдардын оттору күйүшүп кетсе, биз кайда бармак элек», - дешкен* (Өгөбаев). *Илгерикийин оту күйүшүп кетер деген тилекте тилин тишине катып жүрдү* (Ашымбаев). *Сүйүүсүз адамдардын оту күйүшөбү?* (Айтматов).

ОТУ МЕНЕН КИРИП, КҮЛҮ МЕНЕН ЧЫГУУ. Бирөөнүн кол алдында эч баш көтөрбөй, кыңк этпей, малайы сыяктуу кызмат кылуу, эртеден кечке тыным албай иштөө. *Байлардын оту менен кирип, күлү менен чыгып жүрүп өлгөн малайлар аз эмес* (Шүкүрбеков). *Оту менен кирип, күлү менен чыкса да өгөй энеден укканы заардуу тил* (Кушбаков). *Отуңар менен кирип, күлүңөр менен чыгып, кыяматка дейре силердин кулкутаныңар бо-луп жүрүшсүн, - дедим* (Касымбеков).

В.: От менен кирип, күл менен чыгуу. *Ал деле бала, дагы бактыбыз бар экен, от менен кирип, күл менен чыгып, бир өйдө карабай жаркылдап-жайнап оокатын кылып жүрөт* (Өгөбаев).

ОТУНА МАЙ КУЙГАНДАЙ БОЛУУ. Каалаганындай, тилегениндей болуп калуу, иши оңунан чыгып, оңдой берди болуп кетүү. *Бул сөз Айдаровдун отуна май куйгандай болду* («Ала-Тоо»).

ОТУ ӨЧҮҮ. Бүлгүнгө учуроо, жашоо-тиричилиги токтоо, казаны кайнабай калуу. *Жангечтиден баштап, жакын туугандарына чейин эч нерсе калтырбай айдатып кетет. Жаңгечтинин оту өчөт* (Осмоналиев). *Оту өчкөндүн үйүндө, Ооз ачкан үн болбойт* (Барпы).

ОТУРГАН ЖЕРИН КЕТМЕНДӨӨ. Кимдир бирөөнү абдан жек көрүү, жакын жолотпоо, көргүсү келбөө, өзү тургай, отурган жерин да казып чыгарып таштоо, мамилелешпөө. *Ал анын отурган жерин кетмендейт.*

В.: Баскан изин кетмендөө. *Айганыш менен Дөдөндүн Баскан изин кетмендейм* («Курманбек»).

ОЧОК КҮТҮҮ. Үй-бүлөлүү болуу, үйлүү-жайлуу болуу. *Абдыкалык аскердик мөөнөтүн өтөп, андан соң эсепчиликти Караколдон окуду, кийин очок күттү, бала-чакалуу болду* (Жусупов).

ОЧОК ЭЭСИ. Аялы, зайыбы. *Очок ээси менен коштошуп, сыртка чыгышты. Эшикте эки өспүрүм эки келишкен атты сагактап, кутүп турушкан экен* (Касымбеков).

ОЧОР-БАЧАР БОЛУУ. Үй-бүлөлүү, бала-чакалуу болуу, үй-бүлөсү көбөйүү, орун-очок алып калуу. *Токторбайдын уулу аялдуу болуп, очор-бачар болуп калган* (Каимов). *Ал эбак булардан бөлүнүп, очор-бачар, бала-бакыралуу болуп, үй-бүлө куткөн* (Медетов).

ОЮНА КЕЛГЕНДИ ОТТОО. **к. Оозуна келгенди оттоо.**

ОЮНА КИР САКТАБОО. Жамандык ойлобоо, бирөөгө жамандык ойлобоо. *Оюна кир сактабаган жалпак кара Бакир атайылап токтотуп мындай деди...* (Бейшеналиев).

ОЮНДА КАРА ЖОК. Ак көңүл, эч жаман ою жок, эч кимге жамандык ойлобогон. *Оюнда кылдай кара жок Дүйшөнкулду кампачы кылып шайлашты* (Бөкөнбаев).

В.: Оюнда кири жок. *...Карапайым, оюнда кири жок досуна жеткиликтүү болсун үчүн кошок ыкмасын секин жыбылжытты* (Бейше-налиев).

ОЮ МЕНЕН ОПУРУП, ООЗУ МЕНЕН ТОЛТУРУУ. Куру сөзү, ою менен эле бүтүрө берүү, баары жоктун баарын кыйратып эле аткарып салуу. *Же ушинтип ою менен опуруп, оозу менен толтуруп, жыргап-куунап жаткандан артык эчтеке жокпу?* (Кыдырмышев).

ОЮН САЛУУ. Ойноктоп кетүү, ары-бери чуркоо, даң салуу. *Белесте оюн салып кулундары, Куушуп жонго чыгат кунандары* (Маликов).

ОЮ ОНГО БӨЛҮНҮҮ. Сары санаа болуу, бир нерселер жөнүндө кайра-кайра, ойлоно берүү. *Дөчекалдын окуясы оюн онго бөлүп, ошого кейип турган* (Ашымбаев). *Ошентип, анын*

тынчы кетти. Ою онго бөлүндү («Кыргызстан маданияты»). *Таштанбек канчалык аракеттенсе да, ширеңкенин чийи менен көзүн тиреп койгондой уйкусу качып, ою онго бөлүнөт* (Саатов).

В.: Ою онго, санаасы санга бөлүнүү. *Ашырбай али жок. Алар да, албетте, мен сыяктуу ою онго, санаасы санга бөлүнүп, жеке тагдыры туурасында сөзсүз ойлонушат* («Ленинчил жаш»).*А чынында ал азыр ою онго, санаасы санга бөлүнүп, мөгдөп отурган чагы* (Айтматов).

Ою он талаа. *Көпкө уктай албадым. Оюм он талаа. Тынчым кетти* (Айтматов).

Ою онго, санаасы санга чачыроо. *Ою онго, санаасы санга чачырап ичи бышып кетет да, жанын коерго жай таппай, Сары-Өзөктүн ченем жеткис мейкинине башын катар көңүл таппай кыйналат...* (Айтматов).

Ою он талаа болуу. *Насипкандын ою он талаа болуп бүттү* (Акматов).

-Ө-

ӨГҮЗ ДОГУН КАРМАТУУ. Өжөрлөнүү, көгөрүп туруп алуу, көктүгүн көрсөтүү. *Акия Элебестен чындап жаакка жегенде, ачуу үнүн барынча салып, өгүз догун карматкан* (Сыдыкбеков).

ӨГҮЗ ӨЛБӨСҮН, АРАБА СЫНБА СЫН. Эптеп-септеп, анчалык кыйналбай, катуулап киришпей, илең-салаң аракет менен. *Өгүз өлбөсун, араба сынбасын, - деди сары сакалчан* (Баялинов).

ӨГҮЗ ӨЛТҮРГӨН БАЛТА Каңдайдыр бир иштин болушуна себепкер, айыпкер болгон адам деген мааниде колдонулат. *Өгүз өлтүргөн балта мына, алдыңызга койдук, көп күнөөбүздү кечириңиз, - деп кудалар сөз башташты* («Чалкан»).

ӨЗ АРБАЙЫН СОГУУ. Башка бирөөгө залалы же пайдасы жок, өзүнчө, өз билгенинче жан сактай берүү. *Баарыдан да Абылов менен эже, жездемдин калчаганы өз арбайымды соккон тынч көңүлүмдү дүүлүктүрүп бүлүк салып кетпедиби* (Бейшеналиев). *Атабайдын жини келип, тигини жыга түрттү. - Бар, өз арбайыңды сок! Менде ишиң болбосун!* (Саатов).

ӨЗ БАШЫНА ЖЕТҮҮ. Бирөөгө деген жамандык өзүнө келип тийүү, өзү зыяндап, кырсык көрүп калуу. *Башкача кылган кастыгы түлкүнүн өз башына жетти* (Баялинов).

ӨЗ БӨГҮҢДҮ БӨКТӨ. Башкаларга кам жегиче, өз ишиңди бил, өз камыңды жөндөп ал деген мааниде колдонулат. - *Кыргызым! Калмактарыңды жайына калтырып, өз бөгүңдү бөктөсөңчү, кете берсеңчи* (Убукеев).

ӨЗ ЖАЗДЫГЫН ӨЗҮ АЛАЖАТУУ. Өзү менен кошо касташкан кишисин да күнөкөр кылуу же өзү өлө турган болгон соң, касташкан адамын да өлүмгө дуушар кылып, өчүн ала кетүү. *Тургунбек тынч кала бергиси келбей, өз жаздыгын өзү ала жатууну көздөп, Асанкулга асыла баштады* («Ленинчил жаш»).

ӨЗ КАШЫГЫН ӨЗҮНӨ САЛУУ. к. Өз табагын өзүнө тартуу.

ӨЗ КЕКИРТЕГИН ОЙЛОО. Керт башынын кызыкчылыгын ойлоо. *Ал өз кекиртегин ойлогон неме.*

ӨЗ КИЙИМИНЕ ӨЗҮ БАТПОО. Бийлигине, байлыгына чиренип, эч нерсени көзүнө илбей, дөөгүрсүп, чатырап турган абалга карата. *Полковниктин өз кийимине өзү батпай элирип турушунун, чынында, чоң себеби бар болчу* (Осмоналиев).

ӨЗ КИНДИГИН ӨЗҮ КЕСҮҮ. Эч ким карабай, эч кимдин жардамы тийбей, өзү менен өзү болуу. *Осмонкул өз киндигин өзү кесип, калың, жоосунан бир намысын алып чыккан экен, аты жакшы, аягына чейин жалгыз барсын* (Өгөбаев).

ӨЗ КОЛУ ӨЗ ООЗУНА ЖЕТҮҮ. 1.Турмуш-тиричилиги оңолуп, жетиштүү абалга келүү. *...Түлөберди өзүнчө оокат кылып, колхозго кирип, бир экилеп жандык күтүп, өз колу өз оозуна жетип, жадырап-жайнай баишады* (Жантө-шев).

2. Чоңоюу, эр жетүү, өз тиричилигин өзү кылууга, жан сактоого жароо. *Шүгүрчүлүк, жетимчелер да чоңоюп өз колу өз оозуна жетип калды* («АлаТоо»).

ӨЗ КӨЗҮНӨ ӨЗҮ ИШЕНБӨӨ. Көзү көргөн нерсесине ишенүү кыйын болуу, ишенбей кое албоо, абдан таң калуу. *...Окумуштуунун алдына барышканда Сатымбай өз көзүнө өзү ишенбей, таң калып турду* (Абдыраманов). *Адам өз көзүнө өзү ишенбей, айтууга сөз таба албай, арандан зорго акыл-эсин жыйды* (Борбиев). *Эми ка-раны, ...өз көзүңө өзүң ишенбейсиң, -деди чоң ата* (Жусупов).

ӨЗ КӨМӨЧҮНӨ КҮЛ ТАРТУУ. Өз кызыкчылыгын көздөө, өзүнүн гана камын ойлоо, кандайдыр бир ишти, маселени өз пайдасына чечүүгө аракеттенүү, өзүмчүлдүк кылуу. *Өз көмөчүңүзгө күл тартпай, кара кылды теңдеп жарыңыз* (Жантөшев). *Ар ким өз көмөчүнө күл тарта баштады* (Медетов). *Куурай башын сындырбаган жалкоо эле, өз көмөчүнө күл тарткандан башканы билбеген өзүмчүл эле* (Жигитов).

Өз очогуна күл тартуу. *...Алсызын күчтүүсү уйпалап, билермандарынан калыстык*

кетип, ар бири өз очогуна күл тартып, ...турушкан кезде Токтогул атайын «кыргыз кыпчак эли деп, ...байыркы өткөн сандилүү адамдарын дастан кылып жайды (Касымбеков).

Өз токочуна күл тартуу. - *Мына ушул тапта өз токочуна күл тартып, өз максатына гана чаба турган болсо, мейли хан болсун, мейли бек болсун, мейли кара аламан болсун, журт безери, эл безери деп бааланат* (Касымбеков).

ӨЗ КУЛАГЫНА ӨЗҮ ИШЕНБӨӨ. Уккандарына ишенүү кыйын болуу, эки анжы абалда калуу. *Жаркынай өз кулагына өзү ишенбегендей отуруп, кайра сурады...* (Абдыраманов). *Таштанбек өз кулагына өзү ишенбей, такактап сурады* (Саатов).

ӨЗ КҮНҮН ӨЗҮ КӨРҮҮ. Эч ким-дин көзүн карабай өз алдынча оокатын өткөрүү. Апам: *«Балдары өз күндөрүн өзү көрүп кетет», - дейт* (Жусупов).

ӨЗӨГҮ КАРАРУУ. Абдан ачка болуу, ачкалыктан кубаты кетүү. *Өзөгүң карарды го, жүр, үйгө кирип, тамак иччи* (Саатов). *Балдардын курсагы кабышып, өзөгү карарып бараттат* (Өмүрбаев). *Эми эле чай ичкенине карабастан, өзөгү карарып, кезегинде тамшанып коет* (Байтемиров).

В.: Өзөгү караюу. *Ат кошчулар сопоктоп жүрүп, чарчап, өзөктөрү карайып, ...камчылана-темине жүрүп келатышты* (Касымбеков).

Өзөгү үзө тартуу. *Көкөнүн оозуна кара суу келип, өзөгү үзө тарткансыды (Касымбеков). ...Жарытылуу наар татпаган кургурдун өзөгү үзө тартып, оозунан кара суу келет* (Бейшеналиев).

ӨЗӨГҮ КҮЙҮҮ. 1. Бир нерсеге өтө кайгыруу, абдан капа болуу, ичи күйүү. *Өлөйүн деймин арымдан, Өзөгүм күйгөн заримдан* (фольк.).

2. Абдан ачка болуу, тамак ичкиси келип, ичи ысып кетүү. *Өзөгүм күйүп турат, бир нерсең барбы?*

В.: Өзөгү өрттөнүү. *Ага боорлору ооруп, өзөктөрү өрттөнүп турганы чын* (Осмоналиев). *Байымбет*

кезегинде бабасынын өз оозунан так укпаганына өзөгү өрттөнсө да ...эшиткендерине каниеттенүүдө (Бейшеналиев). *Сайра көз жашын тыйып, мостое калды да, өзөгү өрттөнүп бараткандай шалдайып олтуруп, оор үшкүрдү* (Саатов).

Өзөгү сыздоо. *Муну көрүп Жамгырдын ого бетер өзөгү сыздады, эки бети түктүйүп санаадан жүдөп кетти* (Касымбеков).

ӨЗӨГҮ ҮЗӨ ТАРТУУ. к. Өзөгү карарУу.

ӨЗӨГҮН ҮЗҮҮ. Аябай жакшы көрүп эгилип-жагылуу, ичи эзилүү. *Ал небересине өзөгүн үзөт.*

ӨЗӨК ЖАЛГОО. Анча-мынча бир нерсе ичүү, бир аз шамшум этүү, азыраак тамактануу. *Үчөөбүз жыйып келген нанды бир үйлүү киши чай менен ичип, өзөк жалгадык* (Элебаев). *...Бир чайнек чай алып, унчукпай отуруп өзөк жалгады да, ошого каниет кылып, ошого топук кылып, кайра тышка чыкты* (Касымбеков). *Ажар менен Каныбек аталадан ичип, өзөк жалгашты* (Жантөшев).

ӨЗӨГҮ КАРАЮУ. к. Өзөгү карарУу.

ӨЗӨКТӨГҮ ӨРТ. Ичти куйкалаган өтө оор кайгы. - *Айтканыңыз эп, Айыке, Өзөктөгү өрттүн өчпөсүнүн жөнү бар* (Сыдыкбеков). *Башымдагы караны алгыла! Ансыз өзөгүмдөгү өрт өчпөйт* (Сыдыкбеков).

ӨЗӨК СӨЗ. Ушак, ушак-айың. *Мына ошондон бери кайын энеси келинин батырбай койду дешип, эл оозунда өзөк сөз жүрдү* (Абдукаимов).

ӨЗ ТАБАГЫН ӨЗҮНӨ ТАРТУУ. Өзүнүн мамилесине жараша мамиле кылуу. *Жанатан бери сыйлуу конок болуп отурган Аманкул өз табагын өзүнө тартканын эми билди* («АлаТоо»).

В.: Өз кашыгын өзүнө салуу. Анын өз кашыгын өзүнө салды. *-Мейли, мейли, - деди муруту түктүйө, - биз дагы өзүнө жараша өз кашыгын өзүнө салабыз, жолдош Веребкин* (Касымбеков).

ӨЗ ТОКОЧУНА КҮЛ ТАРТУУ. к. Өз көмөчүнө күл тартуу.

ӨЗ УБАЛЫ ӨЗҮНӨ. Айтканды укпай бирди көргөн, бир кырсыкка, учураган адамга карата өзүнөн көрсүн, бирөөгө милдет кыла турган жөнү жок деген мааниде колдонулат. *Эч кимдин тилин албагандан кийин, өз убалың өзүңө балам, - деди атасы* («Ала-Тоо»). *Тилимди алсаң, сени ошого үйрөтөм, албасаң өз убалың өзүңө* (Бейшеналиев). *Экинчи ушинтип кыр көрсөтсөң, өз убалың өзүңө* (Саатов).

ӨЗҮ БИЙ, ӨЗҮ ХАН. Бардыгын өзү билген, өз каалаганындай иштей алган, өз эрки өзүндө болгон адамга карата айтылат. *Ал азыр өзү бий, өзү хан* («Ала-Тоо»). *Катынбаласынын ортосунда аны какчу бир жан жок, өзү бий, өзү хан болуп отурат* (Нурпеисов).

В.: Өзү бий, өзү бек. *Өзү бий, өзү бек атанып, эндекей жаткан уруулардын башын бириктирип ке-лишти* (Касымбеков).

ӨЗҮ БИЛЕМДИК. Башкалар менен эсептешпестен, макулдашпастан, өз билгениндей иштей берүүчүлүк. *Мындайда өзү билемдиктин кереги эмне, - деп отургандар жактырган жок* («Ала-Тоо»).

ӨЗҮ БҮТӨТТҮК. Иштин жүрүшүнө көңүл бурбай, карабай иштиктүү киришпей таштап коюучулук. *Кээ бир чарбаларда өзү бүтөттүк орун алганы байкалат («Чалкан»).*

ӨЗ ҮЙ, ӨЛӨҢ ТӨШӨК. Башкага тиешелүү эмес, бөлөк-бөтөнчүлүгү жок, өзүнө гана менчиктелген. өзүмдүк. *Чындыгында эле өз үй, өлөң төшөк болуп жыргап эле калдым* («Чалкан»). *Кенедей кысылбагыла, өз үй, өлөң төшөгүңөр, самап жүрүп жеттиңер* (Ашымбаев). *Жоро-жолдошторун төргө отургузуп коюп, тамаша сөздөрдөн сүйлөп салып, өз үй, өлөң төшөгүн шатыра шатман күлкүгө толтурат*т (Үмөталиев).

ӨЗҮ МЕНЕН КЕТСИН. Жаман адаты, кылык-жоругу башкаларга тийбей, өзү менен кошо жок болсун деген мааниде колдонулат. *Андай иттик өзүң менен кетсин, экинчи мага оозанбагын, мен укпайын* («Чалкан»).

ӨЗҮ МЕНЕН ӨЗҮ. Өз аддынча, эч ким менен иши жок. *Ошондо ал эч жанды тааныбай өкүрүп-бакырат чамына берүүчү,*

калган убакта ал өзү менен өзү («Ала-Тоо»).

ӨЗҮН ЖАНГА ТЕҢЕБӨӨ. Өзүн башкалардан акылдуу сезүү, жогоруу көрүү. *Ал өзүн өзү акылдуу көрүп, өзүн жанга теңебеди* (Абдукаимов).

ӨЗҮН ЖОГОТУП КОЮУ. Кандайдыр бир оор иштен, кабардан улам дендароо боло түшүү, эмне кыларын билбей калуу. *Чал кулак салбады, укпады, ал өзүн жоготуп койгон эле* («Ала-Тоо»). *Акылбек өлүктү карап турду да эмне дээрин билбей өзүн жоготуп койду бир паска* (Жусупов).

В.: Өзүн жоготуу. *Ал өзүн таптакыр жоготкондой, шалдырай ордунан турду* (Абдукаимов).

ӨЗҮН КАЙДА КОЕРУН БИЛБӨӨ. к. Өзүн коерго жер таппоо.

ӨЗҮН КАРМОО. Сабырдуулук, ток-тоолук кылуу, өзүн-өзү токтотуу. *Анан өзүмдү өзүм кармап, зыңгырап бой көтөрүп, сыртымды салгамын* (Абдукаимов). *Ансыз да кыйыштылыкка башын байлап бараткан жигиттин алдында өзүн кармоого тырышты* (Нурпеисов).

В.: Өзүн колго алуу. Өзүмдү колго алуудан көрө, колума мылтык алганым жакшы (Тойбаев). *Өзүн колго алган Чокон, «Сабырбек агай!» деп кыйкырып жиберүүдөн өзүн араң токтотуп калды* (Абдыраманов).

ӨЗҮН КОЕРГО ЖЕР ТАППОО. 1. Бир жери катуу ооруп, жаны жайлабай алдастоо, чабалактоо, кыйналуу. *Айнагүлдүн ичи ооруп, өзүн коерго жер таппай, курган кыздын чый-пыйы чыкканда, үйдөкүлөр конокту унутуп коюшту* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерседен катуу коркуп жан аргасын издөө, же кыйын учурдан чыга албай айласы кетүү, аргасы түгөнүү. *Мен өзүмдү коерго жер таппай жан соогалап, бакыра терезени көздөй качтым* (Жантөшев). *Санаасы тынчыбай, өзүн коерго жер таппай турган Төлөмүштун жөн-жайын сезди* (Бердикеев). *Ходжаевдин өңү кумсарып, өзүн коерго жер таппай, үй ичинде демейдегиден башкача аркы-терки баса баштады* («Советтик Кыргызстан»).

ӨЗҮН КӨРГӨЗҮҮ. Өзүн таанытууга аракет кылуу (көбүнчө жакшы сапатгары боюнча). *Берметтин алдында өзүн көргөзгүсү келгендей болуп, жантыгынан жата калып жатканын Бермет түшүнгөн жок* (Абдукаимов).

ӨЗҮН ӨЗҮ БИЛИП, ӨТҮГҮН ТӨРГӨ ИЛҮҮ. Каалаганын жасоо, эч ким менен эсептешпей бардыгын өз билгениндей иштей берүү. *Жашырбай так айтканда, тартип солгундап, тартипсиз адамдар өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип жүргөн* («Советтик Кыргызстан»). *Эмитен «өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илгенин» көр ой мунун! - Жаңыл энесинин жемесин аягына чейин уккан жок* (Медетов). *Балам, дагы өзүңдү өзүң билип, өтүгүңдү төргө илүүчү болбогун* (Тойбаев).

ӨЗҮНӨ КЕЛЕ АЛБОО. Эс-учун жыя албоо, дендароо абалда болуу. *Мен ансыз өзүмө келе албайм* (Борбиев). *Бир топко чейин Айша өзүнө келе албай жүрдү* (Мырзаев).

ӨЗҮНӨ КЕЛҮҮ. Эс-учун жыйып, кадимки абалына келүү. *Эки сааттан өтүп барып анан өзүнө келгенсиди* (Мырзаев). *Акырындап барып өзүмө келдим* (Бердикеев). *Бу маалда жана Калый эже менен кермур айтыша кеткен Даадый ачуусу тарап, өзүнө келе элек болчу* (Егиналиев).

ӨЗҮНӨН КАЛСЫН. Жардам бердим, акыл айттым, алардын өтөсүнө чыга албаса, күнөө өзүндө, өзүнөн көрсүн деген мааниде колдонулат. *Алдынан бир өтөлү, эгер болбосо, иттик өздөрүнөн калсын* («Ала-Тоо»).

ӨЗҮН ТОКТОТО АЛБОО. Жеңилип кетүү, сабырдуулук кыла албоо. *Өзүмдү токтото албайм, акыры үмүт үзүп, турмуштан кече жаздап токтойм* (Эшмамбетов).

ӨЗҮНЧӨ ТҮТҮН БУЛАТУУ. Өз алдынча турмуш-тиричилик өткөрүп, үй -бүлө күтүп, оокат кыла баштоо. *Өзүмчө түтүн булатышым керек эле* (Абакиров).

ӨЗҮ ТОЙСО ДА, КӨЗҮ ТОЙБОО. Өзүндөгү болгондорго алымсынбай каниет кылбай дагы алсам, жутсам деген ниет менен сугун артуу. *Ач көз өзү тойсо да көзү тойбойт, бирөөгө көз артканын койбойт* (фольк.). *...Көргөндүн үстүнө көрсөм деп, дагы алкы*

бузулуп, талабы, каалоосу күчөп, өзүтойсо да көзүтойбой кетер дейм?! (Касымбеков).

ӨЙДӨДӨ ӨБӨК, ЫЛДЫЙДА ЖӨЛӨК. Таяныч болор, бел кылар, ар дайым жардамы тиер киши. *Ал үчүн өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болор таяныч керек эле* (Каимов). *Өйдөдө болсо өбөк, ылдыйда болсо жөлөк боордошторунун дегенин илик албады* (Бейшеналиев).

ӨЙДӨ КАРАБОО. Каяша кылбоо, сөзүнө сөз кайтарбоо, ызат кылып сыйлап туруу. *Дале мунун бир кишиге өйдө караганын көрө элекмин* («Ленинчил жаш»). *Анын сыпайы жүрүм-турумун, бирөөгө өйдө карабаган мүнөзүн кыйла кыздар жактырат* (Ашымбаев).

ӨЙДӨ КАРАТПОО. Сөз айтырбоо, унчуктурбоо. *Өтүкчүдөй өнөр күтсө. өйдө каратмак эмес окшойт* (Ашымбаев).

ӨЙДӨ КАРАГЫС КЫЛУУ. **1.** Абдан уят кылуу, элди карай албай тургандай, баш көтөрө албагандай кылып маскаралоо. *Карган жесир катын! Мени өйдө карагыс кылдыбы? Күрүчбекке шермендем чыкпадыбы! Эмнеге бардым* (Осмоналиев).

2. Баш көтөргүс, кайрып кеп айткыс кылып катуу жазалоо, мизин кайтаруу. *Каардуу кайнененин максаты Батыйнаны өйдө карагыс кылуу* (Сыдыкбеков).

ӨЙДӨ-ЫЛДЫЙ АЙТЫШУУ. Жаман-жакшы айтышып, анча-мынча кыжылдашып, араздашып калуу. *Эрди-катын болгон соң, өйдө-ылдый айтышат да* (Фольк.).

ӨЛБӨГӨН ЖЕРДЕ КАЛУУ. Аябай кармашуу, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча, алынын жетишинче катуу таймашуу. *Булар согушту көрө элек, дыр коюп качып беришеби же өлбөгөн жерде калып беришеби?* (Абдукаримов). *Мага айт, ким урса да. Өлбөгөн жерде калышайьш аны менен...* (Мырзаев). *Берметти качырмак турсун, өлбөгөн жерде кала турган кыз экен* (Абдукаримов).

ӨЛБӨГӨН ТӨРТ ШЫЙРАГЫ КАЛУУ. Абдан катуу уят болуу, жети өмүрү жерге кирүү, уялганынан баш көтөрө албай калуу. *Зуннахундун таарыныч менен айткан*

сөздөрүнө Түлкүбектин өлбөгөн төрт шыйрагы калган сыяктанды (Жангөшев). *Борбук молдонун өлбөгөн төрт шыйрагы калды белем, бир кызарып, бир бозоруп, күрөө тамыры да көбө түшту* (Баялинов). - *Бул жерде башканын атын аташпай, туш-туштан ушинтип кыйкырышканда Калыйчанын өлбөгөн торт шыйрагы гана калган* (Медетов). *Башка бирөө болсо өлбөгөн төрт шыйрагы калар эле...* (Айтматов).

В.: Өлбөгөн төрт саны калуу. *Токтогул бөлөк жактан келип отурган кишилердин көзүнчө өлбөгөн төрт саны калып, ооз ачса эле тиги дагы жаман кеп ырбата турган, мыңк эте албай отуруп калды* (Касымбеков). *Султанмурат бектин өлбөгөн торт саны калды* (Касымбеков).

ӨЛБӨ ЖАНЫМ, ӨЛБӨ ДЕП. Эптеп-септеп, ырмайып-чырмайып, араңдан зорго. *Өлбө, жаным, өлбө деп, өлгөндөн калганыбыз эптеп жеттик* (Элебаев). ...*Эптеп өлбө, жаным, өлбө деп кайра самсыган элдин сабында Ашырбек баратты* (Ашымбаев).

ӨЛБӨСТҮН КҮНҮН КӨРҮҮ. Эптеп-септеп жан багуу, эптеп оокат өткөрүп, жан баккан болуу. *Бир убактагы азуусун айга жаныган жигит эми минтип өлбөстүн күнүн көргөн бир абышка болуп калды* («Кыргызстан маданияты»). *Элге айткыла, быякта ачарчылык, жатарга жай жок, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жатабыз, - деген маалыматты билгизген* (Ашымбаев).... *Бышкан алча менен борсуган алмаларга курсагын кампайтты... иши кылып, өлбөстүн күнүн өткөруп журду* (Абдыраманов).

ӨЛГӨНДӨ КӨРГӨН. Абдан зарыгып, көпкө күтүп жүрүп көргөн, араң дегенде жеткен (көпкө балалуу болбой журуп бала керген адамга карата). *Өлгөндө көргөн баласы.*

ӨЛГӨНДҮ КҮЛДҮРГӨН. Абдан, жеткен, аябагандай. *Абдан эле жаш кезим. «Өлгөнду күлдүргөн куудулдар» деген кепти эшиткенимде:» Ии, өлгөн кишини күлдүрчү кыйын бар тура» деп делдейет элем* (Сыдыкбеков).

ӨЛГӨНДҮН ҮСТҮНӨ КӨМГӨН КЫЛУУ. Ого бетер оор абалга дуушар кылуу, ойронун

чыгаруу, мурдагысынан беш бетер кылуу. - Т*иги өлүгүңду өлгөндүн үстунө көмгөн кылбай ордунан козгобойсуңбу?* (Каимов). *Эл нары дуулдап, бери дуулдап, «кой», өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбайлы» дешип, көбү мурдагы жедирген мал-мүлкүнөн ошол жыйын үстүндө эле кечип жиберишти* (Касымбеков). *Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, ушулардыкы өттү* (Байтемиров).

ӨЛДҮМ-ТАЛДЫМ ДЕГЕНДЕ. Араңдан зорго, араң-араң, өтө зор кыйынчылык менен. *Чак түштө үйдөн чыккан чал өлдүм-талдым дегенде бешим ченде араң шаардын четиндеги бөксө тоого жетти* (Борбиев). *Ошентип өлдүм-талдым дегенде саанды бүтүп, сааган сүтүмдү карасам сапсары эле каймак* («Кыргызстан маданияты»). *Сөөктүн бийик ашуусун өлдүм-талдым дегенде зорго ашып, бийик бетте кыялай бастырган саякатчы алдыда* (Осмоналиев).

ӨЛМӨКТӨН ДОҢУЗ КОП. Эмне болсоң ошо бол, өлсөң өлө бер. *Сен өлмөктөн доңуз коп! Ат өлмөктөн доңуз копсун, тиги чал ылайым ит өлүмүн тапса экен* (Айтматов).

ӨЛӨ АЛБАЙ ЖҮРҮП, ӨЛӨҢ АЙТУУ. Өз акыбалын сого албай жүрүп, башкага акыл айтып, жол көргөзгөн болуу. Өлө албай жүрүп, өлөң айтат (Жантөшев).

ӨЛӨ ЖАТКАНЫ. Эң эле начар, эң эле болбой калды дегени. *...Дыйкандын өлө жатканы көмөчтү капталга чаап, максымды аяк толтура баржактатып, тасмалын жайылтышат* (Бейшеналиев).

ӨЛӨР ЖЕРИНЕ ТИЙҮҮ. Талуу жерине тийүү, өтө катуу таасир этүү. *Султанмурат бектин өлөр жерине тийди* (Касымбеков).

ӨЛӨР-ТИРИЛЕРИНЕ КАРАБОО. 1. Бир нерсеге жан аябай, тартынбай катуу киришүү. Өлөр-тирилерине карабай иштеди.

2. Боор оорубоо, көзүнө карабоо. *Үчөө аттарынын өлөр-тирилерине карабастан, өргө карай чабышты* (Жантөшев).

ӨЛӨРҮНӨ КӨРҮНҮ. Кыянатчылык, кара ниеттик жагына ооп, түз жүрбөгөн кары адамдарга карата айтылат. *Өлөрүнө көрүнсө керек, кемпирин кууп салыптыр.*

ӨЛСӨ БИР ЧУҢКУРДА, ТИРҮҮ БОЛСО БИР ДӨБӨДӨ БОЛУУ. Жакшы санаалаш, кыйышпас адамдар, жакындар бөлүнбөй бирге бололу, чогуу көрөлү, ынтымакта бололу деген мааниде колдонулат. *Жалпы журт өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололук деп жатышат* (Сасыкбаев).

ӨЛСӨМ СӨӨГҮМ ЫРААЗЫ. Абдан ыраазы болгондук маанисинде колдонулат. - *Айкөлүм, сизге тирүүлүктө өзүм, өлсөм сөөгүм ыраазы* (Бейшеналиев).

ӨЛҮКТҮН АЛАКАНЫНДАЙ. Тыйтайган, кичинекей, кенедей, жарытпагандай. *Атаң чириген бай болсо дагы өлүктүн алаканындай куучуюп зыкым болучу* (Байтемиров).

ӨЛҮМ ООЗУНАН КАЙТУУ. **к. Көр оозунан кайтуу.**

ӨЛҮМТҮГҮН АРТУУ. Бирөөгө док урунуу, милдетин артып өжөрлөнүү, салмагын салуу. *Кудай сактасын, мен сизге өлүмтүгүмдү артпайм* (Абдукаримов). *Кичинекей кыйынчылык болсо кыйналып иштеп, эмгек кылыштын ордуна турмушка нааразы болуп, колхозго өлүмтүгүмдү артып жатып алчумун* (Абдукаимов). - *Неге өлүмтүгүңдү артасын? Жубарымбек, отунга бар,отунга (*Осмоналев*)*

ӨЛҮҮ МАЛ. Мүлк, байлык, оокат. *Көп дүнүйөсү бар экен, Жайыттагы малынан Өлүү малы көп экен* («Манас»).

В.: Өлүү дүйнө. *Адамдар, эркиндикти асырагыла, ...өлүү дүйнөнүн кулу болбогула* (Ашымбаев). *Андай адамга өлүү дүйнө ашыкча жүк бо-лору айдан ак го* (Ашымбаев).

ӨЛЧӨӨСҮ КУРУСУН. 1. Абдан, аябай, эң эле деген күчөтүү маанисинде колдонулат. *Адамдын көптүгүн айтпа, өлчөөсү курусун.*

2. Жаман, оозго алгыс, айтып болгус, айтууга мүмкүн эмес деген мааниде коддонулат. *Адам эмес экен, өлчөөсү курусун. Аны айтпай эле кой, өлчөөсү курусун, бир укмуш неме экен.*

ӨЛЧӨӨСУ ӨЗҮНӨ БОЛСУН. Өз башы менен кетсин, башкалар мындай ишке кабылбасын, дуушар болбосун деген мааниде

колдонулат. *Анын өлчөөсү өзүнө болсун* (Аалы).

В.: Өлчөөсү өзү менен кетсин. *Өлчөөсү өзү менен кетсин, аны коюп башканы айталычы* («Ала-Тоо»).

ӨМҮР БОЮ. Өмүрүнчө, өмүрүнүн акырына чейин, дайыма. *Өмүр бою жакшылыгыңды унутпайын* (Абдукаимов). *Улуу-Чаттын тоолору, өмүр бою бетине беш тал чөп чыкпагандай кубарып турат* (Жантөшев).

ӨМҮРДҮН КЫШЫ КИРҮҮ. Улгаюу, картая баштоо. *Өмүрдүн кышы кирип келатканда сени мынча сулуу кылып неге жаратты дейм да?* (Айтматов).

ӨМҮР КЫЛЫЧТЫН МИЗИНДЕ. к. Жан кылычтын мизинде.

ӨМҮР СҮРҮҮ. Жашоо. *Эркек-аял жар болуп, өмүр сүрсө тең кызык* (Осмонкул). *Гүлдөп өмүр сүргүлө, Эркин ойноп күлгүлө* (Турусбеков).

ӨМҮРҮНӨ БАЛТА ЧАБУУ. к. Тамырына балта чабуу.

ӨМҮРҮН САЮУ. к. Башын саюу.

ӨМҮРҮН СУРОО. к. Жашын суроо.

ӨМҮРҮНҮН БИР ГҮЛҮ АЧЫЛБОО. к. Он гүлүнүн бири ачылбоо.

ӨМҮРҮ ӨР ТАЯНУУ. Жашы илгерилей баштоо, карылыкка баш коюу. *Тилекке каршы, жашы улгайып өмүрү өр таянган, отуруп-турганда демигет* (Исмаилов).

ӨМҮРҮ ӨЧҮҮ. Өлүү, каза болуу, тиги дүйнөгө кетүү. *Байкуш, ошентип?күрүп өмүрү өчтү.*

ӨҢ-АЛЕТТЕН КЕТҮҮ. Өңү бузулуп, кубарып-кумсаруу, каныксөлү качуу (коркконду, чарчаганда, ооруганда ж.б. учурларга карата). *Үрөйлөрү учуп, өң алеттен кеткен аялдардын паранжалары ачылды* (Саатов). *Бир албырып, бир кубарып өң- алеттен кеткенин кайненеси дароо баамдады (Абакиров). Куугунга алынып, урунуп-беринип, чыргай аралаган немедей өң- алеттен кеткен (Осмоналиев).*

В.: Өң-даалаттан кетүү. *Өң-даалаттан кеткен аялдар дүбүрөп, орундарынан тура калышты («Кыргызстан маданияты»).*

Өңдөн кетүү. *Ушунун баарын Абил бий баштаган топ бийлер, айыл аксакалдары, Абдырахман элчи дөң башында өңдөн кетип, кеңгиреп көздөн өткөрүп турушту* (Касымбеков). *Кара киши эки жакты элтеңдеп карап, өңдөн кетип, тили сөзгө келбей апкаарый түштү* (Касымбеков).

ӨҢГӨЧҮН ҮЗӨ ТАРТУУ. Таңкалганда, суктанганда чыйкылдаган жагымсыз үн чыгаруу. *Какылдак өңгөчүн үзө тартты* (Сыдыкбеков).

ӨҢДҮ КӨРСӨ, ЖҮЗ ТАЮУ. Көзүн көрүп ийменүү, айбыгуу, жооткотуп тайсалдай түшүү. *Өңдү көрсө, жүз таят, нечен сыйын көрүп, бирге туз даамдашып жүргөн, катуу кете албады...* (Касымбеков). *Өң көргөндө жүз таят өзүнөн кабар алалы* («Семетей»).

ӨҢ КАРАМА. Эки жүздүү, колунан бир нерсе келип турган кишинин сөзүн сүйлөөчү, туруктуу эмес. *Кээде өң карама кишилер эки ортодон пайда табышат* («Чал-кан»). *Өң карама мамиле жасагандар* (Медетов).

В.: КҮН КАРАМА. *Ага ишенбе, жеткен күн карама неме.*

ӨҢ ТААНЫШ. Сыртынан гана тааныш, көрүшүп же учурашып гана жүргөн. *Ал жөн эле өң тааныш, анча жакшы билбеймин.*

ӨҢҮ БУЗУЛУУ. Бир нерсеге катуу капа болгон, кыжырланган, ачууланган же кыйналган учурларда өзүн башкача сезип, өзгөрүлө түшүү.

Суу болуп жаткан куур тонду көрүп, өңү бузулду (Жантөшев). *Азыркы укканына өңү бузулуп, ичи уйгу-туйгу болду* (Айтматов). *-Эмне, мен сүйлөсөм эле өңүң бузула түшөт (*Жантөшев).

ӨҢҮ ЖЫЛУУ УЧУРОО. Ким экендигин жакшы биле албаса да, бир көргөн кишисиндей, өңү тааныштай сезилүү. *Жаш жигиттин өңү жылуу учураган менен кай жерден көргөнүн эстей албады* (Каи-мов). *Адегенде тааныбаган, бирок өңү жылуу учураган бу жигит жакындап*

бастырып келди (Абдукаимов). *Улам бир кадам шилтеп жакындашкан сайын, өңдөрү жылуу учурап, көздөрү өтөт* (Осмоналиев). - *Сен айтчы? - деди Эдиге, чала моңол өңү жылуу учураган жаш уланга* (Осмоналиев).

ӨҢҮМБҮ ЖЕ ТҮШҮМБҮ. Чындык экендигине ишене бербөө, таң калуу, ишенүүгө кыйын болуу маанисинде. *Бакен өңүмбү же түшүмбү деген абалда калды* (Өмүрбаев).

ӨҢҮНӨКЫЗЫЛЖҮГҮРҮҮ. Мурдагы абалына караганда алда канча кубаттанып, оңоло түшүү, көңүлү көтөрүлүү. *Өңүнө кызыл жүгүрүп, жакшы болуп калды.*

В.: Өңүнө кызыл чуркоо. *Энемдин өңүнө кызыл чуркап, жан дүйнөсү кыйла жандана түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Жарым саат өтпөй Франтишектин өңүнө кызыл чуркап, жайдаңдап чыкты* (Ашымбаев).

ӨҢҮНӨ ЧЫГУУ. Эттенип, тирденип оңоло түшүү. *Председатель мурункусунан оңолуп, өңүнө чыгып, жаак көбүңкү тартып калыптыр* (Ашымбаев). *Байкасам, ал былтыр аябай чөгүп жүргөнүн бүт унутуп, кийимди да тандап кийип, өңүнө толук чыгып, эми кайгыны сезер эмес* (Эшмамбетов).

В.: Өңүнө кирүү. *Кантсин, бечара, кадимкидей оңолуп, өңүнө кирип калган тура.*

ӨҢҮ СУУК КӨРҮНҮҮ. Жагымсыз, сүйкүмсүз көрүнүү, серт өңдөнүү. *Анын өңү суук көрүнөт* (Абакиров).

В.: ӨҢҮ СУУК УЧУРОО. *Анын өңү суук учурады.*

ӨПКӨ ЖҮРӨГҮН ЧАБУУ. Абдан жакшы көрүп, айланып-кагылып, жалынып-жалбарып, мээримдүү мамиле жасоо. *Батыш жеңе балдарына өпкө-жүрөгүн чаап жиберчү эле* (Байтемиров). *Өпкө-жүрөгүн чаап жалынчу эле, бир күйсө ошол күйөт дейт тигил* (Осмоналиев). *Үзүлүп-түшүп, айланып-кагылып, өпкө-жүрөгүн чаап, башыңызды заматта тегеретип гана таштайт* (Борбиев).

В.: Өпкө-боорун чабуу. *Бүт жандили менен берилип, өпкө-*

боорун чабат («Ленинчилжаш»). *Жалына берчү өпкө-боорун чаап* (Бердикеев).

ӨПКӨ-ЖҮГӨГҮ ООЗУНА ТЫГЫЛУУ. Катуу коркуп кетип апкаарый түшүү. *Өпкө-жүрөгү оозуна тыгылып, уюн көрмөк тургай өз жанын ала качып, кудайлап жүгүрүп кайра үйүнө кирет* (Егиналиев).

ӨПКӨ КАГУУ. Өкүнүү, арман кылуу, катуу өкүттө калуу, арданууу, ардыгуу, өксүү. *Ачуу ызага ардрып, өксүп жашын төккөн Батийна энесине көрүнбөй өпкө кагып өкүнөт* (Сыдыкбеков).

ӨПКӨ КӨПТҮРҮҮ. Мактануу, көтөрүлүп коюу. *...Боронду Каранарыңыз менен ээси сиздин сүрөтүңүздү бардык гезит-журналдарга чыгарабыз, атыныз алыска кетет, ошол үчүн биз атайы келдик деп өпкө көптүрүп салышты* (Айтматов).

ӨПКӨ-ӨПКӨСҮНӨ БАТПОО. Солуктап абдан катуу ыйлоо, энтигип токтоно албай көпкө чейин солуктай берүү. *Сербейген шордуу өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп өксүп ийди* (Сыдыкбеков). *Таятасын карабай: «.Кечиктим... Сабактан кечиктим...” деп өпкө-өпкөсүнө бат-пайт* (Айтматов). *Оо, бир оокумда кадимки эне-атасын ээрчип ыйлаган наристедей өпкө-өпкөмө батпай солуктап соорондум* (Өмүрбаев).

ӨПКӨСҮ ЖОК. Жеңил мүнөз, көйрөң, курулай күүлөнүп, жээлиге берме, мактанчаак, дардаңкүү. *Айылда принцче кийинсең, балдар сени өпкөсү жок дебейби* (Жусупов). *Өпкөсү жок байкуш өңдөнөт, жайына кой, - деп апам тыйып койду* («АлаТоо»).

ӨПКӨСҮ КАЗАНБАКТАЙ БОЛУУ. Бирөөгө катуу таарынып калуу, нааразы болуу. *Ага айтпай койсок, өпкөсүказанбактай болор. Барганда учурашып кайтпасаң өпкөсү казанбактай болуп калат.*

В.: Өпкөсү казандай, өтү аяктай болуу. *Сабырдын өпкөсү казандай, өтү аяктай болуп, Баязды эстеген сайын итиркейи келип, туталанды* (Жусупов).

Өпкөсү казандай болуу. Өпкөсү тим эле казандай болду, ошондо.

Өтү аяктай, өпкөсү казандай болуу. *Бир айтасынбы, эки айтасыңбы, өтүм аяктай, өпкөм казандай болду го, анда.*

ӨПКӨСҮ КӨБҮҮ. 1. Шолоктоп, басылбай ыйлай берүүдөн улам энтигип, токтоно албай буулуккан абалда болуу. *Жашы көлдөп, өпкөсү көбө түшкөн Батийна кеп айта алган жок* (Сыдыкбеков). *Аягында өпкөсү көөп, ийнин тарта солуктап, бетин басьт эчкирип алды* (Садыбакасов).

2. Катуу күйүгүү, демигүү. *Деми көөдөнүнө батпай өпкөсүкөөп, таноосу дирилдеп туртны өзүнө билинген. эмес* (Өмүрбаев).

3. Дардаландап мактануу, көйрөңдөнүү, дүүлүккөн, дарбыган абалда болуу. *Муну угуп Теке чаначтай болуп дардайды, өпкөсүкөөп, таноолору барбайды* (Борбугулов). *Өпкөсү көөп келген Муса томсоро түштү да, отуруп калды* (Абдукаимов). *Менден беш бетер жетине албай, өпкөсү көөп алыптыр* (Айтматов).

В.: Өпкөсү көөдөнүнө батпоо. *Эмилбек өпкөсү көөдөнүнө батпай күйүгө коркунучтуу жакты карады* (Осмоналиев).

ӨПКӨСҮ КӨРҮНҮҮ. Өтө жоксуз, начар абадда болуу. *Өпкөбүз көрүнүп араң турганда, андай чоң иш биздин колубуздан кайдан келсин* («АлаТоо»).

ӨПКӨСҮН КАЛБЫР КЫЛУУ. Аябай жалынып-жалбара берүү, өпкө-жүрөгүн чабуу (көбүнчө сурануу, өтүнүү маанисинде). ...*Тилими тузак, өпкөмү калбыр кылып жүрүп... араң уруксат алдым* (Жантөшев). ... *Бригадирдин өпкөсүн калбыр кылып, тил албай жүргөндөрдүэсине келтириш керек,- деди Сагынбек*(Жантөшев). *Эрин сабап жүргөн кишиге жалынып жүрүп өпкөсүн калбыр кылды* (Убукеев).

ӨПКӨСҮН КОЛУНА АЛУУ. Обу жок мактанып, жээлиге берүү, көкүрөгүн өргө айдоо. *Мына мунуң өпкөсүн колуна альт келе жатат го,- деди Меңке* (Нурпеисов).

В.: ӨПКӨСҮН КОЛУНА КАРМОО. *Ага эмне, өпкөсүн колуна кармап жүргөндүр.*

ӨПКӨСҮ ООЗУНА КЕЛҮҮ. **1.** Күшүлдөп катуу күйүгүү, демигүү, энтигүү. Өпкөсү оозуна келгенче? күгүрүптүр.

2. Катуу корккон абадда апкаарый түшүү. *Эсир алактап, өпкөсү оозуна келди* (Осмоналиев).

ӨПКӨСҮН ҮЗҮҮ. Катуу уруу, өтө ооруксунтуу. *«Бас ай, менин жаныма олтур, өпкөңдү үзүп коем, бас!»- деп Талипти кежигеден алды* (Исмаилов).

ӨРДӨГҮН УЧУРУУ. к. Беш өрдөгүн учуруу.

ӨРКӨНҮҢ ӨССҮН! Көбүнчө жаштарга карата зоболоң көтөрүлсүн, бактылуу бол деген мааниде берилүүчү бата, алкыш. *Ырахмат, балам, өркөнүң өссүн!* (Медетов). *Өркөнүң өссүн дешип алкашты* (Борбиев). *Омор уулуна эскертип коет: - Жакшы өс, өркөнүң өссүн!* (Сыдыкбеков).

В.: Өлкөнүң өссүн! *Өлкөнүң өссүн, чырагым!*

ӨРҮ ЧЫКПОО. Иши жылбоо. *Өрү чыкпай ишимин, өксүп жүргөн кишимин* (Барпы).

ӨРТ ӨЧКӨНДӨЙ КЫЛУУ. **1.** Талкалоо, тыптыйпыл кылып жоготуу. *Арстан эрди өлтүрүп, Өрт өчкөндөй кылат деп* («Манас»).

2. *Эч нерсе кылбоо, артында из калбоо.*

В.: Өрт өчкөндөй болуу. *Туяксыз өтөт, арты өрт өчкөндөй болот* (Бедикеев).

ӨТМӨ КАТАР. Чиелешкен, ар тараптан абдан байланышкан, көп жагынан чырмалышкан. *Өтмө катар куда болушту. Өтмө катар тугандык жагыбыз да бар.*

ӨТӨСҮНӨ ЧЫГУУ. Тындыра орундатуу, аягына чыга аткаруу, бүтүрүү. *Иштин өтөсүнө чыга албаса, кээ бир кызматчылар өзүнүн арызы менен бошонуп аларын биз жакшы билебиз* («Жаш ленинчи»). *Адатта дос күтпөгөн адам болбойт, бирок анын өтөсүнө чыгуу баарынын эле колунан келе бербейт* (Каимов).

ӨТӨ ЧАБУУ. Ашыкча кетүү, чегинен ашырып жиберүү. *Зарлыктын жөн эле сөзгө калемпир сээп, курчутуп, өтө чапмайы бар* («Ала-Тоо»). *Мен сени түшүнөр бекен деп сынагамын, сен өтө чаап кетпединби* (Абдукаимов).

ӨТҮП КЕТҮҮ. 1. Өлүү, жан таслим болуу, көзү өтүү. *Көй-Кашкага сайылган жебени сууруп*

алса өтүп кетерин түшүнгөн Кумтан-Кара-Жаак ошол бойдон алып жөнөмөкчү болду (Көчкөнов).

2. Абдан тажатып жиберүү, ашынып кетүү. - *Алып кел! Деги сеники өтүп кетти, ушу жыгылсам дагы!... -деп кыжындым, каным кайнап* (Медетов).

ӨЧКӨН ОТУН ТАМЫЗУУ. Кайра жандандыруу, мурдагы калыбына келтирүү. *Өчкөн отум тамызчы Абаке, өлгөн жаным тиргизчи!* («Манас»). *Бул сөзду айтып эр Мажик Өчкөн отун тамызды* («Манас»)

В.: Өчкөн отун күйгүзүү. *Кулубай антүүнүн ордуна өчкөн отун күйгүзүп, өлгөн болушту тирилтип олтурбайбы, кокуй* (Медетов). *Өчкөн отун күйгүзөт, өз пайдасын тийгизет* (Барпы).

-П-

ПАЙГАМБАР ЖАШЫНДА. Улгайып калганда, карылыкка баш койгон убакта деген мааниде айтылат. *Пайгамбар жашында Кылычбек күлүк чапты* (фольклор).

ПАТА АЛГАНДАЙ КУДАЙДАН. *диалект.* Өзгөчө сезүү, өзүн жогору коюу, менменсинген. *Пата алгандай Кудайдан, Барды көрсө жылмайган, Кедей келсе жанына, Карышкырдай кынжыйган, Инсабы жок улукту айт* (Барпы).

ПЕЙИЛ КҮТҮҮ. Менменсинүү, өзүн жогору саноо. *Коңшу пейил күтсө, үй ээси капа болот* ("АлаТоо"). *Калемин колуна алып, кабарчы сыяктуу мурчуя пейил күтүп калды* ("АлаТоо")

ПЕЙИЛИ АГАРБОО. Ичине кир сактоо, арам ойдо калуу. *Чачы агарса да пейили агарбаган бул мерездин Жакишкандан жамандык көргөнү барбы* ("Чалкан").

ПЕЙИЛИ БУЗУК. Бирөөгө жакшылык кылбаган, жакшылык ойлобогон, арам ою бар.

ПЕЙЛИ БУЗУЛУУ. Көңүлүнө жамандык алуу, жамандык жагына баруу, тескери жолго түшүү. *Ооруга жолугардан бир жыл илгери Жүдөмүштүн пейли бузула баштаптыр* (Убукеев).

ПЕЙЛИ ТАР. Зыкым, саран, колунан эч нерсе чыкпаган, ичи тар. *Таята, таякелерим чириген бай. Ошентсе да котур улак үчүн өлгөн өңкөй пейли тар, сараңдар* (Элебаев).

ПЕЙЛИ ТАРУУ. Зыкым болуу, колунан эч нерсе чыгарбоо, катуу болуу. *Мурда эле курушкан пейли ого бетер тарыды.*

ПЕШЕНЕСИНЕ ЖАЗЫЛГАН. *диалект.* Жазмыш, тагдырда белгиленген. *Ичкен суусу болду, ар кимдин пешенесине жазылган тагдыры болду* (Айтматов).

-Р-

РАЖА ТОКТОТУУ. зек. Элден алынуучу чыгымдын өлчөмүн белгилөө. *Уруу аксакалдары жыйында чыгымдын ражасын токтотушту.*

РАСПААСЫ ЧЫГУУ. Уят болуу, маскарасы чыгуу, абийири төгүлүү. *Жалпы чогулушта жалган сводкасынын распаасын чыгардым* ("Чалкан"),

-С-

СААТ БАСКЫР. Ишиң онунан чыкпагыр, кырсык баскыр деп наалыган, нааразы болгон мааниде айтылат. *Саат баскыр, машина да көрунбөйт.*

В.: Саат чырмагыр. *Саат чырмагыр, жоголгонун кара, -деп корбашы тынчсыздана баштады* (Жантөшев).

САБЫРЫ СУЗ. Көңүлсүз, капалуу, маанайы пас, кабагы ачык эмес. *Атамдын артынан тез эле кетчүдөй сабырым суз болуп, мүңкүрөй баштадым* (Байтемиров).

САГЫЗГАН ИЗИ. Абдан жука, бир аз аз гана, кыламык (жааган кардын канчалык экендигин билгизүүдө колдонулат). *Ал күнү болжогон жерге жете алган жокпуз. Эртең менеп турсак сагызган изи кар жаап салыптыр* (Убукеев).

САГЫЗГАН КУБАЛАП КЕТЧҮДӨЙ. Өтө кооз, ар түрдүү түстө, кызыл-тазыл деген мааниде. *Сагызган кубалап кетчүдөй кийинипсиң, - деп теңтуштары Айзаданы тамашалашты* («Кыргызстан аялдары»).

САДАГА БОЛОЮН. Баласын, же өзүнөн кичүүлөрдү эркелетүү, жалынып-жалбаруу, жакшы көрүү маанисинде колдонулат. *Мен садага болоюн Жалжылдаган көзүңдөн* («Ала-Тоо»).

В.: Садагаң кетейин! *Садагаң кетейин десе! - деп, Калмурат Алымкулга карады* (Абдукаримов).

Секет болоюн! Секет болоюн, *өз үйдөгүдөй көрүп тартынбай иче бер,-дейт эне, чоочун кызга* («АлаТоо»).

Секет кетейин! *Секет кетейин, бара гой, -деп, баласын жумшады* («Ала-Тоо»).

САЗАЙЫН БЕРҮҮ. к. Адебин колуна берүү.

САЗАЙЫН КОЛУНА БЕРҮҮ. к. Адебин колуна берүү.

САЗАЙЫН ТАРТУУ. Азабын тартуу, жазасын алуу. *Пайгамбардай кишинин башын аттаган ээнбаш неме сазайын тартсын, - деген сөздөр айтылып жатты* («Ала-Тоо»).

САЙГА АРКАНДОО. Алдоо, сызга отургузуу, жазгырып кетүү. *Эми түшүнбөдүмбү! Көрсө, сен болушуңду сайга аркандаган жүрупсүң* (Убукеев).

В.: Сазга аркандоо. *Сени торпогуң менен кошо сазга аркандап кеткенин билген жоксуңбу? - макоо...* («Чалкан»),

САЙДА САНЫ, КУМДА ИЗИ ЖОК. Дайыны чыкпай жоголгон, дареги билинбей калган, кабарсыз жок болгон. *Келген себеби: жээндери бар эле, жээндеринин да сайда саны, кумда изи жок* (Шүкүрбеков).

В.: Сайда саны, кумда изи калбоо. *Эгер унчукпай кетип калсаңар, биз эмне болот элек? Сайда саныбыз, кумда изибиз калбайт болучу* (Жантөшев).

САЙДА САНЫ ЖОК. Тамтыгы чыккан, тарпы кеткен, абдан жыртылган, чалдыбары чыгып, эскилиги жеткен. *Сыртынан караса сайда саны жок, ичине кирсе илип алар жаңысы жок, далбаалап турган жаман үй Карыптыкы эле* (Жантөшев).

САЙДЫН ТАШЫНДАЙ. Эбегейсиз көп, сан жеткис. *Менден өөндү көп тапты Саны сайдьш ташындай* (Аалы).

САЙ КАШКА. Абдан өткүр, өңкөй баатыр. *Осмонбек, Мырзаалылар бир чакан колхозду кыймылдаткан сай кашкалардан* («Чалкан»).

САЙРАН КУРУУ. Таң-тамаша кылуу, шаттанып, шапар тебүү. *Тынчтык деген сайран куруп, Бак аралап жүргөндөй* (Нуркамал).

САЙ СӨӨГҮ КАКШОО. 1. Абдан үшүү, катуу муздап кетүү. *Сууктун бети курусун, ызгаары ызылдап өпкөгө өтүп, адамдын сай сөөгү какшайт* (Убукеев).

2. к. Сай сөөгү сыздоо.

САЙ СӨӨГҮНӨ ЖЕТҮҮ. Бир нерсенин запкысы, кыйынчылыгы катуу таасир этүү, жанына батуу, көкөйүнө тийип, жанын кейитүү. *Муш аралаш ачуу сөз алардын сай сөөгүнө жетти* («Чалкан»).

В.: Сай сөөктөн өтүү. *Өтүп кетти сай сөөктөн Бай-манаптын соргону* (Каралаев).

Сөөккө батуу. *Байлардан көргөн азап сөөккө баткан* (Барпы).

Сөөктөн өтүү. *Сөөгүмөн сөзү бек өтүп, Арамдар басат белимден* (фольк.) *Сөөктөн өткөн суук.*

Сөөккө жетүү. Баарынан да ушул аялдын ишарасы Турсундун сөөгүнө жетти (Сасыкбаев).

Сөөктөн өтүп, чучукка жетүү. *Каардуу кайнененин запкысы Батинаңын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетти* (Сыдыкбеков).

САЙ СӨӨГҮ СЫЗДОО. Азап, кайгы муң же ыза аркылуу катуу кейиште, күйүттө калуу, абдан күйүнүү. *Сенин көз жашыңды көргөндө өзүмдүн да сай сөөгүм сыздайт. Кантейин!* (Сыдыкбеков). *Баарынан да Курмандын келинчегинин ыйына Айнурдун сай сөөгү сыздады* («АлаТоо»). *Ырдап жүргөндөрүн уксаң сай сөөгүң сыздайт* (Айтматов). *Апамдын ушинтип отурганын көрүп, сай сөөгүм сыздап кетти* (Айтматов).

В.: Сай сөөгү зыркыроо. *Азып жүргөндөгү бул кордукка уулунун сай сөөгү зыркырады* (Осмоналиев).

Сай сөөгү какшоо. *Баланын энесин жоктоп ыйлаганына сай сөөгүм какшады* («Ала-Тоо»).

Сөөгү сыздоо. Анын абалын көрүп сөөгүм сыздайт, бирок колдон келер аргажок («Ала-Тоо»).

САКАДАЙ БОЮ САРЫ АЛТЫН. Колунан бардыгы келген, акыл-эстүү, токтоо, абдан мыкты (көбүнчө бою кичирээк кыздарга, аяддарга карата колдонулат). *Гүлжан жаш болсо да, сакадай бою алтын кыздардынбири* («Ала-Тоо»).

САКАЛДУУ БАШЫ МЕНЕН. Жашы улгайганына карабай, абийрине карабай. *уялбай, Сакалдуу башы менен башкарма акем эмне болду* (Убукеев).

САКАЛЫҢ ӨРТӨНГҮР! Жашы улгайып калган кишилердин ылайыксыз, олдоксон, жаман жүрүш турушуна, тескери жоруктарына карата жек көрүү, наалат айтуу маанисинде колдонулат. *Сакалын өрттөнгүр, каратып туруп калп айткандан уялсаң боло!* («Ала-Тоо»).

В.: Сакалын кыркылгыр! *Сакалын кыркылгыр, кылган ишин кара!*

САКАЛЫМ ӨРТТӨНСҮН! Бир нерсеге ишендирүү же өзүнүн актыгын, күнөөлүү эместигин билдирип карганууманисинде колдонулат. *Сакалым өрттөнсүн, мен кантип ушуга барайын.*

САКАЛЫН СҮЙРӨӨ. Жашы өтүп кеткенине, улуулугуна карабай, ылайыксыз ишке киришип кетүү, илээше берүү. *Сакалын суйрөп буга эмне бар эле,- деп отургандар жактырышкан жок («Чалкан»).*

САКАЛ СЫЙПАГАНЧА. Заматта, бир паста, көз ачып-жумганча. *Соода сакал сыйпаганча* (макал).

САКАСЫ АЛЧЫ КОНУУ. Дайыма иши оңунан чыгуу, иши илгерилей берүү, каалаганындай болуп туруу. *Ошондо Тургунбектин сакасы өкчөгөн сайын алчы конуп турган кези эле* («Чалкан»).

САК КУЛАК. Бир нерсени тез уккан. *Ал жеткен сак кулак неме.*

САЛААСЫНАН МАЙ АГУУ. Болуп -толуп, абдан кененчиликте жашоо. *Азыркы мезгилдин несин сурайсың. Бирөөлөрдүн салаасынан май агып, экинчи бирөөлөр жалаң талканга жетпей ар кимдин көзүн карап, жалдырап турган учур* («Асаба»),

САЛАМГА КЕЛБЕЙ КАЛУУ. Бой көтөрүп, киши тааныбай калуу, сүйлөшкүсү да келбөө. *Кубатбек бирге окуп, бирге чоңойгон бала эле, эми саламга келбей калыптыр* («Ленинчил жаш»).

САЛАМЫ ТҮЗ. Жаман мамиледе эмес, ниети түзүк. *Экөөбүздүн саламыбыз түз болуп жүрөт.*

САЛА-САЛ КЫЛУУ. Башка бирөөгө шылтай салуу, башкага түртө салуу, ыйгарып коюу. *Ишти бирөөгө сала-салкылбай, өзүң бүтүр. Анын эмнесин мага сала-сал кыласын.*

САЛГАН ЖЕРДЕН. *А дегенде эле, чү дегенде эле, баштаганда эле. Салган жерден эле жаңылды.*

САЛГАН КАШЫГЫН САЛУУ. Өзүнүн мамилесине жараша мамиле кылуу. *Мен анын салган кашыгын салам.*

САЛКЫН КАНДУУ. Токтоо, сабырдуу, бир мүнөздүү. *Намыстуу Султанаалы ыйлабайт,*

муңбайт, эмне болуп кеткенин салкын кандуу ойлойт (Каимов). *Нуркасым албеттүү, салкын кандуу жигит* (Сыдыкбеков).

САЛКЫН КӨЗ МЕНЕН КАРОО. Көңүлү келбей, кош көңүл мамиле кылуу, үстүртөн кароо. *Ишине салкын көз менен караган киши экен* («Чалкан»). *ЫIрасын айтсак, мектеп ишине, башкарма, сиз да салкын көз менен карайсыз* (Сыдыкбеков).

В.: Салкын кароо. *Ашыр да ишине салкын карар эле* (Сасыкбаев). *Закон колхозго салкын карагандарга жол бербейт* (Каимов).

САЛМАК МЕНЕН. Акырын, жай гана, шашпай. *Керим катты салмак менен окуй баштады* (Таштемиров).

САЛМООРДУН ТАШЫНДАЙ. Өтө тез, дуулдаган бойдон, аткан октой. *Ооздугун качырата чайнап, туйлап жээрде кашка салмоордун ташындай зымылдады* («Ала-Тоо»).

САЛЫЛУУ КАШЫК. Мурунтадан келе жаткан алышбериш. Тууган кишиники салылуу кашык да.

САЛЫ СУУГА КЕТКЕНДЕЙ. ындыны өчүп, маанайы пас болгондой, көңүлү чөккөндөй, үмүтү үзүлгөндөй. *Дилде окууга өтүп, шаарга кеткенден бери Өскөндүн салы сууга кеткендей тунжурап жүрдү* («Ала-Тоо»).

САМАНДАЙ САПЫРУУ. Баш аламан кылып чачуу, чаңдатуу, чакчелекей кылуу. *Үйдүн ичин самандай сапырышты.*

САНААСЫ САНГА БӨЛҮНҮҮ. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө катуу ойлонуу, ойлонуп тынчыздана берүү. *Бул эмине болду деп, санаасы санга бөлүндү* (фольк).

Санаасы санга, ою онго бөлүнүү. *Апамдын оорусун ойлоп, санаасы санга бөлүнүп жатса керек* (Айтматов).

САНДА ЖОК. Катарга кошулбаган, эсепке кирбеген, баасы, баркы жок. *Тирүү десе - санда жок, өлүү десе- көрдө жок* (фольк.).

САН-САН БОЛУУ. Бөлөк-бөлөк, тилке-тилке болуп айрылуу, тамтыгы чыгып жыртылуу. *Көк дүрүйө көйнөгү, Сан-сан болуп бөлүнүп* («Эр Төштүк»).

САНЫН ЧАБУУ. Бир нерсеге катуу өкүнүп калуу, кейүү, өкүнүчүн билдирүү. *Итике санын чаап, кейиген кишисинди (Убукеев). - О, кокуй десе? - деди Тойчубек санын чаап* (Ваялинов).

САП КЫЛУУ. Кыйратуу, жоготуу, өлтүрүү, биротоло жоюп таштоо. *Башынан кас куу булут Баарыңды акыры сап кылат* (Үсөнбаев). *Алдыңа келген адамды Күнөөсүнөн сап кылдың* (Токтогул).

САПАРГА ЖӨНӨӨ. Өлүү, көзү өтүү, ажалы жетүү. *Бейпарбай атаң келгиче, Сапарга кызым жөнөдүң* (Барпы).

САПАРЫ КАРУУ. Жолоочулап сыртта кыдырып жүрүү, сапарда болуу, мезгили аяктап калуу, кайра кетүү мөөнөтү жетүү, жакындоо. *Сапарым карыды, эртең үйүмө кетем, - деди* (Абдукаримов).

САРЫ БАГАЛЕК БОЛУУ. Эгин суусаганда же бышууга жакындаганда сабагынын төмөнкү жалбыректары сары ала болуп саргая баштоо. *Буудай сары багелек болуп бышарына аз калыптыр* «Ала-Тоо».

В.: Сары багалек тартуу. *Эгиндин сары багалек тартканына караганда суусагандай түрү бар* (Таштемиров).

САРЫ ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ. Артынан сая түшүү, катуу куугунтукка алуу, такай аңдып калуу. *Сары изине чоп салып, Саргара кууп алыптыр* («Манас»).

В.: Сары изине чөп ченөө. *Райондун газетасына жазып, экөөбүздүн сары изибизге чөп ченеп жүргөн ошол!* («Чалкан»).

Изине чөп салуу. *Анын изине чөп салып, ушак таратууну максат кылды* (Сыдыкбеков). *Кокту-колоттун арасын аңтарып, басмачынын изине чөп салмакчы болду* (Мияшев).

Баскан изине чөп салуу. *Алардын баскан изине чөп салып, астыртан аңдууну ойлоду* (Жантөшев).

САРЫ КАЗАК БОЛУУ. Бир нерсени абдан зарыга күтүү, көзүн сатып зарыгуу. *Менин колумдан келип турганда апакеңе акча таап берип турганың жакшыбы же сары казак болуп, жок нерсеге көзүңдү сатып кор болгонуң жакшыбы?* (Эсенканов).

САРЫ КАРЫН. Үч-төрт жолу төрөгөн аялга карата же үч-төрт жолу тууган бээге карата айтылат. *Сары карын болгон аял. Сары карын бээ.*

САРЫ МАЙДАЙ САКТОО. Абдан зарыл, керектүү же баалуу, кымбат нерсе катары катуу, жоготпой көпкө чейин катып жүрүү. *Акчасын уулуна көрсөтпөй, сары майдай сактап жүрдү* («Ала-Тоо»). *Мындан башка дагы бирөө бар. Аны сары майдай сактап жүрөм* (Абдукаримов). *Көкүрөгүндө сары майдай сактап, кийин айтам деп, атайын катып келгем* (Айтматов).

САРЫ МАЙДАЙ ТИЙҮҮ. к. Жүрөгүнө майдай тийүү.

САРЫ ООЗ БАЛАПАН. Өтө эле жаш, акыл-эси толо элек, өзүнчө оокат кылууга жарай элек. *Сен уядан жаңы чыккан сары ооз балапансың, такыр курсаксың* (Сасыкбаев).

В.: Сары ооз. *Сен азыр сары оозсуң да.*

САРЫ ООРУ. *Оор кайгы, терең кайгы. Сары оору болдум айыңдан* («Ырлар»). *Түрмөдө жүрдүм зар болуп, Сары оору кесел дал болуп* (Токтогул).

САРЫ САНАА. Катуу ойлонгондук, кайра-кайра ойлоно берүүчүлүк. *Көлөкөсүнөн коркқондой элтең-селтең этет, анын келип-кетип жүргөнүн бирөө сезип калбагай эле деп, өзүнөн-өзү сарысанаа* («АлаТоо»).

В.: Сары убайым. *Чындык менен калптын жигин таппай, сары убайымда* (КОС).

САРЫ ТАМАН. Асыйдан ашкан, күчкө толуп турган жылкы же өгүзгө карата айтылат. *Бул жолку мингени ылоо эмес, бардар адамдын калаада окуган баласы сашып керегине жумшасын деген сары таман ат* (Сыдыкбеков).

САРЫ ЭСЕП. Эсеп-кысапты, соода-сатыкты мыкгы билген өңдөнүп зыкымдык кылган же эсептейм деп жатып жанылыштык кетирген кишиге карата колдонулат. *Сарамжалы сары эсеп Казына кедей мүлкү деп* («Жазгыч акындар»). *Бир аз ашык төгүүдөн коркконсуп, сары эсеп боло калышың кандай?* (Жантөшев).

САСЫК СӨЗ. Орду жок айтылган жагымсыз, начар сөз. *Баятан берки сасык сөздүн теңи Айнагүл эмес, - деп оозуна келгенди оттоп отурган катындарды Тоту жеңем куюн ургандай кылып өттү* (Жантөшев).

САЯСЫ ТИЙҮҮ. Пайдасы кереги болуу. *Эркин, Полот агамдын, Элге тийген саясы* (Барпы).

СЕЛДЕЙ КАПТОО. Өтө көп болуп жайылуу, жабылып басып кирүү. *Дуулдаган элдин эркиүчүн Душманын селдей каптаган* (Бөкөнбаев). *Душмандын сесин алып, селдей капта* (Акаев).

СЕЛДЕСИНЕ ЧОК ТҮШҮҮ. дин. Көбүнчө молдолорго карата: шарыят жолун бузду, шарыятка туура келбей турган иш кылып, элдин алдында маскара болду, уяты чыкты деген мааниде колдонулат. *Жанакы Тазабек зулумдан корккон Саяк молдонун селдесине чок түштү* (Сыдыкбеков). *Молдокемдин селдесине чок түштү, - деген сөз бекер айтылган эмес* («Чалкан»).

СЕМИЗ ООЗ. Керсейип, көтөрүлүп, текебер сүйлөгөн, кесир сүйлөгөн. *Семиз оозсуң. Сенин кесириң бизге тийбесе болду* («Чалкан»).

СЕМИЧКЕДЕЙ ЧАГУУ. Колунан келет, аткара алат. *Эч кабатыр болбо, аны семичкедей чагат.*

СЕНИКИ-МЕНИКИ ДЕБӨӨ. Бөлбөө, тең кароо. *Сеники-меники дебей эки үйдү тең адилеттүү башкарат* (Айтматов).

СЕНИН ТАМАНЫҢА КИРГЕН ТИКЕН МЕНИН ЧЕЧЕКЕЙИМЕ КИРСИН. Сен тартар азапты мен тартайын, сага келген кырсык, балээ мага келсин деген мааниде. *Курган ата менен эне сенин таманыңа кирген тикен биздин чечекейибизге кирсин, - деп кызга үйрүлүп түшөт* (Бөлөкбаев)

СЕН КӨР, МЕН КӨР. Экинчи кайрылбоо, кайталабоо, орду түбү менен жок болуу деген мааниде оорунун айыгып кетиши же бирөөнүн дайынсыз жоголушуна карата колдонулат. *Былтыр бир кат келди, кийин сен көр, мен көр жок болду. Сен көр, мен көр болуп кетти. Көрөсүң го, апа, бул сыркооң, сен көр, мен көр жок болот* (Айтматов).

СЕНДЕН КЕЛГЕНДИ КӨРДҮМ. Сенин колунан келген кырсыкты, кыянатчылыкты, жамандыкты көрө жатууга тобокел кылдым, бел байладым деген мааниде колдонулат. *Сенден келгенди көрдүм деп, ичинен кекенген Дөөт Суксурду жекире омуроолотту* (Осмоналиев).

СЕНИ КАЙСЫ КАРА ТЕКЕ СҮЗДҮ? Бул эмне кылганын, кырсыктуу, жалаалуу иште кандай тиешен бар эле деген сыяктуу жемелөө, жекирүү маанисинде. *Бул жерге сени кайсы кара теке сүзүп алып келди экен, айбан...* («Чалкан»).

СЕН, МЕН ДЕШИП КАЛУУ. Бири-бирине жаман-жакшы сөз айтышып урушуп калуу, чырлашып, араздашып калуу. *Сен, мен дешип калганга таарынып келбей жүрөт го деп ойлоду* (Байтемиров). *Эзели өйдө карабаган киши менен сен, мен дешип калдым* («Чалкан»).

СИЙДИГИ БУЛУТ АЙЛАНУУ. Өтө кыйын абалда калуу, аргасы түгөнүү, айласы кетүү. *Сийдиги булут айланып, Айтарга тили байланып* (Алыбаев).

СИРКЕСИ СУУ КӨТӨРБӨӨ. Чыртылдап урушуп, эч нерсени сүйбөө, сөз көтөрө албай силкилдөө, силкинип жактырбаган абалда болуу (көбүнчө бир жери ооруп, жаны кейип же капа болгон учурларда). *Койчу, Суусар! Сиркем суу көтөрбөй турат* (Байтемиров). *Сиркеси суу көтөрбөгөн, ачуулуу кожоюн сөздү уккусу келбеди* (Сасыкбаев). *Баласынын сиркеси суу көтөрбөй турганын байкаган байбиче келинине кулак кагышкылды* (Каимов).

СОГОНЧОГУ КАНАБОО. Такыр төрөбөө, бала көрбөө. *Жашың отуздан ашса да, согончогуң канабаган куу баш, баланын баркын билбейт экенсиң* (Касымбеков). *Өмүр бою согончогу канабаган Асыйпа баланы кадимки энедей эмизип бакты* («Советтик Кыргызстан»).

СОГУМ ЧҮЙЧҮН БОЛСУН! Союлган мал семиз болсун, эт берекелүү болсун деген сыяктуу каалоо маанисинде айтылат. *Кадырдын «согум чүйчүн болсун» деген сөзүнө ичеги-карын арытып жаткан Мария чүйрүң-чүйрүң этип, «жегилик кылсын» деп тамашалай жооп берди* («Чалкан»).

СОКМОККО САЛУУ. Туура болсо да, болбосо да, билсе, билбесе да өз билгениндей, эптеп окшоштура берүү. *Атамын агрономдук билими жок, эски тажрыйбалары менен сокмокко салып иштеп жүрөт* (Жапаров).

СОКУРГА ТАЯК КАРМАТКАНДАЙ. Белгисиз, түшүнүксүз, күдүк нерселердин жөн-жайын, ачык, даана түшүндүрүү. билгизүү маанисинде. *Жакшы кабар, жаңы заман жөнүндө Тоголок Молдонун маселдетип айткандары анын жанындагы бей-бечаралар үчүн сокурга таяк карматкандай сезилди* (Бейшеналиев).

СОКУР ИЙНЕСИНЕ КАРА САНАБОО. Эч жаманчылылык кылбоо, зыян келтирбөө. *Зууракан байбиченин сокур ийнесине кара санабай, бар күчүн жумшап, кабагым кашым дебей, тыным албай иштеп жүрөт* (Сыдыкбеков).

В.: Сокур тыйынына кара санбоо. *Бирөөнүн сокур тыйынына кара санаган жан эмес.*

СОКУР ИТ БОК ЖАЛАГАНЧА. Арыдан бери, тез эле, буйдамга келтирбей. *Мындай иште ал сокур ит бок жалаганча бүтүрө салат. Муну биз азыр, сокур ит бок жалаганча...* (Айтматов).

СОКУР НАМЫС. Курулай намыстангандык, жөнү жок уялгандык, куру бекер умтулгандык. *Ушул заманда сокур намыстын кереги эмне колдон келер ишке чуркаш керек, - деп жеңем силкинип туруп кетти* («Кыргыз руху»).

СОКУР ТЫЙЫНЧАЛЫК. Көзгө көрүнөрлүк эмес, эч нерсеге азырлык эмес. *Сокур тыйынчалык пайдасы жок, көзү ачылбайт. Мындай эрдин барынан жогу... Сатам!* (Өзүбекова).

СОЛ ЖАМБАШЫНАН ЖАТУУ.Жолу болбоо, иши начар сезилүү. *Сен түндө сол жамбашыңан жатып, жаман түш көргөн жок белең*? (фольк.).

СОЛК ЭТПӨӨ. Кебелбөө, тоготуп да койбоо, кабагым-кашым дебөө. *Мындай кабарды укканда солк этип да койгон жок* («Чалкан»),

СОНУНДУ КӨРҮҮ. Катуу жаза тартуу, сазайы окулуу,

кыйноо тартуу. *Соо калбайсың, өлөрсүң, Сонунду ошондо көрөрсүң* («Манас»),

СООДАСЫ БҮТҮҮ. Мурдагысындай болбой иши начарлап, колунан эч нерсе келбей калуу, керектен чыгуу. *Анда менин соодамдын бүткөнү* (Байтемиров).

В.: Соодасы түгөнүү. *Ай талаада атынан ажырап жалгыз отурган Жалий соодам түгөндүбү деп, бармагын тиштеп, өкүнүч заар таштады (Бейшеналиев).*

СООП БОЛУПТУР! Чала, ошондой болмок! Ошондой болсун! деген мааниде бирөөнү табалоо иретинде колдонулат. *Сооп болуптур, ал ошону көрмөк.*

СОПУ БОЛУУ. Тыйылуу, кайра тартуу (терс көрүнүштөрдөн баш тартуу маанисинде). *Узун сары жолдошуна тамеки сунду. Берки башчайкады: - Жок, таштагам. Узун сары суроо жандырды: - Арактычы! - Таштагам. - Мунуң жакшы экен. Сопу болгон турбайсыңбы ? Азаматсың* (Жапаров).

СОРПОСУ СУУ. Деми сууй түшүү, үмүтү үзүлүү. *Сорпосу сууган соң Султан келген жолуна түшөт* (Бөлөкбаев). *Ошентип, өкмөттөн жардам алабыз, кредиттин суммасын азайтат дешип, сүйүнүп жүргөн дыйкандардын сорпосу сууп, ындыны өчө түштү («Кыргыз руху»).*

СОЮЛУН ЧАБЫШУУ. Кимдир бирөө тарапта болуу, ага көмөктөшүү, таламын талашып, сөзүн сүйлөө. *Аманкулдун өзү эч нерсе болбой, анын союлун чабышкан Апас менен Дүйшөнаалы жалаага жыгылды* («Ала-Тоо»).

СОЮП КАПТАГАНДАЙ. Айрып алгыс, дал өзүндөй, абдан окшош. *Бечаранын өңү сертирээк эле, жанакы балчы куду эле өзү, союп каптагандай* (Аалы).

СӨЗ АТАСЫ ӨЛҮҮ. Тиешелүү сөз өз учурунда айтылбай мааниси кетүү. *Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт* (макал.). *Чынымды айтпасам, сөз атасы өлбөйбү?* (КОС).

СӨЗ БАЙЛОО. Убадалашуу, макулдашуу. *Курман Айсулуу менен кыз оюн болгон түнү сөз байлашкан* («Ала-Тоо»), *Сагындан*

кордук көргөн бир топ кедейлер андан бөлүнүп кетмекчи болуп сөз байлашкан

СӨЗ БЕРҮҮ. Убада берүү, макул болуу. *Ишти аткарууга сөз берди.*

СӨЗГӨ АЛАРЛЫК. Айтууга арзырлык, көңүлбөлүүгө татырлык. *Алардын сөзгө аларлы, кубантарлык эч нерсиси жок болсо эмнени айтмак элем деп, жеңем жер карады* («Кыргызстан аялдары»).

СӨЗГӨ ЖАРОО. Айтканынын өтөсүнөн чыгуу, ишти аткаруу, колунан келүү. *Кашаттан тиктеп карайсың, досум, Качан бир сөзгө жарайсың, досум* (Барпы).

СӨЗГӨ ЖЫГЫЛУУ. Орундуу айтылган сөзгө жеңилүү, өз кемчилигин сезүү, моюнга алуу. *Эси бүтүн Зулайка эл сөзүнө жыгылды* («Кожо-жаш»),

СӨЗГӨ КОНОК БЕРБӨӨ. Сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Алыбек сөзгө конок бербей бакылдай берген киши экен* («Ала-Тоо»), *Тоту жеңемдин сөзү отургандардын жүлүнүнө тийгендиктен, сөзгө конок беришпей, жеңеме каршы жаалаган сөздөр күч алды* (Жантөшев).

СӨЗГӨ КЕЛБӨӨ. Бир нерсенин жөн-жайын, дайнын билбей туруп эле моюн толгоо, макул болбоо. *Деги сөзгө келсең боло ? Сага эмне болду, - деп жеңемдин чый-пыйы чыкты* («Ала-Тоо»), *Кыйышпас болсоң сөзгө кел, Кыйноого салбай жанымды* (фольк.).

СӨЗГӨ КИРБӨӨ. Башка бирөөнүн азгыруусуна көнбөө, бирөөнүн терс таасирине бурулуп кетпөө. *Бузуку таш жарат, өйдөылдый сөзгө кирбей жүр, балам, деп чоң энем көп айта турган* («Ала-Тоо»).

СӨЗГӨ САРАҢ. Көп сүйлөбөгөн, оңой менен оозунан кеп чыкпаган, унчукпаган. *Өлмөсхан ар кимге ачылып сүйлөбөгөн сөзгө сараң адам* (Жантөшев).

В.: Кепке сараң. *Кепке сараң, кеңешке жок* (Сыдыкбеков). *Жеңем кепке сараң киши эле.*

СӨЗГӨ СӨЛТҮК КЫЛУУ. Кепке-сөзгө калтыруу, абдан уят кылуу. *Сөзгө сөлтүк кылбайын*

деп, силерди гана аяп отурам («Ала-Тоо»). *Эл караган бетимди жер каратып, сөзгө сөлтүк кылды* (Сыдыкбеков).

В.: Сөзгө сындыруу. *Тиги жаманга айт, келинди теске салсын, бүт айылды сөзгө сындырды* (Сыдыкбеков).

СӨЗДҮ КАЙТА АЛБОО. Сөзүнө, убадасына туруу. *Мен сөзүмдү кайта албайм, комсомолдук чогулушта убада бердим* (Айтматов).

СӨЗ КАРМАТУУ. Кандайдыр бир ишти аткарууга убада берүү, милдеткер болуп калуу. *Кымызды сага берем деп Карматып сөзүн койгону* (Маликов). *Кыз байкоосуздан жигитке сөз карматып койду* («Ленинчил жаш»),

СӨЗ ЖЕБӨӨ. к. Кеп жебөө.

СӨЗ ТИЙГИЗҮҮ. Жаман айтуу, көңүл кала тургандай сөз айтуу, тилдөө. *Ышкынаалы сакалына сөз тийгизгенде, күйүп кетти* (Байтемиров). *Бирөө мага сөз тийгизип койбосун деп корко тургамын* (Абдукаримов).

В.: Кеп тийгизүү. *Кээде сенин чогоолдугуң мага да кеп тийгизип жүрөт* (Байтемиров).

СӨЗҮ ЭКИ БОЛБОО. Айтканы айткандай болуу, убададан тайбоо, дегени аткарылбай калбоо. *Эркетайдын сөзү эки болбойт, үйдүн жакшысын сомдойт* (Бөлөкбаев).

В.: Айтканы эки болбоо. *Сыр билги сатуучу жигиттин айтканы эки болгон жок* («Чалкан»). - *Ата ишен! Энем мени бузган жок. Айтканыныз эки болбойт, бар деген Нурматыңа барайын* (Жантөшев).

СӨЗҮНӨН ЧЫКПОО. Айтканы, дегени менен болуу. *Кара тамандар Тоозактын сөзүнөн чыгышпайт* (Абдукаримов).

СӨЗҮН СҮЙЛӨӨ. Кимдир бирөөнүн тарабында болуу, ошонун таламын талашуу. *Улуктун ишин билбесең, Байдын сөзүн сүйлөсөң* (Токтогул). *Ал эми Абаздын таламын талашып, анын сөзүн сүйлөдү* (Таштемиров).

СӨЗҮН ЖЕРГЕ ТАШТАБОО. Бирөөнү кадырлоо, сыйлоо максатында анын айткан-

дегенин орундатып, тапшырганын аткарып туруу. *Ал менин сөзүмдү жерге таштабайт* (Абдукаримов).

В.: Сөзүн талаага таштабоо. *Сөзүңүздү талаага таштабайбыз, ишене бериңиз* («Чалкан»).

СӨЗҮН ЖӨНӨТПӨӨ. Сүйлөтпөө, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Менин сөзүмдү жөнөткөн жок* (КОС).

СӨЗҮ ӨТҮҮ. Бирөөгө кайрылып айткан кеби, өтүнүчү, суроосу кабыл болуу, өзүнүн айтканына башка бирөөнү көндүрүү, макул кылуу, тил алдыруу. *Тилдеп тили, айтып сөзү өтпөгөндүгүн Карачал эми түшүндү* (Жоошбаев). *Аке, эл, жерден азгандан кийин канчалык туура иш кылып жатсаңыз да көзгө көрүнбөй, сөзүң өтпөй калат тура* (Турусбеков).

СӨЗҮ СУУ КЕЧПӨӨ. к. Кеби суу кечпөө.

СӨЗҮ ҮЖӨТ БОЛУУ. Сөзүн макул табуу, жөнү бар, ыктуу, маанилүү сөз деп эсептөө. *Акымдын бардыгы жөнүндө канчалык айтсам да менин сөзүм үжөт болгон жок* (Баялинов).

В.: Сөзүн үжөт кылуу. *Ээ ...балам, каардуу зулумдар менин сөзүмдү үжөт кылмак беле деп Казак зээни кейип айтты* (Сыдыкбеков).

СӨЗҮ ШИЛИСИНЕН ЧЫГА ТҮШҮҮ. Өтө катуу таасир этүү, оор тийүү. *Акыркы сөз атамдын шилисинен чыга түштү белем* (Осмоналиев).

В.: Сөзү шибеге менен сайгандай угулуу. *«Раиске сатып жиберебиз» деген сөзү кулагыма шибеге менен сайгандай угулду* (Жантөшев).

СӨЙКӨ САЛУУ. этн. Келиндикке алууга убадалашкан кыздын кулагына жакшы ниет менен сөйкө салып, макулдашкандыкты. бүлө кылып алууга макулдашкандыкты билгизүү. *Сөйкө салар жан ошол, Сырттан балаң Төштүккө Алып берер бала ошол* («Эр Төштүк»).

СӨӨГҮ АГАРУУ. 1. Семирип, эттенип калуу, оңолуу, эс алып, тыңып калуу. *Сөөгү агарсын Алгара, Көп минилди жаныбар* («Семетей»).

2. Абдан ыраазы болуу. *Айткан сөздөрүңө сөөгүбүз агарды.*

СӨӨГҮ БОШ. Борпоң, чымыр эмес. *Мысакелди сөөгү бош неме окшойт, агасына караганда шалдыраган чал болуп калды* («Ала-Тоо»).

СӨӨГҮ БОШОО. Бирөөнүн оор абалына, кыйынчылыгына боор ооруп, жашый түшүү, зээни кейүү. *Кыздын муңдуу, ызалуу обонуна жеңенин сөөгү бошоду* (Сыдыкбеков).

СӨӨГҮ ЖАШУУ. 1. Сөөгү бошоо менен бирдей. *Сөөгү жашый түшкөн Шамбет: - Ой аттиң ай! - деп, көзүн сүрттү* (Сыдыкбеков).

2. Начарлап күч-кубаты кетүү, абдан алсыз абалга келүү. *Мен да бир кезде алдуу-күчтүү киши элем. Мына эми сөөгүм жашып ордумдан араң козголом* («Чалкан»). *Кулдукта өтүп өмүрүм, Кор болуп сөөгүм жашыды* (Осмонкул).

СӨӨГҮ ЖУКАРУУ. Начарлоо, арып-ачып, арыктап калуу, күч-кубатынан тайоо. *Жаз чыкты, сөөк жукарды* (Баялинов).

СӨӨГҮ МЕНЕН КОШО ЖАТУУ. Башынан үйрөнгөн адаты, кыял жоругу оңой менен калбайт деген мааниде. *Чал кумсарып, каны ичине тартып, сөзгө келбечүдөй, аны байкаган жигит ичинен бул кыял сөөгү менен кошо жатат да деген ойдо акырын чыгып кетти* (Жантөшев).

СӨӨГҮМ ЫРААЗЫ. Абдан ыраазы экендигин билдирүү маанисинде колдонулат. *Сөөгүм ыраазы силерге!* («Ден соолук»).

СӨӨГҮНӨ БАТУУ. Кандайдыр бир нерсенин запкысы, кыйынчылыгы абдан катуу таасир этүү, жанын кейитүү, көкөйгө тийүү. *Апа, сен үндөбө, болду. Сөөгүмө батып кетти, - деди Татыбек* (Байтемиров).

В.: Сөөгүнө жетүү. *Анткени эки күндөн берки окуя анын сөөгүнө жеткен болучу* (Баялинов). *Баарынан да ушул орус аялдын ишарасы Турсундун сөөгүнө жетти* (Сасыкбаев).

Сөөктөн өтүү. *Сөөгүмөн сөзүн өткөрүп, Арамдар басат белимден* (фольк.). *Сөөктөн өткөн суук.*

Сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетүү. Кайнененин каары Батийнанын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетти (Сыдыкбеков).

СӨӨГҮНӨ СИҢҮҮ. Көнүмүшкө айлануу, көнүмүш адат, өнөкөт болуп калуу. *Омор байыртан сөөгүнө сиңген адаттарын таштай элек* (Сыдыкбеков). *Сөөгүнө сиңген кыялы калчу беле.*

СӨӨГҮ СӨПӨТ БОЛУУ. Чирип жоголуу, эчтемеси калбоо (адамдын көмүлгөн денесине карата). *Аябай мас болгон Тургунбек сөөгү сөпөт болгон атасын эстеп, ыйлай баштады* («Ала-Тоо»). *Эки кадам илгери басканда, сөөгү сөпөт болмок* («Ленинчил жаш»). *Жүзүн буруп карай албайт, кылт этсе: сөөгү сөпөт болчудай* (Айтматов).

СӨӨГҮН СӨПӨТ КЫЛУУ. Өлтүрүү, жоготуу, жок кылуу, дайынын билгизбей салуу. *Кайран жигитти өлтүрүп, сөөгүн сөпөт кылып салыптыр* («Ала-Тоо»).

СӨӨГҮ СЫЗДОО. к. Сай сөөгү сыздоо.

СӨӨГҮ ТАЗА. 1. Мүчөсү, сын-сыпаты келишкен, сымбаттуу. *Сөөгү таза, сөзү сыпаа, жакшы кыз эле* (Сыдыкбеков). *Сөөгү таза, жүзү жарык өзүңдөй асылга тең курбу боло турган периште экен* (Сыдыкбеков).

2. *Аралашмасы жок, чыныгы. Сөөгү таза кездеме.*

В.: Устуканы таза. *Сейиттин мүчөсү да келишимдүү, зыңкыйган устуканы таза киши* («Советтик Кыргызстан»).

СӨӨК ЖАҢЫРТУУ. Мурда куда-сөөк болгон адамдар менен экинчи жолу да кыз алышып, кыз беришип, дагы кудалашуу, жаңы сөөк болушуу. *Эркин, сөөк жаңыртуу биздин коомдун жаштарына жат калдыктын саркындысы экенин түшүнөсүңбү?* («Ленинчил жаш»). *Силер менин пиримсиңер. Ошол үчүн сөөк жаңырталы деп кол берип олтурам* (Сыдыкбеков).

СӨӨК КАРМОО. *Өлүктү сууга алуу, кепиндөө ишине катышуу.*

СӨӨККӨ БАТУУ. к. Сай сөөгүнө жетүү.

СӨӨККӨ ЖЕТҮҮ. к. Сай сөөгүнө жетүү.

СӨӨККӨ ТАМГА САЛУУ. Кимдир бирөөгө эстен кеткис, унутулгус катуу кордук көрсөтүү, кейитип, ыза кылып көңүлүн

калтыруу. *Тамга салды сөөгүмө, Көтөрүлүп айтканың* (Осмонкул).

СӨӨК ӨЧТҮ. 1. Кимдир бирөө менен эзелтен, жеринен кас, ага башынан жылдызы каршы, мурдатан кеги бар. *Түз кирип айткан кеби бар Манаска Сөөк өчтү болгон жери бар* («Манас»). *Эзелтен ак сөөктөргө кедей баласы сөөк өчтү да* (Бектенов).

2. Өзүнүн төркүндөрү жактан келин алган учурда келин менен кайненинин ортосунда пайда болгон өчтүк мамилеге карата айтылат.

СӨӨКТӨН ӨТҮҮ. к. Сай сөөгүнө жетүү.

СУГУН АГЫТУУ. Ач көздүк кылуу, көз артуу. *Сугун агыткандан пайда жок, ар бир адам өз ырыскысы менен жашайт.*

СУГУ ТҮШҮҮ. Көз артуу, кандайдыр жаман ниети таасир этүү. *Бирөөнүн сугу түшкөнго деп, чоң эне небересин эмдей баштады.*

СУЙ ЖЫГУУ. Абдан чарчатуу, шайманын кетирүү, убара кылуу. *Тентек уулуң кечке чейин тынбай чуркай берип, суй жыгылды! - деди апам («Ала-Тоо»). Экөө тең кечке суй жыгат* (Жапаров).

СУКАНЫ КАЧУУ. Сүлдөрү кетүү, адам сөлөкөтүнөн ажырап, өлүмгө жакындап калуу. *Бул кишинин суканы качып, чачы жайылды* (Бектенов). *Үлдүрөп суканы качкан аял бут шилтөөгө алы келбей бети менен жыгылды* (Элебаев).

В.: Суканы учуу. *Суканы учуп калыптыр. Кайран киши! Көзү ары кирип, суканы учуп калган тура* (Сыдыкбеков).

СУНГАН БУТУН ЖЫЙБОО. Бой көтөрүү, чоңсунуу, менменсинип, пейил күтүү, текеберленүү. *Журт тарткан оордукту эч сезбеген Букен баштагыдан бетер сунган бутун жыйбай калга*н (Сыдыкбеков).

СУПСУНУ СУУ. Тилеги, максаты ордунан чыкпай, ойлогон максатына жетпей өкүнүчтө калуу, үмүтү үзүлүү. *Супсунум сууп, кайра келдим («Жаш ленинчи»). Айдар аны чын көрүп, супсуну сууй түштү* (Сасыкбаев).

В.: Супурасы суу. *Супурасы сууп, Ордуна кайра барбасына*

көзү жеткен Шарип оюн топтоп үлгүрдү (Бейшеналиев).

СУПУ САДЫК ЧАЛГАНДА. Таң кулан өөк болуп, агара баштаган мезгилде. *Супу садык чалганда Таң агарып калганда* (фольк.).

СУР ЖЫЛАНДЫН СУУСАГАНЫН, КЕР ЖЫЛАНДЫН КЕПШЕГЕНИН БИЛЕТ. Бардык айла-амал, кулук-шумдук, митаамдык колунан келет. *Ал сур жыландын суусаганын, кер жыландын кепшегенин билет. Аны сен оңой ойлобо* («Чалкан»),

СУРУ КАЧУУ. 1. Үрөйү учуу, коркуп кетүү. *Ата-энесинин урушунан суру качкан балдар мештин түбүнө корголойт* («Ала-Тоо»). ‘

2. Абдан арып-ачкан, кейпи кетип жүдөгөн абалга келүү, өңүнөн азып арыктоо. *Маманазар кызыл чиедей жаш балдарлуу, суру качкан аялды көргөндө зээни кейип кетти* (Жантөшев).

СУРУН САЛУУ. Жагымсыз, начар мамиле жасоо, жактырбаган, сүйбөгөн көз караш менен түсүн үйрүү. *Сурун салып турат. Барсак эле сурун салып калды. - Ыракматың өзүңө буюрсун, -деди да, Эдигей ачуулана сурун салды* (Айтматов).

СУУ БОЛУУ. Абдан убара тартуу. *Акымды өндүрүп ала албай үч ай суу болдум* («Чалкан»).

СУУГА САЛУУ. 1. Жок кылуу, жоготуу, түгөтүү, аягына чыгуу. *Малдын башын урдум, дүнүйөнү сууга салдым* (Сыдыкбеков).

2. Унутуу, ойдон чыгарып коюу. *Өткөн-кеткенди сууга салалы, эл болушалы деп келдик* (Жантөшев).

В.: Сууга кетирүү. Колумда калган беш-он жылкымды сууга кетиргемин (Сыдыкбеков).

СУУГА ТҮШКӨН ЧЫЧКАНДАЙ. Өтмө катарынан өтүп, аябай чыланып, эч кургак жери калбай суу болгон абалга карата. *...Жамгыр эленип, көчүк басар орун калбай, сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүшүп, ак жаандан соңку чыкыроондо бүк түшүп жыгыла башташты* (Касымбеков).

СУУГУНА ТОҢУП, ЫСЫГЫНА КҮЙҮҮ. Кимдир бирөөнүн бардык кыйынчылыгын бирдей көтөрүү, абдан күйүмдүү болуу, ар дайым кам көрүп келүү. *Алымдын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп баккан энеси* (Жантөшев).

СУУДАЙ БИЛҮҮ. Башка тилди мыкты билүү, шар сүйлөө. *Төрт жыл орус жолдоштордун ичинде жүрүп, тилди суудай билдим* (Аалы).

СУУДАН КЕЧКИЧЕ. Бирөө аркылуу зарыл ишин бүтүрүп алгыча, кырсыктан кутулуп, оңолуп алгыча. *Суудан кечкиче тим эле жаныңды сууруп алчудай болгону болгон, акидей эле асылат* (Ала-Тоо).

СУУДАН КУРГАК ЧЫГУУ. Кандай күнөө кылса да, эч билинбей, өтө эпчилдик, амалдуулук менен кутулуп кетүү. *Адилеттиктин тузагына чалынбай суудан кургак чыгат* («Чалкан»).

СУУ ЖУГУЗБОО. Терс жактарына эч көңүл бөлбөй, жалаң гана оң жактарын айтып мактай берүү, өткөрө мактоо. *Эки бала урушуп калса, күнөө кимисинде экенине карабай, өз баласына суу жугузбайт, а бирөөнүн баласын жамандай берет* («Ала-Тоо»).

СУУ ЖУКПАС. Өзүнө сөз тийгизбей, ар кандай кыйын кырдаалдан аман-эсен кутулуп кеткен, өтө эпчил, куу. *Суу жукпас азаматтан болбосо Токтобек кара малды түгү менен, төөнү жүгү менен, акчаны түрмөгү менен жутуп алып, аман-эсен башкармалыктан бошоп, чоң кызматка көтөрүлбөйт эле да* («Чалкан»).

СУУ ЖҮРӨК. Коркок, кайратсыз, жүрөгү жок. *Айтпадымбы! - деди Омор оңдоно калып, - Суу жүрөксүң* (Сыдыкбеков). *Кайраты жок, суу жүрөк Кара жерге кирсин деп* («Эр Төштүк»).

СУУ ИЧКЕНДЕЙ БОЛУУ. Абдан арыктоо, өңүнөн азуу. *Баягы кыпкызыл Асанбек жок, алты ай суу ичкендей болуп, кулагынан күн көрүнүп калыптыр* («Чалкан»).

СУУ КАРЕК. Көзү ачык туруп эле көрбөй калган, көрүү жөндөмдүүлүгүн жоготкон, сокур. *Карап туруп кабылан Суу карек болуп калганың* («Манас»).

СУУК БООР. Өз эмес, башка, чоочун, жакын эмес, бөлөк. *Бул айбандын суук боор экендиги билинди го* («Ала-Тоо»),

СУУ КЕЧИРҮҮ. Убактылуу ыраазы кылуу, алдап жолго салуу, иттен чыгаруу. *Алар-булар эле деп чоң тизме түзүүнүн зарылдыгы жоктур, же ал жөн эле суу кечиргенби* («Чалкан»).

СУУ КЕЧПЕГЕН СӨЗ. Жараксыз, орду жок, келжирек, эч нерсеге арзыбай турган, эч ким тоготпогон сөз. *Суу кечпей турган сөздү айтып эмне кыласыңар! - деди Асанкул* (Убукеев).

СУУК КОЛ. Бүлдүргүч, зыян келтирүүчү, душмандык кылуучу. *Суук кол тийбесе, мал өспөгөндө кайда барат дейсиң* (Бөлөкбаев). *Коомдук мүлктү суук колдон сактайлы* («Советтик Кыргызстан»).

СУУ КОШПОО. Так өзүндөй, кандай болсо ошондой, эч кошумчасыз. *Балам, ушул сөзүмдү суу кошпой атаңа айтып баргын* («Ала-Тоо»). *Анын суу кошпой сүйлөгөнү жакты* (Осмоналиев).

СУУК КОЛУН САЛУУ. **1.** Коомдук мүлккө же башка бирөөнүн мүлкүнө, акчасына көз артып, аны өз кызыкчылыгына пайдалануу, өзүнө алууну көздөө. *Бүткүл элдик менчикти сактоодо ага суук колун салып жаткандарга каршы күрөшүү аракеттери жүргүзүлүп жатат* («Советтик Кыргызстан»).

2. Душмандык кылуу, кыянатчылык көрсөтүү. *Сурасам бербес Төштүгүң Суук колум саламын, как баш* («Эр Төштүк»).

СУУК КӨЗ. Жаман ниеттеги, жаман пикирдеги жат киши, душман. *Силер суук көзгө көрсөтпөй турган кызыңарды өлүмтүк дөбөткө тыттырдыңар* («Советтик Кыргызстан»). *Суук көздөн качып, байкалбас эл четин чалды* (Осмоналиев).

СУУК КӨЗГӨ ЧАЛЫНБОО. Ниети жамандан алыс болуу, ичи кара, жамандык издегенден качуу, оолак жүрүү. *«Элим ай, мен качкынмын, көп да даршан боло бербейин, суук көзгө көп чалынбай көңүлдөш кишилердин ичинде эле жүрө турайын»,- деди* (Касымбеков).

СУУК СӨЗ. Жаман, терс, заар, ачуу айтылган кеп. *Суук сөздү бетке айтат, Куралган жыйын көпкө айтат* (Тоголок Молдо). *Акунжан жөнүндөгү аркы-берки суук сөздөр күн сайын көбөйүп кетти* (Байтемиров). - *Койчу суук сөзүңдү, - деди атасы чыйрыккандай* (Айтматов).

СУУК КӨРҮНҮҮ. Көзгө жаман көрүнүү, жек көрүндү болуу, жакпоо. *Токтонбойт санаа, көңүлүм, Элиме суук көрүндүм* («Кедейкан»). *Жылдызкансыз үйдүн ичи мүрзөдөй суук көрүндү* (Байтемиров).

СУУК ТИЛ. Өтө жан кейиткен, көңүлгө катуу тийген ачуу сөз. *Букендин суук тили Зууракандын жанына далай баткан* (Сыдыкбеков). *Өз өкүмдары катуу кол, суук тил болгону үчүн түп көтөрө ага каршы аттанып чыкканын, эске салды датка айым* (Касымбеков).

СУУ КУЙДУ. Ордужок, туругужок, шайкелең, тентек. *Суу куйду жинди.*

СУУ КУЙСА ТӨГҮЛГҮ. Бөжүрөгөн, мыкты жүрүшү бар жоргого карата айтылат. *Соорусуна суу куйса төгүлгүс боз жорго эле* («Ала-Тоо»).

В.: Суу төгүлгүс. *Суу төгүлгүс жорго.*

Суу куйса чайпалгыс. *Жаныбарым тим эле суу куйса чайпалгыс жорго тура.*

СУУК СЕЛКИ БОЛУУ. Араздашуу, ынтымагы кетип, бирин - бири жек көрө баштоо. *Уулу менен келининин суук селки болуп жүргөнүн Алима сезет* («Ала-Тоо»).

СУУК ТИЛИН АГГЫТУУ. Оозго алгыс ачуу сөздөр менен тилдөө, жаман айтуу. *Арзымат ырчы болсо кундүр-түндүр дебей ушак айтып, Токтогулга суук тилин агытты* (Бөкөнбаев).

СУУК ТУМШУК. Жек көрүндү, шүмшүк, элге жаман жагынан таанылган. *Батма суук тумшук болуп, эл-журттан бөлүнүп калганын эми түшүндү* (Байгемиров). *Кызматыма да, үйүмө да суук тумшук болуп баратам* («Чалкан»).

СУУ МУРУН. Мурдунан суусу куюлуп, кайра-кайра мурдун тарта берме деген мааниде.

СУУ СЕПКЕНДЕЙ БОЛУУ. **1.** Кимдир бирөөнүн жаман кылык-жоруктарын, кыянатчылыгын ж.б. сезип ичи муздай түшүү, ага карата жек көрүү сезими пайда болуу. *Баягыдан кийин суу сепкендей болдум* («Чалкан»). *Жылдызкандын көтөрүлө түшкөн көңүлүн агасынын акыраңдашы суу сепкендей кылды* (Байтемиров).

2. Кандайдыр бир окуя жөнүндөгү маселе, имиш-имиш тез басылуу, тып токтолуу. *Күбүр-шыбыр суу сепкендей басылды* (КОС). *Чуу суу сепкендей басыла түштү. Жалгыз Момундун үнү басылган жок* (Касымбеков).

СУУ СИЙДИК. Уругунан бала болбогон, бала төрөлбөгөн (эркекке карата айтылат). *«Суу сийдик», «Куу баш» деген сөздү укпаган, мынчалык катуу, заар сөз экенин сезбеген* (Касымбеков).

СУУСУН ИЧҮҮ. Абдан үйрөнүп калуу, көнүп калуу. *Тамекинин суусун ичет.*

СУУСУ ТҮГӨНҮҮ. Жашай турган күнү бүтүү, өлүү. *Суусу түгөнгөн күнү киши өлөт. «Бечара, мунун да суусу түгөнгөн экен» -деп кейимиш болушуп, тууган-урук көөмп коё турган* (Мавлянов).

СУУТУП КОЮПТУРБУ. Баруунун эч жөнү, кажети жок, сага эмне бар, барба деген мааниде колдонулат. *Мага окшогон кетменчилерге ал жакта суутуп коюптурбу?* (Маликов). - *Эмне, Чүйдө суутуп коюптурбу бирөө бизге. Кайда барсаң Мамайдын көрү* (Сыдыкбеков).

СҮБӨСҮН КӨТӨРҮҮ. Мактануу, өзүн көрсөтүү, менменсинүү. *Эч качан, эч убакта «Мен жасаттым, мен тигинттим, минттим» деп сүбөсүн көтөрбөгөн жан эле* («Советтик Кыргызстан»).

СҮЗӨ КАЧЫРУУ. Тартынбастан, токтолбостон кирип баруу, жөндүү болбосо да түз эле бара берүү. *Сүзө качырып үйүнө кирип бардым* (Бейшеналиев). *Көздү жумуп, үйүңөргө сүзө качырып келип калдык, кечиресиз! - деди Акбар* (Убукеев).

СҮЙРҮСҮНӨ СҮТ ТОЛУУ, ИЙРИСИНЕ ЭТ ТОЛУУ. Күч-кубат кирип, оңоло баштоо, мурдагы калыбына келүү. *Чоюн кулак капырдын Сүйрүсүнө сүт толду, Ийрисине эт толду* («Эр Таштүк»),

СҮРМӨ ТОП. Өтө көп, баш аламан, опур-топур. *Малк өбөйгөн сайын сүрмө топ болуп жайыттын кунары кача баштады* («Советтик Кыргызстан»),

СҮТ АКЫ. Келиндин энесине кудалар тарабынан берилүүчү мал-мүлк же акча. *Энесинин сүт акысы деп, кудалар бир үй беришиптир* («Чалкан»).

СҮТ КАМЫР. Эгиндин жаңыдан дан байлап, даны абдан ката элек кези. *Жүгөрүнүн сотолору сүт камыр болуп жетилген.*

СҮТКӨ ТИЙГЕН КҮЧҮКТӨЙ. Күнөөлүүдөй, кылмыштуудай четтеп, коомайлап, элге кошула албай турган кишиге карата айтылат. *Бактыбек сүткө тийген күчүктөй болуп унчукпайт* («Ала-Тоо»). *Саадат төрагалыкты бергенден кийин, ал сүткө тийген күчүктөй четтеп, Сапарбай менен Жакыптар ынтымакта* (Сыдыкбеков).

СҮТКӨ ТОЙГОН КҮЧҮКТӨЙ. Мантайган, борсойгон, сүймөнчүктүү. *Кызым жоош, курсагы тойсо болду, сүткө тойгон күчүктөй болуп ойноп берет* («Ленинчил жаш»).

СҮТТӨН АК. Таза, эч күнөөсүз. *Өзүң эле сүттөн ак киши болуп кала бермексиңби?* («Ала-Тоо»). *Кутулганда да башкарманын жогоркудай чечими боюнча карыздан таптакыр сүттөн ак тазаланды* («Чалкан»).

В.: Сүттөй ак. *Мезгилсиз кеткен уулумдун ниети сүттөй ак эле, сага жамандык ойлоочу эмес эле* (Абдукаримов).

СҮТҮН КЕЧҮҮ. к. Ак сүтүн кечүү.

СҮТ УЙКУ. Көшүлүп, мемиреп бараткан өтө таттуу, тынч уйку. *Жаш балдар сүт уйкуда мемиреген* (КОС). *Түн жарымында сүт уйкудан ойготуп* (Осмонов). *Жетекчилер али сүт уйкуда* («Жаш ленинчи»).

СҮТҮН АК КЫЛУУ. Эненликтен кечүү. *Энеси күйөө бала менен кайра жарашпасаң сүтүмдү ак кылам деп шарт коёт* («Ленинчил жаш»),

СЫЗГА ОТУРУП КАЛУУ. Алданып калуу, кол жууп калуу, караманча куру калуу. *Аны жеп алсак, биротоло колсуз-бутсуз болуп, таптакыр сызга отуруп калбайбызбы* (Абдукаримов). *Жер-суусун тарттырып жиберип, томаяктар сызга отуруп калды* (Абдукаримов).

В.: Сызга отуруу. *Ошентип, мал бордоп семиртүү совхозу ушул азыр сызга отурган кези* («Чалкан»).

СЫЙПАЛАП КАЛУУ. Эч нерсе таппай калуу.

СЫЙЫ МЕНЕН. Абийирин кетирбестен, кадыр-баркы менен, жаман-жакшы айтышпастан. *Сыйы менен кете бербей, өз абийирин өзү кетирмек болду* («Чалкан»).

СЫЛАП-СЫЙПАП БАГУУ. Өтө ардактап, каркыттап, куш учурбай багуу, асыроо. *Кашаң карагерин сылап-сыйпап, жайдыр-кыштыр жемден өксү кылбай багат* (Бейшеналиев).

В.: Сылап-сыйпап асыроо. *Сылап-сыйпап асыраган бирөөнүн жалгыз кызы* («Ала-Тоо»).

СЫМГА ТАРТКАНДАЙ. **1.** Түз, теп-тегиз. *Кудайдын көзү түз болсун, балдарым сымга тарткандай болуп тегиз жетилип кележатышат* (Ала-Тоо).

2. Эч кебелбей, кыймылдабай. *Айнагүл сымга тарткандай мелтиреп отура берди* («Ала -Тоо »).

СЫНДЫН КАРА ТАШЫ. Абдан оор. *Колу сындын кара ташы экен, козгой албадым* (Осмоналиев).

СЫН ЖОК. Сындай турган эч нерсеси жок, абдан мыкты, эң сонун. *Акматбекке сын жок, ал өз ишин эң сонун билет* («Ала-Тоо»).

В.: Сында жок. *Улуктугуң сында жок, Төштүк* («Эр Төштүк»).

СЫН ТАГУУ. Бирөөгө өйдөсүнүү, андан өзүн жогору санап, аны сынга алуу, тыңсынуу. *Ашыра бой көтөрүп, ашыра сын тагып кеткен да болбойт* (Сыдыкбеков).

СЫНЫ ТУТАШУУ. Бүткөн бою жазылбай курушуу. *Сыным туташып турат.*

СЫР АЛДЫРБОО. Бир нерсенин шегин билгизбөө, жашыруу, билсе да билмексенге салуу. *Кемпир унчукпады. Ушундайда бала-чакага сыр алдырбай сумсайып отурчу текебер мүнөзү боло турган* (Нурпеисов).

В.: Сыр бербөө. *Анысын билдирбеске тырышып, ичинен өзүнчө өксүп, өзүнчө жерисе да сыртынан сыр бербеди* (Кушубеков). *Рай сыр бербөөгө тырышса да, көңүлү бошоп баратканын сезип, желдире жүрүп кетти* (Укаев).

СЫЙКЫ БУЗУЛУУ. Өзгөрүлө түшүү. *Отургандардын сыры ачылып, сыйкы бузулгандай боло түштү* (Жантөшев).

СЫР БИЛГИ. Оюндагысын айттырбай билген, ага жакшы түшүнгөн. *Сыр билги кургур таң күтүп, Самоорго чайын кайнатса* (Осмонов).

СЫР КӨРСӨТҮҮ. Сесин алуу, опузалуу түр менен коркута мамиле кылуу. *Ал сыр көрсөткөндөй үнүн бийик чыгарып жооп берди* («Советтик Кыргызстан»).

СЫРТЫН САЛУУ. Жактырбагандай, таарынгандай түр көрсөтүү, жакшы мамиле кылбоо, сүйлөшкүсү келбегендей мурчуюп коюу. *Байга сыртын салып, сурдана отурган байбиче уулдарын уруша сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Данияр Жамийлага таң калгандай түктүйө карап, сыртьт салды* (Айтматов). *Каратай Сабырбекке сыртын салып, укмаксан болуп, көңүлү салкын отурду* (Айтматов).

СЫРТЫНАН САТУУ Бирөөнүн авторитетин, кадыр-баркын пайдалануу (алдоо, калпайтуу жолу менен). *Сыйлуу карттын аброюн сыртынан сатып азык алып, эл арасында күн көрүп жүрөт* (Нурпеисов).

СЫРТЫНАН ТОН БЫЧУУ. Бирөөнүн көзү жокто, аны катыштырбай туруп эле өзү чечип коюу, бир нерсеге милдеттүү кылып коюу. *Кызык, мен жөнүндө эч нерсе билбесе, анан сыртыман тон бычып жүргөнүнө жол болсун!* (Кушубеков). *Менин сыртыман тон бычыптыр* (КОС).

СЫРЫН ТАРТУУ. Кимдир бирөөнүн ички оюн билүүгө аракет кылуу, астыртан байкоо

жүргүзүп көрүү. *Шектүү кишилердин тымызын сырын тартып жүргөнүн мен кантип сезбейин* (Бектенов).

СЭЭР САЛУУ. Көңүл буруу, көңүл бөлүү. *Керимбай жолуккан кишилерге көбүрөөк сээр сала турган болду* (Каимов).

-Т-

ТААЛАЙЫНА ТАШ ТИЙҮҮ. Оор абалга, кыйын ишке, кырсыкка дуушар болуу, кирептер болуу. *Эр жеткен уулум былтыр каза таап, таалайыма таш тийбедиби деп кейиди* («Ала-Тоо»).

ТААЛАЙЫН ТЕБҮҮ. Өз бактысына өзү кедерги болуу, кесирленүү. *Таалайыңды теппе, Шарапат жаным! Шарапат өз таалайынын кайда бурулуп баратканын билди* (Абдукаимов).

Таалайы таш кабуу. к. Таш кабуу.

ТАБАСЫ КАНУУ. Өч алуу максатында бирөөнүн кырсыкка учурашына, оор, мүшкүлдүү ишке дуушар болушуна ичинен сүйүнүү, ырас болду деп ойлоо, көксөсү суу. *Кырсыкка учураганда Акматтын табасы канып, үч күн кубанды* («Ала-Тоо»). *Мырзабайдын үйүнүн өрттөнгөнүнө Телебайдын табасы канды* (Абдукаримов). *Башын кесип калмактын Табасы канды баатырдын* («Курманбек»). *Сегизбаев прокурор болсо четте карап, табасы канып турар* (Айтматов).

В.: Табасы таш жаруу. *Жакындап барса, кээ бирөөлөрү күлүп, кээ бирөөлөрдүн табасы таш жарат* (Ашымбаев).

ТАБИТИ ТАРТПОО. Бир нерсеге көңүлү келбөө, пейли чаппоо, көңүлдөнбөө, каалабоо. *Тамакка табыты тарткан жок Этке табыты тартпады*

В.: Табияты тартпоо. *Эч нерсеге табиятым тартпайт* («Ала-Тоо»).

Табияты чаппоо. *Тамакка да табиятым чаппады* («Чалкан»).

Табыты келбөө. *Табыты келбеген соң эмне ичет* («Кыргызстан маданияты»).

ТАБЫ ЖОК. Эч нерсеге көңүлү келбейт, дени таза эмес деген мааниде колдонулат. *Эмнегедир бүгүн апамдын табы жок, өзүнчө эле сабыры суз отурганынан мен да батынып эч нерсе айта алган жокмун* («Ала-Тоо»).

ТАЗ КЕЙПИН КИЙҮҮ. Мурдагы абалына, калыбына

түшүү, мурунку кебетесине келүү, мурдагысы кайталануу (көбүнчө терс кылык-жоруктарына карата). *Эсирген неме баягы таз кейпин кийип, талаада каңгырап жалгыз калды* («Жомоктор»).

В.: Таз кейпине келүү. *Бактылуу турмуш көз ачып-жумгуча бүлүнүп, эзелки таз кейпине келишти* (Каимов).

ТАЙ КАЧЫРБАС БОЗ АЙГЫР *диал.* Элин бүлгүнчачкынга учуратпаган, эл үчүн дайыма кам каргөн, кең пейил, калыс деген мааниде. *Ошон үчүн элине карамдуу, кара кылды как жарган калыс, кечиримчил, пейли кең журт атасын «тай качырбас боз айгыр» деп коёт* (Касымбеков). *Болсоң ошо «тай качырбас боз айгыр» бол* (Касымбеков).

ТАЙ ТАЛАШ. Кандайдыр бир маселе боюнча бир пикирге келише албоо, так чечим чыгара албоо деген мааниде. *Сессияда каралган айрым маселелер көпкө чейин чечилбей тай талаш бойдон калууда* (« Кыргыз Туусу»).

ТАЙ ЧАБЫМ. Болжолдоп алынган элдик өлчөм. *Жолчулардын кыштоосу ушу жерден көрүнүп турат, арасы тай чабым жер* (Элебаев).

ТАКАЛУУДАН ТАЙ КАЛБАЙ. Чоң-кичине, карыжаш дебей, эч кимиси калбай, бүт, бардыгы чогуу. *Кулагын түрүп арең турган кишилер айыл-айылдан, кокту, өзөндө жалгыз аяк жолдорун таптап, бирине бири удаа аттуу-жөөлүү болуп, такалуудан тай калбай чубай келишет* (Сыдыкбеков).

ТАК КАТУУ. 1. Кургоо, абдан кургап кетүү. *Таңдайым так катып, тилим күрмөөгө келбей бара жатат.*

2. Эч нерсеге жетпөө, такыр куру калуу. *Кыздарың актан так катышат.*

ТАК КАТЫРУУ. Колунан эч нерсе чыгарбай тыкыйтуу, какшытуу, куру калтыруу. *Бир жыл бою акча бербей аны так катыралы деп сүйлөшүштү* («Ала-Тоо»).

2. Эч моюн бербей айласын кетирүү, оозун аппак кылуу, эч унчукпас кылуу. *Андай айтса да, мындай айтса да макул болбой так катырды* («Ала-Тоо»).

ТАК КЕСЕР. Биротоло, өзгөргүс, кайталангыс деген мааниде. *Ошентип, калайыкка так кесер бүтүм чыгарган манап катары даңазасын жайылтканына корстон* (Бейшиналиев). *Ичинен ойлонуп, так кесер бүтүмүн чыгара албай чайналды* (Ашымбаев).

ТАК КЕСҮҮ. Бир жолу, өзгөртүлбөй, экинчи кайрылбай тургандай тыянакка келүү. - *Сооронбай Тыныбекке так кесип эскертти* (Бейшеналиев). *Ал өз токтоо-лугуна сыйынып, жеке так кесип бүтүм чыгараарда... оёндору ичтеринен канчалык чебеленишсе да, сыртынан тымтырс* (Бейшеналиев).

ТАК ӨТҮҮ. 1. Абдан таза, эч күнөө кылбай өтүү. *Өмүрүндө так өткөндөр жок дейсиңби* («Чалкан»).

2. Үйлөнбөө, күйөөгө чыкпоо, өмүр бою бойдок жүрүү (аялга жана эркекке карата). *Жашы кыркка чыкса да эмгиче үйлөнбөдү, так өтөбү деп корком, - деп атасы капаланды* («Ала-Тоо»).

В.: Дүйнөдөн так өтүү. *Чын эле дүйнөдөн так өтөмбү* (Каимов).

ТАК СЕКИРҮҮ. Макул болбоо, эпке көнбөө, жуутпоо, каршы туруу. *Сен айтканга көн, так секире бербегин, - деди* («Ала-Тоо»). *Укканда так секирип кетти. Тааныша элек жатып, оюн ачык билдирген кандай неме деп так секиripmин* («Ленинчил жаш»).

В.: Так текедей түйүлүү. *Аны уккусу келбей, так текедей түйүлдү* («Чалкан»).

Так түйүлүү. *Чоң энем мен айтканды уккусу келбей так түйүлдү* («Ала-Тоо»). *Жок, мага эч нерсенин кереги жок, - деди Зоя Гавриловго так түйүлүп* (Саатов).

ТАКЫМ АҢДУУ. Бирөөгө жамандык издөө, тымызын душмандык кылуу. *Сен мындан ары такым аңдыганыңды кой бала, - деп нечен жолу эскертти* («Ала-Тоо»). *Силер эмне, ооруган адамды дарылабай эле такым аңдышып калгансыңарбы?* (Бердикеев).

В.: Таман аңдуу. *Анын артынан жүрүп таман аңдүү анын адаты* («Чалкан»). *Таман аңдып оокат кылат* («Ала-Тоо»).

ТАКЫМЫ КҮЙГӨН. Өтө эле шыпылдаган, абдан куу,

тапан. *Такымы куйгөн жигит тура, силерге алдатпай калсын* («Чалкан»).

ТАКЫЯСЫНА ТАР КЕЛБӨӨ. Аздык кылбоо, акысы кетпөө, ыраазы боло тургандай өлчөмдө болуу. *Ушуну эле алса такыясына тар келбейт деп коюптур* («Ала-Тоо»). *Беш күндө жүз сом алса такыясына тар келбейт го деди* («Чалкан»).

ТАЛААДА ЖАТЫПТЫРБЫ? Ар кимдин колунан келе тургандай, ар ким аткара алгыдай оңой-олтоң, жеңил-желпи иш бекен деген сыяктуу таң калуу же бир аз жекирүү, кекетүү маанисинде колдонулат. *Андай болсо бул жарыкчылык дүйнөдө сый, урмат деген нерсе талаада жатыптырбы?* (Мавлянов).

ТАЛААДА КАЛУУ. Куру калуу, иши оңунан чыкпоо. максаты орундалбай калуу. *Мен сага ишенип талаада калдым деп өкүндү* («Ала-Тоо»). *Кур сөзгө алданып талаада калганымды эми сездим* («Чалкан»).

В.: Талаага таштоо. *Бош жүргөндө эмне, астыртан бирдеме таппасаң коммуна бул бойдон турса, талаага таштайт, — деп шыбырай сүйлөдү* (Ашымбаев).

ТАЛАМАНДЫН ТАЛ ТҮШҮНДӨ Күпкүндүз, эрте эле, жарыкта эле деген мааниде. *Таламандын тал түшүндө мындай болоорун кезиктирген эмесмин* (Жусуев). *Ой, укмуш, таламандын тал түшүндө эле кассаны тоноп кетишиптир* (Жусуев). *...А кеткетиң байкалып, башыңа кара булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө сыйпаласаң таппайсың* (Касымбеков).

В.: Таламандын так түшүндө. *Таламандын так түшүндө аны издеген мен да акмак экемин* (Даникеев).

ТАЛКАН ЧАЛУУ. Кандайдыр бир маселе, иш ж.б. тескери айландырып, бузуп салуу, ишти оңунан чыгарбай салуу. *Түндө иштин баарын талкан чалып келген турбайсыңбы?* (М.Тойбаев).

ТАЛКАНЫН ЧЫГАРУУ. к. Таш толканын чыгаруу.

ТАЛ КАРМОО. 1. Толук ишенүү, үмүт кылуу. *Атасынын тал кармаган уулу сен элең дегенде*

мен уяла түштүм («Ала-Тоо»). *Тал кармап жүргөн кишиси Асан эле* («Ала-Тоо»). *Тал кармадым өзүңдү Кабыл алдым сөзүңдү* («Жомоктор»).

2. Бет-бетиңден тарап кет, бытырап кет. *Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма* (макал).

ТАЛПАГЫН ТАШКА ЖАЮУ. Кыйратуу, талкалоо, жок кылуу, ташын талкан кылуу. *Душмандын талпагын ташка жайды* («Ала-Тоо»). *Талпагыңды ташка жайып, бээңди коштоп кетет* (Сыдыкбеков). *Таймашам деген жандардын Талпагын ташка жайчудай* (Маликов).

В.: Талпагын ташка керүү. *Талпагын ташка керейин Кайратын эми көрөйүн* («Манас»).

Талпагын ташка илүү. *Кудай силерге кубат берсе, Сооронбай болуштун талпагын ташка илериме ишенип койгула! - деди Айдарбек датка* (Жантөшев).

Тарпын ташка илүү. *Биз сени куубаган, артыңан түшпөгөн күндө да элге бетиң кара болуп тарпың ташка илинет* («Ала-Тоо»).

ТАЛУУ ЖЕРДЕН КАРМОО. Эч баш тартууга, буйтап кетүүгө калп айтууга, алдоого мүмкүн болбогондой амал-айла табуу. *Ал кары тукумдарын мына ошол талуу жерден кармап отурат* (Осмоналиев).

В.: Талуу жерин табуу. *Эринин талуу жерин таап, бөпөлөп эркелетип, эркелей да билген айлакер аял эле* (Бердикеев). *Сенин талуу жериңди таап, Нуруйла эжең сүлүк курттай соруп жатат* (Бердикеев).

Талуу жерин издөө. *Биз дагы сиздин талуу жериңизди издеп, тамырыңызды тартып коюуга азмаз-азмаз жарайбыз* (Тойбаев).

ТАЛУУ ЖЕРИНЕ ТИЙҮҮ. Баш көтөргүс, өйдө карагыс кылуу, намысына тийүү. *Мурзабек кишинин талуу жерине тийип сүйлөгөндү билет* (Абдукаимов).

В.: Талуу жерге ургандай кылуу. *Мынабу жаман катын талуу жерге ургандай кылып сүйлөгөндү, андай кепти кайдан табат* (Ашымбаев).

ТАН БЕРҮҮ. Баалоо, таазим кылуу, жогору баалоо. *Кален*

атын ары-бери ойдолотуп көрдү, дагы бир жолу күчүнө, басыгына тан бергиси келди окшойт (Артыкбаев). *Тан берип өзүбүзгө сөз берип койдук эле* (Осмоналиев).

В.: Там берүү. *Анын сөзүнө, чеберчилик кудуретине там бересиң, башыңды иесиң* (Мавлянов).

В.: Тен берүү. *Дыйканбай не өнөргө тен бергени, не эл агасы жөнүндөгү албан сыпатты өзүнө мактоо катары туйганы - иши кылып жүзү ан сайын жылуу тартып, асте баш ийкеп да отурду* (Касымбеков).

ТАМАГЫ БУЗУК. к. Алкы бузук.

ТАМАГЫ ЖАМАН. Тамаксоо, тамакты көргөндө үзүлүп түшкөн, тамак ичип - жегенди абдан жакшы көргөн, тамак жагына келгенде чыдап тура албаган. *Тамагы жаман уулуң кызымды сагыныптыр* (Сыдыкбеков). *Тамагы жаманга чоң аягыңды көрсөтпө* (макал).

ТАМАГЫ МАЙЛУУ. Тамакты жакшылап, даамдуулап ичкен, жакшы тамактанган. *Тамагы майлуунун көйнөгү көөлүү* (макал). *Тамагы майлуу жан экен Тартынбаган тамактан* («Манас»).

ТАМАГЫНАН БУЗУЛУУ. **1.** Ичкиликке берилип, бузулуп кетүү. *Бул жигит да тамагынан бузулуп, кызматынан тез эле шыпырыла бериши адатка айланды* («Чалкан»).

2. Бирөөдөн бир нерсе алып, пара алып же бир нерсе ичип-жеп ийип жыдып калуу. *Таякем жакшы эле кызматтарга көтөрүлөт, бирок беш колун салып жиберип эле, тамагынан бузулат* («Чалкан»).

В.: Кекиртегинен бузулуу. *Кекиртектен бузулган жаман, сак болуу керек* («Ала-Тоо»).

ТАМАГЫН ЖАСОО. Сүйлөөгө камынып, үнүн кадимкидей чыгаруу аракетин жасоо. *Боронду Эдигей көзүнө тегеренген жашты жеңи менен сүртүндү да, үнү ыйлактап чыкпасын деп тамагын жасап алып, Айзада, Укубала, дагы берки катындар аза күтүп отурган Казангаптын жер кепесине барды* (Айтматов).

ТАМАГЫН МАЙЛОО. Белгилүү бир максат менен сыйлап көңүлүн алып коюу, пара берүү, паралоо. *Тамагын майлап турган киши гана кыяматтык досу* («Ала-Тоо»). *Үч күн удаа чакырып чоңунун тамагын майлап жүрдү* («Чалкан»).

ТАМАГЫНА ТҮЙҮЛҮҮ. Тамак жегенде шар өтүп кетпей кызыл өңгөчкө туруп калгансып сезилүү. *Суусап туруп катуу жутуп жиберген окшойм, тамагыма түйүлө түштү* («Чалкан»).

ТАМАН АКЫ, МАҢДАЙ ТЕР. Өз күчү, адал эмгеги, кара жанын карч уруп жүрүп тапкан мээнети, ийгилиги, олжосу. *Жарды-жалчынын таман акы, маңдай терин жешке болбойт* (Каимов). *Бул акчаң түшкүр же бир кагаз эмес экен, таман акы, маңдай тер менен табылчу неме экен* («Чалкан»). *Субанкул экөөбуз ушул талаада таман акы, маңдай тер менен өмүр сүргөнүбүз көз алдыга келе калды* (Айтматов).

ТАМАН АКЫ, МАҢДАЙ ТЕРИ КАЙТУУ. Эмгегинин үзүрүн, убайын көрүү, андан пайдалануу, акы-бети кайтуу. *Таман акы, маңдай тер Минтип кайтат турбайбы* («Манас»).

ТАМАН АҢДУУ. к. Такым андуу.

ТАМАНГА КАГУУ. Алдап-соолап мамиле кылуу. *Бирок Керимахундун мындай өнтөлөшү, тек бирөөнү таманга кагып түшүрөрдөгү амалы боло турганын Алым сезген болучу* (Жантөшев).

ТАМАН ЖАЛТЫРАТУУ. Кетип калуу, качып кетүү, куйругун түйүү. *Ушундан аша кечип, бир күнү таман жалтыраткым да келип жүрөт* (Элебаев).

ТАМАН ТИРӨӨ. 1. Тирешүү, атаандашуу. *Буга таман тиреп койсоң, эртең эле сен жоголосуң.*

2. Бирөөгө таянуу, ишенүү. *Сенин таман тирерің бар, кам санаба* («Чалкан»). *Дал ушул чечимге таман тиреп бекинген намыстуу келин өз өргөөсүнө Манапбайды чакыртты* (Сыдыкбеков).

ТАМАН ТУЗАК ТАРТУУ. Бирөөнү алдап, амал менен, айла менен колго түшүрүү. *Же*

бир шумдук үчүн таман тузак тартып жатабы? (Жантөшев). *Пудовкин... нечен кыйын душманга таман тузак тарткан неме экен* (Бектенов).

В.: Таман тузак салуу. Анын чырмаар тузагына биз таман тузак салабыз (Осмоналиев).

Таман тузак коюу. - *Билсең, бул бизге коюлган таман тузак, - деди Айгүл* (Жантөшев).

ТАМАНЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ. 1. Өтө тез кыймылда болуу, тез жүгүрүү. *Жылдызкан таманы жерге тийбей ал кишиге чуркап барып жалына баштайт* (Байтемиров).

2. Аябай кубанып, толкунданып, токтоно албаган абалда болуу. *Байкуш эне баласы келатат деген жакшы кабар уккандан бери өзүн коёрго жер таппай, таманы жерге тийбей дедек болуп жүрдү* («Кыргызстан маданияты»).

ТАМАНЫ КЫЗУУ. 1. Улам күч алып чуркоо, арышын кеңири таштоо, токтоо бербей ээлигип калуу (ат жөнүндө). *Таманы кызып калганда Таңкы желдей зырылдайт* («Манас»). *Таманы кызыган ат оозун бербей ала качты* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсеге катуу киришип калуу, баш тартпай иштей берүү. *Таманың кызып калган го, баш көтөрбөй калыптырсың - деп Асан иштеп жаткан жолдошун тамашалай кетти* («Чалкан»). *Молдоке, сиз арымыңызды кере таштаганда бара-бара таманыңыз кызыганда жазылчу сай күлүксүз* (Бейшеналиев).

ТАМАНЫНА КИРЧҮ ТИКЕН МЕНИН ЧЕЧЕКЕЙИМЕ КИРСИН. Ага келүүчү кырсык, кыйынчылык, оор абал мага келсин, мен тартайын, мен көтөрөйүн. *«Мырзанын таманына кирчү тикен менин чечекейиме кирсин» -деген, мага бүгүнкү кылганы ушул болдубу?* (Осмоналиев).

ТАМАНЫНА МАЙ ТӨШӨӨ. 1. Кадырлоо, сыйлоо, алпечтеп, кастарлап асыроо, өнтөлөө. *Таманына май төшөп баккан баласы да* («Ала-Тоо»).

2. Жасакерленүү, кошомат кылуу, өтө эле бөйпүлдөп мамиле жасоо, жагынууга аракеттенүү. *Таманына май төшөп сүйлөшөт.*

ТАМАНЫНАН ЧАҢ ЧЫГУУ. Көзгө илээшпей өтө тез чуркоо, учкаяктыгы, күлүктүгү көрүнүү. *Таманынан чаң чыккан күлүк.*

ТАМАНЫ ТЕШИЛҮҮ. Бир нерсеге улам бара берип жадоо, убара болуу. *Бир күндө үч жолу барып таманы тешилди. Беш-алты жолу удаа барып, таманы тешилип бүткөндө да көңүлү калбайт, - деди* («Ала-Тоо»).

В.: Таманы жыртылуу. *Таманы жыртылганча бара берди.*

ТАМАНЫНА ШИШ КАГУУ. Кордук көрсөтүү, кыйноо, ызалоо. *Бойго жеткен кызы дагы таманыма шиш какчу болду* (Өмүрбаев).

ТАМАНЫНДАГЫ ЖЕР ӨРТТӨНҮҮ. Абдан ачууланууу, каарданууу, заарын чачуу. *...Кабарды укканда Осмонкулдун таманындагы жер өрттөнүп, ачуусуна чыдабай тике бастырып, атасынын үстүнө кирип барган* (Өгөбаев).

ТАМАНЫНЫН АЛДЫНАН ТАБУУ. Оңой жерден, дароо эле, тез эле таба коюу. *Ал жамандыкты таманынын алдынан табат деп таң калчу* («Ала-Тоо»). *Чындаса миң сомду ал таманынын алдынан табат, ага да кеппи деди* («Чалкан»). *Душманым жок дебе, таманыңдын алдынан табылат деди* («Чалкан»).

В.: Таманынын астынан табуу. *Көңүлдөнсө таманынын астынан табуу ал үчүн оңой эле иш, - деди* («Чалкан»).

ТАМАНЫН ЖАЛОО. Бирөөгө кошомат кылуу, бөйпүлдөп, көшөкөрлөнүп мамиле жасоо. *Ушунчалык кошоматчы киши экен, адамдын таманын жалоо анын адаты турбайбы деп таң калды* («Чалкан»). *Ошонун кунунун үстүнө кошооруңду эптеп билдир, ошондо сенин таманыңды жалап, а түгүл куштун сүтүн таап берүүгө да даяр экендигин айтат* («Чалкан»).

ТАМАНЫН ТЫНДЫРБОО. Тыным алдырбай жумшап туруу, жанын жай алдырбоо. *Байкуш жетимди сууга, отунга, малга да жумшай берип таманын тындырбады* («Ала-Тоо»). *Мында кайсы чекең ысып олтурат, же таманыбызды тындырбаса* (Элебаев).

ТАМЧЫ КАНЫ КАЛГАНЧА. Өмүрүнүн акырына чейин, башы жерге киргенче. *Ыракмат жаным! Сен үчүн, эл үчүн... тамчы каным калганча күрөшөм* (Жантөшев).

ТАМЫР ЖАЮУ. Бекем орношуп, алынышып алуу. *Жер тамырынан эл тамыры көп эмеспи. Дагы бир элдин-журттун арасына түп байлап, тамыр жайып жүрөбү?* (Садыбакасов). *Мурдатан тамыр жайган жат көрүнүгтөр, бурмалоолор оор илдеттен бетер биздин бардыгыбызга жүк болууда* («Советтик Кыргызстан»).

ТАМЫРЫНА БАЛТА ЧАБУУ. Өмүрүнө зыян келгирүү, бир кырсыкка учуратуу, жок кылуу, жоюу. *Зулумдардын тамырына балта чабабыз деди* (Сыдыкбеков). *Жаш өмүрүнүн тамырына балта чабуу коркунучу күчөй баштады* (Сасыкбаев).

В.: Тамырын кыркуу. *Уурулардын тамырын такыр кыркуу керек деп ачууланышты* («Ала-Тоо»). *Кылгылыкты кылыптыр, Тамырын такыр кыркыптыр* («Манас»).

Тамырын соолтуу. Бир кезде ыдык көрсөткөндөрдүн тамырын соолтом («Ала-Тоо»).

Тамырын үзүү. *Байманаптардын, кулактардын экономикалык күчүн жана алардын массага болюн таасиринин тамырын үзду* («Кыргызстан тарыхы»). *Кулактардын тамырын соолткон Совет бийлиги болду* («Советтик Кыргызстан»).

ТАМЫРЫН ТАРТЫП КӨРҮҮ. Алдырттан, акырындап сырын билүү, көңүлүн оюн билүүгө аракеттенүү,байкоо. *Душмандын тамырын тартып көрүп, мындай тыянакка келишти* (''Ала-Тоо»). *Мен анын тамырын тартып көрүп өзүм кабар кылайын деп убада берди* («Чалкан»).

В.: Танабын тартып көрүү. *Ишинин танабын тартып көрдү да белгилүү бир пикирге келди* («Ала-Тоо»).

Танабын тартуу. *Жалий эки жактын танабын тартып, Чоюбек болуш менен Байымбет акындын ар кимине өзүнчө мамиле жасоодо* (Бейшеналиев).

Жибин тартып көрүү. *Ар бирибиздин жибибизди тартып көрдү да, «жарайт, балдар, баарыңар барасыңар - деди* (Сыдыкбеков).

Тамырын тартуу. Тамырын тартып сүйлөшүүгө өтөйүн (Бейшеналиев). *Таксыры менен нөкөрү тымызын тамыр тартыша күчтөрүн сынап байкашты* (Бейшеналиев).

ТАНАЗАР АЛБОО. Көңүл бурбоо, анча маани бербөө. *Элдин азып-тозуп бараткан маалында таназарына албай, эми үрөйү учту* (Осмоналиев). *Суусардын ички кайгысын эч ким деле таназар алган жок* (Бердикеев). *Анын көөдөнүн көтөрө баштаганын эч ким деле таназар алган жок* (Ашымбаев).

В.: Таназарына илбөө. *Арзымат канчалык үлүрөйүп ыйламсырай карабасын, Хаңы караманча кашайып, анын телмиргенин таназарына илбей мисирейди* (Бейшеналиев).

ТАНООСУ ДЕРДЕЙҮҮ. Көтөрүлүү, көөп кетүү. *Бул атагыма жер баспай, таноом дердейип калса керек* (Осмоналиев).

ТАНООСУ КЫПЧЫЛУУ. Абдан ачуусу келүү, жини келүү, сурдануу маанисинде. *Алымды караган сайын каны ичине тартып, таноосу кыпчылат* (Осмоналиев). *Ушинтип шылдыңдайсыңбы! — деп Сакынын таноосу кыпчылат* (Осмоналиев).

ТАҢ АТУУ. Жакшылык болуу, жакшы кабар угулуу. *Достум, сен экөөбүздөйлөргө көптөн самаган таң атты* (Бейшеналиев).

ТАҢ АШЫРУУ. 1. Алыс жол жүрүп келгенден кийин отко койбой (чөп бербей) каңтара байлай коюу, суутуу (жылкыга карата). *Атынын ээрин алып, таң ашырып койду.*

2. Эч нерсе бербей ачка коюу, так катыруу, кезээртүү. *Бир нерсе бербейсиңби? Бизди таң ашырасыңбы? - деп жолдошун тамашалады* («Чалкан»).

ТАҢ ЗААР. Таң ата, үрүл-бүрүл эртең менен эрте. *Таң заардан каш карайганга чейин аттан түшпөй чарбачылык менен алек* (Мырзаев).

ТАҢ КАЛУУ. Күтүлбөгөн жерден болгон коркунучтуу, же

кызыктуу окуяга, же кандайдыр бир түшүнүксүз нерсеге таңдануу, таңыркоо. *Мен анын мындайлыгына өтө таң калдым. Кыдырбектен кат келбей калса, өзүнө өзү таң кала турган* (Абдукаимов).

ТАҢДАЙЫ КАТУУ. Абдан суусоо, тили оозуна батпоо, тили кургоо. *Таңдайым катып, басууга да дарманым келбей калды* («Ала-Тоо»).

В.: Таңдайы кургоо. *Кыдырбайдын таңдайы кургап, тили шуудурып, каны каткансыды* (Сыдыкбеков).

ТАҢДАЙЫНАН БАЛ ТАМУУ. Ук-кулуктуу кылып, куюлуштуруп, өтө чебер, чечен сүйлөө, кыйын сүйлөө. *Сөз кезегин таңдайынан бал тамган чечендерибизге берсек деген ой бар* («Ленинчил жаш»).

ТАҢДАЙЫНАН ЧАҢ ЧЫГУУ. Такылдап сүйлөө, чечекейи чеч болуу, шакылдап сүйлөө. *Сабиранын таңдайынан чаң чыгып, мыкты сөз айтты* (Сыдыкбеков). *Ал сүйлөгөндө таңдайынан чаң чыгып, элди өзүнө тартчу* («Ала-Тоо»).

В.: Тилинен чаң чыгуу. *Эки колду жая салып, тилинен чаң чыгып, барган сайын кызый берди* («Ала-Тоо»).

ТАҢДАЙЫНДА СӨӨЛҮ БАР. к. Тилинде сөөлү бар.

ТАҢДАЙЫ ТАК КАТУУ 1. к. Таңдайы катуу. *Керели кечке машыгып, чарчап-чаалыкканыңда таңдайың так катып, тамчы сүү уурттасам дейсиң* (Абакиров).

2. Абдан суктануу, эңсөө. *Сонүнбаланын кыз кезинде далай жигиттердин таңдайы так каткан деген сөз эмдигиче айтылып жүрөт* (Осмоналиев). *Анын кыздардыкындай сүлүү сымак келген ажарына, сыпаа мүчөсүнө нечен кыздардын таңдайы так каткан* (Ашымбаев).

ТАҢДАЙЫ ТАКЫЛДОО. Бир нерсени өтө самоо, эңсөө. *Таңдайы такылдап жүгүрүп жетти. Аны көрсөк дегенде таңдайыбыз такылдачу эле* («Чалкан»).

ТАҢДЫ АППАК АТЫРУУ. Түнү бою уктабай, кирпик ирмебей чыгуу. *Таңды аппак атырдым* («Ала-Тоо»).

ТАҢ КАРАКЧЫСЫ. Таң атарга жакын калган, таң агарып келе жаткан убак. *Таң каракчысында айылдан узай бердик* («Ала-Тоо»).

ТАҢ КУЛАН ӨӨК БОЛГОНДО. Таң атып келе жатканда, үрүл-бүрүлдө. *Таң кылайып сөгүлүп Кулан өөк болгондо* («Манас»).

В.: Таң сөгүлүү. *Таң кашкайып сөгүлдү.*

Таң сүрүү. *Таң сүргөндө жолю чыктык* («Ала-Тоо»).

Таң супа салуу. *Таң супасын салыптыр Тараза жылдыз так ордуна барыптыр* («Эр Табылды»).

ТАҢКЫ КУЙРУКТАН, АЗЫРКЫ ӨПКӨ. Ар нерсенин өз убагындагысы жакшы деген мааниде. *Асмандын башын айтып, башты оорутпачы, таңкы куйруктан азыркы өпкө деген* («Ала-Тоо»),

ТАП ЖЫЛДЫРБОО. **1.** Бура бастырбоо, ордунан козголтпоо, эч жакка кетирбөө, баргызбоо. *Күзөтчүлөр бизди тап жылдырбайт* («Ала-Тоо»).

2. Бирөөгө эч нерсе бербөө, колунан эч нерсе чыкпоо, сараңдык, зыкымдык кылуу. *Миңбашы тап жылдырбады, сараңдыгы күндөн-күнгө күчөдү* (Абдукаримов).

ТАПКАН ЭКЕНСИҢ! Айтканы туура болбой калганда, жаңылышканда, же жакпаган нерсени сүйлөп койгондо кагуу, мыскылдоо, жактырбоо, же какшык иретинде колдонулат. *Сен ууруну тапкан экенсиң! - деп мыскылдуу какшыктап койду* («Чалкаң»).

ТАППАСАҢ СЫЙПАЛАП КАЛ! «Дал өзүн таптың», «так үстүнөн чыктың» деген мааниде айтылат. *Таппасаң сыйпалап кал! ырас айтпадыңбы деп санын чаап кубанды* («Ала-Тоо»). *Таппасаң сыйпалап кал деген дал мен болдум* (Айтматов).

ТАП ТЕШИКТЕП САЛУУ. Абдан жылчыксыз кылуу, билингис кылып, бекитип, бышыктап коюу деген мааниде колдонулат. *Терезелерди тап тешиктеп салыптыр.*

ТАП ЭТИНЕ КЕЛҮҮ. Алгыр куштардын аңчылык кылууга, күлүктөрдүн чабууга ылайык

келип, тапталып калган учуру. *Тап этине келе элек, Жүгүрөр кези боло элек* («Семетей»).

ТАРАМЫШТАЙ ТЫРЫШКАН. 1. Колунан эч нерсе чыкпаган, ач көз, сараң, зыкым. *Андан сурабай эле кой, тарамыштай тырышкан эмеден чыкмак беле* («Ала-Тоо»).

2. Чыдамкай, чыйрак, тырышчаак. *Касымалыны чыгаргыла, тарамыштай тырышып ошол кыйын* («Кыргызстан маданияты»).

ТАР ЖОЛ, ТАЙГАК КЕЧҮҮ. Кыйынчылык, кысталыш мезгил. *Тар жол, тайгак кечүүдө сенин кыларың ушул беле?* («Кыргызстан маданияты»).

ТАРКИ КЕТҮҮ. *диал.* Кыйроо, бүлгүнгө учуроо, чабылып-чачылуу. *Дагы ушинтип бөрүгө байланган улактай учукыйырсыз кең талаада жата бере турган болсо, кошундун деми сууйт, тарки кетет* (Каымбеков). *Тарки кеткен байыркы Амир Темир улугунун кеткетинен бытыраган, майда, ырксыз, алсыз акыркы көйүндө калган, сары журт болгон* (Касымбеков).

В.: Тарки чыгуу. - *Немене бу?! Кошунбу, бу, ар жерде тарайып, немене, же бир кыргындан тарки чыгып, өлөтала бозгон элби?! - деп, зиркилдеп какты датка* (Касымбеков).

ТАРКИН КЕТИРҮҮ. *диал.* Бытыратуу, бүлгөнгө учуратуу, талоонго түшүрүү. *Акылсыз Мадали аталары улуу эмгек менен кураган ордонун таркин кетирди, баарын колунан чыгарды* (Касымбеков).

ТАРПЫН ТАШКА ЖАЮУ. **к. Талпагын ташка жаюу.**

ТАРС ЭСИНЕН ЧЫГУУ. Таптакыр унутуп калуу. эстей албоо. *Ким айтканы тарс эсимден чыгып кеткенин карачы* (Байтемиров).

ТАРТ ТИЗГИНИҢДИ! **к. Тизгиниңди тарт.** - *Тарт, тизгиниңди! Тек тур. Качантан бери улуунун сөзүн укпай калгансыңар* (Абдукеримов).

ТАРТАРДЫ ТАЯКЕ, БӨДӨНӨНҮ БӨЛӨ КЫЛУУ. Мурда мамилеси, ымаласы жок адамды жакындатып, аны менен мамиле түзө коюу, бат эле

таанышып алуу, аралашып кетүү. *Ушундай мезгилде тартарды таяке, бөдөнөнү бөлө кылган шылуундар да көбөйүп кетти* («Ала-Тоо»).

ТАР ЭШИК, ТАР БОСОГО. Өзүнчө кеңири үй-жайга ээ болбогондук, кысталыш жер, жайлуу эмес орун. *Тар эшик, тар босогодо отурсак, алардын бизге келгени анча оң болбой калар* («Ала-Тоо»),

ТАСКАГЫ ЧЫГУУ. Жаман жоругу, терс жүрүш-турушу билине баштоо. Бул келиндин таскагы чыгып, эл оозунда айтыла баштады («Чалкан»).

ТАШ БИЛЕК. Абдан карылуу, күчтүү, балбан. *Жолборс жүрөк, таш билек, Жоругу катуу таш жүрөк* («Манас»).

ТАШ БООР. Ырайымсыз, эч кимге жаны ачыбаган, ыракымы жок, кара мүртөз. *Таш боор атанын таягы, өгөй эненин тырмагы акыры Мастуранын кырчындай өмүрүн кыркты* («Ленинчил жаш»). *Тыныбектен өткөн таш боор, мээримсиз болгону үчүн атасынан көңүлү сууду* (Каимов).

В.: Боору таш. *Кас душман, Жүрөгү муз, боору таш* (Үмөталиев). *Мээримсиз, боору таш байдан эмнени күтүүгө болбойт* (Баялинов).

ТАШ ЖАЛАК КАЛУУ. Кандайдыр бир нерседен же энчиден эч нерсе албай куру кол калуу, эч нерсеге жетпей, сызга отуруп калуу. *Бардыгынан таш жалак кала берди* (Жантөшев). *Эч кимди кармай албай таш жалак калды* (Каимов). *Коноктордон бир деме артса шам-шум этип, артпаса ар дайым таш жалак калчу эле* (Жантөшев).

В.: Куру жалак калуу. *Бардыгынан куру жалак калды.*

ТАШ ЖАРУУ. 1. Абдан катуу, ачуу угулуу (үн, добуш ж.б. карата). *Өкүргөндөн бакырык, Айкырыгы таш жарып, Мүшкүл тартып турду эле* («Эр Төштүк»).

2. *Элге кеңири тароо, маалым болуу, белгилүү болуу* (атак-даңкка карата). *Атак-даңкы таш жарып, кандык кылуу калкка жакпайт* («Ала-Тоо»). *Башкарманын атагы таш жарып, районго маалым боло берди* («Ала-Тоо»).

ТАШ ЖҮРӨК. 1. Ашкан кайраттуу, тайманбаган, жалтанбаган баатыр, эр. *Жолборс моюн жоон билек Жоругу кыйын таш жүрөк* («Манас»). *Жолборс билек таш жүрөк Жоодон корккон жан эмес* («Манас»). *Коңурбай жайын сураба Кайраты толук таш жүрөк* («Манас»).

2. Ырайымсыз, таш боор, кара мүртөз, боору жок. *Баланын убал-сообунан коркобусага окшогон таш жүрөк* («Ленинчил жаш»). *Ушунчалык үйрүлүп түшүп, эгилип-жагылып жатса да бир ийигип койбогон таш жүрөктөр болот экен да* («Ала-Тоо»).

ТАШ КАЗАН. 1 к. Таш кордо.

2. Балдар оюнунун бир түрү.

ТАШ КАБУУ. Максатына, тилегине жетпей калуу, иши оңунан чыкпоо, ойлогон ою, үмүгү ойрон болуу. *Тилеги таш капканын түйду* (Каимов). *Таалайлуу элге катылган Таш капсын анын тилеги* (Тоголок Молдо). *Оросулдун Ак-Суулук жатакчыларга болгон жакшы үмүтү таш капты* (Осмоналиев). *Душмандын үмүтү таш капты* («Ала-Тоо»).

В.: Таалайы таш кабуу. *Ушул улуу кыйкырыкта - таалайың таш капты деген элдин ачуу кыйкырыгында улуу үмүт бар эле* (Абдукаимов).

ТАШКА ТАМГА БАСКАНДАЙ. Ачык-айкын, даана, так, унутулгус. *Жакшынын акылы ташка тамга баскандай* (макал). *Сырларынын бардыгын ташка тамга баскандай санап өттү* (Жантөшев). *Бирөөнүн кемчилигин же кылмышын көрсө ташка тамга баскандай айтып коёт* (Жантөшев). *Бардыгы ташка тамга баскандай көкүрөгүмдө* (Айтматов).

ТАШ КОРДО. 1. *эс. Жоокерчиликте ичине ысытылган таштарды салып, тамак бышырууга ылайык-талып, жылкынын терисинен жасалган идиш.*

2. Жаңы союлган койдун, эчкинин, кийиктин этин өзүнүн карынына же көөдөнүнө салып туюктап, катуу ысытылган, майда таштарга, корго көөмп бышырылган эт тамагынын түрү. *Силерге таш кордо бышырып берейин деп, мергенчи сулап жаткан текени союуга камынды* (Жантөшев).

В.: Таш казан. *Кийиктин этин таш казанга бышырып жеген* (фольк.).

ТАШ КУЛАК. Кулагы катуу, керең, дүлөй. *Таш кулак немеге кыйкырып айт, антпесең укпайт деди* («Ала-Тоо»).

ТАШ ӨБӨК САЛУУ. Эки колун бооруна кайчылаштыра ээрдин кашына коюп, өбөктөп ылдый карап отуруу. *Карымшак таш өбөк салып, кез-кез чырт түкүрүнүп, башын көтөргөн жок* («Ала-Тоо»).

ТАШТАЙ КАТУУ. Үндөбөй, кыймылсыз, мелтиреп, терең ойлонуп отуруу. *Жалгыз Жексүр таштай катып отурат* (Осмоналиев). *Кудайберген эмне кыларын билбей таштай катып, селейип отуруп калды* (Мырзаев). *Ысактын бүткөн бою чымырап, көздөрү ымыр-чымыр болуп, кулагы чуулдап, элейген калыбында таштай катты* («Ала-Тоо»). *Бул алаамат болуп кеткенине акылы жетпей, таштай катып тура берди* (Айтматов).

ТАШ ТАЛКАНЫН ЧЫГАРУУ. 1. Жок кылуу, кыйратуу, талкалоо, ойрон кылуу. *Таш талканын чыгарып Такыр кырып салганы* («Манас»). *Осмонбеков атчандар дивизиясынын командири болуп, басмачылардын таш талканын чыгарган* («Кыргызстан аялдары»).

2. Бүтүрүү, аягына чыгаруу, майын чыгара, мыкты иштөө. *Бүтпөй жаткан жумуштун Таш талканын чыгарып* (Шамшиев).

В.: Ташын талкан кылуу. *Каршылашкан душмандын Ташын талкан кылабыз* (Осмонкул).

Талканын чыгаруу. *Ополдун максаты аларды камынтпай басып, талканын чыгаруу* (Осмоналиев).

ТАШ ТАЛКАНЫ ЧЫГУУ к. Ташы талкан болуу.

ТАШ ТИШТЕГЕНДЕЙ ЮЛУУ. Унчукпоо, кайрып сөз айта албоо, жаагы жап болуу. *Эч сөз айта албай таш тиштегендей болду да калды* («Ала-Тоо»). *Күлүп отургандар таш тиштегендей болуп, жаактары жап болушту* (Байтемиров).

ТАШ ТИШТӨӨ. Тилеги ордунан чыкпай калуу, тилеги

таш кабуу. *Же андан, же мындан болбой таш тиштеп калбайын* (Каимов).

ТАШ ТОКУМ 1. Оор жүк. *Таш токум болуп арыган Өзү кашаң карыган.*

2. Минген атын бат эле арыктаткан, куу токум, куу тердик. *Таш токум киши.*

ТАШ ТҮШКӨН ЖЕРИНДЕ ООР. Көбүнчө күйөөгө чыккан кызга карата ошол жерден жай тап, экинчи ордун козголбосун деген мааниде колдонулат. *Балам жеңил ойлобо, таш түшкөн жеринде оор ушул бала менен оокат кыл, өмүр сүр деди* («Ала-Тоо»). *Макулбу, жокпу, узатып жиберген соң кайра келер кыз жок, таш түшкөн жеринде оор, бузулган өмүр кайра калыбына келбейт* (Айтматов).

ТАШ ЧАЙНАП ТУРГАН КЕЗ. Болуп-толуп, арааны жүрүп, толук бийлик жүргүзүп турган учур маанисин туюндурат. *Мындай сулууларды таш чайнап турган кезинде эч күнөөсү жок эле аттын куйругуна байлап айдатчу* (Осмоналиев).

ТАШ ТЫРМАК. к. Жез тырмак.

ТАШЫ ӨЙДӨ КУЛОО. к. Ыргыткан ташы өргө кулоо.

ТАШЫ ЖОГОРУЛОО. Иши илгерилөө, бардыгы ойлогонундай болуу. *Илебине нан бышып, ташы жогорулаган мырзанын жергиликтүү жан жөкөрлөрү барган сайын арбып-дарбууда* (Бейшеналиев).

ТАШ ЫРГЫТУУ. Тийишүү, мазактоо. *Сырбай таш ыргыткандардын шылдыңын кыпчып да койгон жок* (Осмоналиев).

ТАШЫ ӨРГӨ КУЛОО. к. Ыргыткан ташы өргө кулоо. *Ташы өргө кулап, абалкы калыбына кайра келчүдөй болуп баратканда Жанкечтини кырсак чалды* (Осмоналиев).

В.: Ташы өйдө кулоо. *Багы бардын ташы өйдө кулайт дегендей* (Айтматов).

ТАШЫ ТЕГЕРЕНҮҮ. Иши оңунан чыгуу, оюндагысындай болуу. *Менин мүчүлүштөп калганыма ташың тегеренип*

турабы?! Ташы тегерене түшкөн Батийна табалай салды (Сыдыкбеков).

ТАШЫ ТАЛКАН БОЛУУ. Эч нерсеси калбай талкалануу, кыйроо, тымтыракайы чыгуу. *Бүгүн анын оюнун ташы талкан болду* (Байтемиров).

В.: Таш талканы чыгуу. *Душман бүгүн-эртең багынууга тийиш, багынбаса таш талканы чыгат* (Абдукаимов).

ТАЯНГАН ТООСУ БИЙИК. Колдогон, ишенген кишиси бар. *Анын таянган тоосу бийик деп даай албады* («Чалкан»). *...Айыптабас салтты эскерте каккан тилмечтин таянган тоосу бийик экенин туя ...тилин тиштей токтоду* (Бейшеналиев).

ТЕБЕТЕЙИН КӨККӨ ЫРГЫТУУ. Абдан катуу сүйүнүү, кубануу. *Ушундай ишке шүгүр деп тебетейди көккө ыргытуу керек* (Жантөшев).

В.: Тебетейин асманга ыргытуу. *Айтор, мындай ыракым колго тийсе тебетейин асманга ыргытар эле* (Элебаев).

Калпагын көккө ыргытуу. *Кубат калпагын көккө ыргытты* (Жантөшев).

ТЕБЕТЕЙИН КИЙИШТИРҮҮ. к. Биринин тебетейин бирине кийиштирүү.

ТЕГИРМЕНИНЕ СУУ ЖҮГҮРТҮҮ. Ишин илгерилетүү, жардамдашуу, колдоо. *Кагылайын элим! - деди Каныбек илгери чыгып толкундана, өлүп бара жаткан бай-манаптардын тегирменине суу жүгүрткөн басмачылар бардык жаман аттыны бизге тагып жатышат* (Жантөшев).

В.: Тегирменине суу куюу. *Шаршенин так ушул оройлугу Саадаттын тегирменине суу куйду* (Сыдыкбеков). *Алар алга карай бараткан ишти артка тартмак, душмандын тегирменине суу куймак* (Сыдыкбеков).

ТЕЗГЕ САЛУУ. Тартипке чакыруу, эпке, ыкка келтирүү. *Тетири баскан тентектерди тезге салды* («Чалкан»). *Башынан тентекти тезге салып, ыпласты тазартуучу эле деп акыры сизге жазууга туура келди, Чаке!* («Чалкан»).

ТЕКЕЙДЕН АРЗАН 1. Өтө эле арзан. *Бул жерде өтүк текейден арзан турат экен* («Чалкан»).

2. Анча оордугу жок, колдон келе тургандай, эң эле оңой, жеңил. *Аларды эпке көндүрүү текейден арзан* («Ала-Тоо»). *Текейден арзан иш.*

ТЕКЕЙ ОТТОО. Эч нерсе кылбай бош жүрүү. *Мурунтан эмне болдуң, текей оттоп жүрдүңбү? - деп, атам мага абдан ачууланды* («Чалкан»).

В.: Текей терүү. *Силер бул жерге текей тергени келген жоксуңар!* («Чалкан»).

ТЕКЕ МАҢДАЙ. Дал тушу, бет алды, тушма тушу. *Теке маңдай тура калып сүйлөштү. Жыпар телеграфтын теке маңдайына эс алды* (Баялинов).

ТЕКЕНИН ӨТҮНДӨЙ. Абдан өткүр, курч. *Абдылданын баласы текенин өтүндөй чыйрак бала болду* («Ала-Тоо»).

ТЕКЕҢДИ СОЙДУКПУ? *Сенин кайсыл жериңден жаздык, сага эмне болду, эмнеге ачууланып коркутасың? Сенин текеңди сойдукпу? Түнөрбөй, каарданбай айтсаң боло? - деп, Карачалга тике айтууга эч ким чыкпады* («Ала-Тоо»).

В.: Текеңди ким сойду? *Ой, жолуң болгур десе, мынча түнөргүдөй текеңди ким сойду?* («Чалкан»).

Текеңди бирөө сойдубу? *И, эмне болуп кетти, текеңди бирөө сойдубу?* («Ала-Тоо»).

ТЕКИРЕҢИ ТҮГӨНҮҮ. Абдан убара тартуу, алдан таюу, чарчоо. *Жумушту баш тартпай иштей берип текиреңи түгөндү* («Ала-Тоо»).

ТЕЛЕГЕЙИ ТЕГИЗ. Бардык жагы ойдогудай келишкен, шаймашай, жетиштүү, бардыгы орду-орду менен болгон. *Кыргызстан, келечеги кең стан, Үнөм чарба, телегейи тең стан* (Аалы). *Укканым жок кыз бийке, Телегейи тегизди* («Курманбек»). *Чын эле телегейим тегиз болгон экен* (Айтматов).

В.: Телегейи тең. *Телегейи тең экен Аябаган эр экен* («Манас»). *Телегейи тең жигит.*

ТЕМЕНЕНИН КӨЗҮНӨН ӨТКӨН. Абдан эпчил, шылуун, айлакер. *Темененин көзүнөн өшкөн шылуундугун көр* (Үмөталиев).

ТЕМИР АЯЗ. Чыкылдаган ызгаардуу, абдан катуу суук. - *Асман айнектей болуп, жылдыз жаркырап, темир аяз болуп турат экен го?* (Жантөшев).

ТЕМИРДИ КЫЗУУСУНДА СОК. Ар нерсени өз учурунда иште, ар иштин өз учурундагысы жакшы. *Иш ушундай баатыр. Бүгүндөн калсак кечигебиз. Темирди кызуусунда сок* («Кыргызстан маданияты»).

ТЕМИР КАНАТ. 1. Балапандын канат түтүкчөлөрү пайда болгон учуру. *Уядан чабалекейдин темир канат болуп калган балапандары чыркылдады* («Ала-Тоо»).

2. Жаш, өсүп жетиле элек. *Темир канат жаштар барат Бир четинде кылкылдап* (Нуркамал). *Темир канат кезимде партия мени ушул мектепке жиберген эле* (Сыдыкбеков). *Темир канат болгон соң, ар кимиңер өзүңөрчө канат шилтеп калбадыңбы...* (Айтматов).

ТЕҢ АТА. Туугандыгы жактан бирдей даражада, бирдей укукта, биринен биринин өйдөчүлүгү жок. *Тең ата болуп алдык. Тең атаны тең кылбай, Укпады айткан сөзүмдү* (фольк.). *Түбүндө көргөн күнүбүз, тагдырыбыз биригип, тең ата тууган болуп кетебиз* (Касымбеков).

Тең тууган. *Манаска тең тууган болом дей берди* («Манас»).

ТЕҢИРДЕН ТЕСКЕРИ. Такыр туура эмес, башкача. тетири. *Сага келатсак, сен теңирден тескери бастыңбы?* («Ала-Тоо»).

ТЕҢИР ЖАЛГАСЫН! Ишиң оңолсун, жакшылыкка жет деген сыяктуу алкоо маанисинде колдонулат. *Теңир жалгасын, балам, өмүрлүү бол, - деп, кемпир кайра-кайра алкап жатты* («Ала-Тоо»).

ТЕҢИРИН ТААНУУ. Алды-артын байкоо, абайлоо, көзүн ачуу. - *Мындан кийин теңириңди таанып жүр, арам кул* (Сыдыкбеков).

ТЕҢ ТАЙЛАШ. Биринен биринин өйдөчүлүгү жок, даражасы бирдей. *Демек, ал Келдибектин бөлтүрүктөрүнүн*

жугундукору эмес, теңтайлашы (Бейшеналиев).

ТЕҢТАЙЛАШУУ. Кандайдыр бирөлөр менен бирдей даражада, катарда болууга аракеттенүү, атаандашуу. *Бирок ошолорго тең тайлашып өсүп келе жаткан мастерлер алымсынарлык эмес* (Жусупов).

ТЕПКИРИН ТАБА АЛБАЙ КАЛУУ. Эмне кыларын билбей, айласын таппай калуу, өзүн жоготуп коюу. *Ал кирип келгенде тепкирин таба албай калды, үн-сөз жок отура берди* («Ала-Тоо»).

ТЕРДИКТИН БЕТИНДЕЙ. Кичинекей, кенедей. *Тердиктин бетиндей жерге таруу айдашкан* («Ала-Тоо»).

ТЕРИН АЛУУ. Көбүнчө күлүк аттарды чабууга даярдоо максатында катуу жүрүп, аябай тердетүү. *Арпадан аса жем берип, Айда терин алчу экен* (фольк.). *Көп ыраак айдабайт го деп, кара терин гана алгамын* («Ала-Тоо»),

ТЕРИСИНЕ БАТПОО. Сүйүнүү, кубануу, көңүлү абдан куунак болуу. *Бала-чакамды көрүп, эл ичине келип териме батпай жүргөн кезим* («Ала-Тоо»). *Абылкасымдын терисине батпай жүргөн чагы* (Жантөшев).

В.: Терисине сыйбоо. *Анын терисине сыйбай жүргөн чагы. Мамбеткул терисине сыйбай кубанычтуу* (Каимов).

ТЕРИСИ КАЛЫҢ. Анчамынчаны оңой менен тоготпогон, көтөрүмдүү. Сенин тилиң заар эмеспи. *Бирок эсиңде болсун, менин терим калың* (Укаев).

ТЕРИСИН ТЕСКЕРИ СЫЙРУУ. Катуу кордук көрсөтүп жазалоо, сазайын колуна берүү, бирди көрсөтүү. *Эгер Кукем менен Токтор аке болбосо териңди тескери сыйрат элем, күчүк, - деп Алымкулга окурая карады* (Абдукаримов).

В.: Терисин сыйруу. *Сениби, сенин териңди сыйырбасамбы? - деп, Айдараалы анын артынан колун булгалады* (Абдукаримов).

Терисин тетири сыйруу. *Капаска салып тирүүлөй Терисин тетири сыйырса* (Осмонов).

Терисин тескери сыйрытуу. *Жогол дейим, көзүмө көрүнбө,*

болбосо азыр элди чакыртып, териңди тескери сыйрытам (Айтматов).

Терисин тескери союу. *Түш алдыма, териңди тескери сойбосом!* («Ленинчил жаш»).

ТЕРИСИ ТАР. Ачуусу чукул, урушчаак, сөз көтөрүмү жок, кыялы чатак. *Териси тар киши экен. Териси тар немеге айта албадым* («Ала-Тоо»).

ТЕРИСИ ТАРУУ. Тырчый түшүү, ачуусу келүү, уруша кетүү, жини келүү. *Анын кебин угуп, менин терим тарый түштү* («Чалкан»).

ТЕРС АЯК. Оң айтса, тескери алган, каяшачыл, тил албаган кежир. *Терс аяк уулуң сүйлөшкүсү да келбей койбодубу* (Абдукаримов).

ТЕСКЕ САЛУУ. Тартипке чакыруу же бийлик аркылуу баш ийизүү, жазалап коюу. *Тоодогу толгон урууларды башкарып, имерип, теске салып, бийлик жүргүзүп келген Казат болгон* (Осмоналиев). *Айыл аксакалдары кепке сындырып, бир чети ага өкүмдүк көрсөтүп, тентекти теске салып коюшмак* (Сыдыкбеков). *Өзүң Максимованы теске салбасаң, биз кыйналып бүттүк* («Чалкан»).

ТЕШЕ ТИКТӨӨ. Бирөөдөн же бир нерседен көзүн албай, жек көргөндөй кебетеде тикирее кароо, кадала кароо. *Ар кимисин бир теше тиктеп, бетинен түгүн чыгарып отурат* (Касымбеков).

ТИЗЕ БҮГҮҮ. Багынуу, баш ийүү. *Айлам канча! Бөрү сенин заманың багымды байлап, курч чалгынымды ушалап, мен сенин алдыңа тизе бүгүп калдым. Кантейин, манап!* (Сыдыкбеков). *Асантай менен Барманга чылбыр тартышты, тизе бүгүп баштарын ийишти, кулдук урушту* (Сыдыкбеков).

ТИЗГИНИН ТАРТУУ. Жинин кагуу, ооздуктоо, катуу эскертүү. *Ошентсе да теңдик алдык деп ээликкендердин тизгинин тарта жүр, Качыке жан?* (Сыдыкбеков). *Анчейин жүргөн болсо, мен деле тизгинин тартып коёр элем* (Айтматов). *Ээн-баштын тизгинин тартып койгону жакшы болду* (Жантөшев).

В.: Тизгинин кагып коюу. *«Жылкыңа ченеп ышкыр, мурдуңа ченеп бышкыр», - деп, тизгинин кагып койбосо, кесирлери башынан ашып бараттат* («Чалкан»).

ТИЗГИНИ КОЛДОН ТҮШҮҮ. Бийликтен ажыроо, кадыр-баркы, даражасы төмөндөө. *Заманы кыйчалыштап, тизгини колдон түшүп, шайы кеткенин өзү да сезди* (Каимов).

ТИЗГИН ТАЛАШУУ. Бийлик талашуу, бийликке жетүүгө аракет кылуу. *Алмамбет койгулаша келгенде Коңурдан тизгин талашат* («Манас»). *Совет бийлиги орносо да, Кызыл баш тизгин талашканын койбоду* (Каимов).

ТИК БАГУУ. Тайманбастан түз кароо, жалтанбастан тике баруу. *Ага тик багуу колдон келеби деп сурады* («Ала-Тоо»). *Анда өмүр бою сага тик бага албай өтөрмүн* (Бейшеналиев). *Мага тик багышты ким койду, - деп сөгүп жибербеспи* («Чалкан»).

ТИК БАГЫП КАРАГЫС. Өтө коркунучтуу, шумдуктуу, түрү суук. *Киши тик багып карагыс сүрөттөр көзүнө элестейт* (Жантөшев). *Оросулду заардуу, канкор бай көк чанач кылып жанчтырган. Киши тик багып карагыс* (Бейшеналиев).

ТИКЕСИ МЕНЕН ТИК САЙЫЛУУ. Абдан чарчап келип суй жыгылуу. *Кечке жаны тынбай чапкылап жүрүп, кечинде тикеси менен тик сайылат* («Ленинчил жаш»).

ТИКЕСИНЕН ТИК ТУРУУ. Жан дили менен кызмат кылуу, аянбоо, тынымсыз иштөө. *Бүткүл колпоч уругу Тыныбек үчүн тикесинен тик туруп, адал кызмат кылууда* (Каимов). *Токтонаалыга баары жакын болду, баары тикесинен тик турду* (Садыбакасов). *Жумуриятыбыздын жана элибиздин кызыкчылыгы үчүн тикесинен тик турат деп ишенгенибизди билдирип кетебиз* («Кыргыз Туусу»).

ТИК КӨЗ. Тикирейип эч кимден тартынбаган, уялбаган, тайманбаган, кашка. *Келин кургур тастаңдап, улуудан уялбаган, кичүүдөн ийменбеген тик көз чыкпадыбы* (Касымбеков).

ТИЛ АЗАР. Тил албаган, айтканга көнбөгөн, адамды

жадаткан кежир, кыйык. *Кишинин тил азары экен.*

ТИЛ АЛУУ. Айтканга көнүү, макул болуу. *Тил ал балам деди. Тил алуу керек деп эскерттим. Энемдин тилин албадым* (Токтогул).

ТИЛ АЛДЫНА КАТУУ. Сары майдай сактоо, бекем катуу, көпкө сактап жүрүү. *Тил алдына катып жүргөн акыркы акчасын да алдап алды* («Ала-Тоо»).

ТИЛ БИЛГИ. Бир нерсеге түшүнгөн, тил алгыч, бир нерсенин жөн-жайын тез түшүнө койгон. *Ушунча адамдын ичинен кантип бир тил билгиси чыкпасын, сүйлөшүп көрөлү* («Ала-Тоо»).

ТИЛ БҮТҮҮ. к. Тили чыгуу.

ТИЛГЕ КЕЛҮҮ. 1. Бир нерсеге макул болуу, көнүү. *Тилге келсе Канчоро Абаке кылып алууга Күлчоро кепти салды эми* («Сейтек»). *Асан оңой эле тилге келди.*

2. Сүйлөөгө, бирдеме айтууга жароо (тилден калган, бирок кайра оңолуп, сүйлөй баштаган кишиге карата). *Сатылган алтынчы күндө араң тилге келди* (Токтогул).

ТИЛГЕ КИРҮҮ. Азгырылуу, бирөөнүн сөзүн сүйлөө, бурулуп кетүү. *Анын тилине кирип ээрчип кетти* («Ала-Тоо»). *Мобуга окшогон жалкоо, бузукунун тилине кирип жүрсөң керек* (Байтемиров).

ТИЛДЕН КАЛУУ. Көбүнчө катуу ооруп сүйлөй албай калуу, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн жоготуу. *Каныбек үч күнү тилден калды* (Жантөшев).

ТИЛ ЖЕТПӨӨ. Кандайдыр бир нерсени сүрөттөөгө же ички сезим-ди билдирүүгө карата: аны сөз ме-нен айтып түшүндүрө албайм, сөз менен жеткирүүгө чамам келбейт деген мааниде колдонулат. Айтуу-га сымбатыңды тилим жетпейт (фольк.). Менин ошол күнкү кубанычымды, ошондогу толкунданып эргигенимди айтпа! Андагы менин абалымды сага айтууга тилим жетпейт («Ала-Тоо»).

ТИЛ ТАБЫШУУ. Бирин бири түшүнүпгүп, тез эле таанышып, жакын мамиледе болуп кетүү. *Боюрса, ал экөөбүз тил табыштык өңдөнөт* («Ала-Тоо»), *Тоголок Молдом отур. Букарбай тилмечим экөө шаар аралаган эмелер тил табышкан имишсиңер* (Бейшеналиев).

ТИЛ ТИЙГИЗҮҮ. Көбүнчө улгайып калган же улуу адамдарга каяша кылып, тил кайрып, орунсуз, начар сөз айтып көңүлүн калтырып коюу. *Аттиң, атамдай болгон кишиге тил тийгиздим...* («Ленинчил жаш»)*Орозкул аба болсо, өзү күйөө бала экенине карабайт, картаң кайнатасын жекирип, тил тийгизет* (Айтматов). *Оозу жаман катын энесине тил тийгиздиби деп коркот* (Укаев).

В.: Тил тийүү. *Командир эмеспи, Султанмуратка тил көп тийди* (Айтматов).

ТИЛИ ЖОК. Унчукпаган, оозунан жаман сөз чыкпаган, жоош деген мааниде. *Анын бир жакшы жери тили жок, эч кимге өйдө карабаган ыймандуу келин* («Кыргызстан маданияты»).

ТИЛИНИН УЧУНДА ТУРУУ. Айтайын дегенин унутуп, толук таба албай калуу, эстей албоо. *Тилимдин учунда турду эле, кап, унутуп калбадымбы деп кейиди* («Ала-Тоо»).

ТИЛЕГИ КАТУУ. Иши оңунан чыкпоо, көздөгөн максатына жетпей калуу, каалаганы ишке ашпоо. *Тийиштик кылса душмандар, Тилеги катып жанчылат* (Калык). *Ишенген кишим кызматынан түшүп калыптыр, тилегим катты деп капалуу жүрдү* («Чалкан»).

В.: Тилеги таш кабуу. *Мансаты орундалбоо, каалаганы болбой калуу, аткарылбоо. Оозубузду ача электе тилегибиз таш капканын карачы* (Айтматов).

Тилеги таштай катуу. *Анын тилеги таштай катты* («Ала-Тоо»).

ТИЛИ БАЙЛАНУУ. 1. Өлүм алдында сүйлөөгө чамасы келбөө, тилден калуу. Эми байбичесине дайындамак болгондо тили байланды (Каимов).

2. Бир нерседен корккондуктан же кандайдыр бир себеп менен аптыгып, буулугуп сүйлөй албай калуу, үн катпоо. *Кыздын жүрөгү алкымына кептелип, тили байлана түштү* («Ала-Тоо»). *Самсахун Каныбектин бул сөзүнө жооп таба албай үнү туттугуп, тили байланды* (Жантөшев). *Жантайдын каратып туруп калп айтканына тилим байланып калды* (Айтматов).

В.: Тили буулуу. *Акындардын тили буулуп, ооздоруна сөз кирбей калды* («Жомоктор»). *Ат коюуга жан чыкпай Калктын тили буулду* («Сейтек»).

ТИЛИ БАРБОО. к. Оозу барбоо. *Тилим барбайт, уялам* (Бейшеналиев).

ТИЛИ БУУДАЙ КУУРУУ. 1. Такылдап кыйын сүйлөө, чеченсип сүйлөө. *Ия, оңбогон абышка, демейде деле тилиң буудай куурат* (Бейшеналиев).

2. Быдылдап бат-бат сүйлөө, быжырап капкайдагыны сүйлөй баштоо (тили жаңыдан чыгып, сайрап турган жаш балага карата). *Уулунун тили буудай куурап, сайрап турган кезин эске түшүрдү* («Ала-Тоо»).

3. Сөзү менен ыраазы кылуу, сөзү менен бүтүрүү (тилине күчү чыккан жалкоолорго карата). *Сүйлөсө тили буудай куурат, иштесе эки колу шалдая түшөт* («Чалкан»). *Эшик-төрдү көргөнүнө бир күн болбой жатып, тили менен тим эле буудай кууруйт* (Айтматов).

В.: Тили бадырак кууруу: *Таттуу, таптуу сүйлөп, тилиң бадырак куурат* (Бейшеналиев).

Буудай кууруу. *Сүйлөсө жыйналышта буудай кууруп, Эмгекке сугарылган тили балдай!* (Турусбеков).

ТИЛИ КАТУУ. I. Абдан катуу суусоо, чаңкоо. *Таңдай курган, тилкатып Күндөп-түндөп жол тартып* («Манас»). *Ал жолдо тили ката суусады* («Жомоктор»).

В.: Тили кургоо. *Айнанын тили кургап, оозуна батнай чыкты* (Жоошбаев). *Тил кургайт, көп кыйындык тартканбыз, Суу үчүн кара жанды сатканбыз* (Шамшиев).

ТИЛИ КАТУУ. II. 1. Жаш баланын сүйлөө речи кадимкидей өсүп-жетилип, тили таттуу кезинен өтүп калуу. *Үчтөгү Медердин тили катып баштагыдай кужурабай калды* («Ала-Тоо»).

2. Куштардын сайроо мезгили токтолуу, сайрай албай калуу. *Жан эргитчү канаттуу куштардын тили каткан* (Жоошбаев). *Сары ала чымчык тили ката элек кезинде кумардан кануу үчүн*

куурайдан куурайга учуп конуп жүрүп, бир кайрым күүсүн далай жерге угузат (Каимов).

ТИЛИ КҮЙҮҮ. к. Оозу күйүү.

ТИЛИ КҮРМӨӨГӨ КЕЛБӨӨ. Сүйлөй албоо, сөз айта албай булдуруктап калуу. *Айтор, бир нерсе айтууга таптанып келип эле тили күрмөөгө келбей калат* (Каимов). *Бирөөлөрдү чакырып, кыйкырайын деди эле тили күрмөөгө келбей койду* (Абдукаимов).

В.: Тили күрмөлбөө. *Суукка кайыгып калдык окшойт, тилибиз күрмөлбөй калды* («Ленинчил жаш»).

Тили күрмөлүү. *Бирдеме айтайын десе, Теңирберген менен Акбаланын ортосу бетине чиркөө болуп, тили күрмөлүп турат* (Укаев).

ТИЛ КЫСКА. 1. Бир нерсени айтууга, сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү, укугу жок, акылдуу эмес. *Полицей мени урат Тилим кыска айтарга* (Токтогул). *Башкармага айтууга тил кыска деп ийменип кайта кирди* («Ала-Тоо»).

2. Оюндагысьга, айтайын дегенин толук, ачык жеткире албоо (көбүнчө башка бир тилден экинчи тилге карата). *Тил кыска, эгер орус тилин жакшы билсем айтып чыгат элем* («Ала-Тоо»).

ТИЛИ КЫЧЫШУУ. Көбүнчө бирөөлөргө кекээрдүү, кер какшык сөздөрдү айткысы, тийишкиси келүү, суйлөгүсү келип араң туруу. *Тилим кычышып сүйлөгүм эле келет* (Абдукаимов) *Тили кычышып, тыйгандын күчү менен араң турат* («Чалкан»).

ТИЛИ ТЕШИЛҮҮ. Көп жолу айтуу, айта берип аткарта албоо. *Өзү териштирип алар. Айтып тилим тешилди* (Айтматов).

ТИЛ КАЙРУУ. Каяша айтуу, кайрылып кеп айтуу, айтыша кетүү. *Батыйна тил кайрып, каяша айтууга эрки жок туруп берет* (Сыдыкбеков).

ТИЛИН БАЙЛОО. Унчуктурбай, сүйлөтпөй коюу, унчугууга, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Жеке менчиктин таасиринин кай бир учкүндары кылтактап, ...тилдерин байлап койгондой кылды* (Жантөшев).

ТИЛИН БИЛҮҮ. 1. Бирин бири угуу, түшүнүшө алуу. Кыздын атасы макул болбой жаткан имиш. Анын тилин билген кишини табуу керек болуп турат («Чалкан»).

2. Тетиктерин мыкты ажырата алуу, мыкты билүү. *Ушундай станоктордун тилин билген мыкты адистеribиздин бири ушул кыз, -деп четте турган татынакай кызды көрсөттү* («Кыргызстан аялдары»).

В.: Тилин табуу. *Букарбай тилмечиңиз табар алардын тилин* (Бейшиналиев).

ТИЛИН БҮЛӨӨ. к. Тилин кайроо.

ТИЛИНДЕ СӨӨЛҮ БАР. Айтканы айткандай келген, айтканы ката кетпеген. сүйлөгөн сөзү сыйкырдуу, таасирдүү күчкө ээ деген мааниде. *Тилинде сөөлү бар зайып айтаар наалат-каргышын жаадырып жатты* (Сыдыкбеков).

В.: Таңдайында сөөлү бар. *Бал тилиңди салганда, Таш да болсо эриткен Таңдайда сөөлүң бар экен* («Эр Табылды»).

Тамагында сөөлү бар. *Каныкейдин таңдайында мөөрү бар, Тамагында сөөлү бар* («Манас»).

Тилинде мөөрү бар. *Айтканы ката кетпеген Тилинде мөөрү бар экен* (фольк.).

ТИЛИНЕН БАЛ ТАМУУ. Уккулуктуу, жагымдуу сүйлөө, куюлуштуруп абдан чебер сүйлөө. *Сүйлөп отурса тилинен бал таамп, жанынан чыккың келбейт* («Ала-Тоо»). *Тилден бал тамат, уу да тамат* (макал).

ТИЛИНЕН ТАБУУ. Оозунан жаңылуу. *Мейли, өзү тилинен тапты, мейли, кечирип коюң, байбатча, мейли, баш жарылса айыгат, мейли* (Касымбеков).

ТИЛИНЕН ЧАҢ ЧЫГУУ. к. Таңдайынан чаң чыгуу.

ТИЛИНЕН ЧЫКПОО. Айтканына, дегенине көнүү, макул болуу, орундатуу, айтканы, дегени менен болуу. *Күйөөм менин тилимен чыкпайт* (Байтемиров). *Сатар, садага, энеңдин тилинен чыкпа, сабагыңды оку* (Баялинов).

ТИЛИНИН УЧУНДА ТУРУУ. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө айтууга камданып, оозунан чыгып кете жаздоо. *Ушул жооп тилинин учунда ойноп турса да оозу барбады экөөнүн тең* (Өмүрбаев). *Өзүнүн жок-житиги жөнүндө тилинин учунда турса да азыр айта албады* (Укаев). *...Бул уу сөз тилинин учуна келип, бирок артын ойлоп тиштенип, араң тыйынды Карасакал* (Касымбеков).

ТИЛИҢЕ ТИШИҢ КҮБӨ. «Сөзүңө бекем тур», «сөзүңө бек бол», «байкап сүйлө», деген мааниде колдонулат. *Кечтим байдын кызынан, бекер берсең да албайм, дегенде Нурбай тилиңе тишиң күбө деп кайталап сурады эле дагы ошол сөзүн кайталады* («Кыргызстан маданияты»).

ТИЛИН КАЙРОО. Кургак чечендикке салуу, безеленип сүйлөө, безилдөө. *Кара жаак Акбалта Кара тилин кайрады* («Манас»). *Торгой акын булбул чечен сайрады, Таңкы желде таңшып тилин кайрады* (Маликов).

В.: Тилин бүлөө. *Кургак чечен далай-далай сайраган, Тилин бүлөп бекеринен кайраган* (Турусбеков). *Кызыл тилин сайратып, Бүлөп кетип барамын* (Бөкөнбаев).

ТИЛИН ТАРТПОО. Эч тартынбай, тайманбай тике сүйлөө, каяша айтып туруу. *Тирмийген жалгыз жаш бала Тилин тартпай сүйлөдү* (Бөкөнбаев). *Ыза көргөн Казак тилин тартпайт, ан сайын зулум куданын ачуусу кайнайт* (Сыдыкбеков).

ТИЛИН ТАРТУУ. Атыртан, тымызын байкоо жүргүзүү, сырын тартуу. *Душмандын тилин тартуу биздин милдетибиз, анан чабуулга өтөбүз деди* («Ала-Тоо»). *Тил тартмакка келгемин, Тилимди ал мергеним* («Ырлар»).

ТИЛИН ТИШИНЕ КАТУУ. Унчукпоо, сыр билгизбөө. *Илгерикийин оту күйүшүп кетер деген тилекте тилин тишине катып жүрдү* (Ашымбаев). *Тилин тишине катып, чыр күйөөсү менен ...жашап келген келинчегинин күйүп-жанаарын берки «көк түтүнгө» башы айланган баңги күйөөсү кайдан билсин* («Советтик Кыргызстан»),

ТИЛИН ТИШТӨӨ. Оозун кармангандай, унчукпай, акырын тим болуу, ичинен тынуу. *Ордо*

кишилери да нес болгондой, тилдерин тиштеп, көздөрү чекирейип, амирдин жообун күтүп калышты (Касымбеков). *...Агасынын арстан кабагынын серпилгенин көрүп, ...тилин тиштей токтоду* (Бейшеналиев). *Тилиңди тиштеп, шүк тур деди ышкырылта жекирип* (Айтматов).

ТИЛИН ТАБУУ. Муютуу, макул кылуу, көндүрүү. *Кожом, касиетиңиз бар эмеспи, тилин өзүңүз табыңыз* (Бейшеналиев). *Теңирберген агасынын тилин таап көндүрдү* (Укаев).

ТИЛИҢДИ ТАРТ. Сөзүндү токтот, сүйлөбө, оозуңа келгенди оттой бербе. Болду, тилиңди тарт («Чалкан»).

В.: Тилиңди тый. *Ушунчаңда тилиңди тый. Бирди көрөсүң, - деп ызырынып тура калды* («Ала-Тоо»).

ТИЛИҢЕ ТИБИРТКЕ ЧЫККЫР! Орду жок олдоксон айтылган сөзгө же жан кейиткен суук сөзгө карата тилдөө, каргоо маанисинде колдонулат. *Какылдап кечке сүйлөйсүң, тилиңе тибиртке чыккыр!* («Ала-Тоо»).

В.: Тилиңе келгир! *Тилиңе келгир! сөзүңдү токтотчу, - деп ачууланды* («Ала-Тоо»).

Тилиңе чок түшкүр! *Тилиңе чок түшкүрдүн айтканын кара!* («Чалкан»).

Тилиңе күйдүргү чыккыр! *Мени күйгүзгүң бар ээ, тилиңе күйдүргү чыккыр!* («Ала-Тоо»).

Тилиңе жара чыккыр! *Болду эми, тилиңе жара чыккыр! Менин эмне иштеп жүргөнүм менен сенин кандай жумушуң бар?* (Абдукаримов).

ТИЛИ ООЗУНА БАТПОО. Аябай суусоо, чаңкоо. *Ысып, тердеп тилим оозума батпады* (Баялинов). *Он беш күндүк тынымсыз жол, суусуз чөл тилди оозго батырбай акактатат* (Шүкүрбеков).

ТИЛИ ООЗУНА ЖУКПОО. Буйдалбастан тез сүйлөө. тартынбай ылдам, батбат сүйлөө. *Тили оозуна жукпай үч саат сүйлөдү* («Чалкан»). *Тили оозуна жукпай шыпылдап сүйлөйт* («Ала-Тоо»).

ТИЛИ ӨТПӨӨ. Кадыр-барактан, сыйдан кетип, сөзү эм болбой калуу, кеби суу кечпөө, эч ким тоготпой калуу. *Өмүрлүк жарыңа тилиң өтпөсө, менден кайсы жакшылыкты күтөсүң?* (Бердикеев). *Так ээси хандарыңар атасы баласына тили өтпөй, баласы атасына тили өтпөй, ...куулуп таштадлы* (Касымбеков).

ТИЛИ СУУК. Жан кейиткен заар сөздүү. - *О. о, бул карыянын тили суук, айткан сөздөрү коркунучтуу* (Абдукаримов). *Качыкенин үйүнөн мурункусундай эле бирде жылуу, бирде тили суук каттар келип, капалана берчү* (Абдукаримов).

В.: Тили заар. *Какач, айткан сөзүң акыл болгону менен, тилиң заар* (Жошбаев).

Тили уу. *Тили уу немени шайтан ушу жерден сайды да койду* (Осмоналиев).

ТИЛИ ТАТТУУ. Жаш баланын тили жаныдан чыгып, кужурап татынакай сөйлөй баштаган учуру. *Тили таттуу жаш бала Сүйлөп берди жай гана* («Ала-Тоо»). *Айнаштын тилинин таттуу кези: ал бөйрөктү «бөйөк» дейт, - деп коёт* (Осмоналиев).

ТИЛИ ТЕШИЛҮҮ. Айтып-айтып жадоо, мокоо, кайра-кайра айта берип чарчоо. *Айта берип тилим тешилди, эми айтпайм - деди* («Ала-Тоо»). *Какшап жүрүп тилим тешилди* (Элебаев).

ТИЛИ ТИЙҮҮ. Бирөөгө жаман сөз айтуу, катуу айтып тилдеп коюу. *Тим жүрбөй Адылга тилим тийди эле* (Жантөшев). *Балам, сага ачуум менен тилим тийди кечирип кой, - деп өтүнгөндө, - кечтим, апа,- дедим* («Ала-Тоо»). *Менин жамандыгымбы же жаштыгымбы, сизге баягыда тилим тийип калды* («Ала-Тоо»).

ТИЛИ УЗУН. Уккан-көргөнүн айта берген, өтө сүйлөөк, ушакчы. *Анан калса кийинки убакта кээ бир тили узун немелер... эсептеп жүрүшөт имиш* («Чалкан»). - *Анашов, мен сени жакшы көрөм, жакшы кишисиң. Бирок, тилиң узун...* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Тили кере кулач. *Карачы, мунун тили кере кулач* (Укуев).

ТИЛИ ЧЫГУУ. 1. Сүйлөөгө жароо, жаңыдан сүйлөй баштоо. *Экөөлөп баланы өбөт, көтөрөт. Баланын тили чыгып, буту басууга келет* (Шүкүрбеков).

2. Кеп кайрып каяша сүйлөй баштоо, каршы сүйлөп, айтыша баштоо. *Келинчегин көп урчу эле анын да тили чыгып, өчөшүп алыптыр* («Ала-Тоо»).

В.: Тил бүтүү. *Азыр карыжаш, байкедей дебей баарына кулач-кулач тил бүттү* («Асаба»),

ТИЛ-ООЗУ ЖОК ЖАТЫП КАЛУУ. Эч сүйлөбөй, эс-учун билбей сулк жатуу. *Эсинен танып, тил-оозу жок жатып калды* («Чалкан»).

ТИЛ-ООЗУНАН АЖЫРОО. Сүйлөй албай калуу, үн ката албоо. *Көпчүлүк туш-туштан чыкканда, Бабыр тил-ооздон ажырап калды* (Убукеев).

ТИЛСИЗ ЖОО. Ар кандай табийгый кырсыктар. *Телмиртип мени сүйрөгөн, Тилсиз жоо сага баркым жок!* («Семетей»).

ТИЛ ТИЙҮҮ. Бирөөнүн сугу өтүп, көзүгүп калуу. *Бечарага тил тийди окшойт, жыл айланбай ушинтип калды* («Ала-Тоо»).

ТИЛ УЧУНАН. Ойлонбой, алды-артын байкабай, терең ой жүгүртпөй. *Тил учунан айта салуудан оңой не бар* («Ала-Тоо»).

ТИЛ ЭМИЗҮҮ. Натыйжасыз, курулай убада бере берип ишти узартуу, алдоо, куру бекер үмүткөр кылып, көпкө создуктура берүү. *Жаңыдан курулуп жатат, - деп тил эмизип келе жатканына үч жылдан төрт жылга аяк басты* («Чалкан»). *Бармын деп Өскөнбай тил эмизип койгон го, келем десе, келип калат эле* (Турусбеков).

ТИРЕГЕН АСМАНЫҢ БОЛСО, ТАШТАП ЖИБЕР. к. Асманыңды таштап жибер.

ТИРИ АРБАК. 1. Абдан арыктаган, адам кебетисинен кетип калган, өтө алсыз, дармансыз. *Шордуу Казак тири арбак болуп кейпинен кетип, сүлдөрү эле келди* (Сыдыкбеков).

2. Колунан эч нерсе келбеген, эптеп эле адаммын деп басып жүргөн. *Ал бир тири арбак болбодубу, анын эмнесине кейийсиң* («Чалкан»).

ТИРИНИН ТОЗОГУ. Абдан оор, өтө кыйын, аябай азап. *Ушул жерге жетмегибиз тиринин тозогу болду, - деп чоң энем үшкүрүп отура кетти* («Ала-Тоо»).

ТИРИ КАРАК. Тың, чыйрак, жандуу. *Батийна өзү да тири карак адам боло турган, - деди Казак* (Сыдыкбеков). *Тири карак, кичи пейил, элпек келин* («Ала-Тоо»).

ТИШ АЧПОО. Сүйлөбөө, лам дебөө, ооз ачпоо. *Алымбек датка бир да жолу сөзүн бузбады, же кубаттоо, же жаратпоо сездирбей бир кунунда мелтейип, сөз акырын күткөнсүп тиш ачпады* (Т. Касымбеков). *Тилмеч эрдин тымпыя кымтып, мисирейип тиш ачпайт* (Касымбеков).

ТИШ ЖАРУУ. 1. Эч кимге шегин билдирбөө, ооз ачпоо, айтпоо. *Муну тиш жарып эч жанга айта көрбөңүз, ата* («Жаш ленинчи»).

2. к. Тиши чыгуу.

ТИШИ БУУДАЙ, ЧАЧЫ КУУДАЙ. Абдан карыган, карылыгы жеткен, өтө кары. *Чоң энемдин эмнесин сурайсың, тиши буудай, чачы куудай, - деп күлүп койду* («Ленинчил жаш»).

ТИШИН АЧПОО. Карап көрбөө, сынабоо, тиешелүү баа берүүгө ниеттенбөө, ошол бойдон кабыл алуу, текшерип карап көрүүгө аракеттенбөө. *Досуңдун бергенин тишин ачпа* (макал).

ТИШИНЕ ТАШ ТИЙҮҮ. Каңтарылуу, куру калуу. Жутунбаганда сага да берет элем. *Мына эми, тишиңе таш тийди* («Ала-Тоо»).

ТИШИНИН КИРИН СОРУУ. Кезерип ачка жүрүү, оозуна эчтеме албоо, наар албоо. *Орозо кармап, тишинин кирин соруп кыйналышкан ата-энесине чындыкты айтамын деп, бөөдө жаман көрүнду* (Сасыкбаев). *Бул өкмөт болбосо тиштин кирин соруп, байлардын тепкисинде жүрөт элек* («Ала-Тоо»). *Кышы менен кылчылдап, тишимдин кирин соруп отурдум* (Айтматов).

ТИШИН КАЙРОО. Ачуусу келүү, кыжыры келүү, жек көрүп ызырынуу, кекенүү. *Бүгүн бирөөлөр мени «ажы» деп ызаатташса, бирөөлөр Шадыбек «кажы» деп тишин кайрады* (Аады). *Биз төрөлдүк. Таптар тишин кайратып, Турган кезде, Жан аёсуз чайнатып* (Турусбеков). *Ыза тарткан кызынын абийири үчүн Темиркан арданып, тишин кайрап жүргөнү белгилүү* (Сыдыкбеков).

В.: Тишин кычыратуу. *Ал тилин укпаган директорго да бирди көрсөтмөкчү болуп тишин кычыратат* («Ленинчил жаш»).

ТИШИН ЧАГУУ. 1. Катуу жазалоо, сазай*ын колуна берүү, жазасын берүү. Шашпа! колго түшчү болсоң жонуңдан кайыш алып, тишиңди бирден чагармын, - деп, корбашы каарын төгүп, качкындарга ызырынып жатты* («Ала-Тоо»).

2. Өтө кыйын, ашкере мыкты билүү өтө тыңдык кылуу, кыйын ажыратуу. *Ал сооданын тишин чаккан адам.*

ТИШИ ӨТПӨӨ. Алы жетпөө, эчтеме кыла албоо, аткара албоо, колунан келбөө. *Канчалык карасантайлык кылса дагы, Курмандын тиши өтпөдү* («Ала-Тоо»). *Талашыңарды уктум. Сурооңорго тишим өтпөйт го?* (Осмоналиев).

ТИШ КАККАН. Көптү көргөн, такшалган, дасыган, бир далай жашка келип калган, далайды башынан өткөргөн. *Тиш кагып калган жигит жаш баланы ээрчитип алып, даттанып басып жүргөнүн Качыке жактырган жок* (Абдукаимов). *Кабыл өңү-башы да тиш каккан кишиникиндей, чыйралып, бышып калгандай* («Ала-Тоо»).

В.: Тиши каткан. *Дале болсо жаштыгың, болбосо мага окшогон бир тиши каткан неме болсо... будуң-чаң түшүрүп жибербейби* («Чалкан»).

ТИШИН-ТИШКЕ КОЮУ. Ач калуу, тамак-ашка жетпөө. *Бул айылда аталардын, балдардын пастан келерин күтүп, тишин-тишке коюп отургандар аз эмес* (Абдукаримов).

ТИШИ САСУУ. Бир нерсеге өтө карк болуу, бир нерсени ченемден тышкары пайдалануу (көбүнчө тамак-ашка карата). *Анын тиши сасыды, мындан ага койбосоң да болот, - деп жолдошун тамашалады* («Чалкан»).

ТИШИ ТИШИНЕ ТИЙБӨӨ. Катуу үшүп, кайыгып кетүү, калтырап-титирөө. *Тиши тишине тийбей калчылдайт.*

ТИШИ ЧЫГУУ. Өз алдынча бир нерселерди иштөөгө же кандайдыр бийликтен, мансаптан пайдаланууга жөндөмдүү болуп

калуу. *Баягы досуң жок, азыр анын тиши чыгып калган* («Чалкан»).

ТИШКЕ ТИЕР ЭЧ НЕРСЕ ЖОК. Ичип-жегидей, ооз тийгидей эч нерсе жок. *Үйүндө тишке тиер эч нерсе жок экен* («Чалкан»)

ТИШ САЛУУ. Тийишүү, асылуу кол салуу. *Ал тиш сала албайт. Ал бир топ убакытка чейин оңун келтире албай, акырында ушул учурдан пайдаланып, Момушка тиш салып качыра берди* («Ала-Тоо»).

ТОГОЛОК КАТ. Жазган кишисинин ким экендиги, аты-жөнү көрсөтүлбөгөн арыз же кат. *Мындай тоголок арызды ким жазды* (Жантөшев). *Сенин үстүңдөн тоголок арыз түштү, - деп күлүп койду* («Чалкан»).

В.: Тоголок арыз. *Жарбаңга ушак, тардык, тоголок кат Эчактан болду бекен ичкен ашы* (Аалы).

ТОГОЛОК ЖЕТИМ. Атасы да, энеси да жок, эч кимиси жок. *Данияр кичинесинде тоголок жетим калат* (Айтматов). *Өзүң тоголок жетимсиң. Сен минтип жүрүп, кантип адам болосуң? - деп Бурмаке мени жемеледи* (Элебаев).

В.: Томолой жетим. *Жаштайыман томолой жетим калдым* («Ала-Тоо»).

ТОГУЗ ЖОЛДУН ТООМУ. Бир нече жолдун кошулган жери. *Жаки сени ...Ошко дейре кыдыртып, кымгуут, тогуз жолдун тоому соода, базар кызыгына батырат элем сени* (Бейшеналиев).

ТОГУЗ ТОЛГОНУУ. Абдан катуу ойлонуу, тынчы кетүү, көңүлү бир жерде болбоо. *Оросул тогуз толгонуп ойго чөктү... Карыяны аяды* (Осмоналиев).

В.: ТОКСОН ТОЛГОНУУ. *Алым бул түнү токсон толгонуп, кирпик какпай чыкты* («Ала-Тоо»). *Жаш келин токсон толгонуп чыдабай баратат* (Сыдыкбеков).

ТОГУЗ ТОЛГОО БИР КЕЛҮҮ. Толгон кыйынчылык, бир канча кысталыш иш, ар кандай кырдаал чогуу келүү, бир мезгилде болуу. *Тогуз толгоо бир келгенин карачы, -деп апам күйкөлөктөп, кейий баштады* («Ала-Тоо»).

ТОК ЭТЕР ЖЕРИ. Кыскасы, негизгиси, маңызы, жыйынтыгы. *Сапар сөздүн ток этер жерин айтып, апасынын бетине тике карады* (Сасыкбаев). *Бурулча сөзүнүн аяк жагында иштин ток этер жерине өттү* (Байтемиров).

ТОЛГОН ТОКОЙ. Көп, абдан көп. *Толгон токой жамак сөздөрүн жаадырып коё берди* (КОС) *Толгон токой каалгага баш багып жүрүп ал кишини да таптык.*

ТОЛОРСУГУ КӨТӨРҮЛҮҮ. Чоңоюу, өсүп жетилүү, бой жетүү. *Толорсугу көтөрүлгөн сайын айла, амалы артып, жалтанбас кайрат күтөт...* (Бейшеналиев).

В.: Толорсугун көтөрүү. *Толорсугун көтөргөндө өзүндөй түпкөрүдөн окуса ...жетет да* (Бейшеналиев).

ТОЛОРСУГУН КЫРКУУ. Баса албай турган, жүрө албай турган абалга келтирүү, жаралоо, жараксыз абалга келтирүү, талкалоо, кыйратуу, жок кылуу. *Каракчылардын толорсугун кыркууга добротряд Нарындан аттанып чыккан* (Бейшеналиев).

ТОЛУК КАНДУУ. Ар тараптан, абдан мыкты, жеткиликтүү. *Ишти, адамдарды орноштуруудан, жайгаштыруудан, аппараттын толук кандуу иштей башташын камсыз кылуудан баштайбыз* («Советтик Кыргызстан»),

ТОН БЫЧУУ. к. Көлөкөгө тон бычуу.

ТОНОГОН НАРДАЙ. Үстүнө үйрүп салар эч нерсеси жок, жылаңач, алдан тайган. *Шордуу Казак адам кейпинен кетип, тоногон нардай болуп сүлдөрү эле келди* (Сыдыкбеков).

В.: Тоногон тайлактай. *Бир баласын аркалап, бир баласын жетелеп, тоногон тайлактай самсаалап, салбырап Абыл көч артынан илкий берди, илкий берди...* («Ала-Тоо»).

ТОҢ МОЮН. Тил албаган, айтканга көнбөгөн, көңүл коюп иштөөнү каалабаган, кежир. *Тоң моюндарын мага айтыңыз* (Жантөшев). - *Кантейин! Ушундай тоң моюн болгонуң жаман* (Каимов). *Ал канчалык аракеттенбесин кожоңдоп тоң моюн* (Бейшеналиев).

ТОО ЖАМЫНЫП. Тоо аралап, тоого далдаланып, тоону байырлап. Тоо жамынып каракчы, баскынчылыкка өткөндөр бар. Ал эми тоо жамынган каракчылардын толорсугун кыркууга Нарындан атайын адамдар аттанып чыккан (Бейшеналиев).

ТООК ТУБАРЫНДА КАКЫЛДАЙТ. *диалект.* Жанына күч келгенде, кыйынчылыкка тушукканда гана тынчы кетет. *Тоок тубарында какылдады деген ошол* (Айтматов).

ТООНУ ТОМКОРУУ. Иштин майын чыгара иштөө, колунан кандай гана иш болбосун бүткөрүп салуу. *Силердей болсом тоону томкоруп, иштин журөгун түшүрбөс белем, - дейт* (Аалы).

ТОП БУЗГАН. Эң мыкты, белгилүү, көрүнүктүү, даңазалуу. *Топ бузган жорго. Тоголок Молдо өзгөчө, топ бузган карыянын муңдуу кайраттуу чакырык ташташында терең сыр бардыгын баамдады* (Бейшеналиев).

В.: Топ жарган. Топ жарган акын.

ТОПОЛОҢУ ТОЗ БОЛУУ. Азып-тозуп дайны чыкпай кетүү, чачылып, бүлүнгөн абалга келүү, талкалануу, кыйроо. *Турпанды көздөй качканда, Тополоңу тоз болуп* (Турусбеков). *Оболку дарты козголду, Тополоңу тоз болду* («Манас»).

ТОПУККЫЛУУ. Канааттануу, каниет кылуу, ыраазы болуу. Деги тоюшпайт. *Өздөрү топук кылбаса, мен кантип тойгузам* (Касымбеков).

ТОПУРАГЫ ЖЕҢИЛ. Жалаага жакын, сөзгө бат илээше турган. *Топурагы жеңил жаным. Эмнени уктум ыя?* (Садыбакасов).

ТОПУРАГЫН БИР ЖЕРДЕН АЛГАН. Кылык-жоругу, жүрүм-туруму жана башка сапаттары боюнча өтө окшош, бирдей. *Асан менен Абылдын топурагын бир жерден алса керек* («Ала-Тоо»).

ТОПУРАГЫН ТҮЙҮП БЕРҮҮ. Абдан көнүл калды болуу, таптакыр жүз көрүшпөй турган абалга жетүү, бири-биринен кечүү, кол үзүшүү. *Мени энеликке санасаң, бул оюңду ташта, болбосо топурагымды түйүп берем* («Ала-Тоо»). *Андай болсо*

топурагыңды түйүп бер! - деп кыйкыра баштады («Чалкан»).

ТОПУРАГЫ ТОРКО БОЛСУН! Өлгөн адамды көмгөндө, аны эскергенде жаткан жери жайлуу болсун деген мааниде кайрат айтуу, жакшы тилегин билдирүү максатында айтылат. - *Ах, кайран абышка... Топурагың торко болсун эми. Айла канча! деген сөздөр жаады* («Чалкан»).

ТОПУРАК БУЮРУУ. 1. Үй-бүлөдөгү жакын адамдардын көз алдында өлсөм деген каалоону билдирүү. *Балдарымдан топурак буюрса болду.*

2. Өз эл өз жеринде, туулуп өскөн жеринде каза болуу, өлүү. *Согушка кеткен азаматтар аман-эсен кайтып, өз эл, өз жеринен топурак буюрсун, - деди Керим карыя* (Мавлянов). *Өз эл, өз жерибизден топурак буюрсун, - деп чоң эне жакасын карманды* («Ала-Тоо»).

ТОПУРАК САЛУУ. 1. Өлгөн кишини көмгөндө аны менен акыркы коштошуу белгиси катарында, мүрзөсүнө топурак таштоо, биротоло коштошуу. *О-о жалгызым, маа топурак салып кой* (Байтемиров). *Каза жетип, күн бүтсө, Топуракты ким салат* (Жантөшев).

2. Мамилесин, байланышын үзүү. *Каныбек молдолорго топурак салып, эшендерден небак түңүлгөн* (Жантөшев). *Топурак салганым ушул.*

ТОПУРАКТАН ТЫШКАРЫ БОЛУУ. Тирүү жүрүү, аман болуу. *Топурактан тышкары болсом, дайыма жаныңда болом* (Жантөшев).

ТОРГО ТҮШҮҮ. Бирөөнүн алдоосуна кирүү, амалдуу аракетине кабылып, чыга албай калуу. *Мобу ак пери кандай болбосун торго түшүү керек, - деп Капар ичинен кымпыйып койду* («Ала-Тоо»).

В.: Торго чалынуу. *Ошо оңбогон бийкечке барам деп торго чалынып калыптыр* (Осмоналиев).

ТОРУ ЭТИНЕ ТОЛУУ. Баралына келүү, күчкө толуу, жетилип булчуң байлоо. *Табылды оорудан аман айыгып, тору этине толо албай, баштагыдай боло албай жүрдү* («Эр Табылды»). *Тору этиңе толгондо, Тогуздан манап айдаттың* (Тоголок Молдо).

ТӨБӨГӨ КӨТӨРҮҮ. 1. Колунан келген жакшылыгын аябоо, колдоо, абдан кадырлоо, аябай сыйлоо, урматтоо. *Койчуман карыя өзүнүн адал эмгеги менен элге таанымал Аны айылдагылардын баары төбөсүнө көтөрөт* (Убукеев). - *Биз Мырзабекти төбөбүзгө көтөрүп отурсак, Мырзабек бизди адам катарына санабайт экен* (Абдукаримов).

2. Ызы-чуу салуу, чуу салуу, дүрбөлөң түшүрүү. *Какылдак безилдеп кез-кез ачуу-ачуу чаңыргандай болсо, кыштакты төбөсүнө көтөрөт* (Сыдыкбеков).

ТӨБӨГӨ ОЙНОО. Өз билгенин иштөө, бирди көрсөтүү, кыйноо. -*Бу ак жоолуктун азаттыгы эмне менен чектелет? Биздин жакка өкмөт катын барып алып эле тебетейчендердин төбөсүнө ойноп койду* (Сыдыкбеков).

В.: Төбөгө чыгуу. *Антпегенде бүгүн бирөө минтип каяша айтса, эртеңки күнү экинчиси төбөмө чыгар* (Баялинов).

ТӨБӨСҮ КӨККӨ ЖЕТҮҮ. Көңүлү абдан көтөрүлүү, аябай кубануу, өтө ыраазы болуу, жетине албоо. *Балдардын кеңеш-кебинин ичинде өзүнүн бар экенине Калыйча кубанып, төбөсү көккө жетип турган эле* (Абдукаимов). *Ушул эле күздө таятам Фрунзе менен Ошту туташтырган төө жолду басып, тешкен тоону көрүп, анда бир төбөсү көккө жетип келди* («Ала-Тоо»). *Бирок жакшы чыңап алса, Барпынын төбөсү көккө жеткендей кубанат* (Айтматов).

В.: Төбөсү көккө тийүү. *Сен кишиден тил укпас, бирөөдөн таяк жебес болсоң болду, биздин төбөбүз көккө тийгени ошол* («Советтик Кыргызстан»). *Мына ушундай куттуктоо сөздөрдү уккан сайын Шопоктун бүткөн бою эрип, көңүлү алып учуп, төбөсү көккө тийгендей көтөрүлөт* (Бөкөнбаев).

Төбөсү айга жетүү. *Умсунай апа болсо неберелүү болушканына төбөсү айга жетип, көңүлү куунак* (Сасыкбаев).

ТӨБӨСҮН КАҢДОО. Бирди көрсөтүү, катуу жазалоо. *Жөн жүр, жаки болбосо, төбөңдү каңдайм* (Бейшеналиев). *Биз ошонун бирин эле жасайлычы, бу түркөйлөр аныбызды көтөрмөк турсун, төбөбүздү каңдайт* (Медетов).

ТӨБӨҢДӨН УРГУР! Оңбо, оңбой кал деген сыяктуу каргоо, тилдөө маанисинде айтылат. *А, сен кандай төбөңдөн урган соргок неме элең? - деди Куйручук* (Бектенов). *Коюңуз, ушунда бир кудай төбөңдөн ургур бар эле ошол бүлдүргөн тура* (Бектенов).

В.: Төбөңдөн тийгир! *Төбөңдөн тийгир, ушуну кантип айттың!* («Чалкан»).

ТӨБӨСҮ МЕНЕН КУДУК КАЗУУ. Өтө оор эмгек кылуу, азап тартуу. *Төбөм менен кудук казсам да, сизди багууга милдеттүүмүн* (Жантөшев). *Төбөсү менен кудук казса да анын жасаган жумушу билинбеди* («Ала-Тоо»).

В.: Төбөсү менен жер казуу. *Келинди мен алмак болсом, төбөм менен жер казсам да мал таап, ата-бабанын наркын өтөмөкмүн* (Сыдыкбеков).

ТӨБӨСҮНӨ ЖАҢГАК ЧАГУУ. Акесин тааныtуу, жазасын берүү, сазайын окутуу. *Мен анын төбөсүнө жаңгак чакпасам, Маанайкул атым өчүп калсын* («Ала-Тоо»). *Сенин төбөңө жаңгак чагамын, - деп зекиди* («Чалкан»).

ТӨБӨСҮНӨ КАМЧЫ ОЙНОТУУ. Катуу кордук көрсөтүп ызалоо, запкы көрсөтүү, сабоо. *Ал сага окшогондордун төбөсүнө камчы ойнотуп иштеткендей,- деди Арзыкул* (Байтемиров).

ТӨБӨСҮНӨ КАМЧЫ ҮЙРҮҮ. Коркутуу, демитип ызырынуу, зекүү. *Ачуу намыска жеңдирип, кумсаңдаган эри ат үстүнөн зекип, төбөсүнө камчы үйрөт* (Сыдыкбеков).

ТӨБӨСҮНӨН КУШ УЧУРБОО. Абдан бөпөлөп, каркыттап мамиле жасоо. *Жалгыз уулун төбөсүнөн куш учурбай ардактап бакты* («Ленинчил жаш»).

ТӨБӨСҮНӨН ТҮШҮҮ. Дал үстүнөн чыгуу, туура келүү. - *Оой, акебай, - деп Мурат каткырып жиберди. - Дал төбөсүнөн түштү ай* («Ала-Тоо»).

В.: Төбөсүнөн чыгуу. *Эмне болсо, ошо болсун деп айта салдым эле төбөсүнөн чыгыптырмын* («Чалкан»).

ТӨБӨСҮНӨН УРУУ. Бузулууу, шайтан азгыруу. *Төбөсүнөн уруп, бузуп ийип атышпайбы!* (Жантөшев).

ТӨБӨ ЧАЧЫ ТИК ТУРУУ. Абдан коркуу, эси чыгып кетүү, үрөйү учуп, жүрөк титирерлик сезимде болуу, бүткөн бою дүркүрөө. *Бул кабарды укканда отургандардын төбө чачы тик турду* (Жантөшев). *Төбө чачы тик туруп, Чал сакалы саксайды* («Мендирман»).

ТӨГӨРӨКТҮН ТӨРТ БУРЧУ. Туш тараптын бардыгы, бүт дүнүйө жүзү, аалам. *Мына биз төгөрөктүн төрт бурчунда эмнелер болун жатканын үйүбүздө отуруп гана уга беребиз* (Убукеев). *Төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлана кыдыруу* («Эр Төштүк»). *Төгөрөктүн төрт бурчунан эл жыйнап, аш берүүгө камынат* («Манас»).

ТӨЛГӨСҮ ТӨП КЕЛҮҮ. Ойлогон ою, максаты ордунан чыгуу, иши оңолуу. *Инисинин кадимки жаралуу кишидей... демөөрлөнткөнү Байымбетти төлгөсүтөп келчүдөй жубантты* (Бейшеналиев). *Төлгөсу төп келерине демденген акын табышмак туйгусун эми айкындабаса жарылчудай* (Бейшеналиев).

ТӨЛ БАШЫ. Эң биринчи, алгачкы. *Балдарымдын улуусу, төл башым сенин атаң болуучу, - деди чоң энем* («Жаш ленинчи»). *Колундагы менчигинин төл башын Өкмөтү өз колунан берди эле* (Аалы).

ТӨӨ БАСТЫГА АЛУУ. Көптөп кетүү. *Убадамды аткарбасам, - дейт Карып, анда мени алар төө бастыга алышат* («Ала-Тоо»). *Башкалар аны төө бастыга алышты* (Айтматов).

В.: Төө басты кылуу. *Сапар бул шок немелер төө басты кылып жүрүшпөсүн деп чочулап турду* (Бейшеналиев).

ТӨӨ КӨРДҮҢБҮ - ЖОК, БЭЭ КӨРДҮҢБҮ - ЖОК. Бир нерсени билсе да билбеген, көрсө да көрбөгөн, ал ишке катышы жок. *Бирөө сураса, төө көрдүңбү жок, бээ көрдүңбү жок* (Мияшев).

ТӨӨКЫЯДАНӨТҮҮ. Иштин учуру, оор мезгили өтүп кетүү, болору болуу, иш бүтүп калуу. *Аттиң, арман ай! Жапаштын өчүн алсам болмок экен деп, эки күндөн бери ойлондум. Бирок аба, иш оop калды... Менин төөм кыядан өтүп кетти!* (Жантөшев).

В.: Төө кыядан өткөн соң. *Төө кыядан өткөн соң, о дегениң курусун* (макал).

ТӨӨНҮН КУЙРУГУ ЖЕРГЕ ТИЙГЕНДЕ. Жакында болбой турган же такыр болууга мүмкүн болбогон кезде. *Жамал мени качан келет десе төөнүн куйругу жерге тийгенде келет дегин* (Шүкүрбеков). *Кейпи төөнүн куйругу жерге тиер учурду күтүп жатышса керек* («Чалкан»).

ТӨӨСҮ АК ТУУ. Иши оңолду, ордунан чыкты. *Анын төөсү ак тууду.*

ТӨӨ ЧЕЧКЕНДЕЙ БОЛУУ. Аябай уят болуу, маскарасы чыгуу. *Эл алдында төө чечкендей болду.*

ТӨРТ КӨЗҮ ТҮГӨЛ. Бардыгы көз алдында, чогуу, эч кимиси калбай. *Агайындар! Төрт көзүңөр түгөл, орой көзүңөр чарай отурасыңар, ийри отуруп түз кеңешели* («Ала-Тоо»).

ТӨРТ ТАРАБЫ КЫБЫЛА. **1.** Телегейи тегиз, иши оңунда, бардыгы оюндагыдай, каалаганындай. *Атабектин төрт тарабы кыбыла болду* (Жантөшев).

2. Каалаган жагына жол ачык, кайда барсаң өз эркиң, жолуң бош деген мааниде. *Кайда барсаң анда бар, төрт тарабың, кыбыла* («Ала-Тоо»).

В.: Туш тарабы кыбыла. *Туш тарабың кыбыла, колу-жолуң бош* («Ала-Тоо»).

Төрт жагы кыбыла. *Анын төрт жагы кыбыла* («Чалкан»).

ТӨРТ ТҮЛҮГҮ ШАЙ. Телегейи тегиз, бардыгы бар, шайма-шай, толук, жетиштүү. *Айрыкча атам дүнүйөсү түгөл, төрт түлүгү шай болгондой, кубанганынан чекеси да тердеп кетти* (Жантөшев).

ТӨРТ ШЫЙРАГЫ ӨЛБӨГӨН ЖЕРДЕ КАЛУУ. **к. Өлбөгөн төрт шыйрагы калуу.**

ТӨРҮНӨН КӨРҮ ЖУУК. Карылыгы жетти, өмүрү аяктап калды, өлөрүнө жакын калды деген мааниде. *Атаңдын төрүнөн көрү жуук, балам, эми кичине эмессиң, акыл-эсиңди токтот* («Ленинчил жаш»). *Көзү тирүүлөр болсо төрүнөн көрү жуук болуп үй-үйүндө* (Айтматов)

В.: Төрүнөн көрү жакын. *Өсөөрүм бүттү, төрүмөн көрүм жакын, өлөрүм калды* (Осмоналиев).

ТӨШӨГҮН БУЛГОО. Бузуктук кылуу, көз жазгыруу. *Тоодой-таштай кишинин төшөгүн булгады, - деп эл айың кыла баштады* («Чалкан»).

В.: Төшөгүн бастыруу. *Төшүмдү кантип ачтырам? Төшөгүм кантип бастырам?* (фольк.).

Төшөгүн тепсетүү. *Сен менин төшөгүмдү тепсетип жүрөсүң, - деп күнөөлөдү* («Ала-Тоо»).

ТӨШӨК ЖАҢЫРТУУ. Экинчи жолу үйлөнүү, кайрадан аял алуу. *Апамдын көзү өткөндөн кийин, атам айлыбыздагы бир аялга төшөк жаңыртты* («Кыргызстан маданияты»).

ТӨШӨК ТАРТУУ. Ооруп жатып калуу. *Мен төшөк тартып жатканыма бүгүн беш күн болду* (Жантөшев). *Карылык келип бир жактан, Төшөк тартып ооруптур* («Мендирман»).

ТӨШҮН КАГУУ. Өзүн көрсөтүп менменсинүү, мактануу, кыйын сынуу. *Намыс сөзүн козгогондо отко, чокко түшүүгө даяр болуп, төшүн каккан жигиттер Нөкөндү коштой кетишти* («Ала-Тоо»).

ТУЗАК ҮЗГӨН. Далайды башынан өткөргөн, көк чоку, абдан митаам, зулум. *Көрсө бул да тузак үзгөн эргулдардан окшойт* («Чалкан»). *Тузак үзүп, капкан сындырган.*

ТУЗ БУЙРУУ. Башка бир жерден даам татуу. *Минтип туз буйруп, суусун ичип жеримде отурам* («Ала-Тоо»). *Кырк сегизинчи жылы ушул колхоздон туз буюрду* (Осмоналиев).

ТУЗДАШ-ДААМДАШ БОЛУУ. Бирге жүрүп, бирге туруу, өздөй болуп аралашып кетүү. *Туздаш-даамдаш болуп калдык, бири-бирибизге бөлөк-бөтөндүгүбүз калган жок, балам, - деди үйдүн ээси мага карап* («Кыргызстан маданияты»).

ТУЗ ТАТУУ. Тамагын ичүү, даамын сызуу, даамын ооз тийүү. *Кайрылып келип туз таттың Калың кыргыз тобуңдан* (Калык).

ТУЗУ АРАМ. Бузук, кара ниет, арамза. *Ушу тузу арам итти колуңуздан келсе каматып да коюңуз* (Сыдыкбеков). *О, сенин молдолугуңду... айткан шарыятыңды... тузу арам ит! - деди Тазабек ичинен* (Сыдыкбеков).

ТУЗУ КӨТӨРҮЛҮҮ. Жолу ачылуу жолу болуу (көбүнчө бир жакка барууга же даражасы жогорулоого карата айтылат). *Туз көтөрүлсө барып каларбыз.*

ТУЗУНА КАРА САНОО. Жакшылык кылган аламга жамандык жасоо, арамдык ойлоо, кара ниеттик кылуу. *Тузуңа кара санасам, Туулгандан эки болбоюн* (Токтогул). *Өзү иштемчил болгон менен анын тузуна кара санап жүргөн ниети бузук адам экен* (Сыдыкбеков).

ТУЗУН АКТОО. Бирөөнүн кылган жакшылыгынын акыбетин кайтаруу. *Далай сөздү таратып, Талант тузун актадың* (Тоголок Молдо).

ТУЗУН ТАТЫТУУ. Бирди көрсөтүү, сазайын берүү. *Олжолоп алам уздарын, Татытамын туздарын* (фольк.).

ТУЗУН УУРДОО. к. Кудайдын тузун уурдоо.

ТУЗУ ООР. Кете турган жагына кете албоо, оңой менен чыга албоо деген мааниде колдонулат. *Тузуңар оор окшойт, дагы эле жүрөм, - деп Айнаш күлүп койду* («Ленинчил жаш»).

ТУЗ УРСУН! Жакшы мамиледе, өтө жакын, ынак болуп жүргөн адамына кара санаган, жамандык кылган кишиге карата айтылуучу каргыш. *Жаңылып кетсем кокустан, Жаш башымды туз урсун* (Токто-гул). *Өзүм менен бир таткан Тузум урсун башыңан!* (фольк.).

ТУКУМ КУРУТ БОЛУУ. Укум-тукумунун, үрөн-бутагынын бири да калбоо, жок болуп кетүү. *Эми бизди соо койбойт. Баш калкалаар маанек издебесек, тукум курут болобуз* (Сыдыкбеков).

ТУКУМ КУРУТ КЫЛУУ. Укум-тукумунан, үрөн-бутагынан бирди да калтырбоо, жок кылуу, жоюп жиберүү. *Барып берип калмакка, Тукум курут кылбаган* («Манас»).

ТУК ЭТҮҮ. Кичине чырм этип алуу, бир аз көз илиндирип алуу куш уйку салуу. *Бир аз тук этип алалык* (Сасыкбаев).

ТУЛУПКА МӨӨРӨӨ. к. Куру тулупка мөөрөө.

ТУМШУГУ ЖОК. *Тумшугу жок Парпинин, Каерде иши оңолду* (Барпы).

ТУМШУГУ ЖЫЛЫБОО. Иши оңолбоо, жарыбоо. *Тополоң шумдун тумшугу дароо эле жылыбады* (Осмоналиев). *Баары бир этеги узарбайт, тумшугу жылыбайт шум баланын* («Ала-Тоо»),

ТУМШУГУ КАЙКЫ. к. Кара тумшук.

ТУМШУГУ МЕНЕН БИР ТИЙҮҮ. Орой мамиле кылуу. *- Үйрөтпө мага, - деп Татыбек Арзыкулга тумшугу менен бир тийди* (Байтемиров).

ТУМШУГУ МЕНЕН ЖЕР САЮУ. Тынымсыз, баш көтөрбөй иштеп, абдан чарчоо. *Тумшугум менен жер сайып иштесем да, сени багууга жарайм, апа* (Байтемиров).

ТУМШУГУНА СУУ ЖЕТҮҮ. Мүңкүрөгөн абалга келүү, айласы кетип, турасы түгөнүү. *Иттин баласы шашпасын! Тумшугуна суу жеткенде өзү жалынып келет, - деп ызырынып койду* («Жаш ленинчи»)

В.: Мурдуна суу жетүү. *Жайына кой, мурдуна суу жеткенде өзү келет* («Чалкан»).

ТУМШУГУН СЫНДЫРУУ. Бир аз жылытуу. *Сууң муздак экен, тумшугун сындырып келчи, балам, -деди атам мага* («Ала-Тоо»). *Өтө эле муздак, тумшугун сындыр.*

ТУМШУГУ ТАШКА ТИЙҮҮ. Ойлогон ою, тилеги ишке ашпай калуу, ойрон болуу, жок болуу, кырсык болуу. *Оозу ашка тийгенде, тумшугу ташка тийди* (макал).

В.: Тумшугу таштай катты. *Байкуш жетимдин тумшугу таштай катты* («Ала-Тоо»).

Тумшугу катуу. *Тукум калбай кырылып, тумшугубуз катпайлык* (фольк.).

ТУМШУККА ИЛИНБӨӨ. Эч нерсе табылбоо, колуна бир

нерсе тийбөө. *Бүгүн тумшукка эч нерсе илинбей бүркүтчүнүн да маанайы суз* («Ала-Тоо»).

Т У М Ш У К Т У У Г А ЧОКТУРБАЙ. к. Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чоктурбай.

ТУУРАСЫ ТҮГӨНҮҮ. Абдан убара болуу, катуу кыйналуу. *Бара берип, турам түгөндү. Турасы түгөнүп, акылы мокоп олтурган Тазабек кейип койду* (Сыдыкбеков).

ТУУБАСА ДА ТУТУНГАН. Жат болсо да өздөй кылып багып өстүргөн, өздөй көрүп асыраган. *Туубасам да тутунган кулунум элең, мени бир жерге жашырып кет, -деп, эне алсыз үнү менен араң кыңылдады* («Ленинчил жаш»).

ТУУ БЕЛ. Тоонун эң бийик жери, жеткен чеги. *Алгач жолугуп, коштошкондогу туу белде атын тыныктырды* (Бейшеналиев). *Шамшынын туу бели.*

В.: Туу жон. *Машина калың бедени жирей келип, туу жонго токтоду* (Өмүрбаев). *Сабыр туужонго чыкканда, алдыдан жашыл өрөөн ажайып көрүндү* (Жунусов).

Туу чоку. *Аскар туу чокуга жеткиче көзү чачырап кетти* («Ала-Тоо»),

ТУЯГЫНАН ЧАҢ ЧЫГУУ. Абдан катуу чуркоо, көзгө илээшпей зымырап жөнөө. *Аксурдун туягынан чаң чыгып, жерге тийсе тийип, тийбесе тийбей эликтей элпек арыш таштайт* (Сыдыкбеков).

ТҮБҮНӨ ЖЕТҮҮ. 1. Жок кылуу, ойронун чыгаруу, эч нерсесин калтырбай жоготуу. *Тирүү койбой, түбүнө жетет. Эми Зууракандын да түбүнө жетип отурасыз?* (Сыдыкбеков).

2. Кыйын абалга дуушар кылуу, жамандык кылуу, кырсыкка учурашына, кызматтан түшүшүнө, уят болушуна ж.б. себепчи болуу. *Балам, менин түбүмө жеткен баягы сөзүң болду, - деп атасы түбөлүк көзүн жумду* («Жомоктор»). *«Эркеган» атыккан Гүлбүбүнүн түбүнө жетчү кези эми келди бейм?* (Сыдыкбеков).

ТҮГҮ КОРОБОО. Эч зыян тартпоо эч кемибөө. *Буга бизден бөлөк элдин түгү коробойт экен* (Элебаев).

ТҮГҮН КАРМАТПОО. Эч нерсе бербөө, так катыруу. Оой, Күрүчбек өз малынын түгүн карматабы? (Осмоналиев).

ТҮГҮ СЫРТЫНА АЙЛАНУУ. Аябай ачуусу келүү, каардануу, түнөрүү. *Түгү сыртына айланып, беттеринен ырайымсыз заарын чыгарып, тыштан атам кирип келди* (Жантөшев).

В.: Түтүн сыртына жыйноо. *Чындыкка келүүнүн ордуна түгүн сыртына жыйнап ачууланып, тактайды муштагылады* (Элебаев).

ТҮЗҮ ИЙГИ. Сүйкүмдүү, кишиге жагымдуу. — *Түзү ийгиден түңүлбө деген. Жүзүң ачык, дилиң ак жигит экенсиң, чырагым...* (Касымбеков). *Бирок, ак жоолуктун да түзү ийгиси болсо, — деди Маты* (Жантөшев).

ТҮК БҮТКӨН САЙЫН КАЛТЫРОО. Байыган сайын дүнүйөгө, байлыкка кароо болуу, сараң, зыкым болуп кетүү. *Түк бүткөн сайын калтырап, ач көз байлардын сараңдыгы арта баштады* («Ала-Тоо»).

ТҮККӨ ТУРБОО. Эч нерсеге татыбоо, көзгө көрүнбөө, арзыбоо. *Акча десе алкы ачылган зулумдар үчүн адамдардын азап тартып баратканы түккө турбады* («Чалкан»).

ТҮЛКҮ ТИШТЕМЕЙ. Түрдүүчө амал менен алдагандык, жазгырык. *Эми мага түшүнүктүү. ...Баятан бери түлкү тиштемей ойногонуңуз үчүн ыракмат! - деп ордуман турдум* (Жантөшев).

В.: Түлкү куумай. *Сен түлкү куумайыңды кой, экөөбүз ачык сүйлөшөлү, - дедим* («Ала-Тоо»).

ТҮЛКҮСҮ ТҮШТӨ УЛУУ. Бир нерседен жолу болуу, иши оңуна баштап, ондой берди болуп туруу. *Анда алдуулардын түлкүсү түштө улуп турган кези эле* («Ала-Тоо»).

ТҮН БАЛАСЫНДА. Түнү бою, күн баткандан күн чыкканга чейин. *Түн баласында уйку көрбөйт.*

ТҮНДҮК БОЮ ТҮЙҮЛҮҮ. Эпке көнбөө, айтканга макул болбой азармандан - безерман болуу, жуутпоо, уккусу да келбөө. *Ашым түндүк бою түйүлүп такыр болбой койду* («Ала-Тоо»).

ТҮНДҮГҮН ТҮШҮРҮҮ. Талкалоо, кыйратуу. *Душмандын түндүгүн түшүр.*

ТҮНДҮКТӨН ТҮШКӨН УУРУ. Амал-айлалуу, өтө кыйын, чоң ууру. *Ал кезде далай түндүктөн түшкөн уурулар колго түшкөн дешет* («Ленинчил жаш»).

ТҮН ЖАМЫНУУ. Түн ичинде, түнкүсүн жол тартуу, түнү менен, карангыда жүрүп отуруу. *Түн жамынып, ушул татаал жолдо беш атчан келе жатты* («Ала-Тоо»). *Түн жамынып, жылкы алганы келген ууру эмес элем* (Сыдыкбеков).

В.: Түн катуу. *Түн катып, жетип келишти.*

ТҮП КӨТӨРӨ. Жабыла, жапырт, бүт, баары. *Эл түп көтөрө дүргүп калды* («Ала-Тоо»).

ТҮП ТАМЫРЫНАН БЕРИ. Бүтүндөй, бардык жагынан. *Жумушчу табынын кулк мүнөзү түп тамырынан бери өзгөрүлдү* («Советтик Кыргызстан»).

ТҮРТӨ САЛУУ. Бирөөгө ыйгара коюу, шылтай коюу, өзүнөн алыстатуу. *Жаш балдар брак-мырагын түшүнөбү деп түртө салды* («Чалкан»).

ТҮСҮ ИЙГИ. Ырайымдуу, ыймандуу. *Бирок, ак жоолукчандын да түсү ийгиси болсо, - деди Маты* (Жантөшев).

ТҮСҮН ҮЙРҮҮ. Кагып-силкип кааруу, жекире ачууланууу. *Түсүн үйрүп бүркөлөт Байназарды көргөндө* (фольк.). *Баягысындай түс үйрүп, ыгы келе калганда тоо арасындагы бейпил журттту ийре салат* (Сыдыкбеков).

ТҮТҮН БУЛАТУУ. Өзүнчө оокат кылуу, өзүнчө үй-жай күтүү. *Жаман эмес, балдардын асты өзүнчө түтүн булатып калды. Эл катары түтүн булатып, очоктуу бүлө санына кошулушкан* (Айтматов). *Эл катары түтүн булатып, балалуу-чакалуу болоорсуң* (Айтматов).

ТҮТҮНДҮ ТҮРӨ КЫДЫРУУ. Үй баш сайын, ар бир үй сайын, эч бирин калтырбай кире берүү. *Түтүндү түрө кыдырдым, эч нерсе табылбады.*

ТҮТҮН УУЛОО. 1. Акмалоо, кароо. *Түтүндү уулап куугунчулар же өтүп бара*

жаткан жүргүнчүлөр келип калуу коркунучу турат (Жантөшев).

2. Ар кайсы үйгө, көрүнгөндүн үйүнө кире берүү, кыдыруу.

ТҮШҮП АТТАНУУ. к. Аттанып түшүү.

ТЫЙПЫЛ КЫЛУУ. Эч нерсесин калтырбай таптакыр жок кылып таштоо, жылан сыйпагандай кылуу. *Чогулуп келишип, жалгыз Дадый үчүн айылдын калкын тыйпыл кылып салышат* («Ала-Тоо»).

В.: Тып тыйпыл кылуу. *Керимсел гүлдөрдү тыптыйпыл кылып, күбүп түшүрдү.*

ТЫНДЫМ КЫЛУУ. Билгизбей, тымызын жок кылуу, көзүн тазалоо. *Алышам десе биз менен Тындым кылып салалы* (фольк.). *Андайларды алдыртан киши жиберип тындым кылып салгыла* (Жантөшев).

ТЫРМАК АЛДЫ. Эң биринчиси, алгачкысы. *Менин тырмак алдым ушул, апа, чайды кайнатып ичип коюңуз.*

В.: Тырмак асты. *Тырмак асты эмгеги. Тырмак астым ушул.*

ТЫРМАК ТЕР. Өз эмгеги, накта эмгеги. *Өпмөк тургай курган атанын тырмак тери тапкан соолук койго алынган сөйкөнү эшикке ыргыткан* (Сыдыкбеков).

ТЫРМАКТЫН АГЫНДАЙ. Кичинекей, тырмактай, кенедей. *Тырмактын агындай жумушу бүтпөйт. Тырмактын агындай эч нерсе чыкпайт.*

ТЫРПЫ КАЛБОО. Эч нерсеси, эчтемеси калбоо. *Байкуштардын эч бир тырпы калбады.*

ТЫРПЫ ТҮГӨНҮҮ. Абдан чарчоо, шайы кетүү, шалдыроо. *Шайы оон, тырпы түгөндү.*

ТЫРПЫ ТЫШЫНА АЙЛАНУУ. Ачуусу келүү, каардануу, заарын чачуу. *Ал кудай ургандын тырпы тышына тим эле айланып турат.*

ТЫРП ЭТПӨӨ. Кыймылдабоо, козголбоо. *Атам менен энем тырп этпей уктоо менен болушту* (Жантөшев). *Чагылган сындуу күчүңдөн Тырп этпей душман кырылсын* (Бөкөнбаев).

-У-

УБАА ЖЕ. Бир нерсеге абдан өкүнүү, өкүнүч кылып сары санаа боло берүү. *Бир өз энеси Бурма, бир сырдаш Төрө гана билет, «сары оору болду кайран балам» деп, эне журөгү тымызын убаа жейт* (Касымбеков).

УБАА ЖЕДИР. Бирөөнүн убалына калып катуу убайымга салуу, өкүнүчтүү ишке дуушар кылуу. *Өткөн кылымдагы Музооке бабасына манаптар убаа жедирип кордогонун, эми андай кордукту өзү тартканын, тагдырдын окшоштугу дейби же кандайча жоруйт* (Бейшеналиев).

УБАЛЫ АТТАТПАСЫН! «Бирөөгө жасаган жамандыгың өзүңө тынчтык бербесин, жашатпасын» деген сыяктуу наалат айтуу, нааразылыкты билдирүү, жек көрүү маанисинде колдонулат. *Убалы аттатпасын, какмарды! Балдардын көз жашына карабай жалгыз уюн айдап кете берди* («Ала-Тоо»).

В.: Убалы уктатпасын! - *Оо, убалы уктатпасын ушу наристенин* (Өмүрбаев). *Жетимдердин убалы уктатпасын арамдар!* (Элебаев). *Ушу турган калың элдин убалы уктатпасын, фашистерди* («Советтик Кыргызстан»).

УБАЛЫНА КАЛУУ. Бирөөнүн тагдырына жоопкер болуу, милдеттүү болуп калуу (көбүнчө өкүнүчтүү, начар абалга дуушар болгон, иши оңунан чыкпай калган абалга карата). *Аттиң ай, Нинанын убалына бекер калыптырмын* (Саатов). *Андай бала өзүңдүн колуңда деле турбайбы, убалына калба, тил ал* (Бердикеев). *Ал ошентип өлчү сүткор болучу. Сенин убалыңа калган ошол какбаш* (Сыдыкбеков).

УГУТТУУ СӨЗ. Жеткире айтылган күчтүү сөз, бир нерсенин четин чыгаргандай болгон, тийиштире айтылган кекээрдүү сөз. *Мынча угуттуу сөздү сүйлөйсүң дегенсип, Жолдубай аны куушура карады* («Советтик Кыргызстан»).

УГУТУ ЖОК. Бышык эмес, кайратсыз, маңы жапыз, болбураган жоош. *Жигит деген кайраттуу, чыйрык болбойбу, же ушунча угуту жок белемсиң, - деп чал зээни кейип, небересин жемелегенI болду* («Ала-Тоо»).

УЖУТУНА ЧЫГУУ. Ишке ашыруу, орундатуу, жүзөгө ашыруу. *Бирок арыз-муңду угуп, ужутуна чыккан эч ким жок* (Жантөшев).

УЗУН АЙЫЛДЫН УЧУНА, КЫСКА АЙЫЛДЫН КЫЙРЫНА ЧЫГУУ. к. Узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына чыгуу.

УЗУН БОЮН ПАС КЫЛУУ. к. Улук боюн кичик кылуу.

УЗУН ЖОЛДУ КЫСКАРТУУ. Жол жүрүп бара жатканда убакытты тез өткөрүү жана жол жүрүү машакатын эсинен чыгаруу максатында кызыктуу кеп салып аңгемелешүү, сүйлөшүү. *Курбум, узун жолду кыскартып, аңгемелешип отурбайлыбы* (Саатов). *Кордолгон калын, букаралардын жук көтөргөн төөлөрдөн айырмасыздыгын азаптуу, түгөнбөс сапарда Тоголок Молдо санаасында салыштырып, узун жолду кыскартууда* (Бейшеналиев).

УЗУН КЕКИРТЕК. 1. Соргок, тамакты көп ичкен. *Булардын узун кекиртек болушун байкап отурсак ачкачылыктын кээри бар өңдөнөт* («Ала-Тоо»).

2. Алдым-жуттум, шылуун. *Мындай узун кекиртектен баарын күтүүгө болот* («Чалкан»).

В.: Узун өзөк. *Узун өзөк неме ушуга ыраазы болор бекен деп өзүнчө бушайман болду* («Ленинчил жаш»).

УЗУН КУЛАК. 1. Көптү билген, көп нерседен кабардар. *Чай үстүндө узун кулак чалдар аңгеме айтып, ата-эненин көңүлүн жубатты* (Укаев). *Узун кулак, улама, Көпкөргөндүр көзүңүз* (Аалы). *Мен уккамын карыдан, Уламанын баарынан, Узун кулак Сарыдан* («Манас»).

2. Уганаак, тез уга коймо, ушакчы. *Ушинтип кумурсканы Төө деп угат узун кулак* (Борбугулов). *Сени Нурмат алдырып келип, нике кыйдырып жаткандыгы узун кулактар аркылуу районго маалым болот* (Жантөшев). *Учуртмалуу узун кулак ушакчылар кантип бул окуяны көрбөй, билбей калышты экен?* (Жантөшев).

В.: Кулагы узун. *Анын кулагы узун. Кулагы узун аял.*

УЗУН САБАК. Көпкө, узакка созулган аңгеме, узун сөздүү

баян, ыр ж.б. *Алдыларында кымыз, карыялар узун сабакка түшүштү* (Жантөшев). *Омор аке, менин узун сабак баяным, балким сизди тажата баштагандыр* (Сыдыкбеков).

УЗУН САРЫ. Жазгы үзүмчүлүк убак. - *Илгери бирөө узун сарыга сактайлы деп, согумунун чүйгүн жерин ундун арасына каттыра бериптир* (Өгөбаев). *Жазгы узун сары айылдын эмгекчилерин анчалык муңкурата албады* (Абдукаримов).

УЗУН ЧЫЛБЫР, КЕҢ ТУШОО. Колу-жолу бош, ээн-эркин, кысылган абалда эмес. *Кантсе да, алар узун чылбыр, кең тушоо экени көңүлдөн улам орун ала берди* (Касымбеков).

УЗУН ЭЛДИН УЧУНА, КЫСКА ЭЛДИН КЫЙРЫНА. Жакын алысына карабай айланачөйрөдөгүлөрдүн бардыгына, жалпы элге, калайык калкка, көп жерге. *Бул тегин адамдын баласы эмес, узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына кабар кылып, таанып алары чыкпаган соң ... Алтынбек деп ат коюшуп, бактырып коюшат* (Касымбеков). *«Кыздуу эл менден үлгү алсын» деген атамдын сөзү узун элдин учу, кыска элдин кыйрына жайылган* (Жантөшев).

В.: Узун айылдын учуна, кыска айылдын кыйрына. *Узун айылдын учуна, кыска айылдын кыйрына угуза жар салчу* (Эралиев).

Узун элдин учуна. *Калмурзанын ыры ооздон оозго тарап, узун элдин учуна чыгат* (Бейшеналиев). *Калпа узун элдин учуна даңазаланып Куртка-Терекке опузалуу келди* (Бейшеналиев).

УЗУНДУ КЕЧКЕ. Эртең менентен кечке чейин, күнү бою. *Узунду кечке бул Жакып арык чаап калыптыр* («Манас»).

В.: Узунду күнү. *Кабыл узунду күнү тынымсыз түйшүктүн артынан жүрүп, жатарда гана бир келет* (Элебаев).

УЗУНУНАН САЛУУ. Өлтүрүү, жоготуу, жок кылуу. *Эми этектен аларда, Узунунан саларда* («Семетей»). *Көрүнүп калса куу түлкү Узунунан салалык* («Семетей»).

УЙ БООР. Боордошуп, биргелешип бири-бирин колдогон, ынтымакташкан деген мааниде. *Уй боор эл.*

УЙ ЖАЛАГАНДАЙ. Заматта аймоо, эч нерсесин калтырбай мойсоп жеп коюу деген мааниде. *-Жакең үймө табак этти уй жалагандай кылат* (Осмоналиев). *Бул сапар уй жалап кеткенсип, ордунда жок* (Сыдыгалиев).

УЙ МҮЙҮЗ ТАРТУУ. Жарым тегерек тартып кырка отуруу. *Беркилер да уй мүйүз тарта жумшак жалбырак үстүнө тизе бүгүштү* (Бейшеналиев). *Бүткүл дитин уй мүйүз тартып олтурган курдаштарына бурду* (Мырзаев). *Мергенчилер суу жээктей уй мүйүз тарта отуруп, аңчылыктын аңгемесине батмак* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Уй мүйүз болуу. *Шакирттер так молдонун оропарасында уй мүйүз болуп отурушат* (Абдукаримов).

УЙ ТИЛИНДЕЙ. Кичирээк, анча чоң эмес. *Уй тилиндей үч-төрт көчөнү эми эле тегеренип чыкпайбы?* (Тойбаев).

УЙ ТҮГҮНДӨЙ. Өтө көп, сансыз, жер жайнаган. *Ага тиги уй түгүндөй ойроттон хандык тийбей кайдагы бир уруунун ханы аталып жүрүшүнө өзүнүн да ичи чыкчу эмес* (Осмоналиев). *Уй түгүндөй көп элге уруна кирип барбайлы* («Эр Табылды»).

УЙГА КИЛЕМ ЖАПКАНДАЙ. Жарашыксыз, орунсуз, олдоксон көрүнгөндөй, туура келбей, келишпей тургандай. *Уйга килем жапкандай болуп, жаман эриңдин кайсынысына аза күтөсүң* (Жантөшев).

УЙГАКТАЙ ЖАБЫШУУ. Бирөөгө асылып алуу, жанын койбоо, артынан калбоо, акидей асылуу. *Бул ушакчыдан кутулуш азап ко, уйгактай жабышып алды* (Бердикеев). *Акинайдай жаш сулууну тапмак кайда! Уйгактай жабышып, жалбарып, айтпаганы калбаптыр* (Аалы). *Булар бизге өздөрү эле кошомат кылып, уйгактай жабышып жүрүшөт* (Саатов).

В.: Уйгактай илээшүү. *Анда эскинин калдыктарына уйгактай илээшип, ар кандай жосунсуз жоруктарды жасап келаткандардын аттары*

аталып, эл алдында уяткарылды («Советтик Кыргызстан»).

УЙДУН БӨЙРӨГҮНДӨЙ. **1.** Башы кошулбаган, бирикпеген, ынтымагы жок, бири-бирине жакындашпаган. *Айтпадык беле. - Жолдошу жаман жоого алдырат. Шүнтүп уйдун бөйрөгүндөй болуп шүмүрөймөкпүз* (Бейшеналиев).

2. Анча көп эмес, аз эле, кичинекей. *Уйдун бөйрөгүндөй болгон аз эл.*

УЙКУ БЕТИН КӨРБӨӨ. Такыр уктабоо, уктай албай калуу. *Сөздүн кыскасы, бул түнү да Наркбай уйку бетин көргөн жок* (Кыдырмышев). *Мындай түнү энем уйку бетин көрмөк беле* (Жусупов).

УЙКУСУ УМАЧТАЙ АЧЫЛУУ. к. Көзү умачтай ачылуу.

УЙКУСУ ЧАЙЫТТАЙ АЧЫЛУУ. к. Көзү умачтай ачылуу.

УКМАКСАН БОЛУУ. Укпагансып, укпай калгансып көрүнүү, укпамыш болуп, тоготпогонсуп коюу. *Келин укмаксан болуп басып кетти* («Ленинчил жаш»).

В.: Укмаксанга салуу. *Жаны кашайган аялдарды ким тыят. Аялдардын ыйын, каргышын Калпа ажынын байбичеси баштаган ...баскынчылар элдир-селдир эшитсе да укмаксанга салышты* (Бейшеналиев).

УКМУШУҢ КУРГУР. Кандайдыр күтүлбөгөн коркунучтуу нерсени көргөндө же жок жаңылыкты укканда абдан таң калуу маанисинде айтылат. *Укмушуң кургур, ушундай да болот экен ээ, - деп отургандар жакасын кармады* («Ала-Тоо»). *- Ой, укмушуң кургур ой, тим эле амалдуу түлкү экен го...* («Жаш Ленинчи»).

В.: Укмушуң куруп кал. *Ой, укмушуң куруп кал, мындай болот деп ким ойлоптур* («Кыргызстан маданияты»).

УКТАП ОТУРУП БҮТҮРҮҮ. Колунан келүү, абдан оңой, жеңил деп эсептөө. *Абылбек менен Айгүлдүн ишин мен уктап отуруп гана бүтүрөм* (Жантөшев). *Анын билгенин уктап отуруп көрсөтөм, койчуларга* («Ала-Тоо»).

УКТАСА ТҮШҮНӨ КИРГИС. к. Үч уктаса түшкө кирбеген.

УКУМДА ЖОК. Элде-журтта жок, ата-бабада жок. *Мындай шумдук укумда жок.*

УКУМДАН ТУКУМГА. Муундан муунга, атадан балага. *Жаза басып алсаң элдин убалы туу кармап чыккан кишини уктатпас, салакасы укумдан тукумга калар* (Осмоналиев).

УКУРУГУ УЗУН. Бардык мүмкүнчүлүгү бар, кайда болсо жетет, илиндирбей койбойт, баары бир куткарбайт, кармап алат деген мааниде. *Билгиң келсе алардын укуругу узун* (Саатов). *Бакты табабыз деп качканыбызда укуругу узун Тойтук кармап алып, сени өлтүрөбүз дегени эсимде* (Жусупов). *Укуругу узун жараткан анын тагдырын да эми, мына өз колума алып келип берди* (Укаев).

УКУРУК КАЙРАР. Бир нерсеге такоол бере ала тургандай, кайраттуу, эр азамат. *Ушунча элден, өзүбүздүн тукумдан укурук кайрар чыкпайбы, - деп бий күңкүлдөй баштады* (Осмоналиев).

УКУРУК МОЮН. Койкойгон, сындуу, мойну узун. *Укурук моюн, калем каш, Кыздары сонун кыргыздын* («Ырлар»).

УКУРУК САЛУУ. Колго түшүрүү, тизгинин тартып коюу, жоошутуп, тыйып коюу. *Качанкыга чейин эле ошентип тыюудан чыгып жүрө берер дейсиң, ага укурук салчу киши чыгар* («Чалкан»).

УЛАГАСЫНДА ЖҮРҮҮ. Кызматын кылып, көз каранды болуп бирөөнүн колунда жүрүү, эптеп баш калкалап күн көрүү. *Ошентип, Байымбет дагы бир чоочун, бирок, чоң улагада жүрдү* (Бейшеналиев).

УЛАГАСЫНАН МАЙ АГУУ. к. Ирегеден май агуу.

УЛУК БАШЫН КИЧИК КЫЛУУ. Жашынын улуулугуна, кызматынын жогорулугуна карабай өзүнөн төмөн же кичүү адамга кичи пейил мамиле жасап ага кайрылуу, кеңешүү же андан сурануу. *Улук башымды кичик кылып, жалынып-жалбарсам да ийигер түрү жок* (Айтматов). *Атайы, улук башын кичик кылып, кеңешке чакырып турса барбай*

коюш болбойт (Касымбеков). *Эмне, ошолор үчүн мынчалык сабылып, улук башыңды кичик кылып, ортого түшкүдөй алар сенин атаңдын уулу беле, - деп таарыныч менен, ачуу менен күү-күү кетти* (Касымбеков).

В.: Улуу башын кичүү кылуу. - *Жантай баатыр, улуу башыңды кичүү кылып жеке мен эмес, жалпы саяктын тоодой кадырмандарын бетиңе кармап келсең мен чанмак белем* (Бейшеналиев). *Балким, улуу башын кичүү кылып сүйлөшкөндө: мынчалыкка барбайт беле?* (Абакиров).

Улуу боюн пас кылуу. *Жапар балам улуу боюн пас кылып мынчалык бизге келип калыптыр* (Баялинов).

Улук боюн кичик кылуу. *Улук боюңду кичик кылып ооз ачып калыпсың, кыз сенден айлансын!* (Тойбаев).

УЛУУ СӨЗ. 1. Абдан баалуу, өтө маанилүү, керектүү сөз. *Акылмандар айткан улуу сөздөрдү эч качан эстен чыгарбоо керек* («Ленинчил жаш»).

2. Уят болсо да кээде айтылышы зарыл болгон сөз. *Улуу сөздө уят жок, алган кишиси жарашса бир уруу элге бел тутар берен туучу перизат экен* (Осмоналиев).

УЛУУ ТУМОО. Жугуштуу жана балдар ооруганда, көбүнчө өлүмгө алып келүүчү чечек, кара чечек сыяктуу оорулардын тергөө иретинде айтылышы. *Чынар экөөбүздүн ортобуздан энем эки эркек төрөп, экөөнү тең улуу тумоо жарыктык алып кетиптир* (Сыдыкбеков). *Чечек чыкса «улуу тумоо» деп ырым кылып «кара кийик' деп аюунун этин берген* («Ала-Тоо»).

УМАЙ ЭНЕ. Жаш балдарды оору-сыркоо, сасык тумоодон колдоочу күч деген мааниде. *Менин колум эмес, Умай эненин колу; Умай энемдин дарысы; Умай эне колдосун.*

УМАЧТАЙ КӨЗҮ АЧЫЛУУ. к. Көзү умачтай ачылуу.

УМУРАЙ ЖУРТ. к. Жумурай журт.

УПАТ БОЛГУР! Таш-талканың чыккыр, кыйрагыр, жок болгур деген сыяктуу каргап-

шилөө, тилдөө маанисинде колдонулат.

В.: Устуканың упат болгур. *Устуканың упат болгурдун малы каптап кетиптир.* («Ала-Тоо»).

УР-БЕРГЕ АЛУУ. Жемелеп, опузалап, коркутуп коюу. *Садырдын ачуусу келип инисин ур-берге алып катуу урушту* (Бердикеев). *Темирлан тек жайынча жүргөн жолоочуну ур-берге алып ызалаптыр* (Сыдыкбеков).

В.: Ур тепкиге алуу. *Ок, обу жок! - деп чалды да, кемпирди да ур тепкиге алып чыйралтат* (Жусупов).

УР ТОКМОК. 1. Жомоктордо айтылуучу, өзү эле уруп кирүүчү токмок.

2. Бирөөлөргө курал катары болуп анын шилтөөсү, тукуругу менен кысым көрсөтүүчүлүк, кордоочулук деген мааниде. *Мына буга окшогон ур токмоктордун бүтөр күнү жакындап калды* (Абдукаримов). *Жокчулукка, ысык-суукка чыдаш мүмкүн, бирок мына мындай ур токмокко, адилетсиздикке чыдоого мүмкүн эмес, ата* (Абдукаримов).

3. Бетин ачып ашкерелөөчү, сындоочу деген мааниде. *Төбөлдөрдүн башына ойноочу ур токмогум - сөзүм, ырым* (Бейшеналиев).

УРУМДАН АШКАН. Бардык жагынан келишкен, эч нерсеге теңдеши жок, абдан жогору турган. *Ушу доорум барында Урумдан ашкан кызды тандаймын* («Курманбек»). *Калы урумдан ашкан акылдуу, зергер киши эле го* («Ала-Тоо»).

УРУНДУ БОЛУУ. Кагылып-согулган, урунду-беринди болгон абалга туш келип, катуу кыйналып калуу. *Жолго келип, урунду болуп калган өңдөнөт.*

УРУШТА ТУРУШ ЖОК. Кандайдыр бир нерсеге токтоосуз киришели, карап турбайлы, тарткынчактабайлы деген мааниде. *Биздин жумушту бирөө иштеп бербейт, урушта туруш жок* (Бердикеев). *Урушта туруш жок, жүр, азыр эле барып сүйлөшө коёлу* (Борбиев). *Урушта туруш жок. Аттанабыз. Бүгүн эл орунга отурганда аттанабыз* (Касымбеков). *Болгула, урушта туруш жок, Эртеээк салкында жөнөй берели* (Айтматов). *Кана,*

урушта туруш жок, баштагыла (Айтматов).

УСТУКАНЫ КАЧУУ. Этинен түшүп кичирейген, кейпи кетип жүдөгөн, чүнчүгөн көрүнүштө болуу. *Бул бечаранын устуканы качып калыптыр* («Ала-Тоо»). *Устуканы качып кер сары болгон киши көзүмө бир эсе коркунучтуу, бир эсе аянычтуу көрүндү* (Өмүрбаев).

УСТУКАНЫ ТАЗА к. Сөөгү таза.

УСТУКАНЫ УПАТ БОЛУУ. Таптакыр жок болуу, ойрону чыгуу, чирип жоголуу. *Окууму бүтүп мен да кеттим. Андан бери он алты жыл өттү. Тиги киши тирүү болсо алтымышка таяп, өлсө устуканы упат болгондур* (Өмүрбаев). *Атам замандан бери ошол ач бел, куу жондо сандаган мал-жандын устуканы упат болбоду* (Өмүрбаев).

В.: Устуканы упуроо. *Устуканың упурап, Жаткан жериң топурак* (Барпы).

УСТУКАНЫҢ УПАТ БОЛГУР! Жок болгур, ойронуң чыккыр деген өңдүү каргап-шилөө маанисинде колдонулат. *Устуканың упат болгур! Алиги аракеч ит жедеп эле жүрөгүн түшүрүп салган тура!* (Өмүрбаев).

УТУРУ КАРОО. Бир нерсе үмүт этүү, колун карап калуу. *Көптөн бери көрө элек жээниң болсо, тууган бар, душман бар дегендей утуру карап калбасын деп салып койгон тура* (Ашымбаев).

«УУ» ДЕСЕ «ДУУ» ДЕЙТ. Бир нерсени жөнү жок апырта берген, күчөтүп, кошуп сүйлөгөндү жакшы көргөн. - *Түмөн базарга барат дейби? - Капырай! Ал түшүнөн чочуган го! - дешип кулак түргөндөр «уу» десе «дуу» дей баштады* (Өмүрбаев). *Сөздөр «уу» десе, «дуу» деген учуртмалар аркылуу айылдын чар тарабына жетип жатты* («Чалкан»).

УУ-ДУУ БОЛУУ. Биринин сөзүн бири укпай дуулдаган, баш аламан түшкөн абалда болуу, кыйкырык, ызычуу боло берүү. *Марат балалайка менен ырдап киргенде улам бири сүрөп, бул комната өзүнчө эле уу-дуу боло берет* (Өмүрбаев).

В.: Уу-чуу болуу. *Согуш!* деген кабар угулганда айыл ичи

дүрбөлөң түшүп, бир заматта уу-чуу боло түштү («Ала-Тоо»).

Уу-чуу түшүү. *Чоң-кичине кызматтагылар уу-чуу түшүп, таанышууга ар ким өзүнчө камылга көрө баштады* («Кыргызстан маданияты»).

УУ ЖУТУУ. Өтө кайгылуу, кырсыктуу мүшкүл ишке дуушар болуу. *Бир сен эмес бүт айылың уу жутканын көрбөй турасыңбы?* (Сыдыкбеков).

УУ ТИЛ. Сөөккө жеткен, жанга баткан, жан кейите турган ачуу, жаман сөз. *Курбуларынын көзүнчө, ушу кара курсактын айынан катуу кагуу жеп, сөөктү сыздаткан уу тил угуп, Көкө шалдая түштү* (Касымбеков). *Бирок Акия деле өктөсүн берген жери жок, уу тил менен Чаргынды сайып алгандай кеп айтып жатат* (Сыдыкбеков). *Уу тил менен баягыдан бетер какшыкты күчөттү* (Бейшеналиев).

УУ ТЫРМАК. Мыкаачы, зулум, канкор. *Алардын ордун уу тырмак Калпа ээледи* (Бейшеналиев). *Касымбектей уу тырмактан бошонуп чыгууга үстөкө-босток түптөгү уездин чоңдоруна арыз жеткиришти* (Бейшеналиев).

В.: Уу чеңгел. *Кулаалынын уу чеңгелинен кутулган кептердей келаткан неме, айыл көрүнгөндө гана тизгинин жыйды* (Бейшеналиев).

УУ ТЫРМАГЫН БАТЫРУУ. Аябай эзүү, абдан кыйноо, азап чектирүү. *Уу тырмагын манаптар, Кабыргага батырган* (Тоголок Молдо). *Ач бүркүткө түлкүдөй Алдыргансың, замана. Уу тырмакты кедейге Батырыпсың замана* (Токтогул).

В.: Уу тырмагын салуу. *Шат турмуштун жыргал доорун сүрөрдө, Уктук душман уу тырмагын салганын* (Нуркамал).

УУК УЧТУК. Көчкөндө таңылган ууктардын учуна кийгизип, унаага артып коюуга ылайыкталган таар баштык. *Уук учутугу ушундай Алтын менен чырматкан* («Сейтек»).

УУЛУ УЧКА, КЫЗЫ КЫРГА ЖЕТҮҮ. Балачакасы өсүп жетилүү, этек-жеңи жайылуу, акар-чакар болуу. *Уулум учка, кызым кырга жетип жаткан*

мени каакы ордуна көрбөйсүң (Сыдыкбеков).

В.: Уулу урумга, кызы кырымга жетүү. *Баягы Айнагүл жок, уулу урумга, кызы кырымга жетип, чатырап турган кези* («Кыргызстан маданияты»).

УУРТУНАН МАЙ АГУУ. Ашып-ташкан аябай кененчиликте, бардар турмушта болуу. *А сиздин ууртуңуздан май агат, ошондуктан жилигиңиз майлуу дедим* (Абдукаимов).

УУЧТАП - КУЛАКТАП ЖЫЮУ. Кичинеден, аз-аздан топтой берүү. *Чачылган тузду уучтап-кулактап жыйып алдык* («Советтик Кыргызстан»).

УУЧУ КУРУ ЭМЕС. Жалгыз эмес, жок эмес, башкасы да бар. *Баатырдан туяк калган турбайбы, уучуңуз куру эмес экен, белиңизге таңуу бар турбайбы, кутманым!* (Касымбеков). *Темириң сынса Болотуңуз аман, уучуңуз куру эмес, Теңирберди аке...* (Касымбеков).

УЧАН ТЕҢИЗ. Учу-кыйры жок, чексиз, көп. *Айша апа ат жалынан көзүн албай, өзүнчө учан теңиз ойдо келет* (Даникеев). *Сиз айткандай учан теңиз калың калайыкка белгилүү эрке аты Тоголок Молдо көчөсү аталды* (Бейшеналиев).

УЧКА ЧЫГУУ. к. Учуна чыгуу.

УЧКУЛ СӨЗ. Нускалуу, курч таамай айтылган сөз.

УЧКУН АЛДЫНДА. А дегенде, тез эле, эң мурда, ириде, эң алды менен, биринчи болуп. *Келери менен догун арта сүйлөгөн каркайган неме учкун алдында бөлүнүп чыкты* (Ашымбаев). *Эки колунан алып декилдеткен жолдоштору аны палатага учкун алдында чуркатып жетип келишти* (Өмүрбаев).

УЧУУГА КАНАТ, КОНУУГА КУЙРУК БОЛУУ. Жөлөк болуу, бел болуу (көбүнчө жардамдаша турган, колдой турган өтө ишенчиликтүү адамга карата). *Учууга канат, конууга куйрук таап алды. Айылчы бул жетимдерге учууга канат, конууга куйрук болду* (Бейшеналиев).

УЧКУ ЭЛДИН УЧУНА КЕТҮҮ. Тез жайылып кетүү, көп жерге тарап, дайын болуп

калуу (көбүнчө кеп-сөз, ушак ж.б. карата). *Ал кабар учку элдин учуна, кырка элдин кыйрына кетти* («Ала-Тоо»).

В.: Учмактын учуна чыгуу. *Жанагы оозуна алы жетпеген жээги жоктор аркылуу учмактын учуна чыгып кетиши мүмкүн* («Чалкан»).

УЧУ УЗАРУУ. Иши илгерилөө, жыргалчылык, ыракат менен күн көргөн абалга жетүү, этек-жеңи жайылуу, укум-тукуму өсүү, көбөйүү. *Тоголок Молдом, бир башың онго көбөйүп, учуң узарды* (Бейшеналиев). - *Кызым, ата-энени сыйлаган уул менен кыздын учу узарат* (Жапаров).

В.: Учугу узаруу. *Өз айланасына өнөрлүү жаштардан өнөктөрдүн курамасын уюштурганына Тоголок Молдо курсант. Учугу узарат деген ушул эмеспи* (Бейшеналиев).

УЧУГУҢ УЗАРСЫН! Ишиң оңолсун, өркөнүң өссүн, жакшылыкка жет деген сыяктуу алкоо маанисинде колдонулат. - *А, ыракмат! Учуңар узарып, ылайым тилегиңерге жеткиле, балдар!* (Медетов). *Ыраазымын Васил тамыр. Ылайым бакыт жылоолосун, учуң узарсын!* (Бейшеналиев).

В.: Учуң узарып, уругуң көбөйсүн! *Учуң узарып, уругуң көбөйсүн! - деп кемпир баланы алкай баштады* («Ала-Тоо»).

УЧУГУ КОРОБОО. Эч зыян тартпоо, чыгым болбоо, эч кебелбөө, эч нерсесине залал тийбөө. *Жаалдуу каңкор ажыга жагалданган бий, болуштардын учугу коробойт, уйпаланган, мүңкүрөгөн журттун башына түшкөн мүшкүлүш* (Бейшеналиев).

В.: Учук жиби коробоо. *Муратка ким кайгырсын, байдын ага учук жиби короп жатабы* (Баялинов). *Сенин ага учук жибиң короп жатабы?* («Ала-Тоо»).

УЧУГУН УЛОО. Сөзүн, ишин ж.б. ары карай улантып кетүү. *Сурооңуздун учугун өзүм улай кетейин. Акынга акын катары аны эскерүүм ыр менен болсун* («Советтик Кыргызстан»).

УЧУНА ЧЫГУУ. 1. Жок кылуу, түгөтүү, сарп кылуу. *Баягы атасынан калган мал-мүлктүн учуна чыкты* («Ала-Тоо»).

2. Бүтүү, аяктоо. Кептин учуна чыкпады. *Ал баягы айткандарынын учуна чыккан жок. Сары убайымдын учуна чыга албай келе жатат.*

В.: Учуна жетүү. *Бул өңдүү фактыларды көрсөтүп, учуна жетүү кыйын, эң көп* («Чалкан»).

Аягына чыгуу. Ойлогон оюнун аягына чыкты. *Сапырылган дүнүйөнүн аягына чыгып отуруп калды* (Касымбеков).

УЯДАН УЧУРУУ. Тарбиялап, өстүрүп чыгаруу, чоңойтуп, бой жеткирүү, билимдүү кылуу. *Айымжан уядан ак уул, кызыл кыз учурган* (Сыдыкбеков). *Ак билими менен тарбиясын берип уясынан учурган мектеп бизди ушуга үйрөттү беле?* («Советтик Кыргызстан»).

УЮТКУСУ БУЗУЛБАГАН. Биримдиги күчтүү, туруктуу, күч-кубаттуу, ынтымактуу. *Уюткусу бузулбаган журтумдун каймагы, менин канат-бутактарым. Бообуз бекемдеп, тукумубуз улансын* (Бейшеналиев).

УЮТКУСУ БУЗУЛУУ. Чабылып -чачылып, бүлгүн-чачкынга учуроо, азып-тозуп бытырап кетүү. *Мына бу алааматүркүн... элди жүдөтүп, аздырып-тоздуруп акылдан шаштырып жиберди. Журттун уюткусу бузулду* (Сыдыкбеков).

-Ү-

ҮДӨӨСҮНӨ ЧЫГУУ. Кандайдыр бир ишти аягына чейин аткаруу, акырына жеткире бүтүрүү, орундоо. *Бир айда буудай менен шалынын үдөөсүнөн чыксаңар болду деди* (Жантөшев). *А сен каалаганыңды сура, үдөөсүнө чыкпасам достуктун анты урсун* (Жантөшев).

В.: Үдөөгө ашыруу. *Бул ишти үдөөгө ашыра ала тургандыгын ишендире айткан* («Ала-Тоо»).

ҮЖӨТ БОЛУУ. к. Сөзү үжөт болуу.

ҮЖӨТ КЫЛУУ. к. Сөзүн үжөт кылуу.

ҮЗӨҢГҮ БООСУ АЛТЫ КАБАТ. Менменсинген, мыктымын деп байлыгына же бийлигине чиренген, өзүн абдан жогору көтөргөн деген мааниде. *Үзөңгү боосу алты кабат чиренген мырза жигиттерден тарта тигил мал артынан кеткен койчу, жылкычыга чейин - эркектердин суктанганы Гүлбүбү* (Сыдыкбеков).

ҮЗӨҢГҮ ЖОЛДОШ. Көптөн бери бирге жүргөн, бирге иштешкен, бирге эмгектенген, иште, кызматта бирге болгон, өтө жакын, ынак курдаш, теңтуш. *Алардын аталары илгертен үзөңгү жолдош* («Ала-Тоо»).

ҮЗӨҢГҮ КАГЫШУУ. Өтө жакын, чукул жүрүү, бири-бирине жанаша бастыруу. *Өзү Айылчы ажыга үзөңгү кагыша ат жалына казан асышууда* (Бейшеналиев).

ҮЗӨҢГҮДӨН БУТ ТАЮУ. **1.** Бийликтен, мансаптан ажыроо, иши кыйчалыштап, начарлай баштоо. *Кокус үзөңгүдөн бут тайса, буларың сага жакшылык кылбайт* (Жоошбаев). *Үзөңгүдөн бут тайып, Кыйшайганга бир күйөм* (Барпы).

2. Ментинен тайып чөгүп калуу, алдан, күчтөн кетүү (көбүнчө карылыкка карата). *Үзөңгүдөн бут тайып, минтип отуруп калдым, карылык каршы алды, чөгүп баратам* («Кыргызстан маданияты»).

ҮЗӨҢГҮНҮ ЧИРЕНЕ ТЕБҮҮ. Менменсинип, көзүнө эч нерсе көрүнбөй, болуп-толуп турган абалда болуу. *Зоболосуна*

маашырланганн Дүр Мырза чыкчыйып, үзөңгүнү чирене тээп турган кези (Бейшеналиев).

ҮЗҮЛГӨНҮН УЛАП, ЧАЧЫЛГАНЫН ЖЫЙНОО. Калыбына келтирүү, мурдагы абалына келтирүү, оңдоо, иши оңолуп жакшыра баштоо. *Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы* (фольк.). *Демек, мында үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнаган сарамжал кожоюн жок экен деңизчи* (Эралиев).

В.: Үзүлгөн учугун улоо. *Ал бет ааарчысы менен ааарчып жатып, үзүлгөн учугун улагандай ичинен ыраазы болду* (Абакиров).

ҮЗҮЛҮП ТҮШҮҮ. 1. Бир нерсеге өтө суктануу, ага жетсем деп аябай дегдеген, эңсеген абалда болуу же бир нерсени өтө суктук, ач көздүк менен баса калуу, ага жетүүнү эңсөө. *Калдаң бул ишке үзүлүп түштү* (Сыдыкбеков). *Өз урук тууганыңдын санжырасын жакшы билсең, өзгөнүкүн да үзүлүп түшүп үйрөнөсүң* (Бейшеналиев). *Ач бүркүт үзүлүп түшүп жемди басып калды* (Касымбеков). *Акча дегенде үзүлүп түшөт.*

2. Жан-дили менен берилүү, жан-алы калбай жалынуу, эт-бетинен кетип абдан жакшы көрүү. *Эри үзүлүп түшүп, карыган ата-энеси сыйлап турган соң кыйынчылыкка баш байлап отурат* (Сыдыгалиев). *Барган жерим үзүлүп түшүп, кутүп алат* (Эралиев). *Минтип эне-атасынан бери үзүлүп түшүп кечирим сурап турганда кесирленген болбойт* (Байтемиров).

ҮЗҮР-МАЗЫР КЕП АЙТУУ. Арыз-арманын айтуу. *Люся Саша менен үзүр-мазыр кеп айтышты* (Абдукаимов). *Үзүр-мазыр кебиң болсо айт.*

ҮЙ БЕТИН КӨРБӨӨ. Үйгө жолобоо. уйүндө болбоо, көбүнчө үйдөн сырткары жакта болуу. *Күн-түн үй бетин көрбөй ат үстүндө чапкылап жүрөт* (Укаев). *Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү* (Өмүрбаев). *Ал күндүр-түндүр үй бетин көрбөйт* (Саатов). *Өзгөчө эгин-жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөйт* (Айтматов).

В.: Үй бетине жолобоо. *Үй бетине жолобой шаардан шаар кыдырып, о далай жыл өттү* (Борбиев).

ҮЙ КӨТӨРҮҮ. 1. Жаңы үй жасоо (көбүнчө боз үй).

2. Белгилүү бир максатка ылайык (мис. келген коноктор үчүн) үй тигүү. *Көтөрүп койгон үйү жок, көрүшүп келген бийи жок* (фольк.).

ҮЙ КҮЧҮК. Үйдөн чыкпаган, эки жакка чыгып элге аралашпаган, үйдөн алыс кетпеген, дайыма үйдө жүргөн. *Атайдын үй күчүк болушун көпчүлүк жактырышпады* (Каимов). *Мен үй күчүк болуп мында калышым кандай?* («Ала-Тоо»). *Ал үй күчүк болуп күйпүйүп жүргөн* («Советтик Кыргызстан»).

ҮЙГӨ БАТПОО. Жакшы аралаша албай четтөө. өзүн ашыкча коомай сезүү батына албагандай ыңгайсыз абалда болуу. *Ошондо Сарбакеңди көрүп ал. Баатыр акеси же бир үйгө батсачы да, же бир көчөгө батсачы!* (Жусупов).

В.: Үйгө сыйбоо. - *Жеңекебай, атакем айткандай үйгө сыйбай баратам* (Бейшеналиев). *Отоолотоор кыз өзү да үйгө сыйбай баратат* (Бейшеналиев).

ҮЙДҮ БАШЫНА КӨТӨРҮҮ. Үй ичинде катуу ызычуу түшкөн абал болуу, үнүн, дабышын өтө бийик, катуу чыгаруу. *Ушул отурушту балыкчылар балык бөлүшүп жаткандай, үйдү баштарына көтөрө бакыл-дашып, жарыша сүйлөп, дуулдашып жатты* (Укаев). *Бала үйдү башына көтөрүп аңылдап коё берди* («Ала-Тоо»). *Карымшак жин тийгендей айкырып, үйдү башына көтөрдү* (Мырзаев).

ҮЙДҮН ИЧИН ҮЧ КӨТӨРҮҮ. Опур-топур болуп, кайра-кайра, үстү-үстүнө келе берүү, үйгө толо кирип-чыга берүү же ызычуу, баш аламан, иретсиз абалда болуу. *«Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» дегендер үйдүн ичин үч көтөрүүдө* (Жантөшев). *Эл Эсен менен Эшенкулдун үйүн үч көтөрүүдө* (Бейшеналиев). *Эртең менен эрте туруп үй ичин үч көтөрө сапырып чыктым* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Үйдү үч көтөрүү. *Жентек жейбиз деген аялдар үйдү үч көтөрүп жатышты* («Чалкан»). *Балдар да уркурап-чуркурап үйдү үч көтөрүп жибериштиш* («Кыргызстан маданияты»).

Үйдү түп көтөрүү. *Ажарды бузган силерсиңер деп, өткөн түндө Итике үйүн үч көтөрүптүр* (Жантөшев). - *Атырылган жолборсторум, үйүн түп көтөрүүдө* (Бейшеналиев).

ҮЙЛӨП ИЙСЕ УЧУП КЕТЧҮДӨЙ. Куну качкан, өтө арыктаган, абдан алсыз, начар абалда. *Карылыгы жетип, жер тиктеп, мойнун салган Олойкан жүдөдү. Үйлөп ийсе учуп кетчүдөй* (Осмоналиев).

ҮЙЛӨП ЖИБЕРҮҮ. Буйдамга келтирбөө, арыдан бери жок кылуу, теңдеше албоо. *Ой, аны мен каакы көрөмбү, үйлөп жиберем* (Саатов). *Мен аны үйлөп жиберем.*

ҮЙРҮЛҮП ТҮШҮҮ. к. Үстүнө үйрүлүп түшүү.

ҮЙРҮЛҮП ҮСТҮНӨ ТҮШҮҮ. к. Үстүнө үйрүлүп түнгүү.

ҮКҮНҮН УЯСЫН ТАБУУ. Жан жыргата турган өтө жайлуу шартка дуушар болуу, марый турган кенчке, байлыкка жолугуп иши оңолуу. *Үкүнүн уясын тапкан эпчилдердин тизгинин жыйганга көмөктөшөлү, -деп Отуз Адырга бардык* («Чалкан»). *Кыскасы, үкүнүн уясын тапканбыз, бүркүтүм* («Чалкан»).

В.: Куркулдайдын уясын табуу. *Ал шумпай куркулдайдын уясын тааптыр* («Чалкан»).

ҮКҮСҮ ЧЫГУУ. Аябай самсаалап, салбырап кебетеси кетүү, тамтыгы кетүү, тарпы чыгуу. *Үстүндөгү кийими да тытылган, ар кайсы жеринен үкүсү чыгат* (Сыдыкбеков).

ҮЛГҮ СӨЗ. Акыл-насаат айтылуучу, тарбиялык мааниси бар, адептүү болуута чакыруу иретинде айтылуучу сөз же ырлар. *Карыянын үлгү сөздөрү кулагынан кетпейт* («Жаш ленинчи»). *Токтогулдун үлгү ырлары.*

ҮМҮТҮ ТАШ КАБУУ. Ойлогон ою, тилеги ордунан чыкпай калуу, максаты ишке ашпоо. *Кылмышкерлердин жазасын беребиз деген үмүтү таш капты* («Ленинчил жаш»). *Алардын үмүтү таш каппай, ойлогондорундай болуп чыкты* (Кыдырмышев).

В.: Үмүтү ташка тийүү. *Эми инимди мандикерден бошотуп келем го деп барган Каримдин үмүтү ташка тийди* (Жантөшев).

Үмүтү ташка чабылуу. *Сабылса да ийикпесин, үмүтү ташка чабылып майтарыларын туюп турду Курманжан аяр* (Касымбеков).

ҮН АЛЫШУУ. Биринен сала бири үн чыгаруу, жарыша үн чыгаруу. *Балдар үн алышып ырдай баштады* («Кыргызстан пионери»). *Кум шекерди үйгөн кардай кырдаган, Кант заводдор үн алышып ырдаган* (Аалы).

ҮН КАТПОО. Эч сөз кайырбоо, үнүн чыгарып сүйлөбөө, унчукпоо. *Узун сабак насааттын аягы не менен бүтөөрүнө бүдөмүктөнгөн Байымбет үн катпай дуулдаган кулагын делдейтти* (Бейшеналиев). *Экөө тең үн катпай, үй тарапка бурулду* (Ашымбаев). *Дагы көпкө чейин үн катпай, экөө тең ой толгоо тартып, өзүлөрүнчө үңкүйүп отуруп калышты* (Касымбеков).

ҮН ЧЫГАРУУ. Көбүнчө өлгөн адамды жоктоп, кошуп ыйлоо. *Не эриңди жоктоп эртели-кеч үн чыгарганга жарабадың, - деген Нурматтын ага, жеңелеринин сөзүн алда нечен ирет уктум* (Жантөшев). *Калы мергенди жоктоп, аялы эки маал үн чыгарат* (Бейшеналиев).

В.: Үн салуу. *Деп жаш сулуу муңданып, Буркурап, боздоп үн салды* (Турусбеков).

ҮНҮ БУУЛУУ. Сүйлөй албай токтоп калуу, үнү чыкпай, дабышын чыгара албай буулугуп калуу. *Жүрөгү туйлап, тили күрмөөгө келбегенсип, үнү буулду* (Ашымбаев). - *А..а.? - деп барып, үнү буулуп калды* (Осмоналиев). *Кыйкырайын десе доошу чыкпай үнү буулуп, үрөйү учкан бойдон селейди* (Жигитов).

В.: Тамагы буулуу. *Чокондун тамагы буулуп, каңырыгы түтөп кетти* (Абдыраманов).

ҮНҮ КУДАЙГА ЖЕТҮҮ. к. Кудайга үнү жетүү.

ҮНҮ КУДАЙГА УГУЛУУ. к. Кудайга үнү угулуу.

ҮНҮН БАСПОО. Эч басылбай ыйлай же сүйлөй берүү. *Эмилбек эки эле күн эмес, эки жума үнүн баспады* (Осмоналиев).

ҮНҮН ЖАСОО. Ырдоого же сүйлөөгө камынгандай жөткүрүнгөн сыяктанып тамагын кыруу. *Сансызбай үнүн жасап, бир кеп айтчудай өңдөнүп отуруп, Абылдын ордуна сүйлөй кетти* (Сыдыкбеков).

ҮНҮ ТЕҢИРГЕ КЕТҮҮ. к. Кудайга үнү жетүү.

ҮРӨЙҮ УЧУУ. Абдан коркуп кетүү, калтаарып өңү бузулуу, коркунуч басуу. *Шамбетти көргөн тигилердин үрөйү учуп кетти* (Бердикеев). *Эки көзү чекчейип, кара сакалы уйпаланып, үрөйү учуп, оозу жарым ачыла акактап алган* (Касымбеков). *Эмне балаа болуп кеткенин баамдай алышпай үрөйү учуп кетти булардын* (Өмүрбаев). *Кагаздагы сүрөттү көргөндө үрөйүм учту* (Айтматов). *Баланын үрөйү учту. Көргөн көзүнө ишенбеди. Бул жаткан мүйүздүү Бугу-Эненин башы эле* (Айтматов).

ҮРӨЙҮН АЛУУ. Аябай коркутуу, эсин чыгаруу, коркутуп жүрөк заада кылуу. *Алда кайдан элдин үрөйүн алып озуна кабарлай... жаалдуу токтоду* (Бейшеналиев). *Азыр, тетиги саякатчынын үрөйүн алып, самсып келе жаткан - ошол Опол баштап чыккан кол* (Осмоналиев).

В.: Үрөйүн учуруу. *Белчесинен ным тартып, урап кетчүдөй үрөйүңдү учурганы да аз эмес* («Советтик Кыргызстан»). *Бул жамандыктын жышанасы дешип, момурап тынч жаткан элдин үрөйүн учурду* (Осмоналиев).

Үшүн алуу. *Кулу-калпанын максаты элдин үшүн алуу, эмгекчилердин көзүн будамайлоо* (Жантөшев).

ҮРҮМДӨН ТАБЫЛБАС. Эч жерде, эч кимде жок. *Мына азыр үрүмдөн табылбас малды алдыга жайып коюп отурсам, ооздорун куу чөп менен ааарчышат* (Айтматов).

ҮРҮП ЧЫГАР ИТИ ЖОК. Колунда жок, өтө кедей, абдан жарды, жоксуз. *Мамат үрүп чыгар ити жок кедей* (Каимов). *Малын жанынан артык көргөн сасык бай, үрүп чыгар ити жок калганда жинди болуп кеткен дешет* (Абакиров).

ҮСТҮНӨН КУШ УЧУР-БОО. Өтө аярлап, бепестеп, көзүн карап эркелетип багуу, асыроо.

Канетсин, байкуш Нурак менен аялы экөө Зарылынын үстүнөн куш учургусу келбейт (Өмүрбаев).

В.: Куш учурбоо. *Көзүн карабаганда кантет, бул бечаралардын да куш учурбай бапестеген жалгызы да* («Кыргызстан маданияты”).

ҮСТҮ БҮТӨЛҮҮ. к. Ийни бүгөлүү.

ҮСТҮ ЖАҢЫРУУ. Колу бир нерсеге жетип, кеңелип оңоло баштоо, тыңып калуу. *Мени менен жүрүп үстүң жаңырып, аттуу болдуң* (Бейшеналиев). *Үстү жаңырып, эли-журтуна тың барсын* («Ала-Тоо»).

ҮСТҮНӨ ТҮШӨ КАЛУУ. 1. Чебеленип катуу аяган, болушкан, жан далбасалап коргоп, калкалаган абалда болуу. *Зулайка үстүнө түшө калды кызын аяп* (Бердикеев). *Бала дегенде үстүнө түшө калат.*

2. Бирөөгө кошомат кылуу маанисинде көзүнүн агы менен тең айланып чимирилип туруу, асты-үстүнө түшүп өтө элпек мамиле жасоо. *Жалынып-жалбарып үстүнө түшө калат.*

В.: Үстүнө түшүү. *Өз энемдей болуп, үстүмө түшүп кошо айланып турат* (Абдукаимов).

ҮСТҮНӨ ҮЙРҮЛҮП ТҮШҮҮ. Жалынып-жалбырып, эгилип-жагылып өтө жакшы көрүү. *Ал күйүмдүү бир тууганыңдай жапылдап, керек десең сен үчүн кара башын садага чаап, үстүңө үйрүлүп түшөт* (Исмаилов). *Алдейлеген атасындай камкордук көрүп, үстүнө үйрүлүп түшүп, асырап, дарылап, багып турат* («Советтик Кыргызстан»). *Кокус сыркоолоп калсаң, үстүңө үйрүлүп түшө калат* (Медетов).

В.: Үстүнө үйрүлүү. *Азыр гана баланын тирүү экенине көзү жетип, ашканасынан май ала жүгүрүп, үстүнө үйрүлөт* (Осмоналиев). *Татыке да өз балдарынан мурда ушул үчөөнүн үстүнө үйрүлөт* (Өмүрбаев).

Үстүнө үйрүлө калуу. Кызы оорукчан болуп калгандан кийин аны ого бетер аяп үстүнө үйрүлө калат (Сыдыгалиев).

ҮСТҮНӨ ҮЙРҮП САЛАРЫ ЖОК. Кие турган эч нерсеси жок, такыр кийим-кечеси жок, жылаңач-жыртык деген мааниде.

Эл жылаңач, үстүнө үйрүп салары жок, согуштун каабы сөөгүнө жетти («Ала-Тоо»). *Ошондо Абык деген кишинин тогуз баласы бар эле, эми анын турмушун айтпа, үстүлөрүнө үйрүп салар эч нерсеси жок, бардыгы түлөгөн кызыл гөш* (Жантөшев).

ҮСТҮНӨН ЧЫГУУ. Дал ошондой болуу, бири-бирине абдан шайкеш келүү, болжолу туура чыгуу. *Инисинин ою да мунун оюнун үстүнөн чыкты* (Укаев). - *Мен айтайын деген ойдун дал үстүнөн чыктың* (Ашымбаев).

ҮСТҮНӨ ТУРПАК ТАШТОО. Жок болуу, өлүү. *Адамсынган басмачы, Аз күн өтпөй жок болор,өлтүрүп ордо кыйратып, үстүнө турпак төктүрөр* (Барпы).

ҮТҮР-ТОЧКАСЫНА ЧЕЙИН. Эч нерсесин калтырбай, бүт бардыгын, толук. *Качан ал кимдер келгенин, эмне дегенин үтүр-точкасына чейин айтып бергенде баары жакаларын кармап калышат* («Ленинчил жаш»).

ҮЧ КӨЧКӨНДӨЙ БОЛУУ. **к. Көңүлү үч көчкөн журттай калуу.**

ҮЧ КӨЧКӨН ЖУРТТАЙ КӨҢҮЛҮ КАЛУУ. к. Көңүлү үч көчкөн журттай калуу.

ҮЧ УКТАСА ТҮШКӨ КИРБЕГЕН. Эч бир ойго келбеген, такыр ойдо жок, күтүлбөгөн жерден, капысынан болгон, таң каларлык. *Эми бүгүн радио угасыңбы, телевизор көрөсүңбү, газета окуйсуңбу, дегеле үч уктаса түшкө кирбеген шумдуктуу окуяларга дуушар болосуң* («Советтик Кыргызстан»). *Анын күч-кубаты, уюштуруучулук таланты жетилип турган чагында үч уктаса түшкө кирбеген алаамат-мүшкүл окуяарабыздан жулуп кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Өзүм да ушул балээге кирептер болом деген ой үч уктасам түшүмө кирбеген* («Чалкан»).

Үч уктаса түшүнө кирбөө. *Аселдин бөтөн бирөөгө кетет деп үч уктаса да түшүнө кирбейт экен* (Айтматов).

В.: Үч уктаса түштө жок. *Берметтин жек көргөн кишисине тием деген ой анын үч уктаса түшүндө жок* (Абдукаимов). *Бирок, мындай кордук үч уктаса түшүмдө жок эле* (Бейшеналиев).

Уктаса түшкө киргис. *Басмачылардын бул жоругу уктаса түшкө киргис иш болду* (Бейшеналиев).

ҮШКҮРҮГҮ ТАШ ЖАРУУ. Бир нерсеге катуу кайгырып капа болуу, күйүт тартуу же өтө жаны кейүү абалын көрсөтүү. *Капсалаңдын жылдызы жерге түшүп, үшкүрүгү таш жарат* (Бейшеналиев). *Үшкүрүгүңүз таш жарат, бир жериңиз ооруп жатабы?* (Тойбаев). *Жашы 15-16 чамасында, сенделип, буту араң гана шилтөөгө келип, көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат* (Баялинов).

ҮШҮН АЛУУ. к. Үрөйүн алуу.

ҮШҮ КЕТҮҮ. Катуу коркуп жүрөк заада болуу, абдан мүңкүрөгөн, үрөйү учуп абдан корккон абалда болуу. *Мына ушуга толук ынанган элдин үшү кетип, Красин менен Аламановду каргап-шилеп жатышты* (Акматов). Калпанын кысымынан ансыз да мүңкурөгөн журттун үшү кетип, мүң-зары ырбады (Бейшеналиев).

В.: Үшү учуу. *Атып жибербегей эле дешип, балдардын үшү учту* (Каимов). *Төлөмүштүн үшү учуп, жүрөгү оозуна тыгыла түштү* (Бердикеев).

ҮШҮНӨ КЕЛҮҮ. Эсине келүү, бир аз эсучун жыюу. *Мына ушул сөздү укканда Айдаралы, үшүнө келип калган болучу* (Абдукаримов). *Мансур бир топтон кийин гана үшүнө келди* (Абдукаримов).

-Ч-

ЧААР БАШ. Көп ызы-чуунун ичинен чыккан, көптү көргөн, кыйды, чыр-чатакка жакын. *Бирок булардын ичинен өз жаңылыштыгын таза мойнуна албаган чаар баштар азыр да тоголок арызды токтошуша элек* («Советтик Кыргызстан»).

ЧААР ИЧЕГИ. Кыйды, митаам, арамзалыгын ичине каткан, оңой менен ачылбаган. *Чаар ичегисиң го? - деп баланы тамашалап койду.*

В.: Чаар курсак.

ЧАЙДАЙ АЧЫЛТУУ. Көңүлдү көтөрүү, куунак кылуу. *Көңүлдү чайдай ачылткан, санаса дилде пул болот* (Барпы)

ЧАЙ КАЙНАМ. Анчалык көп эмес, узак эмес убакыт. *Кааласаңыз мен «Манастан» чай кайнам дыр койдуруп жиберүүгө да даярмын* (Бейшеналиев) *Көп болсо чай кайнамча буйдалсак кырылмак экенбиз* (Сыдыкбеков). *Чай кайнам убакыт өткөндөн кийин гана жөө адам экени даана көрүндү* (Осмоналиев).

В.: Чай кайнатым. *Өрөөндүн ичиндеги кыштак менен почтонун аралыгы чай кайнатым алыстыкта* (Жусупов).

ЧАЙ УУРТАМ. Кичине, бир аз, анча-мынча. *Мейман бөлмөсүндө үчөө чай ууртамга тунжураша тынчтыкка муюшту* (Бейшеналиев). *Сагынышкан эки ынак адамдын дидарлашар маалы чай ууртам, көз ирмем закымга кыскарып тездөөдө* («Ала-Тоо»).

ЧАЙКАНДЫ КЕЛБӨӨ. Өтө эле аз болуп калуу, арзырлык, алымсынарлык абалда болбоо. *Анча бала-чакалуу боло элек жаңы тирдик кез, экөөбүздүн кенедей оокатыбыз ушул үйгө да чайканды келбей калган* («Кыргызстан маданияты»).

ЧАК КЕЛБӨӨ. 1. Теңдеше албоо, тең келбөө. *Өлүп калган канышың кирпигине чак келбейт* (Жантөшев).

2. Түтпөө, жетишерлик болбоо. *Балдар жарыша иштесе, аларга ылай чак келбей, тигил ташуучуларды шаштырат* (Сыдыкбеков).

ЧАКА ТУЯК. Куу, абдан митаам. *Жедеп чака туяк болгон кыйды бир аз жумшай түштү* («Ала-Тоо»).

ЧАКМАК АЛУУ. Бирөөгө өз билгениндей үстөмдүк жүргүзүү, ары-бери калчоо, көз каранды кылуу. *Дүр мындан ары мобу томсоргон букараларды каалаганындай чакмак ала башкара берерине чамгарактады* (Бейшеналиев). Адамдын тагдырын чахмак алган эски бийлик эбак кыйраган (Сыдыкбеков).

ЧАКМАК ЭТ. Булчуң эт. *Кара сандын чакмак эт, Бөрү, түлкү оёт бейм!* («Манас»).

ЧАКЫРЫП УРГАН ИТТЕЙ БОЛУУ. Эңсегениндей, самаганындай болбой, ою ордунан чыкпай, шагы сынып, шаабайы сууп шалдая түшүү, бозала болуу, ыза болуу. *Эне-Бейит деп ээленгидей болсо, деги эле кой! Мына! Чакырып урган иттей болдуңарбы!* (Айтматов). Чакырып урган иттей болуп бир топтон кийин Петруха келди (Айтматов).

В.: Чакырып урган иттей кылуу. - *Тоголок Молдо, сенин окууң чала. Дур аны менен дагы акыйлашып отургусу келбей, шарт өкүмүн ‘ маалымдады. Чакырып урган иттей кылды го дегенсип, Байымбет дал боло закымга тунжурады* (Бейшеналиев).

ЧАЛ ЖЫГАР. *эск.* Кыз берүү салтына кирүүчү ырым-жырым. *Кудалар кыздын атасыныкында жатканда «чал жыгарыбызды бергиле» деп абышкалар келишет* («Ала-Тоо»).

ЧАЛА ЖАН. Араң эле жаны бар, өтө алсыз, өлөсөлүү, чала өлүк, эси ооп, эсинен танып калган абалда. *Алымкулду аябай сабап, чала жан болгон кезде короосунан сүйрөтүп барып таштады* (Абдукаримов). *Тепкиден уккан чала жан Музооке жатат* (Бейшеналиев).

ЧАЛА КАЙЫП. Анча-мынча, бир аз, кичине. *Ар жак, бер жагына чала кайып көз жүгүртө, оң жакты терезенин алдындагы орундукка барып отурду* (Даникеев).

ЧАЛА МОҢОЛ. Кичине-кичине, бир аз, анча-мынча. - *Сен айтчы? - деди Эдиге, чала моңол өңү жылуу учураган жаш уланга* (Осмоналиев). *Аскар түз карай*

албай тайсалдап, сөздү узартпоо максатында ооз учунан чала-моңол жооп кайтарды (Исмаилов).

ЧАЛА ӨЛТҮРГӨН ЖЫЛАНДАЙ. Же ары, же бери эмес, орто саар, аягына жеткире иштелбей ара бөк, арсар абалда калган. *Баягында Байымбетти чала өлтүргөн жыландай алсыратып, бала окутууга тыюу салган* (Бейшеналиев). *Ошол күнү Чокон таң атканча кыйналып уктай алган жок, уйку-соонун аралыгында чала өлтүргөн жыландай толгонот* (Абдыраманов).

ЧАЛА САБАТ. Билими тайкы, ар нерсеге анча терең түшүнө бербеген же чала кат тааныган. *Билими тайкы, чала сабат, чалпоо кыял неме* («Советтик Кыргызстан»).

ЧАЛДЫБАРЫ ЧЫГУУ. 1. Талкалануу, бузулуу, керектен чыгуу, тамтыгы кетүү. *Чалдыбары чыгып, күнгө какжырап эскилиги жеткен дарбазаны ачты* (Бердикеев). *Эски араба турат, чалдыбары чыгып* (Айтматов).

2. Эскилиги жетип айрылуу, тытылуу, дал-далы чыгуу. *Тизесин кызаңдатып, чалдыбары чыккан көйнөгү менен кирип келип, иреге жакка отуракалды* («Ала-Тоо»).

ЧАЛКАСЫНАН КЕТҮҮ. Бир нерсего макул болбоо, баш тартуу, айнуу. *Таш түшкөн жеринде оор деген салтка баш ийип, кетүүгө бел байлап отурган Батийна Абдыракмандын кейпин көргөндө чалкасынан кетти* (Сыдыкбеков).

ЧАЛКАСЫНАН ТҮШҮҮ. Эч нерсе кылбай бош жүрүү, жыргап, чарлап жүрө берүү деген мааниде. *Чалкаңардан түшүп, жыргап жата бересиңер деген эле* («Чалкан»).

ЧАЛМА ЫРГЫТУУ. Өзүнө тартуу, жакындатуу маанисинде көз кырын салып акмалоо, байкоо. *Бой тарткан боз уландар астыртан чалма ыргытып, коңшу айылдын кыздарына көз кырларын салышат* (Абакиров). *Андан аз күн өтүп төмөнкү айылдагы бирөөнө чалма ыргытышса, Ыскактын жашын угуп айнът калыптыр* (Исмаилов).

ЧАЛМА ЭТЕК. Ооматтиричиликке анча жок, жыйынчагы жок, жүдөө, илээнди. *Алма этекти алам деп, Чалма этектен айрылдым* (фольк.).

В.: Эндей этек. *Түрүңө караганда бир эндей этекке жолуккансың го* («Ала-Тоо»).

ЧАЛЫП СҮЙЛӨӨ. Акцент менен сүйлөө. буруп сүйлөө. *Кээ учурларда кай бир сөздү кашкарлыча чалып сүйлөгөнүң кандай* (Жантөшев).

ЧАМГАРАК ЭЭСИ. Үйдүн ээси. *Чамгарак ээси зайыбын тиктеди эле, зайыбы жүк бурчунда даярдап турган эки чапанды алып келди. Чамгарак ээси өзү туруп, эки чапанды эки жолоочунун ийнине салды* (Касымбеков).

ЧАМГАРАКТЫ КАРА Абайла, байка, бул бөтөн жер, чоочун жер экенин эсиңе ал деген мааниде колдонулат. *Чамгаракты карап, чактап сүйлө дегенсип, астыртан зекип койду* («Чалкан»).

В.: Түндүктү кара. *Балам, көп тентек кылба, түндүктү кара, -деди чоң атам* («Ала-Тоо»).

ЧАҢ ЖУГУЗБОО. 1. Абдан кадырлап, бапестеп багуу, өтө аяр мамиле жасоо, ыйык тутуу. *Күнү бүгүнкүгө дейре чаң жугузбай, эч жанга тийгизбей бапестеген арча бешигибиз бар эмеспи* (Бейшеналиев). *Чаң жугузбай бөпөлөп, күлүктөрдөй тагипады* (Осмонкул). *Сабыр оюнда чоң атасына чаң жугузгусу келбейт* (Жусупов).

2. Эч кандай айыбы жок, бардык жагынан мыкты деп көрсөтүү, кеп-сөз тийгизбей көтөрө чалып мактай берүү. *Өздөрүнө чаң жугузбай ак, таза киши болуп, башкаларды ушактап, каралашчу* (Абдукаимов). *Сен ага чаң жугузгуң келбейт, ал болсо аныңды түшүнбөгөнүнө күйөм* (Тойбаев). *Эрим билет, Асек эмне десе ошо болот, - деп жуутпайт, күйөөсүнө чаң жугузбайт* (Борбиев).

ЧАҢ ЖУКПАС. Өзүнө сөз тийгизбеген, ар кандай айла, амалдар менен кутулуп кетүүгө маш, амалкөй, куу. *Андай чаң жукпастан баарын күтүүгө болот, - деп ачуусу келди.*

В.: Суу жукпас. *Бул суу жукпас кайдан жетип келе калды эле* («Чалкан»).

ЧАҢ САЛУУ. Бүлүк түшүрүү, дүрбөлөң салуу, чуу көтөрүү, чатак чыгаруу. *Жаалы келип Табылды, Кайта кирди чаң салып*

(«Эр Табылды»). *Айтолкун чаң салганын токтотуп, мурункудай тынч* (Каимов).

ЧАҢ-ТОПОЛОҢ БОЛУУ. Дүрбөлөн түшүү, чакчелекей баш аламан болуу. *Басмачылардын арасы өз ара чаң-тополоң болду* (Жантөшев). *Айыл ичи бир заматта чаң-тополоң болду да калды* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Чаң-тополоң түшүү. *Акыркы сөздү укканда дүйнөгө чаң-тополоң түшкөндөй келин бүргөдөй атып асманга серпиле түшкөнсүдү* («Кыргызстан маданияты»).

ЧАҢГА ИЛЭЭШПӨӨ. Өтө тез, ылдам, көзгө илинбегендей кыймылда болуу. *Заматта чаңга илээшпей чымын-куюн болуп жоголду* («Ала-Тоо»).

ЧАҢДУУ АЯК. 1. Абдан тентек, тынчы жок, шок (көбүнчө балдарга карата).

2. Аягы сай таппаган, бир жерге тынч алып тура албаган, жүргөн жери чуулгандуу. *Эң эле чаңдуу аяк жигит көрүнөт, абайлачы, - деди жеңем мага* («Ленинчил жаш»).

ЧАҢЫН АСМАНГА ЧЫГАРУУ. Ташын талкан кылуу, чакчелекей түшүрүү, кыйратуу, талкалоо, жок кылуу. *Алыска атар замбиректер душман позициясынын чаңын асманга чыгара баштады* (Абдукаимов). *Ак гвардиячылардын чаңын асманга чыгарышкан* (Бектенов). *Айтор, айылдын чаңы асманга эле чыгып калды* (Осмоналиев).

В.: Чаңын асманга сапыруу. *Эми алардын чаңын асманга сапырбаганда эмне кылат* (Саатов).

ЧАҢЫРЫП КАЛУУ. Өтө ачып кетүү, эң ачуу, кычкыл болуп калуу. *Бүгүн кымызыңыз чаңырып калыптыр го, жеңе, - деди жигит* («Ала-Тоо»).

ЧАП КЕНЕДЕЙ ЖАБЫШУУ. Бирөөгө абдан асылуу, андан табычкынбоо, артынан калбоо (көбүнчө бир нерсеге кызыгуу, бир нерселерди суроо, сурап алуу маанисине карата). *Балкондогу бүркүттү көргөн сүрөтчү сат деп эпилдеп-жепилдеп, чап кенедей жабышкан эле* (Борбуев). *Кокустан бирөө бир кызыктуу окуяны айта калса, ага чап кенедей жабышып, аны кайсы*

жерден окудуң дейм («Кыргызстан маданияты»).

ЧАПАНЫҢДЫ СЫЙРЫП АЛМАК БЕЛЕ? Андан эч нерсе болбойт, коркпой эле кой, бара бер же айта бер деген сыяктуу бирөөнү чечкиндүү болуу, кылчактабоо, тартынбоого үндөө маанисинде колдонулат. *Сенин чапаныңды сыйрып алмак беле? Кирип айтуучу оюңду айта бер, - деп отургандар мени жаалай кетишти* (Бейшеналиев).

В.: Чапанын чечип алмак беле? *Анын чапанын чечип алмак беле? Бара берсин.*

ЧАПКАН САЙЫН КӨЗ ЧЫКПАС. Кырсык кайра-кайра кайталана бербес. *Чапкан сайын көз чыгып, көтөргөн сайын кол сына бербес* (Жантөшев). - *Чапкан сайын көз чыга бербес, баатыр!* (Осмоналиев).

ЧАПМА ЖОРГО. Катуу чаап жөнөгөндө да жорголугунан жазбаган, чапкан атка барабар жүрүштүү жорго.

ЧАР КӨПӨЛӨК АЙЛАНУУ. **1.** Абдан тез, өтө тездик менен учуп-күйүп чимирилүү, тегеренүү, чимирик болуу. *Бирде буттарын ылдамдатып, жерди таптап тез-тез басып чар көпөлөк айланып, бирде Ысык-Көлдүн толкунундай толкушту* (Баялинов). *Күрүчбек билегимден кармап, чар көпөлөк айланып, каткырып жүрөт* («Жаш ленинчи»).

2. Тим эле чимирик болуп жан алакетке түшүү, жанынын бардыгынча аракеттенүү, жан бүдөгө келүү. *Сенин айланаңда чар көпөлөк айланып жүргөнүн көрсөк сонун болор эле* (Каимов). *Ошон үчүн бакан ооздун жанында врач чар көпөлөк айланып, жан алакетке түшүп жүрөт* (Бектенов).

В.: Чарк айлануу. *Эзеф күйкөлөктөп, бирде топурак ыргытып, бирде аялдарды чарк айлана чуркап жүргөнүн Ашырбек аңдап калды* (Ашымбаев). *Өзү айыптуу болгондуктан эми өз азабын өзү тартып, чарк айланып, алапайын таба албай турду* (Абдукаимов).

Чарк көпөлөк айлануу. *Федя менен Феня чарк көпөлөк айланып, ийиктей имерилип бийлеп жүрүшөт* (Баялинов). - *Өх, кайран жаным, чарк көпөлөк*

айланганым ай, адамдын баркын билбес жамандарга («Кыргызстан маданияты»).

ЧАР ТАРАБЫ КЫБЫЛА. к. Төрт тарабы кыбыла.

ЧАР УЧКАНДАЙ. Баш аламан, иретсиз, чаржайыт. *Кабар бактагыларга чар учкандай тарады* (Борбиев).

ЧАРК ТОКТОГОН. Токтолгон же төрт жаштык. *Чарк токтогон ирик.*

ЧАРА ДА МАЙ, ООЗ ДА МАЙ. Бир нерсеге аябай карк болгон, ашып-ташып жайнап турган деген мааниде. *Андай күн кайда аксакал менин чарамды көрсөңүз, чара да май, ооз да май болуп, эки койдун эсеби табылбайт беле?* (Кыргызстан маданияты»).

ЧАРК АЙЛАНУУ. к. Чар көпөлөк айлануу.

ЧАРК ИМЕРҮҮ. Арыдан бери тез эле өзүнө тартып ала коюу. *Мына, бүткүл Коңур-Өгүз, Кетмен-Төбө, Суусамыр, Жумгал тоолорундагы көп саяктын ургун айла менен да, күч менен да чарк имерген, атанган* адам (Касымбеков).

ЧАРК КӨПӨЛӨК АЙЛАНУУ. к. Чар көпөлөк айлануу.

ЧАРК УРУУ. Учуп-күйүп өтө тез жүрүү, кыдыруу. *Кыял учуп, Бүт дүйнөнү чарк уруп* (Элебаев). *Барып калды Мендирман, Дубанача чарк уруп* (Жантөшев).

ЧАРЧЫ БОЙЛУУ. Анча чоң эмес, орто бойлуу. *Чарчы бойлуу, ак жуумал кыз экен* («Ленинчил жаш»).

ЧАЧ-КИРПИГИ ЖЕТПӨӨ. Эч жетишпөө, эч нерсе чак келбөө. *Дагы эле көп заказды айтты: ага деле чач-кирпигибиз жеткидей көрүнбөйт* (Бердикеев).

ЧАЧ ЭТЕКТЕН. Өтө көп, эң көп, абдан мол (байлык ж.б. карата). *Алардын дүнүйө-мүлкү чач этектен. Дүнүйө деген чач этектен.*

ЧАЧПАГЫН КӨТӨРҮҮ. Бирөөнүн шылтоосу менен ээрчий келүү, жандай келүү, анын шарапаты менен бирге, кошо конок болуу. *Ал анын чачпагын көтөрүп келди* («Ала-Тоо''). *Асыл менен Сүйүнбайды алардын чачпагын көтөрүп келди деп көп сүйүңкүрөшкөн жок* (Өгөбаев).

ЧАЧТАН КӨП. Өтө көп, абдан көп, өтө арбын. *Али кенедей дагы чети оюла элек, чачтан көп иштер жатат* (Осмоналиев). *О, досум, мейман болуп кетүүгө не жетсин, бирок кантесиң, ушу күндөрү иш чачтан көп* (Тойбаев).

ЧАЧЫ АГАРУУ. Катуу убайымдоо, сары санаа болуу, бир нерсеге аябай санааркай берүү. *Ушул сенин сырыңды жашырам деп, бирөө билип калбаса экен деп жүрүп чачым агарып кетти* (Сыдыгалиев). *Айтып атып чачым агарды, тил албаган бала экен* (Байтемиров).

ЧАЧЫ ТИК ТУРУУ. Үрөйү учуп катуу корккон же таң калган, жүрөк титирерлик сезимде болуу. *Айтып отурса, чачың тик турат* (Эралиев). *Эшик алдында аны күтүп тургандай элестеп, тула бою дүркүрөп, чачы тик түрүп кетти* (Медетов). *Июль айынын коюу караңгылыгында уктап жаткан элди адамдын чачы тик турган суук кабар ойготту* («Чалкан»). *Нурбектин чачы тик турат* (Айтматов).

В.: Чачы үрпөйүү. *Эки жактын кара өзгөйлүктөрүн угуп, кашы тургай чачы үрпөйдү* (Бейшеналиев).

ЧЕКЕ ЖЫЛЫТАРЛЫК. Ыраазы болорлук, алымсынарлык, көзгө көрүнөрлүк, ынанарлык. *Бул эки мекеме райондун чарбаларына чеке жыштарлык таасир да, жардам да көрсөтө албай келе жатат* («Чалкан»). *Куюучу линия да чеке жылытарлык иштебейт* («Ала-Тоо»).

ЧЕКЕГЕ БҮТКӨН. Бар болгону, турганк жапалан жалгыз. *Карыганымда чекеме бүткөн жалгыз уулум чогоол өссө кандай* (Сыдыкбеков).

В.: Чекесине бүткөн. *Зарыл ата-энесинин чекесине бүткөн жалгыз кызы* (Өмүрбаев).

ЧЕКЕГЕ ЧЕРТЕ АЛБОО. Тие албоо, эч даай албоо, жакын жолой албоо. *Тиймек түгүл, чекеге черте албайсыз* (Байтемиров). *Баса, баягыда Васька деген жигит: «Эми сизди чекеге черте албайт», - деп эмне үчүн айтты?* (Саатов).

В.: Чекесине черте албоо. - *Чочуба, жездемди эч ким чекесине черте албайт, мен барда* (Бейшеналиев).

Чекесине чертпөө. *Чекесине чертпейм, мен аларды сөз менен эле жыгам* (Тойбаев).

ЧЕКЕГЕ ЧЕРТИП ТУРУП. Жакшылап байкап, эң мыктысын ылгап, тандап туруп. *Чекеге чертип туруп кыз алам дечү эмес белең?* (Байтемиров).

В.: Чекесинен чертип туруп. *Андан көрө аскерде жүргөндө чекесинен чертип туруп бир кызга таанышып алышы мүмкүн* (Акматов). *Сендей жакын көргөн иниме аялды чекеге чертип туруп алып берем* (Каимов).

ЧЕКЕГЕ ЧЫККАН ЧЫЙКАН. Жүрөктү өйүгөн, тынчын алган, кедерги болгон каргаша, каскак, тоскоолдук. *Сен да менин чекеме чыккан чыйкансың* (Байтемиров). - *Кайдан чыккан бу Сабырбек деген балакет? Чекеңерге чыккан чыйкан го!* (Абды-раманов).

В.: Чекеге бүткөн чыйкан. - *Магаза Масанчиндин полку душмандьш чекесине бүткөн чыйкан болуп, душмандын ойронун чыгарган эле* (Сасыкбаев).

ЧЕТИНЕН ЧЕРТҮҮ. Каалаганын тандоо. *Катын деген азыр толуп жатат, четинен чертмей... Алтын баштуу катындан-бака баштуу эр артык* (Айтматов).

Чечекейине чыккан чыйкан. *Мойдун деген бечаралардын чечекейине чыккан чыйкан болду* (Сыдыгалиев)

Чыйкан болуу. *Сен атам замандан бери адам менен жан-жаныбарлардын шоруна чыйкан болуп чыктың го* (Жигитов).

ЧЕКЕСИ ЖЫЛЫБОО. Жарыгыдай, алымсынгыдай абалда болбоо, эч нерсеге жетпөө, жарыбоо, жакшылык көрбөө. *Бул жерге келгендердин чекеси жылып, жаны жай табар деп келгенбиз* (Ашымбаев). *Отунун алдым, суусун куйдум, мергенчилик менен жан сактап, туягым жерде калгандай болду. Чекем жылбады* (Үмөталиев). *Тууганча эң акыркы гөр башындагы зыйнатын өтөп, бу дүйнөдө чекеси жылыбай кеткен пендесине тилек, бата кылышты* (Касымбеков).

В.: Чекеси жибибөө. *Ошентип, мындан да чекем жибибесин билдим* (Өмүрбаев).

Чекеси торсойбоо. *Буларды сыйлап жүрүп мен да жакшы аттуу болбодум, чекем торсойбоду* (Сыдыкбеков).

Чекеси ысыбоо. *Үйүндө адалдан түгү жок жигитке орточу түшкөн кишинин чекеси ысыбасы белгилүү эле* (Каимов). *Мында кайсы чекең ысып отурат? Же таманыбызды тындырбаса* (Элебаев).

ЧЕКЕСИНЕ ЧЕРТЕ АЛБОО. к. Чекеге черте албоо.

ЧЕКЕСИНЕН ЧЕРТИП ТУРУП. к. Чекеге чертип туруп.

ЧЕКЕСИН ЧЫГАРУУ. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө анча-мынча эле айтып тим болуу, азыраак кабардар кылган болуу, кыйытьш коюу. *Апама чекесин чыгарсам унчукпай тим болау* («Чалкан»).

В.: Четин чыгаруу. *Татыбек тигинин күнөөсүнүн анча-мынча четин чыгарды эле, Садык жууткан жок* (Байтемиров). *Айжаркын бүгүн эрине ошол окуянын четин чыгарды* (Осмоналиев).

Чет-жакасын чыгаруу. *Апама бир аз чет жакасын чыгарып айткамын* (Абдукаримов).

ЧЕКТЕН ЧЫГУУ. Жалпы тартипти сактабай аша чабуу, ашыкча кетүү. *Бул чектен чыккан эсирүүчүлүк эмей эмне?* (Осмоналиев). *Алдыңкы бригадир болсо да, чектен чыгып кетүүсү эч нерсеге сыйбайт* («Чалкан»).

В.: Чийинден чыгуу. *Тим койгон сайын чийинден чыгып баратат* («Ала-Тоо»). *Чындыгында эле ал чийинден чыккан чеки иш кылдыбы* (Айтматов).

Ченден чыгуу. *Мында конуп жаткандар жалаң эле старчын, жасоол сыяктуу ченден чыккан бейбаштар* (Элебаев).

ЧЕМИРЧЕГИ КАЙКАЛОО. Аябай тоюу, ашыкча, ашыра тоюу. *Шашпай отуруп, чемирчегибиз кайкалагыча ичтик* («Чалкан»). - *Тойдум, Апай эне. Тим эле чемирчегим кайкалап чыкты* (Бейшеналиев).

ЧЕНДЕ ЖОК. Абдан, аябаган, болжолсуз, өзгөчө, бөтөнчө. *Ай десе арк, күн десе көрк, айтор,*

сулуулугу ченде жок («Жомоктор»). *Митаамдыгы ченде жок.*

ЧЕҢГЕЛИН САЛУУ. Өтө ач көздүк, суктук менен киришип кетүү, ашыра жеп-ичип жиберүү. *Бир мекемеге жетекчи боло калып, чеңгелин салып жиберип растрата болду* («Чалкан»).

В.: Көр чеңгелин салуу. *Бара элек жатып көр чеңгелин салган тура, эргулуң* («Чалкан»).

ЧЕР ЖАЗУУ. Бугун чыгаруу. көңүлачып ойноп-күлүү, кумардан чыгуу. *Биз жеке элдин гана эмес, минтип өзүбүздүн да черибизди жазганга жарайбыз* (Бейшеналиев). *Жаштык, өткөн-кеткенин эскеришип, чер жазып алышсын* («Ала-Тоо»). *Ээн жерде ары-бери басып черин жазды* (Абакиров).

В.: Чери тароо. *Көптөн бери мынчалык черим тараган жок эле* (Бейшеналиев).

Черден чыгуу. *Сүй жыгылгыча ойношуп, черден чыгышты* (Осмоналиев).

Чери таркоо. *Өзүнчө ырдап, «Манастан « сабап коюп, чери таркап жүргөндө Дүр чакыртат* (Бейшеналиев).

Чер таратуу. *Чер таратууну кааласаң, эртелеп музыка тыңда* (Бейшеналиев).

ЧЕТИ ОЮЛБОО. Бир аз эле азаюу, мурдагы абалынан кебелбөө, анча-короп кетпөө. *Маречек Орто Азиянын али чети оюла элек бай-льштарын санап өттү* (Ашымбаев). *Өзүнөн өзү куурап, чирип жаткан токоюңуз жалгыз чокундугуңуздун чокчойгон тамына чети оюлуп койбойт* (Бейшеналиев).

ЧЕТИН ЧЫГАРУУ. к. Чекесин чыгаруу.

ЧЕТКЕ КАГУУ. Жокко чыгаруу, туура көрбөө, кабыл албай, жуутпай коюу, жолотпоо. *Арга жок, улуу адамдын өтүнүчүн четке кагуу да кыйын экен* (Исмаилов). *Сөзүмдү четке какпассыз деп ойлоймун.*

ЧЕТТЕН ЧЫГУУ. Оңой эле табыла калуу, көп болуу. *Мындай таза буюмга кардарлар четтен чыгат* («Ленинчил жаш»). *Бышкан мөмөгө күзөтчү болушка адам четтен чыгат* (Сыдыкбеков).

ЧЕЧЕКЕЙИН СООЛТУУ. Катуу кырсыктатуу, өтө айласыз кыйын абалга дуушар кылуу, ошондой оор абалда калуу. - *О, жараткан! Көп күнөө, арбын айыбым болсо, кечиир-р. Чечекейимди соолтпо* (Бейшеналиев).

В.: Чечекейи челейүү. *Анда чечекей челейеби?! Төрт айлабыз куурулуп карайлап бүттүк го?!!* (Бейшеналиев).

ЧЕЧЕКЕЙИ ЧЕЧ. Жадырап-жайнап көңүлү куунак, жарпы жазык, өтө жайдары, кубанычтуу. *Анын чечекейи чеч өңдөнүп, маңдайы жарыла сүйүнгөнүн көргөнү ушул* (Ашымбаев). *Эки тарап чогуу сый тамак үстүндө чечекейи чеч, ынтымак сыймыгын опурулту* (Бейшеналиев). *Муну укканда бул экөөнөн бетер чечекейи чеч* (Өмүрбаев).

ЧЕЧЕКЕЙГЕ ЧЫККАН ЧЫЙКАН. к. Чекеге чыккан чыйкан.

ЧЕЧИНИП САЛЫП КИРИШҮҮ. Кандайдыр бир ишке чечкиндүү түрдө киришүү, аны ишке ашыруунун катуу аракетин көрүү.

ЧИЙИНДЕН ЧЫГУУ. к. Чектен чыгуу.

В.: Чийки мал.

ЧИЙКИ МАЙ ЖЕГЕНДЕЙ БОЛУУ. Кандайдыр бир нерседен кооптонгондой ойлонуп тынчы кете берүү, сары санаа болуу жүрөгү түпөйүл болуу. *Жылкычы акем ушуну айтты да үйүнө кетти, чийки май жегендей болуп түпөйүл боло түштүм* (Бердикеев). *Булар эмне үчүндүр ушул убакка чейин чийки май жегендей болуп жасалма штатта жүргөнүнө өкүнүшөт* («Советтик Кыргызстан»).

ЧИЛ БАШ. Жаш, кичине. *Азырынча ал өзү өңдөнгөн чил баштарга кошулуп бир туруп улак секиртмей ойношот* (Акматов).

ЧИЛ БООР. Өтө боорукер, тууганчыл. *Булардын кичинекей балдарынан өйдө чил боор болот* («Ала-Тоо»).

ЧИЛДЕЙ ТАРОО. Өз бет алдынча бытырап кетүү, түш-түшка бириндеп тарап кетүү. *Үйүбүз чечилбей, казаныбыз кайнаган боюнча калып, чилдей тарадык* (Саатов). *Балдардын*

мектеп дүңгүрөтө жамырап чыгып, туш-тушка чилдей тарап чуркап жөнөөрүн элес-тетти Момун (Айтматов). *Кечээ эл чилдей тараганда Чонор баатыр: «Өлсөм да Берен менен бир чуңкурда болом» деп, кошо кеткен* (Осмоналиев).

В.: Чилче тароо. *Атасыз калган үйдүн балдары чилче тараптыр* (Айтматов).

ЧИЛИСТЕН БОЛСОҢ ДА! Өтө кыйын, мыкты чыгаан адам, окумуштуу болсоң да деген мааниде кекетүү, какшыктоо иретинде колдонулат. *Айылга китеп окуганы келдиң беле? Чилистен болсоң да жап кагазыңды* (Жусупов).

ЧИРИГЕН БАЙ. Абдан бай, ашкан бай, байлыгы мол, бардык жагынан жетиштүү. *Чириген байлар да сенчелик марттык кыла албайт* (Бейшеналиев).

В.: Сасыган бай. *Кээ бир сасыган байларың өз малын өзүнөн аяйт* («Ала-Тоо»).

ЧИРКЕЙ ЧАККАНЧА КӨРБӨӨ. Эч тоотпоо, кебелип да койбоо, быш этпөө. *Мындай арсыз шакабаларды Улукбекаке чиркей чакканча да көрбөйт* (Жигитов).

В.: Чиркейдин дыңылдагындай да сезбөө. *Эмилбек апасынын айткан сөздөрүн чиркейдин дыңылдаганындай да сезбейт* (Абакиров).

ЧИРКӨӨ БОЛУУ. к. Бетке чиркөө болуу.

ЧОЙ КУЛАК. Укса да укмаксан болуп, көңүл бөлбөй койгон, тоготпой, укпай койгон. *Ал жеден чой кулак болуп бүткөн тура.*

ЧОК БАСКАНДАЙ СЕКИРҮҮ. Кандайдыр бир суук кабар, жаман сөз укканда же капысынан, чукулунан жагымсыз нерсени көрө калганда катуу чочуп кетүү, селт дей түшүү. *Ойлоорун ойлоп, айтаарын айтып алды да өзү чок баскандай секирди.* (Эралиев). *Карынбайдын мууну калчылдап, чок баскандай секирди* (Саатов). *Султан Керекти көрө сала чок баскандай секирди* («Ала-Тоо»).

В.: Чок баскандай болуу. *Чок баскандай болуп чочулашып бардыгы аркы кичинекей арчанын түбүндө чокчойгон нерсеге жалт бурулушту* (Мырзаев). *Жеринди эне бир чети боор ооруй чок*

баскандай болуп ыргып турду (Осмоналиев).

От баскандай болуу. *Жок! - деп от баскандай болуп чочуп кетти* (Эгиналиев). *Ана, андан аркысын көрүп ал, кемпир от баскандай болуп чыңырды* (Айтматов).

ЧОК КАРМОО. Өтө кыйын, оор ишке, өлүмгө баруу. - *ЫЯ?! Биздин колубуз менен чок кармагыңыз бар экенго?! - деди* (Касымбеков). *Пристав төрөнүн жээнин кармоо чок кармоо эмеспи?!* (Касымбеков).

ЧОК ОРТОСУ. Дал ортосу, нак ортосу. *Чок ортосунда карапага өстүрүлгөн сонун гүл буруксуп турар эле* (Сыдыкбеков).

ЧОККО САЛУУ. Катуу кайгыга, азапка дуушар кылуу, оор убайым, күйүт тарттыруу. *Баласы эси жогураак чыгып, карыган ата-энесин чокко салып кетти* («Чалкан»).

ЧОКУСУНА МАЙ КАЙНАТУУ. к. Башына май кайнатуу.

ЧОКУСУНА ЧАЙ КАЙНАТУУ. к. Башына май кайнатуу.

ЧОКЧОҢ -ЧОКЧОҢ ЭТҮҮ. Колунан келсе, келбесе деле бирөөгө ыгы жок тыңсынып, буйрумуш болуу, өкүм сүйлөмүш болуу, чоңсунуу. *Эмине эле мага чокчоң-чокчоң этип калгансың?* («Ала-Тоо»).

ЧОЛО КАЛТЫРБАЙ. Бүт, такыр эч жерин койбой, текши, жалпы. *Жерди туура пайдалангыла. Мүмкүн болушунча, быйыл чоло калтырбай айдаш керек* («Кыргыз Туусу»).

В.: Чоло жок. *Ар жеринде чоло жок, Ар түрлүү эгин себилди* (Осмонкул).

Чоло жери жок. *Бечаранын денесинде чоло жери жок, бүт көк ала, аябай жанчкан өңдөнөт, мыкаачылар десе* (Жантөшев).

ЧОЛОК АКЫЛ. к. Акылы чолок.

ЧОЛОК БАЙТАЛГА МИНГИЗҮҮ. *эск.* Көбүнчө күйөөсүн чанган аялдын чачын кыркып, бетине көө сүйкөп, байталга тескери каратып мингизип, айыл аралатып, төркүнүнө жеткизүү. *Мингизип чолок байталга, Эртең элге күлкү салармын* (фольк.).

В.: Чолок байтал кылуу. *Чачыңды кыркып салбасам, Чолок байтал кылбасам* (фольк.).

ЧОЛОК ЖАШ. Көздөн мөлт деп кичине, бир аз, анча-мынча эле чыккан жаш. *Гүлнардын кирпиктеринин учтары чолок жашка суулана түштү* Сыдыкбеков). *Кайра-кайра сай сөөктү сыздата комузду боздотондо аякдардын айрымдарынын көзүнөн чолок жаш сыгылтат* (Бейшеналиев).

ЧОЛОК ЭТЕК. *эск.* Кедей, кембагал, жарды деген мааниде. *Ошол чолок этектер мени тоорушканын койгондо мен аларга кара санаганды коём* (Бектенов). *Айлыбыздагы чолок этектер бизди жектеген менен түпкү мыйзам калыс тура* (Сыдыкбеков).

ЧОЛУП СҮЙЛӨӨ. Баш аягы жок, иретсиз сүйлөө. *Шарип чолуп сүйлөп, ар кайсы суроону берип, жообун талап кылат* (Бейшеналиев).

ЧОҢ АТАСЫН ТААНЫТУУ. к. Акесин таанытуу.

ЧОҢ КАМЧЫ. к. Жоон камчы.

ЧОҢ МУШТУМ. Кара күчүнө ишенип дөгүрсүгөн, анча-мынча менен эсептешкиси келбей алабармандаган, зөөкүр чалыш. *Сага окшогон чоң муштумдун эсебин тапса жакшы болор эле* (Жантөшев). *Оңбогон чоң муштум. Анын колунан келет* (Мырзаев). *Айдарбек датка баштаган чоң муштумдардын мээсине май кайнатайын* (Жантөшев).

ЧОҢ СҮЙЛӨӨ. Өйдөсүнүп, көтөрүлүп, өкүм сүйлөө, үстөмдүк кыла сүйлөө. *Ушунун чоң сүйлөгөнү өттү дешип, отургандар жаңы жетекчини көп жактыра беришпеди* («Ленинчил жаш»).

ЧОР КАЙНОО. Уруюп тоңуп калуу (көбүнчө муз жөнүндө). *Күбүр тумчулаган суу кулгуп чыгып, чор кайнайт* (Осмоналиев).

ЧОР ТАМАН. Кедей, кембагал, томаяк. *Чор таман кедейдин минтип кубулганы жаманбы* (Бейшеналиев). *Мен өзүм кыйынчылыктарды көрүп, бөтөн жерге чейин тентип барган чор таманмын* (Саатов).

ЧОРТ АЙТУУ. Кескин айтуу, кесе айтуу. *Жок, мен атым менен куралымдан айрылып, кыз*

албаймын, -деп жигит чорт гана айтты (Аалы).

ЧОРТ СЫНУУ. Чукул, чарт сынуу. *Канчалык чебер урунсаң да, морт неме бир күнү чорт сынат экен* («Чалкан»).

ЧОЮН БАШ. Согушта колдонулуучу, башына чоюн уютулуп жасалган чокмор. *Болоттон кылган чоюн баш Кара дөө кош колдоп кармап имерди* («Сейтек»).

ЧӨГҮП КАЛГАН. Карылыгы жетип, эки жакка чыга албай калган, баса албай калган. *Атасы чөгүп калган киши.*

ЧӨЙЧӨКТӨГҮ СУУГА ЧӨГҮП ӨЛӨЙҮН! Каргануу, бирөөнү ишендирүү маанисинде колдонулат. *Чөйчөктөгү сууга чөгүп өлөйүн, жеңекебай! - деп жигит каргана баштады.*

ЧӨК САЛУУ. Белгилеп айтуу, баса көрсөтүү. - *Бул чөк салмайыңыз го, - деди тигил кыз, дагы кычыгына тие суйлөп* (Байтемиров).

В.: Чөк коюу. *Өз, жат деп, чөк коюп олтуруучу кез эмес.*

ЧӨЛ ТҮШҮРҮҮ. Чакчелекей, баш аламан кылуу. *Челише келген душманды, Чөл түшүрүп буй кылып* (фольк.). *Чын кожонун колуна чөл түшүрүп калсамбы!* («Семетей»).

ЧӨНТӨГҮ КАЛЫҢ. Бардар, акчасы көп, оокаттуу, жетиштүү. *Айыпка жыгылчу чөнтөгү калыңдар бийге мурун жолугуунун ыгын таппай жүрөт* (Осмоналиев). *Көп узабай Шодурдун промсолунан үмүтү бар чөнтөгү калың кишилер агылып келе баштады* (Укаев).

В.: Чөнтөгү түптүү. *Чөнтөгүң түптүү болсо эмнеге тарткынчыктайсың.*

ЧӨНТӨГҮ ТАЙКЫ. Колу жука, кембагал, жоксуз, начар, колунда жок. *Ээ, досум! Чөнтөгүң тайкы, колуң жука болгон соң, чыдабаска айлаканча!* («Чалкан»).

ЧӨНТӨГҮ ТҮПТҮҮ. к. Чөнтөгү калың.

ЧӨП БАШЫЛОО. Үстүртөдөн, тийди-качты болуп, анда-мында бир тийип иштөө, чокулап тим болуу же бир жерге орун алып, байыр алып тура албоо.

Өзүңүз деле ар кайсынын башын кур койбой, чөп башылайсыз деши мүмкүн (Бейшеналиев). *Ошол себептен аларды чөп башылап гана айтышым ылайык* (Үмөталиев). *Бирин-серин эмгектен качкандар чөп башылап кызмат кыла баштады* (Алыбаев).

ЧӨП БАШЫН СЫНДЫРБОО. к. Куурай башын сындырбоо.

ЧӨП ЖЕЛКЕ. Колунан эч нерсе келбеген, абдан чабал, мажүрөө. *Бу чөп желкени кайдан тапкансың.*

ЧӨП КӨЧҮК. Жүүнү бош, мажүрөө. *Олда, ушул чөп көчүктөрдүн азабы ай* (Сыдыкбеков).

ЧӨП ООЗ. *тар.* Бирөөнүн жерине малын жайып, оттоткондугу үчүн төлөнүүчү салык. *Мен Карабайдан кетер жылы агам Табылды чөп оозго беш сом акча төлөмөкчү болуп калат* (Баялинов). *Ырамат-чыгым, чөп ооз айыл жакшыларынын энчиси, айтор, бүгүн тапканы бүгүн бойго жукпай, кайдагы түбү терең кудукка түшөт да, жок болот* (Сыдыкбеков).

ЧӨП ОРДУНА КӨРБӨӨ. Киши ордуна санабоо, адам катары эсептебөө, тоготпоо. *Ал элди чөп ордуна көрбөдү.*

ЧӨПТӨН БАШКАГА ЗЫЯНЫ ЖОК. Эч нерсе менен иши жок, өзүнчө жүргөн, момун деген мааниде. *Чөптөн башкага зыяны жок бул бечара, жүрө берсин, жайына кой, аны* («Ала-Тоо»).

ЧУБАКТЫН КУНУНДАЙ КУУ. Доолуу иштин артынан сая түшүү, алмайынча калбоо, тынчтык бербөө. *Болбосо бул ишти Чубактын кунундай кууп, чуулгандуу кылып жибериши ыктымал* (Үмөталиев).

В.: Мамайдын кунундай куу. *Мамайдын кунундай кууду.*

Чубактын чуусундай. *Чубактын чуусундай болду.*

ЧУК ЭТПӨӨ. Эч кыймылдабай, үн чыгарбай тымтырс болуу. *Эки жагында ызат кылышып, биртике арткарак турушкан улуу-кичүү анын оозун карап, чук этишпейт* (Касымбеков). *Эч ким чук этпей, бирин бири алдыртан тиктеп, дым боло түштү* (Касымбеков).

ЧУКУГАНДАЙ СӨЗ ТАБУУ. Сөздү орундуу сүйлөгөн, чечендик жайы бар деген мааниде. *Чукугандай сөз тапкан, сөзү менен элди кубанткан* («Кыргызстан маданияты»). *Кээде ага тийишкендерди ал чукугандай тапкан эки-үч ооз сөзү менен жаагын жап кылчу* («Ала-Тоо»). *Куйручуктун чукугандай сөз тапкан тайманбастыгы жомоктолууда* (Бейшеналиев).

ЧУР КАРМОО. Чүкө ойноп жатканда чүкө алуу максатында оюнга катышпаган бирөө тизилип коюлган чүкөлөрдү жыйып алып, белгилүү эрежелерге ылайык өзүнө таандык кылып алуу. *«Чур кармадым, чурумду берип кеткин», - деп Кычы кылып калыска, Сүрөп турат балалык* (Токтогул).

ЧУУ БАСАР. *этн.* Кыз качып кеткенде, кызды алган жак анын ата-энесинен кечирим суроо, алдынан өтүү, таанышуу максатында тийиштүү жолу менен келүү салты. *Андан. көрө чуу басарды чоңураак доолаш керек* («Чалкан»).

ЧУУ КӨТӨРҮҮ. Бир нерсени күчөтүп ызы-чуу кылуу, бүлүк түшүрүү. *Кумалакты кунаажындай, чымынды тоодой кылып чуу көтөрдү* («Советтик Кыргызстан»). *Ошол күнү кечинде алар: «Бизге Интергельпонун кереги жок», - деп чуу көтөрүштү* (Ашымбаев).

В.: Чуу салуу. *Түшүнөт ар ким сөздүн жайын, өзү тайыз, чуу салып жүргөндөр көп* (Борбугулов).

Чуу чыгаруу. *Артымдан чуу чыкпасын деп коркчубуз* (Бердикеев).

ЧУУ КУЙРУК. Чуулгандуу, жоболоңдуу, жөн жүрбөгөн, дүрбөлөң түшүрүп жүрүүчү, жаман жагы ме -нен аты чыккан. *Чуу куйрук чуркап өтүп кеткен чакта, Изинен өзөк, жалаа, ушак өнгөн* (Аалы). *Сүйүү деген сөздү үй-бүлө күтүү деп бир жактуу түшүнгөн сезимсиз жигит чуу куйрук жүрүшүн уланта берди* («Ленинчил жаш»).

ЧУУСУ ЧУБАЛУУ. Жаман иштери, кылык-жоругу, жүрүш-турушу билинүү. *Бийликтин башындагылардын чуусу чубалды* (Бектенов).

ЧУЧУГУНА ЖЕТҮҮ. Жанына батуу, аябай катуу тийүү, жан кейитүү. *Бул каар Ополдун чучугуна жетти* (Осмоналиев). *Жанатан бери бу кишинин айткандары сөөгүмдөн өтүп, чучугума жетти* (Үмөталиев). *Ошондуктан, сиңдисинин сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете турган сөздөрдү айтуудан тайманган жок* (Медетов).

В.: Чучугуна тийүү. *«Алып алган өз аялындай» деген сөз чучугума тийди* (Казакбаев).

ЧҮ ДЕГЕНДЕ ЭЛЕ. А дегенде, жөнөрү менен, жөнөгөндө эле, башталганда эле, башталган жерде. *Ал чү дегенде эле булардын канча бала көргөнүн сурап ийбеспи* (Өмүрбаев). *Чү дегенде эле аттардын омуроосун суу жаба берип жатты* (Бейшеналиев). *Дүр мырза чү дегенде эле катуу кармайын дедиби, калкына аламан салды* (Бейшеналиев).

В.: Чү деген жерден. *Чү деген жерден эле жаштар проблемасын айталы* («Советгик Кыргызстан»). *Чү деген жерден чыныгы ишке киришиш керек деп жарыя салды* («Кыргызстан маданияты»).

ЧҮ КОЮУ. Чаап жөнөө, катуу жүрүп кетүү. *Букарды көздөй чү коюп Ат аябай мол жүрүп* («Семетей»). *...Алтын шакек таңдайынан ыргып кетип, аны кемпир илип ала чү коюп качып жөнөйт* (Абакиров).

ЧҮКӨСҮ АЙКҮР ТУРУУ. Иши оңунан чыгуу, иши оңолуу, оңдой берди болуу. *Бул өкчөгөн эле чүкөсү айкүр туруп, колу, жабдыгы айланган ким* («Чалкан»).

В.: Чүкөсү алчы конуу. *Из чалган Ырайбектин чүкөсү алчы конду* (Осмоналиев).

ЧҮНЧҮ БАСУУ. Көбүнчө аялдардын боюнда бар мезгилиндеги экинчи жарымында жамбаштын атташынан кичине жери ооруп баса албай калуу, аксап басуу. *Келинди чүнчү баскан окшойт, жамбашын сүйрөп араң басып жүрөт, - деди кайненеси* («Кыргызстан маданияты»).

ЧҮЧҮ КУЛАК КАЛУУ. Же ары жакта же бери жакта эмес, орто жерде түгөйсүз жалгыз калуу, белгисиз абалда калуу (көбүнчө балдардын ар кандай ойнуна карата) *Бул эки район бири-бирине шылтап, мектеп чүчү кулак калды* («Мугалимдер газетасы»).

В.: Үчү кулак болуу. *Силер чүчү кулак болдуңар, - деп балдар кат кырышты* («Жаш Ленинчи»).

ЧЫБЫК КЫРКААР. Бийли жүргүзүп, бүтүм, чечим чыгаруучулар деген мааниде. *Чыбык кыркаарлар эмне айтса баш ийкеп, кулак кагып муюган шекилдүү* (Осмоналиев). *Аты чыккан чыбык кыркаарларды, бийлик күчү менен пара алуучуларды, малчы-жалчы күткөн байларды тооруйт* (Осмоналиев).

ЧЫБЫК КЫРКУУ. *тар.* Бүтүм кылуу, белгилүү бир чечимге келүү, убада, сөз токтотуу. *Чыбык кыркыч кеп кылып, Адам качкыс шерт кылып* (фольк.).

ЧЫГЫШТЫК КЫЛУУ. Астыртан, тымызын келишип алып душмандык, кастык кылуу. *Аларга чыгыштык кылып кетти.*

ЧЫЙКАНДАЙ КЫЗЫЛ. Өтө кызыл, кыпкызыл. *Кыздын эки бети чыйкандай кызыл. Качыке бул сөздөрдү өзү айтып, бул ишти өзү иштеп тургансып чыйкандай кызыл болуп кетти* (Сыдыкбеков).

ЧЫЙ-ПЫЙ КЫЛУУ. Кичине жеңилирээк бир нерсе (көбүнчө эттүү тамак-аш) жасай кой деген мааниде. *Булар шашып жатышат. тезирээк чый-пый кыла гой* (Аса-Тоо»).

ЧЫЙ-ПЫЙЫ ЧЫГУУ. Эмне кылар айласын таппай шашкалактап калуу, шаштысы кетүү, тынчсызданuу, тынчы кетүү. *Коридорго чыксам, баягы кишим ары-бери басып чый-пыйы чыгып турган экен* («Кыргызстан маданияты»). Кайгуулдар уурданып созолонгон карааңды чалдыктыра албай чый-пыйлары чыгып, кур кол кайтабызбы дешип опкоолжушту (Бейшеналиев). *Кокуй, баары сууга түшөт окшойт, - деп чый-пыйым чыкты* (Жигитов).

В.: Чый-мыйы чыгуу. *Тихонов Тапшырылган иш орундалганча чый-мыйы чыгып тынч албай турган* (Жантөшев).

ЧЫЙЫРДАН ЧЫККАН. Баскан-турганынан, жүрүш-турушунан бузулган, тартиби начар. *Мындай чыйырдан чыккан эргулду кайдан тапкансың.*

ЧЫК ТАТЫРБАС ЧЫНАРБАЙ. Сараң, битир, колунан эч нерсе чыкпаган. *Казанчы бай жомоктогу чык татырбас Чынарбайдан артык болбосо кем эмес* («Советтик Кыргызстан»).

ЧЫКЫЙЫНА ТИЙҮҮ. Катуу таасир этүү. Жылкыдан бошотуу жөнүндөгү сөз чыкыйына тийип, Дөөт жер сабап күүлөндү (Осмоналиев).

ЧЫЛБЫР ТАШТОО. Жолтоо болуу, кара санатайлык кылуу, жолун тосуу, кедерги болуу. - *Уккула. Ак жолума кимде-ким чылбыр таштап, куранды аттай турган болсо, ар кимиңди мына ушундай жазалаймын* (Жоошбаев).

ЧЫЛБЫРЫН ҮЗҮҮ. Бошонуу, боштондукка чыгуу. *Алигиче хан ордосу тараптан чылбырын үзүп кетелек кыргыздар өз түтүнүнө караштуу бүлөлөр үчүн зекет беришет* (Осмоналиев). *Жаныңа эш болор деп таштаган тулпарың жашында жем жеген акырын эңсеп, чылбырын үзсө кантип токтотосуң* (Бейшеналиев).

ЧЫЛГЫЙ ЧАНАЧТАЙ ИЙЛӨӨ. Абдан катуу жанчып уруу, көк чанач кылуу. *Моокуму кангыча, чылгый чаначтай ийлешти* («Ала-Тоо»).

ЧЫМ ЖАМЫНУУ. Өлүү, каза болуу, дүйнөдөн кайтуу. *Ааламга тутка болчудай сөөлөттөрү артык дөөгүрсүнгөндөр да көргө кирип чым жамыныптыр* (Бейшеналиев). *Унутпа деп айткызармын чым жамынып калбасам* (Аалы).

В.: Чым жазданууу. *Чым жазданып, көз жумсам, Жалгызыма көз салгын* («Саринжи-Бөкөй»).

ЧЫМЧЫП БУУМА. Толтура, оозу араң тартып байлана турган, топтолтура (көбүнчө мешок, кап ж.б. карата). *Чымчып буума болгон эки кап арпаны өгүзгө теңдеп артты* («Ала-Тоо»).

ЧЫМЧЫП СҮЙЛӨӨ. Сөз кыйыгын келтирип аз-аз сынга алгандай, сынагандай, тийише сүйлөө. *Кыз-келиндердин күлкүсү, чымчып сүйлөгөн шакабасы түгөнчүдөй эмес* (Мырзаев).

В.: Чымчып өтүү. *Ыгы келген жерден биз дагы чымчып өтпөсөк болобу* (Медетов).

ЧЫМЫН ЖАН. Кичинекей, аз эле жерде турган тирүүлүк. *Оозу ачылган бечара карып, чымын жандан түңүлгөндөй болду* (Осмоналиев). - *Дүйнөгө түркүк болгон адам жок, мезгил келгенде карыйсың арыйсың анан чымын жаның чыркырап жарыкчылык дүйнө менен коштошосуң* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Чымындай жан. *Айланайын жеңеке, чымындай жаным сенин колуңда турат* (Тойбаев). *Эгер ошого чейин уулунун чымындай жаны чыга элек болсочу?* (Айтматов).

ЧЫМЫН КОНГОНДОЙ КӨРБӨӨ. Тоготпоо, этибар албоо, сезип да койбоо. *Менин куулөнүп келип тийгеним ага чымын конгончолук болбосо керек, кайра мени аяп, макулук бир жерин оорутуп албасын дегенчелик колун аярлай тосуп калат* (Акматов).

В.: Чымын чакканча көрбөө. *Сенин тилиң заар, бирок эсиңде болсун менин терим калың. Чымын чакканча да көрбөйм* (Укаев). *Менин билишимче, мындай аянычтуу абал кээ бир жетекчилерибизди чымын чаккандай да кылбайт эмеспи* («Советтик Кыргызстан»).

Чымын чаккандай көрбөө. *Аны бадачы чымын чаккандай да көргөн жок* (Кушубеков).

Чымын чакканчалык болбоо. *Эненин куйүп жатканы тиги маңкуртка чымын чакканчалык болбоду* (Айтматов).

ЧЫМЫН-КУЮН БОЛУУ. Өтө катуу жүгүрүү, аябай тызылдоо, абдан катуу чуркоо. *Ошондон чымын-куюн болуп, жерге тийбей, бардык күчүмдү жыйнап чуркай бердим* (Жусупов). *Карагер чымын-куюн болуп башын жерге салып баратса да жетпей койду* (Абдукаимов).

ЧЫМЫН УЧСА УГУЛА ТУРГАНДАЙ. Абдан тынч, өтө эле жымжырт, мемиреген тынчтык. *Бир саамга чымын учса угула тургандай жымжырт боло түштү* (Сыдыкбеков). *Корпустун ичи чымын учса угула тургандай* (Сасыкбаев).

ЧЫМЫНЫ БАР. Кандайдыр бир нерсеге жөндөмү бар, шыгы

бар, таланты бар деген мааниде. *Токтогул ушул бала тегин көрүнбөйт, комузга дилгирлигине караганда чымыны бардыр дегенсип ойлоду* (Каимов). *Анын чымыны бар дешет, ошол чын да, а болбосо элдин баары эле сүрөт тарта беришпейби* (Борбуев).

ЧЫМЫНЫН КАГУУ. Бирди көрсөтүү, эсине келтирип коюу. *Биртике чымьшыңды кагайынбы ыя, - Сагымбай муштумун кезеди* (Бейшеналиев).

ЧЫМЫНЫ КАГЫЛГАН БАКШЫДАЙ. Жоошуп, басырылып калгандай, эсине келип токтолуп. соолугуп калгандай. *Эмне чымыны кагылган бакшыдай болуп калгансың?* («Чалкан»).

ЧЫН ЖАЙ. Аркы дүйнө, өлгөндөн кийин, көз жумгандан кийинки деген мааниде. *Бай Көкөтөй өлдү деп, Бааны дүйнө, чын жайды Барып акыр көрдү деп* («Манас»). *Кайра келбес чын жайды Көрмөк болдум, Сейтегим* («Сейтек»).

ЧЫН ЖҮРӨКТӨН. Чын көнүлү ак пейли менен, абдан берилип (куттуктоо, алкыш айтуу маанисинде). *Мына ушундай кубанычтуу окуянын босогосунда турган өнөр жандуу адамдарыбызга чын жүрөктөн алкоо сөздөрүбүздү чуурткубуз келип турат* («Кыргызстан маданияты»).

В.: Чын жүрөгү менен. *Карыя ак сакалын жайкап, чын жүрөгү менен ыраазы болуп, иштеп жаткан балдарга батасын берди* («Ленинчил жаш»).

ЧЫН ТИЙБЕС. Болор-болбос, кичине эле нерсени көңүлүнө алып калган, бир нерсеге тез таарынып калма сөз көтөрүмү жок, докчул. *Карасарт кыялы өзгөрүп, чын тийбес да балуп кетти* (Кыдырмышев).

ЧЫНЫГЫ ЖҮЗҮН АЧУУ. Ким экендиги, кандай адамдар экендиги аныкталуу, дайын болуу. *Чыныгы жүзүн ачып, партасын сыйырганча алар канчалык жаман иш жасоого үлгүрүштү* («Советтик Кыргызстан»).

ЧЫНЫНЫН ЧЕТИН ТИШТЕТПӨӨ. Эч качан бирөөгө бир нерсе бербөө, даам ооз тийгизбөө, өтө сараңдык, зыкымдык кылуу. *Ал өмүрүндө бир кишиге чынынын четин тиштетип көргөн эмес* («Ала-Тоо»).

ЧЫПАЛАГЫ МЕНЕН ТЕҢ. Сага караганда кичүү, кичине деген мааниде. - *Ай, уятсыз, билсең алдагы кыздар сенин чыпалагың менен тең* («Ала-Тоо»).

ЧЫПАЛАГЫНА ТЕҢ КЕЛБӨӨ. Тең боло албоо, аны менен бирдей даражада боло албоо, алда канча төмөн туруу, теңдеше албоо. *Сен тигинин чыпалагына да тең келбейсиң* (Баялинов). *Жаныңа жакын үйүр кылба, бул Жапардын чыпалагына тең келбейт деп, мен Жамийлага алда нече курдай айттым* (Баялинов).

ЧЫПАЛАКТАН АЙЛАНСЫН. «Ошол да кишиби», «ал теңдешкиче», «сенин даражаңа жеткиче» качан деген сыяктуу теңине албоо, жактырбоо, киши ордуна көрбөө маанисинде колдонулат. *Шакир сенин чыпалагыңдан айлансын деп ичинен баалаган Күласал* (Осмоналиев).

ЧЫПЧЫРГАСЫН КОРОТПОО. Бүт бардыгын, эч нерсесин калтырбай же эч нерсесине тийбей, толугу менен. *Ал узакка баарлаша сурамжылап, ошонун баарын чыпчыргасын коротпой кагазга түшүрүүсүн каалады* (Бейшеналиев). *Кечээ сөздөр чыпчыргасы коробой эгиз жылкысы менен тыяктагы Бишкектин аялына жетиптир* (Үмөталиев). *Ушул документтердин бүт баары биздин колубузда чыпчыргасы коробой сакталуу турат* («Советтик Кыргызстан»).

В.: Чыпчыргасын калтырбай. *Ал тургай өз башынан өткөндөрүн чыпчыргасын калтырбай баян эткен* (Ашымбаев). *Куйруктуу кара козуну сойдуруп, чыпчыргасын калтырбай казанга салдырат* (Осмоналиев).

Чыргасын коротпоо. *Чыргасын коротпой уурунун колуна салып бергенбиз баарын* (Сыдыкбеков).

ЧЫРАГЫНА МАЙ ТАМУУ. Иши оңдой берди болуу, иштин оңолуш кыябы, оңу келе калуу. *Мындай учурда бийлөөчүлөрдүн чырагына май тамат* (Бейшеналиев). *Баятан бери ичтеги нааразылыктарын ачыкка чыгара албай олтурган меймандардын чырагына май тамды* («Кыргызстан маданияты»). *Колдо даяр мал болбогон соң, ишенери минтип*

турса Орозбайдын чырагына май тамабы деп жүрөксүнгөн (Өгөбаев).

В.: Чырагына май куюу. *Бул окуя полковниктин чырагына май куйду* (Осмоналиев).

Чырагына май тамызуу. *Мына мындай абал Карасакалдын чырагына кайрадан май тамызган эле* (Абдыраманов). *Анын үстүнө аялы ого бетер сүрөмөлөп, чырагына май тамызып турчу* (Борбиев).

ЧЫРГА ТАРТКАН ЖЫЛУУ СӨЗ. Акырын алдап-соолап создуктура берген, сүйрөй берген апкөй тил. *Анын чырга тарткан жылуу сөзүнө алданып жүрө берди* («Ала-Тоо»).

ЧЫРМ ЭТҮҮ. Кичинекей, азыраак уктап ала коюу, бир аз көз илинтүү. *Күнү кечке ушу күү менен жүргөн экөө түндө да чырм этишкен жок* (Өмүрбаев). *Эптеп чырм этип алсам эле көңүлүм чайыттай ачылып кеткен турат* (Бердикеев). *Садыр үйгө кирип жылынып, бир аз чырм этип алсаңчы* (Убукеев).

В.: Чырым этүү. *Ат үстүндө, ат жалын кармап чырым эткен болобуз* (Жантөшев). *Таабалды чырым этип кирпик какпай жол жүрүүдө* (Бектенов).

ЧЫРПЫК БАШЫН СЫНДЫРБОО. к. Куурай башын сындырбоо.

ЧЫРТ ДЕЙ ТҮШҮҮ. Жактырбаган мүнөздө кыялын тез өзгөртүү, таарына түпгүү. *Гүлнар энесинин бул кебин жактырбай чырт дей түштү* (Сыдыкбеков).

В.: Чыртыя түшүү. *Кумаркандын сөзүн кулагы чалып калган Суусар чыртыя түштү* (Байтемиров).

ЧЫРТ КЕСҮҮ. Шарт кесип алуу, ылдам, чарт кесүү. *Мектептин аймагында жок чөп кездешип калса, Мукай аны сабагынан чырт кесип алат же түбүн чукуп кирет* (Таштемиров).

ЧЫТ КУРСАК. Курсак кампайткандан башканы билбеген, али жаш, кичине деген мааниде. *Жаныш экөөбүз чыт курсак кезибизден чыбыкты ат кылып минип, көпөлөк кууп бирге өскөнбүз* (Саатов). *Чыт курсактарды кайсы ырчы тоотуп, ушундай зоок курчу эле* (Бейшеналиев).

ЧЫТЫРАП ТУРГАН КЕЗИ. Болуп-толуп, менменсинип, бардык жагынан жетишип турган кези. *Анын эмнесин сурайсың, азыр чытырап турган кези* («Кыргызстан Маданияты»).

ЧЫЧАЯ КАЧУУ. Эч жолобоо, жакындабоо, жанталаша качуу. *Андай адамдар турган жерден чычая каччу* (Кыдырмышев). *Чыйраксынган эр Толтой Чычая качып жоголду* (фольк.). *Калпты чындай айтса, чындык чычая качат* (макал).

ЧЫЧАЯ ТАНУУ. Эч мойнуна албоо, жакын жутпоо. *Чычая танып чыга берди.*

ЧЫЧКАКТАГАН ЧИЛ КӨЗДӨНГӨН. Көзү китирейип, тиртейип өтө кыйналган кебетеде деген мааниде колдонулат. *Чычкактаган чил көздөнүп араң турат.*

ЧЫЧКАН МУРДУ ЖОРГОЛОГУС Абдан калың, өтө жыш, чытырман. *Бир туруп ал чычкан мурду жоргологус бадал этегин көбөөлөгөн токойго барат* (Медетов).

В.: Чычкан мурду жөргөлөгүс. *Ал беш квадрат километр жердеги чычкан мурду жөргөлөгүс чытырман токой, таш жана кумдуу жээкте турат* («Кыргызстан маданияты»).

Чычкан мурду өткүс. *Көк жашыл, чычкан мурду өткүс жыш бадал* (Касымбеков).

ЧЫЧКАН МУРДУН КАНАТПОО. Эч мал сойбоо, түк эт көрбөө, кан чыгарбоо. *Борбордогу окуудан балдарың келип отурса, чычкан мурдун канатпасаң уят эмеспи* (Бейшеналиев). *Кызын узатып жатып, чычкан мурдун канатын койбоптур* (Абдукаримов). *Короодо малы толуп турса да чычкан мурдун канатып көргөн жан эмес* («Ала-Тоо»).

ЧЫЧКАНГА КЕБЕК АЛДЫРБАГАН. Абдан зыкым, аябагандай сараң, өтө сак, аяр. *Чычканга кебек алдырбаган немелерди качанга чейин имерчиктейбиз?* (Үмөталиев).

ЧЫЧКАНЧА ТАШУУ. Кичинеден, акырындан, астыртан деген мааниде. *Анын чычканча ташыганын эсепке албаганда,*

атасынын күнүмдүк олжосу ашык аттырчу (Ашымбаев).

ЧЫЧКЫСЫ КАЙНОО. *сүйл.* Чыдамы кетүү, өтө чыдамсыздык менен күтүү. - *Болчу, чычкысы кайнап бараттат бейм? Ме, көнөчөктү* (Осмоналиев).

ЧЫЧЫРКАНАККА БӨЛӨӨ. *тар.* Көбүнчө күйөөсүн чанган аялды же чоң күнөө кылган адамды киймин чечиндирип, чычырканакка жаткырып, сууга салып сабата турган жазалоонун, кыйноонун эң оор түрү деген мааниде колдонулат. *Чычырканакка бөлөгүлө, качанаак немени, - деп Бүкөн зааркана, зиркилдеп карап турду* (Сыдыкбеков).

В.: Чырканакка бөлөө. *Ал кезде далай шордууну чырканакка бөлөп жазалоочу экен* («Ала-Тоо»).

ЧЫШТАЙ КИЙИНҮҮ. Абдан таза, жакшынакай, мыкты кийинүү. *Ал баягыдай эмес, чыштай кийинип, оңолуп алган.*

-Ш-

ШАА ЖЕТПӨӨ. Бир нерсени аткарууга, иштөөгө чамасы жетпөө,жетише албоо. *Маречек Орто Азия элин. жерин мактады. Шаа жетпеген. али чети оюлбаган байлыкта санап өттү* (Ашымбаев). *Эгерде трактор, комбайн сыяктуу машиналар болбогондо, чарбага шаабыз жетпей калмак экен деп, карыя оюнда жүргөндөрүн сүйлөй отурду* (Убукеев).

В.: Шаасы келбөө. *Ырас, анча-мынча киреше кирген, бирок аларды башкарууга шаасы келген эмес* (Ашымбаев).

ШАА МҮЙҮЗ. Мансаптуу, даражалуу, атактуу. *Эки кызматчы шаа муйуздөргө көз жүгүртүп чыкты* (Каимов). *Шагыраган шаа мүйүздөргө сый тамак уюштурууга Калмурат жанын аябай, шайдооттоно камынды* (Бейшеналиев).

ШААБАЙЫ СУУ. Шагы сынуу, көңүлү калуу, деси кайтып, тартына түшүү, сынып калуу. *Абамдын шаабайы сууганын көрүп, өзүнүн да өңү өчө түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Езеф ошондо шаабайы сууп, Ланичектен көңүлү кайт боло түштү* (Ашымбаев).

ШААРЫ БУЗУЛУУ. Үй-бүлөчүлүктөн кетүү ажырашуу же аялы өлүп бүлгүн-чачкынга учуроо. *Ошондо Сейдеке менен Айша Осмонкулдун турмушу оңунан чыкпай, шаары бузулуп турганын жүрөк сыздатпай коё алышпады* (Өгөбаев). *Эр ортону болгондо шаары бузулган оңойбу, булардыкы кыйын иш болду* («Ала-Тоо»).

ШААСЫ КЕЛБӨӨ. к. Шаа жетпөө.

ШАГЫ СЫНУУ. Катуу уят болуу ыза болуу, деси кайтуу. *Шагы сына түшкөн наристе кыз улутунуп тим болот* (Бердикеев). *«Өлгөндүн үстүнө көмгөн» дегендей, шагы сынып, көчөгө араң эле сыйып бараткансыйм* (Саатов). *Эл алдында шагыңар сынбай, тетиги чыгып келаткан күндөй жаркырап жайнап жүргүлө* (Жантөшев). *Шагы сынгандай сустая түштү да, анысын билбей дагы эле асыла берген жигиттерди кагып салды* (Айтматов).

ШАГЫН СЫНДЫРУУ. Катуу уят кылуу, кордоо, ыза кылуу. *Ушунча жакшылардын көзүнчө какшанган жесирдин кошогу шагымды сындырды э..э..* (Сыдыкбеков). *Бир жагынан «Букара топту» көп алдында шагын сындырып, кемсинтүү бар* (Үмөталиев).

ШАЙ КОЛДОГОН. Дайыма бир нерседен жолу болуп турган, жолдуу, колдогону бар. *Атасын тартса кулунум, Шай колдогон шер болот* (фольк.).

ШАЙТАН АЗГЫРУУ. Тескери жолго түшүү, терс иштерди иштөөгө кирип кетүү. *Нечен жылдан бери таза жүрүп, эми кайсы шайтан азгырды?* (Жантөшев). *Шайтан азгырган куу Молдонун алдагы жазганы короомдогу алал малдан айлансын* (Бейшеналиев). *Оенбек менен Тайбаскулду шайтан азгырганын өзүң көрүп-билип турбадың беле?* (Осмоналнев).

ШАЙТАН АЙДАП КЕЛҮҮ. Жаңылып калуу, азгырылып калуу. *-Аа, качкыным, жол болсун! Сени бул жерге кайсы кара шайтан айдап келди?* (Саатов).

ШАЙТАН АРАЛОО. Азгырык, бузукулук иш болуу, кырсык болуу. *Бирок, шайтан араладыбы, капкалуу калаа бузулгандай* (Өгөбаев).

ШАЙТАН БАСКЫР! Ачууланууу, кыжырлануу менен өзүнчө тидденүү, сөгүнүү маанисинде колдонулат. *Баягы шайтан баскыр дагы жоголгонбу?*

В.: Шайтан алгыр! *Шайтан алгыр, өлгүдөй күчтүүсүн кантесиң?*

ШАЙТАН БИЛЕБИ? Ким билет, мен кайдан билейин деген сыяктуу бир нерсеге көңүлсүз, кайдыгер мамиле жасоо маанисинде колдонулат. *Эмне болгонун шайтан билеби? Өзүлөрүнөн сурабайсыңбы* («Ленинчил жаш»).

ШАЙТАН БОЛУУ. Күтүлбөгөн жерден кырсык чалуу, кокустук болуу. *Шайтан болсо, арык аттабай бут сынат* (макал). *Шайтан болсо, буламыктан тиш сынат* (макал).

В.: Шайтан басуу. *Мени шайтан басып, бара калганымды кара! Мени кайсы шайтан басты!*

Шайтан кысуу. *Бакай билсе бузулбайбы, Чалды шайтан кыспайбы* (Фольк.).

Шайтан саюу. *Аларды шайтан сайып, азезил азгырганбы?* (Бектенов). *Тили уу немени ушул жерден шайтан сайды да койду* (Осмоналиев).

ШАЙТАН МОЙНУН СЫНДЫРУУ. *сүйл.* Анча-мынча жутуп алалы, кичине кылт этип алалы, бир аз ырымы кылалы деген мааниде колдонулат. *Кана, шайтан мойнун сындырып, бир жарышып албайлыбы, - дешти* («Ала-Тоо»). *Чоң кишилер айткандай, шайтан мойнун сындырабыз* (Тойбаев). - *Шайтан мойнун сындыралы,-деп тиги жаңы тааныш шофурум да кыйылат* (Айтматов).

ШАЙТАНЫ КАРМОО. Ачуусу келүү, жини келип, кыжырланып мүнөзү өзгөрүлө түшүү. *«О, кокуй, бу чалдын шайтаны кармады», -деп, карсылдап күлүп, элди тегерене качты* («Ленинчил жаш»). *Шайтаным кармап, өзүмдү өзүм араң токтоттум* (Сыдыкбеков).

В.: Шайтаны мойнуна минүү. *Аны көргөндө шайтаным мойнума минип өзүмдү өзүм араң токтоттум* («Кыргызстан маданияты»). *Ачуусу келип бир катар Мойнуна минди шайтаны* («Манас»).

Шайтаны келүү. *Ырчынын сөзүн укканда Бозуулдун келди шайтаны* (фольк.).

Шайтанын агытуу. *Дагы эмнемди чечейин Асылжан? - деди, көзүнөн шайтанын агытып* (Абдукаимов).

ШАЙТАНЫ КУЮЛУП ТУРАТ. Өтө шок, ашкан тентек, тентеги ашынып кеткен деген мааниде көбүнчө балдарга карата колдонулат. *Уулуңдун шайтаны куюлуп турат.*

В.: Шайтаны көзүнөн куюлуп турат. *Мунуңдун шайтаны көзүнөн куюлуп турат, кантип тыюу берсин, - деди атам* («Чалкан»).

Шайтаны агып турат. *Чоңойсо ал бир өрт чыгат ко, шайтаны агып турат тим эле* («Ленинчил жаш»).

ШАЛКЫСЫ БОШ. Мааниси жок, көңүлсүз, шайы жок, жүүнү бош. *Карындары ач, бардыгынын*

шалкысы бош, ындыны өчүп үлдүрөшөт («Ала-Тоо»). *Шашма, тартынбас, шар мүнөздүү Кубанычбектин шалкысы бош тартканы неси?* (Бейшеналиев).

В.: Шалпы бош. *Эмне шалпың бош? Бир жериң ооруп турабы, -деп апам үйрүлө түштү* («Ала-Тоо»). *Шалпы бош шакирт сенделип кайра кайтты* (Бейшеналиев).

ШАМ-ШУМ ЭТҮҮ. Бир аз тамактануу, өзөк жалгап алуу, анча-мынча бирдеңке жеген болуу. *Анча-мынча шам-шум этип алышып, ашууну карап жөнөштү* (Даникеев). *Кайкы белестеги жалгыз арчанын түбүнө олтуруп куржундарынан бир нерселерди алып, шам-шум этип, бир аз тыныкты* (Медетов).

ШАМЫЯН КАЙРУУ. Такоол берүү, тең тайлаша алуу. *Таш жүрөк, жан кечти Заарбектин жаалына шамыян кайырганга жарабай Таластан Анжиянга кире качкан* (Осмоналиев). *Байымбет канчалык жанын кашайтпасын шамыян кайрып алууга дармансыздыгына өкүндү* (Бейшеналиев).

ШАПАР ТЕБҮҮ. Оюн-күлкү, тамаша куруп көңүл ачуу, ойноп-күлүп ыракаттануу. *Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран* (Бөкөнбаев). *Хан эртеден шапар тээп жүрүп чарчаганда үйүнө кайтты* («Жаш Ленинчи»). *Сиз ушу жерде, так ушул айылда шапар тээп жүргөнсүз* (Абдукаимов).

ШАРДАНА БОЛУУ. Элге билинүү, элге угулуу, жайылып кетүү, белгилүү болуп калуу. *Табалуу Кубаныч шардана болбостон, алдыртан болуп жатты* (Жантөшев).

ШАРДАНА КЫЛУУ. Элге билгизип, таратып, жайып жиберүү. Бул окуяны элге шардана кылып жибербегей эле деп, өзүмчө жүрөгүм түпөйүл боло баштады («Кыргызстан маданияты»).

ШАШТЫСЫ КЕТҮҮ. Эмне кыларын билбей алдастай түшүү, шашып калдастоо, калтаарый түшүү, апкаарып калуу. *Шамбаевдин шаштысы кетип, партиялык чогулушта талкууланып, катуу жаза алганда кайра бөйпөңдөй баштады* («Кыргызстан маданияты»). *Колундагы таягы менен жерди сайгылап, камалып калгансып*

шаштысы кетет (Жусупов). *Мурда эл алдында чыгып сүйлөп көрбөгөн Нурдиндин шаштысы эми кетти* («Ленинчил жаш»).

ШЕЙШЕБИ БЕКҮҮ. Заарасы токтоп, заара кыла албай калуу. *«... Кытайда шейшеби бекип өлгөн абышкамдын кунуна бир саан уй берди...», - деп ой-тоону сүйлөйт* (Акматов).

ШЕЙШЕБИ БОШОО. Тез-тез заара кылуу. *Анан шейшеби бошоп, эшик кайтаргандарды бир күндө нечен ирет буй кылат* (Акматов).

ШЕЙШЕБИН БУЛГОО. Көз жазгыруу, арамдык кылуу. *Башка эмне кылса өзү билсин, шейшебимди гана булгабасын* (Садыбакасов).

В.: Шейшебин тебелетүү. *Менин ак шейшебимди бирөөгө тебелеттирбегин* («Ала-Тоо»).

Шейшебин аяк асты кылуу. *Ак шейшебимди аяк асты кылды.*

ШЕЙШЕП ЖАҢЫРТУУ. Экинчи жолу аял алуу, экинчи жолу үйлөнүү. *Адыке бат эле тогуз кара, беш койду бир айдатып барып шейшеп жаңыртат* (Садыбакасов). *Энебиздин көзү өткөн соң, атабызга шейшеп жаңыртканбыз, - деди Кыдырбай Батийнага* (Сыдыкбеков).

ШЕК КЕЛТИРҮҮ. Сөз тийгизүү, наамын булгоо, сөзгө калтыруу, уят кылуу. *Жок, булар аялдык кылып, анын арбагына шек келтирип жатат* (Бердикеев).

ШИБЕГЕ МЕНЕН САЙГАНДАЙ БОЛУУ. Өтө катуу тийүү, терс таасир этүүдөн улам катуу чочуп кетүү, ыргып кетүү. *Таштанбек шибеге менен сайгандай болуп ыргып турду да таар чапанын илгиртпей ийнине салды* (Саатов). *Анын бул сөзү шибеге менен сайгандай угулгандыктан, отурган ордумдан тура калдым* (Жантөшев).

ШИЛЕКЕЙ АЛЫШУУ. Достошуу, өтө ынак болуу. *Антпе, Шаке, шилекей алышкан акыреттик дос элек ко* (Бердикеев). *Аны менен ырыскыны тең бөлүшүп жешкен, шилекей алышкан дос да болуп кетишкен* (Тойбаев).

ШИЛЕКЕЙИ ТҮШҮҮ. Бир нерсени көрүп ага абдан кызыгуу, аны жегиси, ичкиси келүү.

Берметтин жасаган кулчөтайы, лагманына ал түгүл ток адамдын да шилекейи түшөт (Борбиев).

В.: Шилекейи чубуруу. *Тигиниси Кулубектин аялы, жап жаш..., - деп шилекейи чубуруп кеп кылып келди* (Медетов).

Шилекейи чууруу. *Кычырата чайнап, тили салгылы келди, шилекейи чууруду* (Айтматов).

Шилекейи куюлуу. *Дасторкондогу жайнаган тамакты көрүп, баланын шилекейи куюлуп кетти* («Ленинчил жаш»).

ШИЛИДЕН ӨТКӨРӨ КАРОО. Көзүн албай кадала кароо, тикирее кароо, теше тиктөө. *Болуш заардуу көзү менен тиги кызыл ала болгон жигитти шилиден өткөрө карап турду* (Жоошбаев).

В.: Көзү шилиден өтүү. *Тиктегенде адамдын шилисинен өтө түшкөн көк саргыл көзүн бырыштыра тиктеп турду* (Байтемиров).

ШИЛТЕП КОЮУ. Бирөөгө каршы тукуруп, көкүтүп коюу. *Мурун айткандын сөзүн ээрчип, шилтеп койсо аңды-дөңдү карабай бир тиет* (Ашымбаев).

ШИЛТИСИН КУРУТУУ. Аябай эзүү, абдан кыйноо, өтө оор абалга жеткизүү. *Промсолдун чоңу эч нерсе бербей же балык карматпай, жээкте жашагандардын шилтисин курутту* (Укаев).

В.: Шилтисин түгөтүү. *Эненин секелек чагы, баарынан айрылып, ай талаада калган күнү, анан ар кимдин иргеси шилтисин түгөткөн күндөр...* (Өмүрбаев).

ШИРИДЕЙ КАРА Капкара, өтө кара. *Бети-башынын баарын сакал баскан ширидей кара киши бадалдын арасынан чыга калды* (Абдыраманов).

ШИШ КУИРУК. 1. Ичке, чубалган узун куйрук. *Шиш куйрук козулар.*

2. Бир жерге байыр алып отура албаган. *Буларың жеден шиш куйрук болуп бүткөн тура* («Ленинчил жаш'').

ШИШИ ТОЛУУ. Күнөөсү абдан көбөйүп, ашынып кетүү, эч нерсени көзүнө илбей калуу, өтө көөп кетүү, чегине жетүү. *Сага элеби какмар! Бирөө жазаңды берер! Шишиң гана толду*

(Жусупов). *Адамкүнөөгө батып, шиши толгондо андан жакшылык оолактайт тура* (Осмоналиев). *«Мунун шиши толду, жакында кызматынан бошойт», - деп Кызылбаш күрпүлдөгөн* (Каимов).

ШИШКЕ ОТУРГАНДАЙ. Бир нерсеге абдан кыжалат болуу, сары санаа болуп тынчы кетүү, чыдамсыздануу деген мааниде. *Ыгын келтире албай ичинен кыжынып, шишке отургандай чыдамсызданган Мамбет* (Бейшеналиев).

ШИШКЕ САЯР ЭТИ ЖОК. Өтө арык, абдан арык, териси менен сөөгүнөн башка эч нерсеси жок, тыртайган. *Өзү жүдөө, өлө турганга окшоп шишке саяр эти жок* (Борбугулов). *Шишке саяр эти жок арык бала эле* («Ала-Тоо»).

ШОДОКОНДУН БҮРКҮТҮНДӨЙ. Жулкунуп, жутунуп турган, нысапсыз. *Шодокондун бүркутүндөй эле жутундум* (Кыдырмышев).

ШОК ООЗ. к. Оозу шок.

ШООЛАСЫ ЖОК. Акылсыз, эси жок, колунан эч нерсе келбеген, жөндөмсүз, арсыз. - *Эй, тырышкан кандай өжөр эмесиң. Сен кайдан чыккан машаяксың, ыя? Ушундай да шооласы жок акылсыз болосуңбу?* (Саатов).

ШООНА ЭШЕ АЛБОО. Эч нерсеге жарабоо, башкаларга тең келе албоо. *Эртели-кеч мындай майрамдарга биздин өнөрпоздор катышып калса, бүгүнкү турушубуз менен шоона эшпей калып жүрбөйлү?* («Кыргызстан маданияты»). *Көбүбүздүн эле калпыбыз бар, бирок баарыбыз Ит атардын жанында шоона эшпей калабыз* (Жигитов).

ШОР МАҢДАЙ. Бактысыз, таалайсыз, багы жок. *Сен бир шор маңдай экенсиң.*

ШОРПО ИЧҮҮ. Жазасын алуу, жаза тартуу. *Жолбундун көрөр күнү ушул. Ушул шорпоңду ичкенге сүйүн* (Бейшеналиев).

ШОРУ АРЫЛБОО. Азап тартуу, азаптан башы чыкпоо, өтө кыйналуу. *Муңканган кайгыдагы муңдүү элим, Деги бул арылабы шоруң сенин* (Турусбеков).

ШОРУ КАЙНОО. Азап тартуу, кырсыкка, бактысыздыкка учуроо,

катуу кыйналуу. - *Шордуу... ай! Шоруң кайнап калбаса экен, - деп кара катын Акбаланы кучактап калды* (Укаев). *Жаш балам менен аялыма ээ бербей калганын карышкыр кырса, менин шорум кайнайт экен да* (Осмоналиев). *Дагы бир шор кайнап жүргөн күнү көчөдө келе жатып, бир казак жигитке жолуктук* (Элебаев). *Менин шорум кийин кайнады* (Айтматов)

В.: Шору катуу. *Шоруң ката электе ыгын таап, агаңан кутулгун!* (Осмоналиев). *Мен ошонун мактоосу менен Берметке кабылып, шорум катып кала жаздабадыбы?* (Абдукаимов).

ШОРУ КАЛЫҢ. Азаптан арылбаган, таалайсыз, багы жок деген мааниде бирөөнү аёо, ага боор ооруу иретинде колдонулат. *Шору калың байкуш экенсиң го! - деп кемпир мага жарма сунуп жатып шыпшынып койду* («Ала-Тоо»).

ШОРУН КАЙНАТУУ. Азаптан арылтпоо, аябай эзүү, абдан кыйноо, чоң кырсыкка учуратуу. *Кедейлерди кыңк этип баш көтөртпөй алардын термелеген мээнетчилдигинен пайдаланып шорун кайнатууда* (Бейшеналиев). *Кайберен болсо да эликтин шорун кайнатат элем* (Жусупов).

В.: Шорун шорподой кайнатуу. *Кандай болсо да бир шылтоо таап, бул камбыл неменин шорун шорподой кайнатуу керек деп ойлоду Мырзабай* (Абдукаримов).

Шорун шакардай кайнатуу. *Шашпа, куу туяк томор, шоруңду шакардай кайнатпасам элеби! - деп Касымбек кекенип отурду* (Бейшеналиев),

Шорун катыруу. - *Кайненеси каардуу экен, Кундуз байкуштун шорун катырып, аябай кыйнап салыптыр* (Эсенкожоев). *Ошондо көргүлүктү көргөзүп, шорубузду катырат* (Бейшеналиев).

ШОРУҢ КАТКЫР. Бирөөгө карата бактысыз байкуш, шордуу, бечара деген сыяктуу, бир жагынан боор ооруу, аёо, бир жагынан жемелөө иретинде колдонулат. *Шоруң каткыр, ылымта жер тапсаң го жакшы* (Осмоналиев). *Шоруң каткыр, көздүн жаздымында калды* («Чалкан»).

ШУУ ЭТЕ ТҮШҮҮ. к. Жүрөгү шуу дей түшүү.

ШҮЙҮ КАЧУУ. Үрөйү учуу, коркунуч пайда болуу. *Үйдөгүлөрдүн түрүн көрүп, шүйү качып ал дагы калтаарый түшүп, үнү дирилдеп чыгып араң дегенде: - Эмне болду? - деп сурады* (Өгөбаев). *Атагелди кара аргымакка минип, өлчөөсүз узун найзасын көтөрүп чыкканда элдин шүйү качып, эси ооп калды* (Сыдыгалиев).

ШЫЙРАГЫН КАРМАТПОО. Бербөө, колуна тийгизбөө, жуутпоо, жакындатпоо. *Эми байлар малынын шыйрагын карматпоо аракетинде* (Бейшеналиев).

ШЫЙРАГЫН СЫНДЫРУУ. Көбүнчө, балдарга карата жемелөө, тилдөө, коркутуп опузалоо маанисинде колдонулат. *Мындан ары Тоголок Молдонун мектеп дегенине барсаң, шыйрагыңды сындырам.* (Бейшеналиев). *Шыйрагыңды сындыра электе бас дейм үйгө, бас!* (Саатов).

ШЫЙРАГЫНА ТАТЫБОО. Тең келе албоо, теңдеше албоо, бирдей даражада боло албоо. *Менин жаманым бул мырзанын шыйрагына татыбас* (Сыдыкбеков).

ШЫЙРАГЫНА ТЕҢЕБӨӨ. Теңине албоо, киши ордуна көрбөө, дөөгүрсүп, көтөрүлүп туруу, өзүн жогору саноо. *Береги Орозкул азыр кырым өтүгүн жылтыратып үзөңгүнү чирене тээп, ээрде үргүлөп, шыйрагына киши теңебей келберсип келатканы да ошол кадыр-барктын сыймыгы* (Айтматов).

В.: Шыйрагына илбөө. *Ал мендейлерди шыйрагына илмек эмес* (Абдукаимов).

В.: Бучкагына теңебөө. *Карамак турсун, алар бизди бучкагына теңебейт.*

ШЫКЫТ БОЛО АЛБОО. Такоол бере албоо, эч нерсеге жарабоо, эч нерсе болбоо. *Мунун бир нерсеге шыкыт боло алгыдай түрү жок.*

ШЫЛК ДЕЙ ТҮШҮҮ. Кепке-сөзгө жыгылып өзүн күнөөлүү сезгендей, күнөөсүн мойнуна алгандай ыңгайсыз абалда боло түшүү, уят болуу. *Аны укканда Тойматтын башы жерге кирип, шылк дей түштү* (Каимов).

ШЫЛКЫНЫ БОШОО. Кандайдыр бир нерсеге капа болгондой көңүлү чөгүңкү, сабыры суз абалда болуу. *Ар кимдин оозунан чыккан сөздү угуп, наристе сезимине чок түшкөндөй шылкыны бошоду* (Бердикеев).

В.: Шылкыны куруу. *Бурулча Ураалынын шылкыны куруп отуруп калганын көрдү* (Сыдыгалиев). *Бейшеке жалаага жыгылып жатканын, булар соо койбостугун ошондо гана билип, шылкыны куруп турду* (Саатов).

Шылкыны суу. *Ою ушуга токтоп, шылкыны сууган Опол арманын айтты* (Осмоналиев).

ШЫЛТООГО ШЫНОО. Кандайдыр бир нерсенин себебин, ыгын, эбин табуу, ошого ыйгаруу деген мааниде. *Шылтоого шыноо. Эки иштен бир иш. Кардарлардан суюлганда Дүр мырзага жаңылык жеткизип барайын* (Бейшеналиев). *Ага кошул-ташыл болуп, эми минтип орто жолдо жоопкерчиликти мойнуна үйүп, тизгинсиз байланып,шылтоого шыноо табылып отурат* (Кушубеков). *Байымбет шылтоого шыноо таап боюн алыстатууда* (Бейшеналиев).

В.: Шыноого шылтоо. *Тоголок Молдо кеткенче шыноого шылтоо деп, эл-журту козу-көрпөдөн көтөрүп чаап мейманоодон аянышпайт* (Бейшеналиев).

ШЫМ БОЛУУ. Абдан уят болуу, маскарасы чыгып шылдың болуу. *А кокус Абылов айткан сөзүндө турбай, же колунан келбей калсачы? Анда аныкшым болбодубу* («Ала-Тоо»).

ШЫПТЫ КАШКА. Шыпылдаган, эч ийменип тайманып-тартынбаган, шок. *Бул шыпты кашка азын-оолак малдын этегине эртең эле чыгат, -деди бай* (Аалы). *Шыңгынын уулу Кербени, Шыпты кашка Дөрбөнү* («Манас»).

-Ы-

ЫБА КАРОО. Ырайымдуу мамиле жасоо, көңүл бөлүү, назар салуу, жан тартуу, кайрымдуу мамиледе болуу. *Жапек аба караган туугандардан дагы бир чейрекке жакын эгин жыйнады* (Жантөшев).

ЫГЫНАН ЧЫКПОО. Айткан-дегенине макул болуу, ынтымакты бузбоо, айтканын аткаруу. *Ал сенин ыгыңдан чыкпайт. Тургунбек Алымбайдын ыгынан чыкпай иш алып барганына корстон болду* («Чалкан»).

ЫГЫН КЕЛТИРҮҮ. Ар кандай иштин жөнүн, эбин табуу, оңтойлуу кырдаалды түзүү. *Ыгыма келтирген жок. ыгыма келсе, жыгат элем* («Ала-Тоо»). *Чачылган чарбаны башкарып, иштин ыгын келтирген азаматтар арабызда көп* («Ала-Тоо»).

В.: Ыгын табуу. *Ким тапты сенин ыгыңды, Ким кетирди сыныңды* (фольк.). *Азырынча дардаңдай бер, бир убакта сенин да ыгыңды табармын деген оюн айтты* («Чалкан»).

ЫДЫК КӨРСӨТҮҮ. Кысым кылуу, запкы көрсөтүү, кордук көрсөтүү. *Кыргыл менен Баймат Каныкейге ыдык көрсөтүшкөн* («Манас»).

ЫЗАРГА БАРЫП КЕЛГЕНСҮҮ. Абдан чоң иш бүтүргөнсүү. *Сен эмне эле ызарга барып келгенсип корсоңдойсуң, - деп агасы күпүлдөй койду* («Кыргызстан маданияты»).

ЫЗ-БЫЗЫ ЧЫГУУ. Абдан тынчы кетип күйкөлөктөө, тынчсызданууу. *Жетише албай ыз-бызы чыкты.*

ЫЗ-МЫЗГА КЕЛБӨӨ. Эч буйдалбай, эч нерсеге карабай шашып-бушуу, калдастап кыймылдоо, шашкалактоо. *Ыз-мызга келбей, Байымбеттин колунан ойноктогон атынын суулугун булка таскактаткан бойдон жөнөдү* (Бейшеналиев). *Ыз-мызга келбей тегерете улам сууган жагын издеп, барс-барс аткыды* (Бейшеналиев).

ЫЙМАНДАЙ СЫР. Ичинде бар болгону, бардык чын ойлогону, оюндагы чындыгы. *Мен деле*

жашырбай, ыймандай сырымды төгүп отурам (Медетов). *Күлүмканын эстеп куса болгондо да ушуга ыймандай сырын айтып, ушуга ысык жашытамды* (Өмүрбаев).

В.: Ымандай сыр. *Эми мен сага мынчалык кайрылып калган соң, акылым ордунда, көзүм тирүү чагымда ымандай сырымды ук* (Айтматов). - *Дос-с, андай экенсиң, ымандай сырыңды жашырба* (Бейшеналиев).

ЫЙМАНГА КАМЧЫ ЧАБУУ. Өзүнүн беделине, аброюна шек келтирүү, беделі түшүп, ыңгайсыз абалда калуу. - *Ыймаңызга камчы чаппай сүйлөңүз, карыя!* (Байтемиров).

В.: Ыйманына камчы салуу. *Тике карап туруп, ыймаңызга камчы салбай айтыңызчы* (Байтемиров).

ЫЙМАНЫ ЖОЛДОШ БОЛСУН! «Аркы дүйнөдөн жай тапсын, жаткан жери жайлуу болсун!» деген сыяктуу өлгөн адамга карата жакшы ниетин билгизүү, жакшы тилек каалоо маанисинде колдонулат. *Ыйманы жолдош болсун! - деп, өзүнчө дагы бир нерселерди күбүрөп, бата кылды Мурат карыя* (Медетов). *Ыйманы жолдош болсун, бечара! Өзүн жакшы көрчү элем, адамкерчиликтүү жигит эле, - деди* (Укаев).

В.: Ыйманына жолдош болуу. *Бел байладым өлүмгө, жолдош болуп ыйманым* (Барпы).

ЫЙМАНЫ КИРДӨӨ. Кадыр-баркы кетүү, аброю төмөндөө. *Абдыракман абтабачы «мансапкор», саткын атыгып, журт алдында ыйманы кирдеп калган, ага эч ким макул болбойт* (Касымбеков).

ЫЙМАНЫ ООЗУНАН ТҮШҮҮ. к. Алдасы оозунан түшүү.

ЫЙМАНЫ САМАН БОЛУУ. Катуу коркуу, саруулап, эмне кыларын билбей шаштысы кетүү, далбастоо, апкаарып айласын таппоо. *Ыйманы саман болуп, кире качар тешик таппай, өңү саруулайт* (Убукеев).

В.: Ыманы саман болуу. *Мындай кишилерди көргөндө ыманың саман болуп, жаның оозуңа капталат* (Жантөшев).

Ыманы заман болуу. *Шволиктин ыманы заман болуп, алдынан жер көчтү* (Ашымбаев).

Ыйманы учуу. *Бөбөктүн ыйманы учуп, далай түндү уйкусуз атырды* (Укаев). *Өмүр кылычтын мизинде туруп калган учурда адам ыйманы учуп акылга идиректүү эч нерсе илинбей, сенее түшөт* (Медетов).

Ыйманы төбөсүнө чыгуу. *Көңүлүндөгү күдүгү менен кооптонгонун кара балээнин дал өзүнөн укkан соң, ыйманы төбөсүнө чыкты* (Укаев).

Ыйманы үркүү. *Паризектин ыйманы үркөт, бүткөн бою дүркүрөгөнсүп кетет* (Ашымбаев).

Ыманы учуу. *Өмүр дүбүрт чыккан жакка жалт бурулду. Эмнегедир ашыга бастырган атчандын карааны көрүнгөндө ыманы учту* (Сыдыкбеков).

ЫЙМАНЫ ЫСЫК. Жылдыздуу, сүйкүмдүү, сүйгүнчүктүү. *Байымбет ыйманы ысык, күлмүң көз балага дептерин сунду сынамакка* (Бейшеналиев). *Кыздын жүзү жайдары, жылдыздуу, ыманы ысык болду* («Ленинчил жаш»). *Ыйманың ысьык, жүнүң тирүү, тири каракгыңдан тугандык боорум түтпөй, жетим бөбөктөрүң менен көчүрүп баратам* (Бейшеналиев).

В.: Ыманы ысык. Жолуктум суу боюнан сулуу кызга, *Жылдыздуу ыманы ысык бойго жеткен* (Абдыраманов). *Балпайган ыманы ысык Калыйкан апанын колунан бала кезден даам таткамын* (Жусупов)..

ЫЙМАНЫҢ КҮЙГҮР. Калп айткан, алдаган же башка жөнсүз иш кылган, чектен чыккан адамга карата жек көрүү, наалат айтуу маанисинде колдонулат. *Ыйманың күйгүр, ушак сүйлөбөй, уурулук кылбай жүрө албайсыңбы? - дешип, карылардын баары Доомду ортого алышты* («Ала-Тоо»). *Мындай өзүн өзү сатып, өзүн өзү каралаган ыйманың күйгүрдө кандай касиет болсун!* («Кыргызстан маданияты»).

Ыйманыңды жегир! - *Ой, ыйманыңды жегир! Катын аларың менен эле түтүнгө жазылгансың*(Үметалиев) *Калп айтпа, ыйманыңды жегир! Тозок дегендин балакетине күп эле дей түшөсүң* («Кыргызстан маланияты»).

Ыйманын өрттөнгүр! -*Оо! Ыйманың өрттөнгүр, эмне кылганымдан жаздым сага?!* (Сыдыкбеков).

Ыйманыңды жебе! *Бир ат үчүн ыйманыңды жебе!* (Осмоналиев). - *Салыйка, суугуң өтүнүптүр. Ыйманыңды жебе!* (Жусупов).

ЫЙЫК КӨТӨРҮҮ. Сыйкырдуу, колдоочусу бар деген мааниде бир жакшы көргөн малды арнап, эч кимге тийгизбей, сойдурбай кое берүү. *Сен менин ыйык көтөргөн малымды тилдейсиң деп, Чынтемирди тилдеп, уруп коет* (фольк.). *Садырдын ыйык көтөргөн тору кунаны эле* (Жантөшев).

ЫКЫС БЕРҮҮ. Тап берүү, жүткүнүү, демитип туруу. *Бычак сабы кончтон чыгьт, ыкыс берип өңүп, араң турат* («Ала-Тоо»).

ЫЛЫМ САНОО. Жан тартуу, жакынсуу, ие тартуу, жакшы көрүү. *Касымбек өз кадырын көтөрткөн шайырларынын ичинен ылым санаганы, менчик деп эсептегени Нурдин* (Бей-шеналиев). *Канткен менен жердештик кылып, ылым санап, адамгерчилик кылып жатпайбы* (Абдукаимов).

ЫМАНЫ ЗАМАН БОЛУУ. к. Ыйманы саман болуу.

ЫМАНЫ САМАН БОЛУУ. к. Ыйманы саман болуу.

ЫМАНЫ УЧУУ. к. Ыйманы учуу.

ЫМАНЫ ЫСЫК. к. Ыйманы ысык.

ЫМЫР-ЧЫМЫР БОЛУУ. Чымырап уюгандай же жыбыр-жубур эткендей абалда боло түшүү. *Айшанын бүткөн бою ымыр-чымыр болуп маңдайынан тер чыпылдай түштү* (Жантөшев). *Өйдө турайын десем, бутум ымыр-чымыр болуп жыгылып кете жаздадым* («Ленин-чилжаш»).

ЫНДЫ КАРА. Аябай кара, көмүрдөй кара, капкара. *Өз кызматын билсечи, Ынды кара чубалбай* (Токобаев). *Бул кайсы ынды кара дешип, отургандар күбүр-шыбыр боло түштү* («Ала-Тоо»).

ЫНДЫНЫ ӨЧҮҮ. Бир нерседен үмүтү үзүлгөндөй маанайы пас болуп, көңүлү чөгүү, капа болуу, жылдызы түшүү. *Бирок, эч жакка кете албасын, эч*

жерде эч кимге кереги жоктугун, каалагандай жашоону эч жерден таба албасын ойлойт да ындыны өчөт (Айтматов). *«Кабар Барбы? деген суроосу, жеңесинин ындыны өчкөн кабагынан көңүл отуна кайра суу себилгени дароо сезилип, кайра терс карай жүккө чекесин сүйөй калды* (Касымбеков). *Ичкилик ичпеген анын көзү бул иштин аягы эмне менен бүтөрүнө жетип, ындыны өчтү* (Медетов).

В.: Ындыны куруу. *Деги мындан кандай айла менен кутулушат? Башын чайкап, ындынын куруп отурду Токтогул* (Касымбеков). *Ындыны куруп, кыйлага үңкүйүп отуруп калды Акбалба*н («Ала-Тоо»).

ЫҢЫРЧАГЫ ЫРДАП, КЕРЕГЕСИ КЕРДӨӨ. Абдан кедейленүү, жакырлануу, колго илинер эч нерсеси жок, ач-жылаңач калуу. - *Ыңырчагы ырдап, керегеси кердеп турган шордуунун жалгыз чобурун таштап кеткиле!* (Үмөталиев). *Кечээ күнкү ыңырчагы ырдап, керегеси кердеген кембагалдар бүгүн жыргаган турмушта* (Ала-Тоо»).

ЫҢЫРЧАККА МИНГИЗҮҮ. Колдо болгонунун бардыгынан ажыратуу, колдон түшүп, мүңкүрөгөн абалга келтирүү. *Аны алыс жакка мына эми мен айдатам, ыңырчакка мингизем* (Абакиров).

ЫР ДАЙРАСЫ ТАШУУ. Мыкты ырдоо. *Мөңгүсү эрип көңүлдүн, Ыр дайрасы ташыды* (Айтматов)

ЫР ЖАНДУУ. Ырга жакын, ырчылыгы бар, шайыр. *Кой, ички деми алоолоп, эркиндикти, эл арасын эңсеген ыр жандуу тукумунун убалына калбасын* (Бейшеналиев).

ЫРАА КӨРҮҮ. Бир нерсени бирөөгө кыюу, ылайык деп табуу, ыйгаруу. *Жемишин терип, жыгачын кыйып күн көрсүн деп ыраа көргөн кудай өзү!* (Абдыраманов). *Эгер билсең, сенин өзүңдү да күйөөңө ыраа көрбөй, күнүлөй баштадым, -деди Кумриханга* (Абдукаримов).

ЫРАҢДАН АДАШУУ. Азапка кабылуу, кыйналуу. *Ыраңымдан адашып, чөптөй болдум, Умсунум* (Барпы).

ЫРАС БОЛУПТУР! Чала болуптур, сооп болуптур, ошондой болмок деген сыяктуу табалоо

маанисинде колдонулат. *Айткан тилди албай, оюндагыны бербей кеттиң эле, ырас болуптур, ошону көрмөксүң* («Кыргызстан маданияты»).

ЫР ЖОРГОСУН ЧАБУУ. Ырды төгүү, сабалатып кошуп ырдоо. *Карыпсың коңур үн, Ыр жоргосун чапканда* (Барпы).

ЫРГЫП КЕТҮҮ. Кызматтан бошоо, түшүп калуу. *Темиркан зоотехникке орношкону да бат, ыргып кеткени да бат, азырынча өз ордун таба элек* («Чалкан»).

ЫРГЫТКАН СӨӨК БАШЫНА ТИЙБЕГЕН. Жүдөгөн, азып-тозгон, начарлаган, колунан эч нерсе келбей сандалган, тентиреп күн көргөн. *Каныбектин ким экенин билбейсиңерби? Ал баягы эле ыргыткан сөөк башына тийбеген кул деп жүрөсүңөрбү?* (Жантөшев).

В.: Ыргыткан куу сөөк башына тийбеген. *Ыргыткан куу сөөк башына тийбеген бир бечара экен, жайына кой* («Чалкан»).

ЫРГЫТКАН ТАШЫ ӨРГӨ КУЛОО. Иши оңолуу, арааны жүрүү, ийгиликтин үстүндө боло берүү, иши илгери болуу. *Дур мырзанын «чу» дегенде эле ыргыткан ташы өргө кулап, эки тизгин бир чылбырды биротоло колуна алды* (Бейшеналиев). *Учурунда анын ыргыткан ташы улам өргө кулап турган* (Сыдыкбеков).

В.: Ыргыткан ташы өйдө кулоо. *Азыр анын ыргыткан ташы өйдө кулап турган кези.*

Ыргыткан ташы алыс түшүү. *Анын колунда бар, ыргыткан ташы алыс түшөт* (Байтемиров).

ЫРП ЭТЕРГЕ АЛЫ ЖОК. Дарманы жок, алы-күчү кетип, шайы ооп калган, күч-кубаты кеткен. *Жанатан аркы-терки чуркап жүрүп, аябай күйүгүп, ырп этерге алы жок* (Исмаилов). *Жалгыз жатат Табылды, Ырп этерге алы жок* («Эр Табылды»).

В.: Ырпы куруу. *Бүткөн боюм талмоорсуп, ырпым куруп, ыпым дарманым жок* (Даникеев).

ЫРЫ ТҮГӨНҮҮ. Соодасы бүтүү, иши начарлоо, колунан эч нерсе келбей, мурдагысындай болбой начар абалга келүү. *Баягынын бири жок. Анын ыры*

түгөнгөн кези. Далай жерде, далай кызматтын башында иштеп жүрүп, ал ыры түгөнгөн кезде айылга келди («Чалкан»).

В.: Ыры ырдалып бүтүү. *Ыры ырдалып бүткөнү менен адам эсептешпейт турбайбы* (Борбуев).

ЫРЫС КЕСЕР. Кесирдүү, колунан эч нерсе келбесе да анчамынчаны теңине албай, жактыра бербей ыргыштаган, ырысын тепкен. *Тоо арасында сандалган ырыс кесер, кесирдүү Самсалы көл башындагыларга зорго жеткен экен* (Осмоналиев). - *Күн чыгып кетмек болду, о-о ырыс кесерлер* (Акматов).

В.: Ырыс кыркар. - *Ырыс кыркар! - дедим Адылды ичимден жектеп* (Бердикеев).

ЫРЫСКА ШЕРИК. Ак жолтой, жолу жакшы, кең пейил, асыл мүнөздүү. - *Ырыска шерик, жаныбарым* (Осмоналиев). *Сайкал өңдүү, түстүү, ырыска шерик, ургаачынын жабылуу кара иңгени* (Сыдыкбеков).

ЫРЫСКЫСЫ ТҮНДҮКТӨН КУЮЛУУ. Иши оңолуп, болуптолуп туруу. *Ошол ырыскысы түндүктөн куюлуп турган мезгил болучу* (Бердикеев).

ЫРЫСЫ ТАЙКЫ. Бактысыз, таалайсыз, багы ачылбаган, турмуштан анча жолу болбогон. *Ырысы тайкы шордууга экинчи жолу да күйөөдөн кудай айтпаптыр* («Ле-нинчилжаш»).

ЫРЫСЫ ТООДОЙ. Бактылуу, таалайлуу, иши оңунан чыккан. *Иншалла, ырысыбыз тоодой экен. Тилегиме жеттим* (Бейшеналиев).

ЫРЫСЫН КЫРКУУ. Багын байлоо, жолуна бөгөт болуу, келечегине жолтоо болуу. *Казактын кедейлиги Батийнанын ырысын кыркып отурат* (Сыдыкбеков). *Кургакчылык кедей-дыйкандардын ырысын кыркты* (Абдукаримов).

ЫРЫСЫН ТЕБҮҮ. Көпкөлөң тартып, абдан орунсуз иш кылуу, кесир чайкоо. *Ээ ырысыңды тепкен сен да кишисиңби?* («Кыргызстан маданияты»). *Ырысын тепкен кемпирге падышалык аздык кылып, алтын балыктын өзү керек болду* («Жомоктор»).

ЫРЫСЫНА БАЛТА ЧАБУУ. **к. Тамырына балта чабуу.**

ЫРЫСЫНА ЧЫЧУУ. Убалына калуу, жаман абалга, кырсыкка дуушар кылуу. *Сен бул кылыгыңды койбосоң, балдардын ырысына чычасың деп катуу жемеледи* («Ала-Тоо»).

ЫРЫСЫҢ КАТКЫР! 1. Жакшылык көрбөгүр, көгөрбөгүр деген мааниде тилдөө, жемелөө иретинде колдонулат. *-О-о! Үлдүрөгөн ырысын каткыр, сен кимсиң ыя? Үлдүрөбөй тың бол дебедим беле?* («Ала-Тоо»).

2. Бактысыз, байкуш деген сыяктуу аео, боор ооруу, жаны ачуу маанисинде колдонулат. *-О... сербейген ырысың каткыр. Түйтөйгөн шордуу ай... Кой, ыйлаба!* (Сыдыкбеков).

В.: Ырысы кыркылуу. *ЫРысың бүт кыркылат, Тилегиңе жетпегин* («Мендирман»).

ЫРЫСЫҢДЫ ЖЕБЕ! Калп айтпа, болбогон сөздү сүйлөбө, алдаба деген сыяктуу жемелөө, жекирүү маанисинде колдонулат. *ЫРысыңды жебей жөн жүр.*

В.: Ырысыңды жегир! *ЫРысыңды жегир, кудайды карап калп айтсаң боло!*

ЫСКАТЫҢА КОЮЛГУР. Аяган, бербеген буюмундун убайын көрбөй кал деген сыяктуу каргоо маанисинде айтылат. *Аяганың ошо болсо, ыскатыңа коюлсун, - деген сөз Алыбекке катуу тийди* («Ала-Тоо»). *ЫСкатыңа коюлгурдун малы.*

ЫС-МЫСКА КЕЛБӨӨ. Аял- буялга, кепке, сөзгө келбей, шашып калуу, өтө тез, эч токтоосуз кыймылда болуп шаштысы кете түшүү. *ЫС-мыска келбей кирип барып папкасын сунду* (Кыдырмышев). *Кемпир карындагы майды алды да ыс-мыска келбей оозун ача баштады* (Байтемиров).

ЫСЫГЫНА КҮЙҮП, СУУГУНА ТОҢУУ. Турмуштун бардык кыйынчылыгын, оорчулугун, азап тозогун көтөрүү, ошого чыдоо. *Мына ушул заводдо беш жылдан бери ысыгына күйүп, суугуна тоңуп тынымсыз эмгектенип келе жатам* («Кыргызстан маданияты»). *ЫСыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп окуган* (Бердикеев). *Аны эл менен элче, дыйкан менен дыйканча жашап, ысыгына күйүп, суугуна тоңуп акыл тажрыйба тизгинин кош колдоп кармагандар гана түшүнөт* (Эралиев).

ЫСЫК БОТКОДОЙ ЖАБЫШУУ. Акидей асылуу, жанын койбой асылып алуу, тынчтык бербөө, сураганын албай тынбоо. *Сен ысык боткодой жабышбачы кишиге* («Ала-Тоо»*). Жабышканда да ысык боткодой жабышабыз (*Жантөшев).

ЫСЫК-СУУГУ ЖОК. Тиешеси жок, пайда- зыяны тийбей турган кайдигер бир нерсе. *Бу деген сиз менен бизге түк ысык-суугу жок бир байдын кызы* (Саатов). *- Апей, катыгүн? Зайыбын алган эри төркүлөтөт. Же мунун ысык-суугу жокпу сага*? (Сыдыкбеков).

В.: Ысык да эмес, суук да эмес. А*па буйругун уулу укмаксан: - Баары бир. Баягы Нурбай коногун кууду дешер көп болсо, ал мага ысык да эмес, суукда эмес* (Осмоналиев).

ЫСЫК-СУУГУНА КҮЙҮШҮҮ. Бири-биринин үзүрүнө, шартына карашуу, туура түшүнүшүү. *Эгер адам ушундайда бири-биринин ысык-суугуна күйүшпөсө, жанагы сүйүү деген улук сезим кайда калат?* (Исмаилов).

ЫСЫК-СУУККА БЫШКАН. Турмуштун ар кандай шарттарына көнүп, кадик болгон, бышыккан, такшалган, дасыккан. *Асылкан эмгектин ысык-суугуна бышкан жогорку түшүмдүн устаты* («Кыргызстанаялдары»).

ЫСЫК ЭЛЕ ЖАНЫ БАР. Абдан бош, араң жан, жүүнү бош, илээнди, шалакы. *Жигит өзү мыкты болгону менен, келинчеги ысык эле жаны бар неме экен* («Ленинчилжаш»).

ЫШПАЛДАСЫ ЧЫГУУ. 1. Тамтыгы кетүү, чалдыбары чыгуу. *Кокус бирөөнүн аялуу жалгыз кастюмунун ышпалдасы чыгып калса, ал байкуш-тун убал-сообу кимге?* (Кыдырмышев).

2. Айласыз, абдан жүдөгөн, арыпачкан өтө начарлаган абалга келүү. *Аныш баягы заманы жок, ышпалдасы чыгып бүтүптүр го* («Ленинчилжаш»).

ЫШЫ КҮБҮЛҮҮ. Болгон мүмкүнчүлүгүнөн, колундагысынан ажырап мүнкүрөп калуу. *Малына чиренген байлар бир жолку жутта эле ышы кубүлүп, ит көрбөгөн күндү көрүп калышты* («Ала-Тоо»).

-Э-

ЭБЕДЕЙИ ЭЗИЛҮҮ. Чын дили, чын ыкласы менен ичи-боору элжиреп, абдан берилип жакшы көрүү, аябай эзиле кубануу, сүйүнүү. *Баласы колунан тартып, улам бир нерсени жаңдап көрсөтүп кожураганын көрүп, тыпыйган манжаларынан өпкүлөп атасынын эбедейи эзилди* («Кыргызстан аялдары»). *Семетей тирүү деп угуп, Эбедейи эзилип, Эт жүрөгү сүйүнүп* («Сейтек»).

В. Эбедени эзилүү. *Нускалуу байбиче эбедени эзилген акынды торсогой уулу менен алектендирбей этиет өз бооруна алды* (Бейшеналиев). *Маңдайындагы улан-кызга эбедени эзиле, алардын ар бирин өөп-жыттап, жалбарып жатты Телегей* (Өмүрбаев).

ЭБЕПКЕ-СЕБЕП БОЛУУ. Оңдой берди болуу, бир нерсенин эби, оңтою, жагдайы келе түшүү, дарысы жагып калуу. *Балким, эбепке-себеп болуп калгысы бардыр* («Ден соолук»). *Кансыраган көкбөрүчүнү эбепке-себеп болор деп, Васил дарыгерге жеткиришиптир* (Бейшеналиев).

В.: Эбепке-себеп табылуу. *Эбепке-себеп табыла берет тура* (Эралиев).

Эбептен-себеп болуу. *Эбептен-себеп болуп айыгып кеткендеринен колу жеңил деген кеп укчу (*Бердикеев).

ЭБИ-СЫНЫ ЖОК. Ийкемдүү эмес, колжойгон, анча жөндөмү жок. *Бурул ушул эби-сыны жок баланын олдоксон сүйлөгөнүнө жана мүнөзүнө кызыгуучу* (Каимов)

ЭГИЗ КОЗУДАИ. 1. Айрып алгыс, абдан окшош. *Береги эки баланын эгиз козудай бирине биринин окшошу деп таңданып өтүүтү* (Сыдыкбеков).

2. Эч ажырашпай, бөлүнүшпөй, абдан ынак жакын адамдай, кыйышпастай деген мааниде. *Канткенде эгиз козудай ээрчишип бирге жүргөн, агарып-көгөргөн адамдан ажырап жашоого болот* (Исмаилов).

В.: Эгиздин сыңарындай. Эгиздин сыңарындай болсо да сени соо койбойтдеди («Ала-Тоо»).

Эгиздин түгөйүндөй. *Не дейт, датка эгизиңдин түгөйүндөй болгон күндө да... көзүнө ордосун жамандап кирсең чочуп чыйыттап кетиши ыктымал эмеспи?* (Касымбеков).

Э ДЕДИРБЕЙ. Дароо, ошол замат, токтоосуз, ооздон чыгары менен. *Ал менин оюма э дедирбей макул болду* («Кыргызстан маданияты»).

ЭКИ АЙТТЫРБОО. Сөзүн эки кылбоо, айтары менен орундатуу, айтканын эки кылбоо. *Борколдойдун оозу булк этеби, булк этсе аны эки айттырбай угуш керек эмеспи* (Кыдырмышев).

ЭКИ АНЖЫ. Олку-солку, бир пикирге, бир чечимге келе албаган, чечкиндүү эмес. *Изат да эки анжы ойдо турган эле* (Даникеев). *Ниети эки анжы орто заар Жалий талмоорсуй саамга кимисине не дээрин билбей дапдаарыды* (Бейшеналиев). *Эки анжы элдин ичи боло калды Канчасы Төлөк тарткан жолго салды* (Аады).

ЭКИ АЧА. Бирдей эмес, бири-бирине карама-каршы, туура келбейт, айырмачылыгы бар (сөзү, ою ж.б.). *Алардын сөзү эки ача чыгып калды.*

ЭКИ БАКЫР, БИР ТУКУР БОЛУУ. Ынтымакташуу, биргелешүү, баш кошуу. *Эки бакыр, бир тукур болуп, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарсак жакшы болбойбу, - деп кай бир байманаптар бирди-жарым кедейлерди алдап жүрөт* (Жантөшев). *Алар эки бакыр, бир тукур болгондон бери жубайы менен бирге иштейт* («Советтик Кыргызстан»).

ЭКИ БЕТИ ТУЛТУЮ. к. Бети түгөнүү.

ЭКИ БЕТИНЕН КАНЫ ТАМГАН. к. Бетинен каны тамган.

ЭКИ БОЛБОО. 1. Айтканы айткандай болуу, дегени дегендей так орундалуу. *Артык акенин айтканы эки болбой, бардык кишилер анын оозун карар эле* («Ала-Тоо»).

2. Иши оңолбоо, артынан кетүү, жакшылыкка жетпөө. *Анын эки болуп кеткенин көрө албадым, баягыдай эле* («Ала-Тоо»).

В.: Эки кылбоо. *Буйругун эки кылбай барган күнүм, Кутулбай залим байдан арман күнүм* (Барпы).

Бул аймакта анын бүтүмүн эки кылчу ким? (Бейшеналиев).

ЭКИ БУТУН БИР КОНЧУНА СЫЙДЫРУУ. Катуу кысмакка алуу, абдан кыстоо, айласын кетирүү, аябай кыйноо. *Бул кабарды укканда Матынын эки бутун бир кончуна сыйдырды* (Жантөшев). *Тапшырманы төкпөсөң шыбырга айдаласың, -деп эки бутун бир кончуна сыйдырды* (Сыдыкбеков). *Бул иреңи сууктун эки бутун бир кончуна сыйдырып, көрсөтөт элем* («Ала-Тоо»).

В.: Эки бутун бир кончуна кийгизүү. *Карабайдын каары Абастын эки бутун бир кончуна кийгизип, айласын кетирди* («Ала Тоо»).

Эки бутун бир кончуна тыгуу. *Үч күнгө жеткирбей суботка тапшыргыла деп, бюродо эки бутун бир кончуна тыкты* (Осмоналиев). *Төлөмүш оюнда Шаршенин эки бутун бир кончуна тыктым деп, маашырланып калды* («Чалкан»).

Эки бутун бир өткөө киргизүү. *Уурулугу кармалып, айыбы ачылган Дөөмдүн эки бутун бир өткөө киргизип, ишин сотко берди* («Советтик Кыргызстан»).

Эки бутун бир өткөө сыйгызуу. *Акмат эртең менен Оторбайды чакырып алып эки бутун бир өткөө сыйгызып туруп, Жапардын эки жылдык акысын алып берди* (Жантөшев).

Эки бутун бир кончуна катуу. *Анысын бий билип калса эки бутун бир кончуна катат эле* (Убукеев).

ЭКИ ДЕБӨӨ. Жалган айтпоо, айтканынан кайтпоо, убадага бек болуу. *Ага ишене берсең болот, ал эч качан эки дебейт* («Ленинчил жаш»).

В.: Эки сүйлөбөө. *Кээде эки сүйлөп коймою да бар* (Шүкүрбеков).

ЭКИ ДҮЙНӨДӨ ЫРААЗЫ. *Абдан ыраазы, аябай ыраазы экендик. Басия, Алексей! Силерге эки дүйнөдө ыраазымын* (Тойбаев). *Күйөөңө айт, астыбызга түшсүн, түшпөсө сага эки дүйнөдө ыраазы эмеспиз* («АлаТоо»).

ЭКИ ЖЕРДЕ ЭКИ ТӨРТ. Бир иштин болору, орундала тургандыгы, аткарылары анык, өтө так, сөзсүз колдон келет деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Директордун колун өзүндөй*

кылып коюу колдон келет. Кокуй, буларың мен үчүн эки жерде эки төрт дегендей эле нерсе эмеспи («Советтик Кыргызстан»).

ЭКИ ЖҮЗДҮҮ. Өң карама, бир сөздө турбаган, өңдү көрсө жүз тайды, тайсалдама, кошоматчы. *Сени жаман көргөнүм бул: эки жүздүүсүң* (Байтемиров). *Калимжан аке жалаң гана жалкоо эмес, эки жүздүү да турбайбы* (Сыдыгалиев). *Өлүмдөн корккон кишилерди да көрдүм, булар жалтанчаак, коркок, күн карама, эки жүздүү болуп калат экен* (Абдукаимов).

ЭКИ ЖҮЗДҮҮЛҮК. Кошоматчылык, күн карамалык, коркоктук, чыккынчылык. *Ач көздүк менен эки жүздүүлүк эми уругун чача албайт, биз аны күнүгө аластап турабыз* (Ашымбаев). Байбиченин балдарынын биргелешип аны саткан эки жүздүлүгүнүн өчүн алууга Калпа ызаланат (Бейшеналиев).

ЭКИ ИШТЕН БИР ИШ. Бир иштин шылтоосу менен экинчисин кошо бүтүрүү деген мааниде. *Эки иштен бир иш, азыркы биз кеп кылып отурган маселени аныктап, тактап келүүгө тийишсиң* (Эралиев). *Шылтоого сыноо, эки иштен бир иш. Кардарлардан суюлганда Дүр мырзага жаңылык тартууну жеткизип барайын* (Бейшеналиев).

ЭКИ КАТ. Боюнда бар, кош бойлуу. *Тиги келини кургур эки кат, айы жетилип калгансыды* (Касымбеков).

В.: Эки кабат. *Келин эки кабат окшойт, тамакты жерип жүргөн өңдөнөт* («Ала-Тоо»).

ЭКИ КОЛУ БИР ООЗУНА ТҮТПӨӨ. Абдан шашып тамактануу, алдындагысынын баарын кайсай берүү, катуу киришүү (көбүнчө өтө ачка болуп же тамактын каары өткөн адамга карата). *Ороз менен Сейиттин эки колу бир оозуна түтпөй аймап-күймөп катуу кетишти* (Убукеев).

ЭКИ КОЛУ ООЗУНА ЖЕТҮҮ. к. Колу оозуна жетүү.

ЭКИ КОЛУН БООРУНА АЛУУ. Боюнан бошонуу, аман-эсен төрөп алуу деген мааниде. *Аман-эсен эки колуңду бооруңа алып ал, балам, -деп кемпир абдан ыраазы болуу менен алкады.*

ЭКИ КОЛУН МУРДУНА КАТУУ.Колуна кармаган, арнап ала келген эч нерсеси жок, куру кол келүү. *-Билип көрөйүн, - дедим мен, жаза атып алсаң, эки колуңду мурдуңа катып барып көзүнө көрүнбө, андан көрө маралдар менен кошо жогол* (Айтматов).

В.: Эки колун мурдуна тыгуу. *Анткени, булар күн төлөйбүз деп, бар малынан түгөл ажырап, эки колун мурдуна тыгып, түктүүдөн түгү калбай калды* (Үмөталиев). Эки колун мурдуна тыгып жетип келиптир (Айтматов).

ЭКИ КОЛУН ТӨБӨСҮНӨ АЛЫП КЕТҮҮ. Бардыгынан кечип, экинчи кайрылгыс болуп безип кетүү маанисинде колдонулат. *Бизди ата-эне деп айтканга көнбөсөң, эки колуңду төбөңө алып кет* (Сыдыкбеков).

ЭКИ КӨЗҮ ТӨРТ БОЛУУ. Бир нерсени абдан самоо, эңсөө же бирөөнү чыдамсыздык менен зарыга күтүү, ак эткенден так этүү. *Өмүр бою элге аралашсам дегенде эки көзүм төрт болуп бүткөн* (Медетов). *Жок дегенде, элдүү жерге жетсем дегенде Таабалдынын эки көзү төрт болду* («Ала-Тоо»). *Убактысынча болсо да тынчтанса экен деп эки көзү төрт боло самаган Сулайман* (Осмоналиев).

В.: Эки көзү төрт. *Сөзү урпактарга жазма түрүндө жетсе дегенде эки көзү төрт* (Бейшеналиев). *Мектеп, бала бакча аймакташ болуп, айыл ичинен орун алса дегенде эки көзүбүз төрт* («Советтик Кыргызстан»). *Айдоого эртерээк киришсем дегенде механизатордун эки көзү төрт* (Айтматов). *Шаарды көрсөм дегенде эки көзүм төрт* (Айтматов).

Көзү төрт. *Жамгыр башталып, иңир кире электе капчыгайдын төрүнө жетип алсак экен дегенде Ажыбектин көзү төрт* (Кушубеков). *Ырас, кан төгүлбөсүн дегенде Мадамин бектин көзү төрт* (Касымбеков).

ЭКИ КӨЗҮ ЧАНАГЫНАН ЧЫГУУ. к. Көзү чанагынан чыгуу.

ЭКИ КӨЗҮ ЧАЧЫРОО. к. Көзү чачыроо.

ЭКИ КӨЗҮН АЛБОО. к. Көз айырбоо.

ЭКИ КЫЛБОО. к. Эки болбоо.

ЭКИ ОЙЛУУ БОЛУУ. Белгилүү бир пикирге, жыйынтыкка, тыянакка келе албоо, чечкиндүү боло албоо. *Жалий эки ойлуу болуп, дендароо боло түштү* (Бейшеналиев).

ЭКИ ООЗ. Бир аз, анча-мынча, көп эмес (сөз, кеп ж.б. жөнүндө). *Алардын бир эле жалынып койгон эки ооз сөзү бизге канча дем берди эле* (Жусупов). *Анысын Касым бала сезген да эмес, Беттешип эки ооз сөзгө келген да эмес* (Осмонов). *Же эки ооз кошок кошуп, элдин көңүлүн албадың* (Жантөшев).

В.: Эки-үч ооз. *Эки-үч ооз сөз чүргөп, элдир-селдир ыр жазган* (Маликов). *Эки-үч ооз сөздү түзүктөп айта албаган бир байкуш экен* («Кыргызстан маданияты»).

ЭКИ ООЗУНУН БИР ООЗУ. Айткан сөзүнүн көбү, кайра-кайра кайталап айта бергендеринин бардыгы. *Досуңуздун эки оозунун бир оозу эле сиз* (Бейшеналиев). *Ыры менен ышкырыгы басыла калса, эки оозунун бир оозу машинада* (Өмүрбаев).

В.: Эки оозунун бири. *Маречек аябай толкунданып, эки оозунун бири эле: «Мынакей бакыт издегендерге жол ачылды», - дейт* (Ашымбаев). *Ошондо эки оозунун бири - Шволик болду, аны көрүнгөнгө кайбаттап бүттү* (Ашымбаев).

ЭКИ ОТТУН ОРТОСУНДА. Ортодо калып, айласын таппоо, кыжалат болуу. *Ысмайылды кыя албай, же кайын энесин кыя албайт. Эки оттун ортосунда турду* (Айтматов).

ЭКИ СӨЗДҮН БАШЫН КОШО АЛБОО. Сүйлөй албоо, айта албоо. *Жадагалса эки сөздүн башын кошо албаган коноктор менен өтүгүн майрыйта баскан ашкебилер да ага сыйтагып сүйлөйт* (Жигитов).

ЭКИ СӨЗДҮҮ. Убадасында турбаган, сөзүнүн тургу жок, калп айтып коймо. *Экөөнү беттештире келгенде эки сөздүү Эстебестин айыбы ачылды* («Чалкан»).

ЭКИ СҮЙЛӨӨ. Убадасында турбоо, калп айтуу, орунсуз сөздөрдү айтып коюу. *Кээде эки сүйлөп коймоң да бар, жөн жүрбөйсүң* (Шүкүрбеков).

ЭКИ ТИЗГИН, БИР ЧЫЛБЫР. Бийлик, толук башкаруучулук. *Булар журт бийлеп көнүп калышкан, эки тизгин бир чылбырды бирөөгө оңойлук менен бере коюшпайт* (Касымбеков). - *Эки тизгин, бир чылбырды өзүң ал эми! - деп батасын берген* (Осмоналиев). *Эки тизгин, бир чылбыр дале ошолордун колунда болсо, эми кайрылып барып, алар менен катар иштеп тура алабы!* (Айтматов).

В.: Эки чылбыр, бир тизгин. *Акырындап уруктун эки чылбыр бир тизгини да колуна тийди* (Абакиров).

ЭКИ ҮЗӨҢГҮНҮ БИРДЕЙ ТЕМИНҮҮ. Эки жакка тең болуу, калыс болуу, калыс кылуу маанисинде. *Кээде эки узөңгүнү бирдей теминип коюу да жаман эмес* (Үмөталиев).

В.: Эки үзөңгүнү тең теминүү. *Сен, эки үзөңгуну тең темин, антпесе калыстыктан тайып каласың* («Кыргызстан маданияты»).

ЭКИ ЧАЙНАП, БИР ЖУТУУ. Ары-бери, тез эле жок кылуу, жоготуу, буйдамга келтирбөө. *Алар бизди колунан келсе, эки чайнап, бир жуткулары келет* (Жантөшев). *Колуна берсең, эки чайнап, бир жутчудай, - деди Атабай бүйрөсү кызып* (Саатов)'.

В.: Эки чайнап, бир бүркүү. *Ал эмес, бул жердеги элүү башыңды эки чайнап, бир бүркүп койбойт беле* (Жантөшев). *Көрөт элем анын көзүнчө ушентип айтканыңарды, эки чайнап бир бүркмөк* (Абакиров).

ЭКИНИН БИРИ. Мыкты, абдан чыгаан, көрүнүктүү, белгилүү. *Ошол Сергей кызмат жагынан дагы көтөрүлүп, Ташкенте экинин бири болуп иштейт* (Бейшеналиев). *Ыраматылык Шамбет да экинин бири болуп, колхоздун бир тармагын жетектеп жүрүп дүйнөдөн кайтты* (Бердикеев).

ЭЛ АЯГЫ СУЮЛУУ. Келген-кеткендер, баскан-тургандар азайып, сейрек тартып калуу, басандай түшүү. *Ашка келгендер тараганда, эл аягы суюлганда жалгыздап барат* (Осмоналиев). *Салтанаттуу жыйын тарап, эл аягы суюлуп калган кезде Карел менен Ашырбек сүйлөшүп турду* (Ашымбаев).

В.: Эл аягы басылуу. - *Кана, даяр болдуңарбы? Эл аягы басылып, элдин бардыгы кызык уйкуга кирди, - деди Маты* (Жантөшев). *Кара чал жиберген тыңчы ал аягы басылганда айылдын четине келди* (Жоошбаев).

Эл аягы суу. *Эл аягы сууган мезгилде, доктурга көрүнүүгө кечке жакын келиптир* («Ленинчил жаш»).

ЭЛ БОЛУУ. Ынтымакка келүү, тилектеш болуу, касташпоо, жоолашпоо. *Эл бол десем эл болдуң Эзел жок менин арманым* («Курманбек»).

ЭЛ КАРАГАН БЕТИ ЖЕР КАРОО. Катуу уят болуу, уятка калуу. *Не деген киши эле. Эл караган бети жер карады, турмушу да курусунчу, - деп көрүп тургандар абдан кейиди* («Ала-Тоо»).

В.: Эл караган жүзүн жер каратуу. *Эл караган жүзүмдү жер каратпагылачы! - деп жиберди* (Осмоналиев). *Элибиздин эл караган жүзүн жер каратабыз десеңер өз эркиңер!* (Медетов).

ЭЛ КАТАРЫНА КОШУЛУУ. Турмуш-шарты оңолуп өйдөлөй баштоо, элге аралашуу, элге теңелүү. *Акыры мен эл катарына кошулдум* (Жусупов).

ЭЛ КӨЗҮНӨ. Башкалар ушундай экен го деп түшүнсүн, ушундай деп ойлосун деген максатта, сыр алдырбоо аракетин билдирүүдө колдонулат. *Байымбет эл көзүнө эчтекени элебегендей тымызын мемиреп, ...булардын көксөөсүн суутуу максатын көздөдү* (Бейшеналиев).

В.: Душман көзүнө. *Душман көзүнө ошондой кыла туруш керек деди* («Ала-Тоо»).

Журт көзүнө. *Айла канча, жашынын, тагынын улуулугун сыйлап, журт көзүнө зорго сыртка чыгара албай ичинен кайра зиркилдөөдө* (Бейшеналиев).

ЭЛ ООЗУ ЭЛЕК. Элде ар кандай сөздөр боло бериши мүмкүн, көпчүлүкгө ар кандай сөздөр боло берет деген мааниде колдонулат. *Айтор эл оозу элек эмеспи, кандай десе ошо десин, деги ишиңди айтчы* (Ашымбаев). *Эл оозу элек, андан көптү да айтышы мүмкүн* (Жантөшев).

В.: Эл оозунда элек жок. *Тантыбасаңчы, эл оозунда элек жок дейт* (Тойбаев). *Эл оозунда элек жок, Элден ушак кеп угуп* («Эр Төштүк»).

ЭЛ ООЗУНА АЛЫНУУ. к. Оозго кирүү.

ЭЛ ООЗУНА КИРҮҮ. к. Оозго кирүү.

ЭЛ ОРУНГА ОТУРУУ. Кеч кирип, караңгылык толук өкүм сүрүп, элдин баары жайланышып, жай-жайына отуруп калган маал, учур деген сыяктуу убакыт маанисинде колдонулат. *Адылбек үйгө келгенде каш карайып, эл орунга отуруп калган эле* (Өмүрбаев). *Күлжан эл орунга отурганда үйүнө келди* (Байтемиров).

ЭЛЕП-ЖЕЛЕП БОЛУУ. к. Жүрөгү элеп-желеп болуу.

ЭЛЕС АЛБОО. Назар салбоо, анча көңүл бөлбөө, байкабоо. *Эмил келинге бир карап койду да, анча элес алган жок* (Сыдыкбеков). *Баланын бой жетип калганын анча элес албай жүргөн турбайбызбы, - деп ата-энеси бир топко кобурашып отурду* («Ленинчил жаш»).

В.: Элес кылбоо. *Эне сөзүн Үмөтай элес кылып койгон жок* («Семетей»).

ЭЛДЕН ЧЫГУУ. Эч кимге кошула албай четтеп калуу, эдден бөлүнүп калуу. *Сөзүңөр өтпөй эч кимге элден чыгып калбаңар* (Жантөшев).

В.: Элге батпоо. *Ал өзү ошондой орду жок неме, элге батпай калды* («Ала-Тоо»).

ЭЛДИН БЕТИН КАРАЙ АЛБОО. Катуу уят болуп, сынып, элден четтеп калуу. *Ал бечара баласынын азабынан элдин бетин карай албай калды* («Ленинчил жаш»).

ЭЛЕКТЕН ӨТҮҮ. Чоң сыноодон, далай кыйынчылыктардан өтүү, абдан сыналуу. *Сасыкбай далай электен өткөн киши* (Байтемиров).

ЭЛИК СҮТҮН БЕРҮҮ. Өзү төрөбөсө да өзү төрөгөндөй. өз баласындай асыроо, өздөй кылып багып өстүрүү, өз балам деп саноо. *Алым - Айшанын элик сүтүн берип баккан баласы* (Жантөшев). *Мына, энелери, бириң кызды төрөп ак сүтүңдү берсең, калганың элик сүтүңөрдү бердиңер* (Өгөбаев).

В.: Эмчек сүтүн бербесе да, элик сүтүн берүү. *Эмчек сүтүн бербесе да, элик сүтүн берип, алпечтеп өстүргөн Зарылбүсүнөн эне менен ата карын ажырагысы келбейт* (Өмүрбаев).

ЭЛТЕҢ-СЕЛТЕҢ ЭТҮҮ. Чочулап элеңдөө, эки жагын тез-тез карануу, бир нерседен кооптонгондой болуу. *Караңгыда сербеңдеп, элтең-селтең этип шашып, анда-санда желип коюп келатат* (Сыдыкбеков).

ЭМНЕ ШАМ. Ага атак-данктын, шаани-шөкөттүн кереги жок деген сыяктуу мааниде. *Жараса жарар, жарабаса комузун чертип топоңдоп кайра келер. Балага эмне шам* (Бейшеналиев).

ЭМДЕП-ДОМДОП КОЮУ. Тартипке чакырып окутуп коюу, уруп, таяктап коюу. *Жан алгычтар эмдеп-домдоп коюшту* (Аалы). - *Жөн кой, андан эч нерсе болбойт. Энеси эмдеп-домдоп койду окшойт. Мындан кийин андай тентектик кылбайт* («Чалкан»).

ЭМЧЕК СҮТҮМ АК КЫЛАМ. Энелик акымды кечем, ыраазы эмесмин деген мааниде айтылат.

ЭМЧЕК СҮТҮН АКТОО. к. Эне сүтүн актоо.

ЭНДЕЙ ЭТЕК. к. Чалма этек.

ЭНЕДЕН ТУУМА. Дырдай жылаңач, жыпжылаңач, кийимсиз *Өмүрү чоочун кишилердин алдында энеден туума болуп чечинт көрбөгөн элеттик ургаачылардын заманасы куурулду бейм.* (Сыдыкбеков). *Жигитин чаптырып, аны алдырып келет. Энеден туума чечинтип сабашат* (Осмоналиев).

ЭНЕ СҮТҮ ООЗУНА ТАТУУ. Аябай кыйналуу, өтө жаны кейүү, көп кыйынчылыкты башынан өткөрүп, көрбөгөндү көрүү, кордук көрүү. *Андагы көргөн күндү айтпа, эне сүтүбүз оозубузга татыды го* (Жантөшев). *Капкайдагы жаш балдар тартип үйрөтүп, тилдеп турса, эне сүтүң оозуңа ошондо татыр* (Абдукаимов).

В.: Эне сүтү оозуна келүү. *Кыл чылбыр балык этке батканда эне сүтү оозуна келип, туткун онтой баштады* (Осмоналиев).

ЭНЕ СҮТҮ ООЗУНАН КЕТЕ ЭЛЕК. Жаман-жакшыны көрүп кагылып бышыга элек, өсүп жетиле элек, өтө жаш, эч нерсе көрө элек. *Эне сүтү оозунан кете элек сага окшогон малакайлардын неченин көргөмүн* («Советтик Кыргызстан»). *Мен алтымыш таянып азынап турган чагымда эмес, эне сүтү оозумдан кете элек эселек күнүмдө эч кимге алдаткан эмесмин* (Тойбаев).

В.: Эне сүтү оозунан арыла элек. *Анын эри Чолок этек да эне сүтү оозунан арыла электе орустун чочкосун баккан* (Өмүрбаев).

Эне сүтү эрдинен кете элек. *Эне сүтү эрдинен кете элек бала менен чырлашкысы келбеди* («Ала-Тоо»).

Оозунан сүтү кете элек. *Оозунан сүтү кете элек бала да.*

ЭНЕ СҮТҮ ООЗУНАН КУРГАГАН. Чоңойгон, өсүп жетилген, баралына келген. *Ашырбек ага караганда жаңыдан гана эне сүтү оозунан кургаган боз уландай сезилчү* (Ашымбаев).

ЭНЕ СҮТҮН АКТОО. Эли-журту, мекени, энеси ыраазы болгудай иш кылуу, ошого татырлык кызмат өткөрүү, жан аябай кызмат кылуу. *Күрөшүп силер менен жан беремин, Антпесем кантип актайм эне сүтүн* (Турусбеков). *Биздин максат эне сүтүн актамак, Улуттукту, жакшы салтты сактамак* (Сарногоев).

В.: Эмчек сүтүн актоо. *Сен эмчек сүтүн актабайсыңбы? - деди* (Сыдыкбеков).

ЭНЕ СҮТҮН КЕЧҮҮ. к. Ак сүтүн кечүү.

ЭНЕ СҮТҮН ООЗУНА ТАТЫТУУ. Аябай кыйноо, көрбөгөндү көрсөтүп, сазайын колуна берүү, кордук көрсөтүү. *Мен сенин эне сүтүңдү оозуңа татытып коём, бала!* (Саатов). *Эне сүтүн оозуна татытып сүй жыгуучу* («Советтик Кыргызстан»).

ЭНЕСИ ЭРКЕК ТУУГАНДАЙ. Аябай сүйүнгөндөй, кубангандай. *Эмне кыйкырдың энең эркек тууганда?* (Айтматов). *Дубанов аны көргөндө энеси эркек тууганда сүйүнүп, мадыраңдап сүйлөдү* («Ала-Тоо»).

В.: Энеси эркек төрөгөндөй. *Айбаттуу замбиректин үнүн укканда Савчук менен Турганбай энелери эркек төрөгөндөй кудуңдап, сүйүнүп турушту* (Абдукаимов).

ЭНЕСИН ТААНЫТУУ. к. Атасын таанытуу.

ЭМНЕ БОЛСОҢ, ОШО БОЛ. Жайына коюу, эч көңүл бөлбөө маанисинде. *Эмне болсоң, ошо бол дегенсип, ишти да талап кылбай калды* (Бердикеев). *Анан калса Сылыйды эмне болсоң, ошо бол деп, акырында таштап салар адам беле?* (Исмаилов).

ЭНЧИСИНЕ БАСЫЛУУ. Жеке өзүнө, жалгыз өзүнө тиешелүү болуу. *Сенин энчиңе басылуу беле? Бул көпчүлүккө тиешелүү, - деп ачуусу келе түштү* («Чалкан»).

ЭНЧИСИН КОЛУНА БЕРҮҮ. к. Адебин колуна берүү.

ЭҢСЕСИН КЕСҮҮ. Демин кайтарып, жоошутуу, тыйып коюу, басып коюу. *Чоң үмүт менен келген Байымбетти туугандары эңсесин кесип койду* (Бейшеналиев). *Эрегишкен шер болсо, эңсесин кескен эр Канай* («Манас»).

В.: Эңкеси кесилүү. *Ойлогон ою ордунан чыкпай, эңкеси кесилип отуруп калды.*

Эңсеси кесилүү. *Анын эңсеси кесилди.*

Эңсеси катуу. *Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет* (макал).

ЭР БҮЛӨ. Эркектер, эркек аттуунун баары. *Мен кыйын деген далай эр бүлөлөрдү кербен башчыларына дайындап жөнөттү* (Бейшеналиев). *Бүт эр бүлө, минтип, майданга кетип жатабыз* (Абдукаимов).

ЭР ЖАК. Киргенде үйдүн эркекке таандык болго жагы, солжак. *Эржакта ээр, камчы илинүү* (Мидин).

ЭР ЖЕТҮҮ. Чоңою, бой жетип азамат болуу, баралына жетүү. *-Жалгыз түтүн Чүйдөгү Айылчы тууганыңдан жук күтүп, эр жетип келсең, ...буердеги түптүү журтуң сени кантип томсортолу* (Бейшеналиев). *Балдарыбыз эржетип, экөө тең институтта окуп жатышат* (Мырзаев).

ЭР ЖҮРӨК. Коркууну, кайра тартууну билбеген жалтанбас, тайманбас баатыр. *Чолпонбай сыяктуу эр жүрөк уулдарыбыз элибиздин сыймыгы болот* («Советтик Кыргызстан»). *Табылды деген эр жүрөк азамаштын башчылыгы менен ыгымчыгымдан баш тартып кол курашты* (Бейшеналиев).

В.: Эр көкүрөк. *Жолой жашынан эле чыйрак чыгып, эр көкүрөк баатыр болот* (Жантөшев). *Ак-Жардагы жылкычылар арасында эр көкүрөк айлакерлери да болгон* («Кыргызстан маданияты»). *Эр көкүрөк Оросул «эмне кыласың?» - деп бир ооз сураган да жок* (Осмоналиев).

ЭР ОРТОНУ. 45-50 жаштын айланасы, жаш ортосу деген мааниде көбүнчө эркектерге карата колдонулат. *Арзыбай эр ортонунан ашып калган, ошондо эле башкарма* (Каимов). *А түгүл эр ортонуна жакындап калган кишидей* (Абдукаимов).

ЭРДИН КЕСЕ ТИШТӨӨ. Абдан өкүнүү, өкүттө калуу. *Букарбай булардын шартын укканда абдырай түшүп, эрдин кесе тиштеди* (Бейшеналиев). *Атай жакшы кабардан куру калганына ызаланып, эрдин кесе тиштеди* (Каимов).

ЭРДИ-ЭРДИНЕ ТИЙБӨӨ. Шакылдап тез-тез сүйлөө, токтобой сүйлөй берүү. *Эрди-эрдине тийбеген Сурмакан токтолбоду* (Сыдыкбеков).

В.: Эрди-эрдине жукпоо. *Эрди-эрдине жукпай эбирешет.*

ЭРИШ-АРКАК БОЛУУ. Бири-бирине жардамдашып жөлөктаяк, таяныч болуу, ынтымакташуу, биргелешүү. *Калык ырчыны таап, таанышып, аны менен эриш-аркак болуп, анын төрүндө ызаттуу мейман катары байырлады* (Бейшеналиев). *Алардын эриш-аркак болуп кеткенине жан үрөп иштедик* (Бердикеев).

ЭРИШ БУЗУУ. Өтө оор кылмыш кылуу, тартипти, салтты бузуу, ынтымакты, ыркты кетирүү. *Эр өлтүрүп, эриш бузганым жок* (макал). *Мыкты болсо эр Түлкү, Эриш бузуп, эл чапсын* (фольк.).

ЭРКЕ БАЛА. Жородо, шернеде оюн-тамаша баштоого, уюштурууга дайындалган адам же

жоронун билерманы. *Талпынып, көтөрүлө албаган үч жорунун экөөнү жыга чаап, бирин чырмап эрке балага тирүү алып келишти* (Осмоналиев).

ЭРКЕ ТАЛТАҢ. Обу жок, жөнү жок, эң эле эпсиз эрке. *Жылдызкан Кумриханга окшогон эрке талтаң кыздардан тил укса да ыйлаган эмес* (Байтемиров).

ЭРКЕК ТАНА. Эркек бала, эркек аты бар, эркек сөрөй. *Ушул айылдагы эркек таналар мени мас болгон сайын үйгө жеткирип турса* («Кыргызстан маданияты»). *Эркек тана эмеспи, алы келбесе да аракет кылып, тырбаландап жатат, -деп чоң ата небересине ичинен ыраазы болгондой* («Ала-Тоо»).

ЭРТЕ КҮНДҮ КЕЧ КЫЛБАЙ. Кечиктирбей, узартпай, тезирээк, эртерээк, көпкө созбой. *Баргыла эми, эрте күндү кеч кылбай* (Абакиров). *Кой, муну кийин угарсыңар, эрте күндү кеч кылбай жолдон алыстагыла* (Медетов).

ЭС-АКЫЛЫНА КЕЛҮҮ. к. Эсине келүү.

ЭС МАС. Бир нерсени даана сезе албай бүдөмүк, чала-була бүшүркөгөндөй, сергек эмес абалда (көбүнчө эсин жоготуп бараткандай же уйку-соонун арасында болгондой учурларга карата). *Келин эс мас болуп өзүнө келе албай жатат деп үрпоңдөшүп, бетине суу чачышты* (Бейшеналиев). *Чоюбек уйкудан көзүн ача албай эс мас далдыраганынан чыйрала боюн жазат* (Бейшеналиев).

ЭС ТОКТОТУУ. Акыл-эске кирип, чоңоюп ар нерселерге түшүнө баштоо. *Апам кийинчерээк мен эс токтотуп калган кезде каза болду* («Ала-Тоо»).

ЭС-УЧУН ЖОГОТУУ. Эстен танып, эч нерсени сезбей, эси ооп калуу. *Эс-учун жоготуп алдан тайып турган баланы мүрзөгө алып барышкан жок* (Өмүрбаев). *Төлөмүштүн көзүнөн от чагыла түшүп, эс-учун жоготуп койду* (Бердикеев).

В.: Эс-учун билбөө. *Төлөмүш андан чыккандан кийин эс-учун билбей жыгылып калды* (Бердикеев). *Мен эс-учумду билбей жатып калып, сизди аябай кыйнаган турбаймынбы* (Саатов).

Эс-учунан ажыроо. *Же уктаганы, же эси ооганы белгисиз болуп, кайрадан эс-учунан ажырады* (Осмоналиев).

Эс-учунан тануу. *Баласы эс-учунан танып, күн сайын оордоп баратыптыр* (Бейшеналиев).

Эсинен тануу. *Жалгыз баласынын жоодо калганын угуп, шордуу эне эсинен танып жыгылды* (Укаев). *Кыдырбектин кабарын угуп, Бермет эстен танды* (Абдукаимов).

ЭС-УЧУН ЖЫЙНОО. Акыл-эсине келип, эс ала түшүү, бир нерселерди даана сезип сергий түшүү. *Эс-учун жыйнап, дароо жер таянып, эки жагын карады* (Ашымбаев). *Кийин эс-учумду жыйган күндөн тартып, күкөнүм көз алдыман кетпей койду* (Өмүрбаев).

В.: Эсин жыюу. *Мен эсимди жыйып, эки жагымды карасам, ак кийинген чоочун адамдар турат* (Жантөшев). *Кудайберген далайда барып эсин жыйды* (Мырзаев).

Эсине келүү. *Акбалбан эми эсине келип, маң болуп туруп калды* (Касымбеков). *Мени кош аттап докторго алып келишет. Эртеси түштө эсиме келем* (Жантөшев).

ЭСЕБИ ЖОК. Эң эле көп, болжолсуз, ченемсиз. *Макел Дөө деген балбаны Эсеби жок чоң экен* («Манас»). *Эчки, теке, кийиктер, Эсеби жок семирген* (Токтогул). *Аларда малдын эсеби жок.*

ЭСЕБИН ТАБУУ. Кандайдыр бир нерсенин ыңгайын, жөнүн, шартын таап тууралап коюу. - *Кана, жүргүлө, булардын эсебин өзүбүз табабыз* (Элебаев). *Эсил башың чаппасам, Эсебиңди таппасам* («Сейтек»). *Бардык кекти аларбыз. Эсен болуп элтурса, Эсебиңди табарбыз* (Бейшеналиев).

ЭСИ ЖАРЫМ. к. Жарым эс.

ЭСИ КЕТҮҮ. Эмне кыларын билбей дал болуу, айласы куруу. *Мына ушундай ойлор менен башын айлантып, эмне кыларын билбей эси кетип жүрүшөт* (Алыбаев). - *Сен кайдан?... Сен кайдан?... деп, эси кетип, жамынчысын колуна илештире албай аны чумкөнөйүн деди, ошого далдаланайын деди* (Касымбеков).

Э С И - К Ө Ө Н Ү Н Ө Н КАЛБОО. Эч унутулбоо, такыр унутулгус, эстен кеткис болуу (өтө оор же абдан кубанычтуу иштерге карата). *Өткөн кылымдагы Музооке бабасынын кордугун эми өзү тартканы Байымбеттин эси-көөнүнөн калбас болду* (Бейшеналиев).

В.: Эси-көөнүнөн кетпөө. *Бул түн Алымкулдун эси-көөнүнөн кетпей турган эң бактылуу түн болду* (Абдукаримов).

ЭСИ ООП КАЛУУ. Эс-учун жоготуп, эч нерсени сезбей калуу, дел боло түшүү. *Бутун колу менен сыйпалап көргөн Төлөмүштүн эси оой түштү* (Бердикеев). *Ал чыгып кеткенден кийин Качике эси ооп, бир топко далдырап жатып калды* (Абдукаимов).

В.: Эси эңгирөө. - *Мейли... деди ал эси эңгиреп* (Касымбеков). *Булар чыгып кеткен соң Сылыйдын эси эңгиреп, заманасы куурулду* (Исмаилов).

ЭСИ ЧЫГУУ. Коркуу, коркуп, чочуп кетүү. *Мылтык атылар замат тула боюм дүрүлдөп, эсим чыгып кетти* (Жигитов). *Тамак иче баштаганыбызда эшикти бирөө кагып, такылдатып калды, эсибиз чыгып кетти* (Бердикеев).

ЭСИ ЭКИ БОЛУУ. Эмне кыларын билбей алдастап айласы кетүү, шайы кетүү, кыйналуу. - *Эмнени эстейм! Эсим эки болуп жатса* («Кыргызстан маданияты»). *Кызымды соорото албай эсим эки болду* («Ленинчил жаш»).

ЭСИН ЖЫЮУ. к. Эс-учун жыйноо.

ЭСИН ЭКИ КЫЛУУ. Айласын кетирүү, кыйноо, эсин оодаруу, шаштысын кетирүү. *Кулпурган келинчек сыр көргөзө жигиттин колуна тийбей, эсин эки кылууга өттү* (Бейшеналиев). *Бир үйдөн кесе, бир үйдөн дасторкон, бир үйдөн табак жыйып эсибизди эки кылбады* беле (Укаев).

ЭСИНЕ ЖАРА ЧЫГУУ. Такыр унутуп калуу, эстей албоо, эсине келтире албай убараланууу. *Эсиңе жара чыккыр кечээ эмне жакшылап карабадым? Ооба, ошол* («Ленинчил жаш»). *Карачы, мындайда эсиме жара чыгып, атын да унутуп калбадымбы* (Казакбаев). *Ким эле... Эсиме жара чыккыр ай. Укканым ырас* (Тойбаев).

ЭСИНЕ КЕЛҮҮ. 1. к. Эс-учун жыйноо.

2. Ойлонуу, абдан ойлонуп бир тыянак чыгаруу, токтолуу, басырыла түшүү. *Ушунчасында эсине келсин, көзүн ачсын!* (Сыдыкбеков). *«...мындан кийин көркоолордон сак болоюн», - деп ичинен эсине келээр* (Бейшеналиев).

ЭСИНЕ КЕЛТИРҮҮ. Тезге салуу, бир аз тартипке чакырып, окутуп коюу, тизгинин тартуу. *Анын күчү жеке Бошкойду эсине келтирүү эмес, Чыныбайды атап бардык канкорлорду жектөө* (Бейшеналиев).

ЭСИНЕ КИРҮҮ. Чоңоюп, эс тартып аркы беркиге түшүнүп калуу. *Сен деген эсиңе кирген чоң кызсың, кой ыйлаба, басыл* (Медетов).

ЭСИНЕН ТАНУУ. к. Эс-учун жоготуу.

ЭСКИ ЖАРАНЫ КОЗГОО. Эчак өтүп кеткен, унутулуп бараткан ачуу кайгыны, кекти, кейиштүү нерсени эске салуу, кайра жаңыртуу.

ЭСКИ ЖООРУН ЧУКУУ. Унутулуп калган жаман кылык-жорутун, терс көрүнүштөрүн айтып эскертүү. *Койсоңчу, чал, бирөөнүну эски жоорун чукуп эмне кыласың, - деп байбичеси тыйган болду* («Ала-Тоо»).

ЭС-ЭС БИЛҮҮ. Ачык, даана биле албаса да, элес-булас, бүдөмүк, чала-була эсинде калуу. *Ал «Темир» романын окуганына көп болгон. Эс-эс билет* (Эралиев).

ЭСКИ МАЛДЫН КӨЗҮНДӨЙ. Кандайдыр эбактан, мурдатан көрүп-билип жүргөндөй, тааныштай, көзгө үйүр сыяктанган. *Эски малдын көзүндөй, ой-кырларыма жөө кыдырып, теңтуш-туушкандарым менен баарлаштым* (Жантөшев).

В.: Эски көздөй. *Атадан балага мурас болуп келе жаткан эски көздөй ысык дүнүйөлөрдөн өлбөй туруп айрылмак эмес* (Укаев).

ЭТ БАШ. Кем акыл, акылсыз. *Мындай учурда бул эт баштан эмне акыл чыкмак эле деп, кайрылган да жок* («Ала-Тоо»).

ЭТ-БЕТИНЕН КЕТҮҮ. 1. Бир нерсеге өтө дилгир экенин билдирүү аябай үзүлүп түшүү. *Командировка десе эт-бетибизден кетип, абдан талашабыз го* («Ала-Тоо»). *Байкеңкине барып кел десем эт-бетинен кетти* (Бердикеев).

2. Өтө жакшы көрүү, жан дили менен мээримдүү кабыл алуу. *Ата да, эне да балам деп эт-бетинен кете турган болот* (Мырзаев). - *Жезде, болуш эт-бетинен кетип ыраазылыгын билдирбеди, - деп таарынбаңыз* (Бейшеналиев).

В.: Эт-бети менен күтүү. *Сабыр бул жолку саякатка сүйүнүп, эт-бети менен кетти* (Жусупов).

Эт-бетинен жыгылуу. *Ушу китеп дегенде өмөчөктөп эт-бетиңден жыгылып түшчү элек* (Медетов).

Эт-бетинен түшүү. *Кузгундай эт-бетинен түшө калып, эти менен сөөгүн таразалап* (Көчкөнов).

ЭТ БЫШЫМ. Эт бышканчалык, болжол менен алганда эки саатчалык убакты. - *Ашыкпаңыз. Сары-Уңкуйдун белесин эт бышымда ашып, тез эле жетем* (Бейшеналиев). *Каалашса акындар чай кайнам, эт бышым жамактатып ташташат* (Токтогул).

ЭТ ЖҮРӨГҮ ЭЗИЛҮҮ. к. Жүрөгү элжирөө.

ЭТ ЖҮРӨГҮ ЭЛЖИРӨӨ. к. Жүрөгү элжирөө.

ЭТ МЕНЕН ЧЕЛДИН ОРТОСУНДА Эки ортодо, алжакка да бул жакка да ачык копгулбаган абалда, эки ортодо эптеп мүлтүлдөп жашаган, кошоматчылык менен күн көргөн. *Тап күрөшү учурунда эт менен челдин ортосунда тынч жашай берүүгө болбой тургандыгын жаңы досторунун жардамы менен түшүндү* (Абдыраманов). *Мамбеткул эт менен челдин ортосунда байкалбай кала берди* (Бейшеналиев).

В.: Эт менен челдин арасында. *Эт менен челдин арасында жан багып жүргөн адамдар чечкиндүү ишке бел байлай албайт* («Чалкан»).

ЭТЕГИ БҮТӨЛҮҮ. Турмуштиричилиги оңолуу, бир нерсеге жетишип кенеле баштоо. *Этегиң*

эми бүтөлдү го, кайда эле жарыган неме элең, - деп каарып кирди (Абдукаримов).

В.: Этеги узаруу. *Мага келип, мени менен коңшу болгон соң гана ушинтип этегиң узарып отурат* (Үмөталиев). *Баары бир этеги узарбайт, тумшугу жарыбайт шум баланын* (Осмоналиев).

Этеги эки болуу. - *Ошол он-он беш тыйынга этегиң деле эки болуп кетпеди го, Аписа...* (Жусупов). *Эки-экиден чабышып жүрүп алардын этеги эки болдубу* (Осмоналиев).

ЭТЕГИ ЖАЙЫЛУУ. к. Этек-жеңи жайылуу.

ЭТЕГИ ЖЕРГЕ ЖЕТПӨӨ. к. Этеги тизесине жетпөө.

ЭТЕГИ ЖЫРТЫЛУУ. Эч натыйжасыз аракет кылуу, катуу далбас уруп убараланууу. *Ал бечара сен үчүн, сага жакшы эле этеги жыртылды, эч кайрылбай койдуң го* (Укаев). *Бара берип этегим жыртылды* («Ала-Тоо»).

В.: Этегин жыртуу. *Мен канчалык этегимди жыртсам да булар мени түшүнө турган кейпи жок, - деп Салима нааразы боло баштады* («Ала-Тоо»).

Этек-жеңин жыртуу. *Ага мынча эмне этек-жеңиңди жыртып убараланасың* («Кыргызстан маданияты»). *Алдыдагы боло турган жаңылыкка күтүнүп, этек-жеңин жыртып, эбилип жүргөн эч ким көрүнбөйт* (Жантөшев).

ЭТЕГИ ТИЗЕСИНЕ ЖЕТПӨӨ. Эч жакшылык көрбөө, оңолуп кете албоо, жарыбоо, өтө начар абалда болуу. -*Кептин баары ошо этеги тизесине жетпеген куу туяк Молдодо* (Бейшеналиев). *Өмүрү этегиң тизеңе жетпей, колуң ашка жетпей, кадам сайын бутуңдан каргыш чалып куурап жүрүп өт* (Байтемиров).

В.: Этеги толорсугуна жетпөө. *Ал деле этеги толорсугуна жетип жыргап кеткен жери жок* («Чалкан»).

Этеги жерге жетпөө. *Ысактын деле этеги жерге жеткен жери жок* («Ала-Тоо»).

Этеги такымына жетпөө. *Этеги такымына жетпеген куур тондор төбөгө чыкты го?* (Каимов).

Этеги узарбоо. *Жарытылуу эмгек кылып, маңдайыңдан тер чыкпай этегиң өзү эле узарбайт* («Ала-Тоо»).

Этеги эки болбоо. Көлгө барганыңар менен этегиңер эки болбойт, - деп бизди азгыра баштады (Турусбеков) *Ошондо деле этегим эки болгон жок* («Ала-Тоо»).

ЭТЕГИ ЭЛЕК, ЖЕҢИ ЖЕЛЕК БОЛУУ. Чын ыкласы, бүт мүмкүнчүлүгү менен, тыным албай, аябай эмгек кылуу. *Эне бечара келин алганына жетине албай этеги элек, жеңи желек болуп иштеп жүрдү* («Кыргызстан маданияты»). *Деги жек көргөн кишисин да эрите сүйлөп, этеги элек, жеңи желек болгон элпек мамилеси менен жайлаган атасы кыйын эле дешет* (Бейшеналиев).

ЭТЕГИН КАРМОО. Бирөөгө сүйөнүп, аны кара тутуу, ага ишенүү, ошонун жардамын көрүү деген мааниде. *Каленжан, мындан ары ушул турган көпчүлүк сенин этегиңди кармамакчы* (Укаев). *Көнгөнүңдөй казалын көчүрүп, таркатып, кат-сабатыңды арбытът, Молдокеңдин этегин карма, - деп атам жиберди* (Бейшеналиев). *Бакы менен кудасөөк болуп этегин кармасам, чамгарагыман кут түшпөйбү* (Осмоналиев).

ЭТЕГИНЕ ЖАМЫНУУ. Бирөөнүн аркасы менен, бирөөгө сүйөнүп иш кылуу, күн көрүү (көбүнчө терс мааниде). *Ал молдо эмес эле Тазабектин этегине жамынып жүргөн кургур тура* (Сыдыкбеков).

ЭТЕГИНЕ ЖЫГЫЛУУ. Мүнкүрөп көз каранды болуу, колдон түшүп сурануу, кечирим суроо. *Башкарма мүчөлөрү анын этегине жыгылып, жалынып-жалбарат деген ойдо эле* (Ашымбаев). *Эркек башың менен эрди-катындын этегине жыгылып элчилик» сурадың* (Эралиев).

ЭТЕГИНЕ НАМАЗ ОКУУ. Бирөөгө сыйынуу, айткан-дегенинен чыкпай аябай көзүн кароо, көшөкөрлөнүү, кошомат кылуу, кулдук уруу. *Башкарма боло электе өз агасы Мендирман Шоорук менен Бердибайдын этегине намаз окуган көшөкөрү эле* (Сыдыкбеков). *Нөкөн менен өмүр шерик болмок түгүл, этегине намаз окууга тура чуркоочуларды жок деп ким айта алат* (Үмөталиев).

В.: Этегине таазим кылуу. *Сени жаман жоруктан таза сактап калгандары үчүн экөөнүн тең этегине таазим кыла турган жөнүң бар* (Айтматов).

Этегине тоop кылуу. *«Ыйыкмын, бу ар кошкон букара түбөлүккө этегиме тоop кылат» деп билген, ага астейдил ишенген* (Касымбеков).

ЭТЕГИНЕ ЫРЫС ТОЛУУ. Бактылуу болуу, этек-жеңи жайылып, жадырап-жайнап туруу. *Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт таенеси* (Айтматов).

ЭТЕГИНЕ ЭРМЕШИП, ЖАКАСЫНА ЖАРМАШУУ. Туткактап коё бербөө, бура бастырбоо, уйгактай жабышуу. *Чурулдаган калкалардын этегине эрмешип, жакасына жармашты* («Ала-Тоо»).

В.: Этек-жеңине жармашуу. *Берки экөө Букарбайдын этек-жеңине жармаша көкөйүндөгүлөрүн ажылдап бучкакташты* (Бейшеналиев).

ЭТЕГИНЕН ЖАЛГОО. Төрөө, балалуу болуу. *Ага жараша кудай этегинен жалгап койсо Гулбүбүнүн үй-жайдын ээси жеке өзү болоруна шек жок* (Сыдыкбеков). *Экөө эки ууртаган соң, Ак Эрке чынынын түбүндөгү калган сууну «этегинен жалгасын!», «Очогунан жалгасын!» деп ырым кылып, оттун боюна тегерете сээп салды* (Касымбеков).

ЭТЕК АЛДЫНАН. Алдыртан, тымызын, жашырын. *Айткан сөзүңөр, этек алдынан сунган караңар Совет өкмөтүнүн саясатына карама-каршы, - деди* (Каимов).

ЭТЕК БАСТЫ БОЛУУ. Бир жерге жайланып, байыр алып, орун алып туруп калуу (көбүнчө аялга карата). Багы ачылып, этек басты болуп калса болду эле, - деп отургандар кобураша кетти («Ала-Тоо»).

ЭТЕК-ЖЕҢИ ЖАЙЫЛУУ. **1.** Бала-чакалуу болуу, укум-тукуму өсүү. *Бүбүнүн этек-жеңи жайылып, очор-бачар болуп отурат* (Жантөшев). *Анын этек-жеңи жайылып байбиче болоюн деп, азыр ай-күнүнө жетип калыптыр* (Сыдыгалиев).

2. Иши оңолуу, бардар, бейпил турмушта жашоо. *Айнагүл чатырап гүлдөп, этек-жеңи жайылып күлпуруп турган чагы да* (Сыдыкбеков). *Жетишпестик жоголуп, Жайылган кез этек-жең* (Үмөталиев).

В.: Эгеги жайылуу. *Анын үйүнө барганда этеги жайылып жыргап калат* (Медетов).

ЭТЕК-ЖЕҢИНЕ ЖАРМАШУУ. к. Этегине эрмешип, жакасына жармашуу.

ЭТЕК-ЖЕҢИ ТАЙКЫ. Колунда жок, жоксуз, жарды, кедей. *Беш түтүнү бирдей этек-жеңи тайкы, куур тонду эттерине кийген кызыл боор кембагалдар* (Сыдыкбеков).

ЭТЕКТЕН АЛУУ. Айласын, шаштысын кетирип, кыйын-кыстоо абалда калтыруу. *Жоо этектен алды го, Кан чеңгелин салды го* (Турусбеков).

ЭТИ АЧЫНУУ. Катуу кордук көрүп, жаны кейүүдөн аябай ыза болуу, ардыгуу, жаны кашайып ачуусу келүү. *Эти ачынган Батийна тилин тарткан жок* (Сыдыкбеков). *Ал тил угуп, эти ачынып калды* (Сыдыкбеков). *Тунгуч эти ачынып, ансайын күчөдү* (Осмоналиев).

ЭТИБАРГА АЛБОО. Назар салбоо, көңүл бөлбөө, байкас албоо. *Болот миң башы элдин буркан-шаркан түшүп жатканын этибарга албай, эл ичинен чыгып кетти* (Абдукаримов). *Жеңижок ичинен ким деди, «чоң жолго таштап» деген кайраштырууну этибарга албай, кеп Токтогул жөнүндө чыгып калганына кубанды* (Касымбеков). Анан барып жазылат дедиби, Шарипа күйөөсүнүн бул мүнөзүн этибарга албады (Кушубеков).

ЭТИ КАЧУУ. Арыктоо, териси сөөгүнө жабышкандай катиңки абалда болуу. *Анан тизесин, эти качкан арык колдорун алакандары менен баса Бегайым ордунан тура жөнөйт* (Медетов).

ЭТИ КЫЗУУ. Табына келип, ээлигип, күчөп жүрүгө батпоо (көбүнчө тап-талган күлүктөргө карата). *Боз аштан чым-чым тер чыгып, эти кадимкидей кызып, арышын узатты* (Каимов). *Эти кызып алыптыр, Куштай учуп калыптыр* (фольклор).

ЭТИ ООРУП КАЛУУ. Толготуу, толгоо тартып калуу, толгоосу келүү. *Кокуй, кайнене болбой кал. Келиндин эти ооруп калган тура, жаш келин уялып айталбаса, эки-үч күндөн бери кыңкыстаса, чайналып бүтпөдүбү* (Бейшеналиев).

ЭТИ ОТ МЕНЕН ЖАЛЫН. Температурасы жогору көтөрүлүп, чабалактаган чыдамсыз абалда болуу, катуу ооруп калуу. *Үйгө келгенде баланын эти от менен жалын болуп, таң аткыча уктабай алдастап чыкты* (З.Сооронбаева).

В.: Бүткөн бою от менен жалын. *Үсөндүн бүткөн бою от менен жалын болуп, отко салган темирдей алоо болуп, алдастап эс-учун билбей жатты* (З.Сооронбаева).

ЭТИ ТИРҮҮ. Тың, чыйрак, жандуу, бышык. *Эти тирүү, кеби тың келин ушунча көптөн жазганбай тике айтты* (Сыдыкбеков). *Анын эти тирүү, нары элпек, нары зээндүү экенин Федоров байкап калат* (Ашымбаев). *Айгүл эти тирүү, зээндүү кыз. Окусун. Адам болсун, -деди Исабек* (Айтбаев).

ЭТИНЕ БАТПОО. к. Терисине батпоо.

ЭТИНЕ КЕЛҮҮ. к. Тап этине келүү.

ЭТИНЕН ТҮШҮҮ. Шапайып арыктай түшүү, азуу. *Айрымдары суук түшкүчө эле этинен түшүп кетет* (Медетов). *Жылкыны жайып оттотуп айдаса, этинен түшпөйт* (Медетов).

ЭТИНЕН ЭТ КЕССЕ ДА УНЧУКПАГАН. Кебелбеген, тоготпогон, кабак-кашым дебеген, көтөрүмдүү. *Алымбай этинен эт кессе да унчукпаган, дулдуйган неме экен* (Сыдыкбеков).

ЭЧКИНИН ЖАШЫНДАЙ ЖАШЫ КАЛУУ. Карылыгы жетүү, өмүрү аяктап калуу деген мааниде. - *Карыдым, арыдым. Эчкинин жашындай жашым калды* (Осмоналиев). *Эчкини жашындай жашым калды* (Айтматов)

ЭШЕК КУРТУ МУРДУНАН ТҮШӨ ЭЛЕК. Жаман-жакшыны, кыйынчылыкты көп көрө элек, кагыла элек. *Бул баланын дагы эшек курту мурдунан түшө элек да, ошон үчүн оозун көптүрүп сүйлөп жатат, - деди Бейшебаев*

сөзгө кошулуп («Ала-Тоо»). *Эшек курту мурдунан түшө элек мадыра баштын кылганын карабайсыңбы!* (Саатов).

В.: Эшек курту түшүү. - *Кеттик, Абыке. Өз шору өзүнө. Көрөсүң, эшек курту түшкөндө өзү келет* (Кушубеков).

ЭШЕК КУРТУН КАГУУ. Көрбөгөндү көрсөтүү, азабын колуна берип, эсине келтирүү, жинин кагуу. *Сенин эшек куртуңду кагабыз* (Сыдыкбеков).

ЭШЕК ТАКАЛОО. Эч нерсе кылбай, эч иш бүтүрбөй бош жүрүү, убакытты бошко, бекерге өткөрүү. - *Кокуй-ой! Ушу жашка келип, мен шаарда эшек такалап жүрүпмүнбү?* (Жусупов). *Эми аны байкап калса, силер эшек такалап жүрөсүңөрбү дебейби?* (Тойбаев).

В.: Чочко такалоо. *Мындагы эл иштебегенде чочко такалап жүрүптүрбү, - деп ачуусу келе түштү* («Ала-Тоо»).

ЭШЕКТИН КУЛАГЫНАН ТҮЗ. Туптуура, дал ошондой деген мааниде. *Жарайсың, эшектин кулагынан да түз, - деп бригадирибиз мени далыга чаап мактап койду* («Жаш Ленинчи»).

ЭШЕКТИН МЭЭСИН ЖЕГЕН. Келесоо, акылынан айныган, көк мээ деген мааниде тилдөө, жемелөө, кемсинтүү иретинде колдонулат. *Эшектин мээсин жеген чочко! Деги колуңдан бирдеме келеби? - деп, кожоюн мени төбөдөн ары камчы менен салып калды* («Ала-Тоо»). -*Ооба, «Эшектин мээсин жеген бейм» деп коюшат акылсыз иш кылган адамдарды* (Абдыраманов).

ЭШИГИ МЕНЕН КИРИП, КҮЛҮ МЕНЕН ЧЫГУУ. к. Оту менен кирип, күлү менен чыгуу.

ЭШИК АГА. 1. Хан ордосунда хандын кабыл алуу иштерин тейлеп туруучу кызматкер. *Апсаңдап айбат көргөзүп тил кайрыган төө Мамбетти элпек эшик ага кызматкерине айлантты* (Бейшеналиев). *Эшик агадан «ичке кирүүчүлөр бүттү» деген кабар Сооронбайга жетти* (Бейшеналиев).

2. Жородо сырттан киши кийирбей, эшик кайтарып туруучу адам. *Эшик ага болгон адамды төрдө отургандар тамашалап жатышты* (Осмоналиев).

ЭШИК АЧЫП, БЕШИК ТҮРТКӨН. Турмуш өткөрүп калган, күйөөдөн чыккан. *Бала жоош да, тиги канча кылган менен эшик ачып, бешик түрткөндүк кылат дешип, аялдар күбүр-шыбыр боло баштады* («Кыргызстан маданияты»).

ЭШИК ЖЫРТУУ. Тынымсыз келе берүү, тындырбоо, кайра-кайра кирип-чыга берип тажатуу. *Анан Сейдалиева, Бухгалтер Хаитбаев Абдусаламдын эшигин жырта баштады* («Чалкан»). *Түн жамынып эшик жырткан жарамазанчы болуптур дедирип элге-журтка кеп кылмаксың го* (Осмоналиев).

В.: Эшик тындырбоо. *Үйгө кимдир бирөөлөр эшик тындырбай келүүчү болду* (Жусупов). *Эшик тындырбаган кардарлардын ичинен кантип эле анчалык эстүү бирөө табылбасын* (Бейшеналиев).

ЭШИК ТӨРДӨЙ. Эшиктен төргө чейинкидей, анчалык чоң эмес аралык деген мааниде колдонулат. *Эшик төрдөй калганда Эмилбек баа эте бакырып, тигини көздөй жүткүндү* (Осмоналиев).

ЭШИК-ТӨРҮН КӨРҮҮ. Үйгө кирип-чыгуу, үйүндө болуу, үй-жайын көрүү. *Чын эле ошентиңиз, жеңе, биздин эшик-төрдү көрө кетиңиз* (Тойбаев).

ЭШИК ТЫНДЫРБОО. к. Эшик жыртуу.

ЭЭ БОЛУУ. Жетишүү. *Айганыш жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги менен бат эле кадыр-баркка ээ болду* (Байтемиров). *Ал өзүнүн эмгекчилдиги менен жогорку билимге ээ болду* («Ленинчил жаш»).

ЭЭ-ЖАА БЕРБӨӨ. Алкынып-жулкунуп тажаалдануу, жулунуу, токтоо бербөө, улам күчөй берүү. *Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп ээ-жаа бербей кетме жайы бар* (Байтемиров). *Айымкан көкүрөгүн тээп ташкындап келген кусасын чыгара ээ-жаа бербей катуу-катуу ыйлады* (Өгөбаев).

В.: Ээ бербөө. *Ээ бербей кетти. Койчусуна ээ бербес элем, бирок ал ээрчиткен көк иттин азабы өттү.*

ЭЭ КЫЛБОО. Чондук кылуу, моюн бербөө, үстөмдүк кылуу, бийлик бербөө. *Ээ кылбай алып кеткен дешет* (Эралиев).

ЭЭГИ ТҮШКӨН. Абдан карыган, карылыгы жеткен. *Ээги түшкөн менен, карыянын акылы али даана, баскан-турганы тың* («Чалкан»).

ЭЭГИ ЭЭГИНЕ ТИЙБӨӨ. 1. Токтолбой абдан тез сүйлөө. *Ээги ээгине тийбей сүйлөйт.*

2. Көгөрүп абдан үшүп, титиреп кеткен абалга карата айтылат. *Ээги ээгине тийбей калчылдайт* («Ленинчил жаш»).

ЭЭК АЛДЫНДА. Алыс эмес, жакын эле аралыкта, жакын жерде. *Ээк алдында душман бар, Эбин таап киргиле* («Эр Төштүк»).

ЭЭН БАШ. Бейбаш, тартипсиз, адеби жок, адеп сактабаган. *Өгүнү, ээн баш балдар чын эле көпүрөнүн үстүнө таш ыргытып, бир-эки таягын сындырып ташташкан* (Борбиев). *Береш ээн баш жеңеңди тый* (Сыдыкбеков).

ЭЭН ЖЕРДИН БӨРҮСҮНДӨЙ. Өз билгенин иштеген, ээн баш, өзү билип, өзү бийлеген. *Ээн жердин бөрүсүндөй жулунган ала өпкө жигиттер өз тарабына күлүктөрүн сүрөйт* (Осмоналиев). - *Ой, алар бу жерде ээн жердин бөрүсүндөй жойлошот! - деди Доолдак* (Үмөталиев). *Кээде эки үзөңгүнү тең тээп калыстык айткан болуп, куулук-шумдукту таман алдынан ойлоп таап, ээн жердин бөрүсүндөй эркин жойлоду* (Үмөталиев).

В.: Ээн жердин көк бөрүсү. *Ээн жердин көк бөрүсү болгон ошол Октор жинди чалыш иштерди көп жасоочу дешет* (Осмоналиев).

ЭЭН ООЗ. Оюна келгенди сүйлөй берген, бир нерсени туура келсе да, келбесе да айта берген. *Эми андай ээн ооздордун оюна келгенди айта беришине жол бербейбиз* («Фрунзе шамы»).

ЭЭН ТАЛАА, ЭРМЕ ЧЕЛ. Эч адам жашабаган, эч ким жүрбөгөн жер. *Ээн талаа, эрме чөлгө туш келдик, күн ысык, мээ кайнайт* (Шүкүрбеков).

ЭЭР КАЧКЫ. Качкы, кичине эле кармоодон чыкса качып жөнөгөн (ат жөнүндө). *Эрегиште эр үчүн Ээр качкы ат жаман* (Жантөшев).

ЭЭРДИ ЭЭРДИНЕ ТИЙБӨӨ. **к. Эрди - эрдине жукпоо.**

ЭЭРДИ АККА ТИЙҮҮ. Айран-сүткө аралашып, акка тоюнуп калуу. -*Ооба, ээрдибиз акка тийип, балдар балыкка тоюп оңуп калдык* (Укаев).

ЭЭРДИН КАШЫН ТААНЫТУУ. Бирди көрсөтүү, акесин окутуп, эсине келтирип, кыйнап коюу. - *Ээрдин кашып таанытамын, саа! Эми сени болуш этек-жеңиңди кестирип туруп Шыбырга айдатат* (Үмөталиев). - *Ал кул кутурган экен, ээрдин кашын таанытып койбосок болбойт го, журт!* (Сыдыкбеков).

ЭЭРИНИН КАШЫН ТААНУУ. Эсине келип, өзүнүн абалын, ким экенин сезип калуу, мурдагыдай болбой басырыла түшүү. *Айтор, неси болсо да, Кулбарактын тентектери ээринин кашын таанып калды, баатыр* (Сыдыкбеков).

ЭЭСИНЕ БЕРҮҮ. Кайтыш болуу, ажырап калуу. *Болор иш болду, кызыңды ээсине бердик* (Абдукаимов). - *Ээ, а шордуну ээсине бергенбиз* (Кушубеков).

МАЗМУНУ

Сөз башы 3
Сөздүктүн курулушу жөнүндө 13
-А- 16
-Б- 80
-Д- 178
-Ж- 188
-З- 298
-И- 302
-К- 339
-Л- 542
-М- 543
-Н- 566
-О- 570
-Ө- 608
-П- 626
-Р- 627
-С- 628
-Т- 654
-У- 704
-Ү- 717
-Ч- 726
-Ш- 753
-Ы- 763
-Э- 772

Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү

Түзгөндөр: Осмонова Ж., Конкобаев К., Жапаров Ш.

Редактор: Эгембердиев Р.
Калыпка салган: Мурзабеков У.С.
1-корректор: Ибраева Д.А.
2-корректор: Кожокулова Г.А.

Басууга 2015-жылдын 07-декабрында кол коюлду.
Офсет басмасы. Офсет кагазы 80 гр. Көлөмү 50 басма табак.
Өлчөмү: 60x84 1/8. Нускасы 500 даана.
"Имак Офсет" басмаканасында басылды.